Акыл жеткис сөз айтуу чеберлигин,
Жаратканым мага кылган убада.
Таптым аны. Эми менин кебими,
Баары угат: жадегенде жер, суу да.
Жадегенде жеңил обо, күйгөн от
Табышмактуу бир сөзүмө камтылып,
Негедир ал сөз күлүк сымал ойноктойт
Деңиз жээги туягына чарпылып.
Кутургандай кез-кезде ал ала качат,
Сүйрөп алса Ипполиттин өлүгүн
Желмөгүздай үрөйүнөн эс танат.
Эстен кетпей нефриттей жалтылдаган кара өңү.
Жан кашайтат ошол шумдук көрүнүш,
Кишенөөсү кулагыма улугандай угулуп.
Болсом дагы Иппөлиттей өлүмүш,
Жарадармын, башыман кан чубуруп.
Көрөм анан— тирүүлүктүн сырларын,
Жер чыкыйын чукуучудай чамынган.
Сөз да тынбайт, тепсейт чыкый кырларын,
Күлүк сымал деңиз жээктеп, чабылган.
1934-ж.

www.bizdin.kg

"Кыргыз Республикасында
гуманитардык билим берүүнү өзгөртүү"
ПРОГРАММАСЫ

Л.Н.ГУМИЛЕВ

ЭТНОГЕНЕЗ
жана
ЖЕРДИН
БИОЧӨЙРӨСҮ

Дар Фонда "Сорос-Кыргызстан" "Кыргызстан-Сорос" Фондунун белеги

Бишкек 1999

www.bizdin.kg

Бул китеп "Кыргыз Республикасында гуманитардык билим берүүнү өзгөртүү " программасынын талабына ылайык "Кыргызстан — Сорос " фонду тарабынан чыгарылды.

Программанын спонсору америкалык белгилүү финансист жана философ Жорж Сорос.

"Кыргызстан — Сорос" фонду бул китеп боюнча сын-пикирлери менен сунуштарын айткандарга өзүнүн ыраазычылыгын билдирет.

Гумилёв Л. Н.

Г-94 Этногенез жана Жердин биочөйрөсү. (Котор. Т. Мүлкүбатов; Сүрөтчүлөрү А. Н. Карпов, А. Н. Абрамов — Б.: "Ариал-Принт», 1999.-596 б.

ISBN 9967-11-054-99

Л. Н. Гумилёвдун "Этногенез жана Жердин биочөйрөсү" деген китеби жер жүзүндө этностордун пайда болушу жана алардын Жер жана табият менен өз ара байланышы жөнүндөгү маселелерге арналган.

Автор этностор менен этногенездин табиятын биогеогенетикалык изилдөө-лөрдүн негизинде Жер жүзүндө жашаган элдердин — этностордун пайда болу-шунун жана алардын жашап турушунун табигый-илимий механизмин баяндайт.

Бул китепти элдердин тарыхы, географиясы жана этнологиясы боюнча маалыматтардын өзүнчө бир энциклопедиясы десек болот. Китеп студенттер- ге, мектеп окуучуларына, адистер менен окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналган.

Л. Н. Гумилёв, 1994. 9967-11-054-6 "Кыргызстан - Сорос" фонду, 1999

Г 0505000000-99 **ББК 63.5**

www.bizdin.kg

МАЗМУНУ

Кириш Сөз

СӨЗ ЭМНЕ ЖӨНҮНДӨ ЖҮРӨТ ЖАНА АЛ ЭМНЕ ҮЧҮН МЫНЧАЛЫК МААНИЛҮҮ
Иренжип калуудан чочулоо 15
Этностор— Homo sapiens турунун жашоо формасы катарында . . 17
Изилдөө предмети.....19
Философияга саякат.....22
Адамзат — Homo sapiens түрү катарында 22
Этнос түшүнүгүнүн аныктоолору.....24
Биричи бөлүк
КӨРҮНҮП ТУРГАН ЖАНА КӨРҮНБӨГӨН НЕРСЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ
I. ЭТНОГРАФИЯНЫН ПАЙДАЛУУЛУГУ ЖӨНҮНДӨ
Этностордун айырмачылыктары.....29
Колдонулуп жүргөн терминологиядагы чаташуулар.....31
Жалпылоо жана кылдаттык 33
Чектер 36
Тарыхчы географиясыз "кедергиге" кездешет.....40
II. ТАБИЯТ ЖАНА ТАРЫХ
Табият таануу менен тарыхтын айкалышы.....43
Коомдук түзүлүштөр жана этностор.....45
Тарыхый булактарга ишенүүгө болобу! 48
Эстеликтерге ишенүүгө болобу? 50
III. ДЕГИ ЭТНОС ДЕГЕНИБИЗ БАР НЕРСЕБИ?
Этносту аныктоочу белги жок 54
Этнос коом эмес 55
Тил 57
Идеология жана маданият.....59
Бир атанын тукуму 63
Этнос жалган түшүнүкпү? 66
Батыш жана Чыгыш аралыгында 68
Энчилүү аты жок өлкө жана эл 72
"Этнос С. М. Широкогоровдун ойлоп тапканы.....76
"Абалдар " жана "процесстер " 78
Экинчи бөлүк
ЭТНОСТУН МҮНӨЗДҮҮӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
IV. ЭТНОС ЖАНА ЭТНОНИМ
Аталыштар алдап коюшу ыктымал 83
Чааралакейликтин мисалдары.....84
Тарыхта филологиянын алсыздыгы 87
V. ТҮРКҮН ТҮСТҮҮЛҮК - ЭТНОСТУН КАСИЕТИ КАТАРЫНДА
Уруулук түзүлүшсүз да жашоого болот 89
Уруулук түзүлүштү эмне алмаштыра алат.....90
Субэтникалык топтордун жаралышы 92
Этникалык байланыштардын түрлөрү..... 95
Экзогамиянын ролу 98
Чечмелеп түшүндүрүү тажрыйбасы 100
VI. ЭТНОСТУН ЖҮРҮШ-ТУРУШ АДАТТАРЫ
Окшош эместик принцип катарында..... 102
Жүрүш-туруш адаттарынын өзгөрмөлүүлүгү..... 104

www.bizdin.kg
Этнос жана мезгилдин торт бөлөк сезилиши 105
VII. ЭТНОС - СИСТЕМА КАТАРЫНДА
"Системанын " жөнөкөй түшүнүгү 111
Этнологиядагы "система " 112
Этникалык системалардын деңгелдери жана типтери 114
VIII. СУБЭТНОСТОР
Этностун структурасы 119
Этностун өзүн өзү жонго салып турушу 120
Консорциялар жана конвиксиялар 122
IX. СУПЕРЭТНОСТОР
"Франктар "— суперэтностун чыныгы үлгүсү 124
Византия суперэтносунун жаралышы 125
Суперэтностун чүнчүшү— УП—Х кылымдардагы арабдар. . . 127
X. ЭТНОГЕНЕЗДИН АЛГОРИТМИ
Этнос калдыктары 132
Статика жана динамика 134
Кошуп алуу (инкорпорация) 137
Тең салмактуулуктун жана өнүгүүнүн айырмачылыгы 139
Этногенез жана табигый тандалуу 140
Альтруизм, тагыраагы— антиөзүмчүлдүк 143
Калдык этносторду тукум курут кылуу 146
XI. ЭТНИКАЛЫК КАРЫМ-КАТНАШТАР
Этникалык таксономиянын иерархиясы 149
Ар түрдүү деңгелдеги карым-катнаштар 152
Ар түрдүү даражадагы этникалык бир бүтүндүктөрдүн өз ара катышы . . 154
"Беш уруунун " жана "ортолук түздүктөрдүн " калкынын карым-катнаштары 156
Варварлар менен римдиктердин карым-катнаштары 159
Этностор ар дайым карым-катнаштардан улам пайда болот . . 162
"Икс фактору" 164
Үчүнчү бөлүк ТАРЫХТАГЫ ЭТНОС
XII. БҮТКҮЛ ДҮЙНОЛҮК ТАРЫХ ЖОНҮНДӨ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ
Бүткүл дүйнөлүк тарыхка эки көз караш 169
Мен эмне үчүн А.Тойнби менен макул эмесмин 170
Мен эмне үчүн Н. И. Конрад менен макул эмесмин 173
Эллинизм жөнүндө 175
Византия жөнүндө 179
Кытай жөнүндө 181
XIII. ЭТНИКАЛЫК ТАРЫХ ЖӨНҮНДӨ ӨЙЛӨР
Этнологиядагы белгисиздик принциби 185
Эсептөөнүн эки системасы 187
Маданият тарыхы жана этногенез 189
Урания жана Клио 193
Төртүнчү бөлүк ГЕОГРАФИЯДАГЫ ЭТНОС
XIV. КӨМКӨРҮЛГӨН МАСЕЛЕ
Этнос— табигый көрүнүш 199
Биоценоз жана адам 201
7
Коомдук түзүлүштөрдүн алмашуусуна географиялык чөйрө таасир этпейт 203
Адамдын табият менен күрөшү 204
Социум, политийя жана этнос 205

www.bizdin.kg
Элдердин оз ата мекени бар! 207
Өнүгүп-өсүү орун очогу 211
XV. ЛАНДШАФТТАРДЫН АЙКАЛЫШТАРЫНЫН МААНИСИ
Ландшафттардын бир түрдүүлүгү жана ар түрдүүлүгү 212
Деңиз жээктеринде жана муз-мөңгүлөрдүн чет-жакаларында . . . 216
Этногенезге ландшафттын түрүнүн таасири 218
XVI. АНТРОПОГЕНДИК ЛАНДШАФТТАРДЫН КАЛЫПТАНЫШЫ
Коомдун өнүгүшү жана ландшафттын өзгөрүшү 221
Индейлер, Сибиръ элдери жана алардын ландшафттары 223
"Берекелүү жарым айдын" байыркы цивилизациялары 230
Байыркы Кытайда 232
Жаралуу жана төмөндөө 235
Фазалар боюнча доорлорго ажыратуу 238
XVII. ЭТНОГЕНЕЗДИН ДҮРТ ЭТИП ПАЙДА БОЛУШУ
Б. з. I кылымында этногенездин дүрт этип пайда болушу 242
Б. з. III— V кылымдарындагы хуннулар 245
Этногенездин б. з. VI кылымында дүрт этип пайда болушу ... 247
Б. з. XI кылымында этногенездин дүрт этип пайда
болушу 249
Бешинчи бөлүк
БИЗДИН ДЕНЕБИЗДЕГИ ТАБИЯТ
XVIII.ЭТНОС ЖАНА ПОПУЛЯЦИЯ
Этнос— популяция эмес 255
Мономорфизм 257
Фон жана фактор 259
Комплиментардуулук 262
Изилдөөнүн биологиялык багыттары 264
XIX. ФИЛОГЕНЕЗБИ ЖЕ ЭТНОГЕНЕЗБИ?
Прогресс жана адамдын эволюциясы 267
Регионду мутациялар 269
Биоценоздун жана сукцессиянын өзгөрүшү 270
Антропосукцессиялар 272
XX. ӨЛБӨСТҮК ӨЛҮМДӨН ДА КОРКУНУЧТУУ БОЛГОНДО
Филогенез этногенез болуп өзгөрөт 274
Эволюция жана этногенез 176
Чыгармачылыкпы же жашообу? 278
С. И. Коржинскийдин ой-пикирлери 280
Эксцесс жана этногенездеги инерция 281
XXI. КАРАМА-КАРШЫЛЫКТАРДЫН ЖЫЙЫНДЫСЫ
Жооп али табыла элек 283
Этногенез жана энергия 284
Этникалык тарыхтын дискреттүүлүгү 286
"Икс фактору " деги кайда? 287
Клио Сатурнга каршы 288
Алтынчы бөлүк
ЭТНОГЕНЕЗДЕГИ ПАССИОНАРДУУЛУК
XXII ЭТНОГЕНДИК БЕЛГИ, ЖЕ "ИКС ФАКТОРУ"
Икс фактору дегенибиз мына ушул! 295
Ф. Энгельс адам кумарынын ролу жөнүндө 298
XXIII. ПАССИОНАРИЙЛЕРДИН БЕЙНЕЛЕРИ
Наполеон 301
Александр Македондук 302

www.bizdin.kg
Люций Корнелий Сулла....304
Ян Гус, Жанна д'Арк жана протопоп Аввакум....306
Чогултуубу же сарптообу? 310
XXIV. ПАССИОНАРДЫК ЧЫҢАЛУУ
Пассионардуулуктагы биохимиялык маселе....312
Схемадагы этникалык системанын коп вектордуулугу 314
Пассионардык индукция 316
Пассионардуулукту жоготуп коюунун себептери....320
XXV. СУБПАССИОНАРИЙЛЕР
Гармониялуу адамдар 324
"Селсаяктар", "селсаяк жоокерлер" жана "тукуму бузулгандар" . . . 326
Пассионардуулуктагы ырааттуулуктар 328
Ганнибал жана Карфаген....330
XXVI. ПАССИОНАРДУУЛУКТУН БАСАҢДООСУ
Жарк этип жануу жана күлгө айлануу....332
Алсыз, бирок иштиктүү пассионардуулук....335
Никесиз туулгандар (бастарддар) . . Этносторду эмне данакерлеп турат?

Жетинчи бөлүк
ИЛИМДЕР ОРТОСУНДАГЫ КӨПҮРӨ XXVII. СИСТЕМАДАГЫ ТАЛАА
Этногенез 345
Этникалык талаа....347
Этникалык талаалардын ритмдери....349
Этникалык талаа жана этногенез 352
Суперэтностун табияты 354
Химералар....359
XXVIII. ПАССИОНАРДУУЛУКТУН ТАБИЯТЫ
В. И. Вернадскийдин биочөйрө жөнүндөгү окуусу....363
Мутациялар— пассионардык түрткүлөр....365
Ландшафттардын "ашташкан" жерлери 370
Ноочөйрө жөнүндөгү ойлор 372
XXIX. ПАССИОНАРДУУЛУК ЖАНА АҢ-СЕЗИМ ЧӨЙРӨСҮ
Эсептөө системасы 375
Импульстардын разряддарынын ара катыштары....378
Концепцияны этногенезге колдонуп көролү 380
Пассионардуулуктун тарыхый синтездеги орду 381
Жалпылоо 383
Этногенездин ийри сызыгы....385
Тарых жана этнология 395
Сегизинчи бөлүк
ЭТНОСТУН ЖАШ КУРАКТАРЫ
XXX. ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН ЫГЫ
Мезгил жана тарых 403
Тарыхый географиядан этникалык психологияга карай....408
Ага карабастан....410
Жогорулоолор жана төмөндөөлөр 411
Эсептөө принциби 413
XXXI. ПАССИОНАРДЫК ЖОГОРУЛООНУН ЖАНА АНЫН АШЫП-ТАШЫП КЕТҮҮСҮНҮН ФАЗАЛАРЫ
Этностун туулушу....422
Пассионардуулуктун жогорулашы....425
Экинчи Римби же Антиримби!....427

www.bizdin.kg
Чирүү жана кайра жаралуу 430
Пассионардык чыңалуунун "ашып-ташышы " 434
Түшүнүктөрдүн поэзиясы 437
XXXII. АРАЛАШУУ
Мында да мыйзам ченемдүүлүк бар 441
Пассионардуулуктун кемүүсү 444
Өз ара мамилелештик 446
Чектен чыккан көрүнүш 449
Жаштыктын кемчилиги 451
Кайрылып келген жаш курак 456
XXXIII. ЧҮНЧҮҮ ФАЗАСЫ
Пассионардык чүнчүү 461
Гүлдөөнүн келме кезектери 465
Ал эми Кытайда болсо 469
Гүлдөөнүн курмандыктары 470
Этникалык талаанын жиктелиши 473
Чүнчүү жана анын мааниси 476
XXXIV. ИНЕРЦИЯ ФАЗАСЫ
Цивилизациянын "алтын күзү" 479
"Христиан" дүйнөсүнөн "цивилизациялуу" дүйнөгө карай 481
Цивилизация жана табият 485
Вавилонду ким талкалады? 490
«Маданияттын төмөндөшү» деген эмне? 493
XXXV. ОБСКУРАЦИЯ ФАЗАСЫ
Этностун «күүгүмдөрү» 497
Гүлдөөдөн начарлоого карай 498
Кандуу караңгылык 502
Алмаштыруу 505
Бардык жерде ушундай 508
XXXVI. ТҮГӨНҮП БҮТКОНДӨН КИЙИН
Эстелик фазасы 511
Эч жакка алып барбас жол 514
Тогузунчу бөлүк
ЭТНОГЕНЕЗ ЖАНА МАДАНИЯТ
XXXVII. ЭТНОГЕНЕЗДЕГИ ТЕТИРИЛИКТЕР
Кристаллдашкан пассионардуулук 521
Ырааттуулук 523
Жок, андай эмес! 525
"Туңгуюк" (вакуум) 527
Кылык-жорук жана көрүнүш 529
"Эркиндик тилкесинде " 534
В. И. Вернадскийдин көрөгөчтүгү 537
XXXVIII. ЭТНОЧОЙРӨНҮН БИПОЛЯРДУУЛУГУ
Калп— принцип катарында 539
Үчүнчү параметр 542
Кыйратуучу элес 543
Байыркы дуализм 546
Шайтан менен келишим түзүү 553
Туюктан чыгуунун жолу 557
КОРУТУНДУ сөз
Схема түзүүнүн тажрыйбасы 559
Иерархия 564

www.bizdin.kg

Китепке жазылбай калгандар жөнүндө.....566
Эскертүүлөр.....567
Түшүнүктөрдүн жана терминдердин сөздүгү.....589

Кириш сөз

СӨЗ ЭМНЕ ЖӨНҮНДӨ ЖҮРӨТ ЖАНА АЛ ЭМНЕ ҮЧҮН МЫНЧАЛЫК МААНИЛҮҮ

МЫНДА ЭТНОЛОГИЯНЫН ЗАРЫЛЧЫЛЫГЫ НЕГИЗДЕЛИП,
АВТОРДУН ЭТНОГЕНЕЗГЕ КАРАТА КӨЗ КАРАШЫ
АРГУМЕНТТӨӨСҮЗ БАЯНДАЛАТ,
АЛ ЭМИ ТРАКТАТТЫН КАЛГАН БӨЛҮГҮ БҮТ БОЙДОН
ЭТНОГЕНЕЗ МАСЕЛЕЛЕРИНЕ АРНАЛАТ,
АВТОР МЫНДА ӨЗ ОКУРМАНЫН
КАРАМА-КАРШЫЛЫКТАРДЫН ЛАБИРИНТИ АРКЫЛУУ
КОШТОП ЖҮРҮП ОТУРАТ

Иренжип калуудан чочулоо

Тарых же этнография боюнча жаны китепти колуна алган азыркы мезгилдин окурманы аны эн кур дегенде тең ортолото окууруна ишене албайт. Китеп ага эмнегедир жадатма, маанисиз, же ал окурмандын оюндагысындай жазылбагандай сезилиши мүмкүн. Ал китепти сатып алууга эки-үч сомун короткон окурман анча деле кайгырбайт деңизчи. Бирок китептин автору үчүн ал кандай сокку болорун ойлонуп көрүңүзчү. Ал маалыматтарды топтойт. Изилденүүчү милдеттерди белгилейт. Он жылдар бою аларды чечүүнүн үстүндө иштейт. Кол жазмасын даярдоого да көптөгөн жылдар сарпталат. Рецензенттерге өзүнүн ой-пикирин түшүндүрүп берүүсү керек. Редактор менен канчалык талашып-тартышуу болот дейсиз. Анан эле китеп кызыксыз болуп чыга келип — эмгек талаага кетип жатпайбы! Ал китеп китепканаларда, эч кимди кызыктырбай, текчеде чаң басып турса автордун өмүрү текке кеткенге тете эмеспи.

Бул көрүнүш өтө коркунучтуу болгондуктан, мындай абалга туш келбес үчүн бардык чараларды көрүү керек. Бирок кандай чараларды көрүү керек? Келечектеги автор университетте, анан аспирантурада окуп жүргөндө ага көп учурда мүмкүн болушунча тарыхый булактардан цитаталарды көбүрөөк жазып алып, анан аларды кандайдыр бир иретке келтирген соң байыркы мезгилде кул ээлөөчүлөр жана кулдар болуптур; кул ээлөөчүлөр жаман болгон, бирок жакшы жашаган, ал эми кулдар жакшы адамдар болгону менен, алардын абалы өтө оор болгон; дыйкандар болсо начар турмушта жашашкан деген корутунду чыгаруу керек деген ойду таңуулашкан.

Мунун баары, албетте, туура, бирок ал жөнүндө окурман эле эмес, автордун өзү да окугусу келбей жатпайбы. Анткени, биринчиден, бул ансыз да бардыгына белгилүү. Экинчиден, бул, мисалы, ошол кезде эмне үчүн бир армия жеңишке жетип, экинчиси жеңилип калганын, эмне үчүн айрым бир өлкөлөр өсүп-өнүгүп, экинчилери алсызданып калганын, ошентип, жер бетинде эң кубаттуу этностор кандайча пайда болгондугун, алардын өкүлдөрү толук тукум курут болбогонуна карабай, ал этностордун кайрадан кантип жана кайда жоголуп кеткенин түшүндүрүп бере албайт. Кептин баары дал мына ушунда турат.

Жогоруда саналып өткөн бардык маселелер толугу менен биз тандап алган темага тигил же бул элдин күтүлбөгөн жерден күчөп, кубаттуулукка жетишип, андан соң жок болуп кетиши жөнүндөгү темага таандык. Буга XII—XVII кылымдардагы монголдор айкын мисал боло алат. Башка элдер да ошол эле мыйзам ченемдүүлүккө баш ийишкен. Маркум академик Б. Я. Владимирцов бул маселени "Мунун кантип жана кандайча пайда болгонун түшүнгүм келет?" — деп так аныктаганы менен, башка бардык эле изилдөөчүлөр сыяктуу ага жооп берген эмес. Бирок биз бул сюжетке кайра-кайра кайрылабыз жана окурман китептин экинчи бетине чыкпай жаап салбасына бекем ишенебиз.

Мындагы айдан ачык нерсе биз алдыга койгон маселени чечүү үчүн баарынан мурда изилдөө усулунун өзүн изилдөөгө тийишпиз. Дал ушундай болгондо гана маселелер алда качан чечилип калмак, анткени маалыматтар өтө көп санда чогулган, бирок кеп аны дагы толуктоодо эмес, бул маселеге тийиштүүлөрүн тандап алууда турат. Кала берсе жер жайнаган маалыматтарга чөмүлгөн ошол кездеги жылнаама чылар бул маселени түшүнө алышкан эмес. Соңку кылымдарда археологдор көптөгөн табылгаларды казып чыгышты, жылнаамалар топтолуп, түшүндүрмөлөр менен коштолуп, басмаларда китептерге айланды; кытай, перс, латын, грек, армян жана араб жазуу булактарын өз-өзүнчө чечмелеп, чыгыш таануу аалымдары билим корун дагы бир топ байытышты. Маалыматтардын саны өстү, бирок сапаттык өсүшкө ээ болбоду. Ошондуктан, чакан эле уруу дүйнө

жүзүнүн жарым бөлүгүнө кантип бийлик жүргүзгөнү, ан- дан ары анын саны өсүп, көбөйгөнү, андан соң кандайча болуп жок болуп кеткендигинин себеби алиге белгисиз болуп кел атат.

Бул китептин автору биздин билим деңгелибиз жөнүндөгү, тагыраак айтканда, биз изилдеп жаткан маселени билбегендигибиз жөнүндөгү маселени коюп отурат. Кээде бир караганда өтө жеңил, жөнөкөй көрүнгөн нерселер окурманды кызыктыруу үчүн сюжет түзө келгенде эле табышмакка айланып кетет. Ошондуктан чар тарабы бышыкталып чечилген китеп жазуу зарыл экен. Кантсе да жалпылап чечмелөөгө мүмкүнчүлүк болгонуна карабай, тилекке каршы, биз такталып, далилденген ой түйүнүн дароо сунуш кыла албай олтурабыз. Ал жалпылоолор маселенин бардык татаалдыктарын чечип бере албаганы менен аны изилдөөнүн алгачкы кадамдары этникалык тарыхты интерпретациялоого толук жарактуу жыйынтыктарды чыгарууга, ал жөнүндө

китеп жазууга шарт түзөт. Ал эми китептин башталыш бөлүгүндө "этнос" түшүнүгүнүн так аныктамасын берүүнү талап кылган кыйкымчыл рецензент чыга калса, анда ага: этнос — биочөйрөнүн феномени, же дискреттик типтеги системалуу бир бүтүндүк, бул системалуу бир бүтүндүк термодинамиканын экинчи башталмасынын принциптерине ылайык, жандуу нерселердин геобиохимиялык энергиясынын негизинде иштейт жана ал тарыхый окуялардын диахроникалык ырааттуулугу аркылуу ырасталып турат деп жооп берсек болот. Эгер ушуну менен бардыгы түшүнүктүү болду десеңиз китепти андан ары окуунун кажаты жок.

Этностор—Homo Sapiens түрүнүн жашоо формасы катарында

Биологиялык түр — Homo Sapiens өзгөрө алабы же түр пайда кылуучу факторлордун аракеттеринин механизмин социалдык мыйзам ченемдүүлүктөр толугу менен четке сүрүп салдыбы деген талаш-тартыштар жүз жылдан ашыгыраак мезгилден бери улантылып кел атат. Бардык тирүү жандыктар өңдүү эле адам өзү жашаган чөйрө менен затты жана энергияны алмашып туруусу зарыл, а бирок адам ал жандыктардан айырмаланып, жаратылыш менен биологиялык гана эмес, баарынан мурда социалдык тирүү жан катарында эриш-аркак аракеттенип, өзүнүн жашоо тиричилигине керектүү болгон дээрлик бардык каражаттарды өз эмгеги менен табууга мажбур. Өндүрүш күчтөрү жана ага тиешелүү өндүрүш мамилелери, шарттар менен каражаттар үзгүлтүксүз өсүп-өнүгүп отурат. Бул өнүгүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү маркстык саясий экономия жана социология тарабынан изилденүүдө.

Анткени менен адамзаттын социалдык өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү биологиялык мыйзам ченемдүүлүктөрдү, атап айтканда, мутацияларды[1] жокко чыгарбайт. Аларды да изилдөө керек. Ошондо гана теориялык бир жактуулуктан жана өзүбүздүн социалдык мыйзам ченемдүүлүктөргө гана эмес, өнүгүүнүн бир кыйла жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүнө да баш иерибизди билмексен болуп же аны аң-сезимдүүлүк менен четке кагып, иш жүзүндө өзүбүзгө өзүбүз зыян келтирүүдөн сактана алат элек.

Методологиялык жактан алганда мындай изилдөөлөрдү баштоодо өндүрүштүн конкреттүү жолдорунан атайылап алыстоо зарыл. Мындай абстракция өзүн актайт, анткени, атап айтканда, этногенездин мүнөзү адамзаттын социалдык тарыхынын өнүгүү ритмдеринен олуттуу түрдө айырмаланат. Маселени дал ушундай ыкма аркылуу караганда гана адамзат- тын табият менен байланышынын механизминин кон туру ачыгыраак байкаларына биз ишенебиз.

Техника канчалык өнүкпөсүн өз жашоосуна керектүү нерселердин баарын адамзат табияттан гана ала алат. Демек, адамзат өзү жашаган ландшафттагы

биоценоздун жогорку, акыркы звеносу катарында трофикалык тизмекке кирет. Мындай болгон соң, алар өзүнө адамдар менен бирге доместикаттарды (үй жаныбарларын жана колдо өстүрүлүүчү өсүмдүктөрдү) адамдар тарабынан өздөштүрүлүп өзгөртүлгөн жана кол тиелек ландшафттарды, жер астындагы кен байлыктарды, коңшу элдер менен болгон достук же душмандык мамилелерин, социалдык өнүгүүлөрдүн бу же тиги динамикасын, ошондой эле тилдердин (бирден бир нечеге чейинки) ар кандай айкалыштарын, материалдык жана руханий маданияттын элементтерин кошо камтып турган структуралык-системалык бүтүндүк төрдүн элементтери болуп саналат. Мындай динамикалык системаны этноценоз деп атоого болот. Ал тарыхый мезгилдерде жаралып жана кайра жоголуп туруу менен өзүнүн артына адамзат ишмердүүлүгүнүн кыйроого гана жөндөмдүү болгон жана өз алдынча өнүгүү мүмкүн- чүлүгүнөн ажыраган эстеликтерди жана гомеостаз фазасына жеткен этностук калдыктарды гана калтырат. Анткени менен этногенездин ар бир процесси жер бетинде этностук тарыхтын мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн жалпы мүнөзүн аныктоого мүмкүнчүлүк берүүчү өлбөс-өчпөс издерди калтырып турат. Акыры, табиятты антропогендик кыйраткыч таасирлерден сактоо азыркы илимдин башкы маселесине айланган учурда этностор жашаган ландшафттар үчүн адамзаттын ишмердүүлүктөрүнүн кайсы тарабы өтө зыяндуу болгондугун аныктап алуу да зарыл иш. Табияттын адамзаттын келечек жашоо турмушуна коркунуч келтиргендей деңгелде бузулушу — биздин замандын эле кырсыгы эмес жана ал ар убакта эле маданияттын өнүгүшү жана элдин санынын өсүшү менен байланыштуу болгон эмес.

Өнүгүүнүн мыйзам ченемдүү эки формасынын өз ара байланышы жөнүндө маселе козгоодо ага болгон көз карашты тактап алуу зарыл. Себеби, кеп усулу адам ишмердүүлүгүнүн аркасында биочөйрөнүн өнүгүшү жөнүндө же табият чөйрөсүнүн: биочөйрөнүн Жерди курчаган башка катмарларын: литочөйрөнү, тропочөйрөнү түзө турган катуу заттардын калыптанышына байланыштуу келип жалпы адамзаттын өнүгүшү жөнүндө болушу мүмкүн. Адамзаттын табият менен эриш-аркак аракети туруктуу болгон менен ал мейкиндикте да, убакытта да өзгөчө ар тараптуулука ээ. Бирок көзгө көрүнүп турган ар түрдүүлүктүн көмүскөсүндө бардык байкалып турган феномендерге мүнөздүү болгон бирдиктүү бир принцип катылып турат. Ошондуктан маселени так ушундайча коёбуз.

Жер табияты ар түрдүү. Адамзат да башка ар кандай сүт эмүүчүлөрдөн айырмаланып ар түрдүү келет, ал жогорку палеолит мезгилинен бери карай планетанын бардык кургактыктарына тараган жана анын өзүнө гана таандык болгон белгилүү бир жаратылыш ареалы жок. Башка жан-жаны- барларга караганда адамдын жер шартына көнүү жөндөмдүүлүгү өтө жогору. Ошондуктан ар түрдүү географиялык чөлкөмдөрдө жана ар кайсы замандарда жашаган эл менен табият комплекстери (ландшафттар жана геобиоценоздор) ар түрдүү карым-катышта аракеттенишет. Өз алдынча алганда бул жыйынтыктын келечеги жок, анткени калейдоскопту изилдөөгө болбойт, бирок биз проблемага классификацияны киргизе турган бөлсөк, анда бардыгы башкача көрүнүшкө ээ болот. Табият менен материянын кыймылынын социалдык формасынын мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн ортосунда ар дайым өз ара байланыш жашап турат. Бирок анын механизми кандай жана табият менен коомдун айкашкан чеги кайда турат? Бул чек бар, эгер ал жок болсо табиятты адамдан коргоо маселеси пайда болмок эмес.

С. В. Калесник географияны: 1) адамдардын колунан жаралгандарды изилдөөчү экономикалык географияга жана 2) жердин табигый катмарларын, анын ичинде биочөйрөнү изилдөөчү физикалык географияга бөлгөн[2]. Бул туура бөлүштүрүү. Чынында эле табият адамзат жарата албаган нерселерди: тоолор

менен дарыяларды, токойлор менен талааларды, жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн жаңы түрлөрүн жаратат. Адамдар үйлөрдү, имараттарды курушат, машинелерди ойлоп чыгарышат, айкелдерди жасайт, трактаттарды жазат. Мындай иштер табияттын колунан келбейт.

Табият жараткандар менен адамдардын колунан жаралгандардын принципиалдуу айырмачылыктары барбы? Ооба, бар! Табият элементтери бири экинчисине өтүп турат... "Ушул таш бир заманда чыркыраган, бул чырмоок асман челип өсүп турган". Күндөн жана биздин ааламдагы жылдыздардан жана Жер планетабыздын тереңдеринде тынбай жүрүп жаткан радийдин бөлүнүп-жарылууларынан алган энергияга көбүрүп-жабырып, табият түбөлүк жашай берет. Жер планетасынын биочөйрөсү кеңейүүгө умтулуучу атомдордун биогендик миграциясы аркылуу дүйнөлүк энтропияны жеңе алат[3]. Ал эми адам колунан жаралган нерселер, анын тетирисинче, сакталып турушу же талкаланып жок болушу мүмкүн. Пирамидалар көпкө сакталат, ал эми Эйфел мунарасы анча көпкө чыдай албайт. Бирок, кантсе да, экөө тең түбөлүк сакталып тура албайт. Биочөйрө менен адам колунан жаралган техно-чөйрөнүн, ал канчалык зор көлөмдө болбосун, принципиалдуу айырмасы мына ушунда.

Изилдөө предмети

Этнос жөнүндөгү илимдин азыркы абалына байкоо салган окурмандын аң-таң болушу ыктымал. Бул темада жазган авторлор, анын ичинде этнографтар да чыныгы этнологиялык мүнөздөмөлөрдү кесиптик, сословиелик жана д.у.с. белгилер менен алмаштырып жүрүшөт, бул болсо этносту реалдуулук катарында жокко чыгаруу менен барабар. Этностун жашап тургандыгын адамдардын аны көрүнүш (феномен) катары түздөн- түз сезип тургандыгы гана айтып бере алат, бирок бул анын далили болуп бере албайт. Акын айтмакчы: "Күндүзү да, түндө да көз алдыда күн турат, кантсе дагы Галилей өжөр туура айтат". Акыйкатында эле, алгач караганда чечүүгө мүмкүн болбоочудай сезилген көрүнүштөрдөн улам этнологдордо пессимизмдин пайда болушуна негиздер жок эмес.

Этнология — жаңыдан жаралып келе аткан илим. Бул илимдин зарылчылыгы XX кылымдын экинчи жарымында, этнографиялык маалыматтар менен байкоолорду жөндөн-жон эле топтой берүү өз алдына проблема коё албаган илимдин маанисиз коллекционерчиликке айланып калуу коркунучуна алып келгенде пайда болгон. Ошентип биздин көз алдыбызда бир караганда бир гана маселени — адамзатты изилдөөгө кызыкдар болгон, бирок аны таптакыр ар башка тургундан изилдей турган эки илим — коом таануу жана этнология жаралды. Бул мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ар бир адам бир эле мезгилде социумдун да жана этностун да мүчөсү болот эмеспи, бирок булар эки бөлөк түшүнүктөр. Андыктан этнология илим катарында аныктоону талап кылат. Азырынча муну мындай деп айта туралы: жан-жаныбарлардын жүрүш-туруштарын изилдөөчү этология илими сыяктуу, этнология — этникалык жаматтардын жүрүш-туруштарынын импульстары жөнүндөгү илим. Импульстар аң-сезимдүү жана эмоционалдуу болушу мүмкүн, алар кимдир бирөөлөрдүн жеке эркине, салт-санаага, жамааттын мажбурлоочу аракетинин, географиялык чөйрөнүн, сырткы шарттардын, а түгүл ички себептердин, тарыхтын ургаалдуу жүрүшүнүн таасири астында пайда болот. Мындай татаал маселени аныктап, чечмелөө үчүн тиешелүү усул зарыл. Ал усул же гуманитардык илимдерде, же табият илимдеринде колдонулуп келе аткан салттуу усул болушу мүмкүн. Илимдин бул эң жаңы тармагында иштей баштаган илимпоздор туш келе турган кыйынчылыктарды ийгиликтүү жеңүү үчүн жогоруда айтылган усулдардын кайсынысын тандап алуу оң болоор эле?

www.bizdin.kg

Эң алды "гуманитардык илимдер" деген түшүнүктү тактап алалы. Орто кылымдарда Христиан дүйнөсүндө эки китеп — Инжил жана Аристотелдин чыгармалары илимий информациялардын жападан жалгыз, барып турган кадыр-барктуу булагы болуп саналган. Буга байланыштуу илим бул эки китепте жазылгандарды так мисалдоо менен чектелип келген. Себеби билимсиз ересиархтар пайгамбарлардын, Христостун жана Аристотелдин айткандарынан келтирилди деген цитаталарды көп учурда ойдон чыгарып жаза беришкендиктен илим ал цитаталардын так берилишин аныктоо жана аларга комментарийлер берүү менен чектелген. Ошондон улам тексттерге шилтеме жасоонун азыркы учурга чейин сакталып калган системасы пайда болгон. Илимдин схоластика деп аталган бул баскычы XV кылымга жакын ченде илимпоздорду канааттандыра албай калат. Ошондо булактардын чөйрөсү кеңейтилип, тексттери текшерилип, тактоого муктаж болгон башка байыркы авторлордун эмгектери колдонула баштайт. Ошентип, схоластикадан айырмаланып, тексттерге сын көз менен караган филология — гуманитардык (т. а. кудай эмес, адамдар жараткан) илим пайда болду. А бирок башка бирөөнүн сөзү мурдагыдай эле булак бойдон калды. Кайра жаралуу мезгилинен кийин көрүнүктүү табият таануучулар маалыматтарды алуунун гуманитардык ыкмасына жаратылышты байкоого жана тажрыйба жүргүзүүгө негизделген табият таанууну карама-каршы коюшту. "Илгерки авторлор эмне деп айтышты эле?" дегендин ордуна эми "Чындыгында бул кандай нерсе?" деген суроо коюла баштады. Биз көрүп тургандай изилдөөнүн предмети эмес, мамиле, демек, ага жараша изилдөө усулу өзгөрдү.

Бул жаңы усул өтө кыйынчылык менен колдоого ээ болду, бирок ал бардык жерде бирдей болгон жок. Окумуштуу Галилей 1633-жылы өзүнүн Жер Күндү айланат деген илимий көз карашынан баш тартты. Ал эми Галилейдин каршылары мындай маалыматтардын өздөрүнө белгилүү адабияттарда жок экендигине таянышты. XVIII кылымда Франция Илимдер академиясынын жыйынында Лавуазье асмандан метеориттин түшө тургандыгы жөнүндөгү билдирүүнү "илимге каршы" көрүнүш катары баалап, "Асмандан таш түшүшү мүмкүн эмес, анткени асманда таш жок!" — деген экен. Географиялык илим түшүнүк деңгели төмөн окурмандар ишенип, чындык катары кабыл алган суу перилери, жапайы адамдар, кемелерди чөгөргөн зор спруттар жөнүндөгү жомоктор жана башка көптөгөн жалган ишенимдерден XIX кылымда гана араң кутулбадыбы. Баарынан да же тажрыйба жүргүзө албаган, же кайталап байкоо жүргүзүүгө мүмкүнчүлүгү жок тарыхчыларга кыйын болду. Так ушул учурда компаративдик да, ичкери да булактарга сын көз менен кароого мүмкүнчүлүк түзгөн монистик мамиле жардамга келди. Зор күч жумшалган көптөгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында хронологиясы такталган талашсыз даректердин кодекстери түзүлүп, ал эми шек туудурган маалыматтардын бир бөлүгү четке кагылды. Билимдердин бул эбегейсиз зор байлыгы, мейли ал социалдык жалпылык — таптарга болобу, же саясий биримдик — мамлекетке болобу, же бизди кызыктырып отурган этноско болобу, белгилүү бир объектиге колдонулганда гана пайда бере алат. Ушундай болгондо гана тарыхый фактылар "маалымат архивине" айланып, башка, географиялык, биологиялык маалыматтар менен бир катарда этнологиянын максаттарына кызмат өтөй алат жана бул маалыматтар эгерде чыгармачылык менен шайкеш келтирилсе, анда этнологияны алгачкы маалыматтарды топтоо учурунда алынган жетиштүү сандагы ишенимдүү байкоолорго негизделген табият илими катарында түшүндүрүүгө мүмкүндүк берет.

Эми биз эң негизги тезиске кайра кайрылалы: баяндап жазуучу жана теориялык этнография географиянын көңүлүнүн сыртында калып, толугу менен тарых илимине таандык болуп калды деп эсептөөгө болобу? Албетте жок, эч

андай эмес! Биздин оюбузча мындай көз караш деструктивдүү жана негизсиз болуп саналат. Ал көз караш илимдин жардыланышына, т. а. илимий кызматкердин эрудициясынын төмөндөшүнө байланыштуу илимдин жөнөкөйлөнүп кетишине алып келет. Албетте, мында илимий кызматкерлерге жеңилдик болот деңизчи, бирок анын эмгеги келечексиз болуп, окурмандарды кызыктырбай калат. Жогоруда айтылган тезис менен караманча макул болбоо акыры туура эмес колдонулуп жаткан тарыхый усулдун гана эмес, ошондой эле этнография илиминин өзүнүн да беделин түшүрүүгө алып келбеген эле деп коркомун. Анткени этнография илиминин өнүгүшүнүн бир гана жолу бар, ал жол — этнолгияга айлануу жолу, мында маалыматты топтоо жана баяндап жазып чыгуу менен бир катар ал маалыматты проблеманын коюлушу менен шарт-талып, талап кылынган көз караштын тургусунан интерпретациялоо да кошо жүрөт.

Философияга саякат

Өтө кыска айтууга аракеттенели. Биз этностун пайда болушу — жаратылыш феномени деп айттык, демек, аны изилдөөнүн негизин табият таануу философиясы, т. а. диалектикалык материализм гана түзө алышы мүмкүн. Тарыхый материализмдин максаты коомдук өнүгүүнүн мыйзамдарын ачып көрсөтүү, т. а. К. Маркс айткандай, тарыхый материализм адамдардын дене түзүлүшүндө камтылып турган табияттын тарыхын эмес, элдин тарыхын ачып көрсөтөт. Бирок бул эки "тарых" бири-бири менен тыгыз эриш-аркак болуп, өз ара байланышып турган болсо да илимий талдоо жүргүзүү аларды кайсы көз караштан талдоо керектигин тактоону талап кылат. Биз талдаганы отурган тарыхый материал — бар болгону биздин өзүбүздүн эле маалымат архивибиз, ан-дан башка эч нерсе эмес. Бул жөнүндө К.Маркс өтө так айтыптыр: "Тарыхтын өзү табияттын тарыхынын, адамдын жаратылышынын калыптанышынын чыныгы бир бөлүгү болуп саналат. Бара-бара адам жөнүндөгү илим табият таануу илимин кандай даражада өзүнө камтыса табият таануу да өзүнө адам жөнүндөгү илимди ошондой эле даражада камтып, бир бүтүн илимге айланат"[4]. Азыр биз ошондой илимди түзүүнүн босогосунда турабыз.

Эки илимди бириктирүү жөнүндө сөз жүрүп жаткан соң, албетте, ал маселеге мамиле жасоо да өзгөрөт. Бирок, синтезден мурда талдоо жүргүзүлөрүн биле туруп, алга карай ашыгуунун кажети жок. Арийне, айтып коё турган бир нерсе, ошол синтезден кийин да материалисттик табият таануунун негизи эч өзгөрбөстөн кала бермекчи. Ошентип, биз эми терминдердин мааниси жана усулдардын мүнөзү жөнүндө макулдашып алган соң, проблемаларды коюуга өтөлү.

Адамзат — Homo Sapiens түрү катарында

"Адам жана Жер" же "Адам жана Жаратылыш" деп айтуу адат болуп калган, бирок минтип айтуу орто кылымдардан мураска калган жөнөкөй, мажес антропоцентризм экендиги орто мектепте эле түшүндүрүлөт. Ооба, адам техниканы ойлоп чыгарды, аны мезозой заманында жашаган динозавр да, кайназой заманында жашаган махайродус да ойлоп чыгара алган эмес. А бирок XX кылымдын бардык жетишкендиктерин пайдаланып жашап жаткан ар бир адам да түр катары жашоонун маңызын түзгөн жаратылышты өзүндө камтып турат. Адамдардын бир да бири кандай шарттарда болбосун абадан дем алып, тамактануудан, өлүмдөн сактануу- дан жана өз тукумун сактап калуудан эч качан баш тартпайт. Адам түрдүн чегинде Жер планетасынын бир катмары болгон

биочөйрөнүн чегинде жашап кала берет. Адам өзүнө тиешелүү жашоо мыйзамын техниканын жана маданияттын спецификалык көрүнүштөрү менен айкалыштыра пайдаланууда, алар адамды байытты, бирок аны анын өзүн жараткан табияттан ажыратып жибере алган жок.

Биологиялык түзүлүш катары адамзат — бул бүтүндөй жер шарынын бетине муз доорунан кийин тараган, көптөгөн өзгөчөлүктөрү бар, биологиялык бирдиктүү бир түр. Түндүк-түштүк уюлдардагы муздарды албаганда, адамзат ар кандай жыштыкта бүтүндөй жер бетин өзүнүн жашоо мейкинине айлантты. Кайсы бир аймакта адам баласы баспаган жер болушу мүмкүн деп ойлобосо да болот. Азыркы чөлдөр менен түнт токойлордо көптөгөн палеолит тургун жайларынын изи бар; байыркы адамдардын дыйканчылыгынан улам кыртышы бузулуп, узакка пайдаланылбай калган жерлерде Амазонканын чытырман токою шуулдайт; а түгүл Анд менен Гималай тоолорунун зоокаларында да бизге белгисиз курулуштардын изи табылып отурат. Башкача айтканда, Homo Sapiens түрү жашап турган мезгилдерде өзүнүн Жер бетине таралышынын түрүн көп жолу жана дайыма өзгөртүп отурган. Башка биологиялык түрлөр сымал эле адамзат да мүмкүнчүлүгү болушунча кеңирээк мейкиндиктерди өздөштүрүүгө, көбүрөөк жыштыкта жашоого умтулду[5]. Бирок ага кандайдыр бир нерсе жолтоо болуп, анын мүмкүнчүлүктөрүн чектеп турду. Ал эмне эле?

Сүт эмүүчүлөрдүн көпчүлүгүнөн айырмаланып, Homo Sapiensти үйүрлөшүп да, жеке, өз бетинче жашаган жаныбар деп да атоого болбойт. Адам ар кандай көз карашка ылайык кээде социум, кээде этнос деп аталган жамааттын ичинде жашайт. Туурараак айтканда, ар бир адам бир эле убакта коомдун мүчөсү да, белгилүү бир элдин өкүлү да болуп саналат. Бирок бул эки түшүнүк салыштырууга болбой турган түшүнүктөр, алар узундук жана салмак, ысыктыктын даражасы жана электр заряды өңдүү бири-биринен айырмаланып турат.

Адамзаттын социалдык өнүгүшү жакшы эле изилденип, анын мыйзам ченемдүүлүктөрү тарыхый материализм аркылуу аныкталган. Социалдык формалардын коомдук-экономикалык формация аркылуу ичтен өнүгүүсү жамаатташып жашаган адамга гана тиешелүү жана ал анын биологиялык түзүлүшү менен байланыштуу эмес. Бул маселе ачык түшүнүктүү болгондуктан ага токтолуп отуруунун кажети да жок. Анткен менен биз төмөндө терминдик чаташуулардан сак болуу үчүн этнос деп атаган эл жөнүндөгү маселе өтө чатышып калган жана сандырак ой жорууларга жык толгон. Жер жүзүндө этностон сыртта калган бир да адамдын жок экени шексиз нерсе. Ар бир адам "Сен кимсиң?" деген суроого ойлонбостон туруп, "орусмун", "французмун", "персмин", "масаймын" деп жана д.у.с. жооп берет. Демек, өзүнүн кайсы этноско таандык экенин аң-сезимдүү түрдө билүү жалпы көрүнүш десек болот. Бирок бул ушуну менен эле чектелбейт.

"Этнос" түшүнүгүнүн аныктоолору

Жогоруда саналып өткөн адамдардын ар биринин жообу өзүндө кандай маанини, же, башкысы, кандай маңызды камтып турат? Адам өз элим, улутум, уруум деп эмнени айтат жана кошуналарынан өз айырмачылыгын эмнеден көрөт? Этникалык диагностиканын алигече чечиле элек маселеси дал мына ушул маселе. Жарык менен караңгы, таттуу менен ачуу, ысык менен суук аныктоону талап кылбагандай эле күнүмдүк турмуш-тиричиликте ал айырмачылык билинбейт. Башкача айтканда, аны айырмалоо үчүн сезүү талап кылынат. Күндөлүк жашоодо бул жетиштүү болот, ал эми аны толук түшүнүү үчүн жетишсиздик кылат. Ошондо аныктоонун зарылдыгы келип чыгат. Бирок мында

www.bizdin.kg
толгон-токой ар башка аныктамаларга тушугасың: "Этнос — түпкү тегинин жалпылыгы менен аныкталуучу кубулуш"; "этнос — жалпы бир тилдин негизинде жаралган маданияттын туундусу"; "этнос — бири-бирине окшош адамдардын тобу"; "этнос — жалпы өздүк аң-сезим менен бириккен адамдардын тобу"; "этностиги же бул коомдук түзүлүштөргө байланыштуу адамдарды бириктирип турган шарттуу белги" (бул этнос деген түшүнүк реалдуу эмес дегендик); "этнос — жаратылыштын туундусу"; "этнос — социалдык категория".

Коомдук адам менен жаратылыштын байланышына совет окумуштууларынын майда-барат айырмачылыктары бар көз караштарын жалпылай келип, үч түрдүү көз карашты болуп көрсөтсө болот: 1. "Бирдиктүү" география адамдардын бардык ишмердүүлүгүн жаратылыштын мыйзам ченемдүүлүктөрүнө багынтат[6]. 2. Айрым тарыхчылар менен этнографтар адамзатка байланышкан бардык феномендерди социалдык көрүнүш деп эсептешет. Болгону ага анатомияны жана бир аз физиологияны гана тиешелүү кылышат[7]. 3. Антпропогендик процесстерде материянын кыймылынын коомдук формасынын жана жаратылыш (механикалык, физикалык, химиялык жана биологиялык) формаларынын комплекстеринин көрүнүштөрү айырмалана баштайт. Автор бул акыркы концепцияны бирден бир туура деп эсептейт.

Хазарлардын белгилүү тарыхчысы жана археологу М. И. Артамоновдун көз карашы өзгөчө орунду ээлеп турат. Анын ою боюнча, "этнос дегенибиз, тап сыяктуу социалдык уюм эмес, ал шарттуу абал, мында адамдын маданий деңгээли канчалык жогору болгон сайын анын жаратылышка болгон көз карандылыгы ошончолук азаят; бул кашкайган чындык"[8]. Макул болуу кыйын. Анын бул ой-пикири узакка созулган археологиялык, т. а. убакыттын өтүшү менен кошо кыйроого учурап, өз алдынча өнүгүп-өсүүдөн ажыраган (бул жөнүндө жогоруда айтылган) өлүк маданияттар менен эстеликтерди изилдөөнүн натыйжасында жаралган болсо керек.

Биз да ага кошулуп ой жүгүртүп көрөлү. Адамдын денеси Жердин биочөйрөсүнө кирет жана биоценозду өзгөртүүгө катышат. Деги кимдир бирөө бушменге караганда профессор башкача дем алат, же жыныстык катнашуусуз эле балалуу болуп, көбөйө алат, же анын териси күкүрт кислотасына туруштук бере алат, ал тамак ичпей эле жүрө берет, же бир отурганда 40 адамдын тамак-ашын жалгыз өзү жеп коёт, же ага жердин тартылуу күчү башкача таасир берет деп далилдей албаса керек. Чындыгында, булардын баары, аракеттенип, акыл жүгүртүп, өзгөрүп турган чөйрөгө ыңгайлашып, чөйрөнү өз керектөөсүнө ыңгайлаштырып өзгөрткөн, жамааттарга биригип, анын негизинде мамлекетти түзгөн дал ошол адам организминин жаратылышка болгон көз карандылыгын айтып турат. Ой жүгүртө алган ар бир индивид организм менен бир бүтүндүктү түзөт, демек ал Жер планетасын курчап турган катмарлардын бирин түзгөн жандуу табияттын чегинен чыкпайт. Бирок ошону менен эле бирге адам баласы башка жаныбарлардан эмгек куралын жасай алгандыгы, жаңы сапаттык деңгелдеги өзгөчөлүү катмарды — техночөйрөнү түзө алгандыгы менен айырмаланат. Адамдын колу менен жансыз жана жандуу нерселерден жасалган чыгармалар (курал, искусство чыгармалары, үй айбанаттары, чарба өсүмдүктөрү) биоценозду өзгөртүү циклинен сыртта калат. Булар, же сакталып турушу же кон-серваланбаса бузулуп, жок болушу ыктымал. Эгерде бузулса, анда ал кайрадан жаратылыштын койнуна кайрылып барганы ошол. Талаада калган кылыч дат басып, темир күкүмүнө айланат. Талкаланган сепил дөбөгө айланат. Ит жапайыланса жырткыч дингого, жылкы — мустангга айланат. Бул — нерселердин (техночөйрөнүн) өлүп жок болушу жана жаратылыш өзү качандыр бир кезде алдырып жиберген материалын өзүнө кайрып алганы дегендик. Жаратылыш техникадан канча жабыркаба- сын, баары бир акыры бир мезгилде, эгерде ал

буюм таптакыр чирип, тыпынга айланып калбаган болсо, жаратылыш аларды кайра өзүнө аларын байыркы цивилизациялардын тарыхы далилдеп турат. Айталы, палеолит доорундагы кремнийден жасалган эмгек куралдары, Баалбектеги жылмаланган плиталар, бетондолгон аянттар жана пластмасса буюмдар дал ошондой нерселер. Алар — өлүктөр, мумиялар, аларды өз кучагына кайтарып алууга биочөйрөнүн күчү жетпейт. Бирок эгерде биздин планетабыз космостук кыйроого учураса, ошондой учурда гана кыймылсыз, катып калган заттардагы химиялык жана термикалык процесстер аларды алгачкы табигый абалына алып келиши мүмкүн. Ал эми ага чейин алардын баары цивилизациянын эстеликтери деп аталып кала берет. Азыр биз пайдаланган техника да качандыр бир кезде ошондой эстеликке айланат.

С. В. Калесников сунуш кылган классификацияны негиз катары кабыл алуу менен, биз анын ичинен этнос феномени үчүн орун табышыбыз керек. Этнос дегенибиз биочөйрө менен социочөйрөнүн чектеринде жаткан жана Жердин биочөйрөлүк түзүлүшүндө өтө маанилүү роль ойной турган көрүнүш экенин алдын ала айта кетели. Минтип айтуу салтанаттуу жарыя катары көрүнгөн менен окурман эми китептин кандай максат менен жазылганын билип калбадыбы, автор бул китепти жазууда аныктамаларды берүүгө гана умтулбастан, бул китепти жазууда басып өткөн жолун толук көрсөтүүгө жана ал илимдин азыркы деңгелинде алганда илимий гипотезаларга коюла турган бардык талаптарга толук жооп берерине ынандыруучу негиздерди көрсөтүүгө да умтулду. Ушундан соң биз далилдөөлөрдүн системасына өтсөк болот.

www.bizdin.kg

Биринчи бөлүк

КӨРҮНҮП ТУРГАН ЖАНА КӨРҮНБӨГӨН НЕРСЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ

МЫНДА ҮСТҮРТӨН БАЙКОО САЛУУ
ИЗИЛДӨӨЧҮНҮ ЖАҢЫЛЫШТЫККА ТҮРТӨӨРҮ
ДАЛИЛДЕНИП,
ӨЗҮН ӨЗҮ КӨЗӨМӨЛДӨӨ
ЖАНА ӨЗҮН ӨЗҮ ТЕКШЕРҮҮ ЫКМАЛАРЫ
СУНУШ КЫЛЫНАТ

I. ЭТНОГРАФИЯНЫН ПАЙДАЛУУЛУГУ ЖӨНҮНДӨ

Этностордун айырмачылыктары

Кайсы бир эл [1] өз мекенинде узак мезгилдер бою бейпилдикте жашап турган болсо, анда анын өкүлдөрүнө өздөрүнүн жашоо тиричилик өткөрүү ыкмасы,

үрп-адаты, жүрүш-турушу, табити, көз карашы жана социалдык карым-катышы, тактап айтканда, азыр биз "көнүмүш жүрүш-туруш" деп атап жүргөндөрдүн баары туура жана бирден бир алгылыктуу нерселер катары сезилет. Эгерде башка бир элдин кулк-мүнөзүндө башкача көрүнүштөр байкалса, анда ал "түркөйлүк" катары бааланып, бул жөн гана окшош эместик катарында кабыл алынат. Мен бала кезде Майн Ридди кызыгып окуганымды байкаган өтө маданияттуу бир зайып мага: "Негрлер деле биздин эркектерге окшош, болгону өңдөрү гана кара", — дегени эсимде. Чындыгында ал Малаит жээктеринде жашаган меланезиялык бүбү аял да ошондой эле негизде: "англистер деле баш кесерлер, болгону алардын өңү ак жуумал келет", — деп айтышы мүмкүн экенин кайдан ойлойсуң. Чектелген ой жүгүртүү бир караганда туура көрүнгөнү менен ал көбүн эсе чындыкты этибарга албай айтылат. Ошону үчүн андай ой жүгүртүү чындыкка туш болору менен дароо негизсиз болуп чыгат.

Батыш Европанын орто кылымдардагы илими үчүн этнография анча маанилүү боло алган эмес. Ал кезде европалыктар Жер Ортолук деңизинин жээктеринде жашаган, айрымдары ислам динин кабыл алган Рим империясынын букараларынын тукумдары болгон элдер менен гана маданий байланышта болуп турган. Албетте, бул аларды "франктар" менен "латындардан", т. а. французлар менен италиялыктардан бөлүп турган болучу, бирок маданияттардын түпкү тамыры жалпы болгондуктан ал айырмачылыктар өз ара түшүнбөөчүлүккө жол бергидей даражага жеткен эмес. Акыры географиялык улуу ачылыштардын доорунда абал түп-тамырынан бери өзгөрөт. Айталы, эгерде негрлер менен папуастарды, түндүк американын индейлерин "жапайылар" деп атоого мүмкүн болсо, анда кытайларды, индустарды, ацтектер менен инктерди антип атоого дегеле болбойт эле. Андыктан кандайдыр башка түшүнүктөрдү издөөгө туура келди.

XVI кылымда алыскы өлкөлөрдү ачкан европалык саякатчылар бөтөн элдердин турмушунан өздөрүнүн көнүмүш жашоо турмушуна окшош нерселерди издей башташты. Испан конкистадорлору христиан динин кабыл алган индейлердин уруу башчыларына "дон" деген наам берип, аларды дворян катары санай башташты. Негр урууларынын башчылары "король" даражасына ээ болушту. Тунгус бакшыларын священник деп эсептешти. Алар дин кызматчылары эмес эле жөнөкөй дубакөйлөр болгон, ооруну жамандык "жин-перилери" пайда кылат деп эсептешип, ал "жин-перилерди" айбанаттар жана башка урууларды өкүлдөрү кандай материалдык нерсе болсо ошондой эле материалдык нерсе деп түшүнүш- көн. Өз ара түшүнбөстүктөр акыры мунун түшүнбөй турган эмнеси бар деген менменсинүүчүлүктөн улам ырбап отуруп, акыры жергиликтүү элдин ар-намысына тийип, европалыктарды өлтүрүүгө алып келет. Буга жооп кылып англистер менен французлар аларды ырайымсыздык менен жазалап турган. Австралиялык маданияттуу абориген Вайпулданья, же Филипп Робертс болбогон эле себептерден улам өтө коркунучтуу трагедиялар болуп турганын баяндашат. Мисалы, тамеки чегип турган ак адамды денесинен от, түтүн чыккан жин экен деп ойлоп, өлтүрүп салышкан. Экинчи бир европалык адам чөнтөгүнөн саат алып чыгып, күнгө карап тууралаганы үчүн найзалап өлтүрүшкөн. Аборигендер аны чөнтөгүнө күн салып жүрөт окшойт деп ойлошкон. Мындай түшүнбөстүктөр акыры бүтүндөй бир урууларды жок кылууга алып келген. Мындай кайгылуу окуялар ак адамдар менен гана эмес, малайлыктар менен австралиялык аборигендердин, гвинеялык папуастардын ортосунда да болуп, айрыкча жугуштуу оорулардын учурунда ого бетер күчөп турган[2].

1968-жылы 30-октябрда Амазонка дарыясынын куймасы Манаус суусунун жээгинде атроари индейлери адепсиз мамилеси үчүн Кальяри деген миссионерди сегиз жан-жөкөрү менен өлтүрүп салышат. Көрсө миссионер индейлердин

үрп-адатын билбегендиктен өзүнүн келишин асманга мылтык атып билдирип, үй [1]ээсинин каршы болгонуна карабай анын үйүнө кирип, балдарды кулагынан чоюп, өзүнүн ичинде шорпосу бар кастрюлуна индейлерге кол тийгизүүгө тыюу салган экен. Көрсө мындай жорук-жосундар индейлердин салты боюнча адепсиздик катары эсептелет экен. Ошондуктан алар миссионерди жана аны менен кошо келгендерди өлтүрүп салышат. Алардын арасынан индейлердин үрп-адатын билген, токойчу болуп иштеген адам гана аман калган. Ал Кальяри анын кеңешин укпай, По дарыясынын жээгинде жашаган индейлер Амазонканын жээктеринде жашагандарга таптакыр окшош эмес экенин унутуп, өз билгенин кыла баштаганда мурдараак кетүүгө аргасыз болуптур[3].

Ошентип, аборигендерди кырып-жойгондон көрө, алардын үрп-адатына ылайыкташуу он болуп жүрбөсүн деген маселе коюлганга чейин көп убакыт өтөт. Бул үчүн башка маданияттын элдери европалыктардын, а түгүл бири биринен тили, диний ишеними жагынан гана эмес, калыптанып, адат болуп калган жүрүш-туруштары жагынан да айырмаланарын жана ашыкча чыр-чатактардан качуу үчүн аларды изилдеп-үйрөнүү максатка ылайыктуу болорун моюнга алуу керек болду. Мына ушундан улам элдердин ортосундагы өзгөчөлүктөр менен айырмачылыктарды изилдеп-үйрөнүүчү этнография илими жаралды.

Улуттук-боштондук кыймылдарынын соккусу астында колониализм жок болгон менен эл аралык байланыштар жоюлбай, кайра кеңейип бара жатат. Буга байланыштуу дүйнөлүк саясаттын өтө кеңири масштабдарында да жана бизге окшошпогон, бирок жеке жолугушууларда сүйкүмдүү болгон адамдар менен да өз ара түшүнүшүү мамилелерин орнотуу улам көбүрөөк маанилүү болууда. Ушундан улам практикалык мааниси бар жаңы, теориялык маселе келип чыгат: эмне үчүн бири бирине эч окшош эмес адамдар бири бирине өз ара "ылайыкташуусу" керек, эмне үчүн алар бөтөн кулк-мүнөздөрдү жана элдин ич арасындагы карым-катнашка толук жетиштүү бөлгөн жана коңшулары менен алака түзүүнү канааттандыра алган өз ара мамилелердин ордуна карым-катнаштардын башка бир алгылыктуу жолдорун издөөнүн кандай зарылчылыгы бар деген суроолор туулат. Кээ бир учурларда этникалык окшош эместиктерди географиялык шарттардын ар түрдүүлүгү менен түшүндүрсөк болчудай, бирок андай айырмачылыктар климаттык шарты да, ландшафты да өз ара жакын болгон элдерде кездешип отурбайбы. Сыягы, тарыхтын жардамысыз бул маселени чече албайт окшойбуз.

Чын-чынына келгенде ар кайсы эл ар кайсы заманда жаралышты, ар бөлөк тарыхый тагдырга туш келишти жана жеке адамдардын кулк- мүнөздөрүн калыптандыра турган жеке өмүр таржымалдары сыяктуу эле жер үстүндө өлбөс-өчпөс издерди калтырышты. Албетте, этноско географиялык чөйрө да таасир берет, ал таасир азык-түлүк берип турган жаратылыш менен адамдын күндөлүк байланышы аркылуу жүрөт. Бирок ал таасир ушуну менен эле чектелбейт. Ата-бабалардан мураска калган каада-салттар өз ролун ойнойт, коңшу элдер менен достук же душмандык көнүмүш мамилелердин да өз ролу бар, маданий таасирлердин, диндин да өз мааниси бар; бирок булардын баарынан башка да, жаратылыштын ар кандай кубулуштарына тиешелүү болгондой эле этноско да тиешелүү болгон өнүгүүнүн мыйзам ченемдүүлүгү да бар. Бул мыйзам ченемдүүлүктүн элдердин пайда болушунун жана жоголушунун көп кырдуу процесстериндеги көрүнүшүн биз этногенез деп атайбыз. Материянын кыймылынын бул түрүнүн өзгөчөлүгүн эсепке албай туруп, биз этнопсихологиянын сырларынын ачкычын практикалык планда да, теориялык

планда да таба албайбыз. Бизге теория да, практика да керек, бирок биз тандап алган жолдо күтүлбөгөн кыйынчылыктар кездеше берет.

Колдонулуп жүргөн терминологиядагы чаташуулар

Алгачкы маалыматтардын көптүгү жана аларды иретке келтирүү принциптеринин начар иштелгени тарыхка жана этнографияга тескери таасир тийгизүүдө. Булактардын тизмелери эле көп төмдорду түзгөндүктөн аларды тактоого караганда илимий маселенин өзүн чечүү оңой сезилет. Ал эми окурман болсо көпчүлүгү эскирген илимий макалалардын көп томдон турган тизмесинен көрө тарыхый окуялардын бүткүл жыйындысын (актуализм принциби) же алардын калыптанып, өрчүү жолдорун (эволюция принциби) толук түрдө билгиси келет. Марксизмди негиздөөчүлөрдүн эмгектеринде тарыхый процесстерди түшүнүүгө системалык мамиле жасоонун программасы камтылып турат, бирок ал этногенезди изилдөөгө али колдонула элек.

Ырас, эски жана жарым-жартылай унутулуп калган тарыхграфияда илимдин бул тармагына да системалык усулду киргизүүгө бир нече аракет жасалган эле. Тилекке каршы, табият илимдеринин өкүлдөрүнөн айырмаланып, алардын авторлору түшүнүүнү да, колдоо да таба алышкан жок. Азыр Полибийдин концепциясы кооз асыл буюм катарында, Ибн Халдундуку (XIV к.) күлкүлүү бир нерсе катарында эсептелип жүрөт; Жамбаттист Виконун концепциясы илимдин тарыхында гана эскерилет. Ал эми Н. Я. Данилевскийдин, О. Шпенглердин, А. Тойнбинин эбегейсиз зор, бирок анча оңунан чыкпай калган конструкциялары тарыхый моделдерди түзүүдөн деги эле баш тартууга себеп болду. Бул процесстин натыйжасы өкүнүчтүү болуп чыкты. Анткени тарыхый окуялардын бүткүл жыйындысын эстеп калуу мүмкүн болбогондуктан жана системалык мамиле жасоо жок болгон жерде терминологиянын болушу да мүмкүн эмес болгондуктан кала берсе тарыхчылардын арасында да пикир алышуу жылдан жылга кыйындап баратат.

Тарыхчылар бир эле терминге ар түрдүү маанилерди берип, бир эле терминге ар башка түшүнүктөрдү киргизе берип, бир эле терминди көп маанилүү сөзгө айлантып жиберишти. Талаш-тартышта контекстке, интонацияга жана талаш-тартыш жүрүп жаткан кырдаалга карап, кептин эмне жөнүндө жүрүп жатканын түшүнсө болот, бирок улам арылаган сайын ал түшүнүү таптакыр жоголот. Айталы, "уруу" деген сөз адатта "уруулук түзүлүш" деген түшүнүккө колдонулат, бирок "Шуйскилик боярлардын уруусу" дегенге дегеле ылайык келбейт. Которо келгенде андан бетер чаташкандык пайда болот, эгерде кельт кланы — кельт уруусу деп которулду дейли, бирок казактардын Орто жана Кичүү Жүзүн (ру) же алтай "сөөгүн" мындайча которууга дегеле болбойт, себеби булар маани-маңызы жана генезиси боюнча ар башка түшүнүктөр. Анткени менен бул бири экинчисине окшошпогон көрүнүштөр бир эле мааниде колдонулат да, ал аз келгенсип, мунун негизинде бири бирине теңдештирилип жиберилет. Акыры айласы кеткен тарыхчы предметти изилдөөнүн ордуна маанисин жоготкон сөздөрдү изилдөөгө аргасыз болот да, чыныгы изилдене турган реалдуу көрүнүштөр көз жаздымында кала берет. Мисалы, үч тарыхчы бир маселе жөнүндө талашып-тартышып калды дейли, бири "уруу" деген түшүнүктү клан десе, экинчиси сөөк дейт, үчүнчүсү боярдын тукуму деп өзүнүкүн далилдей баштайт. Мында алар бири бирин түшүнмөк турсун, сөз эмне жөнүндө болуп жатканын да билишпегени ачык болуп турат.

Терминдер жөнүндө макулдашып алууга болот деп, бизге каршы чык- кандар табылышы ыктымал, бирок чогулган маалыматтарга караганда түшүнүктөр алда канча көбөйүп, жаңы терминдер биринин артынан экинчиси жаралып,

системанын жоктугунан алар көп маанилүү (полисемантикалуу) болуп, натыйжада талдоо жана синтездөө максаттары үчүн жараксыз болуп калды. Бирок мындан чыгуунун жолун табууга болот.

Биз буга дейре изилдөөнүн жеткилең болушу жөнүндө айттык, эми анын перспективалары жөнүндө кеп кылалы. Кайсы нерсени изилдебе аны толук түшүнгөндө гана ал практикалык маниге ээ болот. Мисалы, электротехник мейли, бирдей деңгелде болбосо да иондоштуруунун жана жылуулуктун берилишинин таасирин, электр-магниттик талааны ж. д. у. с. жакшы түшүнүүгө тийиш; физик-географ жерди курчап турган катмарларды айтып жатканда тропочөйрө, гидрочөйрө, литочөйрө жана ал түгүл биочөйрө жөнүндө да унутпайт. Дал ушул сыяктуу эле тарыхчы да бири бирине байланышкан окуялардын кеңири комплексин иреттүү камтып, ошол эле учурда терминологиялар жөнүндө да макулдашып алганда гана окурмандар үчүн кызыктуу жана маанилүү болгон корутунду чыгара алат. Бул кыйын маселе, бирок аткарылбай турган маселе эмес. Мындагы башкы нерсе чыгарылган корутунду бардык камтылган фактыларга ылайык келгендей болушу керек. Эгерде кимдир бирөө бул китепте келтирилген фактыларды түшүндүрүү үчүн бир кыйла так жана ынандыраарлык концепцияны сунуш кылса, мен анын алдында урматтоо менен таазим кылууга даярмын. Же тескерисинче, эгерде дагы кимдир бирөөлөр менин корутундуларымды кадиксиз туура жана кайра кароого жана андан ары кайра иштеп чыгууга муктаж эмес десе, анда мен аны менен макул болбос элем. Кантели, көптөгөн китептердин өмүрү адам өмүрүнөн да кыска келет эмеспи, ал эми илимдин өнүгүшү — адамзаттын өнүгүп- өсүшүнүн имманенттүү мыйзамы болуп саналат. Ошондуктан мен өз милдетимди Ай жаркын Айым Тарыхка жана анын адамдарды өздөрүнүн чоң энеси — Жер планетасынын биочөйрөсү менен туугандаштырып турган Акылман сиңдиси — Географияга колумдан келишинче пайда келтирүүдөн көрүп турам[4].

Жалпылоо жана кылдаттык

Homo Sapiens планетанын бардык кургак жерлерине жана деңиз беттеринин бир кыйла көп бөлүктөрүнө тароо менен, планетанын түзүлүшүнө кичине масштабдагы геологиялык кыйроого барабар өзгөрүүлөрдү киргизди[5]. Бирок мындан карап чыгуу жана изилдөөлөр үчүн изилдөөлөрдүн тарыхый жана географиялык ыкмаларын шайкеш келтирүүчү өзгөчө усулду талап кыла турган мыйзам ченемдүүлүктөрдүн өзгөчө категориясын — тарыхый-географиялык категорияны бөлүп көрсөтөбүз дегендик келип чыгат. Мындай ыкманы жаңы деп айтуудан алыспыз, бирок буга чейин маселеге эклектикалык мүнөздөгү мамиле жасалып келген. Мисалы, археологиялык эстеликтердин жашын аныктоодо боюнча талдоону колдонуу, электр чалгындоо жүргүзүү (практикада колдонуу үчүн ото көп эмгекти талап кылат), "Таш балбалдарды" изилдөөгө кибернетиканы пайдалануу (жөнөкөй эле көз менен карап байкагандагыдай жыйынтык берди) ж.у.с. Бирок эң башкы нерсе көз жаздымда кала берген! Бул "башкы" нерсе биздин оюбузча — унчукпас булактардан маалыматтарды ала билүү болуп саналат. Бөтөн бирөөлөрдүн айткандарын жөнөкөй жана сын көз менен кайталап айтып берүү, болгондо да булактардагы маалыматтарга ишенбөөчүлүк менен мамиле жасап изилдөө аркылуу корутунду чыгаруу жолу тарыхчынын мүмкүнчүлүктөрүн чектеп отурат. Мунун натыйжасы негативдүү келип, так болбойт. Качан гана талашсыз бир топ маалыматтарды булактардан таап, аларды хронологиялык таблицага түшүргөндө же тарыхый карта боюнча жайгаштырганда гана изилдөө оң натыйжа берет. Аларды интерпретациялоо үчүн философума, постулат керек, ал эми бул болсо индукциялык жол менен

изилдөөнүн кабыл алынган принциптерин бузат. Ошентип бул изилдөөчүнү туңгуюкка алып келип такайт!

Ушундай! А бирок географтын, геологдун, зоологдун, кыртыш изилдөөчүнүн колунда маалыматтар анчалык көп болбосо да өз илимдерин өнүктүрүп жатышат. Мунун себеби, табият илимдерин изилдөөчүлөр философиялык жобонун ордуна "эмпирикалык жалпылоону" колдонушкандыктарына. В. И. Вернадский айткандай, "эмпирикалык жалпылоонун" далилдүүлүгү көзгө көрүнүп турган нерселердин далилдүүлүгүнө барабар болот [6]. Башка сөз менен айтканда, табият илимдери тарыхчылардын унчукпастыгынан пайдаланып, а түгүл мындан илимге пайда да таап беришти. Анткени алар булактарда дайыма камтылып турган жалган маалыматтардан же туура эмес түшүнүп, өзүбүз киргизген натуура жоболордон кутулушкан. Андай болсо эмне үчүн тарыхчылар мындан баш тартышпайт. Жаратылышты булак катары пайдалануу менен биз аны изил-деп-үйрөнүүнүн өзүнө ылайыктуу усулдарын ишке кирүүгө тийишпиз, бул болсо бизге Изиданын көшөгөсүн ачууга мүмкүнчүлүк түзүүчү эң сонун перспективаларды берет.

Аз сандагы фактылардан бар болушунча көбүрөөк маалымат алуу менен ар кандай кубулуштар менен көрүнүштөрдү түшүнүүгө мүмкүндүк бере турган бирдиктүү көз карашты табуу, мыйзам ченемдүүлүктөрдү иштеп чыгуу жана андан ары аларды туура пайдалана билүүгө үйрөнүү илимдин милдеттеринин бири. Мындай мыйзам ченемдүүлүктөр көзгө көрүнбөйт, бирок ал жок жерден ойлонуп табылган эмес: алар жалпылоо ыгы аркылуу ачылган жана ачылып турат. Биология илиминен бир мисал келтирейин: "Асманда жылдыздар менен планеталар жылып жүрөт. Аба толтурулган шар асманга көтөрүлөт, жар башынан кулаган таш туңгуюкка учуп түшүп, дайынсыз жок болот. Дарыялар деңиздерге куят, мухиттерге жамгыр жаап, тунма тектердин катмарын пайда кылат. Чычкандын буттары өтө кичинекей болсо, пилдин буттары эбегейсиз жоон. Кургактыкта жашоочу жаныбарлардын көлөмү сууда жашаган киттер менен чоң кальмарлардын көлөмүнө өсүп жете албайт. Бул фактылардагы жалпы нерсе эмнеде? Мунун баары бүткүл дүйнөнүн тартылуу күчүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүнө негизденгендигинде жана реалдуу, көзгө көрүнбөгөн, бирок акыл менен аңдала турган мыйзам ченемдүүлүктөр менен айкалышып аракеттенгендигинде"[7].

Жердин тартылуу күчү ар дайым эле бөлө келген, бирок аны адамдардын билиши үчүн алманын сабагынан үзүлүп түшүшүн байкаган Ньютондун илимий табылгасы керек болгон. Жана да бизди курчап, бизди башкарып турган жаратылыштын али канчалаган зор күчтөрү биздин акыл- эсибизден сырткары калып келатат. Биз толук изилденип ачыла элек дүйнөдө сокурларча сыйпалап жашап келебиз. Мындай жашоо айрым убакта бизди кайгылуу кырсыктарга учуратып жатат. Ошону үчүн гениалдуу илимпоздор жасаган ачылыштар илимдин сыйкырдуу көз айнектери сымал биз үчүн өзүбүздү курчап турган дүйнөнү, андагы өз ордубузду түшүнүп, эң кур дегенде өз колубуз менен жасагандарыбыздын жакынкы аралыктагы пайда, зыянын алдын ала билүү үчүн абдан керек.

Борбордук Азия тарыхынын жана Волганын төмөнкү агымдарындагы археология материалдарынын негизинде физикалык география менен палеоэтнологиянын кубулуштарынын функционалдык байланыштарын аныктоого арналган изилдөөлөр үч башка корутунду чыгарууга мүмкүндүк түздү. 1. Этностун өзүнүн ишмердүүлүгүнүн натыйжасы болгон тарыхый тагдыры ал жашаган ландшафттын динамикалык абалына түздөн-түз байланыштуу болот. 2. Этностун археологиялык маданияты анын тарыхый тагдырынын айкын-ачык изи болуп саналат жана ал так эсептөөгө мүмкүн болгон доордогу ландшафттын

палеогеографиялык абалын чагылдырып турат. 3. Тарыхый жана археологиялык материалдарды айкалыштыруу бул ландшафттын тиги же бул замандагы абалын, демек, анын кандайча өзгөрүүгө туш болгонун аныктоого мүмкүнчүлүк түзөт[8].

Арийне, бул жерде так айтуу салыштырмалуу гана мүнөзгө ээ, аралык нары же бери дегенде 50 жыл айырмачылыкты түзүшү мүмкүн, бул жылдар жыйынтык чыгарууга таасир да бере албайт, зыян да келтире албайт. Бардыгынан коркунучтуусу ашкере тактыкка (скрупулёздук) умтулуу болуп саналат. Scrupulus (лат.) -байыркы римдиктердин кепичине түшүп, алардын таманын сайгылаган таш. Римдиктер ал таш кепичтин кайсы жеринде турганын изилдеп көрүү маанисиз иш деп эсептешип, кепичин чечип туруп ташты силкип түшүрүп салууну оң көрүшкөн. Ошондуктан "скрупулёздук" дегенибиз майда-чүйдөнү териштирип убара болуу деген түшүнүктү билдирет. Азыр бул сөз "өтө тактык" деген мааниде колдонулуп жүрөт.

Тилекке каршы, "скрупулёздук" ар дайым эле оң натыйжа бере бербейт, атап айтканда, жаратылыш кубулуштары менен тарыхый окуяларды салыштырып караганда зыяндуу келет, анткени мыйзамдуу түрдө жол бериле турган мөөнөт 50—60 жылды түзгөндүктөн аны азайтууга мүмкүн эмес, себеби изилденүүчү байланышты байыркы өлкөлөрдүн чарбалык системасы аркылуу гана табууга болот[9]. Дыйканчылык, малчылык, а түгүл мергенчилик өднүү чарбалык системанын өз инерциясы бар. Эгерде чарбалык системаны кургакчылык начарлатып жибере турган болсо, анда ага негизденген мамлекет азык-түлүктүн кору түгөнүп (кыска мезгилдеги ачарчылыктын таасири аз), чала-тоют болуп жашаган жаңы муундар күчтөн тайып, алсыраганда гана начарлайт. Бул процессти табигый кубулуштар менен тарыхый окуяларды майда-чүйдөсүнө чейин байланыштырып карап чыгуу жолу менен эмес, бир катар тарыхый окуяларды кеңири интеграциялоо жолу менен гана ачып көрсөтүүгө болот. Ушуга байланыштуу табият таануучу окумуштуунун мындай бир эң сонун сөзүн эске салып кетсе болот: "Эгерде чычкандын ар бир клеткасын өзүнчө бөлүп алып, микроскоптон карай берсеңиз, чычкандын эмнеге окшош экенин биле албайсыз, ошондой эле готикалык собордун ар бир кышын химиялык анализден өткөрүп отурсаңыз, собордун ажайып кооздугун сезе албайсыз"[10]. Анан, албетте, бир же а түгүл эки фактыны башкалардан бөлүп алып кароодо өзүнүн көз карашын окурмандарга таланттуулук жана акылмандык менен таңуулай билген байыркы авторлордун туткунунда калабыз. А эгерде биз тарыхый булактардан тийиштүү маалыматтарды иргеп алсак жана эки фактынын ордуна эки миң фактыны келтирсек, анда биз оз ара байланышып турган гана эмес, биз сунуш кылып отурган модель менен да дал келип турган бир нече себеп-натыйжалардын тизмегине ээ боло алабыз. Бул XVIII кылымда географиялык детерминизмдин жактоочулары, мисалы Ш. Монтескье, издеген жөнөкөй гана функциялык көз карандылык эмес. Мында биз адамзат менен жаратылыштын өз ара карым-катышы жөнүндөгү илимдин негизи болуп калган системалык байланышты көрүп турабыз.

Жогоруда биз белгилеген адамзат менен жаратылыштын өз ара карым-катышынын универсалдуулугу жана өзгөчөлүгү аны изилдөө ишин өз алдынча илим тармагы катары бөлүүгө, тарых менен географиянын айкалышуусундагы чектеш илим катары аны этнология деп атоого мүмкүндүк берет. Бирок мында этносту ачык жана так аныктоого болобу деген жаңы маселе келип чыгат.

Чектер

Этностор жөнүндө эмнелерди так билебиз? Көп нерселер белгилүү да, көп нерселер белгисиз. Этнос көрүнүш катары төмөнкү палеолит доорунда пайда болгон деп айтууга негиз жок. Неандерталь адамынын бийик келген кабак сөөгүнүн ары жагында, зор көлөмдүү баш сөөгүнүн ичинде, балким, ой жүгүртүү жана сезим белгилери болгондур. Эгерде биз илимий тактыктын чегинде тургубуз келсе, анда неандергаль адамынын ой-сезими кандай болгонун божомолдоп айтууга да укугубуз жок. Жогорку палеолит доорунун адамдары жөнүндө биз көбүрөөк кабардарбыз. Алар чебер мергенчилер болушкан, найза, жебе жасай билишкен, аң терилеринен кийим кийишкен, сүрөттү болсо париж импрессионисттеринен кем тартышкан эмес. Кейпи жамаатташып жашоо-турмушунун түрү бизге белгилүү болгон деңгээлге жетсе керек, бирок бул да божомол, андыктан буга негизденип илимий гипотеза жасоого да болбойт. Мүмкүн байыркы доорлордо алардын биздин мезгилге чейин сакталып калбаган кандайдыр бир өзгөчөлүктөрү болушу ыктымал.

Ал эми акыркы неөлит жана коло (б. з. ч. III—II миң жылдыктар) доорунда жашаган элдер тарыхый элдер болгон деп бир кыйла ишенимдүү түрдө айта алабыз. Тилекке каршы, ал мезгилдердеги этникалык айырмачылыктар боюнча биздин билимдерибиз ушунчалык жарды жана үзүл- кесил болгондуктан, эгер ага таяна турган болсок, бизди ушул тапта кызыктырган мыйзам ченемдүүлүктү локалдуу өзгөчөлүктөрдөн ажырата албай, жекелик түрдөгү көрүнүштү жалпы көрүнүш катарында кабыл алып, жаңылып калышыбыз ыктымал.

Талдоо жүргүзүүгө жарактуу материалдарды этностордун тарыхы жана алардын карым-катышы чагылдырылган жазуу булактары пайда бөлгөн тарыхый мезгилдерден ала алабыз. Биз теманын ушул бөлүгүн изилдей отуруп, алынган маалыматтарды тарыхый мезгилден алда канча мурдагы замандарга колдонуу аркылуу изилдөөнүн алгачкы этабында пайда болуучу билимдерибиздин кем-карчтарын толуктап алууга укугубуз бар. Ушундай жол менен гана биз тарыхый сында көбүрөөк кетирилип жүргөн жаңылыштыктардын биринен, чындыктан четтеп кетүүдөн кутулабыз.

Изилдөөнүн жакынкы датасы катары XIX кылымдын башталышын алганыбыз максатка ылайыктуу бөлот, анткени мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоо үчүн бизге толук аяктап бүткөн процесстер керек. Аяктап бүтпөгөн процесстер жөнүндө алдын ала божомолдоп гана айтууга болот, ал эми болжолдоолор үчүн колубузда биз издеп жаткан мыйзам ченемдүүлүктүн формуласы болушу зарыл. Мындан сырткары XX кылымдагы көрүнүштөрдү изилдөөдө жакындык аберрациясы пайда болуп, алыстык аберрациясындагыдай көрүнүштөр өз масштабдуулугун жоготуп коюшу ыктымал. Андыктан биз алдыбызга койгон маселени карап чыгуу үчүн 3 миң жылды камтыган мезгилди — б. з. ч. XII кылымдан б. з. XIX кылымына чейинки мезгилди, же Троянын кыйрашынан Наполеондун кулашына чейинки мезгилди алабыз.

Эң алды менен биз аныктыгы шек туудурбай турган маалыматтарды салыштырып көрүү аркылуу колубуздагы мол материалды синхрондук усулдун жолу менен изилдеп чыгабыз. Фактыларды биз сунуш кылган аспектте өз ара айкалыштыруу биздин киргизген жаңылыгыбыз болуп саналат. Бул зарыл керек, анткени ар түрдүү хронологиялык таблицалардагы даталардын баш аламандыгы элдердин тарыхый жашоо мезгилдеринде кандай окуялар болуп өткөнү жөнүндө окурманга түшүнүк бере албайт. Ошондуктан сунуш кылынып жаткан усул гуманитардык илимдерге гана эмес, табият илимдерине да мүнөздүү усул. Табият илимдеринде көрүнүштөрдүн статистикалык мүмкүндүгүнүн ички логикасынын негизинде фактылардын ортосундагы байланыштарды аныктоо байкалып турган факт кандай анык болсо ошондой эле анык болгон эмпирикалык жалпылоону

www.bizdin.kg
чыгаруу үчүн бирден бир жол болуп саналат[11]". Эмпирикалык жалпылоо алгачкы материалдарга (тажрыйба, байкоо, жазуу булактарын окуу) эмес, жыйналган жана такталган фактыларга таянгандыктан гипотеза болуп саналбайт. Маалыматтарды системага келтирүү жана концепция түзүү - маселе жөнүндө ой жүгүртүүнүн философиялык жалпылоого жол ачуучу ортоңку стадиясы болуп саналат. Биздин максат үчүн так ушул ортоңку стадия керек.

Тиги же бул маселеге тиешелүү маалыматтар канчалык көбүрөөк жана канчалык толук болсо, ал жөнүндө толук түшүнүк алуу ошончолук оңой болгонсуп көрүнөт. Чындыгында эле ушундайбы? Дегеле андай эмес. Ашыкча, өтө майда, жалпысынан көрүнүштү өзгөртө албай турган маалыматтар системалогия менен кибернетикада "ызы-чуу" же "бөтөн үндөр" деп аталгандарды түзөт. Бирок кээде башка максаттар үчүн маанайлардын дал ошондой нюанстары керек болот. Кыскасы, изилденүүчү көрүнүштөрдүн жаратылышын аныктоо үчүн илимдеги белгилүү маалыматтарды эмес, каралып жаткан маселеге тиешелүү болгон бардык фактылардын жалпы жыйындысын карап чыгуу зарыл.

"Маселеге тиешелүү" деп эмнени эсептөөгө болот? Чагымда, мунун жообу ар түрдүү учурларда ар башкача болушу мүмкүн. Адамзаттын тарыхы жана мыкты адамдын өмүр баяны — бирдей көрүнүштөр эмес, экөөнүн өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрү да эки башка болот, ал эми экөөнүн ортосунда бири бирине өтүп туруучу көптөгөн ырааттуулуктар да бар. Маселенин дагы бир татаалдашып кете турган себеби ар бир тарыхый окуя — согуш, мыйзам чыгаруу, архитектуралык эстеликтерди куруу, дубанды же мамлекетти түзүү жана дагы ушу сыяктуулардын ар бирин жакындыктын (приближения) ар кандай деңгелинен кароо керек, бирок ал деңгелдерди салыштырып көргөндө бир караганда, карама-каршы жыйынтыктарга апкелет. Мисалды Европанын жалпыга белгилүү тарыхынан эле келтирели. Реформация мезгилинен кийин протестанттык Уния менен католиктик Лиганын карама-каршы күрөшү пайда болду (а жакындыгы). Демек, Батыш Европанын бардык протестанттары бардык католиктерге каршы согушуусу керек эле. Бирок католиктик Франция протестанттык Униянын мүчөсү болучу, ал эми протестанттык Дания 1643-жылы протестанттык Швециянын тыл жагынан сокку урду, т. а. саясий кызыкчылык идеологиялык кызыкчылыктан жогору коюлду (b жакындыгы). Бул мисалды келтирүү менен биз биринчи аныктама туура эмес деп айта алабызбы? Албетте, айта албайбыз. Ал аныктама бир кыйла көбүрөөк жалпыланган аныктама болучу. Мындан сырткары, эки тараптын аскерлеринин басымдуу көпчүлүгү динге көңүл кош мамиле жасаган, талап-тоноого гана умтулган жалданма аскерлер болгон. Демек, Отуз жылдык согушту талап-тоноочулук согуш катары мүнөздөсөк (жа-кындыгы) кандайдыр бир деңгелде туура эле болот. Акырында келип чакырыктардын, королдордун алтын таажыларынын артында таптардын реалдуу кызыкчылыктары турган. Муну эске албоого деги эле болбойт {жакындыгы). Буларга айрым облустардын ич ара бөлүнүү таламдарын (жакындыгы) да кошууга болот, мындай умтулуулар палеоэтнографиялык жол менен аныкталат ж. д. у. с.

Келтирилген мисал көрсөтүп тургандай, иреттүү жакындык системасы айрым бир өзүнчө алынган талдап чыгууда да татаалдыктарга учуратат. Кантсе да ийгиликтен үмүт үзбөө керек, анткени бизде илимий дедукция жолу бар эмеспи. Жер планетасынын кыймылы көптөгөн мыйзам ченемдүү кыймылдардан (Жердин өз огунда айлануусу, Күндү айлануусу, уюлдун алмашуусу, Жердин ааламдагы бүткүл планеталык системанын курамында жылып жүрүшү ж.б.) тургандай эле адамзат, антропочойрө да өз өнүгүшүндө көптөгөн илимдер изилдей турган ар кандай таасирлерге дуушар болот. Коомдун өнүгүүсүндө чагылышып турган ички кыймылдар тарыхый материализм тарабынан

изилденет; адамдын физиологиясы — биология илимине тиешелүү; адам менен ландшафттын өз ара катышы — тарыхый география — география илиминин энчиси; согуштарды, мыйзамдарды, мамлекеттик түзүлүштөрдү изилдөө — саясат тарыхы, ал эми акыл-ойду жана пикирлерди — философия, тилди — лингвистика, адабий чыгармачылыкты — маданият тарыхы изилдейт, ж. у. с. А биздин маселе кай жерден орун алмакчы?

Этносту (тиги же бул) карап көрөлү. Этнос да, мисалы, тил өңдүү социалдык көрүнүш болуп саналбайт, анткени ал бир нече коомдук формацияда жашай алат. Коомдун өзүнүн ичтен өнүгүшүнүн таасири этнос- тордун калыптанышында сырткы таасир катарында роль ойнойт. Коомдук өнүгүү өзү тарыхка айланганда, саясий жана маданий тарыхка айланганда гана этностордун калыптанышына же ыдырап-бузулушуна таасир этиши мүмкүн. Ошондуктан этногенез маселеси тарых илиминин чегин- де, бул проблеманын социалдык аспектилери жайбаракат гана табият илимдерине өтүп кете турган чекте жатат деп айтууга болот.

Кантсе да этногенездин бардык көрүнүштөрү Жер бетинде тиги же бул географиялык шарттарда болуп жаткандыктан табигый түрдө түзүлгөн адамдардын жамааты — этностор[12] үчүн экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү бере турган фактор болуп эсептелген ландшафттын ролу жөнүндө маселе сөзсүз келип чыгат. Бирок тарыхтын география менен айкалыштырылышынын өзү биз чече турган маселеге анча жетишсиздик кылат, себеби бул жерде кеп жандуу организмдер жөнүндө жүрүп жатат, алар ар дайым же эволюция, же инволюция, же моноформизм (түрдүн ичиндеги өзгөрбөстүк) абалында башка организмдер менен өз ара аракеттенип, топтоштукту — геобиоценозду түзөт.

Ошентип, биз козгоп жаткан маселени үч илимдин — тарыхтын, географиянын (ландшафт таануу) жана биологиянын (экология жана генетика) тоомуна жайгаштырсак болот. Мындай болгон соң "этнос" терминин чечмелөөнү экинчи жол менен да ишке ашыра алабыз: этнос дегенибиз — Homo Sapiens түрүнүн жашоосунун өзгөчөлүктү формасы, ал эми этногенез — түр ичинде пайда болучу формалардын локалдык варианты, ал тарыхый жана хрономикалык (ландшафттык) факторлордун ай- калышы аркылуу аныкталат.

Адамзаттын өнүгүшүнүн кыймылдаткыч күчтөрүнүн бири катары шык-танууну жана максат-тилектерди атасак өтө эле аша чапкандык болуп көрүнүшү мүмкүн, бирок изилдөөнүн бул тибине Ч. Дарвин менен Ф. Энгельс жол салып кетишкен [13]. Илимий салтты улантуу менен биз көңүлүбүздү адамзат ишмердүүлүгүнүн бизден мурдагы көпчүлүк изилдөөчүлөрдүн көңүлүнөн сыртта калган жактарына бурмакчыбыз.

Тарыхчы географиясыз "кедергиге" кездешет

Адам өзүн курчап турган жаратылыш чөйрөсүнө, тагыраак айтканда, географиялык чөйрөгө көз каранды экендиги эч качан талаш-тартышты туудурбаган болсо да, бул көз карандылыктын деңгелдерин ар кайсы окумуштуу ар бөлөк баалап келишкен. Бирок кандай гана айтылбасын баары бир элдин чарбалык турмушу ар качан сөзсүз түрдө ал эл жашаган аймактын ландшафтына жана аба ырайына тыгыз байланыштуу болуп келген. Байыркы замандардагы экономикалык гүлдөөлөр менен төмөндөөлөрдү тарыхый булактардан алынган маалыматтардын толук баалуу эместигинен улам даана байкоого мүмкүнчүлүк аз. А бирок аскердик күч-кубаттуулук деген индикатор бар. Жаңы замандагы аскердик күч- кубаттуулук жөнүндө айтсак, бул эч кимде шек туудурбайт, бирок мындан эки мин жыл мурда да отурукташкан элдин гана эмес, көчмөндөрдүн да аскердик күч-кубаттуулугу алардын экономикалык өнүгүшүнө жараша болгон. Жортуулга чыгуу үчүн курсагы ток, күчтүү, арыбаган, жааны "кулагына дейре"

www.bizdin.kg
жеткире тарта алган (кулакка чейин тартканда жебе 700 м чейинки, ал эми "көзгө чейин" тартканда жебе 350—400 м чейинки аралыкка учуп жеткен), оор кылычты же андан да кыйыны ийри кылычты шилтөөгө жарактуу адамдар керек эле. Ошондой эле ар бир жоокерге, кирени же жүк унааны эске алганда болжол менен 4—5 ат талап кылынган. Жебени көбүрөөк камдап алуу талап кылынган, ал эми аны жасоо өтө татаал жумуш болгон. Мындан башка да азык-түлүктүн кору керек эле, мисалы, көчмөндөр короо-короо койлорун айдай жүрүшкөн, аларды кайтаруу үчүн койчулар керектелген. Аялдар менен балдарды кайтаруучу кошумча аскер күзөтү керек болгон... Кыскасы, согуш ошол мезгилде да көп акча каражатын талап кылган. Согушту душмандын эсебинен жүргүзүү үчүн эң алды менен алгачкы жеңишке, болгондо да бир катар жеңиштерге жетишүү керек болучу, ал эми буга жетишүү үчүн бекем орук, гүлдөп-өнүккөн чарба жана ага ылайык оңтойлуу жаратылыш шарттары талап кылынган.

Аскердик тарыхта географиялык шарттын, жердин түзүлүшүнүн мааниси жөнүндө илгертен бери эле дайыма айтылып келатат. Байыркы тарыхтан буга бир нече мисал келтирсе болот: Тразимен көлүнө жакын жерде Ганнибал көлдүн жээгиндеги бир нече терең өрөөндөрдү жана рим аскерлери өтүп бараткан өңүткө ылайык жолду пайдалануунун арка- сында ал римдик аскерлерди бир эле учурда үч тараптан качырып кирип, жеңип чыккан. Киноскефалдын алдындагы адырларда иретин жоготуп, чачырай түшкөн, оор куралданган македондук аскерлерди римдиктер туш тарапка бөлүп кетип, оңой эле талкалап салышкан. Мындай жана буга окшогон мисалдар тарыхчылардын көңүлүн дайыма өзүнө буруп келген жана ушуга байланыштуу И. Болдин өзүнүн кеңири белгилүү болуп калган эскертүүсүн айткан экен: "Географияны колдоно билбеген тарыхчы тоскоолдуктарга дуушар болот" [14]. Анткени менен мындай бештен белгилүү маселеге XX кылымда кайра токтолуп отуруу максатка ылайык келбейт, анткени тарых да азыр мурдагыдан алдан канча терең маселелерди чечүүгө умтулуп, география да планетадагы таң калычтуу көрүнүштөрдү жөнөкөй сүрөттөп баяндоону токтотуп, биздин ата-бабаларыбыздын колу жетпеген мүмкүнчүлүктөргө ээ болушту.

Андыктан бул маселени башкача коёбуз: географиялык чөйрө адамдарга кандай таасир тийгизет жана адамдар азыр Жердин биочөйрөңө деп аталган катмарынын канчалык даражадагы курамдык бөлүгү болуп саналат[15]? Географиялык чөйрө адамзаттын жашоо-турмушунун, атап айтканда, кайсы мыйзам ченемдүүлүктөрүнө таасир берет жана кайсыларына таасир бербейт? Маселенин мындайча коюлушу талдоону, изилдөөгө оңтойлуу бол- сун үчүн проблеманы жасалма түрдө майдалап бөлүп карап чыгууну талап кылат, бирок биздин түпкү максатыбыз — синтез болгондуктан, маселени мындай майдалап бөлүп кароо тарыхты түшүнүү үчүн кошумча маниге гана ээ. Кантсе да үйдү пайдубалсыз куруу мүмкүн болбогондой эле тарыхый маселелерди адегенде майдалап бөлүп карап чыкмайынча жалпылоо кыйын. Эң жөнөкөй мисал келтирели. Адамзаттын тарыхы жөнүндө айтканыбызда биз адатта тарыхтын кыймылынын коомдук формасын, т. а. адамзат коомунун бир бүтүн нерсе катарында спираль боюнча прогрессивдүү өнүгүшүн эске алабыз. Бул өнүгүү ички кыймыл, дал ошондуктан ал эч кандай сырткы себептердин функциясы боло албайт. Тарыхтын бул бөлүгүнө географиялык да, биологиялык да таасир түрткү бере албайт. Андай болсо географиялык жана биологиялык нерселер эмнелерге таасир бере алат? Алар организмдерге, анын ичинде адамдардын организмине да таасир тийгизет. Мындай корутунду 1922- жылы Л. С. Берг тарабынан жасалган: "Географиялык ландшафт организмге түрдүн уюму канчалык даражада жол берсе бардык жандууларды ошончолук даражада белгилүү бир багытта өзгөрүүгө мажбурлоо аркылуу таасир берет. Тундра, токой, талаа, чөл, тоо, суу чөйрөсү, аралдагы жашоо

ж. д. у. с. — мына ушулардын бардыгы организмге өзүнүн өзгөчөлүү таасирин тийгизет. Ал чөлкөмгө көнүгүшө албаган жаныбардын түрү башка географиялык ландшафтка жер которуп кетүүгө аргасыз болот же тукум курут болуп жоголот"[16]. Ал эми "ландшафт" дегенибизде "жер бетиндеги белгилүү бир аянтты түшүнөбүз, ал аянт башка аянттардан сапаттык жактан айырмаланып, табигый чектер менен бөлүнүп турат жана ал бир кыйла кеңири мейкиндикте мүнөздүү көрүнүш катарында калыптанып калган нерселер менен кубулуштардын өз ара шартталган мыйзам ченемдүү жыйындысын жана өзгөчөлүү бир бүтүндүгүн түзөт жана ал бардык жагынан ландшафттын катмары менен тынымсыз байланышта болуп турат"[17]. Муну "жер орогунда өнүгүү" деген сөз айкалышында атаса болот [18]. Л. С. Берг өзүнүн бул аныктамасын эволюциянын хорономикалык (грекче "хорос" — орун) принциби деп атап, география менен биологияны ушундайча байланыштырган. Биз колдонуп отурган аспектиде жогорудагы эки илимге тарых илими да кошулуп отурат, бирок мындан принцип өзгөрбөйт. Ал гана эмес, бул принцип күтүлбөгөн жерден жаңы ырастоого ээ болду. Бул болсо бизди, динамикалык учурларды эске алуу менен этностун өнүгүшүнүн, жаңы этностордун пайда болушунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн, т. а. этногенездин фазаларына мүнөздөмө берүүнүн негизинде этногенезди карап чыгууну уланта берүүгө милдеттендирет. Бирок бул башка баптын темасы.

II. ТАБИЯТ ЖАНА ТАРЫХ

Табият таануу менен тарыхтын айкалышы

Илгери дүйнөнү анын көзгө көрүнүп турган ар түрдүүлүгүнө карабай бир бүтүн нерсе катарында, бири биринен ажырап, бөлүнүп тургансыганына карабай өз ара байланышкан нерсе катарында түшүнүп турган кезде табият таануу менен тарыхты айкалыштыруу маселеси ойго келген эмес. Түбөлүккө сакталып калууга татыктуу делген бардык окуялар жылнаамаларга киргизиле берген. Согуштар менен суу ташкындары, коңторушар менен кара түрмөлөр, генийдин төрөлүшү жана куйруктуу жылдыздын пайда болушу сыяктуу бардык көрүнүштөр менен кубулуштар келечек муундар үчүн керектүү жана кызыктуу бөлөт деп эсептелинген. Ал кездеги илимий көз карашта "окшоштон окшош жаралат" деген сыйкырдык принциби үстөмдүк кылып турган, бул болсо элдердин же айрым инсандардын тагдырлары менен табият кубулуштарынын ортосундагы байланыштарды боолголоп чечмелөөгө мүмкүндүк берген. Бул принцип астрологияда жана төлгөчүлүктө колдонулуп, өнүгүп келген, бирок кийин бул принциптер айрым илимдердин өнүгүшүнө, илимий ачылыштардын көбөйүшүнө байланыштуу турмушка жараксыз, беймаани ырым-жырымдар катары сүрүлүп ташталган.

XVIII—XIX кылымдарда илимдердин тармакташып кеткендигинин натыйжасында ого эле коп маалыматтар чогулуп, XX кылымдын башы ченде анын серепте кароого көз кыйыры жетпей калган болучу, көркөмдөтүп айтканда, Илимдин кубаттуу дарыясы кол менен чапкан арыктарга агып кирген эле. Ал суулар кеңири мейкиндиктерге жан киргизип турду, бирок ал дарыядан суу алып турган кол соолуп калды, т. а. дүйнөгө көз караштын бир бүтүндүгү бузулду. Ошентип, күздө соккон катуу шамал кол түбүнө чоккон туздуу топуракты чаң ызгытып учуруп келип талааларга чачып жатат. Эми жакын арада үйүр-үйүр мал жайылып жан бак- кан, кургак болсо да оттоорго чөбү бар талааларды шор басат, биочөйрө оз ордун, албетте, түбөлүккө эмес, бирок узак убакытка какырлыкка бошотуп берет. Акыры эл да бул какыраган чөлдү таштап кетүүгө аргасыз болот,

арыктарга тунмшилендилер толуп, бүтөлөт да, дарыя болсо кайрадан жаны нук таап ага берет, табигый өзөн сууга толуп, көл калыбына келет. Шамал жер катмарды учуруп, анын ордуна топурактын жука катмарын төшөйт, ал жерге чөп кылтыйып өсүп чыгып, мал өтөбөгөндүктөн бөө түшүп жыгылып турат. Бир нече кылым өткөн соң ал жерлер семирет, көлдө планктондор пайда болот. Ошондон кийин чөп жей турган жаныбарлар кайтып келет. Сууда сүзүүчү канаттуулар менен кошо сууга балыктын уруктары келип түшөт. Жашоо өзүнүн көп түрдүү көрүнүшүндө кайрадан салтанат кура баштайт.

Илимде да ушундай, тар кесипчилик билим топтоонун каражаты катары гана пайдалуу, илимдерди тар макташтырып бөлүү бир мезгилдерде керек бөлгөн, антпесе да бөлбөйт эле, бирок ал бөлүнүү узакка улантыла берсе аягы жакшылык менен бүтпөйт. Маалыматтарды кеңири жалпылоо үчүн системага салбай топтой берүү да майнапсыз иш болуп калат. Айткылачы, байыркы илимдин принциптери ошончо эле туура эмес беле? А балким, анын мажестиги постулаттарда эмес, ал постулаттарды туура эмес пайдаланышкандыктарына болуп жүрбөсүн? Чындап келгенде "табият тарыхы менен адамдардын тарыхынын" өз ара катышы жок эмес, бар. Ал карым-катышты биздин көз алдыбызда ургаалдуу өнүгүп жаткан изилдөө усулунун жана топтолгон билимдердин жыйындысын пайдаланып баамдоого болот. Бул жол менен барууга аракеттенип, алдыбызга жаратылыш кубулуштарын интерпретациялоодо тарыхты изилдеп үйрөнүү пайда алып келиши мүмкүнбү деген маселе коёлу.

Арийне, социалдык көрүнүштөр менен жаратылыш кубулуштары өз ара окшошпогону менен ал экөөнүн ортосунда кайсы бир жерде карымкатыштын бар экени ачык нерсе. Маселе, ошол карым-катыштын белгилерин табууда турат, анткени ал жалпы алганда антропочөйрө болбошу мүмкүн. Эгерде антропочөйрөнү биомасса катары түшүнө турган болсок, анда бул кубулуштун эки тараптуулугун белгилеп алууга тийишпиз: а) мозаикалуулук, анткени адамдардын ар кайсы жамааттары айлана-чөйрө менен ар башкача карым-катышта болот; эгерде биз кийинки беш миң жыл аралыгындагы кеңири белгилүү тарыхты эске алсак, анда булар түрдүүлүк жана анын себептери эле алдыга койгон маселенин ачкычы болушу мүмкүн; б) изилденүүчү маселенин — адамзаттын коп кырдуулугу. Муну ар бир адам (же бүткүл адамзат) дене да, организм да, кайсы бир биоценоздун жогорку звеносу да, коомдун мүчөсү да, улуттун өкүлү да ж.у.с. деген мааниде түшүнүү керек. Жогоруда келтирилген ар бир маселеде предмет (бул жерде адам) ар түрдүү илим тармагы аркылуу изилденет, бирок бул изилдөөнүн башка аспектилерин жокко чыгарбайт. Биз изилдөөчү маселеде бир бүтүн нерсе катарында адамзаттын дал этностук тарабы өтө маанилүү болуп эсептелет.

Гносеологияга бир аз саякат жасап көрөлү. Жөнөкөй байкоо жүргүзгөндө эмнелерди көрүүгө болот деген суроо коёлу. Көрсө, ал предметтин өзү эмес, предметтердин чектери экен. Биз деңиздин суусун, асманды көрөбүз, анткени алар жээктер, аба, тоолор менен чектешип турат.

А бирок суунун тереңинде же анын үстүнкү бетинде жашаган балык торго түшүп, абага суурулуп алынганда суу деген бар экенин түкшүмөлдөшү мүмкүн беле. Биз да убакыт деген категория бар экенин билгенибиз менен анын чегин билбегендигибизден ага жалпы кабыл алынган тар- типте аныктама да бере албайбыз. Айырмачылыктар канчалык күчтүү болсо, биз көзгө көрүнбөгөн, бирок боолголоп, т. а. кыял менен сүрөттөй ала турган предметтер ошончолук ачык боло берет.

Окуялардын тизмеги катары тарыхты биз үзгүлтүксүз байкап турабыз. Демек, тарых дегенибиз бул чек ара... Бактыга жараша, ал чек материянын кыймылынын социалдык формасы менен жаратылыштагы кыймылдын төрт формасынын

ортосундагы чек экенин билебиз. Мындай болгон соң, социочөйрө жана ал жараткан техночөйрө менен бир катарда кандайдыр бир жандуу маңыз адамдардын айлана-чөйрөсүндө гана эмес, алардын өздөрүнүн ичкерки дүйнөсүндө да жашап турат деп айтсак болот. Бул кубулуштар ушунчалык карама-каршылыктуу болгондуктан адамдардын аң-сезими аркылуу оңой эле баамдалып турат. Так мына ошондуктан гуманитардык концепциялар жараксыз, туурасын айтканда, жетишсиз болуп чыкты. Гуманитардык концепциялар тарыхый процесске же процесстерге географиялык, биологиялык, социалдык же (идеалисттик системадагы) руханий факторлордун таасирлери жөнүндө маселе коёт да, процесстин өзүн, ал процессти түзүүчү нерселерди эмпирикалык жалпылоого мүмкүндүк берүүчү процесстер менен факторлордун оз ара байланышы унутта калат. Бул жерде сунуш кылынып отурган усул — тарыхтагы түшүнүксүз жерлердин "чатышын чечүүгө", андан соң изилдөөлөрдүн ар түрдүү усулдарынын жыйынтыктарын эске алуунун негизинде синтезге өтүүгө зарыл керек болгон талдоонун, т. а. "мүчөлөп бөлүүнүн" так өзү, андан башка эч нерсе эмес.

XIX кылымдагы тарыхграфияда табият кубулуштары менен социалдык көрүнүштөрдүн байланышы көп учурда эске алынган эмес.[19] Азыркы мезгилде жаратылыш процесстеринин динамикасы ушунчалык мыкты изилденгендиктен аларды тарыхый окуялар менен салыштыруунун мүмкүндүгү ачык болуп калды. Адам ландшафттын биоценозуна эң жогорку жыйынтыктоочу звено катары кирерин биоценология көрсөтүп отурат, анткени адам эң ири жырткыч жаныбар, демек, ал табияттын эволюциясына баш ийет, бирок бул экинчи бир кошумча учурду — өз алдынча өнүгүүгө жөндөмсүз болгон жана акырында талкаланып, кыйрап турган техночөйрөнү түзүүчү өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүн жокко чыгарбайт.

Коомдук түзүлүштөр жана этностор

Дегинкиси, эгерде биз бүткүл дүйнөлүк тарыхты карап көрө турган болсок, коомдук түзүлүштөрдүн алмашуусу менен кошо жаңы элдердин жаралышы өтө сейрек кездешүүчү окуя болуп эсептелет. Ошол эле учурда бир эле коомдук түзүлүштүн чегинде бири экинчисине деги эле окшошпогон этностор ар дайым пайда болуп жана өнүгүп турат.

Мисалга XII кылымды алалы. Бул мезгилде феодалдык түзүлүш Атлантикадан Тынч мухитке дейре гүлдөп турган учур эле. Ошондогу француз барондору Скандинавиянын эркин дыйкандарына, Египеттин кул жоокерлери — мамлюктарга, орус шаарларынын тынчы жок тургундарына, дүйнөнүн жартысын басып алган кембагал моңгол нөкөрлөрүнө же Сун империясынын кытай жер ээлөөчүлөрүнө окшош беле? Алардын баары бирдей феодалдык өндүрүш жолун колдонгону менен, башка жагынан алганда алардын ортосунда жалпы нерселер өтө эле аз болгон. Жаратылышка мамиле жасоо малчы менен дыйканда бирдей болгон эмес; башка жат нерселерди же бөтөн маданиятты кабыл алуу жөндөмдүүлүгү Кытайга караганда Европада жогору болгон, территорияларды басып алууга умтулуп, креттүүлөрдүн жүрүштөрүн уюштуруу ошондон жаралган; токой өрттөп, анын ордуна эгин өстүргөн орус дыйканчылыгы Сирия менен Пелопоннестин жүзүм өстүрүүсүнө караганда жөнөкөй жана чабал болгон, бирок аз эмгек жумшалып эбегейсиз түшүм жыйналган; тил, дин, маданият, билим — булардын баары окшош болбогону менен бул ар түрдүүлүктө иретсиздик жок эле: жашоо-турмуштун ар бир түрү белгилүү бир элдин энчиси болгон. Бул өзгөчөлүк этностор жаралган жана жашап турган ландшафттарга карата алганда айрыкча ачык байкалат.

Бирок этностук өзгөчөлүктөрдүн деңгели жаратылыш тарабынан аныкталат деп ойлоого болбойт. Кылымдар өтө берди, ага ылайык этностор да өзгөрүп отурду: алардын кайсы бирлери жок болуп кетип, жаңылары пайда болуп турду; мына ушул процесс совет илиминде этногенез деп аталган. Бирдиктүү бүткүл дүйнөлүк тарыхта этногенездин ритми социалдык өнүгүүнүн тамырынын кагышына байланыштуу болуп келген, бирок бул байланыш ошол этногенездин ритм менен социалдык өнүгүүнүн тамырынын кагышы дайыма дал келет жана алар бир бүтүндүктү түзөт дегенди билдирбейт. Тарых процесстеринин факторлору ар башка болот, андыктан биздин талдоолорубуздун максаты ушундай ык менен этногенезге түздөн-түз мүнөздүү болгон феномендерди табуу жана бул аркылуу этнос деген эмне экенин жана анын адамзаттын жашоосундагы ролун аныктоо болуп саналат.

Эң алды терминдердин мааниси жана изилдөөлөрдүн чек аралары жөнүндө такташып алалы. Гректин "этнос" деген сөзү көп маанини түшүндүрөт, бирок биз алардын ичинен "түр, тукум" деген адамдарга тиешелүү маанисин алдык. Биз карай турган маселе үчүн "уруу" же "улут" деген түшүнүктөрдү бөлүп көрсөтүү маанилүү эмес, анткени бизди бардык элдерде, англиялыктарга да, масайларга да, байыркы гректерге да, азыркы лөлүлөргө да бирдей мүнөздүү болгон жалпы нерсе кызыктырат. Бул жалпы нерсе — Homo Sapiens түрүнүн өзүн же "өздөрүн" (кээде жакындарын, көп учурда алыскыларды да) дүйнөнүн бардык калган бөлүгүнө карама-каршы коюу үчүн жамаатташып жашоо касиети болуп саналат. "Биз — алар" (conditio sine qua non est) деп карама-каршы коюу бардык замандарга жана элдерге мүнөздүү: эллиндер жана варварлар, иудейлер жана сүннөткө отургузулбагандар, кытайлар (Ортолук мамлекеттин адамдары) жана ху (айлана-тегеректеги варварлар, алардын ичинде орустар да), алгачкы халифтердин мезгилиндеги мусулман арабдар жана "капырлар", Орто кылымдардагы европалык католиктер ("Христиан дүйнөсү" деп аталган биримдик) жана күнөөлүүлөр, алардын ичинде гректер, орустар бар; "православныйлар" жана ошол эле доордо дини буруулар ("нехристи"), католиктер да ага кошулат; туарегдер жана туарег эместер, цыгандар жана калган бардык башка элдер ж.б. Мындай карама-каршы коюулар универсалдуу келет, бул анын негизи тереңде жаткандыгын баяндайт, ал карама-каршылыктардын баары өз өзүнчө алган- да дарыянын бетинде калкыган көбүккө окшош, ал эми биздин милдет аларды калпып алып таштап, анын ички маңызын ачык берүүдө турат. Анткени менен биздин алгачкы байкоолорубуз этностук ("тукум, "урук" маанисинде) деп атоого боло турган көрүнүштүн татаалдыгын белгилөөгө жетиштүү болуп отурат жана ал социалдык, маданий, саясий, диний жана башка көптөгөн нерселердин тарыхы кандай түзүлгөн болсо, ошол сыяктуу адамзаттын этностук тарыхын түзүү үчүн да аспект боло алат. Ошондуктан биздин милдетибиз, баарынан мурда, процесстин принцибин баамдап билип алууда турат.

Этностук маданият менен географиянын байланышы шек санатпайт, бирок табияттын көп түрдүү кубулуштары менен этностордун тарыхындагы оомалуу-төкмөлүү көрүнүштөрдүн ортосундагы карым-катнаштардын бүткүл татаалдыгын ушуну менен эле чектеп коюуга болбойт. Анан да этносторду классификациялоонун негизине коюлган ар кандай белги конкреттүү бир чөйрөгө адаптацияланган белги болуп саналат деген тезиске ылайык ал карым-катнаш этногенез процессинин бир гана тарабын чагылдырат. Гегел да "Гомердин чыгармаларына Иониянын аба ырайы себеп болгон деп далилдөөгө болбойт”[20] деп жазган экен. Ага карабай белгилүү бир аймакта пайда болуп, жердин ландшафтына толук ылайыкташып алган этнос башка чөлкөмгө көчүп барганда жергиликтүү элдерден айырмаланып, өзүнүн мурдагы өзгөчөлүктөрүн

сактап кала берет. Айталы, Мексикага көчүп барган испандар ацтек же майя индейлерине айланып кеткен жок. Юкатандын тропиктик нымдуу климаты жана Анауаканын жарым чөлдүү талаалары Европадагы Андалусия менен Кастилиядан абдан эле айырмаланганына карабай алар өздөрүнө жасалма түрдөгү микроландшафттарды — шаарлар менен бекемделген чептерди курушуп, өздөрүнүн материалдык жана руханий маданияттарын сактай алышты. Ал эми Мексиканын (ал кезде Жаңы Испания деп аталган) XIX кылымда Испаниядан бөлүнүшүн негизинен испан тилин жана католик динин кабыл алган индей урууларынын тукумдары Рио-Грандеден түндүк тарапта эркин жашаган команчи урууларынын колдоосу астында ишке ашырган.

Анда эмесе биринчи корутундубузду жасайлы, ал кийинки жаза тургандарыбыздын башталышы болмокчу. Жер планетасынын ландшафттары менен оз ара катышта болуп, тарыхый мезгилдерде үзгүлтүксүз өзгөрүп турган көп түрдүү антропочөйрө дегенибиз — этночөйрөнүн эле так өзү болуп саналат. Кантсе да адамзат жер бетиндеги кургактыктардын баарына таркап, ар кандай жыштыкта жашап, Жердин табият чөйрөсү менен ар дайым жана ар түрдүү байланышта болуп, өз ара аракеттенип келе аткандыктан анын этникалык айырмачылыктарын сөзсүз түрдө эске алуу менен аны Жердин катмарларынын бири катары кароо максатка ылайык болор эле. Мына ошондуктан биз "этночөйрө" деген терминди кийиребиз. Ар кандай географиялык кубулуштар сыяктуу эле этночөйрө да биологиялык жана социалдык мыйзам ченемдүүлүктөрдөн айырмаланып, өз мыйзам ченемдүүлүктөрүнө ээ болууга тийиш. Этностук мыйзам ченемдүүлүктөр болсо мейкиндикте (этнография) жана мезгилде (антропогендик ландшафттардагы этногенез жана палеогеография) каралууга тийиш.

Тарыхый булактарга ишенүүгө болобу?

XV—XVIII кылымдардагы география жөнүндө айтылган ой-пикирлердин эң сонун баяндамаларынын автору В. К. Яцунский: "Тарыхый география өткөндөгү элдердин географиялык түшүнүктөрүн эмес, өткөн кылымдардын конкреттүү географиясын изилдейт", — деп калыс баа берген[21]. Мындай изилдөө үчүн даректерди, сыягы, өткөн замандардын тарыхый чыгармаларынан издөө керек окшобойбу. Кантип издөө керек? Тилекке каршы, изилдөөнүн мүмкүн болуучу усулу жөнүндө эч кандай көрсөтмөлөр иштелип чыкпаптыр. Мунун себеби мындай экен.

Байыркы мезгилдин аба ырайынын шарттарын билүүдө тарыхый маалыматтар кеңири пайдаланылып келген жана пайдаланылып жатат. Бул багытта Л. С. Берг[22] жана Г. Е. Грумм-Гржимайлонун [23] ортосунда тарыхый мезгилде Борбордук Азиянын кургакчылыкка айланышы жөнүндө айтылуу талаш-тартышы күч алган. Бул маселеге байланышкан Каспий деңизинин деңгели б. з. ч. I миң жылдыкта кандайча өйдө-төмөн болуп өзгөрүп турганын да байыркы авторлордун чыгармаларынан алынган далилдердин жардамы менен чечкилери келген [24]. Чыгыш Европадагы аба ырайынын өзгөрүшү жөнүндө жыйынтык чыгаруу үчүн орус жылнаамаларындагы маалыматтардын атайын топтомдору чогултулган[25]. Бирок көптөгөн эмгек талап кылган көп сандаган изилдөөлөр өз максатына жетпей калды. Анткени, кээ бир учурларда булактардагы маалыматтар аны ырастаса, экинчи бир жол менен изилдөө ал ырас-толору төгүндөп салып жатты. Алынган маалыматтар чындыкка дайыма эле дал келе берген эмес, бул болсо колдонулган усулдун жеткилең иштелбегенин ырастап олтурат. Чындыгында байыркы же орто кылымдардагы авторлор жазган маалыматтарга үстүртөн таянуу же жалган, же мыкты дегенде так эмес

www.bizdin.kg
корутундуга алып келип турган. Дал ушундай болмок, анткени ал кездердин жылнаама чылары табият кубулуштарын же үстүртөдөн же ал мезгилдин илиминин көз карашына негизденип баяндашкан, чагылгандын чартылдашын, бороон-чапкынды, суу ташкындарын жана кургакчылыкты алдын ала билдирилген жамандыктын жышааны же жасаган күнөө үчүн жаза катары түшүндүрүшкөн. Табият кубулуштары автор өзү күбө болгондо гана жазылган, ал эми жазылбай калгандары канча экенин болжолдоого да мүмкүн эмес. Бир автор табиятка көңүл болуптур, экинчи автор кийинки кылымда ага көңүл да бөлбөптүр, кыскасы, кургакчылык мезгилде жамгырдын качан жааганы жазылып, жамгырлуу жылдары ал жазылбай калган учурлар болушу ыктымал. Тарыхый сын бул жерде жардам бере албайт, анткени ал себеп-натыйжалар аркылуу байланышпаган окуяларга баа берип, пикир айтууга алсыздык кылат.

Байыркы авторлор ар дайым оз чыгармаларын белгилүү бир максаттарга ылайык жазышкан жана өздөрүн кызыктырган окуялардын маанисин апыртып жиберүүлөрү эрежеге айланган. Апыртуунун же кемитип көрсөтүүнүн кандай деңгелде болгонун азыр тактоо ото кыйын жана коп учурда мүмкүн да эмес[26]. Тарыхый эмгектердин негизинде Л. С. Берг, гүлдөгөн жерлердин какыраган чөлгө айланышына согуштар себеп болгон деген жыйынтык чыгарган[27]. Азыр бул концепцияны эч ким төгүндөй албайт. Ага мисал катары коп учурда П. К. Козлов тарабынан табылган тангуттардын Хара-Хото деген аталыш менен белгилүү болгон Идзинай деген кыйраган шаары келтирилет[28]. Бул өтө мүнөздүү мисал болгондук- тан биз оз көңүлүбүздү бир гана маселеге — ал шаардын географиялык орун алышына жана анын кыйрап калышынын себептерине топтоп көрөлү.

Тангут падышачылыгы Ордос менен Алашанда, азыркы кумдуу чол баскан жерлерде жайгашкан. Байкаганга бул мамлекет жарды жана аз элдүү болушу керек эле. А чынында анын 150 мин атчан аскери, университети, академиясы, мектептери, соттору болгон, ал гана эмес кирешесинен чыгымы көбүрөөк болгон соода-сатык жүргүзүп да турган. Анткени ал товарды сыртка чыгарганга караганда ичке көбүрөөк ташып келип турган. Ал эми чыгымдар болсо падышачылыктын Тибеттеги ээлик жерлеринен алынган алтын жана эң башкысы, Тангут падышачылыгынын[29] негизги байлыгын түзгөн бодо малды сатуу менен жабылып турган.

П. К. Козлов тапкан шаар азыркы какыраган чөлдө, Эцзингол дарыясынын төмөнкү агымынан орун алган. Шаарды чыгыш жана батыш тарабынан курчаган эски эки сайдын нугу бул жерде суу болгонун кабарлайт. Бирок дарыянын нугу кийинчерээк батыш тарапка бурулуп кетип, азыр эки айрык болуп, анын бири туздуу Гашуннор көлүнө, экинчиси тузсуз Сого-нор көлүнө куят. П. К. Козлов Сого-нор өрөөнүн чөлдүн ортосунан орун алган укмуштуу кок жайык катары сүрөттөп жазып, бирок бул өрөөн коп элди багууга чамасыз экенин айта кетет. Чындыгында Идзинай шаарынын сепили торт чарчы келип, анын ар бир тарабынын узундугу 400 м түзөт. Сепилди айланта кыштак бар экендиги анча чоң эмес курулуштардын урандыларынын калдыктары жана бышырылган чопо идиштердин сыныктарынын табылышы далилдейт. Шаардын талкаланышын көп учурда моңголдорго таандык кылышат. Аныгында эле 1227- жылы Чыңгыз хан таңгуттардын борборун басып алып, моңголдор шаардын тургундарын ырайымсыздык менен кырып салышат. Бирок П. К. Козлов тапкан шаарда XIV кылымда да эл жашаганын ал жетектеген экспедиция тарабынан табылган көп сандаган документтердеги даталар ырастап турат. Мындан башка да шаардын кыйроосу дарыянын нугунун өзгөрүшүнө байланыштуу бөлгөн, торгоут элинин уламыштарына караганда шаарды камоого алгандар топурак толтурулган каптардан тосмо жасап, дарыянын агымын башка жакка буруп жиберишкен. Бул

тосмо азыркыга дейре көтөрүлгөн жал түрүндө сакталып турат. Чындыгында да ушундай болсо керек, бирок ага моңголдордун тиешеси жок. Урахай (моңгол) же Хэчуйчен (кытай) шаарын басып алынгандыгы жөнүндөгү жазууда мындай маалыматтар жок. Тосмо куруу монголдордун колунан келбес иш болчу, анткени алардын атчан жоокерлеринин жер каза турган куралы болгон эмес. Шаардын кыйрашын моңголдорго шылтоо орто кылымдардан бери келаткан көнүмүш боюнча бардык жаманчылыктарды моңголдорго жабыштыруу аракетинен улам пайда болгон. Чындыгында тангуттардын бул шаары 1372-жылы кыйраган. Шаарды, ошол кезде Чыңгыз хандын акыркы тукумдары менен согушуп жаткан Кытайдын Миң династиясынын аскерлери басып алып, Кытайга батыш тараптан кол салуу коркунучун туудурган моңголдордун таяныч шаары катарында ташы талкан кылынган [30].

Андай болсо эмне үчүн шаарда жашоо кайрадан тутанбады? Дарыянын агымы өзгөргөнү буга себеп эмес, андай бөлгөндө шаар Эцзинголдун башка куймасына көчүп конмок. П. К. Козловдун китебинде буга да жооп бар. Өзүнө таандык байкагычтык менен ал Эцзингөлдун суусу азайып, Сөгөнөр көлү соолуп, камыш басып кеткенин айтат. Ооба, дарыянын агымы батышка жаңы нук салып, өзгөрүп кеткени буга таасир тийгизиши мүмкүн, бирок бул эмне үчүн XIII кылымда ал өлкө өтөлө коп элди багууга жарап, ал эми XX кылымдын башы ченде бул жер чөлгө айланып калганын түшүндүрүп бере албайт.

Ошентип, Азиянын гүлдөгөн жерлеринин чөлгө айланышына мөңгүлөрдү күнөөлөөгө бөлбөйт, бул биз мурда атайын эмгектерде[31] жазып белгилегендей климаттын өзгөрүшүнө, табият кубулуштарына байланыштуу көрүнүш.

Эстеликтерге ишенүүгө болобу?

Эмне үчүн дал Чыңгыз жана анын балдары Азиянын ойронун чыгарды деп жазылат да, ошол эле убакта андан да чоң башка окуялар, мисалы, 841—846-жылдарда кыргыздардын уйгурларды талкалашы, же 1756—1758-жылдарда[32] манжур императору Цянь Лун тарабынан калмактардын тукум курут болуп кырылганы тарыхчылардын көз жаздымында калган?

Буга жоопту элдердин тарыхынан эмес, тарыхграфиядан издөө керек. Тарых боюнча мыкты китептер анча деле көп жазыла бербейт, алардын канчалары бизге жетпей жок болду. Анан да андай китептер ар бир эле тарыхый окуяга арнала бербейт. XIV—XV кылымдар Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүнүн адабияты гүлдөгөн заман болгон. Ал эми Россия менен Персияда ошол мезгилдерде моңгол эзүүсүнө каршы күрөш өтө олут- туу маселе болгондуктан бул жөнүндө көп чыгармалар жазылып, алар толугу менен бизге келип жетти. Алардын ичинде таланттуу жазылган, көрүнүктүү чыгармалардын бир тобун биз жакшы билебиз. Ошол чыгармаларды туурап жазуулар, кайталоолор көп болгондуктан бул маселеге арналган китептердин жалпы саны көбөйүп кеткен. Ойроттордун тукум курут болуп талкаланышын жазган тарыхчы табылбады: балким ал ошол кызыл-кыргында өзү да курман болгондур. Мунун айынан окуялар бир кылка чагылдырылбай, үзүл-кесил, кээде маани-маңызы өзгөртүлүп, ар башка көз караштардын масштабынан жаралды. Мына ошондуктан Чынгыз хандын жоокерлери басып кирген өлкөлөрдө жашаган элдер кырылып, шаар-кыштактары кыйрап, табияты бузулган деген чындыкка жакындашпаган ой-жоруулар жаралган. Белгилеп айта кетели, кургакчылыкка согуштан жабыр тарткан өлкөлөр эмес, мисалы, деги эле согуш көрбөгөн Уйгурстан, оттуу талаалары келберсиген Жунгария учурады. Демек, булактардагы тарыхый-географиялык маалыматтар ишенимдүү эмес деп айтууга болот.

www.bizdin.kg

Акырында келип тарыхый зор окуяларды, мисалы, моңголдордун XIII кылымдагы жүрүштөрүн миграция деп атагандар да болду. Моңгол жортуулдарынын миграция менен эч кандай байланышы жок болсо да, аны миграция деп атагандарга Э. Хантингтон, Э. Брукс оңдүү көрүнүктүү окумуштуулар кошулуп кетишти. Моңголдордун жортуулдагы жеңиштери кара таандай каптап кирген көчмөндөр эмес, мыкты куралданган, согушууга жөндөмдүү, жакшы уюштурулган, чакан кошуундар тарабынан камсыз кылынган. Алар жеңиштерден кийин туулуп-өскөн мекенине кайтып келип турушкан. Башка жакка көчүп кеткендердин саны ошо XIII кылымда жокко эсе болгон. Алсак, Жучу хандын тукуму: Батый, Ордо жана Шейбани хандар Чыңгыздын керээзи боюнча бардыгы болуп 4 миң атчан аскер, т. а. 20 миңге жакын адамды алышкан, алар Алтайдан Карпатка чейинки эбегейсиз зор мейкиндикте жайгашып турган. Тетирисинче, Бүткүл дүйнөлүк тарыхта кеңири чагылдырбагандыктан калмактардын XVII кылымдагы чыныгы миграциясы (көчү) тарыхчылардын көз жаздымында калган. Демек, алдыга койгон маселени чечүү үчүн мурда топтолгон эмгектерден оңой-олтоң алына турган маалыматтар менен эле чектелбей, тарыхты алда канча тереңирээк билүү талап кылынат. География боюнча да адатта айыл-чарба экономисттери же тарыхчылар колдонуп жүргөн чектелүү билимдерге караганда алда канча толук билимдерге ээ болуу зарыл. Эң башкы нерсе — Геродоттон тарта биздин күндөргө чейинки жазуу булактарынын авторлоруна таандык болгон субъективдүү ой жүгүртүүлөрдөн далилдүү маалыматтарды иргеп бөлүп алуу болуп саналат.

Туура маалыматтар деп биз тарыхый сынактардан кебелбей өтүп, ар кандай имиштерден тазаланып, ишенимдүүлүккө ээ болгон булактардагы маалыматтарды айтабыз. Алар өтө эле көп, бирок алардын басымдуу көпчүлүгү саясий тарыхка таандык. Ооба, биз согуштардын, тынчтык келишимдердин, мамлекеттик төңкөрүштөрдүн, улуу ачылыштардын качан жана кандайча болгонун жакшы билебиз, а бирок ал маалыматтарды жаратылыштагы кубулуштарды түшүндүрүүгө кантип колдоно алабыз? Тарыхый фактылар менен табияттагы өзгөрүүлөрдү салыштыруу усулу XX кылымда гана иштеле баштады.

Аба ырайынын тарыхын изилдеген окумуштуу Э. Леруа Ладюри Европанын ар түрдүү өлкөлөрүнүн чарбачылыгынын өнүгүүсүн же начарлап кетишин аба ырайы өзгөрүп, жылдын нымдуу же кургак, суук же ысык болушу менен байланыштырып түшүндүрүү эң негизги себепти — ал өлкөлөрдөгү шексиз түрдө чоң роль ойногон экономиканы жана социалдык кризистерди этибарга албагандык болуп саналат деп белгилеген. Айталы, XVI кылымда, айрыкча XVII кылымда Балтика боюнан (орустардан) Жер Ортолук деңизинин жээктерине эгин ташып жет- кирүүнүн өскөндүгүн, Испанияда койдун саны кыскарып кеткенин аба ырайынын жылдык температурасындагы азын-оолак өзгөрүүлөр менен салыштырып отурганга караганда Европа өлкөлөрүнө Реформация жана Контрреформация алып келген кыйроолор менен салыштыруу оңой эмеспи"[33]. Туура сөз! Мисалы, территориясында Отуз жылдык согуш (1618— 1648) болуп, эли кыргынга, чарбасы кыйроого учураган Германиянын эли эмес, тынч жаткан Испаниянын да калкынын саны бул кылымдарда өспөй калган: анын калкынын саны 1600-жылы 8 млн. болсо, 1700-жылы 7,3 млн. адамды түзгөн. Мунун себеби жөнөкөй: көптөгөн жаштар Америкага же Нидерландга чакырылып, өлкөнүн өзүндө жумушчу күчү жетишпей, чарба, үй-бүлө каралбай калган.

Э. Леруа Ладюринин: "Альпы тоолорундагы мөңгүлөрдүн көбүрөөк эрий баштаганына байланыштуу 1850-жылдан бери карай Европанын экономикалык өнүгүүсүн муз доорунун чегиниши менен түшүндүргөн тарыхчы жөнүндө эмне деп айтса болот...", — деп жазганына макул болбой коё албайсың. Демек, биздин автордун ою боюнча, так тастыкталган, даталары аныкталган жана далилсиз ой

жоруулардан ажыратылган фактыларды жөнөкөй гана чогултуп топтоо керек экен. Башкача айтканда, бизди кызыктырган факторду экономикалык, социалдык жана этнографиялык факторлор менен түшүндүрүү жана дегеле ар кандай кокустуктарга жол берилбегенине биз ишенүүгө тийишпис[34]. География илиминде өтө так датаны аныктоо усулу жок. Мин жылды нары же бери жылдырып айтуу катачылыкка жатпайт, кайсы бир аймакта топтолгон ылай, кум, чопо катмарлары боюнча качандыр бир кезде бул жерди суу каптаганын аныктаса болот, бирок ал 500 же 5 миң жыл илгери болгонбу, аныктап, так айтуу мүмкүн эмес. Топуракты изилдөө, бул аймакта бир кездерде ысыкты жакшы көргөн өсүмдүктөр өскөнүн көрсөтөт, а бирок азыр ал жерде нымдуулукту жакшы көргөн өсүмдүктөр жайкалып өсүп турат. Аймактын сазга айланышына аба ырайынын өзгөрүшү эмес, жакын жерде агып жаткан дарыянын нугунун өзгөрүшү себепкер болгонун эч ким далилдеп айта албайт. Моңголия менен Казакстандын чөлдөрүндө токойлордун орду табылган, алардын куурап жок болгону же адамдар кыркып түгөткөнү белгисиз. Эгерде аларды адамдар жок кылганы далилденсе да, баары бир, адам баласы ал ландшафттын табиятын кыйраткан мезгил кайсы мезгил экени белгисиз бойдон калат.

Мүмкүн археология жардам берип жүрбөсүн? Материалдык маданияттын эстеликтери элдин өнүккөн жана начарлаган мезгилдерин даана белгилеп, даталарды так аныктоого мүмкүндүк берет. Жерде көмүлүп жаткан буюмдар же эски көрүстөндөр изилдөөчүгө жаңылыштык кетирүүгө жана фактыларды бурмалоого жол бербейт. Ооба, буюмдар унчукпайт, бирок алар археологдордун ой чабытына кенен жол ачып берет. Ал эми биздин замандаштарыбыз да кээде апыртмалуу ой айтуудан куру эмес. Алардын ой чабыты орток кылымдагылардыкынан бир топ айырмаланганы менен чындыкты чыркыратып айтарына анча ишене бербейсиң. XX кылымда да биз кээде археологиялык казуулардын зор мүмкүнчүлүктөрүнө ашкере ишенип жүргөндөрдү жолуктурабыз, албетте, алардын бул ишенимдери Египетте, Вавилондо, Индияда, ал эмес тоолуу Алтайда казылып алынган ийгиликтүү табылгаларга негизденген деңизчи, ырасында эле ал табылгалардын аркасында биздин тарыхыбыздын унутулган барактарын ачып, изилдөөгө мүмкүн болду. Бирок мындай ийгилик ар дайым эле боло бербейт. Көпчүлүк убакта археолог аптап куйкалаган чөлдүн ысык топурагынын арасынан табылган баш сөөккө, тонолгон байыркы мүрзөлөрдөн табылган сөөктөрдүн сыныгына, бийиктиги бир эли келген эски дубалдын калдыгына ыраазы болууга тийиш. Ошондо да ал табылга өткөн замандарда жоголгон нерсенин кыпындай бир бөлүгү экенин унутууга болбойт. Жер шарынын көптөгөн аймактарында жыгач, тери, кагаз (же аны алмаштырган бересталар) өңдүү чыдамсыз буюмдар көпкө сак- талбайт. Эмненин жоголгонун биле албайсың, ал эми жок болуп кеткен нерсени деги эле болгон эмес деп эске албай коюу биле туруп эле туура эмес жыйынтык чыгарууга алып баруучу каталык болуп саналат. Кыскасы, тарыхка таянбаган археология илимпозду жаңылыштыкка түртөт. Бул маселени башкача чечүүгө аракеттенип көрөлү.

III. ДЕГИ, ЭТНОС ДЕГЕНИБИЗ БАР НЕРСЕБИ?

Этносту аныктоочу белги жок

Биз сунуш кылып отурган аныктоо боюнча Homo sapiens түрүнүн өзгөчөлүгү — анын жамаатташып жашоого ыңгайлашканы жана өзүн калган бардык жамааттарга карама-каршы койгону болуп саналат. Ал жамаат аздыр-көптүр туруктуу келет да, тарыхый мезгилдерде пайда болуп жана жоголуп кетип турат,

www.bizdin.kg
бул болсо этногенез маселесин түзөт. Бул жамааттардын баары бири экинчисинен тарыхый тагдырлары боюнча кээде тили, кээде каада-салты, кээде идеологиялык системасы, теги боюнча аздыр- көптүр айырмаланып турушат. Андыктан этнос дегенибиз бир жагынан тарыхый процесстин туундусу болсо, экинчи жагынан, чарбалык- өндүрүштүк ишмердүүлүгү аркылуу өзү жаралган ландшафттын биоценозу менен байланышып турат. Бара-бара элдүүлүк пайда болгондо бул ара катышты өзгөртүшү мүмкүн, ошондо ал өзү да таанылгыстай болуп өзгөрүүгө учурайт дейсиңер, анын өткөндөгү жашоо-турмуштук салтты улантканын же улантпаганын тарыхый усулдардын жана булактарды кылдат талдоонун жардамы аркылуу гана байкоого болот. Уламыштарга ишенүү кыйын.

Дагы алдыга жылуудан мурда, аныктамасы али иштелип чыга элек "этнос" түшүнүгү жөнүндө макулдашып алганыбыз оң. Дүйнө жүзүндөгү адамдардын бир да бири этностон тышкары жалгыз-жарым жашабаганы менен, биз этносту этнос катары аныктоочу бир да реалдуу белгини аныктай элекпиз. Айтылып жүргөн белгилердин баары "кээде" деген сөз менен коштолуп, жалпысынан эч кандай так түшүнүк бере албайт. Бул тезисти башка бир усул аркылуу текшерип көрөлү.

Тарыхый материализмдин теориясында коомдук-экономикалык түзүлүштөрдө аракет кылып турган өндүрүш жолу коомдун негизи катары эсептелинет. Дал ошондуктан бул жерде чечүүчү ролду ички өнүгүү ой-ногондуктан экзогендик факторлор, анын ичинде жаратылыш факторлору, социалдык прогресстин генезисинде негизги факторлор боло албайт. "Коом" деген түшүнүк материалдык турмуштун тарыхый-конкреттүү шарттарынын жалпылыгы менен бириккен адамдардын жамааты болуп саналат. Бул материалдык шарттардын системасында материалдык жыргалчылыкты өндүрүү жолу негизги күч катары кызмат өтөйт. Адамдар өндүрүш процессинде биригишип, ал биримдиктин натыйжасында коомдук мамилелер пайда болот, ал коомдук мамиле тарыхта белгилүү болгон алгачкы жамааттык коом, кул ээлөөчүлүк, феодалдык, капиталисттик, коммунисттик коом сыяктуу коомдук түзүлүштөрдүн бири катарында калыптанат.

"Этноско биригүүгө" болбойт, анткени, тиги же бул этноско таандык экендигин ар бир адам түздөн-түз сезип турат, ошондуктан бул көрүнүш башка адамдар тарабынан шексиз нерсе катары кабыл алынат. Демек, этностук диагностиканын негизинде сезип-туюу жатат. Адам өз этносуна бала кезинен тиешелүү болот. Кээде ага башка уруулардын адамдары кошулуп кетиши мүмкүн, эгер мындай кошулуу көп санда болсо, ал этносту ичтен бузат. Этностун узак жашоо мезгилинде тарыхый- конкреттүү шарттар бир нече жолу өзгөрөт, жана тескерисинче, өндүрүш жолунун бир түрү үстөмдүк кылып турган шартта этнос бытырап, бөлүнүп кете турганы (дивергенция) көп байкалат. Тарыхый процессти адамдардын тарыхы менен табияттын тарыхынын өз ара биргелешип аракеттенүүсү катары караган К. Маркстын оюна таянсак[35], анда бул процессти жалпысынан экиге: биринчиси — техночөйрөдө пайда болуучу социалдык стимулдарга жана экинчиси — географиялык чөйрөдөн дайыма алынуучу жаратылыш стимулдарына бөлүп кароону сунуш кылууга болот[36]. Андыктан жаш курагы гормондор аркылуу аныкталуучу ар бир адам тиги же бу коомдун мүчөсү болуу менен гана чектелбейт. Ушундай эле аныктаманы узак мезгил жашаган жамааттар жөнүндө да айтса болот, алар социалдык аспекттен алганда ар түрдүү мүнөздөгү таптык мамлекеттерди же уруулук бирикмелерди (социалдык организмдер), ал эми жаратылыш аспектисинде алганда — этносторду (эл, улут) түзөт. Тигилердин да, булардын да бири бирине дал келбестиги айдан ачык.

Этнос — коом эмес

"Этнос... — социалдык-тарыхый категория жана анын генезиси менен өнүгүүсү табияттын биологиялык мыйзамдары аркылуу эмес, коомдук өнүгүүнүн өзгөчөлүү мыйзамдары тарабынан аныкталат"[37] деген башка бир көз караш да бар. Муну кандайча түшүнсөк болот? Тарыхый материализм теориясына ылайык өндүргүч күчтөрүнүн өнүгүшү өндүрүш мамилелеринин өзгөрүшүнө алып келет, ал болсо таптарды жаратуучу диалектикалык процессти пайда кылып, ал кийин таптарды жок кылуучу процесстерге жол бошотот. Бул — материянын кыймылынын коомдук формасына мүнөздүү болгон өтө зор көрүнүш. Бирок буга этногенездин кандай тиешеси бар? Эмне, француздар же англичандар сыяктуу белгилүү этностордун пайда болушу феодалдык коомдук түзүлүштүн пайда болушу менен хронологиялык же территориялык жагынан дал келип жатабы? Же бул этностор феодализмдин кыйрап, капитализмге өтүшү менен кошо жок болуп кеттиби? Баса, ошол эле Франция да "социалдык- тарыхый" категория болуп эсептелген Француз королдугу XIV кылымда эле француздардан башка да келтбретондорду, баскаларды, провансалдарды, бургунддарды өз ичине камтып турбады беле. Же алар этнос эмес беле? Көптөгөн далилдердин ичинен ушул эле бир далил В. И. Козловдун аныктамасынын бир жактуу экенин айтып отурган жокпу? Эгерде ушундай болсо, анда бул маселе талаш-тартышка шылтоо болуп берет.

Диалектикалык материализм материянын кыймылдарынын ар түрдүү, механикалык, физикалык, химиялык, биологиялык формаларын бөлүп көрсөтөт да, аларды жаратылышка таандык кылат. Материянын кыймылынын коомдук формасы болсо өзүнө мүнөздүү болгон бардык көрүнүштөрү менен бирге адамзатка гана тиешелүү. Ар бир адам жана адамдардын жамааты техникасы менен доместикаттары (малы жана маданий өсүмдүктөрү) менен бирге материянын кыймылдарынын мезгилдерде (тарых) жана мейкиндикте (география) тынымсыз байланышта болуп туруучу коомдук жана жаратылыш формаларынын таасирине дуушар болуп турат. Маалыматтарды байкоого жана изилдөөгө мүмкүнчүлүк берүүчү бирдиктүү бир комплекс түрүндө (тарыхый география) жалпылоодо биз аны эки өңүттөн: социалдык жана табигый өңүттөрдөн кароого милдеттүүбүз. Биринчи өңүттөн биз коомдук уюмдарды: уруу бирикмелерин, мамлекеттерди, теократияларды, саясий партияларды, философиялык мектептерди, ж. у. с., экинчи өңүттөн этносторду, т. а. гомеостаз чегинде кайталангыс жүрүш-туруш адатына жана өзүнө тиешелүү жашоо ритмине ээ болгон, салыштырмалуу алганда кыска мезгилдин ичинде жаралып, анан кайра тарап кетип турган, бирок ар учурда өзүнүн өзгөчөлүү түзүлүшүн сактап кала алган адамдардын жамааттарын көрөбүз.

Таптар — социалдык-тарыхый категориялар экендиги белгилүү. Таптык коомго чейин урууларды же уруктардын бирлиги, мисалы, кельттердин кланы өңдүү түзүлүштөр болгон. "Социалдык категория" деген түшүнүк кеңири мааниде алганда туруктуу институттарга, мисалы, мамлекетке, чиркөө уюмдарына, полиске (Элладада) же феодго колдонулушу ыктымал. Мындай категориялар этностордун чектери менен өтө сейрек учурларда гана дал келип калары, т. а. мында түздөн-түз байланыштын жок экендиги тарыхты билген ар бир жанга белгилүү. Айтмакчы, Москвада кызматкерлер, жумушчулар жана татарлар жашайт деп айтуу туура боло- бу? Биздин көз карашыбызда бул абсурд, ал эми В .И. Козловдун пикири боюнча ушундай деп айтса болот экен. Демек, жаңылыштык постулаттын өзүндө камтылып турат. Ал аз келгенсип, материянын кыймылынын коомдук формасына толугу менен тиешелүү болгон экономика улуттук чектерди бузуп жатат. Жалпы европалык рыноктун ар түрдүү өлкөлөрдө

окшош техниканын, бирдей билимдердин, коңшу элдердин тилин оңой үйрөнүп алуу мүмкүнчүлүгүнүн болушу XX кылымда Европада этностук
өзгөчөлүктөрдү жоюп салууга тийиш эле го. Чындыгында эмне болду? Ирланддар өзүнүн байыркы, дээрлик унутулган тилин кайра үйрөнүп, Улуу Британиядан бөлүнүп кетишти. Кийинки 300 жыл ичинде өздөрүн эзилген эл катарында эсептешпеген Шотландия менен Каталония да өз алдынчалыкка умтулушууда. Бельгияда эзелтен ынтымактуу жашап келе атышкан фламанддар менен валлондор өз ара кутургандай күрөш ачып, эки этностун студенттери көчөлөрдө мушташууга чейин барышууда [38]. Байыркы убактарда да этностук жана коомдук-саясий жогорулоолордун же төмөндөөлөрдүн дал келүүлөрү кокустук экени байкалып тургандыктан биз мындан өнүгүүнүн эки бөлөк багытынын же математика тили менен айтканда, эки көз каранды эмес өзгөрүүлөрдүн интерференциясын көрөбүз. Муну өтө каалаган учурларда гана байкабай калууга болот.

Тил

Этностордун бар экенин айкындап көрсөтүүчү табиятын — "биз" жана "бөтөн" деп өзүн башкаларга карама-кашы коюуну талдоого аракет жасайлы. Бул карама-каршы коюуну эмне жаратат жана ага эмне күч берип турат? Албетте, буга тилдин биримдигинин тиешеси жок, анткени көптөгөн этностор эки же үч тилде сүйлөшөт, тескерисинче, бир тилде сүйлөгөн ар бөлөк этностор да бар. Айталы, французлар төрт тилде, француз, кельт, баск жана провансал тилинде сүйлөшөт, бирок бул көп тилдүүлүк алардын азыркы этностук биримдигине тоскоол болгон жери жок. Францияны бириктирүү тарыхында, тагыраак айтканда, Францияны Рейнден Пиренейге чейин каратып алууда париждик королдор узак мезгил бою согушуп, кан төгүлүп келгенине карабай ал биримдик сакталып кала берген. Ошондой эле мексикалыктар, перулуктар, аргентиналыктар испанча сүйлөшөт, бирок алар испандар эмес. XIX кылымдын башында согуштан бүлүнүп, начарлаган Латын Америкасынын Англия менен АКШнын соода компанияларынын колуна өтүшү үчүн бекерден кан төгүлүптүрбү? Нортумберленддик англичандар Англияда отурукташып калган викингдердин тукуму болушкандыктан норвег тилине окшош тилде сүйлөшөт, ал эми ирланддар болсо акыркы мезгилге чейин англис тилинде сүйлөшкөнүнө карабай англичан болуп кетишкен жок. Араб тилинде бир нече ар түрдүү элдер сүйлөйт, ал эми көптөгөн өзбектердин эне тили — тажик тили, ж. у. с. Мындан сырткары, сословиелик тил деген бар, мисалы, XII—XIII кылымдарда Англияда — француз тили, б. з ч. II—I кылымдарда Парфияда — грек тили, VII—XI кылымдарда Персияда — араб тили сословиелик тил болгон ж. у. с. Кантсе да элдин бир бүтүндүгү бузулбагандыктан кеп тилде эмес экен деген жыйынтык чыгарууга болот.

Ошондой эле тилдин ар түрдүүлүгү турмушка кеңири пайдаланылып, ал ар түрдүү тилде сүйлөгөн элдерди бири бирине жакындатат. Мисалы,
Тынч океандагы Америка менен Японияны согушунда япондор америкалыктардын жашыруун шифр менен берилген кабарларын оңой эле чечмелөөгө үйрөнүп алгандыктан америкалыктар өз сырларын радио аркылуу берүүдөн чочулап, айлалары кетет. Акыры алар эч кимдин оюна келбес, күтүлбөгөн чечимге келишип, аскерге чакырылган индейлерге морзе тамгаларын үйрөтүп киришет. Апач уруусундагы индей жашыруун маалыматты Навах уруусундагы жоокерге атабас тилинде, ассинибойн уруусундагы жоокер сиус уруусундагы дакот тилинде сүйлөп, кабыл алган индей жоокер англис тилине которуп турат. Мурда жашыруун шифрлерди которуп жаткан япондор ачык текстти чечмелей албай, сызга отуруп калышкан. Аскерий кызмат адамдарды

жакындаштыргандыктан, индейлер үйлөрүнө "ак жуумал" жоокер досторго ээ болуп кайтышты. Ошентип индейлер ассимиляция болушкан жок, аткени аскерий жетекчилер да алардын дал ошол этностук өзгөчөлүгүн, эки тилдүүлүгүн баалады. Ошентип, кээ кезде тил этностук жалпылыктын көрсөткүчү катары кызмат өтөгөнү менен ал жалпылыктын себепкери боло албайт.

Удмурттар, вепсилер, карелдер, чуваштар азыркы кезге чейин үйлөрүндө өз тилдеринде сүйлөшүп, мектептерде орус тилинде окушат. Кийин, туулуп-өскөн айылынан кеткен соң алар иш жүзүндө орустардан айырмаланышпайт. А бирок өз эне тилин билгени аларга тоскоолдук кылбайт.

Акырында, Осмон түрктөрүн алалы! Түркмөндөрдүн жолбашчысы Эр- тогрул моңголдордон качып, XIII кылымда Кичи Азияга 500гө жакын атчан жоокерин үй-бүлөсү менен көчүрүп келет. Келгендерди Иконий Султаны тосуп алат да, "динсиз" гректер менен чекара согушун жүргүзүүгө ниеттенип, Никея менен чектеш Брусса аймагына отурукташтырат. Биринчи Султандардын мезгилинде отурукташууга жер алуу жана бекер олжо үчүн бүткүл Жакынкы Чыгыштан "казыйлар" — ыктыярдуулар Бруссага агып келе берет. Алар "спаги" деп аталган аскерлердин кошуунун түзөт. XVI кылымда Болгария менен Македонияны басып алгандан кийин түрк султандары христиан дониндеги элдин балдарын үй-бүлөсүнөн ажыратып, ислам динине жана жоокердик өнөргө үйрөтүп, гвардиялык даражадагы жөө аскерди "жаңы черүүнү" — йанычарларды түзүүгө мүмкүндүк алат. Түрктөр XV кылымда Жер Ортолук деңизинин бардык жээктеринде сүзүп жүргөн шылуундарды топтоп, флот түзөт. XVI кылымда түрк аскер күчтөрүнө каратылып алынган Диарбекрден, Ирактан, Курдстандан чакырылган адамдардан түзүлгөн жеңил атчан жоокерлер — "акинжалар" келип кошулат. Француз ренегаттар элчилик иштерге алынат, финансы жана экономиканы жүргүзүү грек, армян, еврейлерге жүктөлөт. Булар өздөрүнө аялдарды күң базардан сатып алышкан. Ал базарларда поляк, украин, немец, италия, грузин, грек, бербер, негр ж. б. улуттардын кыздары сатылып турган. Ошол аялдар акыры XVII—XVIII кылымдарда түрк аскерлеринин энелери жана чоң энелери болуп калышты. Түрктөр өзүнчө этнос экени талашсыз, бирок түрктүн жаш жоокери ал учурда энеси менен поляк тилинде, чоң энеси менен италиянча сүйлөшүп, базарда грек тилинде соодалашып, ырды персче, намазды арабча окуган. Бирок ал осмон-түрк болгондуктан өзүн осмон түркү, эр жүрөк ислам жоокери катарында сыймыктануу менен алып жүргөн.

XIX кылымда бул этностук бир бүтүндүктү көп сандагы европалык ренегаттар менен Парижде билим алган жаш түрктөр кыйратып салды. XX кылымда Осмон империясы кулап түштү, этнос чачырап, адамдар башка этностордун курамына өтүп кетишти. Жаңы Түркияны Кичи Азиянын түпкүрүнөн келишкен селжуктардын тукумдары бийлей башташты, ал эми осмондордун калдыктары болсо Стамбулдун туюк көчөлөрүндө өз күнүн көрүп кала берди. Демек, 600 жыл бою түрк этносун тил жалпылыгы эмес, диний жалпылык бириктирип келген.

Идеология жана маданият

Идеология жана маданият да кээде этностун белгиси болушу мүмкүн, бирок алар милдеттүү түрдөгү белги бөлө албайт. Мисалы, православие динин туткан христианин гана византиялык деп аталууга укуктуу болгон жана бардык православие дониндегилер "өз" деп жана константинополдук императордун букарасы деп эсептелинүүчү. А бирок, чокунган болгарлар гректерге каршы согуш ачып, ал эми православиени кабыл алган орустар Царьграддын буйругуна баш ийүүнү оюна да албай койгондо биримдикке зак кетет. Ушундай эле бир пикирдештик принциби Мухаммеддин мураскерлери — халифтер тарабынан

www.bizdin.kg
жарыяланып, бирок ал жашоо-тиричиликтин талабына ылайык келе албады: ислам биримдигинин өз ичинде да кайрадан этностор пайда болду. Биз жогоруда эскерип кеткендей, кээде үгүт-насыят адамдарды бириктирип, ал этноско айлана алат: буга, мисалы, осмон-түрктөрүн (72-6. караңыз) же Түндүк-Батыш Индияда жашаган сикхилерди көрсөтүүгө болот. Баса, Осмон империясында мусулман-сунниттердин ичинде арабдар жана крым татарлары да болгон, бирок алар өздөрүн түрк деп эсептешкен эмес. А түгүл крым татарларынын осмон түрктөрүнө тил жагынан жакындыгы да керекке жарабай калган. Демек, дин да этнос аныктамасы үчүн жалпы белги болууга жарабайт тура.

Этностун өз алдынча диний негизде калыптанышына индиялык сикхи сектасы үчүнчү мисал боло алат. Касталарга бөлүнүү системасы Индияда бардык индустар үчүн милдеттүү деп эсептелген. Бул өзгөчө структурадагы этнос болгон. Индус болуш үчүн сөзсүз түрдө, мейли ал эң төмөнкү кол тийбестерден болобу, бир кастанын мүчөсү болууга тийиш. Кастага кирбеген бардык адамдар, ал эмес туткундалган англичандар да малдан төмөн турган. Бул касталык системада саясий биримдик болбогону менен жүрүш-туруштун эрежеси катуу, а түгүл өтө эле ырайымсыздык менен сакталган. Ар бир каста белгилүү бир кесипте гана иштөөгө акылуу бөлгөн, ал эми аскер кызматын өтөөгө уруксат берилгендер азчылыкты түзгөн. Мындай абал афган-мусулмандарына Индияны оңой басып алууга жана коргоосуз калган элди, айрыкча Пенжабдын калкын аёосуз кордоп-зордоого мүмкүндүк берген. XVI кылымда индустарда жаманчылыкка каршылык көрсөтпөө жөнүндө окуу пайда болот, кийинчерээк ал окуу мусулмандарга каршы согуш ачууга үндөйт. Кастага бөлүнүү системасы алынып ташталганда сикхилер (жаңы диний ишенимди туткандардын аталышы) индустардан бөлүнүп кетишет. Алардын индиялыктардын бир бүтүндүгүнөн бөлүнүп чыгышы эндогамия жолу жана жүрүш-туруштун белгилүү бир эрежелерин иштеп чыгуу, оз жамаатынын структурасын түзүү аркылуу ишке ашырылды. Биз кабыл алган принципке ылайык өздөрүн индустарга карама-каршы койгон сикхилерди жаны жаралган этнос катары кароо керек. Өздөрү да ушундай ойдо. Диний концепция аларга символ, а бизге жаңы этностун жаралуусунун көрсөткүчү болуп калды.

Сикхилердин окуусун доктрина катарында гана эсептөөгө болбойт. Айталы, эгерде Москвада жашаган кимдир бирөө бул динди толугу менен кабыл алган күндө да ал сикхи болуп кете албайт, сикхилер деле аны "өз" катары эсептебейт. Ошентип, сикхилер диндин негизинде, моңголдор урук-тууганчылыктын негизинде, төрт тилде сүйлөгөн швейцарлар австралиялык феодалдарга каршы ийгиликтүү жүргүзгөн согушта биригип, баш кошуунун негизинде этносторду түзүштү. Этностор ар кандай жолдор менен жаралат, анын жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн баамдап аныктоо биздин милдетибиз.

Көпчүлүк чоң элдерде гармониялуу системаны түзгөн, бирок мезгил жагынан да жана ошондой эле социалдык түзүлүштөрү жагынан да өз ара өтө айырмаланып турган бир нече этнографиялык типтер болот. XVII кылымдагы Москваны, анын тумак кийип, сакал өстүргөн боярларын, слюдадан жасалган терезеге каранып, чачын өргөн аялдарын, XVIII кылымдагы Москваны, анын жасалма чач кийинип, аялдарын балга алып жөнөшкөн төрөлөрүн, XIX кылымдагы Москваны, анын коомдун аралаша баштаган бардык катмарларынын бийкечтерин билимге үндөп, агартуучулук иштерди жүргүзгөн сакалдуу нигилист-студенттерин, буга кошумча XX кылымдын декаденттерин мисалга алып салыштырып көрөлүчү. Булардын баарын биздин заман менен салыштыра отуруп, алардын баары бир эле этнос экенине ынанабыз жана тарыхты билбеген этнограф- изилдөөчүнү адаштырып, калпыс жыйынтык чыгарарын баамдайбыз. Мындан кем эмес дагы бир мисалды, мейкиндик кучагында болуп жаткан,

www.bizdin.kg
айталы, бир эле 1869-жылдагы мындай бир көрүнүштү алып көрөлү: Питер жумушчулары, поморлор, Волганын ары жагындагы староверлер, Сибирдин алтын издөөчүлөрү, токойлуу жана талаалуу губерниялардын дыйкандары, Дондун жана Уралдын казак-орустары сыртынан караганда бири-бирине окшош болушпаганы менен элдин биримдигин ыдыратып жибербеди, ал эми гребендик казак-орустар менен чечендердин турмуш- тиричилиги окшош болгону менен бул окшоштук аларды бириктире албады.

Сунуш кылынган көз караш түшүнүп кабыл алынууга тийиш болгон жерде катуу каршылыкка учурагана таң калыштуу көрүнүш болду. Айрым этнографтар автордун этнографиянын география менен эриш-аркактыгы, тарых маселелери, т. а. тарыхграфия жөнүндөгү көз карашына өз көз караштарын каршы коюп чыгышты[39]. Мен алар менен талашып-тартышып отургум келбесе да, жетиштүү негиз жок болсо да, алардын биздин көз карашыбыз бирден бир туура көз караш деген концепциясын этибарга албай коюуга болбоду. Анткени мындай мамиле илимдин кызыкчылыгынан алганда зыяндуу болор эле.

Этнографиянын илим катары калыптанышын В. И. Козлов менен В. В. Покшишевский төмөнкүчө түшүнүшөт экен. XIX кылымдын орто ченине дейре география жана этнография бир илим катары өнүгүп келди. Андан кийин этнография коомдук-тарыхый жана географиялык багыттарга бөлүнүп кетти. Коомдук-тарыхый багыттагы этнографтарга Л. Г. Морган, И. Я. Бахофен, Э. Тэйлор, Ж. Фрезер, Л. Я. Штеренберг, экинчи багытка — Ф. Ратцель, Л. Д Синицкий жана А. А. Кубер, ошондой эле "адам географиясы" деп аталган француз мектеби таандык кылыныптыр. Бул сунуш кылынып отурган классификацияда ошол багыттардын өзүн жокко чыгара турган олуттуу кемчилик бар. "Багыттардын" өкүлдөрү ар башка сюжеттерге кызыгып, ар башка темаларга көңүл бурган. Мындай болгон соң, аларды карама-каршы коюу өзүн актабайт. Мисалы, Ф. Ратцель этнография боюнча райондоштуруунун географиялык жактан ыңгайлуулугун негиздөөгө аракет жасаганда Ж. Фрезердин кеңири белгилүү "Алтын бутак" ("Золотая ветвь") китебинде жазылгандарды — анимизм, сыйкырчылык же жрецти курмандыкка чалып өлтүрүү концепцияларын дегеле жокко чыгарган эмес. Ага карабай, илимдин коп тармагы боюнча иш жүргүзгөн окумуштуулардын ар түрдүү изил-дөөлөрүнө негизденишип, авторлор муну этнографиянын географиядан бөлүнүшү жана этнографиянын кайрадан коомдук илим болуп жаралышы катарында эсептешип отурушат. Бул жерде илимдин келечегине кедерги тийгизүүчү катачылыкка жол берилген. Ар бир илим тематиканы жөнөкөй алмаштыруу жолу менен эмес, изилдөөлөрдүн кыйырын кеңейтүү аркылуу өнүгөт. Ошондуктан географиялык этнографиянын ийгиликтерине тарыхый аспектилер келип кошулган болсо, анда муну илимдеги прогресс деп түшүнөбүз, ал эми бир сюжет экинчи бир сюжет менен жөн гана алмаштырыла берсе — анда бул өтө зыяндуу, куру убаракерчилик болуп калат.

Муну этностук географияны кучагына камтыбаган, эки илимдин тоомунда турган калк географиясы жөнүндө кезектеги натура пикирин балп эттире айтып салган илимпоздор өздөрү да жакшы билишет болуу керек. Алардын пикири боюнча айырмачылык мында экен: "эконом-географтар үчүн адам... — өндүрүштүн жана керектөөчүнүн эн маанилүү субъектиси, ал эми этнографтар үчүн адам... — белгилүү бир этникалык өзгөчөлүктөргө ээ болгон адам (маданият, тил, ж. б.)" (7-6.) Бул жерде макаланын авторлору менен макул болуу мүмкүн эмес. Айталы, эскимостордун деңиз жаныбарына аңчылык кылуусун эске албай туруп, деңиздин жана тундранын каардуу жин-перилери жөнүндө түшүнүктөрүн жана тилиндеги этиштин грамматикалык өзгөчөлүктөрүн изилдөө менен чектелүүгө болобу? Же индустардын карма теориясын жана жандын көчүшү жөнүндөгү ишенимдерин толук баяндап келип, дыйкандарынын шалы талааларында

www.bizdin.kg
эмгектенүүсүн айтпай туруп, индустарды толук сүрөттөп баяндоого болобу? Албетте, болбойт, анткени эмгек процессинин мүнөзү, керектөө, согуштар, мамлекеттик түзүлүш жана анын кыйрашы — үйлөнүү үрп- адаттары же диний ырым-жырымдар сыяктуу эле этнография илиминин изилдөө объектиси болуп саналат. Ал эми элдердин өнүгүшүнүн ар кайсы деңгелдерин, бир элдин экинчи бир элге өзүн карама-каршы коюусун изилдөөдө географиялык чөйрөнү эске албай коюу дегеле мүмкүн эмес.

Так ошондой эле этнографияны "социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжол менен бирдей деңгелинде турган жана окшош географиялык- табигый шарттарда жашаган (мисалы, "деңиз жаныбарына аңчылык кылган арктикалык мергенчилердин", "кургак талаалардын малчыларынын" типтери) элдерге мүнөздүү болгон маданий-чарбалык типтер" жөнүндөгү окуу[40] менен чаташтыруу жарабайт. Бул багытта изилдөө эконом-географияга тиешелүү, бирок этнографияга эч кандай тиешеси жок жана тиешеси болушу да мүмкүн эмес. Мисалы, бугу баккан чукчалар (малчылар) жана мергенчи чукчалар (бугулар жок калганда мергенчилик кылат) — сунуш кылынган классификация боюнча ар башка этноско тийиштүү болушу керек эле, бирок алар бир эле этносту түзөт. Же Москванын алдындагы жашаган орус дыйкандары жана деңиз жээктериндеги орус балыкчылары же Сибирде киштерге мергенчилик кылган орустар бир этносту түзбөйбү? Мисал келтире берсең сан жетпейт. В. И. Козловдун сунушуна макул болсок, анда этнографияны жоюп салып, аны элдердин кесибин эске ала турган демография менен алмаштырууга тийишпиз. Бирок бизди бул тема дегеле кызыктырбайт.

Этносту биологиялык таксономикалык бирдик болгон расага жана популяцияга теңештирүү да туура эмес. Расалар бири-биринен адамдын жашоо тиричилиги үчүн олуттуу маанаге ээ болбогон физикалык белгилер менен айырмаланышат[41]. Ал эми популяция болсо белгилүү бир чөлкөмдү мекендеген, өз ара эркин аргындашуу менен көбөйө турган жана коңшу аймактагы популяциялардан тигил же бул даражада обочолонуп турган адамдардын жалпылыгы болуп саналат[42]. Ал эми биз сунуш кылган түшүнүк боюнча этнос дегенибиз — кайталангыс ички түзүлүшкө жана жүрүш-туруштун өзгөчөлүү көнүмүш адаттарына ээ болгон адамдардын жамааты; этностун бул эки тарабы тең өнүгүп-өсүүгө жөндөмдүү келет. Демек, этнос дегенибиз — бул социологиялык да, биологиялык да жана географиялык да көрүнүштөргө тиешеси жок жөнөкөй эле көрүнүш болуп саналат.

Этногенезди "маданий-тил процесстери" катарында түшүндүрүү чындыкты бурмалап, этникалык тарыхтын татаалдыгына шек келтирет. Бу жөнүндө Ю. В. Брөмлей да эскертип, маселенин айкын-ачык болушу үчүн этникос жана эсо(этносоциалдык уюм) терминдерин сунуш кылган[43]. Ооба, анын сунушу мени канааттандырат деп айта албайм, бирок аны толугу менен этибарга албай коюуга да болбойт. Акырында В. И. Козловдун тезисин[44] жалпыга белгилүү көрүнүштөргө иреттүү колдонуу жолу менен текшерип көрөлү. Ал сунуш кылган жобого ылайык, тил үйрөнүүгө жөндөмдүү адамдар бир эле учурда бир нече этносторго тиешелүү болушу керек экен. Бул келжирек сөз (нонсенс)! Арийне, эки, а түгүл үч тилде сүйлөгөн көптөгөн этностор бар, а бирок алардын тилдик окшоштуктардан улам биригиши дегеле мүмкүн эмес. Андай десек, А. С. Пушкин жана анын достору француз болуп кетишпейт беле! Мексикалыктар менен перулуктар испанча сүйлөшөт, католик динин тутушат, Сервантести сүйүп окушат, бирок өздөрүн испанбыз деп дегеле эсептешпейт. Ал аз келгенсип, алар "боштондук үчүн" деп аталган согушта миллиондогон адамдын канын төгүштү. Ошол эле согушта Испания менен маданияты, экономикасы, тили жагынан эч кандай жалпылыгы бөлбөгөн Жогорку Перунун жана Чако чөлүнүн индейлери Испания тарапта

согушту. Муну түшүнүү оңой. Анткени индейлердин душманы алыста жаткан испандар эмес, жергиликтүү, жарым-жартылай испандашып кеткен метистер болгон. Алар XIX кылымдын башында өз алдынча этноско айланып, кечээки эле уруулаштарына өздөрүн карама-каршы коюшкан. В. И. Козловдун көз карашынан алганда кечигип пайда болгон этногенезди түшүндүрүү мүмкүн эмес.

Бир атанын тукуму

Байыркы убактарда этнос болушу үчүн бир атадан тароо милдеттүү нерсе болучу. Андай чыныгы түпкү ата жок болсо анда айрым бир учурда тотем катарында эсептелген кайсы бир жаныбарды түпкү ата катары атап алышкан. Түрктөр менен римдиктер — канчык карышкырды, уйгурлар өз ханышасынын боюна бүтүргөн дөбөт карышкырды, тибеттиктер — маймыл менен ургаачы ракшасаты (токой перисин) аташкан. Бирок ал көпчүлүк убакта адам түрүндө болсо да, уламыштарга айланып отуруп акыры таанылгыс болуп өзгөрүп кеткен. Алсак, еврейлердин түпкү бабасы Авраам, — арабдардыкы анын уулу Ысмайыл болгон, Кадмды болсо Фив жана беотиялыктар өздөрү тараган түпкү атасы катары таанышкан.

Эзелки көз караш жок болуп кетпеди, азыркы мезгилде айрым этностордун түпкү атасынын ордуна байыркы кайсы бир урууну табуу аракеттери жасалып жаткандыгы таң калтырат. Бирок бул дегеле туура эмес нерсе. Адам атасы жана энеси болбой жарала албастыгы кандай чындык болсо, этностун да ар кайсы ата-бабалардан тараары ырас. Андыктан, коп учурларда негизсиз айтылып жүргондөй, этносту раса менен да аралаштыруу жарабайт. Минтип айтууга расогенез процесси дүйнөнүн айрым бир белгилүү аймактарында өнүксө керек жана ал бул аймактардын табигый чөйрөлөрүнүн өзгөчөлүгү, т. а. географиялык чөлкөмдүн аба ырайы, фаунасы жана флорасы менен шартталышы ыктымал деген көз көрүнө натуура пикир негиз болсо керек. Бул жерде изилдөөнүн объектиси жол берилгис түрдө алмаштырылып жиберилген, т. а. теңештирилип отурат. Кана эмесе, талдап көрөлүчү.

Жогорку палеолит доорунда Европада субарктикалык шарттар үстөмдүк кылып, бир кыйла суук аба ырайы өкүм сүрүп турган мезгилдерде, Рона өрөөнүндө Гримальда расасындагы негроиддер жашаса, Африканын тропиктик токойлорунда моңголоид жана негроид расаларына түспөлдөшкөн койсан расасындагы адамдар жашаган. Койсан расасы эн байыркы раса, генезиси белгисиз, бирок аны аргындашуудан пайда болгон деп айтууга да негиз жок. Б. з. I кылымына жакын тарыхый мезгилде Банту негроиддери койсандарды Африканын түштүк чет-жакасына сүрүп таштайт. Кийинчерээк бул процесс XIX кылымга дейре улантылып, бечуандар бушмендерди (койсан расасынын калдыгы) Калахари чөлүнө кууп салгандан соң токтойт. Анткени менен, жаратылыш шарты Африканыкына жакын келген Экватордук Америкада негроид расасы жаралбаптыр.

Евразиянын аба ырайы суугураак чөлкөмдөрүн кроманьон тибиндеги европоиддер жана моңголоиддер мекендеп турушкан, бирок бул аларда окшош расалык белгилерди пайда кыла алган жок. Тибетте моңголоид расасындагы боттор европеоид расасындагы дарилер жана памирликтер менен, Гималайда гурктар менен патандар жанаша жашап келишти. А бирок табигый шарттардын бирдейлиги алардын расалык түрүнө таасир тийгизбеди. Кыскасын айтканда, ар түрдүү популяциялардын антропологиялык өзгөчөлүктөрү менен ал популяциялар жашаган географиялык шарттардын функционалдык байланышы бизге белгисиз экенин моюнга алуу керек. Ал гана эмес, андай функционалдык байланыштын жаратылышта дегеле бар экенине ишеним жок, анын үстүнө бул

www.bizdin.kg
пикир азыркы палеантропологиянын жетишкендиктерине карама-каршы келип отурат. Азыр палеантропология илими расалык классификациялоону кеңдик зоналар боюнча эмес, меридиандык региондор боюнча түзүүдө. Мисалы, европеоиддер жана африкалык негроиддер атлантикалык регионго, Чыгыш Азия жана Американын моңголоиддери Тынч океан регионуна кирет деп белгиленди[45]. Бул көз караш табигый шарттардын расогенезге таасир тийгизерин жокко чыгарды, анткени бул эки топ тең ар башка климаттык зоналарда калыптанган.

Тескерисинче, этностор өздөрүнүн ургаалдуу чарбачылык иш-аракеттери аркылуу табигый чөйрө менен ар качан тыгыз байланышта болуп келишкен. Бул чарбалык иш-аракеттер эки багытта жүргөн: адамдар өздөрүн ландшафтка, ландшафтты өзүлөрүнө ылайыкташтырууга умтулушкан. Бирок эки учурда тең этностун пайда болушунун себеби ачык болсо да биз аны реалдуу жашап турган көрүнүш катарында учуратабыз.

Албетте, изилдеп жаткан маселенин бардык көп түрдүүлүгүн жалгыз бир нерсеге алып барып такоонун кажети жок. Андан көрө тиги же бул факторлордун ролун аныктаган оң. Мисалы, ландшафт этникалык жамааттын пайда болуу учурундагы мүмкүнчүлүктөрүн арттырат, ал эми жаңы жаралган этнос ландшафтты өз таламдарына ылайык өзгөртөт. Мындай бири-бирине ылайыкташуу жаңы жаралган этностун күч-кубаттуулугуна жана ал күчтү кандайча пайдаланаарына байланыштуу болот. Андан соң ошол өзү жашаган аймакка көнүп, ал чөлкөм кийинки муундар үчүн өтө кымбат жана жанына жагымдуу болуп калат. Муну тануу элдерде ландшафттык элементтерден туруп, конуш жай катарында түшүнүлгөн мекени жок деген корутундуга сөзсүз түрдө алып келбей койбойт. Бирок мындай корутунду менен эч ким макул болбосо керек.

Ушунун өзү эле этногенез социалдык көрүнүш эмес экенин, социочөйрөнүн ичтен өнүгүүсү табияттын кубулуштарынын туундусу болбостон, аны менен эриш-аркак байланышып турарын айкындайт.

Этногенез дегенибиз — процесс, ал эми түздөн-түз байкалып турган этнос болсо этногенездин фазасы болуп саналат жана ал система туруктуу болбойт. Андыктан туруктуу эмес система этносторду антропологиялык расалар жана ошону менен бирге ар кандай расалык теориялар менен салыштырууга жол бербейт. Чындыгында антропологиялык классификациянын принциби — окшоштук болуп саналат. Ал эми этносту түзгөн адамдар ар түрдүү болот. Этногенез процессинде дайыма эки же андан көп компоненттер катышат. Ар түрдүү этностордун аргындашуусунан кээде жаңы туруктуу эл пайда болсо, кээде ал, тескерисинче, начарлап, тукум курут болууга алып келет. Алсак, славян, угор, алан жана түрк урууларынын аргындашуусунан улуу орус эли өсүп чыкты, ал эми акыркы эки миң жылдыкта Улуу Кытай дубалын бойлой тез-тез пайда болуп турган моңгол-кытай жана манжур-кытай метистеринен (аргындарынан) куралган элдер туруктуу болбой, өз алдынча этникалык бирдик катарында түзүлүп-түзүлбөй жок болуп кетип жатты.

VII кылымда Орто Азияда согдулуктар жашаган, ал эми "тажик" деген термин VIII кылымда эле "араб", т. а. халифтин жоокери дегенди билдирген. Согдулуктардын көтөрүлүшүн басуу үчүн Наср ибн Сеяр 733- жылы өз аскерлеринин азайып кеткен катарын ошол тапта исламды кабыл алган хоросандык перстер менен толуктаган. Перс аскерлерин ушунчалык көп алгандыктан анын араб кошуунунда перс тили үстөмдүк кылып турган. Согушта согдулук эркектер каза таап, балдары кулчулукка сатылып, сулуу аял-кыздары менен гүлдөгөн бактары жеңип алгандарга бөлүнүп берилген соң Согдиана менен Бухарада персче сүйлөгөн, хорасандыктарга окшош калк пайда болгон[46]. Бирок 1510-жылы Иран менен Орто Азиянын тагдырлары бөлүнүп кетет. Иранды түрк

шийит ишенимин бекем туткан түрк Измаил Сефеви басып алып, перстерди шийит динине өткөрөт. Орто Азия болсо суннаны туткан өзбектердин колунда калып, ал жерде жашаган перс тилдүү калк мурдагыдай "тажик" деп аталып кала берген. Буга 1918-жылы Бухарада Маңгыттар династиясынын кулашына дейре эч ким көңүл бурган эмес. Ошо жылдары Түркстан жергесинде өзбек жана Тажик республикалары түзүлгөндө VIII кылымдагы баскынчылардын — Бухарада жана Самаркандда жашаган хорасандык перстердин тукумдары эл каттоодо улутун өзбек деп жаздырып алышкан, ал эми XI жана XVI кылымдардагы түрк баскынчыларынын Дүйшөмбү менен Шахрисябзда жашаган тукумдары тажик болуп катталышкан. Ал кезде түрк, перс тилдерин бала кезинен жакшы билген, мусулман динин туткан эл улутунун кандайча жазылышына эч кандай маани берген эмес. Кийинки 40 жыл ичинде абал өзгөрүп, өзбек менен тажиктер социалисттик улут катары калыптанды. Бирок аларды 20-жылга чейин кандайча кароого тийишпиз? Ал кезде адамдар кайсы динге таандык болсо (мусулман жана каапыр) бул абал аларды кайсы этноско таандык экенин да аныктаган болучу, ал эми тажиктерде уруу деген болгон эмес. Айтмакчы, бул эки этникалык субстрат: түрктөр жана ирандыктар Орто Азияга сырттан мындан миң жыл мурун келип, чөлкөмгө каны-жаны сиңишип, көнүгүп кеткен этнос эле. Калыбы, мында бизге белгисиз белгилүү бир мыйзам ченемдүүлүк бар окшобойбу, биз аны ачып, көрсөтүшүбүз керек. Бирок этносту аныктоого бир ата-бабадан тарагандык себеп боло албасы айкын-ачык нерсе, анткени мындай ой-пикир алгачкы жамааттык коомдогу мажес түшүнүктөрдүн биздин аң-сезимибизде мурасталып сакталып келаткан көрүнүшү болуп саналат.

Этнос жалган түшүнүкпү?

А балким, "этнос" тиги же бул коомду түзүүдө пайда болгон социалдык категория болуп жүрбөсүн?[47] Анда "этнос" — жалган жалпылык, а этнография — куру бекер убаракерчилик болуп чыга келет, андан көрө социалдык шарттарды изилдеген оң. Албетте, бул натуура көз караш, анын натуура экендигин өз мүдөөсүн таңуулабай ой жүгүртө алган ар бир адам табигый өнүгүүлөрдүн көрүнүштөрүнө байкоо жүргүзүп, ачык көрө алат. Муну турмуштук мисалдар менен түшүндүрүп көрөлү. Франциядa бретондук кельттер жана гаскондук иберлер жашайт. Пиреней тоолорунун этек-жакаларында жана Вандай токойлорунда алар өздөрүнүн улуттук кийимдерин кийип, өз тилдеринде сүйлөп, өздөрүн французданан кескин айырмалашат. Же Франциянын маршалдары Мюратты же Ланнды француз эмес, баск деп айта алабызбы? Же Дюманын романындагы тарыхый каарман — д'Артаньянды француз эмес, гаскон дейбизби? Жанна д'Арктын соратниги Жиль де Ретцти жана бретондук дворянин Шатобрианды француз дешке болобу? Ирландиялык Оскар Уайльд — англиялык жазуучу экени жалганбы? Белгилүү чыгыш таануучу Чокон Валиханов өзү жөнүндө казакка да, оруска да таандыкмын деп айткан экен. Мындай мисалдарды келтире берсек өтө көп, алардын баары адамдардын аң-сезиминде сакталып келе жаткан кайсы бир этноско таандык экенин сезүүнүн туундусу эмес. Калыбы, ал биз эң жогорку нерв системасынын ишмердүүлүгүнүн формасы катарында кабыл ала турган психология менен аң-сезимден тышкары тереңде жаткан адам табиятынын кайсы бир тарабын чагылдырат өндөнөт. Анткени башка бир учурларда этностор эмнегедир айлана-чөйрөсүндөгү башка этностордун таасирине өтө күчтүү каршылык көрсөтөт жана алар менен камыр-жумур болуп сиңишип кетпейт.

өз жамаатынан жана Индиядан бөлүнүп чыгып кеткенине, ата мекенинен ажыраганына миң жылдан ашканына карабай цыгандар испандар же французданан,

чехтер же моңголдор менен сиңишип кетпеди. Алар Европанын феодалдык түзүлүшүн кабыл албай, кайсы өлкөгө барбасын бөтөн уруу экендигин даана сактап кала алды. Азыркыга дейре индейлердин ирокез уруусу (20 миңге жакын адам) ото тамырлап өнүккөн капитализм менен курчалып турганына карабай, "жашоонун америкалык мүнөзүн" кабыл албай, өзүнчө этникалык топ катарында жашап келатат. Моңгол Эл Республикасында түрк этносторуна кирген сойоттор (уранхайлар), казактар жана башкалар "коомдун материалдык жана руханий өнүгүшүнүн" бирдейлигине карабай моңголдор менен сиңишип кетпей, этностук өз алдынчалыгын сактап келатышат. Анан калса алар жашаган "коомдук өнүгүүнүн деңгели, өндүргүч күчтөрүнүн абалы" да бип-бирдей. Мунун тескерисинче, Канадага XVIII кылымда көчүп барышкан французлар жашаган токой кыштактары менен Франциянын өнөр жайлуу шаарларынын өнүгүү деңгелдери олуттуу айырмаланганына кара- бай алар бүгүнкү күнгө чейин өздөрүнүн этникалык бейнесин сактап кала алышты. Салоника тоо кыркаларында жашаган еврейлер Испания- дан куулуп чыккандан бери 400 жыл бою башка элдерден кыз алып, уул үйлөнтүштөй (эндогамия) жашап келатышат, бирок 1918-жылдагы маалыматтар боюнча алар коңшу жашаган гректерге караганда, алыскы арабдарга көбүрөөк окшош. Так ушундай эле Венгрияда жашаган немистер да Германияда жашаган улутташтарына, цыгандар индустарга сырткы түспөлү боюнча опокшош. Табигый тандалуу окшоштукту өтө жай өзгөртөт, мутация (тукум бузуу), белгилүү болгондой, өтө сейрек кездешет. Ошондуктан, өзүнө көндүм болгон чөлкөмдө мекендеген ар кандай этнос дээрлик тең салмактуулукта жашайт.

Албетте, жашоо шарттын өзгөрүшү этноско эч качан таасир тийгизбейт деп ойлоо жарабайт. Кээде ал ушунчалык күчтүү таасир тийгизгендиктен жаңы белгилер жаралып, аздыр-көптүр туруктуу келген жаңы этностук өзгөчөлүктөр пайда болот. Биз ал өзгөрүштөр кандайча болорун жана алар эмне үчүн ар кандай натыйжаларга алып келерин чечмелөөгө тийишпиз.

Советтик белгилүү изилдөөчү С. А. Токарев тарабынан социологиялык концепция сунуш кылынган. Анда этникалык жалпылык түшүнүгүнүн ордуна "төрт коомдук түзүлүштөгү элдердин төрт түрдүү тарыхый тиби" жөнүндө сөз жүрөт. "Белгилүү бир чөлкөмдө жашаган адамдардын бүт бардыгын камтып, аларды урук-туугандык байланыштар менен бириктирип турган топ — уруу; кулдарды кошпой туруп, кул ээлөөчүлүк коомдогу эркин адамдардан түзүлгөн топ — демос, феодализм мезгилинде үстөмдүк кылып турган тапты кошпогондо, өлкөнүн бүткүл эмгекчи калкынан түзүлгөн топ — эл, капиталисттик жана социалисттик коомдо антагонисттик карама-каршы таптарга бөлүнгөн калктын бардык катмары улут" делинет[48]. Келтирилген мисал да "этникалык жалпылык" деген түшүнүккө дегеле башка маани берилип, ал айрым бир маселеде, мүмкүн, жардамы тийген менен, тарыхый географиядан, жалпы эле табият илимдеринен сырткары калган. Андыктан бул концепция жөнүндө талашып-тартышуудан пайда жок, анткени бул талаш-тартыш баягы эле этнос деп эмнени айтабыз деген маселеге алып келип такайт. Ал эми сөз жөнүндө талашып-тартышуудан не пайда?

Батыш жана Чыгыш аралыгында

Биз али Жер Ортолук деңизинин жээктериндеги маданият менен таанышып жатканыбызда тааныш түшүнүктөр менен баалуулуктардын чөйрөсүндө жүрдүк. Дин — Кудайга ишенүү дегенди, мамлекет — белгилүү бир тартип жана бийлик орнотулган аймакты түшүндүрүп, өлкөлөр менен көлдөр белгилүү бир жерлерде жайгашып турду.

Бирок "Батыш" жана "Чыгыш" деген көндүм аталыштар гана географияга тиешеси жоктой сезилип туруп алды; айталы, Марокко "Чыгыш", Венгрия менен Польша "Батыш" деп эсептелди. Бирок мындай шарттуулукка баары көнүп ылайыкташып алган соң бул түшүнүктөрдү чаташтыруу болгон жок. Буга көркөм адабий чыгармаларды окуунун жана салт- санаалардын жашап турушунун аркасында адис эмес адамдарга да тааныш болгон бул түшүнүктүн жакшы изилденип үйрөнүлгөнү олуттуу жардам берди.

Бирок биз Орто жана Чыгыш Азияны бөлүп турган ашууларды ашаарыбыз менен эле өзгөчөлүү бир башка дүйнөгө туш келебиз. Бул аймакта кудайды эле эмес, бизди курчап турган дүйнөнү танган динди да учуратабыз. Социалдык түзүлүштөр жана тартип-иреттүүлүктөр мамлекеттүүлүктүн жана бийликтин принциптерине карама-каршы келген учурлар кездешет. Белгисиз өлкөлөрдө биз тилдик жана экономикалык жалпылыгы болбогон, кээде ээлеген мекени жок этносторду да учуратабыз,

ал эми андагы дарыялар менен көлдөр көчмөн-малчыга окшоп көчүп жүргөнсүйт. Биз көчмөндөр деп эсептеп жүргөн уруулар отурукташкан уруу болуп, аскерлеринин күч-кубаты элинин санына байланыштуу эмес болуп чыгат. Бир гана этногенез мыйзам ченемдүүлүктөрү өзгөрүүсүз бойдон кала берет.

Башка маалыматтар өзүнө башкача мамиле жасоону талап кылат, демек, аны бөлөк масштабда изилдөө керек. Андай болбогондо ал маалыматтар түшүнүксүз бойдон калат да, ал жөнүндө жазылган китеп окурманын таба албайт. Окурман европалык терминдерге көнүп бүткөн. Ал "король" же "граф", "канцлер" же "буржуазиялык коммуна" дегендин эмне экенин билет. А бирок Ойкумендин чыгышында эквиваленттүү терминдер болгон эмес. "Каган" деген король же император эмес, ал ата- бабалардан сакталып келаткан салт-санааны аткарууга милдеттүү болгон, өмүрү өткүчө бийлик жүргүзүүгө шайланган колбашчы болуп саналат. Деги, Генрих Пнин соөгүн коюу аземине аны жүрөгү жарылып өлгөнгө чейин жеткирген Арстан Жүрөк Ричарддын өзү жетектеп, анан бул жаназа окуу аземине гаскондук же англиялык белгилүү адамдардын катышуусу менен жаназа окулушун элестетүү деги мүмкүнбү? Түшкө кирбес окуя! Ал эми Чыгыштын Улуу талаасынын чыгышында каган ушуну жасоого милдеттүү болгон, антпесе аны ошол замат өлтүрүп салышмак.

Айталы, "кытайлар" же "индустар" деген аталыштар "французлар" же "немистер" деген түшүнүккө эмес, жалпы эле батыш европалыктар деген түшүнүккө окшош, анткени алар маданияттын башка принциптеринин негизинде бириккен этнос системасы болуп саналат: алсак, индустарды — касталарга бөлүнүү системасы, кытайларды иероглиф жазуусу жана гуманитардык билимдүүлүк бириктирген. Индостандын адамы мусулманчылыкты кабыл алаары менен индус болуудан калат, эми аны өз улутташтары чыккынчы катары эсептеп, кол тийбестердин кастасына кошуп салат. Конфуцийдин пикири боюнча варварлардын арасында жашаган кытай варвар болуп саналат. А бирок кытайдын салт-санаа, жүрүш- туруш эрежесин сактай алган бөтөн жердик адам кытай адамы катары бааланат.

Чыгыш менен Батыштын этносторун салыштыруу үчүн биз бири-бирине тепетең, так окшоштуктарды табууга тийишпиз. Так ушуну табуу үчүн табигый көрүнүш катарында бардык өлкөлөргө жана кылымдарга мүнөздүү болгон этностун сапаттык өзгөчөлүгүн изилдемекчибиз.

Алдыга койгон максатка жетүү үчүн дүйнө жөнүндөгү байыркы маалыматтарды, аларды бүгүнкү биздин көз караштарыбызга дал келбестигинен улам алдын ала танып салбай, өтө көңүл бөлүп карап чыгууга тийишпиз. Эмнегедир биз мындан бир нече миң жылдар илгери жашап өткөн адамдар да биздин замандаштарыбыздай эле аң-сезимге, жөндөмдүүлүккө ээ болушканын

жана акыйкат менен билимге биздей эле умтулушканын дайыма унутта калтырабыз. Буга бизге келип жеткен ар түрдүү замандардын ар түрдүү элдеринин чыгармалары күбө боло алат. Дал ошондуктан этнология турмуштук зарыл керектүү илим болуп саналат, анткени бул илимсиз байыркы маданий мурастардын көпчүлүк бөлүгү бизге түшүнүксүз бойдон калат.

Чыгыш Азиянын тарыхы менен маданиятын түшүнүү үчүн демейки көндүм мамиле жараксыз. Европанын тарыхын изилдөөдө биз аны: Франциянын, Германиянын, Англиянын жана башка өлкөлөрдүн тарыхы деп же байыркы, орто жана соңку тарых деп бөлүп изилдей алабыз. Андан кийин, айталы, Рим тарыхын окуп үйрөнүүдө Рим менен байланышта болгон коңшу өлкөлөрдүн тарыхын да тийип өтөбүз. Батыш өлкөлөрүн изилдөөгө мындай мамиле жасоонун жыйынтыктары өзүн актайт. Ал эми Ортолук Азиянын тарыхын изилдөөдө мындай мамиле жасоо бизге канааттандырарлык натыйжа бере албайт. Мунун себеби өтө терең: анткени "эл" деген терминдин азиялык түшүнүгү менен анын европалык түшүнүгүнүн ортосунда айырмачылык бар. Азияда этникалык биримдик ар бөлөкчө кабыл алынат. Эгерде биз өз темабызга түздөн-түз тиешеси болбогон Левантты жана Индияны Индокытайы менен кошуп көңүлдөн чыгарып салган күндө да, баары бир кытай, иран жана көчмөндөрдүн этникалык биримдиктери деген үч башка түшүнүк кала берет. Мында көчмөндөрдүн этникалык биримдиги ар заманга жараша ар башка көрүнүштө өтө күчтүү өзгөрүп турган. Мисалы, ал уйгур же моңгол мезгилдерине чейинки хуннулардын заманында деги эле башкача болгон.

Этноним түшүнүгү Европада туруктуу түшүнүк, Ортолук Азияда — аздыр-көптүр жаралып, жоголуп туруучу, Кытайда — өзүнө сиңирип алуучу, Иранда — четке кагуучу түшүнүк болуп саналат. Башка сөз менен айтканда, Кытайда кытайлык болуп эсептелүү үчүн адам кытай адеп-ахлагынын, билиминин, жүрүш-туруш эрежелеринин негизин өздөштүрүп, кабыл алууга тийиш болгон, анын ата теги, тили да эсепке алынган эмес, анткени кытайлар байыркы заманда ар кайсы тилде сүйлөшкөн. Ошону үчүн Кытай майда элдер менен урууларды өзүнө сиңирип отуруп, кеңейе берген. Иранда, тескерисинче, перс болуу үчүн перстин үй-бүлөсүндө туулуш керек эле, анын үстүнө сөзсүз түрдө Агурамазданы пир тутуп, Ариманды жек көрүү талап кылынган. Мунсуз "арий" болуу мүмкүн эмес эле. Орто кылымдардагы (сасанилик) перстер өз катарына башкаларды кошуп алууну ойлоп да коюшкан эмес, анткени алар өздөрүн "асыл адамдар" (номдорон) деп аташып, калган башка адамдарды өздөрүнөн кем санашкан. Натыйжада элдин саны тынымсыз азая берген. Парфиялыктардын этноним түшүнүгү жөнүндө айтуу кыйын, кейпи, алар да перстерден анчалык айырмаланышпаса керек, бирок бир аз кеңирирээк бөлгөн.

Хунну деп аталуу үчүн никелешүү аркылуу же шанүйдүн буйругу боюнча уруунун мүчөсү болууга тийиш бөлгөн, ошондо ал өз киши болуп калган. Хуннулардын мураскерлери — түрктөр көптөгөн урууларды өз курамына кошуп алган. Ушундайча кабыл алуунун натыйжасында аралашкан уруу биримдиктери түзүлгөн, мисалы, казактар, якуттар ж. у. с.

Түрктөр менен хуннуларга өтө жакындыгы бар моңголдордо ордо биримдиги — тартип жана жетекчиликке баш ийүү менен бириккен адамдардын тобун түзүү кеңири тараган. Мында адамдан эр жүрөктүүлүк жана буйрукка кыңк этпей баш ийүү гана талап кылынып, тили, дини, ата теги эске алынган эмес. Албетте, ордо деген аталыш этноним эмес, ордо дегенде этноним деги эле жоголот. Себеби анын бул түзүлүшкө тиешеси да жок, анткени "эл" деген түшүнүк "мамлекет" деген түшүнүккө дал келет.

Ушуга байланыштуу "мамлекет" деген түшүнүк жогоруда келтирилген мисалдардын ар кайсынысында ар башка түшүнүккө ээ жана аны которуп, башка

соз менен алмаштырууга болбосун эске тутуп коёлу. Кытайдын "го" деген сөзү иероглифте тосмо жана найзачан адамдын сүрөтү аркылуу берилет. Бул англиялык "state", француздук "etet', ал эмес латындык 'imperium" жана "respubicae" дегендерине деги эле дал келбейт. Мазмуну жагынан ирандык "шахр" же жогоруда айтылган моңголдук "ордо" термини да окшошпойт. Айырмачылыктардын нюанстары кээде окшоштуктардын элементтеринен алда канча маанилүү болуп чыга келет, бул болсо тарыхтын катышуучуларынын жүрүш-турушун аныктай турган нерсе: европалык адам үчүн тири укмуш көрүнгөн нерсе моңгол үчүн кадимки көрүнүш же тескерисинче болот... Себептин баары этиканын ар түрдүүлүгүндө эмес, маселенин түйүнүндө, айталы, бул жерде мамлекет деген түшүнүк бирдей мааниге ээ эместигинде. Андыктан биз окшоштуктарды гана эмес, изилдеп жаткан элдерди күн мурдатан түзүлгөн схеманын тар калыбына салып алып карап жаңылбоо үчүн алардын айырмачылыктарын да белгилемекчибиз.

Албетте, бизди, европалыктардыкына окшошпогон мамлекеттик түзүлүштөрдү, коомдук институттарды, этникалык адеп-ахлак эрежелерин, ал гана эмес баяндоо ыкмаларын — артта калгандык, жетилбегендик жана толук баалуу эместик катарында караган ой пикирлердин кеңири таркаганы өкүндүрбөй койбойт. Көнүмүш евроборборчулук обу жок эстүүсүнгөндөргө жакса жагаар, бирок байкоого алган көрүнүштөрдүн коп түрдүүлүгү жөнүндө илимий ой-жүгүртүү үчүн жараксыз нерсе. Баса, кытай же араб адамдарынын көз карашынан алганда батыш европалыктар толук баалуу адамдар эмес сыяктанат. Бул да туура эмес, илим үчүн маанисиз көз караш. Балким, биз талдап-иликтөөнүн бардык байкоолорубуз бирдей даражада тактыкка ээ боло турган жолун табышыбыз керектир. Ушундай ыкма гана окшош эмес көрүнүштөрдү өз ара салыштырууга жана ишенимдүү жыйынтык чыгарууга мүмкүнчүлүк түзөт. Бул жерде саналып өткөн изилдөөнүн бардык шарттары тарых үчүн эле эмес, география үчүн да милдеттүү түрдө керек, анткени география адам жана географиялык аталыштар менен байланышып турат эмеспи. Батышта өлкөлөрдү аталышы боюнча айырмалашат, а Чыгыштачы?

Энчилүү аты жок өлкө жана эл

Мусулман дүйнөсүнүн чыгыш чек арасы менен биз Кытай атаган Ортолук империянын түндүк-батыш чет-жакасынын аралыгында так энчилүү аты жок өлкө жатат. Бул географиялык чек арасы так аныкталган, физикалык-климаттык шарттары өзгөчөлүү келген, калкынын саны өтө көп, байыркы маданияты бар өлкө боло туруп, энчилүү аты жок болгону таң калтырат. Бул өлкө кытай, грек жана араб географтарына эзелтен эле жакшы белгилүү болгон, ага орус жана батыш европалык саякатчылар келип-кетип турушкан, бул жерде көп ирет археологиялык казып- изилдөөлөр жүргүзүлгөн... өлкөгө келгендердин баары аны сүрөттөп жазуу менен чектелишкен, а бирок ал туруктуу энчилүү аталышка ээ бөлө алган эмес. Андыктан бул өлкө кай жерден орун алганын көрсөтөлү.

Памирден чыгышты карай эки тоо кыркасы: Кунлун, андан түштүгүрөөк жакта Тибет жана Теңир-Тоо тоолору созулуп жатат. Бул эки тоо кыркаларынын ортосунда Такла-Макан кумдуу чөлү жатат, ал суусу мол Тарим дарыясы менен бөлүнүп турат. Бул дарыянын башаты да, куймасы да жок. Анын башаты деп Жаркент-Дарыя, Аксуу-Дарыя жана Хотан-Дарыянын айрылыштарындагы "Арал" эсептелет. Анын суусу кээде кумга сиңип жоголсо, кээде Кара-Буура көлүнө жете келет, кээде, өз ордун улам өзгөртүп туруучу Лоб-нор көлүн толтурат[49]. Таң калыштуу бул өлкөдө дарыялар менен көлдөр ордун өзгөртүп көчүп жүрүшөт, адамдар бөлсө төө этектерине баш калкалашат. Тоодогу таза булактардан чыккан

суу башатынан анча алыстабай корум таштардын алдына сиңип жок болот да, бир канча аралыкта барып, кайра жер үстүнө чыгат. Ал жерлерде көк жайыктуу оазистер орун алган, андан кийин суу кайрадан кумга сиңип, жок болуп кетет. Бул укмуштуу өлкөдө жер жүзүндөгү эң терең ойдун орун алган, анын түбү деңиз деңгелинен 154 м төмөндө жатат. Ушул ойдуңда байыркы маданий борбор — Турпан оазиси жатат. Жайкы ысыгы +48оС, кышкы суугу -37оС жеткен, күзгү аба ырайы болуп көрбөгөндөй кургак, жазы бороон-чапкындуу келген бул жерде жашаган эл илим менен искусствону кантип өнүктүрүштү болду экен?! А бирок өнүктүрүшүптүр го, болгондо да жемиштүү өнүктүрүшүптүр.

өлкөнүн байыркы калкы өздөрүнө энчилүү ат да коюп алышпаптыр. Азыр аларды тохарлар деп атап жүрүшөт, бирок бул этноним эмес, тибеттиктер энчилеген аты. Анысы *tha gar — "ак баштар" (ак саргыл) деп которулат. Ар кайсы оазистердин калкы индоевропалык топтогу ар башка тилдерде сүйлөшөт, ал эмес, анын ичинде Европадагы тилдерге окшошпогон батыш арий тили да кездешет. Өлкөнүн түштүк батышында, Кунлун тоолорунун этегинде тибет уруулары көчүп-конуп жашаган, алар Хотан менен Жаркенттин калкына байма-бай алакада болушкан менен аралашып кетишкен эмес[50].

Биздин замандын биринчи кылымдарында бул өлкөгө батыш тараптан сактар келип кирет да, Кашкардан түштүгүрөөктө, Хотанга чейинки
аралыктарда жашап калышат. Ошол эле мезгилдерде өз өлкөсүндө башталган граждандык согуштун азап-тозокторунан качкан кытай адамдары да бул жерге келишип, Турпан оазисине Гаочан шаарын негиздешет. Ал шаар IX кылымга чейин жашап туруп, кийин орду түбү менен жок болуп кетет.

Көрүнүп тургандай, өлкөгө этноним боюнча энчилүү ат ыйгаруу мүмкүн эмес. Чындыгында алар, маданияттуу, чарбачылыгы жакшы жолго коюлган эл болгон. Алардын чарбачылыгы Байыркы дүйнөдөгү эң мыкты чарбалардын бири болгон деп эсептесе болот.

Орто Азиянын оазистеринин табияты тээ илгертеден эле адамдын керектөөсү үчүн кызмат кылууга ылайыкташтырылган. Турпандыктар да сууну жер алды менен жүргүзүп, ирандыктарча — кяриз ыкмасын колдонушуп, өлкөнүн көп сандаган элин бага алгыдай эгинди өстүрүүгө жарактуу жерлерди сугат менен камсыз кылышкан. Турпан жүзүмү дүйнөдөгү эң мыкты жүзүм делинет, коон, дарбыз, өрүк жаздан кеч күзгө чейин бышып, пахта эгилген аянттарды шуулдаган мырза теректер, дүпүйгөн тыт дарактары шамалдан коргоп турган. Оазисти айланта курчаган аскалардан жарылып, кулап түшкөн таштардан, кумдан жаралган ач талаада бадал да, дарак да өсө албайт[51]. Ошо какыр талаа, таштуу чөл оазисти сырттан келчү душмандардан коргогон. Жөө аскерлерди чөл аркылуу өткөрүү кыйын болгон, анткени азык-түлүктөн башка да ичерге сууну кошо ала жүрүү керек эле, бул көптөгөн унаа, арабаларды талап кылган. Ал эми жеңил атчан аскерлердин чабуулу сепилдер үчүн коркунучтуу болгон эмес. Бул өлкөнүн экинчи чоң шаары — Кара-Шаар бийик тоо арасында, суусу тузсуз Баграш көлүнө жакын жерде жайгашкан. Бул шаардын "жери күрдүү... балыгы көп... Табияты душмандан коргонууга ыңгайлуу келет"[52]. Баграш көлүнөн агып чыккан Көнчө-Дарыя Лоб-нор көлүнө куят. Анын жээктей жүрүп отуруп суусу мелмилдеген Таримге жете келесиң. Анын жээктеринде өскөн теректер, чычырканак, ит мурун жана башка бадалдар шаа мүйүз бугулардын үйүрлөрүн, жапайы камандарды далдалап, сактап турат[53].

Бул өлкөнүн отурукташкан калкынын байыркы идеологиясы хинаяна түрүндөгү ("тар жол" же "кичине араба" аталган Будцанын аралашмасы жок нагыз ортодоксал окуусу) буддизм болгон, муну дин деп айтууга да болбойт. Хинаяначылар кудай жок дешкен, анын ордуна карманын (көрүнүштөрдөгү себептердин ырааттуулугу) адеп-ахлак мыйзамын карманышат. Алар үчүн Будда

— адам, болгондо да ал төрт тарабы төп жетилген жана пенделик кыйсыпырдан кутулуп, тилек, ыйман аркылуу нирванага жетип кайра жаралууга умтулган бардык адамдарга үлгү боло алган адам. Нирванага өз алдына максат коё билген, башка бирөөлөрдүн жардамына, кудайдын кудуретине муктаж эмес архат (ыйык) адам гана жете алат. "Өзүңө өзүң шам чырак бол", — дешет хинаяначылар.

Айтса-айтпаса жалганбы, "ыйык болуунун жолуна түшүү" ар кимдин эле колунан келе бербейт. Андай болсо колунан келбегендер кантмекчи? Алар күндөлүк турмуш-тиричилиги менен алектенип, архаттарды урматтап, бош кездеринде дин окуусуна кулак төшөп, келечекте өздөрү да кайра жаралуу жолу менен ыйыктарга кошуларына ичтеринен ишенчү. А бирок биз башка мисалдардан улам диний догматтар жүрүш-туруштун этникалык жол-жоболоруна анча таасир этпесин көрбөдүкпү. Турпандын, Кара-Шаардын жана Кучанын архаттары, соодагерлери, жоокерлери менен дыйкандары бирдиктүү системаны түзүшкөн, буддизм болсо алар үчүн сырткы жалпы түр (түс) катары кызмат өтөгөн.

Кантсе да кайсы бир нерсенин тышкы түсү өз таасирин, болгондо да олуттуу таасирин көрсөтө алат. Хинаяналардын жамааты XV кылымга чейин жашады. Ал эми махаяна окуусу өзүнүн чаржайыттыгынан, догмалык жол-жоболорунун көп кырдуу жана татаалдыгынан улам Жаркент менен Хотанда көпкө жашай албай, XI кылымда эле исламга жол бошотуп чыга бергени кокустук эмес болсо керек.

Турпандыктар будда динин кандай көңүлкош тутушса, Турпанга келген көчмөн уйгурлар да манихей динин [54] так ошолордой эле үстүртөн тутушкан. Өз алдынча дин катары манихейчилик XII кылымда эле жок болгон, а бирок манихей идеялары кээ бир буддалык философиялык агымдары жана XI кылымда бүткүл Борбордук Азияда кеңири арыш таштаган несторианчылык тарабынан кабыл алынат. Бул кылымдарда Турпан, Кара-Шаар жана Куча шаарларынын тургундары өздөрүн уйгур атай башташкан.

Бирине экинчиси карама-каршы болгонуна карабай, Уйгурстанда несториан дини менен будда дини катар жашай алды. Хинаянанын абстракттуу атеисттик окууларынан алыс турган адамдар үчүн христианчылык алгылыктуу диний ишеним катарында көрүнсө керек. Будда дини "жолго түшкөндөргө" алтынга, күмүшкө жана аялдарга кол тийгизүүгө тыюу салгандыктан соодагерлер да христиан динине кире качышты. Дээринен динчил келген, а бирок экономикалык турмушка жигердүүлүк менен катышкан адамдар жашоого жана иштөөгө тоскоолдук кылбай турган динди издөөгө аргасыз болушкан. Демек, эки идеологиялык система үчүн бул жерде ылайыктуу экологиялык нук табылды деген корутунду чыгарууга болот.

Бул өлкөнүн байлыгы негизинен анын географиялык жактан ыңгайлуу орун алып турганына негизделген: бул чөлкөм аркылуу эки кербен жолу өтүп турган. Алардын бири Теңир-Тоонун түндүгүрөөк, экинчиси түштүгүрөөк тарабынан өткөн. Бул кербен жолдор менен Кытай жибеги Прованс тарапка ташылса, Франция менен Византиянын кооз асем буюмдары Кытайга агып келип турган. Мындагы оазистерге жеткенде чөл кезип, арып-ачкан кербенчилер эс алып, аттары менен төөлөрүн тоюндурушуп, тыныктырышкан. Буга байланыштуу жергиликтүү аялдардын арасында "эң байыркы кесип" кайра жанданып, өсө баштайт. Мындай жол менен табылган акчанын теңи чөнтөктөрүнө түшкөнүнө сүйүнгөн күйөөлөрү аялдарынын бул кесибине көз жумуп коюшкан. Уйгур аялдары бул кесипке өтө көнүп алгандыктан, моңголдор менен ынтымакка келип, Уйгурстан жомоктогудай байыган кезде да, бул жердин жашоочулары аялдарына соодагер-саякатчылардын көңүлүн ачууга тыюу салбоосун сурап үгөдөй ханга кайрылышкан [55] экен.

Бул адат, туурарак айтканда — этникалык көнүмүш жүрүш-туруштун мындай көрүнүшү, тилге, динге, саясий түзүлүшкө жана өздүк аң-сезимге караганда туруктуу болоору байкалды. Көнүмүшкө айланган жүрүш- туруш ыңгайлашуунун белгиси болуп саналат, т.а. этностун географиялык чөйрөгө ылайыкташуу ыкмасы катары калыптанат. Бул жерде аталыштар этностун өзүнө караганда бат-бат алмашып турган, жалпы эле этнонимдердин алмашып турушу саясий шарттар менен гана түшүндүрүлгөн.

Эгини ыңкыган бул оазистердин бай жашаган жана көп сандаган эли жоокер-көчмөндөрдү оңой эле багууга шарттары бар эле, ансыз да эң алды көчмөн уйгурлар, кийин моңголдор өз карамагына өткөн букараларын сырткы душмандардан коргоону өз колдоруна алды. үч жүз жыл ичинде уйгурлар жергиликтүү эл менен аргындашып, сиңишип кетишти, бирок тохар тилинин унутулуп, түрк тилинин жалпы тилге айланышына жетишти. Баса, буга алар анча деле аракеттенишпеди, анткени XI кылымда Мармар деңизинин көгүлтүр жээктери менен токойлуу Карпат тоолорунан Бенгалиянын түнт токойлору менен Улуу Кытай дубалына чейинки көз мелжиткен мейкиндиктерде жашаган элдин баары түрк тилинде сүйлөшкөн. Түрк тилинин мынча кеңири тарап кетиши эл жашаган оазистерде соода жүргүзүүнү оңойлоткон. Ансыз да Ортолук Азиянын элдери соодага жакын болушкан. Ошондуктан, өздөрүнүн аз пайдаланылган эне тилинен жалпыга түшүнүктүү түрк тилине Таримдин түндүк-чыгыш бөлүгүндө жашагандар эле эмес, анын түштүк-батышында жашап, уйгурлардын ордун баскан ягма, карлук өндүү түрк урууларынын таасири стындаыйналып-кысталбай эле өтүп кетишкен. Бирок алар менен уйгурлардын айырмасы зор эле. Уйгурлар өздөрүнө багынган элдин турмуш-тиричилигине, динине, маданиятына кийлигишкен эмес. Ал эми карлуктар болсо 960-жылы ислам динин кабыл алышкан соң Кашкар, Жаркент, Хотан оазистерин Самарканд менен Бухарага окшоштуруп салышкан.

Ошентип, географиялык жактан бир бүтүн аймак эки этномаданий регионго бөлүнүп, бири экинчисине тиштерин кайрай башташты. Бирок күч тепетең болучу, анын үстүнө эки оазистин аралыгы алыс жана каттоого татаал экендиги да тынчтык абалдын көпкө өкүм сүрүшүн шарттаган.

Мындай абал эмне үчүн өлкөнүн энчилүү аталышы жок калганын түшүндүрө алат. Байыркы мезгилде кытайлар аны Сиюй, т. а. "Батыш аймак" — деп аташкан жана ал "Пияз тоолорго", Памир менен Алайга чейин созулат деп эсептешкен. Бул өлкөнү эллиндер "Серика" деп, ал жактан алып келинген буюмдарды "серикум" (жибек) деп аташкан. Бул сөздүн этимологиясы жөнүндө азыр эч нерсе айта албаймын.

Жаңы мезгилде да шарттуу аталыштар колдонулуп келген, мисалы, Кашкарстан, Чыгыш Түркстан, же Синьцзян, т. а. сөзмө сөз алганда "Жаңы чек ара" деп XVIII кылымда манжурлар койгон атын алып жүрөт. Бул аталыштар биздин заман үчүн жараксыз. Байыркы кытайлар "Батыш" деп ойлогон жер XII—XIII кылымдарда орто ченде экени аныкталды. Түрк тилин үйрөнүп алган индоевропалыктар жашаган өлкөнү "Түркстан" деп атоо да ылайык келбейт. Кашкар али борбор шаар боло элек, ал эми "жаны чекара" дегенибиз дегеле дайынсыз кез болучу. Андан көрө Таримдин жээк-жакасы деген географиялык шарттуу наамын калтыра туралы. Кантсе да дарыя калыс жана түбөлүк белги болууга жарай алат. Анын үстүнө "Синьцзян" термини Теңир-Тоонун түндүгүнөн орун алган жана тарыхый тагдыры дегеле башкача болгон Жуңгарияны (бу да кийинчерээк берилген шарттуу ат) өзүнө камтып турат.

Уйгурстандын чыгыш чек арасын аныктоо кыйын. Өткөн кылымдарда ал чек бир топ өзгөрүүгө учураган, бирок ал өзгөрүүлөрдүн кайсы мезгилдерде болгону да белгисиз. Бир кездерде уйгурларга Хами оазиси, балким, будда искусствосунун

кенчи сакталган үңкүрлүү шаар Дуньхуан да тиешелүү болушу мүмкүн. Андан чыгышыраак тарапта жаткан жерлерди — Наньшань тоо этектериндеги оазистерди, уйгурлардан тангуттар тартып алган. Таңгут деген эл азыр жок, уйгурлар да жок, а бирок өздөрүн таңгут жана уйгур деп атаган адамдар азыр да кездешет. Бул эми бар болгону закым сыяктуу эле нерсе. Өздөрүн уйгур атагандар чынында, XV—XVIII кылымдарда чыгышка келип отурукташып калган ферганалын эле түрктөрү. Ал эми өздөрүн таңгут атап жүргөндөр — таңгут эмес эле, алардын бир кездерде айыгышкан душмандары болгон тибет көчмөндөрүнүн, т. а. байыркы этностун калдыгы болуп саналат.

Ошентип, тарыхый талдоо Азияда аталыштардын маңызы менен алардын угулушу ар дайым эле дал келе бербесин көрсөттү. Андыктан, өкүнүчтүү жана да көп кайталануучу жаңылыштыктардан качуу үчүн эсептөөнүн Европа үчүн да, Азия үчүн да, Америка үчүн да, Океания, Австралия жана Африка үчүн жарактуу боло турган кандайдыр бир башка системасын иштеп чыгуу керектир. Бирок бул системада фонетикага эмес тарыхка артыкчылык берилет, т. а. анын негизин тарых түзөт.

Этнос— С. М. Широкогоровдун ойлоп тапканы

Этнос туунду көрүнүш эмес, өз алдынча көрүнүш экендиги жөнүндөгү алгачкы концепция С. М. Широкогоровго таандык[56]. Этносту ал "адамзаттын түр катары жашоосуна мүмкүнчүлүк берген элементтердин түзүлүү, өнүгүү жана өлүп жок болуу процесстери ишке ашып турган форма" деп эсептеген[57]. Мында этнос "ата тегинин, каада-салтынын, тилинин, турмуш-тиричилигинин түрүнүн бирдейлиги менен бириккен адамдардын тобу катары" чечмеленет[58]. Бул эки тезис тең XX кылымдын башы чендеги илимдин абалын белгилейт. Мында "этнос баш ийип, өзүн анын бир бөлүгү, туундусу катары санап, ага ылайыкташып жашаган чөйрө" географиялык чөйрө катары таанылат. Бул концепция В. Анучкин тарабынан "бирдиктүү география" делинип кайрадан көтөрүлүп чыкканы менен көңүл бурулбай кала берди. Социалдык структура биологиялык категория катары, ыңгайлашуунун жаңы формасы катары каралат, анын өнүгүүсү этникалык айлана-чөйрөнүн эсебинен жүрөт: "Этнос өзүнүн өзгөрүүсүнө керектүү импульстарды коңшу этностордон алат, ал импульстар анын салыштырмалуу салмагын жогорулатып, каршылык көрсөтүү касиетине ээ кылат"[59]. Бул жерде С. М. Широкогоровдун концепциясы А. Тойнбинин көз карашы менен үн алышып турат. А. Тойнбинин "эрегиш чакырыгы жана жооп кайтаруу" жөнүндөгү көз карашында чөйрөнүн "эрегиш чакырыгына" чыгармачыл акт аркылуу жооп берилери айтылат[60].

С. М. Широкогоровдун "жалпы корутундулары" анча каршылыкты туудурбайт: "1. Этностун өнүгүүсү... бүткүл комплекстин ылайыкташуусу аркылуу ишке ашат... мында айрым көрүнүштөрдүн татаалданышы менен экинчи бир көрүнүштөрдүн жөнөкөйлөнүшү мүмкүн. 2. Этностор өздөрү чөйрөгө ылайыкташып жашашат жана чөйрөнү өз жашоосуна ылайыкташтырат. 3. Этностордун кыймылы эң төмөнкү каршылык көрсөтүү жолу менен жүрөт"[61]. Бул азыр жаңылык деле эмес. Анан да Широкогоровдун көз карашы жарым кылымга артта калып, эскирип кеткенине тан калууга болбойт. Баарынан жаманы — зоологиялык мыйзам ченемдүүлүктөрдү этнологияга баштапкы материал болуучу тарыхка механикалык түрдө көчүрүү болуп саналат. Ошондуктан Широкогоровдун принциптерин колдонуу дароо эле чечилгис кыйынчылыктарга учуратат. Мисалы, "этностун жашоосунун максатын, түр катары сакталышын камсыз кыла алган жашоонун бардык эле формасы жарактуу"[62] деген тезиси деги эле туура эмес. Түндүк Американын индейлери жана Жуңгариянын көчмөндөрү

өздөрүнө мүнөздүү болгон жашоо-турмуштан баш тартып, АКШнын же Кытайдын кол алдында тынч жашай беришсе болот эле, бирок эки эл тең жеңилерин алдын ала биле туруп, теңдешсиз күрөшкө чыгышпадыбы. Ар бир эле этнос эптеп өлбөй күн көрүү үчүн душманына багынууга макул болбосо керек. Бул кошумча далилдерсиз эле айдан ачык нерсе. Дагы бир: "территорияларды басып алууга, маданияттуулукту жана элдин санын өстүрүүгө умтулуу ар бир этностун иш-аракетинин негизи болот"[63]деген көз караш да туура эмес, анткени байыртан сакталып келаткан этностордун калдыктары деги эле агрессивдүү болушпайт. "Маданияты анча өнүкпөгөн этностор жашоосун улантууга жөндөмдүү" [64] деген жыйынтык жарым-жартылай туура, бирок бир катар учурларда маданияты күчтүү коңшу этностор тарабынан алардын кыйроого учураганы байкалат. Анан да "уюмдашуусу канчалык татаал жана ылайыкташып жашоосунун формасы канчалык жогору болгон сайын түрдүн (этностун) өмүрү ошончолук кыска" деген жобо деги эле туура эмес[65]. Тескерисинче, этностордун жоголушу алардын структураларынын жөнөкөйлөнүп кетишине байланыштуу болот. Муну биз төмөндө сөз кылабыз. Канткен менен Широкогоровдун китеби өз мезгилинде алдыга бир кадам жылуу болгон, анткени анын эмгеги этнографиянын этнологияга өсүп чыгышынын келе- чегин кеңейткен. Азыр мен жазып жаткан ойлор да жарым кылымдан кийин кайра каралышы мүмкүн. Илим ушундайча өнүгөт эмеспи.

С. М. Широкогоровдон айырмаланып биз системалык мамиле жасоо ыгына, экосистемалардын концепциясына, биочөйрө жана жандуу нерселердин энергиясы (биохимиялык) жөнүндөгү окууга, ошондой эле кеңири масштабдарда антропогендик ландшафттардын пайда болушу жөнүндөгү изилдөөлөрдүн материалдарына ээ болуп отурабыз. Ушулардын баары жарым кылым мурдагы мезгилге караганда маселени чечүүнүн бир топ өнүккөн жолун сунуш кылууга мүмкүнчүлүк берет.

"Абалдар" жана "процесстер"

Коомдук түзүлүштөрдүн концепцияларынын негизине коюлган категориялардын системасын этногенезге колдонуу деги эле болбостугун келтирилген фактылар көрсөттү. Бул система коомдун өндүрүш жолу аркылуу аныкталуучу "абалын" белгилейт, ал эми өндүрүш жолу болсо өз кезегинде өндүрүш күчүнө, тактап айтканда, техночөйрөгө көз каранды болот. Изилдөөнүн бул системасы материалдык маданияттын, мамлекеттик институттардын, искусствонун стилдердин, философиялык мектептердин, кыскасы, адам колунан жаралгандардын баарынын тарыхын изилдөөгө өтө оңтойлуу келет. Кийинки жүз жыл ичинде ал ушунчалык көнүмүшкө айлангандыктан аны механикалык түрдө этногенезди талдоого да колдонуп, мисалы, мындай тезистерди жарыя кылып жибериштиби: 1) "этнос — адамдардын социалдык жалпылыгы"[66] 2) "этнос дегенибиз тап сыяктуу эле, — социалдык уюм эмес, каалаган учурда бир эле эмес, бир нече социалдык формага — урууга, уруулар биримдигине, мамлекетке, чиркөөгө, партияга ж. у. с. айланып кетүүчү борпоң абал".

Мындан башка да "этносту раса сыяктуу биологиялык категориялар жана ар кандай түрдөгү социалдык уюмдар менен аралаштырбоо..." [67]сунуш кылынат. Эгерде, бул биринчи аныктама жогоруда биз келтирген мисалдар тарабынан өзүнөн өзү жокко чыгарылса, экинчи аныктама өтө кылдат чечмелөөгө татыктуу. Анткени так ушу ойдун негизинде, мейли түшүнбөстүктөн болсо да, империялар түзүлүп жана таркап турган, бул абал, албетте, аларга баш ийген элдердин тагдырларына таасир тийгизбей койгон эмес.

"Абал" деген түшүнүк табиятта да, коомдо да учурайт. Табиятта — абалдын катуу, суюк, газ жана плазма сыяктуу төрт түрү болот. Катуу заттардын молекулаларынын бир абалдан экинчи абалга өтүшү эритүүгө же газ түрүнө

айлантууга кеткен ысыктыкка барабар кошумча энергияны талап кылат. Бир абалдан экинчи абалга өтүү анча чоң эмес секириктер аркылуу жаралат жана ал кайра ордуна келчү процесс болуп саналат. Биочөйрөнүн жандуу заттарынын бир абалдан экинчи абалга өтүшү организмдин өлүмү менен коштолот жана ал кайра жангыс процесс болуп саналат. Мунун өзү организмдин эки гана абалы: тирүүлүк жана өлүм бар дегендик. Кантсе да, өлүм бир бүтүндүктү түзгөн организмдин жок болушу дегенди түшүндүргөндүктөн өлүмдү "абал" дештин өзү сандырактык. Арийне, тирүүлүк да "абал" боло албайт, аны туулгандан өсүп же- тилүүгө, андан карыганга жана өлгөнгө чейинки процесс десе да болот. Жансыз катуу заттардын жандуулардын жашоо процессине окшошуп кетчү жагы деп минералдардын кристаллданышын жана анын жүрө-жүрө эскирип борпоң массага айланышын айтсак болот.

"Абалды" жана "процесстерди" изилдөөдө биз ар бөлөк усулдарды колдонобуз. Абалды изилдөөдө көрүнүштү бүгүнү менен байкап-баамдоого оңтойлуу болгондой кылып тандап алынган ар кандай принцип боюнча классификациялоону колдонобуз. "Процессти" изилдөөдө, айрыкча, эволюция жана форма жаратуучулук менен байланышкан көрүнүштөрдү изилдөөдө ар кандай деңгелдеги окшош, бирок бирдей эмес топтордун бири бирине баш ийүүсүнө, т. а. иерархиялык принципке негизденген систематика талап кылынат. Ч. Дарвин тарабынан өркүндөтүлгөн Линней систематикасы дал ушундай. Органикалык дүйнө системасынын иерархиялык мүнөзү жашоо үчүн керектүү болгон жана андан бөлүнбөй турган эволюциялык процесстердин мүнөзү жана жүрүшү менен шартталган. Бирок жашоо токтолору менен, чөйрөнүн таасири аркылуу аз- дыр же көптүр тез жок кылынуучу "абал" жаралат. Аны жок кылуучунун ролун кайра жангыс болгон башка бир өлүк "абал" аткарат. Демек, организм, анын ичинде адам организми үчүн "абалга" туш болуунун бир гана жолу бар, ал жол мумияга айлануу жолу, ал эми этнос үчүн — археологиялык маданиятка айлануу жолу.

Ал эми техночөйрө жана ага байланышкан өндүрүш мамилелери жөнүндө келсек кеп башка. Мында "абал" бар. Трактордон оңой-олтоң эле темир калдыктарын алууга, темир калдыктарынан трактор жасоого болот. Болгону бир канча (көп эле) энергия жумшоого туура келет. Социалдык турмушта да "абал" кездешет. Аны азыр гражданд ык абал деп аташып, атайын каттоодон өткөрүшөт. Мурда "абалды" сословиелер (еш) деп аташчу. Башкача мааниде алганда, таптык көрүнүштү "абал" десек болот, бирок анын өндүрүш мамилелери менен өндүрүш күчтөрүнүн, т. а. ошол эле техночөйрөнүн туундусу экенин унутпашыбыз керек. Бул абал өтө туруксуз келет. Туткундалган жоокер кулга айланат, качып кутулуп кетип, феодалга айланышы да мүмкүн. Иерархиялык принцип үчүн мындай адамдын тагдырында орун да жок жана анын зарылдыгы да жок, бул жерде аны каттап коюу эле жетишерлик. Анда эмесе социалдык абалдардын алмашуусу табигый абалдардын алмашуусуна окшош (бирдей болбосо да): алар кайталанат жана алардын бир абалдан экинчи абалга өтүүсү үчүн кошумча энергия сарптоо талап кылынат. Ал эми этносчу? Чымыркана аракеттенип өзүңдүн белгилүү бир этноско таандык экениңди өзгөртүүгө болобу? Сыягы, мүмкүн эмес болсо керек! Ушунун өзү эле этнос "абал" эмес, процесс экенин айкындап турат.

"Абал" концепциясына жем таштап жаткан аберрация изилдөөчүнүн тарыхый перспективаны көрө билбестиги менен байланыштуу. Тышкы таасир аркылуу бузулбай, өз алдынча жүрүп отурса этногенез процессинин толук токтоп аякташы 1200—1500 жылды камтыйт, ал эми илимий кызматкер пландуу тема изилдөөгө эки, ашып кетсе үч жыл гана убакты- сын коротот. Ошондуктан ага өткөндөгүлөр системасы жана мыйзам ченемдүүлүктөрү жок, баш аламандык катарында сезилет. Анан ал чектелген регионду жана бир доордун ичинде болгон бир нече

өзгөрүүлөрдү жазып алып, убакыты жана орду боюнча дал келген, бирок бири-бири менен байланышпаган "абалдардын" үймөлөктөшүп калганына тушугат. Баса, геоморфология илими жаралганга дейре адамдар тоо беттеринде пайда болгон тектирчелерди тээ төмөндө агып жаткан суунун эрозиялык ишмердүүлүгү менен байланыштырууну ойлоп да коюшкан эмес. Тоолор жер каймактаганда жаралган түбөлүктүү нерсе деп ойлошкон. Кантсе да, илимдеги далилдөөлөр оппоненттин белгилүү бир даражадагы билимдүүлүгүнө, көптү билгендигине жараша болот. Ал эмес Коперник— Кеплердин гелиоборбордук системасы XVII кылымда астрономияны жакшы билгендерди гана ишендире алган, ал эми Г. Менделдин ачылышын Де Фриз кайталап ачкан.

"Абал" концепциясына каршы экинчи далил — этникалык карым- катнаш зоналарында этностордун ортосундагы чектин бүдөмүктүгү болуп саналат. Эгерде граждандык (т. а. социалдык) абал, мисалы, дворяндык наам ыйгаруу, кулчулукка сатуу, туткундан бошотуу ж. у. с. аркылуу дароо өзгөрүүгө дуушар болсо, Хуанхэ өрөөнүндөгү, Константинополдогу же Түндүк Америкадагы этникалык карым-катнаштар азаптуу, узак жана өтө көп ажырымдыктары бар процесс болгон, анткени аргындашуунун натыйжалары көп учурда күтүлбөгөн, эч качан башкарууга мүмкүн болбогон көрүнүштөрдү пайда кылган. Мындай абал негизинен этникалык процесстердин натыйжаларын эске алуу менен аракеттенүүгө мүмкүнчүлүк түзө турган этнологиялык теориянын алигиче иштелип чыгаэлектиги менен гана түшүндүрүлөт.

www.bizdin.kg

Экинчи бөлүк

ЭТНОСТУН МҮНӨЗДҮҮ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

МЫНДА ЭТНОСТОР ЖАРАЛЫП
АНАН КАЙРА ЖОГОЛУП ТУРУУЧУ
ПРОЦЕССКЕ,
ЭТНОГЕНЕЗГЕ
ЖАЛПЫ ТҮШҮНҮК БЕРҮҮ МҮМКҮНЧҮЛҮГҮНӨ
ЭЭ БОЛУУ
ҮЧҮН ТҮЗҮЛГӨН ЭТНИКАЛЫК ФЕНОМЕНДИН
ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮНҮН ТИЗМЕСИ
КАМТЫЛЫП ТУРАТ

6—2446

IV. ЭТНОС ЖАНА ЭТНОНИМ

Аталыштар алдап коюшу ыктымал

Этнологиянын жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдөөдө, баарынан мурда, бир тарабынан реалдуу этнос, экинчи жагынан, анын мүчөлөрү тарабынан кабыл

www.bizdin.kg
алынган этникалык аталыштар (этноним) бири-бирине окшош эмес экендиктерин билип алуу керек[1]. Көп учурда биз бир эле аталышты алып жүргөн бир нече этносту, же тескерисинче, бир эле этностун ар башкача аталып жүргөнүн кездештиребиз. Айталы, "римдиктер" (готат) деген сөз алгачкы кездерде Рим шаарында жашаган элге гана таандык болгон, буга алардын кошунасы — италиктер, а түгүл Лациумдун башка шаарларында жашаган латындар да кирген эмес. Кийин, I—II кылымдарда Рим империясынын доорунда римдиктердин саны мурдагы италиктердин: этрускалардын, самниттердин, лигурлардын, цизальпылык галлдардын жана провинциялардын латын улутуна кайнаса каны кошулбаган көптөгөн тургундарынын эсебинен көбөйгөн. Ал эми 212-жылдагы Каракаллы жардыгынан кийин Рим империясынын территориясындагы муниципийлердеги бардык эркин адамдар, анын ичинде гректер, каппадокиялыктар, еврейлер, берберлер, галлдар, иллирийликтер, германдар ж.б. "римдиктер" деп атала башташат. Ошентип, "римдик" деген түшүнүк өзүнүн этникалык маанисин жоготконсуду, бирок чындыгында андай эмес эле: ал өз аталышынын өзгөрүшүнө гана дуушар болду. Биригүүгө бул саам ата тектин, тилдин, ал эмес маданияттын да жалпылыгы эмес, тарыхый тагдырдын жалпылыгы себеп болду. Этнос ушундай түрдө өтө узак, үч кылым бою өмүр сүрдү, бирок бытырап кетпеди. Тескерисинче, IV—V кылымдарда христиан дини мамлекеттик дин катары кабыл алынып, ал алгачкы үч Собордон кийин аныктоочу белги болуп калгандыктан өзгөрүүгө учурады, бирок жок болуп кетпеди. Бул Соборлорду кабыл туткандар өз адамдар — римдиктер делинди да, аны кабыл тутпагандар душман деп жарыяланды. Ушул принциптин негизинде жаңы этнос калыптанды. Аны биз шарттуу түрдө "византиялык" этнос деп атайбыз. Анткени менен биз византиялыктар деп атаган адамдар, грекче сүйлөшкөнүнө карабай, өздөрүн "ромейлер", т. а. "римдиктербиз" деп аташканын эстен чыгарбайлы. Бара-бара ромейлердин катарына көптөгөн славяндар, армяндар, сириялыктар кирди. Ошентип, алар "римдиктер" деген аталышты Константинополдун кулашына т. а. 1453-жылга чейин сактап келишти. Ромейлер Италиянын жалпы калкын эмес, өздөрүн гана "римдиктербиз" деп эсептешкен. Ал эми Италиянын башка калктары: лангобарддар — феодалдарга, I—III кылымдарда ээн калган Италияга көчүп келген сириялык семиттер — шаардыктарга, ар кайсы убактарда империялык римдиктер жеңип алган бардык элдерден туткунга түшкөн аскерлерден турган мурдагы кыштактардын жашоочулары — дыйкандарга айланган. Анткени менен Италияда жашаган флоренциялыктар, генуалыктар, венециялыктар жана башка элдер римдиктер деп гректерди эмес, өздөрүн эсептешкен. Муну менен алар байыркы шаардын талкаланып урандылары гана калганына карабай Римдин артыкчылыгына тан беришкен.

"Римдиктер" деген этнонимдин үчүнчү бутагы Дунайда жаралды. Дакияны римдиктер жеңип алгандан кийин бул жерде сүргүнгө айдалгандар жана рим башкаруусуна каршы көтөрүлүш чыгарышкан фригиялыктар, каппадокиялыктар, фракиялыктар, галаттар, сириялыктар, гректер, иллирийлер, кыскасы, Рим империясынын чыгыштагы бардык букаралары жаза мөөнөттөрүн өтөшкөн. Бири бирин түшүнүшүү үчүн алар жалпы тил болуп калган латын тилинде сүйлөшүшкөн. Дакиядан римдик легиондор кеткенден кийин сүргүндө жүргөндөрдүн бул жерде калган тукуму XIX кылымда "румындар", т.а. "римдиктер" деген аталышка ээ болуп, жаңы этносту түзөт.

Эгерде Республика мезгилиндеги "римдиктер" менен Империянын акыркы мезгилдериндеги "рим граждандарынын" ортосунда маданияттын таралышына түздөн-түз байланыштуу болгон түшүнүктүн акырындык менен кеңейип отурушу сыяктуу көрүнүштүн мурасталып өтүп турганын байкоого болсо, византиялыктар

менен римдиктердин ортосунда мындай байланыш болгон эмес. Демек, сөздүн мааниси жана мазмуну өзгөрүп тургандыктан ал этносту аныктай ала турган белги боло албайт. Сыягы, сөздүн контекстте кандай мааниде катышып турганын жана бул аркылуу доорду да эске алуу керек окшобойбу, анткени убакыттын өтүшү менен жүрө-жүрө сөздөрдүн мааниси да өзгөрө берет эмеспи. Муну биз "түрк", "татар" жана "моңгол" этнонимдерин чечмелөөдө бир топ ачык байкайбыз.

Чааралакейликтин мисалдары

Алтай менен Каңгайдын чыгыш этектеринде жашаган анча чоң эмес эл VI кылымда түрктөр деп аталышкан. Ийгиликтүү болгон бир нече жортуулдарынын натыйжасында түрктөр Хингандан Азов деңизине чейинки жерлерди каратып алат. Улуу каганаттын букаралары өз этнонимдерин өз мекендеринде гана пайдаланышканы менен түрк ханына баш ийгенин билдиришип, түрк деп да атала башташат. Арабдар Согдуну басып алып, көчмөн элдерге кабылышканда, алардын баарын, анын ичинде угормадыярларды да түрк деп эсептешкен. XVIII кылымда европалык окумуштуулар бардык көчмөндөрдү "les tartars" деп аташса, XIX кылымда лингвистикалык бөлүнүүлөрдүн натыйжасында тил айырмачылыгына байланыштырып "түрк" наамын ыйгарышты. Ошондуктан "түрк" аталышка илгери бул элдин катарына деги эле кирбеген коп элдерди, мисалы, чуваш, жакут жана осмон түрктөрүн да кошуп жиберишкен.

Осмон түрктөрү Эртогрул Кичи Азияга ээрчитип келген жоокер түркмөндөрдүн, курамында курдар, селжуктар, татарлар жана черкестер болгон ислам үчүн күрөшкөн ыктыярдуулардын — газаватчылардын, янычардык кызматка чакырылган славян жигиттеринин, деңиз флотуна алынган гректердин, арабдардын, италиялыктардын, кипрликтердин жана башкалардын, карьера жана бакыт издеген регенат-француздар менен немистердин, татарлар тарабынан кул базарда сатылган грузин, поляк, украин жана башка улуттардын кыздарынын аралашып аргындашуусунан, тарыхчылардын көз алдында жаралган. Тил гана түрктүкү эле, анткени ал аскердик жалпы расмий тил катары кабыл алынган болучу. Так ушул аралашма XV—XVI кылымдарда бирдиктүү бир улутка айланып, өздөрүнөн 1000 жыл илгери Борбордук Азиянын түзөңдөрүндө атак-даңкка жетишип, кийин артына урпак калтырбай тукум курут болуп кеткен баатырлардын урматына "түрк" наамын улутуна ыраа көрдү[2]. Бул жолу да этно-ним иштин чыныгы абалын чагылдырбай, салтты жана даңктуулукка умтулган дооматты билдирип калды.

"Татар" деген этнонимдин түзүлүшү чааралакейликтин чыныгы мисалы боло алат. XII кылымга чейин бул этноним Керулен дарыясынын боюнда жашаган отуз чоң уруудан турган топтун аталышы эле. XII кылымда уруу-уруктар эл болуп куралып жатканда кытай географтары Борбордук Азиянын бардык түрк тилдүү, тунгус тилдүү, моңгол тилдүү көчмөндөрүн, анын ичинде моңголдордун өзүн да татарлар деп атай башташкан. 1206-жылы Чыңгыз өз букаралары мындан ары милдеттүү түрдө "монгол" аталсын деген жардык кабыл алгандан кийин деле коңшу улуттар көнүмүш адат боюнча моңголдорду татарлар деп атай беришкен. "Татар" деген сөз "моңгол" дегендин синоними катары Чыгыш Европага жете келип, Волга боюндагы элдерге тарады. Алар Алтын Ордо ханына ак тилекте экенин билдирүү үчүн өздөрүн татар аташты. Баарынан кызыгы, мурда татарлар деп аталып жүргөн керейлер, наймандар, ойроттор жана татарлар эми өздөрүн моңгол деп атай башташканы болду[3]. Ошентип аталыштар орун алмаштырышты. Так ошо мезгилде татар аталышкан антропологиялык типтеги адамдарды "моңголоид", ал эми Волга боюндагы кыпчак-түрктөрдүн тилин татар тили деген

www.bizdin.kg
илимий терминология пайда болду. Ачыгын айтканда, биз илимде да көз көрүнөө чаташкан терминологияларды кабыл ала беребиз[4].

Андан ары жөнөкөй гана чаташуу эмес, болгондо да этнонимдик фантасмогория улантылат. Алтын Ордонун көчмөн букараларынын баары эле хандык бийликке ак ниетпиз деп бөк түшүп калган эмес. Орол тоолорунун батыш тарабындагы түзөндөрдө жашаган козголоңчулар ногойлор[5] деген атка конушту. Ал эми Жучу улусунун чыгыш тарабындагы Тарбагатай тоолорунда жана Ертиш дарыясынын жээгинде жашап, борбордон алыс болгондугуна байланыштуу өздөрүн эркин сезген эл казак- тардын ата-бабалары болуп калды. Ушул үч этнос тең XIV—XV кылымдардагы ар кайсы этностордон куралып отуруп, буркан-шаркан түшүп аралашуунун жана аргындашуунун негизинде жаралды. Ногойлордун ата- бабалары Батыйдын кызыл кыргындарында аман калган кыпчактар, талаалык аландар, моңгол аскерлери менен кошо келген орто азиялык түрктөр жана ал кездерде этникалык биримдиктин символу ислам динин кабыл алган Россиянын түштүк чет-жакаларындагы калк болгон. Татарлардын курамына камалык булгарлар, хазарлар менен буртастар, ошондой эле кыпчактар менен угорлор-мишарлар кирген. Ак Ордонун эли да ушундай аралашмадан турган. Ал XV кылымда казактын үч башка жүзүнө айланган. Бул ушуну менен эле бүтүп калбайт.

XV кылымдын аяк ченинде Волганын баш жагында жашаган орус кошуундары Волганын орто ченинен орун алган татар шаарларына кол сала баштаганда калктын бир бөлүгү Шейбани хандын (1500—1510) башчылыгы астында өз мекенин таштап, Орто Азияга кетүүгө аргасыз болот. Бул жерде аларды элдешпес душман катары кабыл алышат, анткени жергиликтүү түрктөр өздөрүн "чагатайлар" (орто азиялык улустун башчысы, Чыңгыздын экинчи уулу Чагатайдын ысымынан) аташып, аларды ал кездеги талаалык жана Волга боюндагы татарлардын душманы болгон Темирдин тукумдары башкарып турган. Темир 1395—1396-жылдары Волга боюнда жана ага жанаша жаткан талааларда жашаган татарлардын ташын талкан кылып, мал-мүлкүн талоонго түшүргөн.

Мекенинен качып чыгып, Орто Азияга келген ордолуктар 1312-1341-жылдары Алтын Ордодо бийлик кылып, ислам динин мамлекеттик дин деп жарыялаган Өзбек хандын атынан өздөрүн "өзбек" атай башташат. XVI кылымда өзбектер Темир хандын тукумунун акыркы мураскери Бабурду талкалашты. Аскерлеринин аман калган бөлүгү менен Индияга өтө качкан Бабур ал жерде эл каратып, хандык бийлигин уланткан. Ошентип, Самарканд менен Ферганада кала берген түрктөр өздөрүн багынтып алгандардын атынан — өзбек атап калышты. Индияга кетүүгө аргасыз болгон түрктөр 300 жыл мурда моңгол ханынын кол алдында болушканын унутпай өздөрүн "моңгол" атай башташкан. Ал эми XIII кылымда Чыгыш Иранда отурукташып калышкан чыныгы моңголдор өз тилин сактап калуу менен хазарлар деп аталышкан. "Хэзар" — перс тилинен которгондо миң (кошуундун жоокерлеринин саны) деген маанини билдирет.

Орустарды 240 жыл "эзген" моңголдордун өздөрү кайда? Алар этнос болушкан эмес, анткени Жучунун үч ордо балдарына Чыңгыз 4 миң жоокер мураска берсе, Ыраакы Чыгыштан алардын бир бөлүгү гана келген. Аларды "татарлар" дебестен, кытайдын чжурчжендик Кин (азыркы Цзин) империясынын наамынан "хиндер" деп аташкан[6] Сейрек учуроочу бул наам "Задонщина" дастанында кездешет, анда Мамай[7] "хиндик" деп аталат. Демек, "эзүү" моңголдор эмес, көчмөн өзбектердин ата-бабалары тарабынан ишке ашырылган. Ал өзбектерди азыркы отурукташкан өзбектер менен чаташтыруу жарабайт, бирок алар XIX кылымда камыр- жумур аралашып, азыр бир бүтүн этносту түзүп турат. Азыр алар бир кездерде, XVI кылымда элдешпес душмандардан болгон Темирдин

тукумдары менен Шейбанинин тукумдарын бирдей урматташат, анткени ал душмандашуу XVII кылымда эле өзүнүн маани-маңызын жоготуп салган болучу.

Тарыхта филологиянын алсыздыгы

Жогоруда келтирилген мисалдар Homo sapiens түрүнүн туруктуу жамааты катарында этнос феномени жана этникалык аталыштар, же а түгүл өзүнө өзү берген аталыштар бири-бирин толуктай албай тургандыгын белгилөө үчүн жетишерлик эле болду окшойт. Андыктан сөздү изилдөөчү филологиялык усул этнологияга колдонууга жараксыз. Алдыга койгон маселени такташтыруу үчүн биз эми тарыхка кайрылып, бул илим ал маселеге канчалык жардам көрсөтө аларын байкап көрөлү. Бирок биз мында да күтүлбөгөн кыйынчылыктарга кептелебиз. Тарых илимин пайдалана турган изилдөө бирдиги болуп коомдук институт эсептелет, алар мамлекет, уруулар биримдиги, диний секта, соода компаниясы (Ост- Инди), саясий партия жана д. у. с., кыскасы, бардык элдерде жана бардык кылымдарда жашап келген мекемелер боло алат. Кээде мамлекеттик мекемелер менен этнос дал келет, андай учурларда биз азыркы улуттарга окшош түзүлүштөр жараларын байкайбыз. Бирок мындай дал келүүлөр XIX—XX кылымдарга гана мүнөздүү көрүнүш, байыркы мезгилдерде андай дал келүүлөр болгон эмес. Айрым учурларда диний секталар бир пикирдештерди бириктирип, алар этноско айланат, мисалга Индиядагы сикхилерди көрсөтүүгө болот. Бирок мында жамаатка кирген адамдардын ата теги эсепке алынбайт. Буга окшогон жамааттар көп учурда туруктуу болбойт, алар, айталы, VII кылымда Мухаммед негиздеген мусулман жамааты сымал бир нече этносторго бөлүнүп кетет. Эгерде, алгачкы төрт халифтин мезгилинде ислам өлкөлөрүндө араб урууларынын, сириялыктардын жана перстердин айрым топторунун бирдиктүү бир этноско баш кошуу процесси жүргөн болсо, Омеядалардын заманында бул процесс токтоп, ал эми Аббасилердин убагында басып алуучулар менен баш ийгендердин тукумдары аралашып куралып отуруп, жаңы этносторду түзүштү; аларда "мусулмандык" деп шарттуу аталган бирдиктүү этникалар аралык маданият, жалпы бир араб тили болгон, христиандарга жана бутпарастарга карата алганда өздөрүнүн биримдигин сезе билишкен, бирок алардын тарыхый тагдырлары, каада-салттары, жүрүш-туруш жоболору ар башка болгон, бул айырмачылыктар ар түрдүү секталардын жана идеологиялык концепциялардын түзүлүп, калыптанганынан көрүнгөн.

Этностордун бөлүнүшүнөн улам пайда бөлгөн султанаттар менен эмираттар этникалык жактан чектелүүнүн талабына жооп бериши керек эле, бирок андай болбоду. Жолдуу колбашчылар ар башка тилдүү эл жашаган территорияларды кыска мөөнөткө каратып алып, андан соң коңшу колбашчынын жемине айланып турду, т. а. этникалык бир бүтүндүүлүккө караганда тарыхый түзүлүштөрдүн тагдырлары башкача болду. Албетте, тарыхый тагдырдын жалпылыгы этностун жаралышын жана сакталышын шарттайт, а бирок эки же үч элдин тарыхый тагдыры[8]бир болуп калышы ыктымал, же бир эле элдин ичинде ал тагдыр ар башка болушу мүмкүн. Мисалы, англосакстар менен уэльс кельттери XIII кылымда бир мамлекеттүүлүктү түзүшкөн, бирок алар бир этноско биригип кетишпеди, бул алардын азырга дейре чыр-чатаксыз ынтымактуу жашоосуна тоскоолдук кылган жок. Ал эми III кылымда Иранга көз каранды бөлгөн чыгыш армяндары менен ошол эле мезгилде Византияга караган батыш армяндарынын тагдыры ар башка болгондуктарына карабай этникалык бир бүтүндүгү бузулган эмес. XVI—XVII кылымдарда франциялык гугеноттор менен католиктер тарыхый тагдырлары жана Нант чечими кабыл алынганга чейин жана ал жоюлгандан кийин деле маданияттарынын мүнөздөрү боюнча да бир топ айырмаланышкан.

Анткени менен кан төгүлгөн согуштарга жана чыр-чатактарга карабай Франциянын этникалык бир бүтүндүгү сакталуу бойдон кала берген. Демек, этностордун калыптанышы — этногенез, булактарда жазылып, козго көрүнүп турган тарыхый процесстерге караганда бир топ тереңде жатат. Тарых этнологияга жардам бериши мүмкүн, бирок аны алмаштыра албайт.

V. ТҮРКҮН ТҮСТҮҮЛҮК - ЭТНОСТУН КАСИЕТИ КАТАРЫНДА

Уруулук түзүлүшсүз да жашоого болот

Көптөгөн этностор урууларга жана уруктарга бөлүнөт. Ушундай бөлүнүүлөрдү сөзсүз этноско таандык көрүнүш, же анын түзүлүшүнүн алгачкы баскычы, же этнос жаралар алдындагы жамааттын түрү деп эсептөөгө болобу[9]? Биздин колубузда топтолгон материалдар жок (!) деп айтууга мүмкүндүк берет.

Баарынан мурда азыркы элдердин дээрлик бүт баары эле өзүнүн калыптануусунда жана жашоосунда урукка же урууга бөлүнүүнү башынан кечирбептир. Уруу, урукка бөлүнүү испандарда, французларда, италиялыктарда, румындарда, англиялыктарда, осмон түрктөрүндө, великорустарда, украиндарда, сикхилерде, гректерде (эллиндер буга кирбейт) ж. б. көптөгөн башка элдерде болгон эмес. Анткени менен кландык же уруулук бөлүнүү кельттерде, казактарда, монголдордо, туңгустарда, арабдарда, курддарда жана башка бир топ элдерде сакталып келатат.

Урууга бөлүнүү эзелкиден калган деп айтуу да кыйын. Себеби, византиялыктар же сасанилик перстер моңголдордон 1000 жыл, казактардан 1200 жыл илгери жаралгандарына карабай урууга бөлүнбөй эле жашай алышкан. Ооба, байыркы мезгилдерде уруулук бөлүнүү бардык элдерде учураган деп ойлоого болот, бирок ошондой болгон күндө да, элдүүлүк (этнос) тарыхчынын көз алдында жарала баштагандан берки мезгилдер ичинде антип ойлоо туура эместиги байкалууда. "Урук — уруу — элдүүлүк — улут" деген схема, сыягы, коомдук өнүгүүгө тиешелүү же, тактап айтканда, башка түшүнүккө ээ көрүнүш деп айтуу туура болот. Бүткүл адамзаттын турмушунда Homo sapiens пайда болгондон берки коомдошуп жашоонун үстөмдүк кылып келген түрү — ар кандай түрдөгү үй- бүлө болуп келгени биз изилдеп жаткан маселеге тиешеси жок. Анткени этникалык бир бүтүндүк үй-бүлөлүк түзүлүш менен да, өндүрүштүн жана маданияттын деңгели менен да дал келбейт. Ошондуктан биз өз изилдөөбүздө башка чен-өлчөмдөрдү жана белгилерди издөөгө тийишпиз.

Ошону менен бирге эле элдердин уруулук түзүлүштөргө бөлүнүшү, мисалы, кельттердин кланы, алтайлыктардын сокторго, казактардын
жүздөргө (улуу, орто, кичүү) бөлүнүшү жана башкалар конструктивдүү экенин белгилеп коюу парз. Этностун ичиндеги мындай бөлүнүүлөр этностун биримдиги үчүн сөзсүз керектүү көрүнүш. Топторго бөлүнүү менен жеке адамдар, уруулук же үй-бүлөлүк жамааттардын жалпы жонунан этноско жана бири-бирине болгон мамилелери жөнгө салынып турат. Ушундай бөлүнүүдө гана бир кандаштардын бири-бирине үйлөнбөө тартиби — экзогамия сакталат. Урууларды өкүлдөрү өз уруулуштарынын каалоосун элдик жыйындарда билдирип, согуш учурларында, мейли коргонууда, мейли чабуул жасоодо да кебелбес биримдикти күчөтөт. Айталы, Шотландиядагы кландык биримдик X кылымда викингдердин чабуулдарынын, XII—XV кылымдарда феодалдардын кол салууларынын, XVII—XVIII кылымдарда англиялык буржуазия ачкан согуштардын мизин кайтарып турду. Капиталисттик мамиле гана ал биримдикти буза алды. Ал эми кландык биримдик солгун болгон, мисалы, полаб славяндарын жоокер турмушка бышык

экендиктерине, бодричтер жана лютичтердин жана Руг аралдарынын жашоочуларынын согушчандыгына жана тан калаарлык эрдик көрсөткөндөрүнө карабай немис жана дат рыцарлары аларды эки кылым (XI—XII) ичинде бөлүп-бөлүп талкалап салды. Этностун уруларга бөлүнүшү бир бүтүн дененин алты санын элестетет. Анын булчуңдарын өстүрө билип, күчүнө киргизсе айлана-чөйрө менен күрөшө билүүгө жөндөмү артат.

Анда эмесе, биз байкоого алган нерселерди бөлүктөргө бөлбөстөн жалпы тутуму боюнча карап чыгуунун башка бир жолун сунуш кылып көрөлү.

Уруулук түзүлүштү эмне алмаштыра алат

Толук түрдө өнүккөн, таптык коом стадиясында жашаган элдерде урууга бөлүнүүлөрдүн жоктугунун орду эмнелер менен толукталат? Кул ээлөөчүлүк, феодалдык жана капиталисттик коомдордо тапка бөлүнүү, таптык күрөштөрдүн боло тургандыгы танып кете алгыс чындык. Ошондуктан, тапка бөлүнүү тартибин урууга бөлүнүү менен теңештирүүгө негиз жок. Чындыгында эле коомдун таптарга бөлүнүүсү менен бир катар этностордун топторго бөлүнүүсүн көрөбүз, бирок бул тапка бөлүнүү менен эч кандай дал келбейт. Этностун ич ара бөлүнүшүнө "корпорациялар" деген шарттуу аталыш туура келиши мүмкүн, бирок бул сөз алгачкы пайдаланылган учурунда гана ылайык келет, кийинчерээк башка сөз менен алмаштырылат.

Мисалы, феодалдык Европадагы бир этностун, айталы, француз этносунун ичинде үстөмдүк кылуучу тап ар кандай корпорациядан турган: 1) сөздүн чыныгы маанисиндеги феодалдар, т. а. такта отурган бийлик эгесине вассалдык ант берүү менен байланыш түзгөн жер ээлери; 2) орденге биригишкен рыцарлар; 3) король бийлигинин аппаратын (nobles des rodes) түзгөн нотаблдар; 4) жогорку диний кызматкерлер; 5) илимпоздор, мисалы, Сорбонна университетинин профессорлору; 6) шаар патрицийлери, алар өздөрү — территориялык белги боюнча бөлүнүшкөн, ж. у. с. Мындан башка да алыстык жана жакындык даражаларына жараша чоң же кичи топторго бөлүүгө болот, бирок ошол эле учурда алардын партияларга таандык экенин да, мисалы, XV кылымдын башында арманьяк жана бургунд партияларына тиешелүү болушканын сөзсүз эске алуу зарыл.

Окурман кээде ал топторду сословиелер менен окшоштурууга умтулганы байкалат, анткени ал сословиени социалдык топ катарында түшүнүшөт. Муну так билүү керек: социалдык топтор дегенибизге таптар, ал эми сословиелер дегенибизге административдик бөлүнүүлөр кирет, анткени алар орто кылымдарда "саясий дүйнөдө өзгөчөлүү маанаге... ээ боло алышпай... өзү менен өзү болуп турган.[10]

Ал эми жогортодо сүрөттөлгөн топтор сөздүн толук маанисинде алганда дегеле сословие эмес, алар "өндүрүштүн өбөлгөсү" болуп саналган жамааттар гана[11] болгон. Үй-бүлөлөрдөн өсүп чыккан уруулук коомдор кайсы бир кесиптик коомдоштуктардын варианты катарында чыгышы мүмкүн[12]. Ошону үчүн К.Маркс Орто кылымдардын тарыхын зоологиялык тарых деп атап, мындай типтеги кесиптик "корпорациялар" мыйзам боюнча эч кандай укугу жок болгон, бирок үй-бүлөлүк байланыштары бар жана күч-кубаттуу бастардалар (никесиз туулгандар) менен толукталып турганын белгилеген[13]. Бастардалар айрыкча жүз жылдык согуштан кийин өзгөчө зор роль ойношкон. Айталы, Дюнуа деген бастард Франциянын биринчи рыцары деп аталып, граф наамына татыган.

Жалпы калайык калкка карата алганда мындай бөлүнүүнү колдонуу андан да көбүрөөк даражада ылайык келет, анткени ал кезде ар бир феодалдык аймак өтө ачык байкалган жеке мүнөздү үлүккө ээ болгон. Мисалы, XII кылымда руандыктар өздөрүн англиялыктардын эзүүсүнөн куткарган Филип II Августту жек көрүшкөн, ал эми марселдиктер Людовик IX Египетте туткундалганын угушуп, "Te deum"

ырын ырдап, "сирлерден" кутулабыз деп үмүттөнүшкөн[14]. Буржуазиялык коомдо биз башка корпорацияларды көрүп отурабыз, бирок принциби өзгөрбөстөн сакталып кала берди. Этностордун ичинде таптарга бөлүнүүдөн башка ар бир адамдын "өз" жана "жат" чөйрөдөгү адамдары болот. Бирок сырттан кол салууларга каршы күрөшүүгө келгенде бул топтордун баары бир бүтүн француз эли катары аракеттенишип турган.

Уруулук топторго караганда биз шарттуу түрдө корпорация атап отурган түзүлүштөр өтө туруксуз келет жана көпкө жашай албайт. Албетте, уруулук түзүлүштөр да түбөлүктүү эмес. Андыктан бул экөөнүн ортосунда принципиалдуу айырмачылык жок. Алар өздөрүнүн ички бөлүнүштөрү аркылуу этностун биримдигин сактоочу кызмат аткарышкандыктары менен окшошуп кетишет.

Мындагы эң маанилүү жана кызыктуу нерсе — "корпорациялар" алгач жаралган кездеринде бири экинчисинен психологиясындагы айрым бир нюанстар менен айырмаланып, бара-бара ал айырмачылыктар тереңдеп, калыптанып, толукталып отуруп, акыры үрп-адаттарга жана ырым- жырымдарга, т. а. этнографтар изилдөөчү көрүнүштөргө айланат. Мисалы, байыркы славяндардын эзелки өбүшүү адаты Россия менен Польшада күйөөсү бар айымдарды колунан өбүү салтына айланып, кийинчерээк жергиликтүү дворяндар арасында гана сакталып, калган сословиелерде колдонулбай калган.

Волга боюндагы чоң шаарларда жашаган мещандар менен ар кайсы сословиеден чыккан интеллигенттердин турмуш-тиричилигин байкаган А. М. Горький, алардын бири биринен өтө айырмаланышаарын белгилеп, кечээ жакын арада пайда болгон бул топторду "ар башка урук- уруулар" катары кароону сунуш кылат[15]. Анын бул түшүнүктү (турмуш- тиричиликтериндеги, жүрүш-туруштарындагы, көз караштарындагы айырмачылыктар жөнүндөгү) дал ушундай мааниде колдонуп айтып отурганы, байкагандары абдан туура. Биздин мезгилибизде бул айырмачылыктар дээрлик жоюлуп бүттү. Ал айырмачылыктар кыска мөөнөткө — 80 жылга жакын мезгилге тиешелүү болгон, бирок жогоруда биз айтып кеткендей, көрүнүштөрдүн узактыгы иштин принципиалдуу тарабына таасир көрсөтө албайт.

Субэтникалык топтордун жаралышы

"Корпорация" түшүнүгү биз сунуш кылып отурган көз караш боюнча ачык-айкын болгону менен талдоо жүргүзүүгө келгенде анча жетишсиздик кылат, анткени бул "корпорация" бирдиги этнографиялык өзгөчөлүктөрдөн гана куралбастан, ал башка "корпорациялардан" социалдык тосмолор менен да бөлүнүп турат. Көпчүлүк учурда субэтникалык топтор коомдук топтор менен деги эле дал келбейт. Ошондуктан жогоруда келтирилген мисалды жалпы эреженин ичинде капилет жолуга калчу окуя катары гана кароо зарыл.

Французлардын этногенезине кайрадан кайрылалы. XVI кылымда бул элдин башынан өткөн Реформация мурдагы бардык "корпорацияларды" таанылгыс кылып өзгөрттү. Феодалдык аристократия, майда дворяндар, буржуазия жана дыйкандар "папачыларга" жана "гугенотторго" бөлүнүп кетти. Эки топтун социалдык негиздери бири биринен айырмаланган эмес, бирок этнотерриториялык топтук бөлүнүүлөр ачык эле байкалып турат. Луара дарыясынын төмөнкү агымдарында жашаган кельттер кальвинизмди жактаса, Ла-Рошелдин соодагерлери реформаторлордун тирегине айланган. Гаскондук сеньорлор менен Наварранын королдору кальвинизмди кабыл алышкан. Бургунд тукумдары, Севенн дыйкандары менен Лангедок буржуасы болгон альбигойлордун мураскерлери реформа кыймылына кошулушту. А бирок Париж, Лотарингия жана борбордук

www.bizdin.kg
Франция Рим чиркөөсүнө берилген бойдон калды. Мурдагы бардык "корпорациялар" өзүнөн өзү жок болду, анткени "чиркөөгө" же "жамаатка" таандык болуу эки кылым бою тиги же бул субэтникалык бир бүтүндүккө таандык болуунун аныктоочу белгиси болуп турду.

Мында теология чечүүчү роль ойноду деп айтууга болбойт. Французлардын көпчүлүк бөлүгү "саясатчылар" болгондуктан Сорбонна менен Женеванын талаш-тартышына кызыгып да коюшкан жок. Гаскондук сабатсыз барондор, Севенн тоолорун мекендеген жапайы чалыш калк, Ла- Рошелдин шайдоот корсарлары же Париж менен Анжер шаарларынын тегерегиндеги майда кол өнөрчүлөр Жазмыш же Пресуществления (т. а. динчилер чиркөөдө жеп, ичкен дубаланган нан менен шарапта кудайдын денеси жана каны бар деген ишеним — котормочу) сыяктуу түшүнүктөрдүн эмне экенин толук андай алышкан эмес. Эгерде алар өз өмүрлөрүн мессага же Библияга арнаган болсо, анда тигиниси да, мунусу да алардын өз алдынчалыгынын жана бирин экинчисине карама-каршы коюунун символу болгон, демек, тереңдеги карама-каршылыктардын индикатору да болгон. Бул карама-каршылыктар таптык мүнөзгө ээ болгон эмес, анткени эки тараптан тең дворяндар, дыйкандар жана буржуазия бири-бирине каршы кырчылдашып турушкан. Анткен менен католиктер жана гугеноттор жүрүш-туруш үрп-адаттары боюнча биринен бири ачык эле айырмаланып турушкан. А бул болсо, биз жогоруда макулдашканыбыздай, этникалык өзгөчөлөнүүнүн негизги принциби болуп саналат жана бул ушундайча өзгөчөлөнүүгө жетишерлик негиз бар дегенди билдирет.

Эгерде гугеноттор өздөрүнө бир үзүм территория бөлүп алып, ал жерге түндүк америкалыктарга же швейцариялыктарга окшоп өз алдынча мамлекет түзүп алганда эмне болот эле? Балким, анда аларды тарыхый тагдырдын ийри-буйру өзгөрүштөрү жараткан өзүнчө этнос катары карамакпыз. Анда алардын өзгөчөлөнгөн турмуш-тиричилиги, үрп-адаттары, маданияты, психикалык кулк-мүнөзү болмок. А балким, өзүнчө тили да калыптанмак, мындайда алар Париж диалектисинде сүйлөөнү таш- тап, жергиликтүү диалектилердин бирин тандап, өркүндөтүп алышмак. Бул процесс англичандардан америкалыктардын бөлүнүшүнүн так өзүнө окшош көрүнүш болмок.

Шотланддар, албетте, өзүнчө этнос, бирок алар гайлендерлерден (тоолуктардан) — кельттерден жана лоулендерлерден (Твид дарыясынын өрөөнүндөгү калк) турат. Алардын ата тектери ар башка. Бул жерде байыркы мезгилдерде өз денелерине сүрөт (пикта) тартып кооздошкон, I—II кылымдарда римдиктердин чабуулдарынын мизин кайтарган каледондуктар жашаган. III кылымда аларга Ирландиядан ооп келген скоттор кошулат. Бул эки уруу тең романдашып кеткен Британияга, андан соң Англиянын түндүк чет-жакаларына кыйраткыч чабуулдарды жасап, аралдын чыгыш тарабын ээлеп алган норвегиялык викингдер менен салгылашып турушкан. 954-жылы шотланддардын иши оңунан чыгып, алар сакстар менен норвегиялык викингдердин тукумдары жашаган Твид дарыясынын жээгиндеги Лотиан түздүктөрүн басып алышат. Шотландиялык королдор жергиликтүү байларды өздөрүнө жакындатып, алардын жардамы менен кельт кландарынын жолбашчыларынын өз алдынчалыгын чектеп салышат. Ошону менен катар королдор өз букараларынын көптөгөн үрп-адаттарын, анын ичинде феодалдык тартиптерди жана жорук-жосундарды кабыл алууга аргасыз болушат. Анткени Лотиандын бай жана ишкер адамдары Англияга чектеш жерлерди коргоону моюндарына алгандыктан, өздөрүнүн кельт кожоюндарынан Шотландиянын чакан королдук болуп түзүлүшүн талап кылышат[16]. XIV кылымда Шотландияга Франциянын королдору Жан Балиол менен Робер Брюстун авантюрист жан-жөкөрлөрү Англия менен согушууга агылып келишет. Французлардын

www.bizdin.kg
эсебинен чек ара феодалдарынын саны көбөйөт. Кельттер Реформациянын кучагына көбүрөөк кабылып, өрөөндөрдө кальвинчилер менен бир катарда католиктер да орун алып туруп калат. Кыскасын айтканда, бул элдин генезисинде расалар жана маданияттар, уруулук түзүлүш жана феодализм өтмө катар аралашып, татаалдашып кеткенине карабай этникалык бир бүтүндүк бузулган эмес, бул биримдик англиялыктар менен, кийинчерээк — ирландиялыктар менен болгон согуштарда көрүндү.

Дагы бир башка түрдөгү жамаатташтык — эски диний ырым-жырымды туткандар буга мүнөздүү мисал боло алат. Старообрядчылар XVII кылымда чиркөөнүн кээ бир ырым-жырымдарын реформалоону кабыл алышпаган великоросстордун чакан бөлүгү экени белгилүү. Ал кезде чиркөө диндин милдетин гана аткарбастан синтездик искусствонун да милдетин аткарган, т. а. эстетикалык боштукту (вакуумду) толуктап турган. Андыктан, үрп-адатты аткаруу талабы абдан катуу болгон: айталы, биздин заманда кайсы бир орто заар жазылган ырларды окуудан же начар тартылган сүрөттөрдү көрүүдөн эч кимдин көңүлү курсант болбосо керек, анын сынарындай ал XVII кылымда аллилуйаны трегуба менен, күңүрт түстөгү кудай сүрөттөрүн жаңы тартылган кызгылт-көгүш түстөгү иконалар менен алмаштыруу сыйынуучулардын белгилүү бир бөлүгүнүн маанайына бүлүк салган. Алар өздөрүнүн тынчын алган жаны кырдаалга ылайыкташа албай жаткан эле.

Чындыгында бул да Реформация убагында Батыш Европадагы этностун бөлүнүшүндөй, бирок масштабы жагынан кичирээк бөлүнүү болгон. Анткени менен православиелик христиандардын баары эле эски диний үрп-адатты жактап кетпеди. Ал эми эски диний үрп адатты катуу сактоого бел байлагандар өлүм жазасынан жана кыйноолордон коркпой бекем турушту. Оңтойлуу учурлар келе калганда каршы чабуулга өтүп, өздөрүн кандай талкалашса алар да никониандарды ошондой катуу талкалап турушту. Мындай салгылашуулар падыша айым Софьянын регенттик мезгилиндеги аткычтардын көтөрүлүшү убагында ачык эле болуп турду. Айыгышуу эки тараптан тең күчөдү. XVII кылымда бул талаш-тартыш чиркөө үрп-адаты жөнүндө гана жүрдү. Ал эми турмуш-тиричиликте, билим берүү системасында, жүрүш-туруш адаттары жагынан эски ырым-жырымдарды тутуучулар жалпы элдин ичинде өзгөчөлөнгөн эмес. Петр 1нин убагында алардын экинчи мууну элден бөлүнүп, өзгөчөлөнгөн топту түздү. XVIII кылымдын акыры ченде алардын үрп-адаттары, ырым-жырымдары жана кийимдери жалпы элдикинен кескин айырмаланып жана жарым- жартылай сакталып турган эле. Екатерина II аларды куугунтуктоого тыюу салат, бирок бул жеңилдик алардын жалпы этнос менен кошулуп кетишине алып келген жок. Этностун ичинде жаңыдан түзүлгөн бул жамааттын мүчөлөрүнүн катарында миллионер купецтер да, казак-орустар да, Волганын ары жагындагы кембагал дыйкандар да бар эле. Эң алды тагдырлардын окшоштугу менен, т. а. өздөрүнө өтө кымбат көрүнгөн принциптен тайыбоо, аны үчүн өлүмдөн да кайра тартпоо менен биригишкен бул жамаат ар кайсы диний багыттардагы башчылар (насаатчылар) жетектегенине карабай, турмуш-тиричилигинин жалпылыгы аркылуу бөлүнбөс жамаатты түзө алышкан[17]. XX кылымда алар аз-аздан калк арасына сиңип, жоголууга баш коёт, анткени алардын андан ары жашай беришин шарттаган себептер жоголуп калган эле.

Келтирилген мисалдар сейрек учурай турган, бирок ачык-айкын мисалдар. Көп учурда этнос ичиндеги топторго территориянын бирдиги менен табигый түрдө пайда болуучу жердешчилик жамаатын кошсо болот. Мындай бөлүнүүлөр уруулардын урук, тайпаларга бөлүнүүсү сымал этникалык бир бүтүндүктү буза албайт.

Эми биз корутунду чыгарсак болот: этностун ичинде оз алдынча бир бүтүндүктү түзгөн топтордун көрүнүшү болгон социалдык формалар ар түркүн болот жана алар этностун тайпалары менен ар дайым эле дал келе бербейт; этностун ичиндеги бөлүнүүлөр этностун бир бүтүндүгүн сактап туруучу жана аны туруктуу кылуучу шарт болуп саналат; мындай бөлүнүүлөр бардык мезгилдерге жана коомдук өнүгүүнүн бардык баскычтарына мүнөздүү көрүнүш болгон.

Этникалык байланыштардын түрлөрү

Буга дейре биз чоң этностордун ичиндеги майда топторду карап чыктык, бирок маселе түйүнү ошону менен эле чечилип калган жок. Реалдуу тарыхый процесстерде этностордун өтө обочолонуп жашагандыгы учурабайт. Тескерисинче, саясий жактан көп этникалуу мамлекеттерге биригип жашап турган территорияларда этникалык карым-катнаштардын ар кандай варианттары пайда болот. Ал карым-катнаштарды изилдей келгенде төрт вариантты көрүүгө болот: а) жанаша жашоо, мында этностор техникалык жаңылыктарды гана өз ара кабыл алышат, бирин бири туурабайт, окшоштуктардан качат жана аралашып кетпейт; б) ассимиляция, т. а. бир этностун экинчи бир этносту ата тегин жана каада-салтын толук жоготтуруп, сиңирип алышы; с) метистешүү, мында муну жараткан этностордун каада-салты жана ата-бабаны эске тутуу бирдей сакталат; бул варианттар көпчүлүк убакта туруксуз болот жана жаңы метистер менен толукталып жашоосун улайт; d) кошулуп кетүү, мында алгач кошулган эки этностун өз салттары унутулат да, ал экөөнүн катарында башка жаңы үчүнчү этнос жаралат. Чындыгында бул этногенездин башкы варианты болуп саналат жана ал эмнегедир башка варианттарга караганда өтө сейрек учурайт.

Мына ушул төрт мүчөлүү системаны көрсөтмөлүү мисалдар менен сүрөттөп көрөлүк. Мында а варианты көп тараган вариант. Трамвайга европеоид расасындагы, окшош кийинген, бир ашканадан тамактанган, колтуктарына кыскан гезиттери да окшош төрт адам — орус, немис, татар жана грузин кирди дейли. Жеке өзгөчөлүктөрүн эске албаганда да, төртөөнүн деги эле окшош эместиктери айкын-ачык. "Анын эмнеси бар экен? — деп мага бир оппонентим каршы чыкты. — Эгерде эле ал трамвайда кандайдыр бир улуттук чыр-чатак башталып кетпесе, тиги төртөө өз этносторунан сырткары жүргөн адамга тиешелүү калбааттык менен жолун улантышат". Жок, андай эмес дедим мен. Бул жерде кокусунан пайда болгон ар бир окуяга төртөө төрт башка мамиле жасайт. Айталы, ал трамвайга кирген мас жигит тигинде отурган аялга обу жок тийише баштады дейлик. Биз байкоо салган төрт адамыбыз бул окуяга кандай мамиле жасашат? Грузин ага чыдабай, тиги жигитти алка-жалкадан алып, трамвайдан түшүрүп салууга аракеттенет. Немис жактырбаган түр көрсөтүп, милийса чакырат. Орус аны уялтуу үчүн бир нече насаат сөз айтар, ал эми татар эч нерсе көрбөгөн, билбегендей тетири бурулуп тура берет. Абалдын өзгөрүшүнө жараша жүрүш-туруш мамилесинин өзгөрүшү, ар кайсы этностордун (суперэтностордун) өкүлдөрүнүн жүрүш-туруш өзгөчөлүктөрүн өтө ачык айырмалап салат.

Бул толук түшүнүктүү нерсе. Бардык нерселер жана көрүнүштөр ай-калышууда ачык байкалат. Эгерде катарлаш чачылган соодага жана лимон кислотасына суу куюлса көбүрүп-жабырып реакция пайда болот. Тарыхта жогоруда суу куюлганда пайда болгон реакциядай абал үзгүлтүксүз жүрүп турат жана анын качан бүтөрү эч кимге белгисиз.

А түгүл жанаша жашаган эки башка этностун жакындашуусу жөн гана бейтарап жакындашуу боло албайт. Кээде мындай жакындашуу өтө зарыл. Мисалы, Конго дарыясынын баш жагында бантулар менен пигмейлер эриш-аркак

www.bizdin.kg
симбиоздо жашашат. Пигмейлердин жардамысыз негрлер токой аралап жүрө алышпайт. Тропикти аралап кеткен бөксө жолдорду тазалап турбаса, бат эле чытырман басып кетет. Негр банту токой ичинде европалыктан бетер адашып, үйүнөн жыйырма метр алыстыкта жан таслим болушу ыктымал. Пигмейлерге болсо бычак, идиш аяк жана башка тиричилик буюмдары керек. Бул эки этностун бири бирине окшош эместиги алардын бакыбат жашоосунун шарты жана алардын достугу да ушуга байланышкан.

Узак мезгил бою душмандашып жанаша жашоонун вариантын Л. Н. Толстой гребен казактары менен чечендердин жанжалдары аркылуу эң сонун сүрөттөп жазган. Анткени менен жазуучу коңшу эки этностун бири бирине урматтоо менен мамиле жасашканын жана казак-орустардын орус жоокерлерине ото кооптонуу менен караганын туура баамдаган. Ал жоокерлер Терек казак-орустары менен великоросстордун ассимиляциясынын башатында турган жана бул процесс XX кылымдын башы ченде толук аяктаган.

В варианты (ассимиляция) көпчүлүк учурларда кан төкпөстөн, ошентсе да өкүнүчтүү жол менен ишке ашат. Ассимиляцияга туш болуучу тарапка альтернативалуу шарт коюлат: же ар-намыстан ажыроо же өлүмгө башын байлоо керек. Экөөнүн бири. Өмүр менен кош айтышуунун ордуна өтө кымбат жана көнүмүш жашоо турмушунан баш тартып, жеңүүчүлөрдүн арасында экинчи сорттогу адамга айлануага аргасызсың. Бирок мында жеңүүчүлөр деле жарытылуу пайда таппайт, себеби ассимиляциянын натыйжасында эки жүздүү, көбүн эсе чыккынчы улутташтарга ээ болот. Анткени жеңилген этностун сырткы көрүнүшүн көзөмөлгө алганы менен анын ичкерки маанайын, дилин билүү мүмкүн эмес. Муну англиялыктарга XIX кылымда ирланддар, испандарга Симон Боливардын партизандары, кытайларга дуңгандар ачык көрсөтүшпөдүбү. Мындай мисалдар өтө көп жана натыйжасы да белгилүү.

С варианты (метистешүү) өтө көп учурайт, бирок экзогамдык никеден туулгандардын тукуму үчүнчү-төртүнчү муунда жоголот же атанын же эненин тукуму болуп бөлүнүп кетет. Мисалы, XVI кылымда жашаган түрктөр чыныгы түрк болуу үчүн ислам дининде келме келтирип, Султанга баш ийүү жетиштүү болот деп эсептешкен. Башкача айтканда, алар этноско тиешелүү болууну "абал" катары түшүнүшкөн жана аны каалагандай өзгөртө берсе болот деп ойлошкон. Ошону үчүн түрктөр аскер кызматына кайсыдыр бир кесипти же согуш өнөрүн өздөштүрүп алган ар кандай авантюристтерди ала беришкен. Акыры анын азабын 100 жылдан кийин тартышпадыбы.

Бийик Портанын XVII кылымда начарлашы ошол мезгилдеги түрк жазуучуларынын көңүлүн бурган. Алардын ою боюнча начарлоого "ажемогландар", т. а. ренегаттардан туулган балдар[18] себеп болгон. Албетте, алардын (неофиттердин) ак жүрөктүүлүгү жөнүндө бул жерде кеп жок. Айрым ренегаттар ишмер жана пайдасы зор адамдар болгону ырас, мисалы, француз Кеприлю жана грек Хайраддин Барбаросса ушундай адамдар болгон. Анткени менен көпчүлүк ренегаттар өздөрүнө жылуу-жумшак жай табуунун алакетин көрүп, оңой-олтоң пайданы увазирлердин гаремдерине толуп кеткен поляк, грек, хорват, италия ж. б. аялдар аркылуу таап турушкан. Так ушул митайым жан бактылар *ni foi ni loi* осмон этносун талкалап салышты. Ошентип, чыныгы осмондор XVIII кылымда өз өлкөсүндө эзилген этностун абалында калган. Тукуму бөлөктөрдүн көбөйүшү адеп-ахлакты бузду. Ал увазирлердин чыккынчылыгынан, соттордун саткынчылыгынан, аскерлердин согушуу жөндөмү начарлаганынан, экономиканын талкаланганынан көрүнүп турду. XIX кылымдын башына жакын ченде Түркия "оорулуу адам" болуп калды. Күчтүү элдин начарлаган элге айланышынын анча түшүнүксүз себептерин талдай келип жана ренегаттардын ролуна токтолуп, орустун белгилүү чыгыш тануучу илимпозу В. Д. Смирнов өз

диссертациясында мындай деп жазган: "Деги кимдир бирөөлөр эң кур дегенде тамаша иретинде бөлсө да, славян, грек, мадьяр, италия жана башка улуттардын Чайковский, Лангевич өңдүү инсандары ислам динин чын пейилден кабыл алган деп айта алабы? Албетте, эч ким анте албайт. Ага карабай так ошо ала салмай, көңтөрмөйгө көнгөн амалдуулар осмон уруусунун эр жүрөк баатырдыктарынын жемишин өз пайдасына колдонуп кетишти. Аларда дин ишеними болбогондуктан адеп-ахлактык мамиле да болгон эмес, өздөрү бийлик кылган элге жылуу сезими болбогондуктан алар өз курсагынын камын көздөп малча жашоого өтүшкөн. Ар бир чыныгы атуулга тиешелүү саясий иштерге кызыгуунун ордуна, алар гаремдердеги ушак-айын, интригалар менен алектенип калышкан. Үй-бүлөлүк байланыштары кан аралыштыруунун кесепеттери ашынып кеткендиги менен үзүлүп, айыкпас дарттар менен толукталып турган. Өз милдетин сезе билүү... өзүнө окшогон саясий ишмерлердин жалаа жабуусунан чочулоо, өзүнүн мыйзамсыз иштерин жымсалдоо үчүн мыйзамдан таяныч издөө менен убара болушту. Жалпы жыргалчылык жөнүндөгү алардын түшүнүгү өз чөнтөгүнүн камын көрүү менен чектелген. Кыскасы, алардын аты эле осмон болгону менен чындыгында андай боло алышкан эмес"[19] Андай болсо бул көрүнүштүн чечүүчү фактору эмнеде — табияттабы же граждандык абалдабы?

Экзогамиянын ролу

Ошентип, Түркияга бөтөн урууларды ичкери жайылышы ансыз да курчуп бараткан таптык карама-каршылыкты күчөттү. Карама-каршылыктын курчушу этникалык бир бүтүндүктү буза баштады. Бөтөн уруу өкүлдөрү көбүрөөк тартылган мамлекеттик мекемелердин амалпоздорунун оңду-солду саткынчылык кылып, уят-сыйыттан кетиши этникалык бүтүндүккө доо кетирээри дал ошондо байкалган.

Ошентсе да таптык карама-каршылыктын күчөшү осмондордун этногенезин ылдамдатты. Этникалык жана социалдык процесстердин бир регионду айкалышуусу байыртан "берекелүү Жарым Ай" өлкөсү аталып келаткан дүйнөнүн бай мамлекетинин ландшафттарын антропогендик өзгөрүштөргө дуушарларды. Селим 1нин XVI кылымдагы жеңиштүү жортуулдары б. з. ч. III кылымда эле ургаалдуу өнүктүрүлгөн, дыйканчылыгы кол тие элек ландшафттарын өзгөрткөн Сирия, Палестина, Египет, Месопатамияны осмон султандарынын колуна салып берген.

Тигр менен Евфрат дарыяларынын төмөнкү агымдарында шумерлер "сууну кургак жерлерден бөлүп" отуруп түзгөн өлкөнү ошол мезгилдердеги замандаштары "Эдем" деп аташкан. Аккадийликтер Вавилонду — миллион адам жашаган дүйнөдөгү биринчи шаарды — "Кудайдын дарбазасын" курушту. Шаардын ошончо калкына азык-түлүк сырт жактардан ташылып келинбей эле жетиштүү болгон. Антиохия, андан соң Дамаск жергиликтүү байлыктардын эсебинен гүлдөп-өнүккөн маданияттуу жана куунак көңүлдүү чоң шаарлар болгон. Кичи Азия өтө зор Константинопол шаарын багып турду.

Бирок дыйканчылык аймактарын ар дайым камкордукка алып туруу керек эле. Муну араб халифтери түшүнө билишкендиктен Месопатамиядагы ирригацияны сактоо үчүн Занзибардан кулдарды сатып алып турушкан, византиялык автократорлор ошол аймактагы жаратылыш шарттарга көбүрөөк ылайык келген майда дыйкан чарбаларын атайын жардыктар менен колдоп турушкан, ал эмес моңгол илханы Газан Түндүктөгү Эки Дарыянын кургакчыл бөлүгүнө канал курдурган. Алдыңкы Азиянын дыйканчылык ландшафттарынын бузулушу кечирээк, XVII—XIX кылымдарда, узакка созулган тынчтык мезгилде жана Осмон империясы начарлаган мезгилдерде башталды. Салыктардан жедеп

кыйналып бүткөн сириялык, ирактык жана киликийлик дыйкандар айдоо жерлерди таштап салып, деңиз жээктериндеги каракчылардын шаарларына өз бактыларын издеп кетишти. Каракчы шаарларда ал кезде же тез арада баюу, же башынан айрылуу мүмкүн болчу. Ал эми коркоктугунан жана жалкоолугунан үйлөрүндө кала бергендер ирригацияга көңүл бурбагандыктан качандыр бир кездеги бай жана мол түшүмдүү өлкө какыраган ээн жерге айланды.

Бул коркунучтуу жана бүлүндүргүч процесстин башталышын ошо заманда жашагандар да белгилеп кетишкен. "Улуу Моголдорго" баш ийген Индияда да ушундай окуяларды байкаган француз авантюристи жана Аурангзеба гвардиясынын врачы Франсуа Бернье, өзүнүн Кольберге жазган катында үч эң чоң мусулман өлкөлөрүнүн — Индия, Түркия жана Персиянын сөзсүз начарлай тургандыгын алдын ала айткан. Ал перс ак сөөктөрү жергиликтүү элден экендигин белгилеп, персиянын начарлашы өтө жай жүрөрүн болжолдогон[20]. Ал Кучибей Гомуржин менен сүйлөшүп, макулдашып алышкан эмес. Ф.Берньенин айткандары ошо кезде Кучибей Гомуржин алдын ала айткан пикир менен дал келгендиги эки акылман адам бир эле процесске байкоо салып, туура жыйынтык чыгарып, келечекте эмне болорун алдын ала айта алышкандыгы менен гана түшүндүрүлөт. Мындан биз төмөнкүдөй жыйынтык чыгарсак болот. Бир эле коомдук түзүлүштүн шартында, социалдык абалдын туруктуу экендигине карабай, мамлекет аталган саясий системада жашап жаткан этникалык компоненттердин ара катышы өзгөрүлүп турган шартта ландшафттын абалы өтө сезгич барометр сыяктуу жогорулоонун же төмөндөөнүн пайда болгонун, ошондой эле абалдын оңолгон мезгилдерин көрсөтүп турарына биз макул болушубуз керек.

Эгер эле ушундай экени ырас болсо, анда бул авторлор айтып кеткен себептерди — региондун ландшафттары менен байланышпаган жана экзогамиялык никеге тыюу салууга баш ийбеген жаңы этникалык топтор пайда болорун жокко чыгарууга негиз жок. Ал эми экзогамиялык чектөөлөр региондогу майда этникалык топтордун көп түрдүүлүгүнө шарт түзүү менен майда этникалык топторду өзүнө камтып турган ландшафттын сакталышына алып келет. Демек, табият менен маданиятты этникалык эркин карым-катыштар менен чек билбеген никелешүүлөр бузат!

Бул күтүлбөгөн жана коркунучтуу корутунду болгону менен, ал Ньютондун экинчи мыйзамына ылайыкталып айтылган корутунду болуп саналат: айталы, коомдогу эркиндик аркылуу утулуп алынган нерселер табият менен, тагыраак айтканда, географиялык чөйрө жана адамдын өз физиологиясы менен карым-катнашуусунда жоготууга учурайт, анткени, биздин денебизде да жаратылыш бар эмеспи.

Мындай көрүнүштөр Рим менен Байыркы Ирандагы жана дагы көп өлкөлөрдө орун алгандыктан алардан жалпы бир мыйзам ченемдүүлүктү байкоого болот: эндогамия никеси этникалык тосмо катарында сакталган элдерде этногенез процесси жай жана анча кыйынчылыксыз жүрөт, мында этнос үч жүз жыл же миң жыл жашайбы, ага баары бир. Ошондуктан Ю. В. Бромлейдин — этносту инкорпорацияланууудан сактап туруучу тосмо катарында эндогамиянын стабилдештирүүчү роль ойноору жөнүндө айтканы талашсыз туура пикир[21].

Чечмелеп түшүндүрүү тажрыйбасы

Эми, жогоруда айтылган көрүнүштөрдүн маани-маңызын чечмелеп түшүндүрүп көрөлү. Эгерде этносту процесс катары карай турган болсок, анда бири экинчисине окшошпогон эки процесстин кагылышуусу интерференцияга — эки жактын башатында турган негиздин бузулушуна алып келет. Мындай

бирикмелер анча туруктуу боло албай, сырттан келүүчү таасирлерге чыдамы жок жана узак жашоого жөндөмсүз келет. Туругу жок мындай системалардын талкаланышы аны түзүп турган компоненттердин ыдырап, бул системага кирген адамдардын тукум курут болушун да шарттайт.

Жаратылыштын мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн жалпы механизмин бузуу мына ушундай кыйроого алып келет. Бирок мунун да оң жолго алып кетүүчү жактары бар. Биригүүгө учураган эки башаттын ритмдеринин туруксуз абалы жаңы ритмдин жаралышынын, т. а. жаңы инерциялык процесстин жаралышынын шарты болуп саналат. Анын эмнеге байланыштуу экенин азырынча айтпай коё туралы, анткени ал оңой-олтоң чечиле койбой турган өтө олуттуу маселе. Кантсе да, этникалык традицияларды сактоо үчүн эндогамия зарыл нерсе, анткени, эндогамиялык үй-бүлө балага жүрүш-туруштун калыптанып бүткөн жоболорун берет, ал эми экзогамиялык үй-бүлө балдарына жүрүш-туруштун бирин бири сиңирип ала турган эки башка көнүмүш адаттарын өткөрүп берет. Ошентип экзогамия "социалдык абалга" дегеле таандык болбосо да жана башка нуктагы көрүнүш болсо да этногенез факторлорунун ичине кирет экен, т. а. байланыштарда нагыз ичтен иритүүчү фактор болот экен.

А түгүл этностор кагылышкан чөлкөмдө, айрым учурларда жаңы этнос пайда болот да, ал мурдагы эки этносту өзүнө сиңирип алат, т. а. жок кылат. Жыйынтыктап айтканда, жогоруда сөз болгон мисалда, ошондой эле көпчүлүк учурларда расалык принцип эч кандай роль ойнобойт. Кеп дене түзүлүшүндөгү айырмачылыктар жөнүндө эмес, жүрүш-туруштардагы айырмачылыктар жөнүндө жүрүп жатат. Мисалы, тоолук тибеттиктер, талаалыктар жана кытайлар 1-катардагы бирдиктүү моңголоид расасына кирет, ал эми 2-катарды тактай келгенде түндүк кытайлар расалык белгилери боюнча түштүк кытайларга караганда сянбилер менен тибеттиктерге жакын экени байкалып отурат. Анткени менен баш сөөк түзүлүшүнүн, көздүн жана чачтын түстөрүнүн, эпикантустун жана башкалардын окшоштуктары этногенетикалык процесстер үчүн маанаге ээ болгон эмес.

Кээде ишенбөөчүлүктү туудурганына карабай, жогоруда келтирилген мисалдар этностун ландшафт менен байланышын далилдеп отурат. Хуанхэ өрөөнүн ээлеген хуннулар бул жерде мал багып турмуш өткөрсө, кытайлар арык чаап, суу жүгүртүп, эгин айдашкан, ал эми эки улуттан төрөлгөн аргындар мал бакканга да, эгин айдаганга да көнө алышпай, коңшу өлкөлөрдүн жана өздөрүнүн букараларын жырткычтык менен талап-тоногондуктан жерлер айдалбай, дыңга айланып, табигый биоценоздун кайра калыптанышына апкелген. Ооба, биоценоз токойлордун эпсиз кыйылганына жана падышанын аң уулаганынан улам туяктуу айбанаттардын кырылганына карабай кайра калыбына келген. Ушундай болушу керек.

Мына ошондуктан этносту абал катары кароо концепциясын теориялык тургудан алганда гана эмес, даректүү маалыматтарды ар тараптуу талдоолордун зарылчылыгы да четке кагат. Эгерде этносту узакка созулуучу процесс десек, анда ал Жердин биочөйрөнүн бир бөлүгү болуп саналат. Ал эми ландшафтты техниканы колдонуунун натыйжасында өзгөртүү этнос менен байланыштуу болгондуктан, этнологияны географиялык илимге тиешелүү деп кароо керек. Анткени менен ал өзүнүн алгачкы даректерин сөздүн тар маанисинде алганда тарыхтан табат, т. а. окуялардын өз ара байланыштарын жана алардын ыраатын тарыхый маалыматтар аркылуу изилдеп аныктайт.

VI. ЭТНОСТУН ЖҮРҮШ-ТУРУШ АДАТТАРЫ

Окшош эместик — принцип катарында

Ар бир этнос өзүнүн ички түзүлүшүнө жана жүрүш-туруштун өзүнө гана мүнөздүү болгон адаттарына ээ. Кээде этностун ички түзүлүшү менен жүрүш-туруш адаттары муундан муунга өзгөрүп отурат. Мындай өзгөрүү этностун өнүгүп-өсүп, этногенездин токтобой уланып жаткандыгын билдирет. Айрым учурда этностун ички түзүлүшү туруктуу келет, анткени жаңы муун мурунку муундун жашоо жолун улантып турат. Мындай этнос- тор — персистенттик, т. а. жашоосун жаңыртып, узарткан этнос деп аталат. Мунун кандайча болору жөнүндө төмөндө айтабыз, ал эми азырынча "түзүлүш" деген түшүнүктү жүрүш-туруш адаттарына карата алган- да анын туруктуулук даражасына же өзгөрмөлүүлүгүнө байланыштырбай, өзүнчө карап маанисин тактап алалы.

Этностун жүрүш-туруш адаттарынын түзүлүшү — бул мамилелердин белгилүү бир так жобосу болуп саналат, буга төмөнкүлөр кирет: а) жамаат менен жеке адамдын ортосундагы; Ь) жеке адамдардын ортосундагы; с) этнос ичиндеги топтордун ортосундагы; с1) этнос менен этнос ичиндеги топтордун ортосундагы мамилелер. Бул нормалар ар учурда ар башка өзгөчөлүккө ээ болот да, кээде тез, кээде өтө жай өзгөрүлүп, турмуш- тиричиликтин бардык тарабында учурайт. Муну ар бир этнос, ар кайсы замандарда өздөрүнүн чогуу жашоосунун бирден бир жолу катарында кабыл алышкандыктан, этностун ар бир мүчөсү анын оорчулугун сезбейт. Башка бир этностун кыял-жоругу, каада-салттары менен тааныша кел- генде экинчи бир этностун адамы таң калып, бушайман болуп, өз улутташтарына бөтөн этнос мүчөлөрүнүн апендилигин айтып берүүгө аракеттенет. Чындыгында этностор аралык мамилелер кандай байыркы мамилелер болсо, ошондой эле байыркы илим болгон этнографиянын негизин дал ушундай аңгемелер менен уламыштар түзөт. Булардын болгон айырмачылыгы эле бул: алгачкы айтылган аңгеме-баяндарга караганда илимий жалпылоонун кыйыры кененирээк болот да, маалыматтар иретке келтирилет, анан да бөтөн этностордун салт-санаа, үрп-адаттары этнографты таң калтырбайт.

Муну мисалдап түшүндүрүп көрөлү. Байыркы афинылык бир адам Ольвияга барып келип, скифтердин турак жайы болбостугун жана өз майрам-салтанаттарында эстен тангыча ичип мас болушарын кыжырлануу менен айтып берет. А скифтер болсо, гректердин ичкилик ичкенин көрүп, ушунчалык көңүлдөрү айныган экен, бир жолу Ольвияга конокко барып, эллиндердин кыйкырык-чуусуна кошулуп, башына гүлчамбар кийип, колуна падыша таягын кармап басып жүргөн өздөрүнүн падышасынын жоругу жакпагандыктан, өлтүрүп салышкан. Иудейлер римдиктерди чочконун этин жегендиктери үчүн жек көрүшсө, римдиктер иудейлердин эркек балдарды сүннөткө отургузуу салтын жактырышкан эмес. Француз рыцарлары Палестинаны басып алган кезде арабдардын көп аял алуу адатына ачууланышса, арабдар француз кыз-келиндеринин бетин жаппай жүрөөрүн уятсыздык деп эсептешкен. Айта берсе мисал көп.

Этнография илими буга окшогон жөнөкөй түшүнүктөрдөн арылып чыгып, изилдөөлөрдүн негизине жеке адамдардын карым-катнаш мамилелеринин нормаларына жооп бере алуучу системаны кабылдады. Бул норма жеке адамдардын бири-бири менен мамилесин жана алардын жалпы алганда жамаат менен болуучу карым-катнаш мамилесин да аныктайт. Мисалга нике мамилелерин алып көрөлү. Чортураак айтканда мындай мамилелердин түрү өтө ар башкача келет: мында моногамиялык үй- бүлөдөн баштап, никесиз эле

жыныстык байланышта болуу мамилесин айтсак болот. Мисалы, кээ бир элдерде никелешүүгө чейин кыз наристе бойдон жүрүшү керек, дагы бир элдерде кыз турмушка чыкканга чейин эле жыныстык катнаштардын ыктарын алдын ала үйрөнүшү зарыл. Кээде ажырашуу оңой, кээде кыйын, а кээде деги эле мүмкүн эмес. Кээ бир элдерде ойноштук кылган аялдар катуу жазаланат, кайсы бир улуттар үйүнө келген конокторго аялдарын салып берет (Хами өрөөнүндө жашаган уйгурлар өз аялдарын соодагерлерге салып берип байыганын, Чынгыз хан тукумдарынын бийлиги учурунда өтө бай жашашкандарына карабай жана коңшуларына уятсыздык катарында көрүнгөн бул адаттарынан баш тартышпаганын жогоруда кеп кылдык).

Так ушундай эле жол менен парзды сезе билүү кайсы элде кандай түшүнүккө ээ экенин талдоо мүмкүнчүлүгү бар. Феодалдык Англия менен Францияда вассал өз сюзеренине маяна үчүн гана кызмат кылууга милдеттүү болгон. Эгер сюзерен ага маяна (бенефиций) төлөй албаса ал башка сюзеренге (мисалы, испан королуна) өтүүгө укуктуу болгон. Башка диндегилерге, айталы мусулмандарга кызматка өтсө чыккынчы аталган, бирок мындайлар өтө көп болгондуктан ренегат деген атайы термин да пайда болгон. Тескерисинче, Рим менен Грецияда коомдук милдеттер акысыз аткарылып, ал граждандык парз катарында эсептелген. Баса, ал граждандар коомдук парзын аткаруунун эсебинен эбин таап байып кетишкен.

Этностун жүрүш-туруш адаттары өтө күчтүү болгондуктан аны этностун мүчөсү бирден бир татыктуу адат катары кабыл алат да, бөтөн элдикин "жапайычылык" деп эсептейт. Ушундай көнүмүштөн улам англиялык колонизаторлор индейлерди, африкалыктарды, моңголдорду, ал эмес орустарды да жапайылар деп мазакташкан. Акыйкатта, алар оз кезегинде англиялыктарды да жапайылар деп эсептешкен. Кытайлардын көөдөн көтөрмөйү андан бетер күчтүү болгон. Миң заманында Францияга жиберилген бир географиялык маалыматнааманы мисалга келтирели: "Түндүк-батыштагы деңизде бир өлкө бар... 1518-жылы король ал жакка жер жөнүндө жазгандарын чабарман аркылуу жөнөтүп, өзүн бул өлкөдө да король катары таанууну өтүнгөн"[22].

Жүрүш-туруш адаттарынын өзгөрмөлүүлүгү

Этностун жүрүш-туруш адаттары да этностун өзү сымал эле ургаалдуу өнүгүп-өсүп, өзгөрүп турат. Үрп-адат, каада-салттар жана өз ара мамилелердин нормалары кээде жай, акырындык менен, кээде өтө тез өзгөрөт. Англияны мисалга келтирели. Шайыр браконьер Робин Гудду же "Ак кошуундун" мергенчи жигитин, же болбосо анын түздөн-түз тукуму болгон матрос-корсар Френсис Дрейкти, же Кромвелдин "темир каптал" жоокерин келт уруусунун балдарын мыкаачылык менен өлтүргөн сакстын тукуму деп айтууга болобу? Лондон Ситидеги клерк, викториан заманындагы тыкан жана солдойгон адам, же XX кылымдагы узун чачтуу декадент жана баңгилер алардын тукумдары деп айтууга болобу? Канча айткан менен Англия илгертен эски көз караштар менен адаттарды катуу сактаган өлкө болгон эмеспи. Эскини бекем туткан Англияда ушундай өзгөрүүлөр болуп жаткан соң башка этностор жөнүндө эмне деп айтмакчыбыз, алардын бейнесинин өзгөрүшүнө ички өнүгүүлөр гана таасир бербестен, сырткы нерселер — маданий алмашуулар, каада-салттарды мажбурлоо жолу менен өзгөртүүчү согуштук жеңип алуулар жана акырында, этностун керектөөлөрүн жана үйрөнгөн кесибин алмаштырууга түрткөн экономикалык кысымдар да таасир берип турган[23].

www.bizdin.kg

Ошондуктан этностун жүрүш-туруш адаттары жөнүндө сөз кылганыбызда, биз анын кайсы заманга тиешелүү экенин да милдеттүү түрдө көрсөтүшүбүз зарыл. Анан да "жапайы" же "караңгы" уруулар өнүккөн улуттарга караганда салтты катуу сактайт деп ойлоонун кереги жок. Мындай ой айрыкча индейлерди, африкалыктарды жана Сибирь элдерин жетиштүү изилдебегендиктен улам келип чыккан. Канадада арак, Таитиде консерва сатуу уюштурулду эле, дакоттор менен полинезиялыктардын жүрүш-туруш адаттары дароо өзгөрдү, өзгөргөндө да көп учурда начар жагына өзгөрдү. Анткени менен көпчүлүк учурларда өзгөрүштөр этнос- тун өзүнө гана таандык жол менен, мурда калыптанып калган салт жобо- лор менен түшүнүктөрдүн негизинде уланып отурган. Бардык этногенетикалык процесстердин кайталанбас касиети жана этногенез процесстеринин бири бирине окшошпогондугунун себеби дал мына ушунда. Акыйкатта, бул жерде да мыйзам ченемдүүлүктөр бар, болгону аны таба билүү гана керек.

Мындай мисалдарды, алардын ичинде экономикалык, юридикалык, социалдык, турмуш-тиричиликтеги, диний жана башка өз ара мамилелерге тиешелүү болгон жүрүш-туруштун нормалары жагындагы мисалдарды да каалаганча табууга болот; бул мамилелер канчалык татаал болбосун алар этностун ички түзүлүшүн сактап турган негизги принцип болуп саналат. Гуманитардык илимдин тургусунан алганда биз сүрөттөп жазган көрүнүш салттык көрүнүш катарында жана социалдык өз ара мамилелердин модификациясы катарында белгилүү, ал эми табият илимдери жагынан алганда ал көрүнүш ошондой эле мыйзам ченемдүү келет да, чектелген зоналарда жана түрлөрдүн популяцияларында өз ажырымдыктары бар болгон жүрүш-туруш адаты катарында түшүндүрүлөт.

Ошентип, этнос дегенибиз — өзүн башка жамааттардан өзгөчөлөп бөлүп туруучу адамдардын жамааты экен. Тарыхый мезгилдерде жаралып жана кайра жоголуп турганына карабай этнос аздыр же көптүр туруктуу келет. Бизге белгилүү болгон бардык учурларга колдонууга ылайык келчү, этносту так аныктай турган бир да реалдуу белги жок. Тил, ата тек, адат- салт, материалдык маданият, идеология кээде этносту аныктоочу көрүнүш- төрдөн болушу мүмкүн, кээде андай боло албайт. Бизге белгилүү болгон аныктоочу белгилердин арасынан биз жеке адамдардын "Биз баланча деген элбиз, калгандары башка, бөтөн-бөлөктөр" деп айткандарын гана бөлүп көрсөтө алабыз. Мындай көрүнүш универсалдуу болгондуктан ал көрүнүш биз издеп таппай жаткан аныктоочу белги кандайдыр бир физикалык же биологиялык реалдуулукту чагылдырып турат деп болжолдосо болчудай. Ал "аныктоочу белгинин" маани-маңызын этностордун жаралуусу менен жоголуусун жана этностордун ортосундагы өз ара принципиалдуу айырмачылыктарды талдоо аркылуу гана ачып көрсөтүүгө болот. Ал айырмачылыктарды таап, аныктоо үчүн бул же тигил этностун жүрүш- туруш адаттарын ырааттуулук менен сүрөттөп жазып чыгуу зарыл. Анан да этностун жүрүш-турушу анын жаш курагына жараша өзгөрүлөөрүн жана ал курак этностун тарыхый майданда пайда болгон мезгилинен баштап эсептелинерин унутпоо зарыл. Ошондуктан өзүбүздүн талдообузга этнодинамиканы белгилөө ыгын киргизишибиз керек, ошондо гана аныктоонун экинчи баскычына өтүүгө болот. "Бир бүтүндүк катарында этностун мезгил категориясына карата мамилесин билдирген психологиялык абал ошондой ык болуп саналат, анткени ал бир жагынан, бардык адамдарга мүнөздүү болот, экинчи жагынан, ал этникалык динамиканын көрсөткүчү (индикатору) боло алгыдай жетишерлик түрдө көп кырдуу көрүнүшкө ээ.

Этнос жана мезгилдин төрт бөлөк сезилиши

"Мезгил" деген эмне экенин эч ким так билбейт. А бирок аны эсептөөнү адамдар билип алышкан. Ал эмес эн артта калган элдер да кайсы бир шарттуу датадан баштап ("Римдин негизделиши", "Дүйнөнүн жаралышы", "Христостун туулушу", "Хижра" — Мухаммеддин Меккеден Мединага качып келиши ж. у. с.) убакытты узактык боюнча эсептөөнү билишпесе да күн менен түндү, жыл мезгилдерин, өзүнүн туулганынан берки "жашоо санжырасын" айныбай билет жана да аптаны, айды, ар бири жаныбарлардын атын алып жүргөн он эки жылды (түрк-моңгол календары) так ажырата алышат. Салыштырмалуу этнографиянын тактоолоруна караганда убакытты узактык боюнча эсептөө этнос өз тарыхын өзгөчө көрүнүш катары сезе баштаганда эмес, өз тарыхын өзүнө жанаша жашаган башка өлкөлөрдүн тарыхы менен байланышта сезе билген кез- ден башталат. Билимдердин топтолушуна жараша элдин аң-сезиминде мезгилди бөлүп кароо пайда болот, т. а. аны узактыктыгы жагынан дегеле бирдей болбогон, бирок окуялардын молдугу боюнча бирдей болгон доорлорго бөлүү жаралат. Бул жерде "мезгил" категориясы, атап айтканда, тарыхый процесстин ылдамдашына себеп болгон "күч" категориясын жалгашат[24].

Мезгилди эсептөө системасынын мына ушундай ар түрдүүлүгү этнопсихологиядагы олуттуу өзгөрүүлөргө ылайык келерин көрсөтүп отурат, бул болсо өз кезегинде этностун жаш курагында болгон өзгөрүүлөр аркылуу аныкталат. Биздин изилдөөлөрүбүз үчүн эсептөөнүн тиги же бул системасы маанилүү эмес, өткөн чак деген түшүнүктөрдөгү айырмачылыктар маанилүү болуп саналат.

Этникалык жалпылык өзүнүн калыптануусунун алгачкы доорун башынан кечире баштаган мезгилде анын калкынын алдыңкы бөлүгү бүткүл системаны этникалык өнүгүү жолуна салып, кыймыл-аракетке келтирүү менен катар материалдык жана идеялык баалуулуктарды да топтоп жүрүп отурат. Этикалык жактагы мындай топтолгон баалуулуктар "императивге" айланат да, мезгил жагынан алганда "пассеизм" деп атаса боло турган туюм-сезимге өсүп чыгат. Мунун маани-маңызы — этникалык бир бүтүндүктү түзүүгө жан аябай аракеттенип жатканда бир адам өзүн ата- бабалардын ишин улантуучу катары сезип, өзү да ага алынын жетишинче салым кошууга далалаттанып, дагы бир жеңишке жетиш, дагы бир имарат куруш, дагы бир чыгарма жаратыш, дагы бир кылычты сомдоо жана д. у. с. зарыл иштерди аткарууга умтулгандыкты билдирет. "Дагы" деген түшүнүк бул жерде өткөндөгүлөр биротоло жок болуп кеткен жок, алар бүгүнкү адамдын аң-сезиминде жашап турат, ошондуктан ал өткөндө-гүлөргө дагы бир жаңылык кийирүү керек деген ой-максат ага тыным бербейт, ошол аракеттин натыйжасында өткөндөгүлөр дагы бир жаңы нерселер менен толукталып алга жыларын билдирет. Жашап өткөргөн ар бир мүнөт өткөндөгүлөргө жалгашып жаткандай кабыл алынат (Passeexistente).

Ата мекен үчүн жан кыйган баатырлардын эрдиги мезгилди мына ушундайча кабыл алуунун натыйжасында жаралат: Фермопилдеги спарталык жоокер Леониддин, Карфагендеги консул Аттилия Регулдун, Ронсевал капчыгайында Роланддын жан аябай эрдик көрсөтүшкөндөрү буга далил. Бул Роланд тарыхый бретондук маркграф жана "Роланд жөнүндөгү баяндын" адабий каарманынын дал өзү. Куликов талаасында курман болгон Сергий Радонежский чиркөөсүнүн монахтары Пересвет менен Ослябя деген баатырлар, "өзүнүн ханын" куугундан кутултуш үчүн Чыңгыз хандын аскерлерин алаксытып, теңдешсиз кармашууга чыккан карайт баатыр Хадах-Баатур да ошондой адамдардан болушкан[25]. Мына ушундай мүнөздөгү европалык адамдар өз ысымдарын түбөлүк калтырууну ойлонуп коюшпай, Европада готикалык чиркөөлөрдүн көз жоосун алган имараттарын курушту, индиялыктар үңкүрлөрдөгү храмдарында көргөндү таң

калтырган айкелдерди чегишти, египеттик усталар фараондордун укмуш күмбөздөрүн курушту, полинезиялыктар өз мекендештери үчүн Американы ачып, жашаган аралдарына кумар (таттуу картөшкө) жашылчасын апкелип өстүрүштү. Аларга өздөрүнүн жеке кызыкчылыктарын көздөшпөгөндүктөрү жалпы мүнөздүү болгон. Алар өздөрүнүн иштерин өмүр максаттарына айландырып, аны жанынан артык көрүшсө керек. Ооба, бул альтруизм эмес, алар жакшы көргөн нерселер алардын өзүндөгү адамдык касиети болгон, мунун башка да себептери бар. Алар өздөрүн өткөндөгү улуу салттарды улантуучу гана эмес, ата-баба мурастарынын бир курамы катары сезишкен. Ошондуктан өздөрүнүн нервдик-психологиялык касиетине жараша, ишмердүүлүктүн түрүн жана жолун тандап алып, ал каада-салттардын урматы үчүн өз өмүрлөрүн согуш талаасында баатырдык менен курмандыкка чалган же бүткүл өмүрүн өнөрчүлүк ишине сарптап өткөргөн. Мындай мүнөздөгү адамдар бардык замандарда, бардык элдерде болгон, бирок алар этногенездин башталыш тепкичтеринде бир кыйла көбүрөөк болот да, кийинчерээк саны азайа баштаганда, биз айтып жүргөн "гүлдөө" доору башталат, бирок муну "ысырапчылык доору" деп атоо туура болмок.

Ошол пассеизмдин ордуна эми актуализм келет. Актуализм мүнөзүндөгү адамдар өткөндү унутуп, келечекке кызыккылары да келбейт. Алар бүгүнкү күн менен гана, өздөрү үчүн гана жашагылары келет. Алар эрктүү, кайраттуу, таланттуу болушат, бирок иштеген иши өздөрүнүн гана жеке мүдөөлөрү үчүн иштелет. Алар да эрдик көрсөтүшөт, бирок ал эрдиктери өздөрүнүн байлыкка, коомдогу бийик абалга, бийликке жетүү жана ал бийлигине ыракаттануу үчүн гана жасалат. Себеби, утурумдук ыракаттанып жашоо алардын бирден бир башкы максаты болуп саналат. Римде — Гай Марий жана Люций Корнелий Сулла, Афиныда — Алкивиад, Францияда — принц "Улуу Конде", Людовик XIV жана Наполеон, Россияда — Иван Грозный, Кытайда — Суй императору Ян Ди (605—618) ушундай адамдардан болушкан. Ал эми өз ысымдарын даңкка бөлөө үчүн кандайдыр бир укмуш нерселерди жасай салышкан жазуучу, сүрөтчү, профессорлорду жана д. у. с. эсептей келсең сан жетпейт! Бар байлыгын ичкиликке же кумар оюнга сайгандар, өмүрүн оюн-зоок менен өткөргөндөр да ушулардын катарына кирет. Алар да бүгүнкү күнү менен жашайт жана бул өмүр бою уланат. Мындай адамдардын пайызы этностун катарында көбөйүп кеткен учурда, өз өмүрлөрүн курмандыкка чалып чогулткан ата-бабалардын мурас-байлыктары тез түгөнө баштаганына карабай, ушул мезгил молчулук, барчылык мезгил, "гүлдөгөн" доор катарында кабыл алынып, жалган түшүнүк пайда болот.

Ушундай мүнөздөгү адамдарды айыптайын деген ой жок менде, окурман. Алардын мезгилди кабылдоосу жогоруда биз сүрөттөп жазган мүнөздөрдүн көрүнүшү сыяктуу эле алардын мындай жүрүш-турушу жасалма эмес, тетирисинче, жогорку нерв системасынын өзгөчөлүгүнө жараша болот. Алар башкача жашоону каалаган күндө да, ал колунан келбейт. "Күндүк өмүрүн болсо, түштүгүнө жорго мин!", "Мен өлгөн соң, жер астын-үстүн болсо, кайылмын" деген ылакап кептер бекер айтылган эмес, жүрөктөн чыккан сөздөр. Этностун катарында мындай мүнөздөгү адамдардын болушу анын өнүгүүсүн токтотот, асты жоголууга жол ачпайт. А кээде пайдасы да тиет. Себеби, мындай адамдар өзүнүн керт башынын амандыгын гана ойлогондуктан коңшу жашагандар менен кагылышка барып, өмүрүнө зыян келтирүүдөн качат. Мунун натыйжасында этникалык ареалды чексиз кеңейте берүүгө умтулуу табигый чектердин орнотулушу менен алмашылат.

Биз байкап, жолуктуруп жүргөн үчүнчү вариант — өткөндү эстен чыгаруу менен бирге келечек үчүн бүгүнкүнү да элес албай коюу болуп эсептелет. Мында өткөндөгүлөр жок болуп кеткен нерсе катары кабылданса, бүгүнкү көңүлгө

www.bizdin.kg
жакпай, кыялдагы келечекке гана үмүт жүктөлөт. Дүйнөгө мындай көз караштын эң сонун мисалы катары Элладада жашаган Платондун идеализмин, Рим империясындагы иудейлик хилиазмды, манихейлик (альбигойчулук) жана маркиондук (кудайдын ырайымына ишенүү) багыттагы сектанттык кыймылдарды айтсак болот. Футуризмдин таасирине Араб халифаты да кабылган, IX кылымдан баштап Бахрейн бедуиндери карматтык идеологияны кабыл алышып, ал Сирия, Египет, Иранга чейин тараган. Натыйжада карматтар Египетте Фатимилердин династиясын орнотушуп, Иранда тоолук Аламут, Гирдекух, Люмбасар шаар-чептерди ээлеп алып, ал жактан мусулман султандары менен эмирлерине өз буйруктарын таңуулап турушкан. Перстер аларды — измайылчылар, ал эми кресттүүлөр аларды асасиндер деп аташты.

Карматтардын идеологиясы диний эмес, ачык эле идеалисттик маанайдагы идеология болгон. Алардын окуусу боюнча дүйнө бирин-бири күзгүдөй чагылдырып турган эки бөлүктөн турат. Бул дүйнөдө карматтар абдан начар жашаган, аларды эзишкен, мазактаган, талап-тоногон. Тиги дүйнөдө тескерисинче болушу тийиш: алар, карматтар мусулмандар менен христиандарды эзип, мазактап, талап-тоноп бийлик кылат. Тиги дүйнө жыргалына — алар "тирүү кудайдын" жана ал дайындаган пирлердин жардамы менен жетишет, ошондуктан алар пирлерге баш ийип, ай сайын садага төлөп, битир берип турууга милдеттүү болушкан. Карматтардын бул идеологиясында диний эч нерсе болгон эмес. Алардын аракетин феодалдык эзүүчүлөргө каршы күрөш катары кароо карматтардын ишмердүүлүгүнүн бир гана тарабын чагылдырат, бул кыймылдын башка, мындан да маанилүү тарабы да бар болгон. Каирдеги Фатимилердин жана Аламутта бийлик жүргүзгөн Хасан Саббахтын кадимки феодалдык эзүүчүлөрдөн эч кандай айырмасы болгон эмес, алар кээде өз саясий кызыкчылыктары үчүн социалдык карама-каршылыктарды пайдаланып турушкан. Деги, кайсы бир секта же уюшкан баш кесерлер жалпы элдин таламын талашат дешке болобу?

Анткени менен III кылымда Байыркы Кытайда, мезгилге көңүл чөктү мамиле жасоо дыйкандардын "сары жоолукчандардын" көтөрүлүшүн тутантты. Таптык карама-каршылыктар менен катар даос окумуштуулары Кичүү Хан (25—220) династиясы бийлик кылган мезгилдерде конфуцийчилер тарабынан мамлекеттик кызматтардан сүрүлүп чыгып, кара курсактарын оору-сыркоолорду дарылап же аба-ырайын алдын ала божомол айтып берип багып калышкан. Кайырчыдай жашоодон жадаганда алар "көкө теңир зордугун" акыры "сары теңир акыйкаты" алмаштырат деген теорияны ойлоп чыгарууга аргасыз болушкан. Чындыгында эле көкө теңир көтөрүлүшкө чыккандардын жана андан кийинки дүрбөлөңгө түшкөндөрдүн төгүлгөн канынан кочкулдана түшкөнсүдү. Ошол козголоңдун айынан Кытайда жашаган элдин саны 50 миллиондон 7,5 миллионго дейре кыскарды. Эл башына түшкөн мүшкүл үчүн даос үгүгчүлөрүн гана күнөөлөө кыйын, анткени козголоңго катышкандардын дээрлик көпчүлүгү деги эле философиялык концепция эмне экенинен кабары болгон эмес. Биз бул окуядан улам көңүл чөктү сезим күчөгөндө пассеисттик сезим начарлап, элдин жашоо аракетинен сыртка сүрүлүп, унутта каларын түшүнүп отурабыз. Ошону үчүн III кылым Кытай тарыхын байыркы жана орто кылымга бөлгөн мезгил катары каралып калды. Ошентип, идеологиялык жана материалдык жаңы баалуулуктар VI кылымда, Суй династиясы бийлик кылган мезгилде кайрадан топтоло баштап, Тан династиясы бийлик кылган VII кылымда пассеисттик агымга айланды. "Беш варвар" деп аталган аскердик тоң моюн жана көчмөн бийлик жүргүзгөн падышачылык мезгилдеги руханий кыйроого карама-каршы "байыркы баалуулук- тарга кайтуу" урааны менен жаңы өз алдынча маданият жаратуу сыяктуу көрүнүштү Н. И. Конрад кытай ренессансы деп атаган[26].

Мезгилди көңүл чөктү мамиле менен кабыл алуу өтө аз кездешет, ал чектен чыккан түшүнүксүз көрүнүш деп корутундуласак да болмок. Бирок андай эмес, мунун да өз мыйзам ченемдүүлүктөрү бар. Бул көрүнүш да этникалык жалпылыкка кыйратуучу таасир тийгизгендиктен, бүтүндөй бир этнос, толугу менен жок болот, же "кыялкечтер" өз кыялдарын ишке ашты деп жарыялап, актуалисттерге айланат, т. а. бардык башка адамдардай жашоо өткөрүү жолуна түшөт. Дүйнөнү көңүл чөктү мамиледе кабыл алуу башка көз караштар менен аралашпай өзүнчө турганда айлана-чөйрөдөгүлөр үчүн коркунуч туулат. Ал дүйнөнү башкача кабыл алган көз караштар менен аралашып кеткенде айрым жакшы көрүнүштөрдү жаратышы да мүмкүн. Мисалы, Мюнстерде кан төгүлгөн кагылышты жараткан талаш-тартышты Иоанн Лейденский ушунчалык күчөтө алган, ага салыштырмалуу азыркы баптисттер — өздөрүнүн идеялык жана руханий бабаларына түк окшошпойт. Алар азыр кадимки католиктерге, протестанттарга, атеисттерге жакыныраак турат. Башкача айтканда, алар туткан идея мезгилге болгон мамилени чагылдырбайт жана аны менен байланышпайт. Мезгилди көңүл чөктү кабыл алуунун ар түрдүү варианттары ишке ашкан кезде этникалык бөлүнүүлөрдү жаратат. Мындай көрүнүштөр биз изилдеген мезгилдердин баарынан учурагандыктан этностордун жок болуп кетиши жана жаңылардын пайда болушу күтүлбөгөн окуя деле эмес экен. Тигиниси да, мунусу да диалектикалык процесстин бир эле тутумун — этногенезди көрсөткөндүктөн, биз пенде катары ар кандай ой- пикирлерге жана маанайларга жан тартып турганыбыз менен, илимпоз катары бул кыймылдын жалпы багытындагы өзгөрүүлөрдүн негизги себептерин кылдат талдап, карым-катыштарын так аныктоого милдеттүүбүз.

Пассеизм, актуализм жана футуризм этникалык өнүгүүнүн үч баскычын чагылдырат. Мындан сырткары, этностун статикалык абалына дал келүүчү мезгил категориясын баалоо системасы да болууга тийиш жана чындыгында ал система бар. Ал система мезгилди тануу, жокко чыгаруу аракети менен өзгөчөлөнөт. Мындай өзгөчөлүгү бар адамдар мезгил жөнүндө ойлоп да, ага кызыгып да койбойт, анткени алар өз нанын таап жеп жаткан ишмердүүлүгүнө мезгил эсебинен эч кандай пайда алайышпайт. Булар (аларды биз жогоруда катардагы жөн-жай адамдар атадык) өнүгүүнүн бардык тепкичтеринде жолугат жана коомдо ар кандай башка категориялар бар учурда, алардын бар же жок экени анчалык билинбейт. Ал эми "футуризмдин" салтанат курушу менен анын атаандаштары жоголот да, бардык көңүл чөктү адамдар жайнап чыга келишип, болуп көрбөгөндөй орто заар жашоого кезек жетет, натыйжада тарыхый мезгил токтоп, жерлер айдалбай, дыңга айланат.

Ошентип, биз өз изилдөөбүздүн бардык багыттарын камтып, этникалык калыптануунун төрт курамдык түзүлүшү жөнүндөгү божомол туура экендигин аныктадык. Бул кокустан дал келүү эмес, же ойлонулуп табылган түзүлүш да эмес, бул этникалык бүлүнүү процессинин чыныгы маңызынын чагылышы гана. Эгерде биз өз изилдөөбүздө теманы акыр аягына дейре талдап бүттүк дей турган болсок, анда этнология эле эмес, этностордун өздөрү да алда качан эле жок болмок, мындай дегеним, өткөндөгү тарыхый узак убакыт ичинде алардын баары бүлүнүп, таркалып кеткенин көрмөкпүз. Акыйкатта, этникалык ички өнүгүүлөрдөгү кыйраткыч процесстер менен бир катарда жаңы этникалык жалпылыктарды түзө турган жаратуучу процесстер да жүрүп турат окшобойбу. Ошондуктан, адамзаттын этникалык тарыхы улана берет жана Жер бетинде адамдар бар кезде ал токтобойт. Анткени этнос дегенибиз адамдардын санын билдирген арифметикалык сумма эмес, ал "система" — түшүнүк болуп саналат, ал түшүнүктү толук ачып көрсөтүү талап кылынат.

VII. ЭТНОС - СИСТЕМА КАТАРЫНДА

"Системанын" жөнөкөй түшүнүгү

Социалдык системанын кеңири белгилүү мисалы катары бир үйдө чогуу жашаган үй-бүлөнү алалы. Системанын элементтери: үй-бүлө мүчөлөрү жана алар колдонуучу буюм-тайымдар, анын ичинде күйөөсү, аялы, кайын энеси, уулу, кызы, үй, кудук, мышык бар. Булар чогуу түрдө, күйөөсү менен аялы ажырашып кеткиче, өз алдынча иштеп, маяна таап балдар бөлүнгүчө, кайын энеси менен күйөө баласы урушуп калгычакты, кудуктун оозун чөп басып, суусу балырлагыча, мышык там үстүнө бала тууганга дейре бирдиктүү үй бүлөнү түзөт. Ушундай "бөлүнүүдөн" кийин, үй-бүлө мүчөлөрү чогуу болушкан күндө да ал үй-бүлө болбой калат, короодогу жандуу жана жансыз нерселердин баары өз ордунда болгонуна карабай үй-бүлө системасы бузулуп, жок болуп кетет. Тескерисинче, эгерде кайын эне өлүп, үй кайра курулуп, мышык кайдадыр жоголуп, уул өз алдынча бөлүнүп, элементтердин саны кыскарганына карабай үй-бүлө сакталып калат. Анткени системанын чыныгы көрүнүшү жана аракети үчүн жандуу жана жансыз нерселер негизги фактор боло албайт, мында эн башкы ролду өз ара байланыштар аткарат. Ал эми байланыш деген түшүнүктүн оордук-жеңилдиги, ысык-суугу, заряды жок экени белгилүү.

Бул бири экинчисине окшошпогон адамдардын ортосундагы ички байланыш системалык байланыштын чыныгы көрүнүшү болуп эсептелет. Муну кайсы бир башка көрсөткүчтөр аркылуу аныктоо мүмкүн эмес.

Системадагы байланыштар оң жана тескери таасирдүү болуп, айрым адамдар өз өмүрүндө системадагы байланыштардын оң жана тетири белгилерин алмаштыруу өзгөчөлүгүнө ээ. Мисал келтирели. Жаны туулган наристенин улуулар менен байланышында өзгөчө багыты жана "салмагы" болот[27]. Ал жөнүндө камкордук көрүлөт, аны тарбиялап, окутат. Ал эр жетип үй-бүлөгө ата болгон мезгилде байланыш белгиси тетири өзгөрүлөт: ал өз ата-энесине камкордук көрүп, балдарын тарбиялайт. Акыры, ал өзү картайганда кайрадан камкордукка жана багууга муктаж болуп калат. Бул мыйзам ченемдүүлүк ар кандай системанын туруктуу эместигин жана анын динамикалык тең салмактуулукта (гомеостаз) болорун же бул системадан сырткары турган кайсы бир импульстун түрткүсүнө жараша кыймылда болуп турарын көрсөтөт. Балким, бул импульс жогорку баскычтагы система үчүн чектелүү болушу мүмкүн, бирок мындан таасир механизми өзгөрүп кетпейт.

Үй-бүлө — системанын эң ачык мисалы. Анткени менен мындан бир топ татаал системалар, айталы, этнос, социалдык түзүлүш, түр, биогеоценоз да ошол эле мыйзам ченемдүүлүккө баш иет. Алар иерархиянын принциби боюнча түзүлгөнүнө карабай, подсистемалар — системалык бир бүтүндүктү — суперсистеманы; суперсистемалар — гиперсистеманы ж. у. с. түзөт. Ушинтип, динамикалык стереотиптерди түзгөн жалпы байланыштардын бар болуп турушу аздыр-көптүр туруктуу келет, бирок эч качан түбөлүктүү боло албайт.

Ошентип, система катарында этностун туруктуулугунун ченеми анын чоңдугу, т. а. элинин саны жана ата-баба салтын толугу менен кайталагандыгы менен аныкталбастан, байланыштардын орточо эсеби менен аныкталат. Белгилүү бир чектерден сыртка кескин түрдө чыгып кетүү же кыйроого, же дүркүрөп өнүгүүгө алып келет. Этностун ийкемдүүлүгү ушундайча түзүлөт. Ал ийкемдүүлүк сырткы таасирлердин күчүн басаңдатууга, ал эми кээде жоготкондорун калыбына келтирүүгө мүмкүндүк берет, анткени "көп байланышы" бар система байланыштарды кайра түзүүдөгү жоготууларды толуктайт.

Мына ушундай жөнөкөй түшүндүрүүдөн соң эми илимий аныктоолорго, т. а. бизге зарыл керек болгон көлөмдөгү кибернетикага жана системалогияга өтөлү.

Этнологиядагы "система"

Н. Винер кибернетиканы башкаруу жана жаныбар менен машинедеги байланыштар жөнүндөгү илим катары аныктаган[28]. "Кибернетика татаал системаларды изилдөө усулдарында татыктуу орунду ээлейт. Ал эми жөнөкөй системаларды изилдөөдө кибернетиканын артыкчылыгы жок"[29]. Кибернетиканын изилдөөчү нерсеси — объектинин жүрүш-турушунун ыкмалары болуп саналат, ал: "бул эмне?" — деп сурагандын ордуна "бул эмне кылат?" — деп сурай[30]. "Ошондуктан объектинин касиети анын жүрүш-турушунун аталышы болуп саналат"[31]. "Кибернетика жүрүш-туруштун бардык түрүн бирдей изилдейт, анткени ал жүрүш-туруштардын үзгүлтүксүз болуп туруучу түрү болот, же ал белгилүү бир себептерге байланыштуу болот, же кайрадан кайталанып, кайрадан калыбына келип турат. Кибернетикага материалдуулуктун мааниси жок, ошондой эле физиканын кадимки мыйзамын сактоо же сактабоо да ал үчүн маа-нилүү эмес".

Жогоруда айтылгандар этнос феноменинин маани-маңызына кызыккан жана өзүнүн жеке байкоолорун табияттын өзүнө белгилүү мыйзамдары менен байланыштырууга аргасыз болгон этнолог үчүн Винердин кибернетикалык усулдарына толук ишенүүсү зыян гана келтирет[32]. Изилдөөнүн кибернетикалык усулдарын пайдалануу эмпирикалык жалпылоолорду экстраполяциялоо үчүн тактоочу катарында кызмат кыла алат, андан башкага жарабайт. Андыктан, этносту системалуу изилдөө усулунун негизине Н. Винердин оюн эмес, кибернетиканы физикалык химия менен термодинамикага бириктирген Л. Берталанфинин идеясына таянуу максатка ылайыктуу болот.

Л. Берталанфинин[33] системалык усулуна ылайык "система дегенибиз — бул бири-бири менен өз ара аракетте болуп турган элементтердин комплекси"[34] болуп саналат, т. а. маалыматтардын көнүмүш элементтерин айрым фактылар эмес, ал фактылардын ортосундагы байланыштар түзөт. А. А. Малиновский боюнча "система топтоштура келгенде өз алдынча маниге ээ болгон бирдиктерден, звенолордон жана подсистемалардан түзүлөт, булардын ар бири төмөнкү катардагы бирдик болуп саналат да, иерархиялык принципти камсыз кылат, бул болсо изилдөөнү белгиленген деңгелде жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет"[35]

Ушул принципке негизденип, биз этносту ага мүнөздүү болгон элементтери менен бирге социалдык жана табигый бирдиктердин системасы катары кароого укуктуубуз. Этнос — тиги же бул белгилери боюнча окшоштуктары бар адамдардын жөнөкөй жыйындысы эмес, ал ар түрдүү табитке жана жөндөмдүүлүктөргө ээ болгон инсандардын, алардын ишмердүүлүктөрүнөн жаралган продуктулардын, каада-салттардын, жашап турган географиялык чөйрөнүн, айлана-тегеректеги этностордун, ошондой эле системанын өнүгүшүндө үстөмдүк кылып турган белгилүү бир тенденциялардын системасы болуп саналат. Өнүгүүнүн багытын аныктап турган бул система өзгөчө маниге ээ, анткени, көптөгөн бардык учурлар үчүн статикалык же динамикалык структуралардын жаралышына алып келүүчү касиети көптөгөн, ар кандай учурларда активдүүлүктүн бардык түрүнө ээ болууга умтулган элементтердин касиети болуп саналат"[36]. Бул ыкманы этногенез процессин изилдөөгө колдонуу историзм маселесин чечүүгө да тыгыз байланыштуу, себеби биз байкоого алган бардык фактылар тарыхый өнүгүүнүн динамикалык системасына бап келет. Ошентип, бизге бүткүл дүйнөлүк тарыхтын өз темабызга тиешелүү болгон бөлүгүн талдоо мүмкүнчүлүгү гана калат.

Ошентип, биз реалдуу этникалык бир бүтүндүктү кыймылдагы система катары аныктап, ал өз тутумуна адамдарды эле эмес, ландшафттын элементтерин, маданий салттарды жана коңшу элдер менен болгон өз ара

байланыштарды камтып турган динамикалык система катарында аныктай алабыз[37]. Мындай системада энергиянын алгачкы күчү бара-бара сарпталып, энтропия үзгүлтүксүз арта берет. Андыктан система энергия менен энтропияны айлана-чөйрөдөн алмашып алып туруу менен бирге, чогулуп калган энтропияны кайрадан үзгүлтүксүз түрдө четтетип турушу зарыл. Бул алмашуу мурас боюнча берилип туруучу маалыматтардын корун пайдаланган башкаруучу система тарабынан жөнгө салынат[38]. Биз жүргүзүп жаткан изилдөөдө башкаруучу системанын ролун материянын кыймылынын коомдук жана табигый формалары менен бирдей эришаркак аракеттенген каада-салттар (традиция) ойнойт. Өз тажрыйбасын укум-тукумуна өткөрүп берүү жылуу кандуу көпчүлүк жаныбарларда да байкалат. Анткени менен эмгек куралын колдонуу, сүйлөө жөндөмдүүлүгү жана жазуунун болушу адамды башка сүт эмүүчүлөрдөн айырмалап турат, ал эми этнос болсо адамга гана тиешелүү болгон жамаатташып жашоонун түрү.

Этникалык системалардын деңгээлдери жана типтери

Жогоруда биз кабыл алган изилдөө усулу этникалык классификацияны этникалык систематика менен алмаштырууга мүмкүнчүлүк түзөт. Классификациялоо каалап алынган ар кандай белгилер: атап айтканда, тил, раса, дин, кесип, бул же тигил мамлекетке таандык болуу сыяктуу белгилер боюнча жүргүзүлүшү ыктымал. Бардык учурларда бул шарттуу гана бөлүштүрүү боло алат. Ал эми систематика болсо нерселердин табиятында камтылып тургандарды чагылдырат, адамзатты техникасы жана доместикаттары (үй айбанаттары жана багып өстүрүлүүчү өсүмдүктөрү) менен бирге изилдөөгө мүмкүндүк берет. Жалпы адамзаттан кийинки эң ири бир бүтүндүк (Жердин катмарларынын бири — антропочөйрөсү катарында) суперэтнос болуп саналат, т. а. бир региондо бир эле мезгилде жаралган жана тарыхта мозаикалуу бир бүтүндүктү түзгөн этностор тобу ээлейт. Дал ошолор түздөн-түз байкоого боло турган этникалык таксономдор болуп эсептелет. Этностор өз кезегинде субэтносторго бөлүнөт. Бул майда тайпалар этностун курамына кирип, анын ички биримдигин түзүп тургандыгынын аркасында гана жашап турат. Этноссуз алар чачырап бөлүнүп, кыйрап жок болуп кетет.

Таксономиянын тиги же бул бөлүгүнө таандык болуу адамдардын коёндой окшоштугу менен аныкталбайт, жаратылышта мындай окшоштуктар болбойт да, ал белгиленген деңгээлдеги белгилүү бир аспектидеги окшоштуктардын даражасы менен аныкталат. Суперэтностун деңгээлинде (мисалга Орто кылымды алалы) мусулмандар — арабдар, перстер, түркмөндөр, берберлер батыш христиан этносунун мүчөлөрүнө — "франктарга" (Батыш Европанын бардык католиктерин ушундайча аташкан) караганда бири-бирине жакын болушкан. Ал эми жалпы бир суперэтноско биригишкен франциялык, кастилиялык, шотландиялык адамдар мусулман, католик жана башка суперэтностордун мүчөлөрүнө карата алганда бири-бирине көбүрөөк жакын болушкан. Этностук деңгелде алганда француздар англиялыктарга караганда бири бирине жакын болгон. Бирок бул бургундуктарга биле туруп эле өз этносуна каршы чыгып, Генрих Уни колдоого жана Жанна д'Аркты туткундоого тоскоолдук кылган эмес. Этникалык биримдикти аңдап сезүү кээде гана адамдын жүрүш-турушун аныктоочу башкы фактор боло алганы менен, тарыхтын көптөгөн көрүнүштөрүн ага алып келип такай берүүнүн кажети жок. А бирок этникалык ылымсанашуу дайыма боло келген жана ал адам жаратылышында өзгөчө көрүнүш катары белгиленүүгө татыктуу. Башка сөз менен айтканда, этнос канча мозаикалуу болбосун жана анын түзүлүшү канчалык көп түрдүү болбосун ал белгилүү деңгелде бир бүтүндүк болуп саналат.

Баарынан кызыгы, тарыхчылар этностун бул касиетин иш жүзүндө тактоого жакындап калышты. Алар аргасыздан этносторду кээде "маданияттар", кээде "цивилизациялар", кээде "дүйнөлөр" деген түзүлүштөргө топтоштурушат. Айталы, мындай түшүнүктөр XII—XIII кылымдарда реалдуу жашап турган этностордун бир бүтүндүктөрүн туура эле белгилеген экен. Алсак, Рим папасынын идеологиялык башкаруусу астында турган, ошол эле учурда эгемендүү боло албаган герман императоруна үстүртөн гана баш ийимиш болгон Батыш Европа өзүн "Христиан дүйнөсү" деп атаган. Батыш европалыктар өздөрүн ал учурда Испания менен Палестинада согушуп жатышкан мусулмандарга гана каршы коюшпастан, православие дониндеги гректер менен орустарга, а түгүл, баарынан таң калаарлык нерсе, ирландиялык жана уэльстик кельттерге да каршы коюшкан. Мында алар диний жалпылыкты эмес, системалык бир бүтүндүктү эске алгандыгы айдан ачык болуп турат.

Так ушундай эле "Ислам дүйнөсү" да өзүн гректерге да, французларга да, бутпарас түрктөргө да каршы койгон, бирок диний көз караштан алганда бирдиктүү болгон эмес. Шийиттердин (теистердин), карматтардын (атеисттердин) жана суфилердин (пантеистердин) окуулары, ишенимдери бири-биринен жана исламдын ордоксал доктринасы — суннизмден айырмаланып турган. Европалык христиандар деле бири бири менен пикирлери келишпей, бөлүнүп турушкан. Бирок, алар мусулмандар же бутпарастар менен кагылыша калганда оз ара жакындашып, жалпы тилге келе калышчу. Буга мындайча мисал келтирсе болот, венециялыктар менен генуялыктар өз ара салгылашып жаткан учурда мусулман арабдар же берберлер кол салып кирип келишсе, согушту дароо токтотушуп, кечээки душмандар бириге калышып, жалпы душманы — мусулмандарга каршы салгылашкан.

Көп учурда жакын туугандардын ортосунда ырайымсыз согуштардын болуп турганы тарыхта белгилүү. Анткени менен ал согуштар ири системалардын деңгээлиндеги согуштардан түп-тамырынан бери айырмаланат. Ири системалык деңгелдеги согуштарда душман жашоого жолтоо кылган, деги эле тукум курут жок кылынууга татыктуу болгон жат эл катары каралат. Ал эми жеке адамдарга мүнөздүү болгон кара мүртөздүк, жек көрүүчүлүк, көрө албастык жана д. у. с. мыкаачылыктын себеби боло албайт. Системалар бири экинчисинен канчалык алыс турса бирин бири салкын кандуулук менен кырып жок кылуу ошончолук күчтүү болот, бул коркунучтуу аңчылыкка окшошуп кетет. Ушундан соң жолборсту же крокодилди жырткыч деп кыжырлануууга болобу? Тетирисинче, системанын өз ичиндеги салгылаштардын максаты каршысын кырып жок кылуу эмес, аны жеңүү гана болуп саналат. Себеби каршыдагы душман системанын курамынын бир бөлүгү болгондуктан, ал толук кырылып калса система ансыз жашай албай жок болот. Флоренциялык гиббелиндердин жолбашчысы Фарината дельи Уберти оз ата мекенинин душмандарынын жеңишке жетишине жардам көрсөткөн, бирок Флоренцияны талкалап, талап-тоноого жол берген эмес. "Мен бул шаарда жашоо үчүн шаардыктарга каршы согуштум!" — деген ал. Өзү душмандашкан — флоренциялык гвельфтердин каны Арбиянын таштарын кызыл түскө боёп, көчөлөрдө суудай аккандан кийин, өмүрү өткүчө ушул шаарда жашаган.

Төмөндө биз келтирчү мисалга салыштырмалуу бул мисал, деги эле шоона эшпес тейде калчудай. Атактуу гиббелин Эццелино да Романдын бир тууганы Альберригого венециялыктардын көрсөткон мыкаачылыгын эске алсак, төбө чачың тик турат. 1260-жылы ал Тревизого жакын жайгашкан өз сепилинин дарбазасын душмандарына ачып бергенде алар Аль- берригонун көзүнчө алты уулун өлтүрүп, өзүн мууздап, аялы менен эки кызын Тревизо шаарынын чоң

аянтында, элдин көзүнчө өрттөп жиберишкен. Деги мындай мыкаачылыкты кайсы максат үчүн көрсөтүштү болду экен?

Мындай абалды түшүнүү үчүн "гвельфтер менен гиббелиндер — ар кандай мааниге ээ боло алуучу алгебралык белгилер"[39] дегендин маңызын аңдап-билүү зарыл. Гиббелиндер — феодалдар, гвельфтер — шаардыктар (бюргерлер) болуп эсептелген, бирок көп шаарлардын жашоочулары кээде гиббелиндер тарабында боло калып турушкан, айрым гвельфтер бара-бара гиббеллиндерге айланып кетишкен, кээде тескерисинче да болгон. Ал эми кээде бул эки партия арабдар менен гректерге каршы күрөштөрдө бириге калышкан. Ушундай саясий сары эсептерден улам Генуя же Венеция өңдүү чоң шаарлардан түзүлгөн республикалар бир нече жолу колдон колго, бир тараптан экинчи тарапка өтүп турган[40]. Кан кандай максаттар үчүн төгүлүп турду экен?

Системанын бир бүтүндүгүн сактоонун ыкмасы заманга байланыштуу болот, тагыраак айканда — этногенездин өнүгүү деңгелине жараша болот. Жаңыдан пайда болгон системалардын элементтеринин ортосундагы алака-байланыштар кээде кескин, өтө курч десе да болчудай маанайда жүрүп тургандыктан өз ара кагылышууларды пайда кылып турган. Көп учурлардагы кандуу кагылышуулар бир эле социалдык катмардын өз ичинде болуп, алар идеялык да, таптык да мааниге ээ болгон эмес. Мисалы, Англиядагы Кызыл жана Ак розалардын, Франциядагы арманьяктар менен бургундиялыктардын кандуу кармашуулары ушундай болгон. Бирок так ушуга окшогон өз ара кагылышуулар этникалык системанын жана мамлекеттин бүтүндүгүн жакшы сактай алган. Эл көңүл чөктү, кайдыгер маанайда турганда жашоо жеңил болгону менен этностор ыдырап, бир бүтүндүгүн жоготуп алат.

Биз мурда белгилеп өткөндөй, көп учурда этникалык системалар мамлекеттик түзүлүштүн эквиваленти бөлө албайт, анткени бир эле этнос бир нече мамлекеттерде же бир нече этнос бир мамлекетте жашашы мүмкүн. Андай бөлсө биз аларды система катары кандай мааниде түшүндүрө алабыз?

Системаны катаал жана корпускулярдуу, же дискреттүү деп так экиге бөлүү кабыл алынган. Катаал системада бардык бөлүктөр (элементтер) бири экинчисине тыгыз кыналып, кошулуп турат, ал бөлүктөрсүз система кадимкидей жашай албайт. Корпускулярдуу системаларда бөлүктөр ээн-эркин өз ара аракетте болуп турат, айрым бөлүктөрү башка окшош бөлүктөр менен алмаштырылып, ал эмес, кээде ал элементтердин бир бөлүгүн жоготуп салып, аны кайрадан калыбына келтирип, жашоосун уланта берет. Эгерде андай бөлбөсө, система жөнөкөйлөнүп, жоголуу коркунучу туулат.

Системаны башкача, ачык жана туюк деп бөлүүгө да болот. Энергияны үзгүлтүксүз алып, чөйрө менен оң жана терс антропияларды алмашып туруучу система ачык система деп, ал эми чөйрөнүн потенциалы менен өз потенциалынын тең салмакта болушуна жеткиче өзүнүн алгачкы кубатын жоготкон система туюк система деп аталат. Бул эки мүнөздөмөнү салыштыра отуруп системанын төрт башка вариантын байкайбыз: 1) катаал ачык; 2) катаал туюк; 3) корпускулярдуу ачык; 4) корпускулярдуу туюк.

Мындай бөлүү шарттуу түрдөгү бөлүү болуп саналат, анткени жашап турган ар бир система өзүндө эки типтин тең белгилерин камтып турат, бирок ал система бул же тигил уюлга жакын тургандыктан, системаны элементтеринин бири экинчисине баш ийгендигинин даражасына жараша классификациялоого мүмкүнчүлүк түзгөндүктөн, ушундайча бөлүш- түрүү иш жүзүндө өзүн актайт.

Мамлекеттин болобу, этностун болобу тарыхын изилдөөдө жогорудагы сүрөттөлүп жазылган типтеги системалардын ар түркүн градацияларын учуратабыз, буга жалаң катаал же жалаң дискреттүү системалар кирбейт, анткени тигиниси да, мунусу да жашоого жөндөмсүз келет. Катаал системалар ичтен

бузулса кайра калыбына келүүгө, дискреттүүлөр сырттан урулган соккуга туруштук берүүгө жарамсыз келишет. Ошондуктан биз турмушта катаалдыгы ар түрдүү даражада болгон системаларды учуратабыз. Ал системага адамдардын эмгегинен жаралгандар канчалык көп киргизилсе ал ар түрдүүлүк ошончолук көп болот да, системанын жаралышына аны түзүп турган элементтерди өзгөртүп туруучу жаратылыш процесстери азыраак таасир берсе, ал ар түрдүүлүк ошончолук аз болот. Акырында бул техночөйрө менен биочөйрөнү карама-каршы коюуга алып келет.

Эгерде адамдын организмин табияттын бир бөлүкчөсү десек, анда биочөйрө менен техночөйрөнүн чегин кантип аныктай алабыз? Калыбы, социо(техно) чөйрө менен биочөйрөнүн чектери адамдын денесинен сырткары жакта жана анын ичинде жатса керек. Бирок мындан алардын айырмачылыгы жок болуп кетпейт. Тескерисинче, биз мында социалдык жана биологиялык көрүнүштөрдүн эриш-аркак аракетинин реалдуу учурун баамдап-байкай алдык. Табияттагы мына ушундай өз алдынча турган көрүнүш баарыбызга жакшы белгилүү — этнос болуп саналат.

Этнос чындыгында корпускулярдуу система. Ошондуктан этностор сырткы душмандардан талкаланып жок болуп кетпеш үчүн аны түзүп турган адамдар кошумча катаал системалар болгон түзүлүштөрдү иштеп чыгат же башкалардан кабыл алып өздөштүрүп алат. Айталы, уруу башчыларынын бийлиги, аң улоодо же жортуулда жолбашчылык кылуу, үй- бүлө алдындагы милдет, жана да мамлекет мына ушундай түзүлүштөр болуп саналат. Ошентип катаал системалар дегенибиз — бул саясий- социалдык түзүлүштөр: мамлекеттер, уруулар бирлиги, кландар, кошуундар ж. б. Эки типтеги системалардын, т. а. этнос менен мамлекеттин же уруулар бирлигинин дал келиши милдеттүү эмес. Ар кайсы этносторду бириктирген байыркы улуу империяларды же Орто кылымдарда этностордун феодалдык бытырандылыгын эске түшүрүп көрөлүчү. Дегиңкисин айтканда, эриш-аркактуулуктун жана дал келүүлөрдүн ойку-кайкылары, акыры келип эле кадимки табигый көрүнүш окшобойбу. Эки типтеги системалар тең динамикалуу келет, т. а. тарыхый мезгил ичинде жаралып жана кайра жок болуп турат. Баса, өзгөрүүсү сырткы таасирлерге гана байланыштуу болгон гомеостатикалык этникалык системалар буларга кирбейт. Анткени менен гомеостаз — өтө чымырканган өсүп- өнүгүүдөн кийин, системаны түзгөн жана кыймылдатып турган күчтөр жоголуп бүткөндө пайда болорун унутууга болбойт. Андыктан статиканы күүлөнүүдөн кийинки инерциялык жай кыймыл катары кабыл алуу керек. Ал кыймыл акыры токтоп калышы толук ыктымал.

VIII. СУБЭТНОСТОР

Этностун структурасы

Этностун структурасы дайыма аздыр же көптүр татаал болот, анткени менен так ушул татаалдык этносту кылымдар бою токтолбой келаткан буркан-шаркан түшкөн дүрбөлөңдөрдөн, кымгууттуктардан жана тынч күндөрдөгү дымып жок болуудан сактап, анын туруктуулугун камсыз кылып турат. Этникалык структуранын принциби субэтникалык топтордун бири-бирине иерархиялык багыныңкылыгы деп атаса болот, ал эми субэтникалык топтор дегенибиз этностун ичинде бир бүтүн нерсе катарында жашап турган жана анын бир бүтүндүгүн бузбай турган таксономикалык бирдиктер болуп саналат. Арийне, биздин бул аныктообуз, бир караганда этностун кадимки бир бүтүндүгү жөнүндө айтылып жүргөн жобого каршы келет, бирок биз ар бир нерсенин молекуласы

атомдордон турарын билет эмеспизби. Ал эми атом болсо элементардык бөлүкчөлөрдөн куралат. Андыктан аны молекулалык, же атомдук, а түгүл субатомдук деңгелдеги бир бүтүндүктөр катары кабыл алабыз. Кептин баары эле ички түзүлүшүнүн байланыштарынын мүнөзүндө болуп жатат. Муну мисалдаштырып түшүндүрүп көрөлү.

Тверь гуверниясында жашаган карел, өз айылында өзүн карел улутунанмын десе, Москвага окууга келери менен орусмун деп жашай баштайт. Анткени айылда карелдер менен орустарды бөлүү маанилүү болгон, ал эми шаарларда анын мааниси жок болуп калган, себеби шаардагы турмуш-тиричиликтеги, маданияттагы айырмачылыктар жокко эсе болгондуктан анча байкалбай калат. Эгерде карелдин ордуна татар келсе, ал өзүн Москвада да татармын деп атайт. Себеби диндердеги айырмачылык, татар менен орустун ортосундагы этнографиялык айырмачылыкты тереңдетип жиберген. Татар өзүн, балким, Батыш Европада же Кытайда орусмун деп айтышы мүмкүн. Ал эми Жаңы Гвинеянын калкы татарды европалык адам, бирок англиялык же голландиялык эмес, башка "уруунун" адамы катары кабыл алышмак. Бул мисал этникалык диагностиканы аныктоо үчүн, ошону менен катар этнографиялык карта түзүү жана демографиялык эсеп жүргүзүү үчүн өтө маанилүү. Айрыкча этнографиялык карталарды түзүүдө, этностордун жакындыктарынын иретин жана деңгелдерин сөзсүз түрдө аныктап алууга тийишпиз, антпесек этностун ички түзүлүшүнүн элементтери катары каралып жүргөн субэтносту этностун өзүнөн айырмалоо мүмкүн эмес.

Эми биз, этностордун бири бирине багыныңкылыгына токтололу. Мисалы, французлар — монолиттүү этностун ачык-айкын үлгүсү болгонуна карабай, өзүнүн курамына бретондук кельттерди, баск тегиндеги гаскондуктарды, алеманндардын тукуму бөлгөн лотарингиялыктарды жана роман тобундагы өз алдынча эл болгон провансалдыктарды бириктирип турат. IX кылымдын орто чендеринде "французлар" деген этникалык наам биринчи жолу документте жазылган кезде жогоруда аталган элдер жана ошондой эле бургундиялыктар, нормандар, аквитандыктар, савоярлар бирдиктүү этносту түзүшө элек болчу жана этногенездин миң жылдык процессинин натыйжасында гана азыр биз француз улуту деп атап жүргөн этнос түзүлгөн. Биригүү процесси, канткен менен жергиликтүү үрп-адаттарды, каада-салттарды ж. б. жоюп жибере алган эмес. Адат-салттагы андай айырмачылыктар французлардын этникалык биримдигин бузбай турган, жергиликтүү элеттик өзгөчөлүктөр катары гана сакталып калды.

Франциядагы этникалык биригүүнүн жыйынтыктары ачык-айкын айтып тургандай, Реформация мезгилиндеги окуялар француз-гугеноттордун куугунтукталышын жаратты жана алар XVII кылымда ата мекенин таштап, сыртка чыгып кетүүгө аргасыз болушкан. Эптеп оз жандарын сактап калуу үчүн алар этникалык өзгөчөлүктөрүн жоготуп, бара-бара немистердин дворяндары, голландиянын бюргерлери, көпчүлүгү Түштүк Африканы басып алган бур колонизаторлору болуп алышты. Ансыз да ар кошкондон бир кошкон француз этносу оз курамындагы артык баш нерсе катары гугеноттордон кутулду. Анткени менен Франциянын социалдык-саясий бир бүтүндүгү мындан начарлап кеткен жок, тескерисинче, бекемделди. Гугеноттор таштап кеткен талаалар менен бактар көңүл кош адамдардын колуна өтүп, XVIII кылымда согуштардан жапа чекпей калган чарбаны калыбына келтирди. Этникалык өтө бекем биримдиктин түзүлүшү ал мезгилдеги өтө көп жана тартиптүү аскерлерден кол куроого Наполеонго мүмкүнчүлүк берди. Согуштан жеңилген соң Франция провинциялык сеператизмдин сакталып турганына карабай, өзүнүн бир бүтүндүгүн сактап калган.

Этностун өзүн өзү жөнгө салып турушу

Биздин этнос өзүн өзү жөнгө салып туруу жөндөмдүүлүгүнө ээ деп айтып отурганыбыз кызыктай угулушу ыктымал. Бирок этнос өзүнүн тарыхый өнүгүшүндө ургаалдуу өзгөрүүлөргө учурап турган, демек, ал өтө узак мезгилди талап кылуучу процесс катары өз жашоосун камсыз кылууга керектелүүчү энергияны өтө үнөмдүү пайдалануу менен өнүгүп-өскөн.

Калган нерселер тандоо жолу менен ыргытылып салынат да, өзүнөн өзү жок болот. Бардык жандуу системалар жок болуудан сактанып, каршылык көрсөтүүгө жөндөмдүү келет, т. а. алар антиэнтропиялуу болушат жана тышкы шарттарга мүмкүнчүлүгү жетишинче ылайыкташууга аракеттенет. Этностун ички түзүлүшүнүн кайсы бир татаалдыктары этностун сырткы соккуларга каршылык көрсөтүүсүн күчөткөндүктөн, этнос өз түзүлүшүн татаалдатууга да жөндөмдүү келет. Айталы, алгач жаралганда курамы жагынан анча ар түрдүүлүккө ээ болбогон Великоросстор, XIV— XV кылымдарда өз ичинен сословиелер түрүндө калыптанган субэтникалык катмарларды жаратты [41]. Ошондо, түштүк чет-жакаларда казак-орустар, түндүгүндө — поморлор пайда болду. Кийинчерээк аларга жаңы жер өздөштүрүүчүлөр (мындай караганда кайсы бир кесипкөйлөр эле болушкан) жана аларды ээрчиген дыйкандар Сибирдин жергиликтүү калкы менен аралашып, жаңы субэтносту — сибирликтерди же "челдондорду" жаратты. Чиркөөнүн бөлүнүшү өзү менен кошо дагы бир субэтникалык топту — орустардын көпчүлүгүнөн этнографиялык жактан өзгөчөлөгөн эски ырым-жырымдарды тутуучулардын жаралышын шарттады. Тарыхый өнүгүүнүн жүрүшүндө бул субэтникалык топтор этностун негизги бөлүгүнө камыр-жумур аралашып сиңип кетсе, ошол эле учурларда дагы башка бир жаңы субэтностор пайда болуп турду.

Мисалы, XVIII кылымдын экинчи жарымында дворяндардын өтө бай катмары өз балдарын окутуу үчүн француз гувернёрлорду жалдашкан. 1789- жылдан баштап Россияга француздардын келиши ого бетер күчөп, натыйжада француз тили, кыял-жоруктар, жүрүш-туруштар менен бирге француздук көз караштар да тарай баштайт, бул болсо субэтникалык деңгелде жүрүш-туруштун жаңы адат-жоруктарын пайда кылган. Наполеон менен болгон согушта француз эмигранттары орустарды колдоп чыкты. Ошондон кийин европалык маданиятка үйрөтүү салт катарында адатка айланып, этногенез да кайрадан өзүнүн мурдагы нугуна түшкөн. Кыскасы, европалашкан онегиндердин тукуму өз жашоо мөөнөтүн чеховдун "алчалуу багында" аяктап, башка субэтностордун жашоосуна жол бошотушту.

XIX кылымдын аягындагы этнография илиминин деңгээлинен караганда деле ал субэтносторду айырмалоо өтө оңой болгон. Этнографтар Россиянын борбор шаарынын калкынын көнүмүш адаттарынан турмуш- тиричилик үрп-адаттары өтө айырмаланган алыскы элет калкынын кээ бир топторун, мисалы, олонец дыйкандарынын жүрүш-туруш адаттарын изилдешип, ошол эле учурда петербургдук профессорлордун турмушун көз жаздымда калтырышыптыр. Кантели, мындай изилдөө азыркы мезгил үчүн пайдалуу да, кызыктуу да болмок. Эми бизге айласыздан А П. Чеховду, анын айрым субъективдүү көз караштарын эске салуу менен окууга туура келип олтурат.

Кыскача айтканда, субэтностор көзгө даана байкалат, анткени, алар бир тарабынан этностун ичкерисинде турса, экинчи жагынан алар жүрүш- туруштун субэтникалык адаттарын колдонушкандыктан башкалардан кыял-жоругу, кулк-мүнөзү, туюм-сезимдеринин өзгөчөлүгү жана башка мүнөздөрү менен айырмаланып турат. Субэтностор ар кандай тарыхый жагдай- шарттардан улам жаралат. Алар, кээде, сословиелер менен дал келиши ыктымал, бирок таптар менен эч качан дал келбейт, ошондуктан өз тагдырлары жана милдеттери

жагынан бирдей болгон, бирок сыртынан окшошпогон башка топторго оңой эле сиңип кете алат. Мындай субэтностук түзүлүштөр ички антагонисттик эмес атаандашуулар аркылуу этникалык биримдикти бекемдеп турат. Этностун түзүлүшүнүн так ушул татаалдыгы, калыбы, этникалык системанын органикалык тетиги болуу менен, этногенез процессинин жүрүшүндө пайда болуп турат. Этникалык система жөнөкөйлөнүп кеткенде субэтностордун саны бирге чейин кыскарып кетет, бул болсо этностун калдык катарындагы абалда жашап турганын кабарлайт. Деги, субэтностордун пайда болушунун механизми эмнеде? Буга жооп берүү үчүн дагы бир тепкичке төмөн түшүп, консорция жана конвиксия сыяктуу эки бөлүнүп кеткен таксономикалык бирдиктер аракет кылып турган жерге келишибиз керек. Мындай топторго майда уруулар, кландар, жогоруда айтылган корпорациялар, белгилүү бир чектелүү жердеги адамдардын тайпалары, деги эле бардык доорлордун адам- дарынын дагы башка бирикмелери кирет.

Консорциялар жана конвиксиялар

Эң алды терминдерди такташтырып алалы. Тарыхый тагдырларынын бирдейлиги менен биригишкен адамдардын тобун биз консорция деп атайбыз. Буга "ийримдер", артелдер, бандалар, секталар жана ушуларга окшогон туруксуз бирикмелер кирет. Булар көпчүлүк учурда тарап жок болуп кетет, а кээде бир нече муундардын өмүрүнө тете мезгил бою жашай алат. Мындай учурда алар конвиксияга, т.а. турмуш-тиричилигинин мүнөзүнүн бирдейлиги жана үй-бүлөлүк байланышы бар топко айланат. Конвиксиялар көп учурларда аз резистенттүү (өздөрүнө өздөрү ээ боло алышпайт) болот. Аларды бир тарабынан экзогамия жемирсе, экинчи жагынан тарыхый айлана-чөйрөнүн өзгөрүшү — сукцессия майдалап бөлүп, жок кылууга киришет. Буга туруштук берип, сакталып кала алган конвиксиялар субэтносторго айланат. Жогоруда биз кеп кылган, чаалыкпас жер кезүүчүлөрдүн — тайманбас саякатчылардын консорцияларынан сибирлик туруктуу муундар жана эски ырым-жырымдарды тутуучулар жаралган. Англиялыктардын конвиксияга айланган консорциялары Америкадагы алгачкы колонияларды түздү. Жаңы Англияны пуритандар, Пенсилванияны — квакерлер, Массачусетсти — баптистер, Мериленддди — католиктер, Виргинияны — роялчылар, Жоржияны — Ганновер сарайынын тарапкерлери негиздеген. Англия жергесинен Кромвел же Стюарттар менен келише албаган консорциялар Америкага аттанып, жаңы конушта мурдагы өз ара талаш-тартыштар унутулуп, өздөрүнүн жаңы коңшулары, французтар менен индейлерге каршы турган конвиксияларга айланып кетишкен.

Жер кезүүчүлөр менен эски ырым-жырымдарды тутуучуларды кон- сорциялары өз этносунун ичинде кала берди. Ал эми испан конкистадорлорунун жана англиялык пуритандардын укум-тукумдары Америкада өзгөчө этносту түздү. Муну биз этникалык кошумча жаралуунун лимити (жеткен чеги) деп атайбыз. Баса, эң байыркы уруулар, калыбы, ушундай жол менен пайда болгонун белгилеп коюуга тийишпиз. Кайрат күчү мол адамдардын алгачкы консорциялары окчун бөлүнүп жашоо шарттарында этноско айланган. Алгачкы мезгилге тиешелүү болгон бул түзүлүштү азыр биз "уруу" деп атап жүрөбүз.

Консорциянын таксономикалык денгелинде этнология аягына чыгат, бирок, керектүү иерархиялык багыныңкылык принциби андан ары аракеттене бериши мүмкүн. Мисалы, биз мындан ары дагы бир тепкичке төмөн түшсөк жан-жөкөрлөрүнүн курчоосунда калган жалгыз адамды жолуктурабыз. Мындай абалдын улуу адамдардын өмүр баянын жазууда пайдасы тийиши мүмкүн. Андан дагы бир баскычка төмөн түшсөк, бир адамдын толук эмес өмүр баянынын бир

үзүмү менен, мисалы, кылмыш кылган, бирок бети ачылууга тийиш болгон адамга туш келебиз. Андан дагы ылдыйраакта анчалык ири кокустуктарга алып барбай турган, кокустан пайда болгон эмоция жолугат. Нерселердин жаратылышында камтылып турган бул чексиз бөлүнүүлөр биз алдыбызга койгон маселени чечүү үчүн маанилүү болгон белгилүү бир деңгелдеги бир бүтүндүктү табуунун зарылдыгын дегеле жокко чыгарбайт.

IX. СУПЕРЭТНОСТОР

"Франктар"— суперэтностун чыныгы үлгүсү

Кайсы бир белгилүү региондо бир мезгилде жаралып, экономикалык, идеологиялык жана саясий жактан өз ара байланышкан этностордун тобу — суперэтнос деп аталат. Бирок бул байланыш алардын ортосунда согуштук кагылышуулардын болушун жокко чыгарбайт. Анткени менен суперэтникалык деңгелдеги кагылышуулар эки тараптын бир тарабын жок кылат же биротоло баш ийдирет (мисалы, XVI—XIX кылымдарда Американын жергиликтүү эли менен европалыктардын кагылышы), ал эми суперэтностун өз ичиндеги согуштар (мисалы, гвельфтер менен гибеллиндердин орто кылымдардагы кармаштары же байыркы орус княздарынын өз ара согуштары) убактылуу үстөмдүккө жетишип, жалпы тил табышып, ич ара тынышууга чейин гана улантылып турган. Этноско окшоп суперэтнос да, өз өкүлдөрүн башка суперэтносторго карама-каршы коё алат. Бирок суперэтнос этностон айырмаланып, дивергенцияга (кошумча жаралууга) жөндөмсүз келет. Чындыгында суперэтнос чоңдугу же күчү менен эмес, жалаң гана этностор аралык жакындыктын деңгели боюнча аныкталат. Бул аныктаманы азырынча далилдөөсүз кабыл алууну өтүнөм, окурманым, муну китептин аяк ченинде далилдөөгө убада кылам.

Бир караганда бул кандайдыр түшүнүксүз, кызыктай сезилет, анткени суперэтностун кайдан пайда болору али белгисиз бойдон калып отурбайбы. Сыягы, анын пайда болушу этностордун, андан да субэтникалык бир бүтүндүктөйдүн жаралышына караганда башкача мүнөздө болсо керек. Эгер ушундай болсо, анда этностун жаралышынын табышмагынын жандырмагы бир баскычка жогору турат деп болжолдосо болчудай. Демек, бизге сезилип да, көрүнүп да турган тигил же бул этностун феномени бар болгону суперэтностун бир варианты катары гана каралат. Анткени этнос суперэтностун мозаикалуу системалуу бир бүтүндүгүнүн бир элементи болгондуктан, ал кооз имараттын бир бүтүндүгүн түзүп турган баганалары же кариатидасы өңдүү кызмат өтөйт. Канткен менен кариатиданы жакын аралыктан даана көрүп, кооз имараттын жалпы бир бүтүндүгүн алыстан байкайт эмеспизби. Арийне, кариатидадан бирөө жок болсо да имарат солк этпей тура берет, ал ташбейне жакшы жагына алганда музейде сакталат, жаманына алса курулуш таштандысына айланат. Муну тарыхтан алынган мисалдар менен түшүндүрүп көрөлү.

Суперэтникалык биримдик субэтникалык бүтүндүктөй эле реалдуу нерсе. Француз этносу орто кылымдардын башталышынан эле өз катарына Европанын католик өлкөлөрүн, айталы, жарымы ариандык (бургунддар) же бутпарастар (фриздер) болгонуна карабай баш коштуруп, Chretiente аталган бир бүтүндүккө айланган. Ал кезде андай айырмачылыкка көңүл бурулган да эмес. Каролингдер бириктирген территорияда эки чоң этникалык топ — герман тилдүү тевтондор (teutskes) жана латын тилдүү волохтор (welskes) жайгашып турган. Улуу Карлдын небереларинин мезгилинде бул этностор өздөрүнүн мамлекет башчыларын империянын темир алкагын сындырууга мажбурлашкан жана 841-жылы Фонтан-

га жакын жердеги салгылашууда максаттарына жетишкен: Страсбургда 842-жылы Кашкабаш Карл менен Людвиг Немецкий империяны улуттар боюнча бөлүүнү жактоого ант беришкен.

Кантсе да бул бытырап бөлүнүүнүн алгачкы кадамы болгон эле. Батыш франктардын королдугунан Бретан, Аквитания жана Прованс бөлүнүп кетет, ал эми кенедей Франция Маас менен Луаранын ортосунан орун алат. Бул "территориялык революция"[42], акыры, Каролингдердин тевтондук мыйзамдуу династиясынын Париждин өзүндө кулашы жана 895- жылы Роберт Анжуйскийдин уулу граф Эд такка отурушу менен аяктады. Өз өлкөсүнүн таркап кетишине каршы Каролингдер жүз жыл бою күрөш жүргүздү, бирок кеңири негизде аралашып сиңишип кеткен этностор аларга баш ийүүдөн өжөрлүк менен баш тартышты. X кылымда аяктаган "феодалдык революциянын" натыйжасында Батыш Европа саясий жактан бөлүнүүгө туш болгон менен, суперэтникалык бир бүтүндүктү сактап, өздөрүн мусулмандарга — арабдарга, православдтарга — гректер менен ирландиялыктарга, жана да бутпарастарга — славяндар менен нормандарга карама-каршы коюп жүрүштү. Акыры ал өз катарына англо-сакстарды, анан батыш славяндарды, скандинавиялыктар менен венгрлерди католиктерге айлантуу аркылуу сиңирип кеңейип алды. Этникалык мозаикалуулук суперэтностун өнүгүшүнө тоскоолдук кылган жок.

Византия суперэтносунун жаралышы

Экинчи мисал. Байыркы убакта Жер Ортолук деңизинин жээктеринде бирдиктүү эллин маданияты жашап турган. Ал өнүгүп отуруп Лациумду жана Финикиялык шаарларды да кошуп алууга жетишет. Этникалык түшүнүктөн алганда ал батыш европалык маданиятка окшошуп кетет. Анткени ар тараптуу эллиндик маданияттын бардык ар түрдүү көрүнүштөрүн негизги эллин ядросу жараткан эмес. Арийне, Рим, Карфаген, Пелла жергиликтүү өзгөчөлүктөрү бар өз алдынча этнос болгон, а бирок суперэтникалык мааниде алганда алар эллин маданиятынын кеңири алкагына кирген. Бул жаңылык эмес, бирок бизге анын негиз болуучу нокот катары мааниси чоң. Ошентип, Римдик башкаруу этникалык ажырымдыктардын жымсалданышына жардам берди, ал эми грек тилинин латын тили менен бирдей укукка ээ болушу Жер Ортолук деңиздин жээктеринде жашаган дээрлик бардык элдердин бир этноско айланышына алып келди.

Бирок б. з. I кылымында Рим империясында коңшулардын да эч бирине окшошпогон, кийинки эки кылым аралыгында өзүнчө жаңы биримдикти түзгөн жаңы адамдар пайда болду. Алар өз жаралышынын башталышында эле өздөрүн "бутпарастарга" жана калган бардык адамдарга каршы коюшту, т. а. алар анатомиялык жана физиологиялык жактан башкалардан айырмаланбаганы менен жүрүш-туруштарынын мүнөздөрү боюнча чынында эле айырмалана алышкан. Алар бири-бирине өзгөчө мамиле жасашкан, өзгөчө ой жүгүртүшкөн, өз алдыларына замандаштарына маанисиз сыяктуу сезилген максатты коюшту, т. а. тиги дүйнөдөгү жыргалдуу турмушка ишенишип, ошого жетүүгө умтулуп жашашты. Эллин дүйнөсүнө аскетизм (такыбалыктын бири түрү) жат болгонуна карабай жаңы адамдар Фиваиданы түзүштү; гректер менен сириялыктар кеч-кисин театрларда көңүл ачып, "аарылардын бийине" (байыркы стриптиз) маашыркашса, тигилер өздөрүнчө чогулуп, субхат курушуп, үй-үйүнө тарап кетип турушту. Өз кудайларын эллиндиктер менен римдиктер өздөрүнө чейинки бир нече кылымдар бою адабий каармандар катары санашып, аларды мамлекеттик салт катары гана урматтап, жашоо-турмуштарында болсо ар кандай ырым-жырымдарды колдонуп жүрүшсө, жаңы динчилер жана неофиттер тиги дүйнөнүн бар экенине толук ишенишип, ал дүйнөдөгү жашоого даярданып

www.bizdin.kg
жүрүштү. Рим өкмөтүнө лоялдуу мамиле жасоо менен, алар өкмөттүн теңирлик касиетин танышып, императорлордун айкелдерине сыйынышкан эмес. Бул үчүн алар көп учурда өлүм жазасына да тартылган, бирок бул аларды токтото алган эмес. Алардын жүрүш-туруш өзгөчөлүктөрү коомдун ички түзүлүшүн өзгөртпөгөнү менен, шаардын тургундарынын төмөнкү катмарына жакпай, этникалык бир бүтүндүктү бузуучулар, окшош эместер, жаттар катары жок кылууну талап кылышкан.

Мындай жек көрүүнүн пайда болушунун себебин идеялык ишенимдеги айырмачылыктан көрүү туура эмес. Анткени билимсиз бутпарастардын ал мезгилде туруктуу жана так идеялык ишенимдери деги эле болгон эмес. Ал эми жаңы адамдарда андай ишенимдер ар кыл түрдө болгон. Эмнегедир эллиндиктер менен римдиктер Христоско гана каршы чыгышып, Митра, Исида, Кибела, Гелиос менен чыр-чатаксыз жашашыптыр. Кейпи, мунун себебин идеологиялык же саясий белгилерден издебестен, этнологиялык, т. а. жүрүш-туруштагы өзгөчөлүктөрдөн издөө керек окшойт, анткени бул жүрүш-туруш эллин маданияты үчүн чынында эле жаңы жана адаттан тышкары көрүнүш болгон.

Белгилүү болгондой, акыры өтө көп жоготууларга карабай жаңы бир бүтүндүк жеңип чыкты. Гностиктер жок болушту, манихейлер бытырап дүйнөгө чачылып кетти, маркиониттер (кийинчерээк — павликиандар) чакан-чакан жамааттарга биригишти. Христиан чиркөөсү гана жашоого жөндөмдүүлүгүн көрсөтүп, өзүнчө аталышы жок бир бүтүндүктү жаратты. Биз аны шарттуу түрдө византиялык же ортодоксалдуу христиандык бир бүтүндүк деп атайбыз. Алгачкы христиандык жамааттын негизинде V кылымда Рим империясынын жана коңшу бир топ өлкөлөрдүн бүткүл аймактарына тарап, өздөрүн "ромейлер" делген эски сөз менен атаган жаңы этнос жаралат. V кылымдан X кылымга чейин болгарлар, сербдер, венгрлер, чехтер, орустар, аландар православие динине өтүп, православиелик дүйнөнүн суперэтникалык маданий бир бүтүндүгү түзүлөт. Ал XIII кылымда "франктар"[43], "түрктөр" жана моңголдор тарабынан талкаланып калат. Кийин, XIV кылымда гана православиелик үрп-адаттар орус элинин жаралышы менен кошо кайра жанданат.

Бирок Москва Русун Византиянын маданий чет-жакасы деп айтуу жарабайт. Анткени жергиликтүү адат-салттар байыркы Русту өз алдынча бир бүтүндүккө айлантты. Баса, дагы бир маанилүү нерсе, V кылымда Бүткүл Аалам Чиркөөсүнөн өз алдынча агым катарында бөлүнүп алышкан несториандар менен монофизиттер өздөрүн Бүткүл Аалам Соборлорунда каргап-шилөөлөргө карабай, православие дониндегилер менен жалпылыгын унутта калтырышпады. Ал эми 1054-жылы жөнөкөй чиркөөлүк бөлүнүү болгондо талашып-тартышып жаткандардын бир тарабы өз каршыларын еретиктер деп жарыялашканда суперэтникалык бир бүтүндүккө жарака кетип, католиктик агым "Христиан дүйнөсү" системасынын жаңы структурасы катары таанылды. "Католиктик" Европанын ареалы "византиялык" ареалдан ал жерлерде жашаган адамдардын жүрүш-туруш мүнөздөрү менен гана айырмаланган. Батыш Европада орто кылымдардагы nationes пайда болуп, андан акырында, азыркы улуттар, рыцарчылык, шаардык коммуналар жана башка суперэтностордон европалыктарды айырмалап турган бардык башка нерселер жаралган.

Бирок 1054-жылкы бөлүнүүдөн кийин да христиан жоболору мурдагыдай бойдон кала берген. Демек, кеп жободо эмес экен. Диндин тарыхы социалдык жана этникалык тарыхтын тереңинде болуп жаткан процесстерди өтө сергек чагылдырып гана турат.

Суперэтностун чүнчүшү — VII—X кылымдардагы арабдар

Арабдар ушунчалык эң байыркы калк болгондуктан биздин замандын башталыш ченинде мурдагыдай этникалык биримдик сезими жоголуп кеткен. Арабдардын бир кыйла билимдүүлөрү же византиялык Сирияда, же ирандык Иракта жашап, бул эки империянын саясий жана маданий иштерине катышып турушкан.

Байыркы арабдардын жаралышы жөнүндө Болмуш (Бытие) китебинде жазылган жомоктордо гана айтылат. Ал эми тарыхта Аравияда бедуиндер менен багвандардын уруулары ар кайсы жерлерде бөлүнүп, ыңгайы келсе соода кылып, жалпы энчилүү аталышы жок эле миң жылдар бою жашап келишиптир. Алардын турмуш-тиричилиги жана уруулук түзүлүшү көбүн эсе натуралдык чарба жүргүзүү менен чектелип, ал чарбачылык өздөрү жашаган өлкөлөрдүн шартына ылайыкталган. Ал кезде биригүүгө умтулууга эч кандай себеп да болгон эмес. Арабдардын согуштук жөндөмдүүлүгү өтө төмөнкү деңгелде болгондуктан, Аравия VII кылымга чейин коңшу турган үч өлкөнүн: Рим империясынын, парфяндык-сасанилик Ирандын жана Абиссиниянын (Аскум) талаш-тартыш талаасына айланган. Аравиянын өзүндө Хижас менен Йемендин иудейлик жамааттары бир топ активдүү болгон.

Б. з. VI кылымында бүтүндөй Аравияда күтүлбөгөн жерден поэзиянын дүркүрөп өнүгүшү арабдардын активдешүүсүнүн бир түрү катары кароого татыктуу. Чыгармачылык илхам, ышкылык болбосо жакшы ыр жаратуу мүмкүн эмес экенин далилдөөнүн кереги барбы? VII кылымда Мухаммед өзүнүн бир гана кудайга ишенүү жөнүндө үгүтүн баштап, айланасына эрки күчтүү, өлүмдөн кайра тартпаган, баштаган ишти аягына чыгара алчу адамдардын чакан тобун жыйнап, эң алды өз ишине кедерги болуп жаткан акындарды жок кылат. Мусулман жамаатынын мүчөлөрү илгертен келаткан уруулук байланыштарын үзүп, жаңы, өзгөчө жамааттарды, византиядагыдай конфессиялык артыкчылыкка жана этногенетикалык жаратылышка ээ болгон биримдиктерди түзүшөт. Анткени Мухаммед мусулман адам кул болууга тийиш эмес деп жарыялап, өз жамаатына ислам келмесин келтирген кулдарды кабыл ала баштайт. Жаңы динди үгүттөө этникалык энергия топтолуп, ичтен угуттанып, өрчүп- өнүгүп жаткан учурдун алды ченинде башталган эле.

Ушундай жол менен түзүлгөн консорция Мухаммед менен Абу-Бакирдин тирүү кезинде эле субэтноско айланып калган болучу. Бир нече ондогон адамдан он миндеген адамга бат эле өсүп кеткен мусулман субэтносу бүткүл Аравияны жеңип алып, арабдардын баарына бир кудайга ишенүү жобосун тануулашты. Меккелик көңүл кош, баарына кайыл соодагерлер менен бедуиндер өлүмдөн жана кул болуудан көрө ислам динин кабыл алууну артык көрүштү. Натыйжада жүрүш-туруш адаттары өзгөрүлгөн, "арабдар" деп аталган жаңы этнос пайда болду.

Жеңилгендердин жана исламга жонунан киргендердин күчтөрүн пайдаланып, экинчи халиф Омор Сирияны, Египетти жана Персияны каратып алат. Ал эми үчүнчү халиф Осмондун убагында, исламга ишенбеген, жалган мүчө болуп жүргөндөр жаңы мамлекетте жогорку кызматтарды ээлеп алышкан соң, алгачкы исламдык жамааттардын диний шыктануу сезимдерин өздөрүнүн байлыгын арттыруу үчүн пайдаланып кетишти. Динди бекем туткандар ачууга алдырып, Осмонду өлтүрүп салышты. Бирок бул жазалоо динге орто заар мамиледе жүргөндөрдүн толкунун пайда кылып, пайгамбардын үзөнгүлөш досу Али менен анын душманынын уулу Моавия экөөнүн ортосунда согуш отун тутантты. Акыры "жалган мусулмандар" жеңип чыгышты. Бирок алар мамлекеттик саясатты жана расмий идеологияны өзгөртүшпөстөн мурдагыдай эле исламдын урааны астында басып алууларды улантты. Моавия менен Омеядалардын тукумдарынын

мамлекети арабдарды эле эмес, сириялыктарды, ирандыктарды, согдулуктарды, испандарды, африкалыктарды, кавказдыктарды жана көптөгөн башка элдерди өзүнө каратып, Атлантика океанынан Инди океанына чейинки өлкөлөрдө бийлик жүргүзүп турду.

Арабдар Халифаттын этникалык ар бөлөк элдерине өз тилин жана руханий маданиятын (исламды) таңуулады. Көз каранды бөлгөн көптөгөн элдер араб тилдүү болуп чыга келишти, ал эми өз эне тилин сактап калган өлкөлөрдө, мисалы, Иранда адабий тилдин сөздөрүнүн көпчүлүгү араб сөздөрүнөн турган.

Акыры X кылымда Халифат мурдагы уруулук аймактарга ылайык айрым улустарга бөлүнүп кетет. Идрисилерди (789—926), Үрүстөмдердү (777— 909) жана Зирилерди (972—1 152) берберлер колдоду, Буилерди (932— 1026) тоолордо жашаган гиляндар менен дейлемдер, Саманилерди (819— 999) тажиктер колдошту ж. у. с. Ал эмес арабдар өздөрү да бөлүнүп кетишти. Испаниялык арабдар Абассилердин жашыл байрагын, египеттик арабдар Фатимилердин ак желегин көтөрүп чыгышса, бедуиндердин Бахрейндеги уруулары алгач бир коомду, андан соң карматтар мамлекетин түзүштү. Акыры алар бири-бирине "кайнаса каны кошулбас" душмандарга айланып, өз-өзүнчө этнос болуп калышты.

Кыскасы, IX—X кылымдарда Халифат өз башынан Улуу Карлдын империясынын тагдырын кечирди: этностордун жандуу күч-кубаты христиандык да, мусулмандык да империялардын темир алкактарын кенедей көк чөп кадимки асфальтты талкалап, жарып чыккандай талкалап салды. Бирок бул эки учурда тең саясий бөлүнүүлөр суперэтникалык биримдикти буза албады. Айталы, маданияттын айрым окшош жактары, араб жана латын адабий тилдери мурдагыдай эле сакталып кала берген. Мусулмандык суперэтнос, аны жараткан араб этносуна караганда жашоого бир топ жөндөмдүү болуп чыкты. Халифат идеясын XI—XII кылымдарда түркмөн-селжуктар, ал эми XIII кылымда кул базарлардан сатылып алынып, аскер катарына кошулган кумандар (кыпчактар) менен судан негрлери колдоп чыгышты. Мухаммеддин бир пикирлештери түзгөн системанын инерциялык күчү эбегейсиз зор болуп чыкты.

Эми, жогоруда жазылган процесстерге диний жобо башкы негиз болгонбу деген суроо салалык. Сырткы көрүнүштөн алсак, албетте, негиз боло алган. Ал эми ички мазмуну жагына келсек бул алда канча татаалыраак маселе. Философиялык концепциясы боюнча карматчылык исламдан — христианчылыкка, а түгүл, иудаизмге [44] караганда алда канча көбүрөөк айырмаланат, ошондой болсо да, карматчылык мусулман маданиятынын — суперэтникалык түзүлүштүн алкагында гана эмес, так араб этносунун өз ичиндеги көрүнүш. Түркиялык жалданмачылар жана марокколук баш кесерлер ислам жөнүндө дегеле ойлоп коюшпаганы менен, дал ошолор XI кылымда сунна ишенимин кылычтын күчү менен коргоп калышкан. Баса, Мухаммед өзүнүн пайгамбарлык ишин баштаар алдында бутпарас, христиан, иудей дининдеги мыкты акындардын араб поэзиясын гүлдөтүшү, далдалчылык соодагерчиликтин болуп көрбөгөндөй өнүгүшү, арабдардын негрлерди туткундап, кулчулукка сатып, пайдага кызыгышы, уруу башчыларынын баюу үчүн кошуунга жалдануусу биз баяндап отурган процесстин алды жагында болуп өткөнүн эстен чыгарбайлы.

Канткен менен араб этносунун жаралышына (суперэтностук мааниде — мусулман маданиятынын түзүлүшүнө) Мухаммед негиздеген ислам дини эң башкы себеп болгону ырас; мусулман дининин өсүп-өнүгүп кетишине араб поэзиясынын гүлдөшү да чоң таасирин тийгизген. Ислам өзгөчө сезип-туюунун, бир мүнөздүүлүккө калыптануунун символуна айланат. Жаңы диний системанын буркан-шаркан чабуулу жүрүп жатканда пайда болбой койбой турган ар түрдүү диний-идеологиялык маанидеги ар кандай агымдар, негизги процесстин ого

www.bizdin.kg
бетер күч алышын шарттаган. Ан- дан ары араб этносунун өз ичинде, ошондой эле суперэтникалык маданияттын чегинде ар кыл түрдөгү интеллектуалдык турмуш өнүгүп-өсүп, илимдин, искусствонун, турмуш-тиричиликтин өзгөчөлүү түрүнүн гүлдөшүнө алып келди. Биз баяндаган бул процесс сыртынан караганда диний-идеологиялык негизги белги катары мүнөздөлгөн суперэтностун жа-ралышына мисал боло алат. Мындай бир бүтүндүктөр илимде алда качантадан бери эле белгилүү, кээде аларды "маданий түзүлүштөр", же "цивилизациялар" деп аташат.

X кылымга жакын чендерде экономиканын гүлдөп өнүккөнүнө, социалдык мамилелердин жакшырганына, ал эми философия, адабият, география, медицина да так ушу мезгилде улуу шедеврлерди алда канча коп жаратканына карабай араб-мусулман этносунун күч-кубаты басандап калган эле. Арабдар жоокерчилигин таштап, акын, илимпоз, элчи кесиптерине ооп кетишти. Алар архитектурада укмуш стилдерди жаратышты, базарлары, мектеп, медреселери бар шаарларды курушту, саны дүркүрөп өсүп бараткан элин азык-түлүк менен камсыз кыла алчу гүлдөгөн бакчаларды өстүрүп, сугат тармактарын түзүштү. Анткени менен өз душмандарынан коргонууну арабдар унутуп калышты. Жаны жерлерди жеңип алуунун ордуна, эми жоготуулардын мезгили келди.

Француз норманддары мусулмандардан Сицилияны тартып алды, Астуриялык тоолуктар борбордук Испанияны басып алып, аны "сепилдердин өлкөсү" — Кастилияга айлантышты. Византиялыктар Сирияны (Дамаскадан башкасын) өзүнө кайтарып алды. Грузиндер Тифлисти араб гарнизонунан бошотуп алышты. Арабдар жардам сурап түркмөн, бербер жана туарегдерге кайрылышты. Алар жардамын аяшпады. XI кылымда Альфорравдар испандарды түндүккө сүрүп салышса, селжуктар Армения менен Кичи Азияны каратып алышты. Бирок жардамга келгендер, өздөрү сыйлоого татыктуу деп эсептешпеген араб этносун[45] эмес, алар өздөрү үчүн этномаданияттык маниге ээ болгон "Ислам дүйнөсүн" коргошкон. Орто Азиянын түрктөрү, Судандын негрлери жана жапайы курддар талкаланып бараткан Халифаттын кол алдында жүрүп, анын кыял-жоруктарын, каада-салтын, адеп-ахлагын, көз караштарын жана башкаларын өздөштүрүп алгандыктан, Мухаммед түзгөн коомдун ишин улантууга күч-аракетин аяшпады. Крест алып жүрүүчүлөрдүн чабуулун так ушул элдер токтотушкан. Адам колунан жаралган, бирок өзүнчө өнүгө албаган, бузулуп, жок болуп кете турган маданий чыгармалар али жашоосун улантып жаткан. Анын бузулуп, кыйрашы жай жүрүп отурду, ошентсе да бул маданияттын жагымдуу эпкини Африкада, Индияда, Малай архипелагында жана Кытайда улам жаңы аймактарга жайыла берген. Ал маданият өзүн жараткан этностун гүлдөө доорунан бери миң жыл өтсө да азыркыга дейре сакталып келе жатат.

Бул маданият X—XII кылымдарда сырткы кошулуп алынган этностор тарабынан киргизилген өтө көп сандаган өзүнө жат элементтерди кабыл алуунун натыйжасында өзүнө мүнөздүү бейнесин жоготуп, жаңы, таң каларлык тири укмуш кейипти кийди. Арабдарга этникалык жактан жат болгон мусулмандар шийиттер, исмайылчылар, суфийлер болуп кетишти, же болбосо сыртынан исламга түспөлдөш, чындыгында Мухаммеддин шакирттери, алгачкы халифтер негиздеген динден, диний ой жүгүртүүдөн, дүйнө таануудан деги эле өзгөчөлөнгөн жолго түшүштү. Анткени ал доордо этникалык пикир келишпестиктер конфессиялык (диний) формага чүмкөнүп тургандыктан, маданияттан кайра этногенезге кайрылуу менен Ортолук Азия менен Ыраакы Чыгыштагы ар бир суперэтностун башка суперэтностор менен кандайча байланышта болушканын аныктоо мүмкүнчүлүгүн түзөт. Бул татаал маселеге, автор менен окурман этнологиялык усулдардын дагы бир нече ыкмаларын өздөштүрүп алгандан соң өзүнчө кайрылууга туура келет.

Жогоруда келтирилген бардык мисалдардан көрүнүп тургандай, суперэтностор дегенибиз тарыхчылар түзгөн шарттуу түзүлүш эмес, этностор сыяктуу эле реалдуу бир бүтүндүк болуп саналат. Ооба, булардын өз өзгөчөлүктөрү бар, биз ал жөнүндө төмөнүрөөктө токтолобуз. Ошентип, биз суперэтностун этнос сыяктуу эле системалуу бир бүтүндүк экендигин жана ал этностон бир баскычка жогору турарын белгилей алабыз. Бир бүтүндүктүн мындан да жогору турган, гиперэтникалык формасы, т. а. өздөрүн башка топко карама-каршы койгон бир нече суперэтностон түзүлгөн бир бүтүндүктүн болушу да мүмкүн. Бирок бул сейрек учурайт жана биздин изилдөөбүзгө тиешеси аз.

X. ЭТНОГЕНЕЗДИН АЛГОРИТМИ

Этнос калдыктары

Тарыхый мезгил ичинде этникалык тарых жыйырмадан ашык суперэтнос жашап өткөнүн жана алардын азыркылар менен алмашканын белгилейт. Азырынча биз суперэтностун жок болуу механизми менен таанышалы, ал эми алардын жаралуусу жана таркалуусу жөнүндө кийинчерээк өзгөчө сөз кылабыз. Тарыхый процесстер аркылуу жоюлуп кеткен эң зор суперэтностордун ордунда алардын гүлдөп өнүгүшүн жана начарлоосун күбөлөгөн этностордун калдыктары каларын маанилүү нерсе катарында белгилеп кетүү керек. Мындай кичи этносторго баскалар, албандар, кавказдык айрым этностор жана өтө кызыктуу, өтө бекем этнос болгон Түндүк Американын ирокез эли мисал боло алат. Түндүк жана Борбордук Американын жок болуп кеткен же аргындашууга дуушар болгон урууларынан айырмаланып, ирокездер өз уруусунун санын (20 миң адам), өз тилин сактап өздөрүн бардык ирокез эмес элдерге карама-каршы коюп келе жатат. Туура, алардын турмуш-тирчилигинин мүнөзү өзгөрүп, жоокер элден "музейлик көргөзмө элге" айланып калды.

Калдык катарында жашап жаткан этностор оголе көп. Алардын айрымдары жоголуп, айрымдары башка этностор менен аргындашып, айрымдары ирокездерге окшоп өздөрүнүн өздүк аң-сезимин, аздыр же көптүр элинин санын жана ээлеген чөлкөмүн сактап келатышат. Мындай этносторду биз персистенттик этнос деп атайбыз. Анткени алар өтө узак жашагандыктан гомеостаз абалында турушат. Мындай этносизоляттарды (өзү менен өзү болгон) этнография илими өтө көп учуратат. Алар — өздөрү жашаган чөлкөмдүн абалына байланыштуу башка этностор менен байланышпаган, же кийинки 100 жылдын ичинде гана башкалар менен карым-катнашта боло башташкан этностор. Тери сатып алуучу компаниялар пайда болгонго чейинки Канададагы көп уруулар, каучук иштеп чыгуу башталардан мурдагы Бразилиядагы индейлер, европалыктар келгенге чейинки австриялыктар, Кавказдагы тоолуктар (Гунибди орус аскерлери басып алгандан кийин да) ушундай этностордон болушкан. Индияда, Африкада, ал эмес Европада да ушуларга окшоп аздыр же көптүр өздөрү менен өздөрү болгон көптөгөн элдер жана уруулар бар. Баарынан кызыгы, мындай изолят-элдердин айрымдары тарыхчынын көз алдында жаралып жаткандыгында. Викингдердин тукумдары IX кылымда исландия аралын ээлеп, үч жүз жылдын ичинде өздөрүнүн ата-бабаларынын жоокердик духун жоготуп, Исландия элине айланды. IX кылымда эле норвегиялык, даниялык жана швециялык викингдердин жана Ирландияда колго түшкөн күн аялдардын тукуму өздөрү жашаган аралдын чегинде ич ара аргындашып жана эски айрым каада-салттарын сактоо аркылуу өз алдынча, анча чоң эмес этнос түзүшкөн[46].

Башка уруулар менен карым-катнаштын дээрлик жоктугу этностун ичиндеги мамилелерди турукташтырууга алып келет. Ошонун натыйжасында биз "дымып калуу" деп атаган түзүлүш пайда болуп, этностун ички "системасы жөнөкөйлөшүп" кетет. Мисалга кайрылалы.

Байыркы Египетте биригишкен хамит уруулары эн зор этноско айланып, социалдык көп бутактуу системаны түзүшкөн. Анын ичинде фараондор менен кеңешчилер, дубандардын акимдери жана жоокерлер, жрецтер, катчылар, соодагерлер, дыйкандар жана кембагал жалчылар болгон. Чет жерликтер менен кагылышуулардын натыйжасында система татаалдана берген. Нубия менен Сирияны жоокерчиликти кесип кылгандар каратышты, Вавилон менен келишимди тажрыйбалуу элчилер түзүштү, каналдар менен кооз имараттарды бала кезинен үйрөтүлүп, окутулган адистер курушту. Тармакталган система гиксостордун чабуулууна туруштук берип, ал согуштан жаңыланган кандайдыр бир күчкө ээ болуп, кайра жаралды. А бирок б. з. ч. XI кылымдан бери тарта процесс жөнөкөйлөнүп отуруп, акыры системанын каршылык көрсөтүү күчү начарлайт. Акыры, б. з. ч. 950-жылдан тарта Египет ливиялыктардын колуна өтөт. Ал эми б. з. ч. 715-жылы Египеттеги бийлик эфиоптордун колуна өтөт, кийин ал Ассирия менен согушта жеңилип калганда коргонууга күч-кубаты жок Египетти азиялыктар басып алат. Андан соң Египетти Саистердин династиясы боштондукка чыгарып, бийлик ливиялыктар менен эллиндердин кылычынын күчү менен кармалып турган. Б. з. ч. 550-жылы ал бийлик да кулайт. Андан кийин Египетти бийликке келген перстер, македондуктар, римдиктер, арабдар, берберлер, мамлюктар жана түрктөр биринен сала экинчиси башкарып турат. Ошентип б. з. I кылымына карата бардык социалдык топтордун ичинен дыйкан-феллахтар жана эллиндештирилген шаардык-копттордун чакан тобу гана сакталып калган эле. Феллахтар өздөрү менен өздөрү гана болуп жашап турушат. Алардын айланасында тарыхый активдүү турмуш өкүм сүрүп жатканына карабай эч ким менен иши болгон эмес. Эки миң жыл бою алар өздөрүнө этникалык жактан жат коомдун ичинде жашашканына карабай, өздөрү менен өздөрү болуп кала беришти. Муну биз этникалык статика же тынч абалда туруу деп атайбыз. Бул көрүнүш өнүгүүнүн ушунчалык жай жүрүп калганын жана аны баяндап жазууда анын көп жагы көңүлгө алынбай калышы ыктымал дегендикти түшүндүрөт.

Статика жана динамика

Терминдерди дагы бир жолу тактап алалы. Турмуш-тиричилиги муундан муунга өтүп, өзгөрүүсүз кайталанып турган элдерди биз шарттуу түрдө "статикалык" же "персистенттик" деп атайбыз. Албетте, минтип айтуу, бул элдер сырткы таасирлерге дуушар болбойт дегендик эмес. Көп учурда алар айлана-чөйрөсүнүн өзгөрүшүнө жараша жок болуп кетиши да ыктымал. Мисалы, тасманиялыктар же Патагониядагы араукандар ушундай жол менен жок болуп кетишкен. Туруктуу этникалык топтор, уруулар же элдер кээде өздөрүнүн цивилизациялуу коңшуларынан жаңы нерселерди үйрөнүүдөн сактанышат, бирок көпчүлүк учурларда өз турмуш- тиричилигинин багытын өзгөртпөстөн туруп, өздөрүнө ылайыктуу деген жаңы көрүнүштөрдү оңой эле өздөштүрүп алышат. Айталы, алгонкин уруулары XVII кылымда эле түтөтмө мылтыкты (мушкетти) атууга үйрөнүп, жоокер турмушуна колдонуп, аны англиялык жана франциялык колониячылардан да мыкты пайдалана башташкан. Патагониялыктардын XIX кылымдагы бир мууну жашаган мезгил ичинде жөө аңчылыктан дароо эле атчан аңчылык кылууга өткөн. Тунгустар өздөрүнүн чумдарында пайдаланууга өтө ыңгайлуу болгон ширеңке менен темир мешти колдонууну өздөштүрүшүп

алышкан. Анткени менен бул элдердин этникалык бейнеси XX кылымга чейин эч өзгөрүүсүз кала берген. Алгонкиндер да, араукандар да француз же испан болуп кетишпеди.

"Динамикалуу" деп аталган элдерде ар дайым "аталар менен балдар" маселеси жаралып турат. Жаш муундар мурдагы муунга окшош эмес. Идеалдар, жүрүш-туруш, салт-санаа өзгөрөт, "мода" категориясы пайда болот. Жаңылануу башталып, эскилер унутулуп, ушундай өзгөрүүлөр маданияттын өнүгүшү аталат.

Динамикалуу келген элдер да түбөлүктүү эмес. Алар же биротоло жоголуп кетет, же бара-бара статикалык элге айланат жана өз кезегинде ар түрдүү өзгөрүүлөр аркылуу башка бир деңгелдеги, башкача динамикалык өнүгүүгө ээ болот. Албетте, жок болуп кетүү кээде этносту түзгөн адамдардын кырылышына, ал эми, көп учурда этникалык жалпылыктын бытырап бөлүнүп кетишине байланыштуу болот. Аман калгандары коңшу этникалык жалпылыктар менен аралашып, сиңишип кетип, сакталып калган менен этнос системалык бир бүтүндүк катары жоголот. Эгерде этностун бир бөлүгү калдык катарында сакталып калса, анда ал изолят-элге айланат.

Бул өтө ачык-айкын болгон белгилүү мисалдар. Анткени менен адат-салттуулуктун көп кырдуу көрүнүштөрү учурайт. Эгерде биз өзүбүзгө белгилүү этносторду өздөрүнүн үрп-адаттарын унутуп бараткандыгынын даражасына ылайык кылып катарга коё турган болсок, анда "нөлдүк деңгээлге" жеткен, т. а. салтты биротоло жоготуп салган бир да бир этносту учурата албайбыз. Эгер андай болгондо ал этнос коңшуларына сиңип кетип, жок болмок. Мындай көрүнүш кээде-кээде байкалганы менен, бир да этникалык жамаат өзү мындай жок болуп кетүүгө эч качан умтулбайт. Ошентсе да этностор жоголуп кетип турат, демек, аны жоголууга дуушар кыла турган тетири факторлор да бар болсо керек. Сырткы таасирге дуушар болбогон бир да этнос жок, мындан, бардык этностор өлүп жок болот деген бүтүм чыгарса болот. Баарынан кызыгы — этностор кээде өздөрүнүн жашоосуна ылайык келбей турган шартта жашагандан көрө өлүп жок болууну артык көрөт. Эмне үчүн?

Ырас эле, жаратылыш чөйрөсү менен гомеостатикалык тең салмактуу фазада этнос жаныбарлардын тигил же бул түрүнүн популяциясынан өлүп жок болуу укугуна ээ болгондугу менен айырмаланып турат. Этностун жок болуп кетиши — ага кирген адамдардын тукум курут болуп кырылып калгандыгын эмес, анын системалуу бир бүтүндүгүнүн бузулуп, таркап кетишин гана көрсөтөт. Арийне, тарых барактары америкалыктар шерменделик менен индейлердин айрым урууларын, хуннулардын чакан этносторун кытайлар тукум курут кылганын жазып сактап калган. Ошентсе да жоголуп кеткен этностордун мүчөлөрү көп учурларда жаңы же коңшу этностордун катарына өтүп, сиңип кетет. Ошондуктан этникалык экстерминация биологиялык көрүнүш болгонго караганда көбүрөөк социалдык көрүнүш болуп саналат.

Диалектикалык материализмде айтылгандай, өлүм — организмдин жашоосунун зарыл учуру жана мыйзам ченемдүү натыйжасы. "...Жашоону тануу, — деп жазган Ф. Энгельс, — чындыгында так ошо жашоонун өзүндө камтылып турат, андыктан жашоо дегениң анын өзүндө түйүлдүк түрүндө дайыма камтылып турган, өзүнүн сөзсүз түрдө өлүм менен бүтө турган натыйжасы менен айкалышта түшүнүлөт"[47]. Диалектиканын мына ушул универсалдуу мыйзамы этногенез процессинде да аракеттенип турат.

Адам ар кандай курагында өлтүрүлүшү мүмкүн болгондой эле этногенетикалык процесс да ар кандай баскычында үзүлүп калышы ыктымал. Кантсе да, этнос али күчүнө келе электеги жаңыдан башталган этногенезди же күчү биротоло түгөнүп, кедергиси кете баштаган этногенезди токтотуп салуу оңоюраак. Мында техника менен маданияттын деңгээли, ошондой эле элдин саны

www.bizdin.kg
да анча зор маниге ээ боло албайт. XV кылымда ирокездер башкалардан өзгөчөлөнгөн, биригип жашоонун өнүгүп- өсүп турган түрүн — беш уруунун бирлештигин, өзүнчө бир республика өңдөнгөн түзүлүштү негиздешкен. Нахуа ацтектерге негиз болду, ал эми Монтесуманын мамлекетин XIV кылымдан XVI кылымга чейин өнүккөн эмес деп айтууга болбостур (тагыраак айтканда — 1325-жылдан баштап Теночтитлан негизделгенден 1521-жылга чейин, т. а. аны Кортес басып алганга чейин). Келтирилген мисалдар — этногенез процесстеринин өз өнүгүүлөрүнүн башталышында эле сырткы соккулардан улам үзүлүп калгандыгынын далилдери болуп саналат.

Байыркы еврейлердин мисалы мындан да ачык-айкыныраак. Б. з. ч. XV кылымда селсаяк хабиру уруусу Палестинага кол салып, Иорданиянын территориясынан бир аймакты басып алат. Алар техника пайдалануу, чарба жүргүзүү, согуш өнөрү жагынан Сирия менен Аравиянын семит урууларынан айырмасы жок болгон, ал эми Египет менен Вавилон элинин деңгээлине жеткен эмес. Бирок бул эл этникалык жактан ургаал өнүгүп келаткан. Ошону үчүн бул эл коңшу элдерден көбүрөөк жашап, римдик жөө аскерлердин кылычынан кырылган соң гана этникалык жалпылык[48] катары жоголот. Эл катары жоголуу, кейпи, еврей элинин өзүнүн этникалык дивергенциясына кокустан дал келген эместей, себеби бир коомду түзгөн фарисейлер, саддукейлер жана ессейлер өздөрүнүн жалпылыгын сезишпей, бири-бирине каршы чыгып, бири экинчисин чыккынчы жана өз сөзүнө турбагандар (фарисейлер менен ессейлердин сад-дукейлерге мамилеси), же жапайылар (саддукейлердин ессейлерди аташы), же кечилдердин кастасын негизги элден бөлүнгөндөр (саддукейлердин ессейлер менен фарисейлерге койгон күнөөсү) деп атап ич ара бөлүнө отуруп, коомду талкалап алышкан. Чын-чынына келгенде I кылымда еврейлер маданий деңгели жагынан римдиктер менен гректерден төмөн болгон эмес.

Жогоруда келтирилген мисалдардын негизинде маданияттын өнүгүшү дал варварчылыкта катылып жаткан күчтү жок кыла алат деген ой жаралышы мүмкүн. Бирок бул көз караш тарыхый жактан далилденбей отурат. XIX кылымда европалыктар Африка менен Түштүк Чыгыш Азияны каратып алып, XX кылымдын башында Жердин дээрлик бардык кургактыктарын камтыган колониялык империялардын системасын түзүштү. Айрым учурларда муну европалыктардын согуш техникасынын артыкчылыгы менен түшүндүрсө болот, бирок ар дайым эле ошондой болгон эмес. Айталы, Индия аскерлери — сыпайлар да англиянын мылтыктары менен куралданышканына карабай аз сандагы англиялык аскерге жеңилип калган. XVII—XVIII кылымдарда Түрк аскерлери да куралдануу жагынан австриялык жана орус аскерлеринен айырмасы болгон эмес, бирок өз аскерлеринин аз санда, негизги, жабдып туруучу базасынан алыс болгонуна карабай Евгений Савойский менен Суворов жеңишти камсыз кыла алышкан. Француздар Алжир менен Аннамды эң мыкты замбиректердин күчү менен эмес, кичи (партизандарга каршы) согуштарга тартылган зуавдардын жалтанбас эрдиги менен каратып алышкан. Мунун, тетирисинче, өз мезгилиндеги эң алдыңкы курал-жарак менен куралданган италиялыктар, негус Менеликтин найза, таш бараңдар менен куралданган аскерлерине 1896-жылы жеңилип беришкен. Негустар байыркы кезде маданияты жагынан италиялыктар менен тентайлашкан эл болгон. Ооба, так ушундай болгон!

Келтирилген бардык жеңип алуулар Батыш Европанын этногенетикалык процесстерине ажырагыс байланыштуу болгон жана анын натыйжасында феодализм убагында эле башталган улуттар менен колониялык империялар түзүлгөн. Бирок европалык этностордун бүткүл дүйнөгө тарашы XX кылымда аяктап, бул көрүнүш дүйнөлүк гана эмес, Батыш

Европанын тарыхында да маанилүү, кандуу, баатырдык, карама-каршылыктуу эпизод гана болгон. Ооба, бул эволюциянын туу чокусу боло алган эмес. Биз өзүбүз күбө болгон колониялык империялардын кыйрашы этнонегез процессинин гүлдөө баскычы өтүп кеткенин жана тарых мурдагы багытына кайра кайтканын көрсөттү — Европа кайрадан өзүнүн географиялык чектерине кайрылып келди. Демек, кеп техниканын же маданияттын деңгелинде эмес экен, андыктан этникалык өнүгүүнүн моделин башка принциптердин негизинде түзүү керек окшобойбу. "Бир да эл, бир да раса өзгөрбөстөн кала албайт. Алар башка элдер жана расалар менен үзгүлтүксүз аралашып, дайыма өзгөрүп турат. Алар толук тарап жок болуп барып, андан соң жаңы эл же эскинин жаңы бир түрү катары кайрадан жаралышы мүмкүн"[49].

Кантсе да этнос-изоляттар айлана-чөйрөсүндөгү душмандарына туруштук берүү жөндөмүн кандайча жоготуп коёру түшүнүксүз бойдон калууда. А. Тойнбинин "чакырыкка" "жооп" концепциясы боюнча алар душмандын кол салуусуна катуу каршылык көрсөтүшү тийиш эле, а бирок алар эмнегедир же жеңилип беришет, же качып кетишет. Сыягы, этноско окчун, өзү менен өзү болуп жашоого мүмкүндүк берүүчү гомеостаз абалына өтүү алгачкы баскычта этностун резистенттүүлүгүнө түрткү берүүчү кайсы бир белгинин жоголуп кетишине байланыштуу окшойт. Алар бир гана нерсеге катуу турушат — өздөрүнүн ичине жаттардын киришине жол беришпейт.

Кошуп алуу (инкорпорация)

Жогоруда байкалган жана баяндалган этникалык феномендин өзгөчөлүгү башка уруунун адамдарын экинчи бир уруунун катарына кошуп алуу учурунда ар дайым пайда болуучу кыйынчылыкты түшүндүрө алат. Башка бир этностун катарына кошулуу үчүн адамдын жеке өзүнүн каалоосу, а түгүл кабыл алуучу жамааттын жөнөкөй макулдугу да жетишсиздик кылат. Адам үчүн башка чөйрөдө эн сонун жашоо мүмкүн болсо да, ал бөтөн бойдон калышы мүмкүн. Айталы, шотландиялык адам Перу мамлекетинин гражданды гын алганы менен ал перулук болуп кете албайт; анткени перулуктар курамы татаал этнос, ал жакында эле, XIX кылымдын башы ченде пайда болгон. Бирок маори элинен келген студенттер Англиянын университеттеринде кадимки өз кишилердей тез эле аралашканы байкалат. Муну студенттердин жүрүш-туруш адаттарынын англия-лыктардын жүрүш-туруштарына окшоштугу менен түшүндүрүүгө болот. Шотландиялык адам инктердин тукумдарына окшоп инициация ырым-жырымынан өткөн эмес; ал конкистадорлордун тукумдарынча ар жума сайын сыйынуу үчүн чиркөөгө да барбай, анын жакшылык жана жамандык, улуулук жана пастык, кооздук жана көрксүздүк жөнүндөгү түшүнүктөрү да перулуктардыкына дегеле окшошпойт, деги эле башка өлкөнүн мүчөсү болуу үчүн адамдын жеке каалоосу жетиштүү болсо, этносту алмаштыруу үчүн ал таптакыр жетишсиз. Ал эми маорилер болсо англиялыктар менен 100 жыл бою алыш-бериште катар жашап, алар менен кандай мамиледе болушту бала кезинен үйрөнүшөт. Мектепте бирге окуу, бирге ойноо, ишкерлик мамилелер, кыз алып, кыз берүүдөн да таасирдүүрөөк келет. Жаны Зеландияда маорилерди англиялыктарга каршы коюу маниге ээ болсо, Кембриж университетинде Жаңы Зеландиянын жашоочуларын "айкел, карт Англиянын" тургундарынан айырма-лоо олуттуу маниге ээ.

Кичи этносторго жана натуралдык чарба жүргүзгөн элге кошулуп кетүү бир кыйла кыйыныраак бөлөт. Албетте, мында да кээде башкача бөлөт. Мисалы, этнограф Морганды ирокездер, франциялык саякатчы жана аң терилери боюнча соодагер Этьен Брюлени гурондор оз катары кабыл алышкан. Мындай мисалдар

www.bizdin.kg
көп. Бирок акыйкатчылык үчүн айтып кете турган нерсе: Морган америкалык окумуштуу бойдон эле калган, ал эми Брюле 1609— 1633-жылдары гурондор менен иштешип жүрүп, кийинчерээк жергиликтүү жаштарды эски үрп-адаттарга каршы чыгууга үндөгөндүгү үчүн уруу башчылары тарабынан өлтүрүлгөн. Анан да окумуштуу В. Г. Богараз өзүнүн жетим бала — "орус чукча" жөнүндө баянында, орус чүрпөсү чукчалардын колунда тарбияланып, орусча бир сөз билбегенине карабай, чукчалар аны орус деп эсептешкенин, бала да ошондой ойдо экенин жазганы бар.

Мына ушулардан улам башка урууга кошулуп жашоо атамзамандан бери белгилүү экендигине карабай ар дайым каршылыкка, болгондо да адамдын аң-сезиминен, өздүк аң-сезимден сырткары жаткан фактордун каршылыгына учураарын айта кетелик. Ал фактор туюм-сезим жагындагы табигый көрүнүш болгондуктан, аң-сезим аркылуу дайыма эле туура чагылдырыла бербейт. Бул маселе канчалык татаал көрүнгөнүнө карабай төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот: этникалык феномен материалдык көрүнүш, ал биздин аң-сезимибизден тышкары жашайт, бирок ал биздин денебизде жана жогорку нерв системабыздын ишинде катышып турат. Ал адамдардын мүнөзүндөгү, ишмердүүлүгүндөгү ажырымдыктардан байкалат жана этнопсихологияга тиешелүү көрүнүш. Албетте, этнопсихологияны "функционалдык беш бирдикти: иш-аракетти, маани-манызды, жеке адамдын жана топтун ролун"[50] изилдөө аркылуу "адам-дардын эмне иш аткарарын аныктоого" умтулган социалдык психология менен чаташтыруу жарабайт. Социалдык топ дегенибиз — бул "бир бүтүн нерсе катары биргелешип аракеттенген адамдардын тобу", т. а. адамдар "кайсы бир иш-аракеттин катышуучулары катары каралат"[51]. ...Мисалы, футбол оюнунун же "Линч сотунун" катышуучулары ушундай топтор болуп саналат. Буларды этнос деп айтууга болбойт! "Америкага көчүп келген европалык интеллигенттер бул өлкөнүн тарыхын, мыйзамдарын жана салттарын америкалыктардын өздөрүнө караганда жакшы билишет. А бирок алар америкалык турмуш жөнүндө "билгени" менен аны менен ичтен "тааныш" болбогону белгилүү. Ошондуктан алар АКШда туулуп- өскөн ар бир бала туюп-сезе билген көптөгөн нерселерди түшүнө алыш-пай кыйналышат".[52] Ошону менен эле бирге (бул көрүнүш көп учурайт) көчүп келгендердин айрымдары гана Америкага көнүп, айрымдары жакшы айлык акы алгандарына карабай кайра көчүп кетүүгө аргасыз болушат. Муну өзүнүн "Тили азабы" деген повестинде В. Г. Короленко эң сонун көрсөткөн.

Калыбы, этникалык жактан сиңишип кетүүнүн ар кандай баскычтары бар окшобойбу. Кайсы бир баскычында кошулуп жашоо оңоюраак, дагы биринде кыйын, үчүнчүсүндө деги эле мүмкүн эмес. Бул кызык феномендин себеби эмнеде?

Жер бетинде неоантроп жаралгандан бери карай этнос түзүлө келген. Адамзаттын тарыхы көрсөткөндөй, алардын жашоо ыгы да бирдей боло келген: жаралуу, кеңейүү, активдүүлүгүнүн жогорулашы, басаңдашы, же таркап жоголуу, же айлана-чөйрө менен тең салмактуулукка өтүп жашап калуу. Мунун өзү айлана-чөйрө менен дайыма кайталангыс, өзгөчө түрдө, башка бир ыргакта маалыматтар менен энтропияны алышып-беришип турган системанын типтүү инерциялык процесси болуп саналат. Так ушул абал гана кошулуп кетүүнү чектеп турат. Толук түрдө "өз" болуу үчүн процесске аралашып кетүү керек, т. а. кошулуп кетүүчү адам өзүнүн чыныгы ата-энесинин колунда тарбияланбай, үрп-адат, жүрүш- туруш көнүмүштөрүн өзү кошулган жактан үйрөнүшү, мурасташы сөзсүз шарт. Башка бардык учурларда бөтөн этноско кошулуу мүмкүн эмес, ал этникалык жакындыкка гана айланып калат.

Тең салмактуулуктун жана өнүгүүнүн айырмачылыгы

Эми, изолят-этностор менен дүркүрөп өнүккөн этностун айырмачылыгын талдап көрөлү. Калдык катарында жашап турган этностун мүчөлөрүнүн ортосунда күрөш жүрбөйт, болгон күндө да утулгандар жок болуп кетпейт. Турмушта жаңыдан пайда болуп жаткан нерселер гана куугунтукка алынат, анткени андай нерселерди эч ким кабыл алгысы келбейт. Эгер ушундай болсо, анда эволюциянын бир фактору болгон табигый тандалуу начарлап жок болуп кетет. Акырында келип, этникалык-ландшафттык тең салмактуулук калат. Дал ушул тең салмактуулуктун шартында гана социалдык прогресс же регресс болушу мүмкүн. Бирок жаңыча жашоого көнүгүшүүнүн татаал жана кыйын шарттарында жана жүрүш-туруш адаттарын алмаштырууда табигый тандалуу кайра жаралат да, ал жараткан популяция же жок болуп кетет, же жаңы этноско айланат.

Мына ошентип, этносторду алгачкы классификациялоо (калыптануу учурун алганда) аларды бири экинчисинен өтө кескин айырмаланган белгилер аркылуу эки башка бөлүкчөгө бөлүү болуп саналат (1-таблицаны карагыла).

Сунуш кылынып отурган бөлүү мурда колдонулуп жүргөн антропологиялык, лингвистикалык, социалдык жана тарыхый-маданий бөлүүлөрдөн айырмаланган принципке негизденет. Бул таблицада көрсөтүлгөн айырмачылыктын 12 белгиси бардык замандарда жана бардык аймактарда өзгөрүлбөй кала бере турган белгилер. Таптык коомдордо персистенттик этностор кандай жашап турса уруулук түзүлүштөрдө да адамдар өздөрүнчө топтошуп, кийинчерээк алардан уруулук жаңы бирлештиктер же аскерий-демократиялык бирикмелер жаралат. Биринчи вариантка Аравиядагы бедуин урууларындагы, Батыш Африкада Бенин жана Дагомея жана башкалардагы, Түндүк-Батыш Америкадагы тлинкиттерде учураган эзелки кул ээлөөчүлүк мамилелер же XIX кылымда кавказдык тоолуктардын грузиндерден кул жана күң күтүшкөнү мисал боло алат. Феодалдык мамилелердин өзгөрбөй муундан муунга сакталып келгендиги XIX кылымда батыш жана түндүк-чыгыш Тибетте, тоолуу Дагстанда, якуттарда жана малайлыктарда байкалган. Буга тескерисинче, XV кылымда пайда болгон ирокездердин бирлиги таптык коомдук түзүлүшкө чейинки шартта этностун жаралышынын эң сонун мисалы. Ушундай эле көрүнүштөр б. з. ч. III кылымда Хунну уруулук мамлекетинде, б. з. ч. VI—VIII кылымдарындагы түрктөрдүн "Түбөлүк Эл" аскерий-демократиялык карагандыгында да орун алган. Кельттер б. з. ч. I кылымда коомдук өз ара мамилелеринде кландык система болгонуна карабай этникалык бир бүтүндүк түзгөнү талашсыз чындык.

Мындай мисалдар өтө көп, бирок жогоруда келтирилгендер эле жетиштүү болот. Тарыхый-этнографиялык материалдарды классификациялоодо учуроочу ар кандай бөлүүлөр шарттуу түрдө гана болот. Андыктан ал изилдөөчү өз алдына койгон маселеге байланыштуу чечмеленет. Мына ошондуктан биздин максатыбыз — байкоого алган көп түрдүү көрүнүштөрдүн катарында этникалык калыптануунун ордун аныктоо болуп саналат. Анан эмне болду? Көрсө, жалпы этникалык-ландшафттык тең салмактуулуктун фонунда этностун жаралышы сейрек учуроочу көрүнүш экен, муну тигил же бул элдердин толук баалуу эместигинен улам пайда болуучу "артта калгандык" же өспөй "дымып калгандык" катарында кароого болбойт. Азыркы бардык "дымыган" этностор качандыр бир кезде дүркүрөп өнүккөн, ал эми азыр өнүгүп бараткан этностор, эгер бир кезде жоголуп кетпесе, эртедир-кечтир "туруктуу" этноско айланат.

Этногенез жана табигый тандалуу

Этностун феноменин жогоруда баяндап жазуудан улам социалдык процесстер өз табияты боюнча ар башка болору такталды. Үстүртөн байкоо жүргүзүүдө көбүн

эсе коомдук жана этникалык ритмдердин дал келип калуулары кокустук экени көрүнүп турат, анткени фазалар (баскычтар) боюнча дал келүүнүн учурундагы интерференция эффектини күчөтөт. Пайда болгон маселени мындайча суроо салып чечмелөө талап кылынат:

1-таблица. Этностун персистенттик жана динамикалык абалдарын айырмалоочу белгилер

1-таблица. Этностун персистенттик жана динамикалык абалдарын айырмалоочу белгилер

Белгилер	Абалдар:	
	персистентгик	динамикалык
Муундар ортосундагы мамилелер	Жаны муун озүнон мурдагы муундун жүрүш-туруш адаттарын улантууга аракеттенет	Жаңы муун өзүнөн мурдагы муунга окшош болбоого аракеттенет (аталар менен балдар маселелери)
Мезгилге мамиле	Мезгилдин мөөнөткө бөлүнүп эсептелиши	Мезгилдин узундукта эсептелиши
Табиятка мамиле	Чарбачылык ландшафттарга ылай-ыкташтырылган	Ландшафттын чарбачылыктын талаптарына ылайыкташтырылышы
Коңшуларга мамиле	Чек араларды коргоо, меймандостук	Территорияларды кеңейтүүгө умтулуу, басып алуу согуштары
Укум-тукумга ма-миле	Тукумдун көбөйүшүн чектөөгө умтулуу, бала өлтүрүүчүлүк	Тукумдун чексиз көбөйүшүнө умтулуу
Динге мамиле	Генотеизм, башка жерликтерди өздөрүнүн сыйынуучу ыйыктарына жолотпоо	Прозелитизм жана башка динге жол бербөөчүлүк
Коомдук институтгарга мамиле	Улуулардын аброю	Бийлик институту
Коомдук турмушка мамиле	Элдин калыптанып калган социалдык тобунун өнүгүшүн токтотуу	Жаңы социалдык топтордун жаралышы
Бөтөн маданияттарга мамиле	Бөтөн идеяларды жана техникаларды четке кагуу	Бөтөн идеяларды активдүү өздөштүрүү, аларды пайдалануу же күч менен четке кагып салуу
Жашоо мөөнөтүнүн узактыгы	Табигый же антропогендик көрүнүштөгү сыртты таасир менен гана чектелген	Түрткү башталган алгачкы чекиттен динамикалык абалдан (биротоло жоголуу же байыркы калдыкка айлануу чейин) чыкканга чейинки мезгилди эсептегенде 1200 (1500) жылдан коп эмес убакыт

этносторду жаратуучу күчтөр кайдан алынат? Мындай күчтөр бар болууга тийиш. Эгер алар жок болсо, табигый тандалуу аркылуу аныкталуучу энтропия тээ кубар заманда, палеолит мезгилинде эле бардык этникалык өзгөчөлүктөрдү жок кылып, адамзаттын ар түрдүүлүгүн бир түстөгү антропочөйрөгө айлантып салмак.

Табигый тандалуу жолу гана жашоо үчүн күрөшкө көбүрөөк ыңгайлашкан жаныбарлардын сакталып, өсүп-өнүгүшүн камсыз кылат деп жүрөбүз. Бирок Ж. Б. С. Холден бул өзүн башка түрлөрдөн жана органикалык эмес табияттан коргоого

аргасыз болгон сейрек жана ар тарапка чачылып кеткен түрлөргө гана тиешелүү деп эсептейт[53]. Жашоочулардын саны көбөйүп, жыштыгы артары менен түрлөрдүн айрым өкүлдөрү бири бирине каршы күрөшө башташат. Айрым өкүлдөрдүн жеңишке жетишкенине карабай, күрөштүн өзү түр үчүн биологиялык жактан зыяндуу келет. Мисалы, жаныбарлардын айрым түрлөрүнүн эркектаналарынын мүйүздөрү же ийнелеринин өтө чоңоюшу алардын жеке беттешүүлөрүндө жеңишти камсыз кылат, бирок көпчүлүк учурда түрдүн жоголушуна жол ачат[54].

Бул аныктама биоценоздун аяктоочу жана эң жогорку баскычында турган жана үстөмдүк кылуучу түр болуп саналган адамзатка да тиешелүү. Ж. Холден белгилеген түр ичинде тамак-аш үчүн күрөштүн түр ичиндеги особалардын күрөшү менен эч кандай жалпылыгы жок жана анын мыйзам ченемдүүлүктөрүн адамдардын коомуна колдонуу туура эмес дейт. Бул жерде маселенин түйүнү башкада: үйүрдө же топто артыкчылык үчүн күрөштүн күчөшү күтүлбөгөн жыйынтыкка такайт, кызыгы, ал күрөштө жеңип чыккан тарап тукум калтырбайт. Демек, биз мында ылайыкташууга көбүрөөк жөндөмдүү болгон жаныбарлардын гана жашап кете ала тургандыгы жөнүндөгү дарвиндик мыйзамдын ордуна жалпы эле жамааттын эволюциясында чагылбай турган, кандайдыр бир чектен чыккан абалды учуратабыз. Күчүнө кирген, жашы улуу эркектаналардын кагылышуулары жана өсүп келаткан эркектаналарды үйүрдөн же топтон кууп чыгуу аркылуу тандалуулар жаңы популяцияларды пайда кыла албайт. Тетирисинче, ал эски көнүмүштөрдү, көпчүлүк жаныбарлардын мурдагы белгилерин көпкө сактап калуучу зор фактор болуп саналат. Бул толук түшүнүктүү нерсе: белгилүү бир регионду ээлеп жашап турган ар бир түр анын биоценозуна кирет жана ага эң сонун ылайыкташып алат. Бул абал, кээде физикалык-географиялык шарттардын өзгөрүшүнөн, мисалы, өтө кургакчылык же күчтүү суу каптоодон кыртыш агып келген кумшагылдарга басылып калганда, кээде башка жаныбарлар ооп келип жашап региондогу биоценоздун тең салмактуулугун өзгөртүп жибергенден бузулуп калат.

Анткени менен экзогендик факторлордун бири да эмне үчүн каргашалуу кыйроолор болбосо да айрым этностор башка бир этностор менен алмашылып, өзүлөрүнүн укум-тукумдарына архитектуралык курулуштардын урандыларын, айкелдердин сыныктарын, адабият үзүндүлөрүн, сынган идиш-аяктарды, анан да ата-бабаларынын эрдик-даңктары жөнүндө үзүл-кесил эскермелерин калтырып жоголуп кеткенин түшүндүрбөйт. Кейпи, адам үчүн табигый тандалмалуулук башка маениге ээ болсо керек. Буга Ж. Холден өтө зор көңүл бурганы белгилүү. "Этностун биологиялык тандалуусу анын ар бир мүчөсү башкаларга караганда кобүреек балалуу болушун шарттоочу белгилерге байланыштуу келет. Бул белгилер: оору-сыркоого туруштук берүүчүлүк жана алдуу-күчтүү болуу, бирок бул белгилерге этностун (же түрдүн) бир бүтүндүк катары көбөйүшүнө кызмат кылчу жана адамдар тарабынан еөзгөчө баалана турган сапаттар кирбейт". Холдендин ою боюнча өзү ачкан идеясы менен илиминин курмандыгы болгондордун, эр көкүрөк жоокерлердин, акын менен артисттердин гендери улам кийинки муундарда азайгандан азая берет. Ал эми биздин изилдөөбүзгө башка маселе — этностун андан аркы тагдырында бул процесс кандай жыйынтык менен аяктайт деген маселе маанилүү. Албетте, бизди ал жыйынтык коомдук планда эмес, популяциялык-генетикалык планда кызыктырат. Ж. Холден бул жобону мындайча аныктайт: "Табигый тандалуу ылайыкташуу мүнөзүндөгү өзгөрүүлөргө таасир берет, ал эми бул өзгөрүүлөр бардык багытта жүрбөйт. Анын көпчүлүк бөлүгү татаал түзүлүштүн жок болушуна же органдардын жөнөкойлөнүп өзгөрүшүнө — дегенерацияга алып келет"[55].

Холден далилдеген бул аныктама, бир караганда, эволюцияны прогрессивдүү өнүгүү катары караган мектептен алган түшүнүгүбүзгө карама-каршы келип жаткансыйт. Бирок биз буга диалектикалык усулду колдоно келгенде эле ал карама-каршылык буу тарагандай жоголот. Түрлөр же тукум курут болот, же турукташып, персистенттүүлүкке айланат (калдык, өз өнүгүүсүнүн аягына чыккан этнос), бирок мурдагыларга караганда мыктыраак жаңы түр пайда болот. Анткени менен алар да кийинкилерге уюткуланып, бышып жетилип жаткан түргө орун бошотуп берет. Сууда да, кургакта да жашоочу эбегейсиз зор жаныбарларды — сойлоп жүрүүчүлөр, динозаврларды — сүт эмүүчүлөр, неандертал адамын — азыркы адам алмаштырды. Кыскасы, ар бир көкөлөп учуунун алдында көмөлөнүп жыгылуу болгон.

Эми муну биз этнологиянын тилине которуп, оз изилдөөбүздүн материалына модель катары эң жөнөкөй үлгүнү — чектелген (территориялык жактан), туюк (генетикалык жактан), өз алдынча жаралган (социалдык жактан) этникалык жамаатты колдонобуз.

Альтруизм, тагыраагы — антиөзүмчүлдүк

Жаны жаралган этнос өзү жөнүңдө жарыя салары менен түздөн-түз дүйнөлүк тарыхый процесстерге катышууга киришет. Бул деген анын өзүнө ар дайым душмандашып келген коңшулары менен өз ара аракеттне башташын түшүндүрөт. Башкача болушу мүмкүн эмес, анткени жаны, активдүү, мурда учурабаган нерсенин пайда болушу дайыма жашоонун көнүмүш жана көңүлгө жаккан жагдайларын өзгөртүп жиберет эмеспи. Этнос жаралган региондун байлыгы да дайыма чектелүү болот. Баарынан мурда азык-түлүктүн аздыгы байкалат. Андыктан мурдагы туруктуу турмуш абалында, жайчылыкта жашап келаткандар капыстан чыга келген, жөн-жайы түшүнүксүз, көңүлдөрүнө жакпаган адамдарга катарынан орун берүүнү, өздөрүн чектөөнү деги эле каалабайт. Жаңыга каршылык көрсөтүү өзүн-өзү сактоонун табигый көрүнүшү катары пайда болот жана курч мүнөзгө ээ, ал көпчүлүк убакта кызыл-кыргын согушту жаратат. Жеңишке жетиш, эң кур дегенде өзүн коргоп калыш үчүн этностун ичинде альтруисттик[56] этика, т. а., жамааттын кызыкчылыгын өзүнүн жеке кызыкчылыгынан жогору коюу орун алышы зарыл. Мындай этика үйүрлөшүп жашаган жаныбарларда да учурайт, бирок бул этика адамдарда гана өз түрүн сактап калуунун бирден бир фактору катарында мааниге ээ. Альтруизм ар дайым өзүмчүлдүк (эгоисттик) этикага катарлаш турат. Өзүмчүлдүк этикасында жеке жана үй-бүлөлүк кызыкчылык коомдук кызыкчылыктан жогору коюлганына карабай, коом менен жеке адамдын кызыкчылыктары көпчүлүк учурларда дал келгендиктен курч карама- каршылыктар сейрек кездешет. Адамды түр катары сактап калуу, т. а. этносту сактап калуу көз карашынан алганда бул эки этикалык концепциялардын эриш-аркактыгы оптималдуу абалды түзөт. Бирок функциялар бөлүнүп кетет. "Альтруисттер" этностун бир бүтүндүгүн коргойт, "өзүмчүлдөр" этностун тукумун улайт. Анткени менен табигый тандалуу "альтруисттердин" санын кыскартып отургандыктан акыры этнос өз коргоочуларынан ажыраган кезде коңшу этностор аны өзүнө сиңирип алат. "Өзүмчүлдөрдүн" тукуму болсо эми башка этностордун ичинде жашап, альтруисттерди өздөрүнүн эр көкүрөк коргоочулары катарында эмес, азоо чалыш, кекирейген жана кара мүртөз адамдар катары эстеп коюп жашай беришет.

Бул жобону тарыхый материалдар аркылуу текшерүүнүн бир гана ыкмасы бар, ал жөнүндө толугураак токтолуу керек. Этика аныктыктын кадимкиликке болгон мамилесин талдоодон өткөрөт, ал эми аныктык болсо кадимкилик сыяктуу эле ар бир доордо өзгөрүп турат. Бул өзгөрүүлөр булактардын авторлору тарабынан өтө

сергек баяндалат, ал эми башка учурларда алар уялбай-этпей эле фактыларды бурмалап жиберишет. Авторлор ал өзгөрүүлөр жөнүндө жазганда болуп жаткан чындыкты эмес, аларга дайыма шексиз нерседей болуп көрүнгөн идеалды жазышат, жазганда да чын дилинен жазышат. Андыктан биз көнүмүш жүрүш-туруш адаттардын өзгөрүп, бирин бири алмашуусун аныктоо үчүн өткөн доорлордун тарыхграфиясын, а түгүл көркөм адабиятын да маалыматтардын булагы катарында эмес, сын көз менен карап изилдей турган фактылар катарында пайдалана алабыз жана мунун жардамы менен тиги же бул процесс чындыгында кандайча болуп өткөнүн тактоого мүмкүнчүлүк алабыз. Мисалга биз окурманга жакшы белгилүү болгон кайсы бир элдин (мамлекеттин, саясий институттун, социалдык-экономикалык мамилелердин эмес, дал этностун) тарыхынын басып өткөн бир үзүмүн келтирели да, анын фазаларына үстүртөн эле көз чаптырып көрөлү. Буга Байыркы Рим шаармамлекети ылайыктуу мисал боло алат. Эгерде анын айтылуу падышалар мезгилин, коомдук системанын мүнөзүн аныктоочу алгачкы сецессиядан (плебейлердин Ыйык тоого кетиши, андан соң алардын патрицийлер менен жалпы тил табышы) баштап, Каракалла жардыгына (Римдин провинциялык букараларынын римдиктер деп таанылышы) чейинки мезгилин, т. а., б. з. ч. 949-жылдан б. з. 212-жылына чейинки мезгилин карап чыга турган бөлсөк "альтруисттер" менен "өзүмчүлдөрдүн" эволюциясынын ара катышын айкын-ачык көрүүгө болоот. Баса, мындай байкоону байыркы рим тарыхчылары да жүргүзүп, бул процессти "пейилдин кедери кетиши" деп аташкан.

Пуни согушу бүткөнгө чейинки алгачкы мезгилде мекен үчүн жан кыюудан жалтанбаган баатырлар көп болгонун булактардын авторлору баяндайт. Муций Сцевола, Аттилий Регул, Цинцинат, Эмилий Павел жана аларга окшогон дагы көптөгөн баатырлар, балким, көбүн эсе патриоттук легендалардын шарапаты аркылуу жаралган баатырлар болсо керек, дал ушундай инсандар жүрүш-туруштун идеалы катары үлгү болушканы маанилүү. Граждандык согуш мезгилинде абал кескин өзгөрөт. Эми партиялардын жетекчилери: Марий же Сулла, Пөмпей, Красс же Цезарь менен Сертөрий, Юний Брут же Октавиан баатыр болуп чыга келишти. Алар эми ата мекен үчүн жанын бербегени менен партиялардын кызыкчылыгы үчүн, өзүнүн жеке кызыкчылыктарынын пайдасы үчүн баштарын байлап коюп күрөшкөн. Принципат доорунда да баатыр жана күжүрмөн ишмерлер көп эле, бирок алардын баары жашырып-жаппай эле өз кызыкчылыгы үчүн аракеттенишкенин, алардын мындай жүрүш- турушу катары коомчулук тарабынан кадыресе жана бирден бир мүмкүн болуучу жүрүш-туруш кабыл алынган. Эми императорлор менен кол башчыларды оз милдетин ак ниеттүү аткаргандыгы, т. а. кара ниеттик жана чектен чыккан ырайымсыздык кылбагандыктары үчүн макташа турган болушту. Мунун өзү аларды "аң-сезимдүү өзүмчүлдөр" катары кабыл алуу дегендик, мындай мамиле алардын өздөрү үчүн өтө пайдалуу болгон. Оптиматтар менен популярлардын партиялары жоголуп, эми алардын ордун тигил же бул легиондордун топтору, айталы, сириялык, галлиялык, паннониялык жана д. у. с. топтор басып, алар бири-бири менен жалаң гана бийлик жана байлык үчүн салгылашып жатышты. Северлердин династиясы бийлик жүргүзүп турган мезгилде идеал менен пайдакорлук салтанат курду. Так ушул учурда Populus romanus деп аталып жүргөн рим этносу өзү каратып алган элдерге сиңип кетиши бекеринен болгон эмес.

Так ушундай эле көрүнүштү мусулмандар менен согушуу эң маанилүү маселеге айланган Орто кылымдардагы Батыш Европадан учуратабыз. Алгачкы эпикалык поэмалардын каармандары — Роланд менен Сид христианчылыктын түркүктөрү катары сүрөттөлөт. Чындыгына келгенде Роланд Бретон маркасынын маркграфы болгон, аны маврлар эмес, баскалар өлтүргөн. Ал эми Сид жөнөкөй эле туруксуз

шылуундардын бири болгон. Ошентип альтруисттик менен баатырдык идеал тутулду. Кийинчерээк жаралган, экинчи мезгилдин чыгармасында, каарман өзүн унутпайт. Кортес менен Писарро, Васко де Гама жана Албукерки, Френсис Дрейк жана Лепантодогу согуштун жеңүүчүсү Хуан Австрийский ушундай баатырлар. Алар эр жүрөк, ошол эле учурда өз керт башынын пайдасын ойлогон, дүнүйөкор адамдар экендиктери эч кимди кыжалат кылбайт, тескерисинче, көпчүлүк алар менен сыймыктанышат, кубатташат. Дагы бир кыйла убакыт өтөт, эми жалданма жоокер баатыр болуп чыга келет. Ал акылдуу, чыдамкай, токтоо болсо болгондур, бирок ал өз жанын сактап калуу үчүн гана аракеттенген неме болот.

Биз белгилүү бир багытта өзгөрүлүп жүрүп отурган идеал жамааттын маанайын билдирип турган көрсөткүч болгондугун көрүп отурабыз, мында автор каарманга эмоциялуу мамиле жасайт, ошондуктан ал аңсезимдүү түрдө жалган нерселерди жазууга барбайт, ал эми мындай маанайлар алда канча тереңде жаткан маңызды — жүрүш-туруш адаттарынын өзгөргөнүн чагылдырып турат, бул болсо адамдардын жамаат болуп жашоосунун этникалык табиятынын чыныгы негизи болуп саналат.

Албетте, мындай учурларда аң-сезим чөйрөсүн эске албай коюуга жарабайт, анткени аң-сезим гана курч абалдардын учурунда эң оптималдуу чечимдерди табууга мүмкүндүк бере алат. Этникалык жаңы система жаралып, күүлөнүү күчүнө киргичекти процесс сырттан болгон таасир аркылуу гана үзүлүп калышы мүмкүн, демек, бул процессте бекем себептик байланыштар (фатализм) үчүн орун жок.

Калдык этносторду тукум курут кылуу

Маселени мындайча коёлу. Эмне үчүн этностор ушунчалык бат-бат жоголуп турат? Айталы, б. з. ч. III кылымда жазма тарыхта катталгандардын бирөө да сакталып калбады, ал эми биздин замандын башталыштарында жашаган этностордон бирин-серини гана бүгүнкү күнгө жете келди. Байыркы римдиктердин, эллиндердин, ассириялыктардын кыйыр тукумдары таанылгыс болуп өзгөрүп, азыр да жашап жатканы менен, ата-бабаларынан генофондду гана мурастап, эми алар римдик, эллиндик, ассириялык болбой калганы качан. Окшоштук издеп палеонтологияга кайрылып көрөлү, себеби бул илим көптөгөн маселелерди изилдөөдө түрдүн өлүп жок болушун кошо иликтеп келатат. Бул жерде изилденүүчү нерсенин чоң же кичинелиги маанилүү эмес, анткени өлүп жок болуу процесси бир гана мыйзам ченемдүүлүккө баш иет деп божомолдосо болот.

Таң калыштуу болсо да, бардык түрлөрдүн ичинен алда канча начар өнүккөн, өткөн замандардын табигый шарттарына өтө начар ылайык- ташкан түрлөр аман калып, сакталып келатканында. Анткен менен өз мезгилдеринде өздөрүнө теңдеши жок жаныбарлар — динозаврлар, мастодонттор, махайроддор, үңкүрлөрдө жашаган аюулар менен арстандар тукум курут болуп кетти. Түрлөрдүн жок болушу ээлеп турган аймактын бара-бара тарышы менен коштолуп, акыры коңшу жашаган атаандаш түр тарабынан өлүп жок болууга баш койгон түрдүн биохордон сүрүлүп чыгарылышы менен аяктайт. А бирок алардын кандай себептерден улам өлүп жок болучу абалга жеткени али белгисиз бойдон калууда. Эми биз бул жерде палеобиологиялык маселени чечүүгө умтулбай, этнологияда мындай өзгөрүү этностун өзүнүн ички түзүлүшүндө катылып жатканын айта кетели. Бирдей шартта (саны, техникасы ж. у. с.) этностун ички түзүлүшүнүн татаалдашы айлана-чөйрөнүн катаалдыгына туруштук берүү касиетин күчөтөт, ал эми түзүлүштүн жөнөкөйлөнүшү — туруштук берүүнү начарлатат. Мына ушул себептен дене түзүлүшү жана акыл-эси жагынан толук

баалуу болгон элдер, айталы, индейлер менен полинезиялыктар колонизаторлордун алдында — өз элдеринин ортозаар өкүлдөрү болгон адамдардын алдында күчсүз болуп калышкан. Ошентип, этностор үчүн да, жаратылыш үчүн да өзүнүн өнүгүү процессинде ылайыкташууга жөндөмдүүлүгүн жоготпогон, ошондуктан жашоо чөлкөмүн кеңейтүүгө умтулган коңшу этностор жана түрлөр өтө зор коркунуч туудурат. Мындай душманы жок болсо байыркы этностун калдыгы чексиз узак мезгил бою жашай алат[57]. А бирок өнүгүп бараткан этностор да өзүнөн күчтүү, өзүнөн да мыкаачы коңшуга туш келсе жоголуп, биротоло тукум курут болуп кетиши да ыктымал. Буга VI—VIII кылымдардагы түрктөрдү (түркүттөр) мисал келтирүү менен чектелебиз.

550-жылдан 581-жылга чейинки мезгилде Алтайда жашаган чакан этнос — түркүттөр Улуу талаага үстөмдүк орнотту. Алардын бийлигин Кытайдан Донго, Сибирден Иранга чейинки жерлерде жашаган элдер тааныды. Түрктөрдүн "Түбөлүк Эл" деп аталган мамлекеттик түзүлүшү тармактанган, ийкемдүү түзүлүш болгон. Бул түзүлүш тоолор менен талааларды мекендеген урууларга, Согдиананын көк шиберлери менен Волга (Эдил) дарыясынын ал кездеги кеңири болгон төмөнкү агымдарында жашагандарга, соодагерлер менен малчыларга, бутпарастар менен отко сыйынуучуларга, деги бардыгына бирдей ийкемдүү, жашоолоруна ыңгайлуу түзүлүш болгон. "Көкө теңир менен кара жерге" сыйынган түрк-жоокерлер да алардын катарында болгон. Бирок алар менен канаатташ жашаган Суй династиясы (589—618) жана Тан империясынын (619—907) жеңишчил табгачтары бириктирген Кытай күчтүү да, агрессивдүү да болгон. Куралдуу күч менен кытайлар түрктөрдү жеңе албады, а бирок тымызын дипломатия аркылуу алардын бирдиктүү кагандыгын Чыгыш жана Батыш кагандыктарга бөлүп салды. Андан соң чөлдө жашагандарды, Тарим дарыясынын көк майсандарын басып алып, талаалыктарды бөлүп таштады. Ушундай ык менен алар Согдиананы арабдардын каратып алуусуна жол берди. Андан кийин кытайлар уйгурларды, карлук менен басмылдарды тукуруп, 747-жылы түрк ордосунун талкаланышына жетишти.

Бул согуштарда жеңишке жеткендер туткун албай, жырткычтарча өлтүрүүнү артык көрүшкөн. Бирок кытайлардын өзүлөрү бул согуштан качкан түрктөрдү кабыл алып, аларды дароо чек ара аскерлерине кошуп койду. Ал "бактылуулар" кытай бюрократиясына каршы Ань Лушандын көтөрүлүшүнө катышып, 756—763 жылдарда курман болушту. Көтөрүлүшчүлөргө каршы кытайлардан башка талаалык уйгурлар жана тоолук тибеттиктер аттангандыктан качып, баш калкалоого жер да жок эле. Ошентип, ар тараптан чектелүүгө дуушар болуп, мунун натыйжасында жөнөкөйлөнүп кеткен система акыры кыйрап тынды. Деги эле, кай жерде болбосун, мындай жөнөкөйлөнүү менен коштолгон түзүлүш акыр аягында ушундайча кыйроого туш келет.

XI. ЭТНИКАЛЫК КАРЫМ-КАТНАШТАР

Этникалык таксономиянын иерархиясы

Этникалык систематика социалдык классификациядан айырмаланып турат. Булар сейрек учурларда гана дал келиши ыктымал. Андыктан бул эки көрүнүштүн тигинисин же мунусун пайдалануу изилдөөнүн багытына, т.а. тарыхый окуялардын тизмеги кандай көз карашта каралса түздөн- түз ошого байланыштуу болот. Ал эми изилдөөнүн багыты изилдөөчүнүн алдына коюлган маселеге жараша аныкталат. Ошентсе да, бул маселе кеп жолу коюлуп, каралып келсе да, канааттандырарлык жыйынтык бербегенине (Д. Вико, О. Шпенглер, А.

Тойнби)[58], бул багытта эмпирикалык жалпылоонун канчалык кыйын экендигине карабай уланта берүү аракетинен изилдөөчүнү айнытууга тийиш эмес. Процесстин кандайча жүрөөрүн аныктоого умтулган авторлордон айырмаланып, биз өзгөрүүгө дал эмнелер дуушар болот деген суроого жооп берүүгө аракеттенебиз, бирок биз мында көрүнүштөрдүн белгилүү бир аспектилерин мүнөздөй турган принципиалдуу түрдөгү бир жактуу моделге гана ээ болобуз. Кантсе да концепцияларды түзүү ар кандай тарыхый интерпретациянын негизине жатат, бул болсо тарыхты ("акыйкатты издөө") хроникадан же окуяларды жөн гана тизмектөөдөн өзгөчөлөп турат. Биз тарых илими топтогон ар түрдүү материалдарга таянабыз, ошондуктан биздин изилдөөбүздүн объектиси Шпенглердин "маданияттын жан дүйнөсү" жана Арнольд Тойнбинин "изилдөөнүн акыл жетчү кыйыры" эмес, этногенездин тигил же бул деңгээлиндеги жана анын тиги же бул белгилүү бир доордогу фазаларынын системасы болуп саналат. Тарыхый мезгилде агылып өтүп турган кезектеги доор үчүн ал деңгелдер менен фазалар да ар башка болот.

Эми биз этникалык иерархияны жалпы жонунан түзүп, аны менен катар терминдердин маанисин тактай алабыз.

Антропочөйрө — бардык адамдардын организмдеринин биологиялык массасы[59]

Этночөйрө — мозаикалуу антропочөйрө[60], т. а. ар дайым кыймыл-аракетке туруучу системалуу этноландшафттык бир бүтүндүктөрдүн айкалышы.

Суперэтнос — бир эле учурда бир регионду жаралган жана тарыхта мозаикалык бир бүтүндүк катары көрүнгөн этностордун тобу.

Этнос — табигый түрдө жаралган, туруктуу жана өзүнө окшогон башка жамааттарга өздөрүн каршы койгон, өздөрүнө өзгөчөлүү жүрүш-туруш адаттары мүнөздүү болгон жана ал адаттары тарыхый мезгилде мыйзам ченемдүү түрдө өзгөрүп турган адамдардын жамааты.

Субэтнос — этностун түзүлүшүнүн бир элементи, ал этностун башка элементтери менен оз ара аракетге болуп турат. Этносистеманын жөнөкөйлөнүшүнүн акыркы баскычында субэтностордун саны бирге чейин кыскарып, калдыкка айланат.

Бир катарда турган таксономдук бирдиктер:

Консорция — бирдей тарыхый тагдыр менен баш кошкон адамдардын тобу, ал топ бара-бара өзүнөн өзү жоголот же конвиксияга айланып кетет.

Конвиксия — бир мүнөздүү турмуш-тиричилик жана үй-бүлөлүк байланыштары аркылуу биригишкен адамдардын тобу. Кээде ал субэтноско айланат. Аны тарых эмес, этнография изилдейт.

Этногенез деп анын өнүгүшүнүн башталышын — этностун тарых майданында пайда болушун эле эмес, анын өнүгүп жүрө отуруп, калдыкка айланышын жана жоголушун кошо түшүнүү керек. Муну төмөндө кененирээк түшүндүрөбүз. Азыр болсо биз этногенез жөнүндө төмөнкүдөй логикалык аныктама беребиз: ар бир көзгө көрүнүп жашап турган этнос этногенездин тиги же бул фазасы болуп саналат, ал эми этногенез — биочөйрөдөгү өтө терең процесс, аны материянын кыймылынын коомдук формасы менен карым-катышы аркылуу гана байкоого болот. Демек, этногенездин изилдөөгө боло турган сырткы көрүнүшү социалдык бейнеге ээ экен.

Бул жерде этнографтар изилдеп жаткан этносторду жаратуучу этногенез процесси эмнеликтен пайда болот — деген маселе келип чыгат. Кеңири тараган көз караш боюнча жаны этностор алгачкы этникалык субстраттардын тыгыз жанаша жашоосунун жана өз ара сиңишип кетүүсүнүн натыйжасында жаралат[61]. Ооба, этностордун жаралышы үчүн субстраттардын өз ара бири-бирине сиңип кетиши (ассимиляцияланышы) сөзсүз керек, бирок бул жетишсиздик кылат. Рейн дарыясынын жээктеринде французлар менен немистер миң жылдан ашык

мезгилден бери жанаша жашап, бир динге ишенип, турмуш-тиричиликтери үчүн бирдей буюмдарды пайдаланып, бири экинчисинин тилин үйрөнүп келатканы менен, биригишип кетишпеди. Ушундай эле австриялыктар — венгрлер жана чехтер менен, испандар — каталониялыктар жана баскалар менен, орустар — удмурттар, вепсилер жана чуваштар менен сиңишип кетишкен жок.

Кээде, өтө сейрек болсо да бир регионду жашаган этностор камыр- жумур аралашып, сиңишип кетет, бирок мындай учурда сиңишип кеткен этностор жоюлуп, алардын ордуна жаңы, мурдагылардын бирине да окшошпогон этнос пайда болот. Алгачкы учурда жаңы этностун мүчөлөрү өздөрүнүн жаңы өзгөчөлүгүнө көнүгүшө албай түйшөлүшөт, бирок кийинки экинчи же үчүнчү муундар өз ата-бабаларынан айырмаланып турушаарын белгилей алышат. Бул көрүнүштү өз ара сиңишүүнүн (ассимиляциянын) натыйжасы катары кароого болбойт, анткени мындайлар ар дайым эле боло бербейт жана болгон учурда өтө ыкчамдык менен, жарылууга окшоп тез өтүп кетет. Демек, андай көрүнүштүн жаралышы үчүн дагы кандайдыр бир кошумча себеп талап кылынат окшойт, ал себепти төмөндө табууга аракеттенебиз.

Этностун пайда болушунун жогоруда баяндалгандан башка дагы бир жолу бар. Көп учурда тарыхый окуяларга байланыштуу этностон кайсы бир топ бөлүнүп кетет да, башка жерге көчүп барат. Мезгилдин өтүшүнө жараша ал адамдар жүрүш-туруштун жаңы адаттарын жаратып, негизги эли менен байланышы үзүлөт. Кээде бул топтор жашоосун уланта албай четинен өлүп жок болот, бирок көпчүлүк учурда жергиликтүү элдер же көчүп келген башка топтор менен аралашып, өз алдынча жаңы этнос түзөт.

Экинчи вариантка англосаксон тукумундагы америкалыктар XVIII кылымдын аягында англиялыктар менен байланышын үзүп, өзүнчө этноско айланышы, испан конкистадорлорунун тукуму — креолдор, француз, голланд жана түндүк немис дыйкандарынын небере-чөбөрөлөрү — бурлар; XVI кылымда бардык башка индустардан бөлүнүп, каста системасын жоюп жашай баштаган сикхилер; манжурларга баш ийгенге караганда орустар менен ынтымакташып жашоону өз курултайында, 1688- жылы чечкен моңголдордун бир бутагы — буряттар жана да ушуларга окшоп, тарыхый тагдырларына байланыштуу негизги этносторунан бөлүнүп кеткендер мисал боло алат.

Жогоруда келтирилген эки варианттын тең генезиси эки башка болорун жана алардын өзгөрүлүшүнө мүнөздүү эч кандай жалпылык жок экендигин байкадык. Экинчи вариантта кайра жаралган этностор жергиликтүү өзгөчөлүктөргө гана ээ болуп, мурдагы өз маданиятын өзгөртпөстөн сактап калат. Ал эми биринчи учурда болсо жаралган этностор өздөрүн жараткан элдердин жүрүш-туруш адаттарын калдык катары же үйрөнгөн адат катары сактап кала турган өзгөчө жаңы көрүнүш болуп саналат. Чындыгында эле генезистин биринчи варианты этногенездин анык өзү болсо керек, мында жаңы суперэтностор жаралат, ал эми экинчи вариантында суперэтнос ар түрдүүлүккө ээ болот. Айталы, АКШ суперэтнос деле эмес, ал бар болгону романдык-германдык Европанын жана жарым-жартылай Африканын (кул-күң соодасынын эсебинен) океандын ары жагындагы уландысы гана десек болот. Америкалык суперэтностордун чарпындылары болуп атабаски, сиу, алгонкин жана башка уруулар эсептелет. Ошондуктан мындан ары карай биз генезистин биринчи вариантынын айланасында сөз улайбыз. Кантсе да тарых окуялар жөнүндөгү
илим болгондуктан, ал эми окуялар болсо этностордун өз ара карым-катнаштарынан улам жаралгандыктан, көңүлдү дал ошол карым-катнаштарга көбүрөөк буруу керек. Бул тема мурда козголгон, бирок жетишээрлик толук каралган эмес.

Ар түрдүү деңгелдеги карым-катнаштар

Этникалык карым-катнаштардын маселесине кайрылууда, эң алды ал карым-катнаштардын деңгели жөнүндө суроо салуу зарыл (2-таблицаны карагыла).

Эки же андан көп консорциялар менен конвиксиялардын айкалыштыктары туруксуз келет. Андай айкалыштык же субэтностун таркап кетишине же анын туруктуу түрүнүн жаралышына өбөлгө түзөт. Субэтникалык деңгелдеги айкалыш "биздин чөйрөдөн эмес" адам менен түзүлгөн "тең эмес нике" катары каралат, бирок мында алардын социалдык тепкичтеги ээлеп турган деңгели көп учурда анча маниге ээ эмес. XIX кылымда казак-орустар дыйкандардын же дворяндардын тукуму менен никелешүүнү, алардын алда канча бай жана атак-даңктуу экенине карабай, "тең эмес нике" катары эсептешкен. Мен уккан бир ылакап кеп бар, кейпи ал Дүрбөлөндүү мезгилде жаралса керек. "Инжилде мындайча жазылган: жөөттөр самаралыктар менен, казактар дворяндар менен бирге боло көрбөсүн". Албетте мындай сөз Инжилде жок, бирок бул, айталы, курддар перстерге жана армяндарга жасаган мамилесине абдан окшош. Курддун томояк малчысы өз туугандарына перстен алган аялын, эгер анын укум-тукуму атак-даңктуу болбосо, тааныштыра алган эмес. Осмон империясындагы албандар, Испанияда — баскалар, Улуу Британияда — шотланд-гайлендерлер, Гиндукушта — патандар да дал ушундай болушкан. Алар башка субэтностор менен өз ара симбиоздун негизинде, эндогамия аркылуу бекемделген этникалык туруктуу бир бүтүндүктү түзүшкөн. Евразия континентинин борбордук бөлүгүндө тээ байыркы мезгилдерде эле этностордун симбиоздук айкалыштары өтө ачык-айкын көрүнүш болгон.

Этностор өздөрүнүн маданий-чарбалык шартына жараша ар кандай ландшафттык региондорду ээлешип, бири бирине тоскоолдук кылбай, өз ара жардамдашып жашоо өткөрүшкөн. Мисалы, якуттар Лена дарыясынын кеңири жайылмаларында жашашса, эвенкилер суусу мөл тайганы мекендешип, великоросстор дарыялардын өрөөндөрүн ээлешип, казактар менен калмактарга кен талааларды, угорлорго токойлуу черлерди калтырышкан. Этникалык мындай бир бүтүндүк канчалык татаал жана ар түрдүү болгонуна карата алар ошончолук бекем жана резистенттүү да болгон.

Социалдык бирдиктүү организмдин ичинде эки жана андан көп этностордун айкалуушусу башка маселе. Тигил же бул социалдык организмдин

2-таблица. Этникалык иерархия

Таксономдук бирдик	Аргын (гибрид)	Өнүгүүнүн багыты	Түзүлүштүн жаралуусунун чеги
Консорция	Туруксуз айкалыштар	Субэтностун өзүн өзү бекемдөөсү	Субэтнос
Конвиксия	Өзгөрүлгөн айкалыштар	Чөлкөмдүк жамааттарды түзүү	Субэтнос
Субэтнос	Симбиоздор*	Этностун өзүн өзү бекемдөөсү	Этнос
Этнос	Ксениялар** (меймандостук)	Социалдык институтту түзүү	Суперэтностогу жетекчилик ролу жана түзүлүштүн консервацияланышы
Суперэтнос	Химерлер***	Аннигиляция****	Байыркы этнос калдыгы (реликт)*****

www.bizdin.kg

Адамзат	Мезолит мезгилинде	Этногенез	?
Гоминиддер	Кармел тоосунда палеоантроп менен болжол-дуу (гипотетика-лык) аралашуу ?	Эволюция — филогенез катарында	Түрдүн жоголушу

* Симбиоз — этностордун оз ара пайда көрүп жанаша жашашы, мындан эки тарап өз өзгочөлүктөрүн сактап калат.

** Ксения — (грек сөзү — конок, меймандостук) этностордун өз өзгөчөлүктөрүн сактоо менен бейтарап жанаша жашоосу.

*** Химера — (жомоктогу арстан баштуу, эчки денелүү, ажыдаар куйруктуу жаныбар); бул жерде бири экинчисине дал келе албаган ар кандай суперэтникалык системадагы этностордун карым-катнашы, мында өзгөчөлүк жоголот.

**** Аннигиляция — (физикада — жок нерсеге айлануу) жарыктын (фотондун) чагылышы жана массанын жоголушу аркылуу ар түрдүү белгилердин элементардык бөлүкчөлөрүнүн бирин бири жок кылуучу көрүнүш.

***** Реликт (калдык) — байыркы доордогу этностордон сакталып калган калдык.

мүнөзү этностордун бирге жашоосуна өз таасирин тийгизет. Алар көп учурда бир регионду жашоого аргасыз болуп, жанаша жашоого моюн сунуп, бирок бири биринен жадап турушат. Аларды "ксениялар" (меймандостор) деп атаса болот. Бельгияда валлондор менен флааннддар дал ушундай мамиледе турушат, алар коммуналдык үйдө чогуу жашагандай "абалга" туш келишкен. Канадада англиялыктар менен французлар, франкоиндиялык метистер, азыр аларга славяндар да кошулуп жанаша жашашканы менен биригип кете коюшпайт. Бирок алар симбиоздорго мүнөздүү болгондой функцияларды бөлүштүрүп алышкан эмес.

Эки же андан коп суперэтностордун карым-катнашуулары мындан да оор. Мындайда этникалык аннигиляцияга кептелүү гана эмес, демографиялык начарлоо башталат, кыскасы — оор шарттын азабынан улам тукум курут болот же күчтүүлөр тарабынан жок кылынат. Ушундай абал XVIII—XIX кылымдарда АКШда — индейлерди атып өлтүрүп, баш терисин сыйрып келгендерге акы төлөп турганда, Бразилияда — каучук өндүрүү боюнча "жан-алакетке" түшүү мезгилинде, Австралияда, аны англиялыктар басып ала баштаганда, Сары дарыя өрөөнүндө — байыркы Кытай цивилизациясы менен байыркы жундар (тангурлар) уруусунун маданияты кагылыша келгенде түзүлгөн. Мында жундар тукум курут болушту.

Бирок муну менен эле бирге тарыхта суперэтностор өз ара тынчтыкта жашашпаганы менен бирин бири тукум курут кырбай узак мезгилдер жанаша жашаган бүтүндөй бир доорлор өткөн. А кээде бир бүтүн этностун ичиндеги субэтностор бири бирин жек көрүүгө себеп болсо да, болбосо да өз ара кыргын түшүрүп согушканы тарыхта учурайт. Өтө ачык- даана мисалдар аркылуу, мунун кандайча жүрөрүн талдап көрөлү. Деги, мамлекеттердин тарыхы окуялардын жүрүшүн толук түшүндүрө алабы?

Ар түрдүү даражадагы этникалык бир бүтүндүктөрдүн өз ара катышы

Этностордун бөлүнүшүнүн сунуш кылынып отурган ыкмасы азыркы этнография үчүн гана эмес, тарыхый этнография үчүн да бирдей пайдалуу. Муну биз мыкты изилденген жана алда качан аяктаган заманды — Евразия континентиндеги[62] XII кылымды мисалга келтирүү менен далилдөөнү ылайык көрдүк. Мындан сырткары Байыркы Русту да мисалга тартмакчыбыз. Себеби бул этностун айланасында узак талаш-тартыштар жүрүп, кээде аны "Батышка", кээде "Чыгышка" кошкон, эски, кеңири таркаган көз караштар айтылып келген. Деги эле чындыкка коошо бербеген мындай бөлүү Рим Чиркөөсү тарабынан идеологиялык жактан бириктирилген романдык-германдык дүйнөнүн суперэтникалык бир бүтүндүгүнүн түзүлүшүнөн улам келип чыккан. Ал суперэтникалык бир бүтүндүк өзүн калган бардык элдерге карама-каршы койгон. Кыскасы, мындай ооз көптүрмөлүү евроборборчулук Орто кылымдарда маанигe ээ болуп келген эле, бирок мындай ой-пикир азыркыга чейин Батыш Европада жана анын уландысы болгон океандын ары жагындагы Америкада жашап келе жатат.

Эгерде батыштын "Христиан дүйнөсүн" — суперэтникалык эталон (1) катары кабыл алсак, анда ага тең келүүлөр катарында төмөнкүлөрдү
көрсөтсө бөлөт: Испаниядан Кашкарга чейин таркап кеткен, диний эмес, этномаданий бир бүтүндүк болгон Левант же "Ислам дүйнөсү"; 3) Мусулмандар бийлик жүргүзгөн бөлүгүн кошпогондо Индия[63]; 4) Варварлар жашаган чет-жакалары менен бирдикте өзүн "Ортолук падышачылык" деп атаган Кытай; 5) Саясий чек аралары ошо кезде эле суперэтникалуу болгон, чыгыш христиан бир бүтүндүгү — Византия; 6) өздөрүнүн өзгөчөлөнгөн каада-салттарын XIV кылымга чейин англиялык феодалдардан сактай алган келттер дүйнөсү[64]; 7) XII кылымда байыркы этнос калдыгына айланган Балтикалык славяндык-литвалык бутпарастык бир бүтүндүк; 8) Чыгыш европалык суперэтникалык бир бүтүндүк — Орус жергеси. Биз мына ушул суперэтнйкалык бир бүтүндүккө көңүл топтоп, ошол эле учурда жогоруда тизмеленген суперэтностор арасында болгон чыр-чатактар анын этникалык тагдырына кандай таасир тийгизгенин кошо карап чыгууга аракеттенели. Дегинкисин айтканда, Евразия континентинде өзү менен өзү болуп жашоо өткөрүүгө онунчу, т. а. Сибирдин түндүк элдеринин суперэтносунун гана мүмкүнчүлүгү бар эле, аны да көп учурда бир жагынан эвенкилер, ары жагынан жакуттар бузуп турушкан.

Чыгыш Европада славяндар пайда боло баштаган учурда алар урууларга бөлүнүп жашаганы белгилүү. Алардын дареги XII кылымдын башында эле унутулуп, "Баштапкы жылнааманы" жазган авторлордун гана эсинде сакталып калган экен. Бул эми табигый нерсе го. Этникалык биригишүү чоң шаарлардын айланаларында ургаалдуу жүрүп, жаңы шартта уруулук айырмачылык маанисин жоготкон. А. Н. Насонов XI—XII кылымдардагы Русту "жарым мамлекеттердин"[65] системасы катары сүрөттөп жазат жана анын "Орус жергесине" караганда бир баскычка төмөн турганын баяндайт: 1) Новгород республикасы шаардын

чет-жакасындагылар менен чогуу; 2) Полоцк княздыгы; 3) Смоленск княздыгы; 4) Ростов- Суздаль жергеси; 5) Рязань княздыгы; 6) Туров-Пин жергеси; 7) Киев, Чернигов жана Переяслав княздыктарын бириктирген Русь жергеси; 8) Волынь; 9) Кызыл Русь же Галицк княздыгы.

Бул тизмеге Владимир Мономах каратып алган, Дон менен Карпаттын ортосунда созулуп жаткан кыпчактардын талаасын кошсо болот. Анткени менен Улуу Булгар, Дондун ары жагындагы кыпчактар көчүп- конгон аймак, аландардын Түндүк Кавказдагы жерлери жана Эдилдик (Волгалык) Хазарстан Саксин шаары менен бирге XII—XIII кылымдарда орус чек арасынын сыртында турган.

Бул учурда булгарлар менен хазарлар левантиялык же мусулмандык суперэтноско тиешелүү болушкан. Ландшафтына көнүгүп кетүү жагынан алар өздөрү менен жанаша жашагандардан деги айырмаланышкан эмес. А бирок Булгариянын шаарларынын Иран менен соода жана маданий байланыштарынын таасири географиялык чөйрөнүн таасиринен күчтүүрөөк болгон. Мына ушу байланыштар Эдилдик Болгарияны "мусулман" суперэтносунун тирегине жана Владимирск княздарынын душманына айланткан.

Кабыл алынган принципке таянып, аландарды жана крымдык готторду византия суперэтносуна, ал эми литвалыктарды, латыштарды жана ятвягдарды балтия суперэтносуна кошсо болот. Поляктар менен венгрлер X кылымда эле батыш европалык суперэтноско кошулган. Немис кресттүлөрүнүн жүрүшүндө полабдык славяндар жеңип алынганда католикалык Батыш Европаны маданий жагынан бирдиктүү жана этникалык жактан мозаикалуу болгон бир бүтүндүккө айлантты. Ал XII кылымда чарчоо билбей, ар дайым ийгиликтүү бөлбөсө да, жашоо чөлкөмүн кеңейте келип, XIII кылымда акыры кризиске кептелип, крест жүрүшүндө жеңилүүгө учурады.

Мындан бир баскычка төмөн түшсөк, т. а. орус субэтносторунун бири Киевди мисалга келтирсек, активдүү үч консорцияга туш келебиз, алар: батышка умтулуучулар (князь Святополк Пни жактагандар, мунун ичинде Киев-Печерск лаврасы бар), грекофилчилер (Владимир Мономахты жана Ыйык Софияда орун алган митрополияны жактоочулар) жана Всеслав Киевден куулгандан кийин ага жан тарткандыгы үчүн өтө катуу жабыр тартышкан улутчулдар болгон[66].

Акыры, консорциялар таптык, сословиелик, диний жана уруулук бөлүнүүлөргө дал келбей турганын, өнүгүүнүн өз алдындча болгон системасынын феномени экендигин оңой эле байкаса болот. Бул системаны өтө пайдалуу система деп эсептесе болот, анткени анын жардамы менен жогоруда аталган саясий багыттардын тарапкерлеринин ой-максаттарын баамдап билүүгө мүмкүн болду. Кантсе да, таптык карама- каршылыктарды талдоодо бул системаны колдонууга болбойт, анткени жогорудагы окуялардын катышуучулары бир таптын гана мүчөлөрү болгон жана алар элдин калың катмарындагы тилектештерине таянып иш жүргүзүшкөн. Бирок күрөш активдүү жана курч мүнөздө өткөн. Анын себеби эмнеде? Максаты эмне эле?

"Беш уруунун" жана "ортолук түздүктөрдүн" калкынын карым-катнаштары

Б. з. ч. III кылымдан б. з. III кылымынын аягына дейре дыйканчылык менен жан баккан Кытай жана Улуу талаада малчылык кесип өтөгөн хуннулар жанаша жашап келди. Ар бир этнос өз чөлкөмүндө жашап, ошону менен бирге эле өзүнүн жанаша жашаган коңшулары менен бирдикте көчмөн маданияттын жана Ыраакы Чыгыш цивилизациясынын суперэтникалык түзүлүшүнө кирди. Алардын тигиниси да, мунусу да этникалык жактан көп түрдүү болгон. Көчмөн дүйнөнүн катарында хуннулардан сырткары сянбилер (байыркы моңголдор), цяндар (тибеттик көчмөндөр), кичи йүэчжилер, усундар, кыпчактар жана башка уруулар бөлгөн. Кытайда кытайлардан сырткары тилдери жактан тибеттик-бирмалык, тай жана малай топторуна кирген жергиликтүү калктар — жундар, дилер, мандар

www.bizdin.kg
жана юелер жашаган. Жалпы маданият менен байланышкан бул суперэтностордун узак жашашы ал кездердеги замандаштарына тарыхый чындыкты "абал" катары кароого себеп болгон, бирок чындыгында ал "абал" эмес, жай жүрүп жаткан процесс гана болучу. Бирдиктүү Кытай мамлекетин түзүү жана таптык карама-каршылыктар б. з. ч. III кылымда антагонисттик мүнөзгө өтүп, элдин 60%ын, ал эми б. з. III кылымында бул падышачылыктын бөлүнүшү элдин 80%ын кырып жок кылды. III кылымдын аягында Цзинь династиясы тарабынан эли азайып, жакырланган өлкө кайра бириктирилет. Ошол III кылымда Кытайдын эли мурдагы 50 млн. адамдын ордуна 7,5 млн. адамды гана түзгөн. Кийин IV кылымга карата элдин саны 16 млн.-го өсүп жеткен.

Ошондой болсо да социалдык эн ырайымсыз кагылышууларга карабастан өлкөнүн ички абалында кытай этносунун өлүп жок болуп кетиши үчүн жетишерлик себептер жок болучу. Жер кенен болуп, элдин көбөйүшүнө да толук шарт бар эле. Мамлекеттик система иштеп турду, маданиятты куугунтуктоо токтотулду. Эгерде көчмөндөр менен өтө тыгыз карым-катнаш болбогондо жана этностун каршылык көрсөтүү жөндөмдүүлүгү таң калаарлык түрдө жок болуп кетпегенде байыркы кытай этносу жашоосун уланта бермек, бул Цзинь династиясынын өкмөтүнүн өзү үчүн да күтүлбөгөн окуя болгон.

Талаада уруулук түзүлүш үстөмдүк кылып турган, анын бузулушу өтө жай жүргөндүктөн, көчмөндөрдүн турмушуна чоң зыян келтире алган эмес. А бирок аларды I кылымда башталып, III кылымда эң жогорку чегине жеткен кургакчылык катуу каржалтып турган. Жайыттары тарыган хуннулар менен сянбилер Хуанхэ жана Ляохэ дарыяларынын жээктерине мал багып, кытайлар менен катнаша башташат. Жерлери айдалбай бош жаткандыктан Цзинь өкмөтү ар кайсы уруулардан турган 400 мин көчмөндөрдү жана 500 миң тибеттиктердин Кытай жерине кирүүсүнө каршылык көрсөткөн эмес. III кылымдагы Кытай саясатчылары этникалык өзгөчөлүктү социалдык абал катары эсептешип, аз сандагы элдер ичкери кирип жашашса бат эле аргындаштырып, өздөрүнө сиңирип алууну, уруу адамдарын алык-салык төлөөчү катмарга айлантып, бектери менен төрөлөрүн маданиятка үйрөтүп алууну ойлошкон. Бул кыйды жана жаңылыш ой болгон. Уруулар бийлик өкүлдөрүнүн өкүмдүгүнө жана жер ээлеринин эзүүсүнө чыдашканы менен кытайга айланып кетишпеди. Бектери иероглифти жана классикалык поэзияны үйрөнүп алышканына карабай, оңтою келе түшкөндө, 304-жылдын башталышында уруулаштарына кайтып келишип, "жоготкон укуктарын курал менен кайтарып алуу" максатында көтөрүлүштөрдү жетектешкен. Жалган теорияны реалдуу турмушка колдонуу, акыры, кыйроого алып келди.

Көтөрүлүшкө катышкан 40 миң хунну 316-жылы бүткүл Кытайды, анын ичинде эки борбор шаарды, эки императорду жана жыйналган зор байлыкты басып алат. Кытайлар ошол мезгилдеги Кытайдын чет-жакасы саналган Янцзы дарыясынын жээгине сүрүлүп, тропиктик чытырман токойлордо жашаган ман уруусу менен аралашып отуруп, кытайлардын сырткы бейнеси да, күлк-мүнөзү да өтө өзгөрүп кеткен. Ал жерде этногенездин өзгөчө процесси жүрүп, ал акыры түштүк кытай этносунун жаралышын шарттаган. Ал эми мекенинде калган кытайлар хуннулар менен аралашып, акыры аларды өзүнө сиңирип алышкан. Жеңген хунну менен кытай аялдан жаралган балдар көчмөндөрдүн адеп-ахлак, каада- салттарын унутушкан. Ал эми падыша сарайынын храмдарында тарбия-лангандар шайдоот жана кайраттуу болушканы менен, "өз жакынын" сезе билүү, өз ара колдоочулук жана бекем берилгендик сыяктуу касиеттеринен ажырап калышкан. Ичтен душмандашуу, бөлүнүшүү аларды алсыздантып, кечээ эле ата-бабалары бек туткан ынтымактуу жашоону бузуп алышты. Неберелери эркеликтен эсирип, куртизандарга айланып, адам жегенге жана жакындарын

оңой-олтоң сатканга көнүп кетишкен. Жортуулга чыгуу, чабуул коюу деген эмне экенин унутушкан хуннулар эми коргонуу согуштарында да жениле башташат. Ошентип, 350-жылы императордун бакма, улуту кытай баласы мураскер бир туугандарын өлтүрүп, бийликти өз колуна алат да, өлкөдөгү хуннулардын баарын тукум курут жок кылууга буйрук берет. Буйрукту ушунчалык жанталашып аткаруунун айынан кочкор тумшук, сакалчан, хуннуларга окшош көптөгөн кытайлар да бей ажал өлүмгө дуушар болушкан.

Бийликти зордук менен тартып алган императорду хуннуларды тукум курут кыруу сактап калган жок. Сянби-муюн уруусу анын аскерин талкалап, өзүн өлтүрүп салышат. Өз маданияты менен кошо баатырдык салттарын жоготуп салган кытайларга аскеринин сан жагынан көптүгү да жардам бербеди. Хуннулардын тагдыры муюндардын башына келди. Кытайлашып кеткен муюндар талаалык табгачтарга жеңилип беришти. Эң алды өз айланасына көчмөндөрдү бириктирген (этникалык деңгелде метистешүү жолу менен) табгачтар кытайлар жыш жашаган Хэнанды басып алышат, бул кийин өз башына кырсык алып келет. V кылымдын аяк ченинде алар кытайлар менен ушунчалык камыр-жумур аралашкандыктан, алардын ханы император титулун кабыл алып, эне тилинде сүйлөөгө, табгачтардын улуттук кийимин кийүүгө, ысымын алып жүрүүгө тыюу салат. Өздөрүнүн жүрүш- туруш адаттарынан ажыраган эл чагымчылардын курмандыгына айланды. Чагымчы амалпоздор алардын династиясын кулатып, бечара өлкөнү ачарчылыкка туш кылып[67], ал алааматта элдин 80%ы кырылат[68]. Эки суперэтностун аралашуусунун натыйжасы ушундай абалга жеткирди. Бирок ал алааматтан аман калгандар VI кылымда күтүлбөгөн жерден бириге калышып, өздөрүн табгач атаган (сянбилик аталышы), кытай тилинде сүйлөгөн, чет элдик диний ишенимди — буддизм динин кабыл алган жаңы этносту түзүштү. Бул заман Тан династиясынын улуу доору болгон. Ушул улуу мезгил Орто кылымдагы Кытай этносуна негиз салган, бул этнос Кытайды XVII кылымда манжурлар басып алганда өз алдынчалыгын жоготкон. Бирок бул этногенездин жаны цикли Византия — Байыркы Римге кандай тийиштүү болсо Байыркы Кытайга ошондой эле тиешелүү болгон[69].

Жогоруда келтирилген мисалдар этнос менен ландшафттын тыгыз байланышта болорлугун далилдейт. Хуанкэ өрөөнүн басып алган соң хуннулар малчылык кесибин улантышты, кытайлар мурдагысындай эле эгин айдап, арык чаап, сугаттын камында жүрүштү. Ал эми хуннулар менен кытайлардын аргындашуусунан жаралган метистер же малчылыкка, же дыйканчылыкка жөндөмү жок, өз букаралары менен жанаша жашаган элдерди талап-тоногон каракчыларга айланган. Натыйжада жерлер айдалбай, табигый биоценоздун калыптанышына шарт түзүлөт. Ал- бетте, токойлорду бейчеки кыюу, падыша аңчылык кылгандан улам ача туяктуу жаныбарлардын кырылышы жерди жакырдантып жиберген. Бирок VII кылымда кытайлар өздөрүнүн өткөндө жоготкон жерлерин кайтарып алышты да, дыйканчылыгын улантып, чөлкөмдүн оңоло калган табиятын кайра бузуп киришти. Бул жөнүндө кийинчерээк кеп кылалы.

Варварлар менен римдиктердин карым-катнаштары

Этностордун дал ушундай баш аламан аралашуусун ошол эле доордо Европанын батыш чет-жакасынан байкайбыз, ал жакта Рим империясы ыдырап, бүлүнүп жаткан болучу. Рим империясы жөнүндө өтөле көп ойлор, көз караштар айтылып жүрөт. Кантсе да алардын баарын Э. Гиббондун белгилүү тезиси жыйынтыктап, ток этерин айтыптыр: "Рим империясына айланган эллиндердин коому, Антониндердин мезгилинде мурда болуп көрбөгөн деңгелде

өсүп-өнүккөнүнө карабай, өзүнө эки тараптан кол салган эки душманынын кыйрап калышы менен бир эле убакта кошо кулап түштү. Ал душмандарынын бири — Дунай менен Рейн дарыяларынын ары жагындагы кендик терге жашаган түндүк европалык варварлар, экинчиси — империянын чыгыш аймактарында багындырылып, бирок аргындашып кетпеген элдердин арасында пайда болгон христиан чиркөөсү эле"[70]. Эми Э. Гиббондун сөзүнүн чын-бышыгын карап көрөлү.

Рим империясы менен германдардын I кылымдан IV кылымга чейин созулган төрт жүз жылдык согушунда Рим жеңишке жетти. А бирок Рейн жана Дунай чек аралары сакталып турду. Готтор тарабынан римдиктердин бир нече жолу жеңилиши жана Эгей деңизинин жээктеринде готтордун флоту талап-тоноп, бүлгүн түшүргөнү Феодосиядагы жеңиш менен жуулуп кетти. Рим бул согушта Германиянын Рейндин аркы өйүзүндө жаткан аймактарынан гана ажырады жана Дакияны өз эрки менен бошотуп берди. Чындыгында бул аймактарга италиктер өз каалоосу менен келип отурукташпады, ал эми башка элеттиктер бул жакка сүргүнгө айдалып, аргасыздан келип жашашкан. Алардын тагдырын сенат менен рим эли ойлоп да коюшкан эмес. Сырттан басып кирүүчүлөргө каршылык көрсөтүү солгундаган V кылымда абал кескин өзгөрдү. А бирок ошол мезгилде Стилихон жана Аэций германдар менен хуннулардын сазайын колуна берип, кагылыштарда жеңип турду. Ооба, аларды римдиктердин өздөрү — чагымчылар менен акылдан айныгандар өлтүрүп салгычакты жеңиштер камсыз болуп турду. Римдиктердин кырсыгы сыртта эмес, анын өз ичинде болучу[71].

Акыйкатта, варварлар деле Рим маданиятын жок кылууга умтулбады. Визиготтордун королу Атаульфтун өзүнүн моюнга алганына көңүл бурсак, ал "өз ишин бүткүл римдик доменди готтордун империясына айлантуу максаты менен баштаган... бирок, кийинчерээк пайда болгон турмуштук тажрыйба аны... мамлекеттин турмушунан мыйзамдын башкаруусун жок кылуу кылмыш жасоого тете болорлугуна ишендирген, анткени кай жерде мыйзам жашоосун токтотсо, ал жерде мамлекет да өз алдынча жашап кете албайт". Атаульф бул акыйкатты түшүнгөндөн кийин готтордун бүткүл күчүн Римдин данкын бардык жагынан, анын байыркы кездегисинен да ашып түшкөн улуулугун кайра калыбына келтирүүгө жумшап... өзүнүн атак-даңкын чыгарууну чечкен[72]. Эгерде, чындыгында эле ушундай болсо, анда эмне үчүн рим маданияты, аны менен кошо бул маданиятты жан дилинен жакшы көргөн кайрат-күчү мол готтор дүйнөлүк этникалык картадан жок болуп кетишти?

Германдардын жеңиштүү ийгиликтери менен Рим империясынын бардык территориясында христиан дининин салтанат курушу бир мезгилде ишке ашкандыктан бул доктринанын эл жана мамлекет үчүн зыяндуу экендигин ырастагансыйт. Бул концепцияны 393-жылы Капитолияда Жеңиш альтарын калыбына келтирүүгө аракеттенишкен, бутпарасчылыкты коргоочулар — Евгений менен Арбогаст көтөрүп чыгышкан. Анткени менен христиан легиондору 312-жылдагыдай эле алда канча туруктуу болуп чыкты. Бутпарасчыл аскерлердин колбашчылары ал кармашууларда баатырдык менен курман болушту. Бирок алар өз өлүмү менен өнүгүүнүн келечеги — тиги же бул диний ишенимде эмес, жердеги эле кадимки турмуштун өзүндөгү иштерге байланыштуу болорун далилдешти. Баарынан кызыгы, так ушул эле ойду чиркөө жетекчилери да айтышат.

Такыба Августин же христиандык башка бир ойчул V кылымда мындай деп айта алмак: "Дакияны таштап чыгып кетүүгө жана чек араларга күчтүү аскер топтоо саясатын көңүлгө албагын деп император Авреалинге биз шыкачы болгон эмеспиз. Ар кайсы адамдарга рим гражданды гын ыйгар же ар кандай аскерий же гражданды к кызмат алышы үчүн элди жанталаштырып, бир жерден экинчи жерге көчүүгө аргасыз кылгын деп, Каракаллага биз кеңеш берген эмеспиз... Ал эми ата

мекенди сүйүү сезимин ала турган болсок, ал сезимди өзүңөрдүн императоруңар талкалаганы жалганбы? Галлдар менен египеттиктерди, испандар менен сириялыктарды, африкалыктар менен хуннуларды рим граждандарына айлантып жатып, топураган ушул эл, өздөрүн басып алган Рим империясынын таламын талашат деп алар кантип ишене алышты экен? Патриотизм биримдикте жаралат, бирок ал бөлүнүп-жарылууну көтөрө албайт". Такыба Августин туура айтат дейли десек, анда эмне үчүн, так ошолордой эле ар түрдүү улуттун өкүлдөрүнөн турган христиан жамааттарында ынтымак, бири бирине каралашуу, жакындык жана өнүгүү мүмкүнчүлүгү пайда болду — деген суроо келип чыгат.

Мунун жообу жөнөкөй эле: расалык айырмачылык чечүүчү, эреже катарында, анча чоң маниге деле ээ эмес, ал эми этникалык айырмачылыктар болсо жүрүш-туруш адаттардын чөйрөсүнө тиешелүү болгондугунда. Христиан жамааттарынын жүрүш-туруш адаттарын аткарууга катуу талаптар коюлган. Динге жаңы кирген адам аны катуу сактоого же жамааттан чыгып кетүүгө милдеттүү болгон. Мына ушундай жол менен христиандык консорциялардын негизин түзгөндөрдүн экинчи муунунан, уруулары ар түрдүү, бирок бирдиктүү субэтнос өсүп чыккан. Ал эми бутпарастык, туур араак айтканда динсиз империяларда букаралардын психологиялык жактан өзгөрүлүп, жаңыча кулк-мүнөздүн калыптанышы орун алган эмес. Ошентип ар кайсы этностордун мүчөлөрү бирдиктүү бир коомдун чегинде жанаша жашап, акыры ал коом ичкериден ирип отуруп, ыдырап кеткен. Табияттын мыйзамдарынын алдында рим укугу да күчсүз болуп чыкты.

Августин айткандай, империянын ичкерисинде калктын миграциясы да бир топ зыян келтирди. Адам менен жаратылыш чөйрөсүнүн — ландшафттын ара катышы ар бир учурда чөлкөмгө көнүгүү менен аныктала турган туруктуу көрүнүш. Сирия менен Британиянын, Галлия менен Фракиянын жаратылышы ар түрдүү. Андыктан көчүп келгендер шаарларда жашоого умтулушкан. Анткени тааныш эмес, көзгө жаман көрүнгөн, бөтөн чөлкөмдү алардан дубал бөлүп турган. Демек, алардын табиятка болгон мамилеси да алдым-жуттум эле, кыскасы, жаратылышка жырткычтык менен мамиле жасашкан. Натыйжада Галлиянын токоюнун үчтөн эки бөлүгү, Апенниндин эмен токойлору жок кылынган. Атлас тоолорундагы өрөөндөр бүт айдалып жемиш бактар кыйылган, Эллада менен Фригиянын адырлары эчки жайытка айланган. Табиятты талкалоону рим аскер башчылары эмес, алар түзгөн аскер туткундарынын колоналары жүргүзгөн. Себеби, туткундардын качып кетүүсүнө жол бербөө үчүн ал колоналар ата мекенинен алыс жактарда уюштурулган.

Кыскасы, Рим империясынын саясий системасындагы социалдык байланыштардын катуулугуна карабай этникалык байланыштар IV кылымда эле түп орду менен бузулуп калган болучу, ал эми V кылымда германдардын басып кириши бул процессти тереңдетип жиберген, анткени аргындашуунун күчөп кетиши готтордун, бургундулар менен вандалдардын этносун жемирип жеп, алардын жалпы талкаланып калышына алып келген. Ошол эле кылымдарда империянын чыгыш чет-жакасында жаралган жаңы этностун пайда болушуна кошумча "икс фактору" да таасир берсе керек. Эми биз ошол "икс фактордун" маанисин ачып берүүгө аракеттенели.

Этностор ар дайым карым-катнаштардан улам пайда болот

Суперэтностор эмнеси менен айырмаланышат жана алардын бири- бири менен аралашып кетүүсүнө же мурдагы муундардын салтын мурастап калууга аларга эмне тоскоол болот? Суперэтностордун ичиндеги этностор көп убакта эч тоскоолдуксуз эле аралашып кетип жатпайбы. Супер этностордун мындай

www.bizdin.kg
туруктуулугун этникалык доминанттын бар экендиги менен түшүндүрсө болот. Бул доминант суперэтноско кирген бардык этностор үчүн бирдей мааниге ээ болуп, тиги же бул идеалдарды суперэтностук системадагы этностордун баары бирдей түшүнгөндүгүнөн байкалат. Идеалды эки жүздүүлүк менен гана башкага алмаштырууга болот, андай болгондо суперэтностордун аралашышы да жалган болуп чыгат. Ар башка суперэтностордун өкүлдөрү өз ичтеринен өздөрүнө табигый таандык болгон кулк-мүнөз, идеал менен жашай берет. Идеал да аны туткан адам үчүн анын жашоо-турмушун бекемдөөчү көрсөткүч катарында гана эмес, анын символу катарында көрүнөт. Ошентип, биз доминанта деп, этногенездин жүрүшүндө этномаданияттагы көп түрдүүлүктөн бир түрдүүлүккө өтүүнү аныктоочу көрүнүштөрдү же алардын жыйындысын (диний, идеологиялык, аскерий, турмуш-тиричилик багыттагы ж. б.) айтабыз.

Этностун феномени — этносту түзгөн адамдардын жүрүш-турушу, кулк-мүнөзү болуп саналат. Тактап айтканда, ал феномен адамдардын денеси аркылуу эмес, кыял-жоруктары, өз ара мамилелери аркылуу көрүнөт. Ушундан улам, жаны төрөлгөн баладан башка адамдардын баары этностон тышкары жашай албайт десек болот. Ар бир адам кайсы бир мүнөздө жашоого тийиш, ошондуктан так ошол мүнөз, кыял-жорук көнүмүшү анын тиги же бу этноско тиешелүү экенин аныктайт. Мындай болгон соң, жаңы этностун жаралышы деп мурдагы муундардан айырмаланган жаңы жүрүш-туруш адаттарынын пайда болушун айтуу туура. Албетте, жаңы жүрүш-туруш адаттарын да адамдар өздөрү жаратат, бирок бул жерде сөзсүз күдүктүү суроолор жаралышы мүмкүн. Биринчиден, жаңы адаттарды түзүүчүлөр аны түзүүдө аң-сезимдүү аракеттенеби же андай эмеспи? Экинчиден, жаны жүрүш-туруш эрежелери мурдагыдан ошончо эле мыктыбы? Үчүнчүдөн, алар мурдагы этнос менен каны-жаны бирге болгон соң, уруулаштарынын, баарынан мурда өздөрүнүн жүрүш-туруш адаттарын кантип өзгөртө алышты жана каада-салттардын илгертен келе жаткан багытын кантип башка жолго бура алышты? Бул күмөндүү суроолорду теориялык жактан чечмелөө мүмкүн эмес. Бирок бизде палеоэтнографиялык байкоолордун материалдарына таянып, эмпирикалык жалпылоо жасоо мүмкүнчүлүгү бар. Ар бир этнос эки же андан көп этникалык субстраттардан, т. а. алардан мурда жашаган этностордун айкалышуусунан жаралары бизге белгилүү.

Айталы, азыркы испан этносу салыштырмалуу түрдө өтө кеч — орто кылымдарда жаралган. Бул этнос байыркы иберлердин, кельттердин, рим колониячыларынын герман урууларынын айкалышынан жана да аларга иберлердин түздөн-түз тукуму болуп эсептелген баскалардын, сарматтардын тукуму жана осетиндердин жакын туугандары болгон аландардын, араб-семиттердин, маврлар менен туарегхамиттердин, өздөрүнүн этностук өз алдынчалыгын анча-мынча сактай алган норманндар менен каталониялыктардын аралашуусунан жаралып, испан аталып жүрөт.

Англиялыктар — татаал этнос. Ал англдардан, сакстардан, эрлери согушта өлгөн кельт аялдарынын тукумдарынан, даттардан, нөрвегиялыктардан жана Анжу менен Паутудагы батыш французданан түзүлгөн.

Великоросстор өзүнүн түзүлүшүне Киев Русунун чыгыш славяндарын, батыш славяндардан — вятичтерди, финндерден — меряларды, муромдорду, вестерди, заволотскилик чуддарды, жогорудагы финн урулары менен аралашып кеткен угрларды, балттардан — голяддарды, түрктөрдөн — чокунуп кеткен кыпчактар менен татарларды жана аз сандагы моңголдорду камтыйт.

Байыркы кытайлар — Хуанхэ өрөөнүндө жашаган, ар башка антропологиялык түзүлүштөгү моңголоиддердин, ал эмес европеоидге кирген диуруусу өңдүү көптөгөн ар кайсы урулардын аралашмасы болгон. Жапондор да ушундай көрүнүштө — өтө байыркы мезгилде жашашкан полинезиялыктар түспөлдөшүп

кеткен узун бойлуу моңголоиддер, Кореядан келген жапалдаш бойлуу монголоиддер, сакалчан айндар жана Кытайдан келгендер биригип, бир бүтүн бекем этнос түзүшкөн.

Ал эле эмес тарыхы кылымдар түпкүрүндө төнүп жаткан аз сандагы жана өзүнчө обочолонуп жашаган этностор алигиче өткөндөгү этникалык субстраттардын дене түзүлүштөрүндөгү жана тилдеги байыркы өзгөчөлүктөрүн сактап келатышат. Эскимостор, Пасхи аралынын калкы, мордва менен марийлер, эвенкилер, Гиндукуш тоо беттеринде жашаган патандар буга мисал. Бул болсо алардын байыркы мезгилде татаал курамдагы этникалык жамаат болгондугун көрсөтөт, ал эми алардын байкалып турган бир түрдүүлүгү узакка созулган этногенетикалык процесстердин туундусу, ал процесстер ар түрдүү салттардын өзгөчөлүктөрүн жоюп, бир түргө келтирген.

Эми, ушул мисалдар, бири бирине окшошпогон этностордун аралашуусу зыяндуу деген оюбузга каршы келип отурбайбы. Кантсек да, биринчи байкообуз да, экинчиси да — кашкайган чындык! Деги, ичкерисинде карама-каршылык камтылып турган жыйынтык туура жыйынтык болушу мүмкүнбү? Бул бир гана учурда, эгерде кайсы бир өтө маанилүү тетикти, кандайдыр бир "икс факторду" эске албай калган учурда гана жана аны ачып тапмайынча маселени чечүү мүмкүн эмес болгондо гана натуура болушу мүмкүн. Ошондуктан биз жаңылуу жана оңдоо усулун колдонуп, бардык белгилүү фактыларды түшүндүрүп бере турган карама- каршылыксыз туура версияны табуу үчүн дагы алдыга жыла берели.

"Икс фактору"

Дагы бир жоромолду текшерип көрөлү. Балким, жаңы этностун жаралышына өтө узакка созулган процесс эмес, көз ирмемде пайда болгон чукул өзгөрүү себеп болуп жүрбөсүн? Муну бардык окуялары ийне-жибине дейре жазылып калган жаңы тарыхтын мисалында текшерсе болот. Латын Америкасынын тарыхына кайрылалы. Испан конкистадорлору индейлерге каршы согуштарда өтө катаалдыкты көрсөтүштү, бирок 1537- жылы рим папасы Павел Шүүн булласынан кийин индейлерди "төмөнкү расанын" өкүлдөрү катары карабай, өздөрүнө тең келчү, татыктуу душманы деп эсептеп калышат. Индейлердин аман калган жолбашчыларын чокунтуп, өз чөйрөлөрүнө кабыл алышты, катардагы индейлерди асьендаларда иштеген дыйкан-батрактар катары жумшай башташты. Мексика менен Перунун эли өткөн эки жүз жыл ичинде ушундайча калыптанды, а бирок бийик тоо арасында, чытырман токойлордо индейлердин нагыз уруулары сакталып кала берген. Кул сатуучулук Америкада негрлердин пайда болушуна алып келди. Ар кандай уруулардын өкүлдөрү бөлөксүнбөй аралашып жашагандыктан муллаттар менен самболордун (негрлер менен индейлердин аргындары) жаралышын шарттады. Ал эми XIX кылымда Франция басып алган Испанияны метрополияга көз карандылыктан боштондукка чыгаруу үчүн көтөрүлүш башталганда, көтөрүлүшчүлөрдү испандарга караганда, көбүн эсе мулаттар менен аргындар жетектеген. Бул көрүнүш жөнүндө 1819-жылы Боливар мындай деген экен: "Биздин элибиз европалык да эмес, түндүк америкалык да эмес эл экенин эстен чыгарбоо зарыл. Биздин элибиз көбүн эсе африкалыктар менен америкалыктардын аралашмасынан турат. Биздин элди европалыктардын тукуму деп айтуу кыйын, ал эмес өзүнүн африкалык каны, түзүлүшү жана мүнөзү боюнча Испаниянын өзү да Европага таандык эмес болуп олтурат. Биз кайсы элдик үй-бүлөгө таандык экенибизди да так айта албайбыз. Индей элинин көпчүлүк бөлүгү кырылып жок кылынды, европалыктар менен америкалыктар аралашып кетти, алардын тукуму индейлер менен европалыктарга кайра

аргындашты. Бир эненин жатынында жаралган, бирок каны жана теги ар бөлөк болгон биздин аталарыбыз өң түсү ар башка чет элдик адамдар болгон. Бул айырмачылыктар олуттуу натыйжаларга алып келиши мүмкүн"[73].

Тарыхчылардын көз алдында жаралган бул эл, жанаша жашаган башка элдерге окшошпой, өтө туруктуу болуп чыга келди. Сырткы белгилери — тили, маданияты, дини ж. у. с. боюнча Венесуэла менен Колумбиянын калкы испандарга жакын эле. Экономикалык жактан алар испандык протекционизмди боштондук согушу менен кошо жоюп жиберишип, анын ордуна англиялык жана түндүк америкалык соода компанияларына көз каранды болуудан уттуруп коюшкан. Боштондук согушу ансыз да эли сейрек территорияда жашаган миллиондогон адамдын жанын алып тынды. Эли жыш жашаган Европадагы бардык наполеондук согуштарда да ушунча адам курман болгон экен. Бирок көтөрүлүш чыгаргандар өздөрүнүн испан эмес экендигин, ошону үчүн өз алдынча жашоого тийиш экендиктерин баса белгилешип, курмандыктарды актап коюшту. Мындагы бир кызык көрүнүш, испан өкмөтүн индейлер колдоп чыгышты. Ошентип, аралаш тектен жаралган адамдар этносту түзүүгө тоскоол боло албастыгы аныкталды.

Чынында эле ушундайбы? Биздин билишибизче, жан-жаныбарларда учуроочу метис көрүнүшү анча туруктуу боло албай, атасынын да, энесинин да жөндөмдүүлүктөрүнөн ажырап, алардын жашоого болгон жөндүү умтулуусу көп учурда кийинки муундарда жок болуп кетет. Аргындашуудан жаралган тукум да бара-бара алгачкы түзүлүштөрүнүн (атасынын же энесинин) бирине кайтат, же жок болот. Анткени, тиги же бул чөйрөгө көнүү үчүн бир нече муундун өмүрү сарпталат. Эки бөлөк салттын аралашмасы адаптацияны туруксуз кылып коёт.

Көпчүлүк учурларда ушундайча болот, адамдарда да кээде ушундай болушу ыктымал. Эгерде ар дайым ушундай болсо, анда эч бир жаңы этнос жаралмак эмес, башка элден кыз алып, кыз берип, аралаш жашап келаткан адамзат эрте неолит заманында эле тукумун үзүп алмак. Чындыгында эле этнографиялык картага түшкөн элдердин өтө аз сандагы топтору гана тукум курут болуп кетет, ал эми адамзат түр катары ушунчалык ургаалдуу көбөйүп жаткандыктан, элдин санынын өсүшүн азыр демографиялык жарылуу деп айтып жүрүшөт. Кейпи, табигый тандалууну жана тукум куучулукту же салттуулукту теңдештирип жана калыптандырып туруучу фактор бар болсо керек. Ал фактор — "икс фактору". Ал жүрүш- туруш адаттарынын өзгөрүшүндө байкалып, эл тарабынан психологиялык кулк-мүнөздүн өзгөчөлүгү катары кабыл алынууга тийиш. Айтмакчы, бул белги этногенез процессин дүүлүктүрүп жана ага күч берип турат. "Икс факторун" таап, анын биз издеген белгисинин маңызын ачуу менен, биз этногенездин ар бир көрүнүшүнүн жана жалпы көрүнүшүнүн өнүгүү процессинин механизмин аныктай алабыз.

Алдыга койгон максатка жетүү үчүн бизге адамзаттын жалпы тарыхынын бай, такталган жана даталары так материалдары керектелет. Эгерде ал материалдарды табият илимдеринин ыкмаларына салып иштеп чыксак, анда алдыга коюлган проблеманы чечүү үчүн зарыл болгон маалыматтарга ээ болобуз, ал эми азырынча жогоруда бизди түкшөмөлдөткөн суроолорго жооп берүү менен чектелели:

1. Жаңы жүрүш-туруш адаттарын ойлоп табуу мүмкүн эмес, анткени, кайсы бир апенди чалыш адам аны ойлоп табууну алдына максат кылып койгон күндө да, ал баягы эле эски адатынча, этникалык жамааттын тиричилигинин шартына алда канча көбүрөөк ылайыкташкан адаттар боюнча жашай берери бышык. Этностон чыгып кетүү өзүн өзү чачынан тартып саздан сууруп чыгууга тете эле нерсе. Муну айтылуу Мюнхаузен барон гана жасаган эмеспи.

2. Жаңы жүрүш-туруш көнүмүштөрү адамдардын турмуш-тиричилигинин жүрүшүндө өзүнөн өзү пайда болуп, калыптанып отургандыктан ага жакшы же

жаман деп баа берүүнүн кажети жок. Анын үстүнө ал жүрүш-туруш адаттарын салыштырып көрө турган үлгү да жок, анткени ар бир адат-салт ар башка болот.

3. Эгерде адамдардын кыял-жорук көнүмүштөрүн, турмуштук салттарын бузуу мүмкүн эмес болсо, анын кереги да жок болсо жана эч ким буга аң-сезимдүү түрдө барбай турган болсо, демек, бул көрүнүш шарт- жагдайлардын өзгөчө бир кырдаалына жараша болуп өтөт окшобойбу. Ал кандай шарт-жагдайлар болду экен? Эми мына ушул суроого жооп табуу керек.

Үчүнчү бөлүк

ТАРЫХТАГЫ ЭТНОС

МЫНДА ЭТНИКАЛЫК КӨРҮНҮШТӨРДҮ ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ КАБЫЛ АЛЫНГАН ЫКМАЛАРЫ БАЯНДАЛЫП, ИЗДЕГЕН НАТЫЙЖАНЫ ТАБУУ МҮМКҮНЧҮЛҮГҮНҮН ЖОКТУГУ КӨРСӨТҮЛӨТ

XII. БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК ТАРЫХ ЖӨНҮНДӨ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

Бүткүл дүйнөлүк тарыхка эки көз караш

Тарых — окуяларды жана аларды өз ара байланыштуулукта жана ырааттуулукта изилдөөчү илим. Окуялар ушунчалык көп болгондуктан, алар ар

www.bizdin.kg
кайсы элдин тарыхында ар башкача байланыштуулукка ээ. Кайсы гана илим болбосун, анын эң башкы милдети — изилденүүчү нерсени толук түрдө чагылдыруу болуп саналат. Тарыхта да ошондой. Демек, изилдөөнү баштоо үчүн ага ыңгайлуу өңүттү таап алуу керек, бирок ал өңүттү табуу үчүн адегенде теориянын зарылдыгы келип чыгат, т. а. ал предметти кайсы көз караштан изилдөө керек экендигин аныктап алуу зарыл. Андай көз караш тиги же бул философиялык жоболордон келип чыкпайт, ал түздөн-түз турмуштук таламдардан улам жаралат. Демек, биз ал көз карашты илим теориясына таандык кылабыз, анткени ал көз карашты тандоо топтолгон материалга байланыштуу болбой, изилдөөнүн алдына коюлган максатка байланыштуу болот. Биздин азыркы максатыбыз — Бүткүл дүйнөлүк тарыхты Жердин бир кыртышы — этночөйрөнүн калыптанышы катары түшүнүү болуп саналат.

Тарыхый ой-пикирдин теориясында илгертен келаткан, азыркы кезде да жашап жаткан эки концепция бар. Анын бири — бүткүл дүйнөлүк- тарыхый концепция, экинчиси — маданий-тарыхый концепция. Биринчи концепция элдердин тарыхын прогрессивдүү өнүгүүнүн бирдиктүү процесси катары карайт, ал өнүгүү адамзат жайгашкан бардык аймактарды камтып турат. Бул концепция эң алгач орто кылымдарда өткөн замандардагы "төрт империянын" концепциясы катары жаралган. Булар — Ассирия, Персия, Македония, Рим жана бешинчиси — VIII—IX кылымдардын чектеринде Батыш Европада пайда болуп, папалык бийлик менен бирге католиктик биримдикти жетектеген "Герман улутунун Ыйык Рим империясы" (Chretiente).

Окуяларды интерпретациялоонун ушундай системасы жашап турганда империя бийлигине баш ийдирилген территориялардын ырааттуу түрдө кеңейтиле бериши "прогресс" деп саналган. XIV—XVI кылымдарда Реформация Батыш Европанын идеологиялык биримдигин талкалап, Габсбург династиясынын императорлорунун саясий жетекчилик ролун бүлдүрүп салган учурда бүткүл дүйнөлүк-тарыхый концепция сакталып кала берген, бирок бир аз башкачараак түрдө атала баштаган. Эми "цивилизация" прогрессивдүү өнүгүү катары каралып, ал цивилизация баягы эле Батыш, романдык-германдык Европанын маданияты деген маанини түшүндүрүп калды. Мындай түшүнүктүн натыйжасында кечээки "бутпарастар" менен "схизматиктер" (кечилдер) жөн эле "жапайылар" жана "артта калган" элдер катары атала башташты. Булардын экөөнү тең "тарыхый эмес" элдер катарында атоого да аракеттер жасалды. "Евроборборчулук" деп туура аталган бул система XIX кылымда көп учурда жөндөн жөн эле, далилдөөнү талап кылбай турган, бештен белгилүү нерсе катары кабыл алынган болучу.

Маданий-тарыхый концепция биринчи жолу Европаны Азияга карама-каршы койгон Геродот тарабынан көтөрүлгөн. Геродот эллиндерге баш ийген жерлерди Европа деп, Персия падышачылыгын — Азия деп түшүнгөн. Кийинчерээк булардын катарына, Эллада менен Иранга деги эле окшошпогон Скифия жана Ефиопия кошулду. Андан соң маданий чөлкөмдөрдүн тизмеси, бүткүл Ойкумена (калк жашап турган жерлер) маданий-тарыхый чөлкөмдөргө бөлүнүп улана берген. Ошентип Эски Дүйнөдө маданий-тарыхый чөлкөмдөр катарында Батыш Европадан тышкары Жакынкы Чыгыш, же Левант, Индия, Кытай, Тынч океандын аралдарындагы маданият, Евразиялык талаа аймактары, Сахара чөлүнөн түштүктө жаткан Африка жана этнос калдыктары сакталган түндүк—түштүк уюл чөлкөмдөрү эсептелген.

Бүткүл дүйнөлүк-тарыхый мектептен маданий-тарыхый мектептин башкы айырмасы бул: ар бир маданий аймак өзүнчө өнүгүү жолуна ээ, андыктан европалык эмес элдердин "артта калгандыгы" же "дымып туруп калгандыгы" жөнүндө кеп кылбай, алардын ар кимисинин өз өзгөчөлүгү бар экендигин

белгилөө керек. XIX кылымдагы маданий-тарыхый мектептин көрүнүктүү өкүлдөрү болуп Ф. Рацел, Н. Данилевский жана К. Н. Леонтьев, ал эми XX кылымда О. Шпенглер жана А. Тойнби эсептелет.

Мен эмне үчүн А. Тойнби менен макул эмесмин

Биз эми маселенин тарыхына тереңдеп кирбей эле коёлу, антсек адашып калышыбыз мүмкүн. Ошентсе да бир автордун айткандарына көңүл бурбай коюуга болбостур. А. Тойнби географиялык даректерге негизденип, "цивилизациянын" пайда болушу жөнүндө концепция сунуш кылыптыр. Ал концепция кыскача мына буларды туюнтат.

Тарых бирдиги болуп "коом" саналат. "Коом" "жөнөкөй" жана 16 региондогу 21 "цивилизация" болуп эки баскычтан турат. Демек, бир эле территорияда ирети менен 2—3 цивилизация пайда болушу мүмкүн жана ал цивилизациялар "биринен экинчиси жаралган" деп аталат.

Месопотамиядагы шумер жана вавилон, Балкан жарым аралындагы миной, эллин жана ортодоксал христианчылык, Индостандагы индиялык (байыркы) жана индус (орто кылымдардагы) цивилизациялары ушундайча жаралган. Мындан сырткары, өзүнчө баскычтарга бөлүнүп көрсөтүлгөн ирландардын, скандинавиялыктардын, Борбордук Азиядагы несториандардын — "абортивдик" начар өнүккөн цивилизациялары жана эскимостордун, осмон-түрктөрүнүн, Евразия көчмөндөрүнүн, спарталыктардын жана полинезиялыктардын — "токтоп калган" цивилизациялары белгилүү.

А. Тойнбинин айтуусу боюнча, коомдун өнүгүшү мимесис, т. а. башкаларды тууроо жолу менен ишке ашат. Жөнөкөй коомдордо ата- бабалардын каада-салтын бекем колдонгондуктан андай коомдор өнүкпөй калат, ал эми "цивилизациялык" коомдордо чыгармачыл инсандарды тууроо орун алган, бул болсо коомдун өнүгүү динамикасын пайда кылат. Мына ошондуктан А. Тойнби динамизм факторун табуу тарыхтын эң башкы маселеси болуп саналат деп эсептейт, мында ал расизмди четке кагат. Географиялык чөлкөмдүн таасири деген бар эмеспи, буга А. Тойнби башка изилдөөчүлөрдөн айырмаланып, өзгөчөлүү чечимди сунуш кылат: "Адам цивилизацияга биологиялык өзгөчөлүгүнүн (тукум куучулук) же географиялык чөйрөнүн өтө жеңил шарттарынын натыйжасында жетишпейт, тескерисинче, ал өзүн мурда болуп көрбөгөн аракетке шыктандырган, өтө оор шарттарга каршы күрөшүү аркылуу жетишет[1].

Ошентип, таланттуулук жана чыгармачыл шыктуулук сырткы козутууларга карата организмдин реактивдүү жообу катары каралат, буга байланыштуу анын китебинин бир бабы (VI) "Бактысыздыктын барк-баасы" деп аталат. "Оор шарттар" үч түргө бөлүнөт:

1. Аба ырайынын катаал шарты, мисалы, Нил дарыясынын куймаларындагы саздар египеттиктер үчүн оор шарт болгон; Юкатандын тропиктик токою — майялар үчүн, Эгей деңизинин толкундары — эллиндер үчүн, токойлор жана аяздуу сууктар — орустар үчүн чымыркантуучу оор шарттар болгон. Бул концепцияга ылайык Англия маданияты жамгыр менен тумандан жаралган маданият болмок, бирок А. Тойнби андай деп айтпайт.

2. Бөтөн жердиктердин кол салышын да географиялык оор шарт катары (калктын жарым-жартылай жер ооп кетиши) караса болот. Тойнбинин айтуусунда Австрияга түрктөр кол салгандыктан Бавария менен Баденден алдыга өсүп, өнүгүп кеткен (119-6.). Бирок түрктөр эң алды Болгарияга, Сербияга жана Венгрияга кол салган эмес беле. Алар бул оор шартта багынып берүүгө аргасыз

www.bizdin.kg
болушту. Ал эми Австрияны болсо Ян Собесскинин гусарлары коргоп калган эмес беле. Бул мисал Тойнбинин концепциясына каршы чыгып отурбайбы...

3. Алдыда жашап өткөн цивилизациялардын чириши да — оор шарттардын кесепети. Ал кесепеттерге каршы күрөшүү керек. Эллиндик- римдик цивилизациянын талкаланышынан кийин байыркы гректердин бузуку кылык-жоруктарына каршы реакция катарында византиялык жана батыш европалык цивилизациялар жаралган имиш. Муну да мезгилдин координатын эсепке алуу (биоценоздун алмашуусу) менен географиялык шарттарга тиешелүү көрүнүш десек болот. Ал эми Византиянын бузукулугу римдиктердин бузукулугунан ашса ашкандыр, асты кем калган эмес. Анан да Батыш Рим империясынын кулашынын жана жашоого жөндөмдүү феодалдык королдук тардын түзүлүшүнүн ортосунда 300дөн ашык жыл жатат. Демек, Тойнби айткан реакция кеч пайда болгон реакция болуп чыкпадыбы.

Бирок эң башкы нерсе — адамдын ландшафт менен карым-катнашта өнүгүүсү жөнүндөгү маселе А. Тойнбинин концепциясы тарабынан чечилүүнүн ордуна, тескерисинче, чаташып калган. Табияттын катаал шарттары адамдын активдүүлүгүн арттырат деген ой, бир жагынан — географиялык детерминизмдин эле бир варианты, экинчи жагынан — деги эле туура эмес түшүнүк болуп саналат. Байыркы орус мамлекети жаралган Киевдин этек-жакаларындагы табигый шарт дегеле катаал болгон эмес. "Чөлдүү талааларга ээлик кылуу көчмөндөрдөн ушунчалык көп энергия талап кылгандыктан, андан башкача жашоого алардын күчү жетпейт" (181-185-6.) деген ой автордун көчмөндөрдүн турмушунан кабардар эмес экендигин көрсөтүп турат. Түрктөр менен моңголдор калыптанган Алтай жана Онон токойлору курорт сыяктуу жерлер болгон эмеспи. Эгерде, Греция менен Скандинавиянын жээктерин жемирген деңиздер "оор шарт" болсо, анда ал "оор шарттарга" гректер б. з. ч. VIII—VI кылымдарга чейин, ал эми скандинавиялыктар б. з. IX—XII кылымдарына чейин эмне үчүн чыдап келишти экен? Башка замандар менен мезгилдерде жеңишчил эллиндер, жырткычтай жан кечме финикиялыктар, айбаттуу викингдер дегеле болгон эмес беле, алардын ордунда балык уулап, жан баккан адамдар гана жашаган беле? Эки Дарыя аралыгында шумерлер "сууну кургак жерден бөлүп", гүлдөгөн Эдемди жаратышса, түрктөр аны талкалаган соң, ал жерлер кайрадан сазга айланган. А. Тойнбиге ишенсек, анда Тигр менен Евфрат дарыялары жээктен чыгып, сел жүргөндө алар бир айла-амалды иштөөгө тийиш эле да? Баары туура эмес.

Цивилизацияларды региондор боюнча географиялык классификациялоо да андан бетер орунсуз болуп чыккан. Византия менен Түрк империялары бир территорияга жайгашкандыктан Тойнби аларды бир цивилизация деп түшүндүрөт. Бирок эмне үчүндүр гректер менен албандар эмес, осмондор "токтоп калгандар" деп жарыяланган (?!). "Сирия цивилизациясына" Иудей падышачылыгы, Ахеменид империясы менен Араб халифаты бириктирилип, Шумер менен Вавилон — алгач жана кийин жаралган эки цивилизацияга бөлүнүп салынган. Классификациялоо кайсы бир ченем-чектер аркылуу эмес, автордун оюна келгендей жасалганы ачык болуп отурат.

Бул ой жорууларга атайын кеңири токтолуу менен, мен ишенимсиз далилдерди жана жеткире ойлонулбаган принциптерди колдонуу аркылуу эң сонун жемиш берчү илимий идеяларды оңой-олтоң бузуп салууга болорун көрсөткүм келди. А. Тойнбинин социологиялык изилдөө ыкмаларына мен атайылап кайрылбай олтурам, себеби анын социологиялык жоболорунда да окуялардын хронологиясы менен алардын чыныгы жүрүшүнө карама-каршы келген учурлар аз эмес. Булар көпчүлүк окурмандарга ансыз да түшүнүктүү болуп олтурат. Ошентсе да, "оор шарттар жана ага жооп" жөнүндөгү анын географиялык

концепциясына ишенгендер арабызда али да көп учурайт. Баарынан өкүнүчтүүсү, мындай тажрыйбалардын соңунан жалпы эле географиялык даректерди эсепке алып, аларды карап чыгуудан баш тартуу жана табият бир калыпта сакталып тургандыктан тарыхый процесстерге таасирин тийгизбейт деген тенденциянын жаралгандыгында. Ойдон чыгарылган постулаттарды орунсуз колдонуу илимди туюкка кептейт.

Ошентип, бул эки мектептин тең жол-жоболору айрым артыкчылыктарды жана орчундуу жаңылыштыктарды да бирдей камтып турат. Ал жаңылыштыктар биз иликтеп жаткан теманы иштеп чыгууда өзгөчө байкалууда. Мисалы, бүткүл дүйнөлүк-тарыхый мектептин көз карашынан алганда, түрк жана моңгол элдери жана алардын өздөрүнө гана мүнөздүү болгон көчмөн маданиятын чыгыш цивилизациясына да, "жапайылардын" катарына да кошууга болбойт экен. Демек, ал элдер жана алардын маданияты тарыхчы-теоретиктин көз жаздымында калууга тийиш экен. Бирок түрктөр да, моңголдор да адамзат тарыхында өздөрүнүн бир кыйла маанилүү салымы бар экендигин көрсөтүшкөнүнө карабай, аларды Кытайдын, Ирандын жана Византиянын "варвардык четжакасы" катары кароого бир нече жолу аракеттер жасалган. Маселени ушундай тургудан кароонун алгачкы эле кадамдарында өтө бурмаланган, илимий жактан кабылдоого деги эле жараксыз корутунду келип чыккан. Кыскасы бул көз караш туюкка келип капталды!

Анткени менен, адамзат тарыхында түрктөрдүн ролуна орун таап бере алган маданий-тарыхый мектеп алардын тарыхый өнүгүшүнүн ички мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүндүрүүгө али алсыздыгын көрсөтүүдө. Бул мыйзам ченемдүүлүктөр чөлкөмдүк мааниге гана ээ болбостон, ошондой эле, жалпы адамзаттын өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн бир варианты да болуп саналат. Жалпы көрүнүштү эсепке албай туруп, жеке көрүнүштү түшүнүү кыйын, эгер андай болбосо алар теңештирилгис жана салыштырылгыс көрүнүштөргө айланат. Натыйжада адамзат тарыхын түшүнүүдө негизсиз үзгүлтүктөр пайда болот. Туура эмес көз караш бу жолу да туюкка алып келип такады!

Мен эмне үчүн Н. И. Конрад менен макул эмесмин

Балким, иликтөөнүн үчүнчү багыты туурадыр: максатка өтө жакындап келүү үчүн ар бир концепциядан анын рационалдуу данын алып, аларды бириктирүү керектир. Мисалы, бир коомдук түзүлүштөн чыгарып, экинчи бир коомдук түзүлүшкө алып келүүчү өткөөл мезгилдерди бөлүп алуу сунуш кылынат: 1) байыркы коомдон орто кылымдардагы коомго өтүү доору — эллинизм; 2) Орто кылымдардагы коомдон Жаңы мезгилге өтүү доору — Ренессанс; 3) Жаңы мезгилден Соңку мезгилге өтүү доору — XIX кылымдын орто чени. Көрсөткүч катары адабият тарыхынан мисал келтирилет, доордун "...(үч доордун) ар бири гениалдуу адабий чыгарма менен ачылып, жаңы доордун башталышын кабарлады. Биринчиси жөнүндө "Кудайдын шаары жөнүндөгү" (Августин) трактат, экинчиси жөнүндө — "Ажайып комедия" (Данте), үчүнчүсү жөнүндө — "Коммунисттик манифест" кабарлады"[2].

Жаңы концепциянын автору өтө иреттүү мамилеси менен айырмаланат. Ал Европадан сырткаркы өлкөлөрдүн маданияттарынын өнүгүүсүндөгү окшош доорлорду издеп, алар Батыш Европага маданият жагынан көз каранды эмес жана алардын маданияты толук баалуу маданият деп эсептейт. "Кытайлардын жана ирандыктардын байыркы доордон Орто кылымдарга өтүшү да акыл-ойдогу революция менен коштолгон... аны Кытайда жалпысынан даосизм, Иранда манихейчилик деп аташат. Буга сырткы фактор да кошулат, ал сырттан келген идеологиялык система болуп саналат. Кытайда ал буддизм, Иранда ислам

болгон"[3]. "Кайра жаралуу" же "Жаңылануу" доору да ушундайча сүрөттөлөт. "Кайра жаралуу" Кытайда — VIII кылымда, Орто Азияда, Азияда, Иранда жана түндүк-батыш Индияда IX кылымда, акырында, Италияда XIII кылымда баштан кечирилген[4]. Үчүнчү өткөөл доор жөнүндө эч нерсе айткан эмес, бул туура, себеби ал азырынча аяктай элек.

Бул мисалды биз Н. И. Конраддын көлөмдүү китебинен алып көрсөтүп жатканыбыздын бирден бир себеби, дал ушул жерде автордун идеясы көбүрөөк, ачык-айкын чагылдырылган. Калган очерктеринде Конрад өткөөл мезгилдерге гана эмес, жашоонун социалдык туруктуу формаларына да көз чаптырат. Аларды ал мурдатан келаткан аталыштар менен: Байыркы заман, Орто кылымдар, Жаңы мезгил деп атайт[5]. Тарыхый процесстердин негизги багыттарын ал элдердин ириленишинен жана маданий чөлкөмдөрдүн кеңейишинен көрөт. Ал ушуну менен эле бирге дүйнөлүк цивилизация бир эле учурда бир нече жерде жараларын жана элдердин өнүгүшүндө локалдык өзгөчөлүү белгилер бар экенин да мойнуна алган[6]. Туюктан чыгуунун жолу табылгансыды окшойт, бирок жогоруда келтирилген тезистин принципиалдуу жагына байкоо салып көрөлү.

Н. И. Конраддын концепциясында өткөөл доорлордун хронологиялык дал келбестиги дароо көзгө чалдыгат. Эллинизм доору б. з. ч. IV кылымда башталып, ошол учурда чындыгында эле антикалык дүйнө көз карашынын кризиси менен дал келген болучу. Ал эми Н. И. Конрад бул "өткөөл мезгилди" Августиндин заманына, т. а. б. з. V кылымына чейин созуп жиберет. Натыйжада ал 900 жылга жакын мезгилге узарып отурат.

Италиядагы Кайра жаралуу доору 150—200 жылга гана созулган. Үчүнчү өткөөл доор жарым кылымды эле түзөт. Канткен менен автор жакындыктын абберациясына кабылып калса керек, т. а. жакынкы мезгилдеги окуялар алыскы убактагы окуяларга караганда маанилүү көрүнүп туруп алган окшобойбу. Эллинизм менен Кайра жаралууну салыштырууга болбойт, алар өз-өзүнчө ар башка деңгелдеги көрүнүштөр болуп саналат. Эми, маселени кайрадан кароого аракеттенип көрөлү. Жаңы маалыматтарды колдонбостон (аларды кийин өз ордунда колдонобуз), мурдагы, эски, талашсыз маалыматтарды оригиналдуу жаңы идея аркылуу салыштырып көрөлү. Эгер ал жаңы идея туура болсо, анда маалыматтар менен идея сөзсүз дал келет.

Эллинизм жөнүндө

Александр Македондук Фиванын гегемониясын, Афинынын эркиндигин, Персиянын улуулугун, Индиянын көз каранды эместигин, Египеттин байыркы маданиятын (Александрия шаарын куруп) талкалаган мезгилден, т.а. б.з.ч. 336-жылдан баштап, "Ажайып комедия" деген чыгарма жаралганга чейин төмөндөгү окуялар болуп өткөн.

Анча көпкө созулбаган македондук басып алуудан кийин Иранга Арал деңизине жакын жерлерде жашаган парфяндар кирип келет. Алар адегенде эллин маданиятынын көркөм дүйнөсүнө катуу таасирленишти, кийинчерээк зороастризмге берилип кетишти (б.з.ч. 250 — б. з. 224-ж.). Андан соң аларга каршы ирандыктар көтөрүлүп чыкты, муну азыркыча улуттук кыймыл десе болот. Арташир Папаган майда ак сөөктөрдүн (дехкан) жана дин өкүлдөрүнүн (мобеддер) биримдигине таянып, кечирим берилген парфян ак сөөктөрүн атчан аскер катары пайдаланып, ак сөөктөрдүн үстөмдүгүн талкалап салат.

IV кылымдын башында Маздак төрө бийликти тартып алгандан кийин элдин интеллектуалдуу бөлүгүн түзгөн ак сөөк адамдарды жана дин өкүлдөрүн кырып жок кылуу башталат. Хосров Ануширвандын 530-жылкы төңкөрүшү реформаны жана ага байланышкан атып, асууларды токтотуп, аскерлердин бийлигин, ушул

www.bizdin.kg
сөздүн толук маанисиндеги аскер бийлигин орнотту. Анткени, аскер кесибиндегилер жалданма акы алып турушкан. 590-жылы аскер башы Бахрам Чубин бийликти тартып алат, бирок жергиликтүү башкаруучулар ага каршы түп көтөрүлүшүп, тактан алып ыргытышат.

Акыркы мезгилде (591—651-жж.) — маданияттын жана мамлекеттик системанын бузулуп, чирүүсү бардык билимдүү жана сабаттуу перстердин өлкөнү таштап кетүүсүнө жана кырылышына алып келген, бул арабдар басып алганга дейре уланган. Анын натыйжасында жаңы маданияты бар, а түгүл жаңы тилде сүйлөгөн жаңы эл жаралат.

Бул мезгил ичинде Ирандын маданият чөйрөсүндө беш өзгөрүү болуп өттү. Ал өзгөрүштөрдүн ар бирин өз-өзүнчө алганда генезиси, мүнөзү, натыйжасы жагынан окшош болбогонуна карабай италиялык Кайра жаралуудан ашса ашат, кем калбайт: 1. Талаалык парфяндардын эллиндешүүсү, т.а. бөтөн маданиятты кабылдоо. 2. Парфян ак сөөктөрүн ирандаштыруу — өз эли менен жакындаштыруу аракети. 3. 224— 226-жылдарда парфян ак сөөктөрүн зороастризмдин жеңиши — так менен диндин биримдиги. 4. Маздакизм. 5. Митраизмдин каршылыгы. Себеби Бахрам Чубинди армяндар "Михрага сыйынган козголоңчу" деп аташкан. Ушундай кырдаалда христиандык жана гностикалык идеялардын болор-болбос эпкиндери пайда болуп, ал идеялар нагыз, бирок туругу жок интеллигенциянын бир аз гана бөлүгүнүн көңүлүн бурган.

Бирок ушу миң жылдык чымырканган чыгармачыл жашоо-турмуш максдондук жана арабдык басып алуулардын аралыгындагы өткөөл мезгил гана болгонуна мен деги эле ишене албайм. Иран үчүн ушул парфяндык-сасанилик мезгил, анын ичинде Сумбад Магдын, Бабектин көтөрүлүштөрү, Афшиндин тымызын кутуму жана араб баскынчыларына каршы күрөштөр жана башкалар италиялык Кайра жаралууга эмес, Каролингдерден Бонапарттарга чейинки Батыш Европанын бүткүл роман-герман маданиятына тең келчү көрүнүш. Миң жыл менен миң жыл тең келген менен, салыштырылып отурган маданияттар бири бирине дегеле окшош эмес. Бирок так ошол "окшош эместик" окшоштук сыяктуу эле Н. И. Конраддын концепциясынын постулаттарынын бири болуп саналат.

Римдеги эллинизмди эки датанын биринен баштап эсептесе болот: 1) Куугунтук жегендердин бир тобу жети дөңсөөнү ээлеп алышып, ал жерде грециялык полистердин (шаар-мамлекет) үлгүсүндө уюмдашкан учурдагы Он эки таблицанын доорунан башталат. Эгер мындай болсо, анда буга дээрлик бүт Рим республикасы кирет жана өткөөл мезгилдин башталышы болууга бул дата жараксыз; 2) Римдин маданий эллиндештирилиши, адатта, б.з.ч. II кылымда Сципиондордун ийриминин ишмердүүлүгүнө байланыштырылып жүрөт. Бул чынында да ошондой, бирок ага карабай Н. И. Конрад Рим республикасын өткөөл мезгилге таандык кылуу ордуна, аны кул ээлөөчүлүк коом орногон мезгилге таандык кылат. Андай болсо Н. И. Конрад өзү "көкөлөөнүн жана ошону менен эле бирге кыйроонун мезгили" деп атаган империя доору гана "өткөөл мезгил"[7] делин иши мүмкүн. Мейли, ошондой дейлик.

А эгер андай болсо, биз ар бири өз-өзүнчө алганда италиялык Кайра жаралууга тең келе алаарлык бир нече маданий жана ошону менен эле бирге коомдук-саясий мезгилдерди бөлүп көрсөтө алабыз жана көрсөтүүгө тийишпиз. Теңештирүү көрүнүштөрдүн мүнөздөрүнүн окшоштуктары боюнча эмес, ошол заманда жашагандар үчүн канчалык маанилүү болгондугу боюнча аныкталарын кайталап айтып кетемин.

Байыркы римдиктердин өздөрү да б.з.ч. II—I кылымдардагы республиканы калыптанып калган саясий түзүлүш катары карашкан эмес.

www.bizdin.kg
Б.з.ч. 133-жылы Тиберий Гракх өлтүрүлгөндөн баштап Антоний курман болгон б.з.ч. 30-жылга чейин Рим тынчтык көргөн эмес. Рим сенаты менен элин канга боёгон граждандык согуштан аман калгандар ар кандай катуу бийликтин орношун каалап калышкан.

Октавиан Август жарыялаган "Алтын ортолук" саясий турукташууга, аскерий кубаттуулукту чындоого жана өткөндүн мыкты тажрыйбаларына кайрылып, аны улантуу чакырыгына айланды. Ушул көз караштагы система Марк Аврелий каза болгон мезгилге дейре, т. а. 200 жылча жашады. Эгерде Хан Юнун жана башка конфуцийчилердин ишмердүүлүктөрүн Кытайдагы "Кайра жаралуу" десек, анда Плинийди, Тит Ливийди жана Светонийди Римдин өзүндөгү "Байыркылыкты Кайра жаратуучулар" катары мүнөздөө туура жана алгылыктуу болмокчу. Биз терминдер жөнүндө ушундайча макулдашып албадык беле.

Экинчи мезгил — азиялык маданияттардын Римди үстөкө-бостоК жеңип алуулары. III кылымдан баштап бул жерде акыл-ойду Чүмбөт жамынган Изида, Үч катар улуулукка ээ Гермес, кудайлардын Энеси — Кибела, айдай сулуу Астарта бийлеп турушту, акырында алардын баарын жеңилбес Күн — жоокерлердин кудайы — Митра жеңип алды. Ошентип, митраизм Аврелиандан Юлиан Апостатка чейин мамлекеттик динге айланып, Рим империясынын расмий көз карашы катарында жашап турду. Маданияттагы бул төңкөрүш гуманизмден, ал эле эмес Реформациядан да маанилүү эле. Кантсе да италиялыктар менен немистер XVI кылымда эстетикалык жана саясий көз караштарын анча-мынча гана өзгөрткөнү болбосо, христиан динине ишенимин жоготпой, сактап калышпадыбы.

Ал эми б. з. I—IV кылымдарында бүткүл Жер Ортолук деңиз жээктерин өзүнө камтыган үчүнчү кыймыл мурдагыларга караганда эбегейсиз күчтүү болгон. Адатта аны христианчылыктын тарашы менен байланыштырышат. Бирок христианчылык Рим империясын каптаган жаны идеялардын арасындагы бар болгону бир кичинекей агым болгону көз жаздымда кала берет. Анткени ал мезгилде христиандар менен бир катарда Материяны каргап шилеген египеттик гностиктер — Валентин менен Василид, Жакшылык жана Жамандык күчтөрүн тендештирген сириялыктар — Сатурнин менен Манини, каардуу алп кара куш Яхвенин душманы — акылмандыктын символу Жыланды ыйык туткан офиттер, Эски осуяттын ыйыктыгын танышкан маркиончулар жана аны символикалык түрдө кабыл алып, түшүндүрүүнү талап кылышкан оригенчилер жана акырында бардык чындыктын негизи болгон Теңирлик Плеромду — жогорку монизмди жарыялашкан гностиктер өз ишенимдерине үндөп турушту. Булардын ичинен Улуу Василий менен Григорий Богословдун христиандык теодицеясына баарынан жакын турганы жана өзүлөрүнүн өзгөчөлүү окуусун Платондун ысмы менен аташканына карабай античный платонизминен баарынан алыс турганы неоплатончулар болуп чыкты. "Акыл- эстин" революциясы римдик Чыгышта пайда болуп жана өнүгүү менен ал "римдин чөйрөсүндөгү жерлердин" гректик-латындык бөлүгүн да өзүнө камтып алганын жана бул жакта да мурдатан калыптанып калган эски көз караштардын өз кризиси жүрүп жатканын" Н. И. Конрад өтө кылдаттык менен байкаган[8].

Бул акыйкат жыйынтык, бирок андай болсо, Европанын маданияты үчүн бул көрүнүш өткөөл мезгил катарында каралууга мүмкүн эмес. Чын-чынына келгенде, христианчылык менен манихейчиликтин Сенеканын рационалдуу ой-пикирлерине, митреумдардагы Аврелиандын кандуу мистерияларына же Гелиогабалдын бузукчулук менен көңүл ачууларына кандай тиешеси бар эле? Көз караштын чыгармачыл жаңы агымы бул экөөнү бирдей четке какты. Ал ышмалдасы чыккан античный ойлорду андан ары улантпай, аны шыпырып салды. Башка сөз менен айтканда, бул жерде "өткөөл мезгил" дегеле жок, салт үзүлүп, токтоп, анын ордуна жаңысы жаралган.

Христиан жана манихей чиркөөлөрүнүн бирге жашай албай калышы замандаштарын таң калтырганына карабай, бул көрүнүш античный доор менен толук кол үзүү болгонун түшүндүрүп турат. Ал эмес император Константин бутпарас дининен биротоло баш тарткан кезде да, христиан жамааты дүйнө өкүмдарын өз катарына диакон даражасында кабыл алып, чиркөө маселесин чечүүдө добуш берүү укугуна ээ кылуу же "Императордун чиркөөгө кандай тиешеси бар?" деп карфагендик Донаттын талабын аткарып, катардагы пенде катары калтыруу оңбу дегенчелик эки анжы ойго кабылышкан. Ушул мезгилде империяны варварлар бөлүп- жарып, талап жаткан V кылымда эң алгач манихей, анан христиан динин туткан, таланттуу жазуучу жана талашып-тартышуунун улуу чебери Такыба Августин жашап, иштеп, чыгармаларды жаратып, аракеттен жазбады. Августиндин башкы идеясы католик дини эмес, еретикалык ойлор болгонун белгилөөгө тийишпиз. Адамдын эркинин эркиндиги жөнүндөгү католиктик догмага сокку урган анын тагдыр жазмышы жөнүндөгү ойлорунда, бул дүйнөдө болуп жаткан жаман көрүнүштөр үчүн Жараткан өзү жоопкер деген жыйынтык жасалат. Августиндин бул ойлорун миң жыл өткөн соң Жан Кальвин пайдаланып, өнүктүргөн, бирок Орто кылымдарда ага анча маани берилген эмес.

Өз заманына тиешелүү идеялардын тууралыгын талашып-тартышпаганы менен замандаштарына анча ыраазы боло албаган Дантеден айырмаланып, Августин өзүнүн талантынын бар күчүн өткөндөгү идеялаштары — манихейлердин көз караштары жана британиялык кечил Пелагийдин гуманизм концепциясы менен талаш жүргүзүүгө коротту. Пелагий өзүнүн диний ой-жорууларында, адамдын күнөөгө батышы анын жаман аракеттеринин натыйжасы, ошондуктан каардуу христиандан боорукер бутпарас жакшыраак деп айткан. Августин туулганда эле күнөөлүү болуп төрөлүү жөнүндөгү ойлорун сунуш кылды, анда бутпарастардын баарын толук баалуу эмес жандар деп жарыялап, диний келишпестиктин теориясын негиздеди. Бул идея кийинки беш кылым ичинде анча тарай алган жок. Ал кезде Дантенин ырларына тең келчү чыгарма табылбай, акындын тирүү кезинде эле зор баага татыды. Албетте, Августин менен Данте Алигьери бири бирине өздөрүнүн тарыхтагы орду, белгилүүлүктөрү, жеке сапаттары жагынан окшош эмес эле. Алар жашаган жана чыгарма жараткан мезгилдер андан бетер окшош эмес болучу. Эгерде эле Дантеге окшош адам тапкыбыз келсе, ага улуу акын жана чындыкты бетке айтуудан тайманбаган Иоанн Златоустту айтсак болчудай. Эгер мындай салыштыруу, окшоштуруу туура делсе, анда мындан аркы ой жүгүртүүбүз жаңы нукта уланат. Бул жаңы нук бир топ натыйжалуу болчудай көрүнөт жана ал кандайдыр бир күтүүсүз натыйжа катары кабыл алынышы ыктымал.

Византия жөнүндө

Баяндалып жаткан, эрте христиандык деп атоого мүмкүн болгон, же шарттуу түрдө византиялык (саясатсыз эле, "маданий" мааниде алганда) аталган бул багыт демейки тарыхта XI кылымдын орто ченинде, т.а. чиркөө тарыхындагыга караганда 150 жылча кеч катталган. Так ушул учурда рим философтору менен христиан динин жактоочу Юстиндин айтылуу талашы болуп өттү. Бул талашта жеңип чыккан Юстинди, андагы мөрөйү үчүн кыйнап өлтүрүштү. Эгерде эсепти ушул датадан бери карай жүргүзө келсек, анда бул дата эч кандай шектенүү жана талаш- тартыш жаратпайт. Ой-пикирдеги мындай жаңы багыт IV кылымдын аягында (Юлиан баш тарткандан кийин) Рим империясынын бардык аймактарына гана эмес, андан тышкары жерлерде да таркаган. Ал бара- бара батышта — Ирландияда, түштүктө — Эфиопияда, чыгышта — Орто Азияда,

түндүктө Россияда, туурараак айтканда, Днепрдин бойлорундагы готтордо да бутактап жайылып кеткен.

Маданияттын башкы түркүгү болгон Византия империясы менен саясий жактан байланышпаган, чет-жакалардагы христиандык маданияттар өз алдынча бир бүтүндүктү түзгөнсүштү. Мындай бир бүтүндүктөр Иранда, грек-рим дүйнөсүндө, кийинчерээк батыш европалык Chretiente'де пайда болгонун биз мурда айтып кетпедикпи. Бирок ошол эле убакта Евфрат дарыясынын ары жагындагы Азияда несторианчылык, ал эми Сирияда, Арменияда жана Африкада монофизитчилик өкүмчүлүк кылып турган.

Византия маданияты да өз башынан: мамлекеттик башкаруудан латын тилин грек тили сүрүп чыгарган мезгилде (император Маврикийдин убагында) байыркы эллиндик "Кайра жаралууну": иконага каршы күрөштө — Реформацияны; Македондордун династиясынын учурунда — Агартуучулукту кечирди. Анан бул маданияттын борборлору бир эле учурда бузулуп, жок болду. XIII кылымда Ирландия кулады, борбордук азиялык несториандар талкаланды, Константинопол бир катар мезгилге кресттүү жырткычтардын колуна өтүп кетти, ал эми Абиссиния болсо ислам динине өтүшкөн сомалиликтер, галластар тарабынан курчалып турган тоо чебине айланды. Өз бийлигин сактап калуу үчүн Никей империясынын жанталашкан аракети бул кыйрап жок болууну жүз жылга созду, бирок XIV кылымдын орто ченинде Палеологдор уния кабыл алууга аргасыз болушту. Бул болсо Батышка толук баш ийгендикти, т. а. Улуу Карлдын каратып алууларынын натыйжасында жаралган жаңы түзүлүп жаткан маданий бир бүтүндүккө кошулгандыкты түшүндүргөн. Европа тарыхында так ушул бир бүтүндүк античный маданияттын уландысы катары каралып, ал гана эмес мектеп окуу китептеринде да чагылдырылган экен. Бирок "Античный дүйнө" анын "Кайра жаралуусунан" миң жылдык мезгил бөлүп турганын эске алсак, аны өткөөл мезгил эмес, тарыхый маданияттын өз алдынча турган бөлүгү катары караган оң болор беле деп ойлойбуз. Анткени католик рыцарлар жана прелаттар (дин башчылары) Византия маданиятынын грециялык жана ирландиялык үлгүлөрүн мурастап сактап калуунун ордуна, аны күлдөй сапырып жиберишкен.

Эгер ушундай болсо анда Европадагы Кайра жаралууну да ага чейинки кресттүүлөрдүн жүрүштөрүнөн, андан кийинки колониялык басып алуулар сыяктуу окуялардын багытындагы мыйзам ченемдүүлүктөр менен ырааттуулуктарга таандык кылууга болот.

Өзүнүн жаралган күнүнөн баштап батыш европалык маданият кеңейүүгө аракет жасады. Улуу Карлдын барондорунун тукуму батыш славяндарды, англосакстарды, келттерди баш ийдирди, арабдарды Пиреней жарым аралынан сүрүп чыкты, мусулмандарга каршы согушту Инди океанынын жээк- теринде улантты. Орто кылымдардагы бюргерлердин тукуму Американы, Австралияны жана Түштүк Африканы басып алышты. Анысы да, мунусу да Индияны, Тропиктик Африканы, Түштүк Американы, Полинезияны ж. б. жерлерди каратып алышты. Бул мейкиндиктеги кеңейүү эле. Ал эми гуманисттер кандайча умтулушту?.. Алар деле ээлеп, басып алууга умтулушту. Бирок алардын баскынчылыгы мезгил жагында өнүктү. Алар өткөн мезгилди, болгондо да бөтөн элдин өткөндөгүсүн басып алууну максат кылышты. Алар максаттарына жетишти. Алардын аракетинин натыйжасында филологиялык негиздеги Бүткүл дүйнөлүк тарых жаралды. Мындай көрүнүш маданияттын башка тармактарында дегеле болгон эмес. Ал эми тарых дегенибиз, эреже катарында, өз ата-бабаңдын тарыхын жазуу, т. а. абсолютташтырылган генеалогия болуп саналат эмеспи. Эгер ушундай болсо, анда "Кытайдын Кайра жаралуусу" Европанын Кайра жаралуусунан принципиалдуу түрдө айырмаланып турушу керек, ал эми алардын айрым окшоштуктары кокустук катары эсептелсе болот. Н. И. Конрад буга карама-каршы

көз карашты тутат. Бул өтө маанилүү маселени чечүү үчүн Чыгыш Азиянын тарыхына кайрылуубуз зарыл.

Кытай жөнүндө

Эң алды Чыгыш Азияда этноландшафттык эки аймак: жер иштетип, дыйканчылык кылган Кытай жана көчмөн турмушту аймак Борбордук Азия жана ага канатташ Тибет тоолору жайгашканын белгилей кетели. Тарыхый мезгилдердин бардык учурларында бул маданий региондор, кытай элинин көптүгүнө жана түрк, моңгол көчмөндөрүнүн аз санда экендиктерине карабай бири-бири менен бирдей негизде өз ара аракеттенип келишкен. Мындай токтоосуз жүргүзүлүп келген күрөштү эске албасак Азиянын тарыхы дайыма туура эмес түшүндүрүлүп калышы ыктымал.

Өткөн кылымда, кытай маданияты бир калыпта өнүккөн же дымып турган, ал эми Батыш Европанын маданиятын гүлдөп өсүп, анан кайра кыйрап турган маданият катары кароо адат болуп калган. Бул концепцияны алыстык абберациясынын мисалы десек болот, айталы, күн беш тыйындан кичине болуп көрүнүшү мүмкүн эмеспи. Кытай тарыхын жетишерлик түрдө толук изилдей келгенде, бул абберация түтүндү шамал айдагандай жок болуп кетет да, салттардын үзүлүшү жана обускурантизм доорлору Чыгышта да, Батышта да бир мүнөздө өткөнү айдан ачык болуп чыгат. Тарыхый өнүгүүнүн дискреттүүлүгүн байыркы дүйнөнүн эки улуу тарыхчысы Полибий менен Сыма Цян белгилешип, байкалган көрүнүштөрдү өздөрүнүн мезгилиндеги илимдин өнүгүш деңгелине жараша түшүндүрүүнү сунуш кылышкан[9]. Сыма Цян "Тарыхый жазмалар" аттуу чыгармасын б.з.ч. I кылымда жазып, ошол эле кездерде өзү үчүн "античный" болуп калган мезгилди, т.а. өзүнө белгисиз, салты үзүлүп калган өткөн мезгил бар экенин белгилеген. Античный мезгил болуп Сыма Цян үчүн алгачкы үч династиянын: Ся, Ин жана Чжоу династияларынын мезгили эсептелген. Чжоу династиясы кулаган соң саясий жана маданий начарлоо башталган. "Үч падышачылыктын басып өткөн жолу айлампа өңдүү, токтоп бүтүп, анан кайра башталып турду"[10]. Албетте, муну Хан династиясы байыркыны дал өзүндөй кылып кайра кайталаган деп түшүнүү жарабайт. Айткандай эле ал өзүнө гана мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар өз алдынчалыкка ээ экен. Сыма Цяндын ою боюнча, бир түрдүүлүк дегенибиз, сырткы чыныгы көрүнүштөр эмес, ал көрүнүштөрдүн ички мыйзам ченемдүүлүгү болуп саналат, муну ал тарыхтын табигый мыйзамы катары караган.

Тарыхчы тарабынан ачылган бул мыйзам ченемдүүлүк өткөндөгүнү гана түшүндүрүүгө жол ачпастан, келечекте болуучу окуяларды да алдын ала айтууга мүмкүнчүлүк түздү. Эгерде байыркы (архаикалык) Кытай сөзсүз болбой койбой турган ички ритмдердин натыйжасында кыйрап калган болсо, анда Сыма Цян үчүн өз заманы болгон, биз үчүн Байыркы Кытай болгон, т.а. Хан империясы ошол эле тагдырдан ойт бере алмак эмес. Албетте, Сыма Цян өз өлкөсүнүн кыйрашынын айрым жышааналарын алдын ала айта албады, бирок кыйроонун натыйжасы ал айткандай эле болду. Ооба, III кылымдагы граждандык согуш Кытайды биротоло алсыздантты, акыры 312-жылы Теңир алдындагы империя хуннулардын анча коп эмес аскерине жеңилип берди. Көп өтпөй хуннулар Хуан- хэ дарыясынын жээктериндеги илгертеден хандыктарга тиешелүү болуп келген бардык жерлерди да каратып алды. Кытайдын айрым өжөр патриоттору башка уруулар жашаган чет-жакаларга, Янцзы дарыясынын жээктерине өтө качышты, ал эми байыркы кытайлык маданияттын өлүм алдындагы жан талашуусу дагы 250 жылча созулду, т.а. бул мезгил Рим маданияты кыйрап отуруп, өлүмгө жеткен мезгилге караганда эки эсеге узактык кылат. Так ошол учурларда Кытай элинин

www.bizdin.kg
өз мекенинде көчмөндөр менен тоолуктар, хуннулар, табгачтар, кяндар (тибеттиктер) өз билгенин жасап, өкүмзорлук бийлик жүргүзүштү.

Кытайдын кайрадан жаңыланып өнүгүшү VI кылымда башталды. Кытайдын ультрапатриотторунун жолбашчысы Ян Цзян көчмөн падышалардын укум-тукумдарын талкалап салып, Суй династиясын негиздеди. Бул өнүгүү орто кылымдардагы Кытайдын "аткан таңы" болсо, манжурлар Миң династиясынын аскерин жана козголоңчу Ли Цзычэн башчылык кылган дыйкан кошуундарын талкалаган XVII кылым анын "каран түнү" болду. Европалык түшүнүгү тар окумуштуулар ошол кезде башталган бул начарлоону Кытайдын туруктуу абалы катары ойлоп, "дымуу" деп атап коюшту. Сыма Цяндын алдын ала айткандары чын болуп чыкты.

А бирок Европа менен салыштырганда Чыгышта бир өзгөчөлүк бар эле. Ал иероглиф жазуусу болучу; бул жазуу маданияттын укумдан-тукумга өтүшүн бир кыйла деңгелде камсыз кылып турган. Алфавитке караганда салыштырмалуу кемчиликтери болгонуна карабай иероглиф айрым утуштарга ээ. Тилдин өнүгүшүнө байланыштуу фонетиканын алмашылышы жана идеологиялык көз караштардын өзгөрүүлөрүнө карабастан иероглиф жазууларындагы семантемалар түшүнүктүү бойдон кала берет. Иероглифти окуй алган анча көп эмес кытайлык адамдар Конфуцийди жана Лао-Цзыны окушуп, алардын ой-пикирлеринен орто кылымдардагы Инжилди жатка окушкан кечилдерге караганда көбүрөөк таасир алышкан, анткени иероглифтен айырмаланып, сөздөр а) которгондо, б) окулушуна, угулушуна, в) окуган адамдын зиректигине, г) аны кабыл алууга байланышкан ассоциацияларга карата өз маанисин өзгөртүп жиберет. Иероглифтер математикалык сандардын символикаларына окшоп бир гана маниге ээ. Ошондуктан Кытайдын ичкерки маданияттарынын үзгүлтүктөрү античный (грек-рим) жана орто кылымдык (роман-германдык) маданияттарынын же орто кылымдык перс жана араб, т.а. мусулман маданияттарынын үзгүлтүктөрүнө караганда анча чоң эмес жана д.у.с.

Мындай абал Кытайдын саясий тарыхына да, идеологиялык тарыхына да өз таасирин тийгизген. Сырткы көрүнүштөгү так ушул окшоштуктардан улам айрым тарыхчылар жаңылыш жыйынтык чыгарып, иероглиф жазуусундагы консервативдүүлүктү Кытайдын дымып калуусу катары түшүндүрүшкөнүн белгилөө өтө маанилүү. Чындыгында Кытайдын тарыхы

www.bizdin.kg



Жер Ортолук деңизинин жээктериндеги өлкөлөрдүн тарыхынан кем эмес ургаалдуу өнүккөн. Андыктан, Кытайдын территориясындагы жаралып жана жоголуп жүрүп отурган этностордун буркан-шаркан түшкөн турмушун баамдоо үчүн искусство буюмдарына жана абстракттуу ой-пикирлердин тереңдиктери менен кыйырына тең калып отура бербей Улуу дубалдын чегинде кыйын-кыстоо окуяларын ырааттуулук менен талдап чыгуу керек. Ушул темага биз "Талаа трилогиясын" атайын арнап отурабыз.

XIII. ЭТНИКАЛЫК ТАРЫХ ЖӨНҮНДӨ ОЙЛОР

Этнологиядагы белгисиздик принциби

Жогоруда келтирилген мисалдардын баары маданий-тарыхый мектептердин туура экендигин далилдеп тургандай болсо да, ал оз ичинде буга карама-каршы келген көз караштын тууралыгын да көрсөтүп турган белги бар. Биз карап өткөн бардык ар түрдүү "маданияттар", ар биринин жергиликтүү өзгөчөлүктөрүнө карабай, ушунчалык бир түрдүүлүктө өнүгүп жана өлүп жок болгондуктан, мында жалпы диалектикалык процесстин бар экендигин көрбөй коюуга болбойт.

Эгер ошондой болсо, анда биз өз алдыбызга койгон маселени чечмек турсун, аны кайра татаалдантып жибергенибиз да ырас. Анда кайрадан туюкка келип кептелдикпи? Жок. Алдыда дагы жол бар. Аны биз башка илимдердеги окшош көрүнүштөргө кайрылуу аркылуу таап алабыз. XVII кылымдан баштап физикада жарык бөлүкчөлөрдөн (корпускул) турабы же эфирдеги толкундар түрүндө болобу деген талаш жүрдү. Эки концепциянын тең орчундуу кемчиликтери бар болгондуктан, экөөнүн бири да жеңип чыга албады. Талаш-тартыш акыры XX кылымдын 20-жылдарынын орто чендеринде кванттык механика жаралгандан кийин оң чечилди. Азыркы физиктер жарык дегенибиз — бул толкун да, бөлүкчө да эмес, физикалык жарык ушул эки касиеттин тутумунан турат деп эсептешет. Дал ушундай көрүнүштөрдүн негизинде белгисиздик принциби жаралды. Анда физикалык эки кубулуштун чыңалуусунда (мисалы, күчтүн же мезгилдин импульсу менен координаты) тиги же бул кубулуштун ар биринин өз мааниси аныкталышы мүмкүн. Эч качан эки кубулуштун мааниси бир учурда аныкталбай тургандыгы да белгилүү болуп чыга келди.

Этникалык феноменде да кыймылдын эки: социалдык жана биологиялык түрү бар. Андыктан, изилдөөнүн тиги же бул көз карашында, кайсы бир ыкмага салып, татаал көрүнүштүн тигил же бул тарабы сүрөттөлүп жазылышы мүмкүн. Мындайда изилденүүчү көрүнүштүн так жазылышы жана көп жактуулугу бири экинчисин жокко чыгарат. Муну белгилөө менен, биз белгисиздиктин бул принцибин өз материалыбызга колдонууга өтөлү.

Эң алды көз карашты өзгөртөлү: жогоруда айтылган эки мектептин изилдөө усулдарын бириктирүү ордуна, аларды колдонуу чөйрөсүн чектеп салалы. Албетте, түздөн-түз байкоого алынган тарыхый көрүнүштөрдү маданий-тарыхый принцип боюнча топтоштурууга болот, ал эми бүткүл дүйнөлүк-тарыхый схема фактылар үчүн прокруст калыбы сыяктуу нерсе. Ошондой эле түздөн-түз байкоого мүмкүн болбогон көрүнүштөрдүн чыныгы маңызы жергиликтүү өзгөчөлүктөрдөн арылганда бүткүл дүйнөлүк-тарыхый концепциянын компетенциясына тиешелүү болору да ачык белгилүү. Ал эми маданий-тарыхый мектеп тарабынан белгиленген жана далилденген өнүгүүнүн дискреттүүлүгү (үзгүлтүктүүлүгү) бар болгону бирдиктүү, бирок өтө татаал процесстин касиеттеринин эле бири болуп саналат.

Эми мамилени дагы башкача өзгөртүп көрөлү. Өткөн кылымда тарыхты окуп үйрөнүү эки башка усулда жүргүзүлгөн; гимназияларда тарых география менен бирдикте окутулса, университеттерде филология менен бирге окутулган. Биздин убагыбызда предметти окуп үйрөнүүнүн экинчи ыкмасы алдыга чыгып, мында тарыхый булактарды иликтеп-үйрөнүү башкы нерсе катары эсептелип калды. Анткени менен бул ыкмада чоң коркунуч бар: тарыхчы тиги же бул булактын авторунун туткунунда калат да, окуган нерсесин кайталап, айтып берүүдө анын мазмунунун булактагы текстке жакын болушуна умтулат. Акыйкатта, байыркы автор бизге алгылыктуу болбогон идеяларга таянгандыктан жана ал кездеги окурмандар ал чыгармаларды өздөрүнө тиешелүү кабыл алуу мүмкүнчүлүктөрүнө байланыштуу азыркы окурмандар түшүнгөндөн башкача түшүнүшкөн. Муну мындайча түшүндүрөлү, эгер Геродот же Рашид ад-Дин өз чыгармаларын бизге ылайыктап жаза турган болсо, анда өздөрүнүн ошол эле ойлорун башкача мааниде жазышмак. Чындыгында текстти сөзмө-сөз окуган учурда автор кандай маани көздөгөнүн биз биле албайбыз. Кыскасы, байыркы булактын автору өз заманында кеңири белгилүү, ансыз да түшүнүктүү чындык көрүнүштөрдү жазууну кажетсиз деп эсептеген болсо керек. А бирок бизге так ошолор белгисиз жана кызыктуу болуп отурбайбы. Ошондуктан ар бир булак кийинки тукумдар үчүн — криптограмма сыяктуу нерсе, ал эми анын чыныгы маңызын табуу өтө кыйын жана ар дайым эле колдон келе бербейт. Буга "Игордун

кошууну жөнүндө сөз" чыгармасынын айланасында жүргөн талаш-тартышты мисал келтирсек жетиштүү болот. Ал талаш-тартыштарды улантсак бул жөнүндөгү азыркы гипотетикалык интерпретацияларга окшош, негизделген да, ишенимдүү да дагы бир канча интерпретациялар кошулбайт деп эч ким кепил боло албайт. Кыскасы, биз коюп отурган маселе үчүн булак таануу дегенибиз — алдыга койгон маселеден тарыхый процесстер жөнүндө ой жүгүртүү маселесинен биротоло четтеп кетүүгө алып бара турган азгырма жол.

Гимназиялык усулду алсак — бул башка кеп. Булактардан талашсыз даректерди — жалаң жана үнсүз фактыларды алалы да, аларды убакыт менен мейкиндиктин ченине салып карап көрөлү. Жаратылышты түздөн- түз байкоого алып, изилдөөсүнө керектүү материалдарды тапкан табигый илимдердин өкүлдөрү ушундайча аракеттенишет. Ушундай жол менен гана фактылар тексттен өзүнчө бөлүнүп, ички логикага ээ болот да, статистикалык мыйзам ченемдүүлүккө баш иет, окшоштуктары же айырмачылыктары боюнча өз-өзүнчө топтошуп, натыйжада аларды салыштыруу усулу аркылуу изилдөөгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Бул мамиле алдын ала баамдала баштаган тарыхый болмуштун эталону — тарыхый бир бүтүндүк жөнүндө ой жүгүртүүнү шарттайт. Бирок кайсы тарыхый бир бүтүндүк жөнүндө? Буга эми жооп табылат: окуялар менен көрүнүштөрдүн бир бүтүн тизмеги — дал ошол тарыхый бир бүтүндүк болуп саналат. Бул жерде звенолордун ортосундагы байланыштар себептүүлүк байланыштар аркылуу ишке ашырылат. Түздөн-түз байкоо салуулар бул тизмектин башталышы жана бүтүшү бар экенин көрсөттү, т.а. дүрт этип жанып, андан ары инерция менен кетүү сыяктуу көрүнүштөр бар, ал инерция чөйрөнүн каршылык көрсөтүүсү аркылуу басаңдай берет. Маданий-тарыхый мектептин бардык талашсыз байкоолору менен жалпылоолорун түшүндүрүүчү механизм дал мына ушул.

Анан да бул дүрт эткен жарык кайдан жаралат жана инерциялык процесстер эмне үчүн бири бирине таң калаарлыктай окшош болот? Буга бүткүл-дүйнөлүк концепция жооп бериши тийиш эле, бирок, тилекке каршы, тарых илиминдеги азыркы мүмкүнчүлүктөр аны баяндап жазууга гана жарактуу болуп отурат. Гуманитардык илим үчүн баяндап жазуу — жетишкендиктин чеги, ал эми философияны бетке кармап, кызыл кулактарча чечмелөө азыркы кезде эч кимди канааттандырбайт. Андыктан толук түрдө табигый илимдердин негизин колдонууга өтүп, "маданият" (тиги же бул) түшүнүгүн толуктоо жөнүндө, жогоруда сүрөттөлүп жазылган өзгөрүүлөргө дуушар боло турган материалдык субстанция жөнүндө маселе коюу гана керек.

Эсептөөнүн эки системасы

Байкоого алынган фактыны эң эле жөнөкөй жана жетишерлик түшүндүрүү үчүн аны өндүрүштүн тиги же бул жолуна негизденген кайсы бир коомдук түзүлүшкө ылайыкташтырууга аракет жасоо керек деген ой башка келет. Н. И Конрад мына ушу жолду тандап алыптыр. Бул жол аркылуу ал төмөнкү жобону сунуш кылат: "Кул ээлөөчүлүк түзүлүш кулчулук менен мүнөздөлбөйт, ал кул эмгеги элдин тарыхынын белгилүү бир этабындагы коомдук бытиенин экономикалык негизин аныктоочу өндүрүш жолунун ролун аткара турган коомдук түзүлүш менен аныкталат"[11]. Бул этапты Н. И. Конрад "античный дүйнө" же бүткүл дүйнөнүн байыркы тарыхы менен ырааттуу түрдө салыштырууга аракеттенет.

Ушундай эле жеңил-желпилик менен "Орто кылымдар" түшүнүгү — "феодализмдин калыптанышы, өнүгүшү жана гүлдөшү" катары аныкталып, болгондо да аны бүткүл Ойкуменага тиешелүү дейт. Анын аныктамасындагы

жаңы нерсе бул — ал социалдык-экономикалык категорияларды мыйзам ченемдүүлүктөрдүн чөйрөсүнө же окуялардын тизмегинин себептик-натыйжалык байланыштарына колдонууга аракеттенет. Бул туура эмес, анын себеби төмөнкүчө: тарыхый материализм теориясы династиялардын алмашуусун, аскерий ийгиликтерди, жугуштуу оорулардын таркашын же диний концепциялардын нюанстарын чагылдыруу үчүн эмес, коомдун спираль боюнча прогрессивдүү өнүгүүсүн түшүндүрүү үчүн атайын иштелип чыккан.

Коомдук өнүгүүнүн өзүнчө логикасы бар. Окуялардын ырааттуулугунун логикасы өзүнчө бир башка. Эки системанын ортосунда өз ара байланыш, ал гана эмес тетири байланыштар да бар. Так ушул байланыштын бар болуп турушу бул жерде тетири эсептөөнүн бир эле системасы эмес, эки системасы бар экенин көрсөтүүдө. Мына ошондуктан көп учурда бир эле "маданият" эки же үч коомдук түзүлүштө, же жогоруда "өткөөл мезгилдерди" талдоодо биз көрсөткөндөй, айрым учурда бир эле коомдук түзүлүштө орун алып турганы байкалат. Анан да коомдук түзүлүштөргө караганда "маданият" оголе көбүрөөк бөлөт, ошондуктан бул түшүнүктөрдүн дал келе бербестигин айтып турат. Бирок эң башкысы, бул эсептеп бөлүүнүн эки системасы бири экинчисине карама-каршы келбей, тескерисинче, бири бирин толуктап тургандыгында.

Түшүндүрөйүн. Египеттеги, Вавилондогу, Эллададагы, Индиядагы, Кытайдагы кул ээлөөчүлүк түзүлүштөрдүн мүнөзү аларды жалпы жонунан бир таксономикалык топко кошууга негиз берет. Бирок минтип айтуу алардын ортосунда генетикалык мурастоочулук же чыныгы жашап турган өз ара байланыштары болгон деп айтууга дегеле мүмкүндүк бербейт. Анткени менен аты аталган өлкөлөрдүн ар бири "маданият" катары коомдук өнүгүүсү боюнча деги эле ар башка баскычтарда турган коңшулары менен карым-катышта болуп турат. Мисалы, Афины жана Коринф өңдүү кул ээлөөчүлүк борборлор дыйканчылык жергеси Фивы, малчылык кылган Этолия жана Фессалия менен, ал гана эмес уруучулук түзүлүш четинен бузула баштаган Эпир жана Македония менен бирдикте бир бүтүндүктү түзүп турган. Бирок ушулардын баары биригип келип, байыркы гректер өздөрү бир бүтүндүк деп атаган Элладаны түзгөн. Бирок бул эмне деген бир бүгүндүк эле?

Байыркы Кытайда да так ушундай болгон! Тээ "падышачылыктардын согушу" мезгилинде чет-жакалардагы Цин жана Чу мамлекеттери Сычуандагы жана түштүк-чыгыш Кытайдагы чачыранды жаткан токой урууларын, алар менен кошо малай этносунун калдыгы юени өздөрүнө багынтып алган. Кытайлар менен алардын социалдык түзүлүштөрү башка болгон менен алардын тарыхый тагдырлары бирдей болгон. Ошондуктан аларды ар кандай коомдук түзүлүштөргө, а бирок бир бүтүндүктү түзүп турган Хан падышачылыгына кошуу керек. Анткени менен өз жерлерин кытайлардын басып алуусунан коргоп калган хуннулар кандай көз караштан албагын, кытайлардан өзгөчөлөнүп турат. Хуннуларды усундар, жарым көчмөн дилер, жарым-жартылай отурукташкан сарматтар, дыйканчылык кесип өтөгөн динлиндер менен бирдикте, бул элдердин расалык, тил өзгөчөлүктөрү боюнча ар башка болушканына карабай Евразиянын көчмөн бир бүтүндүгүнө таандык кылса туура болчудай. Эмне үчүн алар бир бүтүндүк боло алат?

Бул суроого өз изилдөөбүздүн аяк ченинде жооп берүү үчүн азырынча козгобой коё туралык. Ансыз да изилдөөбүз ушундай суроолорго жоопторду табуу үчүн жүргүзүлүп жатпайбы. Азырынча эсептөө системаларындагы социалдык жана этникалык айырмачылыктарды белгилөө менен чектелели да, маданий процесстердин маселелерине көңүл бөлөлү. Анткени, этногенез маселесин материалдык жана руханий маданияттын тарыхы аркылуу чечилишин табууга умтулуу бир нече жолу пайда болуп отурат.

Маданият тарыхы жана этногенез

Этностун ишмердүүлүгү анын акыл жана кол эмгегинен жаралган чыгармаларда, т.а. маданиятта чагылдырылгандыктан, жергиликтүү (локалдык) маданияттардын тарыхын изилдей отуруп, ал чыгармаларды жараткан этностордун тарыхын, аны менен бирдикте этногенезди да билип алууга болот деп ойлойсуң.

Эгер бул көз карашыбыз туура болсо, анда изилдөөчү өз алдына койгон маселе да өтө жөнөкөйлөнүп кетмек. А бирок этногенездин, этностордун тарыхы менен маданият тарыхынын ортосунда байланыш бар экени чын, бирок бул байланыш үч учурда тең ар бөлөк болгон көрүнүштөр менен коштолуп жүрө тургандыктан татаалдашып кетет. Анда тарыхый синтездин атайын ыкмаларын пайдаланбаса деле көрүнүп, байкалып туруучу маданият тарыхын иликтөөдөн баштайлы.

Деги, маданият жана этнос же суперэтнос деген түшүнүктөр бири- бири менен дал келишеби? Эреже боюнча айрым бир жеке учурларда гана болбосо, дал келбейт. Муну жөнөкөй эле, баарыга кеңири белгилүү Элладанын мисалынан ачык-айкын байкоого болот.

Грециянын өзүндөгү да, колониялардагы да эллиндик полистердин маданияты б.з.ч. VI—IV кылымдарда классикалык мезгилинде эле эллиндик эмес жерлерге, айталы, өзүн "эллиндик иштердин" коргоочусу жана жолбашчысы катары сезген Александрдын мезгилиндеги Македонияга да таркаган. Кийинчерээк эллин маданияты македондуктар каратып алган Жакынкы Чыгыш, Египет, Орто Азия жана Индия жерлерине, алардан сырткары эллин маданиятын Афиныдан кабыл алган Лациумга да тараган. "Эллинизм" деп аталган, т.а. эң зор суперэтнос ушундайча жаралган.

Анткени менен бул суперэтноско эллин маданиятын кабыл алган этностордун баары эле кошулуп кеткен жок. Парфяндыктар грекче сүйлөөнү үйрөнүп, өздөрүнүн падыша сарайларында Еврипиддин трагедияларын көрсөтүп, өз шаарларын эллиндик архитекторлордун планы менен тургузуп, аларды афины жана милет айкелдери сыяктуу айкелдер менен кооздогонуна карабай, "турандык"[12] бойдон, Ирандын башкаруучулары бойдон, македондуктардын, сириялык Селевкилердин душмандары бойдон кала беришти. Карфаген эллиндик полис тибинде уюштурулганы менен, анын калкы сириялыктардан жана кичи азиялыктардан айырмаланып, гректерге окшошуп кетишпеди. Ал эми римдиктер Элладаны каратып алып, өздөрүнүн этникалык жергиликтүү өзгөчөлүгүн гана сактап калышканы бөлбөсө эллин маданиятынын мураскерлерине жана сактоочуларына айланып кетишти. Эллин маданиятын алар өзүлөрүнүн бардык элеттик аймактарына, кийин Римдин саясий күч-кубаты начарлаган соң, аны европалык романдык жана герман этносторуна тараткан да ошолор болду.

Ошентип, маданияттын тарыхын изилдей отуруп, биз маданияттын этникалык чектерден дайыма ашып-ташып туруучу салты бар экенин байкайбыз. Айталы, германдар менен славяндардын тукумдары геометрияны, Аристотел менен Платондун философиялык идеалисттик системасын, Гиппократтын медицинасын, имарат куруу искусствосун — классицизмди, театрды, адабий жанрларды, юридикалык нормаларды — рим укугун, а түгүл мифологияны да өздөштүрүп алышты. Ооба, алар ал мифологиялардагы байыркы кудайларды диний мистериялардын катышуучуларынан оперетталардын каармандарына айландырышты. Эллиндер менен римдиктер алда качан жок болушкан. Мындан улам улуу маданият анын өзүн түзгөн этностон да узак жашаарын билип отурабыз. Демек, маданият жана этнос түшүнүктөрү мейкиндик боюнча да, мезгил боюнча да дал келе бербей турганы ачык болуп отурат.

Бирок маданият этностон "узак жашайт" деген терминди колдонуу туура болобу? Адамдар жараткан бардык нерселер, мейли ал техника тетиги, искусство

www.bizdin.kg
шедеври, философиялык система, саясий доктрина, илимий концепция же өткөн мезгилдердин жөнөкөй эле уламышы болобу — маданият болуп саналат. Маданият дегенибиз — ал бар болуп турган нерсе, бирок ал өз алдынча өнүгүп-өрчүп жашай албайт. Себеби ага адамдын чыгармачыл күчү жумшалбаса ал же сакталып тура берет, же бузулуп жок болуп кетет. Ошондуктан "жашай албайт" деген түшүнүк ал чыгармаларды жараткан адамдардын бүткүл ой-дүйнөсүн ээлеп алат да, алар ал чыгармаларына ар кандай укмуш көрүнүштөрдү берип, укум- тукумдары түшүнбөй, кабыл албай калчу деңгелге жеткиче көбөйтүп, жасай берет. Муну Рим империясынын олимпиялык кудайлары керектен чыгып калган сыяктуу эскирген, өз маанисин жоготкон байыркы дүйнө көз караштарынын нормаларынан кутулуу дештин ордуна, "жапайылашуу" деп атоо кабыл алынган. Б. з. I кылымында эле ал кудайлардын айкелдери бардык жолдордун тоомдорунда турганына карабай, аларга эч ким ишенбей калган болучу. Бийликтин күчүнө жана каарына туруштук бере албай тизелери титиреп, эки жүздүү, өң карама болушуп, өздөрүнүн аскер башчыларын кудайга теңеп кошомат кылышкан эллиндиктер менен римдиктер ар кайсы жөрөлгөлөрдү тутушуп, аңгырап бош калган бутканаларын сактай келишкен. Алар ал маданиятты канчалык жек көрүшсө да, аны жоготуп жиберүү коркунучу андан бетер күчтүү болгондуктан кандай да болсо сактоого аракеттенишкен. Маданиятты оорсунуп, жадап турганы менен, ансыз жашоо мүмкүн эмес экенин адамдар туюп-сезип турушкан. Ошондуктан эң эле оор кыйроолор маданияттын деңгелин түшүрсө түшүргөндүр, бирок жок кылып жибере албады. Мезгил агымы менен кайрадан жаңы жогорулоо башталып турду... Албетте, байыркы маданияттын эмес, жаңы этностун маданиятынын жогорулоосу башталды. Ал жаңы этнос өткөн маданияттын калдыктарын табышып, аларды өз керектөөсүнө ылайыкташтырып, алардан жаңы буюмдарды жаратып жатышты. Маданиятты өзгөртүүнүн схемасы мына ушундай.

Этногенезчи?.. Ал өзүнчө бир шарт. Ансыз маданиятты түзүү же кайра калыбына келтирүү дегеле мүмкүн эмес. Маданият деген адамдардын колунан жаралчу нерсе. Ал эми бул дүйнөдө этностон тышкары жашаган адам жок жана болбойт. Этностун түзүлүшү жана анын өнүгүшү, т. а. этногенез дегенибиз — бул токтоп турган тегирмендин барасына суу жибергенге окшош нерсе, ошондо гана токтоп турган тегирмендин барасы кайрадан иштей баштайт.

Этногенез — табигый процесс, демек, ал маданияттын калыптанышынын натыйжасында пайда болгон кырдаал-шарттарга көз каранды эмес. Ал ар кандай учурларда башталып, жарала берет; эгер ал өзүнөн мурдараак жаралган, бир бүтүндүктү түзгөн маданияттын тоскоолдугуна туш бөлсө, ал аны же жок кылат, же өзү ага урунуп жок болот. Эгерде ал "жердин каймакташы" менен кошо жарала баштаса, анда жаңы жаралган этнос өзүнүн жашап жана өнүгүп жаткандыгынын белгиси катарында оз маданиятын да жаратат. Бул эки учурда тең умтулуу — эч кимдин аң- сезимине баш ийбеген табигый энергиянын ооздук талбаган күчү болуп саналат. Маселени ушундай чечмелөөнүн өзү жогоруда айтылган принциптерге туура келет.

Башка да көз караш бар: "...Этносту, анын ичинде этникалык аң-сезимди түзүүчү социалдык факторлор озү менен байланыштуу болгон популяциялардын пайда болушуна алып келет, т. а. Л. Н. Гумилёв берген түшүндүрмөгө теңирден тескери болгон көрүнүш пайда болот"[13]. Ошентип, аң-сезимдин негизине бытие жатабы же бытиенин негизине аң-сезим жатабы деген талаш-тартыш келип чыкты. Маселе ушундайча коюлганда талашып-тартышууга себеп бар. Чечмелеп көрөлүк.

Ар бир окумуштуу өзүнүн логикалык жобосун иштеп чыгуу үчүн каалаган постулатты, а түгүл этностун чыныгы бытиесин аң-сезим аныктап гана тим

www.bizdin.kg
болбостон, аны жаратат деген постулатты да колдонууга укуктуу. Ооба, анын бул оюна христиан дониндегилер да, материалисттер да макул боло коюшпайт. Материалдык реалдуулукту жаратуу адамдын аң- сезимине тиешелүү деп, аны Жараткандан да жогору коюп же ага теңеп жатсаң христиан дониндегилер кантип макул болушмак эле. Ал эми материалист-философтор аң-сезимдин биринчи жаралганын айткандарга караманча каршы чыгышат эмеспи.

Ал эмес эмпирик-окумуштуулардын да бул тезис менен макул болууга укуктары жок, анткени ал тезис энергиянын сакталуу мыйзамын бузат. Кантсе да этногенез дегенибиз — иш-аракеттер аркылуу көрүнө турган процесс (физикалык мааниде). Жортуулдар жасалат, храмдар менен сарайлар курулат, ландшафттар өзгөртүлөт, түзүлгөн системанын ички жана тышкы душмандарын басып, жоготуу аракети жүрөт. Аларды ишке ашыруу үчүн энергия, болгондо да калория жана килограммометр менен ченелүүчү эн жөнөкөй гана күч талап кылынат. Эгерде аң-сезим, мейли ал этноско эле тиешелүү аң-сезим болсун, энергиянын генератору деп айта турган болсок, анда телекинездин чын экенин моюнга алышыбыз керек. А телекинез дегенин фантазияда гана болчу керемет эмеспи.

Дагы чечмелейин. Пирамидалардын чокусуна коюлган нылдай таштар этникалык аң-сезимдин күчү менен эмес, египеттик жумушчулардын кара күчү жана "бир-эки — көтөрдүк" деген кыйкырык сүрөөнү менен чыгарылган. Эгерде ал таштар байланган аркандарды мисирликтерден болок, ливиялыктар, нубиялыктар, хананеялыктар... тарткан күндө да иш башкача болмок эмес. Бул жерде аң-сезимдин ролу, этноско эмес, жеке адамга — инженер-куруучуга таандык аң-сезимдин ролу инженердин карамагындагы адамдардын күчүн билгичтик менен пайдалануудан көрүнгөн, ал эми процессти башкаруунун жана ошол процессти алдыга жылдыруучу энергиянын ортосундагы айырма ачык эле көрүнүп турат.

Өткөн мезгилдерден мураска калган ар кандай маданияттардын жана адамдардын жан багуусу үчүн ар түрдүү азык-түлүктөрдү берген ландшафттардын фонунда болуп жаткан социалдык процесстер менен ар түрдүү этнонегездерди айкалыштыруу бири экинчиси менен укмуштуудай айкалышып турган этникалык тарыхтарды түзөт. Этногенезден айырмаланып, этнос тарыхы — көптөгөн себептерге байланышкан, ар кандай таасирлерге дуушар болуучу жана ага сергек жооп кайтарып туруучу процесс. Ошону менен эле бирге этнос тарыхы маданияттар менен мамлекеттердин, социалдык институттар менен таптык күрөштөрдүн тарыхы өңдүү так даректерге ээ эмес. Анткени этногенездин фазаларынын алмашуусу менен байланышкан окуялар булактарда чагылтылбайт. Дегинкисин айтканда, этнос тарыхы — бул башка илимдерге караганда биочөйрөнүн географиясына өтө жакын турган, тарых илиминин өзүнчө бир тармагы, анын көп кырдуулугу да ушуну менен аныкталат. Муну өз мезгилинде Р. Груссе да белгилеп кеткен болучу. Ал XX кылымдын орто чениндеги тарыхый панораманы жылдыздуу асманга салыштырган. Биз ал асман-дан алда качан күйүп жок болгон, бирок жарыгы ушул кезде гана Жерге келип жеткен жылдыздарды байкайбыз, ал эми жаңы эле жаралып, жарык нуру аалам мейкиндигин аралап, Жерге жете элек, демек, жердеги обсерваториялар кабыл ала элек жылдыздарды көрө албайбыз. Окшоштуктар жөнүндө ойлорун уланта келип, Р. Груссе ислам өлкөлөрү Европанын XIV кылымдагы "треченто" курагын башынан кечирип жатат деп эсептейт. Немистердин 1940-жылы Франция басып киришин V кылымдагы Аларих менен Гензерихтин жортуулуна салыштырып, жапон аскерлерин болсо азыркы кездин аскер кийимин кийген самурайлар деп атайт. Ал эми Скандинавия, анын ою боюнча тескерисинче, келечекке карай умтулуп XXI кылымдын босогосун аттаганы турат. Мындан көрүнүп тургандай Р.

Груссе социалдык жана этникалык процесстердин өзү жөнүндө эмес, алардын сырткы түстөрүнө, т. а. маданияттагы карама- каршы кырдаалдардын кагылыштары жөнүндө кеп салат.

Ал эмес XX кылымда, ургаалдуу урбанисттик цивилизациянын шартында, франциялык чыгыш таануучу илимпоз ушунчалык зор дал келбөөчүлүктөрдү таап жаткан соң, өткөн замандарда жалпы техночойрө тарабынан анчалык жымсалданбаган айырмачылыктар оркоюп көрүнүп турган шартта маданият жаатындагы карама-каршы кырдаалдардын кагылышууларынын мааниси мындан да күчтүү болгон. Р. Груссе, "биздин башыбызга түшкөн кырсыктардын көпчүлүк бөлүгү бир эле заманда жашаган элдердин жалпы логикага жана адеп-ахлакка баш ийбегенинен жаралды' [14] деп эсептейт. Этникалык өнүгүүлөрдүн бирдей деңгелде эместиги көптөгөн согуштардын жана немистер түзгөн концентрациялык лагерлер өңүү тири укмуш мыкаачылыктын себеби болгон деп эсептейт окумуштуу. Чындыгында мамлекеттик реалдуу таламдар тарабынан акталбаган, уят-сыйыт жөнүндө ойлонулбай жасалган ушундай айбанчылыкка баруу үчүн адамдар психикалык жактан патология түрүндөгү кемчиликке ээ болушу мүмкүн. Бирок бул жеке адамга гана тиешелүү болгон, кокустан пайда болгон мыкаачылык эмес эле; ал калайык-калктын маанайын ту-руктуу түрдө бийлеп алган, жалпы этникалык мүнөздөгү чектен чыккан мыкаачылык болучу. Демек, бул биз норма катары эсептеп жүргөн түшүнүк менен сыйышпай турган этногенездин бир фазасы экен. Бирок биз оз эсебибизди мунун экинчи тарабынан баштап жүргүзө турган болсок, анда биз норма катары санагандар патология болуп көрүнүшү мүмкүн.

Эгер эле ушундай экени чын болсо, анда социалдык тарых үчүн коом-дук-экономикалык түзүлүш кандай эталон боло алса, этникалык тарыхты ченеп-өлчөө үчүн ошого окшогон кандайдыр бир эталон табуу зарыл. Бирок бул маселени чечүү дагы бир кошумча кыйынчылык менен татаалдашып кетип отурат, т. а. ал кыйынчылык этностун өзү жайгашып жашап турган географиялык чөйрө менен карым-катышында камтылып турат; ал кыйынчылык географиялык чөйрө да өзгөрүп, кээде этностун өзүнөн да ылдам өзгөрүп турушу менен түшүндүрүлөт[15]. Эми мындай учурда Каллиопа да жардам бере албайт, ал сиңдиси Ураниядан жардам суроого тийиш.

Урания жана Клио

Айрым маселелерди чечмелөөдө географияны колдонуу же толук колдоого ээ болуп, же катуу сындоолорго туш болуп келе жатат. Арийне, бир жагынан, чөлдүү талаа чарба жүргүзүүгө, маданият түзүүгө тропиктик чытырман токойлуу жерлердегиге караганда анча ыңгайсыз, экинчи жагынан, мындай мамиле "географиялык детерминизм" деп аталат. Эң алды бул түшүнүктү тактап алалы. XVII—XVIII кылымдардын көрүнүктүү ойчулдары Боден, Монтескье жана Гердер өз замандарынын илимий өнүгүүлөрүнүн деңгелдерине жараша, адамдардын ишмердүүлүгүнүн бардык көрүнүштөрү, алардын ичинде маданияты, психологиялык абалы, коомду башкаруу түрү ж.б. ар түрдүү элдер жашаган өлкөлөрдүн табияты тарабынан аныкталат деп ойлошкон. Бул көз карашты азыркы кезде эч ким колдобойт, бирок буга карама-каршы көз карашты билдирген "географиялык нигилизм" деп аталган концепция этностун тарыхында географиялык чөйрөнүн таасирин деги эле жокко чыгаргандыктан, муну да дурус деп айтыш кыйын.

Ошентсе да маселени башкача коюп көрөлү. Албетте, социалдык-экономикалык түзүлүштөрдүн өзгөрүп турушуна географиялык чөйрө таасир бере албастыгы талашсыз, а бирок кылымдарга созулган кургакчылыктар же

ички деңиз, көлдөрдүн (Каспий) бирде жээгинен чыгып ташып, бирде тартылып турушу, ага жанаша жайгашкан региондордо чарба жүргүзүүгө таасир тийгизе албайбы?[16] Мисалы, Каспий деңизинин суусунун 18 м көтөрүлүшү VI—XIV кылымдарда түштүктөгү тоолуу жээктерге анча кесепети тийбегени менен, түндүктө Хазариянын эли отурукташкан зор аянттары суу алдында калган. Бул табигый кырсык, бир жагынан, Хазариянын чарбасын бүлүнтүп, хазарларды мекенин таштап, Дондун жана Орто Эдил жээктерине жайгашууга мажбурласа, экинчи жагынан, 965-жылы Хазар кагандыгынын орустар тарабынан талкалашына алып келген[17]. Буга окшогон окуялар тарыхта өтө эле көп.

Чагымда, физикалык географиянын этникалык тарыхка тийгизген таасирин жөн гана аныктоо керек болуп отурса, анын ордуна бул "географиялык детерминизм" деген пайдасыз жалаа жабуулар орун алууда; алар жада калса географияны жакшы билгендикти да "географиялык детерминизм" деп түшүнүшөт. Жан кейиткен мындай абалдын жаралыш себебин география тарыхчысы В. К. Яцунский мындайча түшүндүрөт: "Тарыхчылар географияны начар билишет же тескерисинче, географияны өтө мыкты өздөштүрүп алышат"[18]. Бул эми, анча чоң кемчилик эмес! Баарынан жаманы, "географ географиялык изилдөөлөрүн четке жылдырып, тарых менен алпурушуп кирген кезден тартып табият таануучу эмес, тарыхчы бөлө баштаганында". Мында тарыхта да, географияда да ийгиликтин болушу мүмкүн эмес экени айдан ачык. Ошентип, ийгиликсиздиктин түпкү себеби "ачылды", көрсө ал ийгиликсиздиктин себеби маселени коюунун жана изилдөөнүн усулунун иштелип чыкпагандыгында экен. Андыктан аны иштеп чыгуу зарыл.

Тарыхчы ишин аяктап бүткөн чекит этнолог жана географ үчүн иштин башталыш чекити болуп саналат. Андан ары изилдөөдө же коомдун ички өнүгүүсүнүн (социалдык коомдук түзүлүштөр), же окуялардын өз логикасынын (саясий ишмерлердин жеке аракеттери) чөйрөлөрүнө тиешеси бар жана себептери мурдатан белгилүү болгон окуяларды чыгарып салуу зарыл. Бул көрүнүштөрдү география менен байланыштыруунун кажети жок. Ошондо этногенез жана миграция чөйрөлөрү гана калат. Мына ушунда гана адамзат коому менен табияттын өз ара байланышынын таасир күчү байкалат. Ал байланыш айрыкча жөнөкөй, натуралдык товардык чарба жүргүзгөн жерде айкын-ачык көрүнөт. Мындайда өндүрүш жолу урууну же элди бакканга жараган территориянын табигый шарттарындагы экономикалык мүмкүнчүлүктөр аркылуу аныкталат. Чарбанын түрү ландшафтка ылайыкталып тандалып алынат да, ал бара-бара жаны жаралган этникалык бир бүтүндүктүн маданиятынын жаралышына негиз болот. Кийинчерээк бул этнос башкаларга кошулуп кеткенде, башка жактарга ооп кеткенде же коңшу уруулар тарабынан тукум курут болгон учурда да, ал замандардын коонорбос эстеликтери — археологиялык маданият сакталып кала берет. Алар аркылуу байыркы элдин мүнөзүн, ага байланыштырып ал эл жашаган доордун табигый шарттарын баамдоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ошолордон улам биздин көбүн эсе физикалык- географиялык шарттарга байланышкан окуяларды саясий мүнөздөгү тарыхый окуялардан өзүнчө бөлүп алууга мүмкүнчүлүгүбүз бар.

Жер бетинде жашаган элдердин баары өздөрү жайгашкан ландшафттын табиятынын эсебинен тиричилик улайт. Ландшафттар ар түрдүү көрүнүштө болгондуктан элдер да ар түрдүү келет. Бирок алар же антропогендик рельефти түзүү же өсүмдүктөрү менен жаныбарлар дүйнөсүн кайра түзүп өзгөртүү жолу мененби, эл өзү жашаган же өзүнүн карамагында турган ландшафтты канчалык катуу өзгөртүп жиберишкен күндө да, баары бир территориянын табияты берген азык-түлүк менен тамактанууга мажбур болот. Бирок дүйнөдө өзгөрбөс нерсе жок, демек, ландшафттардын табияты да өзгөрүп турат. Алар да этностор өндүү

өздөрүнүн өнүгүү динамикасына, т. а. оз тарыхына ээ. Ал эми адамдардын таасир этүүсүнөнбү, аба ырайынын өзгөрүшүнөнбү, жаны тектоникалык процесстерденби, же жугуштуу оору таратып, кыргын түшүргөн микробдор-донбу, айтор, баары бир кандайдыр бир кырсыктардан улам болбосун ландшафт таанылгыс болуп өзгөргөн учурларда адамдар же ошо жаңы шартка ылайыкташып жашашы, же тукум курут болушу, же башка өлкөгө көчүп кетиши турган иш. Мына ушинтип биз миграция маселесине да жакындап келдик.

Ландшафттын табиятынын өзгөрүшү — миграциянын бирден бир себеби болуп эсептелбейт. Миграция элдин саны кескин көбөйүп кеткенде, а кээде коомдук силкинүүдөн улам да жаралат, бирок мында миграция биринчи учурдагы дан мүнөздөрү жагынан айырмаланып турат жана аларды чаташтыруу мүмкүн эмес. Канткен күндө да жер которуп келгендер өз мекендегиги окшош шартты табууга умтулат. Айталы, англиялыктар аба ырайы мелүүн болгон, кой өстүрүүгө ыңгайлуу жерлерге, айрыкча Түндүк Американын, Түштүк Африканын, Австралиянын түздүктөрүнө жан-дили менен көчүп келишкен. Тропиктик райондор аларды кызыктырган эмес. Ал эми ал жерлерге барып жашагандар колониялык чиновниктер жана соодагерлер катарында жашашкан, тагыраак айтканда, алар табият эсебинен эмес, ал жерде жашаган элдердин эсебинен жашап турушкан. Бул да миграция, бирок таптакыр башка мүнөздөгү миграция. Испандар тропиктик токойлорго көңүл бөлүп койбой, аба ырайы ысык жана кургак жерлерди колонияга айландырышкан. Алар ацтектердин зор күчүн кыйратып, Мексиканын бөксө тоолорун өздөштүрүп алышат. Андан алыс эмес Юкатандагы тропиктик токойлордо жашаган майялар сакталып калышты жана "расалар согушунда" Мексиканын өкмөтүнө каршы салгылашып, өз эгемендүүлүктөрүн сактап калышты. XI кылымда якут эли Лена дарыясынын өрөөндөрүнө ооп келишип, ал жерде Байкалдын жээгиндеги өздөрүнүн мурдагы көнүмүш турмушун улантууга аракеттенишип, жылкы багып өстүрүүгө киришишет, бирок алар тайгаларга жолобой, ал жерлерди эвенкилерге ыйгарышкан[19]. Орустун жер которуучулары да XVII кылымда бүткүл Сибирди басып өтүшүп, тайганын токойлуу-талаалуу жерлерине, дарыялардын жээктерине, т. а. өздөрүнүн ата-бабалары этноско айлангандан бери жашап көнгөн жерлерге окшош чөлкөмдөргө отурукташкан. Так ушундай эле мүнөздө украиндар XVIII—XIX кылымдарда мурдагы "Жапайы талаанын" мейкиндиктерин "өздөштүрүштү. Ал эмес, биздин эле мезгилибизде өз мекенин таштай качышкан тибеттиктер гүлдөгөн Бенгалияга караганда тоолуу Норвегияны артык көрүштү. Өз колониясын алар Осло шаарында негиздешти.

Зор миграция — бул тарыхый эле эмес, географиялык да көрүнүш. Анткени ал ар дайым антропогендик ландшафтты кайра куруу менен тыгыз байланыштуу болуп турат. Ошентип, биз алдыбызга койгон маселенин чечилишин издеп табууга көмөк болуучу тарыхый географиянын чегине жетип келдик. Анда ал бизге эмне берерин байкаштырып көрөлү.

Төртүнчү бөлүк

ГЕОГРАФИЯДАГЫ ЭТНОС,

МЫНДА АДАМДАРДЫ КУРЧАП ТУРГАН ТАБИЯТ МЕНЕН ЭТНОСТУН ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ КАРЫМ-КАТЫШЫ БАЯНДАЛЫП, КЕЛТИРИЛГЕН БАРДЫК МИСАЛДАРДЫН МАСЕЛЕНИ ЧЕЧҮҮ ҮЧҮН ЖЕТИШСИЗДИК КЫЛГАНЫНА ӨКҮНҮЧ БИЛДИРИЛЕТ

XIV. КӨМКӨРҮЛГӨН МАСЕЛЕ

Этнос — табигый көрүнүш

Ошентип, биз койгон маселеге тиешелүү илимий тармактардын баарын карап чыкканыбыз менен, алар бизге канааттандырарлык жооп таап бермек түгүл, чындыкты андан ары издөө үчүн жол белгилеп да бере албайт. Муну "айла жок"

www.bizdin.kg
деп алаканды жайып отуруп калуу катарында кароого болобу? Жок. Бул оңой-олтон бүтүрө салчу маселе эмес! Коюлган маселелерди чечүүгө жарай турган изилдөөнүн жаңы жолун табышыбыз ыктымал. Аны биз баштап да койдук: өзүнүн ар бир учурда ар башка болгон ички түзүлүшүнө жана жүрүш-туруштун динамикалуу стереотибине ээ болгон, өзүн өзүнө окшош башка бардык жамааттарга карама- каршы койгон адамдардын туруктуу жамааты болгон "этнос" түшүнүгү цивилизацияны алып жүрүүчү адам менен табияттын өз ара байланышы жөнүндөгү проблемага кошо киргизилип олтурат. Дал ошо этникалык жамааттар аркылуу адам менен табияттын байланышы ишке ашырылат, анткени этностун өзү — табияттын көрүнүшү болуп саналат.

Этнос, чын-чынына келгенде, өзү жайгашкан географиялык чөйрөдө жаралып, өнүгүп, анын өзгөрүшүнө байланыштуу жоголуп турушу керек эле. Чөйрө да өтө тез өзгөрүлмөлүү келет. Узак мезгилге созулган кургакчылык же тетирисинче, өтө нымдуулук ар кайсы региондордо белгиленген, ал эми ландшафттардын өзгөрүшүнө таасир тийгизүүчү климаттык чукул өзгөрүүлөрдүн ургаалдуулугу жана алардын өз ара байланыштуулугу Жер жүзүнүн ар кайсы райондорунда ар башка келет. Андыктан тарыхый окуяларды аба ырайынын өзгөргөндүктөрүнө, климаттык термелүүлөргө түздөн-түз байланыштыруу ийгиликке алып келбейт. Муну Франциянын жана анын чет-жакаларындагы өлкөлөрдүн тарыхын изилдеген окумуштуу Э. Леруа Ладюри далилдеп салды[1]. А бирок башка бир нерселер аркылуу болуп туруучу татаал байланыштар болорлугун табууга болот. Буга француз тарыхчысынын өтө эле сынчыл көз карашынан четтеп, биз жогоруда сунуш кылган усулду колдонуу менен жетишсе болот.

Европанын жумшак климатында ландшафттардын айырмачылыгы анча билинбейт, ал эми континенталдык климаттын шартында жана кеңири мейкиндиктерде ал айырмачылыктар өтө кескин байкалат. Аны ачып көрсөтүү үчүн биз ар кандай географиялык чөлкөмдөрдө жашаган көчмөн элдердин саясий түзүлүшүн индикатор катары колдоно алабыз. Баса, муну биз жогору жакта ландшафттардын түзүлүшүндө климаттык процесстердин динамикасын аныктоо үчүн пайдаланбадык беле[2]. Эми биз тарыхый-географиялык райондоштурууга көңүл бөлөлү, т. а. Евразияда жашаган саясий системалардын классификациясын ал жактагы этностордун турмуш-тиричилигинин түрлөрү катары карап көрөлү.

Айталы, ар кайсы элдердин саясий системалары алар жашаган өлкөлөрдүн чарбачылык системалары менен тыгыз байланыштуу болгон. Бул жерде биринчи кыйынчылык жаралууда: б. з. ч. IX кылымдан баштап, б. з. XVIII кылымына дейре Евразиянын талааларында өндүрүштүн бир гана жолу — көчмөн мал чарбачылыгы жашап турган. Буга байланыштуу биз, эгерде жалпы мыйзам ченемдүүлүктү эч өзгөртүүсүз пайдалана турган болсок, анда көчмөн коомдор бирдей окшош түзүлүшкө ээ жана бардык ар кандай прогресстен четте тургандыктан аларды жалпылап мүнөздөөгө гана татыктуу, ал эми айрым бир айырмачылыктарды уруулук өзгөчөлүктөргө тиешелүү нерсе деп ойлоого болот. Ушундай ой XIX кылымда жана XX кылымдын башында аксиома катары кабыл алынган болучу, бирок топтолгон фактылай материалдар, акыры, андай ойдун туура эмес экенин далилдеп отурат[3]. Жайыт аянттары менен малдын башынын жана элдин санынын ортосундагы өз ара катыш туруктуу сакталып келгенине карабай, евразия талааларында коомдук-саясий системалардын окшоштуктарынын көлөкөсү да болгон эмес. Өзүнүн 3 миң жылдык жашоосунда көчмөн маданият Жер Ортолук деңизинин жээктериндеги жана Ыраакы Чыгыштагы өлкөлөрдүкүнөн кем эмес жаркын жана көрөсөндүү чыгармачыл эволюцияны башынан кечирди. Канткен менен жергиликтүү шарттар көчмөндөрдүн тарыхын бир кыйла башкача түскө боёду. Андыктан биздин алдыбызда ал көчмөн жана дыйканчылык коомдорунун системаларынын

ортосундагы окшоштук элементтерин баамдап гана тим болбостон, алардын айырмачылыктарын табуу жана себептерин ачып көрсөтүү милдети турат.

Баарынан мурда география (экономикалык географияны кошпогондо) жана анын курамына кирген этнология — табият илими, ал эми тарых — гуманитардык илим экенин белгилеп кетебиз. Ошондуктан илимпоз изилдөөчү этногенезди (этностордун жаралышын жана жоголушун) биочөйрөдө (Жердин бир катмары катары) өтүүчү табигый процесс катары карап иликтөөдө географиянын усулдарын колдонот, ал эми региондун этникалык тарыхын түзүүдө тарых илиминин салт болуп калган усулдарын пайдаланат да, аларга географиянын маалыматтарын кошот, т. а. албетте, мектепте белгилүү болгон нерселерди эмес, азыркы илимдин жетишкендиктерин, болгондо да антропогендик биоценоздун жергиликтүү өзгөчөлүктөрү, адамдын кулк-мүнөздүк белгилерин гана өзгөртүүчү микромутациялар жана миграциялык процесстер менен байланышкан сукцессиялар жөнүндө маселелер камтылган географиялык маалыматтарды кошумчалайт. Эгерде этносту "социалдык категория" катары карай турган болсок, анда этностордун өнүгүшү үчүн географиялык факторлор "мааниге ээ болбой калат"[4]. Автордун бул тезисинин тантырак экени анын өзүнө да айдан ачык белгилүү, анткени ал төмөндө мындай деп жазат: "географиялык факторлор этникалык айрым жалпылыктардын өнүгүшүн же өтө жайлатып салышы, же тескерисинче, тездетип жибериши мүмкүн болгон"[5]. Эгерде биз анын акыркы, туура ой-пикирин кабыл ала турган болсок, анда алдын ала белгиленген шарт боюнча этнос дегенибиз социалдык жалпылык эмес болуп чыгат.

1890-жылы 21—22-сентябрда Й. Блохко жазган катында Ф. Энгельс мындай деген: "...тарыхты материалисттик түшүнүүгө ылайык тарыхый процессте акыры түүбү келип эле чыныгы жашоо-турмушту өндүрүү аныктоочу нерсе болуп саналат. Мен да, Маркс да мындан башкача айткан эмеспиз. Эгерде кимдир бирөөлөр бул жобону өзгөртүп, экономикалык момент жападан жалгыз аныктоочу момент болуп эсептелет десе, анда ал бул ой-пикирди эч нерсени түшүнбөгөн, абстракттуу, маанисиз сөзгө айлантып салат"[6]. Бул тезиске ылайык, биз этногенездин ар кандай түздөн-түз байкалып турган процесси социалдык аспект менен катар табигый аспектиге да ээ деп айта алабыз.

Биоценоз жана адам

Омурткалуулардын бардык түрлөрүнө өзүн жана өз түрүн сактап калуу инстинкти таандык. Мына ошондуктан алар көбөйүүгө жана тукум өстүрүүгө, ал жөнүндө камкордук көрүүгө, мүмкүнчүлүк болушунча зор аянттарга тароого жана чөйрөгө ылайыкташууга (адаптация) умтулушат. Анткени менен ылайыкташып алуу чексиз боло бербейт. Көпчүлүк убакта жаныбарлар өз укум-тукумдары ылайыкташып жашап келген, жер бетиндеги белгилүү бир аймактарда гана жан багат. Аюу чөлгө жолобойт, кундуз бийик тоого чыгып кете албайт, коён балык кармоо үчүн сууга секирип түшпөйт.

Анан да жер тилкелеринин жана жер алкактарынын климаттык айырмачылыктары да зор чектөөлөрдү коёт. Тропикте жашоочу жаныбарлардын түрлөрү түндүк кеңдиктерде жашай албайт, тетирисинче, муздак жердегилер ысык жерге чыдай албайт. Ал гана эмес, сезондуу миграциялардын учурунда да жаныбарлардын жер ооп кетиши табигый шарттардын мүнөзүнө байланышкан белгилүү гана жолдор аркылуу жүрөт.

Адам гана мындай шарттуулукка баш ийбейт. Бир эле түргө тиешелүү экендигине карабай, адам баласы планетанын бардык кургактыктарына тарап кетти. Муну менен ал ылайыкташууга өтө жөндөмдүү экендигин көрсөттү. Ушул

жерде биз биринчи кыйынчылыкка туш келебиз: эгерде алгачкы коомдун адамы, айталы, мээлүүн алкактагы токойлуу тилкелерде жашоого ылайыкташып жашаса, анда неге ал көнгөн тамак-ашы,ыңгайлуу шарты болбогон тропиктик токойлорго жана чөлдөргө кетип калды? Ар бир жаныбар өзүнө тиешелүү гана геобиоценозго (жашоо чарбасы) кирет, т. а. "жашоо шарттын бир бүтүн жалпылыгы менен тарыхый, экологиялык жана физиологиялык жактан байланышкан түзүлүштөрдүн мыйзам ченемдүү комплексине кирет. Көркөмдөп айтканда, биоценоз дегенибиз — бул жаныбардын өз үйү. Өз үй, өлөң төшөктү таштап кетүүнүн кандай кажети бар?

Биогеоценоз — татаал система; ал бири бирине "азык болуп" турган жана башка да жашоо тиричиликтери аркылуу байланышкан өсүмдүктөрдөн жана жаныбарлардан түзүлөт; ал жерде бир түр экинчи бир түрдү жеп, жашоо улана берет, ал эми эң жогорку чектеги звенодо турган ири жырткыч же адам өлгөн соң денесин кечээ өзүн тамактандырган өсүмдүктөрдү азыктандырууга берет. Белгилүү бир биоценозго толук ылайыкташып алган түр бир катар озгочолүү белгилерге ээ болот, бирок эволюциянын кайра жанбас мыйзамына ылайык түр ал белгилерден ажырай албайт. Ушулардын баары адамдарга да тиешелүү, бирок адам ал кыйынчылыктарды жеңип, бүткүл Жер бетине тарап кетти. Арийне, адам башка жаныбарларга, түрлөргө караганда өзүнүн ыңгайлашып алууга болгон жөндөмүнүн төмөн болгондугунан улам ал зор ийкемдүүлүк сапатка ээ деп айтуу жарабайт. Адамдын ыңгайлашуу (адаптация) жөндөмү да күчтүү.

Ар бир чоң биоценоздо адам өзүнүн ордун бекем сактайт. Жаңы региондорго оошуп барган учурда ал өз организминин анатомиясын же физиологиясын өзгөртпөйт, ал жүрүш-туруш адаттарын гана өзгөртөт. А бул болсо адам жаңы этносту түздү дегенди билдирет. Туура, бирок мунун ага кандай кереги бар? Же тагыраак айтканда, антүүгө ага эмнелер түрткү болуп жатат? Эгерде биз буга жөнөкөй гана жооп берип койгонубузда баш катырып отурган маселебиз алда качан чечилип калмак. Кантсе да биз мында, маселени чектеп салуучу негативдүү гана жоопторду берүү менен чектелүүгө аргасызбыз.

Мында биологиялык, тагыраак айтканда, зоологиялык себептер буга кирбейт, эгерде ал зоологиялык себептер бар болуп турганда анда адамдан башка айбанаттар да ошондой иштешмек. Өз табиятын аң-сезимдүү түрдө өзгөртүү дегенибиз болбогон кеп. Социалдык шылтоолор буга себепчи болгондо, сөзсүз түрдө өндүрүш ыкмаларын, т. а. коомдук түзүлүштөрдү алмаштыруу менен байланыштуу жүргүзүлмөк, бирок андай болгон жок. А түгүл, көндүм, жашоого ылайыкташтырылган "орунтуктуу" чөлкөмгө милдеттүү түрдө көнүгүүнүн зарылдыгы К. Маркстын "Аргасыз эмиграция" деген макаласында белгиленген. Баса, ал макалада көчмөндөр жөнүндө мындай саптар бар: "Варвар болууну улантуу үчүн алар аз сандуу бойдон калышы керек болучу. Алар малчылык, аңчылык жана согуш менен күн өткөрүшкөн уруулар эле. Алардын өндүрүш ыкмасы уруунун ар бир мүчөсү үчүн кенен территориялардын болушун талап кылган[7]. Мындай жашоо азыр да (XIX кылымдын орто чени — Л.Г.)
Түндүк Америкалык индейлерде учурайт. Бул уруулардын калкынын санынын өсүшүнө байланыштуу алар бири биринин өндүрүш үчүн зарыл болгон территорияларын кыскартууга алып келди[8]. Маркстын оюн улантып, Энгельс ар кайсы уруулардын өнүгүш деңгелдери алардын тамак- ашы менен түздөн-түз байланыштуу болорлугун көрсөтөт. Анын ою боюнча, "арийлер менен семиттердин этти жана сүттү тамак-ашына көбүрөөк пайдаланышын, ал тамактардын балдардын өсүшүнө өзгөчө таасир бергенин эске алсак, анда ал бул эски расанын бир топ мыкты өнүгүшүнө түрткү болгондой. Чындыгында, дээрлик жалаң өсүмдүк азыктары менен тамактанышкан Жаңы Мексиканын пуэбло

индейлеринин мээлери, варварчылыктын эң төмөнкү тепкичинде турган жана көбүн эсе эт жана балык жешкен индейлердикинен кичирээк"[9].

Коомдук түзүлүштордүн алмашуусуна географиялык

чөйрө таасир этпейт

Ошентип, ландшафттын этноско түздөн-түз же кыйыр түрдө таасир көрсөтөрү ишенимдүү аныкталды. Анткени менен глобалдуу масштабдагы ички өнүгүүгө — материя кыймылынын коомдук түрүнө ал чечкиндүү таасир тийгизе албайт. Бирок ландшафт этникалык процесстерге мажбурлоочу таасир бере алат[10]. Италияда жашаган бардык элдер: этрускилер, латындар, галлдар, гректер, сириялыктар, лангобарддар, арабдар, норманддар, швабдар, француздар — бара-бара, эки-үч муундардын аралыгында эле мурдагы келбеттерин жоготуп, тарыхый мезгил ичинде эволюцияланган, түзүлүшү жана турпаты, кыял-жоругу ар башка мозаикалуу этнос болгон италиялыктардын калың тобуна сиңип кетти. Бардык жер- де ушундай болгондугу сюжеттин изилденишинин даражасына жараша аздыр же көптүр ачык эле көрүнүп турган. Андыктан биз этносторду социалдык прогресстин функциясы катары эмес, оз алдынча феномен катары изилдөөгө тийишпиз.

Адамзаттын пайда болуп калыптанышы башка жаныбарлар сыяктуу эле табияттын таасирлерине гана байланыштуу болбостон, ошондой эле техниканын жана социалдык институттардын өзгөчө түрдөгү ичтен өнүгүшүнө да байланыштуу[11]. Иш жүзүндө өнүгүүнүн эки багытынын интерференциясын байкайбыз. Демек, коомдук түзүлүштөр аркылуу жаралуучу коомдук-экономикалык өнүгүүлөр географиялык чөйрөлөрдүн койнунда өтүүчү этногенездерге, дискреттик процесстерге окшошпойт. Адамдар бир эле учурда жашап турган географиялык жана техногендик чөйрөлөрдүн ортосундагы айырмачылыктарды С. В. Калесник эн сонун ачып көрсөткөн. Географиялык чойрө адамдын кийлигишүүсүз эле жаралып, өз алдынча өнүгүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон элементтерин сактап кала алды. Техногендик чөйрө адамдын эрки жана эмгеги аркылуу жаралган. Анын элементтери кол тие элек табиятта учурабайт жана өз алдынча өнүгө да албайт. Алар бузулууга гана жөндөмдүү. Техно жана социо чөйрөлөр деги эле географиялык чөйрөгө тиешеси жок болгонуна карабай, алар ар дайыма аны менен бирге аракеттенишет[12]. Дал ушул принцип изилдөөнүн пайдубалына биз тараптан коюлуп отурат.

Адамдын табият менен күрөшү

Адамдын жогоруда белгиленген ыңгайлашууга жөндөмдүүлүгү ата-бабаларына салыштырганда жогору болгону адамды башка сүт эмүүчүлөрдөн айырмалап турган өзгөчөлүктөр менен байланыштуу. Адам ландшафттын шартына көнүп гана тим болбостон, аны өз керектөөсүнө жана муктаждыктарына ылайыкташтырып алат. Демек, анын ар кандай ландшафттарга барып жашай алгандыгына анын ыңгайлашууга болгон жөндөмдүүлүгү эмес, чыгармачылык жөндөмдүүлүгү мүмкүндүк берген. Бул ансыз да белгилүү нерсе. Бирок көп учурда бүткүл адамзаттын гана эмес, жеке адамдын да чыгармачыл умтулуулары мезгил-мезгил менен пайда болуп турганы жана ал ар дайым эле оңдуу жыйынтыктарга алып келбегени, демек, адамдын ландшафтка тийгизген таасири дайыма эле жагымдуу боло бербегени көз жаздымда калып келген. Б. з. ч. III кылымда шумерлер Тигр менен Евфрат дарыяларынын ортосун кургатып, эгин

айдоо үчүн каналдарды курушкан, мындан 4 миң жыл илгери кытайлар Хуанхэ дарыясына дамбаларды кура башташкан. Биздин замандын башталышы ченде чыгыш ирандыктар жер астындагы сууларды сугат ишине пайдалануу үйрөнүшкөн. Пөлинезиялыктар өздөрү жашаган аралдарга Америкадан таттуу картөшкөнү (кумара) алып келип өстүрүшкөн. Европалыктар картөшкө, тамеки, помидорду дал ошолордон алып келип эгишкен, ошондой эле бозомтук спирохетаны — котон жара оорусунун козгогучун да ошол жактан алып келишкен. Евразия талааларында палеолит доорунда аңчылар мамонтторду кырып жок кылып жиберишкен[13]. Эскимостор болсо Беринг деңизиндеги уй-балыктардын тукумун соолутушкан. Маорийлер Жаңы Зеландияны мекендеген мао кушун кырды, арабдар менен перстер аңчылык кылып жүрүп Алдыңкы Азиядагы арстандардын тукумун үздү, америкалык колониячылар жарым кылым (1830—1880) ичинде эле бизондор менен саякаттап жүрүүчү көгүчкөндөрдү[14], ал эми австралиялыктар болсо капчыктуу жаныбарлардын бир нече түрүн кырып жок кылып жиберишти. Жаныбарларды кыруу XIX—XX кылымдарда кадимки кырсыктуу көрүнүшкө айланганын зоологдор менен зоогеографтар ушунчалык көп айтып, жазып жаткандыгына байланыштуу биз бул темага токтолбой эле коёлу. Ошентсе да адам баласынын табиятка жырткычтык менен мамиле жасашы бардык коомдук түзүлүштөрдө учурагандыктан, муну социалдык прогресстин өзгөчөлүктөрү катарында кароо болбостур. Деги эле бардык коомдук түзүлүштөрдө адам баласы табиятты бузуп, ага зыян келтиргени белгилүү. Кейпи, бул ага тиешелүү касиет болсо керек. Арийне, адам өзүнүн мындай зыяндуу иштерин ар мезгилде ар башкача жасап келген. Бирок бул айырмачылыктар процесстин жалпы багытына эмес, айрым көрүнүштөргө гана тиешелүү болгон.

Табият өзүн-өзү сактоо үчүн күрөшө алат. Айрым өсүмдүктөрдүн назик сабактары таштан курулган пайдубалдарды, асфальтталган жолдорду жарып чыгат. Айрым жаныбарлар да антропочөйрөнү өзүнүн өсүп-өнүгүшү үчүн пайдалануга жөндөмдүү. Айталы, бизондорду жок кылып, келберсиген талаалардын биоценозунда алардын ордуна койлорду жана жылкыларды (мустангалар) багып өстүрүү, ылаңдаган бизондорду, бугуларды жана кемирүүчү жаныбарларды жеп жан сактаган чоң көк бөрүлөрдүн санын кыскартты. Алардын саны кыскарганга байланыштуу бугулардын саны да кескин азайды. Анткени алардын ылаңы биринен экинчисине жугуп, эпидемияга айланып кеткен. Кемирүүчүлөр да бизондордон калган жайыттарда тулаң чөптү койлор менен тең бөлүшүп, көбөйүп кеткен. Кемирүүчүлөр көбөйгөн сайын, аларды жана коргоно албаган койлорду жеп, тамактанган койоттор көбөйө баштайт. Талаалардын табияты биоценоздун түзүлүшүн бузуу аркылуу кайра калыптанган.

Картөшкөнүн тарашы колорад коңузунун көбөйүшүнө алып келди, ал Кордильерден Атлантикага чейин жетип, андан Европага өтүп келди. Англиянын соода кемелери Полинезияга келемиштерди жана, баарынан кейиштүүсү, чиркейлерди кошо жеткиришти. Мунун кесепетинен адамдар өздөрү эми деңиз жээктеринде гана — удургуп шамал соккон жерлерде гана жашап калышты. Ал эми Австралияга коёндорду, Мадейрага эчкилерди алып келүү кандай кесепеттерди жаратканы баарыга белгилүү. Ошентсе да табияттын кайра калыбына келүү фактылары адамзаттын социалдык тарыхындагы бурулуш мезгилдери менен дал келбейт. Деги бул эки мыйзам ченемдүүлүктөрдүн ортосунда себептик же функционалдык өз ара багыныңкылык барбы? Байкоого караганда андай багыныңкылык жок. Себеби, адамдын ландшафтка чабуулун жөнөкөй турмуштук маанисинде (жакшылыкка умтулуу) да, илимий мааниде (жөнөкөйлүктөн татаалдыкка өсүү) да "прогресс" деп атоого мүмкүн эмес. А эгер мындай болсо, анда табияттын айрым бузулуштарына ар кайсы этносторду

мүнөздөп туруучу жүрүш-туруштун чапчаң мүнөздөгү адаттары гана күнөөлүү. Ушинтип, сыйпалай жүрүп отуруп, кейпи, өз баяндообуздун маңызына жакындап калдык көрүнөт.

Социум, политийя жана этнос

Ар бир адамдын тиги же бул коомдук топко кирери талашсыз нерсе. Социалдык өнүгүүнүн кайсы бир баскычында турбаган, уруунун, ордонун, мамлекеттин, жамааттын, кошуундун жана ушулар сыяктуу бирикмелердин мүчөсү болбогон бир да адам болгон эмес, сыягы, болбойт да, ошондой эле этноско тиешелүү болбогон адам да жок. Социалдык, саясий жана этникалык жамааттардын айырмачылыктарын узундук, салмак, температура ченемдеринин айырмачылыктарына окшоштурса болчудай.
Башка сөз менен айтканда, бул көрүнүштөр бирин бири көштөй жүрөт, бирок салыштырылгыс көрүнүштөр болуп саналат.

Тарыхый географиянын мүмкүнчүлүктөрү да чектелүү. Аскер башчыларынын, реформаторлордун жана элчилердин аракеттеринен географиялык себептерди табууга умтулуу дегеле кажетсиз нерсе. А бирөк коюлган маселенин талабына этникалык жамааттар толук жооп бере алат. Адамдардын табият менен болгон өз ара байланышы тээ алгачкы мезгилдерде эле эмес XX кылымга чейин ачык-айкын байкалып келген.

Жогоруда белгиленген өнүгүүнүн үч багытынын өз ара катышын, айталы, Англия менен Франциянын мисалында көрсөтүү оңой болчудай. Себеби, бул өлкөлөрдүн өткөн тарыхы кеңири изилденип, такталгандыктан булактарга, библиографиянын түпкүрлөрүнө кайрылуу талап кылынбайт. Социалдык жактан бул эки өлкө тең бир канча коомдук түзүлүштөрдү, атап айтканда, римдиктер каратып алганга чейин кельттер — уруулук түзүлүштү; Галлиядан үч кылымга артта калганына карабай Британия Рим империясынын курамында турганда — кул ээлөөчүлүк түзүлүштү; феодализмди жана эң акырында капитализмди башынан өткөрүштү, бирок бул жолу Франция жүз жыл артта калды. XX кылымда жашаган адамдарга Ла-Манш кысыгы бөлүп турган бул эки эл саясий жактан алганда классикалык этнотерриториялык бир бүтүндүктөй жана алар илгертен эле ошондой болгондой жана башкача болушу мүмкүн эместей сезилет.

Бизди кызыктырган территория ландшафттык үч тилкеден турат: суб-тропиктик — Франциянын түштүгү, токойлуу тилке — түндүк Франция жана түштүк Англия жана суббореалдуу тилке — Шотландия менен Нор-тумберленддин жайкышы жашыл өңүн өчүрбөгөн, чекенделүү талаалары. Ар бир ландшафт өзүнө келип жашай баштаган адамды бул жердин өзгөчө шартына ылайыкташып жашоого мажбурлайт жана так ушундай жол менен белгилүү бир жалпылык пайда болот. Мисалы, Рона дарыясынын куймасына жакын жерлерде жашаган кельттер жүзүм өстүрүшкөн; бул аймактарга рим колонисттери I—IV кылымдарда, жоокер мүнөз бургунддар V кылымда, арабдар VII кылымда, каталониялыктар XI кылымда келишкенине карабай жергиликтүү элдин кесибин улантышкан. Эмгектин жалпылыгы менен шартталган турмуш-тиричиликтин бирдейлиги тил менен адеп-ахлакты жакындатып, теңдештирип салды. Азыркы учурда өз алдынча жашап жатышкан каталониялыктар, провансалдар жана лигурийлер XII кылымда бир элди түзүшкөн. Алардын биримдигин бузуу үчүн катуу кыргын салган Албигой согушу керек болду. Бирок ага карабай түштүк французлар XIX кылымга чейин жалаң провансал тилинде сүйлөшкөн. Чанда гана адамдарды кошпогондо алар француз тилин деги эле билишкен эмес.

Балыкчылардын тукумдары болгон норвегиялык викингдер Нормандияга келгенден бери эки муун аралыгында, антропологиялык тиби боюнча гана

айырмаланып турганы болбосо, француз дыйкандарына айланып кетишкен. Твид өрөөнүнө келишкен ошол эле норвегиялыктар шотландцар-лоулендерлер кой багып өстүрүүчүлөр болуп калышты. Бирок алар түндүк Шотландиянын тоолоруна барышкан эмес, анткени ал жерде кельттер — шотланддык гайлендер өздөрүнүн кландык түзүлүшүн сактап жашап турган. Жер түзүлүшүн кошо алганда, ландшафт саясий чектер үчүн эмес, этникалык чектер үчүн чечүүчү фактор болуп калды.

Ал эми Франциянын жүрөгү болгон түндүк бөлүгүнүн ландшафты конвергенттүү (жалпы окшоштук) өнүгүү жолу аркылуу чыгыш жана түштүк-батыш тараптан келген оголе көп адамдарды өзүнө сиңирип алды. Байыркы убактарда — бельгилер, аквитандар жана келттер; жаны замандын башталыш чендеринде — латындар менен германдар; Орто кылымдардын башында — франктар, бургунддар, аландар, бриттер; Реформация мезгилинде — англиялык, италиялык, испандык жана голланддык иммигранттар ж.б. — ушулардын баары бир тектүү француз дыйкандарынын катарына келип кошулушту. Алардын турмушу этнографтар тарабынан гана эмес, Бальзак, Золя өңдүү реалист-жазуучулар тарабынан да эң сонун баяндалган.

Андай болсо бир суроо туулат: эмне үчүн окшош ландшафттары, окшош социалдык түзүлүшү бар, байыркы мезгилдерде сомдолгон кайык менен оңой сүзүп өтүүгө мүмкүн болгон деңиз кысыгы менен аралары бөлүнүп турган бул эки территориялардын этностору мунусуна да, аны- сына да пайдалуу болгон бир комплекске биригишпеди? Муну Орто кылымдардагы королдор эң сонун түшүнүп, биригүүгө үч жолу аракет жасашты. 1066-жылы Француз королунун вассалы Нормандиянын герцогу Гийом Британиянын англо-саксондук бөлүгүн каратып алып, кийин Нормандия династиясы токтогон соң башка бир француз феодалы Генрих Плантагенеттин карамагына өткөн. Ошентип, 1154-жылы Англия менен Нормандия кайрадан бирикти. Андан көп өтпөй ага Пуата, Аквитания жана Оверня кошулуп — Генрих Плантагенеттин королдугу жаралды. Этнографиялык жактан алганда укмуштай айкалышкан бул королдук канткен менен 1205-жылы француз королу Филип II Август англиялык королдон Нормандияны, Пуатаны, Туренди жана Анжуну тартып алганга чейин жашап турду. Андан соң 1216-жылы француз королу Англияны басып алууга аракеттенди, бирок жеңишке жетише албады. Англия өз карамагына Бордо менен Байоннаны гана кармап калды, аны бул жолу гаскондук барондор колдоп кетишти. Ал аңгыча, 1339-жылы эки өлкөнү бириктирүү үчүн Жүз жылдык согуш башталып, мындай биригүүгө бул саам Англия демилгечи болду. Узакка созулган согуштан кийин, 1415- жылы Генрих V Ланкастер француз таажысын кийип, такка отурду. Кантсе да Англиядан Жанна д'Арк күчтүү болуп чыкты. Андан кийин эки өлкөнү бириктирүүгө аракет жасалган жок.

Ооба, физикалык географияда чиймеленген өзгөрүштөрдөн түшүндүрмө издөө куру убаракерчилик болор эле. Ал эми буга жооп табууга экономикалык географияны тартса болчудай. Бул усулду тарыхчылар
көптөн бери пайдаланып келатышат. Саясий түзүлүштөр — айрым алганда мамлекеттер — өзүнүн бекемдиги жана өнүгүүсү үчүн бир түрдүү чарба жүргүзүүгө эмес, ар түрдүү чарба жүргүзүүгө муктаж болгон, анткени ал жердеги ар түрдүү экономикалык провинциялар бирин бири толуктап турмак. Плантагенеттер түндүк Англиянын койлорунун жүнүнө, Кент менен Нормандиянын эгинине, Оверндин виносуна, Түркиянын кездемелерине ээлик кылып турганда күчтүү болушкан. Экономикалык байланыштар карым-катышты жандандырып, бийликтегилерди байыткан, бирок ал этникалык жактан аралашып сиңишип кетүүгө алып келбеди. Эмне үчүн? Буга жооп табуу үчүн үчүнчү аспект болгон этникалык жагдайды карап чыгууга тийишпиз.

Элдердин өз ата мекени бар!

Римдин бийлиги кулады. Франция жайгашкан уруулар Рейн менен Бискай булуңуна чейинки территорияларда пайда болгонго чейин тили, адеп-ахлагы, салты боюнча өтө эле ар түрдүү болгондуктан Огюстен Тьерри бүгүнкү Франциянын түзүлүшүнүн уруулук концепциясын сунуш кылган. Аныкы акыры туура болуп чыкты. "V кылымдан XVII кылымга чейинки Франциянын тарыхы, чындыгында эле ата теги бирдей, адеп-ахлагы окшош, тили бир граждандык жана саясий кызыкчылыктары да бирдиктүү бир эле элдин тарыхыбы? Деги эле андай эмес! Өткөн чак менен "француз" деген аталышты колдонууда, бул аталыш Рейндин ары жагындагы урууларга, а түгүл биринчи династиянын мезгилдерине тиешелүү болбогонун айтпай эле койгонумда да, чыныгы анахронизм келип чыгат" деп жазып, өз оюн мисалдар менен түшүндүрөт. "Өз ата-бабалары, илгери өз алдынчалыгы бар эл катары франктар менен тең тайлашкан сүйлөшүү жүргүзгөн бретондордун тукуму үчүн Хлодвиг же Улуу Карлдын тукумдарынын өмүр баяндары улуттук тарых болушу мүмкүнбү? Түндүк Франциянын VI—X кылымдардагы, ал эмес кийинки эле учурлардагы баатырлары Түштүктүн элдери үчүн жексурлар болуп эсептелген"[15]. Французлар XIV кылымда гана Дофинени, Бургундияны, Провансты жана Ыйык Рим империясынын домени болгон германдарды Франция королдугуна кошуп алышкан. Ага карабай Бордо, Байонна жана Бискай булуңунун жээгиндеги тилкеде жашаган эл Плантагенеттердин династиясынан чыккан англиялык королдун сюзерени катары өз эгемендүүлүгүн сактап турушту. Муну Англия Гаскониянга үстөмдүк кылып турган деп айтууга болбойт, бул гаскондуктардын французлардын басып алуусунан өздөрүн коргоонун бир ыкмасы гана болгон.

1339-жылы Франция менен Англиянын ортосунда дүрт этип башталган Жүз жылдык согуш, күчтөрдүн өтө эле тең эместигине карабай (1327— 1328-жылдары Франция 18 млн.[16], ал эми Англияда 3 млн.[17], Шотландия болсо оорукта (тылда) турган Англиянын пайдасына ооп турду, анткени аны гаскондуктар, бретондор жана Наварра королдугу колдоп чыгышкан.

Кайрымдуу Иоанн каза болгон соң анын улуу уулу Карл такка отурду, экинчи уулу Филипп Бургундиянын герцогу болуп калды. Мындай караганда бир туугандар бири-бири менен ынтымакка келиши керек эле. Бирок алар көбүн эсе барондорго көз каранды болушкан. Бургундардын Валуа династиясы Франциянын чыгыш аймактарынын башында туруп, Артуаны, Фландрияны жана Франшконтени каратып, Бургундияга кошуп алды жана париждиктердин жан тартканына таянып, Францияны башкарууга талапкердик кылды. Бургундарга граф Арманьяктын жетекчилиги менен өлкөнүн батышында жана түштүгүндө жашаган эл каршы чыгышты. Аларюжюын ортосундагы согуш англиялыктарга жол ачты, алар "арманьяктарды", түштүктүн жана Бретандын калкын, "Француз королдугуна тиешелүү эмес"[18], т. а. французлар эмес деп эсептешкен бургундиялыктар жана париждиктер менен биримдик түзүштү. Францияны француз тилинде немисче чалып сүйлөгөн Жанна д'Арк сактап калды. Өзүнчө жалгыз калган Бургундияны швейцариялыктар талкалап салган соң ал өзүнүн чет-жакалары жана Бретань менен бирдикте Франциянын карамагына өтөт. Бургундиянын ушунчалык көпкө дейре каршылык көрсөтүшүнүн себебин, анын акыркы герцогу — Кайраттуу Карл мындайча түшүндүргөн. "Биз — бөлөк португалдыктарбыз"[19], — деген ал бургундиялыктар менен французлардын айырмачылыгын, испандар менен португалдыктардын айырмачылыгына теңештирип. Өз ата теги француз экени жана Валуа деген фамилияны алып жүргөндүгү ага жолтоо болгон эмес.

Ошентсе да этникалык ар түрдүүлүк "Улуу максатта" так айтылган "табигый чектер" теориясына орун берди. Бул ойду министр Сюлли өзүнүн королу Генрих

www.bizdin.kg
1Уго таандык кылыптыр. Франциянын "табигый ? чектери" катары Пиреней, Альпы тоолору, Рейн дарыясы жарыя кылынат. Бул территория байыркы кельттердин Галлиясы болгон, өздөрүнүн "табийгый чектер" деген теориясына туралап, король менен министр аны Франциянын мурдагы жергеси деп жарыя салышты. Илимий жактан орунсуз болгонуна карабай, ушул теорияга негизденип Бурбондор Францияга мурдагы айтылуу даңкын кайтарып берүүнү көздөшкөн, т. а. немистер, баскалар, италиялыктар жашаган жерлерди тартып алгылары келишкен. Алар ошол учурда Генрих 1Унүн: "Эли испан тилинде сүйлөгөн жерлерде — испан королу, немисче сүйлөгөн жерлерде — немис падышасы бийлик жүргүзүшүнө менин каршылыгым жок. Бирок, французча сүйлөгөн жерлерди мен гана башкарышым керек"[20], — деп айтканын этибарга алышкан эмес. Бул принципти эртеси эле танган Франция Наварраны, Савойяны жана Эльзасты басып алат. Ошентип, география филологияны жеңип кетти.

Дал ушундай эле процесс Англияда болгон, ал жерде француз феодалдарынын бир бөлүгү Кызыл жана Ак розалардын согушунда курман болуп, дагы башка бир бөлүгү англосакс дворяндарына сиңип кеткен соң, XVIII кылымда королдуктун табигый чек арасы өздөрү жашаган аралдын жээктерине жеткире жылдырылган. Франция өзүнө Провансты, Бретанды жана Гасконду, калктары өз тилинде сүйлөгөн, өз алдынча турмуш-тиричилиги жана чарба жүргүзүү системасы калыптанган жерлерди кошуп алган өңдүү эле, Англия да өзүнө англосакстар мекендеген — Кент дыйканчылык жергесин, викингдердин тукуму — кельттер жана скандинавиялыктар мал өстүрүп жашаган Шотландияны, Уэльсти жана Нортумберлендди кошуп алган.

Баяндалып отурган бул процессти "этникалык интеграция" деп атоого болобу? Жок, болбойт. Анткени, эки учурда тең ал жерлер өтө катуу ырайымсыздык менен түздөн-түз басып алынган болучу, анын үстүнө ал багындырылган этностор азыркы күндөргө чейин сакталып калды. Деги, азыркы Англия менен Франция физикалык-географиялык регион болуп эсептелеби? Албетте, андай болбосо алар этникалык жактан көп түрдүүлүгүнүн айынан алда качан бытырап бөлүнүп кетмек. Мына ошондуктан географиялык жана этнологиялык категориялар бири бирине дал келишпейт, демек, ландшафт менен этностун байланышы, ал ландшафттарды өздөштүрүп жана геобиоценозду өзгөртүп, өзүнө ылайыкташтырып алган этностордун тарыхы аркылуу гана аныкталат. Мындай көрүнүш сукцессия деп, ал эми биз карап жаткан маселеде ал — антропогендик сукцессия деп аталат. Жаңы шартка көнүгүшүү дегенибиз — этногенездин географиялык аспектиси болуп саналат. Анын натыйжасында өз ара аргындашып, айырмачылыктар жоюлуп кетпестен этникалык системалуу бир бүтүндүк жаралды да, жеңилген тараптар субэтнос абалында калышты. Ошентсе да, жеңип алган этнос менен кылымдар бою жанаша жашоо өз жемишин берди. Бретандык кельттер француздар менен, Уэльс кельттери англистер менен достошуп кетишти. А бирок бул элдердин бүгүнкү достугу кечээ жакындагы душмандашууларын алмаштырганын этнолог эсинен чыгарбоосу тийиш. Андан ары кандай болорун этникалык тарых көрсөтөт. Ал эми география бул маселеде өз кезегин этникалык тарыхка өткөрүп бермекчи.

О. Тьерринин тарыхый дискреттүүлүк концепциясынан айырмаланып, Фюстел де Куланж француз дыйкандарынын турмуш-тиричилигинен Рим доорундагы жол-жоболордун белгилерин байкаган. Анын айткандарында да чындык бар эле. О. Тьерри миграциянын мүнөзүн белгилесе, Ф. де Куланж ландшафттын таасирин ачып көрсөткөн. Бирок жалпы эле миграциянын мүнөзү сыяктуу эле, көнүгүшүп кетүүнүн даражасы да географиялык илимдин этнология деп аталган бөлүгүнө тиешелүү көрүнүш катары каралуусу зарыл. Анткени так ушул жерде адамзат

менен географиялык чөйрөнүн өз ара байланыштары топтолгон. Адамзат ушул байланыштардын жардамы менен бири бирине таасир эте алышат.

Ошентип, ар бир жеке адамдын эле эмес, этностордун да ата мекени бар. Этностордун ата мекени — өзү эн алгач жаңы системага айланган ландшафттар айкалышкан жер болуп саналат. Бул көз караштан алганда Волга-Ока дарыяларынын ортосуна жайгашкан калың токойлору, мелмилдеген суулары, айдындары XIII— XIV кылымдарда жаралып куралган орус этносу үчүн угро-славян жана татар-славян метистешүүсү, Византиядан үйрөнүлгөн храм архитектурасы, баатырлар жөнүндө эпостор, сыйкырдуу карышкырлар жана түлкүлөр жөнүндө уламыш-жомоктор сыяктуу эле керектүү элементтер болгон. Тагдыр орус адамын кайда гана алып кетпесин, ал "өз орун-очогу" — Ата Мекени бар экенин билген.

Анлгистер жөнүндө Р. Киплинг: "Апаларыбыз бизге карт Англия — биздин үйүбүз деп үйрөтүшкөн", — деп жазган. Арабдардын, тибеттиктердин, ирокездердин ландшафттардын кайталангыс көрүнүштөрү менен айырмаланган өздөрүнүн түпкү территориялары жок. Ал эми "ата мекен" деген түшүнүк болсо "этнос" деп аталган системанын компоненттеринин бири болуп эсептелет.

Өнүгүп-өсүү орун-очогу

Homo sapiens түрүнүн топторун түзүүчү этникалык жамааттарга географиялык ландшафттын таасир көрсөтөөрү жөнүндө бүтүм жасоого жогоруда келтирилген мисалдар жетишерлик десек болот. Баса, мындай бүтүмдү 1922-жылы эле, бардык организмдер жана анын ичинде адамдар жөнүндө окумуштуу Л. С. Берг жасаганын айта кетейин. "Географиялык ландшафт организмге мажбурлоо иретинде таасир берет жана түрдүн уюмдашуу мүмкүнчүлүгүнө жараша кайсы бир багытта өзгөрүп ылайыкташып жашоого бардык жаныбарларды аргасыз кылат. Токой, тундра, чөл, талаа, тоо, суу чөйрөсү, аралдардагы жашоо ж.б. организмге өз- өзүнчө өзгөчөлүү таасир тийгизип, өзгөрүүлөргө дуушар кылат. Ландшафтка ылайыкташып жашоого дарманы жетпеген түрлөр башка географиялык ландшафтарга ооп кетүүгө же тукум курут болууга тийиш"[21]. "Ландшафт" түшүнүгү бөлсө башка жер аянттарынан сапаттык жактан айырмаланган жана табигый чектер менен курчалып турган нерселер менен кубулуштардын өз ара шартталган жана бир бүтүндүктү түзгөн мыйзам ченемдүү жыйындысын кучагына алып турган жер бетиндеги өз алдынча аянтты билдирет; бул жыйынды бир кыйла кеңири мейкиндикти камтып, өзүнө гана таандык типтүү көрүнүшкө ээ жана ал бардык жагынан ландшафттын кыртышы менен үзгүлтүксүз байланышта болуп турат[22]. Эми бул түшүнүктү "туулган жер" деген түшүнүккө окшоштуруп, П. Н. Савицкий оңтойлуу сунуш кылган "өнүгүп-өсүү орун-очогу"[23] деген термин менен атайлы.

Автор адамдарды айбанаттарга, ал эмес минералдарга салыштырып жаткандыгы окурманды тан калтырышы жана таарынтышы да мүмкүн. Таарынбаш керек! Жаратылыштын ар бир мыйзам ченемдүүлүктөрү менен биздин ар бирибиз түз же кыйыр түрдө байланышып турабыз. Адам инсан катары — көп кырдуу келет. Мында эстетика үчүн да, этика үчүн да, биз бүгүн "информация" же "ноочөйрө" атап жүргөн бардык нерселер үчүн орун табылат. Бирок биз азырынча жерге кайтып келели, анткени ландшафттар жөнүндө сөзүбүз али аягына чыга элек эмеспи.

XV. ЛАНДШАФТТАРДЫН АЙКАЛЫШТАРЫНЫН МААНИСИ

Ландшафттардын бир түрдүүлүгү жана ар түрдүүлүгү

Территориялардын баары эле өнүгүп-өсүүгө орун-очок болууга жарай бербейт. Айталы, Евразиянын түнт токойлуу тилкелери жаткан мейкиндиктеринде — Онега көлүнөн Охот деңизине чейинки жерлерде бир да эл, бир да маданият жаралган эмес. Бул жерлерде учураган элдердин, маданияттардын баары түндүк же түштүк тараптан келген. Көз мелжиген талаалар да өнүгүүгө мүмкүнчүлүк бербейт. Дешт-и-Кыпчак, т. а. Ал- тайдан Карпат тоолоруна чейин созулуп жаткан кыпчактардын талаалары да Genius loci боло албады. Талааларга эл башка жактардан, мисалы, Моңголия өңдүү жери адыр-будур жана ар түрлүү ландшафттары бар өлкөлөрдөн келип жашашкан. Хэнтэй менен Хангай тоолорунун беттеринде калың токойлор өсөт. Керулен менен Тла дарыяларынын төмөнкү жээктериндеги жашыл талаалар түштүк тарапта Гобинин таштактуу эрме чөлүнө айланып кетет. Бул аймакта кар март айында эле эрип кетип, жайкы ысык башталгыча мал жайганга ыңгайлуу шарт түзөт. Жер шартына жараша жан-жаныбарлар да ар түрдүү келет. Археологиялык маданияттары тарыхчыларга эле эмес, баарыга белгилүү элдердин — хунну, түрк, уйгур, моңгол жана ойроттордун бири экинчисин алмаштырып жашоо өткөргөнүн баяндайт.

Ал эми мунун тескерисинче, Улуу Талаанын батыш тарабында жаткан Эртиштин жогорку агымынан Дондун төмөнкү жээктерине чейинки жана Сибирдин черлеринен Балкаш жана Арал деңиздерине чейинки мейкиндиктери бир түрдүү келет да, бул жактарда жашаган элдер да анча кеңири белгилүү эмес. Азыр, бир түстүү келген талаалуу ландшафттын кеңири аянтында казактар жашайт. XIII кылымда болуп өткөн моңголдор менен кыпчактардын айыгышкан согушунан кийин бул талаада жашагандардын саны азайып, акыры ал үч ордонун ортосунда бөлүнүп кетет. Чоң, же Алтын ордого — Эдил (Волга) жээгиндеги талаалуу жерлер, Көк ордого — Арал деңизинен Тюменге чейинки айдыңдар, Ак (улуу) ордого — Тарбагатайдагы жана Эртиштин жогорку агымындагы жайыттар тийген[24]. Эдил дарыясынын жээгинде жашаган элдердин аралашмасынан татарлар жаралды. Көк ордо жан серек болуп жүрүп, XIV кылымда эдилдиктерге кошулуп тынды. Сибирь чытырман токойлорунан Об дарыясына чейинки жерлерде жана Алтайдын тоо беттери менен бөксөлөрүндө, ал кездерде карагай токойлору[25] бар Сыр-Дарыянын түзөң талааларында жашаган көчмөндөр өнүгө отуруп, өз алдынча этноско айланып, кийинчерээк Арал жээктериндеги, Маңгышлактагы жана Эшилкумдардагы чөл менен талааларды өздөштүрүп алышты.

Бир же бир нече ландшафттардан турган территориялар гана чыныгы өсүп-өнүгүүгө орун-очок болууга жарактуу. Бул аныктама Евразия үчүн гана эмес, бүткүл жер жүзүнө таандык. Евразиядагы этногенездердин негизги процесстери: а) чыгыш тарапта — тоолуу жана чөлдүү ландшафттардын; б) батышта — токойлуу жана шалбаалуу (Эдил жана Ока дарыяларынын ортосундагы шалбаалар) ландшафттардын; с) түштүгүндө — талаалуу жана оазистүү (Крым, Орто Азия) ландшафттарынын; с!) түндүгүндө — токойлуу тундра менен бетегелүү тундра ландшафттарынын айкалышкан жерлеринде болуп өттү. Бирок мен түндүктөгүлөрдү түндүк уюлдардагы маданияттын өзүнчө бөлүгү катары кароону сунуш кылам. Анткени евразиялык өсүп-өнүгүү орун-очоктон "тайга деңизи" менен бөлүнүп туруучу бул түндүк уюлдардын маданияты башкаларга эч качан таасир көрсөтө алган эмес.

Анда текшерип көрөлү. Хуннулар Иньшан тоолорунун беттеринде жаралып, кийин гана моңгол талааларына ооп келишкен. Уйгурлар Наньшан тоолорунун

www.bizdin.kg
жылгаларында жаралды. Түркүттөр Алтайда калыптанды. Моңголдор — Хинган менен Хэнтэйдин беттеринде; кидандар — Манжурия токойлоруна жакын жерлерде; Эне-Сай кыргыздары — Миң- Өзөн талааларында жана Саян тоолорунун беттеринде; байыркы болгарлардын тукуму болгон казандык татарлар — Кама тоолорунун талаа менен чектешкен жерлеринде; крым татарлары — талаалуу Крым менен Түштүк жээктеги созулуп жаткан оазистердин чектеринде жаралды. Булар — бир элдүүлүккө биригишкен, ар башка тектеги түрктөшүп кеткен левантиялыктар (жакынкы чыгыштыктар) болгон. Хазарлар — Дагстандын тоо этектеринде жаралышкан. Алардын алгачкы борбору — Семендер болгон, ал Терек дарыясынын орто чендеринде жайгашып турган.

Бул баяндалган принципти өнүктүрө келип, ар кайсы ландшафттуу региондордун чек аралары анча айырмаланбаган, географиялык шарттар өтө эле окшоштугу менен бири экинчисине билинбей өтүп кетчү жерлерде этногенез процесстери да анча ургаалдуу жүрбөй тургандыгын белгилей өтөлү. Мисалы, Орто Азиядагы эки дарыянын ортосунда орун алган бай оазистердин тобу жарым чөлдүү жана такыр талаалар менен курчалган, алар көп учурда оазистерди бири биринен бөлүп турат. Ырасында да Орто Азияда этногенез процесстери өтө жай жүргөн жана анын белгилерин баамдоого да мүмкүн эмес. Түндүк жана түштүк-батыш тараптарда жаткан чөл тилкелери куралчан талоончулардын өтүп кетишине онтойлуу болгону менен, жашоого анча ыңгайлуу болгон эмес. Анткени менен Копетдагдын, Тенир-Тоонун жана Гиссар тоолорунун этек-жакаларында XI кылымда түркмөн-селжуктар, XV кылымда кыргыздар, VIII—IX кылымдарда тажиктер жана XIV кылымда өзбектер жаралып, калыптанган болучу. Бул калктар байыркы согдулуктардын тукумдары жашаган аймакты Памир жана Гиссар тоолору менен чектеп салышкан соң, алар өзүнчө бөлүнүп жашап калган[26].

Тоо кыркаларынын системасын вертикалдуу алкак болгонуна карабай бир түрдүү регион катары кароо зарыл. Анткени ал алкактар адам үчүн бирдиктүү географиялык чарбалык комплексти түзүп турат. Ошондуктан Батыш Памир, Дардистан, Гиндукуш, Гималай, ошондой эле Кавказ жана Пиреней тоолору байыркы персистент-этностордун сакталып турушуна ыңгайлуу келет. Кеп тоолуу ландшафттарда ары-бери жүрүүнүн кыйынчылыктарында эле эмес. Кир менен Александр Македондуктун мезгилдеринде эле жоокерлер ашуулар менен капчыгайлар аркылуу оңой-олтоң эле өтүп кетишкен. Кантсе да жаңы элдер тоолуу аймактардын ичкерки чөлкөмдөрүндө эмес, алардын сырткы жака-белдеринде жаралган.

Жалаң талаа мейкиндиктерди мекендеген элдер ал талааларды өтө бай болгонуна карабай, эмнегедир өтө начар өнүгүп келгени белгиленген. Мисалы, сактар, печенегдер, кыпчактар, түркмөндөр XI кылымда Кичи Азияга жана Азербайжанга кетип калышкан түркмөн-селжуктарды кошпогондо этникалык жактан да, социалдык жагынан да туруктуу өнүгө алышкан.

Левант, же Жакынкы Чыгыш — деңиздердин, тоолордун, какыраган чөлдөрдүн жана дарыялуу өрөөндөрдүн айкалышынан турат. Бул жактарда Кавказдын аркы тарабындагы бөлүнүп өз алдынча жашоого ылайыктуу табигый шарттары бар тайпак тоолорду кошпогондо, жаңы этникалык топтор тез-тез пайда болуп турган. Өздөрүнүн этникалык өз алдынчалыгын перстерден да, гректерден да, римдиктерден да, арабдардан да, ал эмес осмон-түрктөрдөн да сактап кала алган курддар ушундай эл болгон. Бул эреженин туура экендигин далилдөөчү мисал болуп саналат.

Кытай — тээ качандыр бир кездерде адамдар суудан бошотуп алган жерлердин өлкөсү (байыркы мезгилдерде бул майда көлдөрү менен ар жылы нугун өзгөртүп туруучу дарыялары бар саздак жер болгон). Кытай эли дарыялуу,

тоолуу, талаалуу ландшафттардын айкалышынан турган Хуанхэ дарыясынын жээктеринде калыптанган. Ал эми Янцзынын түштүгүндөгү чытырман токойлорду кытайлар биздин замандын биринчи миң жылдыгында гана өздөштүрүшкөн. Бирок кийинчерээк түштүккө көчүп келишип, жергиликтүү калктар менен аралашып кеткен байыркы кытайлар азыркы кезде жашап жаткан түштүк кытай этносуна айланып кетти. Алар өз ата-бабаларынан да, Хуанхэ өрөөнүндө хуннулар жана сянбилер менен аргындашып кеткен түндүк кытайлардан да айырмаланып турушат.

Деңиз жана тоолор менен курчалган Индия жарым континент катары каралышы мүмкүн, бирок ландшафттары жактан Европадан бир топ жардыраак келет. Декандын ландшафттары типтери жагынан оз ара жакын, ошондуктан бул жерде да этногенез процесстери, т. а. тарыхый мезгил ичинде жаңы этностордун жаралышы алсызыраак жүргөн. Анткени менен түндүк-батыш Индияда эки чоң эл: VIII кылымга жакын ченде ражпуттар[27] жана XVI—XVII кылымдарда сикхилер түзүлгөн. Мындай караганда, Раджстан жана Синд челдөрү, токою көп, бай Ганга өрөөнүнө салыштырганда адамдын жашоосу үчүн бир топ ылайыксыз өңдөнөт. Бирок да Инди өрөөнүндө чөл менен тропиктик токойлордун айкалышы ачык байкалат. Албетте, маданият Индиянын ичкери жагында гүлдөп- өнүккөн болсо да, жаны элдердин жаралуусу анын чек ара аймактары менен байланыштуу болгон.

Элдердин пайда болуу процесстери дал ушундай эле жол менен Төмөнкү Норбадада да ургаалдуу жүрүп турган, ал жерде түндүк Индиянын чер токойлору Декандын — Махараштранын чөптүү түздүктөрү менен чектешип турат. VI кылымда бул аймакта жоокерликке шыктуу, сыягы, Ражпутандан көчүп келген кшатрийлердин мамлекети болгон Чалукья күчтөнүп турган эле[28], ал эми XVII кылымда маратхилер касталык системанын кысымына чыдабай өз алдынча элди, болгондо да Улуу Моголдордун Индияга бийлик кылышына каршы күрөшкөн элди түзүшкөн. Индустардын жалпы элинен маратхилер өзгөчөлөнүп турушканын Индиянын бардык тарыхчылары белгилеп жүрүшөт.

Маратхилердин өлкөсү — физикалык-географиялык үч аймактын айкалышынан: деңиз менен Батыш Гхаттардын ортосундагы жээк тилкесинен, Гхаттардан чыгыш жакта жаткан тоолуу жерлерден жана дөңсөөлөр менен курчалган кара топурактуу өрөөндөрдөн турган[29]. Мына ушундан улам бул аймакты бизге өсүп-өнүгүү орун-очогу деп атап отурган категорияга киргизүүгө, Бенгалиянын маданияты буга караганда бир кыйла жогору экендигине карабай дал ушул аймакты өсүп-өнүгүү орун-очогу деп айтууга толук негиз бар.

Түндүк Американын көз мелжиткен токойлору менен прериялары этногенез үчүн анча ылайыксыз келет. Анткени менен бул ээндиктерде да индей уруулары, тарыхчынын көз алдында элге айланган аймактар учурайт. Улуу Көлдөрдүн булуң-буйткалуу жээктеринде беш уруунун башын кошкон ирокез биримдиги жаралган. Мунун өзү мурдагыга дегеле окшошпогон жаңы этнос болгон, анткени бул биримдикке ирокездер менен тили жана каны бирге гурон уруусу кирген эмес.

Аляскадан түштүк тараптагы Тынч океандын жээктеринде, деңиздери адамдарга азык-түлүк берген, аскалуу аралдарында морждор менен тюлендер күнөстөп жаткан тилкелерде жанаша жашаган кошуна аңчы уруулардан тилдери жана салттары жагынан кескин айырмаланган төлөңгүттөр кул ээлөөчүлүк коомду түзүшкөн.

Кордильерлер көп жагынан прерияга кескин өтүп кетет, тоолуу ландшафт талаа менен жанаша жатат, бирок ал аны менен айкалышып турбайт. Ага карабай түштүктөгү Нью-Мехико штатында, жогоруда айтылган ландшафттар бири экинчисине байкалбай уланып кеткен территорияларда илгери "пуэбло"

маданияты пайда болуп, ал эми XII кылымга жакын ченде нагуа тобу түзүлөт, бул топко атагы чыккан ацтек уруусу да таандык болгон. Индей уруулары жашаган континенттин көпчүлүк бөлүгү белгилүү бир өсүп-өнүгүү орун-очогунда жаралган элдер тараган жана кайра кайтып келип турган, өзүнчө бир Hinterland болгон. Мисалы, ал гонкин тобуна кирген кара шыйрак деп аталган эл жана башка көптөгөн уруулар дал ушундай эл болгон.

Бул мыйзам ченемдүүлүк Түштүк Американын мисалында мындан да ачык байкалат. Тоолуу жана талаалуу ландшафттардын айкалышынан турган тоо кыркалары ар башка кылымдарда, ар кайсы эл түзгөн маданият эстеликтерине бай. Ал эми Бразилия токойлору менен Аргентина түздүк- төрүндө бир да маданият түзүлбөгөндүгү байлык издеген капитан Фосетти кур жалак калтырган. Көптөгөн мисалдар айтып тургандай, андай маданияттын түзүлүшү да мүмкүн эмес эле. Анткени бул өлкөлөрдүн табияттары бир түрдүү бөлгөн. Андай бөлгөнуна карабай бул өлкөлөрдүн байлыктарын башка жакта жаралган элдердин пайдаланышына эч нерсе тоскоол болгон эмес жана болмок да эмес. Патагонияга тоолук араукан уруулары ооп келишкен; XVI кылымда инктер Бразилия токойлорун өздөштүрүүгө аракеттенишкен, ал эми XIX кылымда бул жерлерди өздөштүргөн португалиялык плантаторлор жомоктогудай байып кетишкен.

Ушундай эле мыйзам ченемдүүлүктөрдү биз Африка менен Австралиядан да жолуктура алабыз. Ошентсе да биз өз көңүлүбүздү деңиз менен байланышта өнүккөн этносторго буруп, алардын жергиликтүү өзгөчөлүктөрүн аныктамакчыбыз.

Деңиз жээктеринде жана муз мөңгүлөрдүн чет-жакаларында

Жээктерде жашаган элдердин цивилизациясынын деңгелине жана жээк тилкелеринин мүнөзүнө жараша деңиздин ролу эки башка болушу мүмкүн. Эгерде деңиз өздөштүрүлбөгөн болсо жана андан сүзүп өтүүгө мүмкүн болбосо, анда ал ландшафтты чектеп туруучу элементке айланат. Атлантика океаны — америкалык индейлер үчүн, Инди океаны — негрлер жана Австралиянын жергиликтүү элдери үчүн, ал эмес Каспий — печенегдер үчүн ушундай чектөөчү элементтерден болгон. А бирок эгерде деңизден азык-түлүк ала башташса жана навигация өздөштүрүлгөндө деңиз өнүгүп-өсүү орун-очогунун курамдык бир бөлүгүнө айланат. Эллиндер Эгей деңизин, викингдер Түндүк денизди, арабдар Кызыл деңизди, орус поморлору — Ак деңизди так ушундай пайдаланышкан. XIX кылымга жакын ченде дээрлик бардык деңиздер менен океандор Ойкуменанын курамына кошулган, бирок бул бардык башка доорлор үчүн мүнөздүү эмес экенин эске алуу керек.

Деңиз өнүгүп-өсүү орун-очогунун курамына кирген эки этномаданий ареал гана тарыхта белгилүү. Алар Түндүк Муз океанынын жээктериндеги жана Полинезиядагы эки циркумполярдык маданият болуп саналат. Бул жөнүндө өтө көп жазылгандыктан аларды кайталоонун кажети жок. Полинезия маданияты европалыктар келгичекти ар түрдүү түзүлүштөрдү өзүнө камтып, Пасха аралы сыяктуу кургактыктагы обочолонгон аймакта да мүнөздөрү боюнча бир кыйла жакын турган өз маданияттарын жаратууда ал түзүлүштөр өз ара күрөш жүргүзүп турушкан.

Уюлдун айлана-тегерегиндеги элдердин тарыхы анча белгилүү эмес. Качандыр бир кездерде Түндүк Муз океанынын айланасында, андан тамак-аш таап жеп жашашкан элдердин бири бирине окшош маданияттары болгон. Негизинен алар деңиз жаныбарларына аңчылык кылгандар жана балыкчылар эле. Мынабу эле тарыхый мезгилдерде алардын территориясын өзүлөрүн өздөрү

www.bizdin.kg
кыргынга учураткан — угорлор тең экиге бөлүп салды. Кийинчерээк анын батышында жашагандарды кырып да жибериштн. Андан соң чыгыш тарабындагыларды, Ява жана Индигирканын жээктерин мекендеген палеазиаттар менен "омок" элдеринен башкаларын туңгустар кырды. Акыры палеазиаттар менен "омоктордун" түбүнө якуттар жетти. Якуттар түштүктөн түндүккө карай ооп келишип, кайра кете албай отурукташып жашап калышкан. Себеби алар келгенде салдарга отуруп, дарыя менен келишкен, ал эми кайра кайтуу үчүн дарыянын агымына каршы сүзүп кете алышкан эмес[30].

Уюл айланасындагы жаш калк болуп эсептелген эскимостор б. з. I кылымы ченде Океаниядан ооп келишип, кийин X кылымда индейлерди Канаданын түштүк чектерине жеткире кууп салышып, ал эми XIII кылымда Гренландияда жашаган викингдердин тукумун деңизге чегинүүгө аргасыз кылышкан[31]. Бул жерде да азык-түлүк берген деңиз жана тундра токою же мөңгүлүү ландшафттар айкалышып турган.

Кээде азык-түлүк берген деңиз эле эмес, деги эле тамак-аш берүүгө жараксыз — муз каптаган аймактар да этностордун жаралышына таасир тийгизет. Б. з. ч. X миң жылдыкта Балтика боюнда жана Скандинавияда ошондой окуялар болуп өткөн. Бул көрүнүштүн механизми жөпжөнөкөй түшүндүрүлөт.

Мөңгү улам өсүп турушу үчүн океан тараптан үзгүлтүксүз нымдуулукту — муздак жамгыр менен кардын жаашын талап кылат. Кантсе да муз-мөңгүнүн үстүндө ар дайым антициклон айланып тургандыктан, нымдуу аба ал муздарга жакын жерлерге жетип жетпей, жамгырга айланып, жаап өтөт. Евразия континенти үчүн ал муздуу жерлер батыш тарапта жатат жана Атлантика циклону ошол жактан согуп Таймырга чейин жете келет. Ошондуктан муз-мөңгүлөрдүн батыш тарабы калыңданып, анын чыгыш тарабында жаткандары күн нуру тийип, эрип турат, анткени булут баспаган жерлерде күн нуру тоскоолсуз таасир көрсөтөт эмеспи.

Географиялык парадокс жаралып отурат: абсолюттуу температура жогору болгон территорияда — ным, шамал, булут басып, адамдар менен жан-жаныбарлар сууктан кыйналышат; ал эми температура ылдый болгон жерлерде — тынч, кургак, күн ачык, адамдар менен жаныбарлар абанын сууктугуна көңүл бурбай, түздөн-түз тийген күн нуруна жылынып турушат. Муз-мөңгүлөрдөн соккон антициклон муз-мөңгүлөрдүн өзүнөн да чоң болгондуктан ага жакын жаткан аймактарды үйлөй отуруп, кургак тундрага айлантып салат. Мөңгүлөрдөн агып түшкөн суулар туз- суз көлдөрдү жана булактарды жаратат, аларда балыктар жана сууда сүзүүчү канаттуулар жашайт. Алардын айланасына бадалдар өсүп, аң терилүү жаныбарлар баш калкалайт, кар аз жатчу кургак тундрада чөп оттоочу жаныбарлардын үйүрлөрү жайылып жүрөт. Бул алгачкы коомдогу аңчылар менен балыкчылар үчүн бейиш болгон.

Акыркы муз доорунун Померандык мезгилинин аяк чениндеги Чыгыш Европада так ушундай шарт түзүлгөн. Чегинип бараткан мөңгүлөргө чектеш тундрада жаралган дарыялар менен көлдөрдүн айланасына сейрек болсо да токойлор өсө баштады. Ошол кезеңдердеги Неман менен Двинанын жээктеринде жылуулуктун айынан бир түрдүү болуп өзгөргөн ландшафтта биздин күндөргө чейин жашап келишкен балт тобундагы байыркы этнос жаралган. Балт топонимдери менен гидронимдери байыркы замандардын эстелиги катары сакталып, алардын ата-бабаларын курчап турган жаратылыш шарты башкача болгон мезгилдерден кабар айтып тургансыйт[32]. Этностордун эле эмес, ландшафттардын да өз тарыхы бар.

Этногенезге ландшафттын түрүнүн таасири

Эми биз жогоруда жасалган талдоолордон жыйынтык жасай алабыз: бир түрдүү ландшафттык аймак ал жерде жашаган этносторду турукташтырат, ар түрдүү көрүнүштөгү ландшафт — жаңы этностун жаралышына алып баруучу өзгөрүштөргө түрткү берет.

Дагы бир суроо туулат: ландшафттардын айкалышы этногенездин негизги себебиби же бар болгону анын өнүгүшүнө түрткү берүүчү ыңгайлуу шартпы? Эгерде жаңы элдердин жаралыш себеби географиялык шарттарга байланыштуу болсо, анда ал шарттар ар дайым аракетте болуп тургандыктан улам жаңы элдер үзгүлтүксүз жарала берүүгө тийиш эле. Бирок андай көрүнүш байкалбайт. Демек, этногенез кайсы бир деңгелде географиялык шарттарга байланыштуу экенине карабай, деги эле башка себептерден улам пайда болот. Ал себептерди ачып көрсөтүү үчүн биз башка илимдерге кайрылууга тийишпиз. Бул маселе ушул темага арналган атайын бөлүмдө чечмеленип, ал акыры: эмне үчүн этностор бири бирине окшош эмес, анан да этногенездин табияттын башка кубулуштары менен кандай байланышы бар деген суроого да жооп таап берет.

Менин бир оппонентим жаңы этностор эки же андан көп ландшафттардын чектеринде жаралат жана алардын өнүгүшү бир түрдүү көрүнүштөгү ландшафттарда эч тоскоолдукка учурабастан улана берет деп айтканымды төгүндөгүсү келет[33]. Өзүнүн мага каршы жазган ошол эле абзацында ал:

"Этногенез кайсы бир (алдын мен сыздым — Л.Г.) бир аз өзгөчөлөнгөн ландшафт менен чектелген эмес, чындыгында ал Ойкуменанын бардык аймактарында жүрүп турат, албетте, айрым учурларда табигый шарттардын таасири этногенез процессин бир аз (алдын мен сыздым — Л.Г.) ылдамдатышы же жайлатышы мүмкүн", — деп тыянактайт. Баарынан кызыгы ал өз тыянагында, азыр эле мени төгүндөгөн сөздөрүнө өзү каршы чыгып отурганын сезбей калган. Акыйкатта, жаңы этностун, т. а. системалуу жаңы бир бүтүндүктүн жаралышы, ага этникалык субстрат боло алган эски этностун ыдырап бузулушуна байланыштуу болот. Анын ишке ашышы үчүн түрткү талап кылынат жана ал түрткү жаңы этникалык процесстин башталышына негиз салат, же чөйрөнүн каршылыгына учурап, жок болуп кетет. Дал ушундай учурларда жогоруда эскерилген "бир аз" дегенибиз чечкиндүү мааниге ээ болот. Муну биз жогоруда белгилеп кеткенбиз жана аны кийинчерээк чечмелеп түшүндүрмөкчүбүз.

Биз буга чейин адам таасирине качандыр бир убакта дуушар болбогон ландшафттын жок экенин айкын-ачык билгенибизге карабай аны кол тие элек табияттын феномени катары карап келдик. Бул жөнөкөйлүктү биз атайылап, байыркы мезгилдерден бери белгилүү болуп келаткан жасалма, т. а. урбаникалык маселени ачып көрсөтүү үчүн кийирген элек. Байыркы Вавилондо миллионго жакын, Римде бир жарым миллиондон ашык, Константинополдо бир миллиондон көбүрөөк адам жашаган. Бул эбегейсиз чоң шаарларды оз алдынча турган ландшафттык региондор катары кароого болот. Алар чын эле ошондой көрүнүшкө ээ болгон: шаар менен кыштактардын чектеринде көп учурларда бат тарап жоголуп кетүүчү, кээде туруктуу субэтностор жаралып турган. Аларда өз мүчөлөрү үчүн маанилүү болгон жүрүш-туруштун оригиналдуу, кайталангыс адаттары, кулк-мүнөздөрү калыптанган.

Дагы бир баш оорутма маселе бар: техникалык цивилизациянын доору — биздин мезгилибиз өзгөчө доор болуп саналбайбы? Бул доорго азыркы мезгилдин эмес, тарыхты изилдөөдө ачылган мыйзам ченемдүүлүктөрдү пайдаланууга болобу? Бул маселе мурда эле өтө курч жана так коюлган болучу: терминдерди ландшафт түшүнүгү катары алганда, талаа — талаа бойдон, чөл — чөл бойдон кала алдыбы? Өсүмдүктөр баарынан күчтүү өзгөрүүгө (талааларда дыйканчылык жүргүзүүдөн, чөлдөрдө үзгүлтүксүз мал жаюудан, сугат жерлерге айлантуудан)

дуушар болду, анын кесепетинен суулардын нугу, жер кыртыштары, эрозия процесси жана бардык табигый комплекстердин курамдык бөлүктөрүн байланыштырып турган "тизмек" үзүлүп калган[34].

Чындыгында эле, кийинки үч миң жыл ичинде ландшафттардын антропогендик фактору жер бетинин бейнесинде маанилүү орунга ээ болуп келген жана ал дагы эле уланып жатат.

Айыл чарбасы өсүмдүктөр менен жаныбарларды өзгөртүүдө, архитектура жер бетиндеги маанилүү элементке айлануда, көмүр менен нефтини күйгүзүү атмосферанын курамына таасир көрсөтүүдө. Бул көз караштан алганда Париж шаары токойлуу ландшафттык зонадагы тез темпте өнүгүп бараткан антропогендик геохор[35] катары каралууга тийиш. Кантсе да бул кичи райондун азыркы келбети париждик графтын орто кылымдардагы сепилинен жана да римдик Лютециядан айырмаланып турат. Айтмакчы, суусу акпай туруп калган көл тайыздап отуруп, бат эле сазга айланганына карабай, анын айланасында өскөн токой эч өзгөрүүсүз тура берет. Антропогендик жана гидрогендик түзүлүштөрдүн ортосундагы айырмачылык, ал канчалык чоң болбосун, табигый илимдердин аспектисинен алганда принципиалдуу маниге ээ эмес. Бирок Жер бетинин келбетин адам эмне үчүн жана кандайча өзгөрттү деген биздин сурообузга окшоштуктар менен айырмачылыктарды тизмектөө менен жооп таба албайбыз. Андыктан, байыркы эллиндер тарыхый изилдөөнү "акыйкатты издөө" деп атагандай биз да ошол "акыйкатты издөөнү" уланта бермекчибиз.

XVI. АНТРОПОГЕНДИК ЛАНДШАФТТАРДЫН КАЛЫПТАНЫШЫ

Коомдун өнүгүшү жана ландшафттын өзгөрүшү

Кантсе да кеп ар түрдүү этносторго кирген пенделердин "жүрүш- турушу" жөнүндө жүрүп жаткан соң, жөн гана — алар тарыхый тагдыры туш кылган тиги же бул табигый ландшафттарга кандай таасир тийгизишине гана көңүл буруу оң. Башкача айтканда, биз өзүбүз жогоруда белгилеп өткөн адамзаттын этникалык жамааттарга бөлүнүшүн эсепке алуу менен, ландшафттын жаралышынын антропогендик факторунун жагдайлары менен мүнөздөрүн иликтеп көрүшүбүз керек.

Кеп адамзат жасаган өзгөртүүлөрдүн канчалык зор экендигинде эмес, ал турсун алардын пайдалуулугу же зыяндуулугу жөнүндө да эмес, кеп ал өзгөрүүлөрдүн качан, кантип жана эмне үчүн болуп жаткандыгында.

Талаада, тайгада, тропиктик токойдо болуп жаткан өзгөрүүлөргө караганда жасалма сугат жүргүзүлгөн аймактар менен өнөр жай райондорундагы ландшафттар көбүрөөк өзгөргөнү талашсыз. Эгерде биз мындан социалдык мыйзам ченемдүүлүктөрдү табууга аракеттенсек, анда чечилбес кыйынчылыктарга туш болобуз. Майялардын Юкатандагы дыйканчылык маданияты б. з. ч.У кылымда, уруулук түзүлүштүн мезгилдеринде пайда болгон, ал эми таптык мамилелер пайда болгон учурда ал начарлай баштаган. Ал Испаниянын бийлигинин учурунда да, европалык техниканы колдонгондугуна жана чокунган индейлерге камкордук көрүлгөнүнө карабастан, кайра калыбына келген эмес. Феодализм мезгилинде Египеттин чарбасы начарлагандан начарлай берген. Ал эми Европада, ошол эле мезгилдерде, ошондой эле социалдык өз ара мамилелердин шартында соода иши эле эмес, дыйканчылык менен кол өнөрчүлүк да болуп көрбөгөндөй өсүп-өнүккөн. Биздин изилдөөбүздүн көз карашынан алганда бул көрүнүш Египетте ал учурларда ландшафт туруктуу болгондугун, ал эми Европада болсо кескин өзгөрүштөргө туш келгенин түшүндүрөт. Ал эми XIX

www.bizdin.kg
кылымда Египеттин жер түзүлүшүнө антропогендик таасир көрсөткөн Суэц каналын казуу — жергиликтүү калктын — феллахтардын ишмердүүлүгүнө эмес, ал жерлерге европалык элдердин, французтар менен англистердин келишине байланыштуу болгон.

XVI кылымда капитализм жаңы башталган Англияда "адамдарды койлор жеп салды", а Моңголияда XIII—XIV кылымдарда феодализм али өнүгө элек Саян, Хамар-Дабан тоолорунун түштүк этектеринде жана Чоң Хингандын түндүк тарабында жашашкан тунгус-аңчыларды да койлор "жеп" койгон. Моңголияда көбөйө баштаган койлор жайыттардын чөбүн мойсоп, булактардын суусун соолута ичип салышып, жапайы жан-жаныбарлардын азайышына алып келген[36]. Анын кесепетинен аңчылар ачка калып, айлалары куруганда талаалык малчыларга көз каранды болушуп, акыры Азиянын этнографиялык картасынан да жок болуп кеткен. Дагы мисалдарды келтирели: Мексикада жана Нидерландияда мыкаачылык көрсөтүп, жеңил-желпи баюунун артынан түшкөн испан феодалдарынын Азор аралдарынын жашыл шиберлүү дөңсөөлөрү жылаңачтанып, чаңдуу чапка айланышына кымындай тиешелери жок, аны эчкилер жасаган. Эчкилерди болсо, ал кезде уруучулук түзүлүштө жашап турушкан астурийлер менен баскалар алып келип коё беришкен. Америкадагы бизондорду капитализм мезгилиндеги мергенчилер кырып жиберишкен, ал эми Жаңы Зеландиядагы мао кушун тапка бөлүнүү эмне экенин аңдап биле элек маорийлер тукум курут кылышкан. Ошол эле маорийлер өздөрү жашаган аралдарга америкадан картөшкө апкелип өстүрүштү, ошол эле картошкону Россияда өстүрүүнү жолго коюу үчүн Екатерина II падыша айымдын аскерий-бюрократиялык аппараты талап кылынган. Жогорку мисалдардан улам, мыйзам ченемдүүлүк башка бир көрүнүштө камтылып турганын баамдоого болот.

Суроону башкача коюп көрөлү: жалпы адамзат табиятка кандай таасир көрсөтөт дебей, өнүгүүнүн ар кандай деңгелдеринде ар кайсы элдердин табиятка тийгизген таасири кандайча болот дейли. Ушундайда гана, алардын оз ара биргелешкен аракеттеринин катышынын мүнөзүн эсепке алуу үчүн бизге алигиче жетишпей жаткан ортолук звенону киргизген болобуз. Мындан дагы бир коркунуч келип чыгат: эгерде ар бир эл жашоосунун ар кайсы доорлорунда табиятка ар башка өзгөчөлүктө таасир тийгизген болсо, анда бул аралашманы ажырымдатып түшүндүрүү дегеле мүмкүн эмес жана биз кандайдыр бир жалпыланган жыйынтык чыгаруу, демек, изилдөөгө алынган кубулушту аңдап түшүнүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калабыз.

Ушундай учурларда бизге табигый илимдерде колдонулуп жүргөн усул — изилденип жаткан факторлорду классификациялоо жана системалаштыруу усулу жардамга келет. Бул усул гуманитардык илимий изилдөөлөрдө, тилекке каршы, дайыма эле тийиштүү түрдө колдонулбай жүрөт. Ошондуктан биз этностордун ландшафтка тийгизген таасири жөнүндө айтканыбызда гуманитардык этнографияга эмес, географиялык эл таануу илиминин пайдубалына негизденебиз.

Гуманитардык илимге таандык болгон расалык, коомдук, материалдык маданият, дин ж.б. ушулар өңдүү этникалык классификациянын белгилеринен баш тартуу менен, биз география илимине таандык болгон жана өзүбүз таяна турган принцип менен аспектини тандап алууга тийишпиз. Биз жогоруда баяндаган биоценоз кубулушу дал ушундай принцип жана аспект боло алат, анткени комплексти түзгөн бардык түрдөгү жаныбарлардын ортосундагы тең салмактуулук анын мүнөздүү өзгөчөлүгү болуп саналат. Мисалы, белгилүү бир аймактагы карышкырлардын саны ошол эле аймактагы коёндор менен чычкандардын санына байланыштуу болот, ал эми коёндор менен чычкандардын

саны ал жердеги чөп менен сууга байланыштуу болот. Адатта бул байланыштуулук белгилүү бир тийиштүү чектен ашып же кемип кетпейт жана чанда гана бузулат, бирок бузулса да ал көпкө созулбай, кайра калыбына келип турат.

Бул көрүнүш адамдарга тиешелүү эместей сезилет, бирок бардык учурларда эле андай боло бербейт. Канткен менен да тигил же бул биохорлордогу биоценоздун курамына кирген жана калкынын саны өтө аз этникалык бирдиктер аябагандай көп. Мына ушул майда элдер же кээде катардагы эле уруулар менен салыштыра келгенде цивилизацияга жеткен азыркы тарыхый этностор — левиафандар болуп саналат жана алар аз жана алардын түбөлүктүү жашай албастыгын тарых көрсөттү. Так ушул негизде биз өзүбүздүн алгачкы квалификациябызды түзүп олтурабыз: 1) биоценозго кирген, ландшафтка ылайыкташып сыйышып алган жана ошонусу аркылуу көбөйүү мүмкүнчүлүгү чектелип калган этностор; жашоонун мындай ыкмасы көбөйбөй токтоп калгансыган көптөгөн жаныбарларга да тиешелүү. Зоологияда мындай топтор персистенттик деп аталат. Андыктан бул терминди, өнүгүүнүн кайсы бир белгилүү чекитинде өспөй токтоп калган этносторго колдонбой коюуга негиз жок; 2) ургаалдуу өнүгүп, өзүнүн биохорунан сырткары чектерге өтүп жашай баштаган жана өзүнүн алгачкы биоценозун өзгөрткөн этностор. Бул экинчи абал географиялык көз караштан алганда сукцессия деп аталат.

Биринчи топту түзгөн этностор бир катар башка мыйзам ченемдүүлүктөрдө да жана табиятка карата мамилелеринде да консервативдүү келишет. Бир нече мисал келтирип көрөлү.

Индейлер, сибирь элдери жана алардын ландшафттары

Канадада жана прерия аймактарында жашаган түндүк америкалык индейлердин көпчүлүгү европалыктар келгенге чейинки мезгилдерде Түндүк Америка биоценозунун курамында болушкан. Уруулардагы адамдардын саны бугулардын санына жараша теңдемеленип турган. Мына ушундай шартта адамдардын табигый түрдө көбөйүшүн чектөө зарылчылыгы келип чыккан, натыйжада коңшу уруулардын ортосундагы кызыл- кыргын согуштар жашоонун көнүмүш көрүнүшү болгон. Бул согуштардын максаттары территорияларды басып алуу, кошуналарды баш ийдирүү, мал-мүлкүн тартып алуу, саясий үстөмдүккө жетишүү болгон эмес. Жашоонун мындай адаттарынын мааниси байыркы замандардын түпкүрүндө жатат. Мунун биологиялык мааниси да түшүнүктүү. Кантсе да олжолордун саны чексиз болбогондуктан, ар ким өзү жана өз тукуму үчүн кам- кордук көрүүгө, т. а. үзгүлтүксүз аңчылык кылып, жаныбарларды кырууга, демек, өзүнүн коңшу атаандаштарын жок кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек эле. Андыктан согуштар азыркы биз түшүнгөндөй согуш болбой, өз жашоолору үчүн белгилүү бир биоценозун сактап туруу үчүн жүргүзүлгөн күрөш болгон. Табиятка ушундай мамиле жасоонун шар- тында ага кандайдыр бир өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө сөз да болушу мүмкүн эмес эле, анткени индейлердин ою боюнча ага өзгөртүүлөрдү киргизүү баралына жетип турган жаратылышты орунсуз бузгандык катарында түшүнүлгөн.

Дыйканчылык менен күн өткөргөн уруулар да так ушундай мамиле жасашкан. Пуэбло индейлеринин башка индейлерден айырмачылыгы — жапайы айбанаттардын этинин ордуна алар маис өсүмдүгүн жешкен. Алар эгин айдаган жерлерин кеңейткен эмес, аккан сууну сугатка пайдалануу га, кесиптик курал-шаймандарын өркүндөтүүгө умтулушкан эмес. Алар өз элинин санынын өсүшүн чектөө максатында ден соолугу начар балдарды кароосуз калтырып, дени сак, чыйрак балдарга көбүрөөк камкордук көрүшкөн. Ал балдар эр жеткен соң

www.bizdin.kg
навахтар жана апачилер менен кагылыштарда курман болушкан. Чарбачылыгы башкача болгону менен, булардын да табиятка жасаган мамилеси башка индей урууларынын мамилесинен айырмаланган эмес. Мында бир гана нерсе түшүнүксүз: эмне үчүн навахтар пуэбло индейлеринен дыйканчылыкты, ал эми пуэбло уруусу навах индейлеринен күтүүсүздөн кол салып, кыйраткыч сокку уруу тактикасын үйрөнүп алышкан эмес?

Айтмакчы, индейлердин нагуа тобуна кирүүчү ацтектер XI кылымдан XIV кылымга дейре Мексиканын тайпак тоолоруна көчүп келишип, анын ландшафттары менен рельефин бир кыйла ургаалдуу өзгөртүшкөн. Алар теокаллдарды курушту (рельефтин түрүн өзгөртүү), акведуктарды жана жасалма көлдөрдү жасашты (техногендик гидрология), маис, тамеки, помидор, картөшкө жана башка көптөгөн пайдалуу өсүмдүктөрдү эгип өстүрүштү (флоранын түрүн өзгөртүү), кочкул кызыл боёк берүүчү кошенил куртун багышты (фаунаны өзгөртүү). Кыскасы, апачилер менен навахтар табиятты коргоп жатышканда, ацтектер аны өзгөртүп киришти.

Мында түштүк Мексиканын ысык аба ырайы чечкиндүү маниге ээ болгон деп болжолдоого болчудай, бирок ал Рио-Гранданын жээктериндеги климаттан анчалык айырмаланган эмес болучу. Бирок Түндүк Американын чок ортосунда, Огайо өрөөнүндө качандыр бир кезде курулган эбегейсиз зор топурак жалдар табылып, алардын эмне максатта курулганы индейлердин өздөрүнө да белгисиз бөлгөн[37]. Кейпи, бул жерде да качандыр бир мезгилде, табиятты өзгөрткөн эл жашаса керек. Климаттык шарттар аларга тоскоол болгон эмес, айтмакчы, климаттык шарттар англосаксондордун тукуму болгон америкалыктарга деле тоскоолдук кылган эмес.

Ушулар менен бир катарда белгилеп коюучу нерсе, индей урууларынын бири — төлөңгүттөр жана да алеуттар кул ээлөөчүлүктү жана кул сатууну кеңири жүргүзүп турушкан. Кулдардын саны Түндүк Американын калкынын үчтөн бирин түзгөн, ал эми төлөңгүт уруусунун кээ бир байлары 30—40 кул жумшашкан.

Кулдарды сатуу жана сатып алуу тынымсыз жүргүзүлүп, аларды булганыч иштерди аткарууга, өлүк көмгөндө курмандыкка чалууга, үрп-адат ырым-жырымдарын өткөрүүгө пайдаланышкан, күң аялдар кожоюнга ойноштук кызмат өтөгөн[38]. А бирок төлөңгүттөр чарбанын өндүрүп алуу тибин эмес, ээлеп алууну кесипке айлантып, анчылык менен жан багышкан.

Түндүк Сибирде да ушундай абал сакталган. Угор, тунгус жана палеоазиаттык топко кирген элдер тиричилик кылуу жана чарба жүргүзүүнүн мүнөзү боюнча ландшафттын фрагменти катары, биоценоздун курамынын эң жогорку бөлүгү болуп саналган. Тагыраак айтканда, алар ландшафтка "сиңип" кетишкен. Түндүккө өздөрү менен кошо малчылык кесиптин көнүмүш тажрыйбаларын, жылкылары менен уйларын кошо ала келишкен якуттар чөп чабыктарды уюштурушуп, Лена дарыясынын өрөөнүндө биоценозду жана ландшафтты өзгөртүшкөн. Анткени менен бул антропогендик сукцессия жаңы биоценоздун түзүлүшүнө гана жол ачып, ал биоценоз алгачкы орустар келгенге чейин туруктуу абалда сакталып турду.

Евразиялык талаалар деги эле башка көрүнүшкө ээ болгон. Экстенсивдүү көчмөн малчылык менен жан баккан эл жашаган бул жерде табият өзгөрүшү керек эместей сезилген. А чындыгында талаалардын рельефин өзгөрткөн дөбөлөр (көрүстөндөр) жайнады, үй жаныбарларынын үйүрлөрү жапайы айбанаттарды сүрүп чыгарды. Тээ байыркы убактарда, анча көпкө созулбаса да, таруу айдалган аянттар пайда болду[39]. Примитивдүү дыйканчылыкты хуннулар, түрктөр жана уйгурлар жүргүзүшкөн. Бул жерде жаратылышты ар качан үнөмдүү пайдаланууга умтулуу байкалып турат. Албетте бул Кытай, Египет, Европа жана Иран менен салыштыра келгенде жокко эсе эле болгон жана ал дыйкан элдердин

www.bizdin.kg
табиятка тийгизген таасиринен да принципиалдуу түрдө айырмаланып турган. Көчмөндөр өздөрү жашаган ландшафтты түп-орду менен өзгөртүүнүн ордуна, аны жакшыртууга гана аракеттенишкен. Ошентсе да, көчмөндөрдү өз классификациябыздын экинчи бөлүгүнө, ацтектердин катарына коёбуз. Ал эми таптык мамилелери ацтектерге караганда бир топ жогору турган төлөңгүттөрдү бул бөлүккө кошо албайбыз. Эми, бул корутунду бир караганда канчалык парадоксалдуу болбосун изилдөөбүздүн илимий жыйынтыгына жетүү үчүн биз өзүбүздүн классификациябыздын принцибин акыр-аягына чейин катуу сактоого тийишпиз.

Көчмөн маданияттын начарлоосунун ички карама-каршылыгы, анын геобиоценоздун аридалык зонасына кошулушунан улам келип чыккан, ал адегенде анын прогрессивдүү түрдө өнүгүшүн камсыз кылган. Көчмөндөрдүн саны азык-түлүктүн санына, т. а. мал башына жараша, ал эми малдын саны жайыт аянттарына карата азайып же көбөйүп турган. Биз иликтөөгө алган мезгилдерде талаа мейкиндигинде жашаган калктын саны бирде көбөйүп, бирде азайып турган. Айталы, хуннулардын мезгилинде 300—400 миң[40], мөңгөл улустары гүлдөгөн заманда 1 млн. 300 мин адамды түзгөн[41] жана кийинчерээк азайып кеткен. Бирок XVI—XVII кылымдарда канча эл жашаганы жөнүндө так маалымат жок[42].

Кеңири таркап кеткен ойду төгүндөп, көчмөндөр дыйкандарга караганда бир жерге көбүрөөк айланчыкташат деп айтса бөлөт. Чынында эле, түшүм мол болгон жылы дыйкандар бир нече жылдарга жетчү азык- түлүгүн камдап алат. Каптарга салынган унду арабага же кайыкка жүктөп алып, курал-жарагын шайлап, алыскы жерлерге жөнөгөн дыйканды аскер күчтөрү эле токтотуп калбаса, башка эч ким токтото алмак эмес. Түндүк америкалык скваттерлер, түштүк африкалык бурлар, испан конкистадорлору жана орус жер кезүүчүлөрү, хижранын биринчи кылымдарында Хижастан, Йеменден жана Ирандан чыккан араб жоокерлери, Жер Ортолук денизинде каршы-терши сүзгөн эллиндер так ушундай жол менен башка жерлерди өздөштүрүшкөн.

Көчмөндөр үчүн антүүгө алда канча кыйын болгон. Алардын азык- түлүгү — тирүү мал болгон. Койлор менен уйлар жай кыймылдап, анан да аларга өздөрүнө көнүмүш тоютун камсыз кылуу зарыл. Ал эмес көнбөгөн жайыттын чөбүн жеген мал кырылып да калган. Малсыз көчмөн ачка калат. Басып алган элди талап-тоноп алуунун эсебинен жеңишчил аскерди багып турууга болот, бирок алардын үй-бүлөсүн багууга ал жетишсиздик кылат. Баарынан да адамдар өздөрүн курчап турган жаратылыш чөйрөсүнө биротоло көнүп алат да, өтө орчундуу себеп болбосо ата мекенин таштап, бөтөн жерге кетүүнү деги эле каалабайт. Эгер эле көчүп калышса, анда таштап кеткен ландшафтка окшош ландшафтты тандап алышкан. Дал ушул себептен, б. з. ч. 202-жылы Кытай аскерлерин жеңип алган хуннулар алардын территориясын тартып алыш- кан эмес. Алардын мунусу мындайча түшүндүрүлөт: "Кытай жерлерин ээлеп алган менен, баары бир хуннулар ал жерлерде жашай албайт"[43]. Кытай эле эмес, талаалуу-чөлдүү, бирок жыл мезгилдеринин нымдуулугу башкараак болгон Жети-Сууга да б. з. ч. II кылымга дейре көчүп келишкен эмес. Алар II —III кылымдарда гана ата мекенин таштап, Хуанхэ, Иле, Эмба, Яик жана Эдилдин төмөнкү жээктерине көчүп келишет. Эмне үчүн?

Б. з. III кылымында Евразиянын бүткүл талаа аймагында кургакчыл болгонун ар кайсы булактардагы бири экинчиси менен байланышпаган эн эле көп маалыматтар айтып турат. Түндүк Кытайдагы Цинлин тоо кыркаларындагы субтропиктик жунгли Ордос жана Гоби чөлдөрүнө анча билинбестен жумшак өтүп кетет. Бадалдарды шалбаалар алмаштырып, шалбаалар — талааларга, талаалар жарым чөл менен алмашып отуруп, акыры кумдуу чаптар жана Бэйшан

www.bizdin.kg
зоокаларына жетип токтойт. Нымдуулук көбөйгөн мезгилде бул система түндүктү, нымдуулук азайганда түштүккө карай жылат, алар менен кошо чөп жеген мал, аларды кайтарган малчылар да кошо жылышат[44].

Ландшафттардын дал ушул жылышууларын Чыгыштын эн билимдүү тарыхчысы Р. Груссе көз жаздымында калтырыптыр. Көчмөндөрдүн Кытайга каршы ачкан чоң согуштарын талааларда гы кургакчыл болгон мезгилдер менен байланыштырууга аракеттенген окумуштуулар менен адилеттүү талаш-тартыш жүргүзо келип, ал кытайлык авторлор бул кагылышуулардын ар бирин Кытайдын ички саясий абалына байланыштырып, акылга сыярлык түшүндүрүшкөнүн жазат. Анын ою боюнча көчмөндөрдүн басып кирүүсүн Улуу талаадагы климаттык өзгөрүүлөр менен түшүндүргөнгө караганда, Кытай дубалынын тилкеси начар корголгону менен түшүндүрүү оңой[45].

Бир жагынан аныкы да туура; ири согуштук жортуулдар чанда учурайт, ал эми жеңишке жетүү көптөгөн себептерге байланыштуу болот да, мында натуралдык чарбачылыктын экономикасынын ролун аныктоого дайыма эле мүмкүн боло бербейт. Отурукташкан дыйкандарга көчмөндөрдүн үзгүлтүксүз кол салып талап-тоноп турганы да кургакчылык менен түшүндүрүлө турган көрүнүш эмес, ал бар болгону этностор арасын- дагы оз ара алмашуусунун көмүскөлөнгөн түрү. Чаап алуу мезгилинде көчмөн адам өзүнүн ишенчээктигинен жана куулук-шумдукту билбегенинен улам базарда алдатып жибергенин гана өзүнө кайтарып алат. Тигинисинин да, мунусунун да миграцияга тиешеси жок.

Бирок окуяларды бир кыйла кылдаттык менен иликтей келгенде, көчмөндөрдүн отурукташкан коңшулары менен чатакташуудан качып, малына жайыт менен суу издеп, акырындап жер которуп кетерин байкоого болот. Буга окшош абал биздин көз алдыбызда эле Сахеледе (Сахарадан түштүгүрөөк жайгашкан кургак талаа) болуп өтүп, туарегдерге каршы согуштарды пайда кылбаганы менен этносту таркатып тынды[46]. Чындыгында, иш туарегдердин натуралдык чарбасын батыш европалык капитал товардык чарбага өткөрүшүнө байланыштуу татаалдашып кетип, натыйжада жайыттардын тепселишин күчөткөн. Эми ушул эле принципти, айрым ондоолорду киргизүү аркылуу, тээ байыркы мезгилдерге колдонуп көрөлү.

Кытайдын түндүк чектеринде, т. а. Улуу дубалдын аймагында болгон окуяларды майда-чүйдөсүнө дейре толук изилдей келсек, анда биз, хуннулардын эң алгач Улуу дубалдан түндүк тарапка кетип калышканын (б. з. ч. II кылым — б. з. I кылымы), андан соң түштүк тарапка жыла баштаганын, ал кыймыл б. з.У1 кылымында өтө күчөгөнүн байкайбыз. Ал учурда хуннулар менен сянбилер (байыркы моңголдор) Шэнси менен Шансинин түндүк чет-жакаларына, ал эмес Улуу дубалдан да түштүгүрөөктө жаткан жерлерге көчүп келишкен. Анткени менен алар Хунанинин нымдуу аймактарына өтүп барышкан эмес.

Көчмөндөрдүн түштүк тарапка эн алгачкы ооп кетиши чоң согуштар менен байланыштуу болбогонун белгилеп коюу өтө маанилүү. Бул жолу Кытайга келгендер баскынчылар эмес эле, алар малын сугарганга мүмкүнчүлүк издеп, дарыялардын жээгине конууга уруксат сураган кедейлер болучу. Ооба, кийинчерээк түндүк Кытайды басып алуулар болгон, бирок негизинен түндүктөгү жерлерин таштап жаан-чачындуу болгон түштүк тарапка кетип калышкан кытай дыйкандарынын жерлерин ээлеп алуу аркылуу ишке ашкан. Ээн калган талааларды көчмөндөр ушундайча ээлеп алышып, аларды жайыттарга айлантышкан.

Бирок IV кылымдын орто ченинде мунун тескерисинче процесс башталганы байкалат. Катарына уйгурлардан башка да көптөгөн уруулар кирген телелердин (телеуттар) уруулук чоң тобу Гансу оазисинен Жунгарияга жана Халхага көчүп келишет. Ушул эле аймакка ошол эле жол менен ооп келген байыркы түрктөр IV

кылымда Улуу Кагандыкты түзүштү. Ал кезде Кагандыктын аймактары талаа зоналары менен чектелип турган болучу.

Бул эмнени түшүндүрөт? Улуу талаа кайрадан көчмөн малчылыкка жararлык жайытка айланганын гана билдирди. Кыскасы, кечээки какыраган талаанын ордунда отко мол жайыттар калыптанды, т. а. оттуу жайыттар түндүккө карай жылды. Эгер мындай болсо, анда түндүк Кытайда кытайларга жагымдуу, көчмөндөргө зыяндуу нымдуу климат калыптануусу тийиш эле. Демек, согуш түштүктүктөрдүн пайдасына чечилмек. Ошондой эле болду. VI кылымдын башталышы ченде бүтүндөй Хуанхэ өрөөнүн ээлеген Тоба деген көчмөн империя Кытайдын Вей империясына айланды. Эми империяда сянби кийимине, жүрүш-туруш салттарына, ал эмес сянби тилинде сүйлөөгө да өлүм жазасы менен коркутуу аркылуу тыюу салынды. Анын артынан эле чыныгы кытайлар бийликтеги династиянын мүчөлөрүн кырып салышып, бардык чет жердиктерге каршы турган жана өтө эле агрессивдүү болгон Суй империясын негиздешет.

Ошол эле мезгилде, мүнөзү жактан жогорудагыларга окшош миграция талаанын батыш чет-жакасында да болуп өткөн. 155-жылы сянбилердин кыйраткыч соккусуна туш болгон түндүк хуннулар батыш тарапка чегинишет. Алардын бир бөлүгү Тарбагатайдын тоолуу аймагына туруп калышат, бирок көп убакыт өтпөй эле (талаада нымдуулук башталганда) Жети-Сууну ээлеп алышат. Эдилдин төмөнкү жээгине көчүп келген экинчи бир топ, күчү ашып-ташып турган аландар менен кагылышат. Хуннулар "күнү-түнү тынчтык бербеген үзгүлтүксүз чабуулдары аркылуу аландарды алсыратып отуруп, акыры жеңип алгандан кийин" (Иордан) 370-жылы Дондун ары жагына өтүп кетишет. Бул мезгилде алар эбегейсиз күчтүү эле. Бирок V кылымдын орто ченинде түндүк тарапта гепиддерден, түштүктө болгарлардан сокку жеп талкаланып, андан соң жок болуп кетишкен. Ошентип жергиликтүү калк келгиндерди жеңип чыгышкан.

Көчмөндөрдүн андан кийинки жер которуу толкуну X кылымда башталат[47]. Дал ошол учурда Арал деңизинин жээгинен көчүп чыккан печенегдер, азыркы Казакстандын территориясынан жөнөгөн түрктөр, Барабин талаасынан келген кыпчактар Кара деңизге жакын жаткан талааларды ээлешти. Алар бул аймакты басып алышкан эмес. Тек гана акырындык менен анча чоң эмес топтор көчүп келе беришип, бул талаага ээлик кылып калышкан. Натыйжада согушуулар жана жортуулдар токтоп, алардын ордуна жаңжалдашуулар менен күтүүсүз кол салуулар гана болуп турган.

Ошол учурда Жакынкы Чыгышта да ушундай абал түзүлдү. Карлуктар Жуңгарияны таштап, мөңгүнүн булактарына жана жер астындагы сууларга бай оазистерге — Кашкар менен Хотанга көчүп келишет. Түркмөн- селжуктар Кызыл-Кумдагы журттарын калтырып, Хорасанга келип орун алышат. Ал жерде алар күчтүү биримдик түзүшүп, 1040-жылы Масуд Газневинин туруктуу аскерин талкалап салышат. Андан соң Персияны каратышып, 1071-жылы Византиянын императору Роман Диогенди жеңип, бүткүл Кичи Азияга жана Сирияга бийлик кылууга жетишет. Баарынан кызыгы, ал жакта да алар өздөрү үчүн, мурдагы ата мекенинин ландшафттарын элестеткен кургак талааларды жана тоо этектериндеги аймактарды тандап алышкан.

Моңгол атчандары күлүктөрүнүн ооздугун коё берген бойдон Аннам менен Бирманын жунглилерине, Иордан өрөөнүнө жана көгүлтүр Адриатикага кирип келген XIII кылымда деги эле башкача окуяларга күбө болобуз. Алардын жортуулдары менен жеңиштеринин учурунда эч кандай жер ооп кетүүлөр болгон эмес. Согушту моңголдордун анча чоң эмес, шамдагай, начар куралданганына карабай, эң сонун уюшкан аскерий бөлүктөрү жүргүзгөн. Ал эмес өтө керек учурда да батыш улустарынын башчыларына ишенимдүү аскерлердин тобун жиберүү ордуна, моңголдун борбордук өкмөтү багынып берген уруулардан түзүлгөн

кошуундарды жиберүү менен чектелген. Хулагу ханга наймандар тартуулланган, Батыйга саны бир нече мин адамды түзгөн маңгыттар менен чжурчжендер (хиндер) белекке берилген.

Чынгыз хандын балдары менен небереларинин жортуулдарын климаттык өзгөрүүлөр менен байланыштыруунун да кажети жок. Андан көрө ал убактагы талааларда мал багуу үчүн эн ыңгайлуу шарт болгон деп айткан оң. Аттар үч армияга жетиштүү болгон, 1200—1208-жылдарда өткөн уруулар аралык каардуу согуштардан кийин малдын башы тез эле көбөйүп, мурдагы калыбына келген, ал эми элдин саны 1 млн. 300 миң адамга өсүп жеткен. Тескерисинче, салыштырмалуу алганда тынчтык сакталып турган XVI кылымда Моңголия өз алдынчалыгын, ал эми XVII кылымда эгемендүүлүгүн жоготуп койгон.

Дүйнө жүзүнүн ошол кездеги эң күчтүү мамлекетинин начарлап калуу себебин XVII кылымдагы кытай географы мындайча кабарлайт: "Бүткүл Моңголия кыймылга кирди, ал эми моңгол урук-уруулары суулуу жерлерди жана жакшы жайыттарды издеп таркап кетти, андыктан алардын аскерлери бир бүтүн күч болуудан калды" [48] . Мына ушуну миграция деп айтабыз. Бүткүл дүйнөлүк-тарыхый масштабдан алганда, моңгол көчмөндөрү кургакчылык баскан өз ата мекенинен Тибеттин катаал шарттуу тоолорунун этек-жакаларына, Эдилдин суусу көп жээктерине жана Түркстандын оазистерине көчүп кетиши анчалык байкалбай өткөн[49]. Көчмөн маданияттын акыркы бир бөлүгү болгон Ойрот биримдиги 1758- жылга чейин жашап турган, анткени анын чарбачылыгы Алтай менен Тарбагатайдын тоолуу жайыттарына негизденип турган эле. Бирок ал да манчжурлар менен кытайлар тарабынан курман болду.

Ошентип, б. з. ч. III кылымдан б. з. XVIII кылымына чейинки эки мин жыл ичинде талаа үч жолу кургап, андай ар бир мезгилде көчмөн элдин Улуу талаанын чет-жакасына, ал эмес сырт жактарга да жер которууга мажбур болгонун белгилеп өттүк. Бул жер которуштуруулар каратып алуу мүнөзүнө ээ болгон эмес. Көчмөндөр анча чоң эмес топторго бөлүнүп алга жылып, алдыларына койгон максаттары чаңкаган малынын суусун кандыруу жана өз курсактарын тойгузуу менен гана чектелген.

Мунун тескерисинче, талаалардын нымдуулугу калыбына келгенде көчмөндөр ата-бабаларынын жерине кайтып келишкен. Төрт түлүк байлыктын көбөйүшүнө жана молчулукка байланышкан согушчул саясат кайрадан башталып, болгондо да ал каратып алуулар "жашоо мейкиндиктерине" ээ болуу үчүн эмес, мамлекеттик максаттардан улам ишке ашырылып турган. Көчмөндөр эми тынч өмүр сүрүү ордуна үстөмдүк кылуу максатын коё башташкан.

Тропиктик алкактагы урууларды жана майда элдерди иликтөө мурда белгилүү болгон материалдарга салыштырмалуу алганда кандайдыр бир принципиалдуу жаңылыктарды бере албайт. Ошондуктан көңүлдү табиятты өзгөртүүдө классикалык мисалдардан болгон Египетке, Месопотамияга жана Кытайга бурганыбыз максатка ылайык болот. Европаны мындай коё туралы, себеби биздин көздөгөнүбүз мыйзам ченемдүүлүктөрдү табуу, ал эми аны толук аяктап бүткөн процесстерден гана байкоого болот.

"Берекелүү жарым айдын" байыркы цивилизациялары

Э. Брукстун изилдөөлөрү боюнча вюрмдук муз каптоо замандарында Атлантиканын циклондору түндүк Сахара, Ливан, Месопотамия, Иран аркылуу өтүп, Индияга жетип турган[50]. Ал кезде Сахарада суусу мелмилдеген дарыялар агып, гүлгө оронгон жашыл талааларын жапайы жаныбарлар: пилдер, бегемоттор, бизондор, зубрлар, газелдер, пантералар, арстандар, аюулар мекендеген. Бул жаныбарлардын сүрөттөрү алигече Сахаранын, ал эмес

Аравиянын да аскаларында сакталып турат. Ал сүрөттөрдү азыркы адам баласынын Homo sapiens түрүнүн өкүлдөрү тартып калтырган. Б. з. ч. IV кылымдын аяк ченинде Атлантика циклондорунун түндүк тарапка ооп кетишине байланыштуу Сахаранын кургай башташы бул жерде жашаган жан-жаныбарлардын Нил дарыясынын боюндагы саздуу өрөөндөрдүн калың чөптүү, арасында "буудай менен сулунун" "ата-бабалары" кылкылдап өсүп турган аймактарына жер көтөрүп кетишине апкелди[51]. Неолит уруулары жер иштетүүнү өздөштүрүштү, жезден буюм жасоо башталган замандарда египеттиктердин ата-бабалары Нилдин куймасындагы аянттарды системалуу иштетүүгө өтүштү[52]. Бул процесс акыры фараондордун бийлиги алдында, Египеттин биригиши менен аяктады. Бул бийлик ага чейин эле өзгөртүлгөн ландшафттардын зор байлыгына негизденген. Биздин көз караштан алганда, рельефтин антропогендик түрү болуп саналган архитектуралык каналдардын, суу тосмолорунун, пирамидалардын, храмдардын курулушун айтпаганда, бул аймактагы ландшафттар фараондордун мезгилинде анча өзгөртүлгөн жок. Ошентсе да, кичи масштабдагы өзгөртүүлөр — XII династиядан XXI династияга чейинки замандарда атактуу Фаюм оазиси түзүлгөнүн кошумчалап коёлу. Андан кийин Египет сырттан басып кирүүлөрдүн майданына айланып калат. Египеттин байлыгын нубиялыктар, ливиялыктар, ассириялыктар, перстер, македондуктар, римдиктер талап алып турушканда египеттиктер өздөрүнүн ата-бабалары түзгөн биоценозду туруктуулук менен сактоонун камын көргөн феллахтарга айланып кетишкен.

Айрым бир физикалык-географиялык өзгөчөлүктөрүнө карабай, ушуга окшош эле абалды Месопотамиядан да байкаса болот. Тигр менен Евфрат дарыялары агызып келген шилендилер Персия булуңунун чет-жакаларында тунуп, күрдүү жерге айланган аянттар асылданып, өсүмдүктөр, жапайы курма пальмалары жайкалып өсүп, суу куймаларында, суу айрыктарында балыктар эбегейсиз көбөйүп, канаттуу куштардын базарына айланган. Анткени менен, бейиштей болгон бул алгачкы Эдемди өздөштүрүү чымырканган эмгекти талап кылган. Айдоо жерлерди түзүш үчүн "сууну кургакчылыктан бөлүш керек" болду. Саздарды кургатып, чөлдү сугаруу, дарыяларды дамбалар менен тосуу талап кылынды[53]. Ушул иштердин баарын жашоого мындан башка каражаттары жок болгон шумер элинин байыркы ата-бабалары — карапайым малчы-дыйкандар ишке ашырган. Алар жазганды билишпегени, шаарларды курушпаганы, тапка бөлүүнүн эмне экени ойлоруна кирбегени менен, ландшафтты орду-түбү менен өзгөртүп жиберишкендиктен, кийинки укум-тукумдары алардын колунан жаралган кереметтерди кылымдар бою пайдаланып турушкан[54].

Табиятты өзгөртүү жагынан примитивдүү элдер цивилизациялуу коом-дордун мүчөлөрүнөн артыкчылык кылган деп ойлоого болбойт. Байыркы падышачылык доорлордо курулган Египеттин кыштактарын кум басканга чейин, шумер менен аккаддын кыштактарын ылайдын тундурмалары басканга чейин Нил менен Евфраттын жээктериндеги өрөөндөр кайра-кайра өзгөртүлүп турган. Евфраттын батыш тарабындагы чөбү мол жайыттарды Багдад халифатынын тушунда эле туз кыпындары баса баштаган болучу. Жергиликтүү байлыктын эсебинен жыйырма кылым бою гүлдөп жана берекеси ашып-ташып турган, байыркы дүйнөдөгү эң биринчи шаар — Вавилондо жашаган эл биздин замандын башы чендерде эле тамак-аштын тартыш боло баштаганына байланыштуу шаарды таштап кетүүгө аргасыз болушкан. Кытайда түзүлгөн сугат тармактарынын тарыхы мындан да ачык мүнөзгө ээ. Ошондуктан ага өзүнчө токтолуп, толугураак баяндап берүү талап кылынат.

Байыркы Кытайда

Б. з. ч. III миң жылдыкта Кытайдын территориясы азыркы көрүнүшүнө деги эле окшош эмес болучу: ташкындап кирген дарыялардын суусунан дүркүрөп өскөн кол тие элек токойлор менен саздар, чалкайган көлдөр, сормо шор топурактар, кумдар жана жалпак тоо айдындарында шалбаалар жана талаа аянттары созулуп жаткан. Чыгыш тарапта дарыялардын төмөнкү агымдары менен түздүктөр кесилишкен жерлердин былкылдаган кыртыштары салаа-салаа болуп созулуп жаткан. Хуай жана И дарыялары Янцзынын төмөнкү агымдарындагы саздак өрөөндөргө келип, сиңип жоголуп турган. "Вэй-хэ дарыясынын аймагы чатырап өскөн өсүмдүктөргө көмүлүп, дүпүйгөн зор эмендер асман менен бой тирешип, бардык жерлерде кипарис менен карагайлар жайкышы жашыл өңүн өчүрбөй турган. Токойлордо жолборс, илбирс, сары кабылан, аюу жана каман, буйволдор көп болуп, чөө менен карышкырлардын улуганы күнү-түнү басылбаган[55].

Кантсе да, бул жерде жашаган адамдардын эң башкы душманы дарыялар болгон. Кургакчыл мезгилдерде алар соолуп калган, ал эми тоолорго жамгыр жааганда дарыялар ашып-ташып, жээктеринен чыгып кеткен. Ташкындаган мезгилде суунун ылдамдыгы азайып, жай агарын жана майнабы чөгүп каларын да эстен чыгарбоо зарыл. Анын үстүнө Хуанхэ дарыясы кирген мезгилде 46 пайызга жакын чопо менен кум аралашкан суу агат[56]. Алгачкы дыйкандар өз жерлерин суу ташкынынан сактоо үчүн тосмолорду курууга аргасыз болушкан, ага карабай, тосмолору, орточо эсеп менен алганда, ар бир 2,5 жылда жырылып кетип турган[57]. Суунун мындай азабына чыдабаган Кытайдын байыркы калкынын бир бөлүгү тоолорго кетишип, аңчылык кесипке өтүп, ал жактан алардын изи да калган эмес. Шансиге батыштан келген "кара баштуу жүз үй-бүлө" жер иштетүүчүлөр дарыяны ооздуктоого киришет. Алар азыркы кытайлардын түпкү ата-теги болгон. Бул күрөштө жеңип чыгуу үчүн алар мурдагы жапайы эркиндигин таштоого жана тартипти өздөштүрүүгө, бекем уюмдашууга жана башкаруунун каардуу түрүн кабыл алууга макул болушту. Мунусу үчүн табият аларга берекелүү кайтарымын тартуулап, ургаалдуу көбөйүшүнө жана башкаларга окшошпогон өзүнчө маданият түзүүсүнө жол ачты[58]. Ал эми жер иштетүүнүн оорчулугунан, суу ташкынынын азаптарынан тоого качып келгендер жундар менен тибеттик кяндардын ата-тегине айланды. Алар ландшафт менен рельефти өзгөртпөсө да, табылган даяр жаратылыш азык-түлүктөрүн пайдалангандыктан мамлекет- тик уюмдарды түзүү ойлоруна да келбеди. Алардын кесипчиликтери,жашоо түзүлүштөрү, акырында алардын идеологиялары да кытайлардыкынан кескин түрдө айырмаланып, бул эки эл ар бир жаңы муун жаралган сайын бири-биринен алда канча алыстай беришкен. Бул айырмачылык акыры элдешпес душмандыкка өсүп жетип, байыркы Кытай менен анын кошуналарынын тарыхынын багыттарын өзгөрткөн көрүнүш болду.

Анда эмесе, ландшафтты антропогендик өзгөртүүнүн фактыларын хронологиялык негизге салып карап көрөлү. Табият менен күрөшүүнүн биринчи этабы б. з. ч. 2278-жылы Кытайдын биринчи Юй династиясынын легендарлуу түпкү бабасы Хуанхэ дарыясынын нугун жөнгө салуу иштерин жүргүзгөн соң түндүк Кытайдын борбордук бөлүгү (Шанси жана да Шенсинин жарымы) дыйканчылык өлкөсүнө айланышы менен бүттү. Ошондон кийинки он алты кылым бою, т. а. б. з. ч. 602-жылга дейре дарыя өз нугунда жайбаракат ага берди[59]. Үч династияны — Ся, Шан- Инь жана Чжоу династияларын камтып турган убагындагы бул мезгил, тарыхый жактан алганда, байыркы Кытай маданиятынын монолиттүү доору болуп эсептелинет. Ушул доордо Кытай бири-бири менен ошол учурдагы маданияттын эң зор жетишкендиги болгон иероглиф жазуусу аркылуу байланышып турган княздыктардын

www.bizdin.kg
конфедерациялык биримдигин түзгон[60]. Бардык ушу мезгил ичинде Юй тарабынан түзүлгөн жасалма ландшафт бузулбай сакталып турган. Акыры, б. з. ч. 722-жыл жаңырышы менен кошо "Жаз жана Күз" доору (бул мезгилди жазгандар ушундайча атаган) кирип келди да, баары бөлөкчө жолго түштү. Вандын (хандын) жетекчилиги астында бир бүтүндүктү түзгөн конфедерация өз алдынча 124 мамлекетке бөлүнүп, бирин бири өзүнө сиңирип ала баштайт. Так ошондо тоолук жундар да, Хуанхэнин суусу да чабуулга өттү. Суу тосмолорун кароосуз калтыргандыктын натыйжасында, б. з. 602- жылы Хуанхэ дарыясынын нугунун биринчи өзгөрүшү катталган[61]. Ошол мезгилден тартып XVIII кылымга чейин дарыядагы иштер тосмолорду оңдоп бекемдөө жана жырылган жерлерди бүтөө менен чектелип келген[62]. Өзүбүз кабыл алган көз караштан алганда бул көрүнүш жашап турган ландшафтты сактоо катары кабыл алынышы керек, т. а. биздин бул парадоксалдуу жыйынтыгыбызга ылайык кытайларды да эвенктер менен алгонкиндер кирчү этностук топко кошуу зарыл. Бирок биз өзүбүздүн алгачкы корутундубузду текшерип көрөлүк.

Б. з. ч. IV кылымда турмуш-тиричиликте темир кеңири колдонулуп, андан кылыч эле эмес, күрөк да жасала баштаган[63]. Техниканын өркүндөшүнөн улам III кылымда түндүк Шенсидеги 162 миң га аянтты сугарууга мүмкүнчүлүк түзгөн сугат тармактары түзүлүп, алардын эн маанилүүсү Вейбей системасы ишке киргизилген[64]. Бул суу тармагынын жардамы менен "Шенси провинциясы түшүмдүү жергеге айланып, түшүмсүз калган жылдар болгон эмес. Ошонун аркасында Цин Ши Ху- андинин байлыгы жана күчү артып, башка княздарды өзүнө баш ийдире баштайт"[65]. Кытайдын атак-даңктуу бул биригүүсү, жеңилген тараптын адамдарын массалык түрдө кырып, тирүү калгандарын кулга айлантып, Улуу Кытай дубалын куруу жана техннкалык китептерден (медицина, төлгө салуу, агрономия) башкасын өрттөө, илимпоздорду эле эмес, тарыхый жана философиялык трактаттардын окурмандарын жана да поэзия күйөрмандарын тукум курут кыруу менен аяктады.

Мына ушул жерде биз суроо салууга тийишпиз: ландшафтты максаттуу түрдө өзгөртүүнүн жана адамдарды эбегейсиз коп кырып жок кылуу сыяктуу эки окуянын өз ара байланышы бар беле же бул эки окуя кокусунан бир учурга туш келип калдыбы? Же бул эки көрүнүштүн жалпы себептери барбы? Бул суроого жооп табуу үчүн Кытайдын жана Вейбей суу тармагынын тарыхын андан ары кароого өтөлү.

Б. з. ч. 206-жылы болгон элдик көтөрүлүш Цин империясын кулатып, анын ордуна келген Хан династиясынын башкаруу учурунда мынчалык зор кан төгүү болгон эмес. Өлкө байый баштайт, анткени Хуанхэнин жээгиндеги Шансинин түшүмдүү эгин аянттарына жаны айдоо аянттар кошулат. Бирок бул жерлерде жаратылыш өз сөзүн айтты. Сугат тармактарына суу Цзин дарыясына курулган тосмо аркылуу келип турган, бирок дарыянын нугу тереңдеп суу тосмонун алды менен ага баштагандыктан суу кабыл алгыч система кургактыкта калган. Натыйжада жаңы канал казууга жана дарыянын жогорку агымына тосмо курууга туура келет. Бирок кийинки кылымдарда да мындай окуя он ирет кайталанып, эбегейсиз зор күч жумшоо талап кылынган. Эмнеси болсо да, акыры XVII кылымда Вейбей суу тармагына мурдагыдай көңүл бурулбай, иш жүзүндө унутулуп кала берген[66].

Өткөн эки миң жыл аралыгында Кытайдын орто тарыхы — анын империялык мезгили өкүм сүрүп турган. Этнология өңүтүнөн алганда, италиялыктар — римдиктерге, французлар — галлдарга тиешелүү болгондой эле, ал мезгилдердеги кытайлар — байыркы кытайлар болуп эсептелет. Тактап айтканда, Хуанхэ дарыясынын жээгинде пайда болгон жаңы эл мурдагы, эски аталышын сактап калган. Бирок да биздин терминологиябыздын кемчилдигин

изилдөөнүн предметине айландыруунун кереги жок, анын үстүнө "кытайлар" деген сөз да шарттуу термин болуп саналат. Мындай аталыш XII кылымда кербенчилик соодасынын өнүгүшүнөн улам жаралган жана ал кезде кытай моңгол тилдүү уруунун аталышы болгон. Италиялык жана орус көпөстөрү ал уруу менен соода жүргүзүп турган; кийин бул уруунун "кытай" деген аты өздөрүн "Орто түздүктөрдүн жашоочулары" деп жүрүшкөн коңшу элге өтүп кеткен. Биздин илимий талдообуз үчүн бул аталыш өтө маанилүү, анткени баардыгына кеңири белгилүү болгон "Кытай" деген сөз таксономикалык жактан "Европа" же "Левант" (Жакынкы Чыгыш) өңдүү түшүнүктү берет. Мындай түшүнүккө "Франция" же "Болгария" ылайык келбеси белгилүү. Ошентип, Кытайды бириктирген император Цин Ши Хуандинин мезгилинен тартып Кытай өз алдынчалыгын жоготконго чейинки замандарда Хуанхэ жана Янцзы дарыяларынын ортосундагы территорияларда, шарттуу түрдө түндүк кытай жана түштүк кытай деп аталган эки чоң этнос жаралып,калыптанып келип, акыры өз алдынчалыгын жоготуп койгон. Түштүк кытай этносунун жаралышын ландшафттын өзгөрүшү менен да байланыштырса болот, анткени байыркы кытайлар (орто кылымдардагы эки этнос тең ушулардан түзүлгон) Янцзы өрөөнүнө кеңири жайылып, чытырман токойлордун ордуна күрүч экчү аянттарды көлбүткөн. Түндүк кытайлар болсо кургак талаалардын ордуна сугат айдоолорун түзүшүп жана сугат тармактарын сактап турууга күчтөрү жетип турган мезгилдерде өз алдынчалыгы бар эл катары калыптанган, ар дайым эле ийгиликтүү болбогонуна карабай, бөтөн жердиктердин чабуулдарынын мизин кайтарып турушкан. Бирок XVII кылымда суу тармактары бүлүнүп иштебей калганда манжурлар Кытайды багынтып алышат. Жеңилгенге чейин дый-кандардын эң зор көтөрүлүшү Мин империясынын күчүн алсыраткан эле. Канткен менен дыйкандар жалпы айыл чарбачылыгы начарлап, айлаларын кетиргенде гана кандуу көтөрүлүшкө белсенишери белгилүү. Ырасында эле, суу келчү каналдар менен арыктарга майнап менен чым толуп, түндүк батыштагы мол түшүмдүү айдоолорду четинен кум басып, пайдалануу мүмкүн болбой калышы да Кытайдын каршылык көрсөтүү касиетин начарлатып, кечээги баскынчы Мин империясын көз каранды өлкөгө айланткан.

Жаралуу жана төмөндөө

Эми биз алдыга койгон сурообузга жооп бере алабыз. Дыйканчылык менен жан баккан элдер жасалма ландшафттарды түзгөн доорлор кыска мезгилдүү келет. Алардын согуштардын мезгилине дал келип калганы кокустук эмес, бирок жерди мелиорациялоо ал согуштардын себеби боло албайт. Минтип айтуу — географиялык детерминизм багытын карай, Монтескьеден да ары кеткендик болор эле. А бирок жанаша жаткан бул эки көрүнүшкө жалпы тийиштүү болгон бир белги бар, аны этникалык жамааттын экстраординардуу чымыркануунга болгон жөндомдүүлүгү менен түшүндүрсө болчудай. Бул чымыркануунун эмнеге багытталганы — бул башка кеп; ал эми анын максаты эмне экени биздин маселебиз үчүн анча маниге ээ эмес. Маанилүү тыянак мында жатат — аракеттин өтө зор чымыркануунга бөлгөн жөндөмдүүлүгү начарлаганда ландшафттын жасалма түзүлүшү сакталып тура берет, бирок бул жөндөмдүүлүк жоголору менен этноландшафттык тең салмактуулук, т. а. дал ушул биохордун биоценозу кайра калыбына келет. Мындай кайра калыбына келүүчүлүк, өзгөртүүлөрдүн масштабдуулугуна жана иш-аракеттердин түзүүчүлүк же бузуучулук мүнөзүнө көз каранды эмес жана ал бардык жерде жана дайыма болуп турат. Бул мындай болгон соң, биз дагы бир жаны, мурда эске алынбаган көрүнүшкө туш келебиз: табияттын өзгөрүшү — элдердин ага тийгизген

www.bizdin.kg
үзгүлтүксүз таасиринин натыйжасы эмес, ал ошол элдердин өнүгүүсүндөгү кыска мөөнөттүү абалдын, т. а. этногенезге түрткү болчу ошол эле чыгармачыл процесстердин натыйжасы болуп саналат.

Өз бүтүмүбүздү байыркы Европанын материалынын мисалында текшерип көрөлү. Б. з. II жана I мин жылдыктардын чектеринде Батыш Еврөпаны кельт, латын, ахей өңдүү ошо кезде темир иштетүүнү өздөштүрүп алган жоокер элдер басып кирип, отурукташып калган. Алар көптөгөн майда дыйканчылык жамааттарды түзүшүп, кол тие элек күрдүү кыртыштарды айдап, ландшафттын түрүн өзгөртүшкөн. Дээрлик мин жыл бою Европада чоң мамлекеттер жаралган жок. Анткени ар бир уруу өзүн коргой алган, аларды каратып алуу өтө кыйын жана пайдасыз болгон, уруулар душманга багынып бергенден көрө акыркы адамы калганча кармашып жатып өлгөндү артык көргөн. Элладаны Спарта да, Афины да багынта албай койгонун, Римдин латындар жана самниттер менен болгон согушу анын кийинки бардык согуштарынан да өтө оор болгонун эске түшүрүү эле жетиштүү. Ошентип, б. з. ч. I мин жылдыктын биринчи жарымында парцелярдык дыйканчылык жана жерди интенсивдүү иштетүү ландшафттын маданий түрүн сактап туруунун ыгы болгон. Б. з. ч. I мин жылдыктын аягы ченде парцеллдер латифундиялар тарабынан четинен жок кылынып, табиятка жырткычтык менен мамиле жасоо жана аны менен катар басып алуу мүмкүнчүлүктөрү кошо пайда болот.

Жер Ортолук деңизинин жээктерин, Батыш Европаны Римдин каратып алышын анын "эмне үчүндүр" күчөп кеткенине байланыштырмай адат бар. Эгер андай десек, Римдин күчү мурдагы эле абалын сактап, анын айланасындагы элдер алсырап калганда деле так ушундай эле натыйжа болмок. Ошондой эле болбодубу, Римдин экспансиясынын натыйжасында айдоо аянттары жайытка, анан чөлгө айланды, ошентип V— VI кылымдарга карата токойлор, бадалдар жетилип, ландшафттардын табигый көрүнүшү кайра ордуна келген. Ошол тапта элдин саны да азайып, Рим империясы кулоого баш коёт. Ошентип, ландшафттын жана этногенездин кайра жаралуусунун бүткүл цикли этностордун калыптанышынан алардын айырмачылыктарынын толук жок болуп кетишине чейин 1500 жылга жакын убакыт өткөн.

Адам ишмердүүлүгүнүн жаңы жогорулашы жана муну менен бирге орто кылымдык этностордун жаралышы IX—X кылымдарда болуп өтүп, ал аягына чыккан эмес. Бул мезгилдин өзгөчөлүгүн түшүндүрүү үчүн илим менен техниканын мурда болуп көрбөгөндөй өнүгүшүнө байланыштуу, балким, кошумча түзөтүүлөрдү киргизүү талапка ылайык бөлөр эле. Бирок бул маселени өзүнчө изилдөө керек, ал эми азыр болсо бизди эрежеге сыйбаган нерсе эмес, дал ошол эреженин өзү кызыктырып отурат.

Эми биз кайрадан индей урууларына жана Сибир элдерине кайрылалы, анткени акыры келип жогоруда алдыга койгон суроого ушул элдердин тарыхы аркылуу оңтойлуу жооп таба алабыз. Ал суроо төмөнкүчө коюлган эле: эмне үчүн аңчы жана дыйкан элдер жанаша жашашканына карабай, бири биринен пайдалуу кесиптердин жана турмуш-тиричиликтин көнүмүш ыктарын үйрөнүп алышкан эмес? Жооп өзүнөн өзү чыга келет: чагымда, тиги жана бул кесиптеги элдердин ата-бабалары качандыр бир убакта ландшафтты өздөштүрүү мезгилдерин башынан өткөрүшүп, алардын ар бири аны өздөрүнө ылайыкташтырып өзгөртүшкөн болуу керек. Ал эми алардын тукумдары ата-бабалары түзгөн жол-жоболорду салт катары сактоо менен аны бузууну каалабаса да, жана аны кандайча кылып башкача өзгөртүүнү билбесе да керек. Ал эмес англосакстардын басып кирүүсү индейлердин тукум курут болуп кырылып калуу коркунучун туудурганда да, алар өздөрүнүн жашоо мүнөзүн каармандык менен коргошкон.

Эгерде алар ал салттарынан баш тартканда колониячылар менен аралашып кетүүгө жана аман калууга толук мүмкүнчүлүктөр бар эле.

Анткени менен, жогоруда биз чыгармачыл абал катары мүнөздөгөн деңгелде турган ацтектер талкаланып, жок болуу коркунучун баштарынан кечиришип, ошол учурда баскынчылардын бир бөлүгүн аргындаштырып өздөрүнө сиңирип алышкан. Андан 300 жыл өткөн соң, испандардын үстөмдүгүн кулатып, көбүн эсе индей элинин каада-салттары артыкчылыкка ээ болгон Мексика мамлекетин негиздешкен. Албетте, Хуарестин соратниктери Монтесумдун жан-жөкөрлөрүнө дегеле окшош эмес эле жана Кортестин аскерлерине андан бетер окшошкон эмес. Мексикалыктар — этногенези тарыхчынын көз алдында болуп өткөн жаш эл. XVII—XVIII кылымдарда калыптанган бул эл маданий чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүнүн жардамы менен Америкага жат жаныбарлар болгон жылкы менен уйду бул жерлердин климатына көндүрүү аркылуу ландшафттын мүнөздүү көрүнүшүн өтө терең өзгөртүп жиберишкен. "Маданий ландшафтты" түзбөй, табигый тең салмактуулукка ыңгайлашып жашаган этносторду "жапайылар" деп атоо адат болуп калган, албетте бул туура эмес. Алар табиятка карата демилгесиз мамилеси менен биоценоздун эң жогорку, жыйынтыктоочу звеносуна кирет. Бул топко кирген этностордун табиятка болгон мамилесин алгачкы деңгел деп эсептөө оңтойлуу. Эгерде мындай этностор дагы бир башка этностор жашаган территорияларга туш келише турган болсо, анда алар кабыл алган этностун эсебинен жашоого ыңгайлашып алышат. Кабыл алган этнос келгиндер үчүн ландшафттын азык берүүчү компонентине айланат. Аңчылык кылып жана мөмө-жемиштерди терип жеп жан сактаган индейлердин каржу уруусу табылган Бразилияда буга мисал боло алчу окуя жакында эле болуп өткөн. Кинокомпания ал жакка атайы экспедиция жиберип, киного тартылышкандыктары үчүн индейлерге жакшы акы төлөп турган. Кинореклама ал жерге туристтердин көп келишин камсыз кылып, алар үчүн отельдер жана ресторандар курулган болучу. Алардын айланасына тейлөөчү адамдар, полиция, врачтар ж.б. келип жашай башташат. Натыйжада, индейлер токойдо аңчылык кылууну жана мөмө-жемиш чогултууну унутуп, бекер тамак-ашка көнүп кетишет. Алар өздөрүнөн көп, бай жашаган этностордун оюнчугуна айланып, мите-этнос катары жан багып калышкан. Акыры аларга эч ким кызыкпай калганда, аларды эмне болсоң ошол бол деп кароосуз калтырып коюшканда, колго үйрөтүлгөн жаныбарлар эркин-дикке коё берилгенде өз алдынча жашап кете албай кырылган сыяктуу алар да тукум курут болуп кетишет. Эволюциянын кайра жангыс мыйзамы ушинтип этнологияга да таасирин тийгизет.

Фазалар боюнча доорлорго ажыратуу

Эми биз өз байкоолорубуздан жалпы тыянак чыгара алабыз жана ал тыянакты этностун табияттын, т. а. ландшафттын шарттарына мамилесин схема түрүндө элестетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ бөлөбүз. Тарыхый майданга чыга келген жаны этнос (көбүнчө эски аталышында) азырынча бизге түшүнүксүз болгон кандайдыр бир себептерге байланыштуу табияттын шарттарына ылайыкташуунун жаны ыкмаларын пайдаланып, ландшафтты өзгөртүп жиберет. Мындай өзгөртүүлөр, эреже катары, этностун жогорулоо фазасындагы инкубациялык мезгилге туура келет да, тарыхый булактарда чагылдырылбай калат (ал уламыш түрүндө гана сакталат). Тарыхый булактарда жазылып калган тарыхый доорлор сырттан келгендер менен аралашуу болбогон учурда, этногенездин төмөндөгүдөй фаза-ларын өзүнө камтыйт: 1) жогорулоо фазасынын ачык көрүнгөн мезгилин; 2) этностун активдүүлүгү ото күч алып, бирок анын ландшафтка тийгизген таасири азайган учурдагы акматикалык мезгилди; 3) антропогендик кысымы өтө күчтүү

www.bizdin.kg
жана бүлүнтүүчү абалга жеткен учурдагы ындыны өчүү фазасын; 4) техникалык каражаттар жана идеологиялык баалуулуктар топтолуп жаткан инерциялык фазаны; бул учурда ландшафттын мурдагы абалы өзгөрүүсүз сакталып турат; 5) маданият жана ландшафт жөнүндө камкордук көрүлбөгөн обскурация мезгилин камтып турат. Бул учурда гомеостаз фазасы келет, мында жарым-жартылай кырылган этностун аман калган бөлүгү менен кунары кеткен ландшафттын ортосунда өз ара аракет-алакалар жүрөт жана ал жардыланган ландшафт кыйрап жок болгон маданий ландшафттын урандыларында пайда бөлгөн жана ал жерде мурдагы эмен бактарынын ордун уйгактар басып, анын арасында кечээги баскынчылардын чөбөрөлөрү менен каракчылардын балдары жашынмак ойногон мезгил артта калган болот.

Бул доордо персистент-этностор табиятты оз керегине пайдалануу менен аны коргоо аракетин кошо жүргүзөт. Тилекке каршы, мындай мамилелер аң-сезимдүү түрдө жасалбай, мурдатан келаткан салт катары гана жашайт. Ошентип, жаңы этнос ландшафтты кайра өзгөрткүчө бул мамиле да өзгөрбөй кала берет. Кейпи, этногенез бирдиктүү глобалдуу көрүнүш эмес, ар кайсы аймакта ар башка болуп өтчү, көптөгөн өз алдынча этногенездерден турат көрүнөт.

Бардык комплекстүү табигый көрүнүштөрдөгүдөй эле этногенез фазаларынын чектери "жанаша жатпайт" жана абсолюттуу так боло албайт: алар тиги же бул даражада "жымсалданып" даана байкалбайт. Анткени
менен чектердин айрым бир ачык эместиги мындан аркы изилдөөлөрүбүздө конкреттүү этногенездердин башталыш жана бүтүш мөөнөттөрүн тарыхый белгилүү учур менен мүнөздөөгө залал келтире албайт. Анткени, ал тарыхый учурлар да шарттуулукка чулганган жана типтүү чукул бурулуштар менен гана мүнөздөлүп турат.

Бирок эгерде биз этносторду ландшафтар менен салыштырып кароодон баш тартып, аларды тарыхый бир бүтүндүк катары карай турган болсок, анда деле ошол көрүнүштү, т. а. фазалардын акырындык менен алмашуусун жолуктурабыз, бирок ал эсептөөнүн башка системасына тиешелүү болот. Бул болсо биздин туура жолдо бараткандыгыбызды айтып турат. Мына ошондуктан биз алдыга озунуп этногенез фазаларынын схемасын беребиз, бул схеманын кийин кереги тиймекчи. Азырынча биз "эмне үчүн?" деген суроого эмес, "кандайча?" деген суроого жооп берип жатканыбыз окурманыбызды толгонтпой коё турсун. Феноменди баяндап жазуудан мурда аны алдын ала түшүндүрүү ар дайым, биринчи орунда турууга тийиш, эгер мунун тескерисинче болсо, анда андан мүмкүндүк болушунча качуу керек.

Ошентип, адегенде этностун калыптануусунун инкубациялык мезгили жүрөт, адатта бул процесс тарыхта байкаларлык из калтырбайт. Бул "аракетке келтирүүчү" механизм ар дайым эле жаңы этностун жаралышына алып келе бербейт, анткени ал процесс башка бир тышкы күчтөр тарабынан капилеттен токтоп, үзүлүп калышы ыктымал. Кайсы бир учурда тарыхый майданга өзүнүн этникалык бейнесин жана өздүк аң-сезимин ("биз жана биз эместер" же "биз жана бөлөктөр") калыптандыра баштаган жана бат өнүгүп бараткан (тарыхый) жактан белгилүү бир консорция же адамдардын тобу пайда болот. Акыры, убакыт-сааты келгенде алар социалдык түзүлүшкө ээ болушат да, тарыхый кеңири майданга, көпчүлүк учурларда территорияларды басып алууларды баштоо менен чыга келишет. Этносоциалдык системанын түзүлүшү жаралуунун инкубациялык мөөнөтү аяктаганын билдирет. Калыптана баштаган этнос же жок болуп кетиши мүмкүн, же Римдин же Византиянын этностору өңдүү, салыштырмалуу алганда узак мезгилдер бою кыйын-кыстоолорго толгон тарыхый жашоону башынан өткөрүшү ыктымал. Бул мезгил ландшафттардагыдай эле өзүнө активдүү

пассионардык жогорулашты, акматикалык фазаны, ындыны өчүү, инерциялуулук жана обскурация фазаларын камтыйт.

Акматикалык фаза өзгөчө көп учурда мүнөзү, доминанты жана болуп жаткан этникалык процесстердин ургаалдуулугу жагынан өтө ар түрдүү жана ала-була келет.

Этникалык системалардын жөнөкөйлөнүш процесси (ындыны өчүү, инерция, азыраак даражадагы обскурация) менен байланышкан этногенез фазалары көп учурда этникалык кайра жаралуу процессинин тескери процесстери тарабынан бузулуп калат. Мындай учурда этникалык динамиканын жаңы керектөөлөрүн канааттандыра алчу социалдык кайра жаңылануу демилгесин буга чейин субэтностун же этностун кысымы менен маталып турган этникалык чакан системалар колуна алат. Ооба, мурда үстөмдүк кылган этнос өз ордун бошотуп берген учурда гана этникалык кыйроону токтото алчу күчтөр өзүн көрсөтө баштайт.

Жылнаамачылардын ишинин өзгөчөлүгүнөн улам этногенездин акыркы бүткөн жана айрыкча башталыш фазаларын изилдөө баарынан татаал иш. Эгерде жылнаамачылар тиги же бул күч-кубаттуу элдин кандайча жок болуп кеткенине кызыгып, анчалык так болбосо да, ал жөнүндө өз түшүнүгүн берүүгө аракеттенсе, этногенездин жаңыдан башталган көрүнүштөрүнө, эреже катарында көңүл бурбай, аны болбогон, көңүлгө алууга арзыбаган нерсе катары санашкан. Муну Анатоль Франц өзүнүн атактуу "Иудейдин прокуратору" деген аңгемесинен жана "Ак таштын үстүндө" деген китептеги Рим акылмандарынын пикир алышкан сөздөрүнөн эң сонун байкаса болот.

Коомдун ички өнүгүүсү үчүн этногенез процесстери фон (чөйрө) болуп саналат, анткени алар бири-бири менен өз ара тыгыз байланышта турары оңой эле байкалат. Тарых илими дал ушул үзгүлтүксүз байланыштарды ачып көрсөтөт, ал эми этнология үчүн эң алды менен талдоо жүргүзүү зарыл, т. а. табигый жана социалдык стимулдарды өз өзүнчө бөлүп талдап, андан кийин гана аларды биз умтулуп жаткан синтездөөнү ишке ашырууга болот. Бул максатка жетиш үчүн эн алды менен дагы бир тоскоолдукту, артта калган тоскоолдуктардан алда канча оор болгон тоскоолдукту жеңип чыгышыбыз керек. Кайсы бир өлкөлөрдө, климаттык өзгөрүүлөр бир нече жүз жылдыкты өзүнө камтыган тарыхый мезгилдерде болуп өтөт; арийне, бул өлкөлөрдүн ландшафтары да өзгөрүштөргө учурайт жана ал дайыма чарбачылыкка өз таасирин тийгизет, ошону менен бирге ал этностун жашоо-турмушуна да таасирин тийгизет. Мүмкүн табигый шарттардын бул динамикасы жаны этностордун жаралышынын себеби болуп жүрбөсүн? Мындай чечим көптөгөн татаал маселелерди оңой жана жөнөкөй чече салууга мүмкүндүк бере тургандыгы менен азгырып турат. Бирок, ал бардык татаалдыктарды камтый алабы?

Адамзаттын өзүн курчап турган табиятка, тагыраак айтканда, географиялык чөйрөгө көз каранды болоорлугу жана ал көз карандылыктын даражасы ар кайсы окумуштуулар тарабынан ар кандай бааланганына карабастан, эч качан талаш-тартышты туудурган эмес. Бирок ар кандай учурда Жер бетинде жашап өткөн жана жашап жаткан элдердин чарбалык жашоо-турмушу, алар жашаган аймактагы ландшафт жана анын климаты менен тыгыз байланыштуу болуп келген жана болуп турат.

Ошондою ошондой го, бирок ушул тыянак менен маселе чечилип бүттү деп эсептөөгө болбойт. Анткени ал "баш оорутма" дагы эки суроого жооп бере албайт: 1. Табигый шарттарды адамдар өз керектөөлөрүнө ылайыкташтырып алууну билишет, бирок алар антропогендик ландшафттарды түзүп алуу менен ал ландшафттын өздөрү каалабаган багытта өзгөрүшүнө каршы аракет кылышат. Анда эмне үчүн биз "цивилизациялар" деп атап жүргөн көптөгөн этностор

өздөрүнүн чарба системалары менен бирдикте жок болуп кетип жатат? Болгондо да, алар тарыхчынын көз алдында жок болуп кетип жатышпайбы. 2. Климаттын термелүүлөрү жана ага байланышкан процесстер ал мезгилде жашап жаткан этносторго таасир тийгизиши мүмкүн. Бул процесстер бүтүндөй бир популяцияны жок кылууга жөндөмдүү. Айталы, мындай окуя Тигр менен Евфрат дарыяларынын төмөнкү агымдарында жайгашкан өрөөндөрдө, б. з. ч. XXIV кылымда болуп өткөн. Табияттын бул кубулушу вавилондук "Энума Элиш" поэмасында жана байыркы еврейлердин "Бытие китебинде" баяндалат, анан да бул эки китептеги даталар да дал келет[67]. Табияттагы мындай кубулуштар адамдарды өз мекенин таштап, бөтөн жерде жашоого мажбур кыла алат, айталы, моңголдор XVI—XVII кылымдарда муну өз баштары- нан кечирди[68]. Бирок алар али жок көрүнүштөргө каршы эч нерсе кыла алышпайт. Алар жаны жасалма ландшафттарды түзө алуучу жаңы этносторду жарата албайт. Ушундан улам биздин маселебиз бир жактуу гана чечилип отурат. Андыктан биз өсүп-өнүгүү орун-очогу кандайча түзүлөөрүн коё туруп, аны ким түзөрү жөнүндөгү маселеге кайрылышыбыз керек, ошондо гана этностордун жаралуусунун табышмагын жандырууга жакындап келе алабыз.

А бирок мында да биз кыйынчылыкка тушугабыз: эгер цивилизациялардын күнү бүтүп, кыйрашы белгилүү болгон болсо, анда этногенездин башталыш чеги кайда? Этногенездин инкубациялык мезгилин камтыган процессти айтпаганда да, эң кур дегенде башка бардык изилденүүчү процесстерге бирдей тиешелүү болгондой эсеп жүргүзүүнү баштоого боло турган чекти табуу керек. Болбосо ар түрдүү этногенездерди салыштыруу бекер убаракерчиликке айланат.

Кантсе да жаңы этностор эскилердин бытырап кетүү жолу менен эмес, ошо мезгилде жашап жаткандардын, т. а. этникалык субстраттардын биригүүлөрү аркылуу жаралары белгилүү болгондуктан, бул маселени да чечсе болот. Анан да, мындай этникалык топтор өтө чектелген географиялык региондордо өтө кыска мөөнөттө пайда болуп турат. Ал эми региондор ар бир жолу өзгөрүп тургандыктан, бул жаралышка жер үстүндөгү шарттардын таасир бере тургандыгын, т. а. географиялык детерминизмди, аны Э. Семплдин "Адам — жердин продуктусу" деп аныктаганын жокко чыгарат[69]. Ал гана эмес! Планетабыздын бетине кээде- кээде жете келип жаткан космостук нурлардын жана күндүн активдүүлүгүнүн күчөшүнүн Жерге тийгизген таасирлери белгилүү жана ал жөнүндө көп да жазылууда[70].

Антсе да күдүк ойлорду тизмектөөнү токтотуп, жогоруда айтылган феноменди баяндоого өтөлү.

XVII. ЭТНОГЕНЕЗДИН ДҮРТ ЭТИП ПАЙДА БОЛУШУ

Б. з. I кылымында этногенездин дүрт этип пайда болушу

Эгерде этностор "социалдык категориялар" болсо, анда алар бирдей социалдык шарттарда жаралмак. Чын-чынына келгенде, этногенездердин эң алгачкы кадамын так фактылай маалыматтардын негизинде изилдей келсек, алар мезгилдери боюнча бири экинчисине дал келип турат жана региондорго жайгашуусу боюнча да, же меридиандар боюнча, же параллелдер боюнча, же аларга кыйгач жаткан сызыктар боюнча созулуп жаткан аймакта, бирок ар дайым баштан-аяк туташкан тилкелер катарында жайгашып турат. Бир тилкеден орун алган ландшафттын мүнөзүнө жана ошол тилкеде жашаган элдин турмуш-тиричилигине байланышпастан туруп эле белгилүү бир доордо

www.bizdin.kg
күтүлбөгөн түрдө эски этностордон, т. а. субстраттардан жаңы этностор түзүлө баштайт. Бул учурда эски этностор ыдырап, кыйроого учурайт, ал эми жаңы этностор болуп көрбөгөндөй тез өнүгүүгө ээ болот.

Ошол эле тилкенин катарында жаткан аймакта деги эле эч нерсе болбогондой — жымжырттык өкүм сүрүп турат. Албетте, камырабай тынч жаткан этностор өздөрүнүн тынчы жок коңшуларынын курмандыгына айланат. Мында бир нерсе түшүнүксүз: этногенездер башталчу бул тилкелердин өзгөчөлүгү кайдан келип чыгат жана эмне үчүн этнопроцесстер ар жолу жаңы орундарда пайда болот? Жер шарын кимдир бирөө тынымсыз камчылап, камчы тийген жерде жара пайда болуп, анысы ырбап кеткен сыяктуу көрүнүш элестейт.

Ошентсе да, алдыбызга коюлган суроого жооп берүүдөн мурда феномен жөнүндө берилген түшүнүк ошол феноменди баяндап жазуунун мазмунуна кандайча дал келерин жана ал кандайча болуп өтөрүн карап көрөлү.

Рим жана Парфия империялары I кылымда этникалык азаюуга туш келди. Элдин саны кыскарып, жакшы көрүнүштөр унутулуп, мурда кең- кесири таркаган маданият эми тар чөйрөдөгү адистердин гана энчисине айланды. Ушул мезгилден баштап табигый байлыктарга бүлүнткүч мамиле жасоого таянган экономика түзүлүп, ал эми айдоо аянттары азайып баратты. Гражданлык согуштагы катуу кыргындан кийин жөндөмдүү чиновниктер менен офицерлер жетишпей жатты, а бирок люмпен-пролетарийлердин саны көбөйдү. Аракечтик жана бузукчулук Римде кадыресе көнүмүш адат болуп калды. Бул саналып өткөн көрүнүштөр — биз обскурация деп атоого батынып отурган этногенез фазаларынын элементте-ринин дал өзү болучу.

Мурдагы жоокерлик тайманбастыгын жоготуп алган жана ындыны өчкөн герман жана сармат урууларынын абалы андан да начар эле. Герман жоокери Рейнден Эльбага чейинки душмандардын территориясынан оңой өтүп кете алган; Британияны каратып алуу да таң калаарлыктай жеңил ишке ашкан. Анан да, б. з. ч.Ш кылымда этникалык басып алуучулук демилгеси батыш тарапта — кельттерге, чыгыш жакта — сарматтарга таандык болгону андан бетер таң каларлык. Цезардын Галлия жергесиндеги, Помпейдин Сириядагы, Марк Антонийдин Парфиядагы жана Клавдийдин Британиядагы согуштук жортуулдарынын айрым бир окуяларын жана жалпы жүрүшүн изилдей келгенде рим аскерлеринин каршылык көрсөтүү өтө начар болгон жерлерде гана ийгиликке жетишкени байкалат. Парфия жарды өлкө болгон, аны башкарган Аршакилердин династиясы "турандык" деп эсептелгендиктен, Иранда анча баркталган эмес. Ошого карабай ал Евфраттын боюна чейин созулуп жаткан өз чек арасын сактап кала алган. Б. з. ч. 36-жылы Таласка жакын жерде Рим легиондору кытай арбалетчилери менен кагылышканда кытайлар өз тарабынан бир да адамын жоготпой, аларды атып кырып салышкан[71]. Мына ошондуктан, варварлар римдиктерге караганда бат начарлап кеткенине байланыштуу римдиктер варварларды жеңип чыгышкан деген жыйынтык чыгарууга болот.

Бирок II кылымда жалпыга таандык обскурация процесси бузулуп, чыгыш узундуктарынын 20" менен 40"унун ортолорунда жаткан кең тилкеде мүлдө дымып турган элдердин ишмердүүлүгү жандана баштайт. Биринчи болуп дактар баш көтөрүп чыгышты, бирок аларды Траяндын легионерлери бат эле талкалап салды. Андан кийин иллириялыктар ургаал демилгелүүлүктөрүн көрсөтүп, Рим аскерлеринин катарын такай толуктап отуруп, акыры цезарлардын тагына өздөрүнүн жолбашчылары Северлерди (династия) отургузууга жетишти. III кылымда дээрлик бүт бойдон дал ушул кичинекей эл Рим империясын жетектеп туруп, акыры ашкере чымыркануудан улам мертинип тынат. Кийинчерээк алардын тукуму арнаут-каракчыларына айланып кеткен. Баарынан да, Висла дарыясынын куймасынан Кара деңиз жээктерине чейинки зор территорияны бат

басып алып, Эгей деңизинин жээктерине чейинки жерлерге кол салып, чаап алып турган готторго ондой берди болду. Ал турсун, хуннулардан жеңилип калган соң да, алар Испанияны, Италияны басып алып, кыска мөөнөткө болсо да Константинополдун Влахерн сарайында бийлик жүргүзүүгө үлгүрүшкөн. Готтордун кандуу жол менен көкөлөгөн тагдырын вандалдар менен анттар да тең бөлүштү.1-3 кылымдарда жашаган чыгыш герман урууларынын эң жогорку чымыркануугa жөндөмдүүлүгү хуннулардын кичинекей ордосунан жеңилип калууга аргасыз болушкан батыш герман жана сармаалан урууларынын демилгесиздигинен жана шалакылыгынан кескин айырмаланып турат.

Анткени менен өздөрүн "христиандар" деп атаган жаңы этностун жаралышы эң маанилүү окуя болду. Бул этнос ата теги, тили, территориясы жактан эч кандай биримдик түзүүгө тийиш эмес эле. Анткени, ал кезде "Варвар жана скиф, эллин жана иудей эсепсиз көп" деп айтышкан. Башка динге кеңири жол берүүчүлүк орун алган Рим империясынын системасында христианчылык али жол бериле элек дин болгон. Арийне, анын себеби диний догмалардын өзгөчөлүгүндө эмес эле, бул диндин 325-жылга чейин атайы иштелип чыккан догмалары да жок эле, өкмөттүк тыюу да болгон эмес, анткени императорлор диндерди куугунтукка алуудан качышып, христиандардын үстүнөн чагым салган билдирүүлөрдү кабыл албоого атайын чечимдерди кабыл алышкан, таптык айырмачылык да себеп болгон эмес, анткени христиандардын жамаатына бардык таптардын адамдары киришкен, чындыгында христиандардын бардык башка адамдардан "кулк-мүнөзүнүн бөлөктүгү" менен айырмаланып турганы себеп болду. I —III кылымдарда ар бир эле адам христианин боло алган эмес, жалпы калктын ичинде өзүн жат катары, ал эми христиандардын коомунда өзүн өз катары сезгендер гана мүчө боло алган. Мындай адамдардын саны үзгүлтүксүз өсүп отуруп, IV кылымда алар көпчүлүктү түзүп калган болучу. Ошондо Рим Византияга айланып кеткен.

Евангелия жоболорунда кандай айтылса андай айтылсын, кантсе да алгачкы христиандар жаңы этнос түзүүгө керектүү эки сапаттын: максатка умтулуучулуктун жана өтө чымыркануугa жөндөмдүүлүктүн бар экенин көрсөттү. I кылымдагы алгачкы күүлөнүүсү бир жарым миң жылга жетти, ал мезгилде Византия тарыхый доордун бардык фазаларын жана обскурация фазасын басып өтүүгө үлгүрдү. Андан кийин фанариоттор[72] персистенттик этноско айланып, калган византиялыктарды түрктөр менен славяндар өзүнө сиңирип алышты.

Биз белгилеп көрсөткөн тилкенин чыгыш чет-жакасында, III кылымда эски перс аталышын сактап калган жаңы эл жаралып чыга келди. Байыркы перстерге бул жаңы этностун римдиктерге — италиялыктардын кандай тиешеси бар болсо, эллиндерге — азыркы гректердин кандай тиешеси бар болсо, дал ошондой гана тиешеси бар болчу. Ахаменилер падышачылыгы классикалык Жакынкы Чыгыштын маданий, коомдук жана этникалык өтө узак мезгил бою өнүгүүсүнүн тарыхый аякташы катары эсептелет. Классикалык өнүгүүнүн бул багытын маке-дондуктардын басып кирүүсү токтотуп салды, ал эми Иранды Селевкилерден бошоткон парфяндарды да жергиликтүү эл баскынчылар жана "бөтөндөр" катарында эсептешкен. 226-жылы перстер өз мамлекетин, аны менен катар конфессиялык жана уруулук принциптерин өтө билгичтик менен жалгаштыруу аркылуу башкаларга окшошпогон этномаданият комплексин түзүштү. Башка диндегилерди өз динине азгырган христианчылыктан айырмаланып, расмий идеологияга айланган зороастризм прозелитизмге жат болгон. Бирок бул кемчилик өлкөдө манихейчилик жана ирандын шартына ылайыкташкан гностикалык система менен толукталып турган. Перстердин өнүгүүсү Византиядан айырмаланып, сырттан басып кирүүлөр аркылуу, эң алды арабдардын, андан кийин селжуктардын басып алуулары менен бузулуп калган болучу. Персиянын акыркы мамлекети — Саманилер падышачылыгы 999-жылы

www.bizdin.kg
кулап, ошондон кийин Ирандын маданий салты акырындык менен жок болгон. Ал эми перс этносу болсо мусулман маданияты деп аталган системага кирип, байыркы көнүмүш адаттарынан болгону өз аталышын жана турмуш-тиричилигинин айрым каада-салттарын сактоо менен кайра баштан өзгөрүлүп калыптанган.

Акырында, батыш чет-жакада, Ютландияда, англ элдери да жогоруда баяндалган этникалык жогорулоо менен шыктанып, V кылымда Британияга басып кирип, бир топ кечигип болсо да, өзүн көрсөтө алган. Генгист менен Горзанын аз сандагы кошуундары эмне үчүн бул бай өлкөнүн тыгыз жашаган көп элинен күчтүү болуп чыга келгенин түшүнүү кыйын болор эле. Романдашып кеткен бриттерге караганда сакстар менен англдар экономикалык жана техникалык жактан начарыраак болучу. Бирок этникалык жактан алар жаш болгондуктан, ошол жаштын күч-кубатынын аркасында кельттерге каршы бул тең эмес салгылаштарда жеңип чыгышкан. Бирок Британиянын артта калган аймактарында мындай болгон жок, бул жакта жашаган келттер мурдагы жоокерчилик жөндөмүн жоготпогондуктан, ал мүмкүнчүлүгүн чет жердик баскынчылардын мизин кайтарууга ийгиликтүү пайдалана алышкан (Уэльс, Корнуэльс жана Шотландия).

Б. з. III—V кылымдарындагы хуннулар

Европадагы элдердин Улуу көчү Эдилдин ары жагында жашаган көчмөн хуннулардын чабуулунан улам башталган деген өтө кеңири таркаган пикир бар. Бирок окуялардын даталары менен таанышып чыгуу бул пикирди толук жокко чыгарууга мүмкүнчүлүк берет.

Хуннулар — көчмөн мамлекет болгон. Ал азыркы Моңголия жергесинде, б. з. ч. IV кылымдан мурдараак пайда болгон. Таптык мамилелер жаралганга чейинки коомдо жашаган түрк тилдүү хуннулар "элдерге үстөмдүк кылууга" негизделген мамлекетти түзүшкөн. Б. з. ч. 209-жылдан баштап, б. з. ч. 97-жылга чейин Хунну мамлекети өсүп-өнүгүп отуруп, Кытайдын кубаттуу мыкты аскер күчтөрүн талкалап салат. Ошондон кийин жеңишчи хуннулар кыйшаюусуз начарлай берет, ал эми талкаланган Кытай эч салгылашуусуз эле үстөмдүк абалга жетип алат, т. а. жеңиш хуннуларга эч кандай пайда берген эмес.

Б. з. I кылымында хуннулар Кытай бийлигинен кутулуп, бирок төрт башка бутакка бөлүнүп кетет. Алардын ичинен эң эле тың жана көз каранды жашоого моюн сунбаган бир бутагы чар тарабынан кол салган душмандарынын кысымынан улам 155—158-жылдарда Улуу талаанын батыш тарабына өтө качып, Эдил менен Орол (Урал) дарыяларынын ортосундагы жайыктарда жашаган угрлар менен аралашып, 200 жыл ичинде чыгыш европалык этноско айланат. Ал этносту башкалар менен чаташтырбоо үчүн аларды "хуннулар" деп атоо кабыл алынган[73].

III—IV кылымдарда алар аландарды "тынымсыз кол салуулар менен алсыратып"[74] акыры жеңип алат жана V кылымда гана Карпат тоосун ашып өтүп, Дунай өрөөнүнө ооп келишет. Ал эми алардын бир бөлүгү — акаңирлер — Дон менен Эдил боюндагы өз мекенинде туруп калышкан.

Ошентип, хуннулардын активдүүлүгү биз жогоруда баяндаган дүрт этип чыккан активдүүлүктөрдөн кийин үч кылым кеч башталды. Азиядан массалык жер которуштуруу да болгон эмес, анын ордунда дипломатия менен стратегияны жетик билген тажрыйбалуу жолбашчылардын саясий кыраакылыктары турган. Хуннуларга салыштырмалуу готтор жеңил ойлуу жана бала кыял эл болгон. Ошондуктан алар согушта жеңилип, Кара деңиздин боюндагы эң кооз мекенинен кол жууп калышкан.

www.bizdin.kg

II—IV кылымдарда Кара деңиз боюндагы жерлер Константинополду дан менен камсыз кылууда экинчи (биринчи Египет) орунда турган. Демек, алан талаалары менен дарыялардын өрөөндөрүндө дыйканчылыкты өздөштүрүп алышкан десек болот. Аландарды 371-жылы талкалаган хуннулар Дондун аркы өйүзүнө өтүшүп, IV кылымдын аяк ченинде росомондордун жардамы менен готторду да жеңип алышат, кийин 420- жылга жакын ченде Паннонияны ээлеп алышат. Демек, хуннулардын ордосу түштүк талааларда жарым кылымга жетпеген мезгил гана жашаган. Анан да, хуннулар өздөрү аз санда гана болушкан[75], андыктан алар көп иштерди өздөрүнө көз каранды кылып алган ошол эле аландардын, росомондордун, анттардын, остготтордун жана башка жергиликтүү уруулардын колу менен бүтүрүшкөн. Эгерде эле хуннулар Чыгыш Европанын элдеринин баарын кырып салса, анда алар Рим империясы жана Иран менен согушууга адамдарды кайдан алат эле? Туура, хуннулардын басып кирүүсүнөн улам отурукташкан, дыйканчылык чарба бүлүнүп калган эле, бирок муну Терек менен Ортоңку Дондун токойлуу өрөөндөрүндө жана Эдилдин камыштуу куймаларында жашаган элдер, көчмөндөр малын айдап, көчүп өтүп кеткиче бекинип жатышкан деп түшүнүү жарабайт. Анын үстүнө ал элдер аңчылык жана балыкчылык менен жан багышкандыктан, жер иштетишкен эмес. Ал эмес аландар да X кылымга дейре Түндүк Кавказ менен Дондун талааларында жашап турушкан,бул болсо ал кездердеги Чыгыш Европанын абалы этникалык процесстер ургаалдуу жүрүп жаткан Борбордук Европага караганда туруктуу бол-гонун кабарлайт.

Хуннулардын ийгиликтери аландардын дыйканчылык чарбасын бүлүнткөн талаадагы убактылуу кургакчылык[76] жана ага байланыштуу аландардын аскерий күчү өтө алсызданып турган мезгил менен дал келгенин белгилөө да маанилүү. Кургакчыл шарттарга көнгөн хуннулар аландарга караганда кургакчылыктан азыраак жабыр тартышкан жана бул артыкчылык аландар менен хуннулардын ортосунда 160-жылдан 370-жылга чейин созулган ийгиликсиз согуштарда акыры хуннулар женип чыгышкан. Бирок кургакчылык бүтөрү менен хуннулардын артыкчылыгы да бүтөт. VI кылымда талаа жергесиндеги күчтөрдүн мурдагы эски тең салмагы кайра ордуна келет, бирок бу саам хуннулардын ордун болгарлар, аландарды- кын — хазарлар ээлешет.

Эми акырында белгилеп кете турган эң башкы нерсе бул: хуннулар азиялык хуннулар сыяктуу эле жаш эл болгон эмес. Алардын тарыхы б. з. ч. 209-жылы атасын өлтүрүп, бийликти өз колуна алган жолбашчы Моденин улуу реформасынан бери карай иреттүү түрдө байкалып турат.

Эми салыштырып көрүү усулуна кайрылалы: хуннулардын мамлекети б. з. ч. 209-жылы негизделген кезинен баштап — Б. з. 48-жылы кулатылган кезине чейин — 257-жыл жашап турду. Франция Каролинг империясынын урандыларында 843-жылы жаралды. 1100 жыл (843—257) — феодализмдин эң караңгылык баскан доору; ошол эле мөөнөттө хуннулар французларга караганда дүйнөлүк маданият үчүн көбүрөөк эмгек жасады[77].

Хуннулардын уруулук мамлекетинин таптар жаралганга чейинки коомдун эң кубаттуу уюму катары түзүлүшү дүйнөлүк тарыхта болгон жападан жалгыз окуя эмес. Кеңири чабыттагы согуш жүргүзүү аскер күчтөрдү шайкеш түрдө башкаруусуз ишке ашпасы белгилүү. А биз келттердин б.з.ч. I миң жылдыкта жасаган эң кубаттуу жортуулун, б.з.ч. II миң жылдыкта Индияны арийлердин басып алышын, Анаукада патриархалдык-уруулук кулчулук пайда боло электен мурда[78], XI кылымда нагуа мамлекетинин түзүлүшүн жана акырында XIX кылымдагы Түштүк Африканын амазулу падышачылыгын, ошондой эле ага окшош байыркы түрк этносун[79], ал эмес XII кылымдагы, Чыңгыз ханга чейинки монголдорду билет эмеспизби[80].

Этногенездин б. з. VI кылымында дурт этип пайда болушу

Ушундай эле мүнөздөгү жана натыйжалары да окшош окуя VII кылымда Борбордук Аравияда болуп өттү. Мухаммед пайгамбардын айланасына анын күжүрмөн маанайдагы жолун жолдоочулардан куралып отуруп, мурдагы уруулук мамилелерди жерип, жүрүш-туруштун жаны адаттарын түзгөн жамаат пайда болду. Алар эле эмес бедуиндер менен йемендиктердин бытыранды уруулары — араб деген жаңы этнонимди кабыл алышты. Ошол эле учурда аларга жанаша жашаган элдерден — перстерден, сириялыктардан жана мисирликтерден буга окшогон активдүүлүк байкалган жок.

Ошол эле кеңдикте, ошол эле учурда Инди орөөнүндо жаңы эл — ражпуттар жаралды. Алар жергиликтүү жана келгин этностордун тукуму болучу[81]. Ражпуттар зулумчул Гупта бийлигинин мурасчыларын (династия жок кылынары менен), будда жамаатын[82] жана эски салттарды туткандардын баарын талкалап салышат[83]. Ошол кыйроолордун ордуна алар индус теократиясын орнотушуп, борборго анча баш ийбеген майда княздыктардын системасын түзүшөт. Мына ушул абалдан улам этногенездин түз бараткан багытынын бузулушуна алып келген мусулмандардын басып кирүүсүнө каршылык көрсөтө алышкан эмес. Кантсе да биз үчүн изилдөөгө алынган бул системанын саясий ийгиликтерине караганда, ражпуттарда этногенетикалык белгилердин — өтө зор чымыркануларга жөндөмдүүлүк бар экендиги маанилүүрөөк болуп отурат. Бул белгилер белгилүү бир мааниде алардын IX кылымдагы жеңилип калуусуна да себеп болгон, анткени ар бир князь коңшу княздын башчылык ролун тааныгысы келбей, өз күчү менен мусулмандарга жалгыз качырып кирип өлүмгө дуушар болуп турушкан. Этностун активдүү тышкы саясаты үчүн чымыркануунун эң жогорку деңгелдеги жөндөмдүүлүгү эмес, орточороок деңгелдеги жөндөмдүүлүгү пайдалуу экен. Ушундай болгондо гана күчтөрдү бириктирүү жана аракеттерди бир багытта иретке келтирүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Этникалык жамааттын чымыркануу жөндөмдүүлүгүнүн андан ары бошоңдошу аларды башкарууну оңойлотот, бирок сырткы таасирлерге каршылык көрсөтүү күчү начарлайт. Айталы, согушчан арийлердин тукуму — бенгал индустарын англиялык колония-чылар өз аскерлеринин катарына тарткан эмес, анткени алар өтө эле туруксуз болушкан жана согушуу жөндөмдүүлүктөрү да төмөн болгон. Индияны каратып алуу Ост-Инди компаниясына тиги же бул коомдук топтордун жардамы аркылуу эмес, өз өлкөсүнүн эркиндигин сактагысы келген демилгелүү раджалар менен султандардын колдорун өтө көп сандагы этностордун көпчүлүк адамдарынын ыргылжың, кош көңүл мамилеси байлап салгандыктан ишке ашты. Айтмакчы, XI кылымдан кийинки мусулмандардын Индияны каратып алышы да так ушу мүнөздө болгон. Кейпи, Индиянын башына түшкөн кесепеттин себепкерлери индустардын өздөрү окшобойбу.

Ошол эле учурда андан чыгышыраак тараптагы тибет тайпак тоолорунда чачыранды жашап келишкен уруулар Түндүк Тибеттеги уруулларды түздөн-түз жана бат жеңип алуу жолу менен тибет элин жаратышты. Жеңүүчүлөрдүн ата-бабалары Цангпо (Брахмапутра) дарыясынын орто чендеринде жашаган, өз чөйрөсүнө V кылымдын элүүнчү жылдарында Хесиден[84] куулган сянбилердин бир аз сандагы тобун жана Непалдын тоолук элин кошуп алган чакан уруу эле. Ошентип, VI кылымга жакын ченде этникалык жактан аралашма эл жаралган. Дал ушул эл Чыгыш Азияда бийлик кылууну Кытайдан талашкан, VII —IX кылымдарда атагы чыккан Тибет империясын түзгөн. Акырында келип батыш Кытайда ошол эле мезгилде дүркүрөп өсүп чыккан жаңы этнос варвардык Вей

империясын оңкосунан түшүргөн. Анын натыйжасында орто кылымдардагы кытай эли[85] түзүлүп, манжурдук басып алуудан улам XVII кылымда токтоп калган көз каранды эмес империянын тарыхый салттары калыптанат.

Этногенездин сүрөттөлүп жазылган көрүнүштөрү бирин бири так кайталап гана тим болбостон, алар бир тилкеде жайгашып турат, Мекке менен Чанъянды байланыштырып турган түз сызык ошол тилкенин огу болуп саналат. Бул ок сызык Чанъяндан ары чыгышка уланып, ошо кезде этникалык биригүү жаралган Япон аралын тепчип өтүп, Тынч океандын кендиктеринде жоголуп кетет. Ал ок сызык батышты карай созулуп Ливиянын адам жашабаган какыр чөлү аркылуу батыш Суданга жетип барат. Бирок ал жерде ошол мезгилде этногенетикалык процесстер болгону белгиленген эмес. Чын эле кызык көрүнүш бекен?

Б. з. XI кылымында этногенездин дурт этип пайда болушу

Этностордун жаралышынын ургаалдуу процесси жүргөн жер бетиндеги ок сызыктар жаткан аймактар бүт жер шарын камтыбай, анын булуң- бурчтары менен гана чектелип турат. Байкоо салган адамга ал, мектеп глобусунун бир капталына түшкөн жарык шоолага окшошуп тургансыйт. Албетте, бул салыштыруу сырткы көрүнүштү гана билдирет. Ал эми анын мазмунунун негизин эмне түзөрү жөнүндө төмөндө кеп салып бермекчибиз. Ага чейин башкаларын (Европаны жана Борбордук Америкаты) кийинкиге калтыра туруп, бир окуяны эске салып коёлу. Мунубуз башка, көнүмүш, бирок так эмес түшүнүктөрдөн арылуу үчүн керек.

XII кылымда Чыгыш Азияда бир эле убакта эки кубаттуу этнос жана бир уруу жаралат, бирок бул уруу ымыркай курагында эле өлүп жок болот. Бул жолу этногенездин аймагы географиялык жактан так чектелип турган, бирок ал жер үстүндөгү ландшафттык, социалдык жана маданий шарт-жагдайларга тиешеси болгон эмес.

XII кылымдын башталышына чейин Амур дарыясынын жээктеринде жана анын куймаларында жашаган тунгус тилдүү чжурчжендер гомеостаз абалында турушкан, бул алардын социалдык жактан артта калгандыктарынан, урууларды бытырандылыгынан жана өздөрүнүн түштүктөгү баскынчы коңшулары — кидандык Ляо империясынан коргоно алышпаганынан байкалып турган. Кидан императорлоруна чжурчжендер тапталган ителгилерди салыкка төлөп, балдарын аскер кызматына жөнөтүүгө милдеттүү болушкан.

Өздөрүн жалпы жонунан же "цзубу", же "да-дан" деп аташкан татарлардын Байкалдын ары жагындагы талаа урууларын так эле ушундай абалда турушкан. Цивнлизацияланган кидандар аларды түндүк америкалык колониячылар XIX кылымда прерияда жашаган индейлерди кандай кырып жок кылса, ошондой кырып жок кылып жатышкан эле.

Бирок 1115-жылы баары өзгөрүп кетти. Чжурчжендер көтөрүлүп, 1126- жылы Ляо империясын талкалап салышты. Алардын этногенезинин багыты, т.а. этникалык доминанты урууларды бириктирүү болду. Мындай өзгөрүү мурдагы уруу башчысы Агудеге "Алтын" деп аталган империяны түзүүгө мүмкүндүк берген.

Көчмөндөрдүн доминанты башкача болгон. Ар бир урууда айрым баатырлар — "эрки күчтүү адамдар" бөлүнүп чыгышкан. Алар эң алды кембагал турмуш өткөрүп жүрүшүп, XII кылымдын аягында гана Темучин аттуу жолбашчыга ээ болушат. Аны Чыңгыз деп аташып, хан көтөрүп алышат. Граждандык катаал согушта "эрки күчтүү адамдар" урууларды түзүлүштү кыйратышып, Моңгол улусун түзүшөт. Бул улуста жеңгендер да, жеңилгендер да баш кошуп, бирдиктүү этноско айланышат.

Акырында келип Байкалдын түштүк жээгинде согушчан меркит уруусу чыга келди. Меркиттердин ата теги ким экени белгисиз. Алар моңгол да, түрк да болгон эмес, кейпи алар самодийлер болсо керек. Бирок биз үчүн алардын ким экени анча маанилүү эмес. Биз үчүн меркиттердин 1216-жылы Борбордук Азияга бийлик кылууну моңголдордон талаша баштаганы маанилүүрөөк болуп отурат. Мындан көрүнүп тургандай, этногенездин дүркүрөп өсүшү бул жерде да жогоруда биз баяндагандарга окшош болуп башталды. Этногенез дүркүрөп өскөн аймак да мурдакылардыкына окшоп ачык-айкын чектерге ээ болду. Түндүк тараптагы эвен килер менен якуттар, түштүк тараптагы корейлер, кытайлар жана тангуттар бул процесстен четте турушту. Батыш тараптан бул аймак моңголдордой көчмөн тиричилик өткөргөн ойроттор менен кумандарга (кыпчактарга) жетпей, Байкалдын түштүк жээктери менен чектелди. Бул жакта аймак ушуну менен чектелип бүттү, ал эми анын негизги бөлүгү Тынч океандын мейкиндиктерине тараган деп ойлоого болот. Эгер мындай болсо (каршы чыгууга негиз жок) этногенетикалык дүркүрөп өсүүлөр же козголуулар — физикалык география менен киндиктеш көрүнүш болуп чыкты. Тарых бар болгону аларды климат изилдөөчү муссондор менен циклондордун жылышууларын каттаган сымал каттап гана тим болот. А тарыхчы-географ болсо Евразиядагы көчмөндөрдүн миграциясын сүрөттөп жазат. Кейпи, Евразиянын талаалары менен токойлорунда жашаган этностордун климаттык термелүүлөр менен ар дайым эле байланыша бербеген жана орто кылым тарыхчыларын таң калтырган активдүүлүктөрү этногенездин дүркүрөп өсүшүнүн натыйжасы гана болуп саналат.

Дал ушул дүркүрөп өсүү гана моңголдордун көкөлөп өсүшүн элдердин Улуу көчү менен, байыркы римдик бутпарасчылыктын үстүнөн христианчылыктын Византиядагы салтанат курушу, ыйык согуштар аркылуу исламдын таркатылышы, Тибет падышачылыгынын түзүлүшү, ражпуттардын эрдиги жана Тан династиясынын императорлорунун сарайынын гүлдөшү менен киндиктеш кылып турат. Белгилүү бир территориялардан орун алган ушуларга окшош "козголуштар" же "дүркүрөп өсүүлөр" байыркы улуу этностордун жаралышына да түрткү берсе керек. Алардын жашап өткөн адепки мезгили булактарда Орто кылымдардын окуяларында чагылдырылгандай даражада чагылдырылган эмес.

Ошентип, биз ар бөлөк мүнөздөрдөгү көрүнүштөрдөн окшоштуктардын элементин таап алгандан кийин алардын айырмачылыгын түшүндүрүү өтө эле жеңил болуп чыга келет. Окшош импульстар сырткы чөйрөнүн ар кандай шарттарында ар башкача аракеттенет. Тоонун кыры менен баратып, бут алдында жаткан ташты төмөн карай кулатып жиберген адамды көз алдыга тартып көрөлү. Кээде ал таш көчкү пайда кылып, ал көчкү бир нече айылды басып калышы мүмкүн, кээ учурда ал таш бир кычыкка тыгылып же урчукка урунуп токтоп калышы мүмкүн. Таш кулаган жолду эсептеп чыгуу менен, кулатылган таштын жолундагы бардык тоскоолдуктар жөнүндө, анын күүлөнүү күчү жана багыты жөнүндө толук маалымат болсо таш басып өткөн жолду эсептеп чыгып, анын тагдырын айтып берүүгө болоор эле, бирок иш жүзүндө андай сандагы маалыматтарды алуу мүмкүн эмес.

Мына ушул мисал этногенетикалык козголуунун тагдырын ачык көрсөтүп турат. Мында мурдагы кылымдар бою түзүлүп келген социалдык шарттар, ата-бабадан мураска калган маданият, региондун географиялык чөйрөсү, эл аралык байланыштарды, саясий ой-максаттарды жана замандаштардын тымызын кара ниет аракеттерин ичине камтыган этникалык айлана-чөйрө өңдүү көптөгөн көрүнүштөр процессти өзгөртүп жиберүүчү тоскоолдуктардын ролун аткарат. Бирок ал этносистеманы кыймылга келтирүүчү жана улуу иштерди аткарууга жана өзгөртүүлөрдү жасоого мүмкүндүк берүүчү күч-кубатка ээ болгондо гана булардын баары ого бетер күч алып, аракетке келет.

Бул эмне деген күч-кубат? Анын мүнөзүн аныктоо менен гана биз этногенездин маселесин чече алабыз.

Этникалык тарыхты изилдөөдө биз коомдук мамилелер менен социалдык институттарды гана көрүп турарыбызды белгилеп коёлу. Бирок биздин мындай байкоолорубуз баарын түшүндүрүп бере алат дегендик эмес. Дегинкисин айтканда, электр күчү же жылуулук, айталы, электр чырагындагы зым кызарып жарык чачканда же ал ысыганда гана байкалат. Анткени менен аларды тажрыйба аркылуу жалпылап, акылга салып түшүндүрүүгө болот. Ошондой эле "жашоо" жана "социалдык-коомдук түзүлүш" деген түшүнүктөр да көптөгөн байкоолорду жалпылоодон чыккан түшүнүктөр. Этностун да ушундай экени айдан ачык.

Буюмдун узундугу, салмагы жана температурасы бири-бири менен кандай байланышта болсо, этнос да социалдык жана биологиялык категориялар менен өз ара тыгыз байланышта турат. Мунусу да, анысы да табиятта бири-бири менен сыйышпай турган ар башка тектеги процесстердин эки башка өлчөмдөрү. Кантсе да биз, социалдык процесстер менен этногенездер катар өнүгүшөрүн тактап алдык, эми этностордун өзүнүн денгелиндеги биологиялык таксондор — популяциялар менен өз ара кандай аракеттерде болорун текшерип чыгышыбыз керек. Алдыда бизди кызык окуялар күтүп турат.

Бешинчи бөлүк

БИЗДИН ДЕНЕБИЗДЕГИ ТАБИЯТ

МЫНДА АДАМДЫН АЛТЫ САНЫНЫН КАЙСЫНЫСЫ
ТАБИЯТКА ТИЕШЕЛҮҮ,
КАЙСЫНЫСЫ ТИЕШЕЛҮҮ ЭМЕСТИГИ
КӨРСӨТҮЛӨТ
ЖАНА АДАМДЫН ДЕНЕСИНЕН СЫРТКАРЫ ТУРГАН ДҮЙНӨНҮН
КАЙСЫ БӨЛҮГҮ ТАБИЯТКА ТИЕШЕСИ ЖОК ЭКЕНИ БАЯНДАЛАТ.
ОШОНУ МЕНЕН КАТАР,
БУЛ ЖЕРДЕ ЖАНА ЖОГОРУДА
АЙТЫЛГАНДАРДЫН БААРЫ
ЭМНЕ ҮЧҮН ЭТНОГЕНЕЗ МАСЕЛЕСИН ЧЕЧЕ АЛБАЙ ЖАТКАНЫ
ЖӨНҮНДӨ СӨЗ БОЛОТ

XVIII. ЭТНОС ЖАНА ПОПУЛЯЦИЯ

Этнос — популяция эмес

Кээде кадимки эле бир көрүнүш келечеги мектепте билгендеринден да алыс кете турган илимий жыйынтыктарга негиз болуп берет. Этнос жөнүндөгү илимде

www.bizdin.kg
көптөгөн нерселерди кайрадан ойлонуштуруп карап чыгууга жана көптөгөн көнүмүш ой-пикирлерден баш тартууга туура келет.

Этнологиядан кабары жок окурманга этносту биз нагыз биологиялык функциялар менен чектелген организмге окшоштуруп отургандай сезилиши ыктымал. Бирок мында сырткы окшоштуктар гана бар, ал эми айырмачылыктары бир кыйла олуттуу келет. Этнос жамааттарды уюштурат, чогуу болот, а кээде чачылган түрдө деле жашай берет, ал эми денеден ажыратылган кулак же кол өз алдынча жашай албайт. Организм сөзсүз түрдө өзүнө окшош тукум жаратат, ал эми этнос (ар бири) кайталангыс болот да, адат-салттар да суперэтникалык бир бүтүндүктүн чегинен сырткары чыгып кетпейт. Организм сөзсүз түрдө, эртеби-кечпи өлүп жок болот, ал эми персистент-этностор сакталып тура берет ж.д.у.с.

Этнос менен популяцияны эч качан теңештирүү жарабайт, популяция (жаныбарлар арасындагы) кээде этноско окшош көрүнүш катары каралышы мүмкүн. Бул жерде окшоштукка караганда айырмачылык алда канча тереңде жатат. Популяция — бул бир түргө кирген, бир нече муундар бою кайсы бир территорияны ээлеп, ич арада бири-бири менен эркин аргындашып, ошол эле учурда коңшу жашаган популяциялардан белгилүү бир деңгелде өз алдынча бөлүнүп туруучу жаныбарлардын жыйындысы. Ал эми этнос болсо, биз жогоруда байкагандай — окшош адамдардын жыйындысы эмес, ал генетикалык жактан да жана функциялары жактан да ар башка адамдардан жана алардын көптөгөн муундарынын ишмердүүлүгү аркылуу түзүлгөн техникалардан, антропогендик ландшафттардан жана маданий салттардан турган көрүнүштөрдүн системасы болуп саналат. Динамикалуу этностор үчүн эсептөөлөрдүн ар түрдүү системалары аркылуу календарь менен белгиленүүчү тарыхый мезгилди сезип-туюу да мүнөздүү. Ошону менен катар, өзүнүн гомеостаз фазасында турган этностордо тарыхый мезгилдин этнопсихологиялык категория катарында сезилип-туюлбаганы аларды популяция гана катары кароого укук бербейт. А түгүл статикалык (тең салмактуу абалда, тынч жашап жаткан) этнос да белгилүү бир аймактын чектеринде географиялык чөйрөнүн өзгөрүшүнө байланыштуу өздөрүнө көнүмүш шарттарды издеп, ээн-эркин жер которо алышат. Этностун ич ара аргындашуусу же сословиелик карым-катыштар аркылуу, же салт болуп калган кан аралаштырууга тыюу салуулар, же укуктук жана диний нормалар аркылуу тартипке келтирилип турган. Ал эми кээде бул тыюу салуулар бошондой баштаган кезде бул ар дайым этностун бузулуп жок болушу жакындап келатканынын белгиси катары көрүнөт.

Акырында, этностун өз коңшуларынан окчундап бөлүнүп турушунун мүнөзү территория менен байланышпаган көрүнүш болуп саналат. Эгерде эки популяция бир эле территорияда баш кошуп жашаса, анда алар дароо бир бүтүн этноско айланып кетишет, ал эми эки жана андан көп этностор бир эле территорияда кылымдар бою жанаша жашашканына карабай, алар болгону суперэтностук же өздөрү каалаган деңгелдеги этникалык карым-катнашта болуп жашап тура беришет. Же тескерисинче, көпчүлүк учурларда этностор бири-бири менен каршылашып согуш абалында жашашат. Мындай абалды жашоо үчүн күрөштүн көз карашынан түшүндүрүү кыйын, анткени, бул күрөш көп учурда региондордогу калктын кескин көбөйүп кеткендигинен улам пайда болбойт. Дискреттүү (корпускулярдуу) системалар катарында популяциялардын ортосунда күрөштүн болушу мүмкүн эмес, анткени популяцияга кирген жаныбардын максаты — өзүн аман сактап калуу менен тукумун улоо болуп саналат.

Жогорку тепкичтеги сүт эмүүчүлөрдүн популяцияларынын топтошуп жана үйүрлөшүп жашоосу бир караганда жөнөкөй этносторго окшошуп кетет. Бирок

бул окшоштук алдамчы окшоштук. Үйүр — бул моногамдуу, полигамдуу же сезондуу гана түзүлгөн үй-бүлө ячейкалары болуп саналат. Үйүрдү жетектеген эркектана күчтөн тайып, өз балдарын башкарууга чамасы келбей калганда үйүр таркап кетет. Этнос болсо, жалпы тагдырлары бирдей окшош болгон консорциялардан, т. а. адамдардын тобунан өсүп чыгат. Эгерде ал топто жалаң эркектер болсо, анда алар башка жактан аял алышат, андан кийин гана, эки-үч муун аралыгында барып, үй-бүлөлүк мамилелер түзүлөт. Үй-бүлөлүк байланыштар жаны жаралып келаткан этносту бекемдейт[1]. Бирок бул сөзсүз милдеттүү нерсе болуп саналбайт, анткени кеңири түрдөгү экзогамиялык учурлар да байкалат, ал айрыкча гаремдерди түзүүдө өзгөчө ачык көрүнөт.

Ошентип, этнос дегенибиз — зоологиялык популяция да эмес экен. Ал адамга гана тиешелүү жана ар бир учурда ар башка өзгөчөлүккө ээ болгон социалдык формалар аркылуу көрүнүүчү системалуу көрүнүш, анткени өлкөнүн чарбачылыгы анын элин баккан ландшафт, техниканын өнүгүшүнүн деңгели жана өндүрүш мамилелеринин мүнөзү менен ар дайым тыгыз байланышта болуп турат. Албетте, бул этнолог популяциялык генетиканы этибарга албай коюуга милдеттүү дегендик эмес, бирок ал биз иликтеп жаткан процесстин бир гана жагын, негизги эмес жагын гана чагылдырарын унутпоо зарыл. Эмесе биз андан өзүбүздүн мындан аркы талдоолорубузга керектүү маалыматтарды табууга аракетте- нели.

Ар бир популяция өзүнө көптөгөн ар башка генотиптерди камтып турары белгилүү. Ар кандай популяциялардын генотиптеринин топтолушу ар түрдүүчө экендиктерине карабай, популяциялардын ар бир тобу өз түрүндөгүлөрдүн дээрлик бардыгына тиешелүү генотиптердин айкалышын алып жүрөт[2]. Анткени менен айрым, аз сандагы популяциялар тиги же бу генотиптерин жоготуп алгандыктан өзгөрүү деңгелдери төмөндөп, анын натыйжасында ылайыкташып алуу жөндөмдүүлүктөрү да начарлап калат. Бул тукум курут болуу дегендикти билдирет. Популяциялык генетиканын принциптерине ылайык популяциялардын көпчүлүгү динамикалуу тең салмакта турат да, бири биринен көлөмү, түзүлүшү жана генетикалык курамы боюнча айырмаланышат. Ал эми тең салмактуулуктун бузулушу эволюциялык факторлордун, мутациялык процесстин, сан жагындагы флуктациялардын же "жашоо толкундарынын", өзүнчө обочолонуп жашоо шартынын жана табигый тандалуунун бузулуштарынын кысымы астында пайда болот. Натыйжада, же экспансия пайда болот, же генотиптердин, ошондой эле, бүтүндөй бир популяциялардын саны азайып кетет, ал эми кээ бир учурларда мутация же флуктация жаңы түрдүн пайда болушуна алып келет[3]. Канткен менен этнос түрдүн ичинде тургандыктан, анын түзүлүшү үчүн (түргө салыштырмалуу алганда) анча чоң эмес обочолонуу жана флуктациялардын бир аз өзгөрүүлөрү жүрүп жатканда кенедей эле мутациялык кысым жетиштүү болот. Ошондуктан этностор түргө караганда тез-тез жаралып турат жана бир топ кыс- ка мөөнөттөрдө гана жашагандыктан, ал процесстер тарых тарабынан катталып калат.

Мономорфизм

Этникалык тарыхты изилдөөдө этностун кайра жаралуусунун тынымсыз жүрүп турган сырткы процессинде анын тиги же бу ландшафттарга өтө мыкты ылайыкташып алгандыгына байланыштуу болгон стабилдүү мезгилдери болорлугу оңой эле байкалып турат. Бул байкоолор ихтиолог Ю. П. Алтухов менен антрополог Ю. Г. Рычков тарабынан популяциялык генетиканын негизинде жасалган жыйынтыктары менен дал келет. Алар өз жыйынтыктарында, "түрдүн өз чегинде ылайыкташуу маанисине ээ болгон тукум куучулукка негизденген

www.bizdin.kg
өзгөрүүнүн түр аралык денгелинде ылайыкташуунун бошоң" болорун көрсөтүшкөн. Мындан "чыныгы кыймыл туруктуулукка айланат"[4] деген бүтүм келип чыгат жана бул изолят-этносту чексиз узак убакыттар бою сактап турат. Анткени менен буга каршы туруктуу аракеттенбеген процесстер болбогондо, анда жаныбарлар арасында түрдүн пайда болушу да, изолят-этносторду сүрүп чыгаруучу жаңы этностордун пайда болушу мүмкүн болбос эле. Буга авторлор мындайча жооп табышкан: "Түрдүн уникалдуу касиетинин өзгөрүшү өтө сейрек учурларда жаңы түрдүн жаралышын билдирүүгө тийиш. Бирок муну популяциялык деңгелде аткарылуучу жана ар дайыма эле мүмкүн боло берчү процесс катары эмес, айрым особаларды бөлүп алып көбөйтүү менен байланышкан сейрек окуя катары гана элестетүүгө болот"[5]. Баса, эненин жатынында түйүлдүктүн пайда болушу жарыктын ылдамдыгына барабар келет эмеспи.

Эгерде бул пикирди этнологияга колдоно турган болсок, анда ал эксцесстин концепциясы, т. а. жыйынтыгы чөйрөнүн туруктусуздугу жогорулаган өзгөчө жагымдуу шарттарда гана көрүнө турган түрткүнүн концепциясы болуп калат. Башка бир учурларда түрткүнүн күүсү токтотулат да, "айрым особалар" өз уруулаштарынын колунан каза табат. Мында этнос окшош эмес адамдарды өз ичине батырып, персистенттик уйкуда — гомеостаз абалында турабы же ал бардык ар түрдүү фазалар аркылуу этникалык калыптанууга өтүп кетип баратабы, ага бары бир. Эки учурда тең ал адилеттүү түрдө өзүнүн түшүнүгү боюнча эсептеген шүмшүктөр менен кемпайларды жок кылып салат. Кантсе да жаңы этностор жаралып чыга келет. Демек, "айрым особалардын" аман калышына гана эмес, алардын жеңип чыгышына да мүмкүнчүлүк түзүүчү кайсыдыр бир шарт бар экен. Калыбы, бул ландшафттык да жана ошондой эле этникалык да чөйрөнүн шарты болсо керек, этникалык чөйрөнүн шарты дегенибизде изилденип жаткан особанын жана анын концепцияларынын ортосундагы өз ара мамилелердин мүнөзү түшүнүлөт. Эгерде эле биз өздөрүнүн уруулаштарынын же замандаштарынын ичи тардыгынан, кемпайлыгынан жана кастыгынан улам көрүнүктүү иштерди жасоого үлгүрбөй калган байыркы адамдардын өмүр баянын иликтөө мүмкүнчүлүгүнөн ажырап отурсак, анда алардан бир нече баскычка жогору турган системаларды, т. а. этносторду изилдөөдө этногенездин башталыш чекити катары кызмат өтөгөн эксцесс концепциясын түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ кылуучу зарыл маалыматтарды таап ала алабыз. Изилдөөгө алынган системанын даражасы канчалык жогору болгон сайын жол берилүүчү каталар ошончолук азыраак болот. Жогоруда айтылгандардан көрүнүп тургандай, этностор — тигил же бул социалдык пардалар менен ар дайым чүмбөттөлүп туруучу биофизикалык реалдуулук болуп саналат. Ошондуктан, жаңы этностун жаралышында биологиялык же социалдык көрүнүштөрдүн кайсынысы алгачкы болгон деп талашуу жумуртканын агы мурда жаралабы же сарысыбы дегендей эле кеп. Алардын бири экинчисиз жарала албашы анык, андыктан талашып-тартышуу да негизсиз.

Айткандай эле, жер ландшафттарына[6] түздөн-түз таасир тийгизе алган, андыктан, абстракт катарында эмес, толук реалдуу түрдө жашап туруучу, жалаң эле чоң жамааттардын — этностордун ичинде эле эмес, ар бир жеке адамдын ичинде да материя кыймылдарынын бардык формаларынын туруктуу байланыштары байкалып турат. Эгерде эле адамдын кулк- мүнөзүнүн бардык көрүнүштөрү анын социалдык айлана-чөйрөсү тарабынан таңууланат дей турган болсок, анда түйүлдүктүн генетикалык коду (шарттуу белгиси) — биологиялык, ал эми адреналиндин азыраак бөлүнүшү — химиялык кубулуш болуп эсептелинет. Чын-чынына келгенде адамдын мүнөзүнө социалдык факторлор менен бир катарда тигиниси да, мунусу да бир кыйла таасир тийгизип турат.

Тарыхты этибарга албай, үстүртөдөн байкоо салгандар адамдын табият чөйрөсү менен өз ара байланышы жөнүндө айтканда жөнөкөйлөтүү принцибине таянышат. Элдин саны менен эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн тез өсүшүн камсыз кыла турган ыңгайлуу шарттар бар жерлерде адамзат коомунун өнүгүүсү ыкчам жүргөнү, ал эми андай шарттар жок жерлерде жай жүргөнү өзүнөн өзү түшүнүктүү сыяктуу сезилет. Ыңгайлуу деп деги кандай шарттарды айта алабыз? Андалусиянын климаты Англия менен Кастилияныкына караганда жумшак келет, ага карабай Гранаданы кастилиялыктар 1492-жылы каратып алышкан. Англия болсо 500 жыл бою деңиздердин ханышасы болуп турду. Норвегиянын шарты 2 миң жыл бою өзгөргөн жок, бирок викингдер океан толкундарын XI кылымдан XII кылымга чейин гана жиреп-сүзүп жүрүштү. IX кылымга чейин Норвегия өспөй дымуу абалында турган, андан соң, Кальмар униясынын мезгилинде даниялыктардын басып алуусунун курманы болду.

Бардык ушул баяндоолор бир гана максат үчүн иштелди: этногенездин дүрт этип башталышы өнүгүү же дымуу абалында турган элдердин маданиятына жана турмуш-тиричилигине, алардын расалык курамына, экономикасы менен техникасынын деңгелине, этностун экологиясын өзгөртүүчү климаттык термелүүлөргө байланыштуу болбостон, мейкиндик менен мезгилдин белгилүү бир шарттарына байланыштуу болорлугун көрсөтүү үчүн иштелди. Ландшафт өзүнөн өзү жаңы этносторду жарата албайт, анткени, алар тигил же бул, мейли ал өтө ыңгайлуу жерлерде болсо да, бүтүндөй бир миң жылдар бою жаралбай калат. Этног нездин региондору бардык мезгилдерде алмашылып турат. Бизди кызыктырган процесстер кээде тигил же бул жерде башталып турат, демек, аларды биз мурдатан эске алып отурган жер үстүндөгү күчтөр эмес, биз тараптан табылууга тийиш болгон башка бир нерсе жаратат көрүнөт.

Фон жана фактор

Өз алдынча көрүнүш катарында этностун ландшафт менен карым- катышын талдап чыкканыбызда алардын бири-бири менен байланыштуу экендигин көрсөттү. Бирок дайыма аракетте болуп турган эмес, ландшафтты түзүүчү фактор боло албагандай эле, ландшафт да башка бир нерсенин таасири болбосо өз алдынча этногенезге себеп боло албайт. Ал эми этникалык жана социалдык мыйзам ченемдүүлүктөрдүн ара катышы а түгүл карама-каршы байланыштардын болушун да жокко чыграт. Себеби Жердин этночөйрөсү социалдык өнүгүүнүн фактору эмес, анын фону гана болуп эсептелет.

Өндүрүш күчтөрү менен техника гана өнүгүүнүн өз мыйзам ченемдүүлүктөрүнө ээ болбостон, ага илим жана маданият тармактары да ээ. Булар байыркы дүйнөнүн тереңинде башталып, мурас катарында биздин күнгө чейин жетип отурат жана албетте, ал мурастоо Жер бетинде адам баласы жашап турганда үзгүлтүккө учурабай улана берет.

Жадегенде салтка каршы күрөштүн жаралышынын өзү да салттуу көрүнүш, анткени илгертеден эле башка бир салтты туурап үйрөнүү доорлору жаңы, башкалардыкына түк окшошпогон өзгөчөлүү салттарды табууга умтулуу мезгилдери менен оошуп турган. Эгерде буга негизденсек, анда ар бир чыгарма, мейли ал ойлоп табылган нерсеби же илимий ачылышпы, искусство чыгармасыбы, алардын баары жаңы нерселер болуп саналат, анткени мурдагылардын так өзүндөй көчүрмөсүн жасоо дегеле мүмкүн эмес. А балким, маданияттын өнүгүү негизи түбөлүктүү экенин моюнга алуу этностун аракеттерин детерминдештирип жүрбөсүн? Жок андай эмес!

Польшалык жазуучу жана философ С. Лем мындай деп жазат: "Маданият физикалык, биологиялык, социалдык жана техноэкономикалык мүнөздөгү

факторлор аркылуу аныкталат. Эгерде мына ушул бардык детерминанттар чоңдуктар менен аныкталса, анда "нагыз маданий вариациялар" үчүн керектүү мейкиндик нөлгө барабар болобу же кантсе да, кайсы бир эркин тилке сакталып калабы? Антропологиялык компаративистика мындай мейкиндик бар экенин жана ал мейкиндикте формалар менен маңыздардын таза маданий өзгөрүүсү пайда болорун көрсөтүп отурат[7]. Андай болсо, "эркин тилке" эмне менен толуп турат? Кейпи, ал кайсы бир чечимди тандап алууга укугу жана мүмкүнчүлүгү бар адамдардын иш-аракетине байланыштуу болот көрүнөт. Мейли, ошондой эле болсун дейли, бирок физикалык мааниде алганда иш болуп саналган аракеттердин өзү үчүн адамдын (особанын) психофизиологиясы аркылуу чагыла турган энергия талап кылынат. Ошентип, социалдык жана биологиялык аспектилерди тыйындын эки бетине: орёл жана решкага окшоштура турган болсок, анда ал энергия жана анын көрүнүшү болуп ошо эки бетинде сүрөтү бар тыйын согулган темирдин өзү саналат.

Түздөн-түз байкоо салганда бизге бул сүрөттөрдүн чиймелери гана көрүнөт да, ал сүрөттөр ичкериде жаткан маңызды (мисалы, тыйын чегилген эритменин элементтеринин пайыздык катышын) чагылта албайт. Терендерде жаткан кубулуштарды "эмпирикалык жалпылоо" жолу менен гана таанып-билүүгө болот. Андыктан тыйындын кайсы бети (орёлбу же решкабы) маанилүү (биздин маселебизде "бирдиктүү" география маанилүүбү же баарын кучагына камтыган социология маанилүүбү?) деген талаш-тартыш маңыссыз болуп калат. Анан да ал конструктивдүү да эмес, анткени бул эки учурда тең окумуштуулардын алдына коюлган маселени жөнөкөйлөтүүгө аңдоосуз умтулуу, т. а. акырында толук эмес, демек, туура эмес натыйжага алып келүүчү жана изилдөөнүн өзүн маанисиз кылуучу кайсы бир профанация катылып жатат. Бирок түшүнүү үчүн талдоо жүргүзүү зарыл керек. Ошондуктан биз көрүнүштүн мурдатан жаңылыш алынган идеялардын прокруст калыбына сыйбаган компоненттерин ыргытып салуу жолу менен барбайбыз, биз алардын ар биринин ордун жана маанисин тактоого аракеттенебиз, бул аракет акыр аягында изилдөөнүн максатына — синтезге алып келет. Ушундан кийин гана социалдык, биологиялык жана географиялык усулдардын ортосундагы карама- каршылыктардын жалган экендиги ачык болот.

Жөнөкөй мисал үчүн жеке бир адамды алалы. Адамдын анатомиясы, физиологиясы жана психологиясы ушунчалык чырмалышып, бири бирине багыныңкы болгондуктан, биздин талдоолорубузда адамдын жашоосунун бул көрүнүштөрүн бөлөк-бөлөк алып кароонун зарылчылыгы жок. Албетте, адам — социалдык жаныбар, анткени анын инсандыгы башка адамдар жана ата-бабалары түзгөн буюмдар (техника) менен түздөн-түз карым-катнашта болуу аркылуу калыптанат. Ал эми сперматозоидчи? Ал омурткалуулардын эволюциясынын мыйзамы аркылуу өнүгүүчү нагыз биологияга гана тиешелүү "персона". Анткени менен адамдын өз түйүлдүгү менен байланышы бар экендиги талашсыз. Ырасында эле адамдын денеси анын жогорку нерв системасынын ишмердүүлүгүн (психиканы) кошо алганда, материя кыймылынын коомдук жана табигый формалары айкалышып турган лаборатория болуп саналат.

Бирок адам эр жетип, социалдык чөйрөгө аралаша баштаганда да кээ бир мыйзам табигый мыйзам ченемдүүлүктөргө баш ийип турат. Жыныстык жактан жетилүү же картаюу социалдык өнүгүүнүн баскычтарына багыныңкы болбойт, ал түр ичиндеги эволюциялык процесстерде иштелип чыга турган белгилердин тукум куучулугуна байланыштуу болот. Мисалы, тропиктик алкакта жашаган эл жыныстык жактан түндүктө жашагандарга караганда эртерээк жетилет; негроиддердин сырткы таасирлерге дүүлүгүүсү европеоиддер менен моңголоиддерге караганда чапчаңыраак келет; организмдин айрым ооруларга, мисалы, кызамыкка каршылык көрсөтүүсү европалыктарга караганда

полинезиялыктарда төмөнүрөөк болот ж. у. с. Бул өзгөчөлүктөрдүн социалдык өнүгүүлөргө эч кандай тиешеси жок, бирок ар кайсы өлкөлөрдүн элдеринин кулк-мүнөздөрүнө таасири тиери анык. Бул айырмачылыктар, албетте, тиги же бул популяциялардын ата-бабаларынын ар түрдүү географиялык шарттарга көнүгүшүүсү жана илгери жашап өткөн жана азыр жашап жаткан этностордун жаралышынын натыйжасында пайда болгон. Көнүгүшүүнүн узакка созулган процесстеринин натыйжасында пайда болгон касиеттердин топтолушунун дал өзү адамзаттын коомдук-экономикалык түзүлүштөр аркылуу өнүгүүнүн бирдей тепкичтерин басып өтүү учурларында этникалык көп түрдүүлүктү жаратат. Бирок да этногенез маселелеринин татаалдыгы социалдык формалар менен эле аяктап калбайт. Эгер эле андай болгондо этнография социологиянын бир бөлүгү гана болуп калмак да, бир коомдук түзүлүштөгү, айталы, кул ээлөөчүлүк коомдогу жашаган адамдардын кулк-мүнөздөрү окшош болмок. Анткени менен Кытайдын байыркы турмушу эллиндикинен эле эмес, жапандардыкынан, индиялыктардыкынан же египеттиктердикинен да айырмаланып турат. Социалдык жактан окшоштук этникалык өзгөчөлүктү жок кыла албайт.

Комплиментардуулук

Дегинкиси, этносту биологиялык чоңдук болуп саналат деген ойго жол берилиши мүмкүнбү? Жок, бул да маселени чече албайт, анын үстүнө этникалык процесстер түрдүн мономорфтуу шарттарында болуп өтөт.

Ошентсе да адамдын айрым бир биологиялык өзгөчөлүктөрү белгилүү бир роль ойносо керек. Мейли, ааламдык көрүнүш катары этногенез жалпы эволюциянын айрым бир жеке көрүнүшү деп болжолдойлу. Бирок бул "жекелик" өтө маанилүү, анткени ата тектери ар башка, маданий деңгелдери ар кандай болгон жана ар түрдүү өзгөчөлүктөрү бар адамдардан жаралган алгачкы этникалык бир бүтүндүк жөнүндөгү маселени алдыга койгонубузда биз өзүбүздөн өзүбүз: аларды бири бирине эмне деген күч тартып турат деп суроого акыбыз бар. Арийне, мында атайы ойлонулган сары эсеп жана пайда табууга умтулуу деле жок, себеби алгачкы муун мурдатан калыптанып калган өз ара мамилелерди талкалап, анын ордуна өз талабына жооп бере ала тургандай жаңы мамилелерди орнотуу сыяктуу зор кыйынчылыктарга туш келет. Мындай иш ар дайым опурталдуу болот жана аны баштагандар көп учурда өз жеңишинин үзүрүн көрө албай да калат. Мында социалдык жактан жакындык принциби да жардам бере албайт, анткени жаңы этнос эскиликтин институттарын жок кылат. Демек, калыптанып жаткан жаңы этноско кирүү үчүн адам мурдагы көнүмүштөрүнөн толук баш тартышы зарыл. Биз билген этностордун баары, айталы, римдиктерди жараткан квириттердин жети дөңсөдөгү бөрү уруулары; алгачкы христиандар менен мусулмандардын конфессиялык жамааттары; Шотландияда, Исландияда, Нормандияда жана Англияда отурукташып калган викингдердин кошуундары; ошондой эле аларды баш ийдирип алган феодалдар; XIII кылымдагы моңголдор жана башкалар дал ушундайча жаралышкан. Мында башка бир принципти — адамдардын бири-бири менен ымалаынтымактарына негизденген — комплиментардык принцибин колдонуу туура болчудай. Дал ушул принциптин негизинде сүйүшкөндөрдүн никелери жаралат, бирок комплиментардуулукту секс чөйрөсү менен чектөөгө болбойт, ал бар болгону ошол принциптин көрүнүшүнүн бир варианты гана болуп саналат. Этностун түйүлдүгү болгон алгачкы жамааттын калыптанышында белгилүү бир жакындыктары бар адамдардын бири бирине аңдоосуздан эле тартылып туруусу башкы роль ойнойт. Мындай тартылуу дайыма болот, ал эми анын күч алышы этникалык салттардын

пайда болушу үчүн зарыл өбөлгө түзөт. Анын артынан социалдык институттар пайда болот.

Ошентип, этникалык ар кандай салттар жана алар менен айкалышып туруучу социалдык институттар мурда бирине бири жаккан бир канча адамдардын баш кошуп биригишинен башталат. Өздөрү тандап алган максат жана тарыхый тагдыр менен баш кошкон адамдардын тобу тарыхый процесске тартыла баштайт. Андан ары тагдыр аларды кайда алпарып кошпосун, ал — "ансыз болбой турган шарт" болуп саналат. Мындай адамдардын тобу, флибустьерлердин каракчы бандасына, мормондордун диний сектасына, тамплиерлердин орденине, будда кечилдеринин коомуна, импрессионисттердин мектебине жана д.у.с. айланып кетиши мүмкүн. Аларды баш коштуруп турган жалпы нерсе — адамдарды бири бирине умтулткан көңүл жакындык сезим болуп саналат. Ошондуктан биз жогоруда буга окшогон "түйүлдүк" жамааттарды консорция деп атаганбыз. Булардын баары эле бутуна туруп жашап кетпейт: көпчүлүгү өз негиздөөчүсүнүн көзү тирүүсүндө эле таркап жок болот, ал эми алардын ичинен аман калгандары коомдун тарыхынан өз ордун таап, дароо эле социалдык институттарды түзүп, көп учурда каада-салттарды жаратышат. Сырткы соккулардан аман калган азгантай гана жамааттар өздөрүнүн өтө жогорку активдүүлүгүн табигый түрдө жоготконго дейре жашап турат, бирок андан кийин да бири бирине тартылуу инерциясын сактап калышат, бул алардын жалпы жүрүш-туруш көнүмүштөрүнөн, көз караштарынан, табиттеринен жана д.у.с. көрүнөт. Комплиментардык биригүүнүн бул фазасын биз конвиксия деп атаганбыз. Алар эми айлана-чөйрөгө таасир көрсөтүү күчүн жоготуп, турмуш-тиричилиги аркылуу гана биригип турушкандыктан социологиянын компетенциясынан чыгып, этнографияга таандык болуп калат. Оңтойлуу шарттарда конвиксиялар туруктуу болушат, анткени менен айлана-чөйрөгө каршылык көрсөтүүсү нөлгө жакындап, акырында өздөрүн курчап турган консорциялардын арасына бытырап тарап кетишет.

Комплиментардуулук принциби этностун деңгелинде да, болгондо да таасири күчтүү түрүндө учурайт. Мында ал партиотизм деп аталат, ал тарыхтын компетенциясына таандык болот, анткени элдин ата-бабасын урматтабай туруп, анын өзүн жакшы көрүү мүмкүн эмес. Эреже боюнча, этника ичиндеги комплиментардуулук этносту сактап туруучу зор күч катары ага өтө пайдалуу. Кээде ал бөтөндөрдүн баарын жек көргөн түрү суук көрүнүшкө ээ болот; андайда ал шовинизм деп аталат.

Комплиментардуулук суперэтностун деңгелинде абстракттуу мүнөздө болот. Демейде ал көпчүлүк учурларда өзүнө окшобогон, жат элдердин баарын "жапайылар" деп атап, бой көтөрүүчүлүктөн көрүнөт.

Комплиментардык принцип социалдык көрүнүштөрдүн катарына кирбейт. Ал жапайы жаныбарларда да байкалат. Үй жаныбарларында ал позитивдүү (иттин же аттын өз ээсине үйүр болуп алганы) жана негативдүү көрүнүштөрдө болот.

Жогоруда биз байкагандай, бул принцип жамаатташып жашоонун коомдук түрү болбогон учурларда гана башкы ролду ойнойт, бирок социалдык туруктуу түзүлүштөр бар болуп турганда да ал багыныңкы түрдө сакталып турат. Бул жагдай бизди адамдын биологиясына кайрылууга түрткүлөйт, бактыбызга жараша, илимдин бул тармагы жеткиликтүү эле иштелип чыккан.

Изилдөөнүн биологиялык багыттары

Терминдер боюнча макулдашып алалы. Биологиялык тармакка анатомия, генетика эле эмес, айлана-чөйрө менен байланышкан организмдин ар кандай көрүнүштөрү: рефлексология, экология, биоценология жана этология (жүрүш-туруш жөнүндө илим) да кирет. Биздин оюбузча организмдин

ишмердүүлүгү менен байланышкан көрүнүштөрдүн баары эле өзүнүн жаратылышы боюнча социалдык боло бербейт. Өз балдарын адам эле эмес, жаныбарлар да, куштар да багып, тарбиялап, үйрөтөт. Үйүрлөшүп жашаган бардык жаныбарларда сигналдардын системасы, жыныстык мамилени үйүр ичинде жөнгө салуу жана душмандан коргонууда жаш өзгөчөлүктөрүнө карата өз ордун билүү сыяктуу эрежелер бар. Эркектаналар ургаачысын жана балдарын коргойт. Эми өз ара мамилелердин ушул түрүн материянын коомдук кыймылынын маанисинде алганда социалдык өз ара мамиле деп айта алабызбы? Совет илиминде кабыл алынган түшүнүк боюнча андай деп айта албайбыз, анткени коомдук өнүгүү экономикага негизденет жана өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшү менен байланыштуу болот. Демек, социалдык мамилелер дайыма тигил же бул коомдук түзүлүштөр менен байланышып турат. Бул — совет илиминде кабыл алынган терминология, эгерде аны өзгөртсөк, анда өзүбүздүн да, окурмандардын да башын айлантып алабыз. Бирок түрдүн тиричилик өткөрүүсүнүн жамааттык формасы биздин түпкү ата-бабаларыбыз үчүн да кадимки көрүнүш болгон. Адам социалдык жаныбарга айланганга дейре үйүрлөшүп жашаган деп айтуу адамдын кадыр-баркына шек келтирбейт.

Адамдын физиологиясына жамааттын тийгизген таасири азыр жеткиликтүү эле изилденген. Эгерде тийишип, тынчын алса чычкандын да кан басымы жогорулап кетет экен. Бирок чычкан, лаборант жана тажрыйба жүргүзгөн илимпоз үчөөнү бириктирип, бизде кабыл алынгандай түшүнүктө социалдык деп атай албайсың. Ырас, чет өлкөлөрдө биологиялык мыйзамдарды коомдук турмушка колдонуп жүрүшкөн "социал-дарвинизм" деген агым бар. А бирок өзүбүз көнбөгөн жана кереги да жок терминологиядан алыс болгонубуз оң, анын үстүнө мунун окурмандар үчүн анча кызыкчылыгы да жок.

Биздин маселебизге биология кандайча жардам бере алат? Ab ovo жөнүндө сөз баштайлы. Жер үстүндө тиричилик өткөргөн көптөгөн жаныбарлар жамаатташып бирге жашаганга көнүшкөн: буга кумурскалардын уюгун, туяктуулардын үйүрлөрүн жана башка жаныбарлардын топторун, д.у.с. көрсөтүүгө болот. Бирок ар бир түр өз жамааттарын ар бөлөк мүнөздө түзүшөт. Homo sapiens түрү үчүн мындай түзүлүш — этнос болуп саналат, бирок бул кумурсканын уюгуна же үйүргө окшош дегендикти дегеле билдирбейт. Омурткалуу башка жаныбарлардан адам кандай кескин айырмаланса, этностор да бардык башка жаныбарлардын жамааттарынан ошондой эле кескин айырмаланып турат.

Этностор менен жаныбарлардын жамааттарынын ортосунда окшош эместиктер өтө көп, ошондуктан биз маданий салттардын ролуна тиешелүү болгон маселелерди иштеп чыгууда керек болуучу жөнөкөй схеманы талдоо менен чектелебиз. Түпкү теги бир, белгилүү территориянын гана чегинде жашаган, башка кошуналарынан турмуш-тиричилиги, адат- салты, дини жана кесипчилиги боюнча кескин айырмаланып турган бир урууну көз алдыга элестетип көрөлү. Мындай учурда никелешүү көп учурда ушул этностун өкүлдөрүнүн ортосунда гана болуп турат, анткени жамааттын катарына кесипчиликтин жана турмуш-тиричиликтин чоо-жайын билбеген, ушундан улам үй-бүлөсүн бага албаган ботон адамды кабыл алуу кажетсиз. Башка шарттарда калыптанган көнүмүштөр жаңы шартка дегеле ылайык келе бербейт. Өзү менен өзү болуп обочо жашаган этностун маданий бейнеси сырткы күчтөр кийлигишпеген учурда (каратып алуу) бир кыйла туруктуу келет, анткени ар бир жаңы муун өзүнөн мурдагы муундун турмуш-тиричилигинин түрүн андан ары улантууга умтулат. Мындай көрүнүш ал этностун маданий салты болуп саналат.

Каада-салттар биологияга эч кандай учурда таандык кылынууга тийиш эместей сыяктанганы менен муундардын ортосундагы өз ара мамилелердин механизмин профессор М. Е. Лобашев жаныбарларды изилдөөнүн негизинде ачып

көрсөткөн. Ал оз изилдоосүндо жаныбарларда да "сигналдардын мураска өтүп турарын"[8] аныктаган. Муну салттын башкача түрдө аталышы десек болот. Жаныбарлар дүйнөсүндө ар бир жеке жан бардын айлана-чөйрөгө ылайыкташуусу шарттуу рефлекстин механизминин жардамы менен ишке ашат. Ал шарттуу рефлекстин механизми жаныбарга жашоо жана өзүн өзү коргоо үчүн эн ыңгайлуу шартты тандап алууга мүмкүнчүлүк берет. Бул шарттуу рефлекстер ата-энесинен балдарына же үйүрдүн улуу мүчөлөрүнөн кичүүлөрүнө өтүп турат, мунун аркасында жүрүш-туруштун туруктуу көнүмүш адаттары пайда болот, бул ылайыкташуунун (адаптациялашуунун) эн жогорку формасы болуп саналат. Адамдарда бул көрүнүш цивилизациянын мурасталып турушу деп аталат жана аны "сигналдардын сингалы" — тил камсыз кылат. Бул мураска турмуш-тиричиликтин көнүмүш адаттары, ой жүгүртүү ыкмалары, искусство үлгүлөрүн кабылдоо, улууларга карата мамиле, эркек менен аялдын мамилеси кирет, булар чөйрөгө мыкты ылайыкташууну камсыз кылат жана сигналдардын мурасталышы аркылуу бир муундан экинчи муунга өтүп турат. Адат-салттардын эндогамия менен, т. а. этностун обочолонуп жашоосу менен айкалышуусу генофонддун курамынын туруктуулугун жана этникалык жамааттын бекемдигин камсыз кылат.

Эң акырында келип, Homo sapiens түрүнүн популяциясын биологиялык мезгилде, т. а. муундардын алмашуусу аркылуу караган антропогенетика жана антропология бир кыйла маениге ээ. Этностун өмүрү — бул биологиялык мезгилдин тарыхый мезгил аркылуу берилиши, муундардын алмашуусу — себептик ырааттуулукта ишке ашкан окуялардын тизмеги. Бул көрүнүш генетикалык эс менен тарыхый мурасчылыктын айкалышынын аркасында себептик мыйзам ченемдүүлүк үзгүлтүккө учурабай ишке ашырылат, натыйжада этнос бир бүтүндүк катарында жашап турат.

Ушуну менен катар, популяцияда биз метафория түрүндө "Икс фактору" деп атаган белгинин жаралышы андан бетер маанилүү, анткени этногенез процесстеринин башталышы жана кийинчерээк анын жок болушу дал ушул белгиге байланыштуу. Дал ушул белгини тапканда гана алдыга койгон маселени чече алабыз, бирок аны табуу кыйын болгондуктан ырааттуу түрдө талыкпай издөөгө туура келет.

XIX. ФИЛОГЕНЕЗБИ ЖЕ ЭТНОГЕНЕЗБИ?

Прогресс жана адамдын эволюциясы

Эволюциянын жалпы кабыл алынган теориясына ылайык, Homo түрү төртүнчүлүк доордун башы ченде бир нече ар түрдүү түспөлдөгү гоминиддерден жаралган. Алар, балким, биринен кийин бири жаралса керек, а мүмкүн, кээде катарлаш жашашкандыр. Өзүлөрүнүн ата-бабасы болгон — австралопитектерге окшоп гоминиддер адам этин жештен да кайра тартышпаган жырткычтар болушкан, андыктан алар биоценоздун эң жогорку тепкичиндеги экологиялык орунду ээлеп турушкан. Соңку муз каптоонун акырында, бул тукумдан тарагандардан Homo sapiens, т.а. азыркы адамдан башка бардык түрлөрү өлүп жок болгон. Анан адам баласы жер жүзүнүн бардык булуң-бурчтарына тарап отуруп, кийинчерээк тарыхый мезгилде суу чөйрөсүн да өздөштүрүп, акырында Жер бетине ушунчалык зор өзгөртүүлөрдү киргизишкендиктен азыр Жердин бүткүл ландшафттык катмарын адилеттүү түрдө антропогендик катмар деп атоо кабыл алынган. Уюлдук муздарды кошпогондо бардык аймактарда таш жана темир доорлорунун археологиялык эстеликтери табылбаган жер жок. Биз азыркы

какыраган чөлдөрдөн, чытырман токойлордон палеологиялык конуштарды, бүгүнкү тундра менен тайгалардан неолит доорунун адамдарынын конуштарын таап жатабыз. Алар бул региондор бир убакта адамдарга конуш жай болгонун айтып турат. Эми бүгүн ал жерлер кайрадан машинелердин жардамы менен өздөштүрүлүүдө. Албетте, акыркы 17—20 миң жылдыктардын ичинде ар кайсы аймактардын климаттык шарттары өзгөрүп турган, бирок Homo sapiens түрү омурткалуу башка жаныбарлардан айырмаланып, белгилүү бир жерге баш калкалап туруп калбай, табияттын бардык ар түрдүү шарттарына ыңгайлашып жашап кеткен, бул болсо аны омурткалуулардын экологиясында өзгөчө орунга коюуга укук берет.

XIX кылымда жана XX кылымдын башталышында техниканын жетишкендиги табият байлыктарын жырткычтык менен жок кылууга мүмкүнчүлүк түзүп, бул прогресс катарында түшүнүлүп келген. Анын айынан азыр өнөр жай үчүн тузсуз суу жетишпей калды, өсүмдүктөр дүйнөсү мөгдүрөп, АКШда прериялардын биоценозун жок кылуунун натыйжасында чаң ызгыткан бороондор адамдан өч алууда, чоң шаарлардын абасында кислород азайып, акыркы эле 300 жыл аралыгында омурткалуу жаныбарлардын 110 түрү тукум курут болгон, ал эми 600 түрү жок болуп кетүү коркунучу астында турат. Кечээ эле бул процесс ноочөйро аталып, табиятты адамга баш ийдиргендик катарында түшүнүлгөн. Азыр болсо биз дегеле башка бир (социалдык эмес) көрүнүштү: Жер планетасынын биочейрөсүнүн компоненттеринин бири болгон Homo sapiens түрүнүн жаратылыш чөйрөсүнө өтө мыкты ылайыкташып алганын жана агрессивдүү мүнөзгө ээ болгонун байкап отурабыз. Азыр бул ачык-айкын нерсе болуп калды.

Дал ушул жерде биринчи суроо пайда болот: биз белгилеп отурган көрүнүш омурткалуулардын, анын ичинде Homo sapiens түрүнүн эволюциясынын алкагына канчалык даражада сыйышып турат? Жана экинчи, мааниси андан кем эмес суроо бул: адам курал жасоону колго алып, отту пайдалануну үйрөнгөндөн кийин деле биоценоздун курамында эң жогорку, акыркы звено катары кала береби же колго багууга үйрөткөн жаныбарлары жана өзү багып өстүргөн өсүмдүктөрү менен кошо табият менен өз ара байланыштын башка бир чөйрөсүнө өтүп кетеби? Бул суроонун олуттуу болгон себеби эволюциянын кайра жанбас мыйзамына ылайык адамдын таасири аркылуу таанылгыс болуп өзгөргөн жаныбарлар менен өсүмдүктөр өз алдынча жашап кете алышпайт, анткени, алардын бир азы гана болбосо, көпчүлүгү жапайы түрдөгү тукумдаштары менен атаандашып жашоого чыдай албайт[9]. Мына ушинтип, биочөйрөнүн ичкерисинде өзгөчө катмар жаралып отурат. Бул катмарда табигый тандалуу принциптери аракеттене алабы?

Эволюциялык теориянын Ч. Дарвин баш болгон көптөгөн тарапкерлери азыркы адамзат да өз ата-бабалары башынан кечирген табигый тандалууну баштарынан өткөрүүнү улантып жатат дешсе[10], башкалары ага ишенишпей шек санашат. Алар төмөндө келтирилген негизге таянышат: "Жашоо үчүн күрөштүн бошоңдоп кетиши адамдын биоценоздун курамынан чыгышына алып келди. Бул процесс акырындык менен жай жүрүп отуруп, эн алды адамдын табигый тандалуусун бошондотуп, анан аны биротоло токтотуп салды... А бирок табигый тандалуунун жок болуп кетиши эволюциянын факторлорунун биринин аракет-таасиринин жоголушуна барабар болду жана адамдын биологиялык эволюциясы да токтошу керек эле. Бул мындан 50 миң жылга мурда жакын кроманьон адамы калыптанган мезгилде ишке ашты[11]"

1955-жылы Я. Я. Рогинский менен М. Г. Левин биологиялык эволюция процесси азыркы адамдарды кайсы бир түр касиетине ээ кылгандыктан эволюциянын токтоп калышына алып келди деп жазышкан [12]. Демек, адамдын эволюциялык өнүгүшү алда качан токтоп калганынан күмөн саноонун деле

кереги жок турбайбы. Ага карабай түрдүн ичинде өзгөрүүлөр улантылып жатат, маселеге мына ушундайча карай турган болсок, анда изилдөөнүн предмети али түгөнүп бүтө элек. Изилдөөнү улантуу үчүн дагы жаңы көз караш жана да жаңы усул керек, алардын жардамы менен бул көрүнүштүн өзгөчөлүгүн аныктаган соң гана тиги же бул көз карашка кошулууга болот[13].

Регионду мутациялар

А. П. Быстровдун монографиясы жарык көргөндөн төрт жылдан кийин Г. Ф. Дебец өзүнүн таң калтырарлык жыйынтык чыгарылган эмгегин жарыялады. Байыркы мезгилдерде калың болгон баш сөөктөр жукарып бара жатат (грацилизация), болгондо да бул жукаруу акырындык менен эмес, секирик түрүндө, глобалдуу түрдө эмес, кендик зоналары боюнча жүрүп жатыптыр [14]. Мисалы, субтропик зоналарында баш сөөктүн жукарышы б.з.ч. VI миң жылдыкта, ал эми мелүүн климаттуу токой зонасында б.з.ч. I миң жылдыкта болуп өтүптүр. Г. Ф. Дебец ушул даталар менен аңчылык чарбасынан дыйканчылык чарбасына өтүү мезгилдерин салыштырып көрүп, "дыйканчылыкка өтүү баш сөөктүн жукарышына алып келген деп болжолдоого болот" деп көрсөтөт. Баса, баш сөөгү өзгөргөн адам жаңы кесипти өздөштүрүүгө өттү деп болжолдоого да толук болот. Анткен менен анын башка бир ой жүгүртүүсү толук адилеттүү деп айтууга болот: "...салыштырмалуу анатомия да, этнография да Homo sapiens түрүнүн баш сөөгүнүн түзүлүшү алда канча өркүндөгөн деп эсептөөгө бизге укук бербейт", — дейт ал. Туптуура! Кайсы бир белгинин өзгөрүшү адамдын анатомиясынан гана эмес, анын кулк-мүнөзүнөн да байкалары кеңири белгилүү. Андыктан Г. Ф. Дебец "кеп биологиялык маңызы бар өзгөрүүлөр жөнүндө жүрүп жатат" деген жыйынтыкка келет. Демек, тарыхый жашоонун шарттарында адамдардын коомунда а түгүл адамдын скелетин да өзгөртүп жибере турган биологиялык процесстер улана берет экен. Бирок андай болсо адамдын физиологиясына жана кулк-мүнөзүнө таасир берүүчү чакан диапазондогу өзгөрүүлөр болушу керек. Аларды ачып көрсөтүү кыйын, бирок анын бар экендиги жөнүндө болжолдоонун пайда болушу бизге жакшы белгилүү болгон социалдык фактор менен бир катарда аракеттенүүчү адам ишмерлигинин факторун издөөнү баштоого мүмкүнчүлүк түзөт. Балким, бул түрдүн эң алгачкы жашаган ареалынан тышкары тарап кетиши коомдук негиздин таасири астында өзгөчөлүү формага ээ болгон түр ичиндеги эволюция болуп жүрбөсүн? А балким, бул али изилдөөнү талап кылуучу башка бир жаңы нерседир? Байкап көрөлү.

Эволюциялык теориянын негизги материалын палеонтология берет, а бирок анын жылнаамалары толук эмес экендигин жана түрлөрдүн жаралышы менен жок болушу азыркыга чейин талаш-тартыштардын предмети болуп келатканын эстен чыгарбоо зарыл. Хронологиянын так эместиктери өзгөчө кыйынчылыктарды туудурат, ал эми түрлөрдүн жаралышы же жок болушунун убактысын тактоодогу болжол чек миллион жылдан да ашык мезгил менен өлчөнөт. Ушундай эле кыйынчылыктарды Homo sapiens түрүнүн денеге байланышкан бөлүнүштөрүн изилдөөдө да, айталы, биринчи катардагы: европеоид, моңголоид, австралоид жана негроид расаларын изилдөөдө да жолуктурабыз; демек, маселеге жалаң биологиялык жактан караганда да, а түгүл мөөнөттөрүн азыраак чектеп иликтегенде да эч кандай артыкчылыкка ээ болбойбуз. Мындан башка да адамдын жердин келбетин өзгөртүшүнө мүмкүнчүлүк түзгөн чөлкөмгө ылайыкташууга болгон жогорку жөндөмдүүлүгү да расалык өзгөчөлүк менен дегеле байланыштуу эмес экенин белгилеп кетүү керек. Анан да, чоң расалар ушунчалык так аныктала элек коомдоштуктар болгондуктан антропологияда аларды терисинин өңүнө, баш сөөгүнүн түзүлүшүнө ж.у.с. сырткы

айрым белгилерине карата ар түрдүү классификациялоо колдонулуп жүрөт. Ал эми эң башкы нерсе адамдардын басымдуу көпчүлүгүнүн ата-бабалары биринчи катардагы болбосо да, экинчи катардагы ар башка расалардын өкүлдөрү болгондугунда жана азыр жашап турган жана бизге түздөн-түз көзүбүзгө көрүнүп турган адам коомдорунун баарынын ата тектери ар түрдүү экендигинде болуп отурат. Чындыгында, бизге белгилүү болгон дал ошол элдер же этностор өздөрү байыр алган ландшафттар менен карым-катышта болгон Homo sapiens түрүнүн жашоосунун жамааттык формалары, т.а. түр ичиндеги жөнөкөй экологиялык таксондор болуп саналат.

Биоценоздун жана сукцессиянын өзгөрүшү

Байыркы этностун калдыгы кошуналарына да, ландшафттарга да коркунуч келтире албастыгын биз жогоруда кеп кылганбыз. Мунун себебин кененирээк түшүндүрүп көрөлү. Эгерде этнос геобиоценоздун эң жогорку, эң акыркы звеносун түзсө, анда ал өзгөрүү циклине да кирет. Мында өзгөрүү деп эмнени түшүнөрүбүздү тактап алалы. Англиялык биолог Т. Гексли аны мындайча аныктайт: "Өзгөрүүнүн цикли — бул бир жерде жашаган өсүмдүктөр менен жаныбарлардын арасында энергиянын айлануусун камсыз кылуучу механизм, тактап айтканда, ал белгилүү бир чөлкөмгө мүнөздүү болгон экологиялык коомдоштуктагы заттардын алмашуусу болуп саналат. Жашаган жерди узакка сактоо үчүн энергиянын алмашуусу дайыма жүрүп жана күч алып турушу зарыл" Заттардын алмашуусунун күч алып турушу биз үчүн өтө маанилүү. Байыркы этностун калдыгы табигый түрдө көбөйүшү өткөн замандарда балдардын көп өлүм-житимине байланыштуу чектелип турган. Этнос ичинде никелеш адамдардын карыганча көп санда болуп турушу этностун чөйрө менен байланышынын тең салмактуулугун сактоо үчүн гана керектүү болгон жана ал айрым бир экзогендик таасирлерден, айталы, согуштардан, кара тумоолордон, жаратылыш кырсыктарынан сакталып калуу үчүн зарыл. Ушуларга окшогон ар дайым болуп туруучу кыйынчылыктарды жеңүү үчүн бөлүнүп, обочолонуп жашаган коомдоштуктардын кадыресе күчү ысырап болуп турат. Бул этнос агрессивдүү эмес жана табиятты өзгөртүүгө да чамасыз. Кейпи, дал ушундай этнос өзү жашаган региондордун табиятын бузуп жибере турган апааттардын себеби боло албаса керек.

Анткени менен көп учурларда теңирден тескери көрүнүштөр жаралып турат. 1948-жылы Ф. Осборн мындай деп жазган: "Жаратылыштын байлыктарын пайдалануу көз карашынан алганда (америкалык) улуттун өткөн кылымдагы тарыхы теңдеши жок мисалдарга жык..чынын айтканда муну адам энергиясынын акылга сыйбаган жана контролсуз түрдө чыгымдалышынын тарыхы десек болот"[15]. Ооба, дал ушундай. Анан да, этностор ортосундагы чыр-чатактарда да ушундай эле көрүнүштөр орун алган болучу. Индейлерди кыруу, кул соодасы, 1836— 1848-жылдарда Техасты басып алуу, 1885-жылы Канадада франк-индей метистерин зомбулук менен жазалоо, Калифорния менен Алясканы алтын издөөчүлөрдүн ээлеп алышы — ушул окуялардын баары баш аламан жана контролсуз ишке ашырылбадыбы. АКШ менен Канаданын өкмөттөрү булардын бары биротоло ишке ашканда гана аларды мыйзамдаштырып койду да, пайдасын көрдү[16].

Арабдардын Чыгыш Африкага кирип келиши, голландиялыктардын Кап жергесине ооп келип, андан ары Кызгылтым дарыяга чейин жетиши да дал ушундай негизде жүргөн. Ушундай эле жол менен орус жер кезүүчүлөрү Сибирди, кытайлар Янцзы дарыясынын түштүгүндөгү жерди басып алышкан. Жер Ортолук

деңизинин жээктерине эллиндик колонияларды түзүү жана викингдердин жортуулдары жогоруда жазылган көрүнүштөрдөн айырмаланбайт. Анан калса, кельттердин жортуулдары жана түндүк Индияны арийлердин басып алышы да ушундай мүнөздө жүргүзүлсө керек. Ошентип, биз этностун же анын кайсы бир бөлүгүнүн күүлүү-күчтүү абалга ээ болушу аны мурда белгисиз болгон, жаңыча жашоо шартына көнүүгө мүмкүнчүлүк түзгөн ылайыкташуу жөндөмдүүлүгүн жана агрессивдүүлүгүн болуп көрбөгөндөй күч алдыруучу жана бат-бат кайталанып туруучу көрүнүшкө туш келдик. Жогоруда баяндалган жана ага окшогон башка бардык аракеттерди амалга ашыруу үчүн ага катышкандарга оголе зор иштерди аткарууга, булчуңун да, акылын да, туюм-сезимин да зор даражада чамыркантууга туура келет. Кандай гана жумуш болбосун, аны ишке ашыруу үчүн ага жетишерлик энергия жумшоо зарыл. Ал энергияны кайдандыр бир жактан табуу керек. Электр энергиясы да, механикалык да, гравитациялык да энергия болбогон бул энергия эмне деген энергия болду экен? Өлүмдөн да баш тартпай, тобокелге барган адамдар андай энергияны кайдан алат? Деги эле алар үчүн ушундай зыяндуу тамашанын кереги барбы? Эгерде эле алар ошол энергияны кандай да болбосун, жеңишке жетпесе да, көп учурда курмандыкка барып болсо да жумшай алса, анда бул көрүнүш биз ушуга чейин тынбай издеп келаткан "икс факторуна" тиешелүү болуп жүрбөсүн деп суроо салышыбыз мыйзам ченемдүү. Балким, ошондойдур. Бирок адегенде маселенин коюлушун тактап алалы.

Антропосукцессиялар

Айрым тарыхый окуялардын биз белгилеген өзгөчөлүктөрүн анын бардык көрүнүштөрүнө таандык кылуу жарабайт. Минтсек, адамзат ишмердүүлүгүнүн бардык көрүнүштөрүн коомдук башталыштарга алып барып такаган катачылыкка кептелебиз. "Аралаштырбастан айырмалап алуу керек... бул башкы эреже, анткени ар түрдүүлүктү азайтуу менен акыйкатка жете албайсың. Тилекке каршы, түшүнүгү орто-заар адамдар бир түрдүүлүктү жактырышат. Анткени бир түрдүүлүк абдан оңтойлуу болот! Ал бардык нерсени бурмаланганына карабай, эң жок дегенде бардык маселелерди батымдуулук менен чечип салат [17]", — деп Огюстен Тьерри өкүнүч менен жазып кеткен экен. Бул ушунчалык туура айтылган пикир! Айталы, Жети жылдык согушту же Наполеондун Пруссияны басып алышын жөнөкөй эле кырсык катары көрсөтүү болбогон кеп эмеспи. Буга окшогон окуялар саясий ишмерлер тарабынан ой-максаттарына жараша аң-сезимдүү түрдө ишке ашат жана ал саясий ишмерлердин инстинкти аркылуу эмес, коомдук аң-сезимдин тикеден-тике түрткүсү боюнча ишке ашат. Мунун өзү да жеке адамдын жүрүш-турушун аң-сезимдүү түрдө же андоостон иштелген деп психологиялык классификациялоо сыяктуу эле классификациялоонун так критерийи болуп саналат. Бул жерде негизги түрткү катары чечим кабыл алуунун эркиндигинин, демек, өз жүрүш- турушуна моралдык-юридикалык жоопкерчилигинин болушу кызмат өтөйт. Адам ишмердүүлүгүнүн бул эки көрүнүшү иш жүзүндө бири экинчиси менен эч качан аралашып кетпейт. Жаш курактагылардын сүйүү мамилелери табигый нерсе катары кабыл алынат да, бейбаштык жана аягы суюктук аң-сезимдүү түрдө биле туруп жасалган нерсе катары жазаланат; карыган адамдардын чачы суюлуп, тиштери түшкөнү күнөө катары каралбайт, ал эми ал курактагы адамдардын кызмат үстүндөгү кутумчулдук иштерге катышышы кыжыр кайнатат, мындайда ал адамдын алжып калгандыктан ошентиши мүмкүн деген пикир да эске алынбайт. Тарыхый окуялардын ар түрдүү мүнөздөрүнө жараша бөлүнүшүнө жогорудагыдай мамиле жасоо илимий талдоо аркылуу ишке ашырылышы мүмкүн. Муну биз Евразиянын

көчмөн элдеринин талаа зоналарынын нымдуулугунун өзгөрүүлөрүнө жараша жер которууларынын мисалында байкаганбыз[18]. Азыр биз бүткүл Homo sapiens түрү үчүн дал ушуга окшош өз ара катыш болорлугун жөн гана белгилеп отурабыз.

Элдердин өздөрүнө көнүмүш болуп калган чөлкөмдөргө көчүп жүрүшү — өзүн этникалык система катары сактоого жана өздөрүн азыктандырган ландшафтты бузулуудан сактоого умтулуу аракети болуп саналат. Антропосукцессия, т.а. адамдар өздөрү дайыма жашабай турган, бирок жеңип алууга боло турган аймакка басып кириши бул акыры түбүндө кайтып кетүүчү миграция болуп саналат. Баарынан коркунучтуусу: жеңип алгандар жеңилип калгандардан кем эмес жабыр тартышат, анткени алар оз жеңиштеринин үзүрүн көрүү үчүн жаңы шарттарга көнүүлөрү зарыл. Ал үчүн алар өздөрүнүн адамдык табиятын түбүнөн тарта өзгөртүүлөрү керек. Албетте, мындай өзгөрүүгө көбүрөөк ийкемдүү, али токтоло элек жаштар гана жөндөмдүү болушат.

Анткен менен бул процесстин (сукцессиябы же агрессиябы — окурман өзү каалаганын тандасын) башталышында ал элементтер багыныңкы ролдорду гана аткарышат. Жетекчи инсандар үчүн кандуу окуяларды баштоо максатка ылайыктуу болбойт жана аны каалабайт да. Ошентсе да антропосукцессиялар пайда болуп тургандыктан, чагымда, анын себеби адамдын аң-сезими аркылуу көзөмөлгө алынып турган нерседен сырткары жактарда жатса керек (237—238 жана 324—327-беттерди карагыла). Мындай болсо анда этногенездин динамикасы менен статикасы бирдей мыйзам ченемдүү келет жана аларда айыптуулук жана жоопкерчилик категориялары үчүн орун жок десек болот экен да. Жок андай эмес! Бул тезис бардыгын кечирип коюу дегендик эмес! Этногенездин тигил же бул фазасында болушуна карабай айрым адамдар өздөрү жасаган кылмыштары үчүн, албетте, күнөөлүү болушат. А бирок, этникалык мыйзам ченемдүүлүктөр бир баскычка жогору турат, андыктан ал адамдарга көп саандуулуктун статистикалык мыйзамын жана да Ньютондун үчүнчү мыйзамын колдонсо болот: аракет — каршы аракетке барабар келет, жеңип алгандар жеңилип калгандар менен бир мезгилде же бир аз кийинчерээк жок болот. Муну, албетте, өлүп жок болот деп түшүнбөстөн, этникалык кайра жаралуулардын маанисинде түшүнүү зарыл. Анткени этнос жыланга окшоп терисин эмес, ички жан дүйнөсүн алмаштыруу аркылуу өзгөрөт.

XX. ӨЛБӨСТҮК ӨЛҮМДӨН ДА КОРКУНУЧТУУ БОЛГОНДО

Филогенез этногенез болуп өзгөрөт

Адам айбанатпы же Кудайбы деген талаш-тартыш романтиктер менен нигилисттердин акыл-сезимдерин толкундатып келип, акыры, бактыга жараша, маанисин жоготуп бас-бас болду. Анан да адамдын жаныбар экени айдан ачык болду, бул болсо анын кадыр-баркына шек келтире албайт. Ошону үчүн ал жамаатта — этносто, өзгөчө коомдоштуктарда жашайт. Ал эми биздин тема үчүн маанилүү болгон нерсе: этностун Homo sapiens түрүнүн чегиндеги өзгөчө көрүнүш катары ордун аныктоо, этнос- тун салыштырмалуу туруктуулугу эмне аркылуу сакталып турарын ачып көрсөтүү, анын жок болуп кетүүсүнүн (өтө жөнөкөй чечилет) жана жаралышынын (маселенин маселеси) себептерин түшүнүү болуп саналат[19].

Мында дал этникалык жамааттар тиги же бул локалдык шарттарга ылайыкташаарын, өнүгүүнүн баскычтары — формациялардын глобалдуулугун жана алардын географиялык чөйрө менен байланыштары мозаикалуу

антропочөйрө аркылуу, т.а. табият таануучуга байкоо жүргүзүүгө мүмкүндүк бере турган этночөйрө аркылуу болоорун белгилеп коюу зарыл. Көп сандаган окуялар менен бетме-бет келгенде аларды биз окшоштуктардын жана себептик ырааттуулуктардын принциптери боюнча топтоштура алабыз, т.а. тарыхый материалдарга табигый илимдердин усулун колдонобуз. Ошенткенде гана туруктуу бир жыйынтыкка — этностор өз замандаштарынын тиги же бул көз караштарына түк байланышпастан жаралып жана жок болуп турат деген так корутундуга келебиз. Демек, этностор адамдардын жамааттык ишмердүүлүгүнүн формалары менен байланыштуу болгонуна карабай, алар айрым адамдардын социалдык өздүк ан-сезиминин туундусу боло албайт экен... Социалдык өнүгүү материянын кыймылынын бардык формаларына таасирин тийгизет, анткени ал формалар адамдар менен байланышта болуп турат. Ага карабай гравитацияны (тартылуу күчүн) же электр өткөргүчтүк, кара тумоону, өлүм менен тукум куучулукту социалдык аспектте түшүндүрүүгө эч ким эч качан аракет жасабаптыр. Анткени булар табият таануу илимдеринин тармагына кире турган көрүнүштөр эмеспи. Жогоруда баяндалган "түрткүлөрдү" жана да ушуга окшогон көрүнүштөрдү биз антропогендик сукцессиялар катары кароого акыбыз бар. Бирок биз мында пайда болуучу шек саноолорду жана таң калууларды, алардын себептерин, т.а. алиги "икс фактору" деп атаган табышмактын жандырмагын тапканыбыздан кийин гана талдоодон өткөрөбүз. Азырынча бул феноменди баяндоону уланталы. Кийинки эле 5 миң жыл аралыгында ландшафттардын антропоген- дик өзгөрүшү көп жолу болду, бирок бул өзгөрүүлөр ар кандай ургаалдыкта жана ар дайыма белгилүү бир региондордун чегинде болуп турду. Буларды тарых менен салыштыра келгенде табиятты антропогендик өзгөртүүлөр менен жаңы этностордун жаралышынын ортосунда түздөн- түз байланыштар бар экендиги аныкталат.

Этностун жаралышы жана анын өз таламдарына ылайык ландшафтты кайра курууга умтулушу сыяктуу эле колдоруна жоо жарагы менен эмгек куралдарын көтөргөн көп сандаган адамдардын жер которушу да физикалык мааниде алганда жумуш болуп саналат да, ал күч-кубатты сарптоону талап кылат. Ал аз келгенсип этносту система катары сактап туруу да, айлана-чөйрөнүн туруктуу каршылык көрсөтүүсүн жеңүү да энергияны сарптамайынча ишке ашпайт. Жадегенде этностун начарлоосу, т.а. анын өнүгүүсүнүн басаңдашы да күч жумшоого, ылдамдоонун алымча-кошумчасын пайда кылуучу себептерге байланыштуу болот.

Менин бул тезисим өз мезгилинде Ю. К. Ефремов[20] тарабынан колдоого алынган. Кийин бул тезисти Ю. В. Бромлей да колдоп чыкты, бирок ал тезистин автору Ю. К. Ефремов[21] деп ойлоптур. Албетте, Ю. К. Ефремов өзү буга эч кандай күнөөлүү эмес экенин билдирди. Баарынан таң калычтуусу Ю. В. Бромлей этникалык процесстерде "био- энергетикалык булактын ролун" моюнга алат да, бул энергия "этникалык жалпылыктардын жашоосунун конкреттүү-тарыхый шарттарына багыныңкы болот деп болжолдойт. Менин оюмча энергиянын сакталуу мыйзамы өзүн коргоого муктаж эмес, андыктан бул жөнүндө талашып-тартышуу да кажетсиз. Ал эми процесс катарында этногенез үчүн зарыл болгон керектүү иш-аракетти аткаруу үчүн энергиянын белгилүү бир түрү бар экендигин моюнга алуунун өзү эле жетиштүү десек болот.

Энергиянын мына ушундай өзгөчө формасынын мүнөздөмөсү В. И. Вернадскийдин эң сонун китебинде берилген: "Бардык жан-жаныбарлар геологиялык мезгил ичинде эволюциялык процесстерге туш болгон, бири- бири менен өтө тыгыз түрдө байланышкан жана үзгүлтүксүз өзгөрүүлөргө учурап турган түркүн түрдүү жандуу нерселерди, организмдердин жыйындысын элестетет. Бул өзүнчө бир түрдөгү динамикалык тең салмактуулук болуп саналат

жана ал мезгилдин агымы менен статикалык тең салмактуулукка умтулат... Эгерде ага тең келүүчү, ага карама-каршы аракеттенүүчү көрүнүштөр тоскоолдук кылбаса, анын жашоосу канчалык узак болгон сайын, эркин энергия, т. а. энтропияга карама-каршы тараптан көрүнө турган жандуу нерсенин энергиясы ошончолук нөлгө жакын турат. Анткени жандуу нерселердин таасири менен жумуш аткарууга жөндөмдүү эркин энергиянын өнүгүүсү башталат"[22]. Демек, этностун түзүлүшү жана жүрүш- туруштун көнүмүш адаттары динамикалык чоңдуктар болуп эсептелет. Ал социалдык жана биологиялык эволюцияга деги эле окшошпогон этникалык ички эволюциянын жүрүшү менен аныкталат.

Бул корутундуну этнология тилине которсок, анда бардык этностордун тагдыры — акырындык менен этноландшафттык тең салмактуулукка өтүү менен аяктайт. Этноландшафттык тең салмактуулук деп биз этникалык жамааттын, айталы, уруунун тиги же бул регионду биоценозуна кошулушу менен биохордун мүмкүнчүлүктөрү менен чектелген элдин сандык өсүүсү токтолуучу абалды түшүнөбүз. Бул көрсөтүлгөн көз ка- раштан алганда этностор геобиохимияда өз ордун табат: этностун туруктуу абалы — бул табигый чөйрөдөн алган энергия бүт бойдон системанын ичиндеги процесстерди ишке ашырууга жумшалып, бейчеки коротуу нөлгө барабар болгондогу учурду билгизет; ал эми динамикалык абал дегенибиз — бул күтүүсүздөн туруп энергияны көбүрөөк алуу жана аны этникалык системадан сырткары жактарга жумуш түрүндө берүү жөндөмдүүлүгүнүн пайда болушун түшүндүрөт. Бул абал этногенездин белгилеринин бара-бара жоголушун — энергияны коп санда сиңирүү жана аны этникалык системадан тышкары жакка максатка ылайыктуу түрдө жумуш түрүндө берип туруу жөндөмдүүлүгүнүн начарлашына алып келет. Мындай абал этностун түзүлүшүнүн жөнөкөйлөшүп кетиши менен коштолот. Анткени менен ар бир байыркы этностун калдыгы (персистент) өзүнүн алгачкы жаралуу мезгилинде өнүгүүнүн динамикалык фазасын башынан кечиргендиги үчүн гана узак мезгил бою жашап тура алат. Ошону үчүн ал бир жагынан болуп өткөн процесстин кристаллдашкан формасы болсо, экинчи жагынан — жаңы этностун жаралышы үчүн субстрат болуп саналат. Динамикалык абалда турган кандай гана этнос болбосун ал өзү басып алган региондордун табиятына көнүгүүнү жана өзүнүн физиологиясы менен этологиясын (жүрүш-турушун) өзгөртүү азабын башынан кечирет, бул өз организмин жаңы шартка ылайыкташтыруу аракетинен көрүнөт. Бирок динамикалык абалга өтүүгө байланышкан кескин начарлоо ар дайым эле боло бербейт. Биз жогоруда байкагандай, мындай абалдар элдердин стихиялуу жер которуусунун айрым бир салыштырмалуу сейрек учурларында гана пайда боло калат да, андан соң узак мезгилдер бою сакталып, этнографиялык карталарга түшүрүлө турган салттуу система орнойт.

Ошентип, Homo sapiens түрүнүн ичиндеги биологиялык эволюция сакталат, бирок ал жаныбарлардын башка түрлөрүнө мүнөздүү эмес көрүнүштөргө ээ болот. Филогенез этногенезге айланат.

Эволюция жана этногенез

Албетте, этногенезди филогенезге теңөөгө болбойт, анткени жаңы этностор түрдүн чегинде кала берет. Биз белгилеген окшоштук принципиалдуу түрдө алганда анча толук эмес жана ушундай болгондуктан гана макро жана микроэволюциялык процесстердин бири биринен айырмаланарын түшүнө алабыз. Анткени менен азыркы адамдын биологиялык эволюциясы али да жүрүп жатканын моюнга алуу менен бирге, этнолог кантсе да биздин батыштагы замандаштарыбыздын адамдын баш мээсинин белгилүү бир багытта өнүгүп баратканы, ал акыры адамдын кебете-кешпирин бүт бойдон өзгөртө турганы

жөнүндөгү айткан божомолдоолору менен макул боло албайт. Кейпи, Ж. Холден өз угуучуларынын келечекте прогресстин артынан улам жаңы прогресстер боло берсе деген ой-кыялдарына ылайыкташтырып гоминидцин жаңы түрүнүн — Homo sapienstissimustун" сүрөтүн тарткан окшойт. Эгерде эле дал ушундай болсо бизден 2—5 мин жылдар илгери жашаган адамдар дене түзүлүштору жагынан бизден бир топ айырмаланып турат эле да. Анан да, Г. Ф. Дебец[23] ачкан грацилизацияны эске түшүрүп көрөлүчү, расалардын өзгөрүүлөрү жөнүндөгү пикирди жактап, ал мындай деп жазат: "Айрым бир "жөнөкөй" жана "прогрессивдүү" белгилер бардык расаларда учурайт, бирок алардын бири да "жөнөкөй" же "прогрессивдүү" белгилердин комплекси менен айырмаланып турган жери жок. Эгерде салыштыруунун критерийи катары антропоид маймылдын же неандертал адамынын баш сөөгүн ала турган болсок, анда Орус түздүктөрүнүн энеолит доорундагы европалык алгачкы адамдын баш сөөгүнүн белгилери жалпы жонунан байыркы славяндардын же азыркы украиндардын баш сөөгүнөн бир топ жөнөкөй болушу деги эле мүмкүн эмес"[24].

Арийне, адамзаттын өнүгүшү жашоо мейкиндигинин кеңейиши жана түрдүн ички ар кандай өзгөрүүлөрүнүн санынын, т.а. этностордун көбөйүшү менен коштолуп жүрүп отурду. Этностордун бир бөлүгү, укум-тукумуна буюм түрүндөгү же адабий эстеликтерди калтырып, кыйрап жок болот, бир бөлүгү байыркы этностун калдыгы катары сакталат, дагы бир бөлүгү дайынсыз жоголуп кетет, бирок бирдиктүү жүрүш-туруш адаттарына ээ болгон бир да этностун андоосуз иш-аракеттеринин натыйжа- сында өзүнө кандай гана шарттар түзүлбөсүн, өзүн өзү атайылап белгилүү бир багытта өзгөртө алганы тарыхта учурай элек.

Көрсө, кээде адамдар өлбөй калуу үчүн өз ыктыяры менен денесине зыян келтирип, мунжу болуп жашоодон көрө өлүмдү артык көрөт экен. Түр ичиндеги психологиялык стереотиптин бул өзгөчөлүгү локалдуу процесс катарында этногенездин мүмкүнчүлүгүн чектеп, эволюция менен этногенездин окшоштугунан шек санатат.

Бул бүтүм канчалык таң калычтуу болбосун, ал ырааттуу жана туура бүтүм, себеби этнос социалдык формага ээ болору менен табигый феномендер болуп саналбаган саясий институттарды түзөт. Римдиктер сенатты, консулатты, трибунатты жана укук системасын түздү; франктар — феодализмди, IV кылымда түрктөр — уруулар союздары менен аскерий биримдиктерди (ордолорду) айкалыштырып — элди; инктер — индей урууларын эзүүгө мүмкүнчүлүк түзгөн татаал уюмду жана өздөрүнүн иерархиясын түзүштү. Бардык ушул институттар адам акылынан жаралды жана ушул мааниде алганда алар түркүктүү храмдарга, сарайларга жана балта- чотторго, кийим-кечелерге окшош келет, бирок бул нерселер жогоруда айтылгандай өз алдынча өнүгүүгө мүмкүнчүлүгү болбогондуктан мезгилдин таасирине туруштук бере албай өзүнөн өзү жок болууга гана жөндөмдүү.

Генийлер же адамдар тарабынан түзүлгөн формалар буюмдардын бара- бара жок болуп кетишине каршы тура алат, бирок ага карабай, жетишерлик кубаттуу болгон ар кандай тышкы күчтөрдүн таасири астында ал форма бузулуп, анын ичиндегилери кыйрап жок болот. Мындай кырсыктан кийин кайрадан жаралуу тезинен ишке ашырылбаса, анда этнос борпоң абалга келет да, геобиоценоздун курамдык бир бөлүгүнө айланат. Этногенездин жаңыдан дүрт этип башталышы гана аларды туюктан алып чыгып, кошуна жашаган элдер менен аралашып, жаңы этникалык доминантты жаратууга мүмкүнчүлүк берет. Бирок мында ал жаңы этнос болуп эсептелет.

Чыгармачылыкпы же жашообу?

Бир караганда бул каардуу жыйынтык өзүнүн пессимизми менен таң калтырат, бирок бул бир караганда гана ушундай сезилет. Адамдарга деги "кудайды танып, илхамсыз, ыйлап-сыктабай, жашоонун жыргалын көрбөй, махабат эмне экенин сезбей" максатсыз жашоо керекпи?

Деги адамдарга гана тиешелүү болгон асыл касиет — чыгармачылыкка-жөндөмдүүлүк жаман нерсеби? Анткени менен ал адамдын организминдеги күч-кубатын кайра орду толгус кылып сарптоосуна алып келип жатпайбы. А эгерде адамдан бир баскычка жогору турган система жөнүндө — этнос жөнүндө сөз кылсак, мында да ошо эле мыйзам ченемдүүлүктү көрөбүз. Боштондукка чыгуу же басып алуу согуштарында күчтүү душманды жеңүү көптөгөн баатырлардын өмүрүн кыйып, алардын организминдеги генди кошо ала кетет; а бирок кулчулуктун азабын тарткыча мындай курмандыкка барууну артык көрүү туурабы? Ландшафттарды кайра өзгөртүп түзүү, жаңы өлкөлөрдү ачуу, ал эми биздин мезгилде жаңы планеталарды табуу, лабораторияларда же китепканаларда баш катырып, милдет түрүндө эмес, чын дилинен кыйналып-кысталып иштөө адамдарды үй-бүлөсүнөн бөлүп же дегеле үй-бүлө түзүүгө тоскоолдук кылат. Ант- кени менен биз бүткүл өмүрүн жумуш деп жүрүп өткөргөн Колумб менен Магелланды, Пржевальский менен Ливингстонду, Эварист Галуа менен Анри Пуанкарени, Огюстен Тьерри менен Дмитрий Иванович Менделеевди унутпай урматтап жүрөбүз. Рембрандт менен Ван Гог, Андрей Рублев менен Михаил Врубель сыяктуу сүрөтчүлөрчү? Акындар менен композиторлорду, ал эми ата мекен үчүн жан аябай салгылашкан баатырларды тизмелеп отурбайлы, анткени алардын ысымдары баарыбызга кеңири белгилүү. Алардын көпчүлүгү генофонддо из калтырбай өтүп кетишти, бирок алар мунун ордуна укум-тукумдарды тандандырган маданият эстеликтерин түзүп беришти.

Кантсе да андай адамдардын айрымдары үй-бүлөлүү болушкан, бирок алардын балдары ата-энелеринин талантындай талантка ээ болушкан жок. Бул биздин корутундубузга теңирден тескери келип турган жокпу? Анда чечмелеп көрөлү.

Жөндөмдүүлүктү өзүнчө алганда эч нерсе бере албайт. Улуу иштерди жасоодо адамдарды реалдуу же кыялдагы идеалдарга шыктандыруучу дүрмөт керек. Дал ошол дүрмөттү кейпи, чечүүчү белги катары кароо керектүүдөй, анткени ал бардык учурларда эле укумдан-тукумга бериле бербейт. Эгерде биз кеп кылчу адамдын жүз баласы болгондо укумдан-тукумга берилүүчү белгинин пайызын, ал эмес ал белгинин өзүн да болжолдуу эсептеп таап алууга мүмкүн болот эле. Бирок айла жок, чымын менен буурчакты изилдөөгө жараган усулдарды адамдарга колдонууга болбойт. Тарых да ар кайсы этностордун ишмердүүлүктөрү ар кайсы доорлордо так маалыматтар аркылуу мүнөздөлгөн материалдарга бай. Этникалык тарых жана ар кандай этногенездерди талдап чыгуу төмөндөгүдөй өз ара багыныңкылык тардын бар экендигин аныктоого мүмкүнчүлүк түзөт: этногенездин ургаалдуулугу этникалык системанын жашоосунун узактыгына тетири барабардыкка ээ. Анткени менен ал түбөлүк жашай албайт.

Биринчиден, бир калыпта кунарсыз жашоонун өзү адамдардын жашоо кызыкчылыгын өтө төмөндөтүп жибергендиктен адамдардын руханий дүйнөсүнүн көрөңгөсү жардыланып, акыры аларды баңгичиликке жана аягы суюктукка алып барат. Бул болсо ар дайым этностун негизин начарлатып жиберет. Экинчиден, жашоодон экстремалдык генотиптерди четтетүү аркылуу этнос ар түрдүүлүктүн азайышынын натыйжасында жөнөкөйлөнүп кетет, мындай абал өз кезегинде жалпы эле этникалык жамааттын туруштук берүү жөндөмүн бошоңдотот. Бейпил шарттарда ал анчалык сезилбейт, качан гана биологиялык чөйрө менен, эң башкысы коңшу элдер менен кагылыша келгенде

этнос ичинде атайы адистешкен жана курман болуудан кайра тартпаган активдүү элементтердин жоктугу дароо жана оор сезилет. С. М. Широкогоров этностун "өзүн өзү сактоо сезимин же өздүк аң-сезимин (же инстинктти) жетекчиликке алып, өз арасынан суурулуп чыккан жеке адамдарды да орто-заар деңгелде кармап туруу үчүн интеллектуалдуулукту жоюп салууга умтулат жана бул процесс аң-сезимдүү түрдө ишке ашырылат" деп болжолдойт[25]. Ушу кантип туура болсун.

Ойчул жана эрдик жасоого жөндөмдүү адамдарды аң-сезимдүү жок кылууга бир да этнос барган эмес, андай адамдар окуялардын жүрүшүнө ылайык, ага катышкандардын эркине баш ийбеген себептер менен курман болушкан. Императордук Римде дал ушундай болгон. Жоокерлердин козголоңдорунда өтө тартиптүү центриондор көбүрөөк курман болушкан, ушундан улам варварлар легионерлерди жеңил-желпи эле талкалап салышкан; 1204- жана 1453-жылдары Византиянын эли сепилдерден чыгуудан жана өз үйлөрүн коргоодон баш тартып, эр жүрөк жоокерлерге жардам бербей, алардын бейажал курман болушуна себепкер болушкан; XII—XIII кылымдарда Кытайдын эли да, өкмөтү да чжурчжендерге жана моңголдорго каршылыксыз багынып беришкенде ж.у.с. да ушундай болгон. Канткен менен мындай окуялар начарлоо доорлорунда, тарыхый окуялардын логикасы биологиялык тукум курут болуунун жана социалдык кризистердин багыты менен дал келген учурларда гана болуп турган эмеспи. Ал эми ар бир этногенез системанын кыйрашы менен аяктагандыктан телеологиялык принцип да сандырактык болуп калат. Өзүнүн азаптуу өлүмүнө умтулуу мүмкүнбү? Анын акыры сөзсүз бөлбөй койбостугун кайраттуулук менен моюнга алуу гана керек!

Ошентип, эволюциянын дарвиндик да, антидарвиндик да, жаңы синтетикалык концепциялары да этногенезди түшүндүрүүгө жараксыз болуп чыкты. Бул табигый нерсе, анткени этнология — биологиялык эмес, географиялык илим, андыктан этнология жаңы организмдердин жүрүш- турушуна жана ал жашаган чөйрөгө байланышкан өзүнө тиешелүү өзгөчөлүккө ээ.

С. И. Коржинскийдин ой-пикерлири

Кантсе да биз карап жаткан маселеге колдонууга жарай турган бир концепция бар. Албетте, биз айрым тезистерди калпыс пикирлерден арылтуу жана түзөтүүлөр менен колдонууга тийишпиз.

1899-жылы С. И. Коржинский Петербургда "Гетерогенезис жана эволюция" деген китебин жарыкка чыгарат. Анын оюнча, жашоо үчүн күрөш жана табигый тандалуу жаңы формалардын жаралышын чектөөчү жана түрдүн ичиндеги өзгөрүүлөрдүн көбүрөөк топтолушун токтотуп туруучу факторлор болуп эсептелет, себеби бул факторлор орто-заар типтердин жашоосуна ыңгай түзөт, т. а. Status gvony сактап турат. Жаңы формалар тиги же бул географиялык аймактарда сейрек болуучу "секирик түрүндөгү өзгөрүүлөрдүн" натыйжасында пайда болот. Эволюциялык процесс жаңы раса менен ал расаны жараткан түпкү эненин ортосунда жыныстык катнаштарга тоскоолдуктун (аргындашпоочулуктун) пайда болушуна алып келет жана жаңы гетерогендик вариацияларды жаратат[26].

Географиялык жаны расанын жаралышы мындайча сүрөттөлөт: "Бирдей эле шартта өнүгүп жаткан кайсы бир түрдүн же расанын кадыресе өкүлдөрүнүн тукумдарынын арасында ата-энелеринен жана башкалардан аздыр-көптүр өзгөчөлөнгөн айрым индивидуумдар күтүүсүздөн төрөлө калат. Мындай өзгөчөлүк кээде бир топ эле айырмаланып, анысы бир топ белгилер аркылуу байкалат, ал эми көпчүлүк учурда бир аз гана же бир эле өзгөчөлүк менен чектелип турат. Мындагы кызык нерсе, бул белгилер өтө туруктуу болуп, муундан

муунга мурас болуп өтүп тургандыгы болуп эсептелет. Ушундай жол менен дароо эле жаңы раса жаралат. Ал раса да замандардын түпкүрлөрүнөн келаткан башка расалардай эле бекем жана туруктуу келет".

С. И. Коржинскийдин бул гипотезасы расанын же түрдүн жаралышына тиешелүү, бирок ал максатка ылайыктуулук маселесинен четтеп өтүп кетет да, түрдүн жаралышы менен адаптациогенездин ортосундагы байланыш жөнүндө маселе койбойт деп К. М. Завадскийдин айтканы, кейпи, туура окшойт. Демек, бул гипотеза максатка ылайыктуу белгилердин жаралышы катары түшүнүлгөн эволюцияга түздөн-түз тиешеси жок[27].

Түрдүн жаралышы жөнүндө С. И. Коржинскийдин корутундусу канчалык туура экенин айтуу кыйын. Бирок эгерде этногенез жөнүндө, бир нече даражада төмөн турган процесс жөнүндө айта турган болсок анын божомолдору колдонууга толук жарактуу, себеби этностордун түзүлүү процесстери — эволюциялык процесстер эмес. Этногенез мына ушунусу менен антропогенезден айырмаланат.

Эксцесс жана этногенездеги инерция

Этногенетикалык процесстердин мүнөзү жөнүндөгү арсарлыктардын дээрлик бардыгын гетерогенез концепциясы чечип берет. Табигый тандалуу этникалык системаны турукташтырат, ал эми бул болсо этносистеманын түздөн-түз жөнөкөйлөнүшүнө алып келет. Мындай абал, өз кезегинде, эксцесс концепциясын, т.а. этностун жаралышына байланыштуу болгон энергетикалык деңгелдин табигый түрдө өзгөрүшүнүн жүрүшүн маал-маалы менен бузуп туруучу түрткүлөрдү-икромутацияларды таануунун зарылдыгын билдирип отурат.

Жогоруда айтылган процесстер башка бир күчтүү, бирок тетири белгиси бар процесстер менен тең салмактанып турбаганда жаңы этностор жаралмак эмес. Андай болгондо адамзат чөйрөсү палеолит доорунда эле бирдей климаттык алкакты жердеген бири бирине окшош антропоиддик борпоң калкка айланып калмак. Анда бул эки буттуу жырткыч өтө жай көбөймөк, анткени аларды да тамак-аштын өлчөмү башка жырткычтардын санын чектегендей чектеп турмак. Анда аларга акыл-сезимдин деле кереги жок болмок, анткени көнүмүш шарттарга биротоло толук ылайыкташып алган соң алар үчүн жашоонун түрүн өзгөртүүнүн да зарылчылыгы жоголмок. Кыскасы, алар да азыркы обочолонуп турган изолятперсистенттерче жашоо өткөрмөк.

А чынында мезгил-мезгил менен этногенездин дүрт этип жарылуулары "адамзат" аталган гиперсистеманын көптөгөн элементтерин аралаштырууга жана жашоо мейкиндиктерин кеңейтүүгө түртмөктөп турат. Жогоруда көрсөтүлгөндөй, бул дүрт этүүлөр социалдык өзгөрүүлөр менен түшүндүрүлбөйт, анткени ал ар дайым прогрессивдүү көрүнүш боло албайт жана коомдук түзүлүштөрдүн алмашуусу менен чанда учурда гана дал келет. Андыктан бул дал келүүлөрдү кокустук катары гана кароо зарыл. Ошондуктан Homo sapiens түрүнүн эволюциялык өнүгүшүнө кайрадан кайрылышыбыз керек. Жогорку палеолит доорунда чыныгы адамдык коомдун калыптанышынан кийин "тандоо түр жаратуучу күч катары ишке ашып бүтүп", ал Homo sapiens түрүнүн тилинин жана акыл-оюнун жогорку деңгелде өнүгүшүнө салыштыра келгенде анын башка өзгөчө- лүктөрү чечүүчү маниге ээ болбой калган болучу, бирок ал өзгөчөлүктөр кайдыгер калтырыла турган өзгөчөлүктөр эмес эле[28]. Бизге ошо кайдигер калбаганы эле жетиштүү.

Адамдын физиологиясы менен анатомиясын өзгөртпөй, болгону жүрүш-туруш көнүмүштөрүн гана өзгөртүүчү эксцесстин пайда болушу үчүн ал эксцесс анча күчтүү болбоого тийиш. Тескерисинче, чабал эксцесс гана географиялык, физиологиялык жана социалдык фондорду өзгөрүүсүз калтырат да, мындай

учурда ал фондо психологиялык жаңы маанайдын сөлөкөтү ачык көрүнөт. Мындай эксцессти же түрткүнү биз жогоруда көп жолу кеп кылган "икс фактору" гана козгой алышы мүмкүн.

XXI. КАРАМА-КАРШЫЛЫКТАРДЫН ЖЫЙЫНДЫСЫ

Жооп али табыла элек

Этникалык көрүнүштөрдүн карама-каршы болбогон так түшүндүрмөсүн табууга умтулуп, биз ар түрдүү илимдерге кайрылып, ар биринен аздыр-көптүр жоопторду таптык. Бирок алардын баарынан толук жооп таба алган жокпуз. Бул жоопторду бизге кереги жок болучу деп айтуудан алыспыз, тетирисинче, алар бизге зарыл керектүү болуп чыкты, бирок алар этногенездин тиги же бул шарттарын чагылдырып турганы менен анын чыныгы себебин ачып бере албады. Ал себеп биздин маселебиздин талабы боюнча инвариант болууга тийиш эле, т.а. этногенез көрүнүштөрүндө дайыма катышып, ага таасирин тийгизип турушу керек эле. Түшүндүрөйүн.

Этностордун экзогамия же ассимиляция жолдору менен расалык же раса ичиндеги аралашуулар кээде жаңы расаны жаратат, ал эми кээде артка кетип, алгачкы түпкү формасына кайтат, а кээде ал топтун тукум курут болуп, биротоло жок болуп кетишине алып келет. Кейпи, бул процесстерде натыйжаларды түп-тамырынан бери өзгөртүп жиберүүчү, биз эске албаган белги катышып турса керек.

Эндогамия аркылуу ишке ашуучу өзүн өзү чектеп обочолонуу көп учурларда этносту сактап турат, бирок кээде аны ушунчалык алсыздаткандыктан табигый жана этникалык чөйрөгө каршылык көрсөтүү касиетин жоготуп жиберет. Мындай учурда коңшулардын кысым көрсөтүүсүнө же кырып-жоюусуна дуушар болуп, этнос жок болуп кетет.

Ар түрдүү мүнөздөгү ландшафттардын шарттарына ылайыкташып көнүү кээде этностун бутактап өнүгүүсүнө алып барат, кээде антпейт; жадегенде ар түрдүү климаттык аймактарда жашашканына карабай, этнос мозаикалуулуктун белгилүү бир деңгелинде бир бүтүндүгүн сактап тура берет.

Мунун тескерисинче, ландшафттык шарттары окшош территорияга ооп келген эки-үч этнос кээде өз ара ассимиляциялашууга өтөт, а кээде бири-бири менен кошулбай жанаша жашай беришет. Мында себеп региондун табиятында эмес, этностун өзүндө камтылып турган, бирок азырынча бизге белгисиз болгон жана изилдөөнүн жүрүшүндө ачылып анык- тала турган кайсы бир нерседе болсо керек. Эки же андан көбүрөөк ландшафттын айкалышы — этногенетикалык процесстин чектелүү жерде башталышы үчүн сөзсүз зарыл шарт болуп саналат, бирок бул жетишсиздик кылат. Анткени мындай шарттарда этностор ар дайым эле жарала бербейт. Ошондуктан кошумча факторду издөө зарыл.

Маданияттын бир тибинин, айталы, дин системасынын таратылышы кээде этностордун биригишин шарттайт, ал эми кээде ал динге жаңы кирген этностун өз алдынча өнүгүүсүнө деги эле таасир көрсөтө албайт. Ошондой эле материалдык маданияттын окшоштугу же элдерди жакындатат, же алардын оз ара атаандашуусун пайда кылат, же алардын оз ара мамилесине деги эле таасир көрсөтпөйт. Маданий типтердин бөлүнүшү жөнүндө да ушунун эле өзүн айтса болот. Жаңы секта же жаңы диний окуу пайда болгон кезде аны туткандар кээде өзгөчө этнос болуп бөлүнүп чыгат, кээде өз ишенимдерин сактаган бойдон мурдагысындай эле өз алдынча жашап кала берет. Анан да башка динге жол койбоочулук бардык доорлор жана мезгилдер үчүн мүнөздүү бөлгөн эмес.

Социалдык шарттардын окшоштугу этностордун ассимиляцияланышына алып келиши мүмкүн, бирок бул сөзсүз түрдө боло бербейт. Көп эле учурда этностун бир бөлүгү уруулук көнүмүш тиричиликте, бир бөлүгү феодализмде, дагы бир бөлүгү капиталисттик мамиледе жашаганы учурайт. Бул көрүнүш "көп укладдуулук" деп аталат.

Балким, глобалдуу тарыхый процесс этникалык эң зор баалуулуктардын жаралышына алып келип жүрбөсүн? Кээде алып келет, а кээде этностор эки, үч бөлүккө бөлүнүп кетет. Алардан жаңы этностор өсүп чыгып, айрымдары башка жакка ооп көчүп кетиши мүмкүн, же көчүп кетпей эле жанаша жашай беришет. Мында да эч кандай мыйзам ченемдүүлүк жок, мүмкүнчүлүк гана бар.

А бирок бул жерде көрсөтүлгөн бардык жагдайлар кантсе да тиги же бул этностун чегинде болуп өтүүчү этногенез үчүн гана маанилүү. Ошондуктан аларды эске алуу керек, бирок аларды факторлор катары эмес, параметрлер катары кароо туура болчудай, анткени локалдык варияцияларды көңүлдөн чыгарып салуу жолу менен гана бардык этногенездер үчүн бирдей бөлгөн чыныгы "икс факторду" табууга болот. Анын табылышы жогоруда айтылган бардык арсарлыктардан арылууга мүмкүндүк берет.

Этногенез жана энергия

Этностун жалпы өзгөчөлүк белгилери төмөнкүлөр болот: 1) Өзүн башкаларга каршы коюу, демек — өзүн өзү бекемдеп күч алып туруу; 2) мозаикалуулук, туурараак айтканда, системалык байланыштар аркылуу бекемделип турган чексиз бөлүнүүлөр; 3) алгачкы жаралган учурдан бери карай акматикалык фаза аркылуу өтүп тарап кеткенге чейинки, же байыркы этностун калдыгына айланганга чейинки бир түрдүү өнүгүү процесси. Кантсе да биз этнос дегенибиз — "борпоң абал" эмес, "социалдык категория" да эмес, "тилдин, экономиканын, территориянын жана психологиялык өзгөчөлүктүн жалпылыгынын комплекси" да эмес, этногенез процессинин фазасы экенин аныктап алдык, эми бизге маселени чечүүнүн ачкычы этностун дал ошол үчүнчү өзгөчөлүгүндө жатканы белгилүү болду.

Эми өзүнөн өзү даяр болуп турган жыйынтыкты чыгаралы. Этностун алгачкы жаралган учуру үчүн да, акматикалык фазага жетүү үчүн да, ошондой эле кайрадан калыбына келүү үчүн да пайда болгон этностон өтө чымыркануу жөндөмдүүлүк талап кылынат, бул чымыркануу жөндөмдүүлүк же табиятты өзгөртүүдө, же миграцияларда ж.у.с. көрүнөт. Бул биз издеп жүргөн "икс фактордун" дал өзү! Бизге белгилүү этностордун дээрлик бардыгы өзгөчө түзүлүшкө — суперэтникалык бир бүтүндүккө топтоштурулган. Этностордун башка аймактарга таралышы алар жаралган чөлкөмгө, миграцияга, жаратылыш апааттары жана коңшулар менен күрөштөрдөгү жеңиштерге жана жеңилип калууларга байланыштуу болот. Этностун кыйрап жок болуп кетпөөсү үчүн демейки жай учурдагы чымыркануулар жетишсиздик кылат. Чөйрөнүн ар кандай бир бүтүндүгү тынч абалда турат, аны бузуу үчүн эритүүнүн же буу пайда кылуунун "көмүскөдөгү жылуулугуна" окшогон кошумча энергияны сарптоо талап кылынат. Бирок өтө зор чымыркануудан кийин инерциялык процесс башталат да, ал процесс чөйрөнүн каршылык көрсөтүүсүнүн натыйжасында гана токтойт.

Бизге эки этникалык "абал" белгилүү: анын бири — гомеостатикалык абал, мында жашоо цикли муундан муунга өтүп кайталанып турат; ал эми экинчиси динамикалык абал болуп саналат, мында этнос гомеостаз чегинде туруп, биз жогоруда көрсөткөн өнүгүү фазалары аркылуу өтөт. Кыймыл бул эки абалда тең байкалат, бирок биринчи учурда аны метафора түрүндө айлампа кыймыл деп, ал

эми экинчисинде — термелүүчү кыймыл деп атоого болот, бирок булардын интенсивдүүлүгү амплитуда менен өлчөнөт. Мында илгери адымдаган кыймыл социалдык прогресс болуп саналат. Анын этногенезден айырмасын биз жогордо көрсөтүп өткөнбүз.

Эмне кыймылдап турат деген суроого Жердин биочөйрөсүнүн курамындагы этникалык система кыймылдап турат деп жооп беребиз. Ал кайсы тарапка кыймылдайт деген суроого эч жакка кыймылдабайт деп жооп беребиз, себеби термелүүчү кыймылга "алдыга" жана "артка" деген түшүнүктөрдү колдонууга болбойт[29]. Этногенез үчүн талдоо жүргүзүүнү алда канча жеңилдете турган математикалык туюнтманы табууга болобу деген суроого так кесе жооп берүүгө болбойт. Муну толук түшүндүрүүгө аракеттенип көрөлү.

Эсептөө техникасынын азыркы каражаттарынын жардамы менен кайсы бир так эмес түзүлгөн техникалык маселени чечүүдө кандай кыйынчылыктар - учурап жатса, этнологияга тиешелүү айрым маселелерди чечүүдө да так ошондой эле кыйынчылыктарга дуушар болобуз. Андыктан, тигинде да, мында да сандык усулдар жараксыз. Бирок тигинде да, мында да, эгерде моделдештирүүнүн белгилүү усулдарын колдонсок, анда маселени чечишибиз ыктымал. Бул процесске карата биздин көз караштарыбыздын жыйындысын чагылдырып турган модель түзүлөт да, ал даректүү фактылар менен такталат. Андан соң бул модель көптөгөн башка бардык окуялар менен фактыларды окшоштуруу үчүн, ошондой эле процесстин өткөндөгү бизге белгисиз абалы же келечектин мүнөзү жөнүндө алдын ала болжолдуу жыйынтык чыгаруу үчүн колдонулат. Биз тараптан эвристикалык баа берүүнүн негизинде туура деп табылган ар бир чечим жаңы, максатка ылайыкталып табылган факторлор менен ырасталышынын натыйжасында (чындыкка окшогон мындай чечим белгилүү) модель такталып өнүктүрүлөт.

Акырында келип, биз, азыркы этностордун баары кече жакында эле жаралганын, байыркылардан өтө сейрек гана этностор калдык катарында сакталып калганын, алгачкы доордогулар дан бирөө да сакталып калбаганын билдик. Мунун өзү этногенез табияттын башка кубулуштары сыяктуу эле үзгүлтүксүз жүрүп туруучу процесс экенин көрсөтөт жана ал өтө катаал типтеги системаны пайда кыла турган социогенез менен өз ара байланышта турат.

Биз жогоруда айткандай, тигил же бул типтеги системаны кайра түзүү иш-аракетти, т.а. энергия сарптоону талап кылат. Албетте, бул энергия электр-магниттик да, жылуулук да, гравитациялык да, механикалык да энергия эмес. Бул энергиянын түрткүсү жана дүрт этип жарылуусу табигый чөйрөнүн каршылык көрсөтүүсү натыйжасында басаңдап кетүүчү антропогендик сукцессияларга да себеп болот [30].

Этникалык тарыхтын дискреттүүлүгү

Тарыхый процесстердин кээ бирлеринин дискреттүүлүгүн байыркы тарыхчылар да белгилешкен. Бул мыйзамды Сыма Цянь "Үч падышачылыктын сапары түгөндү жана кайра башталды"[31] деп эң кыска туюнткан. Бул идея Ибн Халдун менен Жамбаттист Викодон баштап О. Шпенглер менен А. Тойнбиге чейинки тарыхчылардын көпчүлүгүндө учурайт. Эгерде аны адамзаттын социалдык тарыхына колдонсок туура эмес болот, айрым мамлекеттердин тарыхын иштеп чыгууга колдонсок так эместикке кептейт, а бирок айрым бир олуттуу түзөтүүлөрдү киргизүү аркылуу этногенез процесстерин изилдөөгө колдонууга толук болот.

Биринчиден, өнүгүүнүн "аяктап бүтүшү" дайыма эле жаңы "башталыш" менен белгиленбейт. Этностор менен суперэтностук маданияттар өнүгүүнүн мурдагы

цикли бүтөрү менен дароо башталып кетпей, кээде бир топ мезгил өткөн соң барып башталат. Мындан өтө иреттүү ритмди табууга умтулуу фактылар менен ырасталбай отурат. Айталы, византия этносу эллин рим этносу гүлдөп турган доордо жаралып, алар бир нече кылымдар бою жанаша жашашты. Мусулман суперэтносу византия суперэтносун да, роман-герман суперэтносун да чегинүүгө аргасыз кылып,
ошол эле учурда орто персиялык (Сасанилер Иранын жана Согдиянаны) суперэтносту өзүнө сиңирип алды. Талааларда байыркы этностордун калдыктары жашап турганда хуннулар менен түрктөрдүн, түрктөр менен моңголдордун ортолорунда басып алуулар менен басынып-багынуулардын кылымдары мөгдүрөп турду. Бул маселе татаал маселе болуп чыкты же чындыгында этногенездин себеби этностордун тарыхынын ритмине байланыштуу эмес окшойт.

Экинчиден, процесстин демейки үч баскычка: жогорулоо, гүлдөө жана төмөндөө болуп бөлүнүшү да, эмненин жогорулашы жана эмненин төмөндөшү деген жөнөкөй суроого жооп бере албай отурат. Жашоо-турмуштун деңгелинин өйдө-төмөн болуп турушу бул баскычтарга багыныңкы эмес, маданияттын гүлдөшү ыңгайлуу экономикалык же саясий конъюнктура менен дал келбейт, мамлекеттин күч-кубаты да жакшы жашоонун көрсөткүчү боло албайт. Айталы, Наполеондун мезгилинде французлардын турмушу өтө оорлоп, кант, кофе, жүндөн жасалган кездемелер болгон эмес. Кыскасын айтканда, сапаттык баа берүүлөр ар дайым субъективдүү келет, ал табият кубулуштарын, анын ичинде этногенезди сүрөттөп жазууда эске алынууга тийиш эмес.

Анан да жеке адам менен коомдук жамааттын социалдык жана биологиялык түзүлүштөрүнүн ортолорундагы чек аралар кайда турат? Бир жагынан алганда ал чек ара адам денесинин ичкери жагында, дагы бир жагынан алганда андан сырткары жактарда жатат. Анатомия, физиология, рефлексология, генетикалык код — ушулардын баары социалдык эмес, биологиялык, биохимиялык, ал эле эмес биофизикалык да көрүнүш. Же тескерисинче, мамлекеттик мамилелердин өнүгүү мүнөзү, саясий таламдар, этикалык жана эстетикалык идеалдар биологиялык жана географиялык факторлор менен туюнтулбайт, алар коомдук өнүгүүнүн жемиши болуп саналат. Өнүгүүнүн бул эки багытынын айкалышын изилдөө айрым этностордун тарыхын кайра түзүүгө мүмкүнчүлүк берет. А эгерде буга ландшафттын тарыхы менен маданият тарыхын жалгаштырсак, анда ал этникалык тарыхка айланат.

"Икс фактору" деги кайда?

Этногенез кубулушу ар кайсы негиздерден баяндалган соң, эми биз бул инерциялык процесстердин пайда болушунун себеби эмнеде деген суроо коё алабыз. Күч жумшамайын эч кандай аракет ишке ашпаганды тан, энергиянын адамдардын жүрүш-турушуна түздөн-түз таасир этүүчү түрүн жана ал энергиянын адамдын психикасынан көрүнө турган таасирин издешибиз керек окшойт. Ал энергия ар бир организмге тиешелүү болгон өзүн өзү жана түрдү сактоо инстинктин жеңип кете алууга жарактуу, жетишерлик күчтүү импульс болууга тийиш. А инстинкт өз тукумун сактап калуу үчүн өзүн өзү курмандыкка чалуудан да кайра тартпоочулукка алып барат, мындай көрүнүш башка жан-жаныбарлардын түрлөрүнүн биринде да байкалбайт. Ырас, айбанаттарда этнос болбойт эмеспи, алардын коомдоштуктары материя кыймылынын коомдук формасынан жана өзүнөн өзү өнүгүүчү институттардан сырткары турат. Демек, бизди кызыктырган "икс фактору" адамдын психикасынын чөйрөсүндө камтылып турат [32].

Этносту жаратуучу жана кыйратуучу факторлорду издөөдө, ал төмөндөгү көрүнүштөрдө аракеттенерин эстен чыгарбоо керек: 1) географиялык чөйрөлөрдүн өзгөрүшүндө; 2) коомдук өнүгүүнүн эволюциялык процесстеринде; 3) тарыхый чукул өзгөрүүлөрдө; 4) маданияттын өсүшүндө же начарлашында. Арийне, жогоруда келтирилгендердин ар бирин изилдөөдө алардын катарына этногенез да кирет. Демек, алдыга койгон ар кандай маселени чечүүнүн ачкычы, т. а. илимий синтези болуп илимдердин жыйындысы эмес, алардын алдыга койгон маселе тарабынан аныкталуучу системасы болуп саналат. Так ошондуктан башкы маселени баяндоодон мурда этностун феноменин, анын табият, коом жана тээ өткөн мезгилдерден мураска калган маданий адат-салттар менен өз ара байланышын өтө узак баяндоого туура келди.

Айрым адамдардын жүрүш-туруштарын талдоо аркылуу "икс факторун" табуу аракетибиз натыйжасыз болуп калышы ыктымал. Баарынан мурда кээ бир жеке учурларда биз жеке адамга тиешелүү жаны, кокустан пайда боло калуучу жүрүш-туруштарды жалпы түргө тийиштүү жана мыйзам ченемдүү жүрүш-туруштан айырмалай албай жүрөбүз. Бирок чоң сандардын статистикалык мыйзамы күчүнө кирери менен мыйзам ченемдүүлүктөрдөн анча-мынча четтеп кетүүлөр ордуна келет да, көрүнүштү дегеле бурмалай албайт. Жол берилүүчү плюс-минус четтеп кетүүлөр мүнөздүү болгон байланыштардын системасы табылат. Бул четтеп кетүүлөр жалпы көрүнүштү бурмалай албайт. Ошондуктан, айрым мисалдар принципти аныктоо үчүн зарыл болгон дааналыка ээ болгондуктан аларга биз кайдыгер карай албайбыз. Бирок иллюстрациялар канчалык керек болгону менен, алар эч качан маңызды алмаштыра албасын унутпоо керек.

Клио Сатурнга каршы

Эми тарых жөнүндө кеп салалы, мында айтыла турган көп сөз бар. Ишенбөөчүлүк өкүм сүргөн XIX кылымда гана эмес, андан кийин да эч нерсе билбеген түркөй адамдар тарыхты тамаша кылчу эрмек, көңүл алак-сытар жомок, бекерпоз байлардын эрмеги, үгүттөөнүн ыкмасы, а түгүл "өткөнгө чакырган саясат" деп да аташты. Кечээ жакында эле тарыхты улуу жана майда иштерди аткарууга керектүү энергия бөлүп берүүгө жөндөмдүү болгон мезгилдин функциясы катары кароо аракети да жасалды[33]. Бирок бул концепция да ишенимдүү эмес, анткени тарыхый процесстер чынында да мезгил агымы боюнча жүрүп тургандыктан энтропиялуу жана инерциялуу келет, демек, ал процесстер өз балдарын өзү жеген Хроноско байланыштуу пайда болбой, ага карама-каршы жагдайда пайда болот.

Эгер ушундай болсо, анда тарых илими — мезгил менен күрөшүүчү илим. Муну эллиндер коркунучтуу кудайга — Сатурн аттуу кудайга айландырып жиберишкен. Сатурн өз атасы Уранды бычып салып, акыры чагылгандардын кудайы — Зевс тарабынан кулатылат. Ооба, чагылган — бул энергия, биздин тилге салганда антиэнтропиялык импульстар. Ал импульстар пайда болгон кезде кыйроо процесстерин — Аалам энтропиясын бузат. Күч дегенибиз — бул ылдамдыкты жаратуучу себепкер, ал Космос- ту Баш аламандыкка айлануудан сактайт. Ал күчтүн ысымы — Тирүүлүк.

Бирок жаралгандан келаткан стихиялардын түбөлүк согушунда Сатурндун малайларынын — дөөлөрдүн же асурлардын (санскр) эч нерсеси коробойт, алардын корото турган эч нерсеси да жок. Хронос ар бир көз ирмем сайын алардын бейнесин өзгөртүп, аларды жеке сапаттары менен касиеттеринен ажыратып турат. Бирок да Космостун — тартипке салынган Ааламдын жан-жөкөрлөрү өзүнүн табияты боюнча ар бир учурда формага, демек,

кайталангыс инсанга ээ болуп турат. Алар баш аламандыкка каршы күрөштө курман болушат. Муну В. И. Вернадский мейкиндиктин убакыттан бөлүнүүсү катары караган [34].

Микроб же баобаб болобу, адам же түйүлдүк болобу, өлгөндөрдүн бардыгы үчүн убакыттын жүрүшү токтолот, бирок биочөйрөнүн бардык организмдери бири бирине байланышып турат. Бир нерсенин өлүшү — бул көпчүлүк үчүн жоготуу болуп саналат, анткени бул тирүүлүктүн түбөлүк элдешпес душманы — Хроностун жеңиши менен аяктап турат. Жоготууларга моюн сунуу — бул өз позициясынан тайыгандыкы билдирет. Өлүмгө каршы Эс күрөшкө чыгат. Эс — энтропияга тоскоол болгонуна карабай, бытие эмес, аң-сезимдин өзү. Дал ушул эс гана мезгил- убакытты өткөн чакка, учур чакка жана келер чакка бөлөт. Булардын ичинен өткөн чак гана реалдуу болуп саналат.

Чын-чынына келгенде учур чак дегенибиз көз ирмемде өткөн чакка айланчу нерсе. Ал эми келер чак болсо али белгисиз, анткени келечекте аткарылуучу иштердин натыйжалары көзгө көрүнө элек. Келечекти кыялда гана элестетүүгө болот, ал эми өткөндөгүлөр биздин көз алдыбызда жашап турат. Бардык жашап турган нерселер — өткөндөгүлөр, анткени ар кандай иш аткарылып бүтөрү менен өткөндөгүгө айланат. Дал ошондуктан тарых илими — бизден сырткары турган жана бизсиз эле жашап турган реалдуу көрүнүштөрдү гана изилдейт[35].

Бекер ооздор гана эмес, андан башкалар да өткөндү билүү биздин азыркы турмушубуз үчүн пайдасыз деп жүрүшөт. Байыркы кезде ушундай адамдар келечекте эмнелер болорун билүү үчүн көзү ачыктар менен төлгөчүлөргө көп кайрылышкан. Алардын айткандары кээде тан калаарлыктай туура чыгып турган. Бирок төлгөчүлөр мындай ийгиликке кантип жетишкен? Алар өткөндөгүлөрдү изилдей келип, мүмкүн болуучу варианттарды болжолдоп, анан ал божомолун өткөн-кеткен окуялар менен салыштыра отуруп тактап чыккан, анын үстүнө ошол учурда варианттардын саны чектелүү болгон. Айталы, мыкты шахматчы көптөгөн жүрүштү алдын ала эсептеп алат, себеби өзү туула электен мурда ойнолгон жүздөгөн этюддарды жана партияларды үйрөнүп алууга күчүн да, убакытын да аяган эмес. Шахмат оюнунун тарыхы ага мүмкүн болуучу жүрүштөрдү божомолдоого жана. ал божомолдоолор иш жүзүндө туура болуп чыккандыктан турнирлер менен матчыларда жеңип чыгууга жардам берет. Өткөндөгүнү билүү ошентип азыркы жеңишти камсыз кылат.

Физиктин же химиктин ар бир тажрыйбасы, геологдун же ботаниктин байкоолору, теоретиктин ой жоруулары же экономисттин эсептеп чыгуулары кагаз бетине түшүрүлгөн соң тарыхый булакка айланат, т.а. өткөндөгү жазылып калган нерселер келечектеги максатты иш жүзүнө ашыруу үчүн туура жол тандап алууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Анан да бул дүйнөдө өзүңдү жана өз ордуңду түшүнүү — акча табуунун эле ыкмасыбы? Андай эмес, көпчүлүк урматтуу адамдар үчүн бул — максат гана болуп саналат. Биз жашап жаткан шаарларды курган, биз каттап жүргөн өлкөлөрдү ачкан, биз кумардана тиктеген сүрөттөрдү тарткан, биз окуп үйрөнүп жаткан китептерди жазган ата-бабаларга ыраазы болуу — адамдык касиетин жоготпогон ар бир адамдын парзы эмеспи? Келечек тукумунун өмүрү үчүн өз жанын курмандыкка чалган өткөндөгү баатырлар менен сыймыктануу — жаманбы? Жок, андай эмес! Алар тарыхтын даңазасы!

Анан да тарых дегенибиз — акыйкатты издөө болуп саналат. Себеби байыркы булактардагы маалыматтардын арасында жалган даректер аз эмес. Эгерде өткөндөгү окуяларды ойдон чыгарылган калптар менен жасап- түзөп же болгонду болгондой бербей бурмаласа, же маанисиз майда- чүйдө нерселер менен толтуруп салса, анда алар реалдуу болбой калат. Калптын атасы ишенчээк түркөйлөрдүн кулагына: тарыхта чындык жок, тарыхты ар ким өз билгениндей кабыл алат[36],

тарыхтын окуялары бири- бири менен өз ара себептик байланыштары бар окуялардын тизмеги эмес, ар кошкондон бир кошкон маанисиз нерселер, аларды эсте тутуп калуу да мүмкүн эмес[37], текстерди сөзмө-сөз түшүнүү керек[38], текстерди жылнаама чылар замандаштары үчүн эмес, келечек тукумдар үчүн жазган, анан да этностордун миграциялары, алардын өнүгүүсү жана кыйроосу, атак-даңкы жана тукум курут болушу — көл бетиндеги чыбырчыктарга айдын жарыгы жашынмак ойногондой кеп деп шыбырап турат[39]. Эгер эле ушундай болсо, анда тарыхты окуп-үйрөнүүнүн кажети жок болуп калат жана өткөндөгүлөр эстен чыгып, дайынсыз жок болуп кетет да, Баш аламандык Космостун ордун ээлеп алат.

Ушундан улам бир окуя эске түшөт. VIII кылымдын аягы ченде Тибетте будда дининин Махаяна агымын жактаган үгүтчүлөр, дүйнө дегенибиз — бул иллюзия, андан сактануу үчүн нирванага батып отура бергиле,нирванага жетүү үчүн жамандык да, жакшылык да кылбагыла, анткени "ак булут да, кара булут да күндү бизден бирдей калкалап турат" дешкен. Муну уккан тибеттик шен, бон дининин кечили элге кайрылып: "Махаяначылардын келжирек сөздөрүн укпагыла: ак деген эмне, кара деген эмне экенин жүрөгүңөр айтып берет", — деген экен. Талашсыз нерселер жана интуиция илим менен искусствонун чектеринде жатат. Мына ошону үчүн тарыхтын өз музасы — Клио бар.

Арийне, кеп бул жерде интуиция аркылуу туюп-сезилген же Күн Жерди айланып турат деген негизсиз, келжирек сөздөр жөнүндө жүрүп жаткан жок. Жалган нерсе ар дайым өзүн өзү алдоодон башталат. Клио өзүн жактагандарга башка, алда канча маанилүү нерселерде: айталы, тезистердин туура экендигинин далилдерин табууга алгачкы маалыматтарды жыйноодо кетирилген катачылыктарды ачып берүүгө жана логикалык жоболордун бузулганын баамдап билүүгө жардам берет. Булар бир караганда өтө эле жөнөкөй болгонсуп сезилет, ал эми чындыгында тарыхый акыйкатка бир кадам болсо да жакындоонун өзү эрдик болуп саналат.

Мындай караганда эң эле жөнөкөй көрүнгөн ушунчалык жалпылоо да көңүлдү көтөрүп, сезимди чыңалтууну талап кылат дейсиң, натыйжада ойлор көлкүлдөп эрип, адегенде окурманды таң калтырып, анан барып ынандыра ала турган түргө ээ болот. Кеп ал тезистин кандай ой жүгүртүүлөр же кандай аргументтер аркылуу далилденгендигинде эмес; бул илимий кесипке тиешелүү маселе, албетте, аны билүү зарыл, бирок аны билүүнүн өзү аздык кылат. Кеп, кээде эмне үчүн ал жаны тезисти кан- дайча таап, аны далилдөөгө кандайча мүмкүн болгондугунда турат. Чыгармачылык психологиянын бул жашыруун сырын байыркы гректер тарых музасы Клиого байланыштырышкан.

Анткени менен, бир кездерде бир акын: "Качандыр бир убакта мезгилдин жарышы деп аталган коркунучтан кантип качып кутулабыз?" — деген экен. Сатурндун чалгысы социалдык-экономикалык түзүлүштөрдүн мыйзам ченемдүүлүктөрүнө тийбеген менен, жашоонун ар кандай жеке көрүнүштөрүнүн кайсынысын болбосун, кыя чаап турат. Социалдык- экономикалык коомдук түзүлүштөр гана прогресстин жолу менен өнүгөт, ал эми өткөн кылымдарда болуп өткөн кайталангыс жана эн сонун нерселердин баары — биз үчүн жоготуу болот. Мына ошондуктан этногенез дегенибиз эволюция эмес, ал Клионун үзгүлтүксүз кийлигишүүсү менен улам азайып бараткан жоготуулардын тизмеги болуп саналат. Анткени, өлүп жок болуп кеткен, бирок эсте сакталып калгандар — өлбөйт.

Бирок Клио Мезгилдин чаңы жана Калптын күлү баскан өткөндөгүлөрдүн калдыктарын сактап гана тим болбойт. Клио бул жырткычтардын олжосун тартып ала алат жана аны биздин көз алдыбызда, биздин колубуз менен ишке ашырат. Троянын урандылары табылды, Вавилон

мунарасы казылды, Тутанхамондун күмбөзүндөгү асыл буюмдары аман сакталып калды, майялардын иероглифтери чечмеленип окулду, Каардуу Иван тарабынан жылнааманын бурмалангандыгынын бети ачылды, моңголдорду каралаган уламыш алынып ташталды. Өткөндөгүлөрдүн, мейли инсандардын өзүн болбосо да, алардын улуу иштеринин тизмесин чек- сиз уланта берүүгө болот, анткени бул же тигил жерлерде улам жаңы улуу жана кичине ачылыштар жасалууда.

Ырасында, мунун өзү Сатурнду жеңгендик эмес бекен? Ырасында, мунун өзү этнос-бабалардын тирилгени эмес бекен?

Эми эң башкы суроону алдыга койсок болот: эмне үчүн этностор жаралат жана эмне үчүн алар сөзсүз түрдө жок болуп кетүүгө тийиш?

Алтынчы бөлүк

ЭТНОГЕНЕЗДЕГИ ПАССИОНАРДУУЛУК

БУЛ БӨЛҮК ЭТНОГЕНЕЗ ПРОЦЕССИ
АНСЫЗ БАШТАЛБАЙ ТУРГАН
ЖАНА АНДАН АРЫ ЖҮРБӨЙ
ТОКТОП КАЛА ТУРГАН БЕЛГИНИ
БАЯНДООГО АРНАЛАТ.
ОШОНДОЙ ЭЛЕ
ЭТНИКАЛЫК СИСТЕМАЛАР ҮЧҮН
АНЫН МААНИСИНЕ ЖАНА
АЛАРДЫН СЫРТКЫ ТААСИРЛЕРГЕ КАРАТА
КАРШЫЛЫК КӨРСӨТҮҮСҮНҮН ЖАНА АКТИВДҮҮЛҮГҮНҮН
ЧЕНЕМИ КАТАРЫНДА ЭНЕРГИЯГА ТОЛУП ТУРУШУНУН
ДАРАЖАСЫНА МҮНӨЗДӨМӨ БЕРИЛЕТ

XXII. ЭТНОГЕНДИК БЕЛГИ, ЖЕ "ИКС ФАКТОРУ

"Икс фактору" дегенебиз мына ушул!

Эмесе, окурманым, силерди географиялык, биологиялык, этнографиялык сюжеттердин "чытырман токойлору менен чөлдөрүн" аралатып, сырдын түйүнү

эмнеде экенин дароо айтпай узакка создуктурганым үчүн кечирим сураймын. Антпесем окурман дароо ишениши да мүмкүн эмес эле. Ал: "Булардын баары ансыз да түшүнүктүү. Этнос тили, расасы, географиялык чөйрөсү, социалдык мамилелери, өздүк аң-сезими, эволюциялык процесси же ушулардын баарысын же жакканын тандап алууга боло турган, жогоруда саналып өткөн бир нече факторлордун байкалышы боюнча аныкталат", — деп айтмак. Муну дилетант гана эмес, көптөгөн профессионалдар да айтмак. Бирок бул пикирди этногенезди талдоого иш жүзүндө колдонуп көрүүгө аракеттенгенде ар дайым жараксыз болуп чыгып отурат. Менин максатым жогоруда келтирилген факторлордун ар бири эле эмес, алардын ар кандай комбинациясы да гипотеза түзүүгө мүмкүнчүлүк бербей турганын көрсөтүү, т.а. этногенездин азыркы кездеги бардык белгилүү болгон так белгиленген фактыларын карама-каршылыксыз түшүндүрүү эле. Албетте, андай белгилүү фактылар чексиз көп эмес. Ушундан улам сунуш кылынган чечимдер да так эмес болучу. Андыктан жаңы чечим издөө, т.а. оригиналдуу гипотезаны иштеп чыгуу керек болду. Кандай гана гипотеза болбосун, бардык белгилүү фактыларды түшүндүрө алганда гана кабыл алынууга тийиш. Ал эми гипотезаны теорияга айландыруу өтө татаал процесс, ошондуктан мындай сапаттык өзгөрүүнүн кайсы учурда жана кандайча болуп өткөнүн бир да окумуштуу аныктап бере албайт. Окумуштуунун милдети өз көз карашын толук баяндап чыгып, аны кандайча негиздегенин замандаштарынын жана кийинки муундардын сотуна коюу болуп саналат.

Организм деңгелиндеги психологияны азыркы учурда адамдардын жүрүш-турушу аркылуу көрүнүүчү гормоналдык таасирлерди эске алуу менен жогорку нерв системасынын ишмердигинин физиологиясы катары түшүнүп жүрүшөт. Жеке адамдын психологиясы көп учурда жогорку катардагы системаларга, айталы, социалдык жана этникалык психологияларга кошулуп бир бүтүндүктү түзөт. Бирок биздин маселебизде системалардын чоң-кичине экендиги анча маниге ээ эмес. Ошондуктан биздин талдоолорубузда айрым адамдардын жүрүш-туруштарынын себептерине кайдыгерлик менен кароого болбойт, анткени этникалык көнүмүш адаттар дал ошол жеке адамдардын жүрүш-туруштарынан куралып калыптанат.

Психологиядан айырмаланып этнопсихология популяциялык деңгелдеги системалардын жүрүш-туруш адаттарынын себептерин изилдейт. Организм деңгелиндеги жүрүш-туруш адаттар да система, бирок этникалык жүрүш-туруш адаттар андан бир баскычка жогору турат жана ал бир кыйла татаал келет. Түздөн-түз байкоо салганда этнопсихология биз үчүн кол жеткис нерсе, бирок анын функциясы — этникалык көнүмүш жүрүш- туруш оңой эле сезилип жана байкалып турат.

К. Маркс менен Ф. Энгельс жазгандай: "Өзүнүн кайсы бир керектөөлөрү үчүн жана ал керектөөлөрдү талап кылган орган үчүн бир нерсе жасабай туруп, эч ким эч нерсе жасай албайт"[1]. Адамдын керектөөлөрүн классификациялоого болот, бул үчүн бизге деги эле кереги жок бөлүнүүлөрдүн баскычтары сунуш кылынган[2]. Биздин максатка ылайыктуу талдоо жүргүзүү үчүн ар бөлөк белгилерге ээ болгон эки топко бөлүү менен чектелүү жетиштүү. Биринчиси — индивидумдун жана түрдүн өзүн өзү сактоосун камсыз кылуучу керектөөлөрдүн комплекси — "муктаждыктын керектөөлөрү"; экинчиси — таанылып-билине элек нерселерди интеллектуалдуу өздөштүрүүнүн жана ички уюмдардын татаалданышын пайда кыла турган башка түрдөгү себептер — "өсүүнүн керектөөлөрү"[3] десек болот. Муну Ф. М. Достоевский "Бир тууган Карамазовдор" деген чыгармасында "таанып-билүүнүн керектөөсү" катары көрсөткөн, анткени "адамдын турмушунун сыры жөн эле жашоодо эмес, эмне үчүн жашоо керек экендигинде турат", ал адам мында "сөзсүз түрдө жалпы дүйнөлүк негизге таянып жашоосу зарыл", себеби

адамга биз этникалык доминанта деп атап жүргөн — идеялардын жалпылыгы керек. Этникалык доминанта өзүнөн өзү эле жарала калбайт, ал этногенездин фазалары менен бирге жаралып жана өзгөрүп отурат, т.а. биз издеп жүргөн "икс факторунун" функциясы болуп саналат. Биз эми максатыбызга дээрлик жетип калдык.

Этногенез процесстери башталуучу шарттар өтө көп түрдүү. Бирок ошондой болсо да алардын башталышынан кийин андан аркы жүрүшү аздыр же көптүр окшош шарттарда өтөт жана кээде сырткы таасирлер аркылуу бузулуп турат. Эгерде биз глобалдуу мыйзам ченемдүүлүктү ачууга аракеттенип, процесстин туруктуу фазасынын схемасын пайдалансак жана сырттан болучу түрткүлөрдү кокустан пайда болгон кедерги катары четке кага турган болсок, анда биз жер бетиндеги бардык этностордун жаралышынын бирдиктүү жалпы себеби бар деген жыйынтыкка сөзсүз келебиз. Бул жыйынтык биз издеген "икс факторунун" дал өзү болуп эсептелет жана аны инвариант катары тырмакчадан чыгаруубуз керек.

Биз тапкан чоңдук чынында эле этногенездин импульсу экенине биротоло ишенүү үчүн жогоруда көрсөтүлгөн үч классификациянын импульстарын эсептей келгенде бир схемага сыярын көрсөтүүгө тийишпис: а) "антиөзүмчүлдөргө" жана "өзүмчүлдөргө" бөлүнүүнү эске алган этнологиялык классификация; Ь) ландшафтка карата болучу мамилени баяндаган географиялык классификация; с) өнүгүү жана начарлоо фазаларын басып өткөн этникалык коомдоштуктардын мыйзам ченемдүү түрдө кыйрап жок болушун мүнөздөгөн тарыхый классификация. Классификациялардын мына ушул үч багытынын бири бирине дал келиши сунуш кылынып отурган концепциянын тууралыгын жана "икс факторунун" ачылышын көрсөтөт.

Эми "эмпирикалык жалпылоо" жолуна түшөлүк. Этногенездин бардык башталыштарында, ал процесс канчалык ар түрдүү болбосун, анын башатында кайсы себеп катышып турарын байкап көрөлү. Бизге белгилүү болгондой, жаны этностун түзүлүшү үчүн белгилүү бир максатты көздөп умтулган активдүү ишмердүүлүгү дайыма коомдук же табигый айлана-чөйрөнү өзгөртүүгө болгон умтулуу менен байланышып турган айрым инсандардын болушу зарыл. Анан да ал алдыга койгон максатка жетүү көп учурларда ишке ашпай турган же ошол адамдын өзү үчүн өлүм менен бүтүшү мүмкүн болушуна карабай ошол максатын өз өмүрүнөн да баалуу сезет [4]. Мындай сейрек кездешүүчү көрүнүш жүрүш-туруштун түргө таандык болгон адатынан четтөө болуп эсептелет жана мындай умтулуу өзүн өзү сактоо инстинктине карама-каршы келет. Мындай умтулуу өтө жогорку жөндөмдүүлүк (талант), ошондой эле орто жөндөмдүүлүк менен да байланыштуу болушу ыктымал, бул болсо психологияда баяндалып жазылгандай, жүрүш-туруштун башка импульстарынын арасында анын өз алдынчалыкка ээ экендигин көрсөтөт. Бул белги ушул мезгилге чейин эч качан жана эч жерде айтылып, талдоого алынган эмес. Ооба, дал ушул белги өзүмчүлдүккө каршы туруучу этиканын негизи болуп саналат. Мында жамаат кызыкчылыгы мейли ал туура эмес түшүнүлгөн болсо да, ар бир жеке адамдын жашоо кызыкчылыгынан жана анын өз укум- тукуму жөнүндө көргөн камкордугунан жогору турат. Ал эми жогоруда айтылган белгилерге ээ болгон инсандар өзүнө ыңгайлуу шарттарда каада-салттардын бузулушуна жана жаңы этностордун жаралышына себеп болуучу иш-аракеттерди жүзөгө ашырат (аны ашырбай коё албайт).

Бул генетикалык белги тарабынан жаралуучу өзгөчөлүктү илгери эле байкашкан; ал эмес, аны кумар деп атап алышкан. Бирок күндөлүк турмушта мындай күчтүү ой-максаттардын баарын, а түгүл шылдың катарында анчалык күчтүү эмес умтулууларды деле кумарлануу деп атоо адатка айланып кеткен.

Андыктан биз илимий изилдөөлөрдө колдонуу үчүн пассионардуулук (латын сөзү — Passio, ionis, f,)[5] деп аталган жаңы терминди сунуш кылабыз. Ушундай атаганда гана биз анын мазмунунан психиканын бузулушунун, ошондой эле жан оорусунун симптомдору болгон өзүмчүлдүктү жана кежирликти пайда кылуучу айбандык инстинктерди чыгарып салабыз. Албетте, пассионардуулук деле түргө тиешелүү жүрүш-туруш адаттарынан четтөө болгону менен ал патологиялык көрүнүш эмес. Кийинчерээк "пассионардуулук" деген түшүнүктүн маанисин дагы тактап, анын физикалык негизин көрсөтүп бермекчибиз.

Ф. Энгельс адам кумарынын ролу жөнүндө

Адам кумарынын күчүн жана анын тарыхтагы ролун Энгельс ачык- айкын көрсөткөн: "...байыркы уруучулук коом деги эле өсүп жете алгыс деңгелдеги иштерди цивилизация турмушка ашырып салды. Болгондо да ал иштерди адамдардын өтө пас өзүмчүл каалоолору менен кумарануулларын катуу козгоп, аларды адамдын башка шыктуулуктарынан артыкча өнүктүрө отуруп турмушка ашырды. Ашынган ач көздүүлүк цивилизациянын биринчи күнүнөн тартып азыркы кезге дейре кыймылдаткыч күчүнө айланды; анын жападан-жалгыз көздөгөн максаты коомдун баюусу эмес, кайсы бир байкуш индивиддин баюусу, жана да баюусу, дагы үч эсе баюусу болуп калды. Эгер ошол эле учурда бул коомдун түпкүрлөрүндө илим уламдан-улам өнүгүп, искусствонун жогорку гүлдөө доорлору кайталап турган болсо, анда байлык топтоо жаатындагы биздин бардык жетишкендиктерибиз мүмкүн болбой калмак"[6].

Ушул ой Энгельстин "Үй-бүлөнүн, жеке менчиктин жана мамлекеттин келип чыгышы" деген эмгегинин өзөгүн түзөт. Ал дал ошол "байлыкка ач көздүүлүк менен умтулуу" антагонисттик таптардын пайда болушуна алып келгенин көрсөтөт[7]. Коомдогу уруулук түзүлүштүн кулашы жөнүндө айта келип (биздин оюбузча бул коомдо жашаган этностор гомеостаз фазасында турган), Энгельс мындай деп жазат: "Бул алгачкы коомдун бийлиги бүлүнүш керек эле — ал чынында эле бүлүндү. Бирок ал бизге эски уруулук коомдун жогорку деңгелдеги адеп-ахлагына салыштырганда бизге төмөндөө жана күнөөгө батуу сыяктуу болуп көрүнгөн нерселердин таасири астында бүлүндү. Эң эле пас, өзүмчүл максаттар — ашынган ач көздүк, адепсиз кумарчылыкка берилип ырахатка батуу, опсуз сараңдык, керт башынын пайдасын көздөп, коомдук байлыкты талап-тоноого умтулуу — цивилизациялуу жаңы таптык коомдун табылгалары болуп саналат; эң кара санатай ыкмалар — уурулук, зордукчулук, арамзалык, чыккынчылык — эски тапсыз уруулук коомду ичтен иритип, аны кыйроого алып келет"[8].

Адамзаттын прогрессивдүү өнүгүшүнө Энгельс ушундайча караган. Ач көздүк дегенибиз — бул эмоция, ал сокур сезимдин чөйрөсүнө таандык жана психология менен физиологиянын чектеринде жаткан, жогорку нерв системасынын ишмердүүлүгүнүн функциясы болуп саналат. Буга тең келүүчү эмоцияларга Энгельс көрсөткөн ач көздүк, ырахатка ышкыбоздук, сараңдык, пайдакорлук жана да мансапкорлук, атак-даңкка умтулуучулук, көрө албастык, менменсинүү чүлүк кирет. Пендечилик өңүттөн караганда булардын баары "начар сезимдер" болуп саналат, ал эми философиялык көз караштан алганда аң-сезимдүү түрдө жана өз эрки менен тандалып алынган жорук-жосундардын себептери гана "жаман" же "жакшы" болушу мүмкүн, ал эми эмоциялар алар пайда кылган кылык-жоруктарга жараша "жагымдуу", же "жагымсыз" болот. Ал эми кыял-жоруктар ар түрдүү болушу мүмкүн жана болот, анын ичинде жамаат үчүн пайдалуусу да болот. Мисалы, менменсинүү артистти көрүүчүлөрдүн жактыруусуна ээ болууга жана ошол жактырууга жетишүү аркылуу өз талантын

дагы өркүндөтүүгө мажбурлайт. Мансапкорлук болсо саясий ишмерлерди кээде мамлекеттик чечимдер үчүн зарыл керектүү болгон активдүүлүккө түртөт. Ач көздүк болсо дүнүйө-байлык топтоого алып келет, ж.у.с. Чындыгында бардык ушул сезимдер адамдардын дээрлик баардыгына мүнөздүү, бирок алар ар бир адамда ар башка даражада боло турган пассионардуулук тун түрлөрү болуп саналат. Пассионардуулук ар кандай мүнөздө көрүнөт жана ал эрдик менен кылмышты, түзүүчүлүктү, жакшылык менен жамандыкты оңой эле пайда кылып турат. Пассионардуулук аракетсиздик менен бейкапар кайдыгерликке жол бербейт.

Философиянын тарыхы боюнча окуган дарстарында Гегель[9] да бул маселе жөнүндө так кесе айткан экен: "Жалпы эле бардык иштер ага өз ишмердүүлүгү менен катышкандардын жеке мүдөө-талаптары боюнча аткарылган деп айта алабыз; биз ал кызыкчылыктарды кумарлык деп атайбыз, анткени ар бир жеке адам бардык башка кызыкчылыктар менен максаттарды арткы планга калтырат да, ал жалпы кызыкчылыктар менен максаттар ошол жеке адамдын өзүндө да бар болгонуна карабай өзүнүн жеке кызыкчылыгына абдан берилип, ага бардык күчүн жана аракетин жумшайт, ошондуктан бул дүйнөдө бир да бир улуу нерсе кумарсыз ишке ашпай тургандыгын айтып коюуга тийишпиз'"'.

Мисалга келтирилген бул социопсихологиялык механизмдин өтө кооз сүрөттөлгөнүнө карабай, анын бир кыйла маанилүү кемчилиги бар. Гегель кумарлануну "кызыкчылыкка" алып барып такайт, ал жашаган XIX кылымда кызыкчылык деген сөз материалдык байлык чогултууга умтулууну түшүндүргөн, а бул болсо өз керт башын курмандыкка чалуу мүмкүнчүлүгүн күн мурдатан эле жокко чыгарат. Ошондуктан Гегелдин жолун жолдоочулардын айрымдары тарыхый белгилүү адамдардын жүрүш-туруштарынын себептеринин ичинен жеке кызыкчылыгы үчүн керт башын курмандыкка чалуу жана ак ниеттүүлүктү көрсөтүү сыяктуу сапаттарды бекеринен чыгарып салбаса керек. Тилекке каршы, жалпыга тиешелүү болгон бул одоно жаңылыштык немис философунун так эмес түшүндүрүүсүнөн улам жаралган.

Бирок марксизм классиктери бул катачылыкты кайталашкан жок. Адамдардын бардык жорук-жосундарынан жалаң гана пас өзүмчүлдүктү көрө алган филистерлердин тантыраган сөздөрүнө каршы алар адам психологиясынын ар түрдүү көрүнүштөрүнө орун бере турган детерминизмди сунуш кылышты.

Эмесе, Энгельстин[10] 1890-жылы 21— 22-сентябрда И. Блохко жазган катын дагы бир жолу эске салалы: "Тарыхты материалисттик түшүнүүгө ылайык тарыхый процесстерде акырында келип эле чечүүчү себеп катары чыныгы турмушту өндүрүү жана кайталап өндүрүү болуп саналат. Мен да, Маркс да мындан башкача айткан эмеспиз. Эгерде кимдир бирөөлөр бул жобону бурмалап, мында экономикалык себептер жападан жалгыз аныктоочу себеп боло алат десе, анда ал бул пикирди эч нерсе түшүн- дүрбөгөн, абстракттуу, маанисиз фразага айландырып салат". Ооба, идеялар дегенибиз — улам жаңы ишмердүүлүккө чакырып туруучу түн ичинде балбылдап күйгөн отко окшош. Идеялар — кыймыл менен чыгармачылыкты чырмап туруучу чынжыр эмес. Өткөн замандардын адамдарын урматтоо дегенибиз — алардын эмнелерди жасаганын жана эмне үчүн жасаганын унутпай, алардын эрдигин улантууда турат.

XXIII. ПАССИОНАРИЙЛЕРДИН БЕЙНЕЛЕРИ

Наполеон

Жаш кезинен кедейчиликтин каарын тарткан артиллериянын порутчиги Наполеон Бонапарт мансапка умтулуп, бийликке жетүүнү эңсеген. Бул кыял болсо да түшүнүктүү нерсе. Огюстен Робеспьер менен жеке тааныш болгондуктан ал капитан даражасына көтөрүлөт. Андан соң Тулонду каратып алып, генералдык чинге жетет. 1795-жылы Парижде роялисттердин козголоңун басып салат. Ошентип ал мансапка да, бийликке да жетет, бирок анысы ага байлык алып келбеди, ал аз келгенсип Жозефина Богарне сулуу менен никеси да бактысыз болуп калды. Анткени менен Италияга жасалган жортуул Бонапартты байлыкка жеткирди. Ошондон кийин ал өмүрү өткүчө чеке тердетип, кол жоорутпай жашаса байлыгы жетишмек. Бирок анын эмнегедир Египетке баргысы келди, андан кийин ал 18-брюмердеги чечкиндүү тобокелге баш байлады. Ага эмне керек эле? Бийлик керек эле! Андан башка эч нерсенин кереги жок эле. Бирок кийин ал французлардын императору болгон соң тынч жатып калдыбы? Бааленибі, тескерисинче, жаны тынбай, согуш кыйынчылыктарын, дипломатия, мыйзам чыгаруу өңдүү татаал иштердин баарын өз моюнуна үйүп алды, ал эмес француз буржуазиясынын чыныгы таламдарына дегеле ылайык келбеген — испан согушун жана Москвага жортуул баштады.

Албетте, өзү баштаган иштердин себептерин Наполеон ар жолу ар башка түшүндүргөн, бирок алардын башкы себеби Бонапарттын жанын тынчытпаган ишмердүүлүгү эле. Анысы Ыйык Елена аралында да ага тынчтык берген эмес, ал өз мемуарларын ишсиз отура албагандыктан улам жазган. Наполеондун ишмердүүлүгүнө эмне түрткү болгондугу замандаштары үчүн табышмак бойдон калган. Бекеринен Париждин буржуазиясы 1814-жылы Парижге кирип келген орус аскерлерин: "Биз согушту каалабайбыз, биз соода жүргүзүүнү каалайбыз", — деп кыйкырып, тосуп чыгышкан эмес.

Ырасында эле, өнүгүп келаткан француз капитализминин социалдык талабын аткарып, буржуа-король Луи Филипп Англия менен салтка айланып кеткен согушту токтотуп, өзүнүн согушчан букараларын Алжирди басып алууга жиберген, анткени бул пайдалуу да, коркунучсуз да болгон жана бейпил тынчтыкта жашоону каалап турган французларды канааттандырган. А эмне үчүн Наполеон Амьен тынчтыгы кабыл алынгандан кийин деле согушту каалап туруп алды? Анткени Наполеон Луи Филипп эмес болучу, андыктан ага париждик алып-сатарлар Филиппке буйрук бергендей буйрук бере алышмак эмес. Алардын императордун эмне үчүн дайыма согушка умтулганына таң калгандан башка айласы жок эле. Александр Македондукту да а түгүл анын "достору" да, баскынчы-падышанын жакын жан-жөкөрлөрү ушундайча аталышкан, дал ушундай эле түшүнүшкөн эмес[11].

Александр Македондук

Александр Македондук туулганда эле адам баласына керектүү нерселердин баары менен: үй, тамак-аш, көңүл ачууга шарт-жагдай менен камсыз болгон. Жадагалса Аристотель менен субхат курууга да шарт түзүлгөн. Ага карабай ал Беотияга, Иллирияга жана Фракияга жортуул баштады. Анткени булар анын Персия менен согушуна жардам бергилери келген эмес. Алексадр Македондук болсо гректер өздөрү унутуп калган илгерки грек-перс согушунда перстердин кыйраткыч соккуларын эстеп, эми өч алгысы келген имиш". Персияны жеңип алган соң ал Орто Азияга басып кирип, андан Индияга чейин жеткен. Анткени

менен Индиядагы согуштун пайдасыз жана маанисиз экендигин түшүнүп, македондуктардын өздөрү ачуулана баштайт. Пордун аскерлерин талкалап, эң сонун жеңишке жеткен соң Александр Македондуктун аскерлеринин "тартиптүүлөрү бул кызыл-кыргынга катышкандыгы үчүн өкүнүч билдиришсе, калгандары Александр менен мындан ары эч жакка барбай турганын билдиришти..." (Арриан. V. 26). Акырында Полемократтын уулу Кен тайманбай туруп мындай дейт: "Сени менен канча македондуктар менен эллиндер жортуулга чыкканын, эми алардын канчасы калганын өзүң көрүп турасың. Өзүң негиздеген шаарларда жашап жаткан эллиндер өз эрки менен калышкан жок... Бирөөлөрү согуштарда курман болду, башкалары Азиянын булун-бурчтарына тентип тарап кетти. Дагы көптөгөн жоокерлер кеселдеп өлдү; бир аз гана жоокерлер калды, алардын да мурдагыдай күчү жок, көңүлдөрү чөгүп, маанайы пас болуп отурат. Жоокерлер ата-энелерин, жубайлары менен балдарын сагынды, ата мекендерин сагынды, сагынба деп кантип буйрук бере аласың. Алар бир кездерде кедей эле, эми сенин колдооң менен көрүнүктүү жана бай адамдарга айланган кезде өз мекенин, элин, үй-бүлөсүн көргүлөрү келип, кусалык басып турган учур. Жоокерлерди эми эркине каршы алып жөнөбө". (Арриан. V. 27). Бул сөз аскерлердин көңүл маанайын эске алып, таа- май түшүндүрө алган акылдуу жана иштиктүү адамдын сөзү эле. Чыныгы саясаттын бардык жагдайларынан алганда Кендин сөзү туура экенин моюнга алуу керек, бирок акылга сала келгенде ал туура эмес эле. Акыйкатта биз азыр "эллинизм"[12] деп атап жүргөн көрүнүштүн пайда болушунда Александрдын күлк-мүнөзүнүн иррационалдуулугу маанилүү роль ойногон, ал эми анын Жакынкы Чыгыштын этногенезинде ойногон ролу эч кандай шек туудурбайт.

Ушул окуяга байланыштуу жоокерлерди жортуулду улантууга себеп бар экендигинин далилин келтирип сүйлөгөн падышанын өз сөзүнө кулак түрүп көрөлү. Өзүнүн жеңиштерин тизмелеп айтып, Александр мындай деген: "Улуу максаттарды ишке ашырууда коркунучту сезбеген, кыйынчылыктарга чыдай билген адамдар үчүн эрдик менен жашоо жана курман бөлсө, өзү жөнүндө өлбөс-өчпөс атак-даңк калтыруу баарынан артык... Эгерде биз Македонияда отуруп алып, бейпил жашоо бизге жетишет деп жөн жатканыбызда, бизге душмандык кылган... кошуналарыбызды оз жерибизге киргизбей, мекенди сактоонун гана аракетинде болгонубузда биз кайсы улуу жана эң сонун иштерди аткарат элек?". (Арриан. V. 26—27). Өзүнүн жыргалчылыгынан жана өлкөсүнүн кызыкчылыгынан атак-даңкты жогору койгон адамдын ою мына ушундай. Ошону үчүн ал "ырахаттанып жашоого кайдыгер караган, өз жыргалчылыгы үчүн акча жумшоодо өтө битирегени менен жакшылыктарды көп жасап, жоомарт болгон" (Арриан. VII. 28). Ошол кездердеги окуяларга күбө болгон Аристобуланын айтканына караганда, таң-тамашаларды Александр достору үчүн гана уюштурган жана өзү ичкиликти аз ичкен. (Арриан VII. 29). Албетте, согушка көңүл ачуу үчүн барбайт! Анын жоокерлери индустар менен таптакыр согушкулары келген эмес, анан да ал кездеги унаанын жардамы менен согушта талап-тоноп алган байлыктарды үйлөрүнө жеткирүү мүмкүн эмес болгон. Ошондой болсо да алар согушкан, болгондо да укмуш согушкан.

Македондук падышанын жортуулга түрткөн себепти өзүнүн соода шаарлары үчүн рынокторду басып алууга умтулуудан же Финикиянын атаандаштыгын жок кылууга умтулган аракеттеринен издөө кажетсиз. Кечээ эле кылычтын мизи менен багындырылган Афины менен Коринф Македониянын душманы бойдон кала берген. Душманга жардам көрсөтөм деп өлүмгө баш байлоого эч кимдин барбасы ансыз да белгилүү эмеспи. Андыктан Александрдын жүрүш-турушунун себебин анын өзүнүн кулк- мүнөзүнөн издөөгө туура келет. Александрдын чектен чыккан эки сапатын — даңкты жакшы көрүүчүлүгүн жана намыскөйлүгүн, тактап

айтканда, биз жогоргу сүрөттөгөн пассионардуулукту Арриан да, Плутарх да белгилеген. Дал ушул ашып-ташыган энергия жеңиштерди камсыз кылып гана тим болбостон, жоокерлерин согушка, болгондо да алар каалабаган согушка аттанууга мажбурлоо үчүн жетишерлик болгон.

Арийне, Александрдын көптөгөн жан-жөкөрлөрү Пердикка, Клит, Селевк, Птоломей жана башкалар да пассионардуулук сапатка ээ болушкан жана өз падышасынын жортуулдарына чын дили менен катышкан жана ушунун аркасында карапайым македондуктар менен гректерди жүрүштөргө шыктандырууга мүмкүн болгон. Пассионардуулукка ээ бир эле адам эмес, жоон топ адамдар жетектеген македондук аскерлер Персия падышачылыгын талкалап, анын ордуна македондук бир нече падышачылыктарды, ал эле эмес жаңы сириялык этносту түзүүгө жетишкен. Жаңы шарттарга ылайык македондуктар менен перстер өздөрү да таанылгыс болуп өзгөрүп, римдиктер менен парфиялыктардын жемине айланды.

А балким, Александрды Элладаны Чыгыш менен бириктирүү идеясы эрдиктерге чакыргандыр? Жок, андай эмес, ал кантсе да Аристотелден философия боюнча сабак алган жана Аристотель аны буга үйрөткөн эмес. Маалыматтар айтып тургандай, бул идея кийинчерээк, Персияны жеңип алгандан кийин пайда болгон, эгер мурдараак болгондо Персепол шаарындагы кооз сарай өрттөлбөй аман калмак. Жеңилген элдин искусство шедеврлерин өрттөп жиберип, анан компромисс издөө болбогон кеп эмеспи.

Ошентип, пассионардуулук дегенибиз — айлана-чөйрөнү өзгөртүүгө умтулуу жана аны ишке ашырууга жөндөмдүүлүк же физиканын тили менен айтканда — чөйрөнүн агрегаттык абалынын инерциясын бузуу болуп саналат. Пассионардуулуктун импульсу ушунчалык күчтүү болгондуктан кээде бул белгиге ээ болгон адамдар өзүнүн кылык-жоруктары кандай натыйжага алып келерин ойлоого чамалары да келбей калат. Бул өтө маанилүү абал пассионардуулуктун аң-сезимдин эмес, сокур сезимдин атрибуту экендигин, нерв системасынын түзүлүшүнүн өзгөчөлүгүнөн байкалуучу маанилүү белги экенин көрсөтөт. Пассионардуулуктун даражалары ар башка болот, андыктан алар ачык байкалып жана тарых тарабынан катталып кала турган көрүнүшкө ээ болсун үчүн пассионардуулардын көп болушу зарыл, т.а. бул белги жеке инсандык эле эмес, ошондой эле популяциялык да белги болуп саналат.

Люций Корнелий Сулла

Бул биз аныктаган белгинин туура экендигин башка инсандардын мисалдарында текшерип көрөлү. Рим патрицийи Люций Корнелий Сулланын мансаптык даражасы да, үйү да, Римдин чет-жакасында вилласы да, көптөгөн кулдары менен кардарлары да бар эле. Александр өңдүү ал да оокат-аштан, оюн-зооктон кемчилдик көргөн эмес. Анда неге ал өзү жек көрүп, кыжырын кайнаткан Марийдин аскерине барып кошулду, анысына эмне түрткү болду? Анан ал штабдык офицер катары өз кызматын өтөө менен тим болбой кан күйгөн майданга кирип барып согушуп, өмүрүнө коркунуч келтирип Югуртаны колго түшүрүп, Римге алып келди да, аны Мамертин түрмөсүндө ачка калтырып өлтүрдү. Бардык ушул эрдиктери үчүн ал бир гана сыйлыкка — форумдарга катышууга жана тааныштары менен жолукканда ал Марийди акылы кем акмак, өзүн баатыр катары көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болду. Буга көптөгөн адамдар ишенди, бирок бүт баары эле ишене беришкен жок. Ошондо Сулла кайрадан салгылашууга катышып, Италияга кол салган варварлардын кол башчысы менен жекеме-жеке чыгып, аны өлтүрүп, андан кийин... өтө бетер мактана баштады. Бул да ага аз көрүндү. Мейли ал Марийден алда канча өйдөлөп кетти дейли, бирок

Александр жөнүндөгү даңазалар ага тынчтык бербеди! Эми Сулла Чыгышты каратып алып, македондук падышаныкынан да бийигирээк даңкка жетүүнү чечет. Ошондо ага: "Жетишет эми! Башкаларга да жол бер!" — деп айтышты. Сулла эми ыраазы болууга тийиш эле, анткени анын эмгеги Рим республикасы тарабынан бааланып, үйүндө телегейи тегиз болуп, баары аны урматтап, аны менен сыймыктанып турушту. Жыргап, бейкуттукта жашай бериши керек эле. Бирок Сулла башкача жорук баштады: легиондордун кыжырын кайнатты, өзү туулган шаарга чабуул жасап, аны алды, өз шакирттерин шыктандыруу үчүн согуш майданына туулга кийбей кирип жүрдү, ошентип өзүнө кезектеги оор согушка барууга укук алды. Деги аны эмне деген күч түртмөктөдү? Анын пайда көрөйүн деген деле ниети болбосо керек. Ал эми биздин көз караштан алганда, пассионардуулук тун ичтен болгон түрткүсү өзүн өзү сактоо инстинктинен, жадегенде ал өзү тарбияланган маданият менен салт талап кылган мыйзамды урматтоодон да күчтүү болуп чыккан. Андан аркысы — А. С. Пушкиндин мезгилинде "жагдай-шарттын күчү" (унутулган жакшы термин) деп аталган окуялардын логикасынын жөнөкөй гана өнүгүшү болду. Албетте, бул толугу менен этнологияны бекемдөөчү тарых илимине тиешелүү нерсе. Ошентип, б. з. ч. 87- жылы Марий ветеран жоокерлерден жана эркиндик берүү убада кылынган кулдардан турган аскери менен Суллага каршы аттанат. Аны өз тарабына италик-популярларды, т.а. эзилген этносту тарткан консул Цинна колдоп чыгат. Римди алгандан кийин Марий өзүнүн эң гумандуу аскер башчысына кул-жоокерлерди кырып салууга буйрук берет, анткени аларга таянуу Марийди жаманатты кылган эле. Анан 4 миң адамды бир түндүн ичинде, уктап жаткан жеринде өздөрүнүн куралдаш жолдоштору кырып салат. Бул зомбулук популярлардын демократиялык декларациясына коошпой, өздөрүнүн каршылаштары — оптиматтардан анча айырмалана алышпастыгын көрсөттү.

Кантсе да айырмачылык бар эле: Сулла да өз аскерлеринин катарына 10 миң кулду чакырып алган, бирок жеңишке жетишкенден кийин аларга жер бөлүп берип, баарына рим гражданды гын ыйгарган. Марий менен Сулланын ортосундагы айырма алардын партияларынын программаларына караганда ар кимисинин жеке сапаттарында көп болгон. Александрдан айырмаланып Сулла атак-даңкка умтулбаптыр жана намыскөй да болгон эмес, ошону үчүн ал өзүнүн жетишкен ийгилигине канааттанган соң бийликтен өз ыктыяры менен баш тартат. Ал менменсиген жана бирөөнүн ийгилигин көрө албаган неме сыяктанат, бирок анын бул сапаттары — пассионардуулуктун көрүнүштөрү гана болгон. Сулланын ийгиликтери анын жеке сапаттарына гана эмес, өзүнүн жан-жөкөрлөрү менен мамиле түзө алгандыгына да байланыштуу болгонун дагы бир жолу баса белгилеп коёлу. Анын Помпей, Лукулл, Красс өңдүү жан-жөкөрлөрү жана айрым легионерлери да пассионардуу болушкан, ошондуктан жол- башчысынын оюн айттырбай билип, аны менен шайкештикте аракеттенишкен. Андай болбогондо Сулла Римдин диктатору боло алмак эмес.

Ян Гус, Жанна Д'Арк жана протопоп Аввакум

Кээ бир учурда пассионарий өз максаты үчүн жакындарын курмандыкка чалууга ыраа көрбөй, тетирисинче, аларды сактап калуу үчүн же идея үчүн өзүн өзү курмандыкка . университетинин профессору Ян Гус ушундай чын жүрөктөн чыккан мисалын көрсөткөн “ чехтер мыйзам боюнча да... табияттын талабы боюнча да жогорку кызматтарда болууга тийиш, ооба, Франциядa француздар, өз мекенин- де немистер кандай болсо так ошондой болууга татыктуу деп айтканмын жана дагы айтамын"... — деген ал. Эгерде Жижка жана бир тууган Прокоптор, Прага университетинин студенттери, шаардыктар менен рыцарлар,

дыйкандар менен дин кызматкерлери Жаңы Шаардын (Прага району) ратушасынын терезесинен бургомистрди жана Люксембургдардын династиясынан чыккан мажес король Вацлав IVнүн немис кеңешчилерин ыргытып жиберишпегенде Ян Густун Констанцада курмандыкка чалынышы натыйжасыз болмок. Өз ректоруна адилетсиз жаза колдонулганына жана аны немистер чыккынчылык менен өрттөп жибергенине кыжырлары кайнаган прагалыктар өч алууга көтөрүлүш көн.

Жогоруда келтирилген Наполеондун, Александр Македондуктун жана Люций Корнелий Сулланын мисалынан кантсе да "топураган элди ээрчите алган баатырларды" элес-булас көрүү мүмкүнчүлүгү болсо, бул жерде, ошого эле окшош окуялардын айкалышы кеп жеке "эрдикте" эмес, пассионардуулук системасын уюштуруп, аны алдыга койгон максатка багыттап туруучу этникалык доминанттын түзүлүшүндө экендигин көрсөтүп отурат. Бирок да эли-журтун сүйгөн кайсы бир баатыр жолбашчы өз жердештерин колго курал алып, өз үй-бүлөсүн жана өзүн ырайымсыз душмандан коргоого мажбурлай албаган учурлар тарыхта көп учурайт. Буга 1204-жылы Константинополь шаарын кресттүүлөрдөн коргогон Алексей Мурзуфланын мисалы далил. Алексейдин жанында варягдардын кошууну жана жүздөгөн ыктыярдуулар душмандын курчоосунда калып, баары каза табышкан. Ал эми Константинополдо жашаган 400 миң адам өз шаарын кресттүүлөр өрттөгөнүнө жана талап-тоногонуна жол беришти. Пассионардуулуктун деңгели боюнча аныкталуучу жолбашчынын ролу менен этностун мүмкүнчүлүгүнүн айырмасы мына ушунда турат.

Римде 41-жылы болуп өткөн окуя муну ого бетер ачык көрсөтөт. Август орноткон бийлик республиканын бардык мыйзамдарын принцепстин зомбулугун жаап-жашырып турган шаан-шөкөттөр менен көшөгөлөнгөн анткорлукка айлантты. Тиберийдин заманында жана айрыкча Калигуланын мезгилинде бай адамдарды ырайымсыздык менен жазалоо көнүмүш адатка айланып, өлтүрүлгөн байлардын дүйнө-мүлкү императордун казынасын толтуруп турган. Анан да Калигуланын талма оорусу кармаган мезгилде көзүнө кокустан учураган же эсине түшкөн адамды ошол саам өлтүрүүгө буйрук берчү экен. Республика доорунда мындай мыкаачылыкка жол берилген эмес, бирок граждандык согуш көптөгөн пассионарийлердин өмүрүн кыйгандыктан, сенаторлор менен атчандар тизелери титиреп коркуп, күндө өлүм күтүп жашашкан. Анткени менен эки эр жүрөк адам — Кассий Херея менен Корнелий Сабин мыкаачы императорду өлтүрүп салышат. Сенат мыйзам боюнча өзүнө тиешелүү болгон бийликти оз колуна алса болмок, бирок сенаторлордун көпчүлүк бөлүгү үйлөрүнө качып кетишет, эл болсо аянтта котолоп турушуп, анан тарай башташат, императордун өлтүрүлгөнүн көрүп, аны кайтарган сакчы германдар да тарап жоголушат, ошентип төңкөрүш оңунан чыкпай калат.

Ошол учурда кайсы бир жоокер Калигуланын өлөөрчө коркуп калган агасы Клавдийди таап, жолдошторуна ээрчитип келет. Алар ар бир легионерге 15 мин сестерций төлөм алып, Клавдийди император деп жарыялашат. Бул кезде сенатта "ар түрдүү үндө"[13] талаш-тартыш жүрүп жаткан эле, алар анткиче аскерлер Клавдийге кошулуп кетишет. Кутумчу-республикачылардын баштары алынып, деспоттук бийлик кайра калыбына келтирилет.

Мына ушинтип жолбашчылар да "баатырдыкты" көрсөтүштү, топураган эл да көп чогулду, бирок рим этносунун системасы кучагына камтып турган кубаттуу энергиядан — пассионардуулуктан ажырап калды, бул пассионардуулук бир кезде Рим элине бардык кошуналарын жеңип алууга, ал Рим шаарынын дүйнөнүн жарты бөлүгүнүн борбору болушуна жеткирген. Легионерлерге күч келген жок, анткени аларга эч ким каршылык көрсөткөн эмес.

Анда эмесе Прага университетинин ректорунан айрылып отурган чехтерге кайра кайрылалык. Чехтер ал кезде Принципат мезгилиндеги римдиктерге эмес, Марий менен Сулланын доорундагы римдиктерге окшош болушкан. Гус мыкты профессор катары чех-студенттеринин арасында урматталганы менен чех этносунун бардык катмарларында кадыр-баркы ал кыйноо тартып каза болгондон кийин өскөн. "Баатырдын" өзү эмес, анын арбагы этникалык аң-сезимдин калыптанышынын символу болуп чех элин немистерге каршы көтөрүп чыкты. Алардын чечкиндүүлүгүн көргөн Германия менен Венгриянын рыцардык кошуундары тополоң түшүп, чех партизандарынан качып жөнөшкөн. Мында чехтерди прагалык профессордун идеялары шыктандырды деш кыйын. Гус англиялык дин кызматкери Виклифтин окуусун жактаган, ал эми анын жолун жолдоочулар... бирөөлөрү православиеге кайтууну, экинчилери улуттук чиркөөнүн папачылык менен биримдигин, үчүнчүлөрү иерархиядан баш тартууну талап кылышса, төртүнчүлөрү өздөрүн "адам-атанын жолун жолдоочуларбыз" деп жылаңачтанып алып көчөгө чыгышып, бардык динди танып салышты (бул акылсыздарды чехтер өздөрү кырып салышкан).

Мында он көрүнүштөгү программа эмес, немистер католик болгону үчүн, дворян болгону үчүн, коргонууга чамасы чак дыйкан болгону үчүн, бай бюргерлерди талап-тоноп алуу үчүн, деги эле бардыгы үчүн "ур, немисти" деген этникалык доминант чехтердин жыйырма жылдык (1415— 1436) согушунда жеңишке жетишин камсыз кылган. Бирок анын баасы кымбатка турду. Чехтер өз жердештеринин теңинен айрылып калды. Сак- сония, Бавария жана Австрия — теңине жакын элинен ажырады. Венгрия, Померания жана Бранденбург булардан азыраак болгону менен кыйла эле жоготууга учурады.

Чехия ич ара согуш жолу менен өз эркиндигине жана маданиятына ээ болду. Липандын мезгилинде утраквист-чөйчөкчүлөр табори-протестанттарды аёосуздук менен талкалап салышты. Ушундан кийин немистер менен тынчтык келишимин түзүүгө мүмкүнчүлүк болду. Чарчап-чаалыгуунун натыйжасында ынтымакка келүү саясатын король Георгий Подебрад (1458—1471) ишке ашырды.

Бул кыскача баяндар пассионардуулук стихиялык көрүнүш экенин көрсөтүп турганына карабай, ал канткен менен этникалык доминант аркылуу жараларын айтып отурат. (Этникалык доминант деп биз диний, идеологиялык, аскерий турмуш-тиричилик көрүнүштөрүн, же көрүнүштөрдүн комплексин айтабыз. Ал доминант этногенез процесси үчүн этномаданияттык көп түрдүүлүктөн максаттуу бир мүнөздү үлүккө өтүүнүн башталышын аныктайт.) Бирок ал бир агымга бириге албай оңду-солду чайпалышы да мүмкүн; XV кылымда Чехияда дал ушундай болгон.

Анча окшош болбосо да так ушундай эле окуя, ошол эле жылдарда Франциядa болуп өттү. Франция Англиянын королу Генрих У1нын жана анын шериктеши бургунддардын бийлигинен бошонуу аракетин баштады. Өз кезегинде бургунддар өздөрүнүн герцогдору Валуа фамилиясын алып жүргөнүнө карабай Франциядан бөлүнгүлөрү келишти. Эгерде Жанна д'Арктын — французча немис тилин чалып сүйлөгөн лотарингиялык кыздын айланасында падыша сарайынын шылуундары, дофина жана анын ойношу Агнесса Сорел болгондо ал королду да, Орлеанды да, ата мекенин да эч качан сактап кала алмак эмес. Бактыга жараша аны Дюнуа жана Ля Гир, маршал Бруссак, капитан Поитон де Сантрайл, кайраттуу жоокерлер менен ийкемдүү арбалетчилер колдоп чыгышы үчүн "Ажайып мекеним — Франция" деген эки сөздү — этникалык доминанттын чакырыгын угуу гана жетиштүү болду. Алар мурда да "англис болгусу келбегендердин" дофиндин бийлиги үчүн согушка катышкандарына карабай бул саам жеңишке жеткиче салгылашышты[14]. Аввакум да жалгыз болгон эмес; анын өмүр баянынын

жалындуу барактарын адамдар берилип окушуп, улам-улам кайталап окушуп, аны урматтаганын билдирүү үчүн өздөрүн өздөрү өрттөөгө даяр турушкан.

Кантсе да "эски адатчылардын" күчү акыл-эстүүлүктүн далили эмес эле, алар ушу кезге чейин бир да жолу никониандар менен тынч талашып-тартышууга барыша элек. Анан да Аввакум деги эле байыркы православиени эмес, кадимки, көнүмүшкө айланган адатты коргогон. Никон Венеция шаарынан патристика боюнча бир тууган Альдамилер грекче басып чыгарган эн мыкты китептерди алдырып келет. Аввакум болсо диний китептерин XIII—XIV кылымдардагы орусча котормосу боюнча ондоону талап кылат. Ал өтө көркөм котормо болгону менен IV—V кылымдарда басылган түп нускаларга караганда анча так эмес эле. Эски адатчылардын иконаларды тартканда ачык боёкторду пайдалануга каршы чыгышы да узак мезгилден улам карарып кеткен икона сүрөттөрүнө көнгөндүгү менен түшүндүрүлөт. Андрей Рублёв менен Феофан Грек иконаларды ачык боёктор менен тартышкан, бул кийин XVII кылымда унутулуп калган.

Кыскасы, талаш-тартыштын сюжеттери кокус сюжеттер болгон, бирок талаш-тартыштын өзү мыйзам ченемдүү болучу, анткени ал улуу орус этносунун экиге ажырымдатышын баяндап турган жана ал ажырымдык кийин "эски адатчылардын" өзүнчө субэтнос болуп бөлүнүшүнө алып келди. Бара бара ал эски адатчылардын догматикалык биримдигинин изи да калган эмес. Алардын ичинде "попчулар" жана "попчул эместер" деген агымдар, андан кийинчерээк дагы башка "агымчаларга" бөлүнүп кетет. Бирок этнос бөлүнгөн жок. Белоруссияга шведдердин басып киришинде эски адатчылар-эмигранттар партизан кошуундарын түзүп, Леснойдун жанында Меншиковдун жеңишке жетишине бир кыйла жардам беришкен.

Ушундан улам улуу иштерди айрым пассионарийлер ишке ашырбай, пассионардык чыңалуунун деңгели деп атоого боло турган жалпы маанай турмушка ашырат десек болот. Бул көрүнүштүн механизмин Огюстен Тьерри француз этносунун уюткусунун жаралышына себепкер болгон Гуго Капеттин Каролингдерди жеңишин талдап чыгууда эң сонун көрсөткөн. "Кыймылга келген эл массасы өздөрүн ал кыймылга түрткөн күч жөнүндө ойлоп да койбойт. Алар максаттарын так аныктабай туруп эле аны көздөй инстинкттин козгоосу боюнча бара берет. Эгерде үстүртөн карасак, алар тарыхта аты калган кайсы бир жолбашчынын жеке кызыкчылыгы үчүн сокурларча ээрчип кете беришет деген ой жаратат. Ал эми жолбашчылардын ысымдары көп сандаган адамдарды өзүнө тартып турган борборго айлангандыгы үчүн белгилүү болуп чыга келет. Эл ал ысымдарды атоо менен ал ысым ошол учурда эмнени түшүндүрөрүн так билишет да, аны андан да тагыраак билүүгө кызыгышпайт"[15]. Ооба ошондой, бирок бул биз териштирип, карап чыккан окуялардын негизинде, тагыраак айтканда — анын тереңинде этникалык энергия толукшуп жатат. Андыктан Александр да, Сулла да, Ян Гус да, Аввакум да ар кайсы региондордогу жана фазалардагы ар түрдүү этногенездердин катышуучулары катары гана каралышы тийиш[16]. Ошентип биз жеке адамдын психологиялык бейнесин бөлүп кароо аркылуу жүрүш-туруш импульстары көрүнө турган чөйрө катарында этнопсихологияга туш келдик.

Этнография тарабынан жыйналган зор материал жалпылоону көптөн-көп талап кылып турат. Бардык глобалдуу материалды талдап түшүнүүгө жарактуу принципти издөө жагында көптөгөн совет этнографтары эмгектенүүдө". Албетте, ал принцип жаны болушу керек, антпесе аны алда качан эле колдонушмак, жана да ал универсалдуу болушу зарыл. Бул талапка этникалык коомдоштуктун жүрүш-турушуна табияттын таасиринин натыйжасы катары пассионардуулуктун реалдуу жашап турган көрүнүшү жооп бере алат. Бирок бул этносту "социалдык абал" катары түшүндүргөн көнүмүш концепцияга карама-каршы келет[17].

Эскирген жана туура эмес көз караштарды жактоочулук метафоралык деформацияга — индукциялык усулдун логикалык белгилүү каталыгына алып келет. Жаңы ойлорду, таасирлерди ж.у.с. жолуктурууда мээ окшоштуруунун буфердик процесстеринен тыныгуу издейт. Ал эми буфердик процесс кабылданган белгилүү нерселер менен жаңы белгисиз нерсенин ортосунда көпүрө түзөт, кийин ал жаңы белгисиз нерсе көнүмүш көрүнүшкө айланат. Ушул жол бизге жагат. Биз дагы бир жаңы кадам жасагыбыз келет. Бирок андан мурда жогоруда жасалган бүтүмдөрдү кыскача тыянактап алалы, себеби булар эми кийинкиге негиз болуучу жоболорго айланмакчы.

Чогултуубу же сарптообу?

Эсиңер дедир, үймөлөктөшкөн чегирткелер менен кен чыккан жердеги руданын массасын салыштыра отуруп В. И. Вернадский тирүү жандардын биохимиялык энергиясын ачкан. Чегирткелер аябай коп эле жана алар өлүмдү беттеп учуп баратышты. Аларды ага эмне түрттү? Мунун жообун табуу үчүн Жердин антиэнтропиялык касиетке ээ болгон катмары катары биочөйрө жөнүндө окуу түзүлгөн. Адамдар да биочөйрөнүн бир бөлүгү болуп саналат эмеспи. Демек, тирүү жандардын энергиясы ар кандай мүнөздөгү этногенездерге өбөлгө түзүп, биздин өз денебизден, бабалардын денесинен жана келечек муундардын денелеринен өтмө катар болуп өтүп турат. Ошондуктан биздин милдетибиз биз ачкан жана баяндап олтурган бул феномен этногенез менен этникалык тарыхтын жогоруда коюлган маселелерин кандайча чечерин көрсөтүүдө турат.

Этногенездин жогоруда баяндалган схемасы дискреттүү процесс катары тигил же бул региондордун ичинде этностордун пассионардык топторунун күтүлбөгөн жерден пайда болорун, бара-бара алардын сыртка тарап, этникалык системанын татаалдыгын жоготорун же аны түзгөн адамдардын таркап чачылып кетишин, же алардын байыркы этностун калдыгына айланарын болжолдойт. Көптөгөн локалдуу вариациялардын бар экенине карабай бул схема бардык жерлерде учурайт, андыктан аларды эң кур дегенде салыштыруу жолу менен болсо да түшүндүрүү талап кылынат.

Капилеттен түрткүгө дуушар болгон топту элестетип көрөлү. Түрткүнүн энергиясынын бир бөлүгү эң алды ал топту тынч абалдан козгоого, калганы анын кыймылына сарпталат. А кыймыл болсо топ токтогонго чейинки айлана-чөйрөнүн каршылыгын жеңүү менен аз-аздан жоголо баштайт. Ал эми топтун басып өтөр жолу анын өңгүл-дөңгүлдүгүнө, кандай тоскоолдуктарга учурарына, же бир чуңкурга түшүп кетишине ж.у.с. байланыштуу болот. Бул тажрыйбаны канча жолу кайталабайлык, кыймылдын принциби бирөө гана — түрткүнүн инерциясы, т.а. алынган импульстун энергиясынын сарпталышы болот.

Биочөйрөдө мындай түрдөгү көрүнүш сукцессия деп аталат. Сукцессиялар узактыгы, мүнөзү жана натыйжасы боюнча өтө ар түрдүү келет, бирок алардын баары алдын ала белгиленген окшош көрүнүшкө — инерциялуулукка ээ, бул көрүнүш адамдарда пассионардык импульсту сарптоо катары көрүнүп турат. Бул болсо адамзатты биочөйрөнүн ар кандай башка көрүнүштөрү менен жакындаштырат. Ал эми адамга гана тиешелүү болгон социалдык жана маданий түзүлүштөр башка мүнөздөгү кыймылга ээ. Ошентип этностун феномени кыймылдын эки формасынын кырында турат.

XXIV. ПАССИОНАРДЫК ЧЫҢАЛУУ

Пассионардуулуктагы биохимиялык маселе

Ар бир адам жана ар бир жамаат биочөйрөнүн бир бөлүгү жана коомдук түзүлүштүн курамдык элементи экени ырас, ошентсе да материя кыймылынын бул формаларынын өз ара байланышынын мүнөзү дагы тактоону талап кылат. Алдыга коюлган максатка жетүү жана маселени чечүү үчүн цивилизациянын ээси бөлгөн адамдын жаратылыш чөйрөсү менен өз ара карым-катыш проблемасына "этнос" деген түшүнүк киргизилди, анткени бул түшүнүк өзүнө окшош бардык жамааттарга өзүн карама-каршы койгон жана ар бир учурда өзгөчөлүү келген, ички структурасы бар жана жүрүш-туруштун динамикалуу адаттарына ээ бөлгөн адамдардын жамаатын билгизет. Табият чөйрөсү менен адамзаттын байланышынын өзүнө гана таандык варианттары дал ушул этникалык жамааттар аркылуу ишке ашырылат. Бирок бул жерде табигый жана социалдык көрүнүштөрдүн карым-катышынын чектери жөнүндө маселе пайда болот. Албетте, табияттын техночөйрөдөн сырткары жактарда үстөмдүк кылып турганы айдан ачык нерсе, бирок анын адамдардын денесинде да бар экенин унутпоо керек. Физиология (анын ичинде патофизиология) организмдин нерв жана гормоналдык ишмердүүлүгүнүн продукциясы катары психология менен тыгыз байланышта турат. Йоддун жетишсиздиги келесоолукка алып барат; адреналиндин бөлүнүшү ачуулануу жана коркууну пайда кылат; жыныс бездеринин гормондору сүйүү лирикасын жана сентименталдык махабат сезимин козгойт; химиялык аралашмалар допинг катары спортсмендердин күчүнө күч кошмок түгүл, психикалык абалына да таасир көрсөтөт; банги заттар бүтүндөй бир элдердин тукумун бузат ж.у.с. Адам денесиндеги материя кыймылынын коомдук көрүнүштөрүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү биологиялык, биохимиялык жана биофизикалык мыйзам ченемдүүлүктөр менен чырмалышып тургандыктан, алардын чектерин так аныктоонун зарылдыгы талашсыз нерсе.

Эгерде муну бир адамды изилдөө аркылуу ишке ашыруу кыйын бөлсө, анда изилдөө бирдиги катары жогорку деңгелдеги системаны — этносту алган жеңилирээк, себеби бул учурда талдоолордо сөзсүз пайда болуучу каталыктар өз ара бири экинчисин жоюп же толуктап турат. Албетте, өткөн доорлордо жашаган адамдардын пассионардуулугун баяндап жазуу кыйын, ал эми аны эсептеп чыгуу андан бетер кыйын. Бирок муну чечүүнүн башка дагы бир жолу бар. Этникалык жамаат аткарып жаткан жумуш пассионардык чыңалуунун деңгелине түздөн-түз пропорциялуу келет[18]. Демек, этностун тарыхындагы окуялардын санын эсептөө менен биз чыгымдалган энергиянын жыйынтыгын ала алабыз. Мунун негизинде энергиянын акыркы дүрмөтү жөнүндө, т.а. пассионардуулуктун деңгели жөнүндө бүтүм чыгаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болобуз.

Пассионардуулук мажбурлаган жорук-жосундар жеке адамдын же түрдүн өзүн өзү сактоого болгон жалпы адамзаттын инстинктине байланышкан демейки кылык-жоруктан оңой эле айырмаланып турат. Андай кылык-жоруктар сырткы дүүлүктүргүчтөр тарабынан, айталы, башка уруу басып кирип келгенде пайда болуучу таасирлерден кем эмес айырмаланып турат. Мындай таасирлерден улам пайда болуучу жорук-жосундар эреже боюнча кыска мөөнөттүү келет да, ошондуктан натыйжасыз болот. Ал эми пассионарийлер кээде өзүнө тынчтык бербеген тиги же бул максатка жетүү үчүн бүт өмүрүн арнайт. Мына ушунун өзү тигил же бул доорду пассионардуулуктун көз карашынан аныктоого мүмкүнчүлүк берет. Өзүбүз изилдөөгө алган этностун этногенезинин ар кайсы фазаларын ушул кез караштан мүнөздөө менен биз пассионардык чыңалуунун мүмкүн болушунча жакындатылган математикалык ийри сызыгын түзөө

керектүү маалыматтарды ала алабыз, а эгерде ар кандай этностор, айрыкча суперэтностор үчүн ушундай эсептелер бар болгон учурда биз этногенездин жалпы мыйзам ченемдүүлүгүн баамдай алабыз. Демек, бул мыйзам ченемдүүлүктү баамдоо үчүн окуялардын тарыхын мыкты билүү абзел, анткени тарых коомдук мамилелер жөнүндөгү илим катары бул мыйзам ченемдүүлүктү эмес, деги эле башка мыйзам ченемдүүлүктү — материя кыймылынын коомдук формасына мүнөздүү болгон ички өнүгүүнү чагылдырат.

Мында материя кыймылынын коомдук формасынын өзүнөн өзү өнүгүүсү жөнүндөгү идеяга Homo sapiens түрүнүн ичинде вариация катарында этногенезге мүнөздүү болгон, бара-бара токтоп кала турган инерциялык кыймыл жөнүндөгү концепцияга каршы коюунун жөндүүлүгүнөн шек туулушу мүмкүн. Ооба, адамдын биологиялык өзгөрүшү биочөйрөнүн жандуу заттарынын энергиясынын олку-солку болушуна жана пассионардык чыңалуунун таасирине байланыштуу эместей сыяктанат. Бирок мындай учурда тиги же бул шарттарга көнүгүүнүн оптималдуу даражасы өнүгүүнүн бардык түрлөрүн туюкка алып барып кептемек, мунун натыйжасында популяция толук түрдө тукум курут болор эле. Анткени түр (же этнос) физиологиялык жана экологиялык жактан өзүн кайра түзүү үчүн мурда өнүгүүнүн жүрүшүндө ээ болгон органынан (көнүмүш адаттарынан) баш тартышы керек, т.а. ошол өзү кептелген туюктуктан артка кадам жасап, жаңы жол издеши зарыл. Же тетирисинче, чөйрөнүн шарттарына карабастан мутациянын пайда болушу, башкача айтканда — эксцесс популяцияга мажбурлоо түрүндө таасир берип, анын өзгөрүп кеткен бөлүгүн өзүнүн өткөндө жоготкон бейишин — гомеостазын табуунун жолдорун издөөгө аргасыз кылат. Гомеостаз илгери Овидийге да "алтын кылым" катарында көрүнгөн.

Схемадагы этникалык системанын көп вектордуулугу

Пассионардык чыңалуусуз этногенез болбойт жана болушу да мүмкүн эмес, ошондуктан пассионардуулукту этногенездин зарыл элементи катары эсептөөгө болот, көркөмдөп айтканда, аны кашаанын сыртына чыгарганыбызда анын ичинде тигил же бул этностун локалдык белгилери сакталып калат. Бардык процесстерге жалпы бирдей болгон дал ушул белги мыйзам ченемдүүлүктөрдү ачып көрсөтүүдө өзгөчө маанаге ээ.

Ошентсе да, пассионардуулукту көрүнүш катары эч ким көрө алган эмес жана көрө да албайт. Андыктан, биз пассионардуулукту анын таасиринин натыйжалары боюнча гана мүнөздөй алабыз. Бирок эң башкы кыйынчылык мында эмес, ал кыйынчылыктар этностун пассионардуулугу жараткан ар башка багыттагы доминанттарды кандайча түшүнүү жана кандайча эске алуу керек экендигинде турат. Эгерде этносту бир нече күчтүн таасири тие турган физикалык телого салыштыра турган болсок, анда ушул күчтөрдүн жалпы суммасы вектордуу болот: F=F1|+F2+Fз+F4+F5=0 Кыймылдын байкоого мүмкүн болуучу чыныгы натыйжасы бул күчтөрдүн арифметикалык эмес, вектордук суммасы менен аныкталат, т. а. тело жогору багытка кыйшаюу менен оң тарапка кыймылдайт. Эгерде аны түзгөн: F1, F2, Fз, F4 алынып ташталса, анда тело F| тарапка умтулуучу зор ылдамдыкка ээ болот, т.а. F1 мурдагы F менен салыштырганда чоң болгондуктан, ылдамдыктын натыйжасы да жогору болот. Демек, бул учурда ылдамдоо күчтүн бөлүктөрүнүн көбөйүшүнөн эмес, алардын азайышынан улам жаралат, анткени жыйынтык берүүчү күч көбүрөөк, мына ошондуктан натыйжа да бир топ сезилерлик болот.

Эми муну мисалдар аркылуу түшүндүрүп көрөлү. Б.з. VIII—V кылымдарда Элладада пассионардуулук ашып-ташып турду. Согуш кемелери Жер Ортолук деңизи менен Кара деңиздин толкундарын жиреп, онду-солду сүзүп, эллиндердин

колониялары Кавказдан Испанияга чейинки аралыкка созулду, Иония менен Улуу Грециядa (Италиядагы) метрополияга караганда көп эл жашады. Анткени менен эллиндер өз карамагындагы жерлерди көзөмөлдөй албай калышты. Ар бир эл ал кезде эркиндикти өмүрдөн да артык көрүп, баш ийүүнү кулчулук деп билишкен.



Кееркстин жортуулу учурунда фессалиялыктар менен беотиялыктар өздөрүнүн эллиндер экенине жана өлүм коркунучуна карабай перстер тарабында согушкан. Бул жоругу үчүн алар ырайымсыз жабыр тартышты. Платеянын жанындагы салгылаштан кийин афинылыктар менен спарталыктар колго түшкөн пестерди тирүү калтырып, грек-персофилдерди бирин калтырбай кырып салышкан.

Бирок Пелопоннес жана Фивы согуштары Элладаны алсыраткан соң гана күчтөрдү бириктирүүгө жана Персияга Александрдын жортуул жасашына мүмкүнчүлүк түзүлөт. Эллинизм тараган жерлер эллиндиктер жашаган жерлерден бир топ кеңири болуучу жана бул ийгилик Элладанын пассионардуулук деңгелинин жалпы төмөндөшүнүн эсебинен, өлкөдөгү биринчиликти Македония менен бир катарда Этолия жана Ахайя өңдүү маданий жана экономикалык жактан ото эле артта калган аймактар талаша баштаган мезгилде мүмкүн болду. Ал кезде бул аймактар күчтөнүп кеткен эмес, Афины, Фивы жана Спарта алсызданып калгандыктан ушундай абал түзүлгөн. Башкача айтканда, система катары Элладанын жалпы кубаттуулугу төмөндөп, ушундан улам ал Римдин жеңил олжосуна айланган. Ага карабай эллиндердин мурдагы потенциалдуу күч-кубаттуулугунун күүсү римдик төрөлөрдүн эллин маданиятына тартууга мүмкүндүк берген болсо да, эллиндердин күч-кубаты андан ары алсырай берип, эллиндердин калдыгы б.з. I кылымындагы пассионардык түрткүнүн таасири менен толук өзгөрүлүп кеткен византиялык гректердин уюткусуна айланганга чейин уланган. Бул эми дегеле башка процесс.

Ошентип, өзгөрүүлөрдү эсепке албастан жүргүзүлгөн жөнөкөй байкоолор көпчүлүк учурда натуура жыйынтыктарга алып келет. Мындан пассионардык чыңалуунун начарлашы жогорулоо катары кабыл алынат, себеби начарлоодо да, жогорулоодо да көп сандагы иштер жүзөгө ашырылат; аз сандагы "улуу иштер" пассионардуулуктун төмөнкү жана салыштырмалуу жогорку деңгелдерине бирдей мүнөздүү келет, анткени пассионардуулуктун жогорку деңгелдеги учурунда ар багыттагы күчтөр тең салмактанып, убактылуу туруктуулукка ээ болушу мүмкүн. Ошондуктан этностун жашоо-турмушунун айрым учурларын эмес, процессти бүт толугу менен изилдөө зарыл. Ошондо гана пассионардуулуктун артып же азайып жатканы билинет.

Жүрүш-турушту аныктоочу көрүнүштөрдүн көп фактордуулугуна байланыштуу жеке бир адамды өтө кылдаттык менен изилдөөдө айырмалап билүүгө мүмкүн болбогон нерселер адамзат тарыхында орун алып турган чоң жамааттардын ишмердүүлүгүн статистикалык изилдөөдө ачыкка чыгат. Биринчиден, анча маанилүү эмес факторлор өз ара бири экинчсин толуктайт; экинчиден, тарыхый процесстер абсолюттук убакыт, ал эми биологиялык же геологиялык процесстер салыштырмалуу убакыт менен белгиленет. Мына ошондуктан тарых гана табигый илимдерге абсолюттук хронологияны тартуулай алат жана анын ордуна алардын эмпирикалык жалпылоонун ыкмаларын алат, натыйжада табигый илимдердин усулун колдонуу менен гуманитардык материалдарды иштеп чыгуучу этнология илими пайда болот.

Пассионардуулуктун негизин бир ген же бир нече гендердин айкалышы түзөбү же жокпу, бул белги рецессивдүүбү же доминанттуубу, ал организмдин

нервдик же гормоналдык ишмердүүлүгү менен байланышканбы же жокпу, муну биз так кесе айта албайбыз. Бул суроолорго башка илимдердин өкүлдөрү жооп берүүгө тийиш. Биз алдыбызга койгон маселе — этнологиялык маселе болуучу, биз аны аткардык. Натыйжада биз антропочөйрөнүн коомдук өнүгүшү менен катар анын биогеографиялык өнүгүшүн таптык жана анын пайда кылуучу себепти да ачып бердик. Ал эми пассионардуулуктун манызын жана анын биочөйрөнүн башка элементтери менен болгон байланышын төмөндө карамакчыбыз.

Пассионардык индукция

Пассионардуулук маанилүү өзгөчөлүккө ээ: ал жугуштуу келет. Бул, демек, гармониялуу өнүккөн (андан да жогорку даражада импульсивдүү) адамдар пассионарийлерге түздөн-түз жакын аралыкта болуп калганда өздөрүн пассионардуу адамдардай алып жүрүүгө аракеттенишет дегенди билдирет. Ал эми алар пассионарийлерден жетишерлик аралыкка алыстаары менен өздөрүнүн мурдагы табигый психоэтникалык көнүмүш абалдарына кайрадан ээ болушат. Бул жагдай атайын түшүндүрбөсө да кеңири белгилүү жана ал негизинен аскер иштеринде эске алынып жүрөт. Аскерий тармакта пассионарийлерди же интуитивдүү түрдө аныкташып тандап алышат да, алардан тандалмалуу, сокку уруучу бөлүктөрдү түзүшөт, же аларды жаңы чакырылгандардын арасына кошуп, "жоокердик духту" көтөрүп, шыктандыруу үчүн пайдаланышат. Экинчи учурда эки-үч гана пассионарий бүтүндөй бир ротанын согушуу жөндөмдүүлүгүн жогорулата алат деп эсептелинет. Бул чынында эле ошондой.

Ф. Энгельс өзүнүн "Атчан аскерлер" деген макаласында атчан аскерлердин эки бөлүгүнүн бетме-бет туруп согушуусу өтө сейрек кездешет деп жазат[19]. Адатта алардын бири кармаш башталгычакты эле орукту (тыл) согушка кийирет, т.а. "моралдык фактор, эр жүрөктүүлүк бул жерде материалдык күчкө айланат" (dash) ал эми капыстан чабуул коюу чечүүчү учур болуп саналат, мындай салгылашта жоокер жеңишти өз жанынан жогору коёт.

Арийне, полктогу атчан жоокерлер психикалык касиеттери боюнча бири бирине деги эле окшошушпайт, ага карабай полк согушуу маалында бир бүтүн топ катарында шайкеш аракеттенишип, өзүн аздыр же көптүр пассионардуу алып жүрөт. Полктун пассионардуулугу жеңишти өз жандарынан жогору баалаган адамдардын кайратына жараша аныкталат, ал эми пассионардуулугу аз жоокерлер адатта көбүрөөк курман болушат,анткени атчан жоокерлер качып жөнөгөндөрдү кууп, оңой эле кылыч менен чаап салышат. Бир нече жүз адамды "электрлештирүү" индукция жолу менен, т.а. жеке бир кишинин пассионардуулугунун күүсүнүн экинчи бир кишиге таасири тийип, жалпы жоокердик кайрат-күчтү пайда кылуу жолу менен ишке ашырыларын эске алалык. Буга окшош көрүнүштүн логикалык уландысы катары пассионардык талаа (электр- магниттик талаа өңдүү) жөнүндөгү божомолду алсак болот. Бул пассионардык талаа анын ошол эле полктогу адамдардын ар биринин жеке психологиясына салыштырганда топтун психологиясына тийгизген таасири таптакыр башкача касиетке ээ.

Мындай таасир көрсөтүүнүн мааниси "баатыр жана топураган эл" теориясынан айырмаланып, аскер бөлүгүн баатыр адамдын башкарганында эмес, жоокерлердин арасында пассионардуу, бирок башка эч кандай артыкчылыгы жок бир нече адамдын бар болушунун натыйжасында ал аскерий бөлүктүн, Энгельс белгилегендей, зор кайрат менен чабуулга өтүүчү кубатка ээ болгондугунда. Бул кээде өтө дараметсиз колбашчыны да жеңилүүдөн куткарып кетет. Мисалы, Бенигсендин, Витгенштейндин жана Блюхердин талантын Наполеондун таланты

менен салыштыруу эч кимдин оюна келбейт, бирок, 1813—1814-жылдарда орус, англис жана прусс аскерлеринин ташкындаган жоокерлик кайраты француздун муру- туна устара тие элек жаш балдарынан түзүлгөн аскеринин кайратынан оголе күчтүү болгон.

Мындагы башкы нерсе, ушундай кескин оор учурларда адамдардын аң-сезимине таасир көрсөтүүдөн, т.а. аларды акыл-эстүүлүккө чакырып, ыкка көндүрүү аракетинен, эреже катары, эч кандай натыйжа чыкпагандыгында турат. Мындайда эч бир далил жардам бере албайт. Жеңишке мына эми жетебиз дегенде теңсиз согушка туш келип, айласы түгөнгөн Ганнибалдын трагедиясын эске түшүрүп көрөлүчү. Каннынын жанындагы салгылашуудан кийин Римди басып алып, Карфагенди сактап калыш үчүн ага анча чоң эмес толуктоо -жөө аскерлердин чакан кошууну керек болгон. Карфагендин аксакалдар кеңешинде Ганнибалдын элчи-чабармандары жана Барк фамилиясын жактоочулардын келтирген далилдери өтө ынанымдуу болгонуна карабай уккусу келбеген — укпайт, түшүнгүсү келбеген — түшүнбөйт дегендей болуп, Ганнибал тийиштүү толуктоо ала алган эмес. Карфагендин аксакалдары колбашчыга: "Сен ансыз да жеңип жатпайсыңбы, сага дагы аскерлердин керегине?" — деген жооп жөнөтүп, өз неберелеринин өлүмүнө себепкер болушкан.

Арийне, карфагендик бийлик ээлери акылсыз же коркок болушкан деп айтууга себеп жок. Бирок сыртта жүргөн Ганнибалдын таасири аларды козгой албады. Ал эми Ганнибал жеңилип өз шаарына кайтып келген учурда анын кадыр-баркы ушунчалык чоң болгондуктан, кечээги кудурети күчтүү атаандаштары ага баштарын ийип, урмат көрсөтүүгө аргасыз болушкан. Рим сенатынын ультиматуму гана Ганнибалды ата мекенин таштап чыгып кетүүгө мажбурлаган. Өзүн курмандыкка чалуу чечимин да Ганнибал өзү кабыл алган, себеби сенатка каршылык көрсөтүү кажетсиз эле.

Дагы бир мисалды бу саам адабият тарыхынан келтирели. 1880-жылы 8-июлда өткөн Орус көркөм чыгармачылыгын сүйүүчүлөрдүн коомунун жыйынында Ф. М. Достоевский Пушкин жөнүндө сөз сүйлөгөн. Ага катышып отургандардын айтуусуна караганда, анын сөзү зор ийгиликке ээ болгон экен. Анткени менен ал сөздү кагаз бетинен окуганда анча таасир калтыра албайт. Ал "Бир тууган Карамазовдордун" бир да бабына тең келе албайт. Кейпи, ал жыйынга Достоевскийдин өзүнүн түздөн- түз катышып олтурганы анын сөзүнүн угуучуларга таасирдүүлүгүн ого бетер күчөткөн болуу керек.

Пассионардык индукция бардык жерде байкалат. Мындай өзгөчөлүк айрыкча биздин мезгилде, музыка же театр сүйүүчүлөр Консерватория менен МХАТтын эшиктеринде топтошуп турганынан ачык байкалат. Анткени алар пьесаны телевизор же радио аркылуу көрүп же укканда алган канааттануу театрдын залында отуруп алган канааттанууга жетпесин эң жакшы билишет. Бул мисал этногенез корүнүшүно салыштырганда өтө майда-барат нерседей көрүнөт, бирок бул эки көрүнүштө тең бир эле мыйзам ченемдүүлүк бар.

1796-жылы Аркол көпүрөсүндө болгон согуш пассионардык индукциянын эң ачык мисалы боло алат. Австрия менен Франциянын армиясын көпүрө салынган, суусу анча терең эмес, бирок сормо саздуу дарыя бөлүп турду. Бул көпүрө аркылуу француздар үч жолу чабуулга өтүп, үч жолу Австриянын замбиректеринин огуна кабылып артка чегинишет. Акыры айла кетип, жоокерлерди чабуулга көтөрүүгө мүмкүнчүлүк калбай калганда генерал Наполеон Бонапарт тууну колуна алып, алдыга карай чуркап жөнөйт. Анын артынан магнитке тартылган темирдин күкүмүндөй болуп бүт гренадёрлор көпүрөгө агылат. Алдыңкы катар кайрадан артиллериянын огуна кабылат, бирок кийинкилери австриялык замбиректерге чуркап жетип, замбирекчилерди жок кылууга үлгүрүшөт. Ошондон кийин француз армиясы бүт бойдон көпүрөдөн өтүп, жеңишке жетишет. Наполеонду

чабуулдун башталышында эле көпүрөдөн сууга түртүп жиберишкендиктен гана аман калат[20].

Эми бул мисалды өзүбүз кабыл алган көз караш аркылуу талдоодон өткөрүп көрөлү. Италияга жиберилген армия ал кезде согушка катышып жаткан француз армияларынын арасында эң начары эле. Ал Франциянын түштүгүндөгү париждиктер тарабынан бир нече жолу алсыратылып, тебеленип-тепселген дыйкандардан түзүлгөн жана өтө начар үйрөтүлгөнү аз келгенсип, өтө начар камсыздандырылган армия болуучу. Алар аскерий кесиптин ыгын билбеген, шалакы, демилгесиз адамдар болушкан. Бул армиянын интенданттары жеткен алдамчылар болгондуктан, алардын көпчүлүгүн уурулук кылгандыгы үчүн Наполеон жүрүш башталар алдында аттырып салат. Демек, жоокерлердин пассионардуулугунун пайызы жокко эсе болуп, аларга каршы Габсбург монархиясынын эң мыкты аскер бөлүктөрү жиберилет. Ошентсе да французлар төрт чоң беттешүүдө жеңип чыгышат (Лодиде, Кастильондо, Арколдо, Риволиде), анткени чечүүчү учурларда Наполеон аларга сүрөөнчүлөп кайрат берип (тагыраак айтканда — шыктандырып) турат. Анын каршысы генерал Альбинци өз жоокерлерин Бонапартча шыктандыра алган жок. Андан бир топ убакыттан кийин шыктануунун күчү кайтып кеткенде Суворов өзүнүн үч жолку салгылашта (1799-жылкы Аддеде, Треббиде жана Нованын жанында) французлардын Италиядагы ийгиликтерин жокко чыгарат. Мында француз генералдары — Журденди, Макдональдды жана айрыкча Морону күнөлөөгө дегеле болбойт. Алар өз иштерин жакшы билишкен, а бирок өтө катуу аракеттенишкен эмес. Анткени менен Суворов да Бонапарт сыяктуу өзүнүн ташкындаган кайраты менен орустарга гана эмес, чет элдик жоокерлерге да таасир берген. Бирок ал гофкригстратка таасир эте албады, анткени ал Венада мажлис өткөрүп жаткан болуучу, ал эми пассионардык индукция үчүн белгилүү бир жакын аралык талап кылынат; жүздөгөн чакырым аралыктан ал сезилбейт.

Швейцариялык согуш кампаниясында жеңилип калса да, баатырдык менен чегинип кеткен Суворов Венага келип, театрга кирип, анда отургандарга амандык тилеп, батасын бергенде бир да адамга мунусу күлкү келтирерлик же орунсуз жорук катары сезилген эмес. Тескерисинче, Суворовду императордук урмат-сый менен тосуп алышкан. Кантсе да, түштөн кийин мындай урмат-сый көрсөткөндөн көрө жарым жыл мурдараак анын аракеттерин кысымга албаганда жакшы болмок.

Жогорудагы мисалдарга ушунчалык кеңири токтолгонубуздун себеби буларга окшош көп сандаган окуяларды эске салып, убакты коротпойлу дедик. Ырасында да, өнүгүп келаткан бардык этностордун бүткүл саясий жана аскерий тарыхы гармониялуу адамдардын тобун кыймылга келтирүүчү пассионардык индукциянын тиги же бул варианттарынан турат.

Бул варианттар ар мүнөздүү бөлөт, анан да мында этникалык жакындыктын даражасы чечүүчү учур болуп саналат. Суворов орус аскерлеринин кайрат-күчүн патриотизмдин духу аркылуу өтө жогорку деңгелде көтөрө алганы менен, ошол эле учурда өзү жетектеген венгер, тирол, хорват, чех жоокерлерине таасир этүүсү анча болгон эмес. 1812-1813- жылдардагы согуш кампаниялары көрсөткөндөй Наполеон өз карамагындагы вестфалиялык, саксондук, голландиялык жана неополитандык жоокерлерге караганда француз жоокерлерине күчтүүрөөк таасир эткен. Ушундан улам, бардык башка бирдей шарттарды эске албаганда, пассионарийлер менен гармониялуу адамдардын этностору бири биринен канчалык алыс турса пассионардык дүүлүгүүнүн жаңырыгы ошончолук аз сезилет деп айтса болот. Бул абал пассионардуулукту белги катары караган маселе менен этникалык бир бүтүндүктүн мааниси жөнүндөгү маселени кайрадан жакындаштырып отурат. Бирок канткен менен да жаңырык индукция сыяктуу

эле энергетикалык түшүнүк болуп саналат. Этноско алар канчалык деңгелде колдонулушу мүмкүн?

Жогоруда биз этногенездин бардык процесстери адамдардын анча чоң эмес топторунун баатырдык, айрым бир убактарда курмандыкка баруудан баш тартпаган кылык-жоругунан жана ал адамдарды курчаган көпчүлүктүн аларга ак дилинен кошулушунан башталаарын көрдүк. Албетте, тиги же бул адам ишенбөөчүлүк же өзүмчүл мамиледе турушу мүмкүн, ага карабай өзүнүн көз алдында жаралып жаткан системага анын өзү кирери менен анын жеке кулк-мүнөзү анчалык маниге ээ болбой калат. Жалпыга белгилүү бул көрүнүш биз белгилеп отурган пассионардык индукцияны жана пассионардуулуктун жаңырыгын түшүндүрөт. Индукция менен жаңырык пассионардуулуктун таасири тийген адамдарды "тукургуч" болуп саналган органикалык пассионарийлердин маанисин түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Булар бири экинчиси менен байланышып турбаса пассионардык индукциянын күчү жоголуп, жаңырыктын күүсү токтоору менен туш тарапка чачылып кетет. Адатта бул өтө тездик менен болуп өтөт.

Пассионардуулукту жоготуп коюунун себептери

Мына ошентип, ар бир этногенез — системанын өз пассионардуулугун азбы же көппү ургаалдуу түрдө жоготушун, т.а. пассионарийлердин жана алардын генинин тукум курут болушун билдирет. Айрыкча, мындай абал өтө оор согуштардын натыйжасында пайда болот, анткени пассионардуулукка ээ болгон көпчүлүк жоокерлер жаш курагында курман болуп, тукумуна өз сапаттарын калтырууга үлгүрбөй калат.

Баарынан кызыгы, пассионардык чыңалуунун төмөндөп кетиши согуш менен гана байланыштуу болбойт. Мындай болгондо пассионардык төмөндөөнү өз жамаатынын жашоо салтанаты үчүн өзүн өзү аянбай курмандыкка чалган адамдардын өлүмү менен оңой эле түшүндүрсө болор эле. Бирок пассионардуулук өтө бейпил мезгилдерде да токтоосуз, болгондо да катаал мезгилдердегиге караганда бир кыйла ылдамыраак төмөндөйт. Ошондуктан этнос үчүн эң коркунучтуу абал — тынч турмуштан дароо коргонууга өткөндө, коңшу этностун кысымына каршы күрөштө жаралат, анткени мындай учурда этнос тукум курут болбогон күндө да, ага өтө оор азап-кайгыларды башынан кечирүүгө туура келет. Муну социалдык себептер же факторлор менен түшүндүрүү мүмкүн эмес, эгер активдүү пассионардуулукту укум-тукумга мурасталуучу белги катары карай турган болсок, анда баары түшүнүктүү болуп чыга келет.

Согуш мезгилдеринде аялдар салгылашууга аттанган баатырларды дайыма баалап-баркташып узатышкандыктан ал баатырлар апаатта курман болгучакты тукум калтырууга үлгүрүшөт. Албетте, алардын баары эле мыйзамдуу нике боло бербейт. Балдар чоңойгон кезде өз атасын билбегенине карабай мурастап калган кыял-жорукту уланта беришет. Же тескерисинче, тынч мезгилдерде токтоо жана тыкан бүлө көр адамдар идеалга айланып, пассионарийлер турмушта өз ордун таба албай калышат. Так ушундай жагдайды — селки революционерге да, артистке да караган

да бай помещикти артык көргөндүгүн И. А. Гончаров өзүнүн "Жар" аттуу романында сүрөттөйт.

Ушундай эле мыйзам ченемдүүлүктү биз аялдар укуксуздай көрүнгөн, эркекке көп аял алууга уруксат берилген өлкөлөрдүн мисалдарынан байкайбыз. Халифаттын жана Осмон-Түрктөрдүн доорунда арабдар көп аял алуунун эсебинен тукумун көбөйткөн. Гаремдерди толуктоо үчүн кыз- келиндерди салгылаштарда туткундап келишип, аларды аскерий олжолордун же каратылып алынган өлкөлөр төлөөчү алымдардын эсебинен багышкан. Өзүнө улутташ кызга үйлөнүү өтө

кымбатка турган, анткени ага төлөнүүчү калың кокустан ал жесир калса үй-бүлөнү багууга жете турган өлчөмдө төлөнгөн. Ошондуктан анча бай эмес бедуиндер бир эле аял менен жашашкан. Баса, ал аял ажырашууга укуктуу болгон, себеби никелешүү христиандык Европадагыдай кудайдын буйругу менен болгон нике эмес, жөнөкөй эле гражданд ык жөрөлгө болгон. Мына ошентип мусулман мыйзамы — шарият — аялга өз көңүлүнө жаккан күйөөгө турмушка чыгууга тыюу салган эмес, ал эми аялдын көңүлүнө олжолуу баатыр же өз үйүндө баркерчиликти камсыз кыла алган иштерман кожоюн жаккан. Кандай дебейли, Батышта да, Чыгышта да көпчүлүк учурда коомго тоскоол болгондон башка пайдасы жок пассионарийлер бейпил доорлордо артына мыйзамдуу тукум калтыра алышпай өлүп жок болушкан. Алардын жок болуп кеткенин көпчүлүк сезген да эмес. А бирок этносту сырттан урулган сокку титиреткен мезгилде гана орду толгус жоготуу болгону билинген. Так ошол учурда обскурация фазасы, т.а. өлүм алдындагы жан далбастоосу башталат. Ошондуктан биз этникалык процесстер социалдык процесстердин бир түрү эмес деп далилдүү айта алабыз. Ырас, бул эки көрүнүш үзгүлтүксүз эриш-аркак аракеттери аркылуу тарыхый географиянын көп түрдүүлүгүн жаратат жана бул көп түрдүүлүктүн ичинде тигилери да, булары да байланыштарын даана көрсөтөт.

Ошентип, пассионардуулук дегенибиз — жөн гана "жаман өнөкөт" эмес, маанилүү тукум куучулук белги болуп саналат, ал белги этникалык субстраттардын жаңы айкалыштарын пайда кылып, аларды жаңы суперэтникалык системаларга айландырат. Эми биз анын себебин кайдан издөө керектигин билебиз: мында айрым адамдардын аң-сезимдүү ишмердүүлүгү менен экологиянын тиешеси жок болуп чыкты. Демек, аны жалгыз адамдын эмес, жамааттын интуициясынын кеңири чөйрөсүнөн издөөбүз керек. Анан да пассионардык түрткүнүн күүлөнүү күчүнүн таасиринин узактыгы кылымдар менен ченелет. Мына ошондуктан, пассионардуулук -биологиялык белги болуп саналат, ал эми тынч абалды ордунан козгогон алгачкы түрткү болсо — арасында кайсы бир сандагы пассионарийлер бар жаны муундун жаралышын билгизет. Андай адамдар көнүмүш болуп келаткан абалды бузат, анткени алар өздөрүн ээликтирген максатсыз, ыпырсыган күндөлүк көр турмуш менен чектелип жашай алышпайт. Айлана-чөйрөгө каршылык көрсөтүү зарылчылыгы аларды баш коштуруп, шайкеш аракеттенүүгө мажбурлайт. Алар жашаган доордун коомдук өнүгүү деңгелине жараша тигил же бул социалдык формага тезинен ээ болуучу алгачкы консорция ушундайча пайда болот. Пассионардык чыңалуу жараткан активдүүлүк ыңгайлуу кырдаал түзүлгөн кездерде бул консорцияны өтө оңтойлуу абалга ээ кылат, ал эми бытыранды пассионарийлерди "же уруудан кууп жиберишкен же жөн гана өлтүрүп салышкан"[21]. Мындай мамиле байыртадан баштап бардык доорлордо учурайт. Болжолу менен таптык коомдо да абал ушундай эле болгон. Муну Пушкин да белгилеп "... орто- заар болуу гана биздин колубуздан келет, бул таң калаарлык эмес...", — деп жазган ("Евгений Онегин", 8-бап, IX).

Туптуура! Пассионарийлер бүлгүнгө көп учурайт. Эгерде алар эч нерсе жасаганга үлгүрбөй биринин артынан экинчиси өлүп жок болуп турганда, анда биз алигечекти ымыркайларды курмандыкка чалып, карыларды өлтүрүп, өлгөн душманыбыздын этин жеп, досторубуз менен туугандарыбызды сыйкырлык менен алсыратып, жапайычылыкта жашай бермекпиз. Анда пирамидалар да, Пантеон да курулмак эмес, Америка "ачылбай", тартылуу күчүнүн мыйзамы белгисиз бойдон калып, космоско учуу да болмок эмес. Бирок булардын баары азыр бар жана алар палеолит мезгилинен баштап эле топтоло баштаган. Эгерде пассионарийлер болбогондо Жер жүзүндө азыркы француздар, англистер,

орустар жана д.у.с. улуттар жашабай, аталыштары алда качан унутулган шумерлер, пикталар ж.б. жашап турмак.

Этногенездин акыркы фазаларында пассионарийлердин саны азайып, алардын өз ара жана топураган эл менен байланышы үзүлө баштаган мезгилде алардын өмүрү өтө кайгылуу аяктайт. 1203-жылы Византия дал ушундай болгон. Крест алып жүрүүчүлөрдүн 20 миң адамдан турган чакан кошууну кулатылган императордун уулун такка отургузуу үчүн Константинополь сепилине жакын келишет. Ошондо гректер 70 миң жоокерди беттешүүгө алып чыгууга мүмкүнчүлүктөрү бар эле, бирок алар сепилди коргоого чыгышкан варягдардын кошуунун жана эр жүрөк адамдарды колдоосуз калтырып, каршылык көрсөтүшпөй тек туруп беришет. Шаар эки жолу, 1203-жылы 18-июнда жана 1204-жылы 12- апрелде басылып алынат. Акыркы жолу шаар өтө катуу кыйроого учурап, таланып-тонолот. Крест алып жүрүүчүлөр бул чабуулда... бир гана рыцарынан ажырайт! Эмне демекпиз, пассионарийлер согушта каза табышты, калганы өздөрүнүн өрттөнгөн үйлөрү менен кошо өрттөнүп өлүштү. Коркоктук эч кимдин жанын сактап кала албайт. Чындыгында каршылык көрсөтүүгө жарамдуу күч бар болучу. Аман гана калбай, жеңип чыгууга да мүмкүнчүлүк бар эле. Ошентип, качан гана провинциялар согушка киргенде жеңиш камсыз болуп, Константинополь бошотулат, бирок 1453-жылы ал кайрадан так ушундай эле кырдаалда жеңилип калат. Кайрадан эле жеңгендерге өздөрүнүн башын кыя чабууга үндөбөстөн макул болгон көптөгөн адамдар кала берди. Деги булар эмне деген адамдар эле?

XXV. СУБПАССИОНАРИЙЛЕР

Гармониялуу адамдар

Пассионарийлердин этногенездеги ролу канчалык зор болбосун, алардын саны этностун ичинде ар дайыма өтө аз болгон. Анткени, пассионарийлер деп биз, сөздүн толук маанисинде алганда, пассионардык импульс жеке адамдын жана ошондой эле түрдүн өзүн өзү сактоо инстинктинин импульсунан алда канча күчтүүрөөк болгон адамдарды атайбыз. Кадыресе адамдардын басымдуу көпчүлүгүндө бул эки импульс тең салмакта бөлөт, бул тең салмактуулук интеллектуалдык жактан толук баалуу, ишкер, башкалар менен ынтымакта жашай билген, бирок ашынган активдүү деле эмес гармониялуу инсанды жаратат. Анан да, мындай адамдар башка бир кишилердин күйүп-бышканын, өзүн өзү жок жерден курмандыкка чалууга даярдыгын жактыра беришпейт жана колдошпойт. Баса, өнүгүп жаткан этностордо адамдардын көпчүлүк бөлүгү байыркы калдык этностордогудай эле пассионардык жактан начар болушат. Алардын айырмачылыгы динамикалуу этностордо өздөрүнүн ашып-ташкан күч-кубатын өз системасынын өнүгүшү үчүн сарп кылышкан пассионарийлердин бар болгондугунда жана алардын аракет кылып тургандыгында.

Ошентсе да, ургаалдуу өнүгүү этноско ар дайым эле пайда келтирбесин белгилеп коюу зарыл. Кээде пассионардуулук ашкере "ашып-ташып" кетиши мүмкүн, мындайда пассионардуулук акыл-эстүүлүктүн чегинен чыгып, түзүүчү күчтөн кыйратуучу күчкө айланып кетет. Мындай учурда гармониялуу адамдар өз этносторун сактап калууга аракеттенишет, бирок алар деле белгилүү бир чектерге дейре гана ошентишет.

Мындай мүнөздөгү адамдар — этностун курамындагы эң маанилүү элемент. Алар этносту кайра жаратышат, пассионардуулуктун дүрт этип дүүлүгүүсүн басандатышып, мурда түзүлгөн үлгүлөр боюнча материалдык байлыктарды

арттырышат. Сырткы душман пайда болгучакты алар пассионарийлерсиз эле жашай алышат. Алсак, Исландиядагы викингдердин тукумдары бара-бара өздөрүнүн пассионардуулугун жоготуп алышкан. XII кылымда алар деңизден аркы жактарга жортуул жасоону токтотушат, XIII кылымда үй-бүлөлөр ортосундагы кандуу жаңжалдар токтолот,андан соң алар жашаган аралга 1627-жылы басып кирген алжир каракчылары эч кандай каршылык көрсөтүүгө тушугушкан эмес. Исландиялыктар курал көтөрүп, каршы чыгууга чечкиндүүлүк көрсөтө алышпай, кайракчыларга өз үйлөрүн өрттөөгө, аялдарын зордуктоого, балдарын кулчулукка алып кетүүгө мүмкүнчүлүк беришкен[22].

Бул окуяны башкача түшүндүрүү мүмкүнчүлүгү бар деп коёлу. Айталы, алжирликтер өз кесибин мыкты билген каракчы-баш кесерлер болушкан, алар күтүүсүз кол салуу менен исландиялыктарды дүрбөлөңгө түшүргөн болсо керек. Исландиялыктар ал кезде метрополиянын жардамынан толук ажырап калышкан болуучу, анткени Дания Отуз жылдык согушка катышып, жеңилип жаткан... Акырында келип, биздин идея боюнча исландиялыктардын пассионардык чыңалуусу андан ары бошоңдогондон бошондой бериши керек эле. Ырасында эле ошондой болдубу? Анда, ошондон эки кылым кийинки Исландияга көз чаптырып көрөлү.

1809-жылы Рейкьявикте отуз жоокерден, капитандан жана губернатордон турган даниялык гарнизон бар болуучу. Губернатордун сулуу кызы бар экен. Ошол жылдын июнь айында деңиз жээгине кара желегин желбиреткен кеме келип токтоп, шаардын багынып берүүсүн талап кылат. Даниялык офицер замбирек менен атат, бирок өзү кемеден атылган ядродон жараат алып, жыгылары менен жоокерлер багынып беришет. Каракчылар жээкке түшүп келишет. Алардын башчысы исландиялык мурдагы белгилүү саат оңдогон уста, кийин каракчы болуп кеткен Юрген Юргенсон болуп чыгат. Көрсө, бу каргыш тийгир каракчы губернатордун кызын сүйүп жүргөн экен, андыктан аны аялдыкка алмак болот да, өзүн Исландиянын королу деп жарыялап, каракчыларына шаардын калкын талап-тоноого уруксат берет. Кудай жалгап, кыз катуу ооруп калат. Исландиялыктар болсо мүңкүрөп отуруп беришти. Үркөрдөй каракчыларга кенедей да каршылык көрсөтө алышкан жок. Англияны, Нормандияны, Винландды жеңип алган кайраттуу "деңиз көбүртүүлөрдүн" миңдеген тукумдары бир нече ондогон баш кесерлердин чектен чыккан жоруктарына моюн сунуп, каршылык да көрсөтпөй, качып кетип кутулууга аракеттенбей туруп беришти. Аларды басып киргендер, Испания менен Франциянын королдук флоту менен тең тайлашкан жаалы күч маврлар болсо бир жөн эле го, булар Түндүк деңизинин портторунда тентиреп жүргөн бир ууч шүмшүктөр эмес беле. Исландиялыктардын бул жоругу пассионардуулуктун кыйроосу эмей эмне?

Кантсе да баарын бир кыркалай карап, көпчүлүктүн караанына кошуп жиберүүгө болбойт. Айрым адамдар бул кырдарда да өздөрүнө тиешелүү жеке сапатты сактап кала алышты. Ырас, алар жалпы калкты титиреткен коркоктук менен алсыздыкты жоюуга чамасы жетпегенине карабай, айла-амал табууну унутушкан жок. Булардын катарында даниялык сулуу кыздын сүйгөн жигити да бар эле. Ал балык уулоочу кайыкка түшүп качып келатып англиялык аскер кемесине туш келип, жардам сурайт. Англиялыктар Рейкьявикке бат эле сүзүп жете келишет да, замбиректери менен коркутуп, каракчыларды колго түшүрүп, колу-буттарын кишендейт. Губернаторду жана анын сулуу кызын боштондукка чыгарат. Каракчылардын башчысын Англиянын соту соттоп, анын Улуу Британиянын букараларынын кызыкчылыгына зыян келтирбегенин тактап, анан актап жиберет[23]. Ошентип, каракчы-королдун алты жумалык бийлигинен бошонгон исландиялыктар эч нерсе болбогондой, кайрадан көр тирлигин

улантат. Мындай кырдаалдарда өзүнөн башкаларга зыяны тийбеген, маданияттуу жана гармониялуу адамдар гана ушундай жүрүш-турушка жөндөмдүү болушат. Анан да өзүн өзү коргой албаган чабалдык этностун гүлдөшүнө дайыма жардам бере албайт.

"Селсаяктар", "Селсаяк жоокерлер" жана "тукуму бузулгандар"

Дегинкиси, этностордун курамында "тетири" пассионардуу адамдар дээрлик дайыма жашап турат. Башкача айтканда, алардын жүрүш-туруштарын пассионардуулук чыңалуусуна карама-каршы келген импульстар башкарат.

Канча айткан менен исландиялыктар өз үй-бүлөлөрүнүн токчулукта жана баркерчиликте жашоосу үчүн өтө зарыл, айталы, балык уулоочу жээктерди, гаганын мамыктай жумшак жүнүн чогултуучу чөлкөмдү, саан уйларына тоют болчу чөп өскөн, аскалардын арасындагы чакан шалбааларды сактоо үчүн аракетти тынбай жасап, ишкердигин жоготкон жок. Анткени менен байыркы кездердеги шаарларда жашаган субэтникалык түзүлүштөр алда канча оор шарттарга дуушар болушкан. Өздөрүнүн жер үлүштөрүнөн (парцеллдеринен) ажыраган римдик граждандардын бузулуп кеткен тукумдары I кылымда Римге топурап чогулуп алышат. Алар беш кабаттуу үйлөрдүн тар бөлмөлөрүнө баш калкалап, шаардын Тибр дарыясына куюлуучу булганыч суусу агызылган "клоактын" — колоттун сасып-ириген жытын жыттап жашашты, ден соолукка зыяндуу коргошун идиштерден вино ичишти, бирок ага карабай өкмөттөн көшөрүп, бетпактык менен "нан жана оюн-зоок" талап кылып турушту. Алардын талабын орундатууга туура келди, анткени дал ушул субпассионарийлердин топураган топтору өздөрүнө көбүрөөк нан жана циркте кызыктуу оюн-зоок убада кылып, мамлекеттик төңкөрүш жасагысы келген пассионардуу авантюристтердин кимисин болбосун колдоп кетиши мүмкүн эле. Ал эми өздөрүн душмандардан коргоону алар билген эмес, билгилери да келген эмес, себеби аскер ишине үйрөнүү оор иш болгон. Субпассионарий, өзүнүн кебелбеген логикасы боюнча, келечекти эч ким алдын ала көрүп биле албайт, анткени бир кесим нан үчүн жана цирктеги оюн- зооктор үчүн өкмөттүн көзүн карагандыктан кайсы бир мүмкүн болуучу нерселерди божомолдоп айтуу колунан келбейт деп ойлогон. Ошондуктан ал өзү угуп-билген маалыматтарды жагымдуу жана жагымсыз деп экиге бөлгөн. Жагымсыз маалыматтарга ээ адамдарды ал өзүнүн элдешпес душманы деп эсептеп, ыгы келген кезде аны жайлап салуудан кайра тарткан эмес.

Бул акыры Рнмди Аларихтин басып алышы (410-ж.) менен аяктап тынды. Чындыгында готтор Италияны айтпаганда да, Рим шаарында жашаган аскерге милдеттүү жана согушууга жөндөмдүү бөлгөн адамдардан бир кыйла аз эле. Римдиктердин бетине көө жапкан ушул уят иш да аларды эч нерсеге үйрөткөн жок. Жеңилгендерге готтор анча кордук көрсөтүшпөй чыгып кетишти. Ушундан кийин римдиктер кайрадан капарсыз жатып калышты. Ал эми Римди (455-ж.) Гензерих деген вандал басып алып, Карфагенди талкалагандыгы үчүн римдиктерден өч алчумун деп, субпассионарийлерди мыкаачылык менен кырып салат. Гармониялуу жана зыяны жок исландиялыктарды каракчылардан куткарып калган сыяктуу римдиктерди аман сактап калууну эч ким каалаган жок. Рим бул ташы талкан болуп талкалануудан кийин оңоло алган эмес. Римдиктерди ушундан улам аягың да келбейт.

Ушуга окшош кырдаал Багдадда да болуп өттү. Ал кезде Багдадды сырттан басып кирген варварлар эмес, халиф тарабынан сатып алып келинген түрк кулдар — гулямдар ээлеп турган. IX кылымда арабдар аскерлерде дээрлик кызмат өтөбөй калган. Мурдагы кайраттуу жоокерлердин тукуму базарларда майда соода

жүргүзүп, кажылдашып отурганды аскер ишинен артык көрүштү. Улуу урматтуу халифти жана кээде чек араларды кайтаруу үчүн жоокерчиликти кесипке айланткандар керек болду. Аларды Орто Азиянын талаалары менен Нубиянын чөлдөрүнөн таап, сатып алып келишти. Алар акыры Багдаддагы жападан жалгыз реалдуу күчкө айланып, халифтерди өз каалаганындай алмаштыра башташты. Ал эми бул чоң шаардын калкы бирде ыйлакташып, бирде каргап-шилеп тилдеп, бирде мыскыл-тамашага чалышып, куудулданып сүйлөшүп, бирок иштегиси келбей, өздөрүн коргогондон көрө чөк түшүп өлгөндү артык көрүп, жашоолорун уланта беришти.

Мындай кайгылуу натыйжа жана буга байланыштуу идеалдардын алмашылышы система пассионардык күүсүн жоготуп койгондо пайда болот. "Өзүн үчүн жаша" деген чакырык — башка каран түн түшүп кыйроонун эң эле оңой жолу болуп саналат.

Жеке бир адамдын пассионардуулугу жогорку, орточо жана төмөнкү жөндөмдүүлүктөрдүн баары менен айкалышып турат. Ал жөндөмдүүлүк белгилүү бир адамдын организминин түзүлүшүнө байланыштуу болот да, сырткы таасирлерге көз каранды болбойт. Анын этникалык нормаларга тиешеси жок; ал көңүл коштукка жол бербейт, бирок эрдикти жана кылмышкерликти, чыгармачылыкты жана талкалап жок кылуучулукту, жакшылыкты жана жамандыкты оңой эле пайда кылып турат. Анан да ал жөндөмдүүлүк адамды "топураган элди" жетектеген "баатырга" айландыра албайт, анткени көпчүлүк пассионарийлер дал ушул "топураган элдин" өз ичинде болот да, ошол элдин тиги же бул учурлардагы активдүүлүгүнүн деңгели менен күчүн аныктап турушат. Тарыхта субпассионарийлердин тобу "селсаяктар" менен адис жалданма-жоокерлерден (ландскнехттерден) турат. Алар дүйнөнү өзгөртүп да жиберишпейт, аны сактап да кала алышпайт, болгону ошонун эсебинен жан багышат. Өздөрүнүн шайдоот жүрүш-туруштарына жараша алар пассионарийлер менен бирдикте басып алууларды жана төңкөрүштөрдү ишке ашырып, этностордун тагдырында маанилүү ролду ойношот. Эгерде пассионарийлер өздөрүнүн ишин субпассионарийлерсиз эле турмушка ашыра алышса, анда субпассионарийлер пассионарийлерсиз түккө да арзыбайт. Субпассионарийлер кайырчылык жана каракчылык кылып, пассионардуулугу нөлгө барабарларды, т. а. калктын негизги бөлүгүн сызга отургузууга жөндөмдүү келишет. Бирок мындай учурда "селсаяктардын" күнү бүттү дей бергиле, анткени алардын артынан сая түшүп, акыры жок кылышат. Ошентсе да алар ар бир муун менен кошо пайда болуп турганы турган.

Пассионардуулуктагы ырааттуулуктар

Кээде пассионарийлерди "топураган элди" баштаган "баатырларга", ал эми "селсаяк-жоокерлерди" "ээрчип жүрүүчүлөргө" салыштырууга аракет болушу мүмкүн, ал эми чындыгында тарыхый иш-аракеттердин механизми анчалык жөнөкөй боло койбойт. Династияны негиздегендерди кошпогондо испандык Габсбургдар жана франциялык Бурбондор өздөрүнүн падыша сарайларындагы кызматкерлеринин көпчүлүгү сыяктуу жөнөкөй эле адамдар болушкан. Алардын арасынан мезгил-мезгили менен Фуке жана Жон Ло же Мануэл Годой өңдүү авантюрист-министрлер чыга калып турган. А бирок идальго менен шевалье, негоцианттар менен корсарлар, миссионерлер менен конкистадорлор, гуманисттер менен сүрөтчүлөр — баары биригип өлкөдө ушунчалык зор ички чыңалууну пайда кылгандыктан, Испаниянын XVI кылымдагы, Франциянын XVI—XVII кылымдардагы жүргүзгөн саясаттары, эгерде муну этногенетикалык

процессти түзүүчү катары карай турган болсок, бул этностордун пассионардуулугунун жогору экендигин чагылдырат.

Ошондуктан, элдик кыймылдарды көп учурларда пассионарийлердин жетектегенине карабай, аларды "жетектөөчүлөр" дебей, "түрткүлөөчүлөр" деп атоо туура болор эле, анткени пассионарийлердин жеткиликтүү саны болмоюн топураган момун, шалакы элди түп көтөрүү мүмкүн болбос эле. Испандык илгерки бир балладада булар жөнүндө мындай саптар бар: Эр көкүрөк Сурракинди — капитанды эске албай, Оливьерди ырга айлантып, Роланды ырдашты. Унут калып Сурракин — кабальеро шамдагай, Роланды коколотуп, Оливьерди макташты.

Ошентип биз пассионардуулуктун азайышынын үч башка ырааттуулугун көрсөттүк, керек болсо мындан да көбүрөөк майдалап бөлүүгө болот. Ошондуктан мындай адамдардын үчүнчү тибин "субпассионарийлер" деп атоо туура болот. Мында эң башкы нерсе — белгиленген типтерди таптык же сословиелик бөлүнүүлөр менен аралаштырбоо зарыл. Булардын ар бири ар кайсы айкалыштагы жана ар кандай доминанттагы үч типти өзүнө камтып турат. Алардын этнос ичиндеги сандык жана вектордук ара катыштарынын түрүнүн өзгөрүшү этногенез процессин аныктайт.

Бул тезис өтө маанилүү, андыктан бул маселе көбүрөөк мүнөздүү болгон тарыхый мисалдарды эмес, А. С. Пушкиндин чыгармаларындагы адабий мисалдарды колдонуп, пассионардуулук түшүнүгүн кошумча далилдер менен ырастап көрөлү.

Ач көздүккө алдырган Сараң рыцарь; махабат урматы үчүн гана жеңишке умтулган Дон Жуан; көрө албастыктын айынан Моцартты өлтүргөн Сальери; кызгануудан улам Земфираны союп салган Алеко "баатыр" да, "жолбашчы" да эмес, кадыресе эле пассионарийлер болуп эсептелет. Пушкиндин чыгармаларында баатыр делинбесе да пассионарийлер жана жолбашчылар катары Мазепа менен Пугачёв (тарыхый прототиптерден алда канча айырмаланган), анан да пассионарийлер эмес, чыныгы баа- тырлар катары — парз үчүн өз жандарын аябаган Гринёв менен Машенка Миронова сүрөттөлөт. Өзүнүн керт башынын даңкын чыгаруу үчүн өлкөнүн кызыкчылыгын курмандыкка чалган, т. а. "туулга кийиш үчүн таажысын чечип ыргыткан — согуштук даңкты сүйгөн" Карл XII — король экендигине карабай, "жолбашчынын" эмес, катардагы эле пассионарийдин жана баатырдын үлгүсү. Ага Петр I каршы коюлат. Россиянын алдында өз милдетин аткарууга умтулган Петр I өзүнүн керт башынын даңкы үчүн алектенген Карл XII ге караганда алда канча күчтүү, төрт тарабы төп келишкен инсан. Ооба, Пушкиндин баяндоосундагы Петр 1нин бат дүүлүгүүсүн, балалык катаалдыгын ж.у.с. эске албаганда, ага берилген мүнөздөмолөрдүн көбү чындыкка жакын. Ал өз атасынын жолун жолдоп, орустун маданий салттарынын бир багытын — XVII кылымдын башталышында, Михаил Федоровичтин мезгилинде пайда болгон Европа менен жакындашуу аракетин уланткан. Ал учурда, айталы, Меншиков, Ромодановский, Кикин өңдүү пассионарийлер Пётрдун жан- жөкөрлөрү болгон, бирок алар баатыр да, жолбашчы да болгон эмес. Пушкинде да, чынында да алар ошондой болушкан. Мына ошондуктан пассионарийлерди жолбашчылар менен салыштыруу — жүрүш-туруштун белгилеринин бирин баяндоону кайрадан алда качан четке кагылган теорияга алып барып такоо үчүн жасалган жосунсуз аракет.

Экинчи бир ушундай эле тетири көз караш — ар түрдүү мүнөздүү адамдардын жүрүш-туруштарынын себептеринин баарын жалаң гана пайда табууга, болгондо да акча же ага теңдеш баалуу дүнүйө-мүлк табууга умтулгандык катарында түшүндүрүү да жеткен келжиректик. Субпассионардуу майда мүдөөлүү адамдын мындай адепсиз позициясын көп учурда материализм катарында кабыл алышат,

бирок чындыгында анын материализм менен эч кандай жалпылыгы жок. Майда мүдөөлүү адамдын, эреже катарында, ой чабыты тар болот. Ал өзүнө окшобогон, акча табууга эмес, башка бир идеалдарга жана максаттарга умтулган адамдар болорун элестете албайт жана элестеткиси да келбейт. Жалаң гана пайда табууга умтулуу концепциясы эч качан так аныкталган эмес, эгер эле ал такталса, анда анын сандырак экендиги өзүнөн өзү белгилүү болор эле. Бирок мындай концепция ар кандай себептерден улам айтылып, а түгүл илимий иштерде да пайда боло калып жүргөндүктөн өзүнө көңүл бурууну талап кылат.

Ганнибал жана Карфаген

Эми 2-Пуни согушунун учурундагы Ганнибалдын жүрүш-туруштарын өз көз карашыбыздан талдап көрөлү. Барка тукуму Карфагендеги эң бай үй-бүлө болгон. Ганнибалдын атасы Гамилькар Нумидия менен Испанияны багынтып алып, өз байлыгын ого бетер көбөйтөт. Анын уулу Ганнибал иш жүзүндө бул өлкөлөрдүн падышасы болгон. Рим менен согушуу Ганнибалга эч кандай пайда алып келмек эмес. Тетирисинче, кыр- сыкка учуроо коркунучу өтө зор эле. Ганнибалдын жеке кызыкчылыгынын көз карашынан алганда согуштун ага кереги деле жок эле, бирок ал согуш анын ата журту — Карфаген үчүн болбой койбой турган аргасыздык болуучу. Жортуул учурунда кокустан колбашчынын көкүрөгүнө жаанын жебеси кадалган болсо, анда анын өлүмүн согушта түшкөн эч кандай олжо актай алмак эмес, анткени анын эч кандай байлыкка муктаждыгы жок болуучу. Ал, балким, өз өлкөсүнүн гражданд арынын ой- максатын аткаргандыр?! Жок, калк андан согуш ачууну суранышкан эмес, тескерисинче, алар чечүүчү мезгилде кошумча аскер жиберүүдөн баш тартышып, аны өтө кыжырлануу менен жек көрүп турушкан. Алар бул жолу өзү үчүн эмес, көпчүлүктүн иши үчүн бир нерсе жасоо керектигин сезип турушса да, ордунан козголушкан жок. Анткени мындай кырдаалдарда субпассионарий өзүн көпчүлүктүн алдындагы ар кандай милдеттерден куткарып кетүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү шылтоолорду издей баштайт. Албетте, бул келечек жөнүндө ойлонбогондук болуп саналат, анткени адамдар келечекте эмне болорун алдын ала биле алышпагандыктан көп учурда кыйраткыч кырсыктарга туш келишет эмеспи. Кыскасы, Ган- нибал өзүнүн керт башынын кызыкчылыгы үчүн Гадестеги үйүндө оюн- зоок куруп, көңүл ачып отура бериши керек болуучу; карфагендик аксакалдар кенеши өз колбашчысын бардык күчтөр менен колдошу керек эле; финикиялык жек көрүмчү колонизаторлорду коштоп согушта өлбөс үчүн нумидиялык атчан аскерлер качып кетиши керек болуучу; испандык салмоорчулар көтөрүлүшкө чыгып, эркиндиктерин кайтарып алуулары керек болуучу. Бирок баары теңирден тескери болуп чыкты! Бул согуштун натыйжасында Карфагендин бай пуни адабияты жок кылынды. Атлас капчыгайындагы өрөөндөр айдалып, топурагы тозоңго айланып, акыры кароосуз ташталды, себеби бул өлкө миллион калкы бар Рим шаарын дан менен камсыз кылууга милдеттендирилген. Эркиндикти сүйгөн берберлер ырайымсыз римдиктерден качып түштүк тарапка көчүп, алардын түмөндөгөн малы Батыш Сахаранын жашыл түзөндөрүн тебелеп-тепсеп, таштуу чөлгө айланта баштайт. Баса, Ганнибалдын мезгилинде Түндүк Сахарада дарыялар агып, пилдер менен жылкылар жайылып жүрбөдү беле, ал эми эки миң жыл өткөн соң, рим жана араб баскынчыларынын антропогендик таасири астында бул жерде жашаган көптөгөн жаныбарлардын ичинен... жалгыз гана төө калган.

Эгерде биз бул зор өзгөрүштөрдүн себептерин этнография менен физикалык географиядан тапкыбыз келсе, анда бардыгы түшүнүктүү болот: Барка тукумунун пассионардуулугуна карфагендик кайдыгер адамдардын субпассионардуулугу

катуу зыян келтирди. Дал ушул себеп эң алды жеңишти колдон суурутуп, анан камаланган Карфаген сепилинин түбүндөгү кыйроого, анан Нумидиянын басылып алынышына, алардын артынан ландшафттын жок кылынышына алып келди.

Башкача болушу мүмкүн беле? Албетте, мүмкүн эле! Ганнибалга өз учурунда жардам берилгенде Рим талкаланмак, самниттер менен цизальпылык галлдар бошотулмак, адесинен ашкан жасалма түрдөгү урбандаштыруу токтотулмак, а бул болсо Апеннин тоолорундагы бук жана эмен токойлорунун, Капуя менен Тарентанын айланасындагы жүзүм талааларын, Арно өрөөнүндөгү этрус шаарчаларын сактап калууга шарт түзмөк. Галлиянын байлыктары жана Элладанын искусство кенчи көпкө чейин сакталып турмак, бирок анда келечектеги доорлордогу Аппиев жолу, Каракалланын термилери (мончолору), мектептерде латын тилин окутуу болбой калмак. Анткени менен өндүрүш мамилелеринин өнүгүшү бул кырдаалда да өз жолу менен кете бермек. Өзүнөн өзү жоголуп бараткан античный кул элөөчүлүктүн ордуна эртеби же кечпи феодализм келмек. Пассионардык жогорулоолор менен төмөндөөлөр коомдук-экономикалык түзүлүштөрдүн алмашуусуна — адамзаттын социалдык өнүгүшүнө таасир көрсөтө албайт. Эмоция акыл-эске кантип өзгөртүү киргизе алмак эле? Анын эмне үчүн мындай экенин азыр биз көрөбүз.

XXVI. ПАССИОНАРДУУЛУКТУН БАСАҢДООСУ

Жарк этип жануу жана күлгө айлануу

Эми мындай деп ачык айтса болот: этногенездин "башталыш учуру" — бул жамаат ичинде кайсы бир сандагы пассионарийлер менен субпассионарийлердин пайда болушу; жогорулоо фазасы — пассионардуу адамдардын санынын тукумдап же инкорпорация жолу менен бат көбөйүшү; акматикалык фаза — пассионарийлердин санынын эң көп болушу; үчүнчү фазасы — пассионарийлердин санынын өтө кескин түрдө азайышы жана алардын субпассионарийлер тарабынан сүрүлүп чыгарылышы; инерциялык фаза — пассионардуу адамдардын санынын жай азайышы; обскурация фазасы — пассионарийлердин дээрлик бардыгы субпассионарийлер менен алмашылат, булар өздөрүнүн мүнөздөрүнүн өзгөчөлүгүнө байланыштуу этносту бүт бойдон ойрон кылат, же башка уруулар сырттан басып киргичекти этносту ойрондоого үлгүрүшпөйт. Бул учурда гармониялуу адамдардан турган этнос калдык түрүндө сакталып калат да, өзү жашаган регионду биоценозуна эң жогорку, акыркы звено катары кирет.

Жазылбай калган тарыхы кылымдардын күңүрт түпкүрүндө жаткандыгына байланыштуу гана биз артта калган, примитивдүү деп атап жүргөн этностордун баары мына ушу ички этникалык эволюцияны басып өтүшкөн. Ушундай эле көрүнүштү биз тарыхтан да байкайбыз, айрыкча субэтностук бир бүтүндүктөрдө, мисалы, сибирдик казак-орустардын тарыхынан ачык көрүнөт.

XIV кылымда жашаган хазарлардын орусташып кеткен тукуму, өздөрүн орусча "тентимиштер" деген аталышын, түркчө "казактар" дегенине алмаштырышкан. XV—XVI кылымдарда алар талаалык ногойлордун артынан кууп отуруп, Сибирге чейин жетип, ал жерде алардын акыркы ханы Күчүмдү өлтүрүп тынышкан. Москвалык өкмөттөн кошумча күч алышып, алар бир кылымдын аралыгында Сибирди басып өтүп, Тынч океанга чейин жетишкен. Толуктоого муктаж болгондуктан алар өз катарына великороссстордун кошуундарын жан дилдери

менен кошуп алып турушкан, бирок өздөрүн ар дайым алардан айырмалап турушкан. Булардын баарын жалпысынан жер кезүүчүлөр деп аташкан.

XVII кылымдагы орус жер кезүүчүлөрү терс кыял, кайраттуу, өз билгенин бербеген адамдардан болушкан. Алар жетекчилерден да, түндүктүн катаал табиятынан да коркушкан эмес. Жүз башы Пётр Бекетов 1632- жылдан 1650-жылга чейин Лена дарыясынын жээгине кыштоо курдурган, т. а. казак-орус Семен Моторанын жортуулуна чейин, алар Сибирдин бүтүндөй түндүк-чыгышын аралап өтүшүп, булгун (киш) терилеринен салык алышып, конкистадорлорго америкалык алтын алып келген пайдадан кем эмес пайда көрүшкөн. "Казак-орус баскынчылары майышпас, эр көкүрөк жана жаны тынч албаган адамдар болгон. Алар урууларды биринин артынан бирин баш ийдирип, сомдолгон дөңгөч тактайлардан кеме куруп Муз океанында сүзүшкөн. Анткени менен XVII кылымдын аягында алардын мүнөздөрү өзгөрүп, эми алар жүрүшкө чыгуу ордуна: "Кемелерибиз начар, парустары кичинекей. Илгерки мезгилдегидей чоң кемелерди кура албайбыз", — деген шылтоолорду айта башташат. XVIII кылымда түндүк Сибирдин орус калкы дымып эле калгансыды. Мурдагы демилгелүүлүк менен активдүүлүктүн изи да калган жок, кайраттуулук тартынчаактык менен алмашылат[24]. Акыры, XIX кылымда казак-орустардын тукуму чукчалардан жеңилип калат да, мамлекеттик крепостнойлорго, кызматындагы начар кылык-жоругу үчүн түштүктөн түндүккө айдалган чиновниктердин укуксуз кулдарына айланат. Кантсе да, дал ушулардай болуп, дал ушул мезгилдерде испан конкистадорлорунун, Канададагы француз колониячыларынын (индейлер менен аргындашуудан туулгандардан башкасы), Инди океанынын бассейниндеги араб жана португал соодагерлеринин тукумдары пассионардуулугун жоготуп, өткөн доордо викингдер менен эллиндердин тукумдары да ушундай эле тагдырга туш болушкан, демек, жогоруда баяндалган процессти мыйзам че- немдүү деп эсептесе болот. Пассионардуулуктун түгөнүп жок болгон энергиясы өзү жарк этип жанган жеринде эң алды ысык, анан муздак жана акырында нымдуу күл гана калтырат.

Мындай караганда конкистадорлордун ач көздүгү, Александр Македондуктун сыймыктанганы, Сулланын көйрөңдүгү жана Густун өз ынанымына бек турганы — бири бирине окшошпогон көрүнүштөр сыяктуу сезилет. Сырттан караганда ошондой, бирок алардын жана аларга окшош көптөгөн адамдардын жалпы негизи бир: ал пассионардуулук. Эмне үчүн дебейсизби? Жогоруда келтирген мисалдарыбыздын баарында тең пассионардуулуктун же ашкере активдүүлүккө түрткөн импульстун белгиси жеке адамга гана эмес, жамаатка да тиешелүү экендиги баса белгиленип келди. Айрым жеке инсандарды мисалга келтирүү менен биз пассионардуулуктун белгисин бадырайта сүрөттөп көрсөтүүгө аракеттендик. Ооба, чындыгында эле процесстер бир топ татаал, бирок системаны пайдаланып, анын иреттүүлүгүн сактап турган болсок, аны талдоодо анчейин оорчулук келбейт.

Адегенде жеке адамдын, же системанын пассионардуулугу канчалык жогору болсо коомдук топтун чыгармачылык турмушу ошончолук бай,этностун маданияты ошончолук кеңири болчудай сезилиши мүмкүн. Айталы, Кайра жаралуу доору Италияда таланттар өтө кеп болгондуктан, аны этногенездин акматикалык фазасы катары кароого мүмкүнчүлүк берет. Бирок XV кылымда италиялык этнос өтө оор мезгилди чүнчүү фазасын башынан өткөрдү. Миланда Висконти менен Сфорцтун кондотьерлери бийликке бекем отуруп алышты; Флоренцияда — Медичилер, Римде — папалар ачыктан ачык эле непонтизм менен симонияны (тааныштык, жакындык жана саткынчылык) жашоо-турмуштарына колдонуп жатышты, Неаполь менен Сицилияны гумандуулуктан алыс турган, орой, согушчан испандар башкарып турду. Бардык жерлерде, качандыр бир кездерде италиялыктардын немис императорлорунун

катаал бийлигинен бошонушуна мүмкүнчүлүк берген, шаар-республикаларынын патриоттуулук жана каармандык салттары жок болуп кеткен. Ошентип, дал ушу жалпы ирип-чирүүлөрдүн үстүндө искусство менен илимдин гүлдөрү — художник Беато Анжелико менен Боттичеллинин, гуманисттер Жованни Понтанонун, Лоренцо Валланын, Марсилио Фичинонун жана Пико делла Мирандолланын чыгармалары жаралды.

Ал эми Леонардо да Винчи, Рафаэл Санти, Микеланжело Буанорроти, Тициан, Ариосто менен Макиавеллинин ысымдары менен даңазаланган Бийик Кайра жаралуу (XVI кылымдын биринчи жарымы) Испания менен Франциянын ортосундагы согуштар бирде күчөп, бирде кайра сээлдеп, ага Италия катышпаганына карабай берки согушуп жаткан эки жырткычтын майданына айланган мезгилдерде өнүктү. Бул согуштар 1494-жылы французлардын Италияга басып кириши менен башталып, 1525-жылга чейин созулду. Франция Италияда бийлик жүргүзүүгө талаптанып турган. Император Карл V Павиянын жанында французларды жеңип алган соң өз аскерин италиялыктардын каршылык көрсөтүүсүн басуу үчүн аттандырууга аргасыз болот. 1527-жылы Рим варварчылык менен талкаланат.

Италиялыктар кээде өздөрүнүн залим башкаруучуларынан кутулуу үчүн аракет жасашкан эмес деп айтууга болбойт, алар кээде бул үчүн бөтөн жердик аскерлердин келишин пайдаланышкан. Айталы, 1494-жылы французлар Флоренцияга жакындап калганда Медичилер кулатылып, бийлик доминикандык монах Савонароланын колуна өтөт. Бирок абал жеңилдеген жок, а түгүл 1498-жылы Савонарола өлтүрүлгөндөн кийин да ал оор бойдон калды. Жаңыдан түзүлгөн республика толук алсыз экендигин көрсөткөндөн кийин, 1512-жылы Медичилердин бийлиги кайра калыбына келтирилет. 1527-жылы улуу художник Микеланжелонун катышуусу менен республиканы кайрадан орнотууга аракет экинчи жолу жасалат, тилекке каршы, 1530-жылы алар империялык аскерлер тарабынан басылып ташталат. "Флоренциянын эрдик мезгили бүтүп, аны менен кошо италиялык Кайра жаралуунун маданияты да аяктайт"[25].

XVI кылымдын экинчи жарымында Италия Испаниянын таасири астында калат. 1563-жылы Тридент Соборунда иш жүзүндө жаңы католицизм болгон Контрреформачылдыктын принциптери — кабыл алынышы Италияда элдик каршылык көрсөтүү менен тосулуп алынбаганы менен, жер-жерлерде интеллектуалдардын нааразылыктарын туудурган. Католик реакциясы аларды оңой эле басып салды. Жордано Бруно өрттөлүп, Кампанелла камалып, Галилей өз көз карашынан баш тарткандан кийин 150 жылга жакын убакыт созулган толук начарлоо өкүм сүрдү [26]. Италиянын пассионардуулугу соолуп бүтөт. Пассионардуулуктун "гүлдөөсү" менен чыгармачылык "гүлдөөнүн" дал келбестигин кандайча түшүндүрүүгө болот?

Алсыз, бирок иштиктүү пассионардуулук

Кейпи, биз баяндаган ачык-айкын мисалдардан башка, пассионарийлер отко күйүп, окко төшүн тоспосо да (Гус жана Сулла) өз максаты үчүн көп нерселерден кечип жиберүүдөн баш тартпаган, бирок анча байкала бербеген варианттар да бар болсо керек. Гоголь менен Достоевскийдин чыгармачылык зоругуусу, Ньютондун өз эрки менен кечилдик турмушка өтүшү, Врубель менен Мусоргскийдин ындыны өчүүсү — булар да пассионардуулуктун көрүнүштөрүнүн мисалы боло алат, анткени илим менен искусствого эрдиктер да "түздөн-түз салгылаштардагы" эрдиктер өңдүү эле курмандыкты талап кылат[27]. Этногенез процесстеринде илимпоздор менен артисттер да, саясий ишмерлерге караганда башкачараак мүнөздө болсо да, маанилүү ролду ойношот. Алар өз этносторуна өзгөчө түс

берип, бул аркылуу өз этносун же башкалардан өзгөчөлөйт, же суперэтникалык жана маданий бир бүтүндүктөрдү жаратуучу этностор аралык байланыштарга шарт түзөт. Кайрат-кубаттуулугу пасыраак пассионарийлердин катарына, өздөрүнүн көңүлүнө төп келген оор кесиптерди тандап алышкан, готикалык соборлордун ысымы белгисиз чебер куруучулары, байыркы орус архитекторлору, жомокчулар ж.у.с. кирет. Алардын катарына, биз кабыл алган классификациянын ушул тармакка кирүүгө укуктуу болгон таланттуу жылнаамачылары кошулары да түшүнүктүү.

Эми пассионардык чыңалуусу алсызыраак болгон системанын чыгармачыл дараметине көңүл буруп көрөлү. Булар экөө: бири системанын "кайнап ашып-ташып кеткенге" чейинки жогорулоосу, муну биз "акматикалык фаза" деп атайбыз, экинчиси — биз "инерциялык" деп атаган фазага өтүүнү билдирген чүнчүүгө тиешелүү. Образдуу айтканда, бизди кызыктырган эки учур тең этникалык системанын пассионардуулугунун өсүшүнүн ийри сызыгынын (плюс-минус) ийилген жери болуп саналат, анан да, ал төмөндөп кеткен учурда да, чыңалуунун биротоло жоголушуна чейин кыйла мезгил талап кылынат. Пассионардуулуктун салыштырмалуу анча жогорку эмес деңгелинде адамдын жүрүш-турушунун көнүмүш адаттары жана коомдук императиви аны, өзүнүн эркинен тышкары ал өзү тандап алган идеал же турмушка дегеле ашпай турган максаты үчүн курмандыкка баргыдай кылып түртүп жибере албайт. Ага карабай, этноско дал ушул мезгилде мүнөздүү болуп турган пассионардык чыңалуу кайсы бир максатка умтултууга жана эң кур дегенде айланадагы турмуштук көрүнүштөрдү өзгөртүүгө мүмкүнчүлүгү жетет. Дал ушул жерде, эгерде адамдын жөндөмдүүлүгү ушуга ылайык келсе, андай адам илимде же искусстводо замандаштарын ынандыра жана кызыктыра ала турган иштерди жасай алат.

Ыр болобу, сүрөт болобу, театралдык көрсөтүү болобу — ушулардын баары аларды кабыл алган адамдарга таасир этип, өзгөртөт, эми бул жерде жакшы жагына өзгөртөбү, же жаман жагынабы деп суроо коюп отурбайбыз. Эгер мындай жөндөмдүүлүк жок болсо — адам байлык чогултат, жогорку мансаптарга жетүүгө умтулат. ж. у. с. Пассионар- дуулуктун ушул деңгели үстөмдүк кылып турган тарыхый доорлор маданий гүлдөө доорлору катары каралат, бирок алардын артынан ар дайым мүмкүн болуучу эки катаал мезгилдердин бири: же пассионардуулуктун жогорулашынын натыйжасында биз жогоруда баяндаган "ашып-ташып" кетүү пайда болот, же ал өтө жай төмөндөп отуруп акыры толук начарлоого алып келет. Айталы, Кайра жаралууну (XIV—XV кк.) Ре- формация (XVI—XVII кк.) алмаштырды, ал эми үрөй учурган Отуз жылдык согуштан, гугеноттордун согуштарынан жана драгонаддардан кийин, ошондой эле Энгельс айткандай, бир өзүнө Робеспьер менен Наполеондун кулк-мүнөздөрүн бириктирип алган Кромвелдин "тоголок баштууларынын" каардуу жорук-жосундарынан кийин пассионардуулуктун деңгели жагынан окшош болгону менен анын вектору боюнча окшош болбогон Кайра жаралууга түспөлдөшүп кеткен, XVIII кылымдагы салыштырмалуу бейпил мезгил башталат. Адегенде пас- сионардуулуктун деңгели жогорулап барып, анан, кыйроолордон кийин төмөндөп кетет. Бул абал пассионарийлердин пайызы азайып кеткенин, алардын ордуна тобокелдиктен көрө беймарал оокат өткөрүүнү, тезирээк ийгиликке жетүүнүн ордуна, укмуштуу окуяларды баштан өткөрүүгө караганда ток жана тынч жашоону, байлык топтоону артык көргөн адамдардын келгенин билдирип турган. Алар пассионарийлерден жакшыраак да, начары рак да эмес болуучу; алар тек гана баш- качарак адамдар болушкан.

Тарыхый булактар тарабынан бул процесс эч качан жана эч жерде жазылган эмес, андыктан аны доорлор менен өлкөлөрдүн мүнөздөрүн кеңири салыштыруу

аркылуу гана байкоого болот. Ошондуктан аны этникалык тарыхтын чегинде, этнологиянын ыкмалары менен гана баяндоого болот.

Бирок азыраак ышкылуу болгон пассионарийлер — сүрөтчүлөр, акындар, окумуштуулар, кызматкерлер ж.б. этногенез үчүн колбашчыларга, конкистадорлорго, ересиархтарга же куру чечендерге караганда деги эле таасирсиз же азыраак таасирдүү адамдар деп айтууга болобу?

Жок, алардын таасири тигилердикинен кем эмес, бирок башкача мүнөздөгү таасир. Жадагалса пассионардык активдүүлүгү эң жогору болгон инсан да, эгер өз улутташтарынын колдоосуна ээ болбосо эч нерсе жасай албайт. Ал эми искусство болсо мындай маанайга өтө ылайык келчү каражат болуп саналат, ал жүрөктөрдү бир ыргакта согууга мажбурлайт. Мына ошону үчүн Данте менен Микеланжело италия этносунун биригиши үчүн Цезарь Боржиа менен Макиавеллиден кем кызмат кылышкан эмес деп айтсак болот. Бекеринен эллиндер Гомер менен Гесиодду Ликург жана Соломон менен бирдей даражада урматташпагандыр. Ал эми байыркы перстер Заратустраны Дарий I Гистаспага караганда жогору баалашкан. Дегинкисин айтканда, пассионардуулук ар кандай деңгелде этностун ичинде бар болуп турганда — чыгармачыл жетишкендиктер менен белгиленүүчү өнүгүү жүрөт; кантсе да, окурмандары жок акын, окутуучусу жана шакирти жок илимпоз, үмөттөрү жок пайгамбар, офицерлери менен жоокерлери жок колбашчы болбогон сыяктуу эле өнүгүүнүн механизми тиги же бул жеке адамга байланыштуу болбостон, пассионардык чыңалуунун тиги же бул даражасына ээ болуп турган этностун системалык бир бүтүндүгүнө байланыштуу болот. Кошуналары жана саякатчылар өтө баалап, ар дайым баса белгилешип жүргөндөй персистенттик этностордун мүчөлөрү көптөгөн артыкчылыктарга ээ, алар "жаңыдан кайра ачылган" индейлерди, полинезиялыктарды, эскимосторду, таңгуттарды, эвенкилерди жана айндарды мактап да жүрүшөт. Алар өздөрү жашаган аймактардагы ландшафттарга биротоло ылайыкташып алышкан жана анатомиялык, физиологиялык жактан толук баалуу адамдар, бирок алардын пассионардык чыңалуусу ушунчалык төмөн болгондуктан, этностун өнүгүү процесси өчүп баратат. Жадагалса, алардын арасында кокусунан пассионардуу жан туулуп калса, ал өз мүмкүнчүлүгүн ата мекенинен башка жакта гана пайдалана алат. Мисалы, XV—XVIII кылымдардагы албандар же Венецияда, же Стамбулда гана мансап, даражаларга жетише алышкан. Азыркы бушмендердин, веддердин, гонддордун жана Юкатанда жашаган майя тукумдарынын пассионардуулугу андан да төмөнүрөөк. Бул акыры этностун шалкы бошоп, чөгүп кетүүсүнө, т. а. тукуму өспөй жок болуп кетүүсүнө алып келет. Албетте, бул теориялык жактан алганда ушундай, бирок иш жүзүндө, алсызданган этносту ал өзү тукум курут болгучакты эле коңшулары жайлап салууга үлгүрөт.

Жогоруда айтылгандардан этностун жашоосунун эң оор мезгили анын чүнчүп ындыны өчүү мезгили экени көрүнүп турат. Мында пассионардык чыңалуунун акматикалык фазасынан жайбаракат акыл-эстүү чарба жүргүзүү мезгилине өтүү, андан соң гомеостаздын эч нерсе ойлобостон тынч гана жашоо мезгили келет. Алардын көздөгөн максаттары менен милдеттери мурдагыдай эле болгону менен алы-күчү азайып кете берет. Гармониялуу жана субпассионардык адамдардын пайызынын өсүшү этностун чыгармачыл жана патриот адамдарынын иш-аракетин төмөндөтүп,кээде биротоло жокко чыгарып, аларды "фанатиктер" деп атоо башталат. Дал ушул "өздөрүн" өздөрү колдобогондук жана өгөйлөгөндүк этностун башка бир, саны да аз, бирок пассионардуу душмандан жеңилип, кыйрашына себеп болот. "Көңүл коштордон корк", — дептир XX кылымдын бир акыны, жарык дүйнө менен коштошор алдында.

Тукум курут кырылуу же аргындашып кетүү жолу менен этностун жоголушунун алдында анын ички түзүлүшүнүн жөнөкөйлөнүшү жана

жүрүш-туруштун көнүмүш адаттарынын жоюлушу башталарын жогоруда айттык. Этносто ортозаар адамдардын көп болушу алардын өз чөйрөсүндөгү чыгаан кишилерди жок кылат жана жамаатка өтө зарыл керек болуучу резистенттүүлүктү мокотот, анын натыйжасында аларды коңшу этностор оңой эле кыйратып салат. Сейрек учурларда гана алар тоолордун же чөлдөрдүн тереңине кире качып, обочолонуп жашап, байыркы этностун калдыгына айланып кетет. Эмнеси болсо да, прогрессивдүү социалдык өнүгүүлөр тарыхый материализмдин теориясында толук түрдө жазылган дегеле башка мыйзам ченемдүүлүктөргө баш ийгенине карабай филогенез менен этногенездин ортолорунда толук болбосо да, белгилүү бир окшоштуктар бар.

Никесиз туулгандар (бастарддар)

Эгерде экстремалдык белги катары пассионардуулуктан айрылуу процесси социалдык чөйрөдөн сырткары болуп өтсө, анда ал ыкчам жүрүп, байкалып турмак, бирок иш жүзүндө натыйжасыз болмок. Бирок коомдук-экономикалык процесстер менен тыгыз байланышта жүрүүчү этникалык тарыхтын татаал карама-каршылыктуу шартында пассионардуулуктун төмөндөшүнүн жана жок болушунун ролу жана мааниси анчалык ачык байкала бербейт. Ошондуктан кайрадан тарыхка кайрылып, ар тараптуу, мыкты изилденген доорлордон мисал келтирели. Антпесек, даректердин толук эместигинен улам пайда болуучу түшүнбөстүктөрдөн кача албайбыз.

Күч алып турган колониялык баскынчылык батыш европалык пассионарийлердин түбүнө жеткен, анткени Ост- жана Вест-Индиядан сейрек, бирөө-жарым эле адам келбесе, дээрлик бүт баары кайтып келген эмес, ал аз келгенсип котон жара илдети да алардын тукумун бузуп, курутуп турган. Бул илдеттен деңиз кемечилери жана жоокерлер көбүрөөк жабыр тартышкан. Ал кездерде булардын көбү, же ыктыярдуулар, т. а. пассионарийлер, же "селсаяк-жоокерлер", т. а. субпассионарийлер болгон. Шаарларда жана айылдарда тынч жашаган калк бул эки балаадан анча жабыр тартпаган менен, алардын пассионардык ышкысы төмөндөгөндөн төмөндөй берген. Анткени менен бул процесс күткөндөгүдөн алда канча жай жүргөн. Пассионардуулуктун тез төмөндөп кетишине тоскоолдук көрсөткөн абал түзүлгөн эле.

Кеп мындай. Пассионарий өзү курман болгучакты, капилет жыныстык байланыштар аркылуу өз генофондун калк арасына таратууга үлгүргөн. Жигиттин кандуу кармашка катышканы, көрсөткөн чечкиндүүлүгү курбалдаш кыз-келиндердин арасында жактырууга ээ болгон жана кыздар бул туюм-сезимин өздөрүнө мүмкүн болгон ыкма аркылуу билдире алышкан. Пассионардык ышкылык өтө жогору болуп турган учурларда кыздардын мындай кылык-жоруктарын коомчулук анча айыптаган эмес, ал эми такыбасынуучулук кийин, пассионардуулуктун басандашына байланыштуу пайда болгон. Орто кылымдарда "бастард" деген сөз кемсинтүүчү сөз болгон эмес. Карл VII убагындагы Франциянын коннетабли — Дюнуа принц-бастард деп аталган. Андайлар ал убакта абдан көп болгон. Жүз жылдык согуш мезгилинде аттуу-баштуу адамдардан жана мещандык катмардагы кыздардан никесиз туулган уландар "ак кошуундарды" толук- тап туруучу субпассионарийлер, т. а. селсаяк-жоокерлердин колбашчылары катары рыцардык даражаларды жана жер, мал-мүлктөрдү өз эрдиктери менен жеңип алып турушкан. Ал кошуундар "өз өлкөсүндө" да жана андан сырткары жерлерде да өз пайдасы үчүн гана салгылашышкан. Бул кошуундар кедей, бирок тайманбас, күчтүү адамдардан турган"[28], Лотарингия үчүн болгон 1431-жылдагы согушта бургундиялык герцог Ак көңүл Филипп өзүнө кызмат кылууга бастарддарды — д'Юмьерди, де

Брименди, де Невиллди жана Шиндерганнес тукумунан чыккан бастард Робин Кырааныды жалдаган. Дал ушул адамдар Филиппти жеңишке ээ кылышкан[29].

Чыгышта мындан да жөнөкөй болгон. Көп аял алуу көнүмүш көрүнүш болгон арабдар, түрктөр, моңголдор өзүнүн бардык балдарын, жадегенде олжого келген аялдан туулган баланы да "мыйзамдуу" деп эсептешкен. Биринчи аялынан, токолдорунан, же олжого келген катынынан туулган балдарды хан тагын мураска калтырарда гана айырмалашкан, анткени менен калган көпчүлүк эл мындай айырмалоону билген да, ага көңүл бөлгөн да эмес. Тукумуна генин берүү жагынан аялдар да эркектердей эле жөндөмгө ээ жана алар да пассионардуу болушат. Мына ошондуктан, гаремдерде алгачкы генофонддун бузулушу этносоциалдык системалардын пассионардык чыңалууларынын ар түрдүү деңгелдеринин түзүлүшү Европага караганда Чыгышта жеңил өттү.

Жүрүш-туруштун ушундай көнүмүш адаттары пассионардуулук белгинин бардык эле калк катмарына мүнөздүү экенин билдирип, бул өз кезегинде пассионардуулуктун кайсы бир тапка тиешелүүлүгү жөнүндөгү ойду жокко чыгарат. Эгерде эле, кайсы бир кокустуктан ушундай дал келүү орун алган күндө да, ал кийинки муунда баары бир адеп полициясы көзөмөлдөп турганына карабай, "никесиз" деп аталган балдардын төрөлүшү менен бузулуп калат. Алар социалдык башка топтордун арасына кошулуу менен өздөрүн "мыйзамдуу" аталарынан эмес, чыныгы аталарынан мурастаган пассионардуулуктун деңгелине ылайык алып жүрүшөт.

Мисалы, XVII кылымга чейин Франциядa дворяндар өздөрүн каста катарында эсептешкен эмес. Иш жүзүндө королдун кызматында жүргөн ар бир ишкер, кайраттуу адам дворянин боло алган. Кийин Ришельенин жардыгы менен бул жобого айрым чектөөлөр киргизилген; гугенот согуштарынан кийинки мезгилде өзүн дворянинмин деп атаган адам текшерүүдө, өзүнүн бир нече муундагы дворян ата-бабаларын атап көрсөтүүгө тийиш болушкан. Анан эмне болду дебейсизби?... Людовик Х1Унүн убагында дээрлик бардык министрлер, айрым көрүнүктүү аскер башчылары, улуу жазуучулардын баары (Фенелон, Ларошфуко жана мадам Севиньеден башкалары) дворяндар эмес, буржуалар болуп калышты[30]. Феодалдык король бийлигиндеги жетекчиликке алар "мыйзамдуу" ата-бабалары ээ болбогон өздөрүнүн жеке ишмерлик сапаттары менен жетишкен; андай болбосо алардын ата-бабалары деле королго кызмат кылууга сословиелик чек коюлбаган Сулуу Филиптин же Акылман Карлдын мезгилдеринде алдыга суурулуп чыга келишмек. Арийне, эгерде пассионарийлер кайсы бир социалдык топко жыйналып калганда, биринчи эле кандуу согушта алардын бүткүл тобу кырылып калмак, ал эми жаңы башталган этногенез процесси алгачкы фазасында эле токтомок. Биздин байкашыбызча мындай көрүнүш алиге учурай элек.

Этникалык регенерация, т. а. кыргын-сүргүндүү окуялардан кийин этностун структурасынын кайрадан калыбына келген учурлары көп учурайт. Анан да ата мекенди сактап калуучулар мурда өлкөнү негиздегендердин пассионардуулугунан кем болбогон жана өздөрүнүн мыйзамдуу ата-бабаларынын пассионардуулугунан ченемсиз жогору деңгелдеги пассионардуулукту көрсөтүшөт. Бастарддар бардык доорлордо жана бардык элдерде боло келген, бирок алар тарыхый булактарда сейрек баяндалган, бул андай адамдар жашаган эмес деп айтууга негиз боло албайт.

Этникалык кайра калыбына келүүнүн механизми мындайча болот. Адатта этносту түзүүчү субэтностордун арасында кайсы бирөө өтө демилгелүү, жандуу келет да, дайыма жетектөөчү катарында кызмат өтөйт. Ал этностогу адамдардын пассионардуулугу ургаалдуу түрдөгү иш-аракеттерге айланат, ошондуктан пассионардуулуктун жок болуу процесси тездик менен жүрөт. Анын орду башка субэтностор менен толукталып турат. Бирок мунун тескерисинче да болот:

пассионардык генофонд жамаат ичинде никесиз байланыштар аркылуу жайылып кетет да, туулган бала өз субэтносунда, тагыраак айтканда, энесинин үй-бүлөсүндө кала берет. Ошондуктан системанын пассионардуулугунун жоголушу басаңдай түшөт.

Жетектөөчү субэтнос өзүнүн болгон мүмкүнчүлүгүн түгөтүп кыйроого учураганда, чет-жакалардагы субэтностордун бири жетекчиликти өз колуна алат, мунун натыйжасында этногенез процесси үзүлүп калбай андан ары уланат. Никелүү байланыштарда мындай болмок эмес, себеби баланын ата-энеси ар дайым бирге болгондуктан, алардын башына түшкөн кыйынчылыктарды бала да тең бөлүшүп, адамзаттын кумар ышкысы кайнаган жерге барышы да ыктымал. Ал эми никесиз байланыштан туулган бала генеалогиясынан ажыраганына карабай жашоосун уланта берет.

Албетте, этностун ар бир кайра калыбына келүүсү маданий өнүгүүнү өз системасынын чегинде андан ары жылдырат. Мунун аркасында этнос жарым жан болбой ургаалдуу чыгармачыл жашоо-турмушунун мөөнөтүн узартат. Анткени менен ушунун өзү эле адамдардын жүрүш-турушунун акылга сыярлык нормаларын бузуучу инстинкттердин айкалышына жол берүүгө жетиштүү болот. Табият адамдардын ой-максаттарынан күчтүүлүк кылат.

Этносторду эмне данакерлеп турат?

Этникалык калыптануунун, же этногенездин өнүгүү табияты жөнүндөгү суроого жооп таап берүү менен биз дагы бир, андан кем эмес маанаге ээ болгон этникалык туруктуулуктун себеби эмнеде деген маселеге жакындап келдик. Чындыгында көптөгөн этностор калдык катарында иш жүзүндө пассионардуулугу жокко эсе болгон абалда жашап келатышпайбы. Ооба, бушмендер, австралиялыктар, пигмейлер, Декандын кодоо бойлуу негроиддери, палеоазиялыктар ж.б. ушундай абалдагы этностор. Азыркы убакта майда улут катары жашап жаткан көптөгөн, жетишерлик толук баадагы этносторду мисал келтирсек болот. Алардын пассионардуулугу ушунчалык алсыздангандыктан, ал этностор өздөрүнүн көнүмүш жашоо-турмушун улантуу менен гана чектелип өмүр өткөрүүдө. Алардын арасында өз ата-бабаларына окшош пассионардуу адамдар чанда гана пайда болуп турат. Пассионардуулуктун ушул деңгелдегилерине мисал катары Скандинавия өлкөлөрүн же Нидерландыны көрсөтсө болот.

Түзүлгөн материалдык база, башкаруу тажрыйбасы жана башка социалдык-техникалык факторлор начарлоо тенденцияларына каршы турат. Анан да этнос өмүр бою кайсы бир суперэтностук системанын ичинде жашап келаткандыктан, суперсистеманын элементтери менен анын ортосунда "энергия" алмашуу жүрүп турат. Бул пассионардуулуктун деңгелинин олку-солку болуп туруусуна шарт түзөт. Демек, этностун тышкы байланыш системаларынын иштеп турушу өнүгүүнү тездетүүгө же төмөндөөгө, а түгүл өлүп жок болууга алып келиши мүмкүн. Мындай абал алмашуунун көлөмү этностун турмушундагы ар башка учурлар үчүн ар түрдүү боло турган чектен чыгып кетүүлөрдүн натыйжасында пайда болот.

Эми биз алдыбызга бири бирине окшошпогон, көптөгөн ар башка адамдарды этнос деп аталган бир бүтүндүккө эмне данакерлеп, бириктирип турат деген суроо коёлу. Башка түрдөгү баш кошууда — социалдык системада адамдарды өз алдынча ичтен өнүгүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон өндүрүштүк мамиле баш коштуруп, бириктирип турат. Ал эми этнос үчүн анын биримдигин камсыз кылуунун башка системасы бар. Окуя- лардын байланышын жана иреттүүлүгүн изилдөөчү, социалдык институттардын жаралышын жана жок болуп кетишин эң

сонун баяндап бере алган тарых илими: эмне үчүн афиналык адамга аны менен беймарал соодалашып жүргөн финикиялыкка караганда, аны менен согушуп турган душманы — спарталык адам жакын болгон деген суроого жооп табалбай отурат. Тарых илими, бар болгону, афиналык адам менен спарталык адам эллиндер болушкан, т. а. саясий жактан бөлүнгөнү менен бир этнос болгон деп жооп бергенге гана жарайт.

Этнос деген эмне жана анын мүчөлөрүн эмне байланыштырып турат деген суроого тарых жооп бербейт. Демек, табиятка кайрылышыбыз керек.

Этникалык тарых (табияттын күчүнүн көрүнүшү) менен адамдардын акылынан жана колунан жаралган маданий тарыхтын ортосундагы айырмачылык эмнеде экенин жогоруда айтылган мисалдардан улам жакшы билебиз. Жашоо жарк этип башталып жана өлүм менен аяктайт. Ал эми өлүм дегенибиз жашоо процессинин табигый аяктап бүтүшү болуп саналат, а түгүл өз мезгили жеткендеги өлүм зарыл нерсе катары кабыл алынат. Мына ошондуктан биочөйрөнүн бардык процесстери үзгүлтүктүү (дискреттүү) болот; үзгүлтүксүз өнүгүүдө өлүмгө да, туулганга да орун жок!

Ал эми маданий тарыхта баары тескерисинче болот. Кооз сарайлар менен храмдарды жылдар бою курушат; ландшафтарды кылымдар бою өзгөртүшөт; илимий эмгектер менен поэмаларды ондогон жылдар бою жаратышат... ушулардын баары өлбөсө-өчпөсө деген үмүт менен жаратылат. Бул үмүт акталат: адамдар түзгөн баалуулуктарды өлүм ала албайт, алар акырындык менен бузулуп, жок болот же унутта калат. Чыгармалардын өзүндө пассионардуулук болбойт, бирок ошол жансыз чыгармалар аларды түзгөн адамдардын оттой жалбырттап жанган таланттары менен кумар ышкылары аркылуу жаралат. Ал баалуулуктар өнүгүүгө жана өзгөрүүгө жөндөмсүз келет, анткени алар биоценоздун өзгөртүүчү таасир чөйрөсүнөн четке чыгып калган эмеспи. Өлүмгө укуктуулук — жандуулардын гана артыкчылыгы!

Так ошону үчүн этностор түзгөн жана археологдор изилдеп жаткан маданияттар өзүн түзгөндөрдөн да узак жашап, археологдорду, ал чыгарма менен аны жаратуучуларды теңдештирүүгө, адамдар менен буюмдардын ортосунда окшоштук издөөгө мажбурлайт. Мындай аракеттер коркунучтуу, анткени калк арасынан пассионарийлер кеткенден кийин алардын артында көптөгөн адамдар, дагы көптөгөн буюмдар жана бир топ идеялар калат~ Ошентип маданият, али белгисиз нерсени чыныгы жашап турган нерсе катары кабыл алып отурган байкоочуну өчкөн жылдыздын жарыгы сымал алдап турат. А бирок феноменди баяндоодон түшүндүрүүгө өтүү изилдөөнүн башка куралын — гипотезаны, т. а. далилденбөөчү, бирок белгилүү болгон бардык даректерге дал келүүчү жана алардын өз ара байланыштарын аныктоочу болжолдоолорду колдонууга мажбурлайт. Бул жерден биз эми табигый илимдердин тармагына өтөбүз.

Жетинчи бөлүк

ИЛИМДЕР ОРТОСУНДАГЫ КӨПҮРӨ

МЫНДА ЭТНОГЕНЕЗ ЖӨНҮНДӨ ЖАЗЫЛГАНДАРДЫ
ТЕКТЕШ ИЛИМДЕРДИН МААЛЫМАТТАРЫ МЕНЕН
САЛЫШТЫРУУ АРКЫЛУУ ТҮШҮНДҮРҮҮГӨ АРАКЕТ ЖАСАЛДЫ.
МУРДАГЫ БӨЛҮКТӨРДӨН АЙЫРМАЛАНЫП
БУЛ БӨЛҮКТӨ НЕГИЗИНЕН
ИЛИМИЙ БОЖОМОЛДООЛОРГО ОРУН БЕРИЛДИ,
АНТКЕНИ МЫНДАН БАШКАЧА ТҮШҮНДҮРҮҮ
ЭТНОГЕНЕЗДИН ЖОГОРУДА БАЯНДАЛЫП ЖАЗЫЛГАН
МҮНӨЗҮ МЕНЕН СЫЙЫША АЛБАС ЭЛЕ

XXVII. СИСТЕМАДАГЫ ТАЛАА

Этногенез

Этнографтар буга чейин өз классификациялоосун биротоло калыптанып бүткөн көрүнүштөр: тил, соматикалык белгилери (раса), чарба жүргүзүү ыкмалары, дин, эмгек куралдарынын деңгели жана мүнөзү боюнча түзүп келишти, ушундан улам суперэтностор менен этностордун ортосун түпсүз туңгуюк бөлүп тургандай сезилет. Бирок биз өз көңүлүбүздү системалык байланыштарга бурарыбыз менен эле андай сезим дароо жок болот. Баяндап жазуу менен гана чектелүүчү этнографиянын ордун суперэтникалык системанын ар түрдүү элементтеринин ортолорундагы өз ара мамилелердин туруктуулугун да жана анын коңшу системалар менен өз ара аракеттерин да каттап туруучу этникалык тарых ээлейт. Мына ошондо мурдагы учурларда абстракттуу ой катары гана эсептелип жүргөндөр чындыгында жашап турган болуп чыгат, болгондо да салмактуу жана иштиктүү аракет кылып турганы билинет. Демек, "эллин маданияты" (Македония жана Римди өзүнө камтып турган), "мусулман дүйнөсү", башка дүйнөлөргө да таркап кеткен "европа цивилизациясы", "Ортоңку империя" (Кытай — этникалык жактан өтө мозаикалуу өлкө) же "евразиялык көчмөн маданият" (түрктөр менен моңголдор) — жөн эле сөз эмес, этнографтар байкап, баяндап жүргөн көрүнүштөрдөн бир баскычка жогору турган этникалык бир бүтүндүк төрдүн чындыгында жашап, көзгө көрүнүп турган жана социалдык жактан калыптанып бүткөн жыйындылары турбайбы.

Жазуу пайда болгонго чейинки доорлордо деле ушул катардагы этникалык бир бүтүндүктөр ушулардай эле бат-бат жаралып, өздөрүнөн кийин таш куралдарын, буюм-тайымдарынын таштандыларын жана карапа сыныктарынын үймөктөрүн калтырып, өнүгүүнүн ошол эле фазаларын басып өтүшкөнү ачык көрүнүп турат. Кээде алар, адам барбас чытырман токойлордун ичкерилеринде же өзүнчө аралдарда "уруу" катары сакталып да калышкан.

Эгер эле ушундай болсо, анда өтө обочо жашап турган, эң төмөнкү деңгелдеги эмгек куралдарын пайдаланган, цивилизациянын "алгачкы" баскычтарында турат деп эсептелген көптөгөн этностор этногенездин башталыш фазасы эмес, акыркы фазасы болуп эсептелинет. Айталы, Африканын түнт токойлорунда жашаган пигмейлер, Австралиянын аборигендери, Сибирдин палеоазиялык этностору, оттуу жердиктер, памирлик тоолуктар ушундай[1]. Алардын табигый шарттарга ылайыкташуусу ушунчалык мыкты болгондуктан, өз эмгек куралдарын жана куралжа- рактарын өркүндөтпөстөн эле биоценоздун курамында жашоолорун уланта алышат. Анткени менен, алардын табият жана этникалык чөйрө менен өз ара мамилесинин бул системасы элдин сан жагынан көбөйүшүн чектеп турат. Мындай көрүнүш Жаңы Гвинеяда кече жакында эле өтө кескин байкалып турган. Папуас жигит коңшу уруудагы адамдын ысымын билип, анын башын кесип келмейин балалуу болууга укуктуу болгон эмес, балага ошол өлтүрүлгөн адамдын ысымы берилген, анткени ысымдардын саны өтө катуу чектелип турган. Мына ушундай жол менен папуастар өздөрү жашаган аймактын табигый ресурстары менен тең салмактуулугун сактап турушкан. Бул — пассионардуулуктун нөлгө жакын деңгели болуп саналат. Ал эми башка жактарынан өнүккөн элдерден кем калышпайт.

Эреже катарында, персистенттик этностор туруктуу системаларды түзүп, ал система өз ичине адамдардын санынан башка да, табияттын жандуу

элементтеринин жана илгертеден өзгөрүүсүз сакталып келаткан буюм-тайымдардын белгилүү санын камтып турат. Бул, демек, этноценозго (баяндалып жаткан татаал комплексти ушундай атап коёлу) адамдар менен бирге тиги же бул үй жаныбарлары, маданий өсүмдүктөр жана үй буюмдары кирерин билдирет. Эскимосторду итсиз, иглусуз (кардан жасалган алачык) жана кайыксыз элестетүү кыйын. Тунгустар — бугулар жана лайка иттер, арабдар — төөлөр, пуэбло индейлери — меке жүгөрүнүн дүмбүлү менен байланышкан ж.у.с. Этноценоздун бузулушу, эгер ал анча чоң болбосо, этносту өзгөрүшкө учуратып гана тим болот, эгерде ал жетишерлик зор болсо кыйроого учуратат.

Этноценоздун бузулушу дайыма эле эмес, кээде гана этностун, аны менен эле бирге этнос пайдаланган жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн кошо жок болушуна алып келет. Көпчүлүк учурларда система гана жок болот да, ал эми анын курамдык бөлүктөрү башка этностун жана этноценоздун курамына кирип кетет. А кээде, этнос толук тукум курут болуп, этноценоз бузулса да, этногенездин эң алгачкы көрүнүштөгүдөн башкачараак түрдө кайталанганы байкалат. Бул — маданияттын мурасталып, муундан муунга өтүп турушу деп аталат. Мисалы, рим этносу жок болуп, анын артынан Рим империясы кулагандан кийин да рим маданиятынын руху көп кылымдар бою бүткүл Европада сезилип турган. Эгер ушундай болсо, анда биз этникалык инерция деген түшүнүккө туш келебиз, ал эми инерция дегенибиз — физикалык кубулуш эмеспи. Анан да, алда качан жок болуп кеткен дененин болушу мүмкүнбү? Биздин талдообузда бир нерсенин жетишпей жатканы ачык болуп турат. Демек, жаңы түшүнүк кийирүү зарыл, сөзүбүздүн алдын алып, табиятта электр-магниттик, гравитациялык жана башка талааларга окшош, бирок алардан айырмалуу — этникалык талаа да бар деп ачык эле айта алабыз. Анын бар экени ар бир адамдын жеке жүрүш-турушунан эмес, ар бир жеке кишиге таасир этүүчү жамааттык психологиядан көрүнүп турат.

Этникалык талаа

Талаа принциби жеке адамдын жана түрдүн жашоо-турмушунда, анын бардык көрүнүштөрү менен бардык этаптарында универсалдуу түрдө ишке ашып турат. Бул көрүнүштөр эки категорияга бөлүнөрүн байкоо кыйын эмес. Алардын бири түрдүн өнүгүү процесстерин, т. а. түрдүн латенттүү (потенциалдык) түрүнөн кеңири жайылган (актуалдуу) жашоо түрүнө өтүшүн камтыйт. Экинчилери болсо органикалык бир бүтүндүктүн элементтеринин (жеке адам, жамаат, түр) жүрүш-турушун камтыйт жана ал анын жашоосун, бир бүтүндүгүн (жашоо биримдиги) жана анын формасынын сакталып турушун камсыз кылат. Эки учурда тең бир бүтүндүктү түзүүчү көптөгөн элементтер шайкеш аракетте болуп турат, т. а. этникалык талаа принциби көрүнөт. Бирок өнүгүү процессинде анын объектиси (индивид) калыптанат, т. а. ал морфологиялык жана физиологиялык жактан үзгүлтүксүз өзгөрүүлөргө тушугат. Буга байланыштуу өнүгүү талаасы да (эмбриналдык же морфогендик талаа) өзүнүн динамикалуулугу менен айырмаланып турат. Ошондуктан ар бир белгилүү учурда өнүгүп жаткан органдын же өнүгүп-өсүп бараткан жаш адамдын талаасы андан мурда болуп өткөн өнүгүүнүн ошол учурдагы талаасынан деги эле башкача болот. Буга карама-каршы талаа ошол түрдүн жашап жаткандыгы менен шартталган, салыштырмалуу статикалык бир бүтүндүгүнүн сакталышын камсыз кылуучу органикалык түзүлүштөрдүн элементтеринин жүрүш- турушун жөнгө салып

турат. Бирок жогорку таксономиялык топторго тиешелүү болгон биримдик алардын турмуш-тиричилигинин башка жак- тарына тарабай коё албай турганы ачык нерсе. Биз үчүн бул биримдик форма аркылуу гана эмес, ар бир өз өзүнчө кандайдыр бир бүтүн жана биримдүү нерсе катары эволюциялык процесстерге катышып жаткан топтордун жүрүш-туруштары аркылуу да көрүнөт. Муну бардык же көпчүлүк организм үчүн, а түгүл айрым топтор үчүн жалпы мүнөздүү болгон эволюциялык процесстердин мыйзам ченемдүүлүктөрү бар экендиги ачык- айкын далилдеп турат.

Эволюциялык процесстин жүрүшүндө топтордун түзүлүшүнүн жана жүрүш-турушунун биримдигинен байкалып туруучу бир бүтүндүктүн жана биримдиктин фактысынан биз бул процессти жөнгө салып, шайкеш келтирип турган талаа бар деген жыйынтыкка келе алабыз. Бул талааны филогенетикалык талаа деп атасак болот. Кантсе да, топтордун тиги же бул типтеринин өзгөчөлүктөрү аларды толук мүнөздөөчү белгилер болуп саналгандыктан биз топтордун типтеринин эволюциясынан эволюциялык процесстердин маңызын көрө алабыз. Мында түшүнүк динамикалык маниге ээ болот, бул түшүнүк буга чейин статикалык түшүнүк катарында колдонулуп келген[2].

Ошентип тарыхты, этнографияны жана ал эмес психологияны үйрөнүү акыры сөздүн чыныгы маанисинде табият таануу илимине кайрылып келүүгө мүмкүнчүлүк берди. Адамдар Жердин биочөйрөсүнө киргендиктен өздөрүнүн сокур сезимдерине же эмоцияларына таасир берүүчү биохимиялык процесстерден качып кутула алышпайт. Ан-сезим адамдарды кандай жорук-жосундарды жасоого түртсө, эмоциялар да ошондой эле даражада жорук-жосундарды жасоого түртө алат, анткени бул эмоциялар этногендик жана ландшафттендик процесстер менен тыгыз байланышып турат. Натыйжада чөйрөнүн каршылык көрсөтүүсүнөн улам пассионардык инерциясын жоготууга баш койгон пассионардуу муун пайда болот да, этноландшафттык тең салмактуулуктагы этнос калдыгына айланат; бул тең салмактуулук жаңы пассионардык түрткү аркылуу, т. а. микромутация аркылуу бузулат.

Айбанаттардын үйүрлөрүндөгү биргелешкен аракеттердин жеке жүрүш-туруштун үстүнөн басымдуулук кылып турушу алда канча ачык көрүнөт. Ал эми адамзат коомунда жамааттын иш-аракети ошол жамаат же жолбашчы тарабынан алдыга коюлган максат аркылуу аныкталат. Ошол максатты жетекчиликке алып жана аны аткаруунун алдын ала аныкталган иш тартибине ылайык адамдар шаарларды курушат, чарбачылыктын ар кайсы тармактарын өнүктүрүшөт, жашоого керектүү каражаттарды өндүрүшүп, аларды бөлүштүрүшөт, бала-бакыраларын тарбиялашат ж.у.с.

Айбанаттардын жеке эмес, үйүрүнө мүнөздүү болгон көнүмүш жүрүш-туруштарынын маңызы азырынча илимий жактан жеткиликтүү иштелип чыгыла элек. Көпчүлүк учурда аны инстинкт деп атап жүрүшөт. Бирок бул аталыш эмнени түшүндүрөт? Канткен менен инстинкттин жана жалпы эле организмдин бардык касиеттеринин жаралыш себебинин жообун табигый тандалуу теориясы бере алат. Ошентсе да, биринчиден, бул көрүнүштү ал теориянын көз карашы аркылуу түшүндүрүү, эволюциянын бардык процесстеринин жардамы менен түшүндүргөн сымал эле анча ишенимдүү эмес, экинчиден, кайсы бир көрүнүштүн жаралыш себебин билүү өзүнчө алганда, анын маани-маңызын түшүнүүгө жетишерлик негиз боло албайт. Анан да, бул жерде биз жеке жүрүш-туруштун үстүнөн жамааттык жүрүш-туруштун үстөмдүгүнүн табиятын так аныктап, инстинкттин жаралышы жөнүндөгү маселени чечип салалы дегенден алыспыз.

Анын үстүнө, бул үчүн азыр биздин колубузда жеткиликтүү маалыматтар да жок, жадагалса бул тармакты талдап териштирүүгө керектүү түшүнүктөр да иштелип чыкпаптыр. Бирок бул ушул маселеге таандык болгон маалыматтарды жыйноого, аларды классификациялоого, байкалган мыйзам ченемдүүлүктөрдү белгилеп, биз өзүбүз кабыл алган жалпы жөбөлөрго ылайык талдап түшүндүрүүгө аракеттенүүгө тоскоол боло албайт.

Талаа принцибин жеке адамдын жана түрдүн жашоосунун бардык көрүнүштөрүнө колдонуу аркылуу биз бул талаанын таасир берүүчү объектилерин так элестете алабыз. Индивиддин бар экени түздөн-түз көрүнүп турат. Муну биологдор гана таанып отурган жери жок; канткен менен түрлөрдү аныктап туруучу, айталы "ит", "карга", "жылан", "балык" өңдүү түшүнүктөр турмуш-тиричилик жаатында да кеңири белгилүү эмеспи.

Түр реалдуу нерсе катары өзүнүн биримдиги аркылуу билинет. Андыктан, системалоо усулун ким колдонбосун, ага түрлөр эле эмес, этностор да реалдуу нерсе экени ачык көрүнөт, анткени булар тарыхый биримдикте жашап турушат жана алардын тарыхый тагдырлары да бирдей.

Этникалык талаалардын ритмдери

Этникалык талаанын ролу жөнүндөгү концепция бул жерде ушунчалык майда-чүйдөсүнө дейре жеткиликтүү жазылгандыктан, кийинчерээк аны этнологияга колдонгондо бир топ татаал маселелерди чечип бере алат.

Эми өзүбүз колдонуп жаткан терминдердин маанилери жөнүндө макулдашып алалы. Бул терминдер, чектеш илимдерде кабыл алынган терминдер менен майда деталдары боюнча дал келбей калган күндө да окурманга автордун оюн түшүндүрүүгө жардам берет, анткени мындай түшүнүк сюжетти андан аркы талдоодо зарыл керек болот. Мисалы, организмдин талаасы — организмдин көзгө көрүнгөн чектеринен сырткары жаткан уландысы дейли, демек, тело дегенибиз — сезип-билүү органдарыбыз тарабынан кабыл алынуучу күч сызыктарынын жыштыгы жаткан талаанын бир үзүмү болот. Ал талаа тиги же бул ылдамдыктагы туруктуу термелүү кыймылына ээ экендиги азыркы кезде гана такталды [3]. Бул термелүүлөр, т.а. "вибрациялык (дирилдөөчү) дүүлүктүргүчтөр бир чөйрөдөн экинчи бир чөйрөгө тоскоолдуксуз берилүүчү касиетке ээ жана алар катуу, суюк, аба түрүндөгү чөйрөлөргө бирдей түрдө таралат. Абанын 16дан 20000 Гц тилкеде вибрацияланышы адам тарабынан үн дүүлүктүргүчү катары кабыл алынат. Ал эми организмдин өз дирилдөөсүн билүүчү атайын рецептордук орган денеде жок", — деп жазат Г. И. Акинщикова. Ал андан ары ички органдар үчүн кадыресе вибрациянын режими жөнүндө маалыматтарды келтирет да, анын организмге узак убакыт бою таасир этүүсүнүн натыйжасында пайда болуучу неврологиялык жана физиологиялык бузулууларга токтолот. Адамга таасир этүүчү вибрациялардын катарына Күндүн, Айдын бир күндүк, айлык, жылдык жана көп жылдык таасири менен шартталган жана геомагниттик талаанын өзгөрүүлөрүнөн жана тышкы чөйрөнүн башка таасирлеринен улам пайда болуучу термелүүлөр кирет[4]. Ооба, жыйналган бардык этнологиялык материалды интерпретациялоо үчүн жалгыз ушул байкоо деле жетиштүү. Болгону изилдөөнүн эталону катары этникалык системаны алуу зарыл, т. а. организм деңгелинен жалпы түрдүн деңгелине өтүү керек.

Мисалга келтирилген маалыматтарга таянсак, система (биздин маселеде — этникалык система) көнүп алган термелүүнүн белгилүү бир ылдамдыгы ал

система үчүн, бир жагынан, өтө ыңгайлуу, экинчи жагынан, — ал термелүү системада гана чектелип турат да, андан ары өнүгө да албайт жана өнүгүүнүн ага кереги да жок экени ачык болот. Бирок бул ритмдер мезгил-мезгили менен болуучу түрткүлөр (биздин маселеде пассионардык) аркылуу бузулуп турат жана анын натыйжасында кайра түзүлгөн система бул процесске тоскоолдук кылган элементтерди четтетип, мемиреген тең салмактуулукка умтултат. Ушинтип этностук деңгелдеги ритмдер менен эксцесстердин, мемирөө менен чыгармачылыктын тири укмуш айкалышуулары байкалат, мында чыгармачылык ар дайым кыйынчылыктар менен байланыштуу болот.

Дагы бир маселе. Этногенездердин ар кайсы региондордогу дүрт этип пайда болушу жөнүндө айтуу менен алардын ритмдүүлүгүн биз жалпы философиялык көз караштан улам четке кагып отурган жокпуз, жөн гана ритмдүүлүк гипотезасы байкоолорго карама-каршы келгендиктен ошенттик. Бирок этникалык (баяндоо оңой болсун үчүн ушундай атайлы) талаанын тиги же бул ылдамдыктагы термелүүсүн ритмге теңесе болот. Ал эми ритмдин интенсивдүүлүгү этногенез процессинин башынан аягына чейин өзгөрүлүп турат. Муну мисалдап түшүндүрүп көрөлү: кылды (же камертон) черткенде үн чыгат, бирок анын термелүүсү бара-бара басаңдап отуруп токтойт; эгерде аны мурдагыдан катуураак чертсең, ал кайрадан үн чыгарат, бирок ал үн бул жолу же күчтүүрөөк, же пасыраак чыгат. Чындыгында бир эле кылдын үнү болгонуна карабай, түздөн-түз бири экинчисине дал келбейт, эми акустикалуу залда ойногон чоң оркестрди элестетип көр. Ушу сымал эле этникалык талаалар бири бирине окшошпойт. Ооба алар кайсы бир эксцесстен (микромутация) улам жаралган алгачкы импульстун өчүшү менен түшүндүрүлүүчү бир эле мыйзам ченемдүүлүккө баш ийгенине карабай ар башка болот. Бул түшүндүрүүнү далилденген (индуктивдүү) эмес деп эсептеген күндө да бардык белгилүү фактылар муну далилдеп өтурат, ал эми бул болсо табигый илимдерде керектүү жана жеткиликтүү деп эсептелинет.

Баяндалган этникалык талааны (же ага тең келүүчү — феномен) биз этникалык жакындык, же тетирисинче, бөтөндүк катарында кабыл алабыз. Бардык этносторго мүнөздүү болгон өзүн башкаларга карама-каршы коюу ("биз" жана "биз эмес") принциби сунуш кылынып отурган көз караштан алганда өтө жөнөкөй түшүндүрүлүшү мүмкүн. Бир ритмдин ээлери башка бир ритмдин ээлери менен жолукканда алар жаңы ритмди кандайдыр жат, өздөрүнө органикалык түрдө таандык болгон ритм менен тиги же бул даражада шайкеш келбөөчү көрүнүш катары кабыл алышат. Кээ бир учурларда жаңы ритм жагып калышы да мүмкүн, ошентсе да окшош эместик акыл-сезим аркылуу түшүндүрүүнү талап кылбай турган факт жана шек туудурбас нерсе катары каралат. Ал эми этникалык талааанын ритмдери, биз жогоруда айткандай, жүрүш-туруштун кайталангыс көнүмүштөрүнөн даана байкалат.

Тарыхый тагдырга байланыштуу бөлүнүп кеткен жана ар кайсы маданияттардын таасирине кабылган этностор, кейпи, дал ушу этникалык талаа бар болгону үчүн бытырап таркап кетпесе керек. Эгерде этникалык талаанын эн алгачкы ритмин бузган себептер четтетилсе, алар кайра калыбына келе да алышат. Баса, өз элин, жерин сагынуу сыяктуу (ностальгия) маанай ушундан улам жаралат. Мейли, жакшы санаалаш болсо да, бирок бөтөн элдин арасына туш келген адам кандайдыр бир түшүнүксүз коомайлануну жана кусалыкты сезет. Бирок бул сезим ал адам өз улутташтарын тапкан кезде басаңдап, үйүнө кайтып

келери менен жоголот. Мында климаттык шарт да, жашоого түзүлгөн жакшы жагдай да эч кандай роль ойнобойт.

Сунуш кылынып отурган интерпретация этностун жаралышында кабылдоонун биринчилиги жөнүндөгү шектенүүнү жокко чыгарат. Анткени этникалык жалпылыктын негизинде биофизикалык кубулуш жаткандыктан, аны социалдык, экологиялык, лингвистикалык, идеологиялык жана д.у.с. факторлордун туундусу деп эсептөө сандырактык.

Эми биз эмне үчүн жаңы туулган балдар этностон сырткары турат, т. а. эмне үчүн ал али "улутка таандык эмес" деген суроого жооп бере алабыз. Этникалык талаа, т.а. этнос феномени баланын жана эненин денелеринде топтолуп турбастан, алардын ортолорундагы өз ара мамилелер аркылуу көрүнөт. Өзүнүн биринчи бакырыгы жана биринчи жолу энесинин эмчегин эмгени аркылуу бала энеси менен байланыш түзөт да, муну менен энесинин этникалык талаасына өтөт. Эненин талаасы баланын өз талаасын калыптандырат, ал эми атасы, туугандары жана башка балдар, жалпы эл менен байланышууда ал талаа түрүн гана өзгөртөт. Жашоонун башталышында бул талаа алсыз болот, эгерде ымыркай башка этникалык чөйрөгө жайгаштырылса, анда анын этникалык талаасы гана өзгөрөт да, темпераменти, жөндөмдүүлүгү жана мүмкүнчүлүктөрү өз калыбында калат. Бул — башка этноско таандык болуу дегенди билдирет жана ал бала үчүн анчалык оор сезилбей кабыл алынат.

Инсандык кулк-мүнөз баланын үч-беш жаш курагында калыптанат. А. С. Макаренконун айтуусуна караганда, беш жашка чейин туура эмес тарбия көргөн бала кайра баштан тарбиялоону талап кылат. Л. А. Орбели, "бала туулгандан кийин сырткы чөйрөнүн таасири аркылуу анын шартсыз рефлекстеринин жетилүүсүн тажрыйба жүзүндө негиздеген теория"[5] түзгөн. Үч жашка чейинки ымыркайды энесинен бөлүү өтө коркунучтуу. Анткени бала тамак берип баккан энесинен гана эмес, жароокер, кең пейил, боорукер энесинен да ажырап калат. Энеден ажыратылган бала көп учурда интеллекти төмөн, социалдык кулк-мүнөзү бузулган, бат ызаланып-туталанган, ачууга жеңдирген адам болуп калат[6].

Бул жерде тукум куучулук мыйзамы аракеттенбей, бала менен чоң адамдын өз ара мамилелери аркылуу аракетке келүүчү биологиялык талаа роль ойнойт. Бул айтылгандар жеке кишиге гана эмес, эн жогорку катардагы системага — этноско да тиешелүү.

Этникалык талаа жана этногенез

Жогоруда биз этностор эки жол менен — дивергенция жана бири бирине кошулуу жолу менен пайда болорун түшүндүргөнбүз. Эмки кеп эң башкы нерсе жөнүндө — этностун орун алмаштырып коюу жолу менен эмес, чыгармачылык жол менен калыптануусу жөнүндө жүрмөкчү. Этногенездин башталыш учуру ар дайым пассионардык чыңалуунун кескин жогорулашы менен дал келет деп биз мурда да белгилеп кеткенбиз. Муну метафора тили менен айтканда, качан гана алгачкы компоненттер, этникалык субстраттар көз ирмемде өз структурасын жоготуп, кайрадан буга чейин болуп көрбөгөн айкалыштарда жаралууга мүмкүндүк берүүчү энергетикалык жогорку чыңалуу учурунда гана синтез реакциясы пайда болот.

Мындай чыңалуу мезгилдерин — б.з. II кылымында — византия этносу, VIII кылымда — бир эле учурда мусулман суперэтносу, тибет жана түндүк кытай этностору, IX кылымда — Европанын орто кылымдардагы улуттары, XII кылымда

— моңгол жана чжурчжен этностору, XIV кылымда — великоросстор пайда болгондо белгилегенбиз. Ар бир этностун жаралуусунун алды жагында инкубациялык мезгили болгон болуш керек, бирок аны тарыхый материалдарды изилдөө аркылуу ачып көрсөтүп, сүрөттөп жазуу дегеле мүмкүн эмес. Анан да биз аныктаган мыйзам ченемдүүлүккө ылайык, белгилүү тарыхый этностор гана эмес, деги эле бардык этностор, алардын ичинде калдыкка айланган байыркы этностор да, а түгүл жок болуп кеткен, бирок байыркы булактарда эскерилип калган этностор да дал ушундай жол менен келип пайда болгон деп логикалык жыйынтык чыгарууга акылуубуз.

Арийне, адамзат тарыхы толук түрдө чагылдырылбаганын да унутпоо зарыл. Эгерде, палеоазиялыктардын, тэулчейлердин (патагондор), меланезиялыктардын же кой сандардын (готтентот менен бушмендер) этногенезинин өнүгүү процесстери бизге белгисиз болгондуктан алардын өздөрүнө тиешелүү акматикалык фазасы болгон эмес деп айтууга негиз жок. Тескерисинче, жогоруда биз тараптан аныкталган мыйзам ченемдүүлүккө таянып, бардык этностордун өзүнө таандык баатырдык жана гүлдөө доорлору болгон деп болжолдоого болот. Бирок каардуу замандар ал доорлордун изин калтырбай жок кылган, анын үстүнө ал жерлерде адат-салттар уланбай үзүлүп, жазуу эстеликтери жок болгондуктан кадимки тарыхый усул аркылуу белгилүү бир жыйынтык чыгаруу мүмкүн эмес. Ошондуктан, өзүбүз алдыга койгон максат үчүн жетиштүү боло турган, колдон келген жана зарыл керек болгон нерсени иштөө менен чектелебиз.

Буларды жана буга окшош көптөгөн көрүнүштөрдү жүрүш-туруш адаттарынын максатка ылайыктуулугу жана да өз тагдырыңды өзүң аң-сезимдүү түрдө тандап алышыңа мүмкүнчүлүк бар деген жобого таянуу менен эле түшүндүрө салуу мүмкүн эмес. Бул жерде биз этностун жүрүштурушун, албетте, статикалык жактан детерминдештире турган аң-сезимден тышкаркы, стихиялык процесстерге туш келебиз. Кытай жана көчмөн суперэтностордун "талааларынын" ритмдери ушунчалык айырмаланып тургандыктан, алардын достук байланыштары саясий максаттар менен түзүлгөнүнө карабастан, эч качан бекем болуп узакка созула алган эмес. Бекеринен мындай болуп отурган жок.

Белгилүү бир ритмди башка бир ритмдер менен айкалыштыра келсек, теория жүзүндө же гармония, же дисгармония пайда болушу ыктымал. Биринчи учурда этностор кошулуп кетишет, экинчи учурда бир этностун, же экөөнүн тең талаалары бузулат да, алардын байланыштары үзүлүп, ал талаа ритмдеринин жок болуп кетишине алып келет.

Бирок пассионардык түрткү же дүрт этип жарылуу болгон учурда байланыштары бузулган талаа өзүнө мүнөздүү ритмин жоготот да, мурдагыдан белгисиз жаңы ритмге ээ болот. Жаңы талаанын мүнөзү түрткүнүн (мутация) күчүнө, региондун ландшафттык шарттарына жана ал жердеги популяциялардын генетикалык кодуна, социалдык өнүгүү деңгелине, маданий салттардын туруктуулугуна жана да анын айлана-чөйрөсүндө жашаган этностордун шалакылыгына же агрессивдүүлүгүнө байланыштуу болот. Мунун мындан башка да көптөгөн аныктоочу факторлорун эсептеп чыкса болор эле, бирок биз бул жерде пассионардык түрткүлөрдү жана анын натыйжаларын үстүртөн карай салгыбыз келбеди, себеби аны өзүнчө кеңири баяндоо максатка ылайыктуу болот. Этногенез дегенибиз — термелүү кыймылынын, адатта адегенде кыска мөөнөттүк күчөшү жана андан ары акырындык менен басаңдап барып токтошу, ал эми этникалык карым-катнаштар болсо — этникалык

талааларды вибрацияларынын өз ара аракеттенүүсү. Дегинкисин этникалык тарых бүт бойдон жогорулоолор менен төмөндөөлөрдөн турат эмеспи.

Ошентип, этногенез дегенибиз — биочөйрөнүн табигый процесси экен. Ал кээде гана пайда болуп турат жана дайыма аракет кылып туруучу үч фактор менен бир катарда этникалык тарыхтын компоненттеринин бирин түзөт. Ал факторлор төмөнкүлөр: 1) саясий-социалдык фактор, анткени адамдар ар дайым өз жамаатындагы өз ара мамилелердин белгилүү бир тартибин орнотуп, сактап келишкен; 2) техникалык фактор; себеби эмгек куралысыз адам болгон эмес, болбойт да; 3) географиялык фактор; анткени адам өз жашоосуна керектүү каражаттарды өзүн курчап турган табияттан алып турат. Жердин ландшафттары ар түрдүү болгондуктан, өз ичине адамдарды да камтыган экосистемалар да ар түрдүү болот. Бул үч параметр аркылуу ар кандай гомеостатикалык этносту так мүнөздөөгө болот. Бирок этногенездин динамикасы төртүнчү фактордун — пассионардык түрткүнүн эсебинен ишке ашат. Жер жүзүндөгү мерчемдүү аймактарда кээде болуп туруучу пассионардык түрткүлөр бир эле этнос эмес, суперэтнос деп аталуучу этностордун тобун, т. а. айрым этностор блоктор, звенолор жана курамдар катарында катышып турган системаларды жаратат.

Суперэтностун табияты

Ошентсе да суперэтникалык системанын мүчөлөрүнүн бири бирине жакындыгы эмне менен аныкталат? Эмне үчүн алар бири-бири менен чыгармачыл байланыш түзүүгө жөндөмдүү да, бир суперэтносту экинчисинен бөлүп туруучу чектерден ары карай ал чыгармачыл байланыштарды кеңейте алышпайт? Жогоруда биз көргөндөй, ар кайсы этностордун ритмдеринин дал келишпестиги ушунчалык чоң болгондуктан, аларды кошулууга мажбурлоо демографиялык аннигиляцияга алып келет. Башка сөз менен айтканда, француз рыцарлары арабдардын адеп-ахлагына, гректердин билимдүүлүгүнө, кельттердин же литвалыктардын эр жүрөктүүлүгүнө жана кумандардын (кыпчактардын) майтарылгыс кайратына канчалык суктанышпасын, алар кезиккен региондордо этникалык урандылар гана калып турган. Айталы, килейген эки ташты бирине бирин кагылыштырганда сүрүлүүдөн кыпындар пайда болот, ал кыпындарды мурдагы калыбына кайтаруу дегеле мүмкүн эмес. Суперэтникалык деңгелдеги кагылыштарда пайда болуучу бузулуу процесси да кайра жанбайт.

Ушундай. Бирок суперэтностун өз ичинде да ар түрдүү көрүнүштөр учурайт: 1) социалдык-экономикалык түзүлүш, 2) биринчи же экинчи катардагы расалар, 3) тилдер, 4) салттар жана турмуш-тиричилик ырым- жырымдары, 5) диндер. Бардык ушул айрым белгилерди өз-өзүнчө ырааттуу түрдө талдап чыгалык, антпесек тигил же бул сырткы белгини кубулуштун тереңде жаткан маңызы катары кабыл алууга умтулуу дайыма болуп турат эмеспи.

"Христиан дүйнөсү" XII кылымдын аягында көптөгөн тилдерди пайдаланган. Айталы, француз, провансал, кастил, галиси (португал тили да болуп саналат), баск, бретон, тоскан, неаполитан (ал кезде жалпы италиялык тил болгон эмес), түштүк Англияда саксон жана түндүк Англияда норвег тилдерин, немис тилинин ар бөлөк диалектилерин, дат, швед, поляк, чех, венгр, латын тилдерин колдонушкан. А түгүл, бир чоң герцогдукта же кичинекей королдукта жашаган элдердин тили да ар түрдүү болгондугу алардын бири-бири менен

алакалашуусуна тоскоол болгон эмес. Алар коңшуларынын тилин үйрөнүп алышкан же латын тилин маданий жана диний тил катары пайдаланышкан.

"Мусулман дүйнөсүндө" да араб, перс, сирия, курд тилдери, түрк диалектилери колдонулган. Византиянын Константинополунда эле грек, армян, славян, исавр тилдеринде сүйлөшүп, байыркы грек тилинде жазууга аракеттенишкен[7].

Жогоруда айтылгандардан мындай жыйынтык чыгарсак болот: тил этникалык белги боло албайт, демек, тилдердин айырмачылыктары өз ара алакалашууга тоскоолдук кылбайт.

XII кылымдагы суперэтностун бирдиктүү экономикалык түзүлүшү болгон деп кеп кылуунун өзү туура эмес, себеби элдин көпчүлүк бөлүгү натуралдык чарба жүргүзгөн, ошондуктан алар коңшулары менен алака түзүүгө муктаж болушкан эмес. Экономикалык байланыштар чет-жакаларда гана бир кыйла жандуу жүргүзүлгөн, дал ошол чет-жакаларда бирин бири кырып жок кылуу да күчтүү болгон. Шаарларда да экономика- лык турмуш бир топ ургаалдуу өнүгүп отурган, бирок бул жерде эл сан жагынан анчалык өсүп кете алган эмес, анткени калк өтө жыш жана ыплас шарттарда жашагандыктан ар кандай жугуштуу илдеттерден улам адамдар өлүмгө көп учурап, бирок шаардын калкы айыл-кыштактардан келгендер менен кайрадан толукталып, өсүп турган.

Суперэтностун катарын ар башка расалар түзгөн жана алардын кошулуп аралашуусу кокустан болгон. Кресттүүлөрдүн жүрүштөрүнө Нормандия менен Саксониянын көгүлтүр көз, ак жуумал адамдары, көк көз, ак саргыл бургундиялыктар, кара тору, арык чырай провансалдар, коңкогой мурун италиялыктар (Рим империясынын мезгилинен баштап Ломбардияга келип жашай баштаган сириялыктардын тукуму) жана арабдардан анча айырмаланбаган испандар катышкан.

Мусулман жоокерлери менен бир катарда түркмөндөр менен судандык негрлер, Атлас капчыгайынан чыккан хамиттер менен Арарат тоосунун этектеринде жашаган курддар салгылашкан. Бедуиндик бай генеалогияга ээ болгон арабдардын чоң энелери менен апалары — грузин, грек, италия, согду, индус, черкес жана аббисин аялдары болгон. Супер- этностун расалык курамы анын антропологиялык биримдигин эмес, басып алуулардын кыйырын көрсөтүп турган.

Маданияттардын окшоштугу же "информациялык байланыштар"[8] да болгон эмес. Буга аз болсо да социалдык тосмолор жана ишмердүүлүктөрдүн мүнөздөрү, анан да территориялардын обочо болушу тоскоолдук кылган. Өзүн рыцарлыкка же жоокерликке даярдап жүргөн бала алты жашынан ат ойнотуп, кылыч чабууга үйрөнө баштаган, антпесе ал биринчи беттешүүлөрдө эле курман болушу ыктымал эле; дин кызматкери болууну эңсеген бала латынды жаттаган; уста челек жасалуучу жыгачты жонгонго, уз кезде- ме токуучу өрмөк үстүндө белин майыштырууга, малчы мал кайтарууга, дыйкан жер айдап, жүзүм бутаганга үйрөнүшү керек болгон. Баарынын тең ушунчалык колу бошобогондуктан, бири-бири менен маектешкенге убакыты да, мүмкүнчүлүктөрү да аз болгон. Ал аз келгенсип баарынын кесиптик кызыкчылыктары ар түрдүү болгондуктан "информациялык байланыштарга" муктаждыгы да дээрлик жок эле. Баарынын бир королу болгонуна карабай, эгерде Нортумберленддеги англистер шотланддардын кол салуулары менен алектенишсе, Кенттин же Бордонун калкы алар жөнүндө ойлонуп да коюшкан эмес. Арабдардын өздөрүн тандантып, Халифаттын территориялык эмираттарга жеңил-желпи бөлүнүп кеткенине карабай бул эгемен мамлекеттердин аалымдарынын өз ара байланышы үзүлгөн

эмес. А бирок дин илими (теология) менен философия этностун жалпылыгын кантип аныктай алсын?

Анан да, ар башка көз караштар болгондо субхат курган дурус эмеспи. Бирок мындайда кызыл чеке болуп талашып-тартышуулар жана чатакташуулар жаралат. Клерводон чыккан Бернард жана клюнийлик монахтардын Пьер Абелярга жана париждик студенттерге каршы талаш-тартыштары ушундай чыр-чатак менен бүткөн. Бирок бул чыр-чатак "Христиан дүйнөсүнүн" бир бүтүндүгүн буза алган жок.

Бернард католик чиркөөсүнүн сабатсыз поптордон жана бузуку епископтордон тазаланышына жетишип, француз королу Луи VII менен немис королу Конрад Шнү крест жүрүшүнө катышууга көндүргөн.

Абеляр католик чиркөөсүнө философиялык системаны — концептуализмди, бир папаны (Целестин II), бир ересиархты (Арнольд Брешианс- кийди), 19 кардиналды жана 50 епископту тартуулаган. Чиркөөдөн тышкары деп жарыяланганда Абеляр өзүнүн мурдагы каршылаштарына — Клюни монастырына келип, өзүн куугунтуктагандар менен элдешип, ушул жерде 1142-жылы көз жумган. Анда "коммуникациянын уютмасы" деп эмнени эсептемекчибиз? Отко өрттөлгөнгө кайыл болуп талашып-тартышуунубу же каардуу күчтөн коркуп унчукпай макул боло берүүнүбү? Же, жөнөкөй айтканда, чуулгандуу информациялык байланыштар — этногенездин фактору эмес, карама-каршы турган жааттардын бирине таандык экендикти көрсөтүүчү индикаторбу?

Ошол эле XII кылымда Түндүк Африкада бербер аалымы Ибн Тумарттын "бир гана Кудай бар" деп айтып, туарег марабуттарына (дербиштерине) каршы ачкан талаш-тартышы мындан да ырайымсыз болгон. Куулук-шумдукту билбеген түркөй адамдар Кудайды адамга окшоштуруп, анын да колу, буту, бети ж.б. бар деп ойлошкон. Ибн Тумарт "Алланын колу — анын бир касиети, муну — анын аракети десе болот, ал эми анын жүзү — анын дагы бир мүнөздүү касиети, муну — угуп жана көрө билүүсү десе болот", ал эми чындыгында Алланын колу эмне экендиги адамдын акыл-эсинен сырткары чектерде жатат[9] деген. Дал мына ушундай талаш- тартыш аркылуу коммуникациялык информацияларды жөнгө салса болчудай өңдөнгөн, бирок балээниби, "бир кудайды" жактоочулар — Алмо-хаддар "көп кудайчыларды" — Алморавилерди мууздап салышат. Теологиялык макул эместикти кан төгүүнүн себеби деп эсептөө кыйын, ал кезде бул илимди ким түшүнүп коюптур. Бул чындыгында, берберлер менен туарегдердин өз ара күрөшү болгон, дегинкисинде да ушундай эсептелип жүрөт.

Кудайдын касиеттери (атрибуттары) жөнүндө талаш-тартыш мусулман теологиясында мин жылдап уланып келе жатат, бирок ал дайыма эле кандуу кагылышууларга алып келген жок. Тескерисинче, айыгышкан, кызыл кыргын согуштар башка ураандардын астында, мисалы, Аалы менен Фатиманын тукумдарынын халифтин тагына отуруу укугун коргоо үчүн деген жана д.у.с. ураандар менен башталып, жүргүзүлүп турган. Демек, кеп окумуштуулардын диний жоболорунда эмес, башка бир нерседе болуп жатат окшойт. Биз мына ошол нерсени табышыбыз керек.

Эгерде эле биз этностун моноформизминин бизге белгилүү болгон бардык себептерин четке кагып салсак, анда системалардын бири бирине окшош эместигине карабай этногенез процесстеринин бир түрдүүлүгүн эмне менен түшүндүрүүгө болот? Сыягы, инварианттуу (өзгөрүлбөс) фактор да бар болушу мүмкүн.

Ооба, ал фактор бар. Аны мындайча атасак болот: регионду этникалык субстраттарын өзгөртүүчү мезгилдик-мейкиндик энергетикалык ара катыштардын констелляциясы. Эми мунун эмне экенин түшүндүрөлү.

Бир жак бурчуна ар кандай чоңдуктагы жана салмактагы шариктер коюлган түбү бүдүрала кен подносту элестетип көрөлү. Эми бул шариктерди анча чоң эмес таяк менен түртөлү. Ошондо шариктер ар кайсынысы ар башка ылдамдык менен тоголонуп жөнөйт, айрымдары ордунда калат. Томолонуп кеткен шариктер акыры токтойт да, ар кайсы жерде топтошуп, бир кызыктай фигураларды пайда кылат. Эгерде биз аларды кайрадан түртүп жиберсек, шариктердин көлөмүнүн ар түрдүүлүгүнө, күүлөнүүсүнүн күчүнө жана подностун түбү жылмакай болбогондугуна байланыштуу ар башкача томолонушуп, алар эми башкача бир фигураларды жаратат. Ооба, жаңыча түзүлгөн фигуралар да түртүүнүн натыйжасында жаралат. Бул, албетте, сүрөт же схема, эми биз турмуштагы ушундай көрүнүшкө кайрылалы. Пассионардык түрткү (микромутация) кайсы бир регионду камтып, анда жашаган этносторду кыймылга келтирет. Ал кыймыл табигый тандалуу аркылуу алынып салынуучу белгини — пассионардуулукту жоготуудан улам акыры токтоп калат. Кыймылдын башталышында жаңы системалар жаралат жана алардын түзүлүшүндө эски этностор алар үчүн субстраттардын ролун аткарат. Бул региондогу түрткү таасир эткен бардык этностор өздөрүн багып турган ландшафтка жана этникалык айлана-чөйрөсүнө (коңшуларына) болгон мамилелерин кайра курушат, натыйжада ал региондо ар түрдүү көрүнүштөр пайда болот. Анан да алардын баары бирдей импульс алгандыктан, кандайдыр бир окшоштук түзүлүштөргө ээ болушат (бир тарапка томолонуп баратышат да). Дал ушундай көрүнүштөр аларды суперэтноско бириктирет.

Ушундан улам суперэтносту пассионардык түрткү менен бирге пайда болуучу "маданий алкакка" же идеологиялык концепцияга теңештирүүгө болобу? Ушундай ой жарала калат, бирок ал алдамчы ой. Концепциялар, философиялык жоболор, эстетикалык канондор, этика эрежелери жана д.у.с. — табият кубулуштары эмес, адам акылынан жаралгандар. Адам колунан жаралган буюмдар сыяктуу эле, "руханий" деп аталган бул баалуулуктар да же сакталып калат, же катаал мезгил тарабынан бузулуп жок болот. Булар алардын өзүн жараткан этностордун жер ооп кетишине караганда үгүт-насыят жолу менен алда канча тезирээк тарагандыктан жаңы кыртыштарда башкача түргө ээ болуп өзгөрүп кетиши сөзсүз боло турган нерсе. Буга эки мисал эле жетиштүү.

V кылымда христиан доктринасы үгүт-насыят жолу аркылуу Индиядан Ирландияга чейин, Кавказдан Эфиопияга чейин таркаган. Бардык жерде жеңишке ээ болду, бирок эрдик иш-аракеттер жана кыйын-кыстоолор аркылуу жүргүзүлгөн үгүт-насыяттардын жолу менен жетишилген окшоштуктар догматиканын чөйрөсү, диний ишмерлер жана да селсаяк адабий сюжеттер (мисалы, Граал жөнүндө уламыш) аркылуу чектелип турган. Бул жакындык эң жогорку пассионардык чыңалуунун учурунда пайда болду да, андан соң баары ар тарапка тарап кетти. Руханий өз алдынчалыкка умтулган Египет монофизиттик жолго түштү, Иран падышасы колдогон несториандар Месопотамияга кетишти, жаңы суперэтносту жетектей баштаган Рим өзүнөн өзү "четке чыгып калды", ал эми Арабстанда ислам Византияда куугунтук жеген динбезерлердин баарын өзүнө бириктирип, арабдардын күч-кубатынын символу болгон динге ийгиликтүү сиңирип алды. Мында маданий жолду жолдоочулук ачык көрүнүп

турат, бирок табигый процесс адамдар жасаган бардык тосмолорду кыйратып, андан четтеп өтүп кетти.

Будда динине үгүттөө да ушуга окшош тагдырга жолуккан. Бул дин өз ата мекени болуп эсептелген Бенгалияда жок болуп кетти да, Цейлондо, Японияда, Кытайда, Тибетте, Сиамда жана Моңголияда ар кандай түргө ээ болду, жадагалса бул окуунун догматикалык негизи да таанылгыс болуп өзгөрүлүп кеткен; болгону терминологиялар жана Будданын ысымы — Шакья Муни гана сакталып калган. Айтмакчы, бул адам христиандар арасында да ыйык ханзаада Иосаф катарында урматталган. Кайра эле Граал мисалындагыдай, маданий таасирлер этникалык жакындыкты алмаштыра албайт.

Демек, суперэтностун инварианты географиялык чөйрөдө жатат жана ал пассионардык түрткүнүн импульсу менен регионду ландшафттык өзгөчолүгүнүн айкалышуусу аркылуу аныкталат. Эгерде ал түрткү географиялык тосмолор менен бөлүнгөн эки, үч, төрт регионду козгогон болсо, анда ошончо сандагы, бири экинчиси менен байланышпаган суперэтностор пайда болот. Анан да бул суперэтностор бир куракта болушкандыктан, өздөрүнөн мурда же кийин жаралган башка суперэтностордон айырмаланып, бирдей калыпта өнүгүшөт. Натыйжада, жогоруда биз баяндаган жана ошолорго окшогон таламдар менен кырдаалдардын карама-каршылыктары (коллизия) пайда болот.

Пассионардык түрткүгө дуушар болбогон коңшу этностор да жаңы этностун субстраттары болуп саналат. Коңшу этностор гомеостаздан башка бардык фазаларда этногенездин мүнөзүнө дайыма таасир тийгизет. Ошондуктан, ар бир жаңы этнос бул территорияда өзүнөн мурда жашап кеткен жана өз айланасында тиричилик өткөрүп жаткан этностордун жашоосуна жана алардын өнүгүүсүнө, эгерде эле жаңы этностун жаралышы ал өнүгүүнү талкалап салбаса, өз таасирин тийгизбей койбойт. Этникалык өнүгүүнүн механизми татаал, бирок ал өнүгүүнүн принциби ачык-айкын болушу керек.

Адамдардын жүрүш-туруш көнүмүштөрүн кайсы бир пайда табууга жана материалдык жыргалчылыкка умтулуу сыяктуу нерселер гана калыптандырбайт. Алардын сүйүүсү жана жек көрүүсү олуттуу деңгелде психиканын сокур сезим деп аталган стихиясына байланыштуу, дал ошону үчүн "өз" жана "жат" деген сөздөр абстракттуу түшүнүктөр эмес, алар чыныгы жашап турган этникалык талаалар менен ритмдерди сезип-туюу болуп саналат. Мына ошондуктан гана этностор жана алардын тобу — суперэтностор кокустан соккон желден же түрткүдөн кыйрап түшпөй миң жылдар бою жашай берет. А бирок пассионардуулук, т. а. этникалык талааны термелтип туруучу күч жоголгон кезде, симфониянын үнү өчүп, этнос (же суперэтнос) өз оордугун өзү көтөрө албай кыйрап түшөт.

Химералар

Көпчүлүк убакта этностор бири менен бири "тамырлашып" өнүгөт. Бир суперэтностун ичинде бул коркунуч туудурбайт, ал эми суперэтностордун деңгелинде ал ооруга айланып, ырбап отуруп, акыры өлүмгө алып келүүчү химера сыяктуу түзүлүштү[10] жаратат. Бул процесстин механизми мындайча болот.

Түрткүнүн натыйжасында жаралган суперэтникалык система өз регионунун табияты менен тыгыз байланышта турат. Аны түзгөн бөлүктөр жана кичи системалар — этностор жана субэтностордун ар бири өзүнүн экологиялык нугун

таап алат. Бул болсо алардын жашоо үчүн күрөшүн дээрлик токтотуп, коңшулар менен өз ара шайкеш жашоого мүмкүндүк берет. Бул абал, өз кезегинде, коомдук түзүлүштөрдү уюштуруу жолун жеңилдетет. Мындай кырдаалдарда деле кан төгүлөт, бирок жашоого болот. Эгерде бул системага бөтөн, жаңы этникалык бир бүтүндүк кирип келип, кошо жашап калса, анда ал өзүнө ылайыктуу нук таба албай, өз тиричилигин ландшафттын эсебинен эмес, бул жерде жашагандардын эсебинен өткөрө баштайт. Бул жөн гана кошуна жашоо же симбиоз эмес, а химералар, т. а. бир бүтүндүкте бири менен бири сыйышпай турган эки бөлөк системанын айкалышы болуп саналат. Зоология илиминде химералык түзүлүштөр деп, мисалы, айбанаттын организминде пайда болгон мите курттар жараткан нерселер аталат. Айбанаттар мите куртсуз жашай алат, ал эми мителер кожоюнсуз өлүп тынат. Анткени менен, кожоюнунун денесинде жашаган мите аны көбүрөөк тамак керектөөгө мажбурлап, анын канына же өтүнө өз гормондорун зордоп кошуу аркылуу организмдин биохимиясын өзгөртүп, айбанаттын жашоо циклине катышат. Симбиоздон химеранын айырмачылыгы ушунда. Симбиоздо, мисалы, суу чаяндын денесинде актиния жашайт; актиния аны душмандарынан коргоп, суу чаян менен кошо жүрүп көбүрөөк тамак табууга мүмкүнчүлүк алат.

Суперэтникалык деңгелдеги симбиоздо эки тарап тең табияттын тартуулары менен тамактанышат, катар жашашат, бирок анда-санда чатакташуулар да болбой койбойт. Ошондуктан суперэтностук деңгелде химеранын уусу менен ууланууга караганда симбиоздо турган суперэтникалардын чабышуулары анчалык катаал эмес. Ага карабай этностук же субэтностук деңгелдеги аргындашуу, же ассимиляцияны, же калдыкка айланган субэтносту пайда кылат, бирок жок болуп кетүүгө жол бербейт.

Албетте, алдуу-күчтүү, пассионардык чыңалуусу мыкты этникалык системалар өз чөйрөсүнө бөтөн элементтерди жолотпойт. Мына ошондуктан XII кылымга чейин Батыш Европада химералык түзүлүштөр сейрек учурайт. Анткени менен алар XIII кылымдын башында пайда болгон. Мисал катары Балтика боюнда кылыччандардын ордени тарабынан түзүлгөн мамлекетти келтирсек болот, алар согушту ливдердин катышуусу менен жүргүзүшүп, крепостнойлукка айландырылган леттер менен курлардын эсебинен азык-түлүк алып жашашкан. Псковдуктар менен литвалыктарга каршы жүргүзүлгөн кандуу согуш ливдерге да, леттерге да кереги жок болучу, бирок алар өздөрүн кыңк эттирбей башкарган чет жерликтердин бийлигине туш болушкан, баш ийбеске айла жок эле. Андыктан бөтөн адамдардын таламын талашып жан берүүгө туура келген.

Маргиналдык (чек аралык) химеранын дагы бир башка мисалы катарында Болгарияны көрсөтүүгө болот. Хазарлар тарабынан туулуп-өскөн Кавказ талааларынан сүрүлгөн болгарлардын Аспарух жетектеген ордосу 660-жылга жакын ченде славяндар жашаган Дунай өрөөнүн басып алышат. Болгарлар евразиялык талаа суперэтносунун өкүлү эле жана алардын славяндар менен симбиозу дээрлик эки жүз жыл бою химералык система болгон. Бирок болгарлар аз санда болгондуктан алардын бир бөлүгү славян чөйрөсүнө сиңип кетет, дагы бир бөлүгү Добруж менен Бессарабияда, т. а. өлкөнүн чет-жакасына отурукташып калат[11]. 864-жылы славяндашып кеткен болгар падышасы Бористин чокунушу анын элинин, биз "византиялык" атап жүргөн суперэтноско киришин белгилеген. Бул ансыз да чексиз болуп турган этносистеманын элементтеринин санын көбөйттү. Грек православиеси менен катар Болгарияга кичи азиялык

маркионилер жана богумильство деген диний агымдар кошо келип, мунун натыйжасында өлкөнүн ичиндеги идеологиялык баш аламандык күчөп кеткен. 1018- жылы Болгар падышачылыгы кулаганга чейин уланган Византия менен болгон согуш ырайымсыз жана катаал болду. Болгарларды 1185-жылы гана Асени валахтарынын жолбашчылары евразиялык көчмөндөр — кыпчактардын жардамы менен азаттыкка чыгарган. Ал кезде кыпчактар валахтар жана болгарлар менен симбиоздо жашашкан.

Кул соодасы этномителиктин элементтеринин бири болуп саналат. Башка адамды эркиндигинен ажыратууга анын бөтөн экендиги жөнүндөгү ишеним негизги өбөлгө болгон. Египеттик же англосаксондук плантаторлор үчүн ал — негр, римдиктер үчүн — варвар, иудейлер үчүн — бүрүк, мусулмандар үчүн — капыр, ж.у. с. Анткени менен алар өз адамдарын да крепостнойлукка айлантышкан.

Баарынан кызыгы, карыздан пайда болгон кулчулук адепсиздик деп эсептелип, буга Афиныда — Солон, байыркы Израилде — Экинчи мыйзамдын (Библиянын курамына кирген алгачкы беш китептин) автору жана башкалар каршы чыккан. Ушул эле учурда бөтөн уруулардын өкүлдөрүн кулга айлантууну а түгүл деңиз айбанаттарына аңчылык кылуучу төлөңгүттөр менен алеуттар да табигый көрүнүш катары эсептешкен. Бул кесипте кул эмгегин пайдалануу мүмкүн эмес болгондуктан алар көлгө түшкөн аялдарды күң катары үй тиричилигинде жумшап, эркек кулдарды ырым-жырым учурунда курмандыкка чалышкан.

Эсиңиздедир, мессендик илоттор өздөрүн карактаган жана өлтүргөн башка бирөөлөр эмес, өздөрүндөй эле дворян-спарталыктар, өздөрүндөй эле Гераклиддердин тукумдары жасагандарына ачууланышкан. Эллиндер да бул жорукка кыжырланган, бирок алар деле жеткен кул ээлөөчүлөр жана кул сатуучулар болушкан.

Кул ээлөөчүлүк түзүлүштүн классикалык үлгүсү болгон байыркы Элладада уруулар аралык согуштардын жеңүүчүлөрү жеңилгендерди жеке эркиндигинен ажыратышкан эмес, аларга салык салган. Ошону үчүн, бул түздүктөргө Пинда абактарынан келген фессалиялыктардын ата-бабалары өздөрүнө баш ийип берген эллиндерди пенестер (кедейлер) деп аташкан. Чындыгында бул V кылымда талкаланган Рим империясынын провинцияларын феодалдык эзүүгө — колонатка айландырганга окшогон социалдык көрүнүш болгон.

Этнос "бойго жеткен" сайын адеп-ахлак тартиби катуулай баштаган. Б. з. ч. 435-жылы коркирлер Эпидамнды — коринфиялык колонияны басып алышкан соң, колго түшкөндөрдүн ичинен коринфиялык эмес туткундарды кулдукка сатып жиберишкен, себеби коркирликтер өздөрүн коринфиялыкпыз деп эсептешкен[12]. Дал ушуга окшош окуя Б. з. ч. 413-жылы да болгон, сиракуздар афинылык туткундарды таш казууга пайдаланып, суу бербей коюп, суусагандан өлбөй калган афинылык эместерди кулчулукка сатып жиберишкен. Алар каршылаштарын душман катары санашкан[13].

Римдиктер бул жагынан ырааттуу иштешкен. Веспасиандын легиондору 69-жылы Кремонду алганда анын бүт калкын кырып салышкан, анткени алар римдик граждандар болгондуктан аларды кулчулукка сатууга мүмкүн эмес эле[14]. Бул да социалдык көрүнүш, бирок анын араб, португал жана англиялык-француздук кул соодасынан айырмасы бар экени ачык көрүнүп турат.

Эгерде муну мурдагы позициядан эмес, башка негизден карай турган болсок, анда өлкө элин ландшафттын курамдык бөлүгү деп эсептөөгө болот, мите-этнос

андагы жаныбарлар, өсүмдүктөр, баалуу минералдар менен бир катарда калкты да өз кызыкчылыгы үчүн пайдаланат. Бирок бул көз караш ошондой эксплуатацияга кызыгдар болгондор тарабынан эле колдоого алынбаса, башкалар аны кабыл алган эмес, тарых да бул көз карашты такай четке кагып келатат. Кулчулук институттары дайыма байкалып турганына карабай этникалык митечиликтин айрым көрүнүштөрү чанда гана учурда туруктуу жана узак жашай алган, бирок көп учурда кайра калыбына келип турган.

Ошентип, табият менен такыр байланышы жок деп айтарлык өзгөчө этностор бар болгон күндө да этностун ландшафт менен байланышы жөнүндөгү негизги тезиске шек келтире албайт, анын үстүнө мите-этностор да климаттык шарттар, жугуштуу оорулар же тамак-аштын түрлөрү өңдүү түшүнүктөрдү өз регионунун табияты менен тыгыз байланышта жашаган этностордой эле кабыл алат. Ошондуктан бүт дүйнө жүзү боюнча бирдиктүү этнос түзүү үчүн алкактарды, атмосферанын циклондук кыймылдарын, токой менен талаанын, жана албетте, тоолор менен өрөөндөрдүн айырмачылыктарын жоюу керек. Бактыга жараша, бул мүмкүн эмес.

Этностор аралык кагылышууларды биологиялык да, же жалаң гана социалдык категориялар менен байланыштыруу жарабайт, анан да биз сунуш кылган түшүнүк биочөйрөнүн жандуу нерселеринин биохимиялык энергиясынын модусу катарында пассионардуулук көрүнүшүнөн улам келип чыгып отурат. Суперэтностун деңгелиндеги этникалык карым-катнаштардын төрт варианты болушу мүмкүн, ошондой болсо да, карым- катнаш түзүүчү этностордун пассионардык чыңалууларынын даражалары аныктоочу фактор болуп саналат. Эгерде биз пассионардуулугу анча чоң эмес персистент этностун пассионардык чыңалуудагы этнос менен айкалышуусуна байкоо сала турган болсок, анда аргындашуу жүрөрүн же начар этностун сүрүлүп салынышы көбүрөөк ыктымалдуу экенин көрөбүз, эгерде пассионардуулугу начар эки же андан көп этнос бирге жашаса анда алар modus Vivendi таап алышат да, бирин бири басып сала албайт. Эгер экөө тең күчтүү, пассионардуулугу тең болсо, анда аргындашуу жүрөт, ал аз келгенсип ритмдерди бири бирине таңуулоо жүрүш-туруш көнүмүштөрүн өзгөртүп, анын жеке адамга пайдалуулугу арткан менен жамаатка тетири таасир көрсөтөт; мындай жамааттар көбүн эсе аннигиляцияга тушугат, анткени ар кимиси башка бирөөлөрдүн эсебинен жашоого умтулат. Эгерде аргындашуу жүрүп жатканда пассионардык түрткү пайда болсо, мутацияга учураган калктын өзгөрүү жөндөмдүүлүгүнүн жогору болушу жүрүш-туруштун жаңы көнүмүштөрүнүн, жаңы түзүлүштөрдүн, булардан улам, коомдук-саясий институттардын жаңы варианттарынын, кыскача айтканда, жаңы этностун жаралышына мүмкүндүк түзөт. Бул процессти, бир жагынан, катализатор катышканда жана жетишерлик жогорку температурада жүрүүчү химиялык реакцияга, экинчи жагынан, эмоциянын (сокур сезим) чөйрөсүндө пайда болуучу психологиядагы чыгармачыл процесс менен салыштырууга болот.

Ушундан улам, этникалык (расалык эмес) аргындашуу бир жактуу бааланышы тийиш эмес деген жыйынтык чыгат. Жашап турган чөлкөмдүн жана мезгилдин кайсы бир кырдаалына жараша андай аргындашуу этникалык субстраттарды жок кылып жиберет, кайсы биринде — аны бузуп өзгөртөт, үчүнчүсүндө — жаңы этнос болуп кайра түзүлөт. Бирок ал эч качан из калтырбай өтүп кетпейт. Дал мына ошондуктан мейли мамлекеттик, мейли уруулук биримдиктин же көп аялдуу үй-бүлөнүн масштабында болобу этнологияны этибарга албай коюуну

келечек тукум алдында кылмыштуулук кылганга тете жеңил ойлуулук деп баалоо керек.

XXVIII. ПАССИОНАРДУУЛУКТУН ТАБИЯТЫ

В. И. Вернадскийдин биочөйрө жөнүндөгү окуусу

Этногенездин энергетикалык маңызы жөнүндө суроо салуу менен биз бул процесстерди энергиянын кандай формалары жаратарын көрсөтүүгө тийишпиз. Бул үчүн биз эң алды менен демейки тар түшүнүктөрдөн баш тартып, илимий көз караштарга таянышыбыз керек. Өзүбүзгө мейли башка организмдер менен өз ара туруктуу аракеттенген, бирок аларга көз каранды эмес организм катары көнүмүш мамиле жасоонун ордуна "биз жандуу организмдерди бир бүтүн жана бирдиктүү нерсе катары карашыбыз керек, анткени булардын баары биочөйрөнүн функциясы... жана аны аныктоочу геологиялык зор күч болуп саналат[15]. Жерде жашоочу организмдер — индивиддердин жыйындысы гана эмес, ошондой эле "жандуу заттар" да болуп саналат, алар "айлана-чөйрө менен атомдордун биогендик тогу аркылуу: өзүнүн дем алуусу, тамактануусу жана көбөйүшү аркылуу байланышып турат.

В. И. Вернадскийдин окуусуна ылайык, биочөйрө — планета бетиндеги "жандуу заттардын" чел кабыгы гана эмес, ошол эле учурда ал анын геологиялык мезгилдеги жашоо ишмердүүлүгүнүн бардык жемиши, алар: кыртыштар, тунма жана метаморфикалык тектер жана абадагы бош кислород. Биз өзүбүздүн ата-бабаларыбыздын сөөктөрүн тепсеп жүрөбүз, биз алда качан өлгөндөрдүн өмүрү менен дем алып жүрөбүз, акыры биз да, өзүбүздүн урук-тукумубуз биздин өткөн өмүрүбүз менен дем алышы үчүн ушул стихияга сиңип кетебиз. "Бардык жандуу нерселер бири-бири менен байланышта турган жана геологиялык мезгил ичинде эволюциялык процесстерди башынан кечирген, тынымсыз өзгөрүүдөгү организмдердин жыйындысы болуп саналат. Бул — мезгил агымы аркылуу статикалык тең салмактуулукка умтулган динамикалуу тең салмактуулук... Эгерде карама-каршы тарапты карай аракеттенүүчү тендеш маанидеги эч кандай кубулушка учурабаган жашоо канчалык узак болсо, эркин энергия да нөлгө ошончолук жакын болот".

Бул принципти түшүнүү үчүн дагы бир жагдай-шартты билип алышыбыз зарыл. Планетанын кыймылсыз катуу заттары энтропиянын өсүү мыйзамына баш иет. Ал эми жандуу нерселер, тескерисинче, антиэнтропиялык касиеттерге ээ. Бардык ушул жандуу жана кыймылсыз катуу нерселердин коп түрдүүлүгү "атомдордун биогендик миграциясына" же "биочейрөдөгү жандуу нерселердин биохимиялык энергиясына" байланыштуу болот.

Энергиянын бул формасы физиктер тарабынан изилденген энергиянын башка формалары сыяктуу эле реалдуу жана таасирдүү келет. Ал да, өзүнө окшогондор менен бир катарда энергиянын сакталуу мыйзамына баш иет, т. а. калориялар же килограммометрлер менен түшүндүрүлүшү мүмкүн. Геологиялык мезгил ичинде биздин планета: 1) Күндүн нурунун энергиясын; 2) Жердин түпкүрүндөгү радиоактивдүү бөлүнүүлөрдүн атомдук энергиясын; 3) өзүбүздүн галактикадан чыгып тарап туруучу элементтердин космикалык энергиясын сиңирип, өз энергиясын байытып турган[16].

Анан энергиянын ушул формасы организмдерди мүмкүн болгон чектерге чейин көбөйүүгө мажбурлайт, бул кадимки эле жаз алдында көлчүк бетине пайда болгон суу котур (балыр чөп) өсүмдүгүнүн бир эле жалбырагы күзгө чейин көбөйө отуруп, бүт көлчүк бетин жээгине чейин басып калган сыяктуу болот; ал балыр жээктен ары өспөй токтойт. Белгилүү бир чектердин алкагында гана тарап, көбөйүүнүн ушул эле мыйзамы биосферанын бардык жандуу организмдерине, демек, адамдарга да тиешелүү.

Анткени менен биөчөйрөнүн өзү ошол биочөйронү түзүп турган организмдерге чек коёт. Биочөйрө мозаикалуу болот: жаныбарлардын же өсүмдүктөрдүн бир түрү экинчи бир түрүн чектеп турат, ошентип организмдердин оз ара жашоо гармониясы — чоң жана кичи масштабдардагы биоценоздордун динамикалуу тең салмактуулугу пайда болот. Жер жүзүндө климаттык шарттар да ар түрдүү келет. Алардын ар түрдүүлүгү зоналуулук, океанга алыс же жакын тургандыгы, атмосфералык басымдардын өзгөрүшү — циклондордун пайда болушу жана башка себептер менен аныкталат. Ушундай болгондуктан организм белгилүү бир чөлкөмгө ылайыкташып, көнүгүп алууга умтулат, мунун натыйжасында алардын ал чөлкөмдүн чегинен тышкары территорияларга тароо мүмкүнчүлүгү чектелет. Жандуу жана жансыз нерселердин элементтеринин татаал системасы катары интерпретациялоого мүмкүн болучу геобиоценоздор мына ушул себептен туруктуу келет. Ал геобиоценоздордо бир жерде жашоочу өсүмдүктөр менен жаныбарлардын ортосунда энергиялардын уюлгуп айланып турушун камсыз кылуучу туруктуу процесстер, т. а. биоценоздун конверсиясы жүрөт.

Канткен менен адамдар да биоценозго кирет. Жашоонун үзгүлтүксүз жаралып туруучу кыйынчылыктарын жеңүү үчүн биоценоздун сересинде отурган этникалык жамаат күч жумшайт. Тынч абалында ал коңшуларына кол салууну ойлоп да койбойт жана табиятты өзгөртүүгө активдүү киришпейт, мындай кырдаал анын мүчөлөрүнүн ургаалдуу көбөйүшүн шарттайт. Этнос система катарында дал ушундайча түзүлөт, мында этностун мүчөлөрүнүн бири бирине баш ийүүчүлүгү алардын жашоосунун негизги шарты болуп саналат. Бирок ошол эле пассионардуулук системада үстөмдүк кылуу үчүн адамдарды өз ара тукум курут кылып кырып-жоюуга түртөт. Бул учурда пассионардык чыңалуу нөлгө жетмейинче төмөндөй берет. Ушундан кийин социалдык институттарда жана каада-салттарда камтылып турган кыймылдын инерциясы системанын жашоосун камсыз кылып турат, бирок система акыры бүлгүнгө алып баруучу гомеостаз абалына өтөт. Демек, бардык "дымып" жаткан этностор качандыр бир кезде өнүккөн этностор болгон, ал эми азыр өнүгүп жаткан этностор, эгерде жок болуп кетишпесе, акыры, качандыр бир кезде "туруктуу" абалга келишет.

Этностордун басымдуу көпчүлүгү элинин санына карабай, белгилүү бир территорияларда жашашат же жашап келишкен жана алар ошол чөлкөмдүн биоценозуна кирип, аны менен бирге өзүнчө бир "туюк системаны" түзүп турат. Дагы бир башка этностор өнүгө жана көбөйө отуруп, өз биохорунан сырткары жактарга тарайт, бирок алар да өздөрү кайра өздөштүрүлгөн, анан да туруктуу түрдө ылайыкташып алышкан биринчи типтеги этносторго айланат. Мында термодинамиканын космостук процесстерине толук окшоштук байкалат: "Туюк системада энтропия үзгүлтүксүз чоңоё берет. Андыктан организм (же организмдердин системасы — этнос — Л.Г.) улам чогулган энтропияны системалуу түрдө четке сүрүп чыгарып турушу керек. Ошондуктан жандуу нерсе айлана- чөйрө менен энергияны жана энтропияны өз ара алмашып турушу зарыл.

Бул алмашуу маалымат корлорун колдонуучу башкаруу системалары аркылуу жөнгө салынат. Маалыматтардын корлору организмде же системада өзүнөн өзү пайда болуп турушу деги эле мүмкүн эмес. Демек, алар мурастоо жолу менен гана берилет[17].

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, маалыматтардын мурастоо жолу менен берилиши жөнүндө физиктердин айтканы тарыхчылардын тилинде "салт", ал эми биологдордун тилинде "мурастык белги (сигнал)" деп аталат. Эми, жогоруда айтылгандардын баарын жыйынтыктай келгенде, демек, этногенез дегенибиз — энергетикалык процесс, ал эми пассионардуулук дегенибиз — энергиянын этногенезди азыктандырып туруучу формасынын таасири болуп саналат экен.

Мутациялар — пассионардык түрткүлөр

Геобиоценоздордун тынч абалы түбөлүк сакталып турбайт. Бул абал адамдардын таң каларлыктай активдүүлүктөрүнүн кысымы астында бузулуп турат жана бул кысым ошол активдүү адамдардын өзү үчүн кыйроо менен аяктайт. Шалбааларда чөптөн чөпкө секирип тынч жашап жаткан чегирткелер күтпөгөн жерден эле саранчаларга айланат да, өз өлүмүн көздөй, жолдо бет келгендин баарын жок кылып, учуп жөнөшөт. Тропиктик кумурскалар өздөрүнүн эң сонун ыңгайлуу уюгун таштап жөнөшөт да, алдынан туш келгендин баарын талкалап отуруп, акыры жолдо өлүп жок болушат. Океандын толкунуна бой таштап курман болуу үчүн леммингилер жүздөгөн чакырым аралыкты басып өтөт. Жада калса микроорганизмдер да кара тумоолорду пайда кылып... булар да өлүмгө тушугушат. Тан калыштуу бул кубулуштарды кандайча түшүндүрө алабыз? Кейпи, кайрадан эле В. И. Вернадскийдин биогеохимия боюнча эмгектерине кайрылат көрүнөбүз.

Биринчи биогеохимиялык принцип мындайча аныктама берет: "Биочөйрөдөгү химиялык элементтердин атомдорунун миграциясы ар дайым өзүнүн максималдуу түрдөгү көрүнүшүнө умтулат. Планетадагы бардык жандуу нерселер эркин энергиянын булактары болуп саналат жана ал энергиялар ишке, албетте, физикалык маанидеги ишке чегилиши мүмкүн". Ал эми "эркин энергия" дегенди В. И. Вернадский "энтропияга тескери тарапка карай кетүүчү жандуу нерселердин энергиясы" деп түшүнөт. "Анткени жандуу нерсенин иш-аракети аркылуу иш аткарууга жөндөмдүү болгон эркин энергия өнүгөт[18]. Демек, биздин планетабыз биочөйрөнүн тең салмактуулугун сактоого жете тургандан да көбүрөөк энергияны космостон алып турат, бул болсо жаныбарлардын арасында, жогоруда жазылгандай көрүнүштөрдү, ал эми адамдар арасында пассионардык түрткүлөрдү же этногенездин дүрт этип жанышын пайда кылуучу эксцесстерге алып келет.

Этногенез процессинин жаралышы жана анын жүрүшү (ал токтоп, этнос калдыкка айланганга чейин) үчүн пассионардуулук, т. а. көздөгөн максат үчүн зор чымырканып аракеттенүүгө жөндөмдүүлүк милдеттүү шарт болуп саналат. Азырынча биз муну жогоруда белгиленген фактыларды түшүндүрө турган гипотезага, т.а. ой жүгүртүүгө таянып жана башка түшүндүрүүлөр да пайда болушу мүмкүн экенин четке какпай талдоого аракеттенип көрөлү: пассионардуулук — бул организмдин сырткы чөйрөнүн энергиясын өзүнө сиңирүүгө жана аны кайрадан жумуш аткарууга берип туруучу тубаса жөндөмдүүлүк. Адамдарда бул жөндөмдүүлүк ушунчалык күчтүү термелгендиктен, анын импульстары кээде жеке адамдын, ошондой эле түрдүн

да өзүн өзү сактоо инстинктин бүлүнтүп салат. Мунун натыйжасында айрым адамдар, биздин терминологиябыз боюнча — пассионарийлер өз айлана-чөйрөсүн өзгөртүүгө алып келе турган жорук-жосундарды жасайт жана аны жасабай коё албайт. Бул өзгөрүү табигый чөйрөгө да жана адам коомуна, т.а. этноско да бирдей даражада тиешелүү. Демек, пассионардуулук өзүнүн энергетикалык табиятына ээ, ал эми адам психикасы болсо импульстарды өз деңгелинде гана өзгөртө алат жана ал импульстар ландшафттарды, элдерди, маданияттарды түзүүчү жана кыйратуучу пассионардуу адамдардын жогорку активдүүлүгүнө дем берет.

Биздин бул пикирибиз акылга сыйбас пикир эмес. Анткени ал физиологиянын талашсыз жоболоруна ылайык келет. Өз убагында И. М. Сеченов да чөйрөнүн ролун физиологиялык фактор катары аныктаган: "Жашоону колдоп турган сырткы чөйрө болбосо организмдин да болушу мүмкүн эмес, андыктан организмдин илимий аныктамасына ага таасир тийгизүүчү чөйрө да кийирилиши зарыл" А эгер мындай болсо, анда чөйрөнүн энергетикалык тең салмактуулугу да талдоого алынууга тийиш.

Албетте, өз жашоосун улантууга керектүү энергияны организм денесинин жылуулугун сактоого жана өлгөн клеткаларын кайра калыбына келтирүүгө мүмкүнчүлүк берген азыктануу жолу менен гана албайт. Ошондой эле дем алуу да, т.а. өпкөдөгү кычкылдануу процесси да организм үчүн андан кем эмес маанаге ээ. Организмдин энергиянын электр (үстүңкү катмарды иондоштуруу), жарык, радиация, гравитация сыяктуу түрлөрү менен өз ара аракеттери жөнүндө да ушунун эле өзүн айтсак болот. Алардын баары организмге ар башкача таасир көрсөтөт, бирок аларсыз жашоо мүмкүн эмес. Ошондуктан сырткы чөйрөнүн энергиясын организм энергиясына айландыруунун механизми — физиологияга тиешелүү маселе. Этнология үчүн адамдардын активдүүлүк даражасынын термелүүсү башка жаныбарлардыкына караганда эмне үчүн ушунчалык зор деген маселени чечүү маанилүү болуп саналат.

Бул жерде тең укуктуу эки божомолду сунуш кылса болот. Же пассионардуу адам кадыресе адамдарга караганда энергияны көбүрөөк сиңирип алат, же ал бардыгы менен тепетең өлчөмдө энергия сиңирип алуу менен аны топтолгон түрдө (албетте, аңдоосуз түрдө) тигил же бул максатка жетүү үчүн багыттай алат. Эки учурда тең натыйжа бирдей болот: адамдын жогорку нерв ишмердүүлүгү катардагы башка адамдарга, деги эле түргө мүнөздүү болгон ишмердүүлүккө караганда көбүрөөк активдүү болуп чыгат.

Ошентип, эгерде адамдын жорук-жосунунун багытын социалдык шарт аныктай турган болсо, анда анын энергетикалык чыңалуусу организмдин абалына, анын ичинде генетикалык жактан шартталган белгилерине жараша аныкталат. Бул жерде биз аргындашуунун натыйжасында эмес, күтүүсүздөн пайда болгон башка бир жаңы белгинин жаралышы өңдүү биологиянын айрым бир кубулуштарына туш келебиз. Бул, демек, пассионардык дүрт этип жарылууга (же пассионардык түрткүгө) нормадан ар түрдүү четтеп кетүүлөрдү жаратуучу мутагендик өзгөрүүлөр ылайык келет дегендикти билдирет. Анткени менен мында дене жана акыл жагынан майыптардын көпчүлүгү артына из калтырбай жок болот, ал эми пассионардуулук болсо мутациянын туундусу болгонуна карабай өзгөчө касиетин сактап кала берет.

Я. Я. Рогинский менен М. Г. Левин расалык белгинин расалык эмес белгиге караганда азыраак ийкемдүү экендигин белгилешип, ошону менен эле бирге тарыхый мезгилден мурда эле расалык дене түзүлүштүн өзгөрүшү

аргындашуусуз эле орун алып келгенин көрсөтүшкөн[19] Белгилердин өзгөрүшү жаңы шарттарга ылайыкташуунун, же мутациянын натыйжасында пайда болуп турат.

Мутациялык учурда пайдалуу белги сакталып калат, ал эми зыяндуусу табигый тандалуу жолу менен жок болот. Пассионардуулук — расалык белги болуп саналбайт. Ал — пассионардуу адамдын өзүн жана анын жакындарын ойрон кылат деп айтпаган күндө да, зыяндуу белги. Анын себеби мындай. Эгерде согуш өлкөдөн сырткары жерлерде болуп жатса пассионарийлер чарбаларынын бүлүнүшүнө кайыл болуп, үй-бүлөлөрүн таштап, кызыл-кыргын түшүп жаткан ошо алыскы жерлерге жөнөп кетишет. XVI кылымда Испанияда ушундай болгон: испан конкистадорлору Анауакада, Перуда, Филиппиндерде, ал эми туруктуу аскер күчтөрү Нидерланд менен Францияда согушка катышкан. Өнөрлүү уста жумушчулардын өтө жетишсиздигинен, жадагалса кеме курууга керектүү мыктарды да Нидерланд менен Германиядан сатып алууга туура келген. Ошондон жүз жыл илгериректе толедолук брондор Европада эң мыкты деп саналчу эле го.

Бул да эчтеке эмес. Пассионардык ышкы ашкере күч алганда өз ара кан төгүлгөн кагылыштар бат-бат болуп турат. Мындайда каршылаштар гана эмес, алардын үй-бүлөлөрү да курман болот. Европадагы гвёльфтер менен гибеллиндердин согушу жана Кытайдагы "падышачылыктардын согушу" доору (б. з. ч. 403—221-жж.) дал ушундай согуштар болгон[20]. Бул жана буларга окшош согуштарда кырчылдаша кылычташкандар гана курман болушуп, жашынууну мыкты билгендер аман калышкан. Анткени менен пассионардык белгинин өзгөчөлүгү, баарынан мурда, этностун ичинде "никесиз балдар" деп аталып, өз аталарынын социалдык өзгөчөлүгүн эмес, биологиялык өзгөчөлүктөрүн мурастап калышкан адамдардын сакталып калгандыгында болгон. Системалык катаал (социалдык) жана корпускулярдык (этникалык) байланыштардын бар болушу, мейли ал "социалдык организм[21] болсун, же суперэтнос болсун, системанын жалпы белгисинин маанисин жогорулатат. Кантсе да табигый чөйрөгө жана этникалык айлана-чөйрөгө таасир тийгизүүнүн даражасы техниканын деңгелинен эле эмес, этногенездин тигил же бул фазаларында турган, бир бүтүндүктү түзгөн этностун пассионардык чыңалуусуна да байланыштуу болот. Г. Ф. Дебец[22], И. А. жана Н. Н. Чебоксаровдор мутация бүткүл Ойкуменди эмес, географиялык белгилүү бир региондорду кучагына аларын көрсөтүшөт: "Биздин ата-бабаларыбыз кара чачтуу, кой көздүү, күрөң түстүү болушкан, ал эми көгүш көздүү ак- саргылдар мутация жолу менен пайда болуп, алар негизинен Түндүк Европадагы Балтика жана Түндүк деңиздеринин жээктеринде жашашкан[23].

Деги мындай мутация пассионардык түрткүлөрдөн алда канча тез-тез пайда болуп турганынан башка дагы эмнеси менен айырмалана алат?

Мутациянын жаралышы жана мутагенездин себептери жөнүндөгү суроолорго жооп берүүдөн оңой-олтоң эле кутулуп кетүүгө болор эле. Биологдордун өздөрү, тажрыйба жолу менен алынган материалдарды, т. а. лабораторияларда жасалма жол менен ачылган мыйзам ченемдүүлүктөрдү табиятта жолугуучу көрүнүштөргө механикалык түрдө көчүрүү туура болбостугуна акыйкаттуу шилтеме жасашып, бул суроого жооп беришпейт. Бирок биздин илимибиз — этнология тарыхый окуялардын толук маалыматтарына ээ, демек, этнологиянын жардамы менен айрым пайдалуу жыйынтыктарга жетишүүгө болот.

Кантсе да биз пассионардык түрткүнү микромутацияга теңеп койгонубуздан соң түрткүлөрдүн ареалы менен даталарын тарыхый жол менен изилдей отуруп, биологдорго өз көз караштарына ылайык түшүндүрүшүнө мүмкүнчүлүк берүүчү жаны маалыматтар менен биологияны байыта алабыз. Пассионардык түрткүлөргө [24] байланыштуу жаралган биологиялык микромутациялар, этнологиянын тили менен айтканда — суперэтностор ар дайым жер бетиндеги меридианга жана кеңдикке кандайдыр бир бурчу менен сыйышып, меридиандык же кендик багытка созулган зоонаны ээлеп аларын жогоруда биз далилдүү көрсөткөнбүз. Бирок бул территорияда кандай гана ландшафттык зоналар: тоолор, талаалар, деңиз булуңдары, ж.у.с. жатпасын, алар бир бүтүндүктү түзгөн бойдон калат. Ландшафттар менен этникалык субстраттар, пассионардык дүрт этип жарылуу кучагына алган территорияда бир эле доордо ар түрдүү эки, үч, төрт суперэтнос жаралышы мүмкүн экендигин гана шарттайт. Пассионардык белгини аргындаштыруу жолу менен көчүрүүгө болбостугу алдын ала жокко чыгарылат, анткени аргындаштыруунун натыйжасы сөзсүз түрдө метистердин антропологиялык түспөлүнөн көрүнмөк. Маданий алмашуу жана тууроо жолу менен өздөштүрүп алууга жер үстүндөгү тоскоолдуктар мүмкүнчүлүк бербейт. Муну да, тигини да искусство чыгармалары менен материалдык маданияттын мисалынан жеңил эле байкасак болот.

Биз, кейпи, атайын баяндоону талап кылган, өзгөчө бир көрүнүшкө туш келген окшобойбузбу. Баса, жаңы суперэтнос (же этнос) этникалык бир нече субстраттардын милдеттүү түрдө аралашуусунан жараларын эске салып коёлу. Бул көрүнүш ток алуу үчүн цинк, жез жана кислотанын аралашмасы сөзсүз талап кылынган кадимки электр батареясына окшошуп турган жокпу? Албетте, бул — метафора, бирок ал да чөйрөнүн каршылык көрсөтүүсүнүн натыйжасында бара-бара өчүп калуучу энергетикалык процессти сүрөттөп жатпайбы. Эгерде ушундай болсо, анда импульс да энергетикалык көрүнүш болууга тийиш, ошондуктан бул жер бетиндеги табигый жана социалдык шарттар менен байланыштуу болбосо керек, демек, анын жаралышы планетадан тышкаркы себептерге багыныңкы болушу мүмкүн[25].

Пассионардык дүрт этип жарылуулар болгон жерлерге жакшылап көз салсаң жер шарына кандайдыр бир нур из салгандай сезилет, болгондо да, ал бир гана тараптан тарагансыйт, ал эми пассионардык түрткү планетанын ийрейип кеткен жерине чейин жетип токтогон. "Кагылыш" болгон жерлерде ар түрдүү мутанттар жаралып, алардын көпчүлүгү жашоого жөндөмсүз келгендиктен биринчи эле муунда өзүнөн өзү жок болот. Пассионарийлер да нормадан сырткары турушат, бирок алардын пассионардык өзгөчөлүгү ушунчалык күчтүү болгондуктан, өздөрүн табигый тандалуу жок кылганга чейин, этностун ишмердүүлүгүнүн жемиши болгон этникалык тарыхта, искусство менен адабият тарыхында өз изин калтырууга үлгүрүшөт.

Пассионардык дүрт этип жарылуулар менен түрткүлөрдүн жаралышы жөнүндө дагы башка да божомолдорду айтууга болот, алар: кокустан пайда болуучу флуктациялар, адашып жүрмө гендердин болушу, экзогендик козгогучтарга карата реакция сыяктуу божомолдор. Бирок ушул айтылгандардын баарына фактылар каршы чыгып отурат. Балким, бул божомол далилденбей калышы ыктымал, бирок ал этногенездин энергетикалык табияты жөнүндөгү концепцияны география менен тарыхтын олуттуу проблемаларына колдонууга эч кандай таасир тийгизе албайт.

Ландшафттардын "ашташкан" жерлери

Этностун ландшафт менен өз ара катышы маселесине кайра кайрылалы да, жаңы этностун жаралышында эмне үчүн милдеттүү түрдө эки же андан көп ландшафттын, эки же андан көп этностун, эки же андан көп "социалдык организмдин" айкалышы талап кылынат деп окурмандар тарабынан коюлган суроого[26]жооп берели. Бул эмне: кокустуктарбы же мыйзам ченемдүүлүкпү?

Өз алдынчалыкка ээ көрүнүш болгон этностун ландшафт менен өз ара байланыштарын талдоо алар бири бирине көз каранды байланышта экендигин, анан да этнос ландшафтты жаратуучу туруктуу аракеттенген фактор болуп саналбасын, ландшафт да сырткы таасирлерсиз этногенезге себеп боло албастыгын көрсөттү. Ал эми этникалык жана социалдык мыйзам ченемдүүлүктөрдүн өз ара катышы бири бирине көз карандылык байланыштарды четке кагат, себеби Жердин этночөйрөсү социалдык өнүгүүнүн фактору эмес, фону гана болуп саналат.

Социалдык мыйзам ченемдүүлүктөрдөн айырмаланып, этногенез үчүн территориялык маселе чечүүчү маанаге ээ, бирок ар бир жаңы учурда, жогоруда биз белгилеген шарттарга жооп бергидей жаңы регион болушу керек. Элдердин пайда болуп түзүлүшү жер шарынын көптөгөн чөлкөмдөрүндө болуп өткөн, анткени этногенездин дүрт этип башталышы элдердин маданиятынын жана турмуш-тиричилигинин өнүккөндүгү же дымып тургандыгы, алардын расалык курамы, экономикасы менен техникасынын деңгели менен эмес, мейкиндиктин жана мезгилдин өзгөчөлүү шарттарына байланыштуу болот. Ландшафт өзүнөн өзү жаңы этносторду жарата албайт, анткени этностор кээде тигил же бул аймакта, мейли ал абдан жайлуу жер болсо да миңдеген жылдар бою жаралган эмес. Этногенездин региондору дайыма өзгөрүп турат. Бизди кызыктырган процесс бирде мында, бирде анда башталып турган, демек, аны жерден сырткары жаткан күчтөр козголтуп турат. Ошондуктан, этногенездин булагын биз Жер планетасынын айланасынан издөөгө жана бул үчүн кайрадан биохимияга кайрылууга тийишпиз.

Пассионардык жарылуу жаратып туруучу система катары каралуучу этностун табияты жөнүндөгү өз тезисибизге таянуу менен этносту биз энергетикалык көрүнүш катары аныктоого укуктуубуз. Себеби, жаңыдан башталган энергетикалык процесс өзүнөн мурда болуп өткөн процесстердин инерциясын дайыма жеңип чыга алат, мына ошондуктан инерция канчалык начар болгон сайын, аны күтүлбөгөн түрткү аркылуу бузуу ошончолук оңой болору өзүнөн өзү түшүнүктүү.

Бир тектүү этнос жана саясий институттардын формасына айланып кеткен салттар аркылуу бириккен адамдар жашаган бир түрдүү ландшафттар — бул алсыз түрткүлөрдү деги эле кенеп койбос өзүнчө бир массив. Ал эми ландшафттардын айкалышына жараша чарбачылыктын ар түрдүү ыкмалары болору шексиз. Бирөөлөр деңизде балык ууласа, дагы бирөөлөрү тоолордо мал жайып жүрөт, үчүнчү бирөөлөрү жер айдап, эгин өстүрсө, дагы башкалары өрөөндөрдө жүзүм өстүрүп, түшүм камында. Эгерде алардын ата теги бир болгон күндо да, чөйрөнүн ар кандай шарттарына ылайыкташуунун зарылдыгы аларды бир нече муундан кийин бири-бирине анчалык окшоштурбай салат. Ошентип, ал окшош эместиктер эскирген коомдук системаларды жаңылап туруучу өндүрүш мамилесинин өнүгүшүнүн негизинде, бир эле мезгилде коомдун ургаалдуу кыймылынын күчөшүнө ылайык алардын ортосундагы системалык байланыштар начарлаганга дейре көбөйө берет. Эгерде кайсы бир тарыхый

тагдырдын оош-кыйыштарынын натыйжасында бул этностун эки-үч мамлекеттүүлүгү же уруулук түзүлүшү пайда болсо, анда системанын бекемдиги ого бетер начарлайт. Демек, системада социалдык жана этникалык өнүгүү багыттары эриш-аркак болуп чырмалышып турат. Адистешүүдөн жана эмгектин бөлүнүшүнөн улам мындай системалар экономикалык өнүгүү маанисинде алганда өтө натыйжалуу келет: аларды басып алууга аракеттенген айлана-чөйрөдөгү башка этносторго каршылык көрсөтүүсү да жаман болбойт, анткени азык-түлүк алмашуу адаты өз ара жардам көрсөтүүгө да тарайт, Бирок эреже катары, пассионардык түрткү аларды таң каларлыктай оңойлук менен көңтөрүп салат. Ар кандай маданий деңгелдердин, чарбанын ар түрдүү типтеринин, окшош эмес салттардын айкалыштары этногенездин башталыш учуруна бирдей ыңгайлуу шарт түзөт. Ар түрдүүлүк принциби мында жалпы негиз болуп саналат, андыктан аны биз өз көз карашыбыздын тургусунан түшүндүрүүгө мүмкүнчүлүк алабыз.

Эми биз этночөйрөнү бири бирине тийиштирилип төшөлгөн бир нече чоң жалпак плиталардын айкалышы катары элестетип көрөлү. Аны жогорудан төмөн карай бир нерсе менен согуп көрөлү. Албетте, эң алды менен плиталардын ашташкан жерлери бузулат да, анан барып плиталар өзү өзгөрүүгө учурай баштайт. Мисалы: VI—VII кылымдарда Иран менен Византия туруктуу системалар болгон, ал эми алардын чек ара аймактарында жашаган арабдар тиги эки кошунасынын таасирин баштары- нан кечирип турган. Пассионардык түрткү арабдарды ушунчалык бөлүп-жарып салгандыктан Мухаммеддин талапкерлеринин тобу (консорция) суурулуп чыкты. Төрт муун аралыгында эң алды этнос, анан Эбродон Памирге чейинки аймакта суперэтнос түзүлдү.

Жаңы этностун адамдары өз ара карым-катнашта боло баштаганда ошол эле замат эмоционалдык, психологиялык жана жүрүш-туруш көнүмүштөрү жагынан бирдей болгон бир бүтүндүк жаралат. Мунун негизинде биофизикалык феномен жатат болуш керек. Баарынан мурда, бул жерде биз өзгөчө бир мүнөздөгү бирдиктүү ритмге туш келдик окшойт. Дал ушунун өзү байкоочулар тарабынан кандайдыр бир жаңы, көнүмүштөгүдөн башкача нерсе катары кабыл алынып отурат. Басып алуу — этностун таралышынын жана башка уруудагыларды өз системасына тартуунун бирден бир жолу болуп саналбайт. Маданиятты динге үгүттөө жолу жана турмуш-тиричилик буюмдары менен искусство аркылуу жайылтуу, бул таасирге тушуккан системаны бузары белгилүү. 988-жылы славяндарды чокунтуу Византиянын этномаданият мейкинин кеңейткен; апийим менен керосин чырактарынын сатууга түшүшү Кытайды Англия менен Америкага көз каранды кылды, турмуш-тиричилик салтын бузуп, андан соң мамлекеттик бийликти, эң акырында Цин империясынын суперэтникалык системасын солкулдатты. Түзүлгөн абал саясий жана социалдык гана эмес, этникалык өзгөрүүлөргө да алып келди, атап айтканда, манжурларды кытайлар өзүнө сиңирип алды.

Ошентип, этногенездин жаралышы үчүн пассионардык импульс сөзсүз керек, ал эми бардык реалдуу нерселердин ар түрдүү болушу ландшафттык, климаттык шарттар, коңшу этностордун таасири, маданий салттар жана ошондой эле түртүлүү күчү, т. а. импульс аркылуу аныкталат. Дал мына ошондуктан этногенез процесстеринин мүнөздөрү жана багыттары окшош болгонуна карабай бардык этностор кайталангыс жана өзгөчө касиеттерге ээ.

Ноочөйрө жөнүндөгү ойлор

Тарыхый процесстерде адамдардын эмоциялык маанайда болгон абалда аткарган иштерине караганда акыл-эстүүлүк менен жасаган ишмердүүлүгү андан кем роль ойнобойт, бирок алардын мүнөзү принципиалдуу түрдө айырмаланып турат. Акыйкатка ак дилден умтулуу илимий ачылыштарды жаратат жана ошонусу менен техниканын өркүндөшүнө, мунун натыйжасында өндүрүш күчтөрүнүн андан ары өсүшүнө өбөлгө түзүлөт. Кооздукка кызыгуу художник менен көрүүчүнүн психикасын калыптандырат. Адилеттикти көздөө социалдык кайра түзүүлөргө шык берет. Кыскасын айтканда, "адамдын акыл-эси энергиянын формасы болбогонуна карабай, ага жооп катарында аракет жасайт, ал аракет[27] прогресс деп аталуучу көрүнүштүн импульсу болуп саналат, ошондуктан ал материя кыймылынын коомдук формасы менен байланышып турат. Ар бир тарыхый чоң же кичи окуяларда катышып турган материя кыймылынын бул эки формасынын байланышы анык нерсе. В. И. Вернадскийдин изилдөөсүнө ылайык, дал ошо түрлөрдүн эволюциясы биочөйрөдө туруктуу абалга ээ (экинчи биохимиялык принцип) болгон жашоо формаларын түзүүгө алып келет, андыктан багыттуу (прогрессивдүү) өнүгүү — планеталык кубулуш. Ю. П. Трусов бул жобону тактап: "коом өзүн жараткан чектелүү дүйнөдө жалан жол жолдоочулук белгилерине гана эмес, аны бүткүл биологиялык дүйнөдөн айырмалап туруучу терең принципиалдуу белгилерге ээ... Бул белгилер, баарынан мурда, акыл-эс, дүйнө таануу жана социалдык жактан уюмдашкан эмгек менен байланыштуу болот[28], — деп ырастайт. Бул айырмачылыктар аны биочөйрөнүн өзгөчөлүү тармагын — ноочөйрөсүн, т. а. акыл-эс чөйрөсүн бөлүп алууга мажбурлайт. Искусствону, илим менен адабиятты кошо камтып турган кеңири түшүнүктө алгандагы техника акыл-эс чөйрөсүнүн жемиши болуп саналат.

Анткени менен адам колунан жаралгандар табият жараткандардан түп-орду менен айырмаланып турат. Адам жараткан нерселер биоценозду системалуу бир бүтүндүк катары сактап, энергия менен заттын алмашуулары такай жүрүп турган биоценоз конверсиясынан сыртка чыгып калат. Адам чыгармачылыгы кайсы бир заттын бир бөлүкчөсүн табияттан жулуп алат да, аны кайсы бир форма түрүндө калыпка салат. Таш — пирамидаларга же Парфенонго, жүн — кийимге, темир—кылычтар менен танктарга айланат. Бул буюмдар өз алдынча өнүгө албайт, алар бузулуп жок болот. Кеңири мааниде алганда — техника менен табияттын мына ушул негизги айырмачылыктарына С. В. Калесник биринчилерден болуп көңүл бурган жана адам колунан жаралгандардын баары эле кыйрап, бузулуп калбай турганын көрсөткөн[29]. Айталы, адамдын таасир көрсөткөнүнө карабай эгин талаасы, арык, уйлардын үйүрү же үй мышыгы географиялык чөйрөнүн курамында кала берет.

Мына ошентип, антропочөйрө жандуу табият менен техночөйрөнүн ортосунда турат. Демек, ушундай болгон соң, алар бири бирине каршы аракеттенет. Андыктан бул жерде Ю. К. Ефремовдун "ноочөйрөнү" "социочөйрө" деп атап, ноочөйрөгө өзүнүн берген баасына ондоо киргизгенин келтирүү оң болчудай: "Акыл-эс чөйрөсү" ушунчалык эле акыл- эстүүбү? Кантсе да анын өнүгүшү биздин планетаны кыртыштар менен жер астындагы кендерде, таш көмүр менен нефтиде катылып жаткан конденсацияланган энергиянын корлору менен байыткан жандуу процесстерди алмаштырууга алып келет. Микроорганизмдердин эчак болуп өткөн жашоосу бүгүн бизди космостун өмүргө зыян келтирүүчү нурларынан сактап турган озон катмарын жана кислороддук

атмосфераны тартуулады. Жер бетинде көйкөлгөн өсүмдүктөр — жарыкты жандуу материяга айлантуучу фотосинтез фабрикасы. Жаныбарлар — биздин кичүү туугандарыбыз биоценозду жөнгө салып жана ага туруктуулук берип турат[30].

Эгерде эле ноочөйрөнүн бар экени чын болсо, ал бизге эмне берди? Палеолит доорунан бизге көп сандагы кремнийден жасалган куралдар жана кокустан колдон түшкөн таш кыргычтар менен таш кескичтер, неолит доорунан адамдар жашаган конуштардагы таштандылардын үймөктөрү калды. Античный доор шаарлардын чалдыбарларын, Орто кылымдар сепилдердин урандыларын белекке калтырды. Ал эми, б. з. жетип келген байыркы курулуштар, мисалы, пирамидалар же Акрополь — булар акырындык менен бузулуп жоголо турган инерттүү түзүлүштөр. Кантсе да, азыркы токойлор менен талаалардын ордунда таштандылардын дөбөлөрү жана бетондолгон аянттар болушун каалоочу адам арабыздан табылышы арсар. А чынында техника жана анын продуктулары заттарга айланган акыл-эстин өзү эмеспи.

Кыскасын айтканда, ноочөйрөнүн бар экендиги жөнүндөгү көз карашка кандай мамиле жасабайлы, техника менен жандуу дүйнө карама-каршы көрүнүштөр экени талашсыз. Эми, ушундан улам, биздин алдыбызда этностун жаралышына дем берүүчү пассионардуулук менен маданият жана техникаларды жаратып турган аң-сезим чөйрөсүнүн өз ара катышын аныктоо маселеси коюлуп отурат.

XXIX. ПАССИОНАРДУУЛУК ЖАНА АҢ-СЕЗИМ ЧӨЙРӨСҮ

Эсептөө системасы

Эгерде биз жеке бирөөнүн же түрдүн өзүн өзү сактоого болгон тубаса инстинктинин импульсун (1) эталон катары кабыл алсак, анда пассионардуулуктун импульсу (P) карама-каршы белгиге ээ болот. Импуль тун чоңдугу пассионардуулукка жараша же көбүрөөк, же азыраак, же өзүн өзү сактоонун импульсуна барабар болушу мүмкүн. Демек, адамдарды төмөнкүчө классификациялоого болот: пассионардуулар (P>1), гар- мониялуулар (P=1) жана субпассионарийлер (P<1). Бул топтордун өз ара байланыштарына карата системанын, т. а. этностун пассионардык чыңалуусунун деңгели аныкталат. Пассионардык түрткүдөн кийин ал чыңалуу тез өсүп отуруп, жогорку чекке жеткенден соң жай, бир калыпта төмөндөө жүрөт. Көп учурда ал төмөндөө токтоп, анан кайра башталып жүрүп отурат. Эгерде биз ийри сызык түзө турган болсок, анда ал чыңалуудан кийинки инерциялык процессти көрсөтөт. Бардык чоңдуктар оң касиетке ээ болуп, аларды иш жүзүндө чектөөгө мүмкүн эмес, ал нөлгө барабар.

Арийне, адамдардын жорук-жосундарынын басымдуу көпчүлүгү же жеке адамга, же түргө тиешелүү болгон өзүн өзү сактоо инстинктине ылайык жасалат. Түр аны өз тукумун көбөйтүүдө жана тарбиялоодо көрсөтөт.

Анткени менен пассионардуулук тетири векторго ээ, ошондуктан адамдарды кыялкеч же ишке ашпас кызыкчылыктары: даңкка жетүү, көйрөңдүк, намыскөйлүк, ач көздүк, ичи тардык, кызган уучулук жана башка кумар ышкысы үчүн өзүн жана тукумун садага чабууга мажбурлайт. Андыктан биз пассионардуулукту антиинстинкт, же тетири белгидеги инстинкт катары

карашыбыз мүмкүн. Ал эми пассионардуулуктун алгачкы дүрт этип жаралышы менен байланышпаган бир да этнос болбогондуктан жана болушу да мүмкүн эмес болгондуктан ал бардык этностор үчүн салыштырмалуу чоңдук болуп саналат.

Мына ошондуктан биз бардык этносторду этникалык талаанын пассионардык чыңалуусунун жогорулоо жана төмөндөө даражаларына карата классификациялай алабыз. Флуктуациялардын болушу бул негизди ото болбосо да, бир топ эле татаалдантат, себеби пассионардуулуктун тез жогорулашынын жана жай басаңдашынын схемасы бизге белгилүү бардык этносторго тиешелүү. Бул кокустук көрүнүш болушу мүмкүн эмес. Андыктан биз этногенездин башталыш учурун, этникалык системага чөйрөнүн каршылыгын жеңүүгө коротуучу инерцияны бере турган түрткүгө окшоштурсак болот.

Инстинкт импульстары өңдүү эле, пассионардык импульстар да эмоция чөйрөсүнө тиешелүү. Анан да психикалык ишмердүүлүк аң-сезимди да өзүнө камтып турат. Демек, биз аң-сезим чөйрөсүнөн жогоруда жазылгандар менен салыштырууга мүмкүндүк берүүчү импульстарды издеп табышыбыз керек. Мындайча айтканда, ал импульстар разряддарга бөлүнүүгө тийиш: анын бири тирүүлүктү сактоого, дагы бири ишке ашпас кыял үчүн тирүүлүктү курмандыкка чалууга багытталган импульстар болушу мүмкүн. Бөлүп кароого ыңгайлуу болсун үчүн тирүүлүктү сактоочу импульстарга плюс, ал эми курмандыкка багыттоочу импульстарга минус белгисин коёлу. Ошондо бул параметрлерди Декарттык координаталардынын көнүмүш системасына окшош тегиздиктеги проекцияга айлантса болот, мында белгилеп кете турган нерсе оң импульстар "жакшы" же "пайдалуу", тетири импульстар "жаман" деген түшүнүктү бил- дирбейт. Айталы, физикада катиондор менен аниондор, химияда — кислоталар менен щелочтор сапаттык баага ээ эмес.

Жалпы эле материя кыймылынын коомдук формасында гана прогресс дымып калууга, регресске карама-каршы коюлушу мүмкүн. Ал эми табияттын дискреттик процесстеринен ойлонулган максаттарды издөө — орунсуз телеология. Тоо тектеринин жаралышы анын табигый түрдө бузулушунан эч кандай "жакшы" эмес, бойго бүтүү жана төрөлүү да өлүм сыяктуу эле организмдин жашоосундагы демейки окуялар болгон сыяктуу этникалык процесстерде да мыктылыктын критерийи жок. Бирок бул этногенезде система, кыймыл, ал гана эмес өнүгүү да жок дегенди эмес, жон гана, анын "алды", "арты" болбойт дегенди түшүндүрөт. Термелүү кыймылынын кайсынысын албайлы ритм жана көбүрөөк же азыраак чыңалуу (жыштык) бар.

Терминдер жөнүндө макулдашып алалы. Акыл-эсин жана эркин өзүнүн жеке керт башынын максаттарын жүзөгө ашыруу үчүн гана пайдаланууну талап кылуучу чексиз өзүмчүлдүк (эгоизм) гана аң-сезимдин он импульсу боло алат. Акыл-эс деп биз шарттуу түрдө белгилүү бир ой- максатты ишке ашырууга болгон жөндөмдүүлүктү, ал эми эрктүүлүк деп тандап алган ой-максатка ылайык иш-аракеттерди жасоо жөндөмдүүлүгүн түшүнөбүз. Ушундан улам, бул разряддагы адамдардын бардык тактилдик жана рефлектордук аракеттери башка адамдардын мажбурлоосу аркылуу же өтө маанилүү кырдалдарда жасалуучу иш-аракеттер өңдүү эле жокко чыгарылат. Анткени ички кысым — же инстинкттин, же пассионардуулуктун буйругу катары жүрүш-турушту жөнгө салып турат. Демек, муну да этникалык талаанын жана салттардын кысымы менен бир катар- да сыртка чыгарып салуу керек. Ошентип, "эркин" же "өзүмчүл" импульстар үчүн анча чоң эмес, бирок баш-аягы так белгиленген, адам өз

кылык-жоругу үчүн моралдык жана юридикалык жоопкерчиликке тартыла турган чек калтырылат.

Бул жерде да биз баа берүүгө мүмкүнчүлүктүн жоктугу менен кайрадан бетме-бет келип отурабыз, иш жүзүндө анын кереги да жок. Адамзаттын жамаатташып жашоо тажрыйбасы аргасыз жасалган жорук-жосунду кылмыштуу жорук-жосундан так айырмалай алат. Өзүн коргоп калуу үчүн кокустан бирөөнү өлтүрүү — карактоо же өч алуу максатындагы өлтүрүүдөн, азгыруу — зордуктоодон айырмаланат, ж.у.с. XIX кылымдын орто чендеринде мындай кылык-жоруктарды бирдей деп кароо аракеттери болуп келген, бул аракет негизсиз аракет эле. Буга Л. Н. Толстойдун Ф. М. Достоевский менен болгон жашыруун адабий талаш-тартышын мисал келтирүү жетиштүү. Ошону үчүн биздин замандын адамдарынын өзү жөнүндө көргөн камкордугу канчалык акыл-эстүү болбосун, мындай камкордук кошуналарынын, же жамааттын укугун аң-сезимдүү түрдө бузууга негиз бөлө албайт.

"Акылга сыярлык өзүмчүлдүккө" тетири вектордогу импульстардын тобу карама-каршы турат. Ап баарыга маалым, а түгүл пассионардуулук да эч качан бирдиктүү разряд болгон эмес. Бардык эле адамдарга акый- катка (кайсыдыр бир нерсе жөнүндө толук түшүнүк алууга), сулуулукка (өзүнө жаккан нерсеге) жана адилеттүүлүккө (моралга жана этикага ылайык) таң каларлыктай умтулуу мүнөздүү. Бул умтулуу импульстун күчүнө жараша ар башкача бөлөт жана ар дайым "акылга сыярлык өзүмчүлдүктүн" туруктуу таасири аркылуу чектелип турат, бирок кээ бир учурларда ал ушунчалык күчтүү болгондуктан, пассионардуулуктан кем эмес даражада ээликтирип, адамдарды курмандыкка барууга түртөт. Ал кантсе да пассионардуулуктун аң-сезим чөйрөсүндөгү өзүнө окшош түгөйү болуп саналат, андыктан ал да ошол эле белгиге ээ. Муну биз "аттрактивдүүлүк" (латынча attractio, ionis, Г. — умтулуу) деп атайбыз.

Аттрактивдүүлүктүн жаратылышы аң-сезимдин жаратылышы сыяктуу эле белгисиз, бирок анын өзүн өзү сактоонун инстинктивдүү импульстары жана пассионардуулук менен ылайык келиши кайыктагы кыймылдаткыч (калак же мотордун) менен рулдун катышы кандай болсо ошондой. Аттрактивдүүлүктүн карама-каршысы — "акылга сыярлык өзүмчүлдүк" да алар менен ошондой эле катышта болот.

Ушундан улам биз, импульстардын өзүбүз бөлүп алган разряддарын координаттарга: сокур сезимди — абсцисске, аң-сезимди — ординатка коёбуз (2-сүрөттү карагыла).

Деги ушундай татаал түзүлүштүн кереги барбы, эгер бар болсо эмнеге керек?



2-сүрөт. Адамдарды пассионардык-аттрактивдик принцип боюнча классификациялоо

Шарттуу белгилер: 1- жөн-жай адамдар; 2 -селсаяк аскерлер; 3-кылмышкерлер; 4-атак-даңкты сүйүүчүлөр; 5-ишкер адамдар; 6-авантюристтер; 7-окумуштуулар; 8-чыгармачыл адамдар; 9-пайгамбарлар; 10-дүнүйөкор эместер; 11-кыялкечтер; 12-азгыргычтар.

Импульстардын разряддарынын ара катыштары

Инстинкт импульстары биологиялык табиятка ээ экендигинде шек жок. Узак жашоого умтулуу өндүү эле өз өмүрүн тукум калтыруу аркылуу узартуу жан алакети — түр катары адам баласына да тиешелүү биологиялык белги. Эгер мындай болсо, анда анын чондук белгиси адамдын жорук-жосундарына таасир тийгизүү маанисинде алганда туруктуу болууга тийиш. Демек, бул жашоого умтулуу бардык эле адамдарда, жашоодон өтүп кеткендерде да, жашап жаткандарда да, жашоого келе тургандарда да — бардык учурларда бирдей болот дегендик. Бир караганда бул чыныгы турмушка карама-каршы келет.

Чынында эле жашоону баалабаган адамдар толуп жатат. Андайлар өз эрки менен кан майданга жөнөшөт, өз жанын өзү кыйгандар да аз эмес, ата-энелер өз балдарын туш келди таштап кете беришет, кээде өлтүрүп да салышат. Мындайлар менен бир катарда согуштан качкандар, жанын сактап калыш үчүн тири укмуш кемсинтүүлөргө, кордоолорго чыдап, ал эмес кул абалда болсо да тирүү жүрүүгө макул адамдар, өздөрүнө татыксыз жана кайрымы жок балдары үчүн көп учурларда өмүрлөрүн садага чапкан ата-энелер да учурайт. Буларга окшош мисалдар аябагандай көп! Бул байкалган көрүнүштөрдүн жыйындысында эч кандай система жоктой кейиптенет.

Бул байыркылардын жеңил нерсеге караганда оор нерсе жерге батыраак түшөт деген пикирин эске салып турган жокпу? Галилейдин тажрыйбасы гана салмак күчү тыбытка да, чулу темирге да бирдей таасир көрсөтөрүн далилдеди. Ал эми нерсенин жерге тез же жай кулап түшкөнү сырткы себепке — аба чөйрөсүнүн каршылык көрсөтүүсүнө байланыштуу болот. Биздин көңүлүбүздү бурган маселеде да дал ушунун өзүндөй көрүнүш бар.

Пассионардуулуктун тетири импульсу 2-сүрөттө көрсөтүлдү. Алгебралык кошуу учурунда анын чоңдугу оң абсциссте сүрөттөлгөн импульстун тигил же бул бөлүгүнүн чоңдугун, ал эми кээде аны бүт бойдон ордун толуктап турат. Импульстун чоңдугу (P) инстинкт импульсунан (анын чоңдугун 1 деп белгилөө ыңгайлуу) кичирээк да, ага тең да, чоңураак да болушу, ыктымал. Импульс чоң болгон учурларда гана биз адамды пассионардуу адам деп атай алабыз. Мисалы, P=1 — граф Л. Н. Толстойдун чыгармасындагы князь Андрей Болконский; P<1 — чеховдук интеллигент; андан төмөнүрөөктө — катардагы жөнөкөй адам, андан төмөнүрөөктө — А. М. Горькийдин алгачкы аңгемелериндеги томаяк-субпассионарий турат. Андан да төмөнүрөөктө — келесоолор жана адам сыягы нан кеткендер орун алат.

Эгерде пассионардык чыңалуу инктинкттин чыңалуусунан жогору болсочу? Анда адамдын пассионардык (жүрүш-турушу) абалын белгилөөчү чекит абсцисстин тетири бутагына ооп кетет. Буга конкистадорлор менен саякатчылар, акындар менен ересиархтар, жана да Цезарь жана Наполеон өңдүү демилгелүү адамдар мисал боло алат. Адатта, мындай адамдар өтө эле аз санда болот, ага карабай алардын энергиясы тарых бар жердин бардыгында жазылып кала турган деңгелдеги активдүү ишмердүүлүктү көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Окуялардын топторун салыштыруу аркылуу изилдөө пассионардык чыңалуунун чоңдук белгисин аныктоого бир кадам жакындатат.

Ушундай ырааттуулукту биз ординаттын ок сызыгында калтырылган аң-сезимдүү импульстардан байкай алабыз. "Акылга сыярлык өзүмчүлдүк", т.а. "баардыгы мен үчүн" принциби туруктуу чоңдук менен чектелет. Бирок ал аттрактивдүүлүк менен басаңдатылып, ошол эле учурда аттрактивдүүлүктүн өзү бирдиктен (бул бирдик менен өзүн өзү жакшы көрүүнүн импульсун белгилейбиз) же чоң, же тең, же кичирээк абалда турат. Аттрактивдүүлүк чоң болгон учурларда карьерадан кечип, искусствонун же илимдин артынан түшкөн илимпоздорду, сүрөтчүлөрдү, жанын оозуна тиштеп чындык үчүн күрөшкөн акыйкатчыларды, кыскасы, ар түрдүү "концепциялардагы" Дон Кихоттун тибин байкайбыз. Ошентип биз көрүп жүргөн реалдуу жүрүш-туруштар туруктуу эки чоңдуктан жана өзгөрүлмө тетири эки чоңдуктан турат экен. Демек, жүрүш-туруш категорияларынын ар түрдүүлүгүн өзгөрүлмө тетири эки чоңдук гана аныктайт (2-сүрөттү карагыла).

Ачыгын айтканда, жогоруда баяндалган бардык импульстар психологияда кабыл алынган "доминанттар" деген аныктамага туура келет. Анткени менен биздин маселебиз үчүн бир нече белгилүү бир доминантты бөлүп алууга тийишпиз жана өзүбүздүн темабыз үчүн маниге ээ болбогон, мисалы, libido өңдүү жана башка доминанттарга көңүл бурбай койсок да болот. Анан да тандалып алынган доминанттардын өз ара катышын баамдоого мүмкүндүк алуу үчүн алардын вектордуулуктарын белгилеп алышыбыз керек.

Концепцияны этногенезге колдонуп көрөлү

Сунуш кылынып отурган көз караш жана эсептөө системасы жеке адамдын психологиясын иликтөө үчүн анча жарактуу эмес. Пассионардуулуктун деңгели адамга өмүр бою кала турган тубаса белги болгондуктан чоңдуктардын өз ара катнашы өзгөрүп кетпейт. Ал эми аттрактивдүүлүк болсо башка адамдардын: мугалимдин, достордун, окуучулардын таасири аркылуу өзгөрүп турат, демек, анын өзгөрүшү жеке адамдын эмес, жамааттын таасирине көз каранды. Ошентсе

да сунуш кылынып отурган концепциянын принциптери, билимдин жана мүмкүнчүлүктөрдүн азыркы деңгелине жараша жыйынтыктары шарттуу гана катышта көрүнүшү мүмкүн экендигине карабай, этногенезди изилдөө ишинде өтө ыңгайлуу келет. Сандык маалыматтарды алуу азырынча биздин мүмкүнчүлүк- төрүбүздөн сырткары жактарда жатат. Ошондой болсо да азыр колдо бар материалдар талдоо жүргүзүүгө кыйла пайда бере алат.

Этностор идеалда же схемада бир түрдүү болгон бир нече фазаларды басып өтөрүн биз жакшы билебиз. Схемадан четтеп кеткен көп сандаган көрүнүштөрдү, айталы, өнүгүүнүн үзгүлтүккө учуроолорун же бөтөн этностордун кийлигишүүсү аркылуу жер ооп кетүүлөрүн оңой эле эске алып, негизги мыйзам ченемдүүлүктүн кароосунан сыртта калтырса болот. Кийинчерээк синтездөө учурунда, т.а. элдин чыныгы тарыхын калыбына келтирүүдө да аларды ошондой эле оңойлук менен эске алууга болот. Кокус көрүнүштөрдү мыйзам ченемдүүлүктөн чыгарып салалы.

Мисалга ар түрдүү адамдардын тобун келтирели да, алардын ар биринин пассионардуулугу жана аттрактивдүүлүгү бизге белгилүү дейли. Анда алардын ар бири үчүн орун, координаттын сызыктарынан эмес, алардын ортолорундагы тегиздиктерден табылат. Анын ар бир чейрек бөлүгүнө адамдын психофизиологиялык конституциясы менен аныкталуучу өзгөчөлүү түзүлүштөгү адамдар орун алат (2-сүрөттү карагыла). Чиймеден көрүнүп тургандай моралдык ченемдер көңүлгө алынбайт, ушундан улам, сунуш кылынган классификацияны маселебизди объективдүү түрдө карап чыгууга мүмкүнчүлүк берүүчү табигый-тарыхый классификация катары кароого болот.

Координат системасына кийирүү үчүн бизде маалыматтар бар, бир гана окуянын эмес, болгондо да ортолору жүз жылдык үзүлүштөр менен ажырымдалган ондогон окуялар жөнүндөгү маалымат бар деп болжолдойлу. Аларды координатка кийирүү менен биз этностун жашоосунун орточо мезгилинин пассионардык чыңалуусунун өзгөрүүлөрүнүн туюнтмасын табабыз. Эгерде бизде пассионардуулуктун (Р) чоңдугун өлчөөгө жана бул чоңдукту сан менен туюнтууга мүмкүнчүлүк болгондо, анда пассионардык чыңалуунун өзгөрүүсүнүн ийри сызыгын түзүп, андан соң анын математикалык ийри сызыгын түшүндүрүүчү теңдемесин тапмакпыз. Бирок азырынча феноменологиялык баяндоо менен чектелүүгө туура келет (3-сүрөттү карагыла).



3-сүрөт. Этногенез процессин мүнөздөөчү Р функциясынын идеалдашкан жүрүшү

Шарттуу белгилер: туташ сызыктар — Р деңгелинин вариацияларынын чектери; *а* — акматикалык фазада Р деңгелдеринин вариациялары; *б* —тыштан кийлигишүүнүн натыйжасында Р деңгелинин кескин төмөндөшү.

Изилдөө үчүн ушу деле кыйла көп нерселерди бере алат. Мезгил аралыктарындагы толгон-токой окуяларды башка бир мезгил аралыгындагы көптөгөн окуялар менен дайыма салыштырууга болот. Булардын өз ара байланыштары ушуга окшош синхрондуу таблицаларда ачык-айкын көрсөтүлгөн, бирок алар тарыхчылардын көңүлүн өзүнө бура алган эмес, анткени чагылып турган пассионардуулуктун термелиши эске алынбай кала берген. Эми бул таблицалар маани-маңызга ээ болду десек болот.

Пассионардуулуктун тарыхый синтездеги орду

Бул жерде автор пассионардуулукка чечүүчү фактор катарында маани бергендиктен аны баяндап жазууга ушунчалык зор көңүл бурулгандай сезилиши мүмкүн. Бирок андай эмес. Пассионардуулук жөнүндөгү окуу этногенезди бир жактуу изилдөөдөн улам пайда болгон боштуктарды толтуруу үчүн гана катыштырылды. Теориялык кириш сөздүн максаты — тарыхтагы социалдык өнүгүүнүн негизи жөнүндөгү окууну алмаштыруу эмес, аны тарыхый синтез үчүн керектүү табигый илимдердин талашсыз маалыматтары менен толуктоо гана болуп саналат[31].

Эми этникалык процесстерге себептүү таасир тийгизүүнүн төрт тобунун өз ара байланыштарын көрсөтүү максатка ылайыктуу болот. Анын экөө негизги, калган экөө багыныңкы болуп саналат. Жалпы көрүнүшүндө бул — схеманы түзөт, анан да дал ошо схема гана кокустукту тарыхый[32] жана географиялык илимдердин кайсынысы менен болбосун туруктуу байланышта туруучу мыйзам ченемдүүлүктөн бөлүү үчүн керекке жарайт, анткени булардын экөө тең убакытта өзгөрүп туруучу жана этногенезге таасир этүүчү өзгөрүлмө чоңдуктарды изилдейт.

Коомдук өнүгүүнүн биринчи жана башкы фактору өндүрүш күчүнүн өсүшү болуп саналат. Анын натыйжасында өндүрүш мамилелери, андан улам коомду уюштуруу өзгөрүүгө ээ болот. Глобалдуу бул процесс маркстык-лениндик тарыхый материализм теориясында ар тараптуу жалпыланган.

Этногенез процессинин импульсун эмес, анын жүрүшүн аныктоочу экинчи фактор — географиялык чөйрө болуп эсептелет. Мунун ролун этибар албоону "географиялык нигилизм[33] деп С. В. Калесник туура атаган. Географиялык чөйрөнүн маанисин өтө көбүртүп-жабыртуу да, т.а. "географиялык детерминизм" да оң жыйынтыктарга жеткирбейт[34]. Муну А. Лабриола менен болгон илимий талашта Г. В. Плеханов чукугандай сөз таап: "Азыркы италиялыктарды (XIX кылымдын аягы) байыркы римдиктер жашаган ошол эле табигый чөйрө курчап турат, ага карабай Менеликтин бизге замандаш салык төлөөчүлөрүнүн "темпераменттүүлүгү" Карфагендин каардуу багынтуучуларынын темпераменттүүлүгүнө дегеле окшош эмес[35], — деп айткан экен. 2300 жыл бою антропогендик таасир көрсөтүүдөн Италиянын ландшафты өзгөрдү деп каяша айтсак да болор эле, бирок антип айтайын десең, байыркы бук токойлорун лимон бактары жана маквис бадалдары менен алмаштыруунун италиялык аскерлердин Адуянын алдында жеңилип калышына себепкер эместиги да ырас.

Мына ушул кубаттуу факторлор айкалыша келип тарыхый-социалдык процесстердеги "окуялардын жеке физиономиясын" жана алардын айрым бир натыйжаларын эмес, "жалпы багыттарын" гана аныктайт[36]. Дал ошол майда-чүйдөлөр көпчүлүк учурларда консорциялардын жаралышына жана талкаланышына, кээде субэтностордун сакталышына же таркап кетишине алып келет, сейрек учурларда этностордун тагдырына да, өтө өзгөчөлүү учурларда

суперэтностордун калыптанышына да таасирин тийгизет. Тарыхый онүгүүнүн белгилүү бир учурундагы мындай ийри-буйрулуктар жөнүндө Г. В. Плехановдун биз шилтеме жасап отурган эмгегинде, ал Европа тарыхынын маалыматтарына таянса да, мисалдар жетишерлик түрдө көп келтирилген. Ыраакы Чыгыш тарыхындагы ушуга окшош маалыматтарды окурман биздин "Талаа үчилтиги[37] китебибизден таба алат.

Ошентип, төмөнкү даражадагы факторду — окуялардын логикасын бөлүп алууга болот. Мында себептик-натыйжалык байланыштарын өз алдынча алганда мыйзам ченемдүү, бирок жогорку даражадагы процесс- тер үчүн кокустук болуп саналган кыскы-кыска тизмектери эске алынат. Тарыхтын агымында дайыма үзүлүп туруучу бул кыска мыйзам ченемдүү- лүктөр экинчи даражадагы кокустуктарга баш иет[38] ж.у.с.

Глобалдуу процесстерди, айталы, коомдук түзүлүштөрдүн орун алмашууларын изилдөөдө мындай майда-чүйдө өзгөрүштөргө көңүл бурбай койсо да болот. Бирок этногенез үчүн аларды эсепке алуу зарыл нерсе. Дал ушундай изилдөөдө пассионардык дүрт этип жарылуунун жана флуктуациянын — биочөйрөнүн калыптануусуна да, окуялардын логикасы катарында материя кыймылынын коомдук формасына да тиешелүү ролу калкып чыга келет. Башкача айтканда, пассионардуулук этногенезди аныктоочу жападан-жалгыз фактор болуп саналбайт, бирок ал сөзсүз керектүү нерсе. Пассионардуулуксуз этногенез болбойт! Ошондуктан аны көңүлгө албай коюу байкаларлык катачылыктарга туш кылып, жыйынтыктардын чаташтырышына жол берет. Ок бутадан бир миллиметргеби, же беш метргеби, деги канча алыстыкта жандап өтүп кетпесин, анын мааниси жок болуп калат, себеби бутага тийгизүү максаты эки учурда тең ишке ашпай калбадыбы. Ошондуктан биз да өзүбүз белгилеген көрүнүштү баяндап жазууну уланталык.

Ушул учурга чейин биз тарыхтын ар кайсы доорлорунун мисалдарын пайдалануу менен пассионардуулукту тукум куучулук тун биологиялык белгиси катары баяндап жаздык. Ошентип биз, тарых илим катары табият кубулуштарынын айрым мыйзам ченемдүүлүктөрүн байкоого мүмкүнчүлүк берерин көрдүк. Демек, тарых өзүнчө турган илим эмес, табигый илимдерге да көмөк көрсөтө ала турган пайдалуу илим боло алат. Буга дейре тарых ушундай максатта пайдаланылбай келген.

Жалпылоо

Жогоруда мисал келтирилген байкоолордун жана аларды жалпылоолордун бардыгы тең өнүгүүнүн социалдык жана этникалык ритмдеринин дал келбестик терин белгилөөгө мүмкүнчүлүк берет. Биринчиден, — бул, спираль боюнча үзгүлтүксүз болуп туруучу ички өнүгүү кыймылы, экинчиден, — ал, чөйрөнүн каршылык көрсөтүүсү учурунда токтоп калуучу, дайыма дүрт этип жарылып турган үзгүлтүктүү инерция болуп саналат. Хронологиялык социалдык жылышуулар — коомдук түзүлүштөрдүн алмашуулары жана этногенетикалык процесстер эч качан дал келбейт. Кээде этнос, мисалы, орус этносу сыяктуу эки, үч коомдук түзүлүштү башынан өткөрөт, кээде бир эле коомдук түзүлүштүн ичинде жаралып жана бөлүнүп кетет, буга мисал катарында түркүттөр менен парфиялыктарды көрсөтсө болот. Адамзат коому прогрессивдүү түрдө өнүгөт, ал эми этностор үчүн эртеби-кечпи жок болуудан башка жол жок.

Эми корутунду чыгарсак болот. Этногенез дегенибиз — инерциялык процесс, мунун жүрүшүндө энергиянын алгачкы заряды (В. И. Вернадский[39] баяндап жазган биохимиялык энергиянын) чөйрөнүн каршылык көрсөтүүлөрүн жеңүүгө коройт да, бул болсо этностун ландшафт жана айланасында жашаган элдер менен тең салмактуулугуна — гомеостазга алып келет, т. а. ал этносту чыгармачыл күчүнөн ажыраган, калдыкка айланган (персистенттик) абалга алып келет. Материя кыймылынын коомдук жана табигый формаларынын өз ара аракети, химиялык айрым реакциялар жогорку температура жана катализаторлордун жардамы менен ишке ашкан сыяктуу дал ошол пассионардык жогорку чыналууга байланыштуу пайда болуп, күчкө кирет. Жандуу нерсенин биохимиялык энергиясы катары пассионардуулуктун импульстары адам психикасында чагылып, этносторду жаратат жана пассионардык чыңалуу алсыздана баштаганда жоголууга бет алгандарын сактап турат.

Эми сөзүбүздүн акырында биз сунуш кылып олтурган этногенез жөнүндөгү концепция диалектикалык жана тарыхый материализмдин теориясына канчалык даражада ылайык келерин тактап алышыбыз зарыл. Булар бири бирине толугу менен ылайык келет. Коомдук түзүлүштөрдүн формалары ичтен өнүгөт; коомдук экономикалык түзүлүштөрдүн орун алмашуулары — ар кайсы региондордо ар бөлөк өнүгүүгө ээ болгондуктарына карабай глобалдуу көрүнүш болуп саналат. Материянын коомдук формасы — илгери адымдап өнүгүүчү прогрессивдүү көрүнүш; анын багыты —спираль. Мына ошондуктан бул — өнүгүүнүн жалпы мыйзамдары жөнүндөгү философиялык теория, андыктан ал антропочөйрөнү бир бүтүн катары аладагыга караганда толук бир баскычка, ал эми мезгил менен мейкиндиктеги этностордун мозаикалуулугунан — этночөйрөдөн эки баскычка жогору турат. Башкача айтканда, этнология — бул, көз караштын жана теманын өзгөчөлүгүн эсепке алуу менен диалектикалык материализмди колдонуунун жекече көрүнүшү.

Белгилүү болгондой, бардык табигый мыйзам ченемдүүлүктөр ыктымалдуулуктар болгондуктан схоластикалык мыйзам ченемдүүлүктөргө баш иет. Демек, мыйзам ченемдүүлүктөрдүн даражалары канчалык жогору болгон сайын алардын реалдуу материалдык дүйнөгө таасири да ошончолук күчтүү келет, ал эми алардын даражалары канчалык төмөн болсо, кокустуктун ролу жогорулап, аны менен бирге эркиндиктин даражасы ошончолук бийиктейт. Биринчи учурда анын чеги — аалам, экинчисинде — атом, анткени супераламдык жана субатомдук кубулуштар башкача ыкмалар аркылуу изилденет жана биздин акыл-эсибиз аркылуу башкача кабыл алынат. Булардын ортолорунда кубулуштардын ырааттарынын градациялары жатат. Ар бир кубулуштун ырааты көңүл бурууну жана өзгөчө мамилени талап кылат. Этностун феномени бул чектердин ортолорун бөлүп турат. Этностун кыймылынын тиби — термелүүчү тип, өнүгүшү — инерциялуу жана дискреттүү абалда болот да, туруктуулугу системалык байланыштар аркылуу, ал эми кайталанбастык жана чыгармачылык жандуу нерсенин биохимиялык энергиясы — жеке адамдын жана жамааттардын деңгелиндеги психика тарабынан чагылтылган пассионардуулук аркылуу камсыз кылынат.

Биздин оюбузча "этнос" деген түшүнүктүн кыскача аныктамасы мына ушундай. Бул — социалдык да, биологиялык да категорияларга тиешеси жок кадимки эле жөнөкөй түшүнүк. Бул жыйынтык тарыхый географиялык маалыматтарды тажрыйбага таянып жалпылоодон жаралды.

Этногенездин ийри сызыгы

Микрокосмостон (жеке бир адамдын жашоосу) макрокосмоско (жалпы эле адамдын өнүгүшү) чейинки бардык тарыхый процесстерде кыймылдын коомдук жана табигый формалары укмуштуу көрүнүштөрдө катышып тургандыктан алардын байланыштарынын мүнөзүн кээде аңдап билүү өтө кыйын. Мындай кыйынчылык айрыкча өнүгүп жаткан этностун феномени, т. а. биз этностун калыптанышы катары түшүнүп жүргөн, анын жаралышынан жоголушуна же гомеостазга өткөнгө чейинки этногенез орун алып турган мезокосмго тиешелүү. Бул түшүнүк этнографияда кечээ жакында эле колдонулуп жүргөн, этногенез — этностун жаралышы, т. а. этникалык аң-сезимдин пайда болушу менен аяктайт деген түшүнүктөн айырмаланып турарын белгилөө ашыктык кылбайт. Географиялык көз караштан алганда этностун жаралышына бизди кызыктырган сюжетте пассионардуу адамдардын тобу катарында караса боло турган популяция негиз болот, алар өз керектөөлөрү үчүн кайсы бир ландшафтты ылайыкташтырат жана ошол эле учурда өздөрү да ал ландшафтка ылайыкташып алышат[40].

Бирок этностун жаралуу учуру өтө кыска келет. Жаңы жаралган жамаат өз мүчөлөрүнүн милдеттерин тезинен аныктап, система түзүшү зарыл. Антпесе алар кошуна элдер тарабынан жөндөн-жөн эле талкаланып калышат. Өз системасынын бүтүндүгүн сактоо максатында алар социалдык институттарды түзүшөт, ал институттардын мүнөзү ар бир учурда жергиликтүү (географиялык шарт-жагдай) жана мезгилдик (адамзаттын өнүгүү баскычы) кырдаалдар менен аныкталат. Дал ошо өзүн өзү бекемдеп, күч-кубатка ээ болуу талабы гана системанын бачым өсүп-жетилүүсүн, территориясынын кеңейишин жана ички этникалык байланыштардын татаалданышын шарттайт; ал өнүгүү үчүн керектүү күч ошол популяциянын пассионардуулугунан табылып, керектелип турат. Системанын өсүшү акыры өнүгүү инерциясын пайда кылат да, ал айлана-чөйрөнүн каршылыгынан улам жана ашык энергиянын таралып азайып отурушунун натыйжасында акырындык менен короп жүрүп олтурат.

Социалдык институттар этностун жашоосу үчүн ыңгайлуу делинген чектен төмөн түшүп кеткенде да жашай берет, кээде этнос жок болуп кетсе да алар сакталып кала берет. Мисалы, байыркы Рим жана менменсинген Византия алда качан жоголуп, эскермеге айланганына карабай рим укугу Батыш Европада жашоосун уланта берген. Ушинтип, эгерде абсцисте мезгил орун алса, анда ординатага эмнени жайгаштырабыз? Кейпи, ага этногенез процесстерин өрчүтүп туруучу энергиянын түрүн, т.а. пассионардуулукту жайгаштырат окшойбуз. Мындай болгондо да, биз пассионардуулуктун өтө күчтүүсү да жана анын өтө начары да жашоо-турмуштун жана маданияттын гүлдөшүнө дегеле мүмкүнчүлүк түзбөй турганын эске тутуп коюшубуз абзел. Пассионардуулуктун "ашып-ташып" кетүүсү системанын ичинде да, анын чек араларында да, этникалык катнашуулар болуп турган региондордо да катаал кан төгүүлөрдү жаратат. Тескерисинче, кайсы бир өлкөнүн эли демилгесиз жана шалакы болуп тургандыгы пассионардуулуктун деңгели нөлгө жакындаганда этникалык жана табигый айлана-чөйрөгө каршылык көрсөтүү касиети жоголот да, кыйроого түз жол ачылат. Пассионардуулук бардык этногенетикалык процесстерде катышып турат, мунун натыйжасында биз глобалдык масштабда этнологиялык салыштырууларды жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк алабыз.

Бирок биз пассионардуулукту өлчөөнүн чен белгисин таба албай дагы бир кыйынчылыкка туш болуп отурабыз. Колдо болгон маалыматтарга таянып, биз

пассионардуулуктун жогорулашын же төмөндөшүн, анын чыңалышынын (этностун жашоосундагы окуялардын жыштыгын) чоң же кичи даражасын айтканыбыз менен анын канча эсе жогору же төмөн экенин биле элекпиз. Бирок бул тоскоолдук анча маниге ээ эмес, анткени "чоң" жана "кичи" даражалардагы мамилелердин өзү эле феноменологиялык теорияларды жаратуу үчүн табият таануу илимдеринде жетиштүү түрдө конструктивдүү жана жемиштүү болуп эсептелет. Ал эми байкоого алынган чоңдуктарды өлчөөнүн тактыгы жана эмпирикалык илимдерди формализациялоо таанып-билүү жагындагы жападан-жалгыз жана анча ыңгайлуу жол болуп саналбайт.

Ошондуктан, белгиленген "кыйынчылык" концепциянын кемчилиги эмес, анын энчиси болуп саналат.

Мектептерде биздин мезгилдеги билим берүү окурманды алдын ала жанылыш пикирге үйрөтүп салды: далилдерге ишенүүгө жана натуралдык катар сандардын реалдуу экенине макул болууга үйрөттү. Эки пикир тең жаңылыш гана болбостон, так да эмес пикирлер. Тарыхый булактардын чындык экендиги азыркы кезде шектенүүгө негизденген тарыхый сын аркылуу чектелип салынды. Натуралдык сандар — абстракция, анткени табиятта сандар эмес, феномендер жашап турат. Натуралдык сандарды бухгалтерияда пайдаланса ыңгайлуу. Ал эми эч кандай барабардык жана окшоштук жолукпаган табият таанууда же тарыхта сандарды пайдалануунун кажети жок. Математикалык эсептөөлөр физикада илгертен бери эле пайдаланылып келатат, бирок "илимий түшүндүрүүгө мүмкүн болгон кубулуштардын баарын математикалык формула аркылуу туюндурса болот деп ойлоонун" кереги жок,[41]биздин акыл эсибиз түзгөн идеалдуу нерселер — математикалык кабыктар аскага урунган толкунга окшоп бул кубулуштарга урунуп жарылып кетет"[42]. Альберт Эйнштейн мындан да тагыраак айтыптыр: "Эгерде математикалык теоремалар чыныгы дүйнөнү чагылдырууга колдонулса, анда ал теоремалар так эмес; алар чыныгы көрүнүштөргө салыштырылганга чейинки учурларда гана так боло алат"[43]. Бирок математикага жүгүнүүчүлүк XX кылымдын башында өзүнчө бир культка айланып, табият таануучулар менен гуманитардык илимдердин өкүлдөрүнүн көптөгөн күч-аракетин өзүнө буруп, алаксытып келди.

Этнөгенездин фазаларын аныктоо үчүн изилдөөгө алынган доордун башкы параметрлерин табуу зарыл, анан алардын айкалыштарынын негизинде ага так мүнөздөмө берсе болот. Андай параметрлер жүрүш-туруштун императиви, түрткү пайда болгон учур жана окуялардын логикасы болуп саналат. Окуялардын логикасы биочөйрөнүн флуктуациялык учурларын, анын ичинде этнөсистеманын пассионардуулугун чагылдырат[44]. Ар кандай этносистема иерархиялык мүнөздө болот, т.а. суперэтнос өзүнө бир нече этносту, этнос — субэтносторду же консорцияларды камтыйт ж.у.с. Төмөнкү даражадагы таксондордун санынын көбөйүшү ар дайым пассионардуулуктун жогорулашы, же тескерисинче, төмөндөшү менен байланыштуу болот. Мына ушундай жол менен пассионардуулуктун чоңдуктарын түз болбосо да, кыйыр түрдө салыштырууга болот, ал эми майда таксондордун санын эсептөө эксперттик баалоо усулу аркылуу гана ишке ашырылышы ыктымал. Ар түрдүү локалдык этногенездердин чыңалууларынын деңгелиндеги өзгөрүүлөрдү жалпылоого да дал ушул усул гана жарактуу. Бул багыныңкылык 4-сүрөттөгү чиймеде көрсөтүлдү.

4-сүрөт. Этникалык системанын пассионардык чыналуусунун өзгөрүшү (жалпылоо)

Сүрөттө этностун жаралышына себеп болгон пассионардык түрткү учуруна тиешелүү ийри сызыктын башталыш чекити абсцисстин огу боюнча жылдар менен ченелүүчү мезгилге бөлүнүп коюлду. Ординаттын огу боюнча этникалык системанын пассионардык чыңалуусунун үч шкаласы бөлүнүп коюлду: 1)Р-2 (кумарлануу канааттандырууга жөндөмсүздүк) деңгелинен Рб (курмандык) деңгелине чейинки мүнөздөрдүн сапаттары; 2) бул шкаладагы п+1, п+3 ж.у.с. индекстер "субэтностордун саны" (этностун алдындагы системалар), мында п — гомеостаз абалында турган жана түрткүнүн таасири тийбеген этностогу субэтностордун саны; 3) бул шкалада "этникалык тарыхтын окуяларынын жыштыгы" (бул жерде окуялар биринчи жолу К. П. Иванов[45] тарабынан сунуш кылынган — этникалык байланыштардын үзүлүү процесси менен дал келген биздин түшүнүкто берилди). Этникалык системанын конвиксия (же консорция) — субэтнос — этнос — суперэтнос өңдүү таксономиялык даражасына жараша окуянын масштабы жөнүндө кеп кылса болот. Пассионардуулук чыңалуунун ийри сызыгын түзүү үчүн биз этникалык масштабдагы: эки же андан көп субэтностордун кагылышын бөлүп карайбыз. Этногенездин фазаларынын аталышы шкалада бөлүнүп коюлган мезгилдердин кесилиштерине туура келет. Мына бул ийри сызык ар кандай түрткүлөрдүн натыйжасында жаралган ар башка суперэтностор үчүн биз түзгөн 40 этногенездин өз өзүнө гана тиешелүү ийри сызыктарын жалпылоодон келип чыкты. Ар бир түрткү үчүн пассионардык чыңалуунун сапаттык мүнөзү бирдей деңгелде, алар кумарлануу канааттандырууга жөндөмсүздүктөн курман болууга чейин сүрөттө көрсөтүлгөндөй иреттүүлүк менен өзгөрөт. Анткени менен бул мүнөздөмөнү этностун кандайдыр бир орточо түрдөгү "физиономиясы" катары караган оң. Этностун катарында бир эле учурда сүрөткө көрсөтүлгөн типтеги топтордун өкүлдөрү учурайт, ошентсе да эсептей келгенде пассионардык чыңалуунун ошол учурдагы деңгелине ылайык келүүчү тип үстөмдүк кылат.

Пассионардуулук көрүнүштүн адаттан сырткаркы ийри сызыгы, өндүрүш күчүнүн прогрессин көрсөткөн сызыкка — экспонентке да, жогорулоо жана начарлоо жыл мезгилдери өңдүү кайталанып, ритмдүү түрдө алмашылып туруучу синусоидге да, биологиялык өнүгүүнүн симметриялык циклоидине да окшош эмес. Сунуш кылынып отурган ийри сызык мезгил агымына карата алганда ассимметриялуу, дискреттүү жана анизотроптуу келет. Ал

кибернетиктерге очоктогу оттун күйүшүн, ок-дары сакталган жайдын жарылышын жана жалбырактын соолушун көрсөтүүчү ийри сызык катары кеңири белгилүү. Бир мисал келтирели. От бир тарабынан баштап күйдү. Жалын бара-бара бүт тарабынан бутактарды күйгүзүп, үймөктүн ичиндеги кислородду бат эле аймап салат. Температура төмөндөйт, ошондо оттун айланасындагы кислород ичти карай оп тартылат да, отту кайрадан жалбырттоого мажбур кылат. Ошентип бир нече жалбырттоодон кийин акырындап от өчүп, анын ордунда күл калат. Бул процессти кайталоо үчүн жаңы куурай салып, аны кайрадан өрттөө талап кылынат. Ошондой эле, эгерде топту түртүп жиберсек, ал эң алгач түртүү күчүнүн эсебинен катуу томолонот, анан чөйрөнүн каршылыгынан улам күүлөнүүсүн жоготуп, акыры токтойт, тагыраак айтканда, чөйрө менен тең салмактуу абалга келет, бул механикада тынч абал деп аталат.

Этногенез процесстери да жогоруда келтирилген мисалдар өңдүү антропочөйрөгө карата алганда сырттан болгон дүрт этип жарылуулар, же түрткүлөр аркылуу жаралат, бул импульстардын натыйжасында антропочөйрө бир бүтүндүгүн жоготуп мозаикалуу болуп калат, т.а. этночөйрөгө айланат; бирдиктүү адамзат жеке адамдар менен микропопуляциялардын айкалышууларынын дайыма өзгөрүп турушунун натыйжасында эң негизгиси жүрүш-туруш адаттары боюнча бири бирине аздыр-көптүр окшошкон жана окшошпогон ар түрдүүлүккө айланат.

Түрткүлөрдүн себептери мутациялар гана, тагыраак айтканда, фенотипке өтө сейрек таасирин тийгизген, бирок жүрүш-туруштун көнүмүш адаттарында чагылып туруучу микромутациялар гана болушу мүмкүн. Мутация, эреже катары, өз аймагында жашоочу бардык популяцияларды козгой албайт. Айрым гана, салыштырмалуу анча көп эмес адамдар гана мутацияга учурайт, ошондой болсо да бул биз өз кезегинде кийинчерээк башкалардан өзгөчөлүү этнос катары белгилей турган жаңы "тукумдун" жаралышы үчүн жетиштүү боло алат. Этногенездин дүрт этип жарылуусунун же пассионардык түрткүлөрдүн очоктору Жердин тиги же бул белгилүү региондору менен деги эле байланыштуу болбойт[46] (5-сүрөттү карагыла).

Сүрөттө рим цифралары менен түрткүлөрдүн катар сандары белгиленди, араб цифралары менен ал түрткүлөрдүн натыйжасында жаралган этностордун сандык ирети берилди.

Мында ар бир этностун тарыхый жана шарттуу аталышы келтирилди, ал эми кашаанын ичинде — ал этнос жаралган географиялык же этномаданият аймактарынын аттары картадагы чекиттерге ылайык келет. Айрым учурларда жогорулоо фазасынын кыскача мүнөздөмөсү же эң маанилүү окуялары берилди. Кашаадагы катар сандан кийин түрткү болуп өткөн дата көрсөтүлдү.

Пассионардык түрткүлөрдүн зоналары — бул кендик багытта 300 километрдей келген жана меридиандык багытта андан бир топ чоңураак, болжолдоп алганда планетанын 0,5 айланасына чамалаш кууш тилкелер болуп саналат. Алар геодезиялык сызыктарга окшош[47]. Түрткүлөр өтө сейрек — миң жылда эки же үч жолу жаралат, анан да ал бир жерде экинчи ирет кайталанбайт. Мисалы, Б. з. ч. миң жыл аралыгында эки түрткү даана так катталып калган: VIII кылымда — Аквитаниядан башталып, Лациум, Эллада, Киликия, Парс аркылуу Индияга чейин жеткен, ал эми III кылымда азыркы Моңголия менен Казакстандын талааларын кесип өткөн.

Ошол эле бир түрткүнүн таасири физикалык-географиялык ар мүнөздөгү региондорду камтый алса, анда ал пассионардык жогорулоолордун бир нече

очокторун түзүшү мүмкүн (натыйжада — бир нече суперэтностор жаралат). Мисалы, б. з. VI кылымындагы пассионардык түртку Аравияны, Инди өрөөнүн, Түштүк Тибетти, түндүк Кытайды жана ортоңку Японияны өзүнө камтыган. Анын таасиринен бул өлкөлөрдө бир курактагы, өз алдынча жүрүш-туруш адаттары жана маданияты бар этностор жаралган. Алардын коңшулары — Византия, Иран, Улуу талаа болгон: айнылар алардан бир топ улуу болушкан. XII кылымда чжурчжендер жана моңголдор жаралып, алар баарынан жаш эле. Элдердин Улуу көчүнөн кийин урандыга айланган Батыш Европа IX кылымда, Чыгыш Европа XIV кылымда барып жаңыланды. Дал ошондуктан Россия менен Литваны Франция жана Германияга салыштырмалуу артта калган дегенден көрө бир кыйла жаш этностор деп айтуу акыйкаттуу болор эле. Баса, Россияны суперэтнос деп атаган туура, анткени Москва өз айланасына көптөгөн этносторду басып алуусуз эле баш коштура алган.

Окурмандын назарына коюлган 4-сүрөттөгү ийри сызык керек болсо этникалык катнаштардын таасирин эске алуу менен мезгилдин масштабдарын алмаштыруу аркылуу консорцияларга, конвиксияларга, субэтносторго жана этноско да пайдаланылышы мүмкүн. Этногенездерди синхрондоштурууда биз суперэтностун деңгелинде этномаданият системаларынын өнүгүү кыймылын жана алардын өз ара байланыштарын көрө алабыз (6-сүрөттү караңыз).

Бул байланыштар кандуу да, бейпил да, экономикалык, идеологиялык жана эстетикалык да байланыштар болушу мүмкүн. Пассионардуулуктун жогорулашынын жана төмөндөшүнүн фонунда ар кандай климаттык өзгөчөлүктөрдүн жана ар кандай тарыхый карама-каршылыктардын шартында кагылуушулардын жыйынтыктары да ар башка болот. Дал мына ушундай байланыштар этникалык тарыхтын маселеси болуп саналат.

Ооба, этногенездин салыштырмалуу узактыгы ар башка болот. Жогорулоо фазасы жалпысынан болжол менен 300 жылга созулат; өсүү процесси өтө ургаалдуу жүрөт. Акматикалык фазанын узактыгы да болжол менен ушунчалык болот. Дал ушул мезгилде этностун өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүктөрүнүн комплекси пайда болот, өз территориясын, таасирин кеңейтүү аракеттери токтойт да, суперэтникалык маданий түзүлүштөрдү жаратуу үчүн шарт түзүлөт. Этностун төмөндөп кетүү мезгили 150 жылдан 200 жылга дейре созулат. Инерция жана обскурация фазаларынын узактыгы өтө ар түрдүү болот. Бул этностун ичтен бузулуу процессинин ургаалдуулугуна жана өткөн мезгилдерде топтолгон материалдык базанын өнүгүү даражасы боюнча аныкталуучу тарыхый тагдырга, ошондой эле аймактын физикалык-географиялык шарттарына жана коңшу этностордун абалына байланыштуу болот. Акырында келип кыйратылган этностун калдыгы жашап турган гомеостаз фазасынын ыңгайлуулугу территориянын тарыхый-географиялык өзгөчөлүгүнө байланыштуу



5-сурот. Пассионардык түрткүлөрдүн зоналарынын ок сызыктары

болот. Эгерде бул шарттар ото ыңгайлуу болсо этнос обочо жашап, өтө узак, т. а. коңшу этностор алардын жерине көз артып, кол салган мезгилге чейин өмүр улайт. Ошентип, этногенездин бүтүндөй бир цикли этносоциалдык системанын түзүлгөнүнөн этностун бүлүнүп, калдыкка айланганына чейин 1200 жылдай убакыт талап кылынат. Ооба, этногенез процессин анын ар кандай фазасында бузуп салуучу сырткы кийлигишүүлөр болбогон учурда гана ушунча мезгилге созулат.

Пассионардык түрткүлөрдүн картасына тиешелүү уламыштар

I (Б. з. ч. XVIII кылым). 1) Египеттиктер-2 (Жогорку Египет). Байыркы падышачылыктын кулашы. XVIII кылымда Египетти гиксостордун каратып алышы. Жаңы падышачылык. Фивыдагы борбор шаар (1580-ж.). Диндердин алмашуусу. Озирис культу. Пирамидаларды куруунун токтотулушу. Нумибияга жана Азияга басып кирүү. 2) Гиксостор (Иордания, Түндүк Аравия). 3) Хеттер (Чыгыш Анатолия). Бир нече хаттхурит урууларынан хетгердин түзүлүшү. Хатгусстун көколошу. Кичи Азияга карай кеңейүү. Вавилонду басып алуу.

II (Б. з. ч. XI кылым). 1) Чжоулуктар (Түндүк Кытай: Шенси). Чжоу хандыгынын Шан Ин империясын жеңип алышы. Көкөтеңирге сыйынуунун пайда болушу. Адамды курмандыкка чалуунун токтотулушу. Территорияны чыгышта деңизге чейин, түштүкто Янцзы дарыясына дейре, түндүкто чөлгө жеткире кеңейтүү. 2) (?) Скифтер (Борбордук Азия).

III (Б. з. ч. VIII кылым). 1) Римдиктер (борбордук Италия). Ар түрдүү италиялык (латын-сабин-этрусс) калктын ордуна римдик аскерий

коомдоштуктардын пайда болушу. Орто Италияга андан кийинки жайгашуулар, б. з. ч. 510-жылы Республиканын түзүлүшү менен аяктаган Италияны каратып алуу. Культтун алмашуусу, аскерди жана саясий системаны уюштуруу. Латын арибинин пайда болушу. 2) Самниттер (Италия). 3) Эквалар (Италия), 4) (?) Галлдар (Түштүк Франция). 5) Эллиндер (Орто Греция). Б. з. ч. XI—IX кылымдарда критмикен маданиятынын начарлашы. Жазуунун унутулушу. Пелопоннестин дорий мамлекеттеринин түзүлүшү (VIII кылым). Жер Ортолук деңизинин жээктерин эллиндердин басып алышы. Грек арибинин жаралышы. Кудайлардын пантеонун кайра куруу. Мыйзам чыгаруу. Шаардык жашоо ыңгайы. 6) Лидиялыктар. 7) Киликиялыктар (Кичи Азия). 8) Перстер (Персида). Мидиялыктармыдын жана перстердин түзүлүшү. Дейок жана Ахемен — династиялардын негиздөөчүлөрү. Мидияны кеңейтүү. Ассирияны бөлүштүрүү. Жакынкы Чыгышта Ахеменилердин падышачылыгынын түзүлүшү, Эламдын ордуна Персиданын көкөлөшү. Диндердин алмашылышы. Отко сыйынуу. Сыйкырчылык.

IV (Б.з.ч. III кылым). 1) Сарматтар (Казакстан). Европалык Скифияга басып кирүү. Скифтерди кыруу. Рыцардык типтеги оор атчан аскерлердин пайда болушу. Иранды парфяндардын каратып алышы. Сословиелердин пайда болушу. 2) Куишндар-согдулуктар (Орто Азия). 3) Хуннулар (түштүк Моңголия). Хуннулардын уруулук биримдикке баш кошушу. Кытай менен кагылышуу. 4) Сянбилер. 5) Пуёлор. 6) Когуролор (түштүк Манжурия, Түндүк Корея). Байыркы кореялык Чосон мамлекетинин көкөлөшү жана кулашы



6-сүрөт. I—XV кылымдардагы Евразиянын этникалык-маданий системаларынын динамикасы

Деңгелдер: 1—обскурациянык; 2—гомеостаздык; 3—консорциянык; 4—субэтностуку; 5—этностуку; 6—суперэтностуку; 7—этникалык талаанын чүнчүп, жиктелишиники; 8—социоэтникалык бир бүтүндүктүү; 9—социомаданий бир бүтүндүктүү; 10—структуранын бузулушунуку; 11—калдыктыкы.

(Б. з. ч. III—II кылымдар). Аралашкан тунгус-манжур- корей-кытай калктарынын ордуна уруулук биримдиктердин түзүлүшү жана анын натыйжасында корейлердин алгачкы Көгүрө, Силла, Пэкче мамлекеттеринин пайда болушу.

V (Б.з. I кылымы). 1. Готтор (түштүк Швеция). Готтордун Балтика деңизинен Кара деңизге жер которушу (II к.). Античный маданиятты кеңири өздөштүрүүнүн христиан динин кабыл алуу менен аякташы. Чыгыш Европада готгордун империясынын түзүлүшү. 2) Славяндар. Карпат тоолорунан Балтика, Жер Ортолук, Кара деңиздерге чейинки аймактарга кеңири тарап кетиши. 3) Дакилер (азыркы Румыния). 4) Христиандар (Кичи Азия, Сирия, Палестина). Христан жамааттарынын пайда болушу. Иуда-измден бөлүнүү. Чиркөө институтунун түзүлүшү. Рим империясынын оз чегинен сыртка карай кеңейиши. 5. Иудейлер-2. (Иудея). Сыйынууну жана дүйнөгө көз караштарды жаңылоо. Инжилдин жаралышы. Рим менен согушуу. Иудейден сырткары жерлерге кеңири жер которуулар. 6) Аксумилер (Абиссиния). Аксумдун көкөлөшү. Аравияга, Нубияга басып кирүү, Кызыл деңизге чыгуу. Кийинчерээк (IV кылым) христианчылыкты кабыл алуу.

VI (Б. з. VI кылымы). Мусулман арабдар (Борбордук Аравия). Аравия жарым аралындагы уруулардын биригиши. Диндин алмашышы. Ислам. Испанияга жана Памирге чейин тарашы. 2) Раджпуттар (Инди ороонү). Пунт империясынын кыйрашы. Индиядагы будда жамааттарын жок кылуу. Саясий бытырандылыктын тушундагы касталык системанын татаалданышы. Веданта диний философиянын түзүлүшү. Монотеизм үчилтиги: Брама, Шива, Вишну. 3) Боттор (түштүк Тибет). Буддачыларга таянуу менен административдик-саясий монархиялык төңкөрүш. Борбордук Азия жана Кытай тарапты карай кеңейүү. 4) Табгачтар. 5) Кытайлар-2 (түндүк Кытай: Шэнси, Шаньдун). Түндүк Кытайдын дээрлик тукум курут болгон калкынын ордуна эки жаны этнос: кытай-түрк (табгачтар) жана Гуаньлун тобунан өсүп чыккан орто кылымдагы кытай этносунун пайда болушу. Табгачтар бүткүл Кытайды борбордук Азия менен бириктирип Тан империясын түзүшү. Буддизмдин, индиялык жана түрк адеп-ахлагынын таркашы. Кытай шовинистгеринин каршылыгы. Династиянын кыйрашы. 6) Корейлер. Жалпы бийлик үчүн Силла, Пэкче, Когүро падышачылыктарынын оз ара согушу. Тандардын басып киришине каршылык көрсөтүү. Силланын бийлиги астында Кореянын бириктирилиши. Конфуцийлик моралдын колдонулушу, буддизмдин ургаалдуу тарашы. Бирдиктүү тилдин калыптанышы. 7) Ямато (япондор). Тайктын төңкөрүшү. Монарх башында турган борбордук мамлекеттин жаралышы. Конфуцийлик моралдын мамлекеттик этика катары кабыл алынышы. Буддизмдин кеңири таркашы. Түндүккө карай экспансия. Күмбөздөрдү куруунун токтотулушу.

VII (Б.з. VIII кылымы). 1) Испандар (Астурия). Реконкистанын башталышы. Астурия, Наварра, Леон королдуктарынын түзүлүшү жана испандык-римдиктердин, готгордун, аландардын, лузитандардын ж.б. аралашмаларынын негизинде Португалия графтыгынын түзүлүшү. 2) Франктар (Французлар). 3) Сакстар (немистер). Улуу Карлдын империясынын улуттук-феодалдык мамлекеттерге бөлүнүп кетиши. Викингдердин, арабдардын, венгрлердин жана славяндардын чабуулдарынын мизин майтаруу. Христианчылыктын ортодоксалдык жана папалык бутактарга болүнүшү. 4) Скандчнавдар (түштүк Норвегия, түндүк Дания). Викингдердин кыймылынын башталышы. Поэзиянын жана рун жазуусунун пайда болушу. Лопарларды тундрага сүрүү.

VIII (Б.з. IX кылымы). 1. Моңголдор (Моңголия). "Узакка чыдамдуу адамдардын" пайда болушу. Уруулардын аскерий-элге биригиши. Ясы — мыйзам негиздеринин жана жазуунун түзүлүшү. Улустун Сары деңизден Кара деңизге чейин кеңейиши. 2) Чжурчжендер (Манжурия). Жарым кытай тибиндеги Цзин империясынын түзүлүшү. Түштүккө карай басып кирүү. Түндүк Кытайды каратып алуу.

IX (Б.з. XIII кылымы). 1) Литвалыктар. Катуу тартиптеги княздык бийликтин түзүлүшү. Литва княздыгынын Балтикадан Кара деңизге чейин кеңейиши. Христанчылыкты кабыл алуу. Польша менен кошулуу. 2) Великоросстор. Литвалыктар басып алган Байыркы Рустун (Новгороддон башкасы)жок болушу. Москва княздыгынын көкөлөшү. Кызматчы сословиенин өсүшү. Чыгыш Европанын славян, түрк, угор калктарынын кеңири аргындашуулары. 3) Осмон-түрктору (Кичи Азиянын батыш тарабы). Осмон бийлиги менен Жакынкы Чыгыштын мусулман калктарынын, туткундалган славян балдарынын (янычарлар) жана Жер Ортолук деңизинин суучул селсаяктарынын (флот) активдүү биригишүүсү аркылуу бекемделиши. Аскерий типтеги султанат. Оттомандык Порта. Балканды, Алдыңкы Азияны жана Мароккого чейинки Түндүк Африканы багынтып алуу. 4) Эфиоптор (Эфиопиядагы Амхара, Шоа). Байыркы Аксумдун жок болушу. Соломониддердин төңкөрүшү. Эфиопия православиесинин экспансиясы. Чыгыш Африкадагы Абиссиния падышачылыгынын көкөлөшү жана кеңейиши.

Тарых жана этнология

Этногенездиң схемасы — көрсөтмө окуу куралы сыяктуу этникалык тарыхты изилдөөнү жеңилдетет, анткени менен аны кошумча далил катары гана колдонуу абзел. Китепканадагы каталог, текчелерде сакталып турган китептердин мазмунун билдирген сыяктуу же Москванын эски план-картасы жаңы үйлөр эски үйлөрдү алмаштырганына карабай илгерки көчөлөрдүн аттары сакталганын билдирген сымал бул схема да тарыхты баяндоодо гана керектелет. Чынында биз шаардын планында эмес, жаңы курулган үйлөрүндө жашап турабыз, бирок эски план-картаны пайдаланып, таанылгыстай өзгөргөн көчөлөрдү табууга кыйла жардам берет.

Этногенез жөнүндөгү илимден айырмаланып, этникалык тарых көп фактордуу көрүнүш болуп саналат. Бул илимде географиялык жана биологиялык факторлор менен бир катарда көп кырдуу фрагменттик процесстердин катышуучулары катары социалдык-саясий, тарыхый-психологиялык жана культурологиялык факторлор да катышып турат. Пассионардуулуктун эн башкы мааниси мында турат, ал атаандаш этникалык системалардын потенциалдык мүмкүнчүлүгүнүн ченеми болуп саналат, дал ошондуктан белгилүү бир доордогу күчтөрдүн жайгашып турушун аныктайт, бирок окуялардын себептик байланыштарын ачып бере албайт. Анан да биочөйрөнүн феномени — этнос жөнүндөгү илим катары этнологиянын артыкчылыгы мында турат: ал тыштан кирген көптөгөн факторлорду баа берүүгө жарактуу чакан сандагы маалыматтарга алып келип такап, тарыхый салттуу ыкмаларда чечилбей турган маселелерди жөнөкөй маселелерге айланта алгандыгында турат. Анын усулу алгебра арифметикага тиешелүү болгондой эле, тарыхый салттуу усулга тиешелүү. Ал эмгекти аз талап кылгандыктан, ошончо күч коротуу менен чоң регионду жана бир топ узак доорду бир эле учурда, бир маселеге камтууга

мүмкүндүк берет. Өз кезегинде ушул эле усул, бир караганда бири-бири менен байланышы жоктой сезилген тээ илгерки маалыматтарды салыштыруулар аркылуу бир топ тактап алууга шарт түзөт. Анан да алгебралык формуланы арифметика аркылуу каалаган убакта тактап алган сымал, этнологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын да тарых илиминин салттуу усулдары менен такташтырып алууга болот. Анткени менен этнология тарыхты сөздүн кеңири маанисинде алганда "чындыкты издөөнүн" усулу катары пайдаланганына карабай, анын коомдук тарыхка тиешеси анча жок. Канткен менен тарых эки жүздүү Янус өңдүү адамзаттын акылы жана колу жараткандарды, т. а. имараттар менен заводдорду, байыркы китептер менен жазылып алынган оозеки чыгармаларды, феодалдык институттар менен грек полистерин, философиялык системалар менен мистикалык ерестерди, кумураларды, балталарды жана сүрөт тартылган чопо идиштерди же картиналарды изилдөөдө гана жарактуу келет.

Ушуну менен бирге этнологиялык усулдарды пайдалануда алыстык жана жакындык абберацияларынан жана ал абберациялардын ушунчалык көп тарагандыгынан улам милдеттүү түрдө кабыл алынып жүргөн көнүмүш түшүнүктөрдөн аң-сезимдүү түрдө баш тартууну талап кылат.

Карапайым адамдар азыркы өнөр жайлуу шаарлардын калкына караганда байыркы адам деги эле зээни жок болгон, ондогон муундар бою тажрыйба топтоп, бара-бара гана жөндөмдүүлүгү өскөн жана бир нерселерди ойлоп чыгарууга акылы жете баштаган деген пикирге көнүп алган. Мына ушундай орунсуз негиздерге таянуу, убакыт, т.а. өткөндөгү өнүгүү азыркыга караганда өтө жай жүргөн, ошондуктан мисалы, тарыхчылар палеолит доорун, узаккан созулган Ренессанс доору сыяктуу бирдиктүү доор катары эсептеген түшүнүктөр окумуштуулардын арасына да таркап кеткен. Мындай түшүнүк Күндүн чоңдугун өзүнүн муштумуна теңеген бөбөктүн ишеними өңдүү алыстык абберациясы болуп саналат. Анткени менен азыркы полннезнялыктардын ата-бабалары темир куралдары болбогонуна карабай боолонгон камыштардан жасалган салдарга түшүп алып, Тынч океанды Т. Хейердал созгон мөөнөттө сүзүп өтүшкөн. Майя индейлеринин ата-бабалары азыркы селекция жана генетиканы билбестен туруп эле пахтанын жаңы түрүн, анын хромосомун эки эсе көбөйтүү аркылуу маданий өсүмдүккө айландырышкан. Ал эми түндүк америкалык индейлер жаанын жебелеринин учун обсидиан ташынан жасашып, жапайы болуп кеткен испан жылкыларын колго үйрөтүшүп, прерияны 60 жылдан аз мөөнөттө өздөштүрүп алышкан.

Дилетанттарга этникалык тарых — бул, "аяк-башы көрүнбөгөн жашоо" эле эмес, деги эле бир схемага ылайык келбеген "кокустуктардын" калейдоскобу сыяктуу көрүнөт, анткени андай кубулуштарды ар кайсы байкоочу ар башка тарабынан көрөт эмеспи. Ооба, замандаштары пассионардык түрткүнү эч качан сезишкен эмес. Бардык болуп жаткан нерселер табигый көрүнүштөр катарында, дайыма болуп турган нерсе катарында түшүнүлгөн. Байыркы римдиктер үч жүз жыл катары менен республика империяга айланып кеткенин сезишкен эмес, качан гана Диоклетиан падыша сарайындагы этикетти өзгөрткөндө бийлик монархиялык бийлик экенин билишкен. Катар жүрүп жаткан процесстерди, мисалы, ландшафттык же климаттык тарыхты билмексенге салуу аркылуу тереңдетип жиберилген жакындык абберациясынын жыйынтыгы ушундайча болот. Айтмакчы, климаттын жана ландшафттын тарыхы деги эле өзгөрүлбөй турган туруктуу нерсе катары кабыл алынып жүрөт, чынында ал кээде бийликтин саясий формасына караганда алда канча тезирээк өзгөрүп турат.

Анткени менен этнолог илгерки окуялардын баяндарынан керектүү алыстыкта туруп мезгилдин "түсү" алмашканын көрө алат, ал эмес бир доордун экинчисине жай өтүшүнө түзөтүү да киргизүүгө мүмкүнчүлүк табат. Ошентсе да ал көнүмүш ыкмадан — булактардын баяндамаларынан четтеп кетет, анткени жылнаамачылардын сүрөттөп жазгандарынан этнолог окуялар жөнүндөгү маалыматтардан кургак уламаларды бөлүп алат. Ал да палеобиолог же геолог өңдүү, албетте, өзүнүн тармагына жараша мезгилдик масштабдардагы жана процесстердеги окуялардын логикасын таап чыгууга милдеттүү. Бирок бул гуманитардык илимдердин усулунан четтөө болуп саналат. Адамды изилдөө жөнүндө сөз жүрүп жатканда ушундай четтөөлөргө жол берүүгө болобу?
Ооба, болот! Болмок түгүл, зарыл.

Анан да гуманитардык илимдер адамды жана анын иш-аракеттерин изилдейт, ал эми табигый илимдер жандуу жана жансыз, кыймылсыз, т.а. эч качан жандуу болбогон жаратылышты изилдейт деп ойлогонго көнгөнбүз. Бирок баарыга белгилүү бул бөлүнүш негизсиз жана карама-каршы ой жорууларга ээ экендиги аны маанисиздикке айлантат. Медицина, физиология жана антропология да адамды изилдейт, бирок эмнегедир гуманитардык илим болуп эсептелбейт. Азыркы доболорго айланган байыркы шаарлардын урандылары жана илгерки каналдар — антропогендик өзгөрүүдөгү рельефтер, бул да табигый илимдин геоморфология тармагына тиешелүү. Мунун тескерисинче, саякатчылардын легендалуу, көп учурда фантастикалык, ооздон оозго өтүп айтылып жүргөн баяндоолоруна негизденген география XVI кылымга чейин Бүткүл дүйнөлүк топонсуу, Атлантида жөнүндөгү уламыштарга таянган геология сыяктуу эле гуманитардык илим болгон. А түгүл астрономияга да Коперникке чейин гуманитардык илим катары Аристотелдин, Птоломейдин, ал эмес Косьма Индикопловдун жазгандарын изилдөөгө негизденген экен. Адамдарга аалам мейкиндигинде — Түпсүздүктө илинип турган тегерек шарда жашоого караганда, Океан менен курчалган жалпак Жерде жашоо ыңгайлуу көрүнгөн. Бул пикир азыр да айтылып жүрөт.

Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктай келип, ойломду түрлөргө бөлүү, ага карата илимди да изилдеген предметине карата бөлүү туура эмес деп айтууга негиз бар. Мындан көрө, илимдерди алгачкы маалыматтарды алуу ыкмаларына карата бөлүү бир топ ыңгайлуу. Мында эки жол бар: биринчиси окуу, эркин ой жүгүртүүнүн жемиштерин угуу жана билдирүү — жомоктоп айтып берүү жолу, экинчиси байкоо, кээде тажрыйба өткөрүү, т.а. изилдөө — сөздүн түз маанисинде алганда табият таануу[48] жолу. Байкоого алынган маалыматтарды эмпирикалык жалпылоого негизденген этнология мындай учурда табият таануунун бир бөлүгү болуп калат, ал эми эксперименттин ролун, бул жерде да, криминалистикадагыдай эле, булактардагы маалыматтардын карама-каршылыгына жол бербөөчү эксперт аткарат. Айтмакчы, кылмыш ишин иликтөөдө да, күбөлөрдүн айткандарына ишенип калбай, алардын айткандарын салыштырып көрүшөт, анткени көп учурда кылмышкерлер жана күбөлөр өздөрү айткан версиялардын кабыл алынышына кызыгдар болушат эмеспи. Эгер андай болсо биз эмне үчүн жылнаамачыларды калыс деп эсептөөгө тийишпиз?

Тарых ар дайым адаттан тыш, ар башкача маалыматтардын калейдоскобуна окшошуп турган чакта (анткени замандаштары тарабынан ошондой маалыматтар гана белгиленген) "эмпирикалык жалпылоолорду" түзүү мүмкүнчүлүгү реалдуу эмес эле. Жалгыз-жарым байкоолорду сын көз караштан өткөрүү кыйын. Ал ошол учурда байкоочу туш келген кырдаал- шартка, же ал

эмес анын ошондогу ал-ахыбалына жараша бурмаланган толук эмес көрүнүш, кокустук болушу ыктымал. Мындай кемчиликтер көп сандагы байкоолор аркылуу четтетилет, ал эми сөзсүз боло турган жаңылыштыктар өтө эле майда болгондуктан, корутунду чыгаруу үчүн аларды көңүлгө албай койсо да болот.

3-таблица. **Этногенез процессин изилдөөдө предметке ырааттуулук менен жакындоо**

Жакындык даражасы	Байкоо...	Көрөбүз...	Проблема жана усул
1	Биочөйрөнү	Этночөйрөнү	Географиялык
2	Этночөйрөнү	Суперэтносторду	Культурологиялык
3	Суперэтносту	Этносторду	Этнологиялык
4	Этносту	Субэтносторду	Саясий-тарыхый
5 	Субэтносту	Консорцияны (адамдар жана үй-бүлолор)	Этнографиялык
6	Консорцияны (үй-бүлөнү же ишмерлердин өмүрбаянын)	Эпизоддорду	Өмүр баяндык
7	Эпизоддору	Булактардын маалыматтарын	Филологиялык

399

Тарыхый мезгилдеги бардык белгилүү этносторду (толуктук принциби) эсепке алуу жана актуализм принциптерин жетекчиликке алуу аркылуу биз географиялык чөйрөнүн фонунда этностордун жаралуусун жана жок болуусун күбөлөндүргөн этногенездин мыйзам ченемдүүлүктөрүн таптык. Актуализм принциптерине ылайык табияттын мыйзамдары өткөн мезгилдерде да ушу

азыркысындай эле бар болуп турганы белгилүү. Анткени менен, топтолгон маалыматтарды юридикалык багыттагы тарыхчылар да, структурачылар да пайдаланышкан эмес. Анткени булар да, тигилер да динамиканы эмес, статиканы изилдешкен.

Сегизинчи бөлүк

ЭТНОСТУН ЖАШ КУРАКТАРЫ

МЫНДА ЭТНИКАЛЫК БИР БҮТҮНДҮКТӨРДҮН

ӨНҮГҮҮ СХЕМАСЫ БАЯНДАЛАТ

ЖАНА ЭМНЕ ҮЧҮН

АЛАРГА ТҮБӨЛҮК ЖАШОО

БУЮРБАГАНЫ

ТҮШҮНДҮРҮЛӨТ

26—2446

XXX. ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН ыгы

Мезгил жана тарых

Тарых дегенибиз — бул мезгил алкагында болуп өткөн процесстерди окуп үйрөнүүчү илим болуп саналат, ал эми мезгил деген эмне экенин эч ким билбейт. Мында таң калычтуу эч нерсе жок. Айталы, балыктар суу эмне экенин ага салыштырар нерсеси жок болгондуктан билишпесе керек. Аларды абага алып чыкканда суу менен абаны салыштырууга убактысы да жетпей калат.

В. И. Вернадский өлүмдү мейкиндик менен мезгилдин[1] бөлүнүшү катары аныктаган, анткени, анын ою боюнча кыймылсыз нерселер убакыттан тышкары турат. Балким, анын айтканы туурадыр, бирок тарыхчылардын бар нерсени өткөндөгүгө айлантуучу өлүү процесстери менен гана иши болот. Ал эми өткөндөгүлөр реалдуубу? Бул маселе боюнча азыркы илимпоздордо бирдиктүү пикир жок. Анда, айрым бир, биз мурда айткан ойлорду толугураак карап көрөлү.

Өткөндөгүлөрдүн баары орду-түбү менен толук жок болуп кетет деген өтө кеңири тараган көз караш бар. Жованни Жентиле минтип жазат: "Өткөн мезгилдерде адамдар туулушкан, ойлонушкан жана эмгектенишкен... бирок алардын баары өз кезинде сулуулугунан өздөрү ырахат алышкан гүлдөргө же алардын көз алдында жазда жашылданган, күздө саргарып, жерге күбүлүп түшкөн жалбырактарга окшоп, өлүп жок болгон. Алардын элеси тирүү, бирок эскерүүлөрдүн дүйнөсү, фантазия дүйнөсү өңдүү эч нерсеге арзыбайт: анан да андай эскерүүлөрдүн кыялдан айырмасы жок..." "Өткөндөгү фактылардын өмүрү жана мааниси байыркы жазуулар, хартиялар же илгеркиден сакталып калган чыныгы, ар кандай калдыктар аркылуу ачылбасын тарыхчы жакшы билет; алардын булактары — тарыхчы инсандын өзү болуп саналат".

Буга макул болуу эч мүмкүн эмес, ошентсе да талашып-тартышууну кийинкиге калтыра туралы, анткени бул темада жазган башка авторлор да бар.

В. Дильтей, П. Гардинер жана Б. Рассел мындан да таккесе жазышкан. Булардын үчөө тең иш жүзүндө тарыхтын жыйынтыктары так эмес, анткени тарыхчылардын ой-пикирлери субъективдүү болот, ошондуктан алардын корутундулары калыс ой-пикир боло албайт дешип тарыхты жокко чыгарышат. "Тарыхый дүйнөнүн алгачкы элементи — бул айлана-чөйрөсү менен эриш-аркак активдүү аракетте жашап турган адамдын өз башынан кечиргендери", — деп жазат В. Дильтей. "Ар кандай деңгелде, ар кайсы аралыктан, ар башка максаттар жана кызыкчылыктар менен, ар бөлөк контексттерде жана ар түрдүү көз караштарда жазышкан тарыхчылар маанисин ачып бере турган себептер таптакыр эле жок" — дейт П. Гардинер. Тарыхтын баалуулугу анын "бизге тиешелүү болгон кырдаалдан чукул айырмаланган кырдаалдарда турган адамзат жөнүндө так талданган илимий билим берүү ордуна, ит ээси өз ити жөнүндө айтып бергенге окшошурак билим бере алгандыгында эле", — деп билдирет Б. Рассел.

Аты аталган ойчулдардын мындай пессимисттик жыйынтыктарга келүүсүнө азыркы тарыхчылар себепкер болушкан. Андай тарыхчылар жөнүндө Анатоль Франц[2] мындай деп жазган: "Биз эмне, тарыхты чындап жазып жатыптырбызбы? Деги биз, кайсы бир тексттен же документтен жашоо-турмуштун же чындыктын бир бүдүрүн таап чыгууга аракеттенип жатыптырбызбы? Биз сөзмө-сөз көчүргөнгө, аны сактаганга гана көнгөнбүз... Ой жүгүртүү деген жок" ("Пингвиндер аралы"). Бул ойду коргоо кажетсиз, ансыз да талаш-тартыш ушу

жөнүндө жүрүп жатпайбы. Анда эмесе биз зарыл так түшүндүрмөлөрдү берип көрөлү.

Эгер талаш-тартыш баштала, анда ал тил илимине тиешелүү жаңылыштыктар жөнүндө жүрмөк. Азыркы заманда бири бирине байланыштуу болгон менен өтө ар түрдүү иштерди тарых деп аташат: 1. Байыркы булактарды жарыялоо жана которуу зарыл иш болгону менен алар чийки маалыматтарды гана берет. 2. Байыркы авторлордун атайылап же кээде баамдоосуздан кетирген жалган далилдөөлөрүн электен өткөрүүчү тарыхый сын — жарым-жартылай так маалымат бере алат. 3. Табылган маалыматтарды мурда жыйналгандар менен салыштыруу — пайдалуу нерсе, бирок аны али пайдаланууга болбойт. 3. Материалдарды алдыга койгон маселеге ылайык интерпретациялоо. 4. Маалыматтарды коюлган проблеманын планында интерпретациялоо. 5. Илимдердин чектеринде жаткан жаңы маселелерди коюу.

Жогоруда аты аталган жана аларга жакын көптөгөн башка философтор ошо чийки маалыматтардан аларды иштеп чыкпай туруп эле дароо өзүнө керектүү белек ала албаганына өкүнүп отурушат. Бул чындыгында да дал ошондой, аларды иштеп чыгуудан башка жол жок, болбойт дагы. Философтордуку башка бир жагынан туура, чынында да бул жол менен ар бир эле адам каалаган максатына жете албайт.

Эң эле жөнөкөй көрүнүштөгү жалпылоо сезимди балкылдата эритип, окурманды эң алды таң калтырган, андан кийин чын жүрөктөн ишендирген жаңы формага ээ болушу үчүн мээ чыңалта ой жүгүртүүнү, көңүл эргитүүнү талап кылат. Албетте, кептин баары ал тезистин кандай ой- сезим аркылуу же маалыматтарды кандайча талдоо менен далилдегендигинде турган жок; бул илимий кесиптин иши, аны, албетте, билүү керек, бирок аны үчүн жалгыз билим жетишсиздик кылат. Кептин баары, андай жаңы тезисти кээ учурда кантип тапкандыкта жана далилдегендикте турат. Бул чыгармачыл психологиянын жашыруун сыры. Муну байыркы гректер тарыхтын кудайы — Клиого байланыштырышкан. Бул кудай бизге, философтордун ишенбөөчүлүк көз карашы негизсиз экенин, өткөндөгүлөр — жеке баштан кечирилген нерселер эмес экенин жана анын куру кыял эместигин айтып турат. Анткени учур чак дегенибиз көз ирмемде өткөн чакка айланып кала турган бир учур. Келечек деген жок нерсе, анткени тигил же бул жыйынтыктарды берүүчү кылык-жорук али жасала элек жана анын жасалар же жасалбасы да белгисиз. Келечекти кыймылсыз түрдө, анын кийин иш жүзүндө жаралуучу баалуулугун эске албай туруп болжолдуу гана эсептешке болот. Ал эми өткөндөгүлөр дегенибиз бар нерсе: бардык бар нерселер — өткөндөгү нерселер, анткени кайсы гана бүткөн иш болбосун, ал дароо өткөндөгүгө айланат. Дал ошондуктан тарых илими бизден сырткары жана бизсиз жашап турган реалдуу көрүнүштөрдү изилдейт.

Ал эми субъективдүү түшүнүктөрдүн реалдуу эместиги жөнүндөгү сөздөр — жөн гана келжиректик. Реалдуулук ар дайым белгилүү бир чектерде гана жашап турат, ал чектен сырткары жактагылар маанисиз нерсеге айланат. Москва менен Ленинграддын ортосундагы аралыкты милиметрге чейин так ченөө мүмкүн эмес, анын кереги да жок. Тарыхта да ушундай, бирок анын маселелерин алдыга коюунун өзүнө таандык өзгөчөлүгү бар.

Тарыхый инсандардын туюм-сезимдеринин нюанстарын эмес, социалдык, этникалык жана маданий-гендик процесстерди изилдөө пайдалуу. Алгачкы маалыматтарды чогултууда алардын тактык даражасы азыраак болот, бирок узакка созулган процессти изилдөөнүн жүрүшүндө капилет кетирилген каталар

бири экинчисинин ордун толтуруп жүрүп отургандыктан практикалык максатты канааттандыра ала турган, т. а. доорду түшүндүрө ала турган сүрөттөп жазууну тапса болот. Материалдар канчалык кеңири камтылса, тактык да ошончолук жогору болот. Маселени ушундайча койгондон майда-чүйдө нерселердин санын керектүү өлчөмдөн ашыруунун кажети жок, себеби алар кибернетикалык "ызы-чууларды" гана пайда кылат. Материалдарды кандай негизде тандап алуу керектигин алдыга койгон маселе өзү айтып берет.

Этнос дегенибиз биофизикалык феномен экенин, пассионардуулук биочөйрөнүн жандуу заттарынын энергияларынын таасири экенин аңсезим жана аны менен байланышкан маданият тарыхы кыймылдаткычтын эмес, рулдун ролун аткарарын тактап билип алганыбыз менен биз алдыга койгон маселени али чечип салган жокпуз, болгону аны чечүүнүн жолун белгилеп алдык. Ошентсе да биз шашпай, эң алды байкоо салып, азыркы замандагы илимде маселенин ушундайча коюлган-коюлбаганын билип алалы. Көрсө, бул маселе коюлган экен. К. Яспер бул маселеге байланышкан өз чечимин сунуш кылыптыр[3]. Анда, таанышып көрөлү.

Батыш Европада (ошол жакта гана) V кылымдан баштап, т.а. Августинден Гегелге чейин, философиялык-тарыхый концепция үстөмдүк кылып турган, ал концепция тарыхый процессти башталышы жана аягы бар, т.а. өзүнүн түпкү маңызына жетип токтой турган бирдиктүү багыт катарында караган. Бул концепциядан эң алды Абсолютка умтулуу катарында — тарыхты диний көз карашта түшүндүрүү, андан соң атеисттик көз караштагы "прогресстин дини" келип чыккан. Ясперстин көз карашы бул теориянын соңку варианты болуп калды.

Ясперс бардык тарыхтан б.з.ч. 800—200-жылдардын аралыгында Кытайда, Индияда, Персияда, Палестинада жана Элладада бирдей учурда пайда болгон руханий кыймыл азыр жашоосун улантып жаткан адамдын тибин калыптандырды делинген "башкы мезгилди" бөлүп алат. Кытайда ал Конфуций жана Лао-цзы, Индияда — Упанишаддар жана буддизм, Иранда — Заратуштра, Палестинада — пайгамбарлар, Элладада — Гомер жана улуу философтор. Дүйнөлүк диндердин жана философиялык системалардын баары ушулардын негизинде келип чыккан, ал эми калган элдер "башкы мезгилге" чейинки башка элдердей эле тарыхый элдер эмес жана алар "башкы мезгилдин" элдеринин жана алардын укум- тукумдарынын тарыхы аркылуу гана белгилүү боло алышат, анткени "башкы мезгил" убагында "рух ойгонуп", өлүм, жок болуу, адам жашоосунун маңызы жана кайгылуу күнөөкөрлүк жөнүндөгү "тирүүлүктүн түпкү маселелери" коюлган болучу. "Башкы мезгил" — бардык кийинки тарыхтын тамыры сыяктуу.

А бирок Ясперс бири бирине көз каранды эмес маданияттардын өнүгүүсүндөгү өзү белгилеген параллелдүүлүк кайдан жана кантип жаралганын түшүндүрбөйт. Көчмөн арийлердин Кытайга, Индияга жана Европага басып кириши да, бул өлкөлөрдөгү социалдык шарттар да буга канааттандырарлык жооп бере албайт. Феномендин генезиси жөнүндөгү маселе чечилбеген бойдон калып олтурат, бирок бул мезгилде жана бул региондордо "философиялык ишенимдин" пайда болгондугунун фактысы Ясперстин ою боюнча элдер менен маданияттардын ортосундагы чыныгы байланышты камсыз кылат жана ал эч андай шек туудурбайт. Чыныгы байланыш дегенибиз — бул руханий байланыш, ал уруулук да, табигый да, социалдык да байланыш боло албайт, адамдардын андай байланыштары экзистенциалдык деңгелде жасалган учурда, "абсурддук

кырдаалдардын" алдында, "тирүүлүктүн түпкү маселелерин" чечүү аркылуу гана ишке ашырылат.

Биз ушул жерден токтололу, анткени экзистенциализмдин окуусунун философиялык бөлүгү, азыркы учур жана келечек жөнүндө ой жүгүртүүсү жана тарыхтын маңызын ачып түшүндүрүү аракети идеялык жобонун пайдубалы жетишерлик ишенимдүү болгон учурда гана кызыгуу туудурушу ыктымал. А бирок дал ушул нерсе шектенүүнү пайда кылат.

Баарынан мурда "башкы мезгил" дегенибиз өтө эле кеңири мезгилди өзүнө камтып турат. Алты жүз жыл мөөнөткө көп нерсени батырса болот, анан да б. з. ч. 800-жылдан 200-жылга дейре тарыхтын үзүндүлөрүн салыштыра карай турган болсок, анда бул мезгил ичинде ар кайсы өлкөлөр үчүн ар бөлөк натыйжа берген зор өзгөрүүлөр болгонун көрөбүз. Мисалы, Кытай Хан династиясы тарабынан бириктирилген, ал эми Эллада менен Персия "тарыхый эмес" варварлардын: македондуктар менен парфяндардын кол алдында калган. Эмнегедир коошпой тургансыйт.

Андан ары көңүл коюп окуйлу. Автор "адымдап өнүгүү доорунун аякташын": Кытайдагы Цин (б.з.ч. 221—202-жж.) империясын Индиядагы Маурья падышачылыгына, Рим империясына жана эллин мамлекеттерине салыштырат. А бирок б. з. ч. III кылымда Египеттеги, Сириядагы, Македониядагы, Бактриядагы диадохтордун падышачылыктары анча күчтүү эмес эле, а Рим болсо экинчи Пуни согушунан каржалып турган. Ал эми Индиядагы Маурья падышачылыгы б.з.ч. 226-жылы Ашоки өлгөң соң кыйроого учураган. Эч окшошпой жатпайбы! Батышта — кыйроо, Кытайда — биригүү. Эгер эле мейли деп Кытайды Августтун доору менен салыштыралы десек, жол бериле турган хронологиялык чек 300 жылга жетип жатпайбы. Көп эмеспи, ыя?

Руханий жашоонун булагы катары "башкы мезгил" идеясын байыркы Американын тарыхы төгүндөп туру, анткени Анд тоо кыркаларында инктерден мурда жашагандар (Тиуанако маданияты), майялар, толтектер байыркы кытайлардан, индиялыктардан, перстерден, иудейлерден жана гректерден ашса ашып, эч бир кем калышкан эмес. Анан да Кытай моңгол-көчмөндөрдүн кысымын басып турган дегени деги эле туура эмес, тескерисинче, Кытайдын кысымын моңгол-көчмөндөр токтотуп турган.

Айран-таң калтыра турган дагы башка себептерди тапсак болор эле, бирок анын кереги эмне? Ясперстин концепциясы — тарыхты "бурулуш" же секирик жасап, кайрадан жаңы төрөлгөнсүгөн беш улуттун алгачкы коомдук түзүлүштүн жапайы элдерине жасаган жакшылыгы катары негиздеп түшүндүрүүгө жасалган аракет десек болот. Бул концепция Орто кылымдардагы бардык ерестик идеяларга булак болуп берген Августиндин көз карашын гана эмес, өздөрүнүн кудай артык жараткан адамдар экендиги жөнүндө окууну түзгөн байыркы иудей ойчулдарынын көз караштарын да калыпка салып, иштеп чыгуу аракети болуп эсептелет. Этногенездин бардык жерлерде жаралуучу процесс экендиги жөнүндө илимий аныктамага таянсак, анда Ясперс менен макул болуу дегеле мүмкүн эмес, бирок макул болбой коюу менен эле чектелүү да жетишсиздик кылат. Анда эмесе биз, каршы (ad adsurdum) далилдерибизди келтирүүдө, ар түрдүү талаш-тартыштарды маанисиздикке айлантып жибере турган майда-чүйдө нерселерди академиялык талдоо жолунан баш тартып, "башкы мезгилден" кийинки миң жылдар ичиндеги тарыхый чындыктарды мисал келтирүү менен баяндоо усулун колдонолу.

Эң алды, Ясперс тарабынан белгиленген байыркы мезгилдеги бир нече маданияттын жарыша өнүгүүсү чынында эле болгон, бирок андай өнүгүү: кытайларды, индустарды, ирандыктарды, иудейлерди жана гректерди өзгөчө адамдардын категориясына таандык кылууга негиз боло алгыдай бирден бир себеп болгон эмес жана ал жемиштүү да болгон эмес[4]", бул көрүнүш да этногенездин көптөгөн башка пассионардык дүрт этип жарылуулары сыяктуу акыры өчүп калган. Биздин каршы келтирчү далилибиз ушундай. Эми аны толук баяндоого өтөлү.

Тарыхый географиядан этникалык психологияга карай

Адам этностон сырткары жашай албагандай эле, ал ата-бабалары анын керектөөсүнө ылайыкташтырып берген табигый көнүмүш шарттардан сырткары жашашы да кыйын. Биз антропогендик ландшафттардын жаралыш механизмин жана анын этногенез фазалары менен байланыштарын баяндап жазганбыз. Бир топ катаал болуп саналган бул байланыш, ошондой эле, этноценозду түзүүчү этникалык системанын жамааттык маанайына жараша жана биз азыр билгендей пассионардык чыңалуунун денгели, этникалык тигил же бул белгинин үстөмдүк кылуусу, ошондой эле ландшафтка ылайыкташуунун мүнөзү менен айкалышта өнүгөт. Изилдөөнүн сюжетине ушундай мамиле жасай келгенде башка типтеги өнүгүүлөргө караганда техникалык цивилизациянын артыкчылыгы жөнүндөгү евроборборчулук идеясы өзүнөн өзү четте калат. Чын эле, эмне үчүн биз шаарлардагы куранды калктардын жашоо түрүнө караганда Индиянын дыйканчылык же канадалык эскимостордун аңчылык маданиятгарын начар деп эсептешибиз керек? Же шаарда жашоочулардын турмушу көпчүлүк окурмандарга көбүрөөк белгилүү болгону үчүн гана ошентишибиз зарылбы?

Эгерде биз тар түшүнүктөрдөн жогорурак болгубуз келсе, анда бизге этносторду жана суперэтностук маданияттарды салыштыруунун ишенимдүү ченөлчөмү керек болот, анткени, акыйкатта алар бири-бири менен бир деңгелдеги баалуулуктар деп эсептелиши мүмкүн эмес. Бул максатта кайрадан этногенетикалык процесстердин өзгөчөлүктөрүн иликтөө зарыл, бул саам жөн гана баяндап жазуунун ордуна, өзүбүз ачкан пассионардуулуктун негизине таянып, интерпретация жасай келгенде эле этногенез фазалары жана антропогендик ландшафттын абалдарынын алмашуулары бири-бири үчүн тактоочулук кызмат аткарып калат.

Ал эми этнопсихологиялык көнүмүштөрдүн айырмачылыктары этнос жаралган чөлкөмдүн климаты, жер түзүлүшү, жан-жаныбарлары жана өсүмдүктөрү аркылуу аныкталары Монтескьеге чейин эле белгилүү болучу. Бул идеялар X—XIV кылымдарда эле араб географтарынын эмгектеринде учурап, географиялык детерминизмдин пайдубалы болуу менен анын туура эместиги ал маалыматтардын жалгандыгында эмес, байкоого алынган кубулуштарды жеткиликтүү түшүндүрбөгөндүктө жаткан эле. Бул багыттагы географтар эң башкы нерсени — кылымдар бою бир мүнөздүү жана мыйзам ченемдүү өзгөрүлүүчү этнопсихологиялык кулк-мүнөздөрдүн өнүгүү кыймылын эске алышкан эмес. Муну орус тарыхындагы жана адабиятындагы мисалдар менен түшүндүрүп көрөлү.

Орус, тагыраак айтканда, улуу орус этносу тээ илгертен бери жашап келатат. Эгерде жомоктогуга окшогон Рюрикти, ошондой эле табышмактуу Олег менен Игорду албаганда, биздин түздөн-түз ата-бабаларыбыз тарыхка XIV кылымдын

баш чендеринде, татарлардын жортуулдарынан кийин катталган. Алар да биздей эле орустар болгон, же алардын жүрүш-туруштары биздин жүрүш-туруштарыбыздан айырмаланып туруптурбу? Жок, таптакыр андай эмес болучу. Мисалы, Пушкинди ызалаган кезде, ал дуэлге чыгып, атышуудан кайра тарткан эмес. Ал эми бизди жан кашайта жаманатты кылса да, сөксө да, аялыбыз жөнүндө жаман сөз айтса да, бир да бирөөбүз дуэлге чыгып, кармашпайбыз. Пушкиндин замандаштарына салыштырмалуу өзүбүздү башкача алып жүргөндүгүбүз үчүн биз башка этнос болуп эсептелишибиз мүмкүнбү? Ооба деп жооп берсе боло тургандай... А балким, андай эместир? Биздин ички сезимибиз Пушкин да биздей эле орус адамы болгон деп айтып туру. Жүрүш- туруштун көнүмүш адаттарынын өзгөрүшү да табигый нерсе катары көрүнөт. А баса, Пушкинге чейин 300 жыл мурдагы Иван Грозныйдын доорунда дуэль болбогон, деги эле анын эмне экенин билбеген кезде, айталы, опричник Кирибеевич көпөс Калашниковдун аялын мазактагандыгы үчүн Калашников эмне кылган дебейсизби? Муну Лермонтов так сүрөттөп жазган. Көпөс учурун күтө жүрүп, акыры ага жолугуп мушташып жаткан кезде атаандашын адилетсиздик кылып кулак түпкө уруп жиберет. Ал өз башын курмандыкка байлап берип, өзүн мазактаган адамды өлтүрүп салган. Пушкин менен Лермонтовдун доорундагы адамдардын көз карашында — бул барып турган шерменделик болгон. Мындай кылуу жарабайт! Ырас, сен адилеттүү беттешүүгө чыктыңбы, адилеттүү түрдө салгылашууга тийишсиң. А бирок көп.өс. Калашниковдун замандаштарынын көз карашынан алганда, ал эң туура кылган, бул. окуяга байланыштуу а түгүл Иван Грозный да минтип айтыптыр: "Сени өлтүрөрүн өлтүрөм дечи, анткени сен башка бирөөнү жүзү каралык менен өлтүрдүң, андыктан сенин башыңы кесчү желдетти даярдануууга, бүтүндөй Москвага кабар берүүгө буйрук кылам, ал эми сенин туугандарыңа эч тоскоолсуз жана салыксыз соода жүргүзүүгө уруксат беремин, анткени менин ишенимдүү кызматчымды өлтүрүүгө негиздүү себеп бар турбайбы".

Андан да 200 жыл илгерирээкте мындай учурларда өзүн шылдындаган адамды, айрыкча анын социалдык абалы жогору болсо, айталы, уделдик князь же таасирдүү боярин болсо аны өлтүрүүгө эч ким батынган эмес. Мазакталган жоокер, поп же дыйкан унчукпастан башка княздын жерине кетип калган. Эгерде аны Москвада шылдыңга калтырышса, ал Тверге кеткен. Тверде да ошентсе Суздалга, Суздалда ага жаман мамиле жасашса Литвага өтө качкан. Бул шылдындоого деги эле башкача жооп кылуу, деги эле башка кулк-мүнөз болуп саналат. Ошондуктан, биз кабыл алган принцип боюнча алсак, анда кеп ар бөлөк этностор жөнүндө жүрүшү керек эле. Бирок бул көрүнүштөр бир эле этностун ичинде болгон жана биз бул жерде кыймылсыз турган көрүнүштү эмес, мыйзам ченемдүү өзгөрүүлөрдүн процесстерине туш келип отурабыз, андыктан ар бир окуянын өткөндөгүсүн жана келечектегисин эске алуу менен карообуз зарыл. Албетте, шылдындоого жооп кайтаруу өндүү кыял-жоруктун айырмачылыктары география үчүн ушунчалык эле маанилүүбү деген шек болушу мүмкүн, бирок антропогендик ландшафтты активдүү түрдө калыптандыра турган, таасири азыраак болгону менен бирдей даражадагы көрүнүштөр да бар.

Ар кайсы этнос табиятка ар башкача мамиле жасарын, ал эмес бир эле этнос өзүнүн этногенезинин ар кайсы фазасында ар бөлөк ыкмада чарбачылык жүргүзөрүн, ошонусу аркылуу өздөрү жашаган ландшафтка ар түрдүү таасир этерин биз аныктап чыкканбыз.

Анан да, шаарлардын эле эмес, өзүнчө турган кыштактардын, а түгүл чарбасы бар үйлөрдүн архитектуралык түзүлүштөрү да антропогендик ландшафттын курамдык бөлүгү болуп саналат. Ал эми ландшафттын абалы ал этностун адамдарынын турмуш-тиричилигинин мүнөзүнө жараша болору далилдөөсүз эле түшүнүктүү.

Ошондуктан, "улуттук мүнөз" дегенибиз ойдон чыгарылган нерсе, анткени ар бир жаңы доордо ал мүнөз, этногенездин фазаларынын алмашууларынын иреттүүлүгү бузулбаган учурда да башкача болуп өзгөрүп кетет. Мисалы, Илья Ильич Обломов жана анын малайы Захар, экөө тең — жалкоо. Анткени менен алардын ата-бабалары Волганын ары жагындагы семиз жерлерди татарлардан тартып алып, кирешелүү чарба жүргүзүшкөн жана өздөрүнө ыңгайлуу үйлөрдү курушуп, бөлмөлөрүн китептерге, сүрөттөргө толтурушкан. Раневская өзү каалагандай бүлүнтүп жок кылган алчалуу бакты анын ата-бабалары. өстүргөн. Островскийдин пьесаларындагы соодагер аялдар өздөрүнүн чоң аталары жыйнаган байлыкты оңду-солду чачышкан. Мына ушундан улам "орус" адамынын психологиялык тибине кайсы кулк-мүнөз мүнөздүү десек болот: зыкымдык менен байлык топтообу же шапар тээп, ысырапчылык менен жашообу? Экөө тең эле мүнөздүү көрүнөт, бирок алардын мунусу же тигиниси доорго, т. а. этногенез фазасына жараша болот. Бул өзгөрүү эч кыйшаюусуз жүрүп турат жана географиялык чөйрөнүн жаңыланышы, коомдук- экономикалык түзүлүштөрдүн алмашуулары менен милдеттүү түрдө байланышпаганына карабай, тигиниси менен да, мунусу менен да үзгүлтүксүз өз ара аракетте болуп турат. Бирок бул — тарыхый процесстеги "көз каранды эмес өзгөрүүлөрдүн" өз ара байланыштары болуп саналат.

Ага карабастан

Эгерде тарыхты мезгилдин функциясы катары карап, ага байланышкан жаңылыш пикирлерден баш тарта турган болсок, анда мезгил өзүн бир мүнөздө алып жүрбөгөндүгү байкалат. Бул ой ушунчалык адаттан сырткары ой болгондуктан, терминдер жөнүндө алдын ала макулдашып алалы, себеби бул жерде сунуш кылынган дефинициялар "тарыхый" мезгилдерге гана тиешелүү болуп, Ньютондун же Эйнштейндин математикалык концепцияларына жана изилденип жаткан түрдүн муундарынын алмашуулары аркылуу эсептелүүчү "биологиялык" мезгилге байланышпайт. Төмөндө баяндалуучу өзгөчөлүктөрдү геологиялык процесстердин доорлоруна колдонууга болбойт, анткени жансыз заттардын өздөрүнө гана тиешелүү мыйзам ченемдүүлүктөрү бар. Ошондуктан биз адамдын жана анын кулк-мүнөзүнүн калыптанышынын өзгөчөлүктөрү менен чектелебиз. Бул да аз эмес.

Тарыхый мезгил физикалык (созулуучу), биологиялык жана салыштырмалуу (континуум) мезгилдерден айырмаланып, окуялардын жыштыгы аркылуу билинип турат. Биз "мезгил" деп атап жүргөнүбүз энергетикалык потенцияларды тендеп туруучу процесс, ал кез-кези менен энергетикалык потенциалдардын тең эместигин, т. а. ар түрдүүлүгүн жаратуучу дүрт этип жарылуулар (түрткүлөр) аркылуу бузулуп турат. Бул түрткүлөргө байланыштуу биочөйрөдө пайда болуучу импульстар чыгармачылыктын материалдык негизи катары кызмат өтөп, ал бир учурда ажайып кооздукка умтулуудан — искусстводон көрүнсө, бирде чындыкка умтулуудан — илимден, бирде акыйкаттуулукка умтулуудан — адеп-ахлактыктан, бирде бийликке умтулуудан көрүнөт, мунун натыйжасында

мамлекет жаралат, бирде жеңишке умтулуудан, мейли ал бөтөн өлкөлөрдү басып алса да, же опералык ырчынын убактылуу ийгиликке жетишүүсүнөн байкалып турат ж.у.с. Бул импульстар оң көрүнүштө болгондо жашоону баалоо, адам колунан жаралгандарга этиет мамиле жасоо, бардык жан-жаныбарларга аёо мамиледе болуу күчөйт, ал эми терс көрүнүшүндө энергиялар, маалыматтар жана маалыматтарды сактап турган заттар бөлүнүүлөргө учурайт. Терс импульс энергиянын кванттарын мезгил чегинен чыгарып кетет... бул болсо процесстин чыныгы аякташы болуп саналат. Анткени менен оң импульс энергияны жансыз заттар менен жалгаштырат да, маалыматтарды кабыл ала баштайт — дүйнө кайра баштан жашоосун улантат. Энергетикалык заряддын жок болушуна байланыштуу бардык ажайып кооз жана кайталангыс нерселер да кыйрап, жок болот. Иштиктүү окуяларга жык толгон доорлордогу жоготуулардын себеби мына ушунда жатат, бирок кыйроолорго эс каршы турат, ал эми маданият тарыхы ошол этностордун жамааттык эси болуп саналат.

Жогорулоолор жана төмөндөөлөр

Прогресстин теориясына ылайык жогорулоо да, төмөндөө да болбошу керек. Евразия континентинин батыш жарым аралы адамзаттын тарыхында өзгөчө мааниге ээ деп эсептөө көнүмүш адатка айланды. Бир жагынан минтип эсептөөнүн да айрым негиздери бар. Мунун далили катары байыркы Элладанын гүлдөшүн, Александр Македондуктун жортуулун, Рим империясынын түзүлүшүн, Кайра жаралуу доорунун ажайып живопистерин, XVI—XIX кылымдардагы "улуу ачылыштарды" жана колониялык басып алууларды мисал келтиришет. Кантсе да, минтип айткандар ал "гүлдөөлөр" Бүткүл дүйнөлүк тарыхтын жалпы фонунда гана эмес, Жер Ортолук деңизинин аймагындагы өнүгүүнүн тарыхында деле эпизоддор гана болгондугун унутта калтырып жүрүшөт. Элладанын гүлдөшү дегенибиз чындыгында Афинынын кыска мөөнөттүү бийлик кылып турган учуру гана болгон. Александрдын жеңиштери парфяндардын, сактардын жана индустардын каршы чабуулга өтүшүн жаратып, Македониянын талкаланып, өз алдынчалыгынан ажырап калуусуна алып келди. Рим... ал жөнүндө өзүнчө кеп кылалы. Ал эми испандардын, француздардын жана англистердин океандын ары жагында жашаган өңү кызыл, кара, кара тору, сары этносторду күтүүсүздөн басып алышын айта турган болсок, конкистадорлордун, шылуундардын жана соодагерлердин жеңиши анчалык узакка созулбаганы азыр ачык-айкын көрүнүп турат.

Өспөй токтоп калган мезгил катары аталган доорлор алда канча узагыраак болгон, булар жөнүндө жазууну европалык тарыхчылар анча жашкы көрүшпөйт, бирок биз дал ошол доорлорду талдап көрмөкчүбүз. Тарых маданияттын начарлашын — анын жогорулашынан кем эмес маанидеги көрүнүш катары карайт. Анда эмесе, искусствосуз, адабиятсыз, философиясыз бүгүндөй бир жүз жылдыктар кайдан жаралган? Түшүндүрүп көрөлү.

Бүтүндөй бир элдердин башка өлкөлөргө тез-тез жер которууларынын, бөтөн маданияттарды өз ара кабыл албоочулуктун, суперэтникалык деңгелдеги карым-катнаштардын шартында искусствонун эстеликтерин сактоо өтө жайсыз абалга туш келген. Античный Римдин мурастары жер алдында гана сакталып калып, алар XV кылымда гуманисттер тарабынан казылып, табыла баштаган. Византия маданиятынын жогорулоо доорунда тартылган укмуш кооз иконалар кийинчерээк иконага каршы күрөшүүчүлөр тарабынан жок кылынды.

Угрлардын, аландардын, орустардын жана хазарлардын алтын менен күмүштөн жасалган кооз буюмдары эритилип, тыйынга, уютмага айланып, алар Ойкумендин чет-жакаларына тарап кетет. Укмуштуудай кооз жибек саймалар, чебер кооздолгон сүрөттөр, жарашыктуу парча кийимдер, кайындын кабыгына жазылган түрк поэмалары мезгил менен кошо күлгө айланды; ааламдын жаралышы жөнүндөгү уламыштар, баатырдык жөнүндөгү баяндар алар айтылып, ырдалган тилдердин жоголушу менен кошо унутулду. Дал ушул себептен улам б. з. I кылымын "караңгы", "токтоп калган мезгил", "маданий дымуу" жана ал эмес "жапайычылык" деп атап жүрүшөт.

Төтө жол аркылуу, т. а. тарыхый окуяларды изилдөө аркылуу бул доор да чыгармачыл, чымырканууга жана кайгыга чөккөн доор болгонун, байкалып отурган көңдөйлүктү жан дүйнөнүн жана акыл-эстин чыгармачылык дараметсиздиги эмес, дал ошол жүрөктөр менен ышкылардын жалбырттаган жалындары асылдыктардын баарын өрттөп, күлгө айлантканын көрсөтүп отурат.

Этникалык тарыхтын глобалдуу мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдөөгө киришүү алдында, көпчүлүк тарабынан далилдөөнү талап кылбаган көрүнүш катары кабыл алынып жүргөн евроборборчулук принцибинен дароо эле баш тартуу зарыл. Чындыгында эле, европалык элдер XVI кылымдан XX кылымдын башталышына чейинки мезгилде дүйнөнүн жарымын колониялык басып алуу аркылуу, экинчи жарымын өз буюмдарын соодалоо же идеяларын жайылтуу аркылуу каратып алышты. Соода менен идея да Европага аз эмес киреше кийриди.

XIX кылымда европалыктардын башка элдерге караганда артыкчылыктары ачык эле байкалып тургандыктан Гегель өзүнүн дүйнөлүк прогресс принцибине негизденип, тарыхый философиясын түзөт. Ал дүйнөлүк прогрессти германдыктар менен англосакстар жүзөгө ашырмак, анткени Гегель Азия менен Африкада жашагандардын баарын, Америка менен Австралиянын жергиликтүү калктарын — "тарыхый эмес элдер" деп эсептеген. Андан бир жарым кылым өтүп-өтпөй... европалыктардын дүйнөдөгү артыкчылыгы — прогресстин жолу эмес, эпизод гана экени белгилүү болуп чыга келди. Европанын (Батыш) океандын ары жактарындагы уландысы катары эсептелген Америка менен Австралия да мыйзам ченемдүүлүктүн ошол эле багыты менен түздөн-түз байланышып турат, буга окшош багыт байыркы элдерде да болгону байкалат, ошол багыт боюнча алар акырында өз жашоосунун табигый түрдө аякташына келип жетишкен. Кыскасын айтканда, азыр биз артта калгандар деп атап жүргөндөр, чындыгында, өздөрүнүн гүлдөө жана начарлоо доорлорун баштарынан өткөргөн байыркы элдердин калдыктары болуп саналат. Мисалы, кара түстүү австралиялыктарды, бушмендерди, мундруктарды, а түгүл эскимосторду да эски этностор деп атасак болот. Ошондуктан алардын материалдык маданияттары ушунчалык жарды жана руханий маданияттары да үзүндү-кесинди абалда калган. Этногенездер — дискреттүү процесстер, ошону үчүн этносторго да "жаш курагы" деген түшүнүктү тиешелүү кылууга болот.

Элдердин картаюусу жөнүндө көп эле айтылып жана жазылып келатат, бирок тарыхчылар бул терминологияны көркөм метафора катары кабыл алып жүрүшөт. Чындыгында эле, балдар туулуп, демек, муундар да жанырып турса, картаюу деп биз эмнени айтабыз? Анда эмесе, биз дал ушуну бул жолу системологиянын жалпы көз карашынан эмес, түшүнүктөрү терең тарыхчылар же этнографтар жакшы билген конкреттүү этнопсихологияга таянуу аркылуу ачып көрсөтмөкчүбүз.

Эсептөө принциби

Кайсы гана этностун болбосун жашын классификациялоодо жамааттын жеке адамга болгон мамилесин негиз кылып алуу онтойлуу, ансыз бир да система жашай албайт. Кайсы гана жамаат болбосун өзүнүн ар бир мүчөсүнүн эркиндигин жамааттын башка мүчөлөрүнүн ар биринин жана жалпы жамааттын кызыкчылыгын эсепке алуу зарылчылыгы менен чектеп турат. Этнос да ушул эрежеге баш иет, бирок анын өз ичиндеги ар бир адамга таасир көрсөтүүсү мезгил агымы менен өзгөрүүлөргө учурайт жана ошол өзгөрүүлөрдө белгилүү бир мыйзам ченемдүүлүк байкалып турат.

Өнүгүүсү токтолуп, кыймылсыз абалга туш келген этноско өзүнүн мүчөлөрүнүн ортосундагы мамилелерди биротоло өзгөргүс эрежеге айлантууга умтулуу касиети таандык. Мисалы, уруулук коомдо каада-салтты колдонуунун катуу тартиби орнотулуп, ар бир жаңы туулган балага чейин өз орду жана мүмкүнчүлүктөрүнүн чеги көрсөтүлүп коюлат, мында анын жеке жөндөмдүүлүктөрү эсепке алынбайт. Айталы, уруудан чыккан баатыр же акылман адам эгерде жашы боюнча уруунун кем акыл адамынан кичүү болсо, анын коомдогу орду да төмөндө болуп, анын жөндөмдүүлүгү жамааттын керегине жарабай, белгисиз бойдон калышы ыктымал. Андай адамдын жөндөмү коңшу уруулар менен айыгыша согушуп калганда же жугуштуу оорулар тараганда өз туугандарын аман сактап калууга аракеттенүү сыяктуу иштерде гана ачылып көрүнүшү мүмкүн. Ошондо да, урууну сактап калган адамга урмат-сый көрсөтүлгөнү менен, улуулата мамиле жасоо принциби сакталып кала берет.

Жеке адамга мындай мамиле жасоо уруулук түзүлүштө гана учурабайт. Өнүккөн таптык коомдо ал мамиле касталык системадан же сословиелик системадан ачык-айкын көрүнүп турат. Бул эки көрүнүштүн кайсынысын албайлы, жамаат жеке адамга өз ордун көрсөтүп, андан бир гана нерсени — өз абалына ыраазы болууну жана ага моюн сунууну талап кылат, анткени унчукпай макул болуу мамилелерди катуу сактоонун негизги психологиялык шарты болуп эсептелет. Мындай караганда бул абал колдоого да, суктанууга да арзыбастай сезилет. Ошентсе да, жыйынтык чыгарууга шашылбай туралы.

Дымуу абалында турган этнос да айлана-чөйрөсүндөгү табиятка ушул принципте мамиле жасайт. Табият чөйрөсү аны өзүндө болгон байлыгынан арткандары менен багып турат, ошондуктан этнос өз мүчөлөрүн табияттан белгиленген чектен көбүрөөк азык-түлүк алууга катуу тыюу салат. Табигый тандалуунун же жашөо үчүн күрөштүн натыйжасында ар жылы төкөйдүн 10% дарагы куурап калат, демек, отун же курулуш үчүн ушул 10% даракты кыркып алууга тийишсиң, андан ашык бир чырпык кыюуга укугуң жок. Азык үчүн ача туяктуу жаныбарлардын үйүрүндөгү ашыкча жандыкты атып алууга уруксат, бирок ошондо да туут берип, малдын башын көбөйтөр ургаачысына тийбе.

Бизондорго карата ушундай чектөөнү сиу же кара буттуу уруулар так аныктай билишкен. Аңчылык алар үчүн коомдук иш болгон, ошондуктан анын эрежесинен кичине эле четтөө өтө катуу жазаланган. Мына ушундай тиричилик өткөрүүнүн натыйжасында этнос менен ал жашаган ландшафт өнүгүүнүн тең салмактуулугуна (гомеостаз) жетишип, бул абал адамдарга, жаныбарларга жана өсүмдүктөргө чексиз мезгилдер бою бирге жашоого мүмкүнчүлүк түзгөн. Буга окшогон тең салмактуулук, мейли ал Африкадабы, мейли Австралиядабы же Гренландияда болобу, деги кайсы ландшафтта болбосун, ал этногенездин мурда болуп өткөн процессинин натыйжасы, анын акыркы фазасы экенин биз билебиз.

Тарых дегенибиз окуп үйрөнгөндөр үчүн гана пайдалуу. Мунун тескерисинче учурларда жандуу табиятты жеңүү жөнүндө тар түшүнүктөгү "жүйөлүү маанини" ураанга айлантат. Америкалык геолог-антрополог У. Ж. Макги 1894-жылы минтип жазыптыр: "Адам өзүнө жапайы жаныбарлардын колго үйрөнүлө тургандарын гана сактап калат; калгандары жок кылынууга тийиш[5]. Баарынан кызыгы сиу индейлери ага карама- каршы көз карашта болушкан: "Жердин ээси эмнени жараткан болсо, алардын баары бөлүнбөс бир бүтүндүктү түзөт; бардык жан-жаныбарлар менен бизди бир туугандык жакындык байланыштырып турат[6], — дешкен алар. Мындан бир жактуу гана жыйынтык чыгарса болот, сиу уруусу өз жашоо тажрыйбасында "геобиоценоз" жана "биочөйрө" түшүнүктөрүн, аларды өздөрү башкача аташканына карабай, жетекчиликке алышкан, ал эми өз заманынын көз карашынын деңгелинде жана анын туткунунда турган цивилизациялуу окумуштуу, "табияттын жүзүн мурдагыдан да жакшыртуу, пайдалуу жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн жок болбой жашап турушун камсыз кылуу, зыяндууларын жөк кылуу, мезгилдин ойрончул таасиринен жана алсыроодон картайып бараткан планетаны коргоо[7] менен адам өз күчүн көрсөтө алды" деген ишенимде болгон.

Америкалык окумуштууга жана анын замандаштарына өздөрү жандили менен ыраңын өзгөрткөн табияттын курамдык бир бөлүгү экендиктери жөнүндө ой жүгүртүү жат болгон. Азыр ошол табияттын алгачкы көрүнүшү жөнүндө алардын неберелери көксөп отурушпайбы. Ошол кезде даңкталган "Адам Күчүн" 1948-жылы Ф. Осборн кийин: "Чындыгында бул адамдын ойлонбостон жана контролсуз жумшалган энергиясынын тарыхы[8] — деп мүнөздөйт. Дал ушул энергия же системанын пассионардуулугу өсүмдүктөр жана жаныбарлар менен кошо пассионарийлерге турмуш-тиричилиги жана кылык-жоруктары түшүнүксүз жана жагымсыз болгон индейлерди да тукум курут кылган[9]. Ошондуктан америкалыктар өздөрүнө караганда натурфилософиясы алардан 300 жыл алдыга озуп кеткендерди "жапайылар" деп эсептешкен. Мунун натыйжасында — биоценоздо өзүнө тиешелүү экологиялык очок-орун таап алып, тиричилигин улантып келатышкан индейлер кичи боордоштору менен кошо курман болушту, анткени индейлерди адилеттүү түрдө табияттын бөлүнбөс курамдык бир бөлүгү катары эсептешкен, андыктан аларды да табият менен бирге кайра түзүү керек деп чечишкен.

Жаңы маанайдагы адамдар жаңы этникалык бир бүтүндүктү түзөрү менен эле чогуу жашоонун жаңы принцибин, жүрүш-туруштун жаңы эрежесин, "Ким болууга тийиш болсоң, ошол болосуң" деген талапты коюшат. Падыша өзүн падышадай алып жүрүшү керек, жоокер өзүн жоокердей, малай өзүн малайдай алып жүрүүгө тийиш деген катуу тартип болбосо жаны система же сырткы душман менен, же эски үрп-адаттарды артык көргөн өз уруулаштары менен беттеше келгенде талкаланып калат.

Бир караганда бул биринчи жана экинчи принциптердин айырмасы анчалык чоң эместей сезилиши мүмкүн, бирок негизинде андай эмес. Өнүгүүгө бет алган этностун калыптануусу үчүн мурда биз жолуктургандай төрөлүү укугу эмес, жамаат алдында милдеттүүлүк категориясы башкы маниге ээ болот. Өз даражасына татыксыз падыша бийликтен баш тартышы керек же өлтүрүлүшү керек, начар жоокер — күүлүп жиберилет, жаман малай кордолуп, токмок жеши керек. Адамдын укугу жок, уруулаштарынын алдында парзы, милдети гана бар, аны жакшы аткарсаң сый-урматка татыйсың. Сый-урмат көрсөтүү ар кандайча болот: кээде ал акча (бенефициялар) менен белгиленет, кээде пайдалуу

кызматты ээлөө укугу, кээде бийлик ээлери менен бирге бийлик жүргүзүү мүмкүнчүлүгү, кыскасы, жакшы жашоого жетишүүдө төрөлүү укугуна ээ болуу эмес, ишмердүүлүк принциби чечүүчү факторго айланат.

Жаңыдан кайра жаралган ички этникалык система, адатта, коңшу жашаган этносторду басып алууга умтулуп, агрессиялык маанайда болот. Эгерде коңшулар күчтүү болсо — система каршылык көрсөтүүдөн талкаланып калат, эгерде алсыз болсо — система жеңип чыгат да, этногенез ыкчам өнүгө баштайт. Бирок дал ушунун өзүндө аларды коркунучтуу кырсык күтүп турат. Ал жаңы типтеги адамдарга караганда коңшуларды жана уруулаштарын жеңүүгө алып келген принциптин өзүнө көбүрөөк коркунуч келтирет. Тагыраак айтканда, дал ошол жеңиштин өзү коркунучка айланат. Алдыга коюлган максаттардын көпчүлүк бөлүгү турмушка ашырылган соң, эми алардын уруулаштарынын алдындагы парз тынчын ала баштайт, мурдагы принциптин ордуна эми жаңы (үчүнчү) принцип пайда болот; ал принцип боюнча ар бир адам "Өзү менен өзү болууга" тийиш.

Жоокер княздын курал байланган жигити гана болбостон, Ромуальд же Бертран да болгусу келет, монах дин китепте жазылгандарды жатка окуп, сыйынуу ырым-жырымдарын так аткаргандын ордуна ыйык жазууларды чечмелеп, күнөөгө батарын биле туруп тобокел кылат, сүрөтчү өзү тарткан картинага кол тамгасын коёт, соодагер жаңы кардарларды издегенди коюп, өзүнүн атындагы фирма ачат, дыйкан өз жамаатынын таламын талашып гана тим болбостон, "Адам ата жер айдап, Ева эне жип ийрип жүргөндө ким жентльмен эле?" деп собол салат. Ошол учурда милдеттүүлүк императивинин чынжырынын ташын талкан кылчу муун пайда болот. Төрөлүүгө укуктуулук да мунун алды жагында эле ушундай жол менен жок кылынбады беле.

Милдет күчүнүн ордуна эми укук күчү келет. Бул күч — коңшубуз да биздей эле күчтүү жана агрессивдүүлүгү да бизден кем эмес деген принципти эске алуу менен чектелип турат. Ашыналыктан атаандаштарга айланган кошуналардын күч сынашуулары сөзсүз түрдө кандуу кагылыштарга алып келет, бул кагылышуулар жаңы муундун өкүлдөрүнүн мансапкорлук таламдарынын курмандыгы болууну каалабаган жана андай умтулуулар эмнеге алып барарына көзү жетип турган көпчүлүктүн кыжырдануусунун натыйжасында ого бетер татаалдашып кетет.

Ашыкча топтолгон мол байлык жана тезинен чечүүнү талап кылган тышкы саясий маселелер адамдардын белгилүү бир бөлүгүн алардын жамаат алдындагы милдеттүүлүгүнүн басымдуу көпчүлүгүнөн бошотот, ошондо индивидуализм күч алат да, жамаат ичинде: "Өз милдетиңди аткарган элдик ишмер гана болбостон Гай Гракх да болууга тийишсиң, рыцарь гана болбостон Пьер Байяр да, Боярлар думасынын мүчөсү гана болбостон Василий Шуйский да болушуң керек", — деген тымызын талап пайда болот, т. а. эми жеке адамдын артыкчылыктары анын мурда коомдук иштерге катышууда көрсөткөн артыкчылыктарына караганда көбүрөөк байкала баштайт. Мурда бул адамдар бардык күчүн маданият жаатындагы иштерди аркалоого жумшап келишкен.

Бирок индивидуализмдин күч алышы көп учурда активдүү индивидуумдардын кандуу кагылышына алып келип турган. Эми этностун ичинде же суперэтникалык жалпылыктын ("маданияттын") деңгелинде айыгышкан атаандаштык пайда болот да, ал ушул мезгилге чейин сырткы маселелерди чечүүгө жумшалып келген күч-аракеттерди өзүнө жумшай баштайт. Мисалы, XI—XIII кылымдарда Европада "Христиан дүйнөсүнүн" пассионардуулугу

акматикалык фазага өтөт. Натыйжада, венгрлердин чабуулунун мизин кайтаруу, нормандар менен реконкистти талкалоо гвельфтер менен гибеллиндердин согушуна жана кресттүүлөрдүн жортуулуна айланып кетип, маданиятка жана мамлекеттүүлүккө терс таасирин тийгизген. Гвельфтер менен гибеллиндердин согушу Гогенштауфендердин рыцарчылыгынын кыйрашына, папанын "авиньондо туткундалышына", т.а. империянын талкаланышына жана чиркөөнүн кемсинтилишине алып келген. Крест жүрүштөрү, т.а. колониялык басып алууларга жасалган биринчи аракет бардык багыттарда зор жеңилиш менен аяктайт. Иерусалим королдугу жана Латын империясы ошол учурдагы дүйнө картасынан таптакыр жок болуп кетет, ал эми Ливон ордени аман калганы менен европалык рыцарчылыктын Чыгышка жасаган кысымына таяныч болуудан калып, Литва менен Рустун кызыгуусуна арзыбаган кичинекей феодалдык ээликке айланат.

Мындай "гүлдөө" көп учурда чыр-чатактарды жана кан төгүүлөрдү чектөөгө умтулат. Муну этностогу индивиддердин муундарынын өкүлдөрү бирин бири кырып жок кылышы же бай олжолорго кызыктырган сырткы согуштарда алардын өтө көп каза болушу сыяктуу шарт-жагдайлар пайда кылат. Ырас, акматикалык фазадагы пассионардуулуктун жалпы жонунан төмөндөшү өзгөчө мүнөздүү өтөт. Пассионардуулуктун жогорулоо мезгили бара-бара өз чыңалуусун жоготуудан улам кескин төмөндөп, көңүл чөгөт болгон чүнчүү мезгилине орун берип, андан соң кайрадан жогорулоо башталат. Бирок бул жогорулоо өзүнүн мурдагы деңгелине жете албайт.

Мындай алмак-салмак орун алмашуулар бул фазада пассионарийлердин көп болушу жана алардын генофонду өтө кеңири таркагандыгы менен түшүндүрүлөт. Алардын никелүү жана андан да көбүрөөк даражада никесиз туулган тукумдары өздөрүнүн аталары менен агаларын ич ара согушта бирин бири өлтүрүп отуруп азайып бүткөндө система туш болгон кыйын абалдан сууруп чыгат. Бирок жалпысынан төмөндөө жүрө берет да, акыры система туш келген кезектеги көңүл чөгөт абалдан аны чыгарып кетүүгө пассионардуулуктун мүмкүнчүлүгү жетишсиз болуп калат. Төмөндөө андан ары туруктуу түрдө уланып, мындай бир калыптагы начарлоо акыры келип этногенездин жаңы фазасына эшик ачып берет.

Өз тукумдаштарынын атак-даңк көздөгөн иш-аракеттеринин тозогун башынан кечирген этностун көпчүлүк мүчөлөрү эми жаңыча жашоого умтулушат. "Биз чыгаан адамдардан жададык!" дешип, эми алар баатыр болгусу келген уруулаштарын колдоодон баш тартышат. Мындай шартта пассионардык төмөндөө тездик менен жүрөт, этникалык өнүгүү талап кылган социалдык кайра түзүү иштери сөзсүз түрдө артта калат.

Абалдын курчушу басаңдап баратканына карабай али олуттуу даражада сакталып калган пассионардуулуктун кору чечкиндүү кадамдарды жасоону талап кылат. Мына ушул учурда элдин бир бөлүгү "мурдагы жакшы заманга" (акматикалык фазага) кайтууну, дагы башка бир бөлүгү коңшу этностордо байкалган цивилизациялуу (инерциялык фаза) жашоону эңсей баштайт. Башкача жашоо керектигин баары эле түшүнүп турушат, бирок ар кайсы тарап компромисс издөө ордуна башкалардан өздөрүнө окшош жашоону талап кыла баштайт. Тирешүү күчөгөндөн күчөй берет. Тирүү калган пассионарийлер бул учурда тигил же бул топко биригип, бүлүнүү фазасынын сөзсүз белгиси болгон граждандык согушта бирин бири кырып кирет.

Бирин бири жок кылуунун натыйжасында алардын саны ушунчалык азайгандыктан күч да, каражат да жетишсиз болгондуктан граждандык согуш андан ары улантылбай, токтойт. Ошондо жеңишке жеткендердин бири жамаатташып жашоонун принцибин бир аз өзгөртүп: "Мен кандай болсом, сен да ошондой бол!" — деген талап коёт. Муну мындайча түшүнсө болот: "Мен улуу инсанмын, сен да (ар бир адамга кайрылуу) мага окшош болууга тийишсин, мындан баш тартуу козголоңчулук же баш ийбөөчүлүк катары бааланат; бирок сен менден мыкты боло албайсың жана мыкты болууга, мени менен теңтайлашууга да акың жок, анткени бул козголоңчулук жана осолдук болуп саналат; мага окшошууга аракеттенбей коюуга да акың жок, себеби бул жалкоолуктун жана козголоңчулуктун дал өзү". Чынында эле, жаңы түзүлгөн жамаатта козголоңго орун жок, анткени кечээ эле баштан кечирилген зордук-зомбулук мезгил ушунчалык көңүл калтыргандыктан көпчүлүк эл күчтүүлөрдүн зомбулугунан сактап кала алуучу тартиптин кандайын болбосун колдоого даяр.

Кээде, жеңишке жетишкен жана мыйзам чыгарууга да укуктуу болгон реалдуу адамдар тарыхта учурайт. Мисалы, Октавиан Август жана
анын ишин улантканда ушундай адамдар болгон. Бирок көпчүлүк учурда андай адамдар ойдон чыгарылган идеал болгондуктан гана ага теңелүү же окшошуу зарылчылыгы жаралган. Бул эки учурда тең иштин маңызы өзгөрүлүп кетпейт, ал эми күч колдонуп же моралдык жактан мажбурлоонун ортосундагы айырмачылыктар этнологиялык талдоо жүргүзүү үчүн анчалык маанаге ээ эмес. "Гүлдөө" жана андан кийинки адатта "цивилизация" деп аталып жүрген кырдаал — бир эле мезгилдин эки белөк баскычы эмес, эки башка фазасы болуп саналат. Жогоруда айтылган жана ырааттуулук менен сакталууга тийиш болгон принципке ылайык, өнүгүүнүн фазасы жаңы кулк-мүнөзго ээ болгон адамдардын көп болушу аркылуу аныкталышы керек, мунун туура экенин биз көрүп отурабыз. "Цивилизация" дегенибиз (өнүгүүнүн инерциялык фазасы катары) — материалдык маданиятты топтоо, турмуш-тиричиликти жөнгө салуу, өткөн доорлордон мурасталып калган этнографиялык локалдык өзгөчөлүктөрдү жоюу үчүн оңтойлуу шарт түзүүчү мезгил болуп саналат. Бул мезгил Римдин жөнөкөй эмгекчил адамы өркүндөп өскөн, Август айткандай, "нукура жөнөкөйлүктүн" мезгили болгон. Жөнөкөй адамдардын тиби этностун өнүгүүсүнүн бардык баскычтарында учурайт, бирок алгачкы баскычтарда алар рыцарлар жана индивидуалисттер тарабынан тебеленип байкалбай жүрө берет, ал эми бул мезгилде аларды бөпөлөп турушат, анткени алар эч кимдин ишине кийлигишпейт, бир нерсеге ээ болуу үчүн жулунуп-жулкунбайт, кожоюндарын урматтоого даяр жана өздөрүнө тынч жашоого мүмкүнчүлүк берилишин гана каалайт.

Козголондуу доордон кийин коомго жагымдуу "обывателдик" (пендечилик) цинизм келет. Европада ал Cuius region,eius religio деген сөз менен аталып, ушундан улам католиктер менен протестанттар бирин бири айырмалабай калышкан, бул болсо көңүлкоштуктун эң эле ачык көрүнүшү болгон. Византияда мындай "чарчоо" Македондук династия жана Дука (XI кылым) бийлик жүргүзгөн доорлордо байкалат. Ал кезде славяндык варангалар[10] жана жөндөмдүү армяндык офицерлер менен корголуп турган империя байлыгы ашып-ташып, семирип, көөп... бирок төмөндөп бараткан болучу. Ислам маданиятындагы цивилизация доору — бул Тимуриддердин, Сефевидцердин жана Улуу

Моголдордун мезгили; Кытайда — Юан жана Мин династияларынын, Римде Диоклетиандын реформалары менен аяктаган принципиаттын доорлору болгон.

Бул анчалык толук эмес, кыскача келтирилген мисалдардан "цивилизация" биз айтып отурган мааниде алганда мурдараак кыйрап жок болуп кетпеген бардык этносторго мүнөздүү экени көрүнүп турат.

Биз баяндап отурган система өтө туруктуу болуш керек эле, бирок тарыхый тажрыйба андай эместигин далилдеп отурат. Ошону үчүн Навуходоносордун "цивилизациялуу" падышачылыгын Даниил пайгамбар чопо буттуу темир алпка окшоштурган. Бул окшоштуруу кеңири белгилүү болуп калды. Жогоруда биз мисалдаган "цивилизациялуу" империялар саны аз жана "артта калган" душмандарынын соккусунан жеңил-желпи эле кыйрап отурушпайбы. Албетте, ар бир империяиын кулашына байланыштуу өзүнө гана тиешелүү себептерди тапса болор эле, бирок алардын кыйрашынын кандайдыр бир жалпы себеби бардай сыяктанат, ал себептер бул көрүнүштүн сыртында эмес, анын ичкерисинде жатат. Чечмелеп көрөлү.

Акыйкатында, "Христиан дүйнөсүндө" ынтымак түгүл анын көлөкөсү да болгон эмес. Папанын чечимдерин королдор четке кагып турушкан. Чиркөө тарабынан мыйзамдаштырылган тынчтык келишими, т.а.. "Кудайдын тынчтыгы" жарыяланганына көнүл да буруп коюшпай, феодалдар өз ара чабышын уланта беришкен. Шаарларда манихейлер-катарлар үгүт жүргүзүшкөн. Кыштактарда бутпарастык ырым-жырымдар сакталып турду. Ар ким өз арбайын согуп, жарыяланган жана талашсыз түрдө кабыл алынууга тийиш бөлгөн талаптарга көнүл да бурулбады. Анткени менен ар бөлөк көз караштарда болгон бул топураган калк бирдиктүү этномаданий доминант катарында калыптанып, ал суперэтностун ичинде байкалбаганы менен, анын чек араларында, дини кайырларга жана схизматиктерге каршы күрөштөрдө ачык көрүнүп турган.

XVI—XVII кылымдарда айлана-чөйрөгө таасир көрсөтүү күчөйт, бирок системанын пассионардуулугу төмөндөп, система жөнөкөйлөшүп кеткендиктен мезгилдердин аралыгындагы ажырымдыктарды жоюп салган. XIX кылымда баюуга жанталашуу өзүнчө бир ашынган ач көздүк жүрүш- туруштун негизги көнүмүш белгиси болуп калган эле.

Өлүмгө баш байлап жортуулга жөнөгөн конкистадорлор менен корсарлардын үйүнө аман кайткан үркөрдөй топтору алтын олжолоп келишип, ал олжолорун аракканаларда оңду-солду чачканы эсибизде. Мындай жорук-жосундар XIX кылымда токтолуп, тапкан кирешелерди банкка салуу өнөкөткө айланат. Гугеноттор менен лигачылардын согуштары парламентте добуш берүү менен алмашылат, дуэлдер да мурдагыдай коркунуч туудурбай калган эле, анткени алардын бири жарадар болору менен эле дуэль токтотулуп турган. Согуштар да XVIII кылымда эле башкаруучулардын саясий акцияларына айланып, аскерий адамдардын гана иши болуп калган. Англия менен Франциянын согушу күчөп турган кезде Стерн Францияда саякаттап жүргөндө бул жазуучу жана ойчул адамдын согушка тиешеси бар же жок экени жөнүндө эч ким ойлоп да койгон эмес. А түгүл Наполеондун Европаны каратып алышы Орто кылымдардагы салты сакталып келаткан "артта калган" деген өлкөлөрдө — Испания менен Тиролдо гана адамдардын болор-болбос каршылыгын пайда кылган. Ал эми Россия системанын пассионардуулугу бийик болгондуктан душмандын аскер күчүнүн үч эсе көптүгүнө карабай 1812-жылы жеңишке жетишкен.

Пассионардуулуктун деңгелинин төмөндөшү начар пассионардуу жана субпассионардуу адамдардын ишмердүүлүгүн уюштуруу үчүн мурда болуп

көрбөгөндөй мүмкүнчүлүк түздү. Европада күч менен эмес, адат-салттын жардамы менен мыйзамдуулук жана тартип орнотулду. Тартиптин орно-
тулушунун ушул этабында Абиссиниядан башка жерлерди — Американы, Австралияны, Индияны, Африканы колониялык басып алуу, Кытай, Түркия жана Персияны экономикалык жактан баш ийдирүү ишке ашты. Илимдин жетишкендиктеринин натыйжасында техникалык цивилизация ото тез өнүгүп, искусство жана гуманитардык илимдер керектүү асылдыктар катары саналып, аны өнүктүрүүгө аздап болсо да каражат жумшалып турду. Кыскасы, жок болуп кеткен Ках Кошапа ордуна океандын ары жагына чейин уланган Ках Еигора1са пайда болду. Бул эки цивилизациянын гүлдөшүнө пассионардуулуктун төмөндөшү себеп болду, адатта ал төмөндөө максимумдан оптимумга чейин уланып, акыры чукул өзгөрөт да, кайрадан минимумга карай төмөндөп жүрүп отурат.

Эми биз өз баяндообузду ушул жерде токтотолу, анткени, изилдөөлөрүбүздүн башталышында коюлган шартка ылайык, жакындык абберациясынан атайылап четтеп өтөлү, антпесек кечээ жакында болуп өткөн окуялар бир топ мурдараактагы окуялардан олуттуу болуп көрүнөт, т.а.. масштабдуулук бузулат да, мунсуз ар кандай изилдөө маанисиз болуп калат. Мындай бири бирине окшош чондуктарды гана, т.а.. суперэтникалык системаны суперэтникалык система менен салыштыруу максатка ылайыктуу болот. Ошону үчүн биз өз концепциябызды баяндап жазууда көп учурда Античный жана Орто кылымдардагы Жакынкы Чыгыштын мисалдарына кайрылдык, эми аларды кайталоонун кажети жок.

Эми биз этногенездин өзүбүз каймана түрдө "этностун жаш курактары" деп атаган фазаларын толук баяндап жазууга киришели.

XXXI. ПАССИОНАРДЫК ЖОГОРУЛООНУН ЖАНААНЫН АШЫП-ТАШЫП КЕТҮҮСҮНҮН ФАЗАЛАРЫ

Этностун туулушу

Биз жогоруда баяндап жазган, өзүнөн өзү өзгөрүлүп кете албас тең сакмактуулук орногон кезде жаңы этностун жаралуусу этногенездин башталышынын эң эле жөнөкөй көрүнүшү болуп саналат. Мындайда, биринчиден, этностун мүчөлөрүнүн бири да андай өзгөрүүнү каалабайт; экинчиден, андай өзгөрүүнү эч ким ойлоп да койбойт; үчүнчүдөн, процесстин мүнөзүн өзгөртүү үчүн күчтүү жана белгилүү бир максатка багытталган энергетикалык импульс талап кылынат, аны эч кандай өздүк аң-сезимдин жардамы менен пайда кылууга мүмкүн эмес, анткени бул энергиянын сакталуу мыйзамына карама-каршы келет. Ага карабай мезгил-мезгили менен этностор жаралып турат. Анын кандайча жараларын карап көрөлү.

Чарба жүргүзүү системалары ар башка жана маданияттары да ар түрдүү бир нече этностор бир территорияда жанаша жашап турушат. Алар бири бирине көнүп алышкан; алардын уруш-талашы да түгөнбөгөнүнө карабай, эреже катары, алардын чатагы байкаларлык жаман натыйжаларга деле алып келбейт. Канткен менен алардын импульстарынын термелүүсү белгилүү бир даражада чектелүү болгондуктан, мунун гомеостаз экени оңой эле көрүнүп турат.

Ошентип бул региондун калкы кыймыл-аракетке келип, т.а. өнүгүп-өсө баштайт. Мында кошуналардын мурдатан келаткан өз ара мамилелеринин дүрт этип жарылууга окшоп бузулуп калышы өнүгүүнүн биринчи баскычы болуп саналат. Бул сөзсүз түрдө мындайча башталат: бир же эки муундун арасында өздөрүнүн ата-бабалары чыдап келген чектөөлөргө макул эмес адамдар пайда болот. Алар жашоо-турмуштан өз жөндөмдүүлүктөрүнө, күч-кубатына, эрдиктерине, ийгиликтерине ылайык келе турган орун талап кылып, тиги же бул үй-бүлөдө туулгандыгына байланыштуу аныкталчу орду менен абалына ыраазы болушпайт. Андай адамдардын биринчи катары жамааттын каршылык көрсөтүүсүн жеңе албай жүрүп жок болушат[11]. Эгерде андай адамдардын көбөйүү процесси зарыл деңгелде ургаалдуу жүрүп турса, мындай эр көкүрөктөрдүн саны артып, алар акыры баш кошуп биригет да, мурдагы адатын сактап жашап келаткан момун адамдарга өз каалоолорун тануулай башташат. Ошон үчүн байыркы храмдын пайдубалы азап чеккендердин жана курмандыктардын сөөктөрүнөн тургузулат делинет. Алба-Лонга падышалары менен согушуу үчүн латындар жети дөбөгө чогулушуп, Римди негиздешкенде ушундайча болгон; тамтыгы чыкканча талкаланган он эки еврей уруусунун калдыктарын бириктирип (хибара), анын негизинде борборлошкон бийлиги жана дини бар күчтүү падышачылыкты түзгөн койчуман-каракчы Давиддин "ишенимдүү адамдары" да ушундайлардан болушкан. Бул эки учурда тен кул ээлөөчүлүк түзүлүш сакталып калды. Жогоруда аталгандардан Мухаммеддин үмөттөрү — мухажирлер менен ансарлар; Чакинин, Динганын жана Сегевайонун эр жүрөк жоокерлери — зулустар, ошондой эле Замбези дарыясынын жээгинен чыккан матебалдар анча айырмаланышкан эмес. Аларга викинг кошуундары гана эмес, алгачкы Каролингдердин барондору, Улуу Карлдын графтары жана "Тегерек Столдун пэрлери" аталып, адабий кейипкерлерге айландырылган рыцарлар да окшош болушкан, алар да көнүмүш турмуш-тиричилик адаттардан баш тартууну күнөө эмес, эрдик деп түшүнүшкөн.

Пассионардык түрткүнүн жана жүрүш-туруштун этникалык көнүмүш-төрүнүн өзгөрүшүнүн дагы бир ачык-айкын мисалын келтирели. XII кылымда аскердик-демократиялык түзүлүштөр — ордолор таркаган мезгилдерден кийин социалдык турмушу уруулук турмуш-тиричиликтин адаттары менен башкарылып турган ар түрдүү элдер Улуу талааны мекендеп калышкан. Көчмөндөрдүн көпчүлүк бөлүгү несториандык христианчылыкты тутушкан, бирок Байкал боюнда жана Чыгыш Монголияда жашаган моңголдордун өз алдынча дини бар болгон". Бул этникалык субстратта акырындык менен "узакка чыдамкай адамдар[12] деп аталган адамдар, т.а. уруулук турмуш-тиричиликти жериген пассионарийлер уруудан бөлүнүп чыга баштайт. Эң алды алар тоолор менен талааларда жан багышкан, акырында алар каракчылык менен жан багууга өтүшкөн; албетте, мындай каракчылык кылып жашоонун келечекте өлүм менен бүтөрү белгилүү эле. Жүрө-жүрө алар өз алдынча чакан кошуундарга биригишет, акыры келип алардын баары Темучиндин айланасына топтолушат. Темучин атактуу Боржигин уруусунан, кедейленген адамдын үй-бүлөсүнөн чыгып, тогуз жашында жетим калат. XII кылымдын экинчи жарымында Темучин өзүнүн уюштуруучулук талантына жана чебер дипломатиялык жөндөмүнө жараша эң алды чакан ордо түзүп, андан соң бүткүл Улуу талааны Орол тоолоруна чейинки кендикте бириктирүүгө жана анда жашаган элдерди элдештирип, баш коштурууга жетише алгандыктан, алар моңголдор менен бир катарда алыскы жортуулдарга катышат.

Алардын башкы максаттарынын багыты өзгөчө оор жана үзгүлтүксүз түрдө татаалданып турган абалга ылайыкташуунун зарылчылыгы менен акталган. Кытайлар менен орто азиялык мусулмандар монголдор менен түрктөргө түндүк америкалык колониячылар индейлерге жасаган мамилеге окшош мамиле жасашкан. Кытайлар менен мусулмандар көчмөндөрдү биротоло кырып жок кылуу максатын көздөп, такай кол салып турушкан. Алар кулдукка сатуу үчүн жаш балдарды гана аман калтырышкан[13]. Ошондуктан кан кууп, өч алуу жана жамаат алдындагы жоопкерчилик сезими сыяктуу уруулук категорияларды жетекчиликке алышып, көчмөндөр агрессорлорго каршы айыгышкан күрөшкө аттанышкан.

Темучин бириктирген көчмөндөр эми соккуга сокку менен жооп кайтарууга мүмкүнчүлүгү бар күчкө айланып, өздөрүнүн илгертен берки душмандарын кыйратууга жетишерлик түрдө күчтүү болуп чыгышты. Мындай айыгышкан салгылаштардын жүрүшүндө христиандар менен бутпарастар биргелешип аракеттенишкени өзгөчө кызык. Чыңгыздын мураскорлорунун кийинки жортуулдары Кытайдын улуттук Сун империясынын, Желал-ад-Диндин талкаланган хорезмдиктеринин калдыктары, моңгол элчилигин кырып салган венгрлердин, кыпчактарды колдогон орус княздарынын душмандык иштерине жараша гана жасалып турган. Каратып алган жерлеринин бир бөлүгүн моңголдор жергиликтүү элдин аларга жакындап, моңгол хандары менен шериктеш болуу аркылуу өздөрүн сактап калууга умтулган топтордун колдоосу аркылуу кармап турушкан. Айталы, мусулмандардын кысымын башынан кечирген Алдыңкы Азияда жашаган армяндар, католиктерден (шведдер, немистер жана алар менен шериктеш литвалыктар) Русь жергесин сактап калууга умтулган Александр Невский моңголдорду жактаган. Ар түрдүү элдер жашаган зор территория бир бүтүндүктү түзө алмак эмес эле, натыйжада ал бир канча мамлекеттерге бөлүнүп кеткен. Бул өлкөлөрдүн жергиликтүү жашоочулары моңгол баскынчыларынын чакан аскер бөлүктөрүн бара-бара өзүнө сиңирип, ар кандай социалдык түзүлүштөрдегү жана ар башка маданияты бар жаңы этносторду пайда кылган. Мисалы, алтын ордолук татарлар, т. а. Чыңгыздын тукумдары менен алака түзүү аркылуу бириккен Волга боюндагы ар түрдүү уруулардын өкүлдөрүнөн турган шаардык калк, Яиктин талаасындагы ногойлор жана казак жүздүктөрүнө биригишкен чыгыш көчмөндөрү, ошондой эле өзбектер, ойроттор, буряттар жана хал- хамоңголдор менен баргуттардын калдыктары мына ушундайча жол менен өз алдынча этносторго айланышкан.

Этникалык системалардын жаралышынын бул мисалы өтө жөнөкөйлүгү менен айырмаланып турат. X кылымдагы жүз жылга созулган катаал кургакчылык Улуу талааны такырга айлантып, XI кылымда гана бул талаага кайрадан нымдуулук кайтып келип, аны менен кошо эл көчүп келе баштаган. Жаңы шартка кайрадан ылайыкташуу талаа калкынын санын көбөйткөнү менен аларды баш коштуруп бириктире алган жок. Деңиз жээктериндеги тайгаларда жана Байкалдын аймагындагы жашаган бытыранды урууларды пассионардык түрткү гана эки зор чыгармачыл этноско — чыгышта чжурчжэндерге жана Байкал аймагындагы моңголдорго бириктире алды. Бул биригүү салыштырмалуу алганда оңой ишке ашты, анткени ал биригүүлөр алгачкы этникалык субстраттар гомеостатикалык абалда турганда пайда болгон. Жаңы этностордун кеңейишине негизинен чет жердиктер гана каршылык көрсөткөн. Өздөрүнүн көп санда жана техникасы мыкты экендигине карабай, алар талкаланып калган. Албетте, бул моңголдор созсүз түрдө жеңип чыгышмак дегендикти билдирбейт, себеби дал

ушундай эле кырдаалда ацтектер менен зулустар жеңилип калышпады беле. Моңголдор жеңиштин бир келчү мүмкүнчүлүгүн пайдалана алышты, муну этногенез эмес, саясий тарых деп кароо туура болот.

Этногенездин алгачкы фазаларын басып өтүп, тынч абалда эмес, өнүгүү абалында турган субстраттар пассионардык түрткүгө тушукса бир топ татаал кырдаал пайда болот. Мындай кырдал б.з. I кылымында, Рим империясынын чегинде, эллин, байыркы еврей жана сирия этностору канатташ турган жерде жогоруда аталгандардын баарына бир жагынан окшош, бир жагынан деги эле башкача болгон популяция пайда болгондо түзүлгөн. Бул өз ичинде эллинди иудейден айырмалабаган христиан жамааты болгон. Аны айлана-чөйрөсүндөгүлөрдүн баары жек көргөн, анткени анын этникалык доминанты аларга өтө жат жана түшүнүксүз нерсе болгон.

Ошентип I кылымда өтө кичинекей христиандык жамааттан эң алды этнос, андан кийин, биз византиялык деп атап жүргөн, өз маданияты бар зор суперэтнос өсүп чыгат[14]. Христиан этносунун жаралуу механизми сырттан караганда башкачараак болгону менен, иш жүзүндө жогоруда келтирилген

болгондон 300 жыл өткөндөн кийин пассионардуулуктун өнүгүшүнүн жана күч алышынын жүрүшүндө жана инкубациялык мезгил аяктаган учурда коомдук түзүлүш түрүндөгү консорциялар жаралышы тийиш. Византияда мындай түзүлүштөр болуп христианчылыктын тиги же бул багыттарын туткан секталар эсептелди. Ар бир сектада динге баш-оту менен киргендердин уюткусу, алардын диний ишенимин макул таап, жан тарткандар, ал кездин карама-каршылыктарын өз керегине пайдаланган көңүлкош адамдардан түзүлгөн айлана-чөйрөсү болгон. Ал чөйрөгө чыныгы митрачыл Айныма Юлиандан башка императорлордун дээрлик баары таандык болгон. Анткени менен Юлиан өтө сергек саясатчы эле. Ал бир да диний агымга кысым көрсөтүп, куугунтукка албай, алардын бири- бири менен өз ара кармашуусуна толук мүмкүнчүлүк берген. Антүү менен ал өзүнүн жеке бийлигине каршы чыгуучулардан кутулган.

Мындай кырдаалдарда айрыкча шаардык тургундар жек көрүндү кылык-жорукту көрсөтүшкөн. Константин бийликке келгенге чейинки мезгилде алар христиандарды жаманаттылап, аларга айгак болуп, чагымкат жазууну ушунчалык күчөтүп жиберишкендиктен Траян алардын чагымкаттарын кароого тыюу салган. Анын чечимине ылайык христианды эми ал өзүнө өзү чагымкат жазып келсе гана дарга асуу мүмкүн эле. Христиандар жеңгенден кийин бул акмактар эми бутпарастар, гностиктер жана еретиктер жөнүндө чагымкат жазышып, философторду кыйратып жана бийликке каршы көтөрүлүштөрдү уюштура башташкан[15]. Алардын өздөрүнө тиешелүү дини жок эле, ага умтулушкан да эмес.

Арийне, мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн пассионардуу кечилдикти да, субпассионардуу калын калкты да пайдалануу мүмкүн эмес болучу. Бирок чек арадагы абал өтө татаал болгондуктан ал жакта жоокерлерге жана чиновниктерге муктаждык өтө зор эле. Айласыздыктан бул кызматтарга чет жердиктер чакырылган, алардын көпчүлүк бөлүгүн готтор түзгөн, анткени алар вандалдарга, гепиддерге жана герулдарга караганда ыймандуурак болушкан.

Гот улутундагы жаштар Константинополдун аскер кызматына жан дилинен иштешкен, алардын бир топтору генерал даражасына чейин көтөрүлүшүп, мамлекеттик төңкөрүштөрдү көп жасашкан, себеби гот аскер башчысын өз улутташтары көлдөп, алар бири бирине ишенишкен. Борбор шаардын урбаникалык ландшафтында булар табигый түрдөгү консорциялар болгон. Алар

сөзсүз түрдө христианчылыкты кабыл алышып, кайсы бир диний агымдарга алардын теологиялык ажырымдыктарын түшүнбөсө да кошулуп кете беришкен жана өз каршылаштарынын дооматтары дегеле туура эмес жана анын эмне үчүн туура эмес экенин тастыктоо дин аалымдарынын иши деген ишенимде болушкан.

Киликийлик каракчылардын тукуму жапайы исаврлар германдарга каршы турду. Август тарабынан талкалангандан кийин, алар III кылымдагы баш аламандыкта Рим бийлигинин таасиринен бошонуп чыгышып, кургактагы жана деңиздеги каракчылык иштерин кайра башташат[16]. Исаврлардын жалтанбас эр жүрөктүүлүгү Византияда алардын бийликке келүүсүн камсыз кылган. Алардын атамандарынын бири — Зинон император болуп калат (474—491-жж.), дагы бир колбашчысы — Лев Исавр 717-жылы өз династиясын негиздейт. Готтордун атаандашы болушкандыктан исаврлар башка диний ишенимди тутушкан, бирок алар үчүн ал диндин мазмуну мааниге ээ болгон эмес.

Александрия шаарында, IV кылымдын башталышында окумуштуу жана өтө такыбаа адам пресвитер Арий менен өз ишеними үчүн чын дилинен күрөшкөн сопу диакон Афанасий колдогон епископ Александрдын ортосунда талаш-тартыш башталат. Алар готтор менен исаврлардын тагдыры жөнүндө ойлонуп да коюшкан эмес, бирок алардын талаш-тартышы өз ара күрөштүн символуна айланып, этногенез процессинин башталышына түрткү болгон.

Дал ушундай эле өз алдынчалыкка жана өзгөчөлүккө Египет жана Месопотамия менен кошо Сирия да умтулган. Тиги жерде да, бул жерде да конфессиялык белгиси бар консорциялар пайда болгон. Бул процесстердин натыйжалары Азия менен Түндүк Африканын тарыхын жана маданий өнүгүшүн көп кылымдарга алдын ала аныктап койгон эле[17]. Ал эми пассионардык чыңалуунун деңгели этникалык системалардын динамикасына жана бул процесстин идеологиялык багытынын өзгөрүшүнө кандай таасир тийгизери тууралуу өзүнчө кеңири сөз кылуу керек болот.

Түшүнүктөрдүн поэзиясы

Таанып-билүүгө жана түшүнүүгө болгон муктаждык тамак-ашка жана аялга болчу муктаждыктан кем бааланбайт. Ал муктаждык бир топ ажырымдыкка ээ жана ал ар башка адамда ар башкача байкалат, кээде ал чыгармачылыкка умтулуу, кээде сокур ишенимге берилүү катарында көрүнөт, бирок ал ар дайым пассионардык чыңалууга түздөн-түз карама- каршы келет, ал эми анын вектору болсо актуалдуу маселелердин пайда болушуна жараша аныкталып турат.

Христос — бул Ата-Кудай деп далилдеген монархиячылык жана Христос — бул теңирлик акылмандуулуктун шарапаты тийген адам деген Павел Самосатскийдин окуусу IV кылымда эле колдонулбай, сүрүлүп ташталган болучу[18]. Акылга салып ойлонууга жөндөмү бар адамдар: "Андай болбосо кандай анан?" — деген собол коюшту. Аларга пресвитер Арий мындай деп жооп берди: "Христос — теңирлик Логос, бирок ал Кудайдын Уулу, ушундай болгон соң, демек, ал туулганга чейинки мезгилде жок болгон. Логос түбөлүктүүлүктүн жышанасы, бирок түбөлүктүү эмес; ал Атадан "кичирээк", анткени өз "башталышына" ээ. Эгерде Логос туулган эмес десек, анда Ата-Кудай — ата эмес, Уул-Кудай — уул эмес[19].

"Жок, андай эмес, — дешип епископ Александр менен диакон Афанасий Арийге каршы чыгышты, — Ата жана Уул экөө бир эле мезгилде жашайт. Уул —

жарыктын булагынан чыккан нур катары жаралган. "Ата" жана "Уул" деген сөздөр бул жөнөкөй гана метафора; чындыгына келгенде Логос — Ыйык Үчилтиктин бир бүтүн көрүнүшү (ипостась)[20].

Маселени тактап коёлу. Арий: Уул-Ата окшош акыйкаттар десе, Афанасий — бул экөө бир эле акыйкат деп далилдейт. Грек тилинде бул эки сөз бири биринен бир тамга менен гана айырмаланат. Ушул бир тамга үчүн дээрлик үч жүз жыл бою ушунча көп элди кыруунун кажети бар беле? Албетте, кажети жок эле, адамдарды кырып, өлтүрүү ошол жалгыз тамга үчүн жана анын урматы үчүн иштелген эмес, ал шылтоо гана болгон.

Анткени менен чиркөө ойчулдары гана эмес, сабатсыз адамдардын көбү өз тууларына шылтоолорго шынаа болуучу философиялык символдорду жазып алып, аны менен согуштарга тайманбай киришкен. Ал кезде акыл-ойдун кадыры жогору болгон экен.

Философиялык түшүнүктөрдүн поэзиясы империянын бүтүндөй чыгыш бөлүгүн өз алкагына тартты. Диний талаш-тартыштарга дин аалымдары менен карапайым калк бирдей катышты. Александриядагы жергиликтүү Собор 321-жылы Арийдин окуусун айыптап чыкты. Никейдеги Бүткүл Аалам Собору 325-жылы талаш-тартышты Афанасийдин окуусунун пайдасына чечип, Арий сүргүнгө айдалып, чыгармалары өрттөлгөн.

335-жылы атайы жалаа жабылган Афанасий да сүргүнгө айдалат. Андан бир жылдан кийин император Константин Арийди актайт, бирок көп убакыт өтпөй Арий ууландырылдыбы же жалданма желдеттин колунанбы, каза табат. Ага карабай Арийдин жолун жолдоочулар 341-жылы Антиохиядагы Собордо жеңишти салтанатташты. Аларга император Констанций колдоо көрсөтүп турду. Бирок дайыма боло жүргөндөй, жеңүүчүлөр өз ара араздашып калышып, кай бирлери никей дини менен жалпы тил табууга умтулушту, дагы башкалары бардык дин жоболору акылга сыярлык түшүнүктө болушун талап кылышып, Арийден да алыс кетишти, үчүнчүлөрү талаш-тартышты туудурган жоболорду жымсалдаган аныктамаларды сунуш кылышты.

Арийчиликтин расмий доктринасын 359-жылы Римини шаарында болуп өткөн Собор иштеп чыккан. Өткөн жылдардын ичинде готтор, бургунддар, вандалдар, лангобарддар христиан динин кабылдашып, алар өтө тынчы жок өлкөнү башкарган Констанцийдин гвардиясын түзгөн.

Ал кезде никейлер сүргүндө жүрүшкөн болучу. Аларды бутпарас Юлиан боштондукка чыгарган эле. Ал христиандар бири бирине каршы күрөшө берсин деген максатта каалаган динди тутууга толук эркиндик берет.

381-жылы гана испан Феодосий Константинополдо Бүткүл ааламдык II Соборду чакырып, арийчилер менен македондуктарды динден четтетип салат[21]. Ошол кезден баштап арийчилер римдиктерге эмес, германдарга таандык диний ишеним болуп калат. Философема эми түшүнүктөрдүн поэзиясынан этнологияга өтүп кетет.

Чыр-чатактар кээ учурларда догматикалык принципиалдуу маселелерден улам келип чыкпай, эч кандай теологиялык негизи болбогон кайсы бир түшүнбөстүктөрдөн улам келип чыгып турган. 439-жылы Константинополдун патриархы болуп улуту перс, илимпоз жана мүнөзү катуу адам Несторий шайланат. Анын илимпоздугу да, мүнөзүнүн катуулугу да борбордогу пенделик кызыкчылыктан баш тарта албаган диний төбөлдөргө жаккан эмес. Пенделик кызыкчылыкка каршы 397—404-жылдарда Иоанн Златоуст да күрөшкөн, бирок ал ийгиликсиз аяктаган. Диний жыйындардын биринде Несторий "Кудайдын

энеси болбойт" деп так кесе айтып салат. Анын душмандары бул сөздү дароо эле Дева-Марияны кемсинткендик деп табышат. Натыйжада, 431-жылы Несторийди Эфес Соборунда айыпка жыгып, андан кутулушкан.

Ушундан кийин тынчтык өкүм сүрүш керек эле деп ойлойсуң, бирок египеттик кечилдер Христостун адамдык субстратын тануучу ой айтышты. Ушуга байланыштуу 449-жылы ошол эле Эфес шаарына империянын бардык чиркөөлөрүнүн жана да ар кайсы диний багыттардын өкүлдөрү Бүткүл Аалам Соборуна чогулушту. Собордо кеп Христостун теңирлик касиети менен бирге адамдык субстраты барбы деген маанайда жүрдү. Ал кезде бул маселе жөнөкөй маселе эмес эле. Эгерде египеттик монофизиттердин айтканы чын болсо, анда крестте тартылып кыйналган Христос адам эмес, Кудай болуп чыгат, демек, Кудай кыйналууну сезбейт, сезген күндө да ага оңой эле чыдай алат. Эгерде акыйкатында ошондой болсо, анда ал адамдарга үлгү боло албайт, анткени биз адамдар алсызбыз жана кыйноодон коркобуз. Анын үстүнө Христосту адам деп таанысак, анда аны кемсинтип салбайбызбы? Ошондуктан монофизиттер: "Эки анжы болгондорду экиге бөлө чапкыла!" — деп кыйкырышкан. Собор чоң жаңжал менен бүтчүдөй көрүнгөн.

Христосту Кудай жана адам катары таанууну гректер менен италиялыктар (патриарх менен папа) колдошкон; аларга египеттиктер каршы чыгышкан. Жыйын жүрүп жаткан имаратка талкуу кызып калган учурда сакалчан, чачтары саксайган, узун, ала чапан кийишип, чоң балталар менен куралданган египеттик менден ашык кечилдер кирип келишет. Алар епископторду сабап, патриархты тепкилеп, катчылардын манжаларын сындырышат. Акчага сатылган төбөл жиберген сакчылар окуяга кийлигишпей четте карап турушат, анткени ал аскерлерде стихиялык пассионардуулук, демек, демилгелүүлүк жок болучу.

Эми бул кырдаалды талдап көрөлү. Несторийдин патриархтык такка көтөрүлүшүнө чейин да, анын Константинополдо бийлик жүргүзгөн мезгилинде да, ал сүргүнгө айдалгандан кийин да сириялык дыйкандар византиялык чиновниктерге нааразы болуп жүрүшкөн. Бирок алардын нааразылыктарынын Никесиз Бойго бүтүүгө жана Төрөлүүгө эч тиешеси жок эле. Ал эми Сириянын калкынын Несторийдин көз карашын колдоп кетиши, кейпи, ал көз караш аларга түшүнүктүүрөөк жана жакыныраак болсо керек. Анан эле Эфес шаарындагы диний мектептин окуучулары жана монофизиттерге каршы турган айрым антиохийлик диний төбөлдөр персиялык Месопотамияга ооп кетери менен Сириядагы элдик кыймыл басылып калат. Албетте, константинополдук өкмөттүн эзүүсүнө нааразы болгондор дагы эле учурап турду, бирок 482-жылы императордун монофизиттер менен жалпы тил табышууга жол ачкан жардыгы ("Энотикон") чыккандан кийин, сириялыктар египеттиктер менен биригип кетишет, т. а. алар социалдык-саясий позициясын сактап калуу үчүн идеологиялык позициясын түп-тамырынан бери өзгөртүшөт.

Несторийдин чыныгы таламдаштары аны сүргүндө азап чеккен касиеттүү такыбаа катары урматташкандыктан Нисиба шаарында христиандык университет ачышып, христианчылыкты Кытайга чейин үгүттөп таратышат жана Иран шахына берилгендигин көрсөтүшүп, муну менен,
Константинополдун саясий каршысы экендигин билдиришкен. Анткендерине карабай алар кулк-мүнөздөрү, психикалык өзгөчөлүгү жана жүрүш- туруш көнүмүштөрү боюнча византиялыктар бойдон кала беришкен. Ошентип, византия, казанда оргуштап кайнаган суюктук сымал өзүнүн мамлекеттик чек арасынан сыртка төгүлүп кеткен.

Андан соң Константинополь менен Александриянын, же тагыраак айтканда, египеттик чиркөө менен грек патриархиясынын кармашы башталат. Күчтөр дээрлик тепетең эле. Акыры бул маселе чиркөөнүн таасиринин күчөшүнөн чоочулаган гражданднык бийлик тарабынан чечилет.

451-жылы Халкидондо император Маркиандын өзү төрагалык кылган жаңы Собор чакырылат. Халкидон Собору 449-жылкы Эфес Соборунун чечимин жокко чыгарып, аны "эфес каракчылыгы" деп атайт. Египеттиктер бул чечимге өзүнчө бөлүнүү, грек тилин сыйынт жөрөлгөлөрүндө колдонбоо менен жооп беришип, өзгөчөлөнгөн көп патриархын шайлап алышат. Алардын экинчи патриархчылыгын Антиохия шаарында Яков Барадей негиздейт; ошондуктан анын жолун жолдоочулар яковчулар аталып калат.

Император Ираклийдин бул бөлүнүүнү жоюуга аракеттенип, компромисстик чечимдерди кабыл алууга умтулушу VII кылымда Ливан тоолоруна бекемделип алган марконилердин сектасы катары түзүлгөн дагы бир агымдын пайда болушуна алып келген. Ошентип, IV кылымдагы бир бүтүн византиялык этнос өз ара душмандашкан төрт субэтноско бөлүнөт. Бул Рим патриархиясынын, демек, бүткүл Батыштын иш жүзүндө бөлүнүшүнө, несториандардын Чыгышка көчүшүнө жана монофизиттердин араб халифтеринин бийлик алдына өтүшүнө алып келген. Чыгыш Рим империясы VII кылымда грек падышачылыгына айланат.

Эми окуяларды талдоого өтөлү. Конфессиялык талаш-тартыштардын натыйжасында ким утушка ээ болду? Византиянын жана православиенин душмандары гана утту. Ариан-лангобарддар Италиянын көпчүлүк бөлүгүн басып алат; араб-мусулмандар Сирияны, Египетти, Карфагенди, Армения менен Грузияны каратып алат; славян-бутпарастар Балкан жарым аралынын ойронун чыгарып, Пелопоннеске чейинки жерлерди ээлеп, отурукташып алышат. Биримдик Византия үчүн зарыл керек эле, бирок ал биримдик кол жетпес иш болуп чыкты. Шаар тургундарынын пассионардык чыңалуусу өсүп, пассионарийлерди өз ара атаандашкан консорцияларга биригүүгө түрттү. Ал эми консорциялар, өз кезегинде, субэтноско өсүп чыгып, империядан бөлүнгөндөн соң этносторду түздү. Айрым учурда еретиктик жамааттардын негизин эллиндик өзгөчөлүктөр жоюлган мезгилден кийин сакталып калган байыркы уруулар түзүп турган, бирок көпчүлүк учурларда мындай консорциялар чоң шаарларда пайда болгон, ал консорциялар генетикалык жактан ар башка болгон жана алар өз биримдигин жүрүш-туруш адаттарынын жакындыгы жана ынтымактуу карым-катнаш мамилелери менен сактап турушкан. Башкача айтканда, бул этногенездин ургаалдуу процесси болгон, мында окуянын катышуучулары үчүн догмалар символдордун ролун аткарып, ал эми тарыхчылар үчүн алар индикатор болгон.

XXXII. АРАЛАШУУ

Мында да мыйзам ченемдүүлүк бар

Ошентип биз глобалдык этногенездин даректүү көрүнүштөрүн эмес, идеалдуу мыйзам ченемдүүлүгүн баяндап жаздык. А чынында ал мыйзам ченемдүүлүк этноско сырттан тийген таасирлер аркылуу үзгүлтүксүз бузулуп турарын көрдүк. Ошондуктан биз Бүткүл дүйнөлүк тарыхтан мисал келтирүүгө аргасыз болдук —

эч ким жалгыз жашай албайт, ал эми коңшу этностор көп жашап тажрыйбалуу болсун, же жаш жана кызуу кандуу болсун, үзгүлтүксүз бири биринин тынчын алып турат. Анткени менен бизге идеалдуу ийри сызык ал процесстердин бузулушунун мүнөзүнүн маанисин ачык-айкын аныктоо үчүн керек эле, анткени биз этникалык тарыхтын узакка созулган мезгил мерчемдеринде бирин экинчиси толуктап, жымсалдап салчу этногенездин ийри-буйру сызыгын көп кездештирбедикпи. Ушундан улам эми биз пассионардык түрткүнүн күүсү кандай гана шартта болбосун, жадегенде өтө ыңгайлуу шарттар түзүлгөндө да 1200 жылда токтоп каларын билебиз. Айрым гана бактылуу этностор өзүнүн табигый түрдө күнү бүткөнгө чейин жашоолорун уланта алышат. Тарыхтан биз этногенездер ар кандай курагында үзүлүп токтоп каларын байкадык. Бирок мунун да өз статистикалык мыйзам ченемдүүлүгү бар.

Этногенездин алгачкы фазасында турган этносторду жеңүү жана кырып жок кылуу дегеле мүмкүн эмес, анткени аларды багынтуу үчүн орду толгус чыгым жумшалууга тийиш. Бирок да өз өнүгүшүнүн фазаларын өзгөртүп турган этнос кошуна жашаган этностун пассионардуулугу жетиштүү деңгелде болсо, оңой эле жеңилип калат. Ошондуктан этностун пассионардык чыңалуусунун ийри сызыгынын баскычтан баскычка өтүшүнө көңүл бурушубуз керек, анын үстүнө ал баскычтардын ажырымдыктары анча байкалбай, жымсалданып турат. Баскычтан баскычка өтүүнүн да ыңгай-шарттары бар.

Туруктуу абалдан жогорулоого багыт алууда да "Дүйнөнү өзгөртүү керек, анткени ал жаман" деген талап пайда болот. Мындай өзгөртүүгө умтулуунун аздыр-көптүр негизи бар, бирок мында чоң коркунуч да бар. Анткени, али күчүнө кире элек, жаңы туулган этнос конушу этностун өз салтын бек кармаган күчтүү каршылык көрсөтүүсүнө урунуп, жок болуп кетиши мүмкүн. XIX кылымда зулустар ушундай абалга кептелишкен. Зулустардын колбашчысы Чака (1810—1828-жж.) өз жоокерлерин өркүндөтүлгөн ассагейлер (ыргытылуучу узун найза) менен куралдантып, тартипке үйрөтүп, салгылашка алып кирет. Бирок Чака Европадагы техникалык өнүгүүнү эске алган эмес эле. Сайы жок, оозунан дүрмөттөөчү мылтыктарын дароо атылчу сайлуу мылтыктарга алмаштырган бурлар 1838- жылы зулустарды талкалап, жеңип алган жерлерге Трансвааль республикасын негиздешет.

Зулустардын 1820-жылы Чаканын мамлекетинен бөлүнүп кеткен дагы бир мамлекети — Матабела бир топко туруштук берет. Түштүк тарапты багынтуу үчүн жиберилген колбашчы Мзиликази жеңиш менен кайтып келүүнүн ордуна, жеңип алган жерлердин падышасы болуп алат. 1888- жылы анын уулу Лонгенгула Сесил Родстун англиялык аскерлери тарабынан талкаланат. Ошентип, зулустардын пассионардык энергиясы тамам болот.

Буга окшогон мисалдар өтө эле көп, андыктан биз этностун жогорулоо фазасынан акматикалык фазага өтүшүндө учуроочу экинчи бир коркунучту белгилеп кетишибиз маанилүү. Бул учурда этностун структурасынын элементтеринин өз ара шайкештиги бузулат, ар ким "өзү менен өзү болгусу" келет да, бул үчүн этностун кызыкчылыгын өз кызыкчылыгына садага чаап, калыптанып калган структураны бузат. Эреже катары, мындайда кан суудай агат, бирок маданият жабыр тартпайт, тескерисинче гүлдөп кирет.

Буга Араб халифатынын X кылымда эмираттарга бөлүнүп кетүүсү ачык-айкын мисал боло алат. Саясий кыйроо менен көп этникалык мусулман маданиятынын гүлдөшүнүн дал келиши, кейпи, кокустук эмес көрүнөт. Муну бардык адистер да белгилешүүдө. Чыгармачыл инсандын кайталангыс касиетин

баалай билүү араб тилинде эмгек жазган окумуштууларды өзгөчө абалга бөлөдү. Аларды султандар менен эмирлер өздөрүнө атаандаш адамдар катарында эсептешпей, кайра алардын эмгектерин баалашып, аларга интеллектуалдык жана эстетикалык чөйрөдө "өздөрү менен өздөрү болушуна" тоскоолдук кылышкан эмес. Анткени менен айрым учурларда мындай "аралашуулар" кайгылуу жыйынтыктарга алып келет. Биз аны төмөндө баяндап беребиз.

Этностун үчүнчү баскычтагы акматикалык фазадан төмөндөө фазасына өтө турган үчүнчү мезгили этнос үчүн өтө коркунучтуу. Бул жерде "Биз улуу инсандардан жадап бүттүк" деген талап пайда болот да, мунун натыйжасында артык баш гана эмес, керектүү пассионарийлер, а кээде залакасы жок жөнөкөй адамдар да курман болуп кетишет.

Этностун пассионардык чыңалуусу төмөндөгөн доордо афинылыктар Сократ менен Алкивиадды жазага тартышты. Сократтын өлүмү аларды кылымдарга шерменде кылды, ал эми Алкивиадды эки кайталап сүргүнгө айдоо Пелопоннес согушунда жеңилип калууга жана анын азабын чегүүгө алып келди. Бул кайгылуу мисалдар афинылык демосту эсине келтирген жок. Алар Платон менен Аристотелден жана башка чыгаан мекендештеринен "кутулушуп", алардын мал-мүлкүн Афиныны скифтин эгини менен жабдып, театрдык көрсөтүүлөрдүн же триремаларды куруунун акысын төлөгөн соодагерлерге добуш берүү жолу менен энчилеп беришкен соң — Афины көз каранды эместигин жоготот. Александр Македондук бул кооз шаарды аяп талкалаган эмес, ал эми андан кийинки баскынчылар — римдиктер өз мезгилинин салтын сактап, афинылыктардын бир бөлүгүн кырып салып, айрымдарын кулдукка сатып жиберишкен.

Античный, грек-латын суперэтносу өзүнүн чүнчүү фазасын б.з.ч. II—I кылымдарда башынан кечирген. Бул мезгилдерде эллиндик пассионарийлер же Республикага аскер катарында кызмат өтөөгө, же тил- адабият мугалими катары иштөөгө мажбурланышып, турмуш-абалдарынын оңолушунан үмүт үзүп коюшкан эле. Римдиктердин абалы да алардыкынан мыкты эмес эле. 100 жыл бою үзгүлтүксүз уланган граждандык согуштардын доору эл менен сенатты алсыратып салган. Гракхтардын революциясы, Марий менен Сулланын согуштары, биринчи триумвираттын тукум курут кыргыны жана экинчисинин ич ара кырчылдашышы Рим мамлекетин кризиске алып келип такаган. Акыры Августтун жана аны колдогондордун ишмердүүлүгүнө туш келген инерциялык фазага өтүү гана анча-мынча тынчтанууга алып келген. Бирок анын пайдасынан зыяны зор эле: бул учурда күчүнө кирген "Мен кандай болсом, сен да ошондой болушуң керек!" деген талап салт болуп калган "Рим эркиндигинин" мыдырын калтырбай жок кылат. Бардык республикалык мекемелер принцепстин ээн баштыгын жаап-жашырган кооз көшөгөгө айланат. Овидий сүргүндө өлөт, Гораций менен Вергилий падыша сарайындагы малайлар менен кошоматчылардын катарына кошулушат. Нерондун көрө албастыгынан улам Сенека өлөт, ал эми элге кеңири белгилүү болгон, жөнөкөй, бирок таланттуу адамдардын көрө албастыктын айынан курман болгондорунун саны эсепсиз көп. Алсыз жана күнөөсүз мекендештерин мындайча жок кылуунун багыттарын жана жолдорун Светоний өзүнүн "Он эки Цезардын өмүрү жөнүндө баян" деген китебинде жана Г. Буасье "Рим цезарларынын мезгилиндеги оппозиция" деген китебинде баяндашкан.

Даңкына жана байлыгына карабай, жеке керт башынын асыл касиеттерине байланыштуу өлтүрүүлөр ал мезгилдин мүнөздүү белгиси жана этногенез

процессинин токтошунун мыйзам ченемдүү жыйынтыгы болгон. Дал ушуга эле окшош көрүнүштөр Дуканын мезгилиндеги Византияда (XI к.), моңголдук доордун аяктоо учурундагы Иранда (XIV к.), Тимуриддерден кийинки Орто Азияда (XVI к.) байкалган. Демек, муну этностун жаш курагына мүнөздүү илдет десек болот. Ушуну белгилеп коёлу да, Римге кайра кайрылып келели.

Пассионардуулуктун кемүүсү мурдагы империянын "Чыгышы" кайнап турган мезгилде анын "Батышы" токтоосуз муздап баратты. V кылымдын башталышында Рейн жана Дунай дарыялары менен бөлүнүп турган чек ара бузулат. Вестготтор 402- жылы Италияга басып киришет, бирок алар Верондун алдында талкаланып калат. 405-жылы свевдердин, бургунддардын, вандалдар менен аландардын сансыз коп аскери Италияга басып киришип, бирок Флоренциянын жанында ташы-талкан болуп, 406-жылы баш ийип беришет. Аларды Галлияга жөнөтүп жиберишет, ал жакта франктар менен алеманндар Рейндин жээктерин ээлеп алышкан болучу. Франктар менен алеманндар вандалдарды талкалап, муну менен өздөрүн сактап калышкан, бирок таланып-тонолуп ойрондолгон Галлияны сактап кала алышкан эмес. Галлдар коргонуунун ордуна, кудайдан ырайым тилеп отуруп беришкен, байыркы баатыр кельттердин тукуму ушундай абалга жетет деп ким ойлоп коюптур?! Испанияда да: Галисияга — свевдер, Лузитанияга — аландар, Бетикага — вандалдар отурукташууга умтулган учурда да ушуга окшош окуя болуп өткөн. Бул жер ошондон бери карай Андалусия атала баштаган. 410-жылы готтор Римди басып алышып, чиркөөдөн башкалардын баарын талап-тоношот. 412-жылы түштүк Галлияны ээлешет, 419- жылы вандалдарды Испаниядан Африкага кууп салышып, бул жеңиши үчүн Аквитанияны белекке алышат. Бургунддар Рона дарыясынын сол жээгине, алеманндар Рейндин сол жээгине отурукташып алышат. Испаниядан готтор тарабынан куулган вандалдар 430—439-жылдарда маврлар менен нумидиялыктардын колдоосуна таянып Африканы ээлешет, ал эми 455-жылы Римди басып алышып, аны тыптыйпыл кылып талкалашат. 449-жылы римдиктер Британиядан өз легиондорун чыгарып кеткенде ага англдар, сакстар жана юттар басып киришет. Британдык келттер да галлдык келттердей эле өздөрүн талкалоого жол беришет.

Римдиктерге кызмат кылган герулдар 476-жылы бийликти өз колдоруна алышып, Батыш империяны таркатышат. Андан он жыл өткөн соң цивилизациянын акыркы аралчасы — Суассон жапайы франктардын колуна өтүп, талкаланат. Римдин акыркы баатыры Сиагрий теңсиз салгылашта курман болот.

489-жылы остготтор Дунайдын жээктери менен Балатон көлүн таштап, Италияга бет алышат да, аны коргоп турган германдарды 493-жылы талкалап салышат. Бул германдардын баары I кылымда пассионардык түрткүнүн таасири астында аракетке келип, жогорулоо фазасында турушкан эле.

Белгилеп коюучу нерсе: Батыш жана Чыгыш империяларда бирдей социалдык түзүлүш, бир дин, экөөнө тең бирдей күч менен кол салып турган бир душманы — варварлар болгон. Чыгыш империя каршылык көрсөтүп, аман калат да, ал эми Батыш ал кезде чөгүү фазасында болгондуктан кулап калат. Пассионардык түрткүдөн улам популяцияда жаралган күчтүн натыйжасында этностун жаңыланышы дал ушул туруктуулукту берген. Дал ошону үчүн Римди Чыгыштан чыккан, вандал Стилихон жана чала герман Аэций коргошкон. Мындай кулк-мүнөздөгү адамдар Батышта белгилүү да, даңктуу да болушкан эмес, ал эми

Чыгышта андай баатырлар — Велизарийден Алексей Мурзуфла менен Иоанн Кантакузинге дейре атак-даңкка жетишкен.

Бул чакан мисалдар пассионардуулукту жоготуу канчалык коркунучтуу экендигин, ансыз ийгиликтүү коргонууга мүмкүн эместигин көрсөтүү үчүн келтирилди. Чындыгында варварлар өте аз санда болушкан, мисалы, вандалдар бардыгы 80 миң адамдан турган, алардын ичинен 16 миңи[22]аскер бөлгөн. Аз экенине карабай алар Римдин күлүн көккө сапырып жиберишкен! Ал кездерде германдар басып алган жерлер көпкө чейин оор жоготуу катары эсептелинип келген.

VI кылымда Рим империясын кайра калыбына келтирүү үчүн Юстиниан аракет жасайт. Ал вандалдардын жана остготтордун кополдуктарын талкалап, Испаниядагы вестготтордун шайын оодарып салат, бирок басып алууну аягына чыгаруу үчүн Константинополдун каражаты да, адам күчү да, идеясы да жетишсиз болуп чыгат. Өз үйүңө славяндар менен перстер коркунуч туудуруп жатса готтор менен кантип кармаша аласың, анын үстүнө готтордун ордуна ал кезде лангобарддар келип, алардын артында алардан да өткөн мыкаачы франктар турган эле. Ооба, франктарга куралга караганда үгүт-насыят бир топ жемиштүү таасир тийгизген, бирок интеллектуалдык кысым көрсөтүү үчүн алдыга коюлган максаттын так болушу жана миссионерлердин өз ара жардамды камсыз кылуучу ички биримдиги керек болучу. Византияда андай биримдик деги эле болгон эмес, а түгүл өлкө гностиктер менен неоплатониктерден арылгандан кийин да андай биримдик түзүлбөптүр.

Византиянын аскер башчылары остготтордон жеңип алган Италияга лангобарддардын басып кириши 568-жылы башталат. Бирок лангобарддар Италиянын бир бөлүгүн гана ээлөөгө үлгүрүшөт. Герман королдуктары мекендеп турган жерлер менен Византиянын ортосунда чек ара ушундайча түзүлөт. Герман королдуктарында рим граждандары багынган элге жана эзилген таптарга айланган.

Ошентип, элдердин Улуу көчүнүн себептерин түшүндүрүүгө мүмкүнчүлүк пайда болду: ал Византияны түзгөн христиандык коомдордун жеңишин жараткан жана Римдин күч-кубаты кайта электе, эртерээк басып кирүүгө еврейлер менен дактарды шаштырып, алардын жок болушун шарттаган пассионардык түрткүгө гана байланыштуу эле. Демек, Чыгышта пассионардык күчтөр тең чамалуу болгондуктан басып алууларга жол берилбеди, ал эми күчтөрү ар түрдүү деңгелдеги Батыштын цивилизациялуу аймактарына готтор, вандалдар, бургунддар, свевдер, аландар, лангобарддар жана франктар стихиялуу түрдө агылып кирип келишкен. Алар аз санда, бирок пассионардуу болгон, т.а. алардын ар бири өз жанынын гана камын көрбөй, өз уруусунун, үй-бүлөсүнүн, жолбашчысынын, келечектин жана атак-даңктын камын ойлошкон пассионарийлер болгон. Мурда Балтика боюндагы токойлорду жана Кара деңиздин жээк-жакаларындагы чөл-талааларды мекендешкен бул элдер Жер Ортолук деңиздин эң сонун жээктерин ээлеп алышканы менен бул жерлердин шартында жашоого жөндөмсүз болуп чыгышты. Алар өз алдынча чарба жүргүзүүгө жөндөмсүз болушкан, бирок бул жердеги бардык жакшы нерселерди ээлеп алышкан болучу. Канткен менен жергиликтүү элдин жардамысыз алардын жашоо-турмуш өткөрүшү кыйын эле. Андыктан варвардык королдуктар V—VI кылымдарда жырткыч, бирок туруктуу эмес, ар кошкондон бир кошкон бир бүтүндүктөргө айланган. Арабдар VII кылымда ландшафттары римдик цивилизациянын таасирине анча урунбаган элдердин, т.а. Атлас жана Астурия

тоолуктарынын гана каршылык көрсөтүүлөрүнө туш келишкен, бирок Африка менен Испанияны өздөрүнө оңой эле каратып алышкан. Ал кезде тоолордо табият менен шайкештикте жашаган берберлер менен баскалар гана аман калыш- кан. Оз жергесинин табияты аларды сактап калган.

Ал эми кооз виллаларды жана храмдарды куруу үчүн токойлорду кыркып жок кылган, Испаниянын жакырланган мейкин талааларына кой чарбасын өстүргөн, азыркыга дейре калыбына келбеген Атлас тоолорунун түштүк бөксөлөрүнүн күрдүү жер кыртышын сансыз жылкыларына тепсетип куруткан рим колониячыларынын укум-тукумдары түндүктөн басып кирген скандинавдардын, чыгыштан чабуул койгон аварлардын, түштүктөн келген мусулмандардын (арабдар-берберлер) аёосуз басып алууларынын мизин кайтарууга жарашкан жок. Ал байкуштар Чыгыштан жардам келеринен үмүттөрүн үзүп коюшкан. Откөн V—VII кылымдарда гректер менен вельскилер (латын тилинде сүйлөгөн адамдар, аларды волохтор деп да аташкан) бири бирин мекендештер катары санабай да калышкан. Тарыхый тагдыр же "кудуреттүү тагдыр күчү" аларды эки башка жолго салып алып жөнөгөн.

Өз ара мамилелештик

Өз ара согушта жеңишке жеткен тевтондор жана жеңилип калган вельскилер аралашып кетпей, бири бирин жек көрүп, көпкө дейре катар жашашты. Батыш Европа суперэтностон эми өз ара ыркырашып чабышкан этникалык жаңжалдардын мекенине айланды. Ээлеп алган жерлерде пайда болгон бардык варвардык королдуктар таң каларлык тездик менен талкаланып, өздөрү менен кошо Римдин маданиятын жана байыркы германдардын баатырдык кайратын кошо ала кетишти. Ал баатырдык VII кылымда жаалдануурга жана ырайымсыздыкка айланат [23]'. Этникалык аралашуулардын учурунда ичтен бузулуу процесстери жеңгендерде да, жеңилгендерде да бирдей деңгелде ыкчамдайт.

VIII кылымда Византия икона күрөшү менен алпурушуп, өзүнөн өзү
чүнчүй баштаган кыйын мезгилдерде Азия гүлдөп, VII кылымда пайда болгон мусулмандык — арабдык, табгачтык (орто кылымдагы Кытай), тибеттик-түрктүк (буларды генезиси жана территориясы боюнча бирик-тирүүгө) суперэтностор кеңейгенден кеңейип, Батыш Европа болсо катуу начарлоону башынан кечирип жаткан эле. Ал басып алуунун объектисине айланат. Арабдар Луарага дейре жете келишти, аварлар Рейнге чейин жортуп жүрүштү, славяндар Эльбанын оң жээгин ээлешип, ал эмес анын төмөнкү куймасы аркылуу аркы өйүзүнө өтүп барып туруп калышат. Римден мураска калган чарба системалары толугу менен иштен чыгып, Франциянын территориясындагы токойлор алгачкы калыбына келген [24]. Бул пассионардуулуктун өтө начарлашын кабарлайт, себеби эң эле консервативдүү дыйкандар табы жер айдоонун интенсивдүүлүгүн ачкадан өлбөөгө гана мүмкүндүк берүүчү деңгелге дейре кыскартып жиберишкен. Ал кездерде Меровингдер династиясындагы королдор да "жалкоолор" деген атка конушкан, ал эми алардын аскерий адамдары өз милдеттерин жана берилгендик салтын унутушуп, өз ара атаандашууга жана тытышууга өтүшкөн. Эки суперэтностун аралашканы эки тарапка бирдей зыян келтирген.

Алгачкы Каролингдер: Узун Пипин, Карл Мартелл жана Кодоо Пипин тартипти орнотууга бир аз аракет жасашкан. Алар арабдардын кысымын

токтотууга жетишип, рим папасы менен ынтымак келишимин түзүшөт. Алардын аракети Улуу Карлдын империясын түзүүгө мүмкүндүк берген. Бирок ал империя Улуу Карлдын небереларинин мезгилинде эле начарлап, кыйрап калат. Бул империяда бардык нерселер сырттан алынып келинип турган. Идеологияны Византиядан, билимди Ирландиядан алышкан, согуштук техниканы (рыцардык атчан аскерди) аварлардан, медицинаны испандык арабдар менен еврейлерден алып өздөштүрүшкөн. Ушулардын баары "Каролингдик кайра жаралуу" деп аталган.

Каролингдердин империясы салт болуп калган тарыхграфияда француздук династия катары каралып, болгондо да королдордун тизмеги Улуу Карлдан башталып жүрөт. Каролингдер азыркы Франциянын территориясында өз үстөмдүгүн ырайымсыз күч колдонуу менен жүргүзгөнүн көрсөтүп, окумуштуу О. Тьерри бир топ негиздүү концепцияны сунуш кылды. Өз алдынчалыгын сактоого алсыз болушкандыктан гана Бретан, Аквитания, Прованс жана Бургундия алардын бийлигине баш ийишкен. Ал эми франкондордун ата-бабалары болгон чыгыш франктар Каролингдер менен тыгыз байланышта жашашкан. Ошондуктан бул династияны жана аларды колдогон этносту — франктарды элдердин Улуу көчү мезгилиндеги герман суперэтносуна таандык деш туура. Анын чынында эле ошондой экендигин алардын согуштардагы ийгиликтери да эң сонун далилдеп турат.

Галл-римдиктердин тукумдары менен аралашып кеткен германдык жер ооп келгендердин улам төмөндөп бараткан пассионардуулугунун жалпы фонунда алганда Карл Мартеллдин, Кодоо Пипиндин жана Улуу Карлдын айланасында биригишкен кошуунчулардын тобу бир кыйла күчкө ээ болгон, анткени алардын душмандары булардан алда канча алсыз эле. Каролингдер Прованстын (737—739-жж.), Аквитаниянын (760—768-жж.), Ломбардиянын (774-ж.), Бавариянын (788-ж.), сакс уруусунун (797-ж.) көз каранды эместигин жок кылып, Барселонаны (801-ж.) арабдардан тартып алып, аварларды (802—803-жж.) жеңип чыгышат. Акыркы эки согушту албаганда алар өздөрүн өздөрү жеңди, "немистер немистерди талкалады" деп айтса болот. Ал эми Улуу Карлдын мураскерлеринин мезгилинде мындай бир да ийгиликке жетишилген эмес, тескерисинче, Дунай жана Эльба өрөөндөрүн славяндар басып алып, "испан маркасы" империядан бөлүнүп, ал эми империянын өзү болсо майда бөлүктөргө бөлүнүп тарап кетет.

Ошентип Карлдын империясын орто кылымдардагы европалык супер-этнос катары карабастан, элдердин Улуу көчүнүн аякташы деп кароо адилеттүү болор эле.

Эреже катары, системанын өсүшү өнүгүү инерциясын пайда кылат, ал инерция чөйрөнүн каршылык көрсөтүүсүнөн улам акырындык менен басаңдай берет да, натыйжада этногенездин ийри сызыгынын төмөн карай кеткен бутагы жогорулап кетүүчү бутагына караганда бир топ узун болот. А түгүл этностун жашоо ишмердүүлүгү белгилүү чектен төмөндөп кеткен учурда да, социалдык институттар өз касиетин жоготпой, кээде этнос жоголуп кеткенине карабай жашоосун уланта берет. Мисалы, античный Рим менен сыймыктуу Византия эскермеге айланып кеткендерине карабай римдик укук Батыш Европада жашап кала берген.

Этнологиялык мезгилдерге бөлүү менен социалдык-экономикалык мезгилдерге бөлүү бири бирине дегеле дал келбейт. Галлиянын территориясындагы алгачкы феодалдык мамлекеттер V—VI кылымдарда, бул бай өлкөнү бөлүп алышкан Меровинг, бургунд жана брит баскынчыларынын

мезгилинде пайда болгон. Бул француз этногенезинин башталышы феодалдык коомдук түзүлүштүн пайда болушунан төрт кылым менен бөлүнүп турат дегендикти билдирет, демек, бул процесстердин бири-бири менен эч кандай функционалдык байланышы жок. Ал турсун, бул жерде жаралган феодализм тиби боюнча айырмаланып турат[25].

Варварлардын басып киришинин натыйжасында жаралган феодализмдин беш тиби да этникалык беш регионго ылайык келет. Франктар Сена жана Марна өрөөндөрүндө "варвардык жана античный элементтерден гармониялуу бир бүтүндүктү" жараткан; Римдин мурдагы бир бөлүгү бургунддар — жергиликтүү элдин 1/3 менчигин, 1/2 чарбагын, 2/3 айдоо аянтын тартып алышып, өздөрү ариандар болгондуктан көпкө дейре жергиликтүү калк менен сиңишип кеткен эмес; вестготтор, остготтор жана арабдар бирин бири алмашышкан Прованста античный шаарлардын салттарын ушунчалык көп сактап калышкандыктан, алар Батыштык дүйнөнү эмес "Византияны элестетип турган"; ал эми вестготтор жүз жылдан азыраак (418-жылдан 507-жылга дейре) бийлик жүргүзгөн Аквитания коңшу Прованстан жана франк жерлеринен кескин айырмаланып турган. Мында Бретан өзгөчө орунга татыктуу, т.а. бриттер V кылымдын орто ченинде римдиктерден жеңип алган жана 845-жылга чейинки франктардын басып киришинен коргоп келишкен байыркы Арморикада ошондон кийин Бретан королдугу жана сепараттык Дольск архиепископтугу негизделет.

Ошентип, социалдык өнүгүүнүн өтмө катмарынан этногенез процессинин котурлары байкалып турат.

Чектен чыккан көрүнүш

Акыры биз өзүбүздү толкундаткан маселеге да жете келдик: ал — идеологиялык жана техникалык бир бүтүндүк катары эсептелген маданият менен биочөйрөнүн көрүнүшү катары саналган этностун өз ара катышы жөнүндөгү маселе. Алгачкы христиандык маданият (биз карап жаткан IV—VII кылымдарда дээрлик аныкталып, такталып калган түшүнүк) мурдагы Рим империясынын бардык территорияларын гана эмес, анын айланасындагы жерлерди да: Армениянды, жарым-жартылай Аравияны, Абиссинияны, Германияны жана Эрин жашыл аралын кошо кучагына камтып турган. Айрыкча Эрин аралынын тагдыры өзгөчө сөз кылууга татыктуу.

Христиандык салттарды келттер 482—491-жылдары Римден эмес, Сирия менен Египеттен алышкан. Кайырчы кечилдер жашыл аралга топтолуп жаңы Фиваиданы түзүшөт. Алардын мурдагылардан айырмасы үңкүрлөрдө эмес, камыш алачыктарда жашашкан. Кечилдердин чиркөөдөгүдөй опсуз иерархиясы болбогону менен эл арасында таасири өтө күчтүү эле. Рим менен аларды эч нерсе байланыштырып турган эмес. Жадегенде Пасханы да алар Юлиан календары боюнча эмес, жаз айынын белгилүү бир күнүндө майрамдашкан. Ирланддык кечилдер X кылымдын аягына чейин Батыш Европадагы эң маданияттуу христиандар болушкан жана алар өздөрүнүн Рим папасына көз каранды эместигин, бир диндештери Англиянын саксондук жана норманддык королдорунун бийлигинен өз эркиндигин кандай кыйшаюусуз сактаса так ошондой эле сактап турушкан.

Мына ошондуктан, биз таламдардын кагылышууларын маданий тарыхтын көз карашынан иликтөөдө кельттерди алгачкы христиандык, т. а. византиялык бир бүтүндүккө таандык кылып, анын кайсы бир түрү катары кароого тийишпиз.

Ушул эле бир бүтүндүккө "Каролинг кайра жаралуусун" жана вестготтук Испанияны да таандык кылууга болот. Мына ушундай мамиле маселени логикалык түрдө ырааттуу чечүү болуп саналат. Бирок ар бир тарыхчы маселени өзүнчө карап, мунун жетишсиз экенин жана канааттандырарлык түрдө чечилбегенин көрөт. Эгерде биз бул (жана башка) маданияттын эгеси адамдар экендигин, жер жүзүндө этноссуз адам жана ата мекенсиз этнос болбой турганын эске албасак мындан башкача болушу мүмкүн эмес. Ошондуктан этноссуз адам, мекенсиз этнос болбойт дегенди ландшафт менен геобиоценоздун оз ара кайталангыс жана өзгөчөлүү катнашы катары гана түшүнүү зарыл.

Биз жогоруда пассионардык түрткү Чыгыш Европа менен Жакынкы Чыгыштын Швециядан Палестинага чейинки гана тилкесин камтыганын айтканбыз. Ошону үчүн кельттер ал түрткүдөн четте калышкан, кейпи, дал ошо себептен бриттер 406—407-жылдары өздөрүн римдиктер таштап чыгып кеткенден кийин пиктер жана англосакстар менен болгон согушта жеңилип калышса керек. Бул кандуу кармашууда душмандары кельттердин бардык эркектерин кырып салышкан. Британиянын батыш аймактары гана көп мезгилге дейре каардуу душманына туруштук берип турган. Көп учурда кельттер чабуулга өтүп, анча чоң эмес жеңиштерге жетип турушкан, ал эмес континентке өтүп, отурукташып романдашып кеткен Арморикану франк королдоруна көз каранды эмес жана аларга душман болгон кельттик Бретанияга айлантып жиберишкен.

Дагы бир башка кельт уруусу — скоттор тээ рим мезгилинде эле Ирландиядан Британиянын түндүгүнө өтүп келип алышып, Римге баш ийген бриттердин жерлерине бат-бат жортуул жасашып, жүрөк үшүн алып турушкан. Алар өздөрүнүн бул күрөшүн англосакстарга жана норманддарга каршы X кылымга дейре улантышат. Кыскасы, келттер күтүлбөгөн жерден өзгөчө бир күчкө ээ болушкандай сыяктанды. Мунун себеби эмнеде? Чечмелеп көрөлү.

Уэльс, Корнуэльс, андан бетер Ирландия рим маданиятынын таасирине анча тушугушкан эмес. Алар өздөрүнүн уруулук салттарын жана басып алуу доорлорунан калган пассионардуулуктун анча-мынча корун сактап турушкан. Арийне, рим менен герман баскынчыларына Галлия менен Британиянын ийгиликтүү каршылык көрсөтүүсү үчүн пассионардуулуктун бул кору жетишсиз эле, бирок римдиктер менен германдар акыры оз пассионардуулуктарын жоготушкан учурда кельттер күчтөрдүн катышы тең салмакта болушуна жетишкен. Бирок алар Византиядан кабыл алган маданият алардын импульсун азайткан да, көбөйткөн да эмес. Анткени менен ал маданият аларга негативдүү болгону менен таасирдүү келген, бул: "Биз германдар эмеспиз, биз аларга окшошкубуз келбейт!" — деген өздөрүнүн этнопсихологиялык доминантын аныктап алууга мүмкүндүк берген. Дал ушундай карама-каршы коюунун өзү эле Уэльстин англиялыктарга 1283-жылга чейин каршылык көрсөтүп турушуна, ал эми византиялык маданий салттарынан биротоло ажырап калган Ирландияга андан да узак мезгилге чейин каршылык көрсөтүүгө себеп болгон.

Бул сунуш кылынып отурган түшүндүрүү алдын ала иштелди. Дагы бир пассионардык түрткү б.з. башталышында Атлантика океанынын жээгинде Эрин аралынан түштүктү карай Баскония, Атлас, Сахара аркылуу Гвинея булуңуна чейинки аралыкта болуп өтүшү мүмкүн. Андай болсо туарегдердин (Альморавилер), берберлердин (Альмохаддар) дүрт этип жанган активдүүлүгү жана бантулардын кеңири тарала башташы оңой эле түшүндүрүлөт. Бирок бул божомол өтө кылдат тактоолорго муктаж жана бул жерде иликтөөгө негиз боло турган гипотеза катары гана сунуш кылынып отурат.

Жаштыктын кемчилиги

Европанын жаш элдери картайып, чалдыбары чыккан Римди талкалап салышып, анын жаман жактарын жуктуруп алып, кийин анан өздөрү да жок болуп кетишкенине таң калууга болбойт. Бирок акматикалык фазага кирген этностор өзүнөн да алсыз душмандарынан жеңилип, кыйрап калышы — таң калыштуу нерсе. Сыягы, фазадан фазага өтүү мезгилдеринде этностордун жолунда коркунучтуу алааматтар төнүп жатат өңдөнбөйбү. Териси түлөп түшүп жатканда жылан кандай алсыз болсо, этнос да өзүнүн "жан дүйнөсүн алмаштыруу", т.а. жүрүш-туруш адаттарын, жашоо талаптарын өзгөртүү мезгилинде начар абалга келет.

Испан конкистадорлору Борбордук жана Түштүк Америкада байыркы цивилизацияга туш келип, аны жок кылышкан деген пикир кеңири таркап кеткен. Аны угуп, индейлерди жакшы көргөн адамдар, алардын арасында бул китептин автору да бар, ацтектер менен инктердин өз расасынын эң мыкты өкүлдөрү жана нечен кылымдык маданияттын ээси катары, алардын жок болуп кеткенине өксүп, жандары кейиген.

Кудай жалгап, кийинки мезгилдерде америкалык этногенездин айрым доорлорун тактоого мүмкүнчүлүк түзүлдү. Көрсө, Мексиканын жана Перунун индейлеринин байыркы маданияты анчалык алыс эмес мезгилдерде төмөндөй баштаптыр, бирок толук жок болуп кетиптир. Мексика булуңунда жашашкан олмектер сырттан келген тотонактарга орун бошотуп берип, VI кылымда жок болушуптур. Анауакада өз маданиятын түзгөн толтектер 720-жылга жакын ченде өз падышачылыгын негиздешкен экен, бирок андан мурда кандай болгону белгисиз? Перуда VIII— X кылымдарда инктерге чейин жашаган аймар этносунун маданияты — Мочик жана Тиауанаконун байыркы археологиялык маданияты жок болуп кеткен. Археологиялык маданияттар менен бирге этникалык түзүлүштөр да жоголгон, анткени Америкада ал кездерде болгон согуштар душманын тукум курут кыруу менен аяктап турган. Бул кырсыктар инктердин башына келген эмес, анткени алар ал кезде али жок болучу[26]. Мындагы байыркы этностор инктер менен ацтектерге, римдиктер — французлар менен испандарга жасаган мамиледей мамиле жасашкан, анткени алар римдиктерден тил маданиятынын салттарын, генофонддун бир бөлүгүн, шаарлардын калдыктарын жана билимдердин үзүндүлөрүн мурасташпады беле. Бирок алар римдиктер эмес болучу. Буларга окшоп ацтектер менен инктер да жер которушкан соң гана этносторго айланышкан.

Ошентип, IX—X кылымдарда французлар, провансалдар, испандар (Астуриядагы), немистер, ломбардиялыктар жана пьемонттуктар жаңы типтеги этносторго бириге башташкан болучу, ал эми Америкада "Элдердин улуу көчү" кийинчерээк башталган.

Эгерде уламыштарга ишенсек, анда Перунун түштүк тарабында XI кылымда гана алгачкы инктер: Манко Капак менен Мама Окльо пайда болгон, дал ошо 1068-жылга жакын ченде ацтектердин ата-бабалары Рио- Грандеден өтүшүп, башка уруулар менен бирге түштүккө жылып жөнөшкөн. XII кылымда чичимектер (сөзмө-сөз алганда "жапайылар") толтектердин калганын баш ийдирген. Ошентип толтектердин маданияты Галлия менен Испанияда рим маданияты кандай жок болуп кетсе ошондой жок болуп кеткен. XIV кылымда гана ацтектер Теночтитланды (1325-ж.) негиздешип, толтектердин маданиятынын калдыктарын кабыл алышкан. Ошол эле XIV кылымда Инка Виракоча империя түзүп, аны кийинчерээк испандар басып алышкан болучу, бирок Виракочанын

тарыхый инсан экени шек туудурат. 1437-жылы гана Инка Пачакутек инктердин татыктуу душманы чанктарды жеңип, алардын жолбашчысын өлтүрүп, бул этностун калдыгын — Амазониянын чытырман токоюна качууга, анык өлүмгө карай барууга аргасыз кылат[27]. Анан ал такка отурат да, инктердин тарыхын билген окумуштууларды өлтүрүп, жазууну үйрөнүүгө тыюу салат жана жүрүш-турушту көзөмөлдөө полициясын түзүп, муну менен инктердин цивилизациясын бекемдейт. Ал Жанна д'Арктын, Ян Густун, Петрарка жана Жоттонун замандашы болгон. Этногенезде ээлеген орду, же этностун жашы боюнча алганда Виракочаны Улуу Карлга, ал эми Пачакутекги — жапайыланган Европага "Каролингдин кайра жаралуу" мүмкүнчүлүгүн, билимдүүлүктү жана чыгармачыл ойду тартуулаган Такыбаа Людовик менен Лотарга теңесек болот.

Пачакутектен кийин такка отурган Инка Тупак Юпанки 1476-жылы Чина (түндүк Эквадор) мамлекетин баш ийдирип, индейлерди эзүүнүн катуу тартибин орнотот. Индейлерди казыналык жерлерди иштетүүгө, кышкысын Анд тоолорунда жол курууга мажбурлашкан. Мындай караганда индейлерге жан тарткан адамдар инктерди жек көрүшү керек; бул жөнү бар жек көрүү болор эле.

Ошол эле XV кылымда, Италияда Кайра жаралуу доору башталган кездерде, ацтектердин падышасы Ицкоатл (1420—1440-жж.) жана анын кеңешчиси, ойчул Тлакаэлел толтектердин маданиятын кайра жаратышат. Ицкоатл жана анын ордун ээлеген Монтесума I (1440—1468) Ана акты (түштүк Мексика) басып алышып, ал эми Тлакаэлел "гүлдөргө табынууну", т.а. алдыда болучу кыйроолордон Жерди сактап калуу үчүн адамдарды курмандыкка чалуу ырым-жырымын киргизген. Бул бирөөнү өлтүрүү үчүн гана киргизилген өлтүрүүнүн нагыз өзү болгон.

Индейлер колунан келишинче коргонушкан. Курмандыкка чалчу өспүрүмдөрдү берүүнү каалабай хуастектер менен тараскилер ацтектерди талкалап салышат. Өз цивилизациясын тануулоого келген инктердин аскерин аракуандар кууп чыгышат. Инка Тупак Юпанктын никесиз (индей күндөн туулган) уулу Атауалпты Китонун (Эквадор) айланасында жашаган урууларды жолбашчылары мыйзамдуу мураскер Инка Уаскарга каршы пайдаланышат. Көтөрүлүшчүлөр 1527-жылы жеңишке жетишип жана туткунга түшкөн инктердин бүт баарын кырып салышат. Айрыкча аялдар менен балдарды жырткычтык менен кыйнап өлтүрүшөт. Аз гана сандагы инктер аман калат. Дал ошол кайгылуу учурда испандар келишет. 1532-жылы Писарро Атауалпты туткунга түшүрүп, храмдардын байлыгын талап-тоноп, барымтага алынган каражатты өзү ээлеп алып, туткун падышаны өлтүрүп салат... ошондо индейлердин бири да кыймыл- дап койгон эмес.

Ага ким болушмак эле? Инктер үчүн ал каардуу падыша жана чыккынчы, индейлер үчүн — эзүүчү инктердин тукуму болгон. Качан гана акыркы Улуу Инка — Манко Капак индейлерди боштондук согушуна чакырганда ага аз гана сандагы индейлер келип кошулган, бирок алар Алмагронун бир нече жүз испан жоокеринен талкаланып калган (1535).

Ушундай эле жеңилдик менен азыркы Колумбия жергесиндеги муискилердин падышачылыгы да кыйратылган. Бул падышачылык чынында эле ач көз жана кыялкеч конкистадорлор жутунуп жетпей жүргөн "Эльдорадо" болучу. 1536-жылы Гонсало Кесадага оңдой берди болуп, муискилер анча катуу каршылык көрсөтө алышпай жеңилип беришет. Көрсө, бул да бир кыйла жаңы этнос экен, анткени түндүк Анддын байыркы маданияттары, болгону б.з. II кылымында эле жоголуптур. Түндүк тараптан басып кирген уруулар

жергиликтүү элди тукум курут кылышкан[28]. Испан баскынчылары бул өлкөдөн бийлик ээлери өз букараларын өтө катуу кордошконун көрүшкөн, кийинчерээк баскынчы испандар мындай кордук көрсөтүүнүн жарымын да иштешкен эмес. Мисалы, бийик даражалуу муиск мырзаны тике карап койгон адамды алар уулуу жыландардын уюгу болгон жер астындагы көлгө таштап жиберишкен. Ал байкуш жыландардын бири чагып өлтүргүчө сууда сүзүп азап чеккен. Ал эми чоңдорго өтүнүч менен келген адам тетири карап жерге отуруп, башын эки тизесинин ортосуна жашырып, анан гана өтүнүчүн билдирүүгө укуктуу болгон. Индейлердин өз бийлик ээлерин колдобогону алардын ушундай кылык-жоруктары менен оңой эле түшүндүрүлөт.

А бирок түштүктүк араукандар ушунчалык кайраттуулукту көрсөтүшкөндүктөн 1553-жылы конкистадор Педро Вальдивия алардын колунан жеңилип, анын бүт кошууну кырылып салынат. 1598-жылы араукандар испандарды Биобиодон ары кууп салышат, кийин 1744-жылы Испания Арауканияны көз каранды эмес өлкө катары таанып, алардын элчисин Сантьяго-де-Чилиде кабыл алат. Бирок араукандар "цивилизациялуу" эл болушкан эмес. Алар байыркы салттарын сакташкан. Бул аларга XIII кылымдагы пассионардык түрткү да, Америкадагы XII кылымдагы "Элдердин улуу көчү" да таасир этпегенин билдирет. Анткени этнос өзүнүн этногенезинин алгачкы фазасында кандай начар болсо анын акыркы фазасында да начар болот.

Кортес да 1521-жылы испандык миң жоокери менен куаутемоколук баатыр ацтектердин 30 миң жоокерин жеңип чыккан, анткени мурдараак Тласкалдан келген тотонактар менен чичимектер ацтектердин үстөмдүгүн жок кылуу үчүн 50 миң аскерин согуш майданына чыгарган. Индейлер испандарга жан тартышкан, анткени алар испандарды өздөрүнө тең келчү уруу деп ойлошкон. Мүмкүн алар жаңылып калышкандыр, анткени Америкага испандар ала келген инквизиция жакшы сөзгө татыбаган мекеме болучу. Канткен менен анын сотуна кабылбоого мүмкүнчүлүк бар эле, анткени инквизиция, идея боюнча, кол салуу үчүн эмес, коргонуу үчүн түзүлгөн.

Түшүндүрөйүн. Түрктөр 1529-жылы Алжирди ээлеп алышат. Испаниянын жээктери мусулмандардын кирип келиши үчүн ачык турган, ошол эле учурда ушундай мүмкүнчүлүктөрдүн берилишин каалаган көптөгөн морискилер менен еврейлер өлкөнүн ичкери тараптарында жашап турушкан эле. Дини бөлөктөрдүн ниети таза экендиктеринен акыйкат күмөн санаган Испан өкмөтү алардын аскерий жана өкмөттүк кызматтарды ээлөөсүнө тыюу салганы менен алардын чокунушуна тыюу сала алган эмес. Чокунган мавр же еврей кызмат абалы боюнча көтөрүлүүгө, испандар менен бирдей укукка ээ болушкан, андыктан алардын көпчүлүгү эки жүздүүлүк менен чокунушканы менен үйлөрүндө өзүлөрүнүн эски диний ырым-жырымдарын колдонууну уланта беришкен. Инквизиция дал мына ушундайлардын бетин ачып, динден баш тартканы үчүн жазалап турган. Демек, трибуналда жазаланбаш үчүн жөн гана католицизмди кабыл албай коюу жетиштүү болгон.

Инквизиция Америкада курмандык чалууну жана айрыкча, бала өлтүрүүнү катуу жазалап турган. Албетте, бул индейлердин диний ишенимине каршы зордук эле, бирок балдардын тагдыры аянычтуу болуп жатпайбы. Курмандык чалуудан баш тарткан индейлер өз өмүрү үчүн коркпой бейпил жашоого мүмкүнчүлүк алган. Бирок ацтектерден сактануу кыйын болгон. Анткени алар колго түшкөн ар бир туткунду теокаллиге жетелеп, курмандыкка чалып турушкан. Анан да ал туткун акылдуу, кайраттуу жана сымбаттуу болсо

курмандыкка чалынуу мүмкүнчүлүгү ошончолук чоң болгон. Мына ушундай шарттардан улам испандар Америкада 300 жыл бою бекем тура алышкан.

Эгерде биз Америка менен Европанын тарыхын сунуш кылынган диахроникалык көз караштан карай турган болсок, анда биз Америкада да элдердин өзүнчө "Улуу көчү" жана "античный маданияттын" кыйрашы болгонун көрөбүз, бирок этногенездин дүрт этип жаны башталышына себеп болгон пассионардык түртү бул жакта 500 жыл кийинчерээк, XIII кылымда болгон. Өздөрүнүн империяларын түзүүдө ацтектер менен инктер жергиликтүү элдер үчүн, кельттерге — англосакстар, галл-римдиктерге-франктар кандай баскынчылар болсо дал ошолордой эле баскынчылар болуп эсептелишкен. Демек, XVI кылымдын башталышында ацтектер менен инктер, X кылымда французлар, испандар жана италиялыктар баштарынан кечирген кураста жашап турушкан болот. Бул Римден мураска калган европалык маданияттын дезинтеграция болуу жана сырткы соккуларга каршылык көрсөтүүнүн начарлоо доору болгон эмеспи! Венгрлер, берберлер, скандинавдар Каролинг империясы менен англосаксондук королдуктарды кандай талоонго түшүрсө, XVI кылымда испандар менен португалдар да өздөрүнүн келечектеги колонияларын так ошондой эле талоонго түшүргөн. Кейпи, ацтектер менен инктер өздөрүнүн өсүп-өнүгүүсүнүн чечүүчү учурунда басып алууга тушугушуп, сырттан келген тоскоолдуктан улам жогорулоонун динамикалык фазасынан гүлдөөнүн акматикалык фазасына өтө албай калышкан (4-таблицаны карагыла).

Ошондуктан испандар туруктуу фазадагы урууларга туш келишери менен талкаланып, коргонууга өтүүгө мажбур болушкан. Ал эмес команчи уруусу XVIII кылымда испандарды Рио-Гранденин ары жагына өткөрө сүрүп салышып, семинолдор болсо испандар өздөштүрүүгө үлгүргөн Флориданы ээлеп алышкан. Мексика менен Анд тоолорунда испандар менен индейлердин аргындашуусу бул эки компоненттин жогорку пассионардык чыңалуусунун учурунда ушунчалык ургаалдуу жүргөндүктөн эки улуттун аралашуусунан жаңы этностор пайда болот. Алар 1810-1822- жылдарда өздөрүнүн көз каранды эместигине жетишишет. Испан колонияларынын ордуна Анти-Испания пайда болот. Ал өткөндө конкистадорлордун колунан келбеген ишти — Юкатандагы, Чилидеги, Патагониядагы жана Оттуу Жердеги индей этносторун баш ийдирүүнү ишке ашырат. Ошентип үзгүлтүккө учураган процесс XVI кылымдан мурда токтоп калган жеринде кайрадан башталган. Түндүк Америкадагы индей суперэтносторунун ордуна Европа менен Африкадан келген этностордун карым-катнаштарынын зонасы түзүлөт.

Түндүк Америкада салыштырмалуу алганда байыркы, гомеостазга кайтып келген этностор жашаган. Алардын ичинен европалыктар келердин алдында Улуу Көлдөрдүн аймагына түндүктөн келишкен ирокездер[29] жана Кордильер тоо этектеринде жашашкан атапаскалар гана жаңы этностор болгон. Ушул эки этнос гана этногенездик жарылуунун жемиши жана Америкадагы "Элдердин улуу көчүнүн" катышуучулары болушкан. XII кылымга жакын ченде атапаскалардын бир бөлүгү эскимосторду тундрага сүрүп, экинчи бөлүгү түштүккө, Аризонго таралат. Бирок алар түштүктө зор мамлекетти түзө алышкан эмес, себеби прериянын кеңири мейкиндиктерин жөө-жалаң аңчылардын өздөштүрүшү мүмкүн эмес эле. Атапаскалар да өздөрүнүн чыгыштагы коңшулары команчи уруусуна окшоп дарыя жээктериндеги өрөөндөргө баш калкалашкан, ал жерде азык-түлүк аз болуп, калк да өспөй токтоп калган. Бирок испандардын жылкылары прерияга качып келишип, мустангалардын үйүрлөрүнө айланган

кезде чөл-талааларды мекендеген индейлер жылкы багып-өстүрүүнү өздөштүрүп алышып, ушундан улам навахтар менен апач урууларынын бүткүл дүйнөгө атагы чыгат.

Бирок кеч болуп калган эле. Колониячылардын тукумдары, скваттерлер, трапперлер жана ковбойлор Жаңы Дүйнөнүн шартына ылайыкташууга үлгүрүшүп, индейлерди сан жагынан жана техника менен "басып салышат". Үзүлүп калган этногенездин дагы бир мисалы мына ушул болгон, бирок түштүктөгү варианттан айырмаланып, бул жолу этногенез кайра жаңырган эмес. Испандар расачы болушкан эмес, аралаш никелер аларды кыжалат кылган эмес. Ал эми англосакстар, айрыкча аялдар "скво күйөөлөрдү" үйгө жолотпой, жамааттан кууп чыгышкан, ал эми алардын эркектери "Жакшы индей — бул өлгөн индей" деген эрежени колдонушкан. Түндүк индейлердин кайгылуу тагдыры XIX кылымдын 70-жылдарында "индей согушу" деп аталган кызыл-кыргын менен тамам болот. Ошондон кийин АКШда индей этностору калдык катары гана сакталып калган.

Кайрылып келген жаш курак

Жеңилбес колониячыл өңдөнүп көрүнгөн убактарында Испания тыюу билбей, Түштүк Америка менен Мексикада колонияларды биринен сала экинчисин ээлей берген. Бирок Наполеон 1808-жылы Байонндо королдун үй-бүлөсүн камакка алып, Мадридде өзүнүн бир тууганы Жозефти такка отургузган соң, өздөрүнүн салттарын жана ата мекенинин көз каранды эместигин коргогон испандарга каршы согуш ачкан мезгилде колониялар бөлүнүп кете баштайт. 1810-жылдан 1821 —1822-жылдарга чейин Испания көтөрүлүшчүлөрдү басып тынчытууга аракеттенет, бирок анысы оңунан чыккан эмес. Колониялык тартипти айрым индей уруулары гана колдоп чыгышкан, анткени алар козголоңго чыккан креолдорду алыста жашаган испандарга караганда көбүрөөк жек көрүшкөн. Мексикадагы окуяларга көңүл төшөсөк туура болчудай, себеби басып алуулардан улам жылышып кеткен этногенез процессин кайра калыбына келтирүү бул жерде бир топ көрүнүктүү мүнөзгө ээ болгон.

XVI кылымда испандар менен индейлер ыкчам аргындашып кеткендиктен Мексикада испан этносунун локалдык түрү жаралчудай өңдөнгөн, бирок тетирисинче болуп чыкты: XVIII кылымдын акырында этникалык эки топтун ордуна бирин бири жек көргөн төрт топ пайда болот. Муну туура эмес башкаруунун натыйжасы деп болжолдогондор бар, бирок мындайча бөлүнүүнүн себеби тереңде жатат — карым-катнаш суперэтникалык деңгелде жүргөндүктөн натыйжа да көбүн эсе ушуга байланыштуу болгону байкалып турат.

Бардык жогорку кызматтарды жана сооданы колдоруна топтогон социалдык жогорку катмарды эл арасында "гачупин" — текөөрдүү өтүкчөн адамдар[30] деген

4-таблица. **VII—XVI кылымдардагы Батыш Европада жана Америкада болгон этногенез фазалары**

Кылымдар	Анауак	Анддар	Түндүк-чыгыш Америка	Европа
VII	Олмектердин ордуна келген тотонактар			Европада Элдердин улуу көчүнүн аякташы
VIIII	Толландагы толтектердин алгачкы падышасы (720-ж. жакын чен)	Мочик маданияты жок болуп кетет	Эскимостордун Түштүкко жана Чыгышка тарашы	Арабдар Аквитанияда Аварлар Паннонияда Лопарлар Скандинавияда. Кельттер Бретанияда Дээрлик кыйроо!
IX	Тилатонгодогу миштектердин алгачкы династиясы (838)			Карлдын империясы (800—809) Этнотерриториялык революция Викингдердин жортуулдары
X	Кецалькоатлдын Юкатанга качышы (947), Майяпанды негиздейт жана майяларда адамды курмандыкка чалууну киргизет.	Аймарлардын инктерге чейинки маданиятынын кыйрап жок болушу	Норманндар Винляндга жете келишет	Феодалдык революция. Этникалык королдуктардын түзүлүшү. Каролингдердин империясынын кулашы
XI	"Майя ренессансынын" башталышы Ацтектер түштүкко жоношот (1068). Кулуа толтектерди баш ийдирет. Хуастектер Мексика булунуна келишет	Алгачкы инктер: Манко Капак жана Мамо Окльо	Атапаскилер эскимосторго каршы	"Христиан дүйнөсүнүн" коңшуларды жениши
XII	Чичимектер толтектерди талкалашат. Майяпандык Хунак Кеел Чичен-Ицени каратып, Юкатанды бириктирет (1194)	Чимулар салдарга түшүп сүзүп келишип, Перуда мамлекет негиздешет. Чинчелер Перуга кирип келишет. Инка Синча Рока аймар уруусуна кол салат	Атапаскилер Аризонго кирип келишет	Басып алуулар: Крестүлөрдүн жүрүшторү Реконкиста
XIII	"Ицнин адамдары" Майя-панды каратып алышып, "ботон жердиктерди тоолордон" кууп жиберишет (1204—1244). Ацтектер кулуакандар тарабынан багындырылат. Кокомдордун Майяпандагы үстөмдүгү	Инктер аймар, колья, кечуа жана чанк урууларын багынтып алат	Эскимостор Гренландияда норманндар менен кезигишет	Андалусияны жеңип алуу
XIV	Теночтитланды негиздоо (1325). Чичимектер маданиятты кабыл алышат. Тепанектердин коколошу. Майя "киши жегичтердин" мизин кайтарат	Тауантинсуйуну түзүү	Эскимостор норманндарды жеңип алышат	Королдордун феодалдар менен айыгышкан согуштары. Жүз жылдык согуш Испанияга көчүрүлөт.
XV	Ицкоталь (1428—1440) тепанектерди жеңет. Тлакаэлель "түлдорго" табынуу салтын киргизет. Ах Шупан Майяпанды талкалайт (1441). Монтесума I Анауакты басып алат (1440—1468). Хуастектер менен тараскилер ацтектерди талкалайт	Инка Пачакутек чанктарды талкалайт (1437), бийликти тартып алып, падышаны жана окумуштууларды өлүм жазасына тартат. Инка Тупак Юнанки Чиманы баш ийдирет (1476)	Эскимостор Гренландияны ээлеп алышат. Ирокездердин биримдиги түзүлөт	Испаниянын биригиши. Американын ачылышы

атка конушкан испаниялыктар түзүшкөн. Алардын саны аз болгонуна карабай элге жек көрүндү абалда турушкан. Анткени менен гачупиндер дин өкүлдөрүн жана аскер күчтөрүн өз колунда бекем кармагандыктан, бул алардын артыкчылык укуктарын ишенимдүү коргоп турган.

Гачупиндерден социалдык бир тепкич төмөнүрөөктө креолдор турушту (1 млн. жакын адам), алар көбүнесе индейлердин каны аралашкан

конкистадорлордун тукуму болгон. Алар өтө бай асьендаларында индейлерди иштеткен жер ээлери эле. Креолдор керолго жана чиркөөгө берилгендигин сактап, гачупин-бюрократтарды жек көрүп, шаан-шөкөттүү жашап турушкан.

Анан эле XIX кылымдын башталышында креолдордун арасында жаны жай албай, ашып-ташыган күчүн кайда пайдаланарын билбей онду-солду урунган пассионардуу адамдар пайда боло баштайт. Алар француз адабиятын кызыгып окушуп, алдыларына белгилүү бир максат коюшкан, бирок ал максат алардын көпчүлүгүн кайгылуу өлүмгө алып келген.

3 же 4 млн. индейлер же асьендаларда пеон (мардикер), же кен казуучу жумушчу болуп жүрүштү, же касиктердин (жолбашчы) көзөмөлүндө өз кыштактарында тиричилик өткөрүп турушкан. XVI кылымда алардын абалы оңолду, анткени испандык чиновниктердин талабы ацтектердикинен жеңилирээк болгон жана да балдарды Унцилопотчлге курмандыкка чалууга берүү кайгысы да жок болгон. Бирок XVII—XVIII кылымдарда креол-жер ээлери индей урууларынын жерлерин тартып алууга тап бере башташат, ал эми гачупин-чиновниктер акчага сатылып, индейлердин укугун анча коргошкон эмес[31]. Кечилдер көптөгөн индейлерди католик динине өткөрүшкөн, бирок алар бул динди үстүртөн гана кабыл алышкандыктан мурдагыдай эле өз үрп-адаттарын сактап, идолдорго сыйынып жүрө беришкен. Ал эми мектептерде индейлердин балдары испандарга караганда көбүрөөк жөндөмдүү экендиктерин көрсөтүшүп, кийинчерээк ацтектердин тукумдары мугалимдик кесипте иштешип, конкистадорлордун тукумдарына латын тилинен жана католик дин илиминен сабак беришет[32].

Баарынан да XVI кылымдагы аргындашуунун натыйжасында жарыкка келген 2 млн. метис эң начар турмушта жашаган. Маданияттын өнүгүшүнө байланыштуу креолдор аларды өз чөйрөсүнөн чыгарып салышат, ал эми гачупиндер алар индейлерди көтөрүлүшкө козутат деп коркуп, индейлердин арасында жашоосуна тыюу салган. Метистер эми оор жумуш жасоо же каракчылык менен күн көрүп калышат, бирок алардын каракчылыгына каршы өзгөчө полиция түзүлүп, аларды кармалган жеринде сотсуз эле өлтүрүп салышкан[33]. Ага карабай алардын саны да, пассионардык чыңалуусу да бирдей өсө берет, анткени метистердин канында конкистадорлор менен ацтектердин гендери бар эле. Ошондуктан алар тукум курут болуп кетпей, тетирисинче, өнүгүүгө зор мүмкүнчүлүгү бар өзгөчө субэтникалык топту түзөт.

Ошентип, XVI кылымда Ф. Кортестин басып алуусу менен үзгүлтүккө учураган Мексиканын этногенезинин жогорулоо фазасы XIX кылымдын башталышында кайра ордуна келет.

1808-жылы бирин бири жек көрүшкөн бардык ушул этникалык топтор бири-бири менен жана гачупиндер менен кармашууга өтүшөт. Алар бир гана нерседе бир пикирге келишип, өздөрүн америкалыкпыз деп эсептешкен, ал эми калган маселелерде ынтымакка келе алышкан эмес. Ошондуктан 1810—1817-жылдарда чыккан дин өкүлдөрү Идалга менен Морелос жетектеген индейлердин алгачкы көтөрүлүшүн метис жана мулат жоокерлерден турган аскерлер креол офицерлердин жетекчилиги астында басып салышкан. Андан коп өтпөй эле 1821-жылы көз каранды эместик үчүн күрөшкөндөрдүн тарабына индейлер менен кандаш креол, полковник Итурбиде кошулуп, алар испан аскерлерин Мексикадан сүрүп чыгышат. Гачупиндер бийликтен кетип, эми алардын ордун Итурбиде таандык болгон мексикалык консерваторлор ээлешет.

Күчтөрдүн андан аркы жайгашышы төмөндөгүчө болгон. Консерваторлор дин өкүлдөрүнө жана армияга таянган; алар негизинен креолдор жана испандардын тукуму эле. Ортозаар либералдар — креолдор өз жер ээликтерин сактап калуу менен либералдык парламенттик республика түзүлүшүн көздөшкөн; ашынган либералдар — метистер чиркөө менен аскерге каршы турушкан; индейлер ак жуумал адамдардын кетишин жана өздөрүнчө жашоону каалашат. Ошондон баштап төңкөрүштөр, граждандык согуштар 1920-жылга дейре уланып, акырында метистердин жеңиши менен аяктайт. Метистер индейлердин касикизм деп аталган социалдык түзүлүшүн кабыл алышат. Мында индейлер этнос катары жеңишке жетише алмак эмес, анткени алар бир бүтүндүктү түзгөн эмес. Иш жүзүндө ар бир уруу өзүнчө этносту түзгөн. Ошону үчүн индейлик пассионарийлер, мисалы, сапотек уруусунан чыккан билимдүү инсан Хуарес, метистерге — ашынган либералдарга кошулуп кетип, французлардын туруктуу армиясын жеңип чыгат.

Өз мамлекетинде тартип орното албаган Мексиканы америкалык элчилер шылдыңдап күлүшкөн. Бирок акматикалык фазанын акыркы чектеринде алардын ата-бабалары да Ак жана Кызыл розалардын согушун баштарынан кечиргенин эстеп коюшпады. Мексика болсо бул фазага үч кылым кечирээк туш келди.

Пассионардык чыңалуунун "ашып-ташып" кетиши, адатта, искусствонун көптөгөн баалуу эстеликтери менен маданияттын айрым элементтерин орду-түбү менен жок кылып жиберет. Мексика да мындан четте калган жок. Укмуштай кооз айкелдер менен храмдар европалык Орто кылымдардагы ырайымсыздыктан да катуурак өткөн пронунсиаменто мезгилинде кыйратылып жок кылынган. Метистер бардык европалык нерселерге, анын ичинде католицизмге да душмандык мамиле жасашкан. Индейлер кудайга ишенишкен, бирок аларга дин кызматчылары эмес, чиркөөлөр керек болучу. Храмдарга алар өз майрамдарын өткөрүү үчүн келишип, ыйыктардын айкелдерин гүл чампарлар менен кооздошуп, аларга өздөрүнүн байыркы идолдоруна сыйынгандай сыйынышып, анын алдында табынуу бийин бийлешкен. Диний кызматчыларды креолдор колдоп чыгышып, алар 1926—1927-жылдары атайын "кристерос" деп аталган кошуундарын түзүшкөн. Козголоң өтө катаалдык менен басылып, күнөөсүз дыйкандар башкаларга караганда көбүрөөк жабыр тартышкан.

Ошентип, Мексиканы испандардын басып алуусу бул жерде жашаган этностордун материалдык маданиятынын элементтерине жана идеологиясына зор таасир тийгизген (темирди колдонуу; жылкы, кой, уй, чочко, жүзүм, оливка дарактарынын пайда болушу менен жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн өзгөрүшү; католицизм ж.у.с.). Бирок этногенездин багыты оз нугуна кайра келет. Андыктан испан бийлигинин үч жүз жылдык мезгилин этногенездин ийри сызыгынын ийри-буйру болуп турган мезгили катары кароо туура болор эле. Мындан ары кандай болорун айтуу кыйын, себеби Латын Америкасынын этногенезинин акматикалык фазасы али аягына чыга элек, ал эми алдын ала болжолдоолорду көрүнүштүн жалпы мыйзам ченемдүүлүгү аныкталганда гана айтууга болот.

XXXIII. ЧҮНЧҮҮ ФАЗАСЫ

Пассионардык чүнчүү

Этникалык системанын пассионардык чыңалуусунун ашып-ташышы ага анча пайдасыз экендигин биз Византиянын мисалынан көрдүк, бирок пассионардуулуктун жок болуп кетиши ал үчүн андан бетер кайгылуу. Рим империясын кайра калыбына келтирүү аракети ишке ашпай калгандыгы VII кылымда ачык болду. Юстиниан өз элинин күчүн өтө ашкере баалап, чыгыштагы душмандын күчүн анча баалаган эмес. Баалаган эмес деп күнөөлөө да кыйын, анткени ал Персияны Византиянын бирден бир олуттуу душманы деп ойлогон. Ал эми Персия болсо увазир Маздактын (588—529-жж.) реформасы жана анын залалдарын жоюу жана да өлкөнүн аскерлеринин мыкты бөлүгүн талкалаган Бахрам Чубиндин (590—591) көтөрүлүшү менен алсызданып калган эле. Ошентсе да 604— 628 жылдарда өткөн согушта Византия өтө кыйынчылык менен, Хазарияга таянган түрктөрдүн жардамы менен араң жеңип чыккан.

Бул согушта Византия да, Иран да алсырап калган болучу, ошондуктан Аравия жарым аралында жашаган байыркы уруулардын калдыктарынан түзүлгөн араб-мусулман жаңы этносунун чыга келиши гректер үчүн да, перстер үчүн да кайгылуу болуп бүткөн. Ирак баш оту менен багындырылып, ийне-жибине дейре каракталат. Византия Сириядан, Египеттен, Карфагенден, Киликия түздүктөрүнөн кол жууп, акыры, араң дегенде 718-жылы гана арабдарды Константинополь чебине жакын жерде талкалашат. Андан кийин Кичи Азиянын территориясында жүргөн согуштар өз ара каракчылык жортуулдарына айланып кеткен.

Византия Балкан жарым аралында да жоготууга учураган. Хазарлардан куугунтук жеген болгарлар 679-жылы Дунайды кечип өтүшүп, Дунай менен Балкандын ортосунда жаткан өлкөнү ээлеп алышат. Чыгыш Рим империясы грек падышачылыгына айланып тынат, ал эми бул падышачылыктын дүйнөлүк күчтүн топтолгон жеринен эми түштүктөн арабдар, чыгыштан аварлар жана түндүктөн скандинавиялык викингдер талап-тоноп туруунун объектисине айланып, жапайыланган Батыш Европа менен иши да болгон эмес. Ал эми пассионардуулук жок болуп турганда бардык ушул чабуулдардын мизин кайтаруу өтө кыйын болгон. Ошондой болсо да Византиянын күчү дагы эле зор болгондуктан константинополдук бийлик жогоруда айтылган жерлерди жоготконуна карабай, Балкан жарым аралындагы славяндарды өзүнө баш ийдирип (689-ж.), 718- жылы борбор шаардын сепилинин алдында арабдардын чабуулунун мизин кайтарууга жетишет. Эми мусулмандар менен согушуу демилгесин согушчан исаврлар өз колуна алат. Кантсе да алар гректерден бир төп айырмаланып турушкан. Бирок VIII кылымда исавр династиясынын императорлорунун иконага каршы күрөшү аркылуу византиялык этнос чүнчүүнүн катаал фазасына киргенде, мурда пассионардуулуктун деңгели төмөн болуп турганда анча сезилбей келген этномаданий айырмачылыктар күчөп кеткен болучу.

Бул мезгил анын алдында эле болуп өткөн акматикалык фазага салыштырмалуу деги эле теңирден тескери көрүнүштөй сезилет. Акматикалык фаза учурунда бардык региондордо жогорулаган пассионардуулук Империянын алтын тоголуу чектерин кыйратып, Сирияны, Египетти, Африка менен Армениянды омейа халифтеринин колуна салып берген, ал эми Италия лангобард

королдорунун таман астында калган. Ал кезде бөлүнүүлөр да табигый мүнөздө болуп өткөн: ариандар, мөнөфизиттер, несториандар "Биз силердей түркөй эмеспиз, анткени биз Ыйык Китепти жакшы түшүнөбүз" дешкен. Халкедондуктар да аларга ушундай эле жооп кайтарышкан, натыйжада конфессиялык декларациялардын этнопсихологиялык өзгөрүүлөрү менен бирге этникалык системанын бир бүтүндүгү бузулат. Мындайча урушуп-талашып, анан таркап кетүү негизинен алганда табигый көрүнүш болор эле, бирок иконага каршы күрөштүн жүрүшүндө баары теңирден тескери болуп, үрөй учурган катаал абал түзүлгөн.

Чындыгында арсыз мусулмандар менен бутпарас-болгарларды жеңип алган православиелик падыша күндөрдүн бир күнүндө искусстводон эмоционалдык стихияны жана философиядан кызыл кулактыкты бөлүп салуу керек деген шылтоо менен диний искусствого тыюу салат, ал аз келгенсип, бийлигин пайдаланып өз кызматын мыкты билген монахтарды андай кыл, мындай кыл деп үйрөтүп кирет. Аны кимдер колдоп чыкты дебейсиңерби? — баарына макул болуп, кошомат кылганга көнгөн аскерий адамдар, даражалуу кызматтагы ак сөөктөр жана диний кызматкерлер колдогон. Муну ересчилик дебеген күндө да, жийиркеничтүү кылык-жорук деп айтууга толук болот.

Иконага каршы күрөштү саясий, экономикалык жана идеологиялык көз караштан тарыхый талдап чыгууну биз атайылап калтырып отурабыз. Булар жөнүндө өтө эле көп жазылды, бирок этнолог үчүн маанилүү болгон нерселер көмүскөдө калган. Андыктан исавр жоокер эмне үчүн Кудайдын энесинин сүрөтүн кылычтап салганын, аны көрүп калган грек аялдар ал жоокерди таш бараңга алып, токмоктоп салганын түшүнүү кыйын. Муну императорлор менен патриархтар да түшүндүрө албайт. Ырасында эле жоокерлер да, аялдар да сабатсыз, теология менен саясаттан дегеле кабары жок адамдар болушкан, ошол учурда алар мындай татаал маселе жөнүндө ойлоп да коюшкан эмес.

Бул доордо болгон окуялардын мүнөзүн так түшүндүрүүнүн жөнөкөй жана туура жолу бар; иконага каршы күрөш — кичи азиялык, иконага сыйынуу — эллиндик көрүнүш болгон. Азиялык адам үчүн икона храмды кооздоп турган сүрөт гана болгон, ал эми храм көзгө көрүнбөгөн абстракция катарындагы Акыйкатка өзүнүн руханий туюм-сезимин жеткирүүгө аракеттенүүчү жай болгон. Ал эми грек үчүн икона тиги дүйнөгө жол ачуучу каалга болгон. Иконада тартылган нерсе парда да эмес, бет да эмес, ал ажар; дал ошондуктан руханий өркүндөө эстетикалык кабыл алуулар менен байланыштуу болот да, ал өркүндөө аркылуу акыйкат ачылат.

Византияда VIII кылымда пассионардык чыңалуунун деңгели чүнчүү фазасына дейре төмөндөгөн. Мунун натыйжасында анчалык маанилүү эмес макул эместиктер кан төгүлгөн согуштарды жаратып турган. Алардан эч ким пайда тапкан да эмес. ВизанТиядан Италия бөлүнүп кетти, натыйжада 751-жылы лангобардцар Равеннаны каратып алышат, 756-жылы папалык граждандык мамлекет түзүлөт. Ал эми император Константин Копроним кол алдынан бөлүнүп кеткен бул аймакта тартипти кайра калыбына келтирүүнүн ордуна өз үйүндө сүрөт искусствосунун коргоору жок күйөрмандарын талкалап кирет.

787-жылы Никейдеги Жетинчи Собор элди убактылуу болсо да тынчтандырды, бирок дүрбөлөңдүү кымгууттардын мезгилинде болгарлар Дунайда бекем орношуп алууга жетишет. Азияда гана айтарлык ийгиликтер жаралды, анткени арабдык-мусулмандык суперэтносту бириктирген Халифатта абал мындан да начар эле. Аббасилердин мезгилинде Халифат майда бөлүктөргө

ажырайт, болгондо да Византиядагыга окшоп конфессиялык формадагы этникалык принцип чечүүчү роль ойнойт. Халифат Византиядан мурдараак бытырап жок болгон. Византия болсо этногенездин кийинки, инерциялык фазасында саясий жана экономикалык жактан тыңып алууга жетишет, бул болсо ага Халифатка караганда бир топ узагыраак жашоого мүмкүндүк берген. Эми жыйынтык чыгаралы.

Этногенездин алгачкы эки фазасында этникалык система сырттан болучу таасирлерди тоотпойт, ал эми пассионардык чыңалуунун өсүшү аны резистенттүү кылат. Бирок ушул алгачкы фазаларда да этностун ичинде пассионардуулугу менен инстинкти тең салмактуу келген, гармониялуу адамдар сан жагынан басымдуулук кылат. Андай адамдар олуттуу адамдар болот. Алар өз чөйрөсүндө субпассионарийлер тартип буза баштаганда ага жол бербей түрмөлөргө отургузуп, сүргүнгө айдайт ж.у.с. Муну менен алар укумдан-тукумга өтүп туруучу этникалык жүрүм-турум көнүмүштөрүн жана адат-салтты бекем сактап турушат.

Мында пассионарийлер менен иш бир кыйла кыйыныраак болот, анткени алар керек жана да алар өздөрүн өздөрү коргой алышат. Ошондуктан алар бирин бири жок кылуу укугуна ээ болушат жана аны өтө кеңири пайдаланышат. Кантсе да системанын ичинде пассионарийлердин болушу аны ийкемдүү кылып, сырттан болучу таасирлерге каршылык көрсөтүүсүн күчөтөт, анткени пассионарийлер ар кандай татаал кырдаалдардан чыгууга жол табууга жөндөмдүү келишет. Андыктан этностун ичинде субпассионардуу жана пассионардуу адамдардын ара катышы белгилүү бир деңгелде турган учурларда — система күчкө ээ болот. Бирок фазалардын алмашуу учурунда бул байланыш бузула түшөт да, система сырттан болчу соккуларга туруштук бере албай калат. Мындай учурда этнос ичтен да бөлүнүп, жеңил гана жок болуп кетет.

Так ушундай бөлүнүү араб суперэтносунун түбүнө жеткен. Халифатка кошулган аймактар араб баскынчыларынан пассионардуулуктун угутун өздөрүнө жуктуруп алышкан соң Багдаддан бөлүнө башташат. Кээде андай көтөрүлүштөр зор аскерий күч жумшалып басылып турган. Айталы, 762-жылы Орто Азиядагы Муканнанын талкаланышы көп адамдардын курман болушуна алып келген. Бирок көп учурларда көтөрүлүшчүлөр өз максаттарына жетип турушкан. 789-жылы Марокко, 820-жылы Хорасан, 867-жылы Сеистан бөлүнүп кеткен. Андан эки жыл кийин араб жетектеген зинж-кулдардын үрөй учурган көтөрүлүшү чыгат. 872-жылы Иен Тулуп өзүн Египеттин эгемен башкаруучусумун деп жарыялайт, ал эми 877-жылы Бахрейнде карматар, 903—909-жылдары Тунисте Фатимиддер чабуулга өтүшөт. Пассионардык чыңалуу саясий-системанын алкагын бузуп чыгып, жарым кылым ичинде экономикалык жактан гүлдөгөн жана маданий жактан өнүккөн, мыйзамдуулук сакталган мамлекет этностордун же этнос болууга умтулган консорциялардын өз ара күрөштөрүнө чулганып, кыйрап кеткен.

Кан көп төгүлүп алсыраган арабдар өз өлкөсүндө да гегемондугун жоготуп коюшкан. Африкада демилгени туарегдер менен берберлер, Иранда ошол мезгилге чейин саясатка аралашпай, четте турушкан тоолук уруу — дейлемилер колдоруна алышат. Орто Азияда тажиктер үстөмдүк кылып, узакка созулган күрөштөн кийин түрктөр менен түркмөндөргө жол бошотуп беришет. Мусулман суперэтносунун эбегейсиз зор күчү өз системасынын ичине сиңип жок болуп кетет. Арабдар өздөрү себепчи болгон этногенез процесси алар жараткан этносту талкалап жок кылды. Бирок бул кыйроодон кийин коңшу этностор узак мезгил

бою кабыл алып келген өзгөчөлүү маданият жана ага байланышкан адат-салттар чып- чыргасы коробой сакталып кала берген.

Этногенез процесси роман-герман дүйнөсүндө бир аз башкачараак мүнөздө болуп өтөт. Ал бул жерде анча ургаалдуу болгон эмес, бирок Батыш Европада акматикалык фазанын белгилери өтө кескин түрдө көрүнгөнүнө карабай, европалыктарга пайдалуу гана болуп чыккан.

Гүлдөөнүн келме кезектери

Батыш европалык же романдык-германдык суперэтностун кийинки тарыхына көз чаптырсак мында ар кайсы этностор биринен сала экинчиси үстөмдүккө жетишип, улам бири экинчисине жол бошотуп берип турганын байкоо кыйын эмес. Бул үстөмдүк ар башкача мүнөзгө ээ, бирок аны суперэтносту түзүүчү этностордун пассионардык чыңалуусунун функциясы катары карай турган болсок, анда ал үстөмдүктүн формаларынын ар түрдүүлүгү изилдөөчүлөрдү чаташтырбай калат.

Каролинг империясынын кыйрашынан кийин немистер биринчи орунга чыкты. Немистердин королдору Генрих Кушчу менен Улуу Оттон венгрлердин кол салууларын токтотуп, Рейндин эки жээгине жайгашкан Германиянын экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылышты. Алардын доменинин чек арасы Эльба менен Рона болгон, ал эми Италияда алар лангобарддардын темир таажысын мурастап алышат. Оттон II византиялыктардан түштүк Италияны бөлүп алууга аракет жасап, бирок анысы ишке ашкан эмес. Андан кийин бул демилгени француз норманддары колго алышат, бирок алар да 1194-жылы немистердин соккусуна туш болушкан.

Ушул мезгилде Германияда саксондук, франкондук жана швабдык (Гогенштауфендер) үч династия алмашат, ал эми XIII кылымда немистер өз үстөмдүгүнөн ажырай баштаган. Француздар немистердин империясынан Лангедокту жана Лотарингиянын бир бөлүгүн тартып алат, италиялыктар болсо бул "жырткыч расадан" таптакыр бөлүнүүгө жетишишет. Саясий көз караштан алганда бул императорлор менен папанын согушу, социалдык көз караштан — феодалдар менен шаарлардын күрөшү, тарыхый-маданий көз караштан — юристтер менен пролетардын атаандаштыгы, этникалык жактан — немистердин алдыңкы уруусу болгон швабдардын пассионардуулуктан ажырашы болгон жана мунун натыйжасында өлкөнүн чет-жакалары өз алдынча бөлүнүп кетишкен.

Италиялыктар XIV жана XV кылымдарда католиктик Европанын алдыңкы этносу болгон. Крест жүрүштөрүндө Византияны карактоо, Чыгыш менен соода жүргүзүү жана сүткорлук аркылуу байып кеткен италиялыктар ошол кездерде Европанын бардык королдоруна юристтерди, дипломаттарды, дин аалымдарын, акындарды, сүрөтчүлөрдү, курулушчуларды жана деңиз саякатчыларын берип турган. Данте муну "Фьоренца, өз улуулугуңа сыймыктангын, сен жер үстүндө да, деңизде да канат күүлөп келесиң, ошону үчүн Тозокто да сени кылат даңаза...", — деп ырга кошкон. Флоренциялыктар менен ал кезде амалы күчтүү, уят-сыйытты билбеген венециялыктар, саткынчы-чыккынчы римдиктер, мытайым болондуктар, эки жүздүү сиендиктер, калабриялык баш кесерлер ийгиликтүү атаандашып турушкан. Бирок алардын ичинен Дантенин айтуусу боюнча, Тозокко кетчү жолдогу биринчилик генуялыктарга тиешелүү болгон. Алар өздөрүнүн соода иштерин илгерилетүү үчүн Алтын Ордого гана эмес, Русь

жергесине да жетип барышкан; бирок Руста алардын иши ийгиликтүү болгон эмес.

Италиянын шаар-республикалары гүлдөп турган учурда Европанын башка өлкөлөрү өтө оор мезгилдерди баштарынан кечирип жатышкан.

Англия менен Франция бирин бири кекиртектен алышып, мында англиялыктарды гаскондуктар, француздарды шотландиялыктар колдоп турушту. Бул согуш жүз жылдан ашык мезгилге созулуп, эки өлкөнүн колун байлап, экөөнү бирдей катуу алсыратат. Ал аз келгенсип, англиялыктар "Ажайып Францияны" (Каледен башка жерлерди) таштап чыгып кетишкен соң да, бул эки улут өздөрүнүн ашып-ташкан дүүлүгүүсүн баса албай бири бирине каршыгышып, Ак жана Кызыл розалардын согушун башташат. Бул феодалдар согушууга ушунчалык көнүп алышып, андан башка иш колунан келбегендиктен, "Карт Англия" тынчтыкты билбей мүңкүрөп турган эле.

Дал ошондо тынч жаткан кичи өлкөлөр кыймылга кирет: чехиялык гусчулар менен швейцариялык тоолуктар Германияны, Австрияны жана Бургундияны канга бөлөйт. Кыскасын айтканда, Батыш Европанын дээрлик бардык күчтөрү өздөрү менен өздөрү кармашып, бирин бири кырып жатты. Пассионардык чүнчүү "Христиан дүйнөсүн" кансыратып, XIV кылымда жогорулай баштаган Батыш Европага караганда бир топ жаш болгон Түркия менен Россиянын күч алышына жагымдуу таасирин тийгизген.

Пассионардык гүлдөөлөрдүн ушуга окшош орун алмашуулары славяндар менен германдар карым-катнашта болуп турган европалык супер- этностун чыгыш бөлүгүнөн да байкалат. XIV кылымда чех гусчулары Чехияны жана аны менен чектешкен Германиянын аймактарын алсыраткан Реформациянын биринчи этабын баштан өткөрүшөт. XVI кылымда өзүнө Литваны кошуп алып, Контрреформация тиреги болуп калган Польша биринчи орунга чыгат. Бирок мунун натыйжасында Польша православиеликтер менен катнаш түзүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырап, кийин кыйроого учурайт.

XVII кылымдын орто ченинде украин казак-орустары польшалык аскерлерге бир нече жолу кыйраткыч сокку урат, андан соң шведдер Польшанын бир четинен экинчи четине дейре басып өтүп, өлкөнү толук талап- тоноп кетишет, акырында түрктөр Подолияны басып алышат. 1688-жылкы баатырдык жеңиш Австрияны куткарып калат, бирок Польшаны биротоло алсыратып таштайт, ошондон улам анын XVIII кылымда болуп көрбөгөндөй начарлаганы жалпыга белгилүү.

Швеция XVII кылымда көптөгөн ийгиликтерге жетишет, бирок бул калкы аз өлкө өзүнүн пассионардуу адамдарын Густав Адольф менен бирге Германияга, Карл X менен бирге Польшага, Карл XII менен Россияга чачып жиберип, анын ордун калктын өсүшү аркылуу толуктоого чамасы жеткен эмес. Албетте, балдар жетишерлик эле төрөлүп турган, бирок алар XVI—XVII кылымдардагыларга дегеле окшош эмес болучу.

Абал ушундай болгону менен скандинавиялык жана славяндык өлкөлөрдө Германиянын батыш аймактарындагыдай, Австрия менен Голландиядагыдай экономикалык жана маданий начарлоолор байкалган эмес. XVIII кылымда Европадагы дээрлик бардык өлкөлөр акматикалык фазанын пассионардуулуктун "ашып-ташып" турган мезгилин басып өтүшкөн соң өздөрүнүн чарбаларын өнүктүрүшүп, кооз шаарларды курушуп, бүткүл дүйнө менен соода жүргүзүшүп, зор кирешелерди алып, таланттуу, бирок анчалык пассионардуу эмес адамдар болгон — жазуучуларга, акындарга, сүрөтчүлөргө, илимпоздорго колдоо

көрсөтүп турушкан. Бул учур Агартуу доору деген ат менен белгилүү. Европада пассионардык чыңалуунун оптималдуу деңгели "артык баш" пассионарийлердин колонияларга кетиши менен жетишилген. Алар ал тарапта Вольтерди, Руссону, Кант менен Гётени эстеринен чыгарышып, кыйсыпыр турмуш өткөрүшкөн.

Ошентсе да XVIII кылымда Европадагы бир өлкөдө пассионардык чыңалуу өсүп жаткан болучу. Бул биздин жогордо баяндаган концепцияга карама-каршы келбейби? Талдап көрөлү.

Реформациянын, Реформага каршы күрөштүн, Отуз жылдык согуштун азап-тозокторун башка өлкөлөргө караганда Германия көбүрөөк тартты. Мунун себеби жөнөкөй: бул жерде пассионардык чыңалуу XIII кылымдан баштап эле төмөндөй баштаган, мындай болгон соң, жогоруда айтылгандай, бул бай жана цивилизациялуу өлкө пассионардуулугун ун деңгели жогору этностордун курманы болгон. Германияны хорваттар, испандар, валлондор, даттдар, шведдер, француздар бир четинен экинчи четине тебелеп өтүп, талап-тоноп турушту, а немистер болсо лютераны да, католиги да ландскнектердин ээн баштыктарына чыдап, же өзүлөрү да алардын бандаларына кошулуп кетип жатышты. Дин бул учурда анча маниге деле ээ болбоду, кайсы колбашчы көбүрөөк төлөсө ошого кошулуп кете беришти.

Католиктер 1618-жылы Ак тоонун жанында жеңишке жетишкенден кийин протестанттар Чехиядан качып чыгып, чет өлкөлөргө кетүүгө аргасыз болушту. Алардын көбү коңшу Бранденбург маркграфтыгына кире качып баш калкалашты. Ушул эле өлкөгө француз гугеноттору, польшалык "ариандар" да айла жок көчүп келишкен. Идея үчүн куугунтукталган протестанттар үчүн Берлин баш калкалоочу жайга айланып, алар өздөрү менен кошо пассионардуулуктарын ала келишет.

Бранденбург маркасы славян уруусу лютичтердин жергесинде жайгашып турган, андыктан анын эли да XVIII кылымда славян-герман калктарынын аралашмасынан куралган болучу. Пассионардуулуктун сырттан келип кириши бул этностордун баш кошуп биригишине алып келген. Мындай биригүү XI—XIII кылымдарда Англияда болуп өткөн. Ошентип, Бранденбург прусстук-бранденбургдук мамлекетке айланып, батыш Германияга жана Австрияга салыштырганда этногенезде бир фазага артта калган: айлана-чөйрөдө жашагандардын баары "агартуучулук менен алек болуп жатканда пруссактар али согушууну самап турушту. Ошондуктан алар австриялык бийликти мурастоо үчүн жүргүзүлгөн согушта, Жети жылдык согушта, Наполеон I жана акырында Наполеон III менен болгон согуштарда жеңип чыгышып, Пруссия өз катарынан Австрия менен Люксембургду бөлүп салып, бириккен Германиянын башында туруп калат.

XV кылымдын аягында Кастилия менен Арагон биригет, испандар Гренаданы басып алышат жана Америка (1492-ж.), Индия (1498-ж.) ачылат. Испандык жана португалдык пассионарийлер ал жактарга кетип, Пиреней жарым аралында пассионардуулуктун чыңалуусу жетер жерине чейин төмөндөйт. Мындай абал испан бийлик таажысын мурастап алган Габсбургдарга зор артыкчылыкты берген. XVI кылымдын башынан аягына дейре испан жөө аскерлери жеңиштин артынан жеңиштерге ээ болуп, испан алтыны дипломатиялык эң татаал маселелерди чечип, испан кемелери деңиздерде үстөмдүк кылып турду. Лепантонун жанындагы (1571- ж.) түрктөрдү жеңүүнүн даңазасы бул согуштагы жеңилүүлөрдүн кайгыларын актап кетти, анын үстүнө жеңилүүнүн акысын бүтүндөй бойдон Венеция төлөдү. Анткени менен "Жеңилбес Армаданын"

(1585-ж.) кыйрашы жана Голландиянын колдон чыгып кетиши (1581-ж.) Испаниянын күчү өсүү ордуна басандап баратканын көрсөткөн. XVII кылымда Испания жеңилүү артынан жеңилүүгө учурайт. Аскерлер менен деңиз кемелериндеги жоокерлерлерди толуктоо, өнөр жайды өнүктүрүү, америкадагы ээликтерди англиялык жана француздук корсарлардан коргоо үчүн күч да, адамдар да жетишпей жатты. Бул Испанияда адамдардын азайып кеткени менен эмес, тетирисинче испандар мурдагыдай согуша албай жана ишкерлигин жоготуп, ыкшоо тартып калгандыгы менен түшүндүрүлөт. 1684-жылы кол коюлган Вестфаль тынчтык келишимине ылайык испандар Европадагы үстөмдүгүнөн ажыраганына айласыз баш иет, эми ал үстөмдүк Франция жана деңиздерде Голландияга өтөт. Бирок голландиялыктардын үстөмдүгү анча узакка созулбады, Англия аларды четке сүрүп таштады. Мына ошондо Англия менен Франциянын Жүз жылдык согушу башталып, ал 1815-жылы Ватерлоо салгылашуусу менен аяктап, Батыш Европадагы биринчилик эми Англияга өтөт.

Этникалык өнүгүүнүн бул фазасын, мурдагы фазаларда кыйрап жок болуп кеткендерди айтпаганда, илимде белгилүү болгон бардык этностор баштарынан кечиришкен. Европада бул фаза Реформация, улуу ачылыштардын, Кайра жаралуу жана Антиреформация доорлору менен дал келди. Римде бул фаза Марийдин, Сулла Помпейдин жана Цезардын басып алууларынын жана гражданлык согуштардын мезгили болду. Византияда да ал чыгармачыл жана оор мезгил — исаврлар династиясынын жеңиши жана иконага каршы күрөш менен дал келди. Араб халифаты үчүн бул курак кайгылуу болуп бүттү: Халифат бүлүнүп, Испания, Магриб, Мавераннахр (Орто Азия) жана Хорасан бөлүнүп кетет, мусулманчылыкка жамынган карматтар, суфийлер жана көлөкө-шийиттер — Буиддер пайда болот; Египет өз алдынча кетип, Багдаддын айланасында чыныгы бийлик үчүн негр-зинжилер, чапжаак түрктөр жана жанкечти дейлемилер салгылашып жаткан эле. Арабдар маданият чөйрөсүндө гана аракеттенип калышты, анткени менен алар бул тармакта болуп көрбөгөндөй ийгиликтерге жетишти.

Ал эми Кытайда болсо...

Байыркы Кытайда бул мезгил — жети "Падышачылыктардын согушу" дооруна туура келет. Тагыраак элестетүү үчүн окшоштуктарды салыштырып көрөлү: б. з. ч. IV кылымдагы Кытай менен XVI кылымдагы Европаны алалы. Согушчан жана мавританлык дух менен сугарылган Испания бир караганда өзүнө Шэньсинин борпоң топурактуу өрөөндөрүндө жана Сычуандын чытырман токойлорунда жашаган согушчан ди уруусун кошуп алган Цин падышачылыгына окшошуп кетет. Циндер өз букараларын легизмдин катаал доктринасына баш ийдиришкен, бул Испаниядагы иезуит орденине окшош. Франция окшоштук издөөдө түндүк тарабы Янцзы дарыясынын көк мелжим агымы, түштүгү киши өтө алгыс чытырман токой менен чектелген бай турмуштуу, көңүлү куунак Чу өлкөсүн көз алдыга келтирсек болот. Чу мамлекети Циндердин эң коркунучтуу атаандашы болгон, ал өзүнүн көз тайгылткан байлыгын, искусствосу менен эркиндигин циндердин аскерий системасына каршы койгон. Кытайдын жүрөгү деп эсептелген Чжоу империясынын мураскери — мурдагы Дзин падышачылыгынын территориясы: Хан, Вей жана Чжао деген анча чоң эмес үч падышачылыкка бөлүнгөн. Бул үчөө Германиянын территориясындай аймакты ээлеп турган. Германия да бытырап бөлүнгөн, ал да герман улутунун Ыйык Рим

империясынын мураскери болгон. Чыгыштагы Ци падышачылыгын Шаньдунда орун алганына карабай Англияга окшоштурууга, ал эми Ляодунга сүрүлүп ташталган Ян падышачылыгын Швеция же Дания менен салыштырууга болот. Күчтөрдүн мындай жайгашуусундагы кырдаалдар да окшош болгон: Реформацияга каршы күрөштү жетектеген Испания Бүткүл Европаны өзүнө багындырууга аракеттенди, бирок өз багына жараша ал каалоосу ишке ашпады. Өзүнүн легизм доктринасына таянган Цин б. з. ч. III кылымда... өз шоруна, бүткүл Кытайды багынтып алды.

Эми көз ирмемге эле бул басып алууну элестетип көрөлү: Европаны Филипп II багынтып алганда эмне болмок? Бүткүл Европа боюнча инквизиция жайылмак; Парижде, Женевада, Лондондо, Стокгольмда, Венецияда испандык аскер кошуундары турмак, ал үчүн бүткүл Испания боюнча бардык жаш жигиттерди чогултса да жетишмек эмес. Аскерди жана полицияны багуу үчүн эбегейсиз зор чыгым жумшоо керек болмок, буга кошумча Түркияга каршы зор чек араны да кайтаруу зарылчылыгы келип чыкмак, а бул болсо жан кашайткан салыкты көбөйтүп, элдин нааразылыгын күчөтмөк. Биринчи эле мүмкүнчүлүк пайда болгондо жалпы элдик козголоң башталып, баскынчыларды аёону билбеген кызыл кыргын жүрмөк. Испанияны четтеп өткөн дал ушундай тагдыр б. з. ч. 207-жылы Цин падышачылыгынын башына туш келген. Цин кайра жаралгыс болуп талкаланат, ал эми кансырап алсыраган Кытай ал учурда аны ким бириктире алам деп белсенип чыкса ошого жеңил эле баш ийүүчү абалга жеткен. Андай адам дыйкандардын арасынан табылды. Дыйкан Лю Бан талкаланган өлкөнү кайрадан империяга айлантып, ага Хан деген аталышты берет. Окшош кырдаалдарда ар башка натыйжалар пайда болушу ыктымал.

Батыш Европадагы "Христиан дүйнөсү" Байыркы Римдин урандыларында пайда болгондой Орто кылымдагы Кытай да байыркы Цин империясынын талкаланган урандыларынан кайра жаралып, VI кылымда этникалык бир бүтүндүк катары калыптанып[54], Батыш Европа башынан кечирген фазага XII—XIII кылымдарда туш келет. Бирок анын тагдыры бөлөкчө болду: Сун доорунун эң сонун маданияты ыймансыз башкаруунун жана алсыз бийликтин тушунда чет жердик тангуттардын, чжурчжендердин жана моңголдордун олжосуна айланган. Араб халифатынан жана араб тилдүү мусулман этносунан айырмаланып, Кытай Мин династиясынын доорунда кайрадан жаралат, бирок бул этногенездин бөлөк фазасы болучу.

Келтирилген мисалдардан көрүнүп тургандай чүнчүү фазасын "гүлдөө" катары эсептөө кыйын. Бардык белгилүү окуяларда бул көрүнүштүн маңызы ата-бабалар жыйнап-топтоп кеткен байлык менен атак-даңкты чачып жок кылгандыктан көрүнүп турат. Ага карабай бардык окуу китептерде, бардык баяндамаларда, искусство менен адабияттын бардык көп томдуу "тарыхтарында" жана бардык тарыхый романдарда муундар тарабынан дал ушул доор, Леонардо да Винчинин катарында Савонарола кутургандай жаалданып турганын, чыккынчы жана талоончу—коннетабль Бурбонду замбирек менен Бенвенуто Челлини өзү атып салганын эң сонун биле туруп, даңазаланып келүүдө.

Кейпи эрдик көрсөтүүдөн кылмыштуулукка чейинки ушундай кеңири диапазондогу жорук-жосундар изилдөөчүгө же жазуучуга абдан катуу таасир этсе керек, анткени адамдар жамандыктардан көрө жакшылыктарды көбүрөөк эсте сактап калат эмеспи. Ошондуктан бул үрөй учурган доорлор "гүлдөө" деп аталып жүрөт.

Гүлдөөнүн курмандыктары

XVI кылымдын башталышына жакын ченде жана XVII кылымда Европада пассионарийлердин пайызы азайды, ал эми субпассионарийлердин пайызы калктын консервативдүү бөлүгүн — көбүрөөк эмгекчил жана мыйзамдуулукту сактаган, гармониялуу адамдарды кырып жок кылуунун эсебинен көбөйүп кеткен. Суперэтностук системанын туруктуулугу начарлаган, анткени айрым пассионарийлер субпассионарийлердин катарында жүргөн селсаяк-жоокерлерди жалдап алууга мүмкүнчүлүгү кеңейди. Алар дал ошондой кылышты, дин үгүтчүлөрү — Лютер, Кальвин, Савонарола, Иоанн Лейденский, кондотьерлер — Мориц Саксонский, Мансвельд, Валленштейн, королдуктун мыйзамын бузган королдор — Генрих VIII Тюдор өңдүүлөр ошондой жолго түшүшкөн. Мурда мындай аракеттер башка пассионарийлер тарабынан дароо каршылык көрсөтүүгө дуушар болсо, бул жолу алардын саны азайып кеткендиктен аман калгандарынын ар биринин аракет жасоо мейкиндиги кеңейип, буга байланыштуу инерциянын күч алышын жогорулаткан. Ошондуктан Реформация жана Антиреформация доорлорунун кагылышуулары кеңири арышка ээ болуп, көп курмандыктарга алып келген. Бирдиктүү система талкаланып, адамдар эми душманынын чеңгелинде калбас үчүн дос-тамыр издей башташат. Бийликтегилерден жардам күтүү пайдасыз болгондуктан жөлөк-таяныч издөө принциби күчүнө кирип, адамдар ниети түз досторду издеп таап, аларга өздөрү да ак дилден мамиле жасашкан, анткени ушундай жол гана бирден бир ишеничтүү жол болгон.

Герцог Гиз гугеноттор псалом ырдашып отурган үйдү өрттөп жиберсе, Жанна Наваррская сыйынууга барган католиктерди зынданга салып салса, ал эми Англиянын королу Генрих VIII бир эле даргага католик дониндеги адамды папаны урматтаганы үчүн, ал эми кальвинчини католиктик сыйынуунун ыйыктыгын танганы үчүн катар асып салууга буйрук берип отурса, байкуш адамдар өздөрүн коргоп калуу үчүн бирикпеске айлалары канча! Бийлик ээлеринин бетпактыгы кайры диндерден да коркунучтуу болгон, анткени динбезер, намыссыз жана уят-сыйытсыз чагымчылар, желдеттер (субпассионарийлер) аларга жүгүрүп кызмат кылып турушкан.

Канткен менен бийлик ээлери да өздөрүнө берилген ак дил кызмат- чыларсыз жашай алышкан эмес. Демек, алар да тиги же бул идеологиялык агымдардын бирине, же протестантизмге, же реформаланган католицизмге кошулууга аргасыз болушкан, антпесе ал учурда мурдатан салт болуп калган католицизмден эскермеден башка эч нерсе калган эмес эле. Католиктик лига менен Протестанттык уния ушундайча түзүлгөн. Алардын Отуз жылдык согушу Германиянын калкынын төрттөн үчүн кыргынга учураткан. Башка өлкөлөр азыраак жабыр тартканы менен алар үчүн да бир топ эле кыйын болгон. Канткен менен этногенездин бул фазасында граждандык жана диний башкаруучулардын саясий же идеялык каршылаштары гана эмес, көптөгөн башкалар да өлүмгө учурашкан.

Кайра жаралуу доорунда адам өлтүрүү Батыш Европанын калкынын күндөлүк иши гана болбостон, ал массалык көрүнүшкө да ээ болгон. Бул жерде ойчулдар, акындар, философтор гана куугунтук жебестен, айталы, Женевада Мигель Сервет жана Римде Жордано Бруно өрттөлгөнүн эсепке албаган күндө да жөнөкөй, бирөөгө зыяны жок кыялкеч адамдардын канчасы өлтүрүлдү дейсиз. Аларды сыйкырчы жана мастан деп айыпташып, ырайымсыздык менен өрттөп турушкан. Баарынан кызыгы — VIII—IX кылымдарда эле германдардын арасында

сыйкырчылык менен дубакөйлүк ырым-жырымы жалган ишенимдер катары эсептелген[34]. Ошондуктан лангобард королдорунун[35] мыйзамдарына ылайык аялды шыпыргы минип учту деп күнөөлөө жалган жалаа катары каралып, андай ушакчыны абакка отургузушкан[36]. Улуу Карлдын учурунда мындай чагымчылык үчүн адамдар өлүм жазасына тартылган[37]. IX кылымда Анквирдеги Собордо шабаш чагымчынын иллюзиясы деп эсептелинет[38]. Ал эми айрым епископтор Исидор Севильский, Рабан Мавр, Гинкмар Реймский ламиялар жөнүндөгү окууну кабыл алышат[39].

Бул гумандуу мыйзам обскурация фазасына жакындап келаткан цивилизациялуу Римден мурасталган эмес болучу. Ал жакта сыйкырчыларды же өлкөдөн кууп жиберишкен, же өлтүрүп салышкан[40]. Жок, мындай аракеттер өздөрүнүн келечек тукумдарынын жашоо-турмушу үчүн шарт түзүүгө умтулган пассионардуу адамдардын акыл токтотуп жасаган иши болучу. Алар өз неберелери келечекте зордук-зомбулуктун жана курулай жалаанын курмандыктары болбосун деп алдын ала камкордук көрүшпөсө жаман жорук болор эле.

Анда эмне үчүн императордук Римде сыйкырчылар куугунтукка алынды? Республика болгону менен али да жарым жапайы Римде мурда сый- кырчылдарга кызыгып коюшпаганы белгилүү, бирок жеңип алынган Чыгыш элдеринен цивилизациянын сонундуктары менен кошо интеллектти жек көрүү да пайда болгон. Еврейлердин мыйзам чыгаруучулары I кылымда сыйкырчыларды тукум курут кылууну киргизишкен (Талмуд)[41], ал эми II кылымдын орто ченинде Апулей фессалдык сыйкырчылардан коркуу психозун жайылткан. Ошентип сыйкырчыларды куугунтукка алуу христиандарды куугунтуктоо менен кошул-ташыл болуп II кылымдын аягында өтө күчөй баштайт. Римде бул доор этногенездин инерциялык фазасына дал келип, обскурация фазасына өтүүнү ыкчамдаткан. Европа Римден алдыга озуп кетти. Жез кемпирлерге каршы процесстер XV кылымда[42] башталып, бечара аялдарды эч ким динге жана чиркөөгө каршы чыкты деп күнөөлөшкөн эмес. Аларды башкаларга окшошпой өзгөчөлүү болгону үчүн гана өрттөй беришкен.

Демек, Орто кылымдардагы "караңгы жылдарда" эч ким тарабынан корголбогон чыгармачыл адамдар, кыялкечтер жана табият тануучулар беймарал жашай беришмек, албетте, согуш учурларында башка карапайым адамдар кандай азап-тозокко туш келсе, алар да ошолордой эле жабыр тартышмак. Бирок гуманизм доору, диний жана философиялык изденүүлөрдүн доору, улуу ачылыштардын доору жете келди... Ошондо эмне болду дебейсизби? XVI кылым башталды; Улуу Кайра Жаралуу, Реформация жана Экинчи инквизиция келип, ал чиркөөнүн душмандары- катарлар менен күрөшүү ордуна бечара фантазёрлор жана элдик дарыгерлерге каршы күрөштү баштайт. Бул жолу католиктер менен протестанттар бирге аракеттеништи. Таң кала турган көрүнүш — өрттөп жок кылуулардын көпчүлүгү бирдей эле убакытта Испанияда эмес, Жаңы АнглиядАй болуп өттү. Муну изилдей келсек, жазалап өлтүрүүлөрдүн себеби диндин догмаларында эмес, суперэтникалык системанын пассионардык чыңалуусунун деңгелинин төмөндөшүнөн улам пайда болгон жорук-жосундардын өзгөрүштөрүндө болуп чыкты. Фазадан фазага өтүү аяктары менен эле сыйкырчыларды жазалоо чектен чыккан көрүнүш катары тык токтоду. Бардык жерде, этнос бул фазаны басып өткөн учурларда ушундай жоруктар кайталанган.

Жөн-жай адамдын айгактык кылуу аракети дегинкисинде ийгилик деле алып келбейт, анткени ал соттоо ишинде акыйкаттыкка кабылат жана да чагымчылыкка сын көз менен кароого сөзсүз туш келет. Бирок Я. Шпренгер жана Г. Институрис өңдүү инквизиторлордун өздөрү алардын кылык- жоруктарына караганда түшүнүгү тар түркөй адамдар болгон. Абройлуу ак сөөк адамды сыйкырчы деп күнөөлөсө өздөрү да зыян тартарын алар жакшы түшүнүшкөн. Ошондуктан алар коргоочусу жок бечара аялдарды, коңшуларынын чагымы боюнча карматып келип, өрттөй беришкен. Бул да өзүнчө бир геноцид сыяктуу болгон, чагымчылдыктын айынан ак ниет адамдар, ичи тардыктын айынан таланттуу инсандар өлтүрүлүп, XIX кылымга мүнөздүү болгон европалык майда мүдөөлүү, түшүнүгү тар муунду жараткан, моралдык жактан бузулган түркөйлөр көбөйө берген. Бул статистикалык процесс кайра жангыс процесс болгон.

Этникалык талаанын жиктелиши

Отуз жылдык согуштун (1618— 1648-жж.) аягында чарчап-чаалыгуу байкалды. Анткени менен ал биригүүгө алып келе алган жок. Бир жарым кылым ичинде протестанттар да, католиктер да өздөрүнө мүнөздүү жүрүш-туруш көнүмүштөрүнө ээ болушкандыктан, алардын биригүүсүнө өз ара чыдамдуу мамиле жасоо гана негиз бөлө алмак. Албетте, чыдамдуулук принциби жарыяланган, бирок ал принцип турмушка туруктуулук менен ашырылган эмес. Ошондуктан эски таарынычтар, өчөшүүлөр XVIII кылымда барып араң унутулуп, Европа кайрадан бир бүтүндүккө жетишип, ал "Христиандык дүйнө" эмес, "Цивилизациялуу дүйнө" деп аталат. Бирок бул тең салмактуулук да суперэтностун пассионардык чыңалуусун төмөндөтүү аркылуу араң жетишилген. Мунун өзү Европа үчүн кыйынчылыксыз ишке ашат, анткени пассионарийлер менен субпассионарийлер (баарынан мурда селсаяк-жоокерлер) океандын ары жагындагы колонияларга жөнөтүлүп жиберилген.

Ал кезде колониялык активдүү саясат үч католиктик жана эки протестанттык өлкө — Испания, Португалия жана Франция, Англия жана Голландия тарабынан жүргүзүлгөн. Түшүнүктүү болуш үчүн терминдер жөнүндө макулдашып алалы. Эгерде жаңы басылып алынган жерлерге өз эмгеги менен жан багууга башка өлкөдөн дыйкандар келсе, анда бул колониялаштыруу болот. А эгерде басылып алынган өлкөдөн киреше алуу үчүн аскерий адамдар, чиновниктер жана соодагерлер келсе, бул — колонизатордук болот.

Жергиликтүү калкка мунун кайсынысы жаман — бул башка маселе. Дал ушул жерде протестанттар менен католиктердин диний согушунда пайда болгон европалык суперэтностун бирдиктүү талаасынын бөлүнүшүнүн кесепети ачык байкалат. Американы колонияга айлантууда испандар менен французлар индей урууларынын баары менен болбосо да бир тобу менен оңой-олтоң алака-байланыштарга барышса, англосакстар дипломатиялык мамиледен башка (мисалы, ирокездер менен XVII кылымда) эч карым-катнаш мамиле түзө алышкан эмес, натыйжада алар ар бир өлтүрүлгөн индей үчүн акы төлөп, индейлердин баш терисине (скальп) аңчылык жүргүзүшкөн. Муну теориялык жактан түшүндүрүүгө аракеттенип көрөлү.

Испандар, французлар жана англистер — ушул убакка чейин романдык-германдык суперэтникалык бир бүтүндүктү түзүүчү этностор. Бирок бул бир бүтүндүктүн ичинде алар бири бирине этнопсихологиялык доминанты боюнча дегеле ар башка калк. Американы колонияга айлантуу Реформация менен

дал келди, т. а. суперэтностун чүнчүү фазасындагы жүрүш-туруш көнүмүштөрүнүн структурасын толук түрдө кайрадан өзгөртүү мезгили эле. Натыйжада структура жөнөкөйлөнүүгө учурап, калган бош энергия батыш европалык геобиоценоздун сырт жерлерине чачылып кетет. Ал эми батыш европалык геобиоценоздун өз ичинде болсо маданияттагы айрым өзгөчөлүктөр өз өзүнчө бөлүнүп кетет. Тридент Соборунан кийин протестанттар эле эмес, католиктер да өз ата-бабаларынан айырмаланып калышкан. Анткени Савонарола, Эней Сильвий Пикколомини, Игнатий Лойола этномаданияттын бузулушуна Мартин Лютер же Жан Кальвинден кем эмес салым кошушкан. Демек, улуттун өзгөчөлөнүшү — этногенездин табигый натыйжасы, ал эми жүрүш-туруш көнүмүштөрүнүн айырмачылыктары — анын сөзсүз болуучу туундусу. Дал ушул айырмачылыктар европалык колониячылардын индейлерге болгон ар бөлөкчө мамилелерин жараткан.

Испандар индейлердин касиктерин жергиликтүү дворяндар катары эсептешип, алар чокундурулган соң "дон" деген наам ыйгарышкан. Мунун натыйжасында Мексика менен Перудагы индейлердин көпчүлүк бөлүгү аргындашып кеткен. Канадада француздар индейлерче жашоого умтулушуп, XIX кылымда өздөрү да индей урууларына окшоп калышкан. Луи Рилдин көтөрүлүшү учурунда индейлер менен аргындар биригип кетишет. Англосакстар америкалыктарча жашоого макул болбогон индейлерди резервацияларга кууп кийрип салышат.

Бул айырмачылыктарды биз мурда сунуш кылган этникалык талаа концепциясы боюнча (430-432-6.) түшүндүрүүгө болот. Эгерде ар бир суперэтнос өзүнө тиешелүү мүнөздөгү термелүү ылдамдыгы бар талааны түзсө, мындай учурда суперэтностордун талаалары бири бирине ар кандай даражадагы жакындыктарда жатат. Демек, "католиктик" этностордун талааларынын термелүүсү индей этносунун талаасы менен "үндөшүп", ал эми протестанттык талаада андай үндөштүк жок болгон деген бүтүм чыгара алабыз. Европанын дээрлик бардык улуттары XVI кылымда гана католиктерге жана протестанттарга бөлүнүп, ар кими өзүнө ылайык жүрүш-туруш адаттарын тандап алышкан болучу.

Текшерип көрөлү. Улуу орустар бир кыйла олуттуу деңгелде орус маданиятын кабыл алган татарлар жана буряттар менен аралашып, ал эми өздөрү жеңил эле якуттарга сиңип кетишкен, а бирок угор элдери славян эли менен узак мезгил бою өтө тыгыз жана достук байланышта болгонуна карабай өзүнүн улуттук өзгөчөлүгүн сактап келатышат. Анткени менен орустар алеуттар менен эскимостордун колдоосуна карабай Аляскадагы жана Калифорниядагы индейлер менен жалпы тил табыша алган эмес жана бекем орношуп да кала алган эмес. Отуз жылдык согуш мезгилинде орустар Католиктик лигага каршы Протестанттык унияны бекеринен колдобосо керек. Россия ал кезде немис-протестанттарды кызматка алып, Голландия менен соода жүргүзүп турган. Чындыгында католиктик агымдын окуусу, догматикасы жана ырым-жырымдары жагынан лютеранчылыкка караганда православиеге бир топ жакын турат. Сыягы, мында да идеяга караганда этникалык жакындык басымдуулук кылат окшобойбу.

Түштүк Африкага келген протестант-голландиялыктар, француз гугенотту жана немистер — "бурлар" деп аталган бир этносту түзүшкөн. Алар жергиликтүү элге катаал мамиле жасашкан. Кулчулук Трансваалда 1901-жылы гана жоюлат. Ал эми Гаитиде француздар негр-кулдарды француз тилине үйрөтүшүп, католик

динине тартышкан. Негр кюрелер католик динин өздөрүнө ылайыкташтырып колдонушкан. 1792-жылы Англиянын флоту революциячыл Францияны кысымга алганда негрлер француз жер ээлерине каршы козголоң уюштурушуп, французларга болгон өз мамилелерин мындайча билдиришет: "Кудай ак адамдарга келсе, ак адамдар ал Кудайды өлтүрүп салышты. Ошондуктан Кудай үчүн өч алып, ак адамдарды өлтүрөбүз". Анан аралда жашаган бардык французларды кырып салышат.

Канткен менен бул таптакыр кол үзүү эмес, суперэтникалык деңгелде катнашуунун бир көрүнүшү болгон. Гаитилик негрлер азыр эзелки дагомейлик диний ишенимди — Вода культун — жыланга тайынууну кайра калыбына келтирип алышты. Алар өздөрүнүн жашыруун өткөрүлүүчү диний ырым-жырымдарына катышууга католиктерге, анын ичинде европалыктарга гана жол беришет.

Жогоруда баяндалып жазылган байкоолордон улам Реформация идеялардын козголоңу болгонго караганда көбүрөөк түрдө, чүнчүү фазасы, т.а. акматикалык жана инерциялык фазалардын ортосундагы аралык фаза болгон деген жыйынтыкка келүүгө болот.

Чүнчүү жана анын мааниси

Жогоруда келтирилген мисалдар этногенез фазалары пассионардык чыңалуулардын деңгели боюнча аныктала турган ар түрдүүлүгүнүн даражалары менен гана айырмаларын баяндайт. Гомеостазга мүнөздүү субпассионарийлер бардык учурларда жолугат, бирок бир нече муундарда пассионарийлер пайда болгон учурларда калыптанып калган системада алардын өзгөчөлүү мааниси жоголот, т. а. алар байкалбай калат. Жогорулоо учурунда өз милдеттерин так аткара билген гармониялуу адамдардын ролу өсөт. Ошондуктан акматикалык фазада, пассионардуулуктун ашып-ташып кеткен учурунда көбүрөөк пассионардуу адамдар кырылып жок болот да, гармониялуу кишилер сакталып калат.

Чүнчүү мезгилинде граждандык согуштун кадрларын түзүүчү субпассионарийлердин мааниси жогорулайт. Андан кийин инерциялык фазада гармониялуу адамдардын мааниси кайрадан өсөт да, обскурация фазасында кескин төмөндөп кетет. Себеби бул мезгилде этнос өзүнүн субстраттарынан мураска алып калган момун субпассионарийлери менен бир катарда кечеги өткөн инерциялык фазанын туундусу — ары-бери урунган тынчы жок селсаяк-жоокерлер алдыга чыга келет. Булар гармониялуу адамдарды оңой эле жок кылып, системаны жөнөкөйлөтө отуруп, анын туруктуулугун жоготууга чейин алып барат. Ага жеткенде өздөрү да жок болот жана ага улай эле этностун кайталангыс маданияты кыйрап, гомеостаз башталат. Бул этносоциалдык мыйзам ченемдүүлүк этнографиялык материалдардан да ачык-айкын көрүнүп турат. Бардык фазалардын мүнөздөмөлөрү да дал келет.

Этнос өзүнүн жаралышында өзү жашаган ландшафтты "өзүнө ылайыктап" керегине жаратат жана ошол эле учурда анын шартына өзү да ылайыкташып алып жашайт; кыскасы бул жерде өз ара байланыш принциби ишке кирип, табият азыраак жабыр тартат. Акматикалык фазада этникалык системанын энергиясы ашып-ташып, басып алуулардын жана жер которуулардын кезеги келет, бирок этнос коңшу этностордун каршылык көрсөтүүсү менен токтотулуп, энергия табигый шарттар аркылуу чектелип турат. Табият эки жактан жабыр тартат.

Пассионарийлер өз жеринде жер иштетүүнү жактырбайт. Алар жашоонун жана жыргал турмушка жетүүнүн кыйын жана кызыктуу жолун издейт. Цивилизациянын табиятка кысымы азаят, ал эми бул буркан-шаркан түшкөн мезгилдерде көп учурда калктын саны өспөй калып, чарба жүргүзүү начарлайт, натыйжада табият ландшафттары — токойлор, талаалар жана саздар, ошондой эле жапайы айбанаттардын саны кайра калыбына келет.

Бирок пассионарийлер басып алган өлкөлөр катуу жабыр тартат. Эреже катары пассионардык чыңалуусунун деңгели төмөн болгон, андыктан коргонуу жөндөмдүүлүгү начарлаган өлкөлөр гана басылып алынат. Ошондуктан алардын өздөрү, өлкөсүнүн байлыгы, анын ичинде табияты, искусство чыгармалары баскынчылардын олжосуна айланат.

Муну далилдөө үчүн Мексика менен Перунун алтындарын ташыган "алтын кемелерди", же индейлердин эсепсиз көп адамдарынын мүрзөсүнө айланган Пөтөсидеги (Боливия) күмүш кендерин эске салуу эле жетиштүү. Ал эми Бразилиядагы португалдардын плантацияларын Голландиянын Ява жана башка Зонд аралдарындагы колониялары менен гана салыштырууга болот. Португалиянын дөңсөөлөрүндөгү кооз бактарды жана Нидерланддын шалбааларын негоциандар менен төрөлөрдүн чарбактарына (поместье) айлантуу үчүн миңдеген майлыктардын жана африкалык кулдардын өмүрү кыйылган. Ал ач көз жер ээлери жыргап-куунап жашоо үчүн тобокелчиликтен кайра тартпай, өздөрүн да, башкаларды да аяшкан эмес. Канададагы аң тери кампаниялары азыр коруктарда гана сакталып калган кемчеттерди тукум курут кылып кырып жиберишкен. Пилдердин азуу тиштерин сатуудан түшкөн акчасын Лондондун биржаларында уттуруп жиберүү үчүн гана аңчылар Чыгыш Африкадагы пилдердин бүтүндөй бир үйүрлөрүн жок кылышкан. Байыркы мезгилде да ушундай болгон. Кытайда керктер (носорогдор) тукум курут болгон, Хотанда жер үстүндө жаткан нефрит кени талоонго түшкөн. Мисалдар жетиштүү эле болгонсуду, эми бул маселени башка жагынан карап көрөлү.

Пассионардуу баскынчылар канчалык жаалданып кутурушпасын табиятты алар чектелүү түрдө гана бузушкан. Алар жер үстүндө жаткандарды, даяр нерселерди алуу үчүн гана салгылашышкан, анткени эмгектенүүнү дегеле жактырышкан эмес. Ошондуктан алардын жеңиштүү жортуулдарынан кийин калыбына келген биоценоз, өтө кыйынчылыкка баткан, бирок тукум курут болбогон индейлердин, негрлердин, полинезиялыктардын жана папуастардын уруулары сакталып калган. А бирок баскынчылар көз ирмем сайын өмүрүн тобокелге салып турган.

Ошентип чүнчүү мезгилинин жүрүшүндө этникалык популяциялардын пассионардуулугунун деңгели жасалма түрдө төмөндөп турган. Мындайда мамлекеттин кубаттуулугу начарлап, этностун туруктуулук даражасы да солгундап кетери эч кимдин оюна да келген эмес.

Көп учурда мындай кырдаал кыйроого алып келерин биз жогоруда байкадык, анткени менен Батыш Европадагы романдык-германдык бир бүтүндүккө оңдой берди болду. Батыш Европа — Евразия континентиндеги жарым арал. Аны үч тарабынан деңиз коргоп турат. Коркунуч түрктөр Византияны багынтып, XVI—XVII кылымдарда кеңири чабуулга өткөн түштүк-чыгыш тарапта гана бар эле. Венгрия багынып берди. Эмки кезек Италия менен Германияга келген. Дал ушул учурда Батыш Европа- дагы эң артта калган[43] жана ошону үчүн башкаларга салыштырмалуу пассионардуулугунун көбүрөөк угутун сактап калган кайраттуу Польша өзүн курмандыкка чалып жиберет. Ян Собесскийдин гусарлары

1683-жылы Венаны сактап калышат. Германияны коргоп кан төккөн поляктар өз мекенинин бөлүнүп кетүүсүнө жол ачышкан. Акыры Германияда чүнчүү фазасы бүтүп, улуттун биригишине алып келген инерциялык фаза башталганда ЕврОпа кайрадан жеңилбес жана агрессивдүү, бирок өзүнүн мурдагы мезгилдегисине аз окшошкон Европа болуп чыга келет. Эми ал "рыцардык" Европадан "соодагер" Европага айланат. Бул жөнүндө өзүнчө кеп кылуу керек. Азырынча биз К. Ясперстин концепциясына, тагыраак айтканда, батыш европалык тарых философторунун көз караштарына токтололу. Августинден баштап, алардын баары тарыхтан белгилүү бир багытты, максатты жана маанини көрүүгө аракеттенишкен. Чыгыштын бардык ойчулдары тарыхтан көкөлөө жана кыйроолорду гана көрүшкөн, т.а. бул процесстер өзүнөн өзү жүрө бере турган нерселер деп эсептешкен, ал эми маңыз болсо ар бир жеке адамдын өркүндөп-өсүшүнө байланыштуу, ал эми тарых фон гана болуп саналат деп болжолдошкон.

Бул айырмачылыктын кокустук эмес экени айдан ачык. Биздин оюбузча ал айырмачылык мында: батыштыктар адам колунан жаралган прогресс — техночөйрө жөнүндө айтышкан, буга адамзат ишмердүүлүгүнүн туундусу бөлгөн философияны да кошсо болот, ал эми чыгыштын акылмандары — жандуу жаратылыш жөнүндө сөз кылышкан, мунун бир бөлүгү болуп адамдар саналат, ал эми техниканы болсо фон деп далилдешкен. Эми муну илимий тилге которуп көрөлү: Батышта социалдык-маданий тарыхты, ал эми Чыгышта — этникалык тарыхты, көп учурда жөнөкөй гана санжыраны (генеалогия) изилдеп үйрөнүшкөн. Мунун биринен экинчиси маанилүү деп айтуу мүмкүн эмес. Тигиниси да, мунусу да зарыл керектүү нерселер. Бирок социологиянын усулун табигый кубулуштарды изилдөөгө колдонуу гана туура эмес. Анткени менен мунун тетирисинче болбогонуна шүгүр деш керек.

Ясперс менен жана дин менен прогресстин телеологиялык системалары менен талашып-тартышууну ушуну менен жыйынтыктап токтотсок болот. Этникалык процесстерге эки негизги фактор катышат, буга алгачкы түрткүнүн күүлөнүүсүнүн жоголушун — этностун картаюусун жана коңшу этностордун же табияттын башка бир күчтөрүнүн[44] катуу, кыйраткыч таасиринен улам ордунан жок болуп кетишин көрсөтсөк болот. Ордунан сүрүлүп кетүүлөр табияттын өзү тарабынан алдын-ала белгиленип коюлган этногенезди бузуп, өзгөртүп турат, бирок фазадан фазага өтүү учурларында гана ал ордунан сүрүлүп кетүүлөр катуу кыйроого алып келиши мүмкүн.

XXXIV. ИНЕРЦИЯ ФАЗАСЫ

Цивилизациянын "алтын күзү"

Баштан кечирген кыйынчылыктардан кийин адамдар ийгиликке умтулуу ордуна бейпилдикти каалап калышат. Эми алар өзүнүн өзгөчөлүү экендигин көрсөтүүгө умтулган индивиддер коңшуларга эң зор коркунуч келтирерин жакшы түшүнүшүп калышат. Анткени менен ал коркунучтан коомдук императивди алмаштыруу аркылуу кутулуу мүмкүнчүлүгү бар. Бул үчүн жүрүш-турушу эң мыкты делинген идеал адамды, мейли ал деги эле эч качан жашабаган адам болсун, аны кыял менен бөлсө да көз алдыга элестетип, ошондой

болууга умтулуп жана бардык адамдардан ошондой идеал адам болууну талап кылуунун өзү эле жетиштүү болот.

Байыркы Дүйнөдө ушундай негизде падышаларга тайынуу кудайга сыйынуунун деңгелине жеткирилген. Мындай көз караш биринчи болуп Александр Македондуктун тушунда башталган. Египеттин жрецтери ага Амон аттуу кудайдын уулу экендигин билдиришкен. Эллиндер ал кудайды Зевс менен окшоштурушкан. Александрга бул жагып калат, бирок анын аскер башчылары муну Александрдын ата-энеси Филипп менен Олимпиаданын кадырына шек келтирүүчү жорук катары баалашып, ага таптакыр макул болушкан эмес.

Бирок бул идея жөнүндөгү сөз убактылуу гана басылып токтоп калат. Акыры ал кийин диадохтордун мураскерлеринин убагында, айрыкча Августтан кийинки Римде кайрадан пайда болот. Бийлик ээлери өздөрүнө Кудайга кандай мамиле жасалса ошондой мамилени талап кыла башташат. Ошентип бийлик ээсинин образы, анын жеке сапаттары эмес, анын кызмат ордуна байланыштуу болгон образы теңирлик касиетке ээ болгон. Дал мына ушунун натыйжасында букаралар үчүн падышанын образы милдеттүү түрдө үлгү болучу образга айланган.

Падыша тагына эки жүздүү бетбактар, кылмышкерлер, калпычылар келип каларын, алар өлтүрүп салууга гана татыктуу экенин римдиктер жакшы түшүнүшкөн, бирок "цезардын теңирлик касиети" жөнүндөгү принципти тартипке лоялдуу мамиле жасоонун жана такыбаа жүрүш- туруштун милдеттүү түрдөгү шарты катарында кабыл алышкан. Анткени чүнчүү доорлорунун үрөй учурган кызыл кыргындары элдин эсинде Оолгондуктан тартиптин кепили болуучу бийликке баш ийүү парз катарында түшүнүлгөн.

Жаңы доордо — XVII—XIX кылымдарда — жүрүш-туруштун эң мыкты үлгүсү "жентльмендин", ак ниет жана тарбия көргөн ыймандуу адамдын образы болгон. Эми баардыгы ошондой адамды туурап, ага окшошууга умтула башташкан. Бул үлгүдөн баш тартуу мыйзам тарабынан болбосо да, коомдук пикир аркылуу айыпталган. Коомдук пикирдин кысымы буга жетиштүү түрткү болгон.

Чыгышта байыркы кайсы бир барктуу баатырдын үлгүсүндө, ага окшошуп жашоо чакырыгы илгертен келаткан салт. Бирок мындай жол менен турмуш оңолуп кетсе кана. Кыскасын айтканда, адамдын бардык мыкты, асыл сапаттары куугунтукка алынып, алдыга кетпей, артка калбай, идеалга айланган ортозаар адам болуу кубатталып турган.

Анткени менен бул процесс өтө жай илгерилеп отурган. Өзүнүн өзгөчөлүү жөндөмдүүлүгүнөн баш тарткысы келбеген адамдар искусство жана илим чөйрөсүнө кетишти, бул аларга зыяны жок өнөрдөй көрүнгөн. Ошону үчүн XVI кылымда кылычын алып жүгүрүүлөр XVIII кылымда үйүндө олтуруп, эгер ал таланттуу болсо баалуу чыгармаларды жаратты, эгер "чымыны жок болсо" — чалды-куйду бир нерселерди жазып жатты. Кантсе да "чымынсыздар" өтө көп болгондуктан китепканалар эч кимге кереги жок, окулбаган китептерге толуп чыкты. Муну "маданияттын өсүшү" дешти.

Алыскы Чыгышта да ушундай көрүнүш болуп өткөн, бул жердегилер мындай инерциялык фазага X кылымда туш келишти. Кытайда — Сун доорундагы искусствонун эбегейсиз көп байлыгы калтырылган, бирок алар Тан доорундагыдай зор чеберчиликте иштелген гениалдуу баалуулуктар эмес эле. Тибет монастрларынын китепканалары которулган, көбүн эсе байыркы нускалардан көчүрүлүп жазылган китептерге толуп чыккан.

Албетте, мунун натыйжасында генийлер — ойчулдар, окумуштуулар, акындар жаралды, бирок алардын саны акматикалык катаал фаза учурундагыдан бир топ

аз болду. Анткени менен алар мыкты шакирттерди жаратты, алардын концепциясы — резонанс (жаңырык) болгон. Айталы, устат Цзонхаванын (1355—1418-жж.) "сары ишеними" айрым консорцияларды же секталарды гана эмес, бүтүндөй элдерди — монголдорду, ойротторду жана тибеттиктердин тең жарымын интеллектуалдык жактан байыткан. Ушундай эле ролду Византияда XIV—XV кылымдарда афондук акылмандар ойногон, бирок алардын идеялары ышпалдасы чыгып, ыймандан кеткен Константинополдо колдоого ээ болбой, Улуу Русь жергесинен орун тапкан.

Мисалдар көп. Мындан бир нерсе: этногенездин инерциялык фазасы — этникалык системанын пассионардуулугунун төмөндөп, материалдык жана маданий байлыктар ургаалдуу топтоло турган мезгил экени түшүнүктүү болду. Өз корутундубузду эми нейтралдуу индикатор аркылуу, т.а. романдык-германдык суперэтностун деңгелинде жүрүш-туруш көнүмүштөрүнүн алмашылышы аркылуу текшерип көрөлү.

"Христиан" дүйнөсүнөн "цивилизациялуу" дүйнөгө карай

Суперэтностун масштабындагы жүрүш-туруш көнүмүштөрүнүн алмашылышы өңдүү зор кубулуш эмдигиче байкалбаса жана баяндалып жазылбаса таң калыштуу эле болмок. Андай болбоптур, мунусу да, тигиниси да биздикинен башкача көз карашта, түшүнүктөрдүн жана терминдердин бөлөк системасы аркылуу баяндалып келген. Бирок бул кырсык эмес! Анткени башка системанын терминдерин өз системаңа которуп пайдаланууга дайыма болот, бизден мурда түздөн-түз байкалган нерселер мындан өз баалуулугун жоготпойт.

Вернер Зомбарт өзүнүн "Азыркы экономикалык адамдын руханий өнүгүшүнүн тарыхы боюнча этюддар" деген эмгегинде "капитализмге чейинки адам", т. а. "табигый таза адам" азыр бардык чөйрөдө учураган майда мүдөөлүү, түшүнүгү тар, ыймансыз адамга кантип айланып кетти деген суроо салат. Зомбарт боюнча XII—XIV кылымдарга чейин, капитализм пайда боло электе "чарбалык ишмердүүлүктүн башкы максаты өз керектөөсүн камсыз кылуу болгон; адам канча чыгымдаса ошончолук киреше киргизүүгө тийиш[45]. Андан артык байлык топтоо акмактардын иши деп эсептелчү.

Бирок эки тап бар: алардын бири байсеньорлор жана экинчиси көпчүлүк карапайым эл. Булардын айырмачылыктары анча чоң эмес. Өмүрүн үзгүлтүксүз тобокелге салып, сеньор коп байлык табат, бирок анысын ошол замат той-тамашага, үлпөттүү аңчылыктарга, сулуу айымдарга ысыраптап чачып жиберет. Ага байлык топтоонун кереги жок — анткени ал эртең болчу кезектеги согушта курман болушу мүмкүн жана андан кийинки согушта да аман калары белгисиз. Ошондуктан ал көзү тирүү кезинде, ден соолугу барында өз күнүн шаан-шөкөттөр менен өткөрүүгө умтулат.

Дыйкан да өз үй-бүлөсүн багууга жетиштүү түшүм берер жер иштетет. Кол өнөрчү да "көңүлдүү өмүр сүрүүгө күндөлүк жетчү каражат таап, андан артык байлык топтоо үчүн жумуш иштөөнү каалабайт". Ушундай адамдар, эгер Рокфеллерди билгенде аны ач көз кемпай деп эсептешмек.

Бирок орто кылымдарда жашаган европалыктар жибек көйнөк кийгендер менен алтындан жасалга тагынгандарды акылдан адашкандар деп санашкан эмес. Алтын буюмдарды алар баалай билишкен жана ал үчүн өз жандарын да, башкалардын өмүрүн да аяшкан эмес. Алар алтынды баалашканы менен акчага көңүл кош мамиле жасашкан. Акчага кызыгуу XII кылымдарда гана күчөй

баштайт. Ошондон кийин "кереше табууга жан талашуу" пайда болгон, буга чейин мындай адат еврейлерде гана байкалган. Ач көздүк эң алды католик кызматкерлерди, анан шаардыктарды, акыры бүтүндөй өлкөлөрдү кучагына тарткан, бирок ал ар кайсы жерде ар башка даражада жана ар кандай түрдө болгон. Кээде ал байлык деңизден ары жаткан өлкөлөрдү талап-тоноо жолу менен, кээде соода- сатык жүргүзүү менен ишке ашырылган; бирок булар да өтө опурталдуу болгон; кээде "жек көрүмчү сүткорлук", айрым убактарда кирешелүү жана пайдалуу кызматка ээ болуу байлыкка жол ачкан. Бирок бардык учурда алды-артына карабай байлыкка жутунуу башкы стимул болгон, мындай жорук-жосундар мурунку убактарда дээрлик байкалган эмес.

Ач көздүк аны канааттандыруу мүмкүнчүлүгү түзүлгөндө гана пайда болот деп күмөндөр ой жүгүртсө болчудай. "Капиталисттик духту капитализм өзү жаратат" деген тезисти Зомбарт жокко чыгарат. Ап М. Вебердин протестантизм менен капитализмдин ортосунда байланыш бар деген оюна да макул эмес. Булардын ордуна Зомбарт "капиталисттик духтун..." өнүгүшүнүн себебин "ата-бабалардан мураска калган кулк- мүнөздөн" көрөт. Муну бизге көнүмүш болгон илимий тилге которгондо, мындай шыктуулук — тукум куучу белги болуп чыгат. Демек, Зомбарттын ою боюнча өзгөчө "буржуазиялык кулк-мүнөздөгү" адамдар болот, алар "ишкерлер" жана "мещандар" болуп экиге бөлүнөт. Биринчилери — капитализмди негиздеген кайраттуу шылуун адамдар, экинчилери — эринчээк, ортозаар жана ишине тың кызматкерлер, алар өздөрүнөн мурда жашап өткөндөрдөн кийин калган боштуктарды гана толтуруп турат имиш.

Зомбарттын айтуусу боюнча капитализмге "шыктуулук" жалгыз адамдын же организмдин гана эмес, этностун деңгелинде да байкалып турат. Анын мындай чечимге келишине бул көрүнүштүн биологиялык жаратылышы түрткү берген. "Капитализмге шыктуулугу начарыраак" этносторго ал кельттер менен готторду, алардан да ылдыйраак турган испан иберлерин кошот, иберлерге "дээрлик бардык элдерди азгырган алтынга кызыгуу жат экенин" жазат.

Капитализмге шыктуу этностор "баатыр элдер" жана "соодагер элдер" делинип эки сортко бөлүнгөн. Булардын биринчилерине — Зомбарттын ою боюнча римдиктер, норманндар, лангобарддар, сакстар, франктар, демек, англичандар менен француздар кирет, экинчилерине — флоренциялыктар, шотланд лоулендерлер жана еврейлер, анан да "эн алгачкы доорлордо эле акылдуу жана айлакер соодагерлер болуп эсептелген" фриздер кирет. Фриздерди соодагер деп Зомбарт голланддар менен шотланд лоулендерлердин соодагерлигин белгилөө үчүн пайдалангандай, анткени Төмөнкү Шотландияда фриздер да жашагандыгы жөнүндө божомол бар эмеспи. Славяндар менен гректерди ал четтеп өтөт, кейпи бул калктарды еврейлерден айырмалап европалык эмес деп ойлосо керек. Бул болсо ал өз көз карашын географиялык регион боюнча эмес, суперэтнос аркылуу түшүндүрүүгө аракеттенгенин көрсөтөт. Анын көз карашынын бул өзгөчөлүгү автордун жүргүзгөн талдоосун биздин изилдөөбүз үчүн кызыктуу кылып отурат, анткени ал чындыгында чүнчүү фазасын акматикалык фазадан инерциялык фазага өтүүчү көпүрө катары баяндайт, бирок элдерди (этносторду) туруктуу системалар, расалардын бөлүкчөлөрү катары эсептеп, Тосканадагы "мещандык духтун" салтанат курушун тосканалыктардын канына этрусстардын "каны" аралашканы менен түшүндүрүүгө аргасыз болот; акыйкатта этрусстар б.з.ч. IV кылымда эле тукум курут болушкан, ал эми Флоренция б. з. XV кылымында барып мещандык өлкө

болуп отурат. Автордун мына ушул 2 мин жылга жаңылышкандыгынын өзү эле шек туудуруп, бул концепцияга сын көз менен кароого аргасыз кылат.

Зөмбарттын байкоолору туура, бирок аларды чечмелеп түшүндүрүүсү канааттандырарлык эмес деп айтсам болот. Иберлер — рим мезгилинде эле гомеостаз абалында жашаган жана алар европалыктардын эң байыркы катмары болгон. Этногенездин акыркы фазасын көрүү менен гана андан мурдагылар жөнүндө бүтүм чыгаруу жарабайт. Соодагер этрусктардын тукуму азыркы корсикалыктар болуп саналат. Алар өз ата-бабаларынын кесиптерин XIX кылымга дейре эле унутта калтырышып, соода-сатык жүргүзүүнүн ордуна вендеттаны (кан кууп өч алуу) артык көрүшкөн. Кельттер жөнүндө биз жогоруда жазганбыз. Ал эми Зомбарт тарабынан тизмектелип айтылган соодагер элдердин баары жалпы бир белгиге — аргындашуунун өтө жогорку даражасына ээ болгон элдер. Тоскана Римдин Түндүк тарабында жатат. Тоскана аркылуу X кылымдан кийинки убактарда эле швабдар-гиббелиндер, анжуйлар-гвельфтер, испандар, француздар, австриялыктар кыйма-чийме басып өтүп турушкан. Ушулардын баары тосканалыктардын популяциясына өз генофонддорун чачып кетишкен. Шотландиялык Лоуленд — скоттордун, англдардын, норманн-викингдердин жана француз барондорунун карым-катнаш зонасына айланган, аларды бул тынчы жок чек аралык аймакка англиялык жана шотландиялык королдор атайылап жиберип турган. Фриздер мекендеп турган Рейндин төмөнкү агымы да герман, кельт жана роман калктарынын этникалык карым-катнашынын аймагы болгон. Дал ушул белги гана "соодагер элдердин" бардыгына таандык жалпы нерсе болгон. Буларга түштүк Италия менен Андалусияны да кошсо болот, муну Зомбарт жөн гана көз жаздымда калтырса керек. Албетте, мындан маселе өзгөрүп да кетпейт.

"Сеньорлор" менен "ишкерлердин" айырмасы да анча чоң эмес. Тигиниси да, мунусу да ар кайсы модустагы пассионардуулукка ээ. Биринчилери менменсинген, мансапкор немелер, экинчилери ач көз, бирок бул айырмачылыктар да анчалык олуттуу эмес. Эң негизгиси булар да, тигилер да "капиталисттик духтун" чыныгы ээлери болгон мещандардан, клерктерден кескин айырмаланышат. Бул "капиталисттик дух" пассионардык жогорулоодо ар дайым пайда болуп туруучу алгачкы чыгармачылык көрөңгөнүн жакырланышынын туундусу болсо керек. "Мещандар" ар дайым "сеньорлорго" сын тагып турушат, себеби, алар ошолордой болгусу келет, бирок боло алышпайт. Алар чыгармачыл көкөлөөдөн кийин ара туулган жандар болушкандыктан аларда "баюуга умтулуудан" башка касиет калган эмес, т. а. булар гармониялуу, ал эмес субпассионардуу адамдардын катарына кирет. Мына ушулардан улам биз кадимки энтропиялык процесс жүрүп жатканын байкайбыз, муну эми ысыган газдын сууп, сууга, андан соң музга (муну ар бир этногенездин прогрессинин жеткен чеги — гомеостаз абалы деп түшүнсө болот) айланышына салыштырып түшүндүрсөк болчудай.

Эми Зомбарттын байкоолорун биз жогоруда сунуш кылган этногенез схемасына салып көрөлү. IX—XI кылымдарда Европада "капитализмдин духу" али жок кезде, активдүү этникалык аргындашуулар да дымып турган. Адамдар жакында эле калыптанган жана өзгөчөлүктөрүн катуу сактаган этникалык майда топторго бөлүнүп жашашкан. Жаңы жаралган бул этностор ар кайсы расалардын өкүлдөрүнөн турганы эч кандай маниге ээ болгон эмес. Алардын ар кимисинин жүрүш-туруш адаттары да ар башка болгон. Тиги же бул этностун алдына коюлган маселе анын бардык мүчөлөрүнө тиешелүү маселе болгон. Калктын

бардык катмарларында пассионардуулук бирдей учурда пайда болгондуктан социалдык абал өзгөрүлүп турду — коркок феодалдар четинен өлүп жоголуп, эр жүрөк вилландар же рыцарларга, же шаардык эркин адамдарга айланып жаткан эле.

XIII—XIV кылымдарда бөлүнүүлөр жүргөнү байкалат. Өтө бирдиктүү этностордо социалдык системалар татаалданып, королдуктарга баш кошуп, ирилешип, артыкбаш пассионарийлер крест жүрүштөрүнө же коңшу өлкөлөргө (Жүз жылдык согуш) кетет. Этникалык карым-катнаштар бар аймактарда "соодагерлер" пайда болуп, байый баштайт. Буга окшогондор акматикалык фазада, көбүн эсе чүнчүү фазасында бийликтегилердин колдоосуна таянып, уруш-талаштардан пайда таап жашашат. Бара-бара алар күч алып отуруп, өзүлөрүнө көбүрөөк ыңгайлуу болгон инерциялык фазага өтөт. Бул фаза аларга ушунчалык жаккандыктан ага "цивилизация" деген ардактуу наамды да ойлоп таап, ыйгарышкан; алардын ою боюнча мындай абал түбөлүктүү деп эсептелген.

Чөйрөнүн агрегаттык абалынын ар кандай өзгөрүүсү зор энергияны, биздин маселеде пассионардуулукту сарптоону талап кыларын биз эми билип калдык. Бардык энергия сыяктуу эле пассионардуулук да ар түрдүү потенциалдуулуктардын шартына жараша аракеттенет. Бул ар түрдүүлүк, же табигый кубулуш болгон пассионардык түрткүнүн эсебинен, же бир этностун пассионардуулугу экинчисинен жогору болгон этностор аралык тыгыз карым-катнаштардын эсебинен пайда болушу ыктымал. Жыйынтыктары да ар түрдүү болот: табигый ландшафттардын бузулушу экинчи вариантта гана байкаларын жогоруда келтирилген мисалдар менен тактаганбыз.

Антропогендик ландшафттардын бузулушу сөзсүз болучу көрүнүш эмес, бактыга жараша, өтө сейрек кездешүүчү чектен чыккан кайгылуу
көрүнүш. Эгерде башкача болгондо, неантроп жашап келаткан 50 миң жыл ичинде бардык геобиоценоз жок кылынып, түшүм бербеген Жер бетинде адам ачкачылыктан кырылып калмак. Ошондуктан адамдын биочөйрөгө тийгизген таасири карама-каршы эки багытта — жашоону сактап туруучу жана жашоону тануучу жол менен жүрүп келатканын моюнга алышыбыз керек.

XVI—XVIII кылымдарда романдык-германдык суперэтностун пассионардуулугунун төмөндөшү ыкчамдайт. Пассионарийлер колонияларга аттанып, ал жакта же каза таап, же ооруп, жарым жан болуп кайтып келип жатышты. Гармониялуу адамдар болсо өз үйүндө, өз талаасында, устаканасында, кеңсаларында, университеттин аудиторияларында тынбай эмгектенип жүрүштү. Алар өздөрүнө оор сезилген, колдон келбес өңдөнгөн артыкчылыктарга жетүүгө умтулушкан жок, ал үчүн аларда бош убакыт да болгон эмес. Дал ушул учурда пассионарийлердин бошогон орундарын "соодагерлер" — флоренциялык сүткорлор, кошоматчы дипломаттар, айлакерлер, авантюристтер ээлеп калат. Алар жергиликтүү этносторго жат немелер болгону менен таажычандар үчүн өтө ыңгайлуу болгон, эгерде алардын деги эле баш калкалар мекени болбосо андан бетер жакшы болгон.

Анан эле алардын багына Уатт буу машинасын ойлоп табат, андан ары техниканын ар кандай өркүндөтүлгөн түрлөрү пайда болот. Шаарлар кеңейип, шаар калкы ар түрдүү улуттардын өкүлдөрүнөн курала баштайт. Адам эми өз этносу менен мурдагыдай тыгыз байланышпай, сейрек карым-катышта болуп калат. Мына ошондо, Зомбарт эң сонун баяндап да, жамандап да жазган европалык адамдын "капиталисттик духу" чыга келет.

Эмне үчүн бул ушунчалык оңой ишке ашты? Анткени, каймана айтканда, бул "суу тоңуп, музга айлангандыктан" гана оңой ишке ашты. Бардыгы тоңгон учурда, т. а. обскурация фазасы келип жеткенде, этносту ичинен бүлүнтүп жеген бактерия сыяктуу болгон соодагерлер тукум курут болот да, этнос болсо бөлүнүп отуруп калдыкка айланат.

Цивилизация жана табият

Эгерде биздин колубузда салыштыруу үчүн чен-бычымдар жок болгондо, бул жерде сунуш кылынып олтурган этногенез түшүнүгү субъективдүү болуп калмак. Ал чен-бычым — антропогендик ландшафттардын тарыхы, т.а. "этнос" деп аталуучу механизм аркылуу техника менен жаратылыштын өз ара аракетинин тарыхы болуп саналат. Баяндалып жаткан фазада этникалык системалардын пассионардык чыңалуусунун төмөндөшүнүн натыйжасында адамдардын өзүн курчап турган табигый чөйрөгө болгон мамилеси кескин түрдө өзгөрүп кетет.

Пассионарийлер канчалык жаалданып кутурушпасын, аларга караганда өзүнө өзү корстон болгон түшүнүгү тар адамдар бизди багып турган
табиятка көбүрөөк зыян келтирет. Бул фазада тобокел кылуучулук эч кимге кереги жок болуп калат, анткени керектүү нерселердин баары жеңилип алынган, эми коргоочусу жоктордун сазайын берүүгө кезек жетет. Акыйкатта, тынч жаткан берекелүү биосфера өзүн өзү коргой албастыгы баарыга белгилүү да?!

"Адам — табияттын падышасы" деп жарыяланып, эми ал аны эзип, өзүнө керектүү нерселерди шашылбай, максаттуу түрдө ала баштады. Качандыр бир кездерде жапжашыл болуп көлбүп жаткан Диксиленд (АКШ-нын түштүк штатты) ойдуңуна пахта айдалып, кыска мөөнөттө аны кумдуу дөбөлөргө айлантып жиберди. Прериялар айдалып, түшүм көбөйдү, бирок кээде анын айынан чаңдуу бороондор көтөрүлүп, Атлантикага че- йинки чыгыш штаттарынын эгиндери менен мөмөлүү бактарына зыян келтирүүдө. Өнөр жайы өнүгүп, эбегейсиз көп киреше берүүдө, а бирок Рейн, Сена жана Висла дарыялары акыр-чикирге толуп калды.

Бул азыркы көрүнүш, бирок мурда да ушундайлар болгон. Б.з.ч. 15 миң жылда Жер бетинде чөл болгон эмес, азыр кайда барба — чөл көзгө урунат. Жогоруда биз, Эцзинголдун, Хотан дарыянын, Лобнор көлүнүн жээктерин монгол жана түрк баатырларынын жортуулдары кумдуу чөлгө айлантканын көрсөткөнбүз. Муну утурумдук түшүм алуу камында жүрүп эртеңкисин ойлобогон дыйкандар жараткан. Ушуларга эле окшош эмгекчи дыйкандар Сахаранын жер кыртышын бузуп, тыпынга айлантышып, самум шамалына учуруп жибериштн. Ушулардын колу менен өздөрү жашаган кыштак, шаарлардын айланалары өнөр жай таштандыларына толуп чыгып, уу химикаттар сууга куюлуп жатат. Пассионардуу адамдардын бири да мындай ишке бармак эмес, ал эми кадыресе адамдарга мындай кылбоо керектигин такыр түшүндүрө албайсың. Антүүнүн кереги барбы? Бул деген этногенездин эң акыркы фазасы эмес да.

Ата-бабалары жыйнаган маданий зор байлыгы бар этностор да ушундай жолго түшүштү. Кандай гана техникалык жетишкендик болбосун адамдар кыймылга келтирмейин өзүнөн өзү прогрессивдүү өнүгүүнү жаратып жибербейт, тескерисинче, мезгил таасирине чыдай албай жок болуп кетет. Жаңы Падышачылыктагы Египетке жана Месопотамияны багынтып алган Ассирияга караганда Байыркы Падышачылыктагы Египет менен Шумердин дыйканчылык маданияты жогору болгон. Сыягы, кеп адамдардын өзүндө, тагыраак айтсак,

алардын чыгармачылык энергиясынын корунда, т.а. пассионардуулугунда окшобойбу. Андыктан техника менен искусствону этникалык процесстердин көрсөткүчү, өткөндөгү муундардын пассионардуулугун өзүнчө бир кристаллдашкан нерсе катары кароо туура болчудай.

Биз географиялык трактатта саясий тарыхты ашкере пайдаланып жиберген жокпузбу? Тарых менен табият таануу бирине бири жакындашпаган нерселер, аларды салыштырууга болбойт деп да айтылып жүрөт. Өзүнүн "Жеңилбес дарак" деген китебинде Жон Стюарт Коллинс минтип жазат: "Антиохиянын калкын катуу жазалоону суранып Кудайга кайрылган Ыйык Павел эн туура кылган. Башка пайгамбарлар да шаарларды адилеттүү түрдө каргаган. Бирок алардын мунусу акыйкат болгону менен, шаарга байланышкан жаманчылыктардын себебин туура эмес көрсөтүшкөн. Күнөөкөрлүктүн себеби ал маселенин моралдык жагында эмес эле, ал теологияга эмес, экологияга тиешелүү болучу. Ашкере кекирейүү же ашкере байлыкка чөмүлүп жашоо адамдарга жаманчылык алып келмек эмес; жапжашыл талаалар мол түшүмүн бере бермек, көгүлжүм дарыялардын салкын жели жүрүп турмак; адеп-ахлактын бузулушу жана мыйзамды тебелеп-тепсөө канчалык даражага жетпесин андан бийик мунаралар кыйшайып, бузулбас чептер урап түшмөк эмес. Бирок адамдар Кудай тарабынан өздөрүнө жашоо үчүн тартууланган Жерге чыккынчылык кылышты, алар жер мыйзамдарын бузуп, күнөөгө батышты, токойлорду тыптыйпыл кылып кыркышты, көчкүлөргө кеңири жол ачышты — ошондуктан аларды кечирүүгө болбойт, алар жараткан бардык нерселерди кум жутуп салды[46].

Эң сонун айтылган, бирок туура эмес! Шаарлардагы адеп-ахлактын бузулушу жана мыйзамды тебелөө — токой менен талааларды жок кылып бүлүнтүүнүн башталышы гана болучу, анткени мунусуна да, тигинисине да этносоциалдык системанын пассионардык деңгелинин төмөндөшү себеп болгон. Пассионардуулуктун алдыда болуп өткөн жогорулоо учурунда адамдар өздөрүнө жана коңшуларына катуу талап коё билишкен. Ал эми анын төмөндөшүнө — "адамгерчилик", кемчиликтерди кечирүү, анан парз, милдет дегенге кайдыгер кароо, анан кылмыштуулукка баруу мүнөздүү. Кылмыштуулукка көнө баштагандар адамдарга жасаган "акмакчылыгын" ландшафттарга да жасашат. Этностун адеп-ахлагынын деңгели — жандуу жаратылышты жок кылуу өңдүү эле этногенездин табигый процессинин көрүнүшү болуп саналат. Биз ушул байланыштын бар экенин билдик жана ушуга таянып биз антропогендик тарыхты, т. а. адам тарабынан бүлүнүүгө учураган ландшафттын тарыхын жазсак болмок, анткени байыркы авторлордун жазмаларында табиятты пайдалануу жөнүндөгү маалыматтардын өтө жардылыгы ал доорлордун адеп-ахлагынын деңгели жана саясий таламдарынын карама-каршылыктары жөнүндөгү толуктоолор менен байытылмак. Дал ушул биз баяндап жазып отурган өз ара байланыштын динамикасы — этнология илиминин, адамдын биосферадагы орду жөнүндөгү илимдин предмети болуп саналат.

Чын-чынына келгенде биз пассионардык түрткү тарабынан бузулган тең салмактуулуктун калыбына келиши катары мүнөздөлө турган микро-мутациянын көрүнүшүн баяндап жаздык. Пассионардык түрткү кайсы бир регионду мекендеген адамдарга гана эмес, ошол региондун табиятына да зор таасир тийгизет. Энергиянын ашып-ташып кетиши жаңы керектөөлөрдүн пайда болушуна гана эмес, ал эл жашаган ландшафтты кайра курууга да алып келет. Буга мисал болчу көрүнүштөр жогоруда жетишерлик эле айтылды, бирок азыр

биз ал мисалдарды жалпылап, жыйынтык чыгарып, алардын багыттарын аныктап алышыбыз керек.

Эреже катары биринчи фазага жашоо-турмушту иретке келтирүүгө умтулуу мүнөздүү. Этногенездин алгачкы фазаларында жашаган адамдар өздөрү жашап жаткан система жок болуп кетерин сезип да коюшпайт, эгерде бул ойду кимдир бирөө айта турган болсо, анда аны эч кимдин уккусу келбейт, ошондуктан адамдар эч кандай күч-кубатты аябай, нерселерди түбөлүктүү кылып курууга умтулуп келе жатышат. Табият байлыгы азырынча түгөнбөстөй сезилет, андыктан ал байлыкты эч кандай тоскоолсуз түрдө чексиз алып турууну жөнгө салуу милдети коюлат. Кээде бул чектелбегендик жырткычтыкка алып келет, анча катуу эмес тартип орно- туу жана аны аткаруу жеке адамдарга өз билгенин жасоого тоскоолдук кылып, чектеп турат. Эгерде англиялык королдор жана алардын шерифтери оз мезгилинде жаратылышка зыян келтирүүгө каршы катуу мыйзамдарды киргизип, Орто кылымдарда "Робин Гуддар" деп аталышкан браконьерлерди тыйбаганда азыркы Англияда бир да бугу, кыркылбаган бир да дарак, тепселбеген бир да шалбаа калбайт эле. Чындыгында Англиянын элдик уламыштарынын баатырлары менен сыймыктануунун ордуна, алардын душмандары менен сыймыктануу оң болор эле. Ооба, беркилеринин да, аркыларынын да пассионардуулугу өсүп жаткан эле, тилекке каршы, алар өлтүрүп кырып жаткан айбанаттарда андай пассионардуулук жок эле. Айбанаттар үчүн Жүз жылдык согуш сонун шарт түздү, кан майданда эми адамдар өздөрү кырылып, Карт Англия менен Ажайып Франциянын табиятынын бузулушун алыстатты.

Буга окшош карама-каршы окуялар көп ирет кайталанды, бирок алардын бири да кыйроого учураткан жок, анткени табият тарыхка караганда бир топ ылдамыраак өзгөрүп турат эмеспи.

Жогоруда айтылгандай, Батыш Европанын обскурация процесси IX кылымдагы пассионардык түрткүдөн улам үзгүлтүккө учурады, бирок биочөйрөгө ал кездерде келтирилген зыяндар али жоюла элек эле. Галлия менен Британиянын аба ырайы нымдуу болгондуктан токойлор менен шалбаалар калыбына келди; Италия менен Андалусияда лимон жана апельсин бактары өстүрүлдү, а бирок кургакчыл Түндүк Африка оңоло албай чөлгө айланды. Эгерде II кылымда римдин атчан аскерлери мингич аттарды Атлас тоолорунун этек-жакаларындагы жайылып жүргөн сансыз жылкылардан алып турушса, VIII кылымда ал жерлерге төө өстүрө баштады. Албетте, бул аймактардын климаттык шарттары өзгөрүп кеткен жок, себеби бул — туруктуу антициклондордун — тропиктин ары жагында жаткан ээндиктин зонасы болучу. Ошондуктан аба ырайынын мындай шарттарында жердин күрдүү жука кыртышынын бир нече кылым ичинде калыбына келиши кыйын, а түгүл мүмкүн да эмес. Б.з.ч. II кылымдан б.з. IV кылымына дейре римдиктер азыркы туарегдердин ата-бабалары болгон нумидиялыктарды түштүк тарапка кысып кууп турушту. Алар ал жактарга өздөрүнүн үйүр-үйүр малдары менен чегинип отуруп, кургак талааларды акырындык менен таштуу Сахара чөлүнө айлантышты. Ап эми контингенттин Чыгыштагы чет-жакаларында римдиктердин милдетин кытайлар аткарды. Алар хуннуларды түндүккө карай кыса беришип, Иншандын токойлуу бөксөлөрүн таштуу Гоби чөлүнө, Ордостун кең талааларын кумдуу бархандарга айлантты. Акыйкатта, бул жерлерде антропогендик процесстер менен бирге кургакчыл жана нымдуу [47] зоналардын көбүрөөк нымдууланышынын гетерохрондуулугуна байланыштуу болгон климаттын

өзгөрүлүп турушу таасир тийгизди, бирок бул феномен биздин корутундубузду өзгөртө албайт[48], муну оңой эле далилдеп берүүгө болот.

Табигый процесстер — кургакчылык же суу ташкыны регионду жаратылышы үчүн кандай зыяндуу болсо өз заманынын техникасы менен куралданган адамдын ишмердүүлүгү да ошондой эле зыяндуу деген пикир пайда болот. Бирок бул дегеле андай эмес! Табигый процесстер кайра калыбына келүүчү өзгөрүүлөрдү жаратат. Мисалы, Евразиядагы Улуу талаада бир топ жолу кайталанган кургакчылык чөлдөрдүн жана жарым чөлдөрдүн таштуу Гобиден түндүктү жана түштүктү карай кеңейишин шарттаган. Ал эми андан кийинки нымдуулуктун күч алышы тетири процессти жараткан: чөлдөрдү чөп басып, токойлор болсо талааларды каптап кирген. Муну менен бирге антропоценоз да кайра калыбына келип, көчмөндөр өз малы менен "чөп жана суу" бар жерге кайрадан келип байырлашкан.

Бирок этногенездер дегенибиз — табигый процесстер, андыктан алар биочөйрөдө кайра калыбына келгис өзгөрүштөрдү жасай албайт, а эгер жасаса, анда, сыягы, бул процессте кандайдыр бир башка фактор катышып турган болуу керек. Ал кандай фактор? Чечмелеп көрөлүк.

Тарыхый мезгил ичинде Улуу талаада этногенез үч жолу болуп өттү: б.з.ч. V—IV кылымдарда аны хуннулар[49] б. з. V—VI кылымдарында түрктөр менен уйгурлар[50], XII кылымда моңголдор[51], ага жанаша сунгар тайгасында жашаган манжурлар баштарынан кечиришти[52]. Бул жаңыланган этностордун баары өзүлөрүнөн мурдагы жергиликтүү элдердин укум-тукумдары болушкан. Алар ашып-ташкан пассионардуулуктарын табиятты өзгөртүүгө коротушпады, анткени алар оз мекенин жанынан артык көрүшкөн, пассионардык энергияларын алар өз алдыларынча, өзгөчөлөнгөн саясий системаларды — хуннулар уруулук мамлекетин, түрктөр "Түбөлүк Элин", моңголдор улусун түзүүгө жана Кытай же Иранга жортуул жасоого жумшашты. Бул жагынан көчмөндөр византиялыктарга окшош болушкан. Бекеринен булары да, тигилери да евроборборчулуктун көз карашынан алганда "экинчи катардагы", же "толук баалуу эмес адамдар" катары эсептелип жүрбөсө керек, бирок да европалыктар менен кытайлар айлана-чөйрөнү коргоону түрктөр менен моңголдордон үйрөнүп, үлгү алышса туура болмок.

Бирок цивилизация фазасындагы эң жаман нерсе — бул табигый миграцияны стимулдаштыруу, тагыраак айтканда, бүтүндөй бир популяциялардын натуралдык ландшафттарды таштап, антропогендик чолкөмдөргө, т. а. шаарларга көчүшү болду. Албетте, шаар деле өзүнүн
чоң, кичинелигине карабай табият байлыктарынын эсебинен күн көрөт, бирок шаар ушунчалык зор техникалык базаны топтоп алгандыктан, бул жерде бири бирине деги эле окшошпогон өлкөлөрдөн көчүп келгендер да жашай беришет. Урбаникалык ландшафтта алар эң эле кур дегенде, бул ландшафтты жасалма түрдө түзүп, аны колдоп турган жергиликтүү элди эксплуатациялоонун эсебинен жашоого жөндөмдүү келишет. Бирок бул аймактарда карама-каршылыктар келип чыгат, алардын эң коркунучтуу жагы — көчүп келгендердин жергиликтүү калкка тескери таасир тийгизгени болуп саналат. Алар жергиликтүү калкка акыл-насаат үйрөтүп, өздөрүнүн мекендеринде жарактуу болгону менен, бул жаны ландшафттарга жараксыз болгон техникалык өркүндөтүүлөрдү киргизе башташат. Кээде мындай аша чапкандыкын зыяндарын ондоого болот, ал эми кээ бир учурда мунун айынан гүлдөгөн өлкөлөр чөлгө эле эмес, таптакыр жараксыз

жерлерге (бэдленддер) айланып, техника келтирген зыяндарды кайра калыбына келтирүү мүмкүн болбой калат.

Тигр менен Евфрат дарыяларынын ортосу мына ушундай тарыхый тагдырга туш келген. Шумерлер бул аймактагы саздарды "Эдемге" айлантышса, семит-аккадийлер "Кудайдын Дарбазасы" (Баб-элои) деп аталган шаарды — Вавилонду курушкан. Эмне үчүн ал жерде азыр урандылар гана жатат?

Вавилонду ким талкалады?

Бир жарым миң жыл бою Жакынкы Чыгыштын маданий жана экономикалык борбору болгон шаар кандайдыр бир негиздүү себеби жок эле өзүнөн өзү кыйрап калышы таң каларлыктай көрүнөт. Анын кыйрашынын себеби эмнеде жана ал кандайча ишке ашты? Тарыхый адабий булактарда мунун жообу жок.

Бул улуу шаар б. з. ч. XIX кылымда аморейлер тарабынан негизделип, б.з.ч. VII кылымда аны ассириялыктар басып алышат. Каратып алууда кан суудай агып, козголоңчулар катуу жазаланат. Согушка коңшулар эламиттер жана Чыгыш Аравиянын урууларынын бири халдейлер аралашат. Халдейлер Ассирияны б.з.ч. 612-жылы талкалап, калкы миллиондон ашкан, бирок курамында байыркы вавилондуктардын азгантай укум-тукуму сакталып калган Вавилонго ээ болушат". Анткени менен шаардын маданияты менен экономикасы өзүн жараткан адамдардан узак жашап, этникалык жаңы толуктоолору менен ал система жашоосун уланта берди. Кан төгүлгөн кыйратууларга карабай туруктуу антропогендик ландшафт б. з. ч. VI кылымга чейин бузулган жок.

Вавилондун чарбачылыгы Тигр менен Евфрат дарыяларынын сугат системаларына негизделген, артык баш суу Тигр аркылуу деңизге куюлуп турган[53]. Бул туура жасалган, себеби Евфрат менен Тигр дарыялары киргенде Армян тоолорунан көптөгөн агындыларды агызып келгендиктен
күрдүү жер кыртыштарын шагылдар менен кумга бастырууга жол беришкен эмес. Бирок б.з.ч. 582-жылы Навуходоносор Египет менен тынчтык келишимин түзүп, ханыша Нитокриске үйлөнөт. Нитокрис кийин Навуходоносордун мураскору Набонидге тиет. Ошентип, ханыша менен бирге Вавилонго аны узатып египеттик билимдүү адамдар да келет. Сыягы, өзүнүн жан-жөкөрлөрү кеңеш берген болуу керек, Нитокрис күйөөсүнө сугат жерлерди кеңейтүү үчүн жаңы канал курууну сунуш кылат. Падыша-халдей египеттик ханышанын долбоорун кабыл алат, анан б.з.ч. VI кылымдын алтымышынчы жылдарында Вавилондун жогору жагынан башталган жана дарыя жээгинен алыс жаткан жерлердин зор аймагын сугарууга жараган Паллукат каналы курулат[54]. Бул иштин аягы эмне болду дебейсиңерби?

Мунун натыйжасында Евфрат жай агып, шилендилер сугат арыктарга чөгүп туна берет. Шилендилерден тазалап, сугат тармактарын мурдагы абалында сактап туруу көп күч жумшоону талап кылат. Паллукат каналынын суусу кургак территориялар менен агып өткөндүктөн кыртыштарды шордотуп жиберген. Дыйканчылык рентабелдүү болбой калат, бирок бул процесс дагы узакка созулат. Б.з.ч. 324-жылы Вавилон дагы эле өтө чоң шаар катарында сакталып тургандыктан кыялкеч Улуу Александр аны борбор шаарга айландыргысы келген. Бирок б.з.ч. 312-жылы Вавилонду каратып алган оор басырыктуу Селевк Никатор Вавилонго караганда Тигрдин жээгиндеги Селевкия шаарын жана Оронттогу — Антиохияны артык көргөн. Вавилон ээн калып, акыры б.з.ч. 129-жылы парфяндардын олжосуна айланат. Б.з. башталышына жакын ченде

анын урандылары гана калып, ал урандыларда иудейлердин анча чоң эмес калкы жашап турган. Кийин алар да жок болушкан[55].

Кантип эле бир чоёке ханыша килейген шаардын жана гүлдөгөн өлкөнүн тамырын кыйып, кыйратып сала алсын? Кейпи, ханыша мында чечүүчү роль ойногон эмес. Эгерде Вавилондун падышасы жергиликтүү калктан болгондо, алды-арты терең ойлонулбаган бул сугат тармагынын зыяндуулугун же өзү түшүнмөк, же жердештери менен кеңеш курмак, алардын арасынан бул ишти жакшы билген адамдар сөзсүз табылмак. Бирок падыша халдейлик адам болгон, анын аскерлери арабдар, кеңешчилери еврейлер эле, алардын бири да канга бөлөнгөн жана басылып алынган бул өлкөнүн географиялык жагдайына кызыгып коюшкан эмес. Египет инженерлери Нилдеги сугат тармактарынын тажрыйбасын Евфратка өзгөртүүсүз көчүрүп келишти. Нил кирген учурда жерди семирте турган агындыларды агызып келип турган, ал эми Ливиянын куму канча суу болбосун өзүнө сиңирип алып, Египеттин талааларын шор басуудан сактаган. Мындагы эн опурталдуу нерсе — кетирилген жаңылыштыкта эмес, коюлуучу маселени тийиштүү жерде өз убагында койбогондукта турат. Согушта өлтүрүлгөн жана куулуп жиберилген вавилондуктардын ордун баскан Вавилондун жаңы калкына баары ойдогудай сезилгендиктен, алар мындай маселени ойлонуп да коюшкан эмес. Бирок табиятты
"кезектеги багынтуу" алардын тукумун курутуп жок кылды, алар бул шаарды курууга катышпаган, жөн гана сырттан келип жашап турган калктар болучу. "Калктын географиясы" менен этнологиянын айырмасы дал мына ушунда эле. Биринчисинде жалаң гана статистика, экинчисинде — этногенездин ар башка фазасында турган этностордун ландшафт менен өз ара мамилелери жөнүндөгү маселелер каралат.

Мелиорациянын зыяндарын жоюу Эки Дарыя аралыгында жашаган элдердин өзүнүн эле эмес, алардын укум-тукумдарынын да колунан келбеди. VII—IX кылымдарда арабдарда арзан жумушчу күчү көп эле. Алар негр-кулдарды Занзибардан ташып келишип, ошондуктан аларды "зинжилер" деп аташып, Вавилондун урандыларынын айланасында жаткан туздарды терүүгө мажбурлашкан. Ушундай жол менен кыртышты жакшыртуу такыр эле мүмкүн эмес болучу, анткени көзгө көрүнбөгөн туздун кыпындары топурактын арасында кала берген. Бул жумуш ушунчалык оор болгон. Куйкалаган күндүн алдында, туз жеген алакандар канжалап, эс алуу дегенди билбей иштөө оңойбу!

Жандары кашайган негрлер козголоң чыгарышат. Ал 869-жылдан 892- жылга чейин созулуп, бул көтөрүлүштөр бактысыз адамдардын бүт бойдон кырылышы менен аяктайт. Бул муну менен эле бүтүп калбады; жашоонун шарапатын сезбеген кулдар жандарын курмандыкка чалуу менен кошо Багдад халифатын да бүлдүрүп салышкан. Багдаддан Египет менен Хорасандын акимдери бөлүнүп кетишет, каракчы Якут Саффар борбор шаардын сепилине жетип келип, тополоң түшүрөт, Бахрейндин сектанттары — карматтар көз каранды эместикке жетишет. Булардын баары халифтин бүткүл күчү зинжилердин козголоңун басуу үчүн жиберилип, казынанын каражаты бүт бойдон азайгандан азайып баратканаскерлердин катарын толуктоо үчүн түркмөндөрдү жалдоого жумшалгандыктын натыйжасында болгон.

Талаанын бул жоокерлери Багдадда өздөрүнөн башка баш көтөрөр күч жоктугун көрүп билген соң халифтерди өздөрү каалагандай алмаштырып, өздөрүнө жумуш берген арабдардын каршы сөз айткандарын күч менен басып турушту. Акыры аларды тоолуктардын — бунддар менен шийиттердин жардамы

менен кууп чыгышты, бирок бунддар менен шийиттер бүткүл арабдардын душманына айланып, халифтердин колунда куурчак болуп калган.

Мелиорациялоого жасалган экинчи аракет да биринчисине окшоп ойлонулбай, жеңил-желпи жүргүзүлгөндүктөн өтө кымбатка түшкөн.

Албетте, ар кандай мелиорация кыртышты бүлүндүрөт деп ойлош керек эмес. Ал ойлонулбай жасалганда, жердин климаттык жана башка шарттары изилденбегенде жана анын акыры кандай болору эске алынбаганда гана ушундай натыйжага алып келет. Байыркы мезгилде мындай кесепеттүү натыйжалар ишти бөтөн адамдар, келгиндер жасаганда гана орун алган. Аларда изилдеп-үйрөнүүгө убакыт болгон эмес, алар дароо ишке киришкен... анын акыры дайыма кырсык менен аяктап турган.

Этноско тиешелүү адамдар башкача аракеттенишкен, алар өздөрү ошол ландшафттын курамдык бир бөлүгү болгондуктан аны кайра курууда табият процесстеринин жүрүшүнө карама-каршы келбегендей кылып этиет иштешкен. Натыйжада туруктуу биоценоз түзүлүп, андан өсүмдүктөр да, айбанаттар да жана адамдар да өздөрүнө ылайыктуу экологиялык орун- очок таап алышат. Адатта, ушундай этноландшафттык система этногенездин алгачкы фазасында түзүлөт, анткени этногенездер да Жердин ландшафттык катмарын түзүүгө катышуучу жаратылыш процесси болуп саналат.

"Маданияттын төмөндөшү" деген эмне?

Биз катаал, түнт жана искусство эстеликтерине кедей болгон доорлорго бекеринен көңүл буруп отурган жокпуз. Гүлдөп-өнүккөн жана шедеврлерге бай доорлор жөнүндө жетишерлик эле көп жазылды, аларды кайталоонун кажети жок. Андан көрө маданият тарыхынын жаркын мезгилдери эмне үчүн караңгы мезгилдер менен орун алмашып турарын аныктоо максатка ылайыктуу болчудай.

Орто кылымдардын ойчул адамдары античный мезгилдин — Рим империясынын жана апостолдук христианчылыктын мурастары үзгүлтүксүз жоголуп баратканына карап, төмөндөө доорунда жашап жатабыз деп чын дилдеринен ишенишкен. Бул ой XV кылымда гана жоголду, натыйжада ал кылымды Кайра жаралуу деп аташты.

Баарынан кызыгы, Хан доорунун маданиятын жоктоп ыйлаган кытайлар[56], өз тарыхтарын даңктап ырдашкан перстер[57], ортодоксалдык исламга библиялык пайгамбарлар: Адамдын, Нухтун, Мусанын жана аларга теңештирилген Давид жана Соломон падышалардын окууларын карама-каршы коюшкан Аравиянын бедуиндери да ушундай эле ойдо болушкан. Алардын баарынын тарыхтан кабарлары жок болгон жана өздөрүнүн ойлорун, көп учурларда сандырак идеялары ишенимдүү болсун үчүн тарыхый инсандардын сөзү катары айтышып, алар өздөрүнүн автордук укуктарын курмандыкка чалышкан. Алар өздөрү жашап турган чынында да караңгы жана кайгылуу мезгилдерге каршы зор нааразылыкты ушундайча билдиришкен. Бул ойлордун чын төгүнү жөнүндө талашып-тартышуунун кажети жок. Анткени ал айтылгандар адамдардын өз дооруна карата мамилесин көрсөтүп тургандыктан алар өзүнөн өзү факт болуп саналат, эгерде алар глобалдуу фактылар болсо анда ал тарыхый фактылар катары эсептелет да, аларды илимий түрдө талдоого болот жана талдоо керек.

Эң алды суроону тактап алалы: эмненин төмөндөшү (эмненин жогорулашы)? Этникалык процесстерде жана маданияттын тарыхында жогорулоолор жана

төмөндөөлөр учурайт, бирок алар фазалар боюнча бири бирине дал келишпейт. Бул кокусунан эмес. Этногенез процессин пайда кылуучу пассионардык жарылуу, эреже боюнча, мурдагы маданият үчүн ото зыяндуу болот. Байыркы христиандар эң мыкты античный скульптураларды талкалашкан; готтор, вандалдар жана франктар архитектуралык укмуш кооз эстеликтери бар шаарларды орттошкон; арабдар Александриядагы жана Ктесифондогу китепканаларды жок кылышкан, Карфагендеги жана Кордовадагы соборлордун дубалдарына тартылган сүрөттөрдү шыбатып салышкан. Искусство орду толгус катуу бүлгүнгө учураган, бирок муну начарлоо деп атоо жарабайт, анткени чыгармачыл эргүү ал кезде да урматталган, болгону маданий доминанттар гана алмашылып турган.

Мунун тескерисинче, начарлоонун классикалык доору — II—IV кылымдардагы Рим империясы — айкелдер менен фрескалардын көп жасалышы, театрлар менен храмдардын курулушу, триумфалдык аркалардын жана митреумдардын тургузулушу менен мүнөздөлөт. Анткени менен бул доорго эстетикалык ченемдер, бизче айтканда, сапаттын начарлашы мүнөздүү болгон. Императорлордун айкелдери даяр калыптар менен жасалып, аялдардын айкелдери да анча жеткилең болгон эмес, булардын мунусу да, тигиниси да ал мезгилдеги адептүүлүктүн талабына шайкеш келет деп түшүнүлгөн. Архитектура андан начар ахыбалга кабылат: Константинге Триумфалдык арканы өз убагында курууга жетишүү үчүн — Траяндын аркасын бузуп, таштарын пайдаланышкан. Эми бул кол өнөрчүлүк эмес эле, эптеп-септемей устакерчилик болгон. Римдин көп квартиралуу үйлөрү ушунчалык начар курулгандыктан, көп учурда кулап түшүп, жашоочуларын урандылар басып калып турган. Рим готтор менен вандалдар келип талкалаганга чейин эле чыгармачылык менен жашоосун токтоткон. Ошондуктан Түбөлүк шаардын калкы аны коргошкон да эмес.

Чын эле ушундайбы? Ошол эле каардуу замандарда христиан неоплатониктерине руху боюнча жакын болгон христиан философторунун зор тобун айтпаганда да, Лукиан Самосатский, Аммиан Марцеллин, Сидоний Аполлинарий өндү өлбөс-өчпөс чыгармалардын авторлору жашашпады беле.

Ооба, дал ошондой! Бирок ал кездеги авторлордун окурмандары да аз болгон. Сидоний Аполлинарий жан дүйнөсү жалгыздыкка кабылганын айтып сыздайт. Философтор Прокл менен Ипатия жалгыздыкта жана эч ким карабай, унутта калышкан. Александриялык түркөйлөрдөн Ипатияны жадегенде шакирттери да коргошкон эмес. Кийинчерээк чегилген айкелдердин фрагменттерине карап, анын жогорку деңгелде жасалганын баамдоого болот, бирок алардын саны кесипкөйлөр жасагандарга салыштырмалуу өтө эле аз болгон. Көркөмдүктү баалоонун төмөндөп кетиши жана жеке өзгөчөлүктүн эклектика менен орун алмашышы — искусствонун чыныгы начарлашын билдирет. Мунун катуу кыйроолор менен байланышы барбы-жокпу — бул маселе тарыхый процесстер менен этникалык миграциялардын бир деталы гана болуп саналат.

Бардык жерде ушундай болгон. Акын Иоанн Златоуст Византияда IV кылымда кудурети күчтүү ханышага каршы чыгат, бирок өлгөндөн кийин ыйык адам катары урматталып калат. Ал эми XI кылымда ата мекенди коргогон баатырларды ушактап, жаманатты кылып куруткан синклиттер (төбөл чиновниктер) бийликти өз колдоруна алып алышкан. Ал кезде бир да акын жаралбаптыр.

Араб халифатында окумуштуулар урматталып, архитектуранын эстеликтери кыйратылган эмес, бирок шуубиййа — куранды чыгармачылык менен талкуулап түшүндүрүү — курулай жаттап алуу менен алмашылган. Кытайдын Сун

династиясы да ар кыл интеллектуалдык баалуулуктарды дал ушундай жол менен жок кылган, бул жерде да бардык диндерге тыюу салынып, конфуцийчиликке гана уруксат берилген. Сыягы, маданияттын начарлашы — бардык элдерге мүнөздүү процесс болсо керек.

Эми жалпылоого өтсөк болот.

Этникалык инерциянын фазасында жашоо аймагын кеңейтүүгө жөндөмдүүлүк төмөндөйт жана өз өлкөсүнүн ландшафттарына таасир этүүсү башталат. Техночөйрө, т.а. керектүү да, кереги жок да имараттардын, буюмдардын, эстеликтердин, жасалгалардын саны өсөт, албетте, булардын баары табият байлыктарынын эсебинен ишке ашырылат. Мындай өзгөртүүлөрдүн бир бөлүгү — арыктар, бир түрдүү өсүмдүк эгилген талаалар, кара малдардын эбегейсиз көп үйүрлөрү табиятка анчалык зыян келтирбейт. Көңүл бөлүнбөй калган учурда алар табигый геобиоценозго кайра барып кошулат. Бирок табигый материалдар ар тарабы чектелүү калыпка салынып турганда өз алдынча өнүгүү токтолот, ал көп учурда кайра калыбына келбес, жай жана сөзсүз түрдө талкалануучу тагдырга тушугат. Мындай урандылар археологдорго гана керек. Алар өсүп бараткан эмес, өчүп бараткан этностордун издерин, алар артында калтырган бышырылган чоподон жасалган идиштердин сыныктарын, клинопись менен жазылган вавилондук таблицалардын фрагменттерин, пирамидалар менен баалбектик платформаны, орто кылымдардагы сепилдердин жана Юкатан чытырман токойлорунда жаткан байыркы майялардын храмдарынын урандыларын изилдешет. Адамдарды багууга жөндөмдүү биочөйрө адамзаттын жер үстүн биоценоздун конверсиялык циклинен тышка чыгып калган таштандыларга бастырууга болгон умтулуусун канааттандырууга алсыз. Этнос өзүнүн бул фазасында, Антейге окшоп жер кыртышы менен, т. а. жашоо менен байланышын үзөт жана сөзсүз түрдө болуучу начарлоого кабылат. Бул начарлоонун көрүнүшү алдамчы болот. Ал гүлдөөнүн жана жыргалчылыктын доору сыяктуу болуп көрүнгөндүктөн замандаштары аны түбөлүк ушундай болуп тура берет деп ойлошот, ошондой эле аларга табият байлыгы эч качан түгөнбөй тургансып сезилет. Бирок бул өзүн өзү алдоочулук, мындай ой акыркы, бу саам кыйроо менен бүтө турган фазага жеткенде өзүнөн өзү жоголот.

Этногенездин акыркы фазасы тополоңдуу болот. Эволюциянын кайра жангыс мыйзамына ылайык биочөйрө менен катнашууну кайра баштоого жөндөмсүз болгон этностун мүчөлөрү жырткычтык жолго түшөт, бирок ал да аларды сактап кала албайт. Этнос демографиялык жактан кемий берет да, натыйжада этногенездин башкы багыты менен байланышы жокко эсе, чет-жакаларда жашаган субэтностор гана сакталып калат. Алар же калдык катарында күн өткөрүшөт, же башкача жүрүш-туруш доминантына ээ болгон жаңы этносторду түзүшөт. Мындай учурда процесс кайра жаңыдан кайталанат, бирок ал, албетте, кезектеги пассионардык түрткү болсо гана кайталанат.

XXXV. ОБСКУРАЦИЯ ФАЗАСЫ

Этностун "күүгүмдөрү"

Активдүү адамдардын азайышы, эмоционалдык жактан пассивдүү жана эмгекчил калктын жетиштүү камсыздалышы "цивилизациянын" айырмалоочу белгиси болуп саналат. Ошентсе да үчүнчү вариантты — чыгармачыл жашоону билбеген, жалкоо, эмоциялык жана акылы жагынан кем, бирок турмуштан өзүнө көбүрөөк нерсени алууга умтулган адамдар да бар экенин унутпашыбыз зарыл. Өсүүнүн жана өзүн көрсөтө билүүнүн баатырдык доорлорунда мындай адамдар жашоого жөндөмсүз келет. Алардан дурус жоокер, жумушчу чыкпайт, ал эми кылмыш жолуна түшсө, анда анын өмүрү эшафот менен бүтөт. А бирок цивилизациянын жылуу- жумшак мезгилиндеги жалпы материалдык баймана ашып-ташып турганда баардыгына бир сындырым нан да, аял да табылат. "Жашоону жанындай көргөндөр" (неологизм үчүн автор кечирим сурайт) чексиз төлдөп көбөйө баштайт, кантсе да алар жаңы маанайдагы адамдар болгондуктан өздөрүнө жараша: "Биз кандай болсок, ошондой бол", т.а. жеп-ичкенге жарабаган нерселерге умтулба деген императивди жетекчиликке алышат. Мындай адамдар ар кандай өсүп-өнүгүүнү жек көрөт, эмгекчилдик шылдыңга алынып, интеллектуалдуулуктун үзүрлүү жемиштери менен кубанычтары алардын кыжырын келтирет. Искусстводо стиль төмөндөйт, илимдеги мыкты изилдөөлөр ортозаар иликтөөлөр менен алмашылат, коомдук турмушта коррупция күчөйт, аскерлер козголоң чыгаруу менен коркутуп, офицерлерин, колбашчыларын бөйпөктөшөт. Эч кимге ишенүүгө болбойт, эч кимге таянууга мүмкүн эмес, баары сатылып кетүүгө даяр, бийлик эгеси каракчылардын анабашынын кейпин кийип, өз үзөңгүлөштөрүнөн шектенүү, артынан аңдуу, керек болсо өлтүрүү жолуна түшөт.

Ушул фазада орнотулган тартипти демократиялуу деп айтуу кыйын, аны "обскурация" деп атоо гана туура болот. Мында да мурунку фазалардагыдай эле чакан топ бийлик кылат, болгону адамдарды тандоодо башкача, негативдүү принцип колдонулат. Мында жөндөмдүүлүк эмес, жөндөмсүздүк, билимдүүлүк эмес, дөдөйлүк, өз ына нымына катуу туруучулук эмес, кошоматтанып баш ийкеген туруксуздук бааланат. Бул талапка адамдардын бардыгы эле жарап бере албайт, ошондуктан жаңы талаптын көз карашынан алганда элдин көпчүлүк бөлүгү акылы кем, андан улам укугу да кем болуп чыга келет. Дал ошондо адилет жазанын кезеги келет: жашоону жанындай көргөндөр "цивилизация" мезгилинде семирген элдин ич-майын жеген мите куртка окшоп жашоого гана жөндөмдүү келишет. Алар бир нерсени жасоону да, аларды сактоону да билишпейт, алар адамдын денесине жабышкан айыкпас жарадан бетер, элдин организмин ичтен жемире жеп отуруп, жеңишке жетет, т.а. өлтүрүп тынып, өздөрү да тукум курут жок болушат.

Чындыгында, үй-бүлөнү багуу жана балдарды тарбиялоо үчүн бул учурда мурдагы көнүмүштөн башкача сапаттар талап кылынат, антпесе балдары ата-энесине баш ийбей, өз алдыларынча кетиши ыктымал. Ошентип, обскурация салтанат кургандан соң анын өкүлдөрү түтүн сымал тарап жок болот, ушул бардык кыйсыпырлардан аман калган статикалык абалдын алгачкы ээлеринин тукуму өз балдарын тынч, коңшулары менен чыр-чатаксыз жашоого үйрөтө баштайт. Анатомиялык жана физиологиялык жактан алар толук баалуу адамдар болот, бирок пассионардык чыңалуулары ушунчалык начар болгондуктан

этностордун өнүгүүсү жүрбөй токтоп калат. Булардын арасында кокустан пассионардуу адам туулуп калса, ал өз мекенинен сырткары жактарда гана өзүнө ылайыктуу иш табат (мисалы, албандар Венецияда же Константинополдо карьерага жетишкен). Мында эки жол бар: же алар калдык катарында эптеп-септеп жашоо өткөрөт, же жашоонун алааматына түшүп, акыры ар кошкондон бир кошкон калдыктар аралашып отуруп, өзүнүн ата тегин ачык билбе- ген жаңы этноско айланат, алар үчүн түпкү ата тегине караганда кайрадан жаңырып жаралган мезгили маанилүүрөөк болуп калат. Ошентип процесс кайра башталып, кокустан кайсы бир сырткы күч бузуп жибербесе, баягы эле баскычтарды басып өтө берет.

Обскурация фазасына мисалдар башка доорлорго караганда азыраак. Европанын Батышы менен Чыгышындагы элдер мындай алжууга туш бол- чудай анча деле картаң эмес. Андыктан буга мисалдарды байыркы мезгилдерден издейли.

Гүлдөөдөн начарлоого карай

Эмесе көңүлдү Жер Ортолук деңизинин жээгинде, б.з.ч. IV кылымда болуп өткөн белгилүү окуяларга буралы. Дал ушул учурда жоокер эл — кельттердин жортуулдарынын мизи өзүнөн-өзү мокоп калды. Алар жүз жыл илгери Испания менен Италиянын жерлерин басып алып, этрускилердин өсүп келаткан маданиятына өтө оор зыян келтирбеди беле. Ушул эле кылымда Карфаген аскерий жана экономикалык күч-кубаттуулукка жетишип, этрускилердии эзүүсүнөн кутулган Рим өзүнчө татаал мамлекеттик система болуп түзүлөт. Анткени менен бул аймактагы башкы ролду эллиндер ойноду. Алар өздөрүнүн эң сонун кылымын жашап өтүп, мозаикалык этностон суперэтноско айланат.

Катарына Македонияны кошуп алып, Эллин суперэтносу өзү менен атаандашкан пуни жана этрус этностору — Карфаген менен Этрурияны талкалап, кыйырын чыгышта — Индияга чейин, батышта — Испанияга (Сагунт) жана Галлияга (Массилия) чейин кеңейтет. Айтмакчы, Карфаген менен Этрурия өз алдынчалыгын сактап турушканы менен, деңиздеги үстөмдүктөрүн жоготуп алышкан. Ал кезде пассионардуу адамдардын чет-жакаларга агылып кетиши жана да кечээ жакында болуп өткөн согуштардын (Пелопоннес, Фивы жана Македония) кыйынчылыктары Элладанын туруштук берүү касиетин начарлатат. Муну биз Афины менен Спартанын демилгелүүлүгүнүн начарлашын пайдаланып, алардын колунан демилгени жарым жапайы Эпир менен Этолия тоолуктары жана Ахайянын карапайым дыйкандары тартып кеткенинен байкайбыз. Чынында алардын күчү ушунчалык эле ашып-ташып кеткен эмес, бирок пассионардуулуктун борборлорунун сүрүлүп калышынан пайдаланып, үстөмдүк үчүн тобокел кылып күрөшкө аттанууга жетиштүү болгон. Италияда башталган так ушундай эле процесс кийинчерээк Түбөлүк шаарга айланган жети дөбөдөгү каракчылардын республикасын түзбөдү беле. Бул жерде өтө маанилүү бир байкоого көңүл бура кетели. Римдиктердин эң негизги атаандашы — самниттер эр жүрөктүүлүгү, кайраты жагынан душмандарынан кем калган эмес, бирок алар өз балдарын Карфагенге, анан калса эллиндин Тарент, Сиракузы ж.у.с. шаарларынын жалданма аскерлерине кызмат кылууга жөнөтүүнү адатка айлантышканы белгилүү. Албетте, байлык жана укмуш окуяларды көздөп жөнөп кеткендердин бир бөлүгү курман болушуп, дагы бир бөлүгү арып-ачып кайтып келишкен. Ал эми римдиктер чаң-тополоң чыгарганына карабай өз жаштарын

сыртка чыгарбай кармап турушкан. Ошентип алар өздөрүнүн пассионардык күч-кубатын сактап калышып, аны Пирр менен Ганнибалга каршы согушта пайдаланышып, натыйжада Рим Жер Ортолук деңизинде үстөмдүккө ээ болгон. Буга карабай пассионардык бул күч-кубат азая берип, акыры Гай Марийдин реформасын жараткан — кесиптик туруктуу аскер түзүлүп, андагы катуу тартип субпассионарийлерди катардагы жоокер катарында пайдаланууга мүмкүнчүлүк түзгөн. Рим этносунун тулкусу бөлүнүп, кичи эки система: сенат жана армия пайда болот. Цезардын убагында армия жеңишке жетишет, ал өлгөн соң Октавиан менен Антонийдин кол башчылыгы астында да жеңиштерди колдон чыгарган эмес. Кийинки үч кылым бою Рим империясынын пассионардуу калкы армиянын катарына келип кошулуп тургандыктан граждандык согуштар Рим дүйнөсү (Рах Котапа) деп аталган бир суперэтностун ичиндеги ар кайсы этностордун өкүлдөрүнөн түзүлгөн аскерий топтордун ортосунда жүргөн.

Биринчи согуш Аквитания падышаларынын тукуму, Галлиянын пропретору Юлий Виндекс Римдин бийлиги менен оор салыгынан кутулуу үчүн оз улутташтарынын көтөрүлүшүн жетектеп чыккан кезде, 68-жылы башталат. Испан легиондору көтөрүлүшкө кошулуп, Сервий Сулпиций Гальбаны императорлук такка отургузушат. Бирок Гальба Пиренейди ашып түшө электе Рейндин жогору жагында турган легиондор аквитандыктар менен салгылаша кетишет. Алардын колбашчылары аскерлердин минтип согушуп кетишерин ойлошкон да эмес, бирок легионерлер алардын буйругуна баш ийбегендиктен, натыйжада Виндекс баш болуп 20 Мин аквитандык жоокер курман болот.

Испан легиондорун жетектеп Римге кирген Гальбаны жети айдан кийин Италияда жашашкан преториандыктар өлтүрүп салышат да, анын ордуна өлгөн Нерондун бөтөлкөлөш ынагы Отонду императорлукка көтөрүшөт. Ал аңгыча Төмөнкү Рейнде турган легиондор козголоң башташып, өздөрүнүн колбашчысы Авл Виттелийди өзүлөрү менен кошо Римге жүрүш жасоого мажбур кылышат. Алар 69-жылы преториялыктарды талкалайт. Отон өзүнө өзү канжар сайып өлөт. Бирок сириялык жана египеттик легиондор Виттелийдин падыша болушуна каршы чыгып, өздөрүнүн колбашчысы Веспасианды бийлик үчүн күрөштү жетектөөгө мажбурлашат.

Виттелийден Отондун өчүн алыш үчүн Мизияда, Паннонияда, Иллирияда турган легиондор аларга кошулуп кетишет. Цецинадагы герман легиондорунун башчысынын багынып берүү аракети ишке ашпай калат. Жоокерлери анын колу-бутун кишендеп салып, согушка киришет. Кремондун жанында Веспасиан жеңишке жетип, шаарды аёосуз карактап, анда жашаган римдиктерди кулдукка сатууга мүмкүн болбогондуктан бардыгын кырып салышат. Виттелий бийликтен баш тартат, бирок Римде турган анын аскери анын баш тартышына макул болушпай, Капитолийге чабуул коюп, анда турган Римдин шаар башчысын, Веспасиандын бир тууганын өлтүрүп салышат да, өздөрү курман болгуча өжөрлөнүп согуша беришет. Ал эми Римдин калкы кезектеги жеңүүчүлөрдүн тарабына өтүп кетишет.

Мына ушул кызыл кыргын эле Римдин профессионал армиясы рим элинен бөлүнүп, сенатка түздөн-түз каршы экенин көрсөтүп отурат. Бирок алар да бирдиктүүлүгү жок, бир нече территориялык консорцияларга бөлүнүп кетишкен. Легионерлер менен бейпил жашаган калктын жүрүш-туруш көнүмүштөрү бири биринен айырмаланып калган жана ал айырмачылык улам тереңдей берген, анткени бул аскерге провинцияда жашагандар да алынган, алар жоокердик

турмуш үчүн оз бир туугандарынан жана уруулаш тарынан бөлүнүп келгендер эле.

70-жылы империя кармап турган отуз легион атайын чакырылгандардын, ыктыярдуулардын эсебинен гана эмес, табигый өсүү аркылуу да толукталып турган. Тынчтык күндөрдө легионерлер өз керектөөсүнүн камында өздөрүнө бөлүнгөн жерлерди иштетишкен жана үйлөнүүгө укуктары жоктугуна карабай ойнош күтүп алышкан, алардан туулган балдар кийин түздөн-түз аскерлердин катарына келип кошулган. Ушундай жол менен Рим империясынын жоокерлери өз алдынча субэтнос болуп түзүлгөн. Анын мааниси жылдан жылга өсө отуруп, аскерий кызматтын шартына жараша жүрүш-туруш көнүмүштөрү да өзгөрүп турган.

Римдин калкы өздөрүнүн туруктуу аскер күчтөрүнө канчалык жаман мамиле жасашпасын жана ар бир мүмкүнчүлүктү пайдаланып тынч жаткан калкка аскерлер кордук көрсөткөнүнө карабай, легиондордун жашап турушуна байланыштуу гана провинциялар байыганын жана шаарлар оюн- зоокко бөлөнүп турганын айтып койгон оң. Оюн-зооктор: гладиатордук салгылаштар, жырткычтарды кармаштыруу, христиандарды дарга асуу, туткун катын-кыздарды мазактоо, кул менен күндөрдү сатуу сыяктуу касаптуу жорук-жосундар менен коштолгон. Байыркы дүйнөнү сүйүүчүлөрдү кызыктырган римдиктердин кылык-жоруктары ушундай болгон.

Үрөй учурган мындай окуялардын болгондугуна карабай Римдин императордук доорун баары бир этногенездин инерциялык фазасы деп эсептөөгө болот. Рим эли өз пассионардуулугун өздөрүнүн саясий системасын сактап турууга жумшаган. Эгерде б.з.ч. II—I кылымдарда ашып-ташкан пассионардуулук социалдык катаал системаны граждандык согуштар аркылуу бузуп турса, б. з. башталыштарында пассионардуулук системанын тартибин жана тынчтыгын сактоого жетиштүү болгон, ал эми I кылымдын аягы ченде аскер күчтөрү согушка жөндөмдүү т.а. пассионардуу адамдар менен провинциялык элдин эсебинен толукталып турган. Мунун өзү кыйроонун башталышы болуучу.

Анан эмне болду? Легиондор начарлап кеттиби же империянын коңшуларынын күч-кубаттуулугу арттыбы? Акыйкатта тигиниси да, мунусу да болду. Дал ушуну так билүү бизге маанилүү.

Албетте, рим этносунун (бул кезде античный грек-рим суперэтносу менен дал келген) легиондор кирген бөлүгү өзүнүн пассионардык чыңалуусун согуш майданында болуучу жоготуудан да батыраак корото баштады. Ал учурда биринин артынан экинчиси болуп турган төңкөрүштөрдө жоокерлер өз таарынычтары үчүн тартипти катуу талап кылган кичи кол- башчыларын тындым кылып, өч алып турушту. Бул деген өтө жоопкер, демилгелүү, кызматына адал мамиле жасаган жана милдетин так аткара билген адамдарды жок кылуу болуучу, алардын ордун принциби жок, сатылгыч адамдар келип ээлеп турган. "Аскерий" императорлордун адеп- ахлактык жана маданий деңгелдери жөнүнө келсек жогорудагыдай бузулуу атайын белгиленип, көп эле баяндалып жазылган, бирок биздин темабыз үчүн ал бузулуу бардык аскерий катмарларга тарап жеткенин, ошол кездеги намыскөй жигиттер өмүрүн тобокелге салып болсо да, аскердик кызматта гана өзүн көрсөтүп өсө алгандыктан, рим этносунун бардык пассионардык элементтери аскерлердин катарына келип кошулуп турганын белгилөө маанилүү.

Инерция фазасы системанын II кылымдын аягына чейинки жашоосун камсыз кылып туруп, анан токтоп калат. Ошондо жаңы фазанын мезгили келет.

Кандуу караңгылык

Этногенездин фазалары бири экинчисине билинбей өтө тургандыктан аны ал учурдун жашоочулары, эреже катары, сезип да коюшпайт. Бирок тарыхчы үчүн ал ачык-айрым байкалып турат, себеби ал орун алмашуулар мааниси бир топтон кийин гана көрүнө турган олуттуу окуялар менен дал келет.

Рим этносунун тагдырындагы чечкиндүү бурулуш 193-жылы, акылынан адашкан император Коммод мууздалып ташталган соң гана башталат.

Ушул окуялар көбүрөөк көңүл топтоого арзыйт. Порфира кийген мыкаачы падыша ойношунун төшөгүнө жакында өлтүрүлүүчү адамдардын тизмеси жазылган тактайчаны унутуп калтырып кетип калат. Ойнош катын да ал тизмеде жазылган болот. Анан ал аял тизмелүү тактайды өлүмгө буйрулгандарга көргөзөт, ошентип алар атайын чакырган гладиатор Нарцисс ал бетбак падышанын өзүн өлтүрөт. Сенат императорлукка акылман карыя Пертинаксты дайындайт. Ал ак ниет, кайраттуу жана иш билген жетекчи, боорукер, адилет, момун падыша болгондуктан преториандыктар да ага баш иет. Күнөөсүз камалгандар бошотулуп, сүргүнгө айдалгандары кайтарылат, айгактар жазаланып, акыйкат сот жүргүзүү жана чарбачылык калыбына келтирилет. Пертинакс падыша сарайга жумшалуучу чыгымдарды эки эсе азайтып, Коммод зордук-зомбулук көрсөткөн күндөр менен кулдар сатылып жиберилет. Өлкө үч айда кайрадан жаралгандай болуп өзгөргөн.

Бирок күндөрдүн биринде падыша сарайына преториандыктардын жоон тобу келет. Кароолчулар аларды ичкери кийирет. Алар Пертинаксты өлтүрүп салышат. Өлкөнүн элин ый басат. Ата мекенди сактап калуу аракети ушуну менен аяктайт.

Преториандыктар ким көп төлөсө тактыны ошого берүүнү сунуш кылышат. Тактыны алыскы провинцияларды узак жылдар бою башкарып, оголе көп байлыкты карактап чогултуп алган сенатор Дидий Юлиан сатып алат. Анын бийлиги да колдоого ээ болгон жок: сенаторлор менен атчан аскерлер оозун басып, ички сезимдерин билдиришкен жок, ал эми топураган эл аны сөгүп жатышты. Преториандыктарга жүктөлгөн үмүт акталбады. Алар азыр 69-жылы өз жолбашчысы Отонду Виттелийдин жаалданган чек арачыларынан коргоп калган баягы эр жүрөк легионерлер эмес эле. 124 жыл ичинде преториандыктар ушунчалык бузулуп, ыйманын жоготкондуктан аларга эч ким ишенбей да, аларды эч ким сыйлабай да калган эле.

Рим легионерлерине каршы провинциялардын башкаруучулары — проконсулдар дароо жүрүшкө аттанышты. Британияда "бардык адамзатка жат жаманчылыктарды философтун бешмантынын ичине каткан" Марк Аврелий менен Коммоддун досу Клодий Альбин өз жоокерлерине эркиндикти калыбына келтирүүнү сунуш кылат. Өз провинциясы Сирияда жана Римде өтө кадырлуу, иш билген жана ак көңүл жетекчи Песцений Нигердин жеңишке жетишине мүмкүнчүлүгү көп эле. Паннонияда Септимий Север, римдик атчан жоокер, Африкада туулуп өскөн, намыскөй жана бир сырдуу башкаруучу демилгени илип кетет. Ал тез аракет жасоонун артыкчылыгын пайдаланып, Римге жакын тургандыктан Түбөлүк шаарга согушсуз эле кирип келет. Преториандыктар колдобой таштап салган Дидий Юлиан өзүнүн сарайында өлтүрүлөт.

Анткени менен бийликти ээлөөгө келген колбашчыны лавр дарагынын бутактарын булгалап тосуп алган преториандыктар жаңылып калышты. Септимий Север өзүнүн кайраты курч аскерлерине преториандыктарды куралсыздандырууга буйрук берет да, андан соң аларды ар кайсы провинциялардын аскер топторуна бөлүп, Римден айдап жиберет. Ошентип,

кайсы бир мезгилдерде каратып алынган Фракия менен Иллирия Римди жеңип алат. Фракиялык-иллириялык легиондордун баатырдыгына таянып, кандуу кармашууда Нигер менен Альбинди жеңип чыккан Септимий Север жоокерлердин абалын жеңилдетип, аскеринин санын чыгыш провинцияларда туулуп өскөндөрдүн: иллириялыктардын, фракиялыктардын, галаттардын, маврлардын, языгдардын, арабдардын ж. у. с. эсебинен көбөйтөт. Натыйжада, III кылымдын башталышы чендерде Римдин бардык аскерлеринде чет элдиктер кызмат өтөп калышат. Бул өз мекенин ыктыярдуу коргоочулар менен камсыз кылууну токтоткон рим этносу пассионардуулугун жоготконун көрсөткөн. Империянын структурасы жана маданияты инерция боюнча али да сакталып турду. Бул мезгилде Сириядан келгендер жана туткундатып келген жоокер-кулдардын тукумдары — колонналар ээлеп алган Италиянын өзүндө чыныгы римдиктер болуп саналган төрт-беш үй-бүлө гана жашап калган эле.

Северлердин аскерий диктатурасы римдик системанын өмүрүн 40 жылга узартты, андан кийин баары башталды... 235-жылы жоокерлер Александр Северди жана анын акылман энеси — Маммеяны өлтүрүп, бийликти фракиялык Максиминге алып беришет. Африканын проконсулу, чыныгы римдик Гордиан ага каршы чыгып, өз уулу менен бирге жүрүшкө аттанат, бирок экөө тең курман болушат. 238-жылы жоокерлер Максиминди, а протериандыктар — эки консулду: Пупиен менен Бальбинди өлтүрүп салышат. Гордиан Шнү преториандыктардын префекти Филипп Араб 244-жылы өлтүрөт, анын өзүн 249-жылы Деций тындым кылат. Готтор менен салгылашууда Деций өлгөндөн кийин жоокерлер чыккынчылык кылып Галлды, анын артынан Эмилианды өлтүрүп салышат. Эмилиандын атаандашы Валерианга жоокерлер согуштун чечкиндүү мезгилинде баш ийбей, императордон перстерге багынып берүүсүн талап кылышат. Ал "унчукпас мунарада" курман болот. Империя үчкө бөлүнүп кетет: батышта катаал император Постум, чыгышта перстердин чабуулун токтоткон пальмирдик падыша Оденат такка отурат, ал эми Римде императорлор Галлиен, Аврелий, Клавдий II жана 17 күн бийлик кылган Квинтиллиан удаа-удаа өлтүрүлөт, акырында 270-жылы такка отурган Аврелиан тартипти калыбына келтирип, империяны бириктирүүгө үлгүрөт, бирок 275-жылы аны кулдуктан бошонгон Мнестий өлтүрүп, өзү да өлтүрүлөт. Андан кийин кезеги менен карыя консуляр Тацит, анын бир тууганы Флориан, паннониялык офицер Проб, Кар, Нумериан, Арий Апр өлтүрүлөт. Ошентип, 284-жылы сентябрда гана Диоклетиан бийлик эгеси деп жарыяланат, анан ал өзүнүн атаандашы Кариндин (Кардын уулунун) 285-жылы өз жан-жөкөрлөрү тарабынан өлтүрүлүшүнөн пайдаланып падышалык такка отурган.

Эгерде биз карапайым адамдардын мындан да көп өлтүрүлгөнүн эске ала турган болсок падышаларды өлтүрүүлөрдүн бул узун тизмеси этникалык өнүгүүнүн жүрүшүн түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Биздин алдыбызда обскурация фазасы турат — мындайда жөндөмдүү аскер башчынын жеңишти камсыз кылуу үчүн тартипти күчөтүүгө жасаган аракети каардуу душмандын аракетине тете кабыл алынат. Пассионардуулуктун жоголушунан улам өзүнө тең келчү каршылыкка учурабаган инстинктивдүү жорук-жосундар — бейпарассаттык, ач көздүк, жалкоолук рим аскерин топураган бетпактардын жана чыккынчылардын тобуна айланткан. Жарым кылым ичинде чечкиндүү бир аскер башы же акылман бир дипломат кантип табылбай калсын. Зор өлкөдө мындайлар жетиштүү болчу, бирок ишенимдүү инсандар аз эле. Алардын саны улам азайгандан азая берген,

анткени императорлор менен бирге алар да кошо өлтүрүлүп турган. Ошентип рим этносу варварлардын басып кирүүсүнөн мурда эле өлүп, чирип, жок болгон.

Диоклетиан өзүн артта калган провинция гана аман сактап каларын түшүнгөн. Ошондуктан ал чек араны кайтаруу милдетин өзүнүн үзөнгүлөш үч жолдошуна тең бөлүп берип, падыша сарайын Римден алыс, Кичи Азиянын Никомедия шаарына салдырып, өзүнүн айланасына алигече согуштук жөндөмдүүлүгүн жоготпогон иллириялык, фракиялык жана мезиялык тоолуктарды топтойт. Чирип бараткан коомго ишене албагандыктан ал бюрократияны түзөт. Христиандар менен манихейлерди куугунтукка алат, себеби алар анын мыйзамына баш ийбей, өз жамааттарынын мыйзамы боюнча жашашкан. Кыскасы, ал этностун соолуп бүткөн инерциялуу эмес мурдагы муундар тарабынан түзүлгөн маданиятты пайдаланган. Бирок ал да кайсы бир көрүнүштөрдүн таасирине багынып, республиканын башчысы (princeps) эмес, мамлекеттин падышасы (dominus) болууга мажбур болгон.

Диоклетиандын мамлекетинин аты эле римдик болгону менен чындыгында ал этникалык негиздерди түп-тамырынан бери четке каккан Жер Ортолук деңизинин аймагындагы бардык өлкөлөрдүн биримдиги эле. Империянын калкынын көпчүлүк бөлүгү обскурациянын күчтүү куюнуна туш болуп турган, т. а. алар суперэтноско өзүнүн этностук тиешелүүлүгүн жоготуп салышкан. Бул адамдарды маданий салт гана бириктирип турган болуучу, мамлекеттик бийлик муну билгичтик менен пайдаланган. Бул деген чыныгы патриотизм — уят-сыйытын жоготкон жана байланышы бар, кокустан бийликке келген адамдардын арасынан дайындалган магистраттарга баш ийүү менен алмашылганын билдирет. Мындай система чыдамдуу боло алмак эмес. Ага карабай ал өз калкынын колдоосунун аркасында эмес, алардын арасында жашоого жөндөмдүү келген консорциялар пайда болгондуктан сакталып турган болуучу. Жаңы консорциялар рим этносунун каада-салттарына каршы болушканы менен жалпы үстөмдүк кылып турган жагдай-шартка баш ийип турушкан, албетте, ал жагдай-шарттар консорциялар үчүн жеңил боло койгон эмес. Акыры биринчи доминус өлүп жоголгон соң бул жаңы күчтөр Байыркы Римдин өлүгүн тирилтүүгө аракет жасап көрүштү.

Алмаштыруу

Кантсе да мындай кайгылуу абал түзүлгөнүнө карабай рим аскерлери Рейн боюндагы чек араны, Твид жээгинде созулуп жаткан жалды колдон чыгарышпады жана нумидийликтер менен маврларды бир топ кысымга алып турушкан. Чыгышта гана абал оор эле. Готтордун кемелери Эгей деңизине кирип келип жатышты, күчү 50 эсе аз Персия Месопотамияда ийгиликтүү согушту, ал эми б. з. II кылымындагы дактар менен иудейлерди талкалоодо Рим империясынын бардык аскер күчтөрүнүн чымыркануусун талап кылды. Чындыгына келгенде III кылымда империяны иллириялык-фракиялык бөлүктөр гана жана алардын кийин император болушкан Аврелиандан Диоклетианга чейинки жолбашчылары сактап калышкан болуучу. Алардын катарында "акыркы римдик адам" деп аталган белгилүү аскер башчы Аэций да бар эле. Анткени менен абал анча жөнөкөй эмес болуучу.

Кейпи, Фракия менен Иллириядан легиондорго келип кошулуп жаткан адамдардын кулк-мүнөзү ошо кезде христиан коомчулугуна кирип жаткандардын кулк-мүнөзүнө окшош болсо керек. Албетте, кулк-мүнөздөгү

басымдуу белгилеринде айырмачылык ар башка болгон, бирок биздин талдоолор үчүн ал анча маниге ээ эмес. Негизгиси пассионардык түрткү жөнүндө бардык булактардын билдирүүлөрүн жалпылай келип, биз түздөн-түз Балкан жарым аралындагы ошол пассионардык түрткү башталган аймакка туш болдук. Теориялык жактан эсептегенде да ал силкинүү дал ушул жарым аралда болушу керек эле, ошентип теориянын туура экенин аныктадык. Андыктан, Аэцийди жана анын легионерлерин "акыркы римдиктер" дегенден көрө "алгачкы византиялыктар" деп атоо туура болор эле.

Ошентип биз мындай деген жыйынтыкка келебиз: б. з. II кылымынан баштап Рим империясынын чыгыш тараптагы провинцияларында жана андан түндүк чет-жакалардагы айрым территорияларда калктын активдүүлүгү жогорулаганы байкалат. Империядан тышкары жактарда бул көрүнүш готтордун, анттардын, вандалдардын, т.а. жаңы элдердин этногенезинин башталышы болгон. Империянын ичкери жактарында пассионардуулуктун жогорулашы өзгөчө доминантка ээ болгон — мында аралашкан этникалык негизде, христиандык, гностикалык жана бутпарастык (неоплатониктер) конфессиялык жамааттар түзүлгөн. Адатта христианчылыкты кулдардын дини деп коюшат. Бул бир жагынан туура, бирок минтип айтуучулар кулдардын катары басымдуу санда согуш туткундары менен толукталып турганын эстен чыгарып жиберишкендей. Ар бөлөк урууларды өкүлдөрү болгон кул менен күндүн үйлөнүшүнө кожоюну уруксат берген, ал эми башка диндегилер менен турмуш курууга биз консорция деп атоого батынган христиандык жамааттардын жетекчилери тыюу салган. Мына ошентип христиандык консорцияларда анчалык туруктуу болбогон аргындар чогула баштаган. Адатта мындай биригүүлөр туруксуз келет да, эки-үч муундун аралыгында эле бөлүнүп кетишет, бирок бул жерде христиандык жамааттарга туруктуулук берген нерсе — зор пассионардык чыңалуу болуп саналат. Эсепсиз курмандыктарга жана каардуу куугунтуктарга карабай, акыры 313-жылга жакын ченде өз уюмуна (чиркөөгө) ээ болгон христиан жамааттары императордук бийликти алмаштырган.

Христиандар император Диоклетиандын эң берилген букаралары жана эң тартиптүү жоокерлери болушкан, бирок легионерлердин милдеттүү түрдө катышуусу менен лагерлерде өткөрүлүүчү бутпарастык курмандык чалууларда алар өздөрүн крест белгилери менен жаап турушкан. Диоклетиандын ою боюнча бул ырым-жырымдын күчүн жоготууга мүмкүндүк берет имиш. 303-жылы ал Рим империясындагы акыркы христиандык куугунтукту уюштурат. Куугунтук эки жылга гана созулат, анткени 305- жылы Диоклетиан бийликтен баш тартып, Иллириядагы чоңдугу Спалатро шаарына тең болгон өзүнүн чарбагына кетип калат. Ал 313-жылы аялы менен кызынын мыкаачылык менен өлтүрүлгөнүн угуп, анын өзүн андан да жаман кордук күтүп турганын билген соң мүрт өлөт.

Диоклетиан бюрократиянын генийи болгон. Ал Евфраттан Гибралтар менен Твидге чейин созулуп жаткан зор өлкөнү аткаруу бийлигисиз башкаруу кыйын экендигин түшүнгөн. Өз кызматкерлеринин кулк- мүнөздөрүн эң сонун билгендиктен ал алардын арасынан эн ишкер делинген үч кызматкерди тандап алат да, аларга экинчи август жана эки цезарь титулдарын ыйгарып, бул кызматтардагы адамдарды алмаштырып дайындап туруу тартибин киргизет. Диоклетиан бийликтен баш тарткандан кийин Чыгыштын августу болуп, христиандарды куугунтуктоонун демилгечиси — Галерий, Батыштын августу — айтылуу Константиндин атасы, боорукер жана момун Констанций Хлор кала

беришет. Галлия менен Британияда христиандарды куугунтуктоо дароо токтойт, себеби Диоклетиандын буйруктарын аткарууга эч ким кызыкдар болгон эмес.

306-жылы Галерийге каршы Италия көтөрүлүп чыгат. Көтөрүлүштүн башында Диоклетиандын мезгилиндеги цезардын уулу, эч нерсеге жөндөмсүз, орой жана аягы суюк Максенций турган. Италиядагы козголоңду басууда Галерий жеңилип калат да, 311-жылы дүйнөдөн кайтат.

Балкан жарым аралындагы провинцияларды башкаруу бийлиги анын досу Лицинийге өтөт. Кичи Азияда, Сирия менен Египетте Максенцийдин бир тууганы Максимин башкарып турат.

Эки бир туугандын мүнөздөрү окшош болгондуктан Нерондун эле эмес, Калигуланын, Коммоддун жана Каракалланын заманы кайра кайрылып келгенсиди. Экөө тең Константин менен Лицинийге тиштерин кайрап, желигип турушту. Ошентип 312- жана 313-жылдары согуш чыкты. Христиандар жардам берген тараптар — Константин жана Лициний жеңишке жетти. Чындыгында бийликтин күчү, аскеринин саны жагынан үстөмдүктүн болушу, экономикалык байлыктар, жадегенде эски салттардын таасири Максенций менен Максимин тарапта болгон. Бирок экөө тең каза болуп калышты. Ал мындайча болду.

312-жылы Константин көбүн эсе галлдардан түзүлгөн 40 миң аскери менен Альпыны ашып түшүп, төрт эсе күчү көп душманды беттеп По дарыясынын өрөөнүндө бир нече беттешүүлөрдө жеңип, Тибрге чейин жетип келет да, ушул жерде Максенцийдин аскери менен беттешет. Константин көтөргөн тууда жаркыраган крест тартылган эле. Анын галл атчандары Максенцийдин римдик атчандарын эки канаттан кысып кирип, ал эми ветеран-чек арачылар преториандарды кылычтын мизине алып, кыргын түшүрүшөт. Максенций качып баратып Тибрге чөгүп кетет.

Лициний Константиндин карындашына үйлөнөт да, эки август Миланда христиандардын сыйынуусуна эркиндик берген буйрукка кол коюшат. Андан кийин Лициний Чыгышка жөнөйт, ал жакта Максимин Сириядан Фракияга кирип келген эле. Лицинийдин иллириялык жоокерлери Максиминдин сириялык ар кошкон аскерлерине караганда согушууга жөндөмдүү болуучу. Лициний 313-жылы Гераклейдин жанында жеңишке жетет, Максимин болсо качып баратканда ууктуруудан өлөт.

Жеңишке жеткенден кийин Лициний өз кол алдындагы күнөөсү жок адамдарга зордук-зомбулук көрсөтө баштайт. 315-жылы ал Константинге каршы жашыруун көтөрүлүш камылгасын көрөт да, чек аралык Эмон шаарына тургузулган Константиндин айкелин кулатып салууну буюрат. Константин согуш ачып, Лицинийдин аскерин эки жолу талкалагандан кийин ал элдешүүнү өтүнөт. Константин Лицинийден Македония менен Грецияны тартып алат да, чыгыштагы калган провинцияларды ага ыйгарат.

Эки падышанын ортосунда болуучу кармашуу улам кийинкиге жылдырыла берет, бирок экөө тең анын сөзсүз болорун түшүнүп турушкан болуучу. Константин империядагы бүткүл христиандардын зор колдоосуна ээ болуп турган.

Максимин менен кармашып жатып, өз ээлигинде Милан жардыгын жарыялаган Лициний эли эмне кылышы керек эле. Милан жардыгынын таасири менен анын жоокерлери Гераклейдеги беттешүүдө жардамга "улуу урматтуу кудайды" чакырышып, анын колдоосуна ээ болушкан. Кантсе да Константиндин энеси Елена христиан динин туткандыктан, Константиндин өзү христиан партиясынын көзгө басар жолбашчысы болгондуктан Лициний христиандарга

куугунтук жасоону кайра жаңыртуудан башка айла таппады. Бирдиктүү бир бийликке талапкерлердин аскерлери 324-жылы Адрианополдун жанында беттешет, бул салгылашта Лицинийдин эр жүрөктүүлүгү менен даңкталган фракиялык-иллириялык кошуундары душманынан сан жагынан көптүгүнө карабай талкаланып калат. Босфордун аркы тарабында турган Хризополдун жанындагы экинчи бет- тешүүдө да алар жеңилишет. Ырайымдуулук көрсөтүлөт деген убада боюнча Лициний колго түшүп берет, бирок бир нече айдан кийин (325- жылы) муунтулуп өлтүрүлөт. Аны аёонун кереги жок эле, анткени ал өзү да эч күнөөсү жок адамдарды өлтүргөндөн кайра тарткан эмес. Ал өзүн коргоп, жанын курман кылган жоокерлери менен кошо өлүмгө барса болмок, бирок ал Константиндин карындашы болгон аялынын этегине корголоп, аман калам деп ойлогон окшойт.

Бул согуш эски, бутпарастык дин менен жаңы, христиан дининин атаандаштыгынын чагылышы болгон эмес, ал калыптанып калган этностун эки субэтносунун ортосундагы биринчилик үчүн күрөш болгон. Дал ошол этностон кийин Византия өсүп чыккан. Ал эми римдиктердин тукуму жөнүндө айта турган болсок, алар ошондогу жаңырган этникалык системага сиңип кетишпегени менен, кантсе да алар үчүн обскурация фазасы аяктап, алар эми аракет кылууга жөндөмсүз болуп калышкан. Аларга өткөндөгүлөрүн эскерүүдөн башка айла калган эмес.

Бардык жерде ушундай

Жыйынтык жасоого ушул далилдер эле жетиштүү болду, мисалдарды дагы көбөйтүү аны өзгөртө албайт. Античный же эллиндик-римдик суперэтностун пассионардуулугу азайып жүрүп отуруп, цивилизацияга айланган жана али да болсо коңшуларынын кысымына каршы туруштук берүүгө жарап турган. Бул система ички зор алааматтардын же Скандинавия, Чыгыш Европа, Кичи Азия жана Сирия региондорунда жаралган пассионардык түрткүлөрдүн натыйжасында талкаланган. Баяндалып жазылган бул феномен кул ээлөөчүлүк системанын социалдык кризисине тиешелүү эмес жана адамдардын аң-сезимдүү ишмердүүлүгүнүн натыйжасы да эмес, тескерисинче, адамдар эмне болуп жатканын, эмне үчүн капысынан жашоо ушунчалык алааматка түшүп кеткенин түшүнбөй кырылып жатышкан болуучу.

Бул процессти токтотууга жана өлкөнү сактап калууга бюрократиянын генийи Диоклетиандын да, Константиндин саясий айлакерлиги да, Феодосийдин аскерий таланты да жардам бере алган эмес. Чыгышта, жаңы этнос жаралып, шарттуу түрдө Византия деп аталган аймакта варварлардын чабуулу токтотулуп, ал эми Батышта алар жоголуп кеткен римдик граждандардын ордун басып калышкан.

Ушундай эле процесс Византияда Ангелдердин мезгилинде жүрүп, 1204-жылы Константинополдун кулашы менен аяктайт. Никей империясындагы патриотизмдин дүрт этип жанышы кыйраган өлкөнү убактылуу жандандырганы менен, этникалык бузулуу процесси улана берген, а түгүл аны Иоанн Кантакузиндин эрдиги да токтото алган жок. Византиянын эли жоголуп, аралашып сиңип, бузулуп бүткөн кезде, т. а. Константинополь өзүн коргоого жарабай калганда Осмон түрктөрү кирип келишкен (5-май, 1453-ж.).

Ахеменилер империясы сырттан болгон соккудан кыйраган, ал эми обскурация Жакынкы Чыгышка кечирээк келген. Ал Александр Македондуктун жеңишин эмес, Сулланын, Лукуллдун, Помпейдин, Титтин, Траяндын, Байыркы

Ирандын урандыларынын ордуна Парфян падышачылыгын негиздеген сактардын жолбашчысы Аршактын жеңишке жетишин жеңилдеткен.

Обскурация орто кылымдагы Кытайга өтө билинбей кирип келди. XVII кылымдын орто ченинде Мин падышачылыгынын чирип бүткөн бюрократиясы Ли Цзычэндин дыйкандардан түзүлгөн кошуунуна багынып берет, дыйкандардын бийлигин көз ачып жумгуча, ошол эле арада Нурхаци ханзаада бириктирген манжурлардын чакан тобу талкалап салат[58]. Ошондон кийин эки жүз жылча Кытай шал болуп жата берет, муну европалык байкоочулар кытай маданиятына тиешелүү өзгөчөлүк катары баалашат. Чындыгында бул өнүгүп келаткан маданияттын сыркоосу эмес, миң жылдан көп (581 —1683-жж.) жашаган этностун мыйзам ченемдүү картаюусунун натыйжасы болуучу.

Баарынан кызыгы обскурация ар дайыма эле этностун жок болушуна алып келбейт, бирок этникалык маданиятка орду толгус зыян келтирет. Эгерде обскурация өтө тездик менен өнүксө жана аларды басып алууга умтулган жырткыч кошуналары жок болсо, анда "Биз кандай болсок, силер да ошондой болгула" деген императив "Күндүк өмүрүң болсо, түштүгүнө жорго мин!" деген умтулууга туш болот. Натыйжада этникалык доминантты жана ар кандай жамааттык иш-чараларды, кала берсе талкалоочу иш-чараларды сактап калуу мүмкүнчүлүгү болбой калат. Мындайда багыттуу өнүгүү "броундук кыймылдагыдай" абалга келип, этностогу айрым жеке адамдар же чакан консорциялар эң кур дегенде жарым-жартылай болсо да салтты сактап калышкан болсо прогрессивдүү начарлоо тенденциясына каршы туруу мүмкүнчүлүгүн алат. Эгерде анча- мынча пассионардык чыңалуу жана мурда өткөн фазаларда этнос тарабынан иштелип чыккан турмуш-тиричиликтин инерциясы сакталып турган шартта маданияттын айрым-айрым "аралчалары" түптөлүп, этностун бир бүтүндүгү сакталып калгансыган алдамчы көрүнүштү пайда кылат. Бул — өзүн өзү алдоо болуп саналат. Чындыгында система алда качан жок болгон, айрым адамдар гана жана алардын өткөндөгүлөр жөнүндөгү эскерүүлөрү гана сакталып турган болуучу.

Обскурация фазасынын коркунучтуулугу анын пассионардуулуктун деңгелин бир нече ирет кескин өзгөртүп жибере тургандыгында. Анткени чөйрөнүн мындай тез жана туруктуу түрдө өзгөрүп турушунун учурунда ал чөйрөгө ылайыкташуу мүмкүн болбогондуктан этнос бир бүтүн система катары сакталбай, бүлүнүп жок болот.

Мына ушинтип пассионарийлер этностон эч кимди сүрүп чыгарбай турганы белгилүү болду, бирок алар өздөрүнүн ашып-ташкан энергияларынын натыйжасында этникалык системаны татаалдаштырып жибере турган ар түрдүү кыйынчылыктарды пайда кылат. Ал эми татаал система жөнөкөй системага караганда туруктуу да, чыдамдуу да келет.

Табигый процесс болгон этногенездин механизми ушундай. Андыктан бул көрүнүштү Августиндин Кудайдын шаары жөнүндөгү идеясы да, Гегелдин абсолютка умтулуусу да, Ясперстин философиялык экзистенциясы да түшүндүрүүгө жарай албастыгы айдан ачык.

XXXVI. ТҮГӨНҮП БҮТКӨНДӨН кийин

Эстелик фазасы

Өткөндөн калган эстеликтер пассионардык импульстардын инерциясына караганда көбүрөөк жашайт, бирок аларды айрым адамдар кармап, сактап турууга чамасыз келет. Ага аракеттенгендер замандаштарынын колдоосуна да ээ боло албайт, бирок андай аракеттер жемишсиз кала бербейт. Акындардын ырлары элдик фольклор катары сакталат, сүрөтчүлөрдүн шедеврлери элдик искусствонун үлгүсүнө айланат, мекен коргоочулардын эрдиктери уламалар менен легендаларга айланат, себеби болгонун болгондой так сүрөттөө жанрдын талабына туура келбейт.

Мына ушундай көрүнүштү биз Алтайдан байкайбыз. Бул жерде алты уруу жашайт, анын үчөө түндүктүк — түрктөшүп кеткен угорлор, калган үчөө түштүктүк — байыркы түрктөрдүн калдыктары. Телестер — түркүттөрдүн тукуму, төлөңгүттөр менен телеуттар — телес тобундагы уруулар, буларга уйгурлар да тиешелүү, ал эми алтай-кижилер — Алтайга XII кылымда келген наймандардын бир тарамы. Ушул уруулардын баардыгынын санжыралуу бай дастандары бар, алардагы көп окуялар Тан империясы менен кашык каны калганча кармашкан, акыры VI—VIII кылымдарда жеңилип, жоголуп кеткен түркүттөрдүн кагандыгынын мезгилин баяндайт[59]. Тукум курут кырылуудан калган түркүттөр Тоолуу Алтайдын булун-буйткалуу өрөөндөрүнө баш калкалап, өзүнүн кайра жаралуу мезгилин күттү, бирок анысы ишке ашпады[60]. Алар гомеостазга жакын абалга өтүп кетишти, бирок өздөрүнүн баатырдык дастандарын өткөндөн калган эстелик катары сактап калышты.

Дал ушундай байыркы эле эмес, салыштырмалуу кийинки мезгилдерде болуп өткөн окуялар жөнүндө эскерүүлөр Теңир-Тоолук кыргыздардын, жунгарлык ойроттордун (Кытайлар менен болгон XVII кылым- дагы согуш жөнүндө), пуэбло (тэва) индейлеринин жана башка бир кездерде зор этностордон азыркы аз сандагы "урууларга" айланып калган элдердин дастандарында бар. Кристаллга айланган пассионардуулук — искусство аларды коңшу элдердин арасына сиңип жок болуудан, аргындашуудан жана ага байланышкан кордуктардан сактап калды.

Этногенездин бул фазасында турган этностор окумуштуу этнографтардын жана жергиликтүү эл менен жалпы тил таба билген "гармониялуу" (пассионардуулугунун деңгели маанисинде) колониячылардын терец урматтоосуна ээ болушкан. Бирок субпассионарийлер менен жырткыч пассионардуулар аларды жининдей жек көрүп, алака түзүүгө эч качан барышпаган. Бул айрыкча Түндүк Американын тарыхынан байкалып турат.

Атлантика океаны менен преериянын ортосунда жашаган индей уруу-ларынын көпчүлүк бөлүгү өздөрүнүн өнүгүү мезгилин европалыктар келгичекти басып өтүшкөн. Алардан европалыктар келердин алдында Онтарио көлүнүн аймагына көчүп келген индей уруусу ирокездер гана жана да семинол уруусу айырмаланып турган. Булар да, тигилер да өздөрүнүн пассионардуулугун сактап, ак колониячылардын кыжырын кайнатып турду. Анткени менен бул жердин байыртан берки ээси алгонкиндер жана маданияттуу натчездер, Луизианада французтар тарабынан аёосуз кырылган мандандар, крилер европа адабиятында эр жүрөктүүлүктүн, чынчылдыктын, адилдиктин жана башка жакшы сапаттардын үлгүлөрү болуп калышты. Аларды Фенимор Купер менен

Шатобриан так ушундай сүрөттөшкөн. Анан эле европалыктар пассионардуу индейлер: апачилер, навахтар, команчтар... менен бет келген соң индейлер жек көрүндү болуп чыга келишти. Ал эми момун, эмгекчил пуэбло индейлери деги эле эч кандай баага татыбай калды. Европалык авторлорду алардын өздөрү эмес, алардын салттуу архитектурасы көбүрөөк кызыктырган. Бул бекеринен эмес. Индей дыйкандары — өтө байыркы эл болгон, алар маданиятынын көп нерселерин жоготуп алган калк. Алгонкиндер көптөгөн нерселерин сактап кала алышкан, бирок көз карандысыздыгын коргоп калар пассионардык чыңалуусун сактай алышпады, натыйжада французлар жана англиялыктар менен достошууга аргасыз болушту. Ал эми ирокездер оздөрүн коргоого жарады, бирок аларды колониялар козголоңу күчөгөн учурдагы бөлүнүп- жарылуу гана жайрап салды. Алардын бир бөлүгү Англия үчүн, дагы бир бөлүгү америкалыктар тарабында салгылашты... акыры аларды мунусу да, тигиниси да кырып кирди.

Өткөндөгү маданиятын унутпаган жана баалай билген этнос-изоляттар өтө көп, анан да тарыхый тагдырдын буйругу менен четке сүрүлүп калган жана "өткөндөгү эң сонун заманы" жөнүндөгү өздөрүнө кымбат эскерүүлөрдү сактап калуу үчүн гана аң-сезимдүү түрдө турмуш-тиричилик көнүмүштөрүн бузбай сактап келаткандар да болот экен. XIX кылымдын башталышы ченде эле Россия империясындагы эски адатчылар дал ушундайча жашашкан. Екатерина Пнин мезгилинде эски адатчылар өз диндери үчүн куугунтукталуудан кутулушуп, алар "эски" деп эсептеп жүргөн ырым-жырымдарын сактоого мүмкүнчүлүк алышкан.

Бирок алар "эски" деп жаңылып жүрүшкөн. Анткени алар Андрей Рублёвдун жана Нил Сорскийдин доорундагы ырым-жырымдарды эмес, Козголоңчул мезгилден жана польшалык-шведдик басып кирүүдөн кийин, XVII кылымдын орто ченинде чет жердик бардык көрүнүштөрдү тана баштаган убактарда калыптанган ырым-жырымдарды сактап жүрүшкөн. Бирок алар Россиянын дал ушул мезгилиндеги интеллектуалдык жана эстетикалык турмуштун үлгүсүн кармап калышкандыктан, андан баш тарткылары келишкен эмес. Ошентип, алар ырым-жырымдардын ушул үлгүсүн сактап көпкө жашай беришмек, бирок айлана- чөйрөдөгү буркан-шаркан түшкөн турмуш, реалдуу түрдө жүрүп жаткан процесстер ал ырым-жырымдарды өзгөрүүгө учураткан.

Эски адатчылардын негиздөөчүлөрүнүн каршылаштары — скоморохтор (маскоропоздор) да ушундай эле абалга кабылышты. Өздөрүнүн ырлары, бийлери, маскаропоздуктары жана дастандарынын, болгон окуяларынын мазмундары менен элди орозо кармоодон жана чиркөө ырым- жырымдарын жасоодон алаксытат деген шылтоо менен XVII кылымда Түндүккө сүргүнгө айдалган бул бечара артисттер өз искусствосун балдарынан небере, чөбөрөлөрүнө өткөрө жүрүп отуруп XIX кылымдын орто ченине чейин, т.а. фольклор изилдөөчүлөр аларга капыстан жолукканга чейин сактап келишкен. Тилекке жараша али да кеч эмес эле. Көптөгөн кызыктуу нерселер жазылып алынып, жарыяланды. Ошентип кичинекей конвиксия (субэтнос да эмес) менен жолугушуу, анын эстелик фазасында турганына карабай, биздин ата-бабаларыбыз жапайы, сабатсыз, дөдөй, Европадан билимдүүлүктү күтүп жаткан байкуштар болушпаганын далилдеп салды. Көрсө сабатсыздык кийинчерээк — эски салттарды чала-чарпыт билимдүүлүк менен сүрүп салган мезгилде, XIX кылымда башталыптыр.

Келтирилген мисалдар этногенездин өнүгүү фазасы бүткөндөн кийин сакталып калган адамдар деги эле начарлап кетпейт, т. а. этностун буга чейинки көпчүлүк бөлүгүн түзгөн адамдардан алсызыраак, акылсызыраак болуп калбайт.

Адамдар эмес, этникалык бир бүтүндүктүн системасы өзгөрөт. Мурда көпчүлүктүн катарында пассионардык "угуту" бар, элди дүрбөтүп, көпчүлүккө тынчтык бербей, бирок системаны, т. а. этносту каршылык көрсөтүүгө жана өзгөрүүлөргө умтулууга түрткөн адамдар болгон. Ал кездеги идеал — өнүгүү эле, азыр — өткөндүн эстелигин катуу сактоо идеал болуп калды. Этникалык системанын агрессивдүүлүгү, албетте, жоголот, резистенттүүлүк төмөндөйт, ал эми пассионардуулук энтропиясынын мыйзамы өз аракетин улантат. Болгону жаңы табылгага жараша жоготуу да болуп турат. Дал ушунда көп нерселер этникалык айлана-чөйрөнүн мүнөзүнө байланыштуу болот.

Өзүнүн өнүгүү күүсүн жоготкон субэтнос, албетте, андан ары жашай албайт, бирок аны түзгөн адамдар өз этносунун ичиндеги башка субэтносторго аралашып кете алат. Алар бул жерде да өз кишилер болгондуктан

Кептин баары этногенездин акыркы фазасындагы адамдар өткөн чактын эстелиги менен бирге, эң алды өзүнүн жеке же үй-бүлөлүк өмүр баянынын — "жандуу санжырасынын" сыртында жаткан мезгилди сезбей калат[61]. Акыркы этаптарда алар жыл мезгилдерин жана күн менен түндү белгилөө менен гана чектелип калышат. Күн менен түндү белгилөө менен чектелип калууну автор чукчалардан байкаган, жыл мезгилдеринин алмашуулары алардын көңүлүнүн сыртында кала берген. Буга карабай, чукчалар — эң мыкты аңчылар, өнүккөн мифологияга ээ, өтө эр жүрөк жана бышык эл. Жыл эсебинин жоктугу алардын жашоосуна деги эле тоскоолдук кылган эмес.

Буга окшош көрүнүштү Борбордук Африкада пигмейлер менен сүйлөшүп, аңгемелешкен европалыктар белгилешкен. Пигмей өзүнүн канча жашка чыкканын билбейт, анткени жыл ал үчүн өтө эле узак мөөнөт, анан да өз жашын саноонун ага анчалык деле кереги жок. Калган жагынан пигмейлер өтө эле дөдөйлүгү менен айырмаланбайт, европалыктарды кой, бантулар да адашып кетчү чытырман токойдо алар эң сонун жол таап, багыттарды так аныктай билет.

Бантулар пигмейлер менен өтө тыгыз байланышта жашашат, алар пигмейлерди жол көрсөтүүчү катары пайдаланышып, анысы үчүн темирден жасалган буюмдарды берип турушат, анткени бантулардын көбү мыкты темир уста бөлушат. Биздин темабыз үчүн маанилүү нерсе — пигмейлерге көрсөткөн кызматы үчүн дароо акысын төлөө керек, анткени алар өтө керектүү муктаждыгын же каалоосун канааттандыруу үчүн гана эмгектенет.

Анын далили катарында бир мисал келтирели. Пигмейлер башка бир да эл билбеген ишти жасоону билишет, алардан башка эч ким кең дарыяларга лиан өсүмдүктөрүнөн көпүрө жасай албайт. Нугу анча чоң эмес дарыяларды кечип өтсө болот, ал эми кеңири жана терең дарыялардан сүзүп өтүү өтө коркунучтуу — крокодилдер бар. Андыктан көпүрө куруу керек, аны үчүн лиан өсүмдүгү жана бу өйүздө эки дарак, тиги өйүздө эки дарак гана жетиштүү болот. Пигмейлер жээктеги пальма дарагына лиананын бир учун байлашат да, аны ушунчалык катуу күүлөгөндүктөн ал жигит тиги жээктеги даракка жетип, ага жабышып лиананы байлайт. Эгерде ал тиги жээктеги даракты кармай албай калса, лиана кайра артка кайтып, ага байланган жигитти бул өйүздөгү даракка уруп өлтүрүшү мүмкүн. Бул аябай коркунучтуу иш, бирок пигмейлер аны эң сонун өздөштүрүп алышкан. Андан соң биринчи лиананы пайдаланышып экинчисин байлашат, акыры эң сонун асма көпүрө пайда боло калат. Америкалык бир кинооператор муну баш аягына чейин тартып алгысы келип тааныш пигмейине кайрылыптыр. Аны үчүн жакшы акы төлөөнү убада кылат. Бирок пигмей мындайча жооп кайтарыптыр: "Жок, мен эми эч нерсе жасабайм, сенден мага эч нерсенин кереги

жок. Мен сага буга чейин кызмат кылдым, сен мага акысына бычак бердиң, эми бычагым бар, казан бердиң — казаным бар, дагы жыгач кескич бердиң — аным да бар, ырахмат. Мага андан көптүн кереги да жок, андыктан жанымы тобокелге салып эмне кылам?" — "Экинчисин катып койбойсуңбу, кереги тиет да". — "Эмне? Экинчисин катып коюп башыма урамбы, сен эмне деп жатасың, акылсыз ак адам, мен түшүнбөй турам". Ошондо америкалык адам кепти башка жагынан баштады. Бул пигмей аял алгысы келип жүргөнүн, аны сатып алуу керек- тигин ал угуп калат. Пигмейлер үчүн аял — өтө кымбат баалуу, аны үчүн акы төлөө, ага сүйлөшүү, макулдугун алуу керек, аял алуу — өтө зор иш. "Эгер көпүрө курсаң, сага колукту сатып берем", — дейт ал. Ошентип пигмей ага көпүрө салганды көрсөтөт, беркиси ага колуктусуна кетчү чыгымды толук төлөп берет.

Кантсе да пигмейлер үчүн "кор жыйноо", "келечек" жөнүндө кам көрүү деген түшүнүктөр ал пигмейдин туулганына чейинки өткөн мезгил ага кандай керексиз нерсе болсо, ошондой эле керексиз. Өткөнү да, келечеги да аны кызыктырбайт. Бантулар менен карым-катнашта жашоо пигмейлерди колдоп, алардын демине дем кошуп турат. Мындай катнаш аларды өздөрүнө көнүмүш географиялык чөйрөсүнөн ажыратпай, жашоосуна шык берип турат, ансыз да тропиктик чытырмандын түнт түпкүрлөрүнө эч ким умтулбайт. Бантулар менен болгон ушул симбиозго байланыштуу пигмейлер кылымдар бою жашоосун улантып келатышат.

Көрсө, өткөндөгү пассионардуулуктарынан ажыраган этностор коңшу этностордун табигый жол менен эле эмес, системалык байланыштары аркылуу берилүүчү пассионардуулугунун эсебинен да жашашы мүмкүн экен. Симбиоз — бул эки тарапка тең пайдалуу татаал система. Бул жердеги жалгыз коркунуч этникалык өз ара карым-катнашуунун ордуна бир этнос экинчисин өзүнө сиңирип алууга умтулган учурда пайда болот. Бирок бул акыркы фазаларга мүнөздүү илдет, мындай учурда адамдар өзүн курчап турган дүйнөнү иликтеп үйрөнүүнүн ордуна бир нерселерди ойлоп тапкысы келет. Табияттагы көрүнүштөрдөн мыкты варианттарды эмдигиче эч ким таба элек.

Демек, этногенездин аяктоо фазалары үчүн да, эң кур дегенде, башкалардан шыпаа болуучу пассионардуулук керек болот. Дал мына ошондуктан пассионардык түрткүлөр этносторду жок кылып гана жибербестен, ал түрткүлөр жаралган аймакка жакын жаткан этносторду сактап да калат.

Бирок бул фазадагы этнос эгерде ал толук обочолонгон абалда жашап турса жана пассионардык түртку ал жашаган жерден четтеп өтсө, анда ал этностун акыры өтө кайгылуу болуп бүтөт. Даректүү мисалдарга кайрылалы, болбосо логикага эч ким ишенгиси келбейт.

Аба ырайы эң сонун Кичи Андаманда, аябагандай кооз жаратылыштын койнунда анча чоң эмес негроид уруусу — онгхи жашап турат. Аларды эч ким, эч качан капа кылган эмес. Ал жер корукка айланып, жадегенде саякатчыларды да киргизишпейт. Онгхилер өтө тынч, ачык мүнөз, ак дил, өтө таза жашай билген эл. Алар жер жемиштерин жыйнап, балык уулап оокат кылышат. Алардын арасында оору да сейрек учурайт, а эгер кимдир бирөө сыркоолоп калса, коруктун кызматкерлери тезинен жардам көрсөтүшөт. Кыскасы, бейиштин эле өзү, а бирок элдин саны кыскаргандан кыскарууда. Алар чындыгында жашоодон эринишет. Кээде алар тамак таап жештен эринишип, ачка отурганды артык көрүшөт; аялдар төрөгүлөрү келбейт; балдарына бир гана нерсени — сууда сүзгөндү үйрөтүшөт. Улуулары цивилизациялуу дүйнөдөн бир гана нерсени — тамеки гана алууну каалашат[62]. Анткени менен онгхи акыйкаттыкка өтө зирек мамиле жасашат жана

шылдыңдоого жол беришпейт. Аялдары өтө ыймандуу келишет, кайсы бир жылы бул жакка келген бирмалык адам алардын бир аялы менен көңүл жакындыкка барганы үчүн онгхилер аны өлтүрүп салышат да, бул жөнүндө коруктун жетекчилерине билдиришет, бирөк муну алар өз күнөөлөрүн мөюнга алуу үчүн эмес, тартипти сактагандык катары билдиришкен; албетте, аларды жазалоо жөнүндө маселе көтөрүлгөн эмес. Эң туура! Бөтөн этноско тийишүүгө анын кандай акысы бар эле.

Мунун дагы бир кызыгы мында. Антропология департаментинин директору, билимдүү индус Чоудхури авторго буларды айтып берди: "...Онгхилер адамзат 20 миң жыл илгери кандай жашаган болсо, так ошондой жашашат. Алар үчүн эч нерсе өзгөргөн жок. Алар табият эмне берсе ошо менен тамактанышат, жылуулукту аларга күн жана от берет[63].

Этногенездин эволюциялык теориясын сын көз менен карабастан кабыл алуунун сыйкырдуу күчү мына ушундай. Онгхилердин ата-бабаларынын Андаман аралына келип калышын индиялык окумуштуу кандай түшүндүрөт? Алар эң кур дегенде деңиз жээктерин бойлогон кемелерде сүзүүнү билүүлөрү керек эле; анан да алардын көп учурда өтө буркан-шаркан түшүп туруучу Инди океаны менен тобокел кылып сүзүп келиши да шектүү. Жаа менен жебени ойлоп табуу же коңшулардан үйрөнүп алуу керек эле. Үйлөнүү салттары, өтө жаш жесир калган учурларда да кайтадан турмушка чыгууга тыюу салуу, жакын туугандардын бири бирине үйлөнүшүн чектөө — анча артта калгандыктан кабар бербейт. Онгхилердин тили белгисиз, анткени индиялык окумуштуулар аны али изилдеше элек. Изилденген кезде, албетте, онгхилердин ата-бабалары жөнүндө эскерүүлөрү, алигече унутула элек уламалары жана жомоктору бар экендиги ачыкка чыгышы мүмкүн. Бирок жашоого жөндөмдүүлүк онгхилерде төмөндөп кеткен. Жаш келиндердин төрттөн бир бөлүгү тукумсуз. Эгерде 20 миң жыл илгери да абал ушундай болсо, анда онгхилердин ата-бабалары алда качан тукум курут болмок.

Жок, онгхилер жана алар өңдүү этностор — жаштар эмес, картайгандар. Адамдар жаныбарларга караганда Жер бетинде пассионардуулуксуз жашоого начар ылайыкташкан. Жаныбарлар туруктуу жана ыңгайлуу шарттарда тукум курут болуп кетишпейт. Ошол эле Андаман аралындагы крокодилдер мылтыкчан мергенчилерди көргөндө жашынууну үйрөнүп алышыптыр. Жаа көтөргөн жергиликтүү адамдардан коркуп да коюшпайт[64].

Пассионардуулуктун ушул деңгелинде этногенездер тамам болот.

Бирок биочөйрөдө камтылып турган жана ошондуктан деструкция феномендерин пайда кылбаган этногенездин түздөн-түз процесстеринен башка да өнүгүүнүн бузулушу учурайт. Мунун натыйжасында экосистеманын кайра жангыс жөнөкөйлөнүшү пайда болот. Биз ага айрыкча көңүл топтомокчубуз.

Тогузунчу бөлүк

ЭТНОГЕНЕЗ ЖАНА МАДАНИЯТ

МЫНДА АЗГЫРЫЛУУГА ЖАНА ӨЗҮН-ӨЗҮ АЛДООГО
БЕРИЛИП КЕТҮҮДӨН УЛАМ
ӨЗ АЖАЛЫНАН МУРДА ОҢОЙ ЭЛЕ
КУРМАН БОЛУУНУН СЕБЕБИ
ТҮШҮНДҮРҮЛӨТ

XXXVII. ЭТНОГЕНЕЗДЕГИ ТЕТИРИЛИКТЕР

Кристаллдашкан пассионардуулук

Буга чейин биз пассионардуулук деген түшүнүк жөнүндө этностордун тарыхындагы ар түрдүү маалыматтарды эмпирикалык жалпылоонун натыйжасы

катары сөз кылып келдик. Биз, байкоочу-изилдөөчүлөр, пассионардуулукту түздөн-түз даана коро алабызбы? Ооба, кайсы бир өлчөмдө көрө алабыз!

Үйрөнүп билүүгө боло турган бардык нерселер аң-сезим аркылуу чагылып өтүп, акыры адам колунан жаралуучу чыгармага айланат. Адамдардын сезим-туюмдары адамдын ички табиятынын бир бөлүгү катары искусствонун чыгармаларында жана көркөм адабиятта чагылдырылган. Сүрөт тартууга жана ыр жазууга үйрөнүү өтө кыйын экени белгилүү. Анча-мынча жөндөмдүүлүк болсо сүрөтчүнүн кесибин өздөштүрүп алса болот, бирок бул куру-бекер аракет, анткени чыгармачыл илхамсыз улуу нерсени жаратуу, башкаларды тууроо же көчүрүү мүмкүнчүлүгүнө жеткирчү ректен ары өтүү кыйын. Анткени менен бул да аздык кылат, максатка өжөрлөнүп умтулмайын бир нерсе жаратуу кыйын: художниктен "искусство курмандыкты талап кылат", ал эми өзүн кыялдагы максат үчүн курмандыкка чала билүү — дал ушунун өзү пассионардуулуктун көрүнүшү. Эгер мындай болсо, анда оз алдынча өзгөчөлөнгөн жана кооздугу көз тайгылткан искусстволук, философиялык же адабий ар бир чыгармада үч элементтин айкалышы — өз энергиясынын бир бөлүгүн өз чыгармасына "өткөргөн" сүрөтчүнүн кесиптик иши, өй-сезими жана пассионардуулугу байкалып турат. Мына ошондуктан, эгерде эле жамааттын пассионардык чыңалуусу тарых же археология өңдүү татаал жана узак даярдыкты талап кылуучу илимдер аркылуу даректелип аныкталса, искусствонун шедеврлеринен арабөк чыгармаларды ар ким эле айырмалай алат, ал эми чыгарманын өзү аны жасаган устанын пассионардуулугунун изи болуп саналат.

Кантмекпиз, тарыхчылар эстеликтерди кимдер калтырганын, ага кимдер көз кумарын кандыра караганын, сүрөтчү, философтор, акындар аны кимдерге арнаганын унутуп, ал чыгармага автордун замандаштары кандай мамиле жасаганына көңүл бурбай, ошол эстеликтердин изин гана изилдөөгө конгон. К. Ясперстин "башкы мезгил" идеясы ушундайча түзүлгөн. Ал үйрүлүп түшүп жакшы коргон Эллада чындыгында анын көз алдына тартылгандан башкача эле.

Өз тарыхынын даңктуу доорунда — б.з.ч. V—IV кылымдарда Спарта, Афины, Фивы, Сиракузы эң башкы мамлекеттер (субэтностор) болушкан, алардан кийинки экинчи орунда — Коринф, Агригент жана Фессалия мамлекеттери турган.

"Спарталыктар үйлөрүндө жупуну жана берекесиз жашашкан, бирок кичине эле сыртка чыга калса, бузукчулукка берилип кетишкен. Византияны башкарганына карабай Павзаний персиялык төрөлөрчө жашаган, ал эмес Элладаны Персияга баш ийдирип, ага өзү башчы болуп алгысы келген. Лизандранын гармостору да ушундай абалда болгон. Спартадан дүйнөгө белгилүү бир да окумуштуу, бир да акын чыккан жок.

Замандаштарынын айтуусуна караганда фивылыктар акылдарынан адашкан аракечтер жана соргоктор болушкан. Фессалиялыктар да акыл эмгегин жек көргөн аракечтер жана аягы суюк эл болуптур. Сиракузылыктар менен агригенттиктер сибариттерге окшоп жулунуп, ар кандай бузуку иштерден кайра тартышкан эмес, ал эми коринфиялыктарды болсо эллиндик авторлор азиялыктарга салыштырышат".

Анда эллиндердин кенири тараган хрестоматиялык мүнөздөмөлөрүн кимге колдонсо болот? Гректерге "Искусствону урматтоо, назик эстетикалык сезим, байлыкка караганда көркөм асылдуулуктарды артык көрүү, ырахатчылыкка ашкере берилбөө, тамак-ашка өпкөк эместик мүнөздүү. Гректердин той-тамашалары көңүлдүү өткөрүлүп, аракечтикке жана соргоктукка жол берилбейт. Мындай мүнөздөмө Марафон салгылашуусу менен Пелопоннестик согуштун башталышына чейинки мезгил аралыгында жашаган афинылыктардын эки муунуна тиешелүү. Бул даталардан мурункуларга да, кийинкилерге да

тиешелүү эмес[1]. Эгерде мына ушул караңгы, кейиштүү мезгилде бир нече ондогон таланттуу адам жашап, алардын чыгармалары бизге жетип, биздин аң-сезимибизди туткундап алган күндө да, Демокрит, Платон, Горгий, Аристотелдин көзү тирүү кездеринде алардын концепциялары алар менен бирге жүргөн субхатташ адамдардын азгантай гана тобуна белгилүү болгонун эстен чыгарбашыбыз зарыл. Изсиз жок болуп кетүүчү жашоо, т.а. этногенез менен табигый материалдарды таш түркүктөрдүн жана айкелдердин так калыптарына салып, поэма жана философиялык окуулардын сабына тизген маданияттын айырмачылыгы ушунда. Маданий эстеликтер өздөрүн жараткан адамдардан узак жашагандыктан аларды оз далдаасына калтырат, андыктан түп нусканын башка бир нарксыз нерселер менен алмаштырылып коюлганын аныктоо кыйын.

Немис философтору татаал, логикалык жактан чебер ой жүгүртүүлөргө маани беришет, бирок алардын замандаштарынын көпчүлүгү аларды түшүнө алышкан эмес. Арийне, Аристотель — гений. Ким талаша алат?!

А бирок б.з.ч. IV кылымда аны кимдер билишчү эле? Илим-билим өскөн Афиныда, туулган жери — Эвбейде жана македондук падышанын сарайында гана билишкен. Балким, анын эмгектерин Сиракузыда, Тарентте, мүмкүн Ольвияда окушкандыр. Бирок кимдер окуган дебейсизби? Акылдуусунгандар менен чындыкты билгиси келгендердин чакан тобу гана окушкан. Алардын саны, айталы, он чакты, чындаса — бир, эки адамга жетсе жетер. Эки миллион эллиндиктердин уюткусун түзгөн калкчы? Беотийлик дыйкандар, этолиялык каракчылар, ионийлик соодагерлер, спарталык жоокерлер, аркад малчылары окушкан беле? Алардын окууга чолосу тийген эмес, аларга кереги да жок эле! Антейин десең Элладанын эркиндигин дал ошолор коргоп калышпады беле. Персияны каратып алган жана диадохторду колдогон да ушулар болбодубу. Скифия менен сооданы да ушулар жүргүзүп турушпадыбы. Пелопоннестин табиятын да ошолор бузду. Көрдүңүзбү, алар Аристотелди окубай туруп эле ошентишти[2]!

Анткени менен, кийин күнкорлукка туш келгенде, гректер римдин терсаяк өспүрүмдөрүн окута баштаганда, алар Аристотелдин эмгектерин үйрөтүштү. Анан да папалык бийлик менен шаардык коммуналардын өзүм билемдигинен Гогенштауфендердин укугун коргоп калуу үчүн Болония шаарында студент-юристтерди даярдоодо Аристотелдин эмгектерин окутуп-үйрөтүштү. Азыр биздин күндө да анын эмгектеринин мааниси эскирип кеткенине карабай, философиядан кандидаттык минимум тапшырарда да Аристотель керек.

Тарыхый чындыктан четтөө так ушундайча пайда болот, мунун айынан сакталып калбаган нерселер деги эле болуп көрбөгөн нерсе катары эсептелет. Туулгандар жашайт жана каза болот, ал эми кол менен жасалгандар өзүн жараткандардан да, алар арналган адамдардан да, йлардын мураскерлеринен да узак жашайт, анткени калыпка салынып, эскиликке айланган нерселер убакытка баш ийбейт. Ал нерселерде убакыт мейкиндиктен бөлүнүп калган. Ал өткөндүн эстелиги; ал — өтүп кеткен турмуштун изи. Айтмакчы, Жер бетинде адамдар келечектеги археологдор үчүн эстеликтерди жасап калтыруу үчүн эле жашабайт да. Чынбы?

Ырааттуулук

Ырааттуу боло алгандыгы үчүн К. Ясперске ыраазы болосуң. "Башкы мезгилге" чейин динди алмаштыруучу "философиялык ишенимди" түзүү үчүн "башкы мезгилдин" мааниси жөнүндөгү анын жанылыш жобосу байкоолордун жыйынтыгына таянбай айтылган куру жобо. Жаңылыштыгын ал өзү да түшүнөт. Өзүнүн "Көз караштын психологиясы" деген алгачкы эмгегинде, көз карашты ар

түрдүү психологиялык типтердин көрүнүшү катары кароого мүмкүн деп эсептеген. Андыктан аларды баалуулугу, т. а. анын чындыгынын даражалары боюнча салыштыруу,албетте, туура эмес. Көз караштардын айырмачылыктары ар кайсы этностордун же ар башка маданий региондордун адамдарынын оз ара түшүнүшүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат. Буга рационалдуулуктун чөйрөсүнө тиешелүү болгон илим, экономика, укук кошулбайт. Мына ошентип философиялык диндин жактоочуларынын "экзистенциалдык байланышы" этникалык чектелгендикти жана өз тарабыбыздан кошумчалап кетебиз, этникалык негиздин өзүн да жеңүүгө жөндөмдүү келет. Чынында эле ушундайбы?

Буларды эле эмес, К. Ясперс бардык материалдык жана руханий маданий баалуулуктарды табигый системалык бир бүтүндүктөргө, т.а. этносторго бириккен адамдардын жамааттары түзгөнүн да эң сонун түшүнөт. Адам өз жакындары үчүн өзү жашаган чөлкөмдө да өз ата-бабаларынан мурасталган тажрыйбага таянып иштейт. Ооба, башкалардын эмес, өз ата-бабаларынын тажрыйбасын жолдойт. Ошондуктан адамзат тарабынан жаралган чыгармалар ар түрдүү, анткен менен алар баш аламан жана кубулмалуу, тез өзгөрүлмө эмес. Анда эмне, этникалык типтерди тырмакчадан чыгарып, аларды да "экзистенциялык байланыштар" деп эсептешибиз керекпи? Тирүүлүктүн мааниси жөнүндө ой жүгүрткөн "акыркы" акыйкатты атайылап билбей коюу гана ошенттирет. Конфуцийдин акыл-насыятын окуп тарбияланган Кытайдын философторун, тирүүлүктү бузулуудан сактоочу — Вишнаны жана өлүм аркылуу өзгөртүүчү — Шиваны пир туткан Индиянын пандиттерин, Византиянын дин аалымдарын, Батыш Европанын табият тануучуларын дал ошол атайылап билбей коюучулук гана бириктире алат. Позитивдүү системалар ар дайым айырмалуу келет да, оз ара бирин бири жокко чыгарып турат. Боштук, т. а. туңгуюк гана жалпылыкка ээ.

Бирок Ясперстин айтуусу боюнча, "Боштук" дегенибиз жок нерсе эмес, кандайдыр бир трансценденттик ойлор болгондуктан ал ар кандай мүмкүн болуучу билимдерден: мифологиялык, диний же илимий билимдерден сырткары жактарда жатат. Бул көз карашка таянсак, анда ар кандай позитивдүү акыйкаттын айланасына баш кошкон адамдардын кандай гана биримдиги болбосун, ал баары бир чыныгы биримдик боло албайт жана а түгүл толук баалуу да боло албайт. Албетте, ар кандай позитивдүү тезистин айланасында талаш-тартыштар, карама-каршы ой жүгүртүүлөр болбой койбойт, ошентсе да канттык трансценденция же Нагаржундун (б.з. II кылымы) "шуньяты" жөнүндө айтып убара болуунун кереги жок. Ошондуктан билим болбогон учурда карама-каршылык да болбойт жана ар түрдүүлүктү принцип катарында жоюп сала турган экзистенциалдык биригүү ишке ашат.

Чындыгында экзистенциализм ойдун тарыхы катары алганда — философиядагы иконага каршы күрөштүн жана христианчылыктан иудаизмге өтүп кетүүнүн өтө кылдат иштелген варианты болуп саналат[3]. Ошондуктан К. Ясперстин идеялык болбосо да, тарыхый жактан таламдаштарынын катарына Жан Кальвинди, кайсы бир деңгелде Иоанн Скот Эригенди, ал эми аиыи окуусунун каршыларына — Пелагийди жана биздин айлана-чөйрөбүздү курчап турган дүйнөнү изилдеген табият таануучуларды жана эрудиттик мектептин тарыхчыларын, ошондой эле Тьерра өңдүү теоретиктерди кошууга болот; булар реалдуу мезгилде реалдуу түрдө жүрүп жаткан процесстердин мыйзам ченемдүүлүгүн жана себептүүлүк байланыштарын баамдап билүүгө аракеттенишкен. Бул эки багыт карама-каршы багыттар. Бар болуп турган нерсени изилдеген табият тануучулардан жана дин аалымдарынан айырмаланып, К. Ясперс "тарыхтын ичинде отуруп, бардык тарыхый нерселердин сыртына чыккысы келет, биздин ой жүгүртүүбүздөн сырткары турган бардык нерселерди

кучагына камтыгысы келет жана дегинкисинде биздин колубуз жете турган нерсени — тарыхтын маңызын түшүндүргүсү келет[4].

Эгерде экзистенциализм — ырааттуу концепция экени ырас болсо, анда биз, табият тануучулар да, кызыл кулактык философияга жол бербейбиз. Тарыхтын маңызын ачууга талаптанбай эле, биз анын өнүгүшүнүн ички логикасына таанып, анын феноменин баяндоо менен биздин көз карашыбызча адилетсиз болгон концепциянын пайда болушунун себебин көрсөтүп коюуга тийишпиз. Муну ар ким өзү каалагандай тандап алса боло турган философиялык постулаттардын негизинде эмес, фактылардын жана жогоруда келтирилген схеманын негизинде далилдөөгө туура келет. Талаш-тартыштын предмети "башкы мезгилдин" проблемасы болот.

Жок, андай эмес!

К. Ясперс этногенездин акматикалык фазалары менен ар түрдүү пассионардык түрткүлөрдүн дал келерин байкаганын биз жогоруда белгилеп өткөн элек. Булар башталыш фазалар эмес, акыркы фазалар болгондуктан алар үстүртөн караганда эле билинип турат. Ясперстин бул тыянагы да ушундай байкоодон улам жаралган жана ал акылга сыярлык болсо да жаңылыштыкка алып келүүчү тыянак болуп саналат.

Этногенездин баштапкы фазалары ар дайым өтө өзгөчөлүү келет, анткени алар жаңы этностор кайра өзгөртүп түзө турган ар түрдүү адат-салттардын жана этникалык субстраттардын кайталангыс айкалыштарынын өзгөчө бир учурунда өзгөчөлүү ландшафттык жана климаттык шарттарда калыптанат. Ал эми акматикалык фазада турмуш-тиричиликтин бир өңчөйлүгүнө кыжыры кайнап күйпөлөктөгөн кишинин ой жүгүртүүсү сөзсүз түрдө бир жактуу келет. Мына ошондуктан Сократ, Заратуштра, Будда (Шакья Муни) жана Конфуцийдин бири бирине окшоштук элементтери бар: булардын баары тең жандуу, буркан-шаркан түшүп жаткан жашоо-турмушка тиги же бул акыл-эстүү башталышты киргизүү аркылуу тартипке келтирүүгө умтулушкан. Дал ушул нерсе аларды жакындаштырып турган, анткени алардын бардыгынын тартипке келтирүү принциптери бирдей болгон.

Мына ушундай жакындыкты илип алып, өз көз карашына негиз кылган К. Ясперс акматикалык фазанын ишмерлеринин баарын алардын залкар үмүттөрүн актабагандыгы, иши оңунан чыкпагандыгы үчүн өз жашоолоруна ыраазы болбогондуктун себебинен башкалардын жашоо-турмушун түшүнбөстүгү жана жек көрүүсү өңдүү жалпылыкты көрүп отурат. Мындай караганда баары орундуу сыяктанып сезилет, бирок бул бардык негативдүү философиячылар алар өздөрү танган турмуштун кыртышында өсүп чыккан болуучу. Демек, жашоону танып, ага ыраазы болбогондор дал ошо тануулардын туундусу, өздөрүн өздөрү өлүмгө кыйган бейбактар экен. Мына ошентип аларга тиешелүү болгон фаза — айлана-чөйрөдөгү табияттын молчулугун арттыруучу, адамдардын жан дүйнөсүн курутуучу этногенездин чүнчүү фазасы өтүп кетип, анан анын да күүгүмү кирип келген кезде сокур сезимдердин кайсы бир караңгы булуң-бурчтарынан суурулуп чыга келген субпассионарийлердин көлөкөлөрүнүн падышачылыгы башталат да, мындай баш аламандыктын айынан кызыл кулактык философиянын хрусталдан жасалган имараттарынан жарака кетип, акыры быркырап сынып, күкүмгө айланат.

Так ушундай себептен улам конфуцийлик мектептер Цин Ши Хуандинин (б.з.ч. III к.) ардагер жоокерлеринен түзүлгөн темирдей бекем кошуунунун чабуулу учурунда кыйраган. Дүйнөнү кудай жараткан жана ага түбөлүк тирүүлүк — атман берген (VIII к.) деп эр жүрөк раджпуттарга түшүндүргөн брамин Кумарилла

жаккан отко махаянчы-буддачылар так ушундайча күйүп, күлү сапырылган. Оттуу Яхвенин иудейлик ыйык китептери ушундайча жок кылынган (б.з.ч. VII к.). Турандар басып алган Балх шаарында Заратуштра так ушундай себептен кескиленип өлтүрүлгөн (б.з.ч. VI кылымдын айланасында), ал эми анын ишин улантуучулар Александрдын күмүш калкандуу жоокерлери менен гетерлеринин каарынан коркуп таркап кетишет (б.з.ч. IV к.). Анан Сократты оз сикофанттары өлтүрүп салышы баарынан коркунучтуу болду. Кыскасы, кичинекей мите курт адамдын канын соруп, акыры аны менен кошо өлгөн сымал "философиялык ишеним", тагыраак айтканда — негативдүү идеология өзү баш паанектеген этностун башын жутуп тынат. Этногенездин көз карашынан алып караганда "философиялык ишеним" өнүгүү фазасынан акматикалык фазага өтүү мезгилинде пайда болуп, чүнчүү фазасына өтүү мезгили эң даңазалуу учур катары, ал эми обскурация фазасынын башталышы — анын жок болушу катары белгиленип отурат. Мындай дейин десек, "башкы мезгил" тарыхтагы бирден-бир жалгыз мезгил эмес, этногенездин бардык чоң процесстеринде кайталануучу "картаюу оорусу" деп эсептөөгө негиз берет. Бирок андайда бүткүл адамзат үчүн тарыхтын "мааниси" кеп кылууга арзыбай калат, анткени трансценденциянын салтанат курушу жана эч нерсе билбестик туңгуюкка кептеп салат.

Өзүнөн өзү түшүнүктүү болгонсуган, биз эки жолу катары менен пайдаланып отурган "туңгуюк" деген терминдин мааниси деги эмнеде? Окурман муну билбеши мүмкүн, билүүгө милдеттүү да эмес, анткени бул жөнөкөй эле түшүндүрүлө көбөйт.

XVIII кылымда Лавуазье нерсенин сакталуу мыйзамын аныктады. Бирок анын туура эместиги мындай турсун, так эмес да болуп чыкты. Ал кездеги химикке жылчыксыз жабылган идиштин ичинде күйгөн нерсенин салмагы өзгөргөн эместей сезилген, анткени анын таразасы өтө так болгон эмес. Чындыгында бул күйүүнүн натыйжасында фотон жоголгон, бирок Лавуазье ал жоготууну байкай алган эмес. Азыркы физиктер ургаалдуу термодинамикалык процесстерде нерселердин жарык энергиясына айлануучу заттары жоголуп кетерин, ал эми жарык энергиясы болсо оз системасынын алкагынан чыгып, галактикалар аралык туңгуюкка көнүп кетерин билишет. Бул аннигиляция өлүп жок болуу эле эмес, өлүмдөн да коркунучтуу нерсе.

Этногенез процесстери энергетикалык табиятка ээ болгондуктан бул мыйзам ченемдүүлүк, кейпи, аларга да тиешелүү болсо керек. Байыркы акылмандар муну билишкен. Ал гана эмес алар өз мезгилинин эрежесине ылайык ага ат коюп, аннигиляция принцибин Люцифер, т.а. "жарык алып жүрүүчү" (так эмес которгондо: жарыкты алып кетүүчү; каякка? — туңгуюкка!) деп аташкан. Ал эми туңгуюкту ойдон чыгарылган эң коркунучтуу нерсеге — тозокко теңдештиришкен. Ошондуктан алар табият кубулуштарында байкала турган жер үстүндөгү жөнөкөй демондорду "туңгуюктун духу" менен аралаштырышкан эмес. Бул демондорго байыркы учурда курмандык чалышкан, алар менен жакшы мамиле түзүүгө аракет жасашкан. Ал эми туңгуюктун духтары элдешпес душман болгон; алар менен байланышуу тирүүлүктүн жыргалчылыгынан жана жарык дүйнөдөн баш тартуу, бардык жердеги нерселерди тануу принцибине ылайык толук жалгыздыкка туш болуу катары саналган. Бул фантасмагорияны азыркы экзистенциалдык философиянын тилине которо келгенде эле... "билбестик" принциби жана "туңгуюк" түшүнүгү эмне экени дароо түшүнүктүү болуп чыга келет.

Ясперстин концепциясы мага жакпайт. Мен башкача ойлогум келет!

А балким "туңгуюк" денегибиз — байыркы адамдардын жана идеалистик философтордун курулай кыялыдыр? Андай болсо ал жөнүндө, ал гана эмес, этногенез жөнүндөгү трактатта кеп кылуунун кереги барбы? Көрсө, кереги бар

экен. Азыркы физика да бул түшүнүктү колдонуп жүрөт, арийне, аны физиктер өздөрүнчө — вакуум деп атап алышкан.

"Туңгуюк" (вакуум)

Туңгуюк — бул түбү жок мейкиндик, т. а. бүтөр чеги жок, демек, башталышы да жок чексиздик. Бардык нерселердин бөлүктөрүнүн, энергиянын бардык импульстарынын башталган жана бүткөн жери болот. Демек, туңгуюк дегенибиз — бул "боштук".

Азыркы маалыматтарга караганда заттардын 98% жылдыздар менен планеталарда топтолгон, анан да алардын аралыктарында жаткан мейкиндиктер космостук чаңга толуп, элементардык бөлүкчөлөрдүн агымдары тынбай жүрүп турат. Бирок бардык нерсе боштукта дайыма кыймылда болуп турат жана так ошол боштук — вакуум бар үчүн кыймыл бар. Эгерде боштук болбосо кыймыл болмок эмес, анткени кандай гана импульс болбосун ал башталган эле жеринде токтоп калмак. Ал эми бардык жерде кыймыл болгондуктан (жадегенде өтө тыгыз нерселерде да электрондор атомдун айланасында айланат) демек, вакуум материянын өтмө катарынан өтүп турат, ошол эле учурда материя да боштук аркылуу өтөт (нерсе + энергия), биз түшүнбөгөн жана сырдуу физикалык дүйнө жашайт. Бирок ал биздин реалдуу турмушубузга тиешеси жок дүйнө.

Вакуум — бул тарыхы жок дүйнө. Ар бир кичине көлөмдөгү мейкиндикте үзгүлтүксүз түрдө эгиздер — "бөлүкчө—антибөлүкчө" туулуп, ошол эле замат бирин бири жок кылып, жарыктын кванттарын бөлүп чыгарып, аннигиляцияланып, өз кезегинде ал "ыңжыңсыз жоголот". Ар бир жолу ар бир микро көлөмдө көп түрдүү бөлүкчөлөр жана жарыктын кванттары болгонуна карабай, натыйжада эч нерсе жок болуп чыгат. Жаралат да, жаралган жеринде жок кылынат. Ал бар, ал жок да. Бул кубулуш вакуумдун нөлдүк термелүүсү деп аталат, ал эми бар, бирок ошол эле убакта жок бөлүкчөлөр виртуалдык деген аталышка ээ.

Өлбөс жанды жарыктын бөлүкчөсү деп эсептеген байыркылардын түшүнүгүнөн алганда бул тозок эмей эмне? Виртуалдуулукка айланган бул бөлүкчө, жандын жашоосун жактаган дин өкүлдөрүнүн түшүнүгү боюнча, аябай азап чегет. Анан да материя менен вакуумдун байланышы үзгүлтүксүз жүрүп турат, анткени вакуум жадегенде атомдордун ичинде, ядронун айланасында бөлүкчөлөр айланып туруучу чөйрөдө да жолугат.

Эгерде күчтүү электр талаасы аркылуу "боштукка" таасир эте турган болсок, виртуалдык бөлүкчөлөр реалдуу бөлүкчөлөргө айланат, т.а. тозоктон кутулат экен. Анткени менен бирдиктүү эки дүйнөнүн негизин дал ошо "боштук" түзөт, ал эми нерсе, талаа, шоола — анын үстү жагындагы жыбыраган толкун гана. Бирок бул "жыбыраган толкунсуз" вакуум өзүн өзү көрсөтө алмак эмес, ал өзү Виртуалдуулукка айлантып туруучу реалдуу бөлүкчөлөрдү ала алмак эмес. Башкача айтканда, ал өзүнүн бар экенин аныктап туруучу жашоо белгисин жоготуп, ал эми нерсе жана энергия кыймыл аракетинен ажырап калмак. Демек, субстанция (бардык заттар жана көрүнүштөр) менен боштуктун бөлүнүп калышы — дүйнөнүн жок болуп кетишине, эң кур дегенде эле биз жашап, биз изилдеп жаткан дүйнөнүн жок болуп кетишине алып келмек.

Дагы бир кызыгы — мындай маселе мындан эки миң жыл илгери көтөрүлгөн, балким, андан да мурдараак көтөрүлгөндүр. Бирок ал кезде физикасыз, философиянын жардамы менен чечмелешкен. Б.з. биринчи кылымында эле дүйнөнүн биполярдуулугу жөнүндөгү ой кеңири белгилүү экен, болгону ал философтор эмнени жакшылык, эмнени жамандык деп эсептөө жөнүндө талашып-тартышыптыр. Биздин заманда физикага сапаттык баа киргизүү чектен

чыккан иш катары каралат. Ошентип,табигый түрдө эки системага бөлүнүү жаралды. Анын бири жашоого умтулуу системасындагы материалдык субстанция — жакшылык, ал эми экинчиси "Боштук", т.а. "Тунгуюк" — жамандык. Ал эми экинчи система боюнча материя адам жанын оз торуна түшүрүп, чырмап алат да кыйноого салат, ал эми жан же акыл-эс кванты эркиндикке чыгууга аракеттенет, т.а. реалдуу бөлүкчөдөн виртуалдуу бөлүкчөгө айлангысы келет. Мына бу эки вариант тең далилденбей турган варианттар. Каалаган вариантты тандап алсаң болот. Бирок дал ошол учурда эки башка жүрүш-туруштун доминанттарынын айырмасы бар экендиги белгилүү болуп чыга келет жана ага байланыштуу популяциялык жүрүш-туруш менен популяциялык психологиянын биполярдуу экендиги билинет. Мунун бир уюлунда В. К. Арсеньев түзгөн образ — Дерсу Узала, экинчисинде ДДТ уусун ойлоп тапкан адам турат, бул автордун атын атагым келбейт. Бирок бул жерде кеп химия илиминин ийгиликтеринде гана эмес.

Техника менен куралданган пассионардуу адам, а түгүл палеолит адамы да оз урук-тукумун кырып алары жөнүндө шек да санап койбой, өзүн курчап турган чөйрөнү талкалап салышы мүмкүн. Жаратылышка примитивдүү дуалисттик мамиле жасоо — жаныбарларды "пайдалуу" жана "зыяндуу" деп экиге бөлүү биоценоздун бузулушун теориялык жактан негиздеген. Ал эми жаныбарлар менен өсүмдүктөр болсо биоценоздон сырткары жашай албайт. Байыркы карапайым адамга бул белгисиз болгон, азыр деле аны көпчүлүк биле бербейт. Бирок ал доорлордо жаныбарлардын артынан сая түшүп тукум курут кылуу сейрек болуучу жана ал жалпы бардык жерге тараган көрүнүш эмес эле. Албетте, бул табигый нерсе: анткени адам бардык кырдаалдарда чечим кабыл алууга эрктүү жана укуктуу социалдык бирдик болуп эле саналбастан, өзүн жок болуп кетиштен сактоого мүмкүндүк берген инстинкти аркылуу биочөйрө менен тыгыз байланышкан жер үстүндөгү органикалык элемент да болуп саналат.

Аң-сезимди аныктоочу социалдык бытие чындыгында эле Homo sapiens түрүнүн биологиясынын сыртында жатат. Ошол, жалгыз ошол аң-сезимдүүлүк гана ар бир адамга, ар бир социалдык бир бүтүндүккө дүйнөнүн оор түйшүгүнөн кутулууга, т.а. вакуумга умтулуунун жана жандуу жаратылышты ар кандай бүлүнүүдөн сактап калууга умтулуунун ортосунда бирөөсүн тандап алуусуна мүмкүндүк берет, анткени бул жерде сүйүүнүн объектиси — бизге баш ийбей, бизден сырткары туруучу реалдуулук. Башкача айтканда, адамдардын аң-сезимдүү аракети бул эки тараптын бирине карай багыт алууга тийиш, бирок биологиялык кызмат менен байланышкан ишмердүүлүк тандоо укугунан ажырап калат.

Кылык-жорук жана көрүнүш

Жогоруда айтылгандай антропогендик ландшафттардын тарыхын ар тараптуу карап чыгууда адамдардын аң-сезимдүү умтулууларынын жемиштери, т.а. иш-аракеттери менен бир катарда адамдын биочөйрөгө таандык экендигине байланышкан процесстер жүрөт, а бул болсо адамдардын айланасындагы (географиялык чөйрө) жана адамдын денесиндеги (жогорку нерв ишинин физиологиясы) абалды түзүүчү табияттын кубулуштары — феномендери болуп саналат. Бул абалдардын тигиниси да, мунусу да ар бир кишинин же жамааттын, т. а. этностун жүрүш-турушуна бирде суу ташкыны же кургакчылык бүлүндүргөн чарба аркылуу, бирде оору-сыркоо, бирде ионочөйрөдөн сызылып өтүп Жер бетине жетип келген космос нурлары аркылуу таасир тийгизип турат. Адатта, адамдар өздөрүнүн чыгармачылык жөндөмүнүн жогорулашы, же тескерисинче, чүнчүшү эмнеден улам пайда болорун билишпейт, бирок илим алардын себептерин таба алат.

Адамдар өздөрүн өтө бейыраат алып жүрөт. Башка жаныбарлардан айырмаланып адам өзү жашаган ландшафтты камкордукка алып гана тим болбостон, кээде аны жараксыз, өлүк жерге айлантып, ага кайра оңолгус зыян келтирет. Ал мунусу менен түр катары өзүнө чоң зыян келтирет, анткени ал оз укум-тукумун жашоого керектүү каражаттардан куру жалак калтырат. Муну ал эмне үчүн жасады деген негиздүү суроого жооп берүү кыйын, себеби эң алды бул акылга сыйбас иш кайда жана качан жасалганын карап көрүү зарыл. Табигый процесстер катары этногенездер өзүнөн өзү биочөйрөгө зыянсыз экени жогоруда көрсөтүлдү, бирок ал төмөнкүдөй эки шарттын айкалышында кыйратуучу күчкө ээ болушу мүмкүн:

1. Фазалардын алмашуусунда, этнос өзүнө таандык ийкемдүүлүгүн жана сырттан болуучу таасирлерге каршылык көрсөтүү жөндөмдүүлүгүн убактылуу жоготкондо, т. а. этнос сыркоологон учурда.

2. Этностор аралык активдүү катнашуулардын жүрүшүндө, мунун таасири өзүнөн өзү жаралат, себеби этнос эч бир фазада кыйрабайт. Муну мындайча түшүнүү абзел: дени таза этносту жок кылуу үчүн өтө зор күч жумшоо талап кылынат, эреже катары коңшу этностун анчалык күчү жок, болгон күндө да аны коротуу максатка ылайык келбейт.

Жеңилген этностун кыйрашы менен бирге ал жашаган ландшафттын табияты да бузулат, анткени этнос дал ошол геобиоценоздун же экосистеманын бир бөлүгү болуп саналат. Мындай бузулуштардын изин археологдор менен голоценди[5] (муз доорунан кийинки мезгил) изилдеген палеогеографтар көп таап жүрүшөт.

Маселенин коюлушун тактап алалы. Жаңы курулушту, мисалы, үйдү куруу үчүн ал жерде турган эски үйдү бузуу керектиги — талашсыз нерсе. Курулуштун түрлөрүн мындайча алмаштыруу табиятта жана тарыхта көндүм көрүнүш. Мындай алмаштырууларда жакшы деген нерсе дайыма эле мурдагыдан сонун боло бербейт, тек гана доордун талабына жооп берүүчү кайсы бир реалдуулук менен алмаштырылат. Бардык этникалык системалардын өнүгүшүнүн өзгөчөлүгү дал ушунда, жадегенде төмөндөө доорлорунда да табигый же маданий чөйрөнүн керексиз элементтери кароосуз калып, чалдыбары чыгат.

Маданий эстеликтер (кооз имарат, сарай, бак, сүрөт ж.у.с.) же табигый көрүнүштөр (токой, көл, бизондордун үйүрү) жок кылынып, алар башка нерселер менен алмаштырылбаса, бул өнүгүү эмес, бузулуу, система эмес, антисистема. Урандылар же өлүмтүктөр эч качан өнүкпөйт жана кийинки муундар үчүн сакталбайт. Өнүгүү кыймылы кыймылсыз абал менен орун алмашат, жашоону — өлүм, түзүлүштүн өзгөрүшүн — аннигиляция жеңет. Вандализм да пассионардуулуктун көрүнүшү жана андыктан табият тарабынан алдын ала ойлонулган мыйзам ченемдүүлүк катары кароо мүмкүн дешке болор эле. Жок! Планетанын табиятында аннигиляция процесси байкалбайт. Мында үзгүлтүксүз толуктоо жүрүп турат, ошонун натыйжасында гана азыркы кездеги таш көмүрдүн, нефгинин, мармардын кендери ачылып, бай кыртыштар табылып жатат. Бул фотосинтездин миллиарддаган жыл бою жаралып чогулган биочөйрөнүн денеси; бул күн менен жылдыздардын материалга айланган жарыгы.

Пассионардык түрткүлөр да табигый кубулуш катары этнос өзү көнгөн ландшафт менен дайыма байланышта болушун камсыз кылуучу ылайыкташуу синдромун жараткан чыгармачыл импулстарын пайда кылып турат. Бирок этникалык топ, мейли ал этностун бир бөлүгү болсо да, эгерде өзүнө жараксыз шартгарга туш келсе, анда ал же өзү менен өзү болуп, изолятка айланат, же көңүлүнө жакпаган айлана-чөйрөнү бузуп жиберет. Натыйжада, өзүн өзү коргой албаган жан-жаныбарлар, гүлдөр, кооз тоолор жана таза суулар мөгдүрөйт, жок

кылынат. Бирок муну чет жерден келгендер гана жасайт. Жергиликтүү адам мекенин аяй билет.

Кантсе да миграция өзүнөн өзү эле антисистемалуу боло албайт жана дайым эле антисистеманын жаралышына себепчи да боло бербейт. Этникалык миграциялар — табигый процесс, ал адамдарды кызыктырып турган нерсе, алар өздөрүн бөтөн өлкөгө өз каалоосу менен баратышкандай сезишет. Америкага адамдарды алардын пассионардык чыңалуусу түрттү, анткени ал чыңалуу кайдагы бир Кентте же Мекленбургда карапайым жашоо өткөрүүгө тоскоолдук кылып, кытыгылап турду. А чынында алардын өз мекенинде оокат-ашы белен, катын-баласы бар эле. Ал эми Миссури өрөөнүндө алар бул пенделик көр тирликтерди зор эмгек жана тобокелчилик менен таап турушкан. Анан да Европанын бардар жана бейпил кыштактарына караганда Канаданын прерияларындагы же токойлорундагы жашоо жеңил болгон деп айтыш кыйын[6].

Демек, биз бул жерде табияттын мыйзам ченемдүү кубулушун учуратып отурабыз, мындайда кол тие элек кулпунуп турган жаратылыш жана бөтөн бир ажайып маданият бузулуп, талкалангандыгы үчүн адам моралдык жактан жоопкерчилик тартпайт. Албетте, бул кайгылуу, бирок ушундай!

А бирок эгерде ал келгин адам баш-терисин сатыш үчүн индейлик балакайды өлтүрсө, же кошунасын дубакой, сыйкырчы деп айгак түигүп айылдаштары аны өрттөп жиберишине себепкер болсо, же токой ичиндеги адеми жыгач мунараны өрттөп жиберсе, же чөлдө адашып, алсыраган адамды сактап калса — бул анын өз ыйманына байланышкан кылык- жоругу болот. Ошондуктан кубулуш менен кылык-жоруктун бири биринен айырмачылыгы өтө чоң, анткени жорукту жасаса да, жасабаса да болот. Алар адамдын оз эркине таандык нерселер.

Мындай карасаң, адамдын бардык жоруктары атайы бир сары эсеп боюнча, өзүнүн пайдасы үчүн ал башка бирөөлөрдүн өмүрүн аң-сезимдүү түрдө курмандыкка чалууга укуктуудай көрүнгөнсүйт. XVIII кылымдагы Франциянын агартуучулары да ушундайча ой жорушкан жана өз көз караштарын материализм деп аташкан[6]. Бирок тарыхты изилдеп көргөнүбүздө мунун андай эместигин көрсөттү. Башка бирөөлөр үчүн, ата мекен үчүн жан кыюу — патриотизм деген бар, муну эч кандай пайда же атайы сары эсеп менен түшүндүрө албайсың; анан да искусство предметтерин же табигый ландшафттарды эч кандай себепсиз талкалоо жолугат. Бул тарыхка белгилүү даректер. Булар пассионардуулуктун энергиясы түрткү берген учурларда ишке ашчу нерселер. Бирок окуянын багыты кандайдыр бир башка күч аркылуу аныкталат. Айталы, готтор Римди басып алган соң, контрибуция төлөтүп алуу менен чектелген, ал эми вандалдар готтордой эле пассионардуу болушканына, ошолордой эле маданий деңгелде турушканына, алардай эле ариан динин тутушканына карабай, Римди талап-тоноо менен бирге ойлоруна эмне келсе ошону жасап, кооз имараттарды талкалашкан, мармар айкелдерди сындырышкан, мозаикаларды жок кылып, фрескаларды кырып салышкан. Вандалдардын мындай маанисиз кыйратууларын көрүшүп алардын замандаштары жакасын карманган, бирок мындай жоруктар андан кийинки кылымдарда да тиги, бул жерлерде, а түгүл азыркы Америкадан да байкалып келе жатат.

Готтор менен вандалдардын тагдырлары да эки башка уланды. Готтор Испания жергесинде өздөрүнүн туруктуу королдугун түзүштү, жергиликтүү эл менен аралашып, бир бүтүн системага айлана отуруп, акыры, монолиттүү испан этносуна биригишти. Вандалдар Африкада жиниккендей кутуруп, акыры жергиликтүү элдин каарынан коркуп, сепилдерине камалып калганда Велизарийдин анча чоң эмес аскер кошууну аларды өздөрү менен сепилин кошо талкалап, кырып салат. Ошондон кийин вандалдар жок болгон. Кейпи, готтордун

системасы менен вандалдардын системасы карама-каршы багыттарда өнүккөн окшобойбу.

Вандализм искусство эстеликтерин талкалоо менен эле чектелип калбайт. Эгер ал табиятка кол салса, анын зыяны андан да оор болот. Бул жерде маанилүү терминдик тактоо кийирүү керек.

Биздин планетабыздын үстүндө кургакчыл жерлер жана чөлдөр бар. Алардын айырмасы бир төп. Нымдуулуктун убактылуу бир тарапка ооп кетиши айрым континенталдык аймактардын өсүмдүктөрүнүн азайышына алып келет, анан циклондордун мурдагы жолуна кайра кайрылып келиши Гоби же Сахара чөлдөрүнүн фитоценозун калыбына келтирет. Суу ташкындары шаарларды жууп кетет, бирок суу тартылып кеткен соң дарыя өрөөнүндөгү тиричилик кайрадан башталат. Кыскасы, вулкандардан лаванын атырылышынан башка табигый процесстердин баары кайра калыбына келүү касиетине ээ.

Анткени менен, жаратылыш шарттар кандай гана өзгөрүлбөсүн мурдагы калыбына келбей турган көптөгөн чөлдөр бар. Кээде бул чөлдөр, мисалы, Тарим дарыясынын түштүк агымынын сай жээктериндеги өрөөндөрдөй кургак келет, кээде ал байыркы индейлердин талааларынын кант арылган катмарларына отоо чөптөрдөн башка эч нерсе өспөгөн амазондук же юкатандык сельвага окшоп какыр келет. Бул жерлерде ар дайым байыркы адамдардын турак жайларынын изи, таш куралдар жана карапанын сыныктары табылат. Чындап келгенде бул чөл эмес, англичандар айткандай — бэдленддер, мен ушул сөздү туура көрөмүн, анткени орус тилинде бул сөздүн эквиваленти жок. Тоо кендерин иштетүүнүн орду, бетондолгон аянттар, пирамидалар дал ушундай калдыктар.

Адам ландшафттарды кайра калыбына келгис түрдө бузат, мунусу искусствого жасалган вандалдык мамиледен кем калбайт. Ырасында мындай тетири ишмердүүлүк, түр катары, адамга таандык эмес көрүнүш экенин, ал кейпи, тээ байыркы тереңдердеги чыгармачыл этногенездин процесстерин коштогон өзгөчө бир туюм-сезимдердин пайда болушунун жана анын жок болуп кетишинин кошумча натыйжалары экендигин биз жогоруда байкаганбыз.

Ошентип, табиятты бүлүндүрүүнү, маданий шедеврлерди жок кылууну жашоо үчүн күрөштүн натыйжасы деп эсептөөнүн кереги жок, муну кунары кеткен планетада азап чеге турган келечек тукумдарыбызга каршы жасалган кылмыш катары кароо зарыл.

Миграциядан айырмаланып вандализмдин фактылары кубулуш эмес, кылык-жорук экени талашсыз нерсе, бирок бул акмакчылык пассионардуулук менен байланыштуубу же жокпу? Албетте, байланыштуу! Бирок бул пассионардуулуктун мүнөзү, биз жогоруда баяндап жазган пассионардуулуктардан айырмаланып турат. Анын жаралыш себеби да башкача, ал табигый эмес, жагдай-шартка байланышкан мүнөзгө ээ. Бет маңдай кагылыша келгичекти эки этнос тең пассионардуулуктун ар кандай деңгелиндеги кадимки системалар болушкан. Алар кошулганда пассионардуулуктун агымы жогорку деңгелде турган системадан төмөнкү деңгелдеги системага карай куюлат, ошентип, жалпы деңгел теңелет. Бул энергетикалык куюлушуу мында пайда болуучу антисистеманы, т. а. негативддүү көз караштагы адамдардын системалык бир бүтүндүгүнө дем берүүчү энергияны түзөт.

Мындай теңделүүдөн эки система тең жабыр тартат. Ал эми вандализм болсо зыян кылуучуларды да, зыян тартуучуларды да жабыркатат, анткени зыян келтирүүчүлөр да урандылар менен кыйроого учураган жерлерде жашай алышпайт. Антисистема адамдын денесинде жашаган бактериялар менен инфузориялардын түрүнө окшош; адамдын же жаныбардын ички денесине жайылган мителер ал организмди өлтүрүп тынат...

өздөрү да ал дене менен кошо өлүп тынышат. Мындай карасан антисистема — табияттын мыйзам ченемдүү кубулушу сыяктуу сезилет.

Жок! Адам мите курт эмес. Ишмердүүлүктүн кандай түрүн тандап алуу, жогоруда айтылгандай, адам оз кылык-жоругу үчүн жоопкерчилик тартуучу "эрк тилкесинде" жатат. Шедеврлерди ой келди, максатсыз эле талкалап жок кылууга, айбанаттарды тамак-ашка пайдалануу үчүн эмес, бейчеки кырууга, алсыз адамдарды кордоого түртө турган табият мыйзамы жок. Бири бирине карама-каршы турган кылык-жоруктун эки багытын биз жөнөкөй сөз менен жакшылык жана жамандык деп атайбыз жана эч убакта бирин экинчиси менен адаштырбайбыз. Анткени жакшылык менен жамандык бири биринин күзгүдөн чагылышы болбостон, жаратылыштагы дегеле эки бөлөк көрүнүш. Дал ушул жерге вакуум субстанцияга карама-каршы турат деген түшүнүктү, байыркылардын термини боюнча айтканда, "туңгуюк" — "макулуктар дүйнөсүнө" карама-каршы турат деген түшүнүктү колдонуу ылайык.

"Эркиндик тилкесинде"

Кантсе да "жакшы" адамдарды "жаман" адамдардан айырмалоо мүмкүнбү, аны кантип айырмаласа болот? Деги эле ким өзү жөнүндө . Деги эле ким өзү жөнүндө мен дүйнөлүк "жамандыктын" үмөтүмүн, аны жактайм деп айтсын? Жалпы эле кайсы бир позицияны "жамандык" деп, анын тескерисин "жакшылык" деп атоого акыбыз барбы? Тигиндейче же мындайча баалоонун объективдүү критерийи кайда? Туюктук!

Ооба, адамдарды жеке бирден алып караганда ал айырмачылыкты билүү кыйын, ошентсе да айлана-чөйрөгө, т. а. дүйнөгө карата болгон мамиленин жалпы жамааттык критерийи бар эмеспи. Өздөрүнүн оюнун туура экенине бек ишенген эки багыттын өкүлдөрү мындай учурда өздөрү эң туура деп эсептешкен жана чындык экени далилсиз эле түшүнүктүү делген аныктамалары жөнүндө гана кеп салышат.

Биринчи позиция: материалдык дүйнө дегенибиз үрөй учурган нерсе, ошондуктан ал жашоого укуксуз, анткени бардык жан-жаныбарлар өлөт, демек, бул жок болуу дегендик. Экинчи позиция: дүйнө дегенибиз бир ажайып нерсе, ал эми өмүрдү дайыма коштоп жүрүүчү өлүм болсо жөн гана татаал, кеп учурда чыдай алгыс абалдан чыгуунун жөнөкөй жолу. Өлүм — ак, анткени ал өлүмдөн да коркунучтуу болгон дүйнөлүк жаманчылыктан, кара ниеттиктен, адилетсиздиктен, кордоолордон жана азап чегүүдөн сактайт. Бул эки позиция тең бирдей ырааттуу: каалаганыңы тандап алсаң болот.

Б. з. башталышында Жер Ортолук деңизинин жээктеринде ой жүгүртүү эч кандай чектөөлөр жок, эркин болуп турганда, эллин, иудей жана персиялык дүйнө көз караштар айкалыша келгенде, адамдардын оозунан ойлор кумдай куюлушуп агып турган учурда адамдар өз оюндагысын тартынбай билдире алышкан. Б. з. III—IV кылымдарында бул концепциялар жүрө-жүрө гностицизм, инжилдик иудаизм, христианчылык, зороастризм өндүү бир нече системага айланган. Алардын баары тең атайын баяндап жазууга татыктуу, бирок биз эң башкы максатыбыздан алаксыбоо үчүн — биполярдуулуктун негизин тактап алуу үчүн аларды кийинкиге калтырып отурабыз. Бул принцип б.з. жете келип, XX кылымда гана философиялык эки системанын көз карашы боюнча эки башка аныктама алды: анын бири танууну тануу мыйзамы аркылуу тирүүлүк менен өлүмдүн сөзсүз түрдө айкалышынын зарылдыгын далилдеген диалектикалык материализм системасы жана экинчиси жашоонун түпкү максатын акыркы "Жок нерсеге" айланып кетүүдөн көргөн экзистенциализмдин аныктамасы болду. Баарынан кызыгы бул карама-каршы ой б.з. башталышына чейинки мезгилдерге

дейре жашап келгени болду. Дал ошол гностиктер, буддачы-махаяндар менен манихейлер К. Ясперстин теориясына алдын ала жол салып кеткендер болушкан.

Мына ошентип, гностикалык концепциялар Жер планетасындагы жашоону оор кырсык деп табышып, андан кутулуу керектигин айтыш- кан. Өзүн өзү өлтүрүүгө болбойт, анткени жан, же эон, же жарыктын бөлүкчөлөрү кайрадан материя же караңгылык менен чүмбөттөлүп, кайрадан жаңы азаптардын циклине туш келет. Такыбаа жашоо, бул жалган дүйнөнүн алдамчы жыргалдарынан кечүү гана сактап калат. Кез-кезде такыбаачылыкты аракечтик жана аягы суюктук өңдүү бузуку иштер менен айкалыштырууга болот, анткени алар адамдарды жийиркентип, жашоодон баш тартууга түртөт. Демек, материядан, т.а. биочөйрөдөн толук бөлүнүү эң негизги нерсе болуп саналат.

Гностиктердин окуусу боюнча биочөйрө — адамдын душманы, ал эми душман менен аёосуз күрөшүү керек. Дагы жакшы, гностиктер өз окуусун өздөрү жек көргөн жана биочөйрөнүн бөлүгү болгон букараларга каршы колдонууну үгүттөшпөптүр. Алар бардык дитин өз денелерине гана бурушуп, ырааттуулук менен тирүүлүктүн бардык нерселеринен толук баш тартууга жетишип, III кылымда манихейлерден башкасынын баары изсиз жок болуп кетишкен. А манихейлер жөнүндө бөлсө өзгөчө сөз кылуу зарыл.

Ошентсе да, гностиктердин идеяларынын укмуштуудай апыртмалуу болгонуна карабай, ал идеялардын ичинде бир конструктивдүү ой бар болуп чыкты: гностиктер табиятты курчап-чулгап турган энергиялардын дүйнөсүн ачышты. Алар XX кылымдын физиктери жасаган илимий ачылышты татаал математикасыз жана приборлорсуз эле алда канча мурда кантип билип алышканын мен түшүндүрө албаймын. Ырас, алар колдонгон терминология жасалмалуу көрүнгөнү менен алардын ойлору ташка тамга баскандай так болгон.

Эгерде биз алардын идеяларын азыркы терминдерге которуп, "эондор" жана "демондор" деген сөздөрүнүн ордуна "нурлуу энергиялардын импульстары" жана "радиациялык бөлүнүү" деген сөздөрдү койсок, анда
II—Ш кылымдардын ойчулдары азыркы биз изилдеп жаткан маселелерди чечмелөөгө аракеттенишиптир. Ал эми баа жагына келсек — бул башка иш! Гностиктер өздөрүн курчап турган дүйнөнү жек көрүшүп, ага караганда бардыгын мойсоп тынчу радиациялык бөлүнүүнү урматташкан. Ошондуктан, биздин көз карашыбызча гностикалык окуулардын авторлорун айлана-чөйрөгө зыян келтирүүчүлөрдүн катарына кошуу керек.

Гностиктердин ой жоруусунун маңызын дискреттүү системаларды (био-ценоз) катуу система менен алмаштырууга умтулуу түзөт, логика боюнча мындай жолдо өнүгүү жандуу нерселерди жансызга айландырат, жансыз нерсе термикалык реакциянын натыйжасында молекулаларга бөлүнөт, молекулалар атомдорго, атомдордон реалдуу бөлүкчөлөр бөлүнүп чыгат да, аннигиляцияланып, виртуалдуулукка айланып кетет. Мындай өнүгүүнүн акыркы бүткөн чеги — вакуум. Жана мунун тескерисине, тирүүлүк менен өлүм коюн-колтук алышып бирге жүргөн системалар татаалданганда ар түрдүүлүк пайда болот да, ал тезинен психологиялык чөйрөгө өтүп, искусствону, поэзияны, илимди жаратат. Анан, албетте, тирүүлүктүн кайгы жана кубанычы үчүн мыйзам ченемдүү түрдө өлүм менен жооп кайтара турган күн келет. Мында логика жок, анткени бул ойдун тууралыгы тажрыйба жүзүндө жана интуиктивдүү түрдө жалпылоо аркылуу такталган. Карама-каршылыктарга көнүп жашоо ушундай. Каалаган жолуну тандап алганга уруксат.

Система катары этнос адамга, т.а. жеке бир адамдын системасына караганда ченемсиз зор көрүнүш. Бирок мыйзам ченемдүүлүк мунусунда да, тигинисине да бирдей күчкө ээ. Этнос же гомеостазга дейре жашап, өзү жашаган ландшафттын жогорку звеносу болуп калууга тийиш, же башка бир этнос менен кармашууда

химераны жаратып, мунусу менен "эркиндик тилкесине" өтүп кетет. Бирок экинчи вариантта гана кылык-жорук синдрому ачык көрүнөт да, табият менен маданиятты талкалап жок кылууга умтулуу пайда болот, анткени вакуум дегенибиз көзгө көрүнүп турган дүйнөнүн күзгүдөн тетири чагылышы да, антидүйнө да эмес, өзгөчө бир касиеттердин дүйнөсү болуп саналат. Мына ошондуктан, материалдык дүйнө менен вакуумдун байланышынан гармония жаралбайт, тескерисинче, карама-каршылыктардын үзгүлтүксүз күрөшү жүрөт.

Бул күрөш байыркылар "күчтөр" деп атаган энергетикалык импульстардын деңгелинде жүрөт. Бул импульстардын катарына пассионардуулук да кирет. Суперэтникалык деңгелдердеги катнаштарда таламдардын кагылышууларынын кыйын учурларында пассионардуулук бөтөнчөлүк энергия катары химералык системада болуп калуу бактысыздыгына туш келген адамдардын эки багыттагы ишмердүүлүгүнө тепетең күч бере берет.

Мындай бөлүнүүнүн механизми ушунчалык татаал болгондуктан аны гипотеза катары сунуш кылууга болот. Антпесек, идеализмге берилип кетпеген, энергиянын сакталуу мыйзамы менен карама-каршылыкка барбаган, аң-сезимден чыккан импульстарды кантип түшүндүрүүгө болот?

В. И. Вернадскийдин көрөгөчтүгү

Биздин улуу окумуштуубуз — экинчи биогеохимиялык принципти — атомдордун биогендик миграциясынын чоңоюшу жөнүндөгү окууну — эволюциянын багыттуулугун жана ноочөйрөнүн калыптанышын талдап отуруп, мындай ой айтыптыр: "...Адамзаттын аң-сезими энергиянын формуласы болуп саналбайт, ошол энергияга жооп катарында аракет кылат (алдын мен сыздым — Л.Г.). Муну эмпирикалык факт катары белгилөө менен мен илимий маалыматтардын мындан ары өнүгүшү, балким, энергиянын сакталуу мыйзамы менен... карама-каршы келгенсиген абалдан чыгуубузга мүмкүндүк берет деп ойлойм[7].

Бул кошумча болгонсуган ой өзүнө түздөн-түз карама-каршы келүүчү ноочөйрө жөнүндөгү окууга караганда көбүрөөк баалуу жана келечектүү сезилет. Ойдун чечмеленишин образ түрүндө көз алдыга келтирип, ага саякат жасап көрөлү.

Кичинекей кыз топту дубалга урат, топ кайра артка ыргыйт. Дубал топту түрткөн жок — ал аны кайра кайтарды. Бул процесс кыска, ошондуктан себептик-натыйжалык байланышы түшүнүктүү, эгерде мындай процесс кылымдарга созулса, анын даректери үзгүлтүктүү, а кээде чаташтырышып салынса, анда биочөйрөнүн импульсу кыздын колу менен кайра кайтарылуучу кыймылдын — дубалдан кайра кайткан топтун байланышы изилдөөчү үчүн оңой-олтоң эле жоголуп кетиши ыктымал. Ага топту дубал ыргыткандай сезилиши мүмкүн, т. а. ал кайра кайтаруу кыймылынын ордуна түз байланышты көрүп алышы ыктымал.

Эгерде философиялык концепцияларды, романдарды, жомокторду, уламаларды жараткан адам акыл-эси ноочөйрөгө жол ачпастан, күзгү өз бетине чагылган күндүн нурун жаркылдаткан сымал биохимиялык импульстарды кайра ыргытуучу экранга жол ачса, анда энергиянын сакталуу мыйзамы менен карама-каршылык жоюлат, ал эми адамдын аң-сезими аркылуу катталган биохимиялык импульстардын кайра кайтуу жолу жаратылышты сезүү болуп саналат, муну аң-сезимдин көрүнүшү болгон дүйнөнү туюп-сезүү менен чаташтырбоо зарыл.

Эгерде ырасында да ушундай болсо, анда биз руханий маданияттын, анын ичинде кызыл кулактык философиянын (акылга сыярлык) биз өзүбүз тиешелүү

болгон биочөйрө менен байланышынын механизмин да баамдадык. Ырас, күтүлбөгөн жыйынтыкка ээ болдук. Вакуум жандуу нерселердин энергетикалык импульстарын чектеп туруучу катарында көрүндү; ал өнүгүүгө, өркүндөөгө тоскоолдук кылат, дал ошол вакуум Жердин биочөйрөсүн бузуп, Жерден келген импульстардын багытын өзгөртүү аркылуу Жердин өзүн ур токмокко алып турат. Салыштырууну улантуу менен мындай деп айтсак болот: табияттын эң алгачкы кубулушун чектеп туруучу экран — вакуумдан кайра артка ыргып, адамдын өз эрки менен жасалуучу кылык-жорукка айланат. Жорук-жосундун натыйжасын алдын ала айтуу кыйын; жорук-жосундар жакшы же жаман болушу мүмкүн, ал эми кубулуштардын натыйжасы болсо дайыма бейтараптуу болот. Алар жакшылык менен жамандыктан, прогресс менен регресстен жана алардын өзүн пайда кылуучу биочөйрөгө келтирүүчү пайда менен зыяндан сырткары жакта калат. Акыл-эстен жаралгандардан башка бардык процесстер аны үчүн маниге ээ эмес.

Ошентип, биз В. И. Вернадский койгон суроого жооп таптык жана "Биочөйрөдогү химиялык элементтердин атомдорунун биогендик миграциясы ар дайым өзүн максималдуу түрдө ачып көрсотүүгө умтулат[8] деген биринчи биохимиялык принципке кайрылып келдик. Биочөйрөнү, анын ичинде этногенезди материалисттик монизм принцибиндеги кандайдыр бир татаал жана көп мүнөздүү биримдик катары түшүндүрүү үчүн ушуларды айтуу эле жетиштүү.

Вакуумдун ролун жогоруда келтирилген гипотеза менен түшүндүрүү автордун өтө эле өзгөчөлөнгөн ой жоруусу катары көрүнүшү мүмкүн. Анткени менен вакуумду өз идеалдары катары эсептеген миллиондогон күйөрмандарын баш коштуруп турган дүйнөлүк философиялык системалар жашап турган чакта табиятты коргоо үчүн алардын маанайларын эске албай коюуга болбойт.

XXXVIII. ЭТНОЧӨЙРӨНҮН БИПОЛЯРДУУЛУГУ

Калп — принцип катарында

Сөз көп маниге ээ. Сөздүн маңызы анын эмне жөнүндө экендигине, ал эми сүйлөм текстке, көтөрүңкүлүкө же басаңдыкка, ал текст баяндаган кырдаалга ж.у.с. байланыштуу бөлөт, ал эми тексттин мааниси айлана-чөйрөгө, социалдык, табигый абалга жараша түзүлөт. Жадегенде жөнөкөй гана "стол" деген сөз өзүнчө турганда маниге ээ эмес, ал "жазуу столу", "заказ алуучу стол", "Киевдик алтын стол", ж.у.с. айкалыштар аркылуу мазмунга ээ болуп чыга келет. Бирок бул семантикалык айырмачылыктар жөнөкөй болгондуктан сөз эмне жөнүндө болуп жатканын ким болбосун оңой эле түшүнөт. Бирок ушундай эле көп маниилүү түшүнүктөр, алардын мааниси жымсалдат ылган учурда — бир төп татаалдыкты пайда кылат. Мисалга "өлтүрүү" деген сөздү алалы. Баарыбызга белгилүү: карактоо үчүн өлтүрүү — кылмыш; кыйнап моокум кандыруу үчүн өлтүрүү — кара ниеттүү кылмыш; бирок дуэлде өлтүрүү — жорук, ал жазалануга татыктуу жорук болгонуна карабай кылмыш эмес, анткени тиги тирүү калган адам да өлүп каларын билип туруп, башын тобокелге сайып, намысын коргоду; согуш учурунда душманды өлтүрүү кылмыш эмес, эрдик; кылмышкерди желдеттин өлтүрүшү — бул да өлтүрүү экендигине карабай — желдеттин кызматтык милдети, ал эми алдын ала күнөөсү жок адамды жазага тартып, өлтүрүү кылмыш кылуудан да жаман иш, бул — күнөө. Сөздөрдүн маанисин контексттен сырткары түшүндүргөн граф Л. Н. Толстойдун философиялык куру чечендиги, ал эми б. з. I кылымындагы тарыхый кырдаалдардан сырткары жаткан — евангелиелик тексттердин мазмуну беймаанилик болуп саналат. Кейпи, граф муну чын дилинен жазгандыр, бирок

анысы андан бетер жаман, анткени айтылган олуттуу катачылык сакталып кала берет, ал эми дөдөйлүк — карасанатайлык аракет өңдүү адамдардын башына түшчү бактысыздык. Дөдөйлүк кээде өтө жаман нерсе болушу мүмкүн, анткени ал: "Мен мындай ойлогон эмесмин, демек, мен күнөөлүү эмесмин", — деп өзүнө жоопкерсиздик укугу берилишин талап кылат. Ошондо анын кара ниет эркине кеңири жол ачылат. Ал эрк кыйыр түрдө аракеттенет, себеби түз аракет кылуу опурталдуу экенин билет. Болгондо да ал бирөөлөрдүн көрсөтмөсүн гана аткарып, өздөрүнүн эмне кылып жатканын ойлонуп да койбой, ойлонбоо укугуна ээ экенине ишеними күч болгон акмактар аркылуу аракеттенет. Евангелиеде буга байланыштуу "жакшылап ойлонгула" (метаноите) деп айтылган, ал которулганда алгачкы маанисин жоготуп "күнөөңөр үчүн кечирим сурагыла" болуп калган.

"Калп" деген түшүнүккө кайра кайрылып келелик. Ал жандуу табиятта барбы? Кайсы бир деңгелде — ооба, бар десек да болот. Жаныбарлардын мимикриясы (айлана-чөйрөнүн түсүнө окшошуп өңүн өзгөртүп алышы) — жырткычты же олжосун алдоого жасалган аракет. Кантсе да, жырткычтар да, аларга жем болчулар да оз жандарын же ачкачылыктан, же жем болуудан сактоого укуктуу, андыктан мимикрия жакшылык менен жамандык түшүнүгүнөн сырткары жактарда жатат жана ал биочөйрөнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү менен акталып турат.

Согуш учурларында адамдар өз душмандарына жалган даректерди берет. Бул калпка киреби? Ооба, формалдуу түрдө ал калп, бирок согуш — өзгөчө абал, андыктан ар бир дарекке ишене берүү жарабайт. Даректерди тактап туруу зарыл, себеби алдоо — оюндун эрежесине кирет. Кейпи, бул жерде кеп башка түшүнүк жөнүндө болуп жатканына карабай, анын аталышы да "калп". Семантиканын түрлөнүшүнө анча маани бербөөгө терминдин өзү түрткү болууда.

Байыркы адамдар бул маселеде чаташышкан эмес. Алар "ант" деген түшүнүктү жашоо турмушуна кийиришкен. Анысы юридикалык жактан негизделген пайдалуу, кээде сактап калуучу калптан баш тартуу дегендик эле. Алдоого, айткорлонууга, тайсалдоого адамдардын укугу күндөлүк турмушунда сакталып кала берген. Ал эми ант дегенибиз табияттын мыйзамына багынуудан, т. а. өзүн сактап калуу инстинктинен баш тартуу катары маанидеги өзгөчө түшүнүк. Андыктан анын күбөлөрү болууга — анттын бек тутулушун көзөмөлдөөгө кудайлар же духтар тартылып, алар ант бузарларды жазалоого тийиш бөлгөн. Анттын супер натуралдык мааниси ушундан улам дагы күч алган.

Евангелиеде өзүн өзү жеткилең кылып өркүндөтүү же такыбаалыктын жолуна түшкөндөргө ант бербөө, анын ордуна ар дайым чындыкты айтуу сунуш кылынган. Ал эми калган башка карапайым адамдар үчүн ант берүү бардык христиандык өлкөлөрдө касам ичүү деп аталган жана ал эмдигиче маанисин жана маңызын жоготпой, жарым юридикалык — жарым-диний акт катары сакталып келатат. Анткени калп айтып алдоо — бул жөн эле бейпарасат жорук эмес, ант бузуу, т. а. ишенген адамды алдоо — бул адамзаттын табиятына каршы жана кудайга каршы жасалган кылмыш, бул дүйнөлүк тартипти шылдың кылгандык — чыккынчылык.

Анан да географиялык трактатта унутулган фантастикалык окуулардын тарыхын иликөө зарылбы? Ооба, зарыл, анткени буларда коюлган проблемалар — Жердеги жашоого карата болгон мамилелер баптын баш жагында коюлган: ким, кантип жана эмне үчүн өзү жашаган биоценозду талкалайт деген суроого жооп бүдөмүктөнүп баамдалып турат.

Кептин чын маанисинен алганда биз анын плюсу менен минусун таптык, алгебрада булардын ордун алмаштырса боло берет эмеспи. Мындай орун алмаштыруудан биздин субъективдүү сапаттык баа берүүбүз эле өзгөрбөсө, объективдүү түрдөгү карама-каршылыктын өзү өзгөрбөйт. Эгерде биз тирүү

жандарды өлтүрүүнү өзүнө камтыган биочөйрөнү анын мыйзам ченемдүүлүктөрү менен бирге өн башталыш катары алсак, анда анын карама-каршысында жатчу позиция, ал жаманчылыкка каршылык көрсөтпө деген диний осуятка байланышканына карабай тетири позиция болуп саналат. Адамзат тукуму өз жашоосун улантуу үчүн өлтүрүүгө тийиш болгондуктан, ал өз жашоосун токтотуп салышы керектиги Л. Н. Толстойдун "Крейцердик сонатасында" бир топ ырааттуу түрдө көрсөтүлгөн. XIII кылымда франциялык манихейлер (катарлар) каны жылуу жаныбарларды өлтүрүү күнөө деп эсептешкен. Андыктан альбигой согушунда француз туткундарынын католик же катар экенин билиш үчүн аларга тоок өлтүрүүнү сунуш кылышкан. Катарлар тоокту өлтүрүүгө колдору барбай... отто өрттөнүп өлүүгө барышкан.

Эгерде француздар тоокторун союп жешпесе, аны багышпайт да, көбөйтүшпөйт да эле, токойго кууп жиберип, ит-кушка, түлкү менен үкүгө жем кылмак. Тоокторго андан бетер кыйын болмок, бирок жашоодон кечүүнү ырааттуу жактаган система муну зор жетишкендик деп эсептеп, аны жашоонун жан кыйнаган дагы бир кордугунан кутулуусу катары карашмак.

Ал эми жашагысы келгендер башкаларды өлтүрүп жана өздөрү да курман болуп, келечек тукумдары өз жашоолорунда ата-бабаларынын кылганын улантып, планета бетинде өлүм менен өмүр алмашып жаңырып туруучу жашоо түпкүрлөрдөгү геологиялык доорлордон бери карай кандай болсо ошондой уланып келатат. Бул эки көз караш тең ырааттуу, бирок алардын максаттары жана Жер бетинде калтырган издери кандай ар башкача болсо, алардын пассионардык генезистери да ошондой эле ар башка.

Калп, жеке адамдын деңгелинде — кылык-жоруктун жагымсыз түрү гана эмес, ал этникалык жана ландшафттык айлана-чөйрөгө таасир этүүнүн ыкмасы да болуп саналат. Жамааттык деңгелде болсо бул, антисистемадагы социалдык жана маданий чөйрөгө таасир этүүчү жалпы алдамчылыкка айланып кетет. Биочөйрөлүк деңгелде жөнөкөйлөнүү процесси жүрөт: ал жогорку баскычтагы жаныбарлардын микроорганизмге айланышына алып келет (өлүктүн чириши): жандууну жансызга айландырат; жансыз нерсе молекулаларга ажырайт; молекулалар — атомдорго, атомдордун ичкери жактарындагы реалдуу бөлүкчөлөр — виртуалдык бөлүк- чөлөргө айланып, фотондор болсо "Тунгуюкка" т. а. вакуумга чөгүлөт. Мындай карасаң баары кайсы бир бөлбөгөн нерседен башталгансып көрүнөт.

Ал эми калптын карама-каршысында туруучу акыйкат деген эмне? Акылдуусунуп, ар кайсыны чаргытып окурмандын да, өзүбүздүн да башыбызды айлантпайлы. Көзгө көрүнгөн, байкоого алынган даректердеги кемчиликтер мыйзамдуу ченеминен ашпаган ой жүгүртүүгө адекваттуу түшүнүктөрдү акыйкат деп айта алабыз. Координаттын ок сызыгы аркылуу текшере келгенде акыйкат ой жүгүртүүлөр оң мааниге, ал эми калп терс мааниге, болгондо да глобалдуу масштабдагы мааниге ээ болуп чыга келет.

Позитивдүү жана негативдүү маанилердин генезистери да ар түрдүү: биринчиси — биочөйрөдөгү жандуу нерсенин энергиясынын түздөн-түз туундусу, экинчиси — вакуумдан, т. а. акыл-ойдон чагылган нерселер.

Үчүнчү параметр

Пассионардуулук менен аң-сезим чөйрөсүнүн этногенез процесстериндеги байланышын баяндоодо биз аттрактивдүүлүк категориясын кийирип, аны ординатка коюп караганыбыз эсиңерде дир. Аны менен биз пассионардык түрткү же генетикалык дрейф аркылуу жаралуучу этногенездерди баяндап жазууга керектүү ачыктыкка ээ болгонбуз. Бирок ар түрдүү этникалык системалардын

жана алар менен байланышта туруучу, азыркы кезде "маданияттар" деген аталышка ээ болгон "аң-сезим системаларын бири бирине катмарлап койгон учурда, этносторго сырткы түзүлүштөрү гана окшошкону болбосо, этностордон принципиалдуу түрдө айырмаланган химералар пайда болот.

Этнос менен химеранын айырмасын көз менен көрүү мүмкүн эмес. А эгер этнос бардык фазаларды басып өтүп, башка бирөөлөр аркылуу талкаланып калбаса, химера же жашоосун уланта берет, же майда бөлүктөргө бөлүнө отуруп жок болот. Бул, демек, этнос менен химеранын катышы адамдын организми менен рак шишигинин байланышына окшош дегендик. Рак шишиги организмдин чегинде гана тарап, андан ары өнүгө албайт жана өзү тараган организмдин эсебинен гана жашайт. Рак шишигине окшоп, химералык антисистема (химералардын пассивдүүсү, т. а. зыянсызы да болот) этностон же суперэтностон өз жашоосу үчүн керектүү каражаттарды, жогоруда айтылган калп принциби аркылуу соруп алат. Бул аттрактивдүүлүк түн кайсы бир түрү да эмес, анткени аттрактивдүүлүк башка катардагы кубулуш, ал чындыкка негизденет, муну баяндап жазуу үчүн координаттын үчүнчү ок сызыгы — аппликатты пайдалануу зарыл болот. Анын оң мүнөздөгү бөлүгүнө оз жамаатын сактап калуу үчүн башкалардын өмүрүн да, өзүн да курмандыкка чалуудан кайра тартпоочулукту өз ичине камтыган жашоого умтулуучу импульстар, ал эми терс бөлүгүнө — жеке адамды бул дүйнөнүн кубанычы менен кайгысынан баш тартуунун, жакындары жана алыстагылар жөнүндө камкордук көрүүнүн, чындыкты урматтоо жана калпты тануунун эсебинен кутулууга алып бара тургандар кирет. Бул толук эмес тизме антисистеманы мүнөздөйт. Мындай карасаң, антисистемага буддизм эң сонун үлгү болудай, бирок ал жарым-жартылай гана туура келет. Буддизмдин багыттары көп. Айталы, буддизмдеги боорукерлик бодисатваны урматтаган жерде — Авалокиту, акылмандык бодисатваны урматтаган жерде — Маньчжушри, Ади-будда — дүйнөнү жаратуучу жөнүндөгү окуу бар жерде дүйнөнү туюп-сезүү позитивдүү бойдон калат. Бирок кыялдануу жана бекерчиликти үгүттөгөн мектептерде негативдүү импульстар басымдуулук кылат, ал эми алгачкы христианчылыктын гностикалык багыттарында жана К. Ясперстин азыркы экзистенциализминде анын нагыз атеист экенине карабай жашоону тануучу туюм-сезимдер ачык көрүнөт. Бирок бизди кызыктырган маселе бул эмес.

Белгиленген параметрлер мааниси жана мүнөзү боюнча ар башка. Эреже катарында пассионардык түрткүнүн күчтүү импульстары айрым жеке адамдарды өз жүрүш-турушунун багытын тандап алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат. Эгерде мындай каалоо кимдир бирөөлөрдүн оюна келген күндө да жамааттын таламы ага антүүгө жол бербейт. Инерциялык фазада да дал ушундай болот, бул фазада жеке адамды топтолгон маданий салттар калыптандырат. Ал эми акыркы фазаларда болсо субпассионарийлерге өздөрүнүн көнүмүш көз караштарын өзгөртүүгө себеп да жок. Андыктан этногенез өз нугунда тынч жүрүп турганда антисистема пайда боло албайт.

Анткени менен, эки суперэтнос бириккенде алар катнашкан аймакта этникалык химера жаралып, антисистемалар өтө күчтүү өнүгөт. Анан да, дүйнөгө негативдүү көз караштын пайда болушуна турмуш-тиричилик шарттарынын жана экономикалык кыйынчылыктардын таасири тиет деп айтуу кыйын. Жок, андайлар мындан мурдагыга караганда оор болгон эмес, кээде жеңил да болгон, анткени ал карым-катнаш болгон аймакта буюм-тайымдардын (соода), адамдардын (кул соодасы) жана идеялардын (дин соодасы) алмашуулары ургаалдуу жүрүп турат. Кейпи, мунун себеби башкада болсо керек.

Кыйратуучу элес

Суроону мындайча коёлу: ысмайылчылыктын, карматчылыктын, маркиондук павликианчылыктын, манихейчиликтин, богомилчиликтин, албигойчулуктун жана башка ушундай системалардын, алардын ичинде К. Ясперстин экзистенциализминин ортосунда кандай жалпылык бар? Диний ишенимдеринин генезиси, догматикасы, эсхатологиясы жана экзегетикасы боюнча — эч кандай жалпылык жок. Бирок бул системаларды жакындаштырып турган бир белги бар: ал — жашоону тануу идеясы, бул идеяда акыйкат менен жалганчылык бири бирине карама-каршы коюлбайт, тескерисинче, бири бирине теңештирилет. Мындан адам өлтүрүү программасы өсүп чыгат, анткени реалдуу жашоо, же кыял (тантризм), же күзгүдөн чагылган элес (ысмайылчылык) же шайтандын жаратканы (манихейчилик) катары каралып, реалдуу жашоо жок деп эсептелгендиктен эч кимди аябоо керек — аяй турган да эч ким жок; аяп убара болбо — Кудайды жок деп жатышпайбы — демек, эч кимдин алдында күнөө үчүн жооп бербейин; аяштын кереги не — анткени адамдын күндөлүк башынан кечирип жаткан азаптуу турмушун дагы узартуу кажетсиз болуп отурбайбы. Мындай болгон соң "адам" да жок, демек, чындык менен калп бирдей эле нерсе, андыктан өз максатың үчүн экөөнү тең бирдей пайдалан.

Ошентсе да орто кылымдарда жашаган адамдарга тең берүү парз — алардын аракеттери ырааттуу болгон, андыктан сөздөрү да өтө ынанымдуу чыккан. Реалдуу жашоо-турмушу ушунчалык начар, үрөй учурган абалда болгондуктан адамдар деги эмнеси болсо да ар кандай кыялдын, айрыкча акылга сыярлыктай болуп көрүнгөн ажайып кыялдын койнуна "бой таштоого" даяр эле. Кантсе да бул жомок сыяктуу кыялдар менен сыйкырдыктардын дүйнөсүнө кирген адамдар өздөрүн ошол дүйнөнүн эгеси катары сезишкен, тактап айтканда, алар өздөрүнүн көңүлүнө орногон кыялдагы турмушка чындап ишенишкен. Өздөрүн айлана-чөйрөгө бийлик кыла ала турган эркин адамдар катарында сезгендиктен муну алар тамплиерлер өңдөнүп крестке түкүрүү же карматар өңдүү Каабанын кара ташын (метеорит) бөлө чаап салуу сыяктуу жосунсуз жоруктары аркылуу көрсөтүшкөн. Ырас, мындай жолго түшүү менен адамдар өзүнүн жеке керт башынын эркиндигине жете алышкан эмес. Тескерисинче, алар тиги же бу позитивдүү системада турганда жетишкен чектелүү эркиндиктеринен да ажырап калышкан. Андай системалардагы мыйзамдар менен салттар алардын өз милдеттерине жараша айрым укук- тарын сактап турган. Ал эми бул жерде алар ошолорунан да айрылып калышпадыбы. Мындагы катуу тартип аларды өз көздөрү менен көрүп- билбеген жолбашчыга, ыйык пирге, устатка баш ийдирип салды, бирок ал ага өзүндөй башка адамдарга жамандык кылууга жол ачты. Бул мүмкүндүк ушунчалык көңүл жубатарлык жана жагымдуу болгондуктан, адамдарды бөтөн өмүрдү курмандыкка чалуудан да баш тарттырбады.

Чынын айтканда неофиттерди антисистемага жакырчылык менен наа-разылыктар эле алып келген эмес. Ооба, адамдар көп учурда начар турмушта жашады, бирок мындай абал бардык мезгилдерде жана бардык жерде бирдей эмес эле. Кымгуутчулук мезгилдер бейпил күндөр менен орун алмашып турган, бирок айылдардагы түркөй, беймаани жашоонун өзү карама-каршы натыйжаларды жараткан. Пассионардуу жаш жигитти тамак-аштан кем кылбай, каалашынча тойгузуп, ошол эле учурда өз алдынча аракет кылууга жана орундуу ой жүгүртүүгө тыюу салуу аны сезим түпкүрлөрүндө жашырынып жаткан күчүн колдонууга жол табууга түрткүлөгөн. Анан ал жолду кудайды тануу ишенимин үгүттөөдөн тапкан. Оз алдына коюлган максат куру кыял экенине да көңүл бурбай, ага баш- оту менен кирип кетет. Жомоктор жана укмуштуу уламыштар күн сайын жаралып турган. Аларга илимдин так жыйынтыктарын жана чыныгы турмушта боло келген, боло турган көрүнүштөрдү каршы коюу текейге арзыбай

калган болуучу. 1 миң жылдыкта ал антисистема четтеп өткөн Россия менен Сибирден тышкаркы бардык өлкөлөрдөгү адамдарды өзүнө тартып турган.

Сибирь менен Россияда антисистеманын пайда болбогондугунун себеби оңой эле түшүндүрүлөт. Туруктуу антисистеманын жаралышы үчүн эки параметр: мисалы, жергиликтүү этногенездин фазадан фазага өтүшү учурундагы начарлоосу жана бөтөн этностун келип аралашып кетиши талап кылынат. Аралашып кеткен эки система процесстин башталыш алдында экологиялык жактан жана маданий жагдайдан алганда позитивдүү, чыгармачыл этностор болгонуна карабай антисистемага жол ачылат. Ал эки этнос аралашып антисистеманы пайда кылат, бул аралашкан этностордун эркинен тышкары боло турган кошумча кубулуш болуп эсептелет. Кантсе да Сибирь жана Байыркы Русь XIII кылымга чейин бөтөн, зыяндуу таасирлерден сырткары калгандыктан, бул жерлерде жашагандардын аң-сезимдеринде жат идеялар келип кирген эмес, жадегенде Евразиянын түндүк тараптагы токойлорун мекендегендерге таңууланган учурда да ал тамырлап кете алган эмес.

Жогоруда биз этносту өзүнүн белгилүү бир ылдамдыктагы же ритмдеги биофизикалык термелүү талаасы катары кароо керектиги жөнүндөгү концепциябызды сунуш кылганбыз. Мына эми ал өз далилдөөсүнө ээ болуп отурат. Айталы, эки ритм бирине бири жанашканда өзүнчө бир чуру-чуу сыяктуу кубулуш пайда болот да, ал адамдар тарабынан табигый эмес нерсе катары кабыл алынат, бул жалпысынан туура. Ошондо адамдар өздөрү жашаган географиялык чөйрөнү жактырбай, алгылыктуу болгонсуп көрүнгөн кайсы бир логика аркылуу бул кыйынчылыктан чыгуунун жолун издей башташат да, өз көңүлдөрүнө төп келбеген бул көр дүйнөнү жек көрүүсүн актоочу шылтоо издеп киришет.

Дал ушундай кырдаал б.з.ч. II—I кылымдарда байыркы эллиндик мамлекеттерде пайда бөлгөн. Александр Македондуктун жортуулуна дейре эллиндер иудейлерди билишкен эмес, иудейлер болсо "явандарга" — ионяндарга көңүл да буруп коюшпаган[9]. Анткени менен селевкилик Сирияда жана птоломейлик Египетте алар коңшу жашап калышкан. Иудейлер Платон менен Аристотелди окуп үйрөнө башташат, эллиндер Библияны грек тилине которуп окуп киришет[10]. Эки этнос тең пассионардуу жана таланттуу этностор болушкан, бирок алардын көз караштарынын катнаштарынын натыйжасында гностицизм — адамдарды өзүнө тарткан укмуштай зор антисистема жаралган[11].

Эллинчилик менен иранчылыктын бетме-бет кагылышы III кылымда кубаттуу антисистеманы — манихейчиликти жаратты, ал Римде, Византияда жана Иранда гана эмес, башка динге жол коё билген Кытайда" да, андан бир төп мезгил кийинчерээк Франциядa[12] куугунтукка алынган.

Кушандар менен сактар басып кирген Индияда б.з. II кылымында улуу философ Нагаржуна жарык дүйнөнү танган агымды — боштук (шунъята) жөнүндө окууну иштеп чыгат, ал бардык нерселерди жана жүрө отуруп, жадегенде өзүнүн тирүүлүгүн да иллюзия деп жарыялаган[13].

Баарынан жаман көрүнүш III кылымда, жүз жыл бою кургакчылык баскан мекен-чөлдөрүн таштап кетүүгө аргасыз болгон сянбилер менен хуннулар көчүп кирип келген Кытайда орун алды. Системалар жана философиялык көз караштар бул жерде пайда болушуна үч кылымга созулган кызыл-кыргын согуш жол бербеди. Тынымсыз жүргөн бул согуштун айынан 27 этнос, анын ичинде байыркы кытай (хан) этносу тукум курут жок болуп кетти. Орто кылымдагы кытай этносун (табгачтарды) жараткан пассионардык түрткү гана жоголууга бет алган бул өлкөнү сактап калган.

Ага окшош дагы бир пассионардык түрткү б. з. башталыш мезгилдеринде өзүнчз өзгөчөлүккө ээ позитивдүү системаны — гностикалык фантасмагориядан ашып түшкөн христианчылыкты, ал эми VI—VII кылымдардагы жаңы түрткү

Ирандагы антисистеманы — зиндиктерди жок кылган өзүнчө көз караштагы ислам динин пайда кылды.

Ошентсе да Халифат бат эле химералык бир бүтүндүккө айланды, анткени гаремдер аркылуу ишке ашкан көп никелүүлүк (экзөгамия) перстерди, грузиндерди, армяндарды, сириялыктарды, гректерди, түрктөрдү, берберлерди ж.у.с. арабдык-мусулмандык жаңы этностун катарына кошту. Мунун натыйжасында IX кылымга чейин эле жаңы антисистема — XIII кылымда моңголдор гана жок кыла алган ысмайылчылык пайда болгон. Монголдор пассионардуу болгонуна карабай антисистемалар менен кагылышууларда оздорүнүн пассионардык күчүн жоготуп, XIV кылымда дымып калган.

Византияда антисистема IX кылымда "мусулман дүйнөсү" менен чектешкен Кичи Азияда өнүгөт. Бул жерден ал Балканга — грек билимине ээ болушкан болгарлар менен славяндар өздөрүнүн химералык түзүлүшүн — Болгар падышачылыгын түзгөн жерге жайылат. Мындагы антисистема бөгөмилчилик деп аталып, XIII кылымдагы пассионардык түрткүдөн кийин осмондор тарабынан сүрүлүп жок кылынат.

Бирок Прованста жашаган манихейлердин тагдыры өтө татаал болгон. Алар XIII кылымда тукум курут болгучакты өз көз караштарын Батыш Европанын калкына таратууга үлгүргөндүктөн, натыйжада бул аймакта жийиркеничтүү социалдык институт — инквизиция жаралган. Бул жөнүндө толугураак баяндоого туура келет.

Байыркы дуализм

Манихейчилик менен христианчылык экөө тең дүйнөдө эки көрүнүштүн — Жарык менен Караңгынын айкалышын тааныйт. Бирок манихейлер материяны жана айрыкча адам денесин "караңгылык" катары эсептешсе, христиандар материалдык дүйнөнү Кудайдын жараткан нерсеси катары карашат жана нике, көңүл ачуу, мекенди сүйүү өндүү нагыз жыргалчылыктарга кеңири жол беришет. Эки көз караштын келишпестиктери көз көрүнө турат, алардын кармашы алиге уланып, аягына чыга элек.

Батыш манихейчилиги христианчылык менен III кылымдын аягынан бери тең тайлаша күрөшүп келе жатат жана Диөклетиандын мезгилинде христианчылык сыяктуу эле куугунтукка алынган. Бул куугунтукту христиан падышалары улантат. Манихей динин туткандарды Феодосий өлүм жазасына тартууну эрежеге айлантат. Манихейчиликти Гонорий падыша мамлекетке чыккынчылык катары эсептеген. Вандалдардын королу Гуннерих Түндүк Африкадагы манихейлерди тукум курут кылган; аман калгандары Италияга кире качышкан. VI кылымда Равенна манихейчиликтин борборуна айланат, анткени Ломбардияда жашаган ариандар Римге каршы күрөшүп жатышкандыктан аларга баш калкалоого уруксат беришкен. Натыйжада X кылымда манихейчилик Лангедоккө тарап, Болгариядагы ушуга окшош окуулар менен биригип кетет. Манихейчиликтин үгүтчү, насаатчылары Франциянын түштүгүндө жана Италияда да элди ушунчалык дүүлүктүрүп салгандыктан, жадегенде папа да оз чебинен сыртка чыгуудан, шаардын көчөлөрүндө кыжылдаган көпчүлүктүн шылдыңы менен мазагына туш болуудан корккон. Ал көпчүлүктүн арасында рыцарлар да бар эле, аларды тыюуга милдеттүү феодалдар да ал үгүткө алдангандыктан антүүдөн баш тартышкан.

XI кылымдын экинчи жарымында манихейчилик дини бүтүндөй Ломбардияны кучагына алат, анткени бул аймактагы жогорку дин кызматчылары ушунчалык бузулгандыктан элдин кыжырын кайнаткан. 1062- жылы Ариальд

деген поп Миландагы жыйында дин кызматкерлеринин аял алышына каршы чыгат, бирок бул архиепископ Гвидого жакпагандыктан өлтүрүлгөн.

Күрөш улана берген, болгондо да архиепископту жана анын мураскерин жашыруун түрдө шайтанчылыкты туткан император Генрих IV колдоп турган, ал эми реформаторлорду папалар Александр II жана Григорий VII колдошкон. Кейпи, папалар менен императорлорду бул маселенин маңызы эмнеде экени кызыктырбаса керек, алар муну менен өз тарабына тарапкерлерди тартуунун жолун тапкан окшобойбу. Жолбашчылардын атаандашууларынын айынан 1075-жылкы кечөө согуштарында өрттөнүп кеткен Миландын калкы курмандыкка чалынган. XII кылымда Италияда патарендер деп аталган манихейлер Римге чейинки бардык шаарларга тарап, мында бул ересчиликке дыйкандар көбүрөөк ооп кетишкен, ал эми дворяндар менен поптор, т. а. ал мезгилдин эң пассионардуу бөлүгү андан да ашкан активдүү ересчилер болуп чыга келишкен.

Германиянын королунун ачык эле колдоосу астында турган Лангедоктогу Альби шаары манихейлердин борборуна айланган, андыктан французлар аларды гректердин катарлар — "тазалар" деп аташканына кошумча альбигойлуктар деп аташты. Алардын жамааттары "көзү ачыктарга", "ишенимге берилгендерге" жана катардагы адамдарга бөлүнгөн. "Көзү ачыктар" никесиз жана орозо тутуп жашашкан жана алар "ишенимге берилгендерди" окутуп, өлүм алдында жаткандарга кеңеш берип, аларды өлөөрдүн алдында "көзү ачыктардын" катарына алууга, материалдык дүйнөнүн кишенинен кутулууга жардам көрсөтүүгө милдеттүү болушкан. Ал эми жамааттын катардагы калкы эски осуятты элдик тилге которушуп, аны баатырдыктын баяны катарында эсептешкендиктен рыцарлыктын идеалын, аны менен бирге өз окурмандарынын жүрүш-туруш көнүмүштөрүн да аз-аздан өзгөртүп отурган. Калганын провансалдыктардын французларды бөтөн жана агрессивдүү этнос катары жек көрүүсү аягына чыгарды. 1176-жылдын алдында Лангедоктун дворяндары менен дин кызматкерлеринин көпчүлүк бөлүгү катарлардын динин кабыл алышып, ал эми алардан калган азчылык бөлүгү жана дыйкандар ооз басып, каршы чыкпай жашоону туура көрүштү.

X кылымда кезектеги начарлоосун башынан кечирип жаткан диний идеалисттик философиянын (схоластиканын) мүмкүнчүлүктөрүнөн көңүлдөрү кайт бөлгөн орто кылымдардагы кудай издөөчүлөр маселенин оң чечилишин христиандык мектептерден сырткары жактан издеп киришти жана ага жоопту Чыгыштан (Балкан жарым аралынан) келген манихейлердин окуусунан табышты. Ал окуу төмөнкүчө болгон.

Жаманчылык — бул түбөлүктүү нерсе. Ал жаманчылык — дух аркылуу жан киргизилген материя жана ал дух материяны өзү менен чулгап турат. Бул дүйнөнүн жаманчылыгы — материянын торуна түшкөн жандын кыйналышы; андыктан, бардык материалдык нерселер — жаманчылыктын булагы. Мындай болгон соң, жаманчылык дегенибизге — бардык нерселер, анын катарына храмдар да, иконалар да, кресттер менен адамдардын денелери да кирет. Ошондуктан булардын баары жок кылынууга тийиш.

Мындай жаманчылыктан кутулуунун эң жөнөкөй жолу өзүн өзү өлтүрүү боло алмак, бирок манихейлер өз доктриналарына жандын көчүп жүрүшү жөнүндөгү окууну киргизишкен. Бул өзүн өзү өлтүргөн кишинин жаны кайра туулууга мажбурланат, анан ал кайрадан кыйналууга аргасыз болот дегенди түшүндүргөн. Андыктан жандын тазалыгын сактоо үчүн башка жол сунуш кылынган; ал дүйнөнүн жыргалчылыгынан безип, денени кыйноо, же дуулдаган, ээ-жаа бербеген зөөкүрдүк менен, же жамааттык бузукулук аркылуу материяны чарчатып, жанды өз чеңгелинен чыгарууга аны мажбурлоо керек делинген. Ушул

багыттагы максатты гана манихейлер туура деп табышкан, ал эми пенделик жашоого байланыштуу адеп- ахлак көңүлгө да алынган эмес. Ырас материя — жаманчылык деп эсептелген соң, ал кандай гана жол менен жок кылынбасын — бул дүйнөнүн жыргалчылыгы болуп саналган, андыктан киши өлтүрүү болобу, жалган айтуу, чыккынчылык болобу... деги баары бирдей деңгелде эч нерсеге арзыбас көрүнүш делинген. Материалдык дүйнөнүн бардык нерселерин жок кылууга уруксат берилген.

Мындай кез караш орто кылымдардагы француздардын кыжырын кайнаткан. 1022-жылы Орлеанда өзүнүн ишенимдүү шакирттери менен кошо он катар өрттөлөт; алардын ичинде король Роберт 1нин аталыгы Этьен, схоластик Лизой жана капеллан Гериберт да болгон.

Аларды адам катары аяп кетесиң. Алар ак дилдүү, чынчыл жана көп нерсеге кызыккан адамдар болушкан. Католицизм эң кыйын кризиске туш болгон мезгилдерде уяттан кеткен зөөкүр прелаттар феодалдар лендерди ээлегендей кафедраларды ээлей баштаганда сабаттуулугу чектелүү дин кызматкерлери чиркөөгө келген элге христиандык пейил күтүүнүн эң жөнөкөй негиздерин түшүндүрүүгө чамалары жетпей турган чакта бул адамдар чыныгы жашоо алдыга койгон эң татаал маселелерин логикалуу чечүү үчүн карама-каршы жакта жаткан суроолорго жооп издешти. Алар тарабынан жасалган жыйынтыктар кынтыксыз, бирок табигыйлыкка каршы жыйынтык эле. Ошону үчүн орто кылымдык француздардын таза зиректүү туюм-сезимдери бул логикага каршы көтөрүлдү. Жогорулоо фазасынан акматикалык фазага өтүү мезгилинде турган система антисистема менен кагылышып кетти да, натыйжада Жер бетине өрттөп өлтүрүлгөн адамдардын күлү додо болуп үйүлгөн.

Манихейчиликке бардык учурда жана бардык жерде мына ушуга окшош мамиле жасалды. Ошону үчүн I миң жылдыкта манихей жамааттары жашыруун жашаган, мунун себебинен калп айтуучулук алардын жүрүш- турушунун көнүмүш адатына айланган. Италия менен Францияга келген манихей үгүтчүлөрү шаардан шаарга тоскоолсуз көчүп, өз диндерин жайылтууга ыңтайлуу шарт түзүүнү көздөшүп, өздөрүн "кездеме токуучулар" деп аташкан. Чындыгында алар масондор кандай "кыш кын оочулар" болушса манихейлер да ошондой "кездеме токуучулар" болушкан.

Ал аңгыча бул жалган кесипчилик мындан кабары жок, бардык жерден тап күрөшүн көрүүгө жулунган адамдарды жаңылыштыкка түртүп келди жана түртүүдө. Өзүнүн "Роза жана Крест" деген пьесасында акын А. А. Блок альбигойлуктарды дал ушундайча мүнөздөйт. Муну үчүн аны күнөөлөөнүн деле кереги жок.

Чындыгында альбигой согушу Жакерия согушуна окшош эмес эле, анан да ал Тулуза менен Париждин феодалдарынын жаңжалы да, провансалдыктардын француздарга каршы ачкан улуттук согушу да эмес эле. Анын себеби мында. Чиркөөгө каршы багытталган көптөгөн патриархалдык жана плебейлик кыймылдардан айырмаланып, катарлар социалдык жактан ар түрдүү болушкан. Бул болсо алардын социалдык жана этникалык тар чөйрөгө камалбай, өз динин ийгиликтүү таратууга кеңири мүмкүнчүлүк түзгөн.

Дыйкандар менен шаардыктардын үстөмдүк жүргүзүп турган феодалдарга каршы таптык күрөшү эч качан токтоп калган эмес. Анткени менен ал бири бирине байланышкан эки багытта уланган. Крепостной дыйкандар барондордун зомбулугуна кыжырданышкан. Бирок алар өз программасында: "Биздин ак көңүл сеньорубуз бизди арамза душмандардан жана кара санатай бузукулардан коргойт" деген так тыянакка таянган. Жүйөлүү тыянак, бирок анын бардык материалдык нерселер — дүйнөлүк жаманчылыктын көрүнүшү, андыктан алардын баары жок кылынышы парз деген диний көз караш менен эч кандай

жалпылыгы да, жакындыгы да жок. Тескерисинче, дыйкандардын таптык табияты аларды эркиндикке жана укукка ээ болууга, жер иштетип, үй курууга, балдарды тарбиялап, байлык жыйноого умтулткан. Ушулардын баарын миң ирет жөндүү болуп көрүнгөнсүгөн кайсы бир куру кыялдын таасиринен улам таштап салуу алардын үч уктаса түшүнө да кирген эмес. Экинчи багыт — шаардык коомдоштуктардын (коммуналар) королдук бийлик менен биримдикте герцогдор менен графтарга каршы күрөшү болгон. Мында деле жаңыдан пайда боло баштаган буржуазия дүйнөдөн кечип кетүүгө жана жакырчылыкта жашоого эмес, байлыкка, жыргал турмушка, бийликке умтулду. Батышта шаарлар бирде папаны, бирде императорду, Чыгышта — сунналык халифти колдоп турушту, Византияда алар православиенин тирегине айланды, анткени шаардыктардын жакшы турмуш жайы тиги дүйнөнүн түшүнүп болбос, жат идеалы үчүн жашоону жок кылууга эмес, дүйнөдө бекем тартиптин орношуна көбүрөөк байланыштуу болгон.

Анан да жакырдык жаманчылыктан сактап калат деген үгүт-насыятты канткенде социалдык программа деп эсептөөгө болсун. Анан да дин кыз-маткерлеринин жакыр жашоосуна христиан кечилдери жана мусулман дербиштери менен суфийлер гана үгүттөшкөн. Епископтордун шаан-шөкөттүү жашашын, непотизм менен симонияны папалар менен Соборлор айыпташканы менен, алардын мунусу ересчилик деп эч ким күмөн санаган эмес. Кээде өтө эле ашкере айгак-айып коюучуларды артынан аңдытып өлтүрүп же ойдон чыгарылган күнөө коюп дарга асып, отко өрттөп жатышты. Ансыз да ал каардуу замандарда өлүм жазасына оңой эле тартылып калуу мүмкүн болгон, айрыкча өз идеясын ишке ашырууну көздөп алабармандаган адам бийлиги барлардын көңүлүнө жакпай калышы ыктымал эле. Идеологиялык себеби жок деле жазаланып, баштар кыйылып турган. Дегиңкисин айтканда, деле ишке ашпас кыялга чулганган аракет канткенде таптык мүнөзгө ээ бөлө алмак? Бул үчүн ал эң кур дегенде жалпынын дитин бирдей тарта алган идея болууга тийиш эле, бирок анда анын башка жетекчи принциби — жашыруун антташуу жана кыңк этпей баш ийүү салты жокко чыгарылмак. Ал эми ошол еретиктердин өздөрүнүн кылык-жоруктары кандай эле? Алар бейпил жашоону дегеле каалашкан эмес. Албетте, алар феодалдарды да өлтүрүп турушкан, бирок көбүн эсе дыйкандар менен шаардыктарды талкалап, мал- мүлкүн талап алып, катын-балдарын кулдукка сатып турушкан. Манихейлердин жана ысмайылчылардын коомдорунун социалдык катарын өтө ар түрдүү кесиптегилер түзгөн. Алар поптор, жакыр усталар, дыйкандар жана бай соодагерлер, кайырчылар, тентимиштер — кызык окуяларды издеп ойго-тоого урунгандар жана акырында кесипкер жоокерлер, т. а. феодалдар эле, баса, ал мезгилдерде узакка созулган жана ийгиликтүү аяктоочу согуштар жоокер-феодалдарсыз башталмак да, уланмак да эмес. Аскер кошуундарында жоокерлерди катарга тизип, оңутуу жер таап, чабуулга өткөрүп, сепилдерди курчап, согуш жүргүзүүнү билген адамдар болууга тийиш да. X—XIII кылымдарда минтүүнү феодалдар гана билишкен.

Катарларга (альбигойлуктарга) караганда католиктер дурусураак, ак көңүл, акыйкатчыл, намыскөй болушкан дегендей жалган ой пайда болушу мүмкүн. Бул ой да, анын тескериси да туура эмес. Адеп-ахлакты, пейилди өзгөртүү боюнча кандай гана үгүт-насыят жүргүзүлбөсүн, адамдар өз билгенин уланта берет. Анан да, кетирген күнөөнү акча берип актоо, кресттик жүрүштөргө садага берилген каражаттар кантип эле, материалдык дүйнө менен күрөшүүгө чакырган үгүттөн жакшыраак деп айта алабыз. Эгер эле бир дин таалими экинчисинен жакшы делишсе, анысы ким үчүн жакшы болгон? Андыктан буга сапаттык баа берүү жөнүндө суроо салуу маанисиз жана илимге сыйбас иш, айталы, кислота жакшыбы же щелочь жакшыбы дегендей кеп. Экөө тең терини күйгүзөт!

А эгер мындайча болсо, буларга неге ушунчалык зор көңүл бурулуп, ошол эле мезгилде күчөп чыккан феодалдар табы менен крепостнойлукка айландырылган дыйкандардын социалдык кагылышуулары өсүп, күч алып бараткан королдуктардын территориялар үчүн жана шаарлардын соода рыноктору үчүн атаандаштыктары эмне үчүн көмүскөлөнүп отурат? Бул согуштардан биз талдоонун башталыш чекити катары пайдаланып отурган тымызын жүргүзүлгөн согуштар эмнеси менен айырмаланат?

Бир чоң этносоциалдык системанын ичинде саясий үстөмдүк үчүн күрөштөн, ал эмес ар бөлөк маданий-системалык бир бүтүндүктөрдүн кармаштарынан айырмаланып, бул жерде тукум курут кылып кырып салууну максат кылган согуш жүргөн. Бир аймакта француз манихейлери менен француз католиктери дегеле жашай алышмак эмес, анткени алар карама-каршы багыттагы системаларды өнүктүрүүнү көздөгөн. Кагылыша келгенде Кудай жараткан дегенди танып, дүйнөлүк жаманчылык аталган материянын аннигиляциясын пайда кылышкан. Алар бардык жерде ушинтишти. Алар Византияда, Иранда, Борбордук Азияда, жадегенде башка динге чыдамдуу мамиле жасаган Кытайда да ушундай иштешти. Ошондуктан аларды бардык жерде куугунтукка алышты, ал эми алардын каршылык көрсөтүүсү ушунчалык күчтүү болгондуктан Орто кылымдардын алгачкы мезгилдеринин тарыхындагы мамлекеттердин кагылышууларына жана этностордун калыптанышынын жүрүшүнө өзүнчө бир түс берип турду. Жүрүш-туруш адаттары жана психологиялык кулк-мүнөзү сыйышпас эки системанын кагылышуулары ал кездерде глобалдуу көрүнүш болгон. Ошонун айынан ал доордогу искусство эстеликтери өтө аз сакталган.

Ал эми манихейлердин XIV кылымдын аягы ченде Жер бетинен жок болуп кетиши тан калтырбайт, анткени, алар өздөрү да ошого умтулушкан. Материалдык дүйнөнү жана анын кубанычтарын жек көрүү менен
алар жашоону да жек көрүүгө тийиш болушкан; буга байланыштуу алар өлүмдү да колдобошу керек эмес эле, себеби өлүм дегенибиз — абалдын өзгөрүшүнүн бир гана ирмеми эмеспи, демек, алар жашоо жана дүйнө дегендин таптакыр болбошун каалашкан. Кайра жаралуу дооруна жол бошотуп беришип, өздөрү ошол жок дүйнөгө кетип тынышты. Алардын жаңылыштыгы бардык элди, ыктыярдуу да, ыктыяры жок да кыйноого салып Жер жүзүнөн жок кыла албагандыгында болгон. Алар ошентүүгө кандай гана аракеттенишпеди! Ал эми адамдын жашоону улантуучулук улуу милдети алардын чабуулуна майышып койбогону, элдердин тарыхы өз нугунда агымын токтотпой жүрө бергени, албетте, алардын күнөөсү эмес!

Мына ушундай кырдаалда испан кечили Доминикан тарабынан негизделген жана катар-еретиктерге же альбигойлуктарга каршы багытталган алгачкы инкивизиция пайда болду. Албетте, күноосүн далилдебей туруп, жеке өзүнүн мойнуна алганы боюнча гана жазалоочу инквизициянын принцибин ким эле колдосун. Кыйнап отуруп моюнга алдырса болот, чагым салуу — жалгандык, соттор — калыстыгы жок жана өздөрүн өздөрү билген немелер, андыктан мындай сот системасынын эмне максатта түзүлгөнү айдан ачык. Инквизиторлор өз тыңчыларын XIII кылым- да италиялык жана франциялык коомдордун бардык катмарларына кийирип, катарлардын өч алышынан коркушуп, аларды өтө этият пайдаланышкан. Согуш Лангедокто эле жүргүзүлбөдү. Ал падыша сарайларында, ишканаларда, чиркөө жамааттарында, жадегенде базарларда да тынбай жүрүп турду. Аёо билбеген бул кан төгүүнүн катаалдыгынан өздү да, өзгөнү да аябагындыгы, анын чеңгелине катарлар жана инквизициянын тыңчылары тарабынан жалган жалаа жабылган күнөөсүз адамдардын курмандыкка чалынышы күчөйт. Катарлар өз дини уруксат берген материя менен кармашта чыккынчылык жасоо, жалган айтуу укугун эң сонун пайдаланып кетишти.

"Католицизмге өтө качкан мурдагы катарлар — Робер Ле Бугр, Верондук Петр, Райнир Саккони XIII кылымдагы эң катаал инквизиторлор эле. Алардын оз колу менен жүздөгөн катарлар менен валденстер отко жагылган[14]. Алардын катарында жалган жалаа жабылган көптөгөн католиктер да курмандыкка чалынган. Миланда 20 жыл бою катарлардын коомунун мүчөсү болуп, бул сектанын кылык-жоругун эң сонун билген Робер Ле Бугр 1233-жылы папа Григорий IX тарабынан инквизитор болуп дайындалган соң, өзү билген жашыруун сырларды катарларга каршы өтө уятсыздык менен пайдаланган. Мисалы, 1239-жылы Марнедеги Шалондун жанындагы Монт-Эме кыштагында 182 катарды отко өрттөттүрүп жиберет. Кийин да ушундай иштер уланган: 1214-жылы Парижде өрттөп өлтүрүлгөн катардын небереси канцлер Гильом Ногаре тарабынан жүргүзүлгөн сот процессинде тамплиерлердин орденинин гроссмейстери Жак Моле жана башка рыцарлар отко өрттөлгөн. Жашыруун сот — эки миздүү куралга окшош.

Өлүп бараткан дуализм кайра тирилүү жолун таап, бул саам монисттик концепцияны көтөрүп чыкты. Антисистемалар үчүн принципти катуу сактоо өңдүү майда-чүйдө нерселер олуттуу маниге ээ эмес, алар үчүн башкы нерсе — материяны жана денени жок кылуу болуп саналат. Дуализм эми оз ишмердүүлүк жолун манихейлердин жашыруун коомунун мүчөсү катары баштап, кийин Гиппон (Африка) шаарынын епископу болуп иштеп, өлгөндөн кийин чиркөөнүн атасы катары таанылган, V кылымдын таланттуу ойчулу Такыбаа Августиндин окуусу менен куралданды. Бул ойчул схоластиканын үч багытынын биринин — адамдардын тиги дүйнөдө бейишке же тозокко туш келишинин себептери жөнүндөгү окуунун автору эле. Албетте, айрым чегинүүлөр болгон, бирок кеп анда эмес.

Такыбаа Августин Адам ата биринчи күнөөкөр, ал өз тукумуна "алгачкы күнөөнү" генетикалык түрдө өткөрүп берген дейт. Андыктан бардык адамдар каргышка татыктуу, аларга тозоктон башка орун жок. Кудай баарын көрүп турат жана ал айрым адамдарды сактап калгысы бар, ал эми калганы өлмөктөн доңуз копсун, баары бир. Күнөөлүү адамдар кандай гана эмгек кылбасын, эрдик көрсөтпөсүн маниге ээ болбойт, анысы эске алынбайт. Мындай системада шайтанга орун жок, анткени баарын бир Кудай өзү билет.

Августиндин окуусун ал кездеги дин аалымдары кабыл алышкан жок. Августиндин көз карашын жактоочулар жазага тартылган, мисалы, кечил Готшалк мандайга алдын ала жазылган күнөө жөнүндөгү идеяны, т. а. адамдардын күнөөсү үчүн Кудайдын жоопкерчилиги жөнүндө кеп тараткандыгы үчүн өмүр бою абакка отургузулган.

Ошентип, Орто кылымдар да артта калып, Реформация башталганда, Августиндин идеясын Жан Кальвин кайра тирилтип, ортого койду. Экинчи инквизициянын теориясы дал ошол идеяга негизделген болуучу. Кудай менен Шайтанды жараштыруу Европанын бардык кара ниеттеринин көңүлүнө толгон.

Шайтан менен келишим түзүү

XIV—XVIII кылымдарда аракеттенген экинчи инквизиция биринчисине караганда катаал болду. Өз кылмыштарын актоо жана аны ишке ашырып турууну тартипке салуу үчүн инквизиторлор Такыбаа Августиндин идеяларына негизденген теорияны иштеп чыгышкан. Бул теория боюнча "Кудай ушунчалык боорукер болгондуктан өзү жараткандарга жаманчылык жасамак эмес, эгер анын колунан баары келбесе жана ак көңүл болбосо, анда ал жаманчылыкты жакшылыкка айлантпайт эле" (Мастандардын балкасы, 147-6.). Мындан төмөнкү жыйынтык чыгат: "Залимдердин куугунтугу азап тартуучулардын эркин

бекемдеди, ал эми мастандардын сыйкыры дин жолундагылардын ишенимин жетилтти. Андыктан жаманчылыктын алдын алам деп убара болуштун Кудайга кереги жок" (ошондо эле). Бул айтылгандарга, Кудай залимдердин жана сыйкырчылардын дин жолундагыларды азапка салып, тозокто кыйнашына жол бер- беши, боорукер жана адилет болушу керек эле го деп каршы чыгып кор, ага да жооп даяр. Күнөөкөр адам шайтандан да жаман, анткени "Шайтан Кудайдан четтеп кетти, Кудайдын андан көңүлү калып, анын күнөөгө батышына жол берди... Кудай аны кароосуз калтырып, ага мээримин төкпөй койгондуктан Шайтан ага ачууланып турат" (ошондо эле, 159- б.). Ал турсун Кудай шайтанга жакшылык каалайт, а байкуш "шайтан, өзүнүн мастан катындары аркылуу жараткан жаманчылыктары жакшылыкка айланып жатканын көрүп, аябай азап тартууда" (ошондо эле, 161- б.). Анан да шайтанда эмне күнөө, анткени ал, "Кудайдын амирисиз эч нерсе жасай албайт", ал эми "Кудай эч качан жаманчылыкты каалабайт, бирок ага жол берип коёт" (ошондо эле).

Инквизиторлор тарабынан сунуш кылынган бул теория алардын өздөрүн гана эмес, алар күрөш жүргүзүп жаткансыган шайтанды да жактап турат. Алардын ою боюнча тарыхтын бардык жаманчылыктарынын болушуна Кудай гана күнөөлүү, ал аз келсе — жаманчылыктан качпаш керек, анткени жаманчылыктан жакшылык жаралат. Мына ушу шайтандык диалектика — чынында эле метафизиканын деңгелине жеткирилген түркөй кошоматчылык гана болгон. Ал аз келгенсип ушул келжирек аныктама үчүн канчалаган бейкүнөө адамдардын каны төгүлдү дейсиңер!

Мындан башкача боло алат беле? Тагдырдын буйругу жөнүндөгү окуу оз жактоочуларынын бир гана эркиндигин — Жакшылык менен Жаманчылыктын бирин тандап алуу эркиндигин алып тынып, анын ордуна аларга өз ыйманынын алдында жоопкерсиз болуу укугун берди. Акыры эмне болорун белгилүү — оюңа келгенди жасап, каалагандай жашоого урук- сат. Бирок бул жерде мунун тетири натыйжасы өз күчүнө кирди.

Ар бир жеке адамдын толук жоопкерсиздиги коомго, аны чектеген мыйзамга каршы келет, а мыйзам болсо ыйманга эмес, жетекчи адамдардын буйругуна негизденет. Мындай мыйзам менен эсептешип, макулдукка келишүү пайдалуу, бирок аны айланып өтүп, алдап кетүүгө да тыюу салынбайт. Алдай алсаң, утасың! Мына ошондуктан Түндүк Америкадагы индейлерди тукум курут кыруу, кул сатуу, Индияны талап-тоноо, Кытайга апийим сатуу... акылга сыярлык, уят-сыйыты жок эле кадимки иш болгон. Мындай иштерге тыюу салуу жөнүндө жогортон алдын ала эч нерсе айтылган эмес, андай тыюу болмок да эмес, анткени Кудай жаманчылыкты жакшылыкка айлантат, анын тагынын алдында шайтан кызмат кылып турат эмеспи.

Акыры ушундай болгон соң шайтан менен байланышка өткөнгө кандай тоскоолдук бар, анын үстүнө шайтан өзүнө кызмат кылгысы келгендерге реалдуу жыргалчылыктарды тартуулаган жатпайбы. Анын талап кылганы деле анча оор нерсе эмес — "кара мессаларга" катышуу, өлбөс деп эсептеген жанды ошол шайтандын өзүнө сатып жиберүү, анын өлбөс экенине, ал эмес анын бар экенине ишенүү кыйын болгондуктан эмнеге аянмак элең. Бул мессия чиркөөдөн четтетилген дин кызматкери тарабынан аткарылып, анда Шайтанды — эч нерсеге тыюу салбаган ак көңүл кожоюнду даңазалоо ырым-жырымы ишке ашырылат (Иван Карамазовдун "Баарына уруксат" деген тезиси менен салыштыргыла). Ырым-жырымда колдонулуучу ыйык нерселер дубаланган нан, вино эң алды жылаңач аялдын курсагына коюлуп дуба окулат да, андан кийин арамдыкка айландырылат. Кээде бул ырым-жырымга катышып тургандарга Шайтан өзү келип оз көчүгүн өптүрүп кеткендей сезилет. Айрым учурда анын урматына энесинен уурдалып келинген ымыркайды курмандыкка чалышкан. Бул

мистериялар түн жарымында, жашыруун түрдө өткөрүлүшүнө карабай элге кеңири белгилүү болуп турган.

Мисалы, 1089-жылы орус княгинясы Евпраксия Всеволодовна герман улутунун Ыйык Рим империясынын императору Генрих IVгө күйөөгө чыгат. Император шайтанга сыйынарын аялынан жашырбай, аны күндөрдүн биринде "кара мессага" ээрчитип барат. Ырым-жырымдан көңүлү айныган ал байкуш, мындай шумурайлыкты экинчи көрбөстүн айласында күйөөсүнүн душмандары тарапка өтө качып, Каносс шаарында графиня Матилданын кабыл алуусунда болот. Анан 1094- жана 1095-жылдары өткөрүлгөн чиркөө Соборлорунда ал өз күйөөсүнө каршы далилдерди келтирип бетин ачат. Папа Урбан II аялдын шайтанга сыйынуу мессасына аргасыз катышкандыгы үчүн күнөөсүн кечирип, жанына адам кошуп берип, өз мекенине жөнөтүп жиберет. Ал өз өмүрүн аягына дейре — 1109-жылга чейин монастырда өткөрөт.

Генрих IV кандай жазаланды? Ал эч нерсе болбогондой 1105-жылга чейин бийлик жүргүзүп, тактыда отурат. Акырында ал шайтанга сыйынгандыгы үчүн эмес, өз вассалдарына чыккынчылык кылгандыгы үчүн тактан кулатылат. Таажыдан айрылганда да аны дагы бир топ жылдар бою Льежа, Кёльн, Бонн шаарларынын калкы жана еврей жамааттары колдоп турушкан. Демек, шайтанга сыйынууну аз сандагы адамдар гана жек көрүшсө керек.

Парижде "кара мессалар" мына бу XIX кылымда деле өткөрүлүп турган. Ага секта мүчөлөрүнөн башка атайын чакырылгандар да катышышкан, ал эми чакыруу алуу эң оңой болгон. Аны өткөрүү ырым-жырымдары башынан аягына чейин Гюисманстын "Туңгуюк" деген китебинде сүрөттөлгөн. Автор өзү баяндап, өз көзү менен көргөн бул бузукулуктун чындыгына бирде ишенет да, бирде ишенгиси келбей кыйналат. Такыбаа оң жүргөн адамдар кандай гана иш болбосун так эместикке жол бербейт; андай көрүнүш аны иренжитет.

XIII кылымда эле ишке жарабай калган персонификациялоо аркылуу дин ишенимин бекемдөөдөн баш тартуу, адамдын ички адеп-актык мыйзамы болгон — Абсолют теориясына алып келген. Айталы, Бойл-Мариоттун мыйзамына сыйынуу мүмкүн эмес болгондой, бул мыйзамга да сыйына албайсың. Мына ушундай экени XIX кылымда гана аныкталган, ал эми бул концепциянын ырааттуу түрдө өнүктүрүлүшү экзистенциализмге — К. Ясперстин философиялык динине алып келди. Ооба, К. Ясперс мындай диндер б. з. ч. доорлордо да пайда болуп турган деп туура белгилейт, бирок ал диндер да жок болуп турганын жана философторго ишенип жүрүп миңдеген адамдар кырылганын эсинен чыгарып салат.

Монизм теориясынын тийгизген дагы бир эн башкы таасири мында: ал ар бир жеке жанга жана алар жараткандарга, жалпы эле биочөйрөгө жасалчу мамилени негативдүү мамилеге айлантып жиберет. Өзүн өзү коргой албаган табиятты уяты жок адамдардан сактоо үчүн аларга биоценологиянын пайдасын түшүндүрүү зарыл, бирок бул өтө эле кыйын иш. Түшүнүгү тар адамдарга Жер жүзүндөгү нерселердин бири бирине байланыштуу болорун, ал байланыштар шайкеш болуп турууга тийиш экенин түшүндүргөнгө караганда алардын аң-сезимине жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн кайсынысы пайдалуу жана кайсылары зыяндуу экендигин үйрөтүү оңой кабылданат. Адам пенделик кылып өзүн табияттын курамдык бир бөлүгү катары эсептегенге караганда, анын падышасы катары сезгенди жактырат. Мына ошондуктан монизм чыгыш дуализми — манихейчилик менен көп жагынан окшошуп кетет, бирок андан айырмаланып, монизм "Караңгылыктын" объективдүү стихиясын эмес, адамга тоскоолдук кылган бардык нерселерди жамандык деп эсептейт. Демек, жаманчылык менен жакшылыкты, караңгы менен жарыкты, прогресс менен регрессти бири биринен айырмалоодо өзүм билемдик негизги жетекчи принцип болуп калат экен. Мында

айырмачылык анча-мынча болгону менен, логиканын коз карашынан алганда монизм деле манихейчиликтей эле катаалдыкка умтулары ырасталып отуру.

Анда эмне үчүн монисттик жана дуалисттик окуулар христианчылыкты, айрыкча Орто кылымдарда папа менен императорлор тытышып, схоласттар бардык күчүн пайдасыз талаш-тартыштарга коротуп турган учурларда четке сүрүп таштай алышпады? Анткени монизм менен манихейчиликке аң-сезимдин тереңинде уюп жаткан көз караш каршы тура алган окшойт. Ал көз караштын маанисин төмөндөгүчө аныктаса болчудай: Кудай Жерди жараткан, бирок шайтан — бул дүйнөнүн бийи; Жерде шайтан Кудайдан күчтүүлүк кылат, мына ошондуктан намыскөй рыцарь менен кечил экөөлөп алсыздарды коргоого аттанып, душман менен кашык каны калгыча кармашууга бел байлашкан. Кудай күчтүүлүгү менен эмес, адилеттүүлүгү менен кудуреттүү; ал жараткан Жер — жыргалдын төрү; Жаманчылык сырттан келет, Тозок тараптан келет, андыктан аны Тозокко кайра айдап кирүү эң жөнөкөй жана эң татыктуу иш. Ал эми Кудай Шайтанды жаратпаганы ансыз да белгилүү; минтип ойлоо — маскарачылык.

Бул концепцияда карама-каршылык жок, кабыл алууга да оңой, ал эмес ошол замандардын кулк-мүнөздөрүнө жана идеалдарына да шайкеш келип турган. Ал эми идеал дегенибиз — алыскы бир али белгисиз нерсе жөнүндөгү божомол гана болгондуктан жана интуитивдүү түрдө кабыл алынгандыктан гана жашоого укуктуу болгон. Биочойрө жашоосун уланта берет.

Туюктан чыгуунун жолу

Биз XX кылымдын адамдары шайтандын жок экенин билебиз. Ошентсе да кылчайып, антисистемалардын тарыхына көз салганда — үрөйүң учуп, жүрөгүн титирейт. Мин кубулма касиетке ээ болгон жана шайтандын дал өзүндөй шудуңдаган кан ичкич концепциялар бар. Бул шумурайлыкка зор интеллекттүү, темирдей эрктүү, ниети таза адамдар да каршы тура албай кетет. Этникалык химера жаралган жерде — ар түрдүү ритмдеги этникалык талаалар катмарлашкан жерде антисистемалар пайда болот. Адамзат Жер бетинде жашай баштагандан берки доорлор ичинде этностор алда качантадан бери бири экинчиси менен катнашта тургандыктан антисистемалар этносторду сүрүп чыгып, алардын ордун ээлеп, өздөрү жашаган мейкиндиктердеги тирүү нерселердин баарын жок кылып, алар бири бири менен аннигиляцияга өтүп, реалдуу импульстар виртуалдуулукка айланышы керек эле. А эмнегедир андай болгон жок.

Демек, бу дүйнөдө антисистемалардын тарашына каршы турган, балким, Жер бетин андайлардан тазалап туруучу кандайдыр бир кудуреттүү импульс жашап турат. Ага карабай антисистемалар улам кайра жаралып турарын байкадык, андыктан бул кудуреттүү импульс туруктуу түрдө болбосо да, жетишерлик тездик менен аракет кылып турушу зарыл. Анан да ал адамдардын ан-сезим чөйрөсүндө камтылып турбашы зарыл, анткени бул чөйрө алдануага же нерселерди түшүнбөй калууга, т. а. адашууларга жол берип коёт. Андай кемчилик жогору жактан осуятталган эмес, себеби антисистемалар теисттик, этникалык маданияттын идеалдары — атеисттик мүнөздө болот. Ал импульс эволюциялык процессте калыптанбайт, анткени ал калыптанууга керектүү убакыт аралыгында өлүп жок болуп кетмек. Мындай касиетке ээ импульстарды биз билебизби? Ооба, билебиз! Пассионардык түрткүлөр дал ушундай импульстар болуп саналат.

Жок, өзүн курмандыкка чалган айрым пассионардуу инсандардын баатырдыгы эмес, жаңыдан жаралган этносторго биологиялык талаанын өзгөчө ритмин берүүчү жана пассионардуулуктун белгисин пайда кылуучу мутациянын, түрткүнүн дал өзү химераларды жана ага уялаган антисистемаларды талкалап

турат. Пассионардык импульс ушунчалык күчтүү чыңалууну иштеп чыгаргандыктан химералар ага чыдабай "эрип" (метафора үчүн авторду кечирип койгула) кетет да, геобиоценоздун звеносу катарында, ландшафт менен гармониялуу түрдө айкалышып турган этносторго айланат. Антисистемалар мындай зор чыңалууга туруштук берип жашай албайт. Андан ары этногенездин биз баяндаган процесси кайрадан улана берет, бирок кээде шарт түзүлө калса, тетири таасир берүүчү импульстар пайда болот.

Демек, пассионардык түрткү дегенибиз — адамзаттын эволюциясына кедерги гана болбостон, ошол эволюциянын ургаалдуу өнүгүшү үчүн жол тазалоочу күч да болуп саналат экен. Табият бул күчтүн жардамы менен биочөйрөдөгү тең салмактуулукту, мунун ичинде өздөрүнүн ою куру кыял
болсо Жер планетасы үчүн зор баалуулукка ээ деп жүргөн адамдардын денелеринин тең салмактуулугун да сактап турат. Мына ушулардан улам эми биз, бардык философиялык окуулар жана олуялык аяндар — Тирүүлүктүн ар бир кадамын аңдып турган улуу боштуктун (вакуумдун) бир кыры менен чагылдырылуучу биочөйрөлүк импульстар экенин билип алдык. Мына ушу тирүүлүктүн улантылып турушу үчүн Туңгуюктан Дүйнөгө карай, ар бири "жеке аң-сезим" деп аталган кара тешиктер жасалып коюлган. Ошол тешиктерди "ыйман" деген тыгындар менен бүтөй алсак кандай сонун болор эле.

Ал эми биз эмпирикалык жалпылоо катары баяндап отурган, этночөйрөнүн термелүүсүн түшүндүрүүчү пассионардык түрткүнүн теги жерден сырткары жактан келүүчү кубулуш. Түрткүлөрдүн ок сызыктарынын зоналары планетанын үстүндө түз сызыктар катары уланып, жердин ийри сызыгы менен чектелгендиги, ага перпендикуляр жаткан сызыктар Жердин борбору аркылуу өтүшү ал түрткүнүн ок сызыгы планетанын магниттик талаасына көз каранды экенин айтып турат. Бул энергетикалык соккулар Жерге Күндөн эмес, Галактиканын чачылган энергиясынан келет деген божомол азыр такталды. Америкалык астроном Жон Эдди Күндүн ишмердүүлүгү ушунчалык ар түрдүү болгондуктан, анын бетиндеги тактардын активдүүлүгүнүн 11 жылдык цикли байкалбай турганын далилдеди. Өзүнүн ошол жыйынтыктарына таянып, Жон Эдди күндүн активдүүлүгүнүн 5 миң жылдык графигин түзгөн[15]. Карап отурса бардык даталары белгилүү болгон пассионардык түрткүлөр хронологиялык жактан күндүн активдүүлүгү азыраак, же төмөндөп турган мезгилдерге дал келиптир. Бул эми кубулушту түшүндүрүп, чечмелөөгө мүмкүндүк берүүчү мыйзам ченемдүүлүк болуп саналат. Күндүн активдүүлүгү азайган учурда ионочөйрөнүн коргоочу касиети төмөндөйт да, айрым кванттардын же нурлардын бир шооласынын жер бетине жетип келиши мүмкүн. Ал эми кескин түрдөгү нурлануу мутацияны жаратары белгилүү.

Дүйнөдө биз жалгыз эмеспиз! Табиятты коргоого Жакынкы Космос да салым кошуп турат. Табиятты бузбоо — биздин милдетибиз. Ал биздин үйүбүз эле эмес, ал — биз өзүбүзбүз.

Ушул тезистин урматы үчүн жазылган илимий чыгармабыз да аяктап бүттү. Бул эмгекти мен табият чөйрөсүн антисистемалардан коргоонун улуу ишине арнаймын.

КОРУТУНДУ СӨЗ

Схема түзүүнүн тажрыйбасы

Биочөйрөнү системалуу бир бүтүндүк катары изилдөө зор кыйынчылыктарга тушуктурат. Табият таануунун салттуу усулдары процесстерди баяндап жазууга эле эмес, алардын генезистерин тактоого мүмкүнчүлүк түзгөнүнө карабай, мейли анча так эмес бөлсө да, даталардын жоктугуна байланыштуу ал толук баалуу бөлө албайт экен. Айталы, циклондордун жолунун өзгөрүшүнө байланыштуу кайсы бир аймакта кылымга созулган кургакчылык пайда болуп, ага байланыштуу өсүмдүктөрдүн, демек, жан- жаныбарлардын жашоо мүнөздөрү өзгөргөн деп белгилеп коюу оңой, бирок бул кубулуштун башталышы менен аякташынын так хронологиясын аныктоо мүмкүн эмес. Ал эми хронология болсо тарыхтын милдети, бирок тилекке каршы, тарыхчылар өздөрүнө тиешелүү милдетти аткаруудан четтеп отурушат.

Ал да бекеринен эмес. Тарыхты окуялар, алардын байланыштары жана иреттүүлүгү жөнүндөгү илим катарындагы мааниде алганда, өзүнүн маалыматтарды топтоо мезгилин XVIII кылымдын аяк ченинде аяктаган болуучу, анан ошол учурда ал окуялардын маанисин талдап түшүндүрүү зарылчылыгы келип чыкты, алар акыры тарыхый материализмде жыйынтыкталды.

Бирок социалдык мыйзам ченемдүүлүктөрдү — өндүрүш күчтөрүнүн жана өндүрүш мамилелеринин прогрессивдүү өнүгүшүн — ачып берүү бул көп кырдуу феномендин бир гана жагын көрсөттү, ал эми адамзаттын биочөйрө менен байланышы диалектикалык материализмдин милдетине калтырылды. Мындай бөлүнүүлөргө тарыхчылар даяр эмес эле, андыктан булактардагы маалыматтарды ийне-жибине дейре тактоого алаксып кетишти. Ошондо да этникалык тарыхтын башкы объектисинин — этногенездин көп кылымдык дискреттүү процессинин контурасы, анын башталышы менен аякташы табылбай жок болуп кетип жатты.

Анда эмесе, китептин автору көп ирет уккан төмөнкү суроого жооп берүүгө аракет жасайлы: "Эгерде этногенездин мыйзам ченемдүүлүктөрү табияттын өзүндө камтылып турса жана аны биз өзгөртө албасак, анда
андай илимдин кереги не? Ага убакыт менен күчтү коротуунун кажети барбы?" Ооба, ырасында эле этногенез процесстери зор күчкө ээ. Ал укмуштуудай кубаттуу техника менен куралданган адам баласынын мүмкүнчүлүктөрүнө баш ийбейт жана ал процесске түздөн-түз түзөтүүлөрдү киргизүүгө аракеттенүү маанисиз нерсе. Бирок минтип моюнга алуу, анын таасирлерин эсепке алуунун практикалык мааниси жок, ал эми этнологияны изилдеп үйрөнүү эч кандай келечеги жок куру убаракерчилик дегендикке жатпайт. Адам баласы циклон же антициклон өңдүү атмосфералык кубулуштарга түздөн-түз таасир көрсөтүүгө алсыз болгондугунун негизинде метеорологияны — аба ырайы жөнүндөгү илимди же атмосферанын физикасын изилдөөнү эч ким пайдасыз деп эсептебейт. Тескерисинче, бул илимдер ото пайдалуу, анткени атмосферанын глобалдуу процесстеринин адамдын ден соолугуна жана ишмердүүлүгүнө тийгизчү таасирлери өтө зор. Мындай бир өзгөчө маанилүү абалга көңүл буруп көрөлү: аба ырайынын таасирлерин адамдар көчөдө көңүл ачууда эле эмес, чарбалык иш жүргүзүүлөрдө да алдын ала эске алат.

Метеорология жана атмосферанын физикасы жөнүндө жогоруда айтылгандар толук негизде предметтери адам ишмердигинен тышкары турган жана практикалык мааниси эч кандай шек туудурбай турган сейсмографияга, геоморфологияга, жалпы эле Жерге жөнүндөгү дагы башка илимдерге да таандык кылынса болот.

Этнологиянын пайдасы жана анын жашоо-турмуштагы мааниси көзгө анча көрүнө бербейт. Этногенез деле өзгөрүлүп туруучу табигый процесс болгону менен, анын таасирлери да жанар тоолор же жер титирөөлөр жараткан кубулуштар сыяктуу эле кеңири масштабдагы өзгөрүүлөрдү пайда кылат, бирок ал өтө жай жүрөт жана пассионардык түрткүнүн башталышынан анын күүлөнүү күчү толук токтолгонго дейре миң жылдан ашуун убакытты талап кылат. Ошол заманда жашаган адамдарды жакындыктын абберациясы башын айлантып, алар өз өмүрүн өткөргөн мезгилде этникалык системада анча деле өзгөрүү болбогондой сезилет. Ал эмес айрым окумуштуулар да ушул негизге таянып, этносту кайсы бир туруктуу чоңдук катары карашкандыктан анын келечекте болуучу өзгөрүүлөрүнө, ал жаратчу натыйжаларга көңүл бурбай жүрүшөт.

Мындай көз караштын кеңири орун алышы оңой эле түшүндүрүлөт, себеби тарых илими окуялардын ырааттуулугун гана тактоо менен чектелип, мыкты эле дегенде, тарых илими ал окуялардын географиялык аймактарга жайгашууларын классификациялап, синхрондук таблицаларды түзүүгө мүмкүндүк бере турган жагдайын гана көздөйт.

Мындай мамиле тарыхый талдоолордун чыныгы талаптарын унуткартып, анын өнүгүүсүнүн кадимки көрүнүштөрүн "броун кыймылына" окшош процесс катары кароого апкелди. Байкаганга, жамгыр тамчысы да жерге түз тамбайт. Ал эми узакка улануучу кыймыл бир төп татаалдыкка ээ. Мындай кыймыл өз ара бирин бири жоюп жана бирин бири толуктап туруучу көптөгөн майда четтөөлөрдү камтып турат. Ал №7-сүрөттөн көрүнүп турат.

Эми жамгыр тамчысынын булуттан жерге жеткичекти эмес, анын орто жолдогу кайсы бир эки сантиметр кыймылын изилдеген байкоочуну элестетип королу. Ал сөзсүз түрдө Ньютондун мыйзамынын натура экендиги жөнүндөгү бүтүмгө келет, анткени ал тамчы төмөн карай гана эмес, өңдү-сөөлдү, көбүн эсе жогору карай да кыймылдай турганын байкайт. Анын бүтүмү алдамчы болгону менен акылга сыярлыктай, анткени ал башында маселени койгондо эле жаңылыштык кетирген: айлана-чөйрөнүн таасирлери эсепке алынбастан туруп, алдын ала изилденүүчү теманы тарытууга изилдөөчүнүн укугу бар экени болжолдонгон.

Андай болбойт дечүлөр четтен чыгат! Алдын ала жаңылыштыкка алып келүүчү ушуга окшош усул жөнүндө Тур Хейердалдын экспедициясынын мүчөсү Аку-Аку да айткан экен.

Окурмандын сотуна коюлган бул трактаттын максаты тарыхты такташтыруу гана эмес, анын табият таануунун проблемаларын, атап айтканда, биочөйрөнү изилдөөнүн маселелерин чечүү үчүн окуу куралы катарындагы маанисин көрсөтүү болду.

Биочөйрөнүн бир бөлүгү катары этникалык системалардын өнүгүүсүн түздөн-түз изилдөө тарыхый материалдарды табигый илимдердин усулдарын пайдаланып иштеп чыкканда гана мүмкүн болот. Кайсы бир супер- этностун тарыхын бул усул аркылуу изилдеп чыккан учурда биз ал процесстин жүрүшүн аныктап туруучу себептик-натыйжалык байланыштарды тактай алабыз. Эгерде биз буга ар кайсы суперэтностордун узак мезгил бою сакталып келаткан этникалык байланыштарынын тарыхын кошо турган болсок, анда суперэтностордун өнүгүүлөрүнүн динамикасын көрөбүз (393-беттеги 6-сүрөттү карагыла). Бул динамиканын ландшафттык өзгөрүүлөр менен өз ара байланышын тактоо этнологиянын алдына коюлган маселе болуп саналат. Ал маселени чечүүдө жеке адамдардын жана жамааттардын жүрүш-туруштары этникалык жана социалдык чөйрөдө деги эле башка көрүнүштөрдөгү натыйжаларга алып келери аныкталып чыга келет. Социалдык чөйрөдө адамдын таш бычакты, же электр машинасын, же атом бомбасын, деги эле эмнени жана

кантип жасаганы гана маанилүү. Көпчүлүк учурда адам өзүнүн ойлоп тапканы келечекте кандай натыйжага алып келерин алдын-ала биле албайт, анткени социочөйрө ички себептердин натыйжасында өнүгөт. Мындай өзүнөн өзү өнүгүү социология тарабынан изилденет..

Этникалык чөйрөдө адам же система катары этнос табиятка жөндөн- жөн эле зыян келтирбеши мүмкүн, анткени ал өзү анын бир бөлүгү болуп саналат. Демек, ар ким өз кылык-жоругунун табиятка кандай таасир тийгизерин алдын ала билүүсү зарыл, антпесе ал кетирген кайсы бир катачылык табиятты талкалап салышы ыктымал. Этнологияга тиешелүү болгондугуна карабай, табиятты коргоодо цивилизацияга каршы күрөш ачууга себеп болуучу көптөгөн мисалдарды кайталап айтпай эле коёлу. Алар ансыз да кеңири белгилүү.

Этнологияны практикада пайдалануунун экинчи бир мааниси мында турат: ал этникалык байланыштарды изилдөөгө жана симбиоз үчүн зарыл керектүү жүрүш-туруштун багытын аныктоого да мүмкүнчүлүк түзөт. Улуттардын ортосундагы мына ушундайча ымалалашып жашоо формасынын керектүүлүгү далилдөөгө муктаж эмес. Азыркы учурда кайсы бир улутту тукум курут кырууга (геноцид) чакырык таштап, демилге көтөрүп чыгуучу адам табылышы кыйын.

7-сүрөт. Чөгүп баратканн тамчынын Броундук кыймылы. (*Шредингер Э.* Что такое жизнь с точки зрения физика. 2-е изд. М., 1972.

Анан да, этногенездин агымында адамдын ахыбалы статистикалык мыйзам ченемдүүлүк менен байланыштуулугуна карабай мүмкүнчүлүк боло калганда жеке адам өз деңгелине жараша бир нече чечимдердин бирин тандап алуу эркиндигине ээ. Мындай мүмкүнчүлүк ар дайыма болуп турат, кеп аны өз убагында пайдаланып калууда гана турат.

Этногенездин фазасын же этникалык системадагы майда системалардын санын жалгыз адам өзгөртүп жибере албайт, бирок субэтникалык жана айрыкча дене түзүлүш жагынан алып карасак, эң төмөнкү таксономикалык деңгелде жеке кишинин аракети кайсы бир окуяны жаратууга жөндөмдүү. Ал окуя кийинчерээк гана статистикалык жалпы мыйзам ченемдүүлүктөр аркылуу өз ордун табат. Башкача айтканда, пассионардуулугу зор адам кээ учурларда өнүгүүнүн ийри сызыгын ого бетер ийреңдетип, анын ал жолдо калгыр жоругу тарыхта катталып калышы да ыктымал. Албетте, бардык кыйынчылыктар менен каргашаларды Алла таала амирине, же Лапластын табигый математикалык мыйзамдарына, же Эйнштейндин мейкиндик-мезгил континуумуна шылтай салуу оңой. Бирок эрк менен ишке ашкан нерсе да табигый көрүнүш болуп саналат, анткени ал да адамдын физиологиясына жана нерви менен гормоналдык мүмкүнчүлүктөрүнө түздөн-түз байланыштуу болот. Кантсе да жалгыз адам этникалык системанын чыңалуусун күчөтүүгө, ошондой эле жокко чыгарууга жөндөмдүү болгондуктан ал этностон сырткары жашай албайт, андыктан дал адамдар этногенездин механизмине иш жүзүндө көңүл кош мамиледе боло алышпайт.

Дагы бир маселе. Пассионардык түрткүлөрдү пайда кыла турган булактар жөнүндө айтууда биз бир гана гипотезаны — космостон келүүчү нурлар жөнүндөгү гипотезаны четке кага албадык. Ырас, жакынкы космосту азыркы илим-билимдин деңгелинен алып караганда бул гипотезаны так далилдөө кыйын, бирок бул гипотезага каршы фактылар да азырынча жок. Эгерде бул гипотеза мындан ары

да өзүнө каршы чыкчу фактыларды учуратпаса, анда этнология илими жакынкы космостун абалы жана анын Жер үстү менен абсолюттук хронология аркылуу катталган доорлордогу байланыштары жөнүндө маалыматтарды айтып бере алат. Инкубациялык мезгилдин жакын-узактыгын эсептөөдө 50 жылдан аз же коп убакытка жаңылуу болушу мүмкүн, бирок ал анча чоң жаңылышуу болбойт, ал эми иш жүзүндө жакынкы космосто 4—5 миң жыл ичинде болуп өткөн өзгөрүүлөрдү билүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Жакынкы космостун жер бетиндеги кубулуштарга таасир этүүсү — акылга сыйбас көрүнүш эмес, айтыла келаткан чындык (трюизм). Ай океандардын суусун ташытат; күндүн активдүүлүгүнүн күчөшү тропиктин ары жагындагы барикалык максимумга таасирин тийгизип, циклондордун багыттарын өзгөртөт; ошол эле активдүүлүк вирустардын мутацияланышын жана ага байланышкан кара тумоолорду пайда кылат. Мунун баары сырдуу көрүнүш эмес, география болуп саналат. Мына ушуларды көрүп, билип туруп, планетанын бетине аны курчап турган чөйрөнүн таасирин канткенде тана алабыз?

А эгер эле кайсы бир нурлардын антропочөйрөгө таасир этери жөнүндөгү гипотеза далилденбей калсачы? Эгер биологдор адамдардын анатомиясын эмес, алардын организмдеринин физиологиясын өзгөртүүчү мутациянын, айрыкча микромутациянын башка себебин тапсачы? Эгер ошондой болсо анда этногенездин дүрт этип жаралышына космостун таасири тийбейт деп айта алабызбы? Жок, айта албайбыз. Анткени бир курактагы этностор жаралган пассионардык түрткүлөрдүн тилкелеринин болору эмпирикалык түрдө катталган факт.

А эгерде таланттуу психолог чыга келип, пассионардуулуктун физиологиялык механизмин ачып, аны организмдин вегетативдик нерв системасы менен эмес, адамдын ичинде жана айланасында симбиоз жашап жаткан микроорганизмдердин же гормондордун таасири менен байланыштырсачы? Же эгер ал пассионардык жогорку активдүүлүктү тирүү нерсенин биохимиялык артык баш энергиясын бөлүп чыгаруу катары эмес, бул энергияны багыттуу максаттарга жумшоо жөндөмдүүлүгү катары түшүндүрсөчү? Же кайсы бир генетик пассионардуулуктун укумдан- тукумга өтүшүн белги берүү ыкмасы катары аныктасачы? Мына ушулардан улам этногенез феноменин баяндап жазууга өзгөртүү киргизе алабызбы? Жок! Анткени этногенез — молекулярдык деңгелде, а түгүл организм деңгелинде да байкалуучу кубулуш эмес, ал популяциялык деңгелдеги көрүнүш болуп саналат, анын дал ушул деңгелге мүнөздүү болгон өзүнчө белгилери бар.

Космостук жана планеталык өзгөрүүлөр этногенезге караганда бир канча тепкичке жогору турат жана ал тирүү организмдерди эле эмес, кыртыштарды, т.а. өсүмдүктөрдүн калдыктарын жана абадагы эркин кислородду кошо камтып турган жалпы биочөйрөгө таасир тийгизет. Кантсе да этностор — биочөйрө океанындагы бир тамчы болгонуна карабай, анын өзгөрүүлөрүн сезбей коё алышпайт, ага жооп кайтарууга аргасыз болушат.

Кыскасы, биз философемага тиешеси жок табигый мыйзам ченемдүүлүктү баяндап жаздык. Баяндообузду фактыларга негиздедик, андыктан биздин концепциябызды жаңы, четке кага алгыс далилдер гана өзгөртө алышы мүмкүн.

Иерархия

Жогоруда окурманга масштабдуулуктун принцибин сактоого жана керектүү бардык тарыхый материалды пайдаланууга мүмкүнчүлүк түзүүчү жакындык иерархиясы сунуш кылынган (3-таблицаны карагыла).

Ырааттуу жакындык таблицасын колдонуу менен биочөйрө тарабы- нан гана эмес, ошондой эле коомдук ички өнүгүүлөр тарабынан да болуучу таасирлерди башынан өткөрүүчү этногенездин ордун табууга болот. Бул таасирлер

"окуялардын логикасы" деп аталат, т.а. тарыхтын изилдене баштаган бөлүгү аркылуу: согуштар, дипломатия, ички төңкөрүштөр, бийликти тартып алуу ж.у.с. окуялар аркылуу белгиленет. Бул материал окуяларга өтө бай болгондуктан аны колдонууда масштабдуулукту катуу сактоо талапка ылайыктуу, антпесе анча маанисиз окуялар ири олуттуу окуялар менен бир катарга коюлуп, чаташууга алып келиши мүмкүн. Ошондуктан айрым инсандардын тагдыры социалдык системалардын тагдырына караганда эки баскычка төмөн коюлуп отурат (8-сүрөттү карагыла).

5-таблица этногенездин субстанциялык бөлүгүндөгү бардык концепциялардын мазмунун жалпылоочу резюме болуп саналат.



8-сүрөт. **Социо- жана этночойролордүн оз ара аракети.**

5-таблица. **Этногенездин фазалары**

Фазалар	Үстомдүк кылуучу императивдер	Фазалык өтүүлөр
Этностор менен ландшафттардын алгачкы айкалышы	Ар түрдүүлүк	
	"Дүйнөнү ондоо керек, анткени ал жаман абалда!"	Пассионардык түрткү: этногенездин башталышы
Пассионардык жогорулоо: инкубациялык (жашыруун) мезгил		
Пассионардык жогорулоо: көрүнөө мезгил		Этникалык системанын калыптанышы
	"Биз улуу болууну каалайбыз!"	Акматикалык фазага өтүү
Акматикалык фаза	"Өзүн менен өзүн бол!"	
	"Биз улуу инсандардан жададык!"	Чүнчүү фазасына өтүү
Чүнчүү	"Баары башкача болорун биз билебиз, ооба, билебиз!"	
	"Жашоого мүмкүнчүлүк бергиле-чи, акмактар!"	Инерциялык фазага өтүү
Инерция	"Мага окшош бол!"	
	"Жададык, жетишет!"	Обскурация фазасына өтүү
Обскурация	"Бизге окшош бол!"	
	"Күндүк өмүрүн болсо, түштүгүнө жорго мин!"	Эстелик фазасына өтүү: кайра калыбына келүү мүмкүнчүлүгү
Эстелик фазасы	"Илгери кандай сонун болгонун унутпа!"	
	"Өзүнө өзүн ыраазы бол, тролль!"	Гомеостазга өтүү: калдык

Китепке жазылбай калгандар жөнүндө

"Этногенез жана Жердин биочөйрөсү" жөнүндөгү бул китепте адамзаттын табият чөйрөсү менен өз ара мамилеси толук жетишерлик түрдө, а түгүл табият менен маданияттын кайра кайткыс болуп кыйрашынын себептерин түшүндүрүүгө дейре баяндалып жазылгансыды. Ооба, биоценоздун мындай өзгөрүп бузулуулары суперэтникалык деңгелдеги этникалык катнаштар учурунда гана болорун жана ал дайыма эле боло бербей турганын эми биз билебиз. Мындай катнаштардын натыйжасы болгон химера — этночөйрөнүн "талуу" жери болуп саналат. Бул жерде деги эле табиятка туура келбес, деги эле теңирден тескери көрүнүш жаралат, а химера бөлсө анын пайда болушуна гана себепкер, анткен менен ал кичинекей эле силкинүү болсо, ал эмес өзүнүн оордугуна да чыдабай талкаланып кетүүчү чыдамы начар система, туругу жок түзүлүш.

Ал эми жүрүш-туруш стереотиптери боюнча бири бирине каршы жана бири менен бири сыйышпас суперэтностор айкалыша келгенде таламдардын катуу кагылышууларынын мезгили башталат. Жүрүш-туруш көнүмүштөрүнүн алмашуусу (этногенез фазасы) жүрүп жаткан өлкөгө бөтөн этнос эле эмес, калыптанып калган антисистемалык жамааттын келип кошулушу да ченемсиз кайгылуу кырдаалга туш кылат. Эгерде биринчи учурда аралашуудан этникалык жаңы бир бүтүндүк жарала турган болсо, анда ал кезектеги бөлүнүп-жарылуу аркылуу гана пайда болот. Буга XIX кылымдын башталышы ченде Латын Америкасында болуп өткөн окуялар эң сонун мисал. Бул процесс канча адамдын жанын алып, канчалардын канын төккөнүн ойлосоң төбө чачың тик турат! Симон Боливардын кандуу кармашы калкы сейрек болгон Америкада калк жыш отурукташкан Европада Наполеон Бонапарттын согушу учурунда канча киши курман болсо так ошончо — 1 млн. адамдын жанын алып тынган.

Ошентсе да бул кыйроонун акыркы чеги болгон эмес. Эки система эмес, система менен антисистема айкашкан учурда согуш мындан да катаал, орду толгус, акталгыс мүнөзгө ээ болот. Зөөкүрдүк, зордук-зомбулук жана адамдын чектен чыккан албууттануулары канчалык үрөй учурбасын, калп менен чыккынчылык андан да жаман, анткени булар адамдын табиятына карама-каршы келүүчү нерселер. Ошентип, этногенездин фазаларын мыйзам ченемдүү түрдө басып өтүп келаткан этностор менен катар өнүгүүгө ээ болбогон жана жаш курагы да белгисиз химералык бир бүтүндүктөр да пайда болуп жана жок болуп турат. Өмүрлөрүнүн кыскалыгына карабай химералар да этникалык тарыхта көрүнүктүү ролго ээ, дал ошондуктан алар да кеңири баяндалып жазылууга жана терең\ талдоого алынууга татыктуу. Кийинки китеп ошолорго — кайраты зор баатырларга, ач көз рыцарларга жана баңги заттардан башы айланган канкорлорго арналмакчы.

Түшүнүктөрдүн жана терминдердин сөздүгү

Абал аберрациясы — байкоочунун узак мезгил бою жүрүүчү процесстин динамикасын адамдын ал процессти кыска мөөнөттө кабыл алуусунун натыйжасында кыймылсыз абалдардын жыйындысы катары кабыл алышы.

Адипеттик — мораль менен этиканын эриш-аркак келиши.

Акматикалык фаза — белгилүү бир системада пассионардуулуктун чегине жете жогорулоо фазасынан кийин этникалык системадагы пассионардуулук чыңалуунун термелүүсү.

Актуализм — мезгилди сезип-туюу, мында дал ошол учурдагы нерсенин бирден бир объективдүү чындык катары кабыл алынышы.

Акыйкаттуулук — байкоого алынган фактылардын белгиленген суммасына окшош ой жүгүртүү; мында кетирилген жаңылыштык белгиленген жол берилүүчү чектен чыкпайт.

Акыл-эс — тыштан болгон таасирлерге жол берилген шартгарда эркин жооп кайтарууга жөндөмдүүлүк.

Алыстык аберраңиясы — илгери болуп өткөн окуялардын даана эместиги, мындай абал ал окуялар маанилүү эместей алдамчы ой-жүгүртүүнү пайда кылат.

Аннигиляция — жарык энергиясынын субатомдук деңгелде бөлүнүп, кайра кайрылгыс болуп галактикалар аралык вакуумга сиңип жок болуп кетиши.

Антиозүмчулдук этика же алътруисттик этика — этникалык жамааттын кызыкчылыгы жеке адамдын кызыкчылыгынан жогору коюла турган этика.

Антроногендик ландшафттардын тарыхы — этникалык системанын механизми аркылуу коом менен табияттын өз ара аракеттеринин тарыхы.

Антроногендик сукцессия — ылайыкташып жашап жаткан этнос тарабынан ландшафттын акырындык менен өзгөртүлүшү.
Аң-сезим импульсу — өзүн реализациялоо үчүн акыл-эсти жана эркти талап кылуучу (аттрактивдүүлүктон айырмаланып) өзүмчүлдүк.
Аттрактивдүүлук — чындыктын, кооздуктун жана адилеттүүлүктүн абстракттуу баалу- улуктарына берилип кетүүчүлүк.
Башталыш момент (учур) — диахроникалык шкала үчүн эсептөө чекити болуп саналган нолдү 0 (нолль) түзүүчү абсолюттук убакыт шкаласындагы пассионардык түрткүнүн башталыш учуру.
Биохимиялык энергия — карагыла: Жандуу нерсенин биохимиялык энергиясы.
Биочөйрө — Жердин антиэнтропиялык касиеттерге ээ болгон, жандуу нерселерден жана алардын ишмердүүлүктөрүнүн продуктуларынан турган катмары.
Биочойронун флуктациясы — пассионардык түрткүлөрдүн натыйжасында биочойродогу жандуу нерселердин энергиясынын көлөмүнүн мейкиндикте жана мезгилде локалдуу түрдө өзгөрүшү.
Биполярдуулук — системалардын эки багытта өнүгүү мүмкүнчүлүгү: мында алар же татаалданып, же вакуумда чектелүү менен жөнөкөйлөнүп кетет.
Вакуумдагы нолдүк термелуу — виртуалдык бөлүкчөлөрдүн вакуумда (боштукта) көз ирмемде пайда болуп жана жок болуп кетүү процесси.
Гармониялуу адамдар — пассионардык импульсунун чоңдугу өзүн өзү сактоо инстинктинин импульсунун чоңдугуна барабар болгон адамдар.
Генетикалык "дрейф" — согуш мезгилдеринде кадыресе көрүнүшкө айлануучу кокустан болгон жыныстык байланыштар аркылуу пассионардык белгинин таралышы.
Геобиоценоз, же белгилуу биррегиондун биоценозу — тарыхый, экологиялык жана физиологиялык жактан байланышкан жана жашоо шарттарынын жалпылыгы менен бир бүтүндүктү түзүп, толук калыптанып бүткөн формалардын комплекси.
Геохор — жакын жаткан аймактардан оөүнүн бир түрдүү экологиялык өзгөчөлүгү менен айырмаланган жер аянты.
Диохроникалык шкала — этногенездин фазалары боюнча салыштыруу үчүн ар түрдүү этникалык системалардын башталыш мезгилинен бери тарта эсептөө системасы.
Дүйнөну негативдуу туюн-сезүү — материалдык дүйнөгө карата мындай мамиле системаны жөнөкөйлөтүүгө умтулуудан көрүнөт.
Дуйнөнү позитивдуу туюп-сезүү — материалдык дүйнөгө карата мындай мамиле системаны татаалдантууга умтулуудан көрүнөт.
Дуйнөнү туюн-сезүү — пассионардуулуктун (биохимиялык энергиянын) импульсунан вакуумда чагылышып жаралган нерсенин аң-сезим тарабынан кабыл алынышы, ал идеалдык абстракттуу баалуулуктарга жана материалдык дүйнөгө карата мамиледен көрүнөт.
Жакындык аберраңиясы — кечээ жакында эле болуп өткөн окуяны мурдагы окуяларга салыштырмалуу өтө апыртып, зор кылып көрсөтүү.
Жандуу нерселердин биохимиялык энергиясы — айлана-чөйрөдөн жандуу организмдер тарабынан сиңирилип алынган эркин энергия.
Жөнөкөйлөнүү — этникалык системадагы системалык байланыштардын жыштыгынын азайышы.
Жогорулоо фазасы — пассионардык түрткүнүн же генетикалык дрейфтин натыйжасында системанын пассионардык чыңалуусунун деңгелинин туруктуу жогорулоо мезгили.

Журүш-туруш императиви — этникалык жамааттын жеке адамга болгон мамилесинин идеалдуу принциби; этностун жүрүш-туруш адатында бул принциптин үстөмдүк кылышы этногенез фазасына же фазалардын алмашууларына байланыштуу болот.
Жүрүш-туруштун негативдуу (терс) имнеративи — системаны жөнөкөйлөтүүгө умтулуу.
Журүш-туруштун позитивдүү (оң) императиви — системаны татаалдантууга умтулуу.
Жүрүш-туруштун пассионардык импульсу, же пассионардык импульс — жеке адамдын жана түрдүн өзүн өзү сактоо инстинктине каршы багытталган жүрүш-туруш импульсу.
Жүрүш-туруш адаттары — этникалык системанын мүчөлөрүнүн мурастоо жолу аркылуу өтүп жана мезгилдин агымы менен өзгөрүлүп туруучу үлгүлүү жүрүш-туруштарынын комплекси.
Идеал — алысты болжолдоо, кээде иллюзия.
Инкубациялык мезгил — этностун жаңы этносоциалдык система катары пайда болушуна чейин пассионардык түрткүдөн кийинки жогорулоо фазасынын бир бөлүгү, же генетикалык дрейфтин башталыш учуру.
Инкубациялык көмүскө мезгил — инкубациялык мезгилдин пассионардык чыңалуусунун өсүшү замандаштар тарабынан тарыхтын окуяларынын жазылып калышына алып келбей турган бир бөлүгү.
Инкубациялык ачык мезгил — инкубациялык мезгилдин пассионардык чыңалуунун өсүшү замандаштар тарабынан тарыхтын окуяларынын жазылып калышына алып келе турган бир бөлүгү, бирок ал али этникалык дивергенцияны жана жаңы этносоциалдык системанын жаралышына алып келбейт.
Инстинкт импульсу — карагыла: Инстинктивдүү жүрүш-туруш импульсу.
Инстинктивдүү жүрүш-туруш импульсу — жеке адамдын жана түрдүн өзүн өзү сактоого багытталган тубаса жүрүш-туруш импульсу.
Инерциялык фаза, же инерция фазасы — чүнчүүдөн кийинки этникалык системанын пассионардык чыңалуусунун жай басаңдашы.
Калп —. чындыкты аң-сезимдүү түрдө бурмалоо.
Картаюу — этникалык системада жеке адамдын жана этностун деңгелинде пассионардык түрткүнүн күүлөнүү күчүнүн жоголуу процесси.
Карым-катнаштагы мүмкүнчүлүктордүн ар түрдүүлүгү — эки же андан көп суперэтностордун карым-катнаштарында жаралуучу пассионардуулуктун (биохимиялык энергиянын) өйдө-төмөн болуп турушу.
Комплиментардуулук — оң (терс) мааниде адамдарды "оз" жана "жат" деп бөлүүнү аныктаган сокур сезимдеги өз ара жактыруучулук (жактырбоочулук) туюм-сезим.
Конвиксия — бир мүнөздөгү турмуш-тиричилиги жана үй-бүлөлүк байланыштары аркылуу бириккен адамдардын тобу, этникалык иерархиядагы төмөнкү таксон.
Консорция — бирдей тарыхый тагдыр аркылуу кыска мөөнөткө бириккен, бирок көп учурда тез тарап кете турган адамдардын тобу.
Кубулуш — адамдын жана этникалык жамааттын жүрүш-турушуна биочөйрөнүн тийгизген таасиринин натыйжалары.
Ксения("мейман") — симбиоздун варианты; мында кайсы бир этностун өкүлдөрүнүн чакан тобу жергиликтүү аборигендердин арасында жашайт, бирок алар менен аралашып кетпейт.
Кылык-жорук — адамдын (кокустан эмес) өз эрки менен (аң-сезимдүү түрдө) жасаган жорук-жосуну.

Маданий салт — мезгил агымы менен этностон этноско өткөрүлүп берилип туруучу билимдер менен түшүнүктөрдүн жыйындысы.
Маданият тарыхы — этностордун өз маданий салттары жөнүндөгү эскермелери.
Мезгилди статикалык туюп-сезүү — убакытты реалдуу эмес нерсе катары кабыл алуу.
Мураска өтүп туруучу белгилер — ата-бабаларды тууроонун шарттуу рефлекси аркылуу үйрөнүү жолу менен адаттардын муундан-муунга өтүп турушу; белгилердин мындай мурасталып турушу ылайыкташуунун эн жогорку формасы катарында жүрүш-туруш адаттарын калыптандырат.
Ностальгия (кусалык) — башка этникалык талаа менен сыйыша албастыкты туюп- сезүү.
Обскурация фазасы — этностун система катары жок болуусу, же калдыкка (реликт) айлануусу менен коштолуучу пассионардык чыңалуунун гомеостаз деңгелинен да төмөндөп кетиши.
Окуя — системалык байланыштардын үзүлүштөрү.
Окуялардын логикасы — окуялардын ортосундагы себептик-натыйжалык байланыштар; ал ошол окуялардын андан аркы жүрүшүнө себеп болот.
Ордунан козголуу, же карым-катнаштын натыйжасы — сырткы таасирден улам этногенез процессинин табигый түрдөгү жүрүшүнүн бузулушу.
Өлум — биочойро феномендеринин жашоо ыгы, мында мейкиндиктин мезгилден бөлүнүшү ишке ашат.
Өсуп-өнүгүү орун-очогу же этностун мекени — этнос эң алгач система катары түзүлгөн ландшафттын элементтеринин кайталангыс түрдөгү айкалыштары.
Өто жогорку чымырканyy — чөйрөнүн агрегаттык абалын бузууга жетишерлик жана керектүү болгон күч-аракет.
Пассеизм — өткөн мезгилди жападан-жалгыз объективдүү реалдуулук катары кабыл алуу.
Пассионарийлер — жүрүш-туруштарынын пассионардык импульсу өзүн өзү сактоо инстинктинин импульсунун чоңдугунан ашык болгон адамдар.
Пассионардык индукция — пассионарийлер катышып турганда пассионардык талаанын таасири астында гармониялуу адамдар менен субпассионарийлердин жүрүш-турушунун өзгөрүшү.
Пассионардуулук — жүрүш-туруштун мүнөзү катарында — кайсы бир кыялдагы ой-максат үчүн адамды өзүн өзү курмандыкка чалууга түртүүчү биохимиялык энергиянын ашып-ташышынын таасири.
Пассионардык импульс — карагыла: Жүрүш-туруштун пассионардык импульсу.
Пассионардык белги — адамдын сырткы чөйрөдөн биохимиялык энергияны көбүрөөк алып турушун жана ал энергияны жумуш катары берип турушун шартгаган рецессивдүү генетикалык белги.
Пассионардык талаа — пассионардуулуктун биохимиялык энергиянын бар экендиги менен шартгалуучу талаа.
Пассионардык түрткү — түр ичинде пассионардык белгини пайда кылуучу жана тигил же бул региондордо жаңы этникалык системалардын жаралышына алып келүүчү микромутация.
Пассионардык чыңалуу — карагыла: Этникалык системанын пассионардык чыңалуусунун деңгели.
Пассионардуулук энергия катарында — эң жогорку чымыркануугa жөндөмдүүлүктү аныктоочу жана инстинкт векторуна карама-каршы туруучу жандуу нерсенин биохимиялык энергиясынын ашып-ташышы.
Персистенттер же изоляттар, же статикалык этностор, же калдыктар (реликты) (синонимдер) — этникалык гомеостазда турган этникалык системалар. Бул терминдер эмгектин текстинде синонимдер катары кабыл алынышы керек.

Популяция — өз ара эркин аргындашуу жүрүүмү белгилүү бир территорияда бир нече муундардан бери жашап келе жаткан особалардын тобу.
Симбиоз — ар бири өздөрүнүн экологиялык орун-очогун сактоо менен эки же андан көп этностордун жанаша жашоосу.
Системанын пассионардык чыңалуусунун деңгели, же пассионардык чыңалуу — этникалык системаны түзүп турган адамдардын санына жараша бөлүнүүчү этникалык системадагы пассионардуулуктун саны.
Субпассионарийлер — өзүн-өзүн сактоо инстинктинин импульсунан пассионардык импульсу азыраак болгон адамдар.
Субэтнос — этностун структуралык элементи болгон этникалык система.
Суперэтнос — тарыхта мозаикалык бир бүтүндүктү түзгөн, бир эле ландшафттык региондо бир эле учурда жаралган бир нече этностордон турган этникалык система.
Суперэтностогу констелляция — бир пассионардык түрткүдөн жаралган этностордун суперэтностун чегинде өнүгүү тенденцияларынын окшоштугу.
Тарыхый мезгил — пассионардык түрткүлөр аркылуу бузулуп туруучу этночөйронүн элементтеринин ортосундагы энергетикалык потенциалдарды теңештирүү процесси.
Тарыхый тагдыр — ички логикалары менен казуалдык түрдө байланышкан окуялардын тизмеги.
Татаалдашуу — этникалык системадагы системалык байланыштардын жыштыгынын артышы.
Туңгуюк — материалдык дүйнөнүн бир бөлүгү болгон боштук, же вакуум.
Футуривм — келечекти бирден бир объективдүү реалдуулук катары кабыл алуу.
Химера — бир эле экологиялык орун-очокто эки же андан көп, бири бирине жат суперэтникалык этностордун жанаша жашап турушу.
Чүнчүү фазасы — этникалык талаанын жиктелиши менен улантылуучу акматикалык фазадан кийин пассионардык чыңалуунун денгелинин кескин түрдө төмөндөшү.
Чыгармачылык — пассионардык түрткүдөн улам жамаатта пайда болучу жүрүш-туруштун багыты.
Энтропиялык процесс — энергияны жоготуунун кайра жангыс процесси.
Эрк — өз эрки менен кылык-жорук жасоого жөндөмдүүлүк.
Эркиндик тилкелери — өз эрки менен тандап алууга мүмкүнчүлүк бар кырдаалдардын жыйындысы. Дал ушул жерде ар бир адамдын өз алдынча өнүгүү тенденциясын тандап алуу укугу ишке ашат (карагыла: Биполярдуулук).
Эстелик фазасы — обскурация фазасынан кийинки этностун абалы; мында этностун айрым өкүлдөрү маданий салттарын сактап турушат.
Эгоисттик (озүмчүлдүк) этика — жеке адамдын жана анын үй-бүлөсүнүн кызыкчылыгы этникалык жамааттын кызыкчылыгынан басымдуулук кылатурган этика.
Этникалык антисистема — негативдүү көз караштар аркылуу бириккен адамдардын системалуу бир бүтүндүгү.
Этникалык гомеостаз, же гомеостатикалык деңгел, же этностун статикалык абалы(синонимдер) — этникалык системанын (структуранын) туруктуу абалы; мында биохимиялык энергиянын — пассионардуулуктун термелүүсү мектелүү болот жана ал этноландшафттык тең салмактуулук менен этногенез фазаларынын алмашпай тынч турганын аныктайт.
Этникалык диагностика — этносторду жүрүш-туруш адаттары жана бул же тигил салтка тийиштүүлүгү боюнча аныктоо ыкмасы.

Этникалык дивергенция — этникалык иерархиянын белгилүү бир деңгелинде комплиментардуулук сезимин жоготуудан улам этникалык системалык бир бүтүндүктүн бузулушу.
Этникалык доминанта — этномаданияттагы көп түрдүүлүктөн атайы түрдө бир түрдүүлүккө умтулуудагы этногенез процессинин башталышын аныктоочу көрүнүштүн, же көрүнүштөрдүн (диний, идеологиялык, аскерий, тиричилик) комплекси.
Этникалык иерархия — ар кайсы таксономдук деңгелдеги (даражада) этникалык системалардын этногенез процессиндеги динамикалык түрдө бири бирине баш ийүүсү.
Этникалык карым-катнаш — этникалык иерархиядагы ар кандай даражадагы эки жана андан көп этникалык системалардын өз ара аракеттенүү процесси.
Этникалык карым-катнаштардын варианттары — этникалык системалардын өз ара аракеттенүү ыкмаларындагы айырмалар.
Этникалык карым-катнаштардын деңгели — этникалык иерархиядагы карым-катнаш системаларынын даражалары.
Этникалык регенерация — бүлүнүүлөрдөн кийин этникалык түзүлүштүн кайра калыбына келиши.
Этникалык салт — шартгуу рефлекстер аркылуу берилип туруучу жүрүш-туруш адаттарынын жыйындысы.
Этникалык субстрат — пассионардыктүрткүнүн жаңы этноско биригүүчү алгачкы этникалык компоненттери (эки же андан көп).
Этникалык системанын динамикалык абалы — пассионардык түрткүдөн улам биохимиялык энергиянын пассионардуулуктун термелүүсү этногенез фазаларынын алмашуусуна жана этноландшафттык чөйрөнүн активдүү түрдө кайра түзүлүшүнө (гомеостаздан айырмаланып) алып келүүчү этникалык системанын абалы.
Этникалык талаа — пассионардык талаанын негизинде пайда болучу этникалык системанын мүчөлөрүнүн жүрүш-турушунун жана аттрактивдүүлүгүнүн талаасы.
Этникалык талаанын аспектисиндеги этногенез — этникалык талаанын термелүү кыймылынын динамикасы.
Этникалык талаанын аспектисиндеги этникалык карым-катнаштар — этникалык талаалардын титирөөлөрүнүн интерференциясы.
Этникалык талаанын ритми — жүрүш-туруш адаттары аркылуу этникалык система ылайыкташып алган этникалык талаанын термелүү ылдамдыгы.
Этникалык тарых — окуялары булактарга катталган мезгил ичинде этногенездин жана этникалык карым-катнаштардын функциясы.
Этникалык тарыхтын дискреттүүлүгү — бардык этногенездердин башталышы менен аякташын аныктоочу себептик-натыйжалык байланыштардын үзүлүштөрү.
Этногенез — этникалык системанын жарылуусунан баштап энтропиялык процесстин таасири астында пассионардуулуктун жок болуп кетишине чейинки бүткүл процесс.
Этногенез фазасы — системанын пассионардык чыңалуусунун деңгелдеринин жыйындысы; мында ар бир деңгел жүрүш-туруш императивинин деңгелдеринин бүткүл жыйындысы үчүн бирдиктүү болгон жүрүш-туруш адаттарындагы үстөмдүк абалды аныктап турат.
Этногенездеги ылайыкташуу — жүрүш-туруштун жаңы адаттарын иштеп чыгуу аркылуу этностун ландшафтка ылайыкташуусу.
Этнология — тарыхый доордо этногенез процессинини натыйжасында Жердеги этночойронун калыптанышын изилдөөчү географиялык илим.

Этнологиядагы белгисиздик принциби — же социалдык, же этникалык (табигый) аспектилердин бирин баяндап жазууга мүмкүндүк берүүчү окуялардын ырааттуулугуна байкоо жүргүзүүдө изилдөөчүнүн мүмкүнчүлүгүнүн объективдүү түрдө чектелип калышы.
Этнопсихология — этникалык тарыхта этногенез фазасына байланыштуу этностун туруктуу күлк-мүнөзүнүн алмашууларынын көрүнүштөрү жөнүндөгү илим.
Этнос — энергетикалык система (структура) катары жашап жаткан, комплиментардуулукту туюп-сезүүнүн негизинде өзүн бардык башка жамаатгарга карама-каршы койгон, өзгөчөлүү жүрүш-туруш адаттарынын негизинде табигый түрдө түзүлгөн адамдардын жамааты.
Этностун жүрүш-туруш адаттарынын структурасы — а) этникалык жамаат менен жеке адамдын, б) жеке адамдардын өз ара, в) субэтностордун өз ара, г) этнос менен субэтностордун өз ара мамилелеринин өтө так аныкталган нормасы.
Этностун өзун өзү жөнгө салышы — биохимиялык энергияны — пассионардуулукту мүмкүн болушунча аз коротуу аркылуу этникалык системанын өз жашоосун жана айлана- чөйрөгө ылайыкташуусун камсыз кылуучу багытта өнүгүүгө жөндөмдүүлүгү.
Этностун мозаикалуулугу — этникалык биримдикти сактоого зарыл керектүү болгон ички түзүлүштүн бир тектүү эместиги.
Этностун туруктуулугунун чен-өлчөмү — этностордун сырткы таасирлерге каршылык көрсөтүү даражасын аныктоочу ар кайсы чен-өлчөмдөгү жана белгидеги (кибернетикалык мааниде) этникалык байланыштардын тыгыздыгынын көрсөткүчү.
Этноценоз — биогеоценоз, мунун чектеринде ылайыкташуу процесси менен түздөн-түз байланышкан белгилүү бир этностун өнүгүүсү ишке ашат.
Этночөйрө — Жердин этноценоздорунун бүткүл жыйындысынан куралып, этникалык жактан мозаикалуу болгон антропочөйрөнү түзгөн жер катмары.
Этночөйрөнүн ар түрдүүлүгү — пассионардык түрткүлөр тарабынан тарыхый мезгилге киргизилүүчү энергетикалык потенциалдардын бирдей эместиги.

ЭСКЕРТҮЛӨР

Кириш сөз

1 "Биологиялык эволюциянын процесси азыркы адамды жаратуу менен ага бекем туруктуу касиеттерди берген экен, ал касиеттер эволюциянын андан ары өрчүшүн токтотуп салды" (Рогинский Я. Я., Левин М. Г., Основы антропологии. М., 1955, 314-б.); "Табигый тандоонун жок болушу эволюциянын факторлорунун биринин аракетинин токтоп калышына тете болду... жана адамдын биологиялык эволюциясы токтоп калышы керек эле" (Быстров А. П. Прошлое, настоящее, будущее человека. Л. 1957, 299-б.); Дебец Г. Ф. О некоторых направлениях измений в строении человека современного вида// Советская этнография. 1961, № 2, 16-б.).
[2] Калесник С. В. 1) Некоторые итоги новой дискуссии о "единой"// географии (Известия ВГО. 1965. №3, 209—221-бб..); 2Несколько слов о географической среде// (Ошондо эле. 1966, № 3, 247-248-бб..); Географиялык чөйрөнүн маселелери (Вестник ЛГУ. 1968. № 12). 4) Жердин жалпы географиялык мыйзам ченемдүүлүктөрү. М., 1970.
[3] Вернадский В. И. Химическое строение биосферы Земли и ее окружения. М., 1965, 283-285-бб..
[4] Маркс К., Энгельс Ф. Чыгармалар, 2-чыгарылышы. 42-том, 124-б.
[5]Вернадский В. И. Избранные произведения, 6 томдук. Утом,: Биосфера. М.; Л., 1960, 24-31-бб..
[6] Природа и общество. Макалалар жыйнагы. И. П. Герасимовдун жана башкалардын жалпы редакциясы астында. М., 1968, 1969. Анучкин В. А. Теоритические проблемы географии. М., 1970. Природа и

общество. Макалалар жыйнагы. И. П. Герасимовдун жана башкалардын жалпы редакциясы астында. М., 1968, 1969. Анучкин В. А. Теоритические проблемы географии. М., 1970.
[7] Токарев С. А. Проблема типов этнических общностей //Вопросы философии, 1964., № 2; АгоевА. Г. Народность как социальная общнось //Вопросы философии, 1965., №2; Козлов В. И. О понятии этнической общности //Советская этнография. 1967. № 2; Чебоксарев Н. Н. Проблемы типологии этнических общностей в трудах советскиих ученых//Советская этнография 1967. № 4; Андриянов Г. В. Прблемы формирования народностей и наций в странах Африки // Вопросы истории, 1967. № 9; Брук С. И., Чебоксарев Н. Н. ЧесновЯ. В. Проблемы этнического развития стран зарубежной Азии //Вопросы истории, 1969. № I; Бромлей Ю. В. 1) К характеристике понятия "этнос" //Расалар жана элдер. Азыркы этникалык жана расалык маселелер: Жылдыкжыйнак (Жооптуу редактору И. С. Григулевич. М., 1971; 2) Опыттипологизации этнических сущностей //Советская этнография. 1972. № 5; 3) Этнос жана этнография. М., 1973; Козлов, В. И. Покшишевский В. В. Этнография и география //Советская этнография. 1973. № 1.
[8] Артамонов М. И. Опять "герой" и "толпа" //Природа. 1971. № 2

Биринчи бөлүк

[1] Эл, элдүүлүк, улут, уруу, уруулар бирлиги — ушул түшүнүктөрдүн баары этнологияда этнос деген термин менен белгиленет, бул китеп мына ушуларды ачып көрсөтүүгө арналып отурат. Кандай гана термин болбосун анын маанисин шарттуу белгилөө оңой, ал изилдөөнүн башталышын эле белгилебесе, башка эч нерсени түшүндүрө албайт. Терминдин маанисин ачып көрсөтүү кыйын, анткени ал табиятта жана тарыхта бул феномендин ордун так көрсөтүүнү талап кылмак. Мага кээде "Жөнөкөй эле түшүндүрчү" дегендерге "Жарык деген эмне? Жөнөкөй эле түшүндүрчү" деп жооп берем. Эмгиче бир да адам жооп бере элек. Дал ошондуктан китептеги баяндоолордун татаалдыгы үчүн кечирим сурайм жана анын бир сабын да аттабай, баштан аяк окуп чыгуусун өтүнөм.
[2] ЛоквудД. Я. - абориген. М., 1971., 142-145-бб.
[3] Фесуненко И. С четками и счетчиком Гейгера. // Вокруг света. 1972. № 3, 14— 17-бб.
[4] Биочөйрө — илимге В. И. Вернадский тарабынан кийрилген бул термин Жерди курчап турган катмарлардын бирин түшүндүрөт. Ал өзүнө тирүү организмдерди жана алардын калдыктарын: кыртыштарды, тунма породоларды, атмосферадагы эркин кислородду камтып турат. Ошондуктан этногенез менен биочөйрөнүн биохимиялык процесстер менен байланышын аныктоо, менин айрым оппоненттерим айтып жүргөндөй "биологизм" эмес, ал "географизмге" жакыныраак, чынын айтсак, бул түшүнүк да так эмес, ошентсе да Жер үстүндөгүлөрдүн баары, эмнеси болсо да, же физикалык, же экономикалык , же тарыхый географиянын чөйрөсүнө кирет.
[5] Вернадский В. И. Химическое сроение биосферы Земли и ее окружения, 273-б.
[6] Вернадский В. И. Алты томдон турган тандалма чыгармалары, 5-том. Биосфера, 19-б.
[7] Малиновский А. А. Путь творческой биологии. М., 1969, 7-б.
[8] Гумилёв Л. Н. 1) Хазария и Каспий//Вестник ЛГУ. 1964. №6, 95-б. 2) Хазария и Терек. //Вестник ЛГУ. 1964. № 24. 78-б Гумилёв Л. Н. 1) Хазария и Каспий//Вестник ЛГУ. 1964. №6, 95-б. 2) Хазария и Терек. //Вестник ЛГУ. 1964. № 24. 78-б.
[9] Гумилёв Л. Н. 1) Истоки ритма кочевой культуры Срединной (опыт историко-географического синтеза)//Народы Азии и Африки. 1966, № 4; 85-94-бб.. 2) Роль климатических колебаний в истории народов степной зоны Евразии //СССР тарыхы. 1967. № 1, 53-бб.-бб.. Изменение климата и миграции кочевников. //Природа. 1972. №4, 44-52-б.б.
[10] Selue H. From Driem to Discovery New Yorк. 1964.(£. 3. Мирская Противоречивост научного творчества//Научное творчество/С. Р. Микулинскийдин, М. Г. Ярошевскийдин редакциясы боюнча. М., 1969, 298-б. Советская Археология. 1963. № 3, 282-283-бб..
[11] Вернадский В. И. Тандалма чыгармалары, 5-том, 19-б.
[12] Калесник С. В. Основы общего землеведения. М., 1955, 412-416-бб..
[13] Карагыла: Маркс К, Энгельс Ф. Чыгармалары, 2-басылышы, 21-том, 176-б.
[14] Болтин И. Н. Примечания на историю древния и нынишния России г. Леклерка, сочиненные генерал-майором Иваном Болтиным., СПб., 1788.
[15] Вернадский В. И. Тандалма чыгармалар. 5-том, 20-б
[16] Берг Л. С. Нотогенез. Пг., 1922. 180-181-бб..
[17] Калесник С. В. Основы общего землевладения. 455-б
[18] Савицкий П. Н. Географические особенности России (1). Прага, 1927, 30—31-бб.
[19] Плеханов Г. В. Нечто об истории // 24 томдук чыгармалар, 8-том. М.; Л., 1923, 227-б.
[20] Гегель Ф. Философия истории //14 томдон турган чыгарма., 8-том. М., 1935, 72-б.

[21] Яцунский В. К. Историческая география., М., 1955, 3-б.
[22] Берг Л. С. Климат и жизнь. М., 1974.
[23] Грумм-Гржимайло Г. Е. Рост пустынь и гибель пастбещных угодий и культурных земель в центральной Азии за исторический период /Изв. ГО. 1933. Т. XI. 5-чыгарылышы.
[24] Берг Л. С. Уровень Каспийского моря в историческое время: Очерки по физической географии. М.; Л., 1949, 205—279-бб..; Шнитков А. В. Каспийдин ритмдери//Доклады АН СССР, 1954. 94-том. № 4; Аполлов Б. А. 1) Доказательства прошлых низких состояний уровня Каспийского. М., 1951; 2) Каспий деңизинин деңгелинин өзгөрүп турушу //Океанология институтунун эмгектери. 1956. XV том.
[25] Бетин В. В., Преображенский Ю. В. Суровость зим в Европе и ледовитость в Балтике. Л., 1962; Бучинский И. Е. Очерки климата Русской равнины в историческую эпоху. Л., 1957.
[26] Гумилёв Л. Н. Хунну. М., 1960, 59-62-бб.
[27] Берг Л. С. Климат и жизнь.
[28] Мерперт Н. Я., Пашуто В. И., Черепин Л. В. Чынгис-хан и его наследие //История СССР. 1962. № 5, 56-б.
[29] Грумм-Гржимайло Г. Е. Рост пустынь.
[30] Руденко С. И., Л. Н. Гумилёв, П. К. Козловдун археологиялык изилдөөсүн тарыхый- географиянын аспектинен караганда//Изв. ВГО. 1966. 3-чыгарылышы, 244-б.
[31] Гумилёв Л. Н. 1) Гетерохронность увлажнения Евразии в древности (Ландшафт и этнос. IV) //Вестник ЛГУ. 1966. №6, 64-71-бб.. 2) Гетерохронность увлажнения Евразии в Средние века (Чолком и этнос. V) //Вестник ЛГУ. 1966. № 18, 81-90-бб.
[32] Кытай императору Цянь Лун ойротгорду тукум курут кыргынга учураткан, болгондо да манжурлар эч кимди аябай, айрыкча аялдарды, балдарды жана кары-картандарды артынан сая түшүп кырган. Кытайдын расмий мамлекеттик тарыхы "Миллиондон ашык ойрот өлтүрүлдү" деген билдирүү менен чектелген. Бул укмуш зор окуя өкмөттүн бир барак кагазында гана жазылып калган, мындайдын дагы канчасы болду дейсиңер? Кантсе да адамзат тарыхы бүт бойдон толук түрдө жеткен эмес, аны географтын бир колундагы 1:200000 кичирейтүүгө, экинчи колундагы 1:100 кичирейтүүгө барабар болгон карта менен салыштырууга болот.
[33] Леруа Ладюри Э. История климата за 1000 лет. Л., 1971, 14-15-бб.
[34] "Миграция адамзаттын ото татаал түшүндүрүлүүчү ышкылыктары жана кыймылдаткыч күчү аркылуу жаралат. Ачкачылык дан өндүрүүнүн оор шарттарынын түзүлүшүнө байланыштуу болот, аны a priori, аныктоого эч качан мүмкүн эмес, анткени кеп... климаттык мааниде алганда кыска мөөнөтгүү жана анча оор эмес метеорогиялык окуялар жөнүндө жүрүп жатпайбы" (Ошондо эле, 17-б.)
[35] Карагыла: Маркс К, Энгельс Ф. Чыгармалар, 3-т., 16-б.
[36] Семевский Б. Н. Методологические основы географии //Вестник ЛГУ. 1968. № 24; 58-60-бб..; Калесник С. В. Проблемы географической среды //Ошондо эле, 1968. № 12, 94-б.
[37] Козлов В. И., Покшишевский В. В. Этнография и география //Советская этнография. 1973. № 1, 9-10-бб.
[38] Кон И. С. Диалектика развития наций: Ленинская теория наций и современный капитализм //Новый мир. 1970. № 3, 133—149-бб.
[39] Козлов В. И., Покшишевский В. В. Этнография и география, 3-13-бб.
[40] Андрианов Б. В., Чебоксаров Н. Н. Хозяйственно-культурные типы и проблемы их картографии //Советская этнография. 1972. № 5.
[41] Рогинский Я. Я., Левин М. Г. Основы антропологии, М., 1955, 325-329-бб.
[42] Карагыла: Тимофеев-Ресовский Н. В. Микроэволюция. Элементарные явления. Материал и факторы микроэволюционного процесса. //Ботанический журнал. 1958. т. 43. №3.
[43] Бромлей Ю. В. Опыт типологизации этнических общностей //Советская этнография. 1972. №5, 61-б. — Ушул эле журналда "этнос" терминин Л. Н. Гумилёв менен Ю. В. Бромлей айткан мааниде негиздеген филологиялык изилдөөнүн жарыяланышы кейпи, кокустан болбосо керек. //Карагыла: Поплинский Ю. К. "Этнос" терминининин пайда болуу тарыхына карата//Советская этногравия. 1973. № 1).
[44]Козлов В. И., Покшишевский В. В. Этнография и география, 10-б.
[45] Алексеев В. П. В поисках предков, М., 1972.
[46] ГумилёвЛ. Н. Древние тюрки. М., 1967, 359-360-бб.
[47] Козлов В. И. Динамика численности народа. М., 1969, 56-б
[48] Токарев С. А. Проблема типов этнических общностей //Вопросы философии. 1964. № 11, 52-53-бб.. Дагы карагыла: Агаев А. Г. Народность как социальная общность / /Вопросы философии. 1965. № 11, 30-б
[49] Мурзаев Э. М. Природа синьцзяна и формирование пустынь Центральной Азии. М., 1968, 185-190-бб.
[50] Гумилёв Л. Н. Терракотовые фигурки обезьян из Хотана (опыт интерпретации) // Сообщения Эрмитажа 1959. XVI том, 55-57-бб.
[51] Прекрасное описание природы этих мест. Карагыла: Э. М. Мурзаев. Путешествие без приключений и фантастики, М., 1962, 52-58-бб.

[52] Бичурин Н. Я. (Иакинф). Собрание свединий по исторической географии Восточной и Средней Азии. //Түзүүчүлор Л. Н. Гумилёв жана М. Ф. Хван. Чебоксары, 1960, 558-б
[53] Мурзаев Э. М. Путешествия без приключения и фантастики. 113-129-бб.
[54] Толугураак карагыла: Гумилёв Л. Н. Байыркы түрктөр, 381-386-бб.
[55]Марко Полонун китеби/Жооптуу редактор И. П. Магидович. М., Л., 1956, 81-82-бб.
[56] Широкогоров С. М. Этнос: Этнос: Исследование основных принципов изменения этнических и этнографических явлений //Известия восточного факультета Дальневосточного университета. (Шанхай). 1923. XVIII. I том. Баш соз, 4-б-бб.
[57] Ошондо эле, 28-б
[58] Ошондо эле, 122-б
[59] Ошондо эле, 124-126-бб.
[60]. Toynbee A.J. Studu of History (Abridjement by D.Somervell.London, Nev Yorк; Toronto. 1946
[61] Широкогоров С. М. Этнос. . ., 126-129-б.б
[62] Ошондо эле, 100-б
[63] Ошондо эле
[64] Ошондо эле, 118-б
[65]Ошондо эле,119-б.
[66] Козлов В.И. Что такое этнос? Природа.1972.№2,74-б.
[67] Артомонов М.И.Опять “Герои”и “толпа”.Ошондо эле,77-б.

Экинчи бөлүк

[1] Бул тезисти чечмелөө этникалык өздүк аң-сезим социалдык фактор катары этностун жашашын гана эмес, анын жаралышын да аныктайт деген кеңири белгилүү пикирден улам пайда болгон (Бромлей Ю. В. Этнос жана этнография. М., 1973, 121-123-бб..). Этникалык өздүк аң-сезим анын өз аталышынан көрүнөт. Демек, эгерде мунун экөө тең бири бирине дал келбестиги далилденсе, анда алардын функционалдык байланыштары жокко чыгарылат.
[2] Толугураак карагыла: Гумилёв Л. Н. Байыркы түрктөр.
[3] Грумм-Гржимайло Г. Е. Когда произошло и чем было вызвано распадение монголов на восточных и западных //ИРГО 1933. XVI том, 2-чыгарылышы.
[4] Никонов В. А. Этнонимия // Этнонимы /Жооптуу редактору В. А. Никонов М., 1970, 10-11-бб.
[5] Шенников А. А. Жилые дома ногайцев Северного Причерноморья //Славян орус этнографиясы /Жооптуу редактору И. Н. Уханова. Л., 1973, 47-52-бб.
[6] ГумилёвЛ. Н. Поиски вымышленного царства. М., 1970, 311-313-бб
[7] Салыштыргыла: Рыбаков Б. А. 1)0 преодолении самообмана //Вопросы истории. 1970. №3; 2) "Слово о полку Игореве" жана анын замандаштары. М., 1971, 28-б.; Гумилёв Л. Н. Может ли произведение изящной словесности быть историческим источником? //Русская литература. 1972. №1.
[8] Ички логикасы аркылуу байланышкан окуялардын тизмегин биз тарыхый тагдыр деп атайбыз.
[9] Итс Р. Ф. Введение в этнографию. Л., 1974, 50-б
[10] Маркс К,Энгельс Ф.Чыгармалар,2-басылыш,1-том,313-б.
[11] Ошондо эле, 13-том, 20-б
[12] Ошондо эле, 37-б.
[13] К. Маркс менен Ф. Энгельстин архиви. VI том. М., 1939, 156-жана кийинки беттер.
[14] Тьерри О. Тандалма чыгармалар. М., 1937, 214-б.
[15] Горький А. М. Сторож // Чыгармалар жыйнагы, 30 томдук. 15-том, М., 1951, 81-б.
[16] Toynbee A. J.Study of History A.J.Study of History Abr.by Somervell, London; New-York; Toronto, 1946, p. 120-121
[17] Гумилёв Л. Н. Этногенез и этносфера. //Природа. 1970, № 1, 46-47-бб.
[18] "Ренегат" — "сатылган" деген сөз ал кездерде шылдың сөз болгон эмес, душман тарапка кызматка өтүү кадимки эле көрүнүш болгон. Эгерде бир суперэтностун чегинде мындай өтүүлөр чыккынчылык болуп эсептелбегени менен, мусулмандар тарапка өтүү ренегатты өзүнүн мурдагы улутунан да ажыраткан. "Дунайдын ары жагындагы Запорож Сечинен келген казак" деген опереттада түрктөргө өтө качкан кейипкер ырдагандай "Эми мен казак эмесмин, түрк болуп калдым" дегендей абалга түшүккан.
[19] Смирнов В. Д. Гомюржинский и другие османские писатели XVII века о причинах упадка Турции. СПб., 1873, 266-267-бб.
[20] Бернье Ф. Истории последних политических переворотов в государстве Великого Монгола. М., 1936.
[21] Бромлей Ю. В. Этнос и эндогамия // Советская этнография. 1969, № 6, 84—91-бб.

[22] Бичурин Н. Я. (Иакинф) Собрание сведений по исторической географии Восточной и Средней Азии //Түзүүчү Л. Н. Гумилёв., М. Ф. Хван. Чебоксары, 1960, 698-б.
[23] Мисалы, XIX кылымда Кытайга апийим ташып кирүү ушундайча оңой болгон. Болгондо да, эң алды кардарды көбөйтүү үчүн апийим эң арзан баада сатылган. Канаданын индейлеринен баалу тери алыш үчүн спирт ичимдиктерин сатуу да ушуга окшош ишке ашырылган.
[24] ГумилёвЛ. Н. Этнос и категория времени //СССР География коомунун докладдары, 5-чыгарылышы, Л., 1970, 143—157-бб.
[25] Козин С. А. Сокровенное сказание. М.; Л., 1941, 140-б.
[26] Конрад Н. И. Запад и Восток. М., 1966, 119-149, 152-281-бб.
[27] Же байланыш дарактериндеги коэффициенттер (кибернетикалык мааниде), мисалы, атанын балага камкордук көрүү ченеми.
[28] Росс Эшби У. Введение в кибернетику. М., 1959, 13-б.
[29] Ошондо эле, 18-б.
[30] Ошондо эле, 13-б.
[31] Ошондо эле, 21-б.
[32] Ошондо эле, 14-б.
[33] Берталанфи Л. Общая теория систем — критический обзор//Системалардын жалпы теориясы боюнча изилдоо В. Н. Садовскийдин, Э. Г. Юдиндин редакциялоосу астында. М., 1969, 28-б.
[34] Садовский В. Н., Юдин Э. Г. Задачи, методы и приложения общей теории систем // Ошондо эле, 12-б.
[35] Малиновский А. А. Общие вопросы строения системы и их значение для биологии ////. В. Блаубергдин жана башкалардын редакциялоосу астында. М., 1970, 145-150-бб.
[36] Рашевский Н. Организмические множества. Очерк общей тиории биологических и социальных организмов. М., 1969, 445-б.
[37] Бул система биологиялык эмес жана социалдык гана система эмес, анткени "биологиялык жана социалдык деңгелдердин окшоштуктары негизделбей калган" (Малиновский А. А. Жалпы маселелер, 182-б.)
[38] Свиридов М. Н. На переднем крае космической науки // Природа. 1966. № 8, 112-б.
[39] Италиянын тарыхы. 3 томдук. 1 -том // В. Д. Сказкиндин редакциялоосу астында. М., 1970. 233-б.
[40] Соколов Н. П. Венеция между гвельфами и гибеллинами //Вопросы истории, 1975, № 9, 142-153-бб.
[41] Табигый процесстер жөнүндө биз ушинтип айтуу менен антропоморфизмге жол ачпайбыз, тек гана "булак өзүнө нук салды жана колотту пайда кылды" деген ойду айтабыз.
[42] Тьерри О. Избр. Соч. 244-247-бб.
[43] Жакынкы Чыгышта XIII кылымда бардык батыш европалыктарды "франктар" деп аташкан.
[44] Бертельс А. Е. Насир-и Хосров и исмаилизм. М., 1959. 202-247-бб.
[45] Азыр Жакынкы Чыгышта жашаган арабча сүйлөгөн элди арабдар аташат. Бул туура эмес. Сириянын, Ирандын жана Түндүк Африканын көпчүлүк калкы — катнашуу зоналарына туш келген байыркы этностордун аралашмасы. Чыныгы арабдардын тукуму — Сауд Аравиясындагы бедуиндер.
[46] Стеблин-Каменский М. И. Культура Исландии. Л., 1967.
[47] Маркс К., Энгельс Ф. Чыгармалар, 2-чи басылышы. Соч. 2-изд. 20-том. 610-б.
[48] Парфияга жана Рим империясынын Рейн жээгиндеги чек арасына келишип баш кал- калашкан согуш качкындары аман калган.
[49] Неру Д. Открытие Индии. М., 1955, 53-б.
[50] Шибутани Т. Социальная психология. М., 1959, 28-б
[51] Ошондо эле, 32-б
[52] Ошондо эле, 42-б
[53] Алардын өтө маанилүүсүнө жана бир топ татаалыраагына өзгөчө талдоо арналган (Карагыла: Л. Н. Гумилёв. Этнос и категория времени //ВГОнун бөлүмдөрүнүн жана комиссияларынын докладдары. 15-чыгарылышы, 1970.)
[54] Холден Ж. Б. С. Факторы эволюции. М.; Л., 1935, 71-жана кийинки беттер
[55] Ошондо эле. 82-б. — Кибернетика усулун колдонуп ушуга окшош жыйынтык жасаса болот: "Бир түрдүү кайра түзүүгө багыт алган көпчүлүк көрүнүштөрдө ар түрдүүлүк көбөйбөйт, азаят. (Росс Эшби У. Кибернетикага кириш соз, 193-б.)
[56]"Альтруизм" жана "өзүмчүлдүк" ("эгоизм") түшүнүктөрүн кийирүү менен биз аларга сапаттык баа бербейбиз. "Жакшы" жана "жаман" деген түшүнүктөр аларга эч кандай тиешелүү эместиги андан кийинки баяндоолордон билинип турат. Көнүмүш сөздөрдү илимий термин катары пайдалануу концепцияны окурман оңой түшүнсүн деген гана зарылчылык менен акталат. "Альтруизмди" "антиөзүмчүлдүк" катары түшүнүү так болмокчу
[57]Рычков Ю. Г. Антропология и генетика изолированных популяций (Древние Изоляты Памира). М., 1969.

[58] Берталанфи Л. Общая теория ситем. 65-б8-бб
[59] Бул термин калыптанып калган термин, бирок өтө эле жалпы түшүнүк катары маселенин келечекте чечилишин жана толук түшүнүгүн камсыз кыла албайт.
[60] "Мозаикалуулук" антропочойродо этникалык принцип боюнча структуралык бөлүнүүлөрдүн бар экендигин көрсөтүп турат.
[61] Итс Р. Ф. Введение в этнографию. 43-46-б
[62] Атайы баяндап жазуу талап кылынгандыктан Америка, Океания жана Сахарадан түштүгүрөөк жаткан Африка бул маселени талдоодо каралбай калды.
[63] Индия жарым аралы — территориясында байыркы түпкүрлөрдөн бери карай суперэтникалык бир бүтүндүктөр жаралып келе жаткан жарым континент. Этностун азыркы бир бүтүндүгү — VIII кылымда ражпутгар тарабынан түзүлгөн суперэтностун эстеликфазасы. "Ражпут революциясы" VII кылымда, араб-ислам, табгач революциялары (Кытайдагы Тан династиясы) жана байыркы Тибеттеги жогорулоолор менен бир катарда болуп өткөн//Карагыла: Л. Н. Гумилёв. Байыркы Тибеттин улуулугу жана начарлашы. // Страны и народы Востока. М., 1968, 153-182-бб.) Мусулмандар менен англиялыктардын басып кириши коп адамдын өмүрүн кыйган сырткы таасир болгону менен Индиянын этногенез процессин бузган эмес.
[64] Келттер 1-мин жылдыкта эле Батышта римдиктер, Чыгыш Европада маркоманндар, талаада сарматтар тарабынан басылып алынган. Анткени менен "келт тынчтыгынын" башталышы б. з. ч. X кылымга тиешелүү. Бул мезгилде келттер Түндүк Кавказдан (киммериялыктар) Исландияга чейин (келтиберлер) тарап жашашкан. Суперэтносту мүнөздөө үчүн анын кендиктер боюнча гана эмес, мезгилдик чектери боюнча изилдөө менен суперэтносту түзгөн этностордун жаш курагын да эске алуу керек. Суперэтносту мүнөздөөдө алардын кеңейиши же тарышы, аскерий күчү маниге ээ болбойт, мында этникалар аралык жакындыктын даражасы өтө маанилүү.
[65] Насонов А. Н. "Русская земля"и образование территории древнерусского государства. М., 1951
[66]Гумилёв Л. Н. Сказание о Хазарской дани //Русская литература, 1974, №3.
[67]Толугураак карагыла: Л. Н. Гумилёв Хунны в Китае. М., 1974.
[68] Wieger L.Textes Historigues Hien-Hien, 1905—1907. P. 1428.
[69] Qrousset R.L. Emperie des Stepess.Paris 1960. P. 36.
[70] Tounbee A. J. Study of History (Abridgement by.D.Somervell.London,New-Jork,Toronto 1946. P. 260-261.
[71]А. Тойнби да буга макул болгон (кара: Ibid. p. 262)
[72] А. Цитата алынды: Ilid. p. 409—410.
[73] Боливар С. Избр. Произв. М., 1983, 83-б.

Үчүнчү бөлүк

[1] Tounbee A.J.Study of History\\ Abidgement by D.Somervell.London,New York,Toronto,1946. p. 60 sqq.
[2] Конрад Н. И. Запад и восток. 454-б.
[3] Ошондо эле, 455-б.
[4]Ошондо эле, 457-б.
[5] Конрад Н. И. 1) О рабовладельческой формации //Ошондо эле, 33-53-бб. 2) Тарых илиминдеги Орто кылымдар//Ошондо эле, 89—118-бб.
[6] Ошондо эле, 454-б.
[7] Ошондо эле, 37-б.
[8] Ошондо эле, 455-б.
[9] Ошондо эле, 54-88-бб.
[10] Ошондо эле, 76-б.
[11] Ошондо эле, 33-б.
[12] Иранды Туранга каршы коюу, т. а. зороастризмди кабыл алган отурукташкан арийлерди дэволорго сыйынууну сактап калышкан талаалык арийлерди карама-каршы коюу VII кылымдагы араб басып алуусуна чейин маанисин жоготкон эмес.
[13] Бромлей Ю. В. Этнос и этнография, 122-123-бб.
[14] Qrousset R. Bilan de J' Histoire Paris 1946 P. 104—104
[15] Калесник С. В. Общие географические закономерности Земли. М., 1970.
[16] Толугураак карагыла: Гумилёв Л. Н. Место исторической географии в востоковедных исследованиях // Народы Азии и Африки, 1970, № 1, 85-94-бб.
[17] Гумилёв Л. Н. Открытие Хазарии. М., 1966.
[18] Яцунский В. К. Предмет и задачи исторической географии //Тарыхчы-марксист. 1941. №5 (93), 21-б.
[19] Ошондо эле, 27-б.

Төртүнчү бөлүк

[1] Леруа Ладюри Э. История климата с 1000 года.
[2] Гумилёв Л. Н. Открытие хазарии. М., 1966.
[3] Гумилёв Л. Н. Древние тюрки, 87—100-бб.
[4] Козлов В. И. О биолого-географической концепции этнической истории //Вопросы истории. 1974. № 12, 72-б.
[5] Ошондо эле, 80-б.
[6]Маркс К, Энгельс Ф. Соч., 37-том, 394-б.
[7] Калесник С. В. Основы общего землеведения. 359-б.
[8] Маркс К, Энгельс Ф. Соч., 8-том, 568-б.
[9] Ошондо эле, 21-том, 32-б.
[10] Берг Л. С. Номогенез. Пг., 1922, 180-181-бб.
[11] Калесник С. В. Проблемы географической среды // Вестник ЛГУ. 1968. № 12, 91 — 96-бб.
[12] Ошондо эле, 91-96-бб.
[13] Будыко М. И. О причинах вымирания некоторых животных в конце плейстоцена (Изв. АН СССР. Сер. географическая. 1967. №2, 28-36-бб.
[14] Дорст Ж. До того как умрет природа. М., 1968. 54-55-бб.
[15] Тьерри О. Избр. Соч.. М., 1937. 207-208-бб.
[16] Урланис Б. Ц. Рост населения в Европе. М., 1941. 40-б.
[17] Ошондо эле, 57-б.
[18] К. Маркс менен Ф. Энгельстин архиви. IV том, М., 1939, 320-б.
[19] Qrousset R.Bilan de J'histoirie. P. 33.
[20] История дипломатии. 5 томдук /В. А. Зорин менен А. А. Громыконун редакциясы астында. I том. М., 1959, 269-271-бб.
[21] Берг Л. С. Номогенез, 180-181-бб.
[22] Калесник С. В. Основы общего землеведения. 455-б.
[23] Савицкий П. Н. Географические особенности России (1). Прага, 1927, 30-31-бб.
[24] Грумм-Гржимайло Г. Е. Батыш Монголия жана Урянхай крайы. 3 томдук, 2-том, 1926, 502-б.
[25] Грибанов Л. Н. Изменение южной границы ареала сосны в Казахстане // Айыл чарба илимдеринин кабарлары (Алма-Ата, 1965, № 6, 78-86-бб.)
[26] Рычков Ю. Г. Антропология и генетика изолированных популяций (Памирдин байыркы изоляттары).
[27] Синха Н. К. Банержи А. Ч. История Индии. М., 1954, 113—114-бб.
[28] Ошондо эле, 106—107-бб.
[29] Ошондо эле, 256-б.
[30] Окладников А. П. Истории Якутской АССР. 3 томдук. 1-том, М.; Л., 1955.
[31] Руденко С. И. Древняя культура Беренгова моря и эскимосская проблема. М., Л, 1946, 113-б.
[32] Сейбутис А. Палеогеография, топоника и этногенез // Изв. А Н СССР. Сер. географическая. 1974. № 6. 40—53-бб.
[33] Козлов В. И., Покшишевский В. В. Этнография и география //Советская этнография. 1973. № 1, 9-10-бб..
[34] Саушкин Ю. Г. По поводу одной полемики // Вестник МГУ. 1965. №6. 79—82-бб.. Калесник С. В. Некоторые итоги новой дискуссии о "единой" географии // Изв. ВГО. № 3'/ 209-211-бб..
[35] Геохор — жер үстүндөгү өзүнүн экологиялык бир өңчөйлүгү менен башка жерлерден айырмаланып турган аянт.
[36] Грумм-Гржимайло Г. Е. Рост пустынь и гибел пастбищных угодий и культурных земель в Центральной Азии за исторический период//Изв. ВГО. 1933. 65-том. 5-чыгарылышы.
[37] Морган Л. Г. Дом и домашняя жизнь американских туземцев. Л., 1934. 146— 163-бб..
[38] Окладников А. И. Неолит и бронзовый век Прибайкалья. III (Глазков мезгили). М., Л„ 1955. 238-239-бб..
[39] Гумилёв Л. Н. Хунну. 147-б.
[40] Haloun Q.Zur. (e-tsi Frag (Ztsch. Dtsch. Morgenland.Qes (lienzig) 1937. 5. 306.
[41] Мункуев Н. Ц. Заметки о древниих монголах //Моңгол-татарлар Азияда жана Европа- да // С. Л. Тихвинскийдин редакциясы астында. М., 1970.
[42] XX кылымдын башталышында Тышкы Монголиянын калкы 900 минди түзгөн, ал эми Ички Монголияда, мурдагы Таңгут падышачылыгы менен чжурчжендин Кин империясынын территориясында 3 миллионго жакын моңгол жашаган.
[43] Гумилёв Л. Н. Хунну. 66-б.
[44] Гумилёв Л. Н. Хунну в Китае. 10-11-б.
[45] Qrousset R.Bilan de J'histoire. P. 283—285.

[46] Курьер ЮНЕСКО. 1975. Май
[47] Гумилёв Л. Н. Поиски вымышленного царства.
[48] Грумм-Гржимайло Г. Е. Рост пустынь и гибель пастбищных угодий и культурных земель... 437-454-бб.
[49] ГумилёвЛ. Н. Изменение климата и миграци кочевников //Природа. 1972. №4. 44— 52-бб..
[50] Гордон Ч. Древнейший Восток в свете новейших раскопок. М 1956, 44-47-бб..
[51] Ошондо эле, 67-б.
[52] Ошондо эле, 93-б
[53] Ошондо эле, 179-180-бб..
[54] Ошондо эле, 191-192-бб..
[55] Грумм-Гржимайло Г. Е. Можно ли считать китайцев автохтонами бассейнов среднего и нижнего течения Желтой реки //Изв. ВГО. 1933. 65-том. 29-30-бб..
[56] Нестерук Ф. Я. Водяное хозяйство Китая //Кытайдын илиминин жана техникасынын тарыхынан (жооптуу ред. И. В. Кузнецов ж. 6. М., 1955, 6-б.)
[57] Зайчиков В. Т. Природные богатства Китая //Изв. АН СССР. Сер. географическая. 1954. № 6.
[58] Lattimore O.Innes Asian Frontier of China.New Yorк, 1940.P. 275.
[59] Нестерук Ф. Я. Водяное хозяйство Китая. 11-б.
[60] Гумилёв Л. Н. Китайская хронографическая терминология втрудах Н. Я. Бичурина на фоне Всемирной истории (баш соз) //Бичурин Н. Я. Собрание сведений по исторической географии Восточной и Срединной Азии. Чебоксары. 1960. 648— 649-бб.
[61] Нестерук Ф. Я. Указ. соч. 19-б.
[62] Ошондо эле, 22-23-бб..
[63] Гумилёв Л. Н. Китайская хронографическая терминология. 652-б.
[64] Нестерук Ф. Я. Водяное хозяйство Китая. 51-б
[65] Ошондо эле, 52-б.
[66] Ошондо эле, 52-55-бб.
[67] Шнитников А. В. Изменчивость общей увлажненности материков северного полушария // Записки ГО. XVI том. М., Л., 220-221, 262-б.
[68] Грумм-Гржимайло Г. Е. Рост пустынь и гибель пастбищных угодий и культурных земель ... 437 б.
[69] Исаченко А. Г. Детерминизм и индетерминизм в зарубежной географии //Вестник ЛГУ. 1971. № 24, 90-б.
[70] Ермолаев М. М. О границах и структуре географического пространства // Изв. ВГО. 1969. № 5. 401-427-бб..
[71] Толугураак карагыла: Гумилёв Л. Н. Хунну. 171-173-бб..
[72] 1453-жылы Константинополду басып алганда түрктөр тарабынан ырайым көрсөтүлгөн Стамбулда, Фанар малаасында жашаган византиялыктардын тукумдары византиялыктардын 1821-жылы гректердин көтөрүлүшүндө Морейде мусулмандарды кыргандык үчүн өч алуу максатында кырылып салынган.
[73] Иностранцев К. А. Хунн и Гунны //Труды туркологического семинара. 1-том. Л., 1926.
[74]Иордан. Происхождение и деяния гетов// Е. Ч. Скржинская которгон. М., 1961. 91- б. "Геттер" деп бул китепте готтор айтылган.
[75] Гумилёв Л. Н. Некоторые вопросы истории //Вестник древней истории. 1960. №4.
[76] Гумилёв Л. Н. Истоки ритма кочевой культуры // Народы Азии и Африки. 1968. № 3.
[77] Гумилёв Л. Н. Хунну.
[78] Кинжалов Р., Белов А. Падение Теночтитлана. Л., 1956. 130—131-бб..
[79] Гумилёв Л. Н. Древние тюрки.
[80] Гумилёв Л. Н. Поиски вымышленного царства.
[81]Ражпуттар — сак, кушан жана эфталиттердин Инд аборигендери менен аргындашуусунан жаралгандардын тукуму (Карагыла: Синха Н. К. Бенержи А. Ч. Көрсөтүлгөн чыгарма. 14-б)
[82] Qrousset R.Histoire de J.Extreme Orient.Paris. 1929. p. 125.
[83] История Индии в Средние века /Л. Б. Алаевдин ред. астында. М., 1968. 76-83-бб.
[84] Гумилёв Л. Н. Величие и падение древнего Тибета //Страны и народы Востока. /Д. А. Ольдероггдун ред. астында 8-чыгарылышы. М., 1969. 156-157-бб.
[85] Гумилёв Л. Н. 1) Хунны В Китае. 234-235-бб.. 2) Байыркы Түрктөр. 10-б.

Бешинчи бөлүк

[1] Бромлей Ю. В. Этнос и эндогамия //Советская этнография. 1969. № 6.
[2] Четвериков С. С. О некоторых моментах эволюционного процесса с точки зрения современной гинетики. М., 1926; Тимофеев-Ресовский Н. В. Микроэволюция //Ботанический журнал, 1958, № 3.

[3] Бул аныктама. С. С. Четвериков менен Н. В. Тимофеев-Ресовскийге тиешелүү.
[4] Алтухов Ю. П., Рычков Ю. Г. Генетический мономорфизм видов и его возможное биологическое значение //Журнал общей биологии. 1972. №3. 282-б.
[5]Ошондо эле, 296-б.
[6] Калесник С. В. Общие географические закономерности Земли. М., 1970; ГумилёвЛ. Н. Место исторической географии в востоковедных исследованиях // Народы Азии и Африки. 1979. № I
[7] Лем С. Модель культуры //Вопросы философии. 1969. № 8. 51-б.
[8] Лобашев М. Е. Сигнальная наследственность // Генетика боюнча изилдөө /М. Е. Лобашевдин ред. астында, Л., 1961
[9] Быстров А. П. Прошлое, настоящее, будущее человека. Л., 1957. 300-б.
[10] Биз бул жерде Дарвинге каршы концепцияларды (инерциянын күчү жөнүндө А. До-дерлейндин коз карашын, Т. Эймердин ортогенезин, А. М. Бергдин Homогенезин, Х. Осборндун аристогенезин) карабоону он көрдүк, анткени жалпы мүноздогу табигый мыйзам ченемдүүлүктөрдү механикалык түрдө бардык фаунага карата алганда айрым жеке учурга колдонуу, айталы, масштабдардын дал келбегендигинин эле өзү катачылыкка алып келет; ал эми эволюцияны жалпы жонунан изилдөөдө маниге ээ болгон деталдар кайсы бир түрдү кайсы бир мезгилдин алкагында изилдөө учурунда, же ото маанилүү болот, же предметке, биздин маселебиз боюнча алганда кийинки беш мин жылдагы адамзатка дегеле эч тиешеси жок болуп чыгат.
[11] Быстров А. П. Көрсөтүлгөн чыгарма. 299-б. — А. П. Быстровдун хронологиясы тактоону талап кылат. Анын жаңы маалыматтары боюнча Европадагы кроманьон адамы 20 мин жылча илгери жашаган, ал эми Түндүк Америкадагы Homo Sapiens 5 37 миң жылга жакын илгери жашаган (Мочанов Ю. А. К вопросу о начальных эпохах заселения Нового Света //ВГОнун этнография боюнча докпаддары. 4-чыгарылышы. Л., 1966. 34-б.)
[12] Рогинский Я. Я., Левин М. Г. Основы антропологии.
[13] 1957-жылга чейинки талаш-тартыштардын тарыхын карагыла: Быстров А. П. Көрсөтүлгөн чыгарма, 277-б.
[14] Дебец Г. Ф. О некоторых направлениях изменений в строении человека современного вида //Советская этнография. 1961. №2, 9-23-бб..
[15] Цитата алынды: Дорст К. До того как умрет природа. 350-б.
[16] Ошондо эле, 45-б.
[17] Тьерри О. Тандалма чыгармалар. 210-б.
[18] ГумилёвЛ. Н. 1) Истоки ритма кочевой культуры Срединной Азии //Народы Азии и Африки. 1966. №4. 85-94-бб.; 2) Роль климатических колебаний в истории народов степной зоны Евразии //История СССР. 1967. № 1. 53—66-бб..
[19] Гумилёв Л. Н. Этногенез и этносфера //Природа. 1970. №2. 49-60-бб..
[20] Ефремов Ю. К. Важное звено в цепи связей человека с природой // Природа . 1971. № 2. 79-б.
[21] Бромлей Ю. В. Этнос и этнография. М. 1973. 163-б.
[22] Вернадский В. И. Химическое строение биосферы Земли и ее окружения. 284-285-бб..
[23] Быстров А. П. Көрсөтүлгөн чыгарма. 292-б.
[24] Дебец Г. Ф. О некоторых направлениях... 19—20-бб..
[25] Широкогоров С. М. Исследование основных принципов изменения этнических и этнографических явлений //Изв. восточного ф-та Дальновосточного университета (Шанхай). 1923. XVIII. 1-том. 130-б.
[26] Заводский К. М. Развитие эволюционной теории после Дарвина. Л., 1973. 223— 225-бб..
[27]Ошондо эле, 225-б.
[28] Рогинскчй Я. Я., Левин М. Г. Көрсөтүлгөн чыгарма. 314-б.
[29] Этностун термелүү кыймылы — бул тең салмактуу бир абалдан экинчи бир абалга өтүшү. Бул кыймыл Байыркы Кытайда да белгилүү болгон жана аны "келме кезек мыйзамы" деп аташкан. VI кылымда Чэн династиясынан чыккан Да И деген ханыша өзүнүн кайгылуу тагдыры жөнүндөгү элегиясында мындайча жазган экен:
Бир кесе вино кылым бою мас кылбайт,
Кыяк кылы обон салат, басылат.
Илгертеден келме-кезек боло келген
Мисалдары жолугат бардык жерден!!!
Ырлардагы өткөн кезде ырдалган,
Сүргүндөгү адамдын дайыма тынчын алган.
(77. Н. Гумилёвдун котормосу, кыргызчалаткан — Т. Мүлкүбатов)
[30] Гумилёв Л. Н. Этнос как явление //ВГОнун бөлүмдөрүнүн жана комиссияларынын докладдары. 3-чыгарылышы. Л., 1967. 106-б.

[31] Цитата келтирилди: Конрад Н. И. Запад и Восток. 76-б.
[32] ГумилёвЛ. Н. Этнос и категория времени //ВГОнун докладдары. 3-чыгарылышы, Л., 1970. 143-157-бб.
[33] Козырев Н. А. Причинная механника и возможность экспериментальноо исследования свойств времени (кол жазма).
[34] Вернадский В. И. Химическое строение биосферы Земли и ее окружения. 135-б.
[35] Жованни Жентиле тарабынан буга тетири көз караш айтылган: "Өткөн мезгилде адамдар туулушкан, ойлонушкан жана эмгектенишкен... бирок алардын баары алардын өздөрү кооздугуна кубанган гүлдөр, же алардын көз алдында жаз мезгилинде жашылданып, күздө саргарып күбүлүп түшкөн жалбырактар өңдүү өлүп калышты. Алар жөнүндө эстелик жашап жатат, бирок эстеликтер дүйнөсү, фантазия дүйнөсү өңдүү эле эч нерсени түшүндүрбөйт; эскерүү деле кыялдануудан айырмасыз, андан дуруус да эмес" (Цитата келтирилди: Кон И. С. Философский идеализм и кризис буржуазной мысли. М., 1959. 155-б) Эң жакшы айтылган, бирок кантсе да тарыхтын катышуучулары — адамдар гүл да, жалбырак да эмес. Адамдарга жашоо оор, бирок алар бай да, акылман да.
[36] Тарыхый дүйнөнүн алгачкы элементи - субъекттин өз айлана-чөйрөсү менен активдүү өз ара аракетте болууну баштан кечирип жашоосу (Цитата келтирилди: Кон И. С. Көрсөтүлгөн чыгарма. 112-б.)
[37] "Ар кайсы деңгелден жана ар кандай аралыктан, ар башка максатты жана ар бөлөк кызыкчылыкты көздөп, ар түрдүү контекстерде жана ар башка көз караштардан жазып жаткан тарыхчылар тарабынан өз ачылышын күтүп жаткан абсолюттуу реалдуу себептер деги эле жок (Цитата келтирилди: Кон И. С. Көрсөтүлгөн чыгарма. 192-б.)
[38] Бул жөнүндө Анатоль Франц "Пингвиндердин аралы" деген чыгармасында минтип жазган: "Биз эмне тарыхты жазып жатыптырбызбы? Биз кайсы бир тексттен, документтен жашоо менен акыйкаттын кенедей бир күкүмүн табууга аракет жасап жатыптырбызбы? Биз жөн гана текстти кайра басуу менен гана чектелип тим болобуз. Текстти сөзмө сөз түшүнөбүз... Маңызын ачып бере албайбыз".
[39]Тарыхтын баалуулугу мында турат: ал "биздин өзүбүздөн оголе башка жагдай-шарттарда жашаган адамдар жөнүндө билимдерди берет, бирок ал өтө терең, аналитикалык илимий билим эмес, итти жакшы көргөн адам өз ити жөнүндө эмне билсе ошого окшогон билим берет" (Цитата берилди: Кон И. С. Көрсөтүлгөн чыгарма, 176-б.)

Алтынчы бөлүк

[1] Маркс К., Энгельс Ф. Соч. 2-е изд. 3-том, 245-б.
[2] Толугураак карагыла: Симонов П. В. Высшая нервная деятельность человека. Мотивационно-эмоциональные аспекты. М., 1975, 27-29-бб..
[3] Ошондо эле.
[4] Толугураак карагыла: Гумилёв Л. Н. 1) Этногенез и этносфера //Природа 1970 № 146-56-бб.. № 2. 43—50-бб.; 2) Этногенез — природный процесс//Природа. 1971. № 2. 80-82-бб.; 3) О соотношении природы и общества согласно данным исторической географии и этнологии // Вестник ЛГУ. 1970. № 24. 39-49-бб..
[5] Drive терминининин англиялык эквиваленти (караңыз: Soviet Qeography. 1973. Vol. XIV. №5 P. 322).
[6] Маркс К, Энгельс Ф. Соч.. 21-том, 176-б.
[7] Ошондо эле, 165-б.
[8]Ошондо эле, 99-б.
[9] Гегель Ф. 14 томдук чыгармалар. 8-том, М., 1935. 23-б.
[10] Маркс К., Энгельс Ф. Соч. 37-том, 394-б.
[11] Арриан. Александрдын жортуулу (М. Е. Сергиенконун котормосу). М., Л., 1962. II. 14. 4; 11. 18. 12 — Мындан ары бул китепке шилтемелер текстте берилет.
[12] Александрдын жортуулуна байланыштуу эллиндик жана чыгыш маданияттарынын аралашмасы эллиндик маданият аталып жүрөт.
[13] Гай Светоний Транквилл. Жизнь двенадцати цезарей. М., 1964. 132—135-бб..
[14] Райцес В. И. Процесс Жанны д'Арк. М., Л., 1954. 12-б. Мындан башка да карагыла: В. И. Райцес. Жанна д'Арк. Л., 1982.
[15] Тьерри 0. Избр. соч. М., 1937. 255-б.
[16] Карагыла: Мисалы, Ю. В. Бромлей. 1) К вопросу о сущности этносы // Природа. 1970. № 2. 51-55-б; 2) Этнос и этнография. М. 1973.
[17] Козлов В. И. Динамика численности народов. М., 1969. 56-б.
[18] Этностун пассионардык чыңалуусу — бул этникалык системадагы пассионардуулуктун этносту түзүүчү адамдарга болгондогу саны.
[19] Маркс К, Энгельс Ф. Соч. 14-том, 318-б.

[20] XIII кылымда — альбигой согушу мезгилинде; XVI кылымда гугенотсогушунда жана XVII кылымда камизарлардын көтөрүлүшүнөн улам.
[21] Козлов В. И. Что такое этнос // Природа. 1971. № 2. 72-б.
[22] Толугураак карагыла: Стеблин-Каменский М. И. Король исландский. 11-б.
[23] Томский А. Король исландский // Природа и люди. 1912. № 13: 608-б70-бб.. № 44, 684-б86-бб.
[24] Богораз В. Г. Новые задачи российской этнографии в полярных областях //Түндүк илимий-промыселдик экспедициясынын эмгектери. 9-чыгарылышы. Пг., 1921. 20— 21-бб..
[25] Гуковский М. А. Итальянские войны и Высокое Возрождение XVI в. (до 1559 г.) // Италия тарынынын очерктери. Жооптуу редактору М. А. Гуковский. М. 1959., 125— 152-бб.
[26] Ролова А. Д. Период испанского владычества (вторая половина XVI в. — XVIII в.) / /Ошондо эле, 153—191-бб..
[27] Action directe" термини иш жүзүндө которулбайт. Ал импульстун түздөн түз көрүнүшүн, азыркы учурга карата алганда пассионардуулукту билдирет.
[28] К. Маркс, Ф. Энгельстин архиви , VI том. М., 1939. 347-б.
[29] Ошондо эле, 348-б.
[30] Тьерри О. Избр. соч. 193-б.

Жетинчи бөлүк

[1] Рычков Ю. Г. Антропология и генетика изолированных популяций (Древние изоляторы Памира). М., 1969; Алтухов Ю. II., Рычков Ю. Г. Популяционные системы и их структурные компоненты: генетическая стабильность и изменчивость // Журнал обшей биологии. 1970. XXXI том. № 5. 507—526 б.
[2] Бул жерде келтирилген биологиялык жобо — биология илимдеринин доктору Б. С. Кузин менен болгон аңгемелешүүнүн жыйынтыгы, берген кеңеши жана адистик маселени түшүндүргөндүгү үчүн автор ага ыраазычылык билдирет.
[3] Акинщикова Г. И. Соматическая и психофизиологическая организация человека. Л.,1977. 94-б.
[4] Ошондо эле, 99-б
[5] Симонов П. В. Высшая нервная деятельность человека. М., 1975. 31-32-бб..
[6] Ошондо эле.
[7] Акындар эки-үч тилде же алардын аралашмасында жазууга да машыгып алышкан.
[8] С. А. Арутюнов менен Н. Н. Чебоксаровдун терминологиясы (Арутюнов С. А., Чебоксаров Н. Н. Этнические процессы и информация // Природа. 1972. №7. 58-б3-бб..
[9] Мюллер А. История ислама. 4 томдук. 4-том, СПб., 1896, 228-б.
[10] Химера — арстан баштуу, эчки денелүү, ажыдаар куйруктуу желмогуз. Мындайча айтканда органикалык түрдө бирикпес нерселерди бириктирүү.
[11] Артамонов М. И. Болгарские культуры северного и западного Причерноморья // ВГОнун докладдары. 15-чыгарылышы. Л., 1970. 12-13-бб..
[12] Вебер Г. Всеобщая история. 2-басылышы, 15 томдук, 12-том. М., 1894. 597-б.
[13] Ошондо эле, 657-б.
[14] Ошондо эле, 4-том. М., 1898. 224-б.
[15] Вернадскнй В. И. Химическое строение биосферы Земли и ее окружения (бул эмгектин тийиштүү параграфтарына шилтемелер текстте берилет).
[16] Ошондо эле, 283-б.
[17] Спиридонов М. Н. На переднем крае космической науки // Природа. 1966. №8. 112-б.
[18] Сеченов И. М., Павлов И. П., Введенский Н. Е. Физиология нервной системы /академик К. М. Быковдун редакциясы астында. М., 1952. 142-б.
[19] Рогинский Я. Я., Левин М. Г. Основы антропологии. 465-468-бб..
[20] ГумилёвЛ. Н. Троецарствие в Китае //ВГОнун докладдары. 5-чыгарылышы Л., 1968.
[21] Семенов Ю. И. Категория "социальный организм" и ее значение для исторической науки //Вопросы истории. 1966. № 8.
[22] Дебец Г. С. О некоторых направлениях изменений в строении человека современного вида //Советская этнография. 1961. №2
[23] Чебоксаров Н. Н. Чебоксарова И. А. Народы, расы, культуры. М., 1971. 121-б.
[24] Биздин замандан баштап жети пассионардык түрткү болуп өткөн, этногенездин акыркы фазаларына караганда ага чейинки эки миң жыл ичинде да ошончолук пассионардык түрткү болуп өткөн (толугураак карагыла: 5-сүрот. 489-б.)
[25] М. М. Ермолаевдин Жер планетасынын айланасындагы катмарларды изилдөөсүнүн жыйынтыгына караганда түнкүсүн, ионочойро жукара түшөт да, космос нурлары Жер бетине жетип келүүгө жөндөмдүү

болушат. Космостон болгон мындай соккулардын мааниси жөнүндөгү маселени талдап чечүү талап кылынат (карагыла: Ермолаев М. М. О границах и структуре географического пространства //Известия ВГО. 5- чыгарылышы 1969).

[26] Семевский Б. Н. Взаимодействие системы "человек—природа". // Природа. 1979. № 8; Куренной В. Н. Пассионарность и ландшафт //Ошондо эле: Рычков Ю. Г. Антропо- логия и генетика изолированных популяций (Древние изоляты Памира) М., 1969; Алтухов Ю. П., Рычков Ю. Г. Популяционные системы и их структурные компоненты: генетическая стабильность и изменчивость//Журнал общей биологии. 1970. XXXI том. №5. 507-526-бб..

[27] Вернадский В. И. Указ. соч. 272-б.

[28] Трусов Ю. П. Понятие о ноосфере //Природа и общество, М., 1968. 37-38-бб..

[29] Калесник С. В. 1) Проблема географической среды //Вестник ЛГУ. 1968. № 12. 91 — 96-бб.. 2) Еще несколько слов о географической среде // Известия ВГО. 1966, №3. 247-250-бб..

[30] Ефремов Ю. К. Ландшафтная среда нашей планеты //Природа. 1966. №8.

[31] Бул мамиленин мааниси жонүндо карагыла: Вопросы философии. 1971. № 1. 158-б.

[32] Плеханов Г. В. К вопросу о роли личности в истории //Чыгармалар, 24 томдук. 8-т. М., Л., 1923. 273-306-б.б

[33] Калесник С. В. Общие географические закономерности Земли.

[34] Исаченко А. Г. Детерминизм и индетерминизм в зарубежной географии // Вестник университета. 1971. №24. 85-96-бб..; 1972. №6. 85-95-бб..м

[35] Плеханов Г. В. О материалистическом понятии истории. //Чыгармалар, 8-том, 254— 255-бб..

[36] Плеханов Г. В. К вопросу о роли личности в истории. 298-б

[37] Гумилёв Л. Н. 1) Байыркы түрктөр; 2) Хунну; 3) Поиски вымышленного царства

[38] Плеханов Г. В. К вопросу о роли личности в истории. 294-б.

[39] Вернадский В. И. Избранные труды по истории науки. М., 1981.

[40] Экономическая и социальная география: проблемы и перспективы. /Жооптуу ред. О. П. Литовка Л. 1984.

[41] Гумилёв Л. Н. Биосфера и импульсы сознания //Природа. 1978. № 12. 97-105-бб..

[42] Иванов К.П. Механизм этногенеза – инструмент исследователя этнокультуры// Проблемы изучения и охраны папамятников культуры Казахстана/Жооптуу ред. Р.Сулейманов, М.,1983. 79-80-бб.

[43] Пассионардык түрткүлөрдүн географиясы жөнүндөгү маалыматтар. К.П. Иванов. Тарабынан такталган(Карагыла: Гумилёв Л. Н., Иванов К.П. Этносфера и космос//Космическая антропоэкология: техника и методы исследования. Материялы Второго Всесоюзного совеөания по космической антропоэкологии. Л,1984)

[44] Ошондо эле, 5-жана 6-сүрөттөрдү даярдоодо жана баяндап жазууда көрсөткөн жардамы үчүн автор К.П. Ивановго ыраазычылык блдирет.

[45] Иванов К. П. Механизм этногенеза — инструмент исследователя этнокультуры // Проблемы изучения и охраны памятников культуры Казахстана /Жооптуу ред. Р. Сулейманов, М., 1983. 79-80-бб.

[46] Пассионардык түрткүлөрдүн географиясы жөнүндөгү маалыматтар К. П. Иванов тарабынан такталган (Карагыла: Гумилёв Л. Н., Иванов К. П. Этносфера и космос // Космическая антропоэкология: техника и методы исследования. Материалы Второго Всесоюзного совещания по космической антропоэкологии. Л, 1984)

[47] Ошондо эле, 5-жана 6-сүрөттөрдү даярдоодо жана баяндап жазууда көрсөткөн жардамы үчүн автор К. П. Ивановго ыраазылык билдирет.

[48] ГумилёвЛ. Н. Гуманитарные и естественнонаучные аспекты исторической географии //Экономикалык жана социалдык география: маселелер жана келечек багыттар. 42— 57-66.

Сегизинчи бөлүк

[1]Вернадский В. И. Химическое строение Земли и ее окружения. 135-б

[2] Бул жерде жана төмөндө Батыштын идеалисттик философторунун айткандары төмөнкү эмгек боюнча келтирилет: Кон И. М. Филосовский идеализм и кризис буржуазной мысли. М., 1939. 156-6. — Андан ары бул китепке шилтеме текстте берилет

[3] Jaspers К. Vom Ursprung und Ziel der Qeschihte.Z(rish.1949.

[4] Чындыгында К. Ясперс бул фактыны жарым-жартылай айбандык "примитивдүү" деңгелде калгандардан айырмаланып, интеллектуалдык өнүгүүгө жөндөмдүү болгон адамдардын өзгөчө биртукуму пайда болгондугу катарында түшүнүп, аны бөлүп көрсөтүп отурат. Ал акматикалык фазалардын окшоштуктарын баамдап биле алган, бирок ар кайсы региондордун тарыхый-географиялык ар түрдүүлүгүн эске алган эмес.

[5] Дуглас У. О. Трехсотлетняя война. Хроника экологического бедствия. М., 1975. 153-б.
[6] Ошондо эле, 33-б.
[7] Ошондо эле, 153-б.
[8] Цитата келтирилди: Дорст Д. До того как умрет природа. 45-б.
[9] *Гумилёв Л. Н.* Этногенез в аспекте географии //Вестник ЛГУ. 1970. №12. 89-б.
[10] Варангилер (орусча «варягдар») — аскер кызматына тартылган чет элдиктер.
[11] Толугураак карагыла: *Гумилёв Л. Н.* Поиски вымышленного царства. 229-304-бб.
[12] Орто кылымдардагы чет жердик Азиянын тарыхы */А. М. Голдобиндин* ред. астында. М., 1970. 207-б.
[13] *Васильев В. П.* История древности восточной части Средней Азии от X до XIII века. СПб., 1857. 227-б.
[14] Христиан жамааттарын ар түрдүү көз караштардан карашкан: аны кулдардын социалдык кыймылы, секта, "ички пролетариаттын" түзүлүшү *(А. Тойнби)* катарында карашкан. Биз бул маселени башка жагынан чагылдыруучу этнологиялык аспектини сунуш кылабыз.
[15] *Зелинский Ф. Ф.* Соперники христианства. СПб., 1910; *Николаев Ю. В.* В поисках за божеством. СПб. 1913.
[16] *Моммзен Т.* История Рима. Төрт томдук. 5-том. М., 1949. 440-б.
[17] *Козлов В. И.* Динамика численности народов. М., 1969. 12-таблица.
[18] *Моммзен Т.* История Рима. 3-том. М., 1941. 440-б.
[19] *Диль Ш.* Основные проблемы византийской истории. М., 1947, 71-б.
[20] История Византии. 3 томдук (С. Д. Сказкиндин ред. астында. 1-том, М. 1967. 168-б.)
[21] Македоний Ыйык Рух Үчилтиктин жүзү эмес, жаратылган деп окуткан.
[22] *Martial R.* Vie et constanse des Rases. Paris. 1939. P. 80.
[23] О. Тьерри бул жонүндо "Рассказы из времен Меровингов" деген чыгармасында эң сонун жазган. Ал "жер кысыр болуп эс алып жаткан" мезгилдер болорун көрсөткөн.
[24] *Дорст Ж.* До того как умрет природа. 39-б.
[25] Толугураак карагыла: *Шевеленко А. Я.* К типологии гинезиса феодализма// Вопросы истории. 1971. №1. 97—107 б.
[26] Бул маселеге арналган адабият көп, бирок керектүү маалыматтарды төмөнкү китептерден алса болот: *Диего де Ланда.* Сообщение о делах в Юкатане, 1566-ж. (Которгон, кириш сөзүн жана эскертүүлөрдү жазган *Ю. В. Кнорозов.* М., Л., 1955; *Инка Гарсиласо де ла Вега.* История государства инков */Которгон В. А. Кузмишев; Ю. В.* Кнорозовдун ред. алдында Л. ,1974.) жана дагы коптогон чыгармалар. Толук болбосо да, пайдалуу жалпылоону төмөнкү чыгармадан карагыла: *Стингл М.* Индейцы без томагавков. М. 1971.
[27] Баатыр чанктар ушул жашыл тозоктон аман калышты. Алардын тукуму Амазонканын жогорку агымдарынан бул саптар жазылгандан кийин табылып олтурат.
[28] *Баталов В. А.* Древние цивилизации Перу и Боливии. М., 1972. 196-197-бб.
[29] Карагыла: *Аверкнева Ю. П.* Индейцы Северной Америки. М., 1974, 172-б. — Бул концепцияны археологиялык табылгаларга таянып жокко чыгаруу аракетинин аргументтери ишенимсиз болуп чыккан. (Карагыла: Ошондо эле, 174-176-бб.)
[30] *Парке Г.* История Мексики. М., 1949. 93-б.
[31] Ошондо эле, 102—103-бб.
[32] Ошондо эле, 97-б.
[33] Ошондо эле, 123-б.
[34] Гумилёв Л. Н. 1) Троецарствие в Китае //ВГО докладдары. 5-чыгарылышы Л., 1967. 107-127-б.; 2) Хунны в Китае. 235-б.
[35] Карагыла: Лозинский С. Г. Роковая книга средневековья //Кечилдер Я. Шпренгер жана Г. Институрис. Молот ведьм /Латынчадан Н. Цветкова которгон. М. ,1932. 8-9-бб
[36] 643-жылы Эдикт Ротара сыйкырчыга же кан соргучтарга (вампир) ишенүүгө тыюу салган жана акылсыздар тарабынан "мастан аял" деп күнөө коюлган аялдарды өлтүрүүгө" жол берген эмес (Ошондо эле).
[37]Саксондук биринчи капитулярий, 787-жыл (Ошондо эле).
[38] Орлов М. А. История сношения человека с диаволом. СПб., 1904. 183-184-бб. Бул китеп басылып чыккан мезгилде мода болуп турган аталышына карабай орто кылымдагы оозеки чыгармачылыгы боюнча толук салмактуу изилдөөсү менен айырмаланат.
[39] Логинский С. Г. Роковая книга средневековья. 10-б
[40] Орлов М. А. Указ. соч. 132, 135-бб.
[41] Ошондо эле, 134-б.
[42] Ошондо эле, 183-б.

[43] Бардык этностор энтропийлик процесске ылайык энергияны таратууга — пассионардуулукту таратууга аргасыз болгондуктан "артта калган" деген сөз этнос дагы эле бул энергияга бай экендигин, айталы, ысык нерсе али муздай электей көрүнүшкө ээ экендигин айтып турат.
[44] Табияттын күчү деп бул жерде ландшафтгардын эң зор өзгөрүүлөрү жөнүндө айтылып отурат. Мисалы, деңиздин кургап калышы, аралда вулкандын атырылышы, кылымга созулган кургакчылык, жаңы туулган баладан же сыртган жуккан кара тумоо ж. у. с.
[45] Зомбарт В. Буржуа. М., б. г. 7—9-6. — Бул китепке мындан кийинки шилтемелер текстте берилет.
[46] Карагыла: Дуглас У. 0. Трехсотлетняя война. 161-6
[47] ГумилёвЛ. Н. Гетерохронность увлажнения Евразии в Средние века //Вестник ЛГУ. 1966
[48] Гумилёв Л. Н. Хуннф вКитае. 12, 115—117-66.
[49] Гумилёв Л. Н. Хунну.
[50] Гумилёв Л. Н. Байыркы түрктор.
[51] Гумилёв Л. Н. Поиски вымышленного царства.

[52] Воробьев М. В. Этнос в Средние века (на материале этногенеза чжурчжэней) // СССРдин Бүткүл Союздук Географиялык коомунун (ВГО) комиссияларынын жана болүмдорүнүн докладдары. 3-чыгарылышы. 1967., 58-73-66.)
[53] Б. з. ч. VII кылымдан баштап Вавилондо тил да озгорүп кеткен — алар Сирияда колдонулган арамей тилинде сүйлөй башташкан. Вавилонго Навуходоносор тарабынан алынып келинген еврейлердин катмары да чоң эле; алардын көпчүлүгү туткундан бошотулгандан кийин өздөрүнүн иудей экенин далилдей албай Вавилондо калып калышкан. Б. з. ч. VI кылымда Вавилон моноэтникалык Аккаддан шаардык агломерацияга айланган. (этникалык катнаштардын зонасы) (Карагыла: Белявский В. А. Этнос в древнем мире //СССР ВГОнун бөлүмдөрүнүн жана комиссияларынын докладдары. 3-чыгарылышы. 1967., 24-27-66
[54] Белявский В. А. Вавилон легендарный и Вавилон исторический. М., 1971. 97-97, 174-66.
[55] Ошондо эле, 298-299-66.
[56] Конрад Н. И. Запад и Восток. 119-151-66.
[57] Фирдоуси. Шах-Наме. 2 томдук (Д. Е. Бертелстин редакциясы астында. 1-том. М., 1963. 2-том. М., 1962. Карагыла: Осмаиов М. Н. Фирдоуси. Жизнь и творчество. М., 1969
[58] Тунгус тобундагы этнос-манжурлар Кытайды 1644-жылдан баштап басып кирип, 1683- жылы аягына чыгарып, Кытайдын улуттук мамлекетинин эгемендүүлүгүн жок кылган. 1911-жылга чейин биз Кытай атап жүргөн ортолук түздүктөр Манжурия провинциясы болгон, бул жерде жашаган кытайлар укугу жок жана эзилген элди түзгөн. Андыктан Цин династиясын кытайлык деп айтууга негиз жок.
[59] Гумилёв Л. Н. Байыркы түрктөр. 346-348-66. Жирмунский В. М. Сказание об Алпамыше и богатырская сказка. М., 1960; Малчи-Мерген: Алтай баатырдык эпосу. / Даярдаган Н. У. Улагашев. 1947; Алтай-бучай. Новосибирск, 1941; Граф А., Кучияк П. Алтайские сказки. М., 1939.
[60] ГумилёвЛ. Н. Алтайская ветвь тюрок-тугю//Советская археология. 1959. № 1, 105— 114-66
[61] Толугураак карагыла: Гумилёв Л. Н. Этнос и категория времени. //СССР ВГОсунун бөлүмдөрүнүн жана комиссияларынын докладдары. 15-чыгарылышы. 1970, 143— 155-66.
[62] Вайдья С. Острова, залитые солнцем //На суше и на море. М., 1968, 325—351-66.
[63] Ошондо эле, 326-6
[64] Ошондо эле, 346, 350-66.

Тогузунчу бөлүк

[1] Вебер Г. Очерк научных понятий по некоторым вопросам всеобщей истории //Жал- пы тарых. 2-басылышы. 9-том. М., 1896-XX б
[2] Вернадский В. И. Химическое строение Земли и ее окружения. §135.
[3] Simon Q.Die Ache der Weltgeschichte nach Karl Jaspers. Roma 1965 P. 184.
[4] Jaspers K.Vom Ursprung und Ziel der Qeschichte,Z(rich. 1949.
[5] Карагыла, мисалы: Будыко М. И. О причинах вымирания некоторых животных в конце плейстоцена // Известия АН СССР. Серия географическая. 1967, №2, 28— 3бб-бб.
[6] Испан капитаны Себастьян Бискайнонун досуна жазган каты англичандардын колуна тийип жарыяланган. Анда ал минтип жазат: Акыркы жыйырма жыл ичинде (XVIIкылымдын башы ченде жазылган — Л. Г.) бул аралга (филиппиндер аралы — Л. Г.) он төрт миң испан келген. Алардын миңи гана тирүү. Калгандары оорудан өлүштү, кармаштарда курман болушту жана башка себептер менен каза болушту". (Цитата келтирилди: Можейко И., Седов Л., Тюрин В. С крестом и мушкетом. М., 1960. 160- б.) Ал эми Америкада, Нидерландда жана Жер Ортолук деңизинде алжир корсарларынын колунан канчалаган адамдар каза тапты дейсиңер! Көпчүлүк конкистадорлор ыктыярдуулар эле, т. а. алар биз

жазган кылык-жоруктагы адамдар эле, анткени башкалар үйдө тынч отуруп, салык төлөөнү артык көргөн, аларды испан өкмөтү да жактырган.

[7] Вернадскчй В. И. Химическое строение биосферы Земли и ее окружения. §200. 272-6. Эскертүүлөр.

[8] Ошондо эле, 283-6.

[9] Тюменев А. Евреи в древности и в Средние века. Пг., 1922. 135-6. жана андан кийинки беттер.

[10] Николаев Ю. В. В поисках за божеством. Гностицизм тарыхы боюнча очерктер. СПб. 1913.

[11] Карагыла: Гумилёв Л. Н. Байыркы түрктөр. 427-428-66.

[12] Осокин Н. Первая инквизиция и завоевание Лангедока французами. 1872.

[13] Чаттержи С., Датта Д. Введение в индийскую философию соз. М. ,1955. 130— 134-66.

[14] Лозинский С. Роковая книга средневековья //Кечилдер Я. Шнренгер жана Г. Институрис. Молот ведъм. /Латынчадан П. Цветкова которгон. М., 1932. 31-6

[15] ЭддиЖ. История об исчезнувших солнечных пятнах //Физика илиминин ийгиликтери. 1978, 125-т. 2-чыгарылышы. 315—329-66.